Кырг
09
К 97

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ТАРЫХЫ

6

www.bizdin.kg

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК
ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

МАНАСТААНУУ ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТТЫН
УЛУТТУК БОРБОРУ

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ТАРЫХЫ

## XX кылымдын адабияты
## (20—60-жылдар)

## VI том

КРУИАсынын корреспондент-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында

Улуттук китепканага!
Манастаануу жана көркөм
маданияттын улуттук борборунан!

12.02.2003

Бишкек—2002

www.bizdin.kg

ББК 83.3(2 Ки)
К—97

*Рецензиялаган:*
филология илимдеринин доктору, профессор Л. ҮКҮБАЕВА.

К—97 **XX кылымдын адабияты (20—60-жылдар).** А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. — Бишкек: 2002.— 684 бет.

ISBN 9967-21-084-2

«Кыргыз адабиятынын тарыхынын» алтынчы томунда улуттук жазма адабиятыбыздын негизин түзүүгө жана анын профессионалдык деңгээлге көтөрүлүшүнө орчундуу салым кошкон сүрөткерлердин чыгармачылык портреттери берилди. Авторлор коллективи адабий фактыларды баалоодо мурда орун алып келген идеологиялык кошундулардан арытып, көркөмдүк-эстетикалык критерийлерди жетекчиликке алууга аракеттенди.

Бул эмгек окутуучуларга жана студенттерге окуу куралы катары арналат.

Эмгек басмага Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Окумуштуулар Совети тарабынан сунуш кылынган.

Редколлегия:
Акматалиев А. *(башкы редактор)*
Жайнакова А.
Жумабаев И.
Кебекова Б.
Кыдырбаева Р.
Кырбашев К.
Мусаев С.

1503
НАЦИОНАЛЬНАЯ БИБЛИОТЕКА
2003
Кыргызская Республика

К 4603000000-02 ББК 83.3(2 Ки)

ISBN 9967-21-084-2

© Коллектив, 2002
© Манастаануу, 2002

www.bizdin.kg

# РЕДКОЛЛЕГИЯДАН

*Жети томдон турган «Кыргыз адабиятынын тарыхынын» алтынчы тому улуттук жазма адабиятка арналды.*

*Коомдо болуп жаткан терең өзгөрүүлөр, демократиялаштыруу жана сөз эркиндиги көркөм адабияттын мурасын кайра баалоону, XX кылым менен кошо тарыхтын энчисине айланган анын өнүгүшүндөгү өзүнчө бир чоң этапты кайрадан карап чыгууну талап кылууда. Улуттук көркөм сөз өнөрүнүн жана адабият илиминин мындан аркы өнүгүшү үчүн бул кыйгап өткүс зарылдык болуп эсептелет. Мындан тышкары, жогорку окуу жайларында адабиятты окутууну жаңылоо, учурдун талабына шайкеш келтирүү маселесин да эстен чыгарууга болбойт.*

*Алтынчы томду жазууга катышкан авторлор коллективи биринчи кезекте ушул илимий жана практикалык муктаждыктарды көңүлгө түйүүгө аракеттенди. Объективдүү жагдайларды эске алуу менен жети томдуктун жазма адабиятка арналган эки томунда жалпылоочу мүнөздөгү обзордук макалалар берилбестен, жалаң гана жазуучулардын чыгармачылык портреттери берилди. Ошону менен бирге, кыргыз адабиятынын мурдагы «Тарыхтарына...» жана «Очерктерине...» салыштырганда бул жолу жекече чыгармачылык портрет катары берилген акын-жазуучулардын катары алда канча кеңейтилди. Биздин оюбузча, мындай методологиялык ыкма адабий өнүгүштөгү азыркы кырдаалдын өзгөчөлүгүнө жана адабиятты окутуунун практикалык муктаждыктарына жооп берет.*

*Колуңуздагы алтынчы томго кыргыз жазма адабиятынын пайдубалын коюшкан төлбашы калемгерлерден тартып чыгармачылыгы өткөн кылымдын кыркынчы жылдарынын аягы — элүүнчү жылдарынын башында башталган акын-*

www.bizdin.kg

*жазуучулар киргизилди. «Тарыхтын» бул жолку басылышында орун алган орчундуу жаңылык катары белгилей кетүүчү нерсе — анда тоталитардык мамлекеттин түзүлүш шартында оор идеологиялык айып тагылган С. Карачев жана К. Тыныстанов, чыгармачылыгы али да кеңири иликтенүүгө муктаж болуп келаткан алгачкы муундагы калемгерлер О. Лепесов, Ш. Көкөнов, Б. Калпаков, Б. Кененсариев, М. Токобаев, М. Абдукаримов ж. б. алгачкы мертебе өзүнчө чыгармачылык портреттер катары берилди.*

*Томго кирген портреттерди жазууда авторлор акын-жазуучулардын чыгармаларын сандык жагынан толук камтууга умтулбастан, чыгармачылыгынын негизги көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн, касиет-белгилерин ачып көрсөтүүгө аракет кылышты.*

*«Кыргыз адабиятынын тарыхынын» алтынчы томуна төмөнкү авторлор: КРУИАсынын корреспондент-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор* **А. Акматалиев** *Касым Тыныстановдун; КРУИАсынын корреспондент-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор* **А. Садыков** *Сүйүнбай Эралиевдин (А. Акматалиев менен бирдикте), Токтоболот Абдумомуновдун (Н. Койчуманова менен бирдикте); филология илимдеринин доктору, профессор* **С. Жигитов** *Сыдык Карачевдин, Орозакун Лепесовдун, Алыкул Осмоновдун; филология илимдеринин доктору, профессор* **К. Асаналиев** *Касымаалы Жантөшевдин, Узакбай Абдукаимовдун; филология илимдеринин доктору, профессор* **Л. Үкүбаева** *Насирдин Байтемировдун; филология илимдеринин кандидаттары:* **И. Жумабаев** *Аалы Токомбаевдин, Касымалы Баялиновдун, Түгөлбай Сыдыкбековдун;* **С. Байгазиев** *Молдогазы Токобаевдин, Жусуп Турусбековдун;* **К. Даутов** *Райкан Шүкүрбековдун, Мидин Алыбаевдин;* **А. Жайнакова** *Кубанычбек Маликовдун;* **А. Муратов** *Жоомарт Бөкөнбаевдин;* **Г. Орозова** *Байсерке Калпаковдун;* **Н. Өмүрзакова** *Сооронбай Жусуевдин (А. Акматалиев менен бирдикте);* **С. Егимбаева** *Муса Жангазиевдин (М. Сулайманов менен бирдикте); Жума Жамгырчиевдин;* **М. Жумаев** *Темиркул Үмөталиевдин;* **А. Кадырмамбетова** *Түмөнбай Байзаковдун; ага илимий кызматкерлер:* **О. Сооронов** *Абдрасул Токтомушевдин;* **С. Егембердиева** *Шарип Көкөновдун; илимий кызматкерлер:* **А. Жакыпбекова** *Касым Каимовдун (ф. и. к. К. Жумабекова менен бирдикте);* **Ч. Толубаева** *Мукай Элебаевдин;* **Н. Нарынбаева** *Бөрүбай Кенensариевдин;* **А. Мукасова** *Кусейин Эсенкожоевдин портреттерин жазышты.*

www.bizdin.kg

# КӨКӨНОВ ШАРИП

*(1884—1951)*

Шарип Көкөнов Октябрь революциясы орногон мезгилде токтоно албаган боз бала эмес, кат-сабаты жоюлган, көз карашы өсүп жетилген, калыптанып калган куракта болчу. Ошондуктан ал эч олку-солку болбостон эки эзүүнүн ортосунда чайналып турган карапайым калктын таламын талаша чыкты. Ш. Көкөновдун жаңы турмушту илгери үмүт менен тоскон көпчүлүктүн мүдөөсүн аркалап, жаңы турмуштун жалындуу жарчысы болгондугу анын басма бетинде жарык көргөн кичинекей макалаларынан баштап, көркөм адабиятка, маданиятка, мураска, театрга, сабатсыздыкты жоюуга, жада калса артелдештирүүгө чейинки билдирүүлөрүнөн көрүнүп турат. Элдин турмуш-жагдайын көтөрүүгө, жаңычылдыкты алардын аң-сезимине жеткирүүгө аракет кылган макалаларынын аттарын атай кетсек эле Шарип Көкөновдун жаңы турмушту таза дили менен тосуп алгандыгынан кабар алабыз: «Жамбулак айылы сайасы окууга бет бурду», «Өктөбүр жана мекеме», «Күздүк айдоо», «Эмгекчи көзүн ачты» ж. б.

Бул макалаларына удаалаш эле Шарип Көкөновдун аңгемелери жарыяланып, көпчүлүктүн көңүлүн бура баштайт.

«Шарип Көкөн уулу — журналчылык кызматына Кыргыз басмасы менен кошо келди. Шарип журналчылык кызматында кезит кабарларынан баштап жанытма-филитон жана чалкан матырайалдарын жазды»[1] — дейт Өмүркул Жакиш уулу. Жалаң журналчылык кесибине гана токтолбостон, ал Шарип Көкөновдун кыргыз элине, кыргыз басмасына киргизген салымына өз баасын берүү менен бирге

www.bizdin.kg

анын аңгемелерине да орундуу сөзүн айтып өтүптүр: «Шарип аңгемени 28—29-жылдан баштап жазды. Касымалы Байалы уулуна караганда жана да башка бир топ жазуучулардан айырмаланып адабийатка актиптүү катышып келе жатат»[2]. Бул сөздөрдүн канчалык негиздүү экендигин Ш. Көкөновдун журналга жарыяланган «Жайыт майданында» («Өрүштө күрөш» деген аңгемесинен үзүндү экен) деген аңгемесиндеги: «Түштөн бери көздөй жамгыр көнөктүн чоргосунан куйгандай куюп туруп, кечке маал сээлдеген. Бирок ой-тоону жылчыксыз жөө туман каптап, уй түгүлөп жаай баштаган», же болбосо: «Ала-Тоонун башынан өрттөнгөн арчанын жалынындай балбылдап чыгып келе жаткан күн...» деген сыяктуу көркөм салыштырууларына көңүл бурсак жетиштүү болоор.

Ш. Көкөнов кара сөздүн чебери экендиги ар бир көркөм чыгармасынан көрүнүп турат. Ошол эле журналга чыккан «Каракчылар» аңгемесин алып көрсөк болот. Бул аңгеменин өзөгү Алай өрөөнүндө өтүп, жаңы замандын жаралышына жан талаша каршы чыккан бай-манаптардын жүзүн ашкерелеген экен. Аңгемени окуй баштаганда эле Ш. Көкөновдун образ түзүү жагынан да жетилгендигин көрөбүз. Бир эле сөзүнөн же кыймыл-аракетинен эле каармандын кандай адам экендигинен кабар алабыз: «... силер жүрүп кеткенден кийин эстеп калдым. Эсеп жүргүзүүгө эң зарыл бир кинеге керек болуп калганынан ошону алууга келген элем... деп, ар жагында бир жашырын сыр сактап турган кишиче кылтыйа түшүп, кайра арсалаңдап күлгөн болуп, шашкансып — менин бир жумушум бар эле, бүтүрүп келе койойун, бирге чыгалык, токтой тургула... дей салып, бура тартып жөнөп кетти Салымбай»[2]. Анын мултуңдап бура тартып жөнөп кеткен кыймылынан улам эле, алдыда Кылыч менен Жаркынайды кандайдыр бир жоболоңдуу жорук күтүп турганынан кабардар болгонсуп, коопто-но баштайсың. Аңгемелеринин дээрлик бардыгында берейин деген ою так, сүйлөмдөрүнүн курулушу жөнөкөй, кадимки турмуштун ыргагында берилген.

Ш. Көкөновдун «Жеңиш жемиши» аттуу китебин улуттук китепкананын «Сейрек кездешүүчү өтө баалуу эмгектер» бөлүмүнөн таап, латын арибинен көчүрүп чыктым. Китеп 1934-жылы 2000+100 тираж болуп 175 бет, б. а.

www.bizdin.kg

5,5 басма табак көлөмүндө жарык көргөн экен. Бул китептеги эки чыгарманын көлөмдүүсү болуп «Эмгек жортуулчулары» аттуу аңгеме эсептелет. Көлөму, камтыган окуясы, катышкан каармандары повесттен кем калышпаса да негедир Ш. Көкөнов «узак аңгеме» деп атаптыр. Бул китептеги «Өрүштө күрөш» аттуу экинчи аңгемеде башынан аягына чейин отузунчу жылдарга мүнөздүү болгон колхоздоштуруу, жарды-жалчылардын биригишип эртеңки күнүн илгери үмүт менен тоскондугу көрсөтүлүп, жандилдери менен иштеп жатышкан эмгек адамдарын даңктоо маанайында, көтөрүңкү жазылган экен.

Ш. Көкөнов кара сөздүн чебери гана болбостон, котормо жаатында да иштиктүү иш алып барган.

Орус адабиятына ынтаасын коюп, адепки жөрөлгөсүн балдар үчүн арнагандыгын анын которуусунда жарык көргөн А. Серафимовичтин «Чымчык түнү», Л. Толстойдун «Филипок», Лебедевдин «Биринчи калк», Куприндин «Жер астында» деген китепчелеринен көрөбүз. Бул котормолор да «Сейрек кездешүүчү өтө баалуу эмгектер» бөлүмүндө сакталуу.

Ш. Көкөновдун котормолорунун өзүнчө бир кайталангыс жүзү бар экендигин ошол китепчелерди колго алгандан баштап эле сезе баштайсың. Ш. Көкөнов котормолорун жаңыдан кат-сабаты жоюлуп, там-туң баскан баладай тумсак кыргыз балдарынын (балдар эмес чоңдорунун деле) жан дүйнөсүнө ылайыктаганбы, айтор аңгемелериндеги каармандардын аттарын да кыргызчалатып берген.

«Алыскы чытырман калың токойдун артынан каалгыган түн уйкусунан жаңы гана ойгоно баштап кызарып аткан таң көрүнөт. Көгүлтүр мунар ичинен өзөндүн жаркыраган суусу көрүнөт...»[4]. «Көгүлтүр мунар ичинен өзөндүн жаркыраган суусу көрүнөт...» — деген бир эле сүйлөмдөн орус жеринин көркөмдүгүн, тээ алыстан таңга жуукку таза абадан улам көгүлтүр тарткан мейкиндиктин бир четинен жаркыраган өзөндүн суусун өз көзүң менен көргөндөй болосуң. Аңгеменин негизги өзөгү жетим бала Бейшенди кара курсагы үчүн бурамчы Кыдырга жалынып-жалбарып жатып апасы таштап кеткенден берки анын көргөн күнү, жанталашып иштегендиги, ашыкча бир кадам басса Кыдырдын камчысы жонуна ойной түшкөнүнөн бери окуган

www.bizdin.kg

адамдын көңүлүнөн түнөк табарлыктай ишенимдүү которулуптур. К. Лебедевдин «Биринчи калк» аттуу аңгемесин балдар үчүн чыгарыптыр. Бетинде сүрөтү бар алакандай сары китеп, мукабасында 1935-жыл делип жүргөнү менен ичинде 1934-жыл болуп жүрөт. Жооптуу редактору Кекиликов. Тиражы 5000+150 экен.

Бул аңгемедеги адамдардын алгачкы жашоо-тиричилиги, табийгаттын алдында кумурскадай алсыз көрүнүп турса да адамдын адамдык бийик зоболосу аңгеменин негизги өзөгүн түзгөндүгү көркөм сүрөттөлүп которулган.

Л. Толстойдун «Филипок» деген аңгемеси да өзүнчө китепче болуп, Т. Кекиликовдун редакторлугу астында чыгыптыр. Аңгемедеги Филипп деген баланын «мектепке барам», «окуйм» деген дилгирлиги ошол кезде билимге умтулган кыргыз балдарына үлгү болорлуктай которулган экен: «Филипптин жалгыздыктан ичи бышты, чоң энеси үргүлөй баштаган соң, ал тебетейин таба албай, атасынын эски тебетейин кийип мектепти көздөй жөнөдү» — делет да, жолдон келе жатып иттерден коркуп качканы, жыгылганы, мугалимден коркуп мектепке кире албай, үйүнө кетүүгө жолдогу иттерден коркуп айласы кетип турган жаш баланын кылык-жоругу дал өзүндөй көрсөтүлгөн. Ушул эле китепченин аягындагы «Чал менен жаш небере» аттуу кичинекей насаат аңгеме ичине эң зор касиетти — адамкерчиликти, улууну урматтоону сиңириптир. Карыган чагында келин-уулуна кор болуп жаман көрүнгөн чалдын небереси ата-энесинин чоң атасына жасаган терс мамилесин туюп, алардын жаман жоругун балалык сезими менен оңдогондугун баяндайт:

«Бир күнү чалдын баласы менен келини үйүндө отурушканда, кичинекей баласы тигиндей жерде жыгач жонуп ойноп отурду. — Эмине кылып олтурасың каралдым? — деди атасы. — Жугунду куя турган идиш жасап жатамын, ата, апам экөөң карыганыңарда ушул идиш менен силерге тамак беремин» — деди баласы.

Эрди-катын бирине бири караштты дагы ыйлап жибериштти...[5]. Чоң атасына ит аякка тамак куюп бергенин көргөн наристе «Ии ата-энеге карыганда ит аякка тамак бериш керек турбайбы...» — деген баео түшүнүгү менен өзү да ит аяк жасай баштагандыгынын аркасында ата-энесинин

www.bizdin.kg

жаман жоруктары жоюлуп, чалды үстөлдүн жанына отургузуп тамак берип сыйлап калышат. Улуу жазуучунун терең маанини ичине сиңирген кичинекей аңгемесин Ш. Көкөнов нукура кыргыз тилинде көркөм которуп окурмандарга тартуулаган экен.

Ш. Көкөновдун өз доорунда орду бар, журт көңүлүнөн түнөк тапкан ырларын окуган адам анын ошол мезгилде жаңы турмуштун активдүү жарчысы болгондугунан кабар алат. Мисалы: «Эмгек жайы» деген ырын алып көрөлү.

«Жердин бети жашыл баркыт жамынып,
Көк деңиздей толкунданат жел болсо.
Карап турсаң кубанасың жалынып,
Көк мейкинге, эмгек эри — эл толсо»[6] —

деген саптарында жакшынакай салыштыруулар менен бирге жакшынакай ой-тилекти, үмүттү тартуулаганын көрөбүз. «Жаңы күү» деген ырында Ш. Көкөнов өткөн күндүн зарын комуздун мукам добушу менен берүүгө умтулат:

«Булбул тилиң кыл арканга буулуп,
Алтын капкак кандуу жашка жуулуп.
Ботосу өлгөн боз ингендей боздосоң,
Муңдуу үнүң ай асманга угулуп...»[7]

же болбосо ушул эле ырдан кийинки:

«Накыштары калы килем түрүндөй,
Ыргалышы жайдын жашыл гүлүндөй.
Көз тайгылтып миң кубулуп түрлөгөн
Коосдугу тоту куштун жүнүндөй»[8] —

деген саптарына көз жүгүртсөк, эски заманда муңканган күү жаңы заманда кулпуруп, шаңданып чыккандыгын карапайым калктын тагдыры менен айкалыштыра купулга толорлук көркөм бергенин байкоого болот. Жалаң эле жаңы заман менен эски замандын тартышуусун жаза бербестен сүйүүнү, адамкерчиликти, достукту даңазалаган чыгармаларды да жараткан. Мисалы «Саара» аттуу поэмасы ушул маанайда жазылган.

Уулу Арстанбек алып келген кол жазмаларынын бардыгы жарык көргөн эмес. Согуш маалындагы кагаздын каатчылыгынан улам кол жазмалардын арткы бетине «Эп-

www.bizdin.kg

кин» колхозунун кириш-чыгыш иштери жазылганына караганда Шарип Көкөнов көпчүлүккө жарыя кылууга туура келбейт деп чечкен кол жазмаларын керектеген окшойт. Ошол кол жазмалардын ичинде толугу менен сакталган эки варианттуу «Достук» аттуу поэмасы бар экен. Биринчи варианты 26—27 беттен туруп, Алым, Ашым аттуу эки жетим баланын тагдырынан баян кылат. Оңдолуп жазылган экинчи вариантында (77-бет) билим алып, ак-караны таанып калган Алым, Ашым Кусайын ажы баштаган төбөлдөр менен кармашып, «Чыныгы байлык билимде, алтын-күмүшүң байлык болуп эсептелбейт» — деген сыяктуу талаш-тартыштар менен чыгышат:

«Алтын, күмүш, мал-мүлктү,
Байлык деп адам санашат.
Жетүүгө ошол байлыкка,
Зарланып тилеп самашат.
Ага-тууган өз ара
Биринен-бири талашат».[9]

Ушул жерден окуя үзүлүп, Максүт аттуу байдын жалгыз кызы Нуржамал бүт байлыкка мураскор болуп, ага сөз айттырып сук арткандарга: «Мага байлыгына чиренген адамдын кереги жок, билимдүү адам керек» — дейт. Ашым менен Нуржамалдын бири-бирине болгон ыйык сезимдерин туя билбеген Алым Ашым досуна:

«Билим сүйгөн бу кызды,
Кантип алып induced бересиң?
Жаным күйүп чыдабай
Салып турган кеңешим» —

деп маселени кабыргасынан коет. Мурда досуна сырын айтпаган Ашым эки ортодо айласы кетип, бир жагынан сүйгөнүн кыя албай, бир жагынан досун кыя албай эки оттун ортосунда калат. Достуктун ыйык антын буза албаган Ашым аргасы жок Нуржамалга Алымдын өтүнүчүн айтат. Нуржамал да аябай кайгырат, сүйгөнү Ашымдын сөзүн кыя албай акыры Алымга чыгууга макулдугун берет. Поэманын максаты достукту даңазалоо болсо да, негизги идеясы билим алуу, илимге умтулуу экендиги көрүнүп турат.

www.bizdin.kg

Алым менен Нуржамалдын тоюнан кийин Ашым «Өз бактымды издеп көрөйүн» деп түркмөн жерине келет.

Шарип Көкөнов колхоздоштуруу, биргелешүү өңдөнгөн жаңы турмуштун жаңылыктарын көтөрүңкү маанайда сүрөттөп, 1-май майрамында көчөгө чыккан ар улуттун жаркырап-жайнаган тобун, шаңданган комуз үнүн, балдардын күлкүсүн поэманын негизги өзөгү катары берген. 1-вариантта кезикпеген бул мазмун кийин кошулганы көрүнүп турат. 2-варианттын ушул бөлүмү жеке гана Ш. Көкөновго эмес, биздин адабиятыбыздын алгач баштоочулары болгон бардык акын-жазуучуларыбызга мүнөздүү болгон кеңеш өкмөтүн, жаңычылдыкты көкөлөтө көтөрүү, эски турмуштун жаман жосундарын ашкерелөө сыяктуу саптарга жык толгон. Мисалы:

Тукабадай кулпунган,
Бели сонун советтин.
Белден соккон атыр жел,
Жели сонун советтин! —

ж. б. ушуга окшогон жаңычылдыкты, кеңеш өкмөтүн, бийик ураанды, жаңы турмуштун шаңын жазам деп жүрүп өзүндөгү талантты толук ача албай калган Ш. Көкөновдун тагдыры кимди да болбосун кейитпей койбойт.

Ш. Көкөновдун өмүр баянындагы, деги эле анын турмушундагы так эместиктер дале болсо бар. 1884-жылы туулган делгени менен, уулу Арстанбектин «1941-жылы 45 жашында үйлөнүп, 1942-жылы Чолпон аттуу кыздуу болуптур» — дегенине караганда бир далай жаш туура эмес кошулуп жүргөнү көрүнүп турат. Кол жазмаларынын ичиндеги кызы Чолпонго арнап жазган ыры 12/X 41-жыл деп белгиленген. Атасы каза болгондо жаш калган Арстанбек атасын көрүп калган адамдардын айтуусу боюнча гана анча-мынча маалыматты айтып берди. Арстанбектин апасы Шариптин кийинки зайыбы болгондуктан, ал да өзү келгенден кийинки гана өмүрүн билет экен.

Ошол себептүү Шарип Көкөновдун 1925—26-жылдарда элибиздин тарыхындагы биринчи гезитибиз «Эркин тоого» жооптуу редактор болуп иштегенинен башка кабарыбыз жок эле. Иликтөө учурунда өзү редактор болуп турган мезгилде «Эркин тоо» гезитине тиркеме кылып «Тоо

www.bizdin.kg

жаштары» деген ат менен жаштарга арналган алгачкы гезитти чыгаргандыгы тастыкталды.

«Мына «Тоо жаштары» деген гезит эрктүү кыргыз обулусттук жаштар кемитетинин тили болуп биринчи ирет чыгып отурат. Мындан мурун кыргыз жаштарынын адабийаты колго алынып басма сөзгө кадам басуу мындай турсун, бүтүн кыргыз улутунун басма сөз, гезити болбогону баарыга маалим...»

«... Кыргыз жаштары эң биринчи туңгуч гезити болгон «Тоо жаштары» кезитин калам хам башка жактарынан айныбай жардам берип, кубанып кучагын жайып каршы алып аксатпай жүргүзүп кетүүгө ишенебиз.

> Жашасын ортокчул партийанын жол байлыгы.
> Жашасын «Тоо жаштары» максаты[10] —

деп ак жол тилеп тушоосун кескен гезити «Ленинчил жаш», кийинчерээк менчик болуп кеткен «Асаба» гезити экендигинен көпчүлүктүн анчалык кабары жок болуш керек.

Жүрөктүн үшүн алган «бай-манапчыл» деген жалаа менен камалып, аздыр-көптүр эмгегинин акыбети кайтпай «унутулуп» кетишине 1937-жылы «репрессияланган» деген билдирүү да себеп болгондур. Ден соолугунан ажырап түрмөдөн чыккан Шарип Көкөнов өзү да тагдырына моюн сунуп, көркөм дүйнөгө аралашканга жүрөгү даабай алыстап кеткен шекилдүү. Ошентип, жаңы турмуштун идеалын көкүрөгүнө жат кылып, жан дили менен берилип, телчигип келе жаткан жазма адабиятыбыздын ар тармактуу жүгүн аркалап келген Ш. Көкөновдун өмүрү адабият майданында «унутулган». Башкасын айтпаганда да атактуу «Академия кечесинин» программасын түзүп, «Ак Мөөр» аттуу пьесасын коюп, Тыныстанов менен бирге «улутчул» деп айып тагылып камалгандыгы жөнүндө көпчүлүк али күнчө жетиштүү кабардар эмес.

«Бул академия кечеси үч түнү удаа көрсөтүлөт. Бирок үч түндүк окуя үч башка. Демек биринчи кечеде мындан 8, 9 кылым мурунку өткөн атактуу Манастын турмушунан баштап кыргыз элинин башынан кечирген жоокерчилик, феодалдык доор бүт көрсөтүлөт.

Экинчи кечеде феодалчылыктын калдыгы менен соода капиталынын доору көрсөтүлөт. Үчүнчү кечеде Өктөбүр

www.bizdin.kg

көңтөрүшүнөн берки окуялар, нак күнү бүгүнкүгө чейин болгон, болуп жаткан окуяларды бүт көрсөтөт. Бул кечелердин ажатын дагы аныктап ачып көрсөткөнүбүздө программдар төмөнкүдөй»[11] — деп келип ар бир кечеде коюлуучу пьесаларды музыкасына чейин тактап чыккан. Ушул эле макаласында «Алдыда турган милдеттер» — деген бөлүмчө астында Ш. Көкөнов театрдын ар бир жетишкендиктери менен мүчүлүштүктөрү үчүн жоопкерчилик менен карап, эл арасынан артисттик өнөргө шыктууларды тартууга да жан дили менен киришкен. Бир эле мисал келтире кетели: «Эл өнөрчүлөрүнөн азыр: эл куудулу Шаршен Термечик уулу, эл акыны Осмонкул Бөлөбала уулу жана Адамкалый Байбатыр уулу алынды. Эми калгандарына төмөнкүлөр алынат:

| | |
|---|---|
| 1. Карамолдо Ороз уулу | Ысык-Көл району. |
| 2. Муратаалы Күрөңкөй | Балыкчы району |
| 3. Калык | Сталин району |
| 4. Ыбрайым кызы (жаш кыз) | Сталин «Темирболот эли» |
| 5. Молдобасан | Нарын району |
| 6. Алымкул | Киров району |

Бул аты аталган жолдоштор К.М.У. Тыйатырына келе берүүлөрү керек. Ал тууралуу кыска сүрөктү (сроктогу — Е. С.) семинарыйа ачылат. Окуусу 15-жаныбардан жүргүзүлөт. Бул семинарыйадан өтө турган дарыстар: режиссорлук технике — 60 саат, акторлук технике — 100 саат, энетил — 60 саат, сайасы сабак 40 саат болот»[12] — дегенине караганда улуттук театрыбыздын калыптаныш доорунда Ш. Көкөновдун бирден бир жоопкерчиликтүү милдетти көтөргөндүгү, таланттарды таба билүүсү эле анын көркөм дүйнөсүнүн ар тармактуу экендигинен кабар берет.

Улуттук кыргыз театры үчүн Шарип Көкөнов бир топ үзүрлүү кызмат өтөгөндүгү анын тайманбай бетке айтып, тике жазган макалаларынан эле көрүнүп турат. «... биз көрүп жүрөбүз», «Ирвизор» (Ревизор — С. Е.), «Мятечун» (Мятеж — С. Е.) көргөндө тыйатырдын жасалгасы бүт чыгат, аларга табылган жасалга кыргыз турмушунан жазылган китептерге (пьесаларга — С. Е.) эмне үчүн табылбайт?»[13] — деп кыргыз элинин турмушунан алынып жазылган пьесаларга көңүлкош мамиле болуп жаткандыгын

www.bizdin.kg

айтат. Артисттердин сүйлөгөн-турганы эмес, кийген кийимдерине чейин кам көрүп, калк мүдөөсүнө татыктуу, ишенимдүү көркөм өнөр болуусуна жан-дили менен аракет кылат. Өзү да драма жанрында далалаттанып бир нече пьеса жазганга үлгүргөн. «Болот капкан жана шум түлкү» 2 сүрөттүү пьесасы Орто Азиялык маданият турмуш конференциясына жана музыка көркөмдүк олимпиадасына карата жазылыптыр.

Биринчи бөлүмү алты көрүнүштөн туруп, жазгы үрөн себүү учурун чагылдыруудан башталат. Каармандардын сөздөрү ыр түрүндө берилген. Жаман кийим кийип, сырткы түрүн өзгөртүп алган Кулак өз арманын айтып, бир кезекте салтанат курган чактарын эскере:

«Салтанаттап бир кезекте,
Сандап малды айдадым.
Желе-желе бээни байлап,
Салкын жайлоо жайладым»[14] —

деп муңаят.

Ш. Көкөновдун бул аталган пьесасынын каармандарынын аттары да алардын жүрүш-турушуна, кулк-мүнөзүнө жараша аталган. Мисалы: терс каармандын аты Кулак болсо, жан-жөкөрлөрүнүн биринин аты Куйрук, бириники Агент, дагы бирөөсү Кочкор ж. б. Пьесанын мазмуну, мааниси өз мезгилине шайкеш келип тургандыгы өзүнөн өзү эле көрүнүп турат. Жаңы турмуштун эзилген кыргыз кедейлерине келген алгачкы жылдары... эскиликтин сааттай жабышкан калдыктары, алардын кылган тоскоолдуктары бүт чагылдырылыптыр. Ошол мезгилде жазылган көркөм чыгармалардын көпчүлүгүнө мүнөздүү көрүнүштөн пьеса куру эмес. Мисалы, терс каарман десе эле анын аты-жөнү да тескери болуп калышы (Кулак, Куйручук, Калпак ж. б.) ошондой эле оң каармандардын ысымдарынын Болот, Темир деген сыяктуу болуп берилиши.

Ш. Көкөновдун бул пьсасы ошол жылдары бир далай жогорку деңгээлде жазылганы ырларынын уйкаштыктары, саптарынын бири-бирине төп келишкендиги, берейин деген ойдун ачыктыгы, жаңы турмуш үчүн жан аябай күрөшүүгө даяр турган эмгекчилердин образдарынын аздыр-көптүр ачылышы менен көрүнүп турат.

www.bizdin.kg

1931-жылы Москвадан чыккан «Новый мир» журналынын 12-санындагы Глеб Алексеевдин[15] макаласында Ш. Көкөновдун драматургдук чыгармачылыгы таасын берилиптир.

«Шарип Көкөнов учащихся САКУ в Ташкенте, драматург, коммунист, написал пьесу «Тап жолунда» («Путь класса»). В 1930 году вышла из печати небольшая повесть Наматова «Тыным хан» и пьеса Кокенова «К новой жизни»[16] — деген билдирүүсү Ш. Көкөновдун чыгармачылыгынын бийиктиги драматургия экендигинен кабар берет. Тилекке каршы, бул пьесанын жарыкка чыккан нускасы табылган жок. Ал кол жазмалар бөлүмүндө 93 беттен турган дептердеги түп нускадан (араб) көчүрүлдү.

Пьеса 4 көшөгөдөн турат. 1-көшөгөсүндө көр турмуштун запкысын тарткан эрди-катын Эрмек менен Жаркынайдын эптеп-септеп күн көрүүсү берилсе, оюндун аяк жагында басынып бүткөн жарды-жалчынын көзү ачылганына, очок башында түйтөйүп отурган зайыптын эл камын ойлоп, ар нерсеге көзү жетип белсенип чыккандыгына күбө болобуз.

Ал эми айтылуу «Академия кечесинде» коюлган «Ак Мөөр», Жазуучулар Союзу коюлушуна жолдомо берген «Акчоро ханым» аттуу пьесалар табылган жок.

«Академия кечесинин» чыгышы шылтоо болуп, Ш. Көкөнов «улутчул, байчыл, эски турмушту көксөйт» дегендей жалаалар менен айыпталган. «Академия кечесинин» кыргыз элинин турмушунан сүрүлүп, ошол «Кечеде» коюлган окуялардын биринин да тексти жок болгондугуна А. Токомбаевдин сандан-санга уланган макалалары[17] да кошумча болгондой. «Экинчиден, тыйатырга жол башчы кылып көрсөткөн кишилеринин (бөтөнчө тап күрөшүнүн кызыган кезинде) сапат жактарынан талапка жооп бере албаган кишилер экендиги эсепке алынбай жетекчиликке койулгандыктары жакшы иш эмес. Маселен, Касым жана кол токмогу болуп кеткен Шарип сыяктуу улутчул байчыларды сунуш кылып бекитишкендиктери туурадан туура Эл агартуу камисарийатынын эмгектери экенин биз тандырбайбыз»[18] — деген жогорку макалаларга үндөшүп, (автору коюлган эмес) саясы айыптоолор тагылып, жадагалса ооруп, көңүлү чөгүп турганда жазган

www.bizdin.kg

«Өмүрүмө» деген ырынан да айып табылган. «Бул ыр мен ооруган кезде өз өмүрүмө арналып ырдалса да жат таптын муңун муңдап, сойулун чапканында талаш жок. Ырдын салт-санаасы тууралуу жакында жолдош Тойчу уулу жазып өттү. Тойчу уулунун ошол жазганы туура, мен да толук кошулуп, салт-санаасы бузук зыйандуу экенин мойнума алам»[19] — деп ырынан да баш тартууга аргасыз мажбур болуптур. Ал эмес «Эркин тоо» гезитине редактор болуп турган кезинде Сыдык Карач уулунун, Бөрү Кенен-сариевдин, Байсерке Калпак уулунун ырларынын жарык көргөндүгү үчүн да айыпталган[20].

Ошол маалдагы адабиятка аралашып эл керегине жараган кат таанып ишке аралашкан азаматтардын тагдырлары канчалык оор болгондугун акын Төлөн Шамшиев: «... «байчыл идея», «манапчыл көз караш», «улутчул» деген сөздөр да учуроочу. Ушундан улам адабият босогосун жаңыдан аттап, бир-эки китеп чыгарып калган биз үчүн мындай сес көрсөткөн «терминдер» колго калем алганда кылыч кезеп тургандай туюлчу; «Жүрөктүн үшүн алчу»,

биздин адабияттын жүрөгү ошол отузунчу жылдары түшкөн экен, ойлосом. Сыдык Карачев, Шарип Көкөнов, Орозакун Лепесов дагы-дагы башкалар эмне болмок бар болсо. Эл душманын чабабыз деп таланттын башын алганбыз да» — деп таасын белгилеп өтөт. Партия, Өкмөт, жаңы турмуш деп куру ураан чакырган чыгармаларына кеткен асыл өмүрүн өзү үчүн, көркөм чыгармасы үчүн жумшаганында, Шарип Көкөновдун жазуучулук, акындык, драматургдук жүзү жаркырап ачылар эле. Ал эми аны жаңы турмушту илгери үмүт менен тозуп турган калктын мүдөөсүн аткарып өз учурунда кыргыз элинин маданияты, искусствосу үчүн убаралуу кызмат өтөп, адабиятыбыздын ар тармактуу жүгүн аркалап келген аздыр-көптүр эмгеги, таза дили менен элине көрсөткөн эмгектери өз ордун табаарына ишенебиз.

www.bizdin.kg

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

Өмүркул Жакиш уулу// — Кызыл Кыргызстан. — 1934. — № 92.

[2] *Көкөнов Ш.* Кыргызстан кеңеш адабияты журналы. 1934. — № 1—2.

[3] *Көкөнов Ш.* Каракчылар// Кыргызстан кеңеш адабияты. 1933. — № 5.

[4] *Серафимович А.* Чымчык түнү. Которгон Ш. Көкөнов. — Кырмамбас, 1942.

[5] *Толстой Л.* Филипок/ Которгон Ш. Көкөнов. — Ф., Кыргызмамбас, 1934.

[6] *Көкөнов Ш.* Эмгек жайы// Кызыл Кыргызстан. — 1932. — 29-июль.

*Көкөнов Ш.* Жаңы күү //Ала-Тоо. — 1939. — № 3.

[8] *Көкөнов Ш.* Жаңы күү // Ала-Тоо. — 1939. — № 3.

[9] *Көкөнов Ш.* Кыргызстандын совет адабияты. — 1935. 136—149-беттер.

[10] ***Көкөнов Ш.* Тоо жаштары хам максаты// Эркин Тоо. — 1925. — 5-май. — № 1.**

[11] ***Көкөнов Ш.* КМУ тыйатрындагы жетишкендиктери жана милдеттери // Кызыл Кыргызстан. — 1932. — 8-жаныбар. — № 7.**

[12] *Көкөнов Ш.* КМУ тыйатырындагы жетишкендиктери жана алдындагы милдеттери//Кызыл Кыргызстан. — 1932. — 8-жаныбар. — № 7.

[13] *Көкөнов Ш.* Тыйатыр тууралуу // Кызыл Кыргызстан. — 1929. — № 166.

[14] *Көкөнов Ш.* Болот капкан жана шум түлкү // Ленинчил жаш. 1934. 9-февр.

[15] *Болджурова И.* // Литературный Кыргызстан. 1990. № 11.

[16] *Алексеев Г.* Заметки о кыргызской литературе // Новый мир. — 1931. № 12.

[17] *Токомбаев А.* «Академийе кечеси» тууралуу // Кызыл Кыргызстан. — 1932. — № 44, 49.

[18] «Кызыл Кыргызстан» гезити. — 1933. — № 93.

[19] *Көкөнов Ш.* Башкармага кат // Кызыл Кыргызстан. 1932. — № 111.

[20] Ошондо.

1503
ЦИОНАЛЬНАЯ

www.bizdin.kg

## КЕНЕНСАРИЕВ БӨРҮБАЙ

*(1896—1964)*

Бөрүбай Кененсариев азыркы профессионал адабиятыбыздын көрөңгөсүнө аздыр-көптүр чыгармачыл салымын кошкон, ысмы К. Тыныстанов, С. Карачев, М. Элебаев, К. Баялинов, М. Токобаев, А. Токомбаевдер менен кошкатар аталып жүргөн, совет доорунун алгачкы жылдарындагы кыргыздын интеллигент жаштарынын бири болгон.

Анын жигит курагына туура келген социалисттик революциячыл үргаал жаңы турмушка активдүү аралашып кетишине бала чагынан эрте кат-сабаттуу болушу чоң көмөк эткен. Бул жөнүндө өзү кийинчерээк жазган «Кыскача өмүр баянымда» эскерет: «(...) кадимки Шабдан Жантаев Уфадан чакыртып алган жана казак молдолорунан, Токмоктогу чоң молдо Закир карыядан дин илимин алган Айдаралы Жолиев деген молдодон окудум. Арап тилин грамматикадан (сарф) синтаксисине (нахву) чейин окуп Курандын маанисин билип калдым»[1].

Көркөм сөздүн наркына балалык зиректиги, сезимтал туюму менен баа берүүсүнө атасы атайын алдырып алып Бөрүбайга окутуп уккан, ошол кездеги кыргыз улутунун маданий жактан алда канча алдыда өркүндөгөн азербайжан (Бакудан), татар (Оренбургдан) «Вахат», «Икбал», «Ачык сөз» газеталары, татарча «Аң», «Шура» журналдары да таалим-таасирлүү шыкак болгон. «Атам дүйнөдөн кайткандан кийин деле акем (Жантай аттуу бир тууган агасы) татар, казак, өзбек тилдеринде газета, журнал, түрдүү адабияттарды көп алып келүүчү болду. Анын үстүнө Айдаралы молдо мага жалаң динди гана окутпастан, татар тилинде эсеп, география, астрономия (риязият), гео-

www.bizdin.kg

метрия (хандаса), татар адабиятын да окута берди. Арап тилинин синтаксисин окутууда Курандын сөздөрү талданат. Кийинчерээк Курандын тилин түшүнө баштаганда андагы толуп жаткан карама-каршылыктар, ар түрдүү келжирек жомоктор ачык айкын билинип калды. «Бул кандай деп берген менин суроомо Айдаралы молдо «сенин окууң жакшы, убалыңа калбайын, динди коюп мына бу илимдерди окугун» деп мага башка багыт берди. Бул үчүн ага ушул күнгө чейин рахмат айтып жүрөмүн»[2] деп эскерет Б. Кененсариев.

Адабиятыбыздын тарыхында азыноолак чыгармалары менен алгачкы калемгер саналган бул адамдын автобиографиясы анын бала кезинен прогрессивдүү маанайда көзү ачылып, заманынын объективдүү дараметине жараша билим-тарбия менен азыктанганын күбөлөйт. Бөрү Кененсариевдин адабият тарыхында аты калуусуна айтылуу «Кызыл гүл» (Москва, 1927) ырлар жыйнагы олуттуу себепкер болгон. Бул жыйнакка, Зияш Бектеновдун эскергенине караганда «Бөрүбайдын көп ырларынын ичинен «Владимир өткөн күн», «12-январь», «Сулуу издегенде», «Ким байчыл?», «Эски мектепчилерге», «Болсо шайлоо», «Боло албайм», «Кыргыз азаматтарына», «Өмүрүмө», «Жаз», «Жазгы жамгыр», «Жай», «Ала-Тоо», «Кайран заман», «Элирбе», «Шайлоо», «Мезгилсиз өлүм», «Кантсең улук болосуң?» «Куттуу болсун» деген он тогуз (башка басылма булак боюнча — 16)[3] ыры басылган»[4].

Белгиленип жүргөндөй, «ошо кездеги ырлардын теңинен көбү күндөлүк саясий темаларга, асыресе белгилүү календарлык даталарга арналып, кескин агитациялык мүнөздө жаралып, мазмуну жана стили жагынан башка газеталык материалдан анча айырмаланган эмес»[5]. Бөрү Кененсариевдин ырлары деле ушундай чектелген нуктан чыккан эмес. Алсак, «Кайран залим» деген ыры англиялык иш таштоо тууралуу газеталык кабарга, «Пролетарлар басмасы» аттуу ыры басма сөз күнүн белгилөөгө же газетанын «Кызыл Кыргызстан» атка конушун куттуктоого арналган. Кыргызстандын түштүк райондорундагы жер-суу реформасын кубаттаган «Кабар укканда» сыяктуу ырларын чыгарган. Эгерде тунгуч кыргыз жаңы жазма поэзиясы революциянын жалындуу жарчысы, совет бийлигинин дилгир талапкери,

www.bizdin.kg

социализм идеяларынын активдүү таркатуучусу катары чыккан болсо (А. Эркебаев 79-бет), Бөрү Кененсариевдин ырлары деле коммунисттик идеологиядан, чакырык-ураандардан азыктанып, азаттык-теңчиликти даңазалап, ар тараптан жаңыра баштаган кыргыз журтунун турмушуна маашыркануу, эскини жекирип-жектөө максатын көздөгөн. Албетте, мындай чыгармачыл позиция жеке гана Б. Кененсариевдин калемине мүнөздүү көрүнүш болбостон, Салижан Жигитов айтылуу иликтөөлөрүндө аныктагандай, жалпы союздук масштабдагы көркөм сөз сферасынын алдына милдеттүү түрдө коюлган «социалдык заказ»[6] болгон.

Бул тема «Кызыл гүл» жыйнагына атайын багышталган А. Эркебаевдин ишинде кеңири талданат: «Ырлардын формасы, жанрдык мүнөзү түздөн-түз ушул пафостон, агитациялык-саясий мазмундан түзүлгөн (...), ырлардын көпчүлүгү марш, чакырык, арноо, санат-насыят мүнөзүндө. Алардын айрымдарында фольклордук таасир көбүрөөк болсо, айрымдары ошол кезде жарыяланып жүргөн (басма сөз маданияты кененирээк өсүп калган — Н. Н.) башка адабияттардан анча-мынча таалим алган кадимки жазма ырлардын үлгүсүн көрсөтөт». Бул жагдай «алардын саясий жана поэтикалык аң-сезиминин жалпылыгы, деңгээлдеринин негизинен бирдейлиги менен да түшүндүрүлөт»[7] деген ой сүрүүлөрдү сунуштайт.

Арийне, мындай баа берүү жалпысынан объективдүү көрүнгөнү менен коомдун саясий-идеологиялык ой-чабытын эркинирээк талпынтууга жол бербеген катаал коомдук-моралдык атмосфера алардын чыгармачылыгын бир беткейликке камап, ал тургай керт башынын жан-дүйнө көйгөйлөрүн да «өз поэзияларынын предмети кылып алуудан чочулашкан»[8].

Мисалы, З. Бектеновдун айтымында Б. Кененсариевдин «Кызыл гүл» жыйнагына кирген «Боло албайм»[9] деген ыры 1930-жылы калемдештери тарабынан кайра талданып: «Бөрүбай Совет заманынан такыр үмүтүн үзүп жатат» деген кине менен жазуучулардын «Кызыл учкунунан» чыгып калган»[10]. «Кызыл гүл» жыйнагына кирген Кененсариндин жана башкалардын ырлары, К. Тыныстановдун ырлар жыйнагы, С. Карачевдин «Эрксиз күндөрү», К. Баялиновдун «Ажары» ырлары менен бир-

www.bizdin.kg

ге «контрреволюциячыл улутчул бай-манаптык идеология бар» деген саясий күнөө менен ВКП(б) Кыргыз обкомунун 1932-жыл 7-марттагы заседаниесинде сынга алынган (Республиканын саясий документтер архиви ф.10.оп.I.-д.402. 27-бет). Балким, Б. Кененсариевдин жарым фольклордук ыкмада жорго тил менен жазылган «Мен ким?» аттуу ыры да ошол жумурткадан кыр издеп, өз сөзүн өзүнө каршы курал кылып пайдаланган опурталдуу заманда жазылгандыр:

Социалисттик коомдун,
Мүчөсүмүн ынанган!
Делбир болуп делбиген
Келечекке кубанган!
Чыгып жатат мен үчүн,
Түрдүү кептер чубалган.
Кыянатчы мен эмес!
Кыйшаң-куйшаң буралган ж. б.[11]

Же болбосо, ошол аты суук отузунчу жылдарда, айрыкча айтылуу токтомдон кийин борбордон сүрүлүп Нарын тарапка оогон[13], 33-жылы жаңы жазма адабиятыбыздын «тун уулу» атыккан А. Токомбаевдин чыгармачылыгынын 10 жылдык маарекесине атайын арнап, Маяковскийлик революциячыл пафос менен ушул ыр ырдалгандыр:

Каламы ок,
Сөзү жебе.
Тап душманды
Жеңе-жеңе
Эмгекчинин
болот,
деп бир арстаны.

Ким жасады
Сени булбул.
Таңшып таңда
Талыкпастан —
Тап мүдөөсүн
Таамай айтып

www.bizdin.kg

Темир булчуң
Большевиктин
Нагыз тууган
Баласысың

Сел жүрсө да,
Өрт күйсө да.
Мен артыңа
Такай чабам —
Мына колум,
Кайтпастыкка берем ант!

*18-май, 1939-жыл*[13].

Тымызын күйгөн өрт ичинде Тыныстанов баш болгон кайрандар калып жаткан ошол күндөрдө Кененсариндин бул одасы ар бир эле тирүү жанга мүнөздүү жандалбас (инстинкт самосохранения), аргасыз кылынган аракет сыңары бааланар. Ким билет, кандай болсо да автор өзү муундарга сактап алып жүргөн кол жазмаларынын катарында «Балкага» деп аталып поэма деп аныкталган текстке балким өзү башка бир ой камтыгандыр — тарыхты танууга болбойт эмеспи.

Ошондой эле:

Оңой эмес мойнуңа алган милдетин,
Оңомоксуң элдин толгон илдетин.
Социалчыл толуп жатыр элинде,
Элге карап эки кылган бир бетин.

Ооз үйрөнгөн сөз сүйлөөгө шакылдап,
Ниет кеткен бай-манапка жакындап.
Уруучулдук желегин алып колуна,
Кызмат кылган шерменделер лакылдап, —

деп таптык идеяга ширелген саптар «Сага арнап» (16-март, 1927-ж.) аттуу ырында өзүн социализм күрөшүнүн берилген солдаты катары көрсөтүп,

Дагы билем сенин туткан жолуңду,

www.bizdin.kg

Таанышсың чын, оңуң менен солуңду.
Айныбасаң тууралыктан, чындыктан,
Ырас, десең келе бергин колуңду —

«жашы кичүү, жаны курбу инисин» да «айрылбагын алдыңдагы максаттан» деп ант берүүгө чакырат. Андан аркы:

Дүнүйө кызык, атакка мас агалар,
Бизге наадан, өздөрүнө дааналар.
Өтөбүз го, бир кербенде чубалып,
Бирок, кийин текшерилип каралар.
Ана ошондо наамың кара болбосун,
Камкор эмес, канкор дешип койбосун.
Кыл аракет, айтканыңдан адашпа,
Тилеги бир, эң сүйүктүү жолдошум[14] —

деген ой-күмөнү ырасталып, «тилеги бир» адамдын «камкордук» ишмердиги «текшерилип каралып», мезгилдин, акыл-эстин таразасына түшөрүн, ушул саптар кылымга тыкыр убакыттан соң парадоксалдуу таамайлыгы менен төп келерин автор деле көрө билбесе керек.

Совет доорунда жанданып жаңырган көркөм жазма адабиятыбызга түшкөн саясий-идеологиялык «заказдын» планына бай-манаптарды куугунтуктоону поэзиянын тили менен кубаттоо, динчилерди ашкерелеп мазактоо ж. б. кирип, ал көркөм процесстин олуттуу темаларынын бирине айлануу менен сатиралык жанрдын көрөңгөлөнүшүн шарттаган. Кененсариевдин «Саркындылар», «Кош айтышты», «Ким байчыл», «Жорулардын жаңылыш» (тамсил шекилинде), «Уулады дин», «Курман айт келди», «Кузгундар» өңдүү ырлары дагы ушул талаптарга ылайыкталып жазылып, «Кызыл Кыргызстан» журналынын атайын ачылган «Чалкан» сатиралык бурчуна чыгып турган. Бөрүбайдын сатирасы бай-манап, кожо-молдолордон башка дагы паракорлук («Ким парачы?»), ачкөздүк, аракечтик («Ыбырайга», «Азыркылар»), бекерчилик, жалкоолук («Туз арамы», «Жайгармалуу жалкоолор»), аялдык азаттыкка каршы болгон түркөйлүк («Ашкере болду») сыяктуу пендечиликтин өксүктөрүн, арзыбаган өнөкөттөрүн ырга айлантып, шылдыңга алат.

Б. Кененсариевдин бүтүндөй чыгармачыл репертуары

www.bizdin.kg

деле берки калемдештерине окшош, айтылып жүргөндөй, заманбап ой-мүдөөлөрдүн жарчысы шекилиндеги «Өткөн күндөр», «Улуу Өктөбүр», «Капсалаң паша», «Колхоздогу иш», «Ала-Тоонун арстаны» (М. Фрунзеге арналган), «Кыргызстаным» деген ж. б. темалардан турат. Аталган ырлар автор тарабынан поэма деп аталганы менен, алардын ичинен «Аскалуу Алтай тоосунда» деп кадимки оозеки поэзиянын стилине салып, Санчы сынчы кыргыздын бир уруусун Алтайдан Чүй бооруна оодарып келген делинген улама сөздүн учугун чубап кураган көлөмдүү ыры гана мазмуну жагынан поэмага жакын.

Булардын поэтикалык наркы мезгилдүү басма сөздүн шарапаты аркасында тааныш болгон тектеш тилдүү адабияттардын стилдик-структуралык усулу, каны-жаныбызга сиңген оозеки мурастардын таасири астында калыптанган. Адабияттын азыркы күндөгү чен өлчөмдөрүнө салынбагандыгы, ал ырлардын ички түзүлүш ыкмасынын бирдей эместиги, ыргактык формаларынын калыпка салынбагандыгы сыяктуу поэзиянын сырткы «сымбаты», болбосо, акындын көркөм палитрасы, адамдык кредосу жана башка олуттуу талаптарды такпай, ага (поэзияга) мүнөздүү келген философиялык ой-чабыт психологиялык туюнтмалар шекилдеги элементтерди талап кылбай, тарыхый бир факт катары каралуусу парз. Арийне, чыгармачылыгынын таңында поэзияга дилгир жаштык жигердин ички фантазиясы, жан-дүйнөсүндөгү купуя түйшөлүүлөр, алган тарбиясынын жемиши болгон эстетикалык туюм-зиректик убагында поэтикалык шыгына шыкак бербей койгон эмес. Буларды А. Эркебаев учкай талдап кеткен[16] «Сулуу издегенде», ушул сыяктуу эле «Ким күлөт», андан башка дагы тирүүлүктүн закым сымал алдамчы-азгырык кызыктуулугу, чексиздиги менен опаасыздыгы, ажал алдында алсыздыгы тууралуу философиялык ой-толгоолордон турган «Өмүрүмө»[16] сыяктуу элегиялык маанайдагы ырлары кирет.

Б. Кененсариевдин калеминен аягына чыкпай калган «Тобурчак» аттуу пьеса да жаралган. Чыгарма колхоз жаңы уюшула баштаганда оокаттуу Сарыбай өңдүүлөрдүн малын колхоз зордоп өткөрүп, өздөрүн «кулакка» тартып айыптаган Батма, Бүбүш, Темиркул өңдүү коммунист,

www.bizdin.kg

комсомол, активисттердин аракеттерин сүрөттөгөн сюжеттен турат. Пьеса бир кыйла эле тың, ишенимдүү жазыла баштап, финалына чыкпай калган. Автордун драматургиядан да дурус кабардар экендиги диалогдордон, ремаркалардан дароо байкалат. Муну мезгилдүү басма сөз бетинде жарыяланып калган төмөнкүдөй бир үзүм кабар да далилдейт: «(...) Ушулар менен катар кыргыз улут драм студиясы дагы улуу өктөбүр өзгөрүшүнүн 11 жылдык майрамын өткөрөбүз деп камданып, эстен калбас Н. В. Гоголдун «Ревизор» («Текшерүүчү») деген күлкүлүү оюнун коймокпуз. Бул пиеса ыстудияга арналып Татыбек уулу менен Кенеңсары уулунун жардамы менен которулган, беш көшөгөлүү, алты жарым басма табактуу чоң пиесе»[17]. Демек, ал кезинде тунгуч театр ишине да кол кабыш кылуу менен пьеса жазып, ошондой эле өмүрүнүн акырына чейин карманып келген котормочулукта да тажрыйба ала баштаган. Замандашы З. Бектеновдун эскерүүсүндө биз сөз кылып жаткан адам М. Горькийдин «Бороон кабарчысын» кыргызчалап, ал 1932-жылы «Чабуул» журналынын 4-номеринде басылган. Ошол эле жерде Бектенов баягы каргашалуу Токтомдон кийин «Бөрүбай ыр, аңгеме, жанытма чалкан жазганын токтоткон да котормочулук кесипке өткөн болучу»[18] дейт. Албетте, ал заманда эркин чыгармачылыкта эргийм деп жазыксыз жазалангандан көрөкчө, жазылып электен өткөн нерселердин үстүндө иштөө алда канча коркунучсуз болгон.

Б. Кененсариев биздин колубузга тийген чыгармачылык мурастарынын ичинде поэзия жанрындагы чыгармалардан сырткары Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Кол жазма фондусунда (инв. № 34, 1936-жылы өткөрүлгөн) «Өз өмүрүмдүн ичинде маанилүү деп эсептелген окуялар тууралуу эстелик» деп атаган революцияга чейинки кыргыз элинин коомдук саясий-социалдык турмушундагы айрым көрүнүштөрүн сыпаттаган «Шайлоо», «Кудалык», «Бел куда», «Сот», «Мектеп», «Манаптар», «Дин», «Февраль революциясы» ж. б. бир кыйла проза түрүндөгү кол жазмаларын калтырып кеткен. Бул тексттер көркөм чыгарма болбосо дагы автордун калыпка салынган стилин, такшалган оборотторун баамга алсак, айтыла турган ойлору, сүрөттөп жаткан көрүнүштөрү кыска бирок терең сыйымдуу туюнтулат. Өзгөчө дин темасына кайрылганда

www.bizdin.kg

жөн эле атеисттик идеялардын «балтасын чаап» курулай ур токмокко ала бербестен, официалдуу «чоң диндердин» (христиан, ислам) пайда болуу тарыхына кайрылып, диний уламыштардын (преданиелердин) жана Куран, Библия тексттериндеги моралдык жана логикалык төп келишпестиктерди мисалга тартып, жайбаракат анализдөө менен ашкерелейт[19].

Эгер Бөрү Кененсариев фантазиялуу ой-чабытка бай, эргүүсү күч жаш курагында бөрк ал десе баш алган замандын моралдык-психологиялык соккусуна тушукпаган болсо, балким, поэзияда болобу же прозадабы, мыкты көркөм чыгармалардын автору болот беле. Эми колубузда калган тексттери да өткөнүбүздүн кайталангыс фактысы, азыркы жазма поэзиябыздын адепки үлгүсү сымал үйрөнүлө берет.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

*Кененсариев Б.* Сага арнап. — Бишкек, 1998. 18-бет.

[2] Ошол эле китепте. 19-бет.

[3] Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 2 томдук. 1-том. — Фрунзе: Илим, 1987. 55-бет.

[4] *Бектенов З.* Замандаштарым жөнүндө эскерүү. — Бишкек, 1996. 196-бет.

*Эркебаев А.* Элдик эпостон адабий эпоско. — Фрунзе: Адабият, 1990. 78-бет.

*Джигитов С.* Обретение новых традиций. — Фрунзе: Кыргызстан, 1984; Жигитов С. Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары. — Фрунзе: Адабият, 1991.

*Эркебаев А.* Элдик эпостон... 81-бет.

[8] *Жигитов С.* Ырлар жана жылдар. — Фрунзе: Кыргызстан, 1972. 175-бет.

[9] Ырдын толук тексти китепте: Кененсариев Б. Сага арнап... 97-бетте.

[10] *Бектенов З.* Аталган китепте. 206-бет.

*Кененсариев Б.* Аталган китепте. 89—90-беттер.

[12] Ушул эле китеп. 7-бет.

[13] *Кененсариев Б.* Аталган китепте. 188—192-беттер.

www.bizdin.kg

*Кененсариев Б.* Сага арнап... 101—103-беттер.

*Эркебаев А.* Элдик эпостон... 77—78-беттер.

Ырдын толук тексти китепте: Кененсариев Б. Сага арнап... 104—105-беттер. Бул чыгарма «Кызыл гүл» (1927) жыйнагында Ш. Көкөновдуку деп берилсе керек, анткени А. Эркебаевдин талдоосунда автор катары Ш. Көкөнов көрсөтүлгөн. Эркебаев А. Аталган китепте: 18-бет.

[17] *Еленин Н.* Өктөбүр жана кыргыздын улут театры // Жаңы маданият жолунда. — 1928. № 6.

[18] *Бектенов З.* Замандаштарым... 206-бет.

*Кененсариев Б.* Сага арнап. 39—42-беттер.

www.bizdin.kg

## КАРАЧЕВ СЫДЫК

*(1900—1937)*

Улуттук басма сөзүбүз жок учурда адабий чыгармаларды жазып, башка тектеш тилдерде чыккан газета-журналдарга жарыялап жүргөн кыргыз жаштарынын бири — Сыдык Карачев. Ал улуттук журналистиканын, адабияттын, котормонун жаралыш жана телчигиш процессине да белсенип аралашкан, жазма көркөм сөзүбүздүн өнүгүшүнө салмактуу кошумча кошкон. Демек, биз аны кыргыз совет журналистикасынын пионери, жазма адабиятыбызга негиз салгандардын бири деп жарыялай алабыз.

«Сыдык Карачев өзүнүн чыгармачылык ишин 1918-жылы ыр жазуудан баштайт»,— деп кабарлаган бир макаласында З. Ч. Мамытбеков. — Анын улуу Ленинге арналган ыры 1918-жылы «Шуро» («Совет) деген татар газетасында жарыяланат»[1].

Бир жагынан С. Карачевдин адабияттагы иш-аракети 1918-жылдан, б. а. тигил жарыяланган ырынан башталат деген пикир да күнөм санатат. Анын ошол жылга чейин эле татарча (балким, кыргызча да) ыр жазып жүрүшү ыктымал. Себеп дегенде ар кандай акын ырлары басма сөз бетинен «бөртүп» чыкканча китептик поэзиянын үлгүлөрүн туурап уйкаштуу саптар окуп, ыр кураштыруунун жөнөкөй техникасын өздөштүрүп, жок эле дегенде үч-төрт жылдай чыгармачылык үйрөнүү мектебинен таалим алат эмеспи. Болжолу, Сыдык да ушундай универсал эрежеден сырткары калбаса керек.

Маркум З. Ч. Мамытбековдун айтымында 1919—1924-жылдары казакча «Көмөк» («Ушкын», «Кедей эрки» ж. б.), «Ак жол» деген газеталарда, «Шолпан», «Жас кайрат»,

www.bizdin.kg

«Аелдер теңдиги» деген журналдарда Сыдыктын «Шаңдан жүрөк», «Аялдар салтанаты», «Айылдагы курбума», «Досума», «Эл сагынуу» («Жер сагынуу»), «Күзгү түн» аттуу ырлары жарык көргөн экен[2]. Бирок адабиятчыбыз аталган ырлардын кайсылары татарча, кайсылары кыргызча экенин ажыратып билген эмес.

Тилекке каршы, азырынча бизге ал ырлардын экөөнөн башкасынын аттары гана белгилүү. Тексттери З. Ч. Мамытбеков тарабынан кайра жарыяланган — «Шаңдан жүрөк», жана «Күзгү түндө» деген эки ыр («Кыргызстан маданияты», 1972, 11-июль). Булардын биринчиси «Көмөк» газетасында (1919, 12-ноябрь), экинчиси «Ак жол» газетасында (1924, 10-март) адеп «көз жарган» экен.

Мынакей, «Шаңдан жүрөк» ырынын толук тексти:

Адашкан эл-журтунан мен бир безген,
Илим деп эл-жеринен эчак кеткен,
Мойнума эл милдетин артып алып
Түйшүктө нур жылдарым — жаштык өткөн.
Турмуштун толкундары курчап алып
Далалат кылып элим, алга бут шилтеген.
Бирок да көңүл жоошуп, өмүр күнү
Алыстап карлыгачтай артка кеткен.
Кайгыртып караңгы түн жылдызындай
Бир жанып, бирде бүлбүл жаштык кезең
Сагынтып, бойго тартып, жүрөк эзген.
Сулуу ай көк асманда нурун чачты.
Асманда таңкы чолпон, ана, жанды.
Жаңы доор, жаңы турмуш кызыгына
Жүрөгүм толкундады, оттой жанды.
Кайгылуу өткөндөгү муңдуу күнүм,
Кан кечип, эрксизден мен күлгөмүн,
Кетти изсиз элим менен сан күрөштө,
Ат салыш (толку), шаңдан, эт жүрөгүм!

«Шаңдан жүрөк» ырынын жаралышы кыргызча ыр өнөрүнүн узак тарыхындагы кескин бурулуштун бир кичинекей жышааны сыяктуу жаңыча көрүнүштөрдүн бири болгон. Анткени ал ыр, биринчиден, китептик поэзиянын нугунда, таасиринде, үлгүсүндө жазылган, экинчиден, анда автордук ой (идея) оозеки лирикадагыдай дидактикалык

www.bizdin.kg

мүнөздө, карандай жалпы формулалар түрүндө, түз сызыктуу сенек бүтүмдөр же афоризмдер таризинде эмес, татаал пейзаждык символикасы бар ассоциациялуу жайылма ой жүгүртүү иретинде айтылган. Мунун өзү адамдын ой-сезимин кыргызча ырдык речь аркылуу туюндуруу жагынан таптакыр жаңыча саамалык эле.

Ал эми «Күзгү түндө» дегени — ыр түрүндөгү кыска бир аңгеме. Ал момундай саптардан башталат:

Күзгү түн, ачык аяз ызгаар жүргөн,
Көктө ай, жерде тынчтык өкүм сүргөн.
Жымыңдап сан жалдыздар көз ирмешип,
Тоо калкып жыпарлуу (бир) түшкө кирген.

Көл көйкөлөт күмүштөй жаркылдаган,
Сай бойлоп кечки суук аркыраган.
Узун түн ич күйдүрөт жанды кыйнап.
Муң басат жаш жүрөктү зыркыраган.

Тиккен үй, жыйылган эл кыз оюнда,
Кыз турат токмок алып оң колуна.
Бой эритип, кан кайнатып жигит ырдайт
Жар көрүшүп колун арткан кыз мойнуна.

Бу күзгү түндөгү кыз оюн — күйөөгө кыз узатуу жөрөлгөсү. Жаштардын баары көңүлдүү: обон салып, ойноп-күлүп, таң-тамашанын кумарында. Алардын арасында жалгыз гана тою түшүп жаткан селки кайгылуу, себеби ал өз ыктыярына каршы, сүйбөгөн бирөөгө мал катары сатылып баратат. Бир чети ал антташкан, жакшы көргөн өз теңине кошула албай калып жатат. Башкалар оюндун кызыгына батканда кыз үйдөн жылып чыгып, көл жээгине келет да, жарык дүйнөгө, арзып сүйгөн жигитине «кош бол!» айтып, кашаттан боюн таштап, «барса келбес кетет, сулуу сапарга».

Байкалып калгандыр, ырдын темасы революциядан кийин биздин өлкөдө өзгөчө актуалдуу саясий маани алган аялдар маселеси менен тыгыз байланыштуу. Автор бойго жеткен кыздын ырайымсыз патриархалдык үрп-адаттын, ач көз ата-энесинин наадандыгынын бөөдө курмандыгы болгонун баяндап, ошону менен өз кезиндеги саясий кый-

www.bizdin.kg

мылдын позициясын жактайт, кыз-келиндер теңсиздигин айыптайт, эски салттарга каршы чыгат. Ырас, ырдын текстинен анда аңгеме кылынган трагедиялуу окуянын качан — революциядан кийинби же мурунбу? — өткөнү айкын баамдалбайт. Бирок жаңы доорго мүнөздүү тарыхый-турмуштук белгилердин жоктугу ырдын сюжеттик өзөгүн түзгөн окуя кантсе да эски заманга тиешелүү го деп болжотот. Караң калгыр өтмүш мезгилде андан азалуу окуялар аз болду беле!

«Күзгү түндө» ырынын тексти деле мазмундун ырдык калыпка чөгөрүлүшү жагынан орошон мыкты дедирбейт. Саптарынын арасында өөдүк-сөөдүктөр (өксүк же артык-баш муундар) өз ара анча эп келишпеген сөз айкалыштары, элдир-селдир уйкаштар бар. Бирок өз убагындагы ырлардын контекстине салып караганда, анын жалпы жонунан жармач эмеси да даана көрүнөт. Деген менен ал ыр. акындык жөндөмү кыйла эле машыгып калган автордун калеминен бүткөн.

Кыргызча басма сөз маданияты жаралгандан кийин Сыдык Карачев акындык өнөрдүн аркасынан сая түшпөсө да, ыр жазганын таштап койгон эмес. Анын калеминен 1924—1930-жылдары чыккан ырлары коллективдүү «Кызыл гүл» (1926) жыйнагына, жеке өзүнүн чыгармаларынан куралган «Эрик таңында» (1976) китебине кирген. Албетте, Сыдыктын булардан башка ырлары да аталган мезгил аралыгындагы газета-журналдардан табылып калышы ыктымал.

Сыдык Карачев башка калемдештериндей эле календарлык темаларга ылайыктап да ырлар чыгарган. Алардын бири «Май» дегени. Мунун эмгекчилердин эл аралык тилектештик күнүнө карата жаралганын, «Эркин тоонун» ошо майрам күндөгү (1925-жыл 1-май) санында жарык көргөнүн аңдап алуу анча кыйын эмес. Албетте, ошо«Май» ырында айтылуу майрамдын саясий мааниси сөзгө алынып, эмгекчилерге карата актуалдуу ураандар ташталат.

Сыдыктын «Жаңы турмуш — жарык күн» аттуу ырынын астында «окууга кеткен карындашыма арнайм» деген эскертүү бар. Мында кыргыз кызынын өз айлынан окууга жөнөшүн жандандырып, көркөмдөп көрсөтүү далалаты жасалган.

www.bizdin.kg

Биздин акын бир катар ырларында, асыресе, «Эл менен биз биргебиз», «Эмгек таңында», «Күрөш учкундары», «Биздин эл (чет элдеги досума кат)» дегендеринде тап таймашынын ураандарын, социалисттик курулуштун жеңиштерин, эркин элдин оптимисттик маанайын, жаратмандык эмгектин шарапаттарын жар салган. Ырас, булардын баары мазмундук уюткулары жагынан өздөрүнө туташ жаралган башка ырлардан айырмаланган эмес. Бирок бул ырларда Сыдык башка акындар жылаңач бойдон түз эле айтып таштаган идеяларды санжыргалап, өзгөчөлөп, каймаалап, жаңыча троптук каражаттар, ритмикалык курулуштар, строфалык уюшмалар аркылуу туюндурууга далбаса кылган.

Сыдыктын граждандык лирикага кирбеген эки-үч ыры бар. Алардын экөө махабат жайынан сыр чертет. «Неге алдадың?» дегенинде лирикалык каарман сүйгөн жарын убада-шертке бек турбаганы үчүн кинелеп, көңүл зарын төгөт. Ал эми «Өткөн өмүр — бир өлүм» дегендин шарттуу персонажы менен бирге жүргөн бактылуу убагын ич элжирей эскерип, андан түбөлүк ажыратып койгон куу тагдырга таарынып наалыйт. Эки ырда тең жандуу эмоциялык эпкиндер, ошондой эле китептик таасирлердин издери да бар. Анан экөөндө тең автордун айтам дегендерин карапайым сөздөр менен жөн эле, саймасыз, түз айтпай, колдон келишинче санжыргалуу, метафоралуу, символдуу айтканга көбүрөөк ыкылас койгону билинет.

Сомолоп айтканда, Сыдык Карачев акын сапатында дагы басма сөздө көрүнүп, улуттук жазма поэзиябыздын түптөлүшүнө аздыр-көптүр кол кабыш кылган. Бирок бу жагынан анын ийгиликтери анча барандуу да, орошон да эмес. Анын үстүнө Сыдык ыр жазгандын үдөөсүнө чыгам деп олуттуу аракеттер да жасаган эмес.

Өз убагында Сыдык Карачев туңгуч кыргыз прозаиги катары кадыресе зор барк тапкан. Чынында да анын чыгармачылык кудурети кара сөз майданында таасыныраак көрүнгөн. Кыргыз тилиндеги биринчи көлөмдүү прозалык чыгарманын автору да ошол. Айтор, биз аны улуттук көркөм прозабыздын баштоочусу деп тайманбай айта алабыз.

Арийне, туңгуч аңгемелерин Сыдык татарча жазып, 1919—1920-жылдары «Көмек» («Ушкын») газетасында

www.bizdin.kg

жарыялаган. З. Ч. Мамытбековдун маалыматтарына караганда, ошол газетанын беттеринде С. Карачевдин «Үйлөнүүдөн качты», «Сүйгөнүнө кошула албады», «Армандуу эки жаш», «Ысык-Көл боюнда», «Алданган нур кызы», «Күкүк менен Зейнеп» дегендери жарык көргөн[3].

Тилекке каршы, аталган аңгемелердин бирөөнөн башкасы адабий-илимий алкакка кийриле элек, кыргызчаланып кайра жарыялана элек, атүгүл көпчүлүгүнүн сюжеттик өзөктөрү да баяндалып жазыла элек. Тек гана «Үйлөнүүдөн качты» дегени З. Мамытбеков тарабынан таржымаланып, «Кыргызстан маданиятында» (1967, 7-декабрь) жарыяланган.

«Үйлөнүүдөн качты» деген аңгемесинде революцияга чейин татарча жана орусча гимназияларда окуган жаштардын каникул убагында жайлоочулап келишип, бир чокуга чыгышып, өз ара айтышканы тууралуу сөз барат. Айтыш Ысмайыл байдын татарча гимназияда окуган уулу Султандын жакында үйлөнгөнү жатканы жайындагы кабардан улам тутанат. Султан өзү да ошол окуучу жаштардын арасында болот. Ал үйлөнөйүн деген ниети жогун, бирөө менен эскиче баш кошууга каршы экенин, азырынча илим-билим алып, караңгы элине кызмат кылсам деп самап жүргөнүн кадыресе пафос менен, китептик сулуу сөздөр менен узак тирада формасында туюндурат. Маселен, ал жигит ошо тирадасынын аягында ата-энеси ал деп жаткан кызга эмне үчүн үйлөнбөй турганын мындайча түшүндүрөт: «Ал мен кайгырган убакта кайгымды ортоктошууга, өзүм жана да милдетим тууралуу менин пикириме кошула албайт. Менин ошондой кайгылуу, шаттыктуу убактарымда ишке жарабаган сенек бир куурчакты алуудан мен кандай кызык тапмакчымын? Мен адам катарына кошулмайынча үйлөнбөйм. Үйлөндүңбү — үйлөндүң, андан ары ой-пландарыңдын баары күлү көккө учат!»

Султанды куду өзү сыяктуу татарча окуган жолдошторy жактайт. Ал эми орус гимназиясында тарбияланган Касымбек аттуу жигит Султандын үйлөнгөндөн качканын, татар интеллигенттерин сокур туурап «миллетим» («улутум») деп ооз көптүргөнүн шылдыңдап сүйлөйт. Султан өз кезегинде орусча окуган кыргыз жаштарына тилмеч же писарь болгондон башканы ойлонбойсуңар, чындап кел-

www.bizdin.kg

генде, силерге мансап болсо болду, улуттун кереги жок деп айтып коет.

«Үйлөнүүдөн качты» аңгемесинин идеялык чордону ушул талаш. Андан ары Султандын өз тою болордо качканы, окуу издеп кеткен бойдон өлүү-тирүүсү белгисиз жоголгону, акыры Борбордук Россия тарапта окуп жүрүптүр деп кат-кабар чыкканы газеттик информация тили менен кыскача баян кылынат. Аңгеме баш каарман Султандын тагдырына байланыштуу мындайча тыянак менен бүтөт: «Ал ошол кеткен боюнча кетти да калды. Эмнеси болсо да анын сапары эмес, максаты эл эркиндигин, анын келечегин ойлоо эле».

Сыдык Карачевдин чыныгы көркөм (адабий) аңгеме деп жазганы — «Эрик таңында». Ал адегенде газетада же журналда басылбай, шыдыр эле 1929-жылы өзүнчө китепче болуп чыккан.

Аңгеменин окуясы биринчи жактан, лирикалык каармандын атынан баяндалат. Ал каарман Акмат өз тагдырынан учкайыраак маалымат берип, негизинен өз энесинин эски көз караштардан кантип кутулганы, жаңы турмушка мамилеси кантип өзгөргөнү тууралуу бир кыйла кенен баян этет.

Акмат — граждандык урушка катышып, ок жеп, ошонун айынан өз айлына кайтып келген жигит. Ал — жаңы бийликтин активдүү тарапкери, кыргыздан чыккан туңгуч большевиктерден. Ошон үчүн ал тууган айлына келери менен жөн жата албай, жаштардан комсомол уюмун курайт, таптык эзүүнүн жана патриархалдык салттардын саркындыларына каршы күрөш ачат. Бул күрөштө ал тап кастарынан жалтанбайт, айыл аксакалдарынын ырайына карабайт, көнүмүш салт-санааларды таназар албайт. Ошонусу үчүн аны бай-манаптар «эл бузар» атка кондурат, тынч жаткан айылга бүлүк салды деп энеси Асылкан да ага наараазы болот. Айрыкча Акматтын бир кылыгы — он үч жашар Кенжеканга үйлөнөм деген Медер аттуу картаң чалды, калың жеген кыздын атасын той үстүндө милицияга кармátканы энесинин ачуусун аябай келтирет. Эскиликтен али кутула элек көпчүлүккө да жек көрүнгөн, өз энесинин да каарына калган Акмат айылдан кетүүгө аргасызданат.

www.bizdin.kg

Акмат партиялык-советтик мектепти бүтүрүп, көмүрчүлөр шаарына кызматка барат. Ошо жерде үйлөнгөн соң энесин атайын чакыртып алат. Асылкан адегенде шаардын турмушун караманча жерийт, техникалык жаңылыктарга кабылган сайын күлкүлүү иштерди жасайт (маселен, кинофильм көрүп отуруп корккондон эшикке чыга качат, асмандан самолеттун учканын көрүп, андан да эси чыгат). Бирок Асылкан уулу менен келининен ошо жаңылыктардын эмне экенин, анын баары окуунун шарапатынан жаралганын, жаңы заман алып келген илим-билим менен маданияттын артыкчылыктарын угуп-билип, аста-аста көп нерсени түшүнө баштайт. Ал акыры өз айлына аң-сезими бир кыйла өзгөргөн калыбында кайтат да, жаңы замандын, жаңыча окуунун, жаңы тамганын активдүү үгүтчүсүнө айланат. Өзү карыган башы менен сабатсыздык жоюу курсуна барып, бат эле кат-сабатын ачып, газета-журнал окуп калат да, айылдагы саясий-массалык иштерге (аялдар арасындагы үгүт-насаат, кедей-кембагалдарды соода-сатык кооперациясына тартуу ж. б.) белсенип киришет. Карыган кемпир ушундай аракет менен башка кыз-келиндерге үлгү көрсөтөт.

Ушундай учкай маалыматтардан деле байкалып калгандыр: аңгеме өз убагындагы маанилүү темага арналып, ачык агитациялык багытта жазылган. Андагы образдардын жасалышы, сюжеттин куралышы башка аңгемелердегиге салыштырганда бир кыйла татаал. Бул өзгөчөлүк сүрөттөлүүчү материалдын «дасмиясы» менен гана эмес, автордун өз каармандарын рухий жактан өсүү жолунда көрсөтөм деген аракети менен да шартталса керек. Дагы бир белгилеп койчу нерсе: эгер ошо кездеги көпчүлүк аңгемелерде турмуштан алынган окуялар чыгармачылык фантазияда ийленбей, кошумчаланып байыбай, санжыргаланбай, куду болгонундай натуралисттик ык менен кагазга түшүрүлө берсе, «Эрик таңында» баянында турмуштук фактыларга караганда кыялдан чыгарылган сюжеттик курулмалар арбынараак. Бу көрүнүш да улуттук адабий кара сөзүбүздүн телчигиш процессиндеги аздыр-көптүр алга карай жылыш эле, анткени фантазиянын жаратманчыл кудурети аралашмайынча, ишке чегилмейинче адабияттагы чыныгы чыгармачылык башталбайт.

www.bizdin.kg

Бирок «Эрик таңынданын» идеялык-көркөмдүк баркы чени менен эле. Анда деле өз заманындагы чоң-кичине прозалык туундуларга ортоктош өксүктөр бар. Тактап айтсак, автордук баяндоо көркөм даражага көтөрүлбөстөн үстүрт очерктик мүнөзгө эгедер; көпчүлүк сүрөттөөлөрдүн таамай, таасын, жандуу жайы жок; каармандардын айткан-дегендери кыйла эле жасалма, ишенимсиз. Өтө схемалуу, бүдөмүк көрсөтүлгөн себептүү образдардын кебете-кешпирин, жүргөн-турганын, кылган-эткенин кыялдын бар мүмкүнчүлүктөрүн чымыркандырып жумшаса да көз алдыга келтирүү кыйын.

Кыргыз оозеки тилин реалдуу турмуштун келки-келки үзүктөрүн, татаал көрүнүштөрүн жазма түрүндө көркөм сүрөттөп берүү үчүн иштетүүнүн биринчи тажрыйбасы деп С. Карачевдин «Эрксиз күндөрүндө» повестин айтууга негиз бар. Ал 1928-жылы өзүнчө китеп шекилинде жарык көргөн. Демек, ал автордун калеминен 1926—1927-жылдары жаралган болуу керек.

Повесттин өзөктүү темасы — аялдар теңсиздиги. Бирок анда бу тема ошо кездеги кыргыз адабиятынын ар кайсы жанрдагы чыгармаларында козголгондон аздыр-көптүр башкача аспекттен чагылдырылган. Тактап айтканда, көпчүлүк прозалык жана драмалык чыгармаларда негизги каармандар букара табынан чыккан байкуш кыз-келиндер болсо, «Эрксиз күндөрдө» повестинде бай-манаптар чөйрөсүндө өкүм сүргөн аялдар укуксуздугу тууралуу сөз жүрөт.

Баса, «Эрксиз күндөрдө» — автордун мурда татарча жарыяланган «Сүйгөнүнө кошула албады» аңгемесинин кайра иштелген, кеңейтилген варианты. «Сүйгөнүнө кошула албадынын» негизги сюжеттик линиясы мындай: аңгемесинин баш каарманы Зуура, жаңы усул (метод) мектебинен окуган кыз, өзү сыяктуу жаңыча таалим алган Чолпонбай деген жигитке ынтызар болот. Чолпонбай да Зууранны жан-дили менен жакшы көрүп калат. Качкынбай каргаша кылат. Сасыган бай, дүйнөкор, мансапкор неме жаш кызын жетимиш жаштагы бай киши Ажыга токолдукка берүүгө баталашат. Ажыга узатар түнү Зуура сүйгөн жигитине кошулам деп качып чыгып, бирок максатына жете албай, тоо арасында ач карышкырларга жем

www.bizdin.kg

болот. Малга кызыгып кызын көзкөрүнө ажалга түрткөн Качкынбайдын башына эл наалат-каргыш жаадырып, айылдан кууп чыгат.

Бул аңгеменин сюжеттик уюткусу «Эрксиз күндөрдө» сакталса да, бир топ окуялары жаңыдан табылган, бир тобу кошумчаланган, каармандарынын аттары жана мүнөздөмөлөрү өзгөртүлгөн. Эки чыгарманын мазмунундагы окшоштуктар жана айырмачылыктар «Эрксиз күндөрдөнүн» образдар жана окуялар системасынан учкай маалымат бергенде эле айкын байкала түшөт.

Повесттин терс каармандарынын бири — Мамырбай. Миңдеген төрт түлүгү бар, үч катыны бар, жергиликтүү калк менен «оезго» (падышалык администрацияга) кадыр-баркы бар, калың букаранын эсебинен байып алган дөөлөттүү манап. Ал эми Кендирбай ажылыкка барып келген молдо, караңгы калайыкка алдамчылык менен «касиеттүү олуя» көрүнгөн, жалаң элдин эсебинен дөөлөткө жетишкен куу чал.

Жыпар — ошо Кендирбайдын эрке кызы, жети жашынан эскиче окуган, татар-казак көркөм адабиятынан кабардар, китептер таасиринен романтикалуу кыялдар багып жүргөн селки.

Дагы бир баш каарман — Жунуш, кедей үй-бүлөсүнөн чыкса да, «жаңы тартип» (усул жадид) мектебин бүтүргөн алдыңкы мугалим. Ал балдардын кат-сабатын бат ачып, эски молдолордун ырыскысын тартып алып, ошонусу менен динчилерге жек көрүнөт. Эски молдолор аны жалган жалаа менен айыпка жыгып, эки ай түрмөгө отургузуп да коюшат.

Мамырбай 63 жашында «төшөк жаңыртканга» ниеттенип, үч катындын үстүнө дагы токол алмак болот да, Жыпарга куда түшөт. Кендирбай ажы дөөлөттүү, кадырман манап менен куда-сөөктөшө турганына жетине албай сүйүнүп, өзү менен жашташ Мамырбайга эрке кызын токол кылып берүүгө ыраазылыгын берет.

Албетте, Жыпар атасынын зомбулугуна тымызын каршылык көргөзүп, өз каалаганын иликтейт. Жайлоодогу кыз оюнда Жунушту көрүп, ага ашык болот. Жунуш да кызды жан-дили менен сүйүп калат. Экөө түн жамынып жашырын кезигишип, кат жазышып, антташып жүрүшөт.

www.bizdin.kg

Жыпардын тоюна эки күн калганда Жунуш сүйгөн кызын түндөп ала качат, бирок эки жаш куугунчулардын колуна түшөт.

Жыпар айласыз Мамырбайга токол болуп барып, ээнбаштык кылып манаптын абийирин төккөнү үчүн күң абалына түшөт. Жунуш болсо камакка алынат. Ал аңгыча калың кыргыз Турпанга үркүп, бай-кедейи дебей карыпчылык тартат. Кыйын шарттарда Жунуш Жыпарды издеп таап, кайра баш кошууга ниет кылышат, кезигишчү жерди болжошот. Жунуш аны таппай калат.

Демек, «Эрксиз күндөрдө» повестинде «Сүйгөнүнө кошула албады» аңгемесиндеги кыздын ыктыярсыз калыңга бааланышы, көңүлү арзыган киши издеп далбас урушу, акыр-аягында кайгылуу өлүмгө дуушар болушу сыяктуу сюжеттик мотивдер ошо бойдон же өзгөргөн шекилде кайталанган. Ал эми терс каармандардын тагдырына, улут-тук-боштондук көтөрүлүшкө, дагы башка коомдук жана турмуштук окуяларга байланышкан мотивдер повестке жаңыдан кошулган. Булардан тышкары «Эрксиз күндөрдө» пейзаж, лирикалык чегинүү өңдөнгөн беллетристикалык жасалгалар да бир кыйла орун алган.

«Эрксиз күндөрдөнүн» баяндоолорунан, сүрөттөө ыкмаларынан, сюжет курулушунан, стилинен авторунун белгилүү даражада адабий билими, чыгармачылык тажрыйбасы бар, ошондой эле өзү жазып жаткан турмуштук материалды жакшы билгени дурус эле баамга урунат. Айрым каармандарын, асыресе Мамырбай менен Кендирбайды социалдык-таптык жана психологиялык жактан мүнөздөгөндө, кыргыз турмушунун жана табиятынын кээ бир моменттерин сүрөттөгөндө жазуучу кадыресе реалист, кыраакы художник экенин таасын көргөзөт.

Бирок «Эрксиз күндөрдөнүн» көркөм чыгарма катары артыкчылыктары тарыхый-салыштырмалуу мүнөзгө ээ. Деген менен ал повесть өз убагындагы аңгемелер жана повесттерге тиешелүү орчундуу мүчүлүштөрдөн биротоло арылып кеткен эмес. Атап айтканда, анда негизги конфликт курч коюлбай, окуялар композициялык жактан жакшы уюштурулбай, көркөм деталдар таамай иргелип алынбай, натыйжада сюжет солгун тартып, сүрөттөөлөр жана баяндоолор аздыр-көптүр натуралисттик мүнөз алып, об-

www.bizdin.kg

раздар бүдөмүк жана жансыз болуп, чыгарма жалпысынан жадатмараак, кызыксызыраак чыгып калган. Буга повесттен чубалжыган пейзаждык сүрөттөөлөрдүн жана лирикалык-риторикалык чегинүүлөрдүн көбүрөөк орун алышы да өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Эгер «Эрксиз күндөрдө» повестине жеткилең көркөм прозанын бийик талаптарынан карасак, айныбай таасын көрөбүз: анда реалдуу турмуштун конкреттүү көрүнүштөрүн, табияттын ар кыл кубулуштарын, келки-келки окуялардын өсүш процессин, каармандардын тышкы кебетесин, кыймыл-аракетин, кыял-жоругун мүнөздүү көркөм деталдар аркылуу баяндап, карапайым сөздөр менен элестүү сүрөттөп бергенге автордун художниктик кудурети, кесиптик камылгасы, чыгармачылык тажрыйбасы анча жетпей калган. Ушу себептердин айынан повестте окуяларды үстүнөн кайпытып баяндоо, турмуш жана табият көрүнүштөрүн болжолдуу сүрөттөө, каармандарды жалпы жонунан үстүрт сыпаттоо басымдуулук кылып кеткен.

Сыдык Карачев драматургия майданында да күч сынап көргөн. Анын бу жагынан биринчи аракети татарча «Борч» («Милдет») деген пьеса болгон экен. Пьесанын качан жазылганы, канча көшөгөдөн турганы маалым эмес, кол жазмасы да сакталбай калган шекилди. Тек анын темасы татар соодагерлеринин турмушунан алынганы, өзү болсо татар жаштары тарабынан өзү демилгелүү сахнада (болжолу, Караколдо го) ойнолгону тууурасында гана чолок-чолок кабарлар бар[4].

Сыдыктын кыргызча жазган туңгуч пьесасы, балким, 1928-жылы өзүнчө басылып чыккан «Теңдик жолунда» болгондур? Ал автору тарабынан «эки көшөгөлүү комедия» деп аталса да, чынында кадыресе тиричилик драмасына жакын чыгарма. Көлөмү чакан, каармандары аз, сюжети анча татаал эмес.

Пьесанын идеялык багыты өз учуру үчүн актуалдуу: анда революциядан соңку кыргыз турмушундагы эски менен жаңынын таймашына, асыресе ошол таймаштын аялдар теңдиги жаатында кандай көрүнгөнүнө байланыштуу тема козголот.

Сыдык Карачевдин 1929-жылы басылып чыккан дагы бир пьесасы «Төрага Зейнеп» кыйла эле көлөмдүү. Ал үч

www.bizdin.kg

көшөгөдөн, он жети көрүнүштөн турат. Аяк-башы чамалуу каарманы бар. Анда болжол менен 20-жылдардын экинчи жарымында айыл-кыштакта таптык жиктелүү тереңдеп калган чактагы турмуштук көрүнүштөр сүрөттөлөт: негизги конфликт жергиликтүү Советтерге шайлоо өткөрүүгө байланыштуу келип чыгат.

Биринчи көшөгө бир уруунун «жакшылары» менен атка минерлери Дыйканбайдын үйүндө кеңеш куруп отурганынан башталат. Кеңешкендер: үй ээси, айылдаш бай-манаптар, алардын «советтешип» алган куйруктары. Алардын кеңешкени — алдыда боло турган шайлоого карата саясий аракеттердин планын түзүү; максаты — жергиликтүү бийлик башына өз кишилерин отургузуу; эш байлаганы — кембагалдардын караңгылыгы, саясий баеолугу, эски иллюзиялардан кутула элеги. Кеңешкендер шайлоодо үстөм чыгыш үчүн жасалчу айла-амалдар, интригалар, провакациялар тууурасында макулдашат, асыресе аялдар арасында «сасык саясат» жүргүзүү үчүн Зейнеп аттуу келинди пайдалануу керек деп табышат.

Зейнеп революциядан кийин айылда аялдар уюмун («женотдел») башкарган, ал шаардан бир-эки жылы окуган келин эле. Ал ошо кезде окуудан жаңы келип, кызматсыз жүргөн. Бай-манаптар кызматсыз калганына жаш келин наразы го деп, наразы неме айтканга бат көнөт деп болжоп, аны чакыртышат.

Чакырткан Зейнеп келип, Дыйканбайдын үйүнө өңчөй эле жаңы бийликке пейли түз болбогондор чогулганын көрөт да, дароо боюн жыйрып тондоосун тартып, шексингенсий түшөт. Келиндин анысын көргөн бай-манаптар чочуңкурап, сыр билдирбей тымпыя калышат. Муса эптеп ыгын таап, азыр эле уккандарын Зейнепке төкпөй-чачпай айтып берет.

Экинчи көшөгөнүн башынан «Кошчу» союзунун айылдык бирикмесинин башчысы Сагымбайдыкында үй ээси, бир аз мурдараак сельсоветтин төрагасы болгон Айтбай, бай баласы экенине карабай, комсомолго өтүп алган Султан үчөө отурганын көрөбүз. Алардын айткан-дегенинен шайлоо күнү жакындап, айыл активдери эки араанга бөлүнүп калганы билинет. Көрсө, сельсоветтин ошо маалдагы төрагасы Маамыт өз кызматынан тайбаска далбасалап, жан-

www.bizdin.kg

жөкөрлөрү менен кошо бай-манаптар тарабына ооп алыптыр. Ал эми сельсоветтин ошо кездеги секретары Ташмат, айылдык партия уюмунун башчысы Сулайман, комсомол жаштардын жетекчиси Акбагыш большевикчил позицияда бек туруп, шайлоодо кедей-кембагалдардын мүдөөсү үстөм болушун жактап жатышыптыр. Бай-манаптар болсо шайлоо алдындагы ушундай ыйкы-тыйкыдан пайда табуу аракетинде экен. Ошон үчүн алар Сагымбай, Айтбай, Султан өңдүү пикирлештери аркылуу аракет жасашып, эки араандын башчыларын конокко чакыртып жатышыптыр. Алар жаман оюнда атаандаштарды кара күчкө жараштырымыш болуп, чынында кедейчил топтун мыкчыгерлерин кыраакылыктан тайдырмак, тил эмизип алдамак, эскилик торуна чалындырмак.

Конок күтчүлөр арак ичип отурушса, адегенде сельсоветтин байчыл төрагасы жан-жөкөрү Тилемиш менен келет. Ал саал кызыганда, берки атаандаштар жагы жогортон келген уполномоченный Мукаш уулун колго алып койгонун, жакында Сулайман, Ташмат, Зейнеп үчөө райондун борборуна барып келгенин айтат.

Конокто отургандар, айрыкча Маамыт алагүү абалга келгенде, кедейчил топтун белсемдүүлөрү Ташмат менен Акбагыш келет. Маамыт келгендерге арак сундурат, ичирем деп кысмакка алат. Келгендер кашайып эле ичпей коюшса, ич күйдүлүгү күчтүү Маамыт ачууланып оолугуп, бүткүл ич күптүсүн, сасык ой-пикирин, жек көрүүсүн сыртка аңтарып салат. Ташмат менен Акбагыш ызага алдырбай, жай сөз кайтарып отурушат, шайлоо учурунда партиянын сызыгынан кылчалык тайбай турушаарын, кедей-кембагалдардын мүдөөсүн көздөп гана иш-аракет жасашаарын сабыр менен жарыя айтышат. Маамыт болсо жүйөлүү сөзгө кулак какпай, «кой-ай» дегенге көнбөй, ого бетер оолугуп, тиги экөөнө дембе-дем опурула берет, акыры чыдабай Ташматты камчысы менен чаап-чаап ийет. Отуруштун чуусу чубалып, мушташ чыкканга аз-аз калат. Ызаланган Ташмат менен Акбагыш кекенген бойдон шар чыгып кетишет.

Алар кетери менен үч милиционерин ээрчиткен милиция начальниги шоп кирип келет. Начальник бай-манаптар менен алардын куйруктарын суракка алганы айдатып кете турганын жарыя кылат.

www.bizdin.kg

Үчүнчү көшөгө баштан-аяк шайлоонун тике өтүшүн, асыресе айылдык Советтин мүчөлөрүн жана жетекчилерин шайлоо процессин конкреттүү сүрөттөөгө арналат. Жыйналыштын жумушчу президиумуна жана айылдык Советтин мүчөлүгүнө кандидатуралар көрсөтүлгөндө, ортодон кызуу талаш чыгып, анда бай-манаптын тымызын куйруктары жеңилет. Көпчүлүк добуш менен Зейнеп сельсоветтин төрагалыгына шайланып, шайланар замат эле айыл ичин астыртан былгытып жаткан бай-манап калдыктарын айдатып жиберүү сунушун киргизет. Көпчүлүк а сунушту дуулдап кабыл алып, ошону менен жыйналыш жабык деп жарыяланат. Бирок көпчүлүк мурдараак камалган бай-манаптар ошол учурда мектеп имаратында экенин билишип, аларды көрсөткүлө деп чуулдашат. Камоодо жаткандар шылкыйып эл кашына чыгып беришет...

Ушул баяндамадан эле кадыресе байкалып турбайбы: «Төрага Зейнепте» социалисттик индустриялаштыруу кызуу жүрүп, айыл чарбасын коллективдештирүүгө кам көрүлүп жаткан чакты кыргыз айыл-кыштактарында жүргөн социалдык-саясий өзгөрүштөрдүн урунттуу жышаандары, тактап айтканда, Совет бийлиги менен большевиктер партиясынын караңгы эл массасын кат-сабатка үйрөтүү, маданий жактан агартуу, саясий жактан активдештирүү боюнча практикалык аракеттеринен улам, ошондой эле бай-манаптардын экономикалык тамырын кыркуу, идеологиялык таасирин майтаруу, моралдык кадыр-баркын кетирүү боюнча иш-чараларынан улам кыргыз жамаатында келип чыккан жаңыча саясий кырдаал, таптык позициялар, психологиялык коллизиялар чагылган.

Демек, С. Карачев бу пьесасында өз учурундагы буркан-шаркан толкуп, али токтолго таппай, туруктуу нукка түшө албай жаткан жандуу турмуштун көркөм адабият эч кайрыла элек катмарларын адеп аңтарып чыгып, идеялык-эстетикалык жактан өздөштүрүүгө демилге кылган. Ал эми реалдуу турмуштун кыймыл-аракеттеги процесстерин, тереңдеги өнүгүш багыттарын, татаал карама-каршылыктарын, ички-тышкы өзгөчөлүктөрүн өз убагында кыраакы баамдай алыш, акыл менен туура тескеп чыгыш, көркөм сөзгө таасын чөгөрүп бериш ар дайым өтө кыйын.

Дагы бир айта кетчү нерсе: «Төрага Зейнеп» эң оболу

www.bizdin.kg

өз маалындагы турмуш материалын изи сууй электе чагылдырганы менен, ошол кездеги айыл-кыштак калкынын социалдык психологиясынан, саясий түшүнүктөрүнөн, шайлоого кантип катышканынан белгилүү даражада маалыматтар бергени менен да баалуу.

Бу драманын дагы бир дурус жагы: анда кыргыз жамаатынын саясий турмушуна тиешелүү актуалдуу тема, маанилүү проблема, курч конфликт козголгон. Эгер алгачкы кыргыз пьесаларында көбүнчө карандай тиричилик сферасына, асыресе кыз-келиндердин коомдогу жана үй-бүлөдөгү оор абалына байланыштуу темалар өкүм сүргөнү эске алынса, анда «Төрага Зейнептин» тематикалык багыты жана идеялык пафосу жаш драматургиябыз үчүн жаңылык болгону көз көрүнөө факт.

Пьесанын жалпы мазмунунан автордун коомдук идеялары таасын, саясий ориентациясы туура, таптык позициясы большевикчил экени, айыл калкынын жашоо жана ойлоо ыңгайын конкреттүү билгени, жаңы турмуштук материалды идеялык жактан дурус өздөштүрүп алганы байкалбай койбойт. Ошентсе да кечиккен өкүнүч менен белгилөөгө туура келет: «Төрага Зейнебинде» С. Карачев турмуш акыйкатын адабият акыйкатына айландыруу жагынан кадыресе ийгилик жарата алган эмес.

Мазмундук негизине жаткан турмуштук материалда драмалуу моменттер менен конфликтүү ситуациялар бар болсо да, ал материал диалогдор формасына салынып туюнтулса да, «Төрага Зейнеп» драманын урунттуу тектик (родовой) жана жанрдык касиеттеринен айрылып, кадыресе пьеса катары кабыл алынбай калган. Мунун башкы себеби: автор өз чыгармачылык ыкыласына түшкөн турмуш көрүнүштөрүн куду өзүндөй кылып кагаз бетине көчүрөм деп далбас уруп, сүрөттөөнүн ылгый натуралисттик формасына батып кеткен.

Акырында «Төрага Зейнептин» тили, асыресе речтик структурасы тууралуу бир-эки ооз сөз. Адилеттик үчүн белгилей кетиш керек: Сыдык эне тилинин сөз байлыгын жакшы билип, анын туюнтуу жана сүрөттөө мүмкүнчүлүктөрүнөн өз маалында башка калемдештерине караганда бир кыйла тың пайдаланган экен. Жалпысынан алганда «Төрага Зейнептин» тили «Кайгылуу Какейдикинен» саал

www.bizdin.kg

байыраак, жандуураак, ширелүүрөөк. Конкреттештирип айтсак, С. Карачевдин пьесасынын айрым персонаждары, айрыкча бай-манаптар менен атка минерлер жай тиричилик шарттарында кээде кыргызча табигый угулган, кырдаалга жараша орундуу айтылган, интонациялык боекторунан ажырабаган сүйлөмдөр менен сүйлөп жиберишет. Дегинкиси, чыгармадагы көпчүлүк репликаларга ашкере көтөрүңкүлүк, санжыргалуу театрчылык, жасалма жашыктык, китептик сулуулук анча мүнөздүү эмес.

Ошентсе да «Төрага Зейнептин» речтик структурасын кадыресе драмалык мазмунга эгедер деп айтыш кыйын. Түпкүлүгүндө жөнөкөй тилден азыктанганы менен, сыртынан демейки өз ара пикир алмашууларга жана талаш-тартыштарга окшошкону менен, пьесанын диалогдору турмуш акыйкатын адабий акыйкат даражасына көтөрүүчү сүрөттөө каражаты болбой, каармандардын кулк-мүнөзүн, ич дүйнөсүн, тaржымал-тагдырын ачып берүүчү туюнтуу ыкмасына айланбай, натыйжада сюжеттик өнүгүштүн ойдогудай чыйралыңкы, чапчаң кыймылдуу, драмалуу чыгышын камсыз кыла албай калган. Башкача айтканда, тилинин ылгый натуралисттик мүнөзүнөн улам «Төрага Зейнеп» карапайым турмуш кучагынан искусство алкагына аңтарылып түшпөгөн, көркөм сөз өнөрүнө кыйыр тиешеси бар диалогдор абалында кала берген.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*


[1] *Мамытбеков З.* Аталган макаласы//Ала-Тоо. — 1982. — № 8, 126-бет.

[2] *Мамытбеков З.* Кыргыз совет жазма адабиятынын алгачкы саамалыктары//Ала-Тоо. — 1970. — № 5. 148-бет: дагы ошол автордуку. Сыдык Карачев//Ала-Тоо. — 1982. — № 8. 125-бет.

[3] *Мамытбеков З.* Кыргыз совет жазма адабиятынын алгачкы маалыматтары//Ала-Тоо. — 1970. — № 5. 148—149-беттер.

[4] *Сыдыкбеков Т* Сыдык Карачев. — Китепте: Карачев С. Эрик таңында. Повесттер, ырлар, котормолор. — Фрунзе, 1967. 5-бет.

www.bizdin.kg

## ТЫНЫСТАНОВ КАСЫМ

*(1901—1937)*

Касым Тыныстановдун өмүрү кыска болсо да, ал өрнөктүү болгондугун тарых күбөлөп отурат. Ал жаш кезинен кат таанып, мусулман, орус-тузем мектептеринен таалим алган. 1919-жылы Ташкенге барып, казак-кыргыз агартуу институтунда окуган. Дал ошол жылдары чыгармачылыкка шыктанып, колуна калем кармаган. Ал 1925—26-жылдары Кыргыз автономиялуу областынын Академиялык борборунун төрагасы, «Эркин Тоо» газетасынын жооптуу редактору, 1927—30-жылдары Кыргыз АССР эл агартуу комиссары (министри) ж. б. жооптуу кызматтарда иштеген. 1936-жылы профессор наамына татыган. Тил илими үчүн зор эмгектерди жасаган, ошону менен бирге поэзияда, котормодо, драматургияда, прозада өзүнүн чыгармачылык жүзүн ачып көрсөтө алган.

Касым Тыныстановдун поэтикалык чыгармалары 20-жылдардан тартып бүгүнкү 90-жылдардын аягына чейин адабияттын жандуу талкуусуна объект болуп келгени жашыруун эмес.

К. Тыныстановдун ырларынан саясий күнөө тапкандар да, аны көкөлөтүп мактагандар да болду. Мына ошо көз караштарды жалпылаган, анын адабий мурасына кеңири токтолууга аракет кылынган кандидаттык диссертация да (К. Пайзуллаева) жазылды. К. Тыныстановдун 1925-жылы жарык көргөн поэтикалык мурасы «Касым ырлар жыйнагы» деген ат менен басылып чыккан.

Жыйнак «Таң» аттуу ыр менен ачылып, символикалык маани берип тургандай элес калтырат. Анткени жашоонун, үмүт-кыялдын, тазалыктын белгиси катары таң

www.bizdin.kg

шоокуму сезилет. Караңгы түн сүрүлүп, уйкудан жан-жаныбар дүйнөсү ойгонуп, таң нурунан сан гүлдөр жер үстүндө кайрадан кулпунуп, булбулдар сайрап, өмүрдүн кымбаттуулугун жар салып жаратылыш ааламы өзгөчө көрктүү болот. Табияттын көздүн жоосун алган, суктанткан касиети адамдын жан дүйнөсү менен гармониялашып кетет.

Пейзаждык сүртүмдөрдү, жүрөк сезимин эргүү, толкундануу менен художниктик көз карашта тарткандай. Таң менен кошо жашоонун булагы эмгек процесси башталат. Акын замандаштарын эрте туруп эмгек кылууга чакырат. Поэтикалык ойдо ошол мезгилдеги эң чоң окуя даана, баса белгиленет. Ал эркиндик, азаттык. Үмүт-тилек орундалып, мээнеткеч эмгекчилер бай-манаптар үчүн эмес, өздөрүнүн келечеги үчүн талбай эмгектенүүсүнүн зарылдыгын акын көрсөтөт:

Агарды күн чыгыштан эрик таңы,
Умтылар бейнеткордун келди чагы.

К. Тыныстановго саясий-идеялык күнөө коюлуп келген «Алачка» деген ырында да жаңы «замандын ниети, тилеги жакшы, жаш-карыга, аял-эркекке тең, окуу билим заманасы» деп мактанат. «Жастарга», «Кыз карындастарыма» ырлары дидактикалык мүнөздө жазылган.

Мал, бийлик үчүн токсондогу чалдарга кулча сатылган он беш жашар кыздардын кайгы-капасы, күйүтү, арманы акынды түйшөлтпөй койгон эмес. Анткени буга, биринчиден, айла жоктон турмуштун өзү, жашоонун мүнөзү мажбур кылса, экинчиден, аялдардын аянычтуу абалын, теңсиздигин, укуксуздугун акын өз көзү менен көргөн. Кыздардын эркиндикке жетип, билим-илим алуусуна сүйүнөт, тилектеш болот.

«Тур, оян, карындастар, жатпа уктап,
Кутулуп туткундуктан жолуңду тап» —

деген чакырык менен кайрылат.

Касым Тыныстановду пейзаждын жана махабаттын лирики десек аша чаппайбыз. Жыйнактын мазмуну менен тематикасы буга толук күбө.

«Алга», «Байчечекейге», «Ысык-Көлгө», «Булбулга», «Ала-Тоо», «Кыш», «Тоодо түн», «Гүлсүз булбул күнү жок»,

www.bizdin.kg

«Кышкы түндө», «Жайлоо», «Жаз» ж. б. ырларында жаратылыштын көп кырлуу, түркүн сырдуу кубулуштары поэтикалык боектор менен тартылат. Акындын ички дүйнөсүнүн тазалыгы, романтикасы, кыял-үмүтү ашып-ташып, табияттын ажайып, керемет кооздугу менен жуурулушуп кетет. Акын үчүн Адам жана Табият бөлүнгүс. Адам рухунун чексиздиги, бийиктиги, улуулугу, асылдыгы жаратылыш Ааламы менен тыгыз карым-катнашта, анын бир бөлүкчөсү болгондугунда эмеспи!

Акындын пейзаждык лирикасы түстүү көркөм боёктор менен тартылгандыгын төмөнкү саптар ачык эле айкындайт.

Күзгүдөй мөлтүрөгөн тунук булак,
Сай-сайдан үн алышып, түшкөн туйлап.
Ыр ырдап, токсон түрдүү күүгө салса,
Үнүнөн танасыңбы турсаң тыңшап.

Токтобой жүрүп турган жели кандай,
Таптаза, каштай тунук, жыттуу атырдай.
Бетиңден сылап, сыйпап эркелетсе,
Көңүлүңдө кайдан калсын чер жазылбай.

К. Тыныстановдун лирикалык каарманынын ички дүйнөсү таза, кенен, терең, ошондуктан ал сырткы дүйнөсүн толук кабылдап, жуурулушуп кетет.

Анын «Ысык-Көлгө» деген ыры казак тилинде жазылса да алыс жерде жүрүп, элин-жерин сагынган акындын өзүн элестетет.

Кайдасың кең Ысык-Көл, тууган жерим,
Киндигим кесип кирим жууган жерим.
Керген жан саулетинди сагынды,
Жайкалган сен Каракол — алтын жерим!

Мына ушул ой кийинки ырларда байкалат. «Ала-Тоо» ырында акындын эл-жерин сагынуу мотиви кеңири орун алган. Сагынуу — лирикалык «мендин» ой-толгоосу, сезимталдыгы, эркелөөсү, үмүт-тилеги. Ыр саптарында кылымдарды карыткан Ала-Тоо ак элечек кийген кең пейил, мээримдүү, боорукер эненин образына элестүү айланып, анын алыска кеткен баласына күткөн сар-санаасы, кооптонуусу, түйшөлүүсү терең ачылат.

www.bizdin.kg

Айлар, жылдар өттү — деп,
Кабарсыз болуп кетти — деп,
Катпаган балтыр баламды
Кимиси мерт этти — деп,
Булуттан жоолук оронуп,
Ак чачың музга боёлуп,
Көз жашың менен сай-сайды
Жуугандырсың, Ала-Тоо!

Лирикалык каарман Ала-Тоо энеге алтын балалыктын күндөрү, жайлоонун көрүнүштөрү, көчтүн жүрүштөрү, селкиге көз ымдап, сезим жагып кеткени эсинде калгандыгы жана амандыгын билдирет. Бул жерде К. Тыныстановдун Ташкенттеги Казак-Кыргыз эл агартуу институтунда окуп жүрүп, энесин сагынып, куса болуп жазгандыгын дароо баамдоого болот. Ал жеке сагыныч лирикалык каарман аркылуу көркөм жалпылаштырылып, ал эми эненин образы Ала-Тоодой бийик образга чеберчилик менен айлантылып жиберилген. Анын үстүнө бул ыр кыргыз адабий тарыхында 1922-жылы кыргыз тилинде жазылган тарыхый ырлардан болуп эсептелет.

Сүйүү ар бир адамга келет, жашоонун башы — Сүйүү! Адам баласы үчүн сүйүү — кубаныч-шаттыкта гана сүйүү эмес! «Ырдаба сулуу, кыйнаба», «Алданган сулуу», «...га», «Суйкайганга», «Айрылуу» ж. б. ырлары — жүрөк кылдарынын назиктиги, тунуктугу, жумшактыгы, сезгичтиги. Акын махабатты бөтөнчө ырдайт. Бөтөнчөлүгү ушул лирикалык каарман «алтыным», «күнүм», «айым» деп жалынбайт, жалбарбайт, сүйүүнүн, ашыктыктын татаалдыгы, тереңдиги, бийиктиги — философиялык ой-толгоо, турмуштук түйшөлүү, жалган абстрактуу эмоциянын жоктугу, өтө этият, кылдат мамиле кылуу менен берилишинен айырмаланат.

Ырдаба, сулуу, кыйнаба
Алданбасмын, сүйбөсмүн.
Сайраба, сулуу, кыйнаба,
Экинчи отко күйбөсмүн.

Кой, күйдүрбө, жандырба,
Сүйө албаймын, калемкаш!

www.bizdin.kg

Ишенбеймин тагдырга
Жүрөгү — муз, боору — таш!

Бул ыр тууралуу С. Жигитов мындай дейт: «Ырдаба, сулуу кыйнаба» ырын окуй баштаганда эле эрксизден орус классикалык поэзиясындагы белгилүү шедевр — «Не пой, красавица, при мне...» эске кылт дейт. Акыйкатта да К. Тыныстановдун бул ыры Пушкиндин ошол ырына аты менен көбүрөөк, ритмдик-интонациялык өзгөчөлүктөрү, поэзиялык ыкмалары, мазмундук элементтери менен окшошуп кетет. Балким орусча «Ырдаба, сулуу кашымда» ырынан алган күчтүү эмоциялык таасир кыргызча «Ырдаба, сулуу кыйнаба» ырынын жаралышын белгилүү даражада шарттагандыр? Балким, орошон орус ыры тек гана жаш кыргыз акынынын керт башынан кечирген ашыглык күйүтүн ыр тилине салып айтышына жеңил түрткү болгондур? Ошентсе да, «Ырдаба, сулуу кыйнабада» менчик рухий тажрыйбадан, реалдуу көңүл дартынан чыккан ой-сезимдерге караганда китептик-шарттуу мазмундук жышаандар басымдуу сыяктуу»[1].

К. Тыныстановдун «Эрксизден ажырашканга» деген ыры турмуштук тажрыйбадан жаралгандыгы дароо эле байкалат. С. Жигитов да «ырдагы мазмундун айтылыш энергиясы, ырдык речь аркылуу калкып чыгышы, музыкалык жаңырыкташы да мыкты деп айтканга толук арзыйт» деп бекеринен жогору баа бербесе керек.

Лирикалык каарман сүйгөнүн эстейт, сагынат, кусаланат, «мен кайда да, сен кайда?!» деп суроо салат, издейт, акыры үмүт, кыял менен ойлогон оюна жетүүгө умтулат.

Артыңдан издеп табармын,
Кыш ашуусун ашсам да,
Коркпосмун, кылыч чабармын,
Замбирек огун атса да,
Өчпөсмүн өөрчүп жанармын.

Демек, лирикалык каарман үчүн тоскоолдуктар, жолтоолор болушу толук ыктымал, бирок романтикалык сезим аны алдыга жетелейт.

Ырды накта профессионалдык адабияттын туундусу деп айтсак болот. Ыр түрмөктөрүнүн мазмуну менен формасы төп келишип турат.

www.bizdin.kg

З. Бектеновдун эскерүүсүнө караганда казактын атактуу акыны Магжан Жумабаевдин лирикалык ырларынын таасири күчтүү болгон. Ушундай эле ойду улап А. Эркебаев К. Тыныстановдун поэтикалык чыгармаларында башка элдердин жазма поэзиясынын таасирлери бар дейт. А бирок таасир башка алгачкы акындардын чыгармачылыгындай жасалма, көбүнчө тууроо болуп, оркоюп калбай, өтө чыгармачылык менен бат өздөштүрүлгөн. Анын поэзиясындагы законченемдүү көрүнүштөрдөн улам дегеле К. Тыныстановдун поэзиясынан оозеки чыгармачылыктын жана профессионал адабияттын таасирин бөлүп кароо өтө кыйын.

К. Тыныстановдун «совет доорун жамандаган», «бай-манапчылар», «улутчул», «феодализм мезгилин самаган», «идеялык жагынан калпыс» ж. б. деген олуттуу саясий айыптарга кабылган ыр түрмөктөрү «Алач», «Жаштарга», «Булбулга», «Манас күмбөзү», «Калемге» жана «Жаңыл Мырза» поэмасы болгон. Акын «алач» деген сөздү эр жигит, эл журт, коом маанисинде колдонот. Бул сөздүн буржуазиялык улуттук партиясы менен кандай байланышы бар? деген законченемдүү суроо туулушу мүмкүн. Ачык айталы, К. Тыныстановдун чыгармаларында, өзгөчө казак акындарындай улуттук, пантюркисттик идеяны жогору коюп, ага үндөө жок. Жогоруда аталган ырлардын мазмуну да тумандуу, бир жактуу комментариялоого мүмкүн да эмес.

Ооба, жаш акын казак интеллигенциясы менен аралашып, чыгармаларын окуп жүргөндүктөн кандайдыр бир деңгээлде «Алаш» партиясынын идеялары тууралуу билбей калышы мүмкүн эмес болчу. Бирок, ошол идеялар анын чыгармаларында ачык көрүнөбү, жокпу — бул башка маселе. Акын эр Алачка (Алачка) «кең жайлоодо жатып, кымыз ичип, эч кайгы жок, төрт дүйнөсү түгөл маалда арманың бар беле? Өткөн замананы сагындыңбы?» — деген суроолор таштап, жаңы заманды ага карама-каршы коюп, жеке керт баштын кызыкчылыгынан арылуу керектигин билдирип, «Бул заман окуу билим заманасы, Иске кир белиңди буу, бекем устап!» — деп жар салат. Акындардын чыгармаларында өткөн жана жаңы замандарды карама-каршы коюп, сүрөттөө эң негизги темалардан болгон. К. Тыныстанов мына ушундай ыкты пайдаланган.

www.bizdin.kg

Акындын «Булбулга» ырында да ойлордун контрасты кеңири. Булбул — акындын акынга кайрылуусу. Ага «өзгөрүш барбы — заман өзгөрдү, кең өрүшкө боз үйлөр тигилди, гүлдөр кулпуруп чыкты, мал жайнап жүрөт» — дейт. Бирок, ушул ырда, менин байкашымча, акын бир кездеги сынчыларына «жем» таштап отурат:

Унуткын кең өрүси кайта келип,
Алачын кутулуп тур дуспан-жаудан.

Ким жоо?! Ким душман?! Кимдин жери кимге кайта тийди?! Акын эмнеге сүйүнөт, толкунданат?!

«Кең өрис куттуу болуп эр Алачка» деген эмнеси ж. б. ойлордун тегерегинде принципиалдуу сынга алынат.

20—30-жылдары профессионал адабиятыбыз жаңыдан түптөлүп жаткан учурда «ким чыныгы, көркөм адабияттын талабына ылайык чыгарма жаратты?» — деген суроонун жообун табуу жана жолдоштук сын, пикир, кеңеш айтуунун ордуна, биринчи ким болот, тарыхта адабияттын баштоочусу деп ким айтылат деген жалган иллюзиянын тегерегинде бири-бирине саясий айып тагышып, асылышып, көздөрүн тазалоого аракет кылышкан.

«Манас күмбөзү» ырындагы акындын ийгилиги — айкөл Манас баатырга урмат-сый, таазим. Жоктоо — табият көрүнүштөрү аркылуу көркөмдүү берилиши. Кылымдап кебелбей күмбөз турат, күзгүдөй Таластын суусу агып жатат, Манастын баатырдыгын тоо жели жомок кылат:

Ала-Тоо асман менен денгээлдешип,
Көтөрүп көкүрөгүн, бой тирешип.
«Манасым эр ичинде экилтик» деп
Талашты Айга, Күнгө теңештирип.

Ооба, ал «Манас» эпосунун дүйнөлүк маанисин терең түшүнүп турса да, «жумурткадан кыр издешкен» сынчылардын жамгырдай жааган жебесинен улам, кантсе да өз доорунун туткунунан чыга албай, актануу үчүн атайы өз көз карашын өзгөртүүгө мажбур болгон. Анын «Манас» эпосу үчүн жасаган эмгеги зор, аны жыйнатып, орус тилине которуп, илимий изилдөөлөрдү жүргүзөт. Өткөн кылымдарда элдин кыялынан көркөм чыгармага айланган Манасты айтып, жазып койду деп К. Тыныстановду же башкаларды күнөөлөө саясий сокурдук эле.

www.bizdin.kg

Фольклордун сюжетинин негизинде 1922—24-жылдары жазылган «Жаңыл Мырза» поэмасында төмөнкү саптар учурайт:

Өткөн күн — сулуу сүрөт ойлогонго,
Теңдикти, эркиндикти элестеткин.
Эр бакты, эл бактына келип кеткен,
Өткөн күн — күн экен го акыл жеткис.
Боорунан Ала-Тоонун жел ойногон,
Жел менен эркин кыргыз эл ойногон.
Балпайып, бай-байбиче ырыс күтүп,
Жайылып этек, жеңи куунап оңгон.
Бейпилде, берекеде жаткан элди
Бүтүмгө чыбык кырккан бий колдогон
Бийлери берекелүү куруган соң,
Башына Ала-Тоонун ак боелгон.

Бул эмне — өткөн замандарды саргарып, сагынуубу?! Феодалдык патриархалдык доорду көксөөбү?! Чыгарманын мазмунуна жамынып алып ата-бабанын тарыхына кайрылып келүүгө үндөөбү?! Мына ушундай ой-пикирлерге 20—30-жылдардагы адабиятчы, сынчылардын келүүсүнө түрткү болгон.

Чындыгында К. Тыныстановдун жогорку саптарында камтылган поэтикалык ойду, мазмунду чечмелөө өтө татаалдыкка турат. Анткени, биринчиден, бул мурда айтылып келе жаткан «Жаңыл Мырза» дастанындагы саптар эмес. Экинчиден, автордун ой-кыялынан бүткөн, андан сызылып кагаз бетине түшкөн төл чыгармасы болуп жатпайбы?!

Белгилүү адабиятчы К. Асаналиевдин оюна толук кошулса болот:

«Мына ушу жерде фундаменталдуу суроо келип чыгат. Жаңыл Мырза, сөз болуп жаткан Касым Тыныстановдун поэмасында, эпикалык каарманбы, же кадыресе эле реалисттик адабияттын адабий персонажыбы? Биздин оюбузча акын байыркы эпикалык мотивди өзү жашап мезгилдин эң курч, эң актуалдуу проблемасына тикеден-тике байланыштырып, кадимкидей эле реалисттик адабий чыгарманын персонажын жаратып жатат»[2].

«Жаңыл Мырза» профессионалдык адабияттын клас-

www.bizdin.kg

сикалык үлгүсүндө жаралган. Акын айлана-чөйрөнүн сулуулугун, жаз айында табияттын бүрдөп өсүп-өнүгүп чыгышын жана күздө сүрү кетип соолуп калышын, мезгилдердин контрастуулугун, жаратылыштын табышмактуу сырларынын адам баласынын өмүр-өлүмү менен тыгыз байланыштуулугун, ички дүйнөсүнүн күзгүсү экендигин философиялык ой-толгоолор аркылуу көрсөтөт. Жеңилбес, ата-салтты сактаган Жаңылдын махабатын жана трагедиясын биринчи планга алып чыгуусу — акындын өзгөчөлүгү.

Акын элдик оозеки чыгармачылыктагы сюжеттин — Тоголок Молдонун, М. Мусулманкуловдун, А. Чоробаевдин варианттарындагы традициялуу окуялардын баарына кайрылбайт. Ошол эле учурда варианттардын өздөрү да өзгөчөлөнүп турат.

Түлкүнүн аялдыкка алам деп, Жаңылдын колун сурабай жылкысына тийиши, «канчыктын кертайганы» деген ачуу сөздүн убалынан жигитче кийинген, курал-жарак кармаган Жаңыл Мырзанын колунан өлүшү, анын кунун кууп, Жаңылдын иниси Абылды сыйлоосу менен туткунга түшүшү, капысынан туулуп өскөн жерине качып келиши, душмандарга талап-тонолгон эл-жерин көрүшү, муңданышы, карга-кузгун жеген, куурап калган Түлкүнүн башын таап, курман болушу баяндалат. Мына ушул кыска сюжеттик баяндын ичине акын не деген лирикалык, философиялык, нравалык проблемаларды батырган. Жеке трагедияны жалпы трагедияга айлантуу зор чеберчилик. Жаңыл Мырзанын махабаты намыстуулугу, ажардуулугу, тунуктугу жана туруктуулугу менен бийик турат. Акын махабаттын терең сырын ушул поэмада эң зор философиялык мүнөздө берет:

Махабат — тозок оту балбылдаган,
Ким кызып, илебине албырбаган,

Махабат — чырга тарткан күлкү закым,
Кол созгон талапкерге карматпаган.

Поэмадан саясий кынтык табылып, ага «феодалдык турмушту даңазалаган» деген баа берилген. Ушул пикирдин канчалык деңгээлде чыны бар?!

www.bizdin.kg

Азыр партия, социализмдин саясаты, идеологиясы жок. Эгерде эпадам бүгүн демократия учурунда Советтик турмушту, социализм идеяларын, марксизм-ленинизм окууларын чыгармаларда жаза берсек сынчылар, окурмандар кандай кабыл алар эле?! Сөзсүз түрдө «СССР жыттанып турат, коммунисттик көз караш, социалисттик реализм, партиялуулук өкүм сүрөт» деп дароо сындоого алышмак. Мына ошондуктан чыгармаларды тарыхый шарттардан, контексттен сууруп алып талдоого болбойт. Айтайын дегеним — К. Тыныстановдун айрым чыгармаларына жана «Жаңыл Мырза» поэмасына өз мезгилинде сын айткандардын пикирлери бир беткей таптакыр туура эмес деп кандайдыр бир деңгээлде акыйкаттыгы бар экендигин жокко чыгаруу дегеле чындыкка жатпас. Алар К. Тыныстановдун алаш ордочул идеологиядан алган кыңыр идеялык кайрыктарына кайрылууда объективдүү пикир билдиришкен. С. Жигитов минтип жазат: «Ал өз поэмасынын («Жаңыл Мырза» — А. А.) кээ бир жерлеринде «кой үстүнө торгой жумурткалаган» мезгилдин кайра таптырбай жылас кеткенине каңырыгы түтөп ошол замандын арманын айтып зарлап жиберген...»

Биздин байкообузда, К. Тыныстановдун кээ бир ырларында жана «Жаңыл Мырза» поэмасында кош маанилүү ойлор, айрым учурларда ачык эле өткөн заманды көкөлөтүп жибергени учурайт. Аны биз жогоруда келтирдик, бир үзүмү мына:

«Өткөн күн жайда соккон эрки чексиз,
Өткөн күн көк деңиздей түпсүз, четсиз
Өткөн күн көп күндөрдүн бир айт күнү
Беп-белен телегейи тең, тептегиз» —

деген саптарды лирикалык чегинүү, же акындын ой-толгоосу деп үстүртөдөн өтүп кетүү мүмкүн эмес. Мындан «ачуу-туздуу» саптары дал ушулар эмеспи! Автор чыгармачылыгындагы жаңылыштыгын, калпыстыгын мойнуна алган. К. Тыныстановдун ырларынын көпчүлүгү жогорку көркөм деңгээлде жазылган. Акындын ой жүгүртүүсүнүн масштабдуулугу, мазмун жана форма жагынан шайкеш келүүсү, ыр түзүлүшү техникасына өтө көңүл бурушу, көркөм сөз каражаттарды өз орду менен пайдала-

www.bizdin.kg

нышы, подтексттүү маани катышы ж. б. көрүнүштөр замандын калемгерлеринен алда канча жогору тураарын айкындап турат... Ал казак жана кыргыз тилдеринде бирдей жаза билген. Ошентсе да К. Тыныстановдун ыр түрмөктөрү бир кылкада жазылган эмес. «Таң нурунда», «Социалисттик талаада», «Трактор» деген ырларында жалаңкат чакырык, көп сөздүүлүк, кайталоочулук сыяктуу мүчүлүштөр да жолугат. Мисалы:

«Дүк-дүк-дүк-дүк үнүң үнгө уланган,
Бур-бур, бур-бур көк түтүнү бураган.
Калың зоот бар, зоотто калың жумушчу
Чакыр-чукур жаңы турмуш чыңаган.

Жыйынтыктап айтканда, Касым Тыныстановдун поэтикалык чыгармалары бүгүн да окурмандарды кайдыгер калтырбайт. Анткени, анда эстетикалык татымга жооп берүүчү ыр түрмөктөрү өтө көп. Ал өзүнүн интеллектуалдык терең билими, дүйнөнү кабыл алуу дүйнөсү, романтикасы, кыял-үмүтү, кылымдарды жараткан тарыхка кызыгуусу, бай лексиканы өздөштүрүшү жагынан ошол мезгилдердеги акындардан бөтөнчөлөнүп турат десек аша чапкандык болбойт.

С. Жигитов белгилегендей, К. Тыныстанов «Мариям менен көл боюнда» аңгемесинде өз замандаш калемгерлерине караганда бир топ ийгиликтерге жетишкен.

Аңгеме 1924-жылы «Жас кайрат» журналына (№ 1, 3, 4) жарыяланган. Чыгармада ошол мезгилдеги эң актуалдуу темалардын бири болгон аялдардын азаттыгы чагылдырылган. Автордун лирикалык каармандын ички дүйнөсүн ачып берүүсү, портреттердин даана тартылышы, пейзаждык сүрөттөөлөрү, лирикалык чегинүүлөрү жактан аракеттерин кубаттоого болот.

Мариямдын тагдыры менен жуурулушуп берилген махабат темасы — арман күндүн, мезгилдин элесин көз алдыга келтирет. Теңсиз заманда эки жаштын тилегине каршы чыккандар башкалар менен бирге ата-энелер да болгондугу чыгармада даана сүрөттөлгөн. Кыздын атасы Кочкорбай өзү теңдүү бай Толтойго Мариямды узатат. Чыгармадагы окуянын сюжети ошол мезгилдеги башка чыгармаларда көп жолуккандыгына карабастан, автордук

www.bizdin.kg

ынанымдуу баяндоодон улам аңгеме чыныгы реалисттик мүнөзгө, өзгөчөлүккө эгедер.

К. Тыныстановдун чыгармачылыгында «Академиялык кечелер» деген спектаклдердин сериялары маанилүү роль ойнойт. Анткени, анын негизги бөлүктөрү К. Тыныстанов тарабынан жазылган, ал эми айрымдарына К. Жантөшев, Ш. Көкөнов, Сопиев катышкан. «Академиялык кечелер» үч күн катар сценага коюлганда эл жылуу кабыл алган. Анын бир далили катары Т. Сыдыкбековдун эскерүүсүн келтире кетели: «Күңүрт тарткан зал калкка жык-жык. Жалгыз көз прожектор жарыгын берди. Залга жүз буруп кандайдыр бир текчеде турган К. Тыныстан уулунун жүзү көрүндү. Чымын учса угулчудай жымжырт боло калганда Касым сөз баштады: Адегенде эне тилде, анан орусча айтып «Академия кечесинин» максатын, анын көтөргөн жүгүн туюндурду...

Феодалдык (аксакалдык) бийликтеги адилетсиздик, улуттук теңсиздик, кедей-кембагалдардын өчүп-тамган күн көрүүлөрү, эсжиндилердин (самодурлардын) орой жосундары кеченин авторлору тарабынан кыйла чебер, орундуу, күлкүлүү, далилдүү түзүлгөн курама серпиндилер (эпизоддор) азыр да көз алдымда»[3].

Бирок ошол спектаклдер сериясынын көпчүлүк бөлүгү өз мезгилинде А. Токомбаев тарабынан катуу сындалып, таптык, идеологиялык позициядан чагылдырылбагандыгы көрсөтүлөт. Замандын каардуу учурунда К. Тыныстанов сынды ички дүйнөсүндө кабыл албаса да, айласы жоктон «Мой путь, мое творчество, мое лицо» («Советская Киргизия», 1933, 3-июнь) деген макаласында моюнга алуу менен пьесалардын маанисин, максатын толук түрдө чечмелөөгө аракет кылган.

«Академиялык кечелердин» бир топ сценаларынын кол жазмалары жоголуп кетип, бүгүнкү күндө көлөмү 89 бетте машинкага түшүрүлгөн «Капитализм доору» же «Көз көргөндөр» деген бөлүмчөсү гана белгилүү.

Чыгармада эзүүчү таптын ири өкүлү катары Шабдандын образы чагылдырылган. Шабдандын образы өтө терс мүнөздөлгөндүгүнө карабастан, ошол мезгилде «жумурткадан кыр издегендер» андан да айып табышкан. Пьесанын башынан аягына чейин анын кемчилиги, өзүмчүлдүгү,

www.bizdin.kg

кара өзгөйлүгү, каардуулугу, кошоматчылыгы даана турмуштук сценаларда ачылып отурат. Мисалы: Шабдан өз баласы Кемелге кедей-кембагалдарды, өзүнөн төмөн катмарларды кантип башкаруу керектигин, бийликтин «бир чылбыры менен эки тизгинин» айтса, экинчи бир эпизоддо орус төбөлдөрүнүн өкүлү Шацкийге жагалданып, акыры дворяндык наам алып берүүсүн өтүнөт.

Демек, эзүүчү таптын өкүлдөрүнүн эки жүздүүлүгү толугу менен сценаларда ачылат. А. Эркебаев мына ушул маселени мындай деп туура белгилейт: «Пьесанын тарыхый-таанымдык баалуулугу, анда кыргыз адабиятында эң алгачкы жолу эзүүчү таптын өкүлдөрүнүн өзүнчө бир галлереясынын түзүлгөндүгүндө. Алар өнүгүүнүн капиталисттик жолуна өтүп алган манап Шабдан жана анын балдары мурдагыдай эле жашап, бирок соода-сатыкка өтө баштаган буржуазия, байлар менен манаптар, орус самодержавиесинин төбөл чиновниктери, кожо-молдолор, бай-манаптарды даңазалап мактап ырдашкан эшик ырчылар менен музыканттар. Алардын баары тең ошол күчтөрдү акыры барып тарыхый аренадан шыпыра чаап алуучу күч катары көрсөтүлгөн»[4].

Жогоруда айткандай, «Академиялык кечелердин» башка сценалык көрүнүштөрүнүн мааниси жөнүндөгү маалыматтарды К. Тыныстанов менен А. Токомбаевдин макалаларынан учкай болсо да алууга болот.

Пьесанын биринчи кечеси беш көшөгөдөн турат, мында «Манас» эпосунун материалдарына таянып, анын эрдигин, баатырлыгын даңазаланган, «Селкинчек» бөлүмүндө кедей-кембагалдардын бай-манаптардан көргөн зордук-зомбулугу, жашоо турмушу көрсөтүлөт. Жылкычылар «Шырылдаң» ырын ырдашып, ачкачылыктан аман калуу үчүн байлардан нан сурашкан, «Ак Мөөрдө» феодалдык коомдогу аялдардын тең укуксуздугу жөнүндөгү материалдар чагылдырылган, б. а. Жантайдын Ак Мөөрдү малга сатып алуу көрүнүштөрү сүрөттөлгөн, ошону менен бирге Арстанбектин ырын спектаклде пайдаланган. Бул тууралуу автор макаласында мындайча комментариялайт: «Арстанбек ясно предвидел силу надвигавшегося тогда в Туркестане русского империализма и великолепно понимал неизбежные результаты политики царизма после завоева-

www.bizdin.kg

ния. Но Арстанбек не понимал самое для нас основное: он видел в лице русских империалистов всех русских без исключения колонизаторов и он учил, что с походом русских будет угнетена вся киргизская нация, а не только ее определенная часть»[5].

Демек, «Академиялык кечелерде» К. Тыныстанов өзү түшүндүргөн негизги төмөнкү үч максатты жүзөгө ашырган:

— Таптык күрөштөгү эң маанилүү курал катары искусствого материалисттик көз караштын биротоло чындыгын көркөм формада чагылдыруу;

— Ойройлук штрихтерде болсо да кыргыз коомчулугундагы тарыхый таптык күрөштүн өнүгүшүнүн урунттуу учурлары менен эмгекчилерди тааныштыруу;

— Социализм үчүн күрөштө пролетардык искусствонун эң маанилүү курал экендигин эмгекчилерге жеткирүү.

Жыйынтыктап айтканда, ушул максаттар «Академиялык кечелерде» тарыхый үч мезгилде камтылган:

1. Патриархалдык-феодалдык доор.
2. Капиталисттик доор.
3. Пролетардык доор.

Албетте, «Академиялык кечелердеги» окуяларга толук түрдө баа берүү кыйын экендиги кол жазмалардын сакталып калбагандыгынан болуп отурат. Ошентсе да, К. Тыныстанов массалык сценаларды жаратуунун, образдарды конфликттерде жандуу ачып берүүнүн, сатиралык элементтерди өз орду менен ыктуу пайдаланып, каармандардын мүнөздөрүнө ылайык диалогдорун так, кыска түзүп, фольклордук материалдарды колдоно билүүнүн чебери экендигин көрсөтө алды.

К. Тыныстанов оюн минтип жыйынтыктайт: «Иной был киргизский народ в дни Арстанбека и Шабдана, совершенно иным стал в наши дни. Так кончились страницы старой истории. Так начались новые, славные страницы истории Советской Киргизии».

Мына ушундай пролетардык-революциялык, таптык духта «Академиялык кечелер» жазылгандыгына карабастан, өз мезгилинин «курманы» болуп кала берген.

Тагдырдын татаалдыгы ага поэтикалык дараметин, жөндөмүн толук ачып берүүгө мүмкүндүк, шарт түзбөдү.

www.bizdin.kg

Канатын кайрып алган куштай адабияттын чалкып жаткан кең асманында ээн-эркин уча албады. Идеологиялык кысымдар, жолтоолор аны чыгармачылык трагедияга такап койду.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

*Жигитов С.* Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары. — Фрунзе: Адабият, 1991. 91-бет.

[2] *Асаналиев К.* Касым Тыныстанов. «Өткөн күн» мотиви // Китепте: Касым Тыныстанов и отечественная культурная история XX века. Материалы юбилейной научной конференции. — Бишкек, 2001. 48-бет.

[3] *Сыдыкбеков Т.* Табылга. — Бишкек: Адабият, 1991. 354-бет.

[4] *Эркебаев А.* Соңку сөз. Китепте: Тыныстан уулу Касым (Адабий чыгармалар). — Бишкек: Адабият, 1991. 125-бет.

[5] Караңыз: Акматалиев А. Тандалмалар. — Бишкек, 2002.

www.bizdin.kg

## ЛЕПЕСОВ ОРОЗАКУН

*(1896—1937)*

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында, кыргыз тилинде басма сөз али жарала элек мезгилде (1919—1924) бир катар кыргыз жаштары жазма поэзия майданында аракеттенип, айрым ырларын ошо кездеги казакча газеталардын беттерине жарыялап жүргөн. Адабиятчы Зайыр Мамытбеков «Кыргыз совет адабиятынын алгачкы саамалыктары» («Ала-Тоо» 1970, № 5) деген, айтылуу жазуучу Касымалы Баялинов «Уядан алгач учкандар» («Советтик Кыргызстан», 1977, 25—27-сентябрь) деген макалаларында «Көмөк» («Ушкын», «Тилши»), «Ак жол» газеталарында А. Акунбаев, М. Байчериков, К. Баязыков, К. Баялинов. Б. Калпаков, И. Кудайбергенов, О. Лепесов, З. Лепесова, К. Мажинов, И. Максүтов, Ж. Түлөкабыловдордун бирден беш-алтыга чейинки ыры жарык көргөнүн кабарлаган.

Аталган авторлор тобунан ыр жолдорун бир кыйла тың токуганы Орозакун Лепесов (туурасы Элебесов го, сыягы) болгон. Анын өз убагындагы мезгилдүү басма сөзгө беш ыры жарык көргөн. Алар бүт бойдон саясий-агартуу дидактикасы түрүндө жазылган. Мисал иретинде «Көзүңдү ач!» дегенден фрагменттер келтирели:

Казак-кыргыз, көзүңдү ач!
Кыйла жүрдүң көзүң жаш,
Тегиз наадан болгон соң
Текебердүү сөзүң мас.
Боло көрбө тетири
Өз жаныңа өзүң кас.

Күйдүң мурда күл болуп,
Күндүзүндө түн болуп.

www.bizdin.kg

Жарыбадың бир дагы
Жарык тийген күн болуп.
Буркурадың түтүндөй
Муңдуу чыккан үн болуп.

Эски заман тушунда
Эч оңбостон ушунда,
Жабырчылык көп көрүп,
Жаман чарык бутунда
Келди жакшы узун жол
Келечекте тукумга.

Ал кыстоодон кутулдуң
Алга таман жутунгун!
Камын ойлоп, өрнөк ал
Келечекки тукумдун.

Бул ырдын төкмөчүлүк поэзиясынын сабалатып айдатма салты менен токулганы, чындап жанып-күйүп, жандилден атып чыкканы, албетте, күмөн туудурбайт. Экинчиден, анын казак-кыргыз кедейлеринин эски заманга терс мамилесин аныктоо, таптык аң-сезимин козгоо, Совет тарапка ыкташын каалоо максаты менен жазылганы да айдан ачык.

О. Лепесов «Ортокчулдук хакында» деген ырында илимий коммунизмдин жөн-жайын, курула турган коомдун кандай боло турганын өз маданий-саясий деңгээлине жараша баяндап берген:

Ортокчул болсок баарыбыз,
Ашуу-белди ашарбыз.
Муктаж болбой турмушта
Ыракатта жашарбыз.

Максуз мүлүк[1] болбостон,
Орток болор малыбыз.
Уюмдашып биригип,
Ыракат табар жаныбыз.

Ортокчулар кор болбос,
Тиреги — сай, тар болбос.

www.bizdin.kg

Байга кедей теңелип,
Ак жаатына зар болбос.

Керектүү буюм табылар,
Кедейликтен арылар.
Ортокчул болуп жашасаң,
Көөнүң да көп ачылар.
Байлар менен кедейдин
Ошондо жиги ажырар.

Көрүнүп турбайбы: автордун курула турган коом, коммуналдык жашоо мүнөзү тууралуу түшүнүктөрү кыйла эле абстрактуу. Анын Октябрь революциясы жар салган коомдук идеалдардан ир алды аңдап билгени, акылына токтотуп калганы Совет бийлиги тушунда мал-мүлк орток энчиге айланат, кедей байга теңелет, жакырчылык жоголот, ыракаттуу турмуш келет деген акыйкаттар болгон экең.

О. Лепесовдун жарыяланган ырларынан «Казак-кыргызга», «Билим», «Балдар, окууга» дегендери кыргыз букараларын, айрыкча жаштарын окууга чакыруу, аларга илим-билимдин маанисин түшүндүрүү мүдөөсүндө жазылган. Мисал үчүн «Кыргыз-казакка» ырынан үзүндүлөр келтирели:

Окуу — жарык шам чырак,
Кетпей турган жалтырак.
Окубаган наадандар
Кайда жүрсө калтырак.

Жүрдүң эле көзүң жаш
Жутун эми, алга бас.
Магрипатка[2] тырышып
Миллетиндин[3] көзүн ач!

Наадандыктан качалык,
Алга таман басалык.
Наадандыкты кетирип,
Элибизди агартып,
Илим нурун чачалык!

Жарык көргөн беш ырынан башка О. Лепесовдун 36 ыры кол жазма түрүндө сакталып келген. Булардын мез-

www.bizdin.kg

гил отуна жалманбай биздин күнгө жетип келишине эң оболу кыргыз фольклорун өмүр бою ноюбай жыйнаган Каюм Мифтаков аралжы болгон! А киши О. Лепесовдун 34 ырын анын өз дептеринен 1922-жылы Алматыда көчүрүп, эки ырын («Кан төгүлдү», «Чын азаттык) 1921-жылы Ысык-Көлдүн Тоң чөлкөмүнөн ошо кездеги мектеп окуучусу, болочок журналист Мукамбет Дөгдүровдун оозунан жазып алган. Бул ырлардын бирөөнөн («Кан төгүлдүдөн») башкасын К. Мифтаков 1928-жылы «Өзгөрүш ырлары» аттуу кол жазма жыйнакка «Орозакундун өзгөрүшчүл ырлары» деген жалпы наам менен киргизген. Ал жыйнак азыр Кыргыз Республикасынын илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда сакталып турат (инв. 210).

Каюм Мифтаков «Кан төгүлдүнүн» текстин жазып алганда анын баш жагында ырдын автору Орозакун Лепесовдун өмүр жолунан учкай кабар берип кеткен: «Бузат 30 жаштагы чамасында болуп, бакыр үй жамагат ичинде тарбияланып өсүп, 1914—1916-жылдарда карт мугалимдерден Эшеналы Арабаев колунда тарбияланган. 1918-жылда Алматыдагы мугалимдер жетиштирүү курсунда окуп чыккан. Алматыдагы мугалимдер курсун бүтүп чыккандан кийин Каракол уездинде ар жерлерде мугалим болуп иштеп жүргөн. Маалыматы башталгыч мектепти бүткөн деген даражасында болсо да, өзүнүн тырышчаактыгы аркасында мектеп ишин, шакирт тарбиясын жакшы башкара алган. Өзү чын коммунист...»[4]

Ал эми официалдуу документтер боюнча, Орозакун Лепесов 1891-жылы азыр Тоң районунун аймагында туулган; революциядан кийин, 1918-жылы Кара-Колдогу үч айлык, Алматыдагы алты айлык мугалимдер курстарын бүтүргөн; 1921-жылы большевиктер партиясынын катарына өтүп, Алматы партиялык (агитациялык) мектебинен окуган; 1918—1922-жылдары окугандан тышкары убактарында Каракол (Пржевальск) уездинин, көбүнчө Тоң кантонунунун ар кайсы башталгыч мектептеринде мугалим болгон; 1923—1926-жылдары «Кошчу» союзунун Каракол уезддик аткаруу Комитетинин төрагасы кызматын аткарып туруп, 1926-жылы сентябрда ВКП(б) Борбордук Комитетинин Орто Азия бюросунун карамагына жиберилген[5].

www.bizdin.kg

Тилекке каршы, официалдуу документтердеги маалыматтар О. Лепесов ошо Ташкенге жөнөтүлгөнү менен бүткөн экен. Андан кийин ал кишинин кандай кызматтардын башында жүргөнү, тагдыры кандайча нук менен акканы жөнүндө азырынча ишенчиликтүү даректер табыла элек. Бирөөлөрдөн угушума караганда, Орозакун 1937-жылдын капшабында бейкүнөө камакка алынып, сталинизм зулумчулугунун курманы болуптур.

Орозакун Лепесовдун акындык жолго качан түшкөнү жөнүндө таамай кабарлар жок. Ал адегенде эле жазып ыр чыгарганбы? Же оозеки жамактап ырдап жүргөнбү? Кагазга түшкөн маалыматтардан бу суроолорго да жооп табыш кыйын. Тек ушу тапта белгилүүсү ушул: анын «Кан төгүлдү» деген ыры 1917-жылы (сыягы, аягында го) жаралган экен. Ал ырды М. Дөгдүровдун оозунан жазып алганда К. Мифтаков ушул датаны атайын белгилеп өтүптүр.

«Кан төгүлдүнүн» толук тексти төмөнкүдөй:

Кан төгүлдү бир канчалык элиңден,
Тамга болуп кетпей турган көңүлдөн.
Көргөн кордук, тарткан зордук көбөйүп,
Көздүн жашы кан аралаш төгүлгөн.

Дарт болду го тогуз түрдүү өлкөгө,
Малы-мүлкүң олжо болду өзгөгө.
Башын байлап байдакечтер жумшады,
Тарткан жапа так болду го өпкөгө.

Байлап алды малайлыкка башыңды,
Тырмактарын кабыргаңа батырды.
Ачкалыктан адамзаттын көбү өлүп,
Тамак үчүн балалары сатылды.

Өлүктөрүн иттер жеди бир жактан,
Тирүүлөрү кутулбады кыйнактан.
Тепкилер жеп кызыл ала көчөдө
Байлап алып чыркыратты шыйрактан.

Байлар жумшап бекеринче айдады,
Бир сынык нан — күндүгүнө алганы.

www.bizdin.kg

Мазулумдар күчүн алып, кубалап
Дарман кетип, дартка жүрөк чалганы.

Байлар көрүп байкуш күчүн, дуулады,
Бакыр кыргыз башын сатып куурады.
Миң түрлүү дарт duушар болуп кыргызга
Балалар мен катын-кыздар чуулдады.

Кеңеш өкмөт аркасында жан калды,
Карып кыргыз кайда болсо сандалды.
Адыл өкмөт калыс кылып кулдуктан
Тазалады жүрөктөгү арманды.

Кызыл аскер тукумуңду калтырды,
Бай-манаптар малай алган жардыңды.
Кызыл аскер калыкка айтып акылды,
Айыктырды Сабит өкмөт дартыңды.

Бу ырга байланыштуу ир алдыда айтчу нерсе: ал биздин улуттук поэзиябызда анча өрүш албаган ритмикалык өлчөм менен кураштырылган. Аны автор, балким, казакча жазма же оозеки өлөңдөрдүн ритмикалык калыбына салып жараткандыр? Мындай деп болжогонго ырдын текстинде бирин-экин казакча сөздөрдүн жүргөнү, ошондой эле анын «казак овондоруна окшош» (К. Мифтаковдун маалыматы) обон менен ырдалганы аздыр-көптүр негиз берет.

Экинчиден, «Кан төгүлдүнүн» сүйлөмдөрү логикалык-грамматикалык жактан туура да, эптүү да курулган, сөздөрү өз ара дурус айкалышкан, уйкаштары өз орду менен шыдыр коюлган. Албетте, жаңы үйрөнчүк жамакчы өзүнүн ыр саптарын ушунчалык куюлуштуруп кынай албак эмес. Демек, мындай ыр акындык өнөр жагынан бир кыйла дасыгып калган ойломдон гана чыгышы мүмкүн эле.

Ырас, «Кан төгүлдү» ырынын салыштырмалуу чыйрак жаралып калышына автордун керт башынан кечиргендеринен, өз көзү менен көргөндөрүнөн азыктанып жазганы да аралжы болсо керек. Деги кантсе да аталган ырда падыша бийлигине каршы көтөрүлүшү таш капкан соң чет өлкөгө үркөн кыргыздын тарткан азабы, карыпчылык турмушу, кайгы-касирети таасирленткидей күч менен айтылган.

www.bizdin.kg

Орозакун Лепесовдун революцияга чейин эле ырдык техникасы жагынан дурус эле «тиш кагып» калганын анын «Чын азаттык» деген ыры да ырастайт. Мунун башталышы мындай:

Чын азаттык көрүнгөн,
Жарды-жалчы бөлүнгөн.
Некелейдин тушунда
Көз жашыбыз төгүлгөн.

Жалын чыгып сөөктөн,
Кабыргабыз сөгүлгөн,
А уруят кезигип,
Адылчылык көрүнгөн.

Байкалып турбайбы: бу ыр түрмөгү чү деген жерден эле күүлөнгөн жүйрүк темпи менен, тапатак үндөшүп чырмалышкан уйкаштары менен, кадыресе таасирдүү метафоралык туюнтмалары менен дароо көңүл имерип алат. Ырас, ыр баштан-аяк өйдөкүдөй букулу түрмөктөрдөн ибарат эмес — арасында жөнөкөй жамактын деңгээлине түшүп кеткендери да бар:

Кембагал иши оңолгон,
Бей-бечара куралган,
Ынтымактын астында
Милиян калык жыйналган.

Карл Маркс — бабабыз,
Ленин — биздин агабыз,
Байдаланып жолунан
Басылды биздин санаабыз.

Акыйкатта да бу строфалар ырдык речтин орошон бир көрүнүшү деп айтканга арзыбайт. Бирок элдик поэзиянын рамкасына салып караганда, «Чын азаттык» ыры жалпы жолунан анча комсоо көрүнбөйт, атүгүл анын өйдөкүдөй жамак мисал саптары деле колдон үзүлүп түшмө жармач эмес. Мындай даражада ыр токуш бир кыйла тажрыйбалуу төкмөнүн гана колунан келмек.

Айтор, О. Лепесовдун эски заман тушунда оозеки же

www.bizdin.kg

жазма ык менен эч ыр чыгарбай жүрүп, анан Октябрь таңы жарк эткенде эле ошого кубанганынан акын боло калган эместир. Бирок анын акындык «чымыны» кыргыз коому жаңыдан советтешип жаткан мезгилде өзгөчө күч алганы да көз көрүнөө факт. Арийне, ал учурда кыргыз тилинде али басма сөз жок эле. Демек, биздин акын өз ырларын газета-журналдарга сөзсүз жарыялоо ниети менен жазган эмес. Анда ал жакында улуттук жазма-чиймебиз, басма сөзүбүз жаралат, ошондо ырларымды чыгарып алам деген илгери үмүт менен күүлөнүп жаза бергенби? Айрым ырларын казакча газеталарга жиберип, жарык көрдүргөнүнө караганда андай тилек да анын оюн уялап жүргөн белем. Тек бир кызык жери: кыргызча басма сөз пайда болгондо О. Лепесов жазып койгон ырларын жарыкка чыгаруу үчүн эч кандай демилге кылбаптыр. Казакча ырларын жарыялап жүргөн неме «Эркин тоого» белен ырларынын бирин дагы чыгарып койбоптур. Жазгандарын өзүнчө китеп кылып бастырганга кенен мүмкүнчүлүк ачылып турса, андан да пайдаланбаптыр. Мунун себептери эмнеде? Жакында эле жан-дилин таштап жазган ырлары үчтөрт жыл өтпөй эле ага жармач көрүнүп калдыбы? Же кол жазмасын басмага даярдап бергенге, ырларын көчүрүп газета-журналдарга жибергенге чолоосу тийген, чыгымы жеткен жок бекен? Же жөн гана жаш чактын бир убактылуу ышкысы деп жазып койгондоруна өзү анча деле маани берген эместир?

Бул суроолорго жоромолдон дагы жооп айта албайбыз, анткени О. Лепесовдун өмүр жолуна, чыгармачылыгына, ички дүйнөсүнө тиешелүү кагазга түшкөн маалыматтар ныпым жок.

Бизге жакшы белгилүүсү эле ушул: Орозакун 1918—1923-жылдары акынчылык өнөрүн аябай активдештирип жиберген. Мунун себептери кандай?

Албетте, аны эң оболу тубаса акындык шыгы, билген-туйгандарын ыр тилинде айтууга ички муктаждыгы ыр жаздырган. Бирок ал эмнегедир керт башынын кайгы-кубанычын, жекече адамдык ой-сезимдерин, субъективдүү көз караштарын ырга кошкон эмес. Көбүнчө өз учуру үчүн өтө маанилүү саясий темаларга карата гана чыгарган, социалисттик идеологиядан акыл-эсине кондургандарын

www.bizdin.kg

гана поэзия тилине салып айткан, айтканда да бүгүндөй агитациялык мүнөздө дидактикалык формада айткан. Демек, О. Лепесов өз ырларын жалаң гана туйгулары ыр түрүндө сыртка чыгууга суранып туруп алганынан эмес, коомдук зарылчылыктар кыстаганынан да жазган.

А зарылчылыктардын биринчиси болжол менен төмөнкүдөй. Өзү кедей үй-бүлөдөн чыгып, бакырчылыктан башы кутулбай жүргөн себептүү Орозакун Октябрь революциясын жан-дили менен кабыл алган. Кат-сабаттуу жайы барынан революциянын түпкү мүдөөлөрүн, өзөктүү идеяларын, күндөлүк саясий ураандарын сабатсыз улутташтарына караганда эртелеп түшүнгөн. Кыска мөөнөттүү советтик курстарда бат-бат кайталап окуган себептүү саясий билимин кескин көтөрүп, таптык аң-сезимин курчуткан, активдүү социалдык позициясын таасын иштеп чыккан. Натыйжада ал жан-дилин революциялык дух менен ширеп, большевиктик акыл-эстин ээсине, жалындуу агитаторго, ышкылуу агартуучуга айланган. Анан жаңы идеологиянын казынасынан эмнелерди өздөштүрсө, ошонун баарын караңгы букаралардын ой-сезимине өзү билген үгүтнасыят каражаттары аркылуу жеткирүүгө элеп-желеп ашыккан. Ал эми ага жакшы тааныш, сырдана көнүмүш пропагандалык каражаттардын бири поэзиялык тил болгон. Демек, О. Лепесов акындык чыгармачылыкка өзүнүн партиялык парзын, агитатордук милдетин, агартуучулук миссиясын аткаруу мүдөөсү менен кайрылган.

Экинчиден, мугалимчилик кылып жүргөндө О. Лепесов өзү иштеген мектептерде көркөм чыгармачылык (драма жана ыр-хор) кружокторун уюштурган[6]. Арийне, а кезекте кыргыз тилинде окуучулар оюн кылып кое турган, обонго салып же декламациялап аткара турган адабий материалдар жокко эсе эмес беле. Мындай мукураткан шарт-жагдай тиги кружоктордун демилгечисин чакан драмалык чыгармалар, эски обондорго тексттер, декламациялык ырлар жазууга аргасыз кылган окшобойбу. Ушинтип божомол айтканга айрым бир фактылар жем таштайт. Маселен, Орозакундун драмалык кружок үчүн эки чакан пьеса жазганы, даяр обондорго ырлар («Кан төгүлдү» «Чын азаттык») чыгарганы тууралуу ишенчиликтүү күбөлөмөлөр бар[7]. Акындын кол жазма бойдон калган мурасынын ара-

www.bizdin.kg

сындагы декламация түрүндө гана аткарууга ылайыктуу ырлар да өйдөкү божомолдун негизи барын кыйыр далилдейт.

О. Лепесовдун 35 ырын Каюм Мифтаков өзү курaштырган «Өзгөрүш ырлары» деген кол жазма жыйнакка «Орозакундун өзгөрүшчүл ырлары» деген жалпы ат менен киргизген. Ошол ырлар өз кезегинде өз алдынча беш топко бөлүнүп, ар бири төмөнкүдөй жалпылама наам алган: «Жаңы доор», «Мээнеткорлор», «Душман тап», «Өзгөрүш», «Ар кыл ырлар». Булардын ар биринде бештен онго чейин ыр бар. Бирок бир циклга бириккен ырлар тематикалык же жанрдык жактан ич ара байланышып турбайт, циклдердин жалпылама наамдары деле өз курамындагы ырлардын мазмундук духуна шайкеш келбейт.

Албетте, ошо беш топко кирген ырлардын ар бирине да өзүнчө ат коюлган. Бирок бул аттар деле көп учурда өз текстинин реалдуу маани-маңызына анча коошпойт, ошол маани-маңыздын нары кыска, нары таамай туюнтмасы катары кабыл алынбайт. Мисалга «Жаңы заман» дегенин алып көрөлү. Арийне, азыркынын окурманы бул атты окур замат анын текстинде жаңы заманга мактоолор айтылат ко, кыска-кыска поэзиялык мүнөздөмөлөр (формулалар) берилет ко деп күтөт. Бирок ырда андай мазмундук элементтер жокко эсе, тек гана кыргыз жаштарына газета-журнал окугула деген кайрылуу, матбаганын (басма сөздүн) пайдасын түшүндүрүү бар:

Чыкты жаңы гезит, журнал,
Чын азамат, орун ал.
Барча жалчы жудайын
Матбаганы колуна ал.
Көз ачатын кезити,
Көбү журнал — эгизи.
Азаматтар талаптуу
Алга таман кетишти.
Артык калыс гезити,
Аалам калык бекиши,
Муңду ичтен тазалап
Мына мындай этишти.
Мээнеткечтер баарыны,

www.bizdin.kg

Мегиреген карыны
Бел чечтирип кубантты
Берекелүү канунун[8].

Мактуб[9] жазам текирер[10]
Баамдуулар жетилер,
Абайы жок жүргөндөр
Оозун кармап өкүнөр.
Тил билбеген илгерки,
Текке өмүрү кесилер.

Дагы бир ыр — «Жалчы өкмөтү». Бул аттын соңунан да Совет бийлиги тууралында кандайдыр бир маалыматтар жай баяндалат го, жаңы өкмөттүн жакшы белгилери ыр тилинде саналып өтөт го деп күтүүгө негиз бар. А иш жүзүндө ырдын мазмуну баштан-аяк чакырыктардан куралган;

Жаш курбу, жарыкчылык — эрик тийди,
Некелей бизди окутпай эриктирди.
Таштан нык ынтымак мен[11] баарысы
Жер жүзүн Кызыл аскер бириктирди.
Дүйнөнүн кембагалы башын кошту,
Биригип жарды-жалчы акыл кошту.
Күн көрбөс, иши күчүн пайдаланбас —
Ортоктор өкмөтүнүн жакын досту.
Кас менен досту айралык ачыгыраак,
Ким болор кедей элге жакыныраак?

Ырдын бар болгон тексти ушул эле. Албетте, анын «Жалчы өкмөтү» деп аталышы алда кандай бир кокус нерсе болсо керек. Сыягы, автор жазарын жазып алып, ырына ат таппай мукурап, анан акыл-эсине урунган атты эле ыйгара салган окшобойбу.

Деги Орозакун Лепесов өз калеминен чыккандарын атоо маселесине келгенде аябай чайналган экен. Маселен, эки ырын «Кызыл аскер» деп, дагы экөөнү «Жаңы заман» деп, үч ырын «Өзгөрүш» деп атаган. «Заманга» темасына өйдөкү экөөнөн башка да «Заман биздики», «Биздин заман», «Мээнеткордун заманы», «Мурунку жана азыркы замана» дегендерин арнаган. Аттардын мындай бир өңчөйлүүлүгү анын таптык жиктелүү маселесине байланыштуу жаз-

www.bizdin.kg

ган ырларына да мүнөздүү: «Мээнеткор», «Кедей», «Кембагал», «Эзилген тап», «Жарды-бай», «Бай», «Бай-манап», «Душман» ж. б. Көрүнүп турбайбы, саналган аттардын баары конур-бейтарап мааниге, жай баяндама шекилге эгедер. Бирок алардын тексттери бүт бойдон түздөн-түз кайрылуу, сүрөөн берүү, ураан чакыруу насаат айтуу мотивдери менен жык толгон. Тек төрт гана ырдын аттарында алардын агитациялык мазмуну барынан ачык кабар берилген: «Бай-манаптан өч алалы!», «Камынгын», «Уюш!», «Алга!»

Ырларына койгон аттардан О. Лепесовдун бир чети көркөм фантазия, билим, табит тарабынан жардылыгы көрүнсө, бир чети анын адабий чыгармаларга ат коюу жагынан өнүп-өөрчүгөн улуттук салттарга таянбаганы билинет.

Эми «Орозакундун өзгөрүшчүл ырларынын» атынан затына өтөлү. Алардын бир даарында эң оболу мезгил агымы кескин бурулуш жасаганы, коомдук мамилелер жаатында чоң төңкөрүш болгону, эмгекчи калктын чамгарагына эрик нуру тийгени жар салынат.

Заман өзгөрдү,
Майрамды көз көрдү,
Ар кимдин өз эрки —
Боштондук кез келди.

Бакырлар катарга кирди,
Тийиштүү өз акын билди.
Кем-кетик ажыздын[12]
Укугу колуна тийди —

деп башталат «Мээнеткордун заманы» аттуу ыр. Ал эми «Уруят» деген дегеле узун ырдын башы мындай:

Жаңыдан Кеңеш курулуп,
Бай-манап иштен куулуп,
Акыйкат менен түзүктү
Адамдын баары туюнуп,
Эмгекчил менен чарбачыл
Кызыгып чогуу чубуруп.
Алсыз-начар сүйүнүп,
Келип турган замана

www.bizdin.kg

Адылдек сага жүгүрүп,
Баштагы күчтүү манаптар
Бактысы тайып кубулуп,
Көкөйүнө тийген соң
Көбүсү качып сүрүлүп,
Өлгөнүнөн калганы
Тобо кылып жүгүнүп.

Октябрь революциясы мурдагы кыргыз коомунда өкүм сүргөн таптык карым-катнаштын түбүнө жеткенин, эзилген таптын социалдык ал-абалын кескин өзгөрткөнүн тастыктоо (декларация кылуу) О. Лепесовдун бардык ырларын аралап өтөт. Ошону менен катар биздин акын кедей-кембагалды, айрыкча жаштарды өз заманы келгенин туюнууга, таптык аң-сезимин ойготууга, илим-билимге талпынтууга, саясий жактан активдүү болууга күйүп-бышып чакырат.

Арийне, мурдагы бийлик ээлери Октябрь революциясына жедеп каршыгып туруп алганынан биздин өлкөдө тап күрөшү өтө курчуп, кандуу салгылашка айланбадыбы. Контрреволюциялык күчтөрдүн кастык аракеттери Совет бийлигин жан-дили менен кабылдаган эмгекчилердин көңүлүндө ошо күчтөргө карата өзгөчө катуу жек көрүү сезимдерин туудурган. Ал эми көпчүлүккө ортоктош мындай эмоциялар бай-манаптан көп ыдык жеген Орозакун Лепесовдун жан дүйнөсүндө козголбой, ырларында чагылбай коймок эмес.

Экинчиден, революциядан шыдыр кийин калың кыргыз букарасы кара таанып баганынын айынан саясаттан тышкары калып, бай-манаптардын таасиринен, патриархалдык жалган элестердин туткунунан бошоно албай жүргөн. Ошон үчүн а кезде пролетарлашпаган эл массасынын акыл-эсине таптык көз караш элементтерин, жан-дүйнөсүнө таптык жек көрүү сезимдерин киргизүү маселеси социалисттик идеологияда кырынан коюлган. Албетте, өзүн жаңы идеологиянын жоокеримин деп санаган О. Лепесов дагы эле саясий үргүлөө абалында жүргөн кедей улутташтарынын таптык түшүнүгүн ача турган, эски эзүүчүлөргө каршы туйгуларын козгой турган курч ырлар жазбай коймок эмес.

www.bizdin.kg

Бай-манаптын жаманаттысын чыгаруу, кадыр-баркын түшүрүү, таптык кебетесин кедейлерге жексур көргөзүү пафосу айрыкча «Бай», «Бай-манап», «Жарды-бай», «Душман» дегендеринде күчтүү чыккан. А түгүл кедей-кембагалдардын революцияга чейинки кейиштүү тагдырынан кеп салган айрым ырларда («Кедей», «Ишчи», «Мээнеткор», «Мурунку кедей абалы») да кыйыр таризде эзүүчү тап өкүлдөрүнүн зулумдугу, адилетсиздиги, мерестиги ашкереленген.

«Орозакундун өзгөрүшчүл ырлары», албетте, эң оболу Октябрь революциясына мактоо айтуу, революциячыл бийликтин зоболосун көтөрүү, жаңы коомдук идеалдар менен идеяларды көпчүлүккө жар салуу максатында жазылган. Алардын ар биринде ушул темалар кайсы бир өлчөмдө козголбой койгон эмес. Жадагалса бир катар ырлардан орун алган эски учурдун сурагын, салт-санаасын, таптык мамилелерин, жашоо өзгөчөлүктөрүн жамандоо мотивдери да революциялык доордун артыкчылыктарын көрсөтүү мүдөөсүнө кызмат кылган. Ал эми «Коммунист», «Кызыл жаш», «Жаштар, пионерлер», «Кызыл аскер» дегендерде революциялык кыймылдын алдыңкы отряддары, жалындуу жоокерлери даңазаланган.

«Орозакундун өзгөрүшчүл ырлары» баштан-аяк саясий дидактика мүнөзүнө эгедер. Алардын темалары, идеялык кайрыктары, мазмундук элементтери социалисттик идеология казынасынан, асырссе большевиктердин ошо кезде басма сөз аркылуу жар салып, оозеки таратып турган саясий үгүт-насыятынан кабыл алынган. Ошон үчүн ал ырлар коммунисттик идеялардын жөнөкөйлөшүп ырга салынган варианттары, партиялык ураандар менен чакырыктардын уйкашкан эквиваленттери, пролетарлашпаган көпчүлүк үчүн поэзиядагы саясий алипбээ сыягында жаралган.

О. Лепесов акындык форма жагынан улуттук оозеки ырыбыздын реалдуу ритмикалык репертуарына жана көмүскө техникалык мүмкүнчүлүктөрүнө таянган, ошондой эле татар, казак адабий поэзиясынын айрым бир өлчөмдөрүнө кайрылган. Жаш чагынан кан-жанына сиңирген элдик ритмдердин алкагында ал өзүн эркин, чыйрак сезип, жаңы өлчөмдөр менен жаза келгенде көбүрөөк мүдүрү-

www.bizdin.kg

лүп, кээде ыр саптарын дурус эптештирип кынай албай калган.

Дегинкисин айтканда, О. Лепесовдун айтайын дегендерин көтөрүңкү стиль менен көркөмдөп, демейкиден башкача кылып шумдуктантып айтканга аракет кылган эмес, ошондой эле ырларын ой азабына батып, сөздөн сөз тандап, уйкаштан уйкаш издеп, кайра-кайра оңдоп убаралап, кыйындан кыйыштырып, айтор, чыныгы чыгармачылык мээнет тартып жараткан эмес. Тек төкмө ырчы сыңары акындык жөндөмү менен тажрыйбасына таянып, калемине адеп кайсы сөздөр келип урунса, ошолор менен урдуруп жаза берген, бир сыйра бүтүргөн бойдон оңдоптүзөбөй тим калтырган. Башкача айтканда, ал кагаз бетинде калемдин жардамы менен төкмөчүлүк кылган. Ошон үчүн анын ырларында конкреттүү бүкүлү элестер, татаал поэзиялык ойлор, төрт тарабы төп келген ыр түрмөктөрү, акылга дароо жатталып калчу саптар өтө аз да, ырдык өксүктөр, тилдик пыр-сырлар, көркөмдүк өөндөр бир кыйла көп.

Улуттук поэзиябыздын бүгүнкү өнүгүш бийигинен туруп караганда, О. Лепесовдун ырлары ритмикалык алкактарга салынган, пафоско ширелген, бирок жаркын ойсезимдерге, стилдик боекторго, ырдык жаңырыктарга жалчыбаган проза чалыш поэзиялык тексттер сыяктуу көрүнөт. Экинчиден, ал ырлар өз убагында (жок дегенде 30-жылдарга чейин) жарыяланбай, көп жылдар бою көмүскө жата берип, адабият тарыхынан тышкары калбадыбы, айласыздан өз идеялык маанисин эскиртип койбодубу, атаганат!..

Эгер адабият тарыхынын рамкасына салып, өз мезгилинин адабий контекстинен ажыратпай карап көрсөк, анда ошол эле ырлар таптакыр башкача кабыл алынышы мүмкүн. Канткен менен алардын мазмунунда караңгы кыргыз эмгекчилери үчүн караманча жаңы идеялар жар салынган эмес, заманында өтө актуалдуу идеологиялык түшүнүктөр камтылган эле, революциялык практикага аралаша баштаган кыргыз жаштарынын маданий деңгээли, саясий билими, дүйнө туюму, маанайы чагылган эле. Бир чети ошол агитациялык ырлар карандай ырдык касиеттери боюнча деле өз учурундагы улуттук жазма поэзиянын

www.bizdin.kg

өнүмдөрүнөн анча төмөн турган эмес. Алар кокус багы ачылып, 20-жылдары эле өзүнчө жыйнак болуп басылып чыкса, ошо кездеги жарыяланган башка ырлардын арасында идеялык-көркөмдүк жагынан анча деле жүдөмүш көрүнбөйт болучу, а түгүл А. Токомбаевдин «Ленин тууралуу» (1927), М. Токобаевдин «Ырлар жыйнагы» (1931), Ж. Жамгырчиевдин «Ырлар жыйнагы» (1931) сыяктуу китептерден саал-паал өйдө турса турмак, кем калышмак эмес.

«Орозакундун өзгөрүшчүл ырлары» өз убагында жарык көрсө, 20-жылдардын поэзиясынын жалпы картинасына ылайыгы менен дал түшмөк, жаңы үлгүдөгү салттардын көрөңгөлөнүш процессине активдүү катышмак, мүлдө кыргыз масштабында эл массасын саясий жактан тарбиялоо ишине өз үлүшүн кошмок.

Баса, ошол ырларды өзүнчө китеп кылып чыгарса, ал азыр деле бир чети адабият эстелиги, бир чети тарыхый документ катары жалпы китепкөйлөргө, адабият тарыхчыларына, коомдук илимдер боюнча дагы башка адистерге нары кызыктуу, нары пайдалуу материал болор эле. Анткен менен ал ырлар кыргыз жамаатында, асыресе катсабаттуу улуттук чөйрөдө Совет бийлигинин алгачкы жылдарында өкүм сүргөн социалдык психологиядан, саясий-коомдук ой-пикирден, ар кыл идеалдардан, эмоциялык кубулуштардан бай маалыматтар берет.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР ЖАНА ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР*

[1] ***Максуз мүлүк*** — менчик мүлк.

[2] ***Магрипат*** — эл агартуу.

[3] *Миллет* — улут.

[4] *Мифтаков К.* Ар түрдүү ыр жана материалдар. Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Коомдук илимдер бөлүмүнө караштуу Кол жазмалар фонду, инв. 1034.

[5] Кыргызстан КП БКга караштуу Марксизм-ленинизм институтунун архиви. Фонд. № 10, опись № 15 ед. хр. № 1594.

[6] *Дөгдүров М.* Айкын жол. — Фрунзе, 1978, 78—79-б.

www.bizdin.kg

*Дөгдуров М.* Айкын жол. 75-б; Мифтаков К. Ар түрдүү ыр жана идеалар. Китеп № 1. 1922-ж. Кыргыз ИА Кол жазмалар фонду. Инв. № 10003.

[8] *Канун* — закон.

[9] *Мактуб* — салам кат.

[10] *Мен* — менен.

[11] *Текирер* — (Тэкрэр) — кайталап, улам-улам.

[12] *Ажыз* — бечара, карып.

www.bizdin.kg

## БАЙСЕРКЕ КАЛПАКОВ

*(1882—1941)*

Доордун репрессия деген капсаландуу мезгили тагдырына туш келип, кезегинде азын-оолак чыгармаларын жаратып калууга үлгүрүп, өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндөгү таржымал бүгүнкү күндө эски тарыхка айланып бараткан 20-жылдардын адабиятынын өкүлдөрүнүн бири — **акын, драматург, чечен сатирик, илимпоз-мугалим Байсерке Калпаков.**

Б. Калпаковдун өмүр жолун жана чыгармачылыгын атайын изилдеп көптөгөн архивдик материалдар (Кыргыз мамлекеттик борбордук архиви, Казакстан мамлекеттик борбордук архиви, Кыргыз Коопсуздук комитетинин архиви, Партиянын тарых архиви, Кыргыз Республикасынын Илимдер улуттук академиясынын кол жазмалар фондусу), 1918-жылдан баштап Түркстан аймагында өзбек, казак, татар, уйгур, кыргыз тилдеринде жарык көргөн мезгилдүү басма сөз каражаттары каралган жана эл арасынан акынды көргөн, билген адамдардан сурамжылап мүмкүн болушунча материалдар топтолгон. Натыйжада мезгилдүү басма сөз беттерине макалалар жарыяланган[1], «Байсерке чечен» деген китепче жарык көргөн[2].

Б. Калпаков 1882-жылы Ысык-Көл областынын Тоң районундагы Темир Канат айлында төрөлгөн. Ал 1910—1911-жылдарда Медреседен окуп, кат таанып андан кийин өзү медресеге мугалим болот. Октябрь революциясынан кийин Көңдөй айлындагы Сасык дегендин тамына мектеп ачат. Бул мектепте 1920-жылга чейин мугалим болуп иштеп, 1920-жылы Алма-Ата шаарындагы мугалимдерди

www.bizdin.kg

жаңы метод (усили жадид) боюнча даярдоо курсунан билимин жогорулатат. 1921-жылдын 16-июнунан баштап Каракол уездик-шаардык партия комитети тарабынан Жети-Өгүз волостук шайлоо округуна председатель болуп дайындалат. Ошол эле мезгилде 1921—25-жылдары ал Тоң, Улахол, Семиз-Бел, Жууку жана Барскоон болуштарында ополномочун болуп түрдүү коомдук иштерди аткарат. Бул жылдарда Байсерке мугалимдик жумушун таштабай, Тоң районунун «Кара-Суу», «Көңдөй», «Күн-Батыш» мектептеринде 1935-жылга чейин иштеп, элдин сабатсыздыгын жоюуда жан дили менен берилип эмгектенет. 1925-жылы Кара Кыргыз автономиялуу областынын I уюштуруу съездине делегат болуп катышат. Б. Калпаков өзүнүн мугалимдик агартуучулук кесибинин үстүндө иштеп, дайыма билимин өркүндөтүп турган. Буга мисал катары 1932-жылы 22-майда алган Кыргыз педагогикалык техникумунда 3 айлык курстан окуган күбөлүгүн, 1934-жылы 7-июлда берилген Кыргыз пединститутунун алдындагы мугалимдерди кайра даярдоо курсунан окугандыгын күбөлөндүргөн документин алабыз. Ошондой эле 1934-жылы 21-июнда Кыргыз АССРинин ударник-мугалимдеринин I слетуна чечүүчү добушка ээ делегат (№ 327 мандат) болуп катышат.

Андан кийин биротоло чыгармачылык ишке өткүсү келгенби, айтор, 1935—36-окуу жылында Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунун адабият бөлүмүнө окууга кирет. 1936-жылдын 25-сентябрында Кыргыз Мамлекеттик педагогикалык институтунан Б. Калпаковго справка берилген. Анда «Жол. Калпаков Байсерке Пединституттун адабият бөлүмүнүн II курсунун студенти» деп жазылган. Бул справка милицияга жолдонуптур. Эмне үчүн закон ээлерине мындай справка керек болду? Кыска өмүрүндө опол тоодой эмгек жасап, түрдүү тармакта билек түрө иштеп, элдин, коомдун кызыкчылыгын ойлоп, керек болсо эмгек акысыз иштеп жаткан кыргыздын бир азаматы кайсы күнөөсү үчүн камакка алынды? Ошентип көптөгөн иликтөөлөрдөн кийин заман өзгөрүлүп, демократиянын шарапаты менен Кыргыз Мамлекеттик Коопсуздук комитетинин архивинде сакталган Байсерке Калпаковду күнөөлөгөн дело менен таанышуу мүмкүнчүлүгүнө

www.bizdin.kg

ээ болдук: 1936-жылдын акырынан 1937-жылдын августуна чейин улам суракка чакырылып жүрүп, акыры 10-августта (камакка алуу ордери № 488) биротоло камакка алынат. Камакка алуу жана тинтүү (обыск) иштери Кыргыз ССРинин Эл Комиссариатынын ички иштеринин Мамлекеттик Коопсуздук Башкармасынын биринчи бөлүмүнүн начальнигинин жардамчысы, лейтенант Л. Г. Галиевге тапшырылган.

Үчилтик (Тройка) соту 1937-жылдын 17-сентябрында: «Байсерке Калпаков он жылга концлагерге камалсын. Мөөнөтү 17-сентябрдан баштап эсептелсин» деп токтом чыгарат.

Андан кийин акын Уралдын Соликамск деген жерине айдалат. 1941-жылы ошол жакта каза болуп, өз мекенинен топурак буюрбай, жат жерге коюлат. 1957-жылы 31-июлда «Б. Калпаков күнөөсүнүн жоктугуна байланыштуу акталды» деген кубанычтуу да, өкүнүчтүү да токтом чыгат.

Б. Калпаковдун өмүр таразасынын жаман жагына ооп кетишиндеги негизги күнөө — «Талап» аттуу адабият сүйүүчүлөрдүн ийрими деген чүмбөттүн астында контрреволюциялык иштерди жүргүзгөн» — деп актын карага айландырылгандыгында.

Чындыгында «Талап» деген адабий ийрим 1922-жылы уюшулган. Бул негизинен Ысык-Көл аймагында жашаган адабиятка дилгир жаштардын уюму болгон. Анын демилгечилери К. Тыныстанов, И. Арабаев, Т. Жолдошев, С. Чоңбашев, Б. Калпаков, О. Лепесовдор болушкан. Ага мүчөлүккө каалоочулардын бардыгы кирген. Мисалы анын активдүү мүчөлөрүнүн арасында И. Текеев, А. Молдогазиев, Т. Бокчинов, М. Үсөнов, Т. Сулпиев сыяктуу адабиятка кызыккан жаштар да бар.

Ийримдин 1-жыйыны Каракол шаардык аткаруу комитетинин имаратында 1922-жылы күзүндө өткөн. Анда адабий ийримдин максаты, милдети, алдыда аткара турган иштери, финансылык жактан каржылоо үчүн каражат табуу сыяктуу маселелер каралган. Акырында К. Тыныстанов жалпы адабият тууралуу доклад жасап, катышуучуларга көркөм адабият деген эмне, анын маңызмазмуну жөнүндө түшүндүрөт. Кийинки жыйындарда да

www.bizdin.kg

адабият боюнча докладдар окулуп турган. Ошондой эле жаштардын чыгармалары окулуп, талкууланып, басмага жарыялоо тууралу сунуштар киргизилип, кызыктуу жолугушуулар өткөрүлгөн.

Замандын тартыштыгына, өкмөттүн экономикалык жактан али бутуна тура электигине байланыштуу ийримди каржылоону уюштуруучулар өздөрү табууну чечишет. Ошентип бул иш Б. Калпаковго тапшырылат. Акырында «революцияга каршы куралдуу көтөрүлүш үчүн элден каражат топтогон» деген күнөөгө батат. Анын өмүр таржымалы ушул. Күнөөсүз күнөөлүү Байсеркенин тагдырын башкалар чечип, чыгармачылыгы гүлдөп, акыл-эси толуп турган чагында аргасыздыкка кабылат. Мына ушундай даректүү архивдик материалдардын негизинде Б. Калпаковдун өмүр жолу, иштеген иштери чыгармачылыгы тууралу портрет жазылды.

Б. Калпаковдун өмүр жолуна кеңири, эрежеден ашыкча токтолуунун зарылдыгы бар. Анткени булардын (20-жылдардын адабиятынын өкүлдөрүнүн) өмүр жолун тарыхый саясий окуялардын бир көрүнүшү катары да кароого болот. Ошондой эле кыргыз улуттук адабиятын алардын чыгармачылыгынан бөлүп кароого да мүмкүн эмес.

Кыргыз адабиятынын тарыхы, 20-жылдары жаңыдан телчиге баштаган улуттук адабиятыбыз жөнүндө сөз болгон учурда Байсерке Калпаковдун ысмы кошо аталып, өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө учкай сөз болуп, адабиятчы — илимпоздор Б. Керимжанова, С. Жигитов, К. Күмүшалиев, К. Баялинов, З. Бектенов, З. Мамытбеков, Н. Львовдор мезгилдүү басма сөз беттерине, өздөрүнүн илимий эмгектерине 1925-жылдары Б. Калпаковдун «Эскиден калган энчилер», «Эски жана жаңы турмуш», «Жалкоо Коробай» сыяктуу бир топ пьесалары мектептердин өздүк көркөм чыгармачылык кружокторунда, адабий театралдык ийримдерде, драмалык студияларда сахнага коюлуп жүргөнүн жазышкан[3]. Тилекке каршы бул пьесалар эч жерде басылып чыкпагандыктан жана кол жазмалары сакталбагандыктан алардын мазмуну, көркөмдүк сапаты жөнүндө пикир айтуу мүмкүн эмес.

Ал эми акындын ырларынын табылганы аз: «21-кор-

www.bizdin.kg

бийа» («Көмөк» газетасы, 1919-жыл, 12-август, № 59, 3-бет), «Биздин журт» («Көмөк», 1919, 1-сентябрь, № 63, 3-бет), «Май майрамы» (Эркин Тоо, 1925-жыл, 1-май, № 18), «Акмат менен Байгана» (Эркин Тоо, 1926-жыл, 20-январь, № 7), «Кайгы күн» — 21-январь» (Эркин Тоо, 1926-жыл, 25-январь, № 9, 3-бет), «Сагынам» (Эркин-Тоо, 1926-жыл, 1-февраль, № 12, 3-бет), «8-март» (Эркин-Тоо, 1926-жыл, 8-март, № 27, 3-бет) деген жети гана ыры бар. Булардын үчөөсү («Акмат менен Байгана», «Сагынам». «Май майрамы») 1927-жылы Москвадан басылып чыккан кыргыз акындарынын ыр жыйнагы «Кызыл гүл» деген китепке кирген.

Б. Калпаковдун бардык ырлары кыргыз адабий тилинин нормасы тактала элек б. а. али орфографиялык, грамматикалык, пунктуациялык эрежелери иштелип чыга элек мезгилде жазылса да, сүйлөм түзүлүштөрү стилистикалык жактан туура, көркөмдүгү жогору экени байкалат. Ошондон улам акын бул чыгармаларын жазган кезде кадыресе такшалып, жазма адабияттын ички мыйзамдарын үйрөнүп, ошол кездин ченеми менен караганда ырларынын деңгээли бир топ дурус болгон. Тематикасы түрдүү, аталышы ырдын мазмунуна төп келишип турат. Маселен, «Сагынам» деген ырында акын туулуп өскөн жеринде өткөн балалыгын сагынуу менен киндик каны тамган айылынын коoздугун сүрөттөйт:

Мен ошондо жети-сегиз кездемин,
Ойдон кырдан балапанды издедим.
Колумда козу айдасам көнөчөк,
Куюп айран, түтүк менен ичкемин.

Эрте кетем кармаймын деп көпөлөк,
Кардым ачса кайра келип төтөлөп.
«Кайда бардың кагылайын балам» деп,
Каймак берип, кайран энем өнтөлөп.

Андан ары «өтүктү бир жагына майрык басып, ат ордуна таяк минип» эч нерседен бейкапар балалыгын өткөр-

Бул ырдын аталышы газетада кандай жазылса ошол бойдон көчүрүлдү. Оригиналы сакталбаган соң туурасын аныктоого болбоду.

www.bizdin.kg

гөн баланын эми минтип эр жетип, «турмуштун тузагы мойнуна» түшүп, элдин турмушунун өзгөргөнүн айтып, жаңы түзүлүштүн оң жана терс жактарын таразалайт. Ал жашоого реалдуу карайт. Ырында карандай чындыкты айтат. Кийин ушул «Сагынам» деген ырынан саясий ката таап, талкуууга алынат.

Жерим турат калыбында жайкалып,
Көрбөсөм да көңүлүмдө байкалып.
Элим турат байыркыдай малы жок,
Кайда кеткен чарбалары чайкалып —

деп, «эл мурдагы заманда бай, жетиштүү жашачу эле. Эми Совет доорунда мал мүлкү коллективдештирилип, алакандай жери жок, саап ичер малы жок калды деп жатпайбы» деген саясий айып тагылат. «Анын балалык чагы мурдагы заманда өткөн. Ошондуктан

Эстегенде ошол күндү сагынам,
Кайра келбейт сагынганда не кылам.
Кайра келсе кантер элем балалык,
Санаты жок сап алтынга баа кылам —

деп, «эски заманды көксөп ырдаган» деген шылтоо менен 1930-жылы «Кызыл учкун» ийриминин катарынан чыгарылат.

20-жылдардагы акын-жазуучулар сыяктуу Байсерке да негизинен окууга, жаңыча жашоого үндөө, чакырык, жаңы заманды даңазалоо, эскини сындоо пафосундагы чыгармаларды жараткан. «Биздин журт» деген ырында:

Биздин журтта билгенден билбеген көп,
Жалпылдап жарма ичип жүргөндөр көп.
Азыркы заман менен эч таанышпай,
Кара сууга семирип көнгөндөр көп,—

деп, билим-илим алууга умтулбаган түркөйлүктү, бири-бирине каралашпаган кайдыгерликти сындайт:

Биздин журт бир-бирине чуңкур казган,
Коркконуна кымыз менен ашын аскан.
Жакындык менен жакшы сөз болбогон соң,
Душмандык пайда болуп терс карашкан.

www.bizdin.kg

Башка журт окуган обол жаштан,
Билимин бириктирип убарлашкан.
Окуунун пайдасына түшүнгөн соң,
Талпынып, талаптанып, кумарлашкан.

Башка журт начарына каралашкан,
Биригип бир-бирине аралашкан...

Башка журт окуу менен өнөрү ашкан,
Баскычка тарыхынын орун баскан.

Өз журту менен башка журтту салыштырып, жаман менен жакшыны, кемчилдик менен жетишкендикти параллель карайт. Жаман адатты таштоого үндөйт. Элдин тагдыры акынды түйшөлтөт, ойго салат.

В. И. Лениндин өлгөнүнө кайгырбаган совет адамы, кошок ырын ырдабаган, жазбаган акыны болбосо керек. «Кайгы күн» деген ыры Ленин өлгөндө жазылган.

Мен кайгылуу бүгүнкү күн ушунча,
Бул кайгыга жалпы эмгекчи кошумча.
Мен кокустан өлүп кетип калармын,
Буга келип дагы кайгы кошулса.

Ильич өлүп ичинде калды арманы,
Табигаттын тар койнуна салганы.
Эмгекчиге чаап кеткен жолдорун,
Орундатар жалпы артында калганы.

Акын орду толгус жоготууга бүт аалам кайгырып, «карысына кара байланып, табигаттын да ыйлап» турганын сүрөттөөгө аракет кылган.

«Атамдын не деген залкар чыгармалары, куудул сөздөрү, чечендик накыл кептери ошол каран калгыр 1937-жылы эле жок болгон,— деп эскерет акындын уулу, мугалим, Эл агартуунун отличниги Муратбек Байсеркеев. «Атам камалып кеткенден кийин Кыргыз ССР Эл Комиссариатынын Ички иштер бөлүмүнөн (НКВД) эки киши келип, үйдү тинтип, сандыкта сакталчу атамдын дептерлерин сыртка алып чыгып өрттөп, анан жүрүп кетишти. Карап турган биз да, эл дагы оор үшкүргөн бойдон демибизди ичибизге тартып кала бергенбиз». Ошентип акындын асыл сөз берметтери бир ууч күлгө айланган.

www.bizdin.kg

Б. Калпаковдун адабияттагы жашыруун аты «Шоокум», сатираларын болсо «Чанчуур» деген ат менен жарыялап турган. Эл арасында «Байсерке чечен» деген аты кеңири белгилүү. Аны билгендердин айткандарына караганда ал жүргөн жер күлкүгө бөлөнүп, айрым адамдар беттеп сөз сүйлөгөндөн жазганышчу экен. Анткени куудул чукугандай сөз таап, сүйлөшүп жаткан адамдын осол жерин бабына келтире бетке айтып, жамактатып ыр менен шакаба чегип койчу экен.

Эл арасында Байсерке чечендин куудул сөздөрү, айрым бир күлкүлүү эпизоддору айтылып жүрөт. Мисалы «Байсеркенин таз болгону», «Этиң турмак, табагың жок», «Алгыла коноктор, чамдагыла биз жактар», «Мугалимдердин август кеңешмесине барганда», «Менде эмне өчүң бар эле», «Долумбеков Касымдын эскерүүсү», «Десять лошадь айдалат», «Жаш эле туруп карт болот», «Чогулуштун күн тартибин жарыялаганда», «Тууган деп келдик Төрт-Күлдү». «Боз баланын жар издегени» — ыр-поэма, «Чымын чыгып кеткенде», «Сарыков Сасыкбайдын окуясы».

Мындагы окуялардын бардыгы чечендин өз башынан өткөргөн күндөрүнөн элестер. Ар бири бирден мини сюжет, миниатюра. «Мугалимдердин август кеңешмесине барганда» деген окуяны «1923—24-жылдардын бири боло турган эле. Каракол кантонунун аймагындагы мугалимдердин кеңешмеси бир эле жерде — Караколдо өтүүчү. Тоңдон ал кеңешмеге Калпаков Байсерке, Жолочу Алтымышбаев, Касым Долумбеков, Байөмүров Мусан болуп атчан жөнөп калдык,— деп эскерет Абийиров Акмат. — Барсак эки күн эрте келипсиңер, тамыр-тааныш таап конгула дешти. Биз Маман деген айылда бир тааныш бар эле ошонукуна барып конок болуп калдык. Эртеси Байсерке молдоке «жүргүлө мобу ылдый барып конуп келели, Теңизбай деген эл бар, ошондо бир таанышым бар, ошого баралы» — деп бизди ээрчитип жөнөдү. Бирок таанышы жайлоодон түшө элек экен. Аңгыча болбой бир топ алыста бир ак өргө тигилип турган экен, жүргүлө балдар тетиги өргөгө баралы да конок бололу деп сунуш кылды. Биз макул болдук. Байдыкына барып түшүп, аттарды мамыга байлап үйгө кирдик. Үй ээси төшөктү калың салдырып эс алып жаткан экен, биз кирип келгенде козголуп да койбоду, саламды алик да алган жок.

www.bizdin.kg

Байсерке молдо «кудайы конок» элек деди. Бай: тоодон жаңы эле көчүп келдик, мал тоодо деди. Анда Молдоке: «биз бул Мамандан түштөнүп чыктык, тек гана ат сууталы деп кайрылдык», — деди. Эшикте кайнап турган самоор алынып келинди. Чай иче баштадык, бир чыны чай ичип молдоке чайды токтотту. Ал киши менен бирге чайды биз да токтоттук. Чайга бата кылалы дегенде Байсерке колун жазып туруп:

Өлөңдүү чөптү чаптырган кудай,
Өгүзгө аны арттырган кудай.
Өз балама саттырган кудай.
Жаккан отуң самандан.
Алаколуң болбосо,
Айланып кет Теңизбай,
Мобу аркы өйүздүк Мамандан,— деди.

Жигиттерине көзүн ымдаган экен, жигити бир ирикти бат эле мууздап башын коломтонун жээгине кое койгондо: Байсерке — «биз чайга бата кылдык эле, бул баш кайдан түштү», дегенде үй ээси тура калып: «Сиздин аты-жөнүңүздү угуп жүрдүм эле, таанnetworkбасты сыйлабас болуп калды. Жамандын кою да өлөт, өзү да өлөт деген ушул. Караколдун кан көчөсүндө өлбөй өз үйүмдө өлүп турганым үчүн сүйүнүп олтурам» — деп молдокеден кечирим суранды.

Биз ал күнү аябай конок болуп эртеси шаарга карай бет алдык. Жолдо бара жатканда чайга жасалган батанын сырын сурадык эле аны молдоке мындай түшүндүрдү: «Бул айылды Теңизбай деп коюшат. Жашаган жерлери саздак келет. Саздын өлөң чөбүн чабышат, аны өгүзгө артынып алып Караколдун базарына саттырышат. Анын акчасына пиво, арак сатып ичип алышып, урушуп чабышышат. Алакол дегеним — бозону күчтүү салышат, аны алакол деп коюшат да, ага да мас болуп чабышышат. Өзүлөрү жайы-кышы дебей саман жагышат» — деп бизге түшүндүрүп берди».

Сөздүн кунун түшүнгөн адамга мындай тариздеги каймана какшык бычактын мизиндей эле тийген. Мында Байсерке чечен зыкым байдын айыбын ачса, экинчи бир «Десять лошадь айдалат» деген күлкүлүү окуя болуп жаткан салтанатка өзгөчө шаң киргизип, элди күлкүгө тундурат.

www.bizdin.kg

Алтымышбаев Жолочу молдоке жөнүндө мындай эскерет: «1921—22-жылдардын бири боло турган эле. Жумуштар менен Караколго барып калды. Анда Байсерке молдоке союзкошчуда, же кантондо иштечү эле. Айтор, ипподромго барып калдык. Митинг болуп, митингден кийин кулактандырууларды жарыялоо Байсеркенин үлүшүнө тийип калды окшойт. Бир убакта ал киши төмөндөгүдөй кулактандыруу айтты:

Товарищи жолдоштор!
Сейчас десять лошадь айдалат,
Десять круг айланат.
Чыгып келген лошадь
Десять баран байге алат» —

дегенде орустар-кыргыздардан, кыргыздар-орустардан эмне деди деп сурап жүрүшөт. Ал эми түшүнгөндөрү боору катып күлүп жүрүшөт».

Фольклордук мүнөз алган мындай күлкүлүү окуялар, аңгемелер чечендин сөзүнүн курчтугун, чечендигин, акылынын тунуктугун мүнөздөйт. Булардын көркөмдүк нарк-насили, козголгон маселеси, коюлган проблемасы бүгүнкү күндө да өз маанисин жоготпойт.

«Байсерке Калпаков өтө курч тилдүү, какшыкчыл жазуучу эле. «Эркин тоо» газетасынын бетине «Чалкан» бурчу ачылган мезгилден баштап, ал ага күлкүлүү жана күйдүргү сөздүү окуяларды «Чанчуур» деген лакап ат менен үзбөй жазып турган»[1] — дейт Калпаковдун замандашы, кесиптеши Зыяш Бектенов. Демек, журналисттик жагдайынан сөз кыла турган болсок, Б. Калпаков 1918-жылдан баштап «Тилчи», «Көмөк», «Кембагалдар авазы», «Эркин Тоо» сыяктуу газеталарга тынбай кабар жазып турган нукура журналист болгон. 1925—27-жылдарда «Эркин тоо» гезитинде активдүү редколлегия мүчөсү, гезитти чыгаруучу (выпускающий) болуп иштеген. Анын журналисттик ишкердүүлүгүн ошол мезгилде гезит беттерине жарыяланган макалаларынан, фельетондорунан байкайбыз. Жазган макаларынын тематикасы ар түрдүү: аялдар туурасында, элдин сабатсыздыгын жоюу, кооперация түзүлүшүн иш жүзүнө ашыруу, кыргыздын жайлоолору жана басма сөз туурасында жазган. Ошондой эле кыргыз орфографиясы,

www.bizdin.kg

грамматикалык эрежелер, терминдер туурасында К. Тыныстанов, И. Арабаевдер менен ат салышып, газета бетине бир топ омоктуу макалаларды жазат. 1925-жылы июнь айында өткөн Кыргыз Автономиялуу областынын мугалимдеринин I съездинде кыргыз тили, адабияты туурасында өз оюн ортого салып, жарыш сөзгө чыгып сүйлөйт. Кыргыз тилинин кээ бир маселелери боюнча Б. Калпаковдун «Эркин тоо» гезитине чыккан макаласына жооп кылып К. Тыныстанов «Жазганыңыз макул, бирок оюңуз чолок» (Эркин тоо, 1925-жыл, 1-май) деген макаласын жазат. Ага жооп катары Байсерке «Оюңуз терең, эрежеңиз жаңылыш» (Эркин тоо, 1925-жыл, 8-май) деп жазат.

Б. Калпаковдун фельетондору, жогоруда айтылгандай, «Эркин тоо» гезитинин бетинен орун алган «Чалкан» бурчуна «Чанчуур» деген жашыруун ат менен чыгып турган. Маселен, «Менден эпчил ким бар» (Эркин Тоо, 1927, 2-октябрь, 112, 4-бет), «Маа байге тиер бекен» (Кызыл Кыргызстан, 1928-жыл, 19-апрель, 4-бет), «Мен дагы байге сурайм» (Кызыл Кыргызстан, 1928-жыл, 21-август, 4-бет) ж. б. сатиралары мааниси боюнча бирин-бири улап, эң кызык фактылар менен шылуундардын бетин ачат, чалкандай чагат.

Жыйынтыктап айтканда, Б. Калпаков да 20-жылдардагы акын-жазуучулар сыяктуу эле көп кырдуу кесипти аркалап, адабият майданында да ар түрдүү жанрдын үстүндө иштеген. Бул, биринчиден, учурдун зарылдыгынан болсо, экинчиден жаңы көрүнүшкө б. а. жазуучулук өнөргө, чыгарма жаратууга шыктануу, умтулуу болгон. Ошол эле учурда жазылган чыгармаларды жарыялоого шарт түзүлгөн. Чыгармалар көбүнчө мезгилдүү басма сөз беттерине гана жарыяланып, ошого карабай кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө жандуу кызмат кылган. Бул жагдайлар жаңыдан жаралып жаткан кыргыз адабияты үчүн натыйжалуу жыйынтыктарды берген. Ошол башталыш бар үчүн улуттук адабият өнүктү, калыптанды. Демек, Б. Калпаковдун өмүр жолу, иштеген иштери, жараткан чыгармалары да өзү жашаган мезгилдеги коомдук түзүлүштүн бир бөлүгү катары кабыл алынат.

www.bizdin.kg

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Орозова Г.* Байсерке чечен//Кыргыз руху. — 1991. 11-сент. — № 5; Г. Орозова Г. Адашкан жана чаташкан ырлар//Кыргыз маданияты. — 1991. 24-окт.; Орозова Г. Байсерке Калпаков//Мурас. — 1991. — № 5.

[2] Байсерке чечен / Түзгөн жана баш сөзүн жазган Г. Орозова. — Б., 1994. 4-бет.

[3] *Жигитов С.* 20-жылдардагы кыргыз адабияты. — Ф.: Илим, 1984; Күмүшалиев К. Кыргыз театрынын биринчи кадамы//Советтик Кыргызстан. — 1971. 31-янв.; Баялинов К. Уядан алгач учкандар//Советтик Кыргызстан. — 1977. 25—27-беттер; З. Мамытбеков. Кыргыз адабияты совет бийлигинин алгачкы жылдарында//Советтик Кыргызстан. — 1967. 16-апр.; Львов Н. И. Киргизский театр. — М., 1953. ж. б.

[4] *Бектенов З.* Алгачкы чалканчылар//Чалкан. — 1984. — № 8.

www.bizdin.kg

## БАЯЛИНОВ КАСЫМАЛЫ

*(1902—1980)*

Өмүрүнүн соңку жылдарында К. Баялинов өзүнүн жаштык чагы, бурганактуу жыйырманчы жылдар, чыгармачыл курбалдаштары туурасында бир катар эскерүү, макалаларды жазган. Ошондой эскерүүлөрүнүн бирин жазуучу «Революция уландары» деп атаган. Биздин оюбузча, ушул аныктаманы жазуучунун өзүнө, жеке адамдык жана чыгармачылык тагдырына, кыргыз адабияты үчүн аткарган вазипасына карата да колдонууга болор эле.

Сабатын революцияга чейин эле ачкандыгына карабастан, К. Баялинов негизги билимди революциядан кийин, ар түрдүү советтик окуу жайларынан алган. Революциялык бийлик тарабынан «мобилизацияланып» комсомолдук, партиялык, басма сөз, чыгармачылык уюмдарда түрдүү кызматтарда иштеген. Революциянын шарапаты менен өз мамлекеттүүлүгүнө ээ болгон кыргыз элинин жазма адабиятынын түптөлүшүнө жана өркүндөп өсүшүнө өмүр бою белсенип кызмат өтөгөн. К. Баялинов жана анын мууну кыргыз жазма адабиятынын алгачкы, турмушту көркөм сөз аркылуу чагылдыруунун татаал ыкмаларын өздөштүрүү этабынын өкүлдөрү катарында тарыхка кирди. Башкача айтканда, алар — кыргыз адабиятынын кырчын курагынын өкүлдөрү. Ушул мааниде аларга жаштыкты туюндуруучу «уландар» деген түшүнүктүн ылайык келген жагы да бар.

К. Баялинов алгачкы чыгармачылык аракеттерин Алматыда Казак-кыргыз агартуу институтунда окуп жүргөн мезгилде жасаган. Анын калеминен жаралган төл башы ырлары окуу жайынын кереге газетасына жарыяланган.

www.bizdin.kg

Ал эми массалык басма сөз бетинде жарык көргөн алгачкы чыгармасы «Биз ким элек, ким болдук» аттуу ыры болгон. Ал 1924-жылы апрель айында «Тилши» газетасында басылып чыккан. Жазуучу ушундан кийин да ыр жазууну уланта берген. Бирок ошентсе да кара сөз менен чыгарма жазууга көбүрөөк кызыгып, ушул багытта изденүүгө оой баштаган.

Ошол мезгилде фольклорду жыйноо маселеси актуалдуу болуп турган. Бул бир жагынан жаңыдан түзүлө баштаган чыгармачыл интеллигенциянын улуттук аң сезими ойгонушуна байланыштуу болсо, экинчи жагынан тоолуу жергебизде ачыла баштаган көп сандагы улуттук мектептерде балдарды окутуу үчүн керектүү материалдардын жетишсиздигинен келип чыккан. Мына ошол муктаждыкка жооп кылып, К. Баялинов 1925-жылы жомоктук сюжеттин негизинде «Түлкү менен суур» жана «Чабалекей менен жылан» аңгемелерин жазган.

1926-жылы «Эркин Тоо» газетасында К. Баялиновдун «Жетимдин өлүмү» аттуу чакан чыгармасы жарыяланган. Чыгарма газетага «жанытма» деген жанрдык аныктама менен басылган. Жазма адабият калыптана элек, жанрлар системасы түзүлө элек ал мезгилде туңгуч кыргыз газетасынын беттеринде көп чыгармалар ушундай аныктама менен жарыяланып турган. Алардын аркасында көркөм аңгемеден тартып газеталык сүрөттөмө, этюд, фельетон, алтургай кадимки макалага жакындары да учураган. Ал эми К. Баялиновдун аталган чыгармасы көркөмдүк жагынан кыйла бөксөлүктөрү болгондугуна карабастан кадыресе сюжеттүү аңгемеге жакын турат. Автордун кара сөз түрүндөгү мурдагы эки чыгармасынан айырмаланып «Жетимдин өлүмү» аңгемесинин сюжети реалдуу турмуштан алынган. Демек, жазуучунун реалисттик прозага бурулушу ушул кичинекей чыгармадан башталган деп айтууга негиз бар.

1928-жылы К. Баялиновдун «Ажар» повести жарыяланган. Жазуучунун бул чыгармасы кыргыз адабиятында өзгөчө орунда турат десек жаңылыштык болбойт. Анткени, көп жылдар бою кыргыз адабият таануу илиминде «Ажар» жыйырманчы жылдарда жазылган жападан жалгыз повесть катарында эсептелип келген. Ошондуктан улут-

www.bizdin.kg

тук адабиятта проза жанрынын жаралышы жөнүндө сөз болгондо «Ажарга» кайрылбай өтүүгө мүмкүн эмес эле. Бирок «Ажардын» өзгөчө ордун прозалык чыгармалар арасындагы «аксакалдыгы» менен гана түшүндүрүп коюш адилеттикке жатпай калат. Төл башы повесть ушунча мезгилден бери окурмандардын назарынан түшпөй келатышы, албетте, биринчи кезекте анын мазмунуна жана көркөмдүк касиеттерине байланыштуу.

Повестте жөнөкөй кыргыз кыздын трагедиялуу тагдыры жөнүндө баяндалат. Жыйырманчы жылдарда кыз-келиндердин эзилген турмушу татар, казак, өзбек жана башка түрк адабияттарында негизги темалардын бири болгон. С. Карачев, К. Тыныстанов, К. Баялинов сыяктуу алгачкы кыргыз жазуучулары негизинен ушул элдердин адабиятынан таалим алгандыктан өздөрүнүн тырмак алды чыгармаларында ушул эле темаларга кайрылышкан. Ошондуктан К. Баялинов повестинде бул теманы тандап алышы кокустук эмес.

Повесттин башкы каарманы Ажар аттуу кыз. Чыгарма да анын ысмы менен аталган. Ошондуктан жазуучунун чыгармачылык максаты туурасында эки анжы пикир болушу мүмкүн эмес. Бул маселеге автор өзү да кайрылып, чыгармасында кыздын тагдырын көрсөткүсү келгендиги жөнүндө айткан жери бар[1]. Бирок чыгарманын мазмунунда анын башкы темасы тууралуу ачакей пикир жараткан жагдайлар да бар. Мындай таасир повесттин структуралык бөлүктөрүнүн карым-катышына, композициясынын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу. Ал эми улуттук жазма прозадагы төл башы повесттердин бири болуп эсептелген бул чыгарманын композициялык курулушу чынында да кыйла кызыктуу.

Повесть сюжеттин кульминациялык чекитин түзгөн жерден — башкы каарман энесинин мүрзөсүнө келген эпизод менен башталат. Ушундан кийин автор кейиштүү тагдырга капталган кейипкердин ким экендигин окурманга «айтып бериш» үчүн анын өткөндөгү турмушуна кайрылат. Мүрзөдө зар какшап ыйлаган кызды тааныштырыш үчүн жазылган бул бөлүктү бүт бойдон чыгарманын экспозициясы, башкача айтканда, негизги окуя башталганга чейинки акыбал баяндалган бөлүм деп коюуга болор эле.

www.bizdin.kg

Бирок экспозициянын милдетин аткарган бул бөлүк чыгарманын жалпы көлөмүнүн тең жарымын түзөт. Повесттин композициясынын биринчи бөтөнчөлүгү ушунда. Экинчиден, автор өзү жазгандай, Ажардын «ким экендигин» окурманга айтып бериш үчүн жазылган бул эки главанын аз гана бөлүгү ушул максатка кызмат кылат. Хроника ыкмасында учкай баяндалып өткөн бул окуялардын басымдуу бөлүгү башкы каарманга тикелей тиешеси жок жана ошондуктан анын образын ачууга көмөктөшпөйт. Аларда автор, балким өз ыктыярынан тышкары, көңүлдүн борборун башка маселеге — үркүндүн трагедиялуу картинасын көрсөтүүгө оодарып жиберген. Жазуучунун баштапкы максатын эске алсак, бул эпизоддор чыгарма сюжетинин тутумуна органикалык түрдө кыналышпай калгандыгын, ошондуктан артыкбаш экендигин айтууга тийишпиз. Бирок бул эпизоддор эл башына түшкөн эбегейсиз трагедиянын жүрөк калтаарыткан картинасын берет. Тереңдиги жана масштабы боюнча бул окуялардын трагизми баш каармандын тагдырынын трагизминен ашса ашып түшөт, бирок эч убакта кем калбайт. Повесттин үркүн окуялары баяндалган беттери автордун замыселинен тышкары ушундай мааниге ээ болушу кийинчерээк адабиятчылар арасында чыгарманын башкы темасы тууралуу карама-каршы пикирлердин жаралышына негиз болгон. «Адабиятчылар «Ажардын» мазмуну менен формасындагы айрым белгилер тууралуу айтышып да жүрүшөт. Бирок азырынча талаш туудура элеги — «Ажардын» негизги темасы. М. И. Богданованын «Киргизская литература» (1947) дегенинен М. Борбугуловдун «Единство национального и интернационального» (1979) дегенине чейинки илимий эмгектерде «Ажар» революциядан мурдагы кыргыз кыз-келиндеринин кейиштүү ал абалын сүрөттөөгө арналган чыгарма экени үстөккө-босток кайталанып келет»,— деп жазат, мисалы, С. Жигитов «20-жылдардагы кыргыз адабияты» аттуу эмгегинде,— чынында «Ажардагы» эң башкы тема — алы жетпес эңгезердей күчкө каршы куралдуу айбат көрсөтөм деп таш-талканы чыгып, бөөдө кыргынга учурап, өз жеринен, мал дүйнөсүнөн, тынч турмушунан ажырап бөтөн жерде өтө катуу тарткылык тарткан кыргыз урууларынын трагедиясы... Ал эми повесттин

www.bizdin.kg

баш каармандын кыз болуп калганы тек гана кокустук деп каралбаса да көп жагынан өз учурундагы адабий кыймылда өкүм сүргөн тематикалык багыттардын таасири менен түшүндүрүлүшү мүмкүн»[2].

«Чындыгында чыгарманын негизги каарманы кыргыз эли, анын 1916-жылкы көтөрүлүшү жана көтөрүлүштөн кийинки абалы»[3],— деп К. Артыкбаев да ошого жакын пикирин билдирет.

Бул беттерде Ажардын тагдыры окуялардын перифериясына сүрүлүп калган. Үчүнчү главанын ортосунан, энеси Батма ооруга чалдыккандан кийин гана окуялар Ажардын айланасында өнүгө баштайт.

Энеси өлгөндөн кийин томолой жетим кыз жат адамдардын колуна тиет, буюм катары сатылып, улам бирөөнүн менчигине өтөт. Акыры бөтөн элде жашы улгайган адамдын үчүнчү аялы, иш жүзүндө күңү болуп калат. Ажар өзү бул окуяларда көз жашын көлдөтүп ыйлаганга гана жарайт. Чырдын үйүндө көргөн азабы чегине жеткенде гана качып чыгып, кор турмуштан кутулууга аракет жасайт. Бирок анын бул аракети оңунан чыкпай, трагедиялуу өлүм менен аяктайт. Ушул жерден тактык үчүн айта кетүүчү нерсе — Ажар Чырдын үйүндө көргөн кордуктары, аны айласыз кадамга түрткөн акыркы тамчы повестте деталдаштырылып көрсөтүлбөйт. Бирок ушундай мүчүлүштөрүнө карабастан повестте башкы каармандын тагдыры азаптардын чынжыры, градациясы шекилинде өнүгөт. Ал туш болгон окуялардын улам кийинкиси мурункусунан кейиштүү, ага жасалган мамиле адамкерчиликсиз болот. Повесттин финалында баш каармандын карышкырларга таланып өлүшү ушул азаптардын эң жогорку чекитин түзөт.

Көркөмдүк жагы жөнүндө айта турган болсок, «Ажар» повестинде олуттуу кемчиликтер бар. Биринчиден, чыгармадагы баяндоо стили өтө жармач. Ал тажрыйбасы жетишсиз калемгер тарабынан жазылганы ачык эле байкалып турат. Жазуучуга кейипкердин кыймыл аракетин, өз ара сүйлөшүүсүн, мезгилдин өтүшүн, мейкиндиктеги кыймылды берүүдө чебердик жетишпейт. Ал тургай эң жөнөкөй текст жаратуу, сүйлөм түзүүдө орун алган алешемдиктер аз эмес.

www.bizdin.kg

Повесть сюжеттик курулушу жагынан да кыйла эле мүчүлүштөп турат. Жогоруда айтылгандай, андагы окуялар, эпизоддор, деталдар чыгармачылык максатка ылайык анча деле чебер санжапталган эмес жана бири бирин улап, өнүктүрүп, терендетип отурбайт. Адабиятчылар арасында чыгарманын негизги темасы жөнүндө эки түрдүү пикир жаралышынын өзү эле мунун ачык күбөсү болуп эсептелет. Окуялардын өнүгүшүндөгү айрым маанилүү бурулуш учурлар баамга урунгандай таасын көрсөтүлбөй калган жерлери да бар.

Бирок ушул сыяктуу олуттуу өксүктөрүнө карабастан чыгарма окурмандын сезимине таасир берүүчү күчтүү кудуретке эгедер. Биздин оюбузча, ал кудурет биринчи кезекте чыгарманын мазмунунун трагизмине байланыштуу. Повесттин ушул өзгөчөлүгү тууралуу сөз кылганда үч жагдайга көңүл бурууга болот. Бул биринчиден, жогоруда айтылгандай, көрсөтүлгөн окуялардын жана деталдардын трагизми, алардын үзгүлтүксүз уланып, барган сайын тереңдеши. Экинчиден, каармандардын сезимдеринин трагизми. Чыгарманын башынан аягына чейин окуяларды «боздогон», «өксөгөн», «болоктогон» ый коштоп отурат. Ал эми кейипкерлердин кайгырганын, санаага батканын, коркконун, көңүлү караңгылаганын айтпай эле коелу. Акырында автор өзү да каарманына боору ооруйт, аяйт, анын тагдырына капа болуп муңканат. Башкача айтканда, автордун дүйнө түюмуна да трагизм мүнөздүү. Төл башы повесттин эскирбес таасиринин сыры ушунда.

1929-жылы жазуучунун «Мурат» аттуу аңгемеси жарык көргөн. Ал — мурда жарыяланган «Жетимдин өлүмү» аңгемесинин оңдолгон варианты. Ушундан кийин К. Баялинов «Жетилген жетим» (1930), «Кош жүрөк» «Турмуш түрткүсүндө» сыяктуу чакан аңгемелерди, «Бактылуу жылкычы» очеркин, согуш мезгилинде «Ал эми жетим эмес», «Шаифтин аңгемеси», А. Адали менен бирге «От ичинде» аттуу аңгеме жараткан. Жалпысынан айта турган болсок, аларда өткөн доордогу турмуштун оорчулугу жана революциядан кийин эл турмушунда болгон өзгөрүүлөр көрсөтүлөт. Маселен, «Жетимдин өлүмү» аңгемесинде эзүүчүлөрдүн кичине балага ташбоор мамилеси көрсөтүлсө, кайра иштелген вариантта чыгарманын мазмуну өзгөргөн. Эми

www.bizdin.kg

чыгарманын башкы каарманы таш боор байдын курмандыгы эмес, ал өзүнүн бактысы, укугу үчүн күрөшөт жана жаңы түзүлүштүн жардамы аркасында эркин адам болуп жетилет.

К. Баялиновдун «Жетилген жетим», «Кош жүрөк», «Турмуш түрткүсүндө» аңгемелеринде бир эле каарман — Нуркасымдын турмушунун ар түрдүү учурлары көрсөтүлөт. Чыгармалардын алгачкы экөөндө анын адам катары жетилүүсү жөнүндө баяндалса, үчүнчүсүндө жетекчинин даражасына өсүп жеткен учуру көрсөтүлөт. Чыгармаларда көркөмдүк жагынан орчундуу мүчүлүштөр бар экендигин да айта кетишибиз абзел. Ал баарынан мурда каармандын образы, калыптаныш жолу иш-аракет аркылуу көрсөтүлбөгөндүгү. Мунсуз кейипкердин эсте каларлык элесин жаратуу мүмкүн эмес экендиги айтпаса да түшүнүктүү.

«Ал эми жетим эмес», «Шайфтин аңгемеси», А. Адали менен биргелешип жазган «От ичинде» аңгемелеринде согуш учурундагы турмуш, майдандагы окуялар көрсөтүлөт. Бул чыгармалардын сюжети жөнөкөй, көркөмдүк жагы да кыйла эле комсоо. Алар өз учурунун утурумдук муктаждыгы үчүн гана жазылып, «Ажар» сыяктуу таасирленткич күчкө ээ болгон жок. Бул мааниде К. Баялиновдун чыгармачылыгында «Ажарга» тете болбосо да ошого жакын олуттуу чыгарма «Бакыт» повести болду. Повесть 1947-жылы басылып чыкты. Кийинчерээк автор повесттин экинчи бөлүгүн жазган. Ал адегенде «Бакыттын» биринчи бөлүгү менен бирге 1950-жылы Москвадан орус тилинде жарык көрдү. 1952-жылы кыргыз тилинде «Көл боюнда» деген ат менен жарыяланды.

Чыгармасын жаңы аталыш менен жарыялоодо автор «Бакыт» повестин толуктап жазуу менен гана чектелген эмес, андагы айрым деталдарды, атап айтканда, башкы каармандар Жапар менен Жамиланын ортосундагы мамиленин өнүгүшүнө тиешелүү кээ бир кырдаалдарды кайрадан иштеп чыккан. Натыйжада повесттин сюжетинде жана башкы кейипкерлердин образында орчундуу өзгөрүүлөр болгон. Айтмакчы, толукталып жазылгандан кийин «Көл боюнда» кыйла көлөмдүү чыгармага айланган. Ошондон улам болуу керек, ал айрым учурларда «Бакыт» сыяк-

www.bizdin.kg

туу эле повесть деп эсептелсе, кээ бир эмгектерде романдардын катарына кошулган учурлар да бар. Жарыялангանына жарым кылым болсо да бул маселеде адабиятчылар арасында ушу күнгө чейин бирдиктүү пикир жок.

Чыгарма согуш темасына арналган. Ырас, түздөн-түз согуш майданынын сүрөттөрү чыгармада аз гана орун ээлейт. Бирок анын мазмуну, сюжети бүт бойдон ушул идеянын негизинде курулган, каармандардын иш-аракети ушул максатка багындырылган.

Чыгармада окуялар негизинен баш каарман Жапардын тегерегинде өнүгүп, анын образы эки кырынан — коомдук иш-аракети жана жеке турмушу аркылуу ачылып көрсөтүлөт. Жапар жаңы мезгилде туулуп өскөн жана билим алган муундун өкүлү. Повесттин фабуласында каармандын коомдук иштери басымдуу орун ээлейт. Майдандан жараат алып кайткан соң ал иши жүрбөгөн колхозго өзү суранып барат, аны оңдош үчүн талыкпай эмгектенет. Бул иштерде ал адамдар менен тил табыша билген жетекчи сыпатында көрүнөт. Анын талыкпаган аракетинин натыйжасында артта калган чарба тез эле оңолуп, алдыңкы орунду ээлейт.

Чыгармада баш каармандын образы ушундай өңүттөн көрсөтүлүшү кокустук болбогонун бул жерден айта кетиш абзел. Кыркынчы жылдардан тартып көркөм адабият мамлекеттик идеологиянын «дөңгөлөк», «бурамасынын» ролуна биротоло баш ийдирилип, ушул шекилде ийкемдүү кызмат өтөөгө биротоло ыкташкан болучу. Согуш учурунда жазуучулардын алдына фашисттик баскынчыларга каршы советтик жоокерлердин майдандагы каарман күрөшүн жана эмгекчилердин ооруктагы күжүрмөн эмгегин көрсөтүү милдети коюлган. Бул күрөштө албетте, ал кезде коомдун «жетектөөчү жана багыттоочу» күчү болуп эсептелген коммунисттердин ролу алдыңкы планда көрсөтүлүүгө тийиш болучу. «Социалисттик реализм» деп аталган адабияттын алкагында турмушту ушундай өңүттө сүрөттөгөн көп чыгармалар жаралган. Жапардын образы, асыресе анын коомдук турпаты, генетикалык жактан ошол адабий агым менен тамырлаш. Бирок көркөм чыгармада өндүрүштүк иштерди көрсөтүү менен чектелүүгө болбойт. Муну жакшы түшүнгөн жазуучу кейипкерлердин жеке турмушун,

www.bizdin.kg

ой-сезимдерин да чыгармага киргизүүгө далалат жасаган. Бул максатын автор Жапар, Жамила, Айша жана Чоңмурундун ортосундагы мамиле аркылуу ишке ашырган. Чыгармадагы бул сюжеттик сызык артыкча оригиналдуулугу менен айырмаланат десек балким аша чапкандык болуп калмак. Алардын ортосунда көркөм чыгармаларда көп кездешүүчү сүйүү үч бурчтугу түзүлөт. Сюжеттин бул тарамышын көтөргөн жүгүн арттырыш үчүн жазуучу Чоңмурундун «жардамы» менен Жамиланын тагдырын татаалдаштырып, окуялардын өнүгүшүн адеп-ахлактык — этикалык нукка бурат. Бирок Жамиланын жеңил ойлуу кадамына байланыштуу кейипкерлер туш болгон кырдаалдар, алар баштан кечирген толгонуулар чыгармада жетиштүү даражада терең чечилишке ээ болгон деп айтууга мүмкүн эмес. Көп өтпөй адашкан Жамила ашыкча кыйналып-кысталуусуз эле өзүнүн «үйрүн» табат да, Жапар экөө бактылуу жубайлар болуп калышат.

Элүүнчү жылдарда жазылган дагы бир повести — «Курман жылгада» К. Баялинов революцияга чейинки турмуш темасына дагы бир мертебе кайрылган. Кыргыз адабиятында бул темада бир топ чыгармалар жазылгандыгы белгилүү. Адатта бул чыгармаларда патриархалдык-феодалдык коомдук түзүлүштүн адилетсиздиги, эзилген тап өкүлдөрүнүн көйгөйлөрү, айрыкча кыз-келиндердин укуксуздугу көрсөтүлүп, каармандардын тагдырлары аргасыз жагдайларга, туюкка капталган, же болбосо трагедиялуу аякталган. К. Баялинов бул жолу ошол эле турмуштук кырдаалды башкача чечмелөөгө аракет жасаган. «Курман жылга» повестинин башкы каармандары Курман менен Айсулуу феодал төбөлдөрдүн зордугуна моюн сунуп берген бечаралар эмес, өз тагдыры, адамдык бактысы үчүн тартынбай күрөшкөн чечкиндүү адамдар. Автордун ушундай чыгармачыл установкасы кейипкерлерди сүрөттөөсүнөн эле ачык байкалып турат. Маселен, повестте башкы каарман Курман мындайча шөкөттөлөт: «Чиркин, жигит десе жигит дегендей эле: кең ийиндүү, өткүр көздүү, жазы маңдай, келбеттүү келген сулуу жигит болучу. Бирөөдөн кордук көрөм же өлөт экемин деп ал түк ойлонуп да коркуп да коюучу эмес. Анын андай болушу — Керме-Тоонун койнунда жалгыз үй, жалгыз түтүн, ээн-эркин өскөнүнөн бол-

www.bizdin.kg

ду бекен? Ким билсин! Айтор, ал ошондой эр, мыкты жигит эле»[1]. Көрүнүп тургандай, башкы каарман телегейи тегиз жаралган сонун жигит. Ошону менен бирге ал адилет, айкөл жана эр жүрөк, феодалдык доордо өкүм сүргөн теңсиздикти, эзүүнү, зомбулукту кабыл албайт, ага тизе бүгүп, моюн сунбайт. Ошон үчүн анын тагдыры трагедиялуу аяктайт.

Дагы бир башкы каарман Айсулуу да ушундай эле ыкмада шөкөттөлөт: акылдуу, кайраттуу, сабаты ачылган жана өз мезгили үчүн аң сезими кыйла өнүккөн селки. Курман экөө биригип Мырзабек бай, Борбук молдо шекилдүү эскинин күчтөрүнө чечкиндүү каршы турушат. Курмандан ажырагандан кийин Айсулуу душмандардан жалгыз өзү өч алат.

Композициясы боюнча повесть жердин атынын келип чыгыш тарыхын чечмелөөчү баян түрүндө курулган. Балким ошол себептен чыгармада башкы кейипкерлердин адамдык сапаттарын жана иш-аракетин шөкөттөөдө героизациялоо, башкача айтканда баатыр тариздентип көрсөтүү далалаты байкалат. Бирок автордун бул аракети ар дайым эле орундуу чыга берген дешке мүмкүн эмес. Мындан тышкары, сюжеттин жеткиликтүү иштелбегендиги, каармандардын иш-аракетинин себеп-жүйөлөрү ар дайым эле деталдаштырылып көрсөтүлбөгөндүгү чыгарманын көркөмдүгүн итабар эле өксүтүп турат.

Элүүнчү жылдардын аягы — алтымышынчы жылдардын башында К. Баялинов тарыхый-революциялык темада «Боордоштор» аттуу роман жазып, анын биринчи китеби 1962-, ал эми экинчи китеби менен бириктирилип 1967-жылы жарык көрдү. Роман реалдуу тарыхый окуялардын негизинде жазылып, Мамбет Сүйүмбаев, Магаза Масанчин, Токаш Бокин, Амандык Ка́наев сыяктуу падышалык Россиянын Жети-Суу уездинде Совет бийлигин орнотууда жана чыңдоодо активдүү роль ойногон инсандар көрсөтүлөт. Бул окуяларга катышкан айрым адамдардын ысымдарын жазуучу чыгармага бир аз гана өзгөртүп киргизген. Мисалы, тарыхта белгилүү Рудольф Маречек чыгарманын башкы каармандарынын бири болуп эсептелет. Бирок анын ысмын автор Рудольф Рудоушек деп өзгөрткөн.

Тарыхый окуяларды көрсөтүүдө жазуучу реалдуулуктан алыстабагандыгы, тескерисинче, колдон келишинче

www.bizdin.kg

турмушка жакын болууга аракеттенгендиги көңүлдү бурат. Ошондуктан «Боордоштор» романы көп эпизоддорунда кадимки тарыхый хроникага кыйла эле жакын. Маселен, Верныйда (Алматы), Пржевальскиде (Каракол) Совет бийлигин орнотуу жана чыңдоо, Амандык, Рудольф, Мамбеттердин Кытайга барып, качкын кыргыздарды кайтаруу үчүн жүргүзгөн иштери тарыхтан алынган фактылар. Ушундай өзгөчөлүктөрү боюнча «Боордоштор» тарыхый роман десе жаңылыштык болбойт. Ошол эле учурда, тарыхый фактыларды мүмкүн болушунча толугураак баяндап берүү аракети чыгармада алардын өтө эле жыш жайгашуусуна алып келип, көркөм аңдап туюнуу жагына, концептуалдуулукка доо кетирип койгон.

Чех элинин уулу Рудольф Рудоушек көп жылдар бою турмуштан запкы тартып, революция жолу менен гана адилеттикке жетүүгө мүмкүн экен деген тыянакка келет. Ошондон кийин ал жумушчу кыймылына жакындашып, тагдырын күрөш менен байланыштырат. Романда Рудольфтун басып өткөн татаал жолу ишенимдүү көрсөтүлөт. Ал турмуштун кыйынчылыктарынан эч бир майтарылбаган темирдей эрктүү адам. Башкача айтканда, К. Баялинов Рудольфту идеалдуу каарман таризинде сыпаттоого аракет кылган. Ошону менен бирге, автор өзүнүн кейипкерин шөкөттөөдө белгилүү даражада бир жактуулукка жол берип койгондугу байкалат. Анткени жазуучу көбүнчө Рудольфтун башынан өткөн окуяларды, аралашкан иштерди көрсөтүүгө аракеттенген, ал эми кейипкердин пенделик ойсезимдерин, ички дүйнөсүн назарынан сырткары калтырып койгон.

Чыгармада Мамбет Сүйүмбаевдин образы маанилүү орун ээлейт. Анын турмуштагы жолу Момунбек сыяктуу жергиликтүү байлар менен кагылышуудан башталат. Сибирдеги, Россиянын башка аймактарындагы элдин жашоосун көрүшү, адамдар менен аралашуусу анын аң сезимин ойготот, революциячыл идеялар менен таанышуусуна өбөлгө түзөт. Жүрүп отуруп ал Орто Азияда Совет бийлигин орнотууга активдүү катышкан жетекчилердин даражасына чейин көтөрүлөт.

Романда Магаза Масанчиндин басып өткөн жолун көрсөтүүгө да кеңири орун берилген. Булардан тышкары,

www.bizdin.kg

«Боордоштор» романында Черный, Касаткин, медсестра Таня, Амандык, Токаш Бокин, эпизоддук каармандар Ыбырай, Иманбай, Арстан, Арзыгул, Момунбек, Иликбай, Райымкул, Амина, Павловдун образдары эсте каларлык жеке касиет-белгилерге эгедер. Чыгармада булардан башка да көп кейипкерлер бар. Бирок алар окурмандын эсинде сакталып каларлык кудуретке ээ эмес.

Чыгармачылыгынын соңку мезгилинде К. Баялинов өзү басып өткөн жолго, башынан кечирген окуяларга көбүрөөк кайрылып, жоон топ макала, эскерүү, очерктерди жараткан, болгондо да өзүнүн жаштык курагы, революцияга чейинки оор турмушу жана андан кийинки алгачкы жылдар тууралуу көбүрөөк сөз кылган. Ушул мезгилде жазуучунун калеминен жаралган ретроспективдүү чыгармаларынын эң көлөмдүүсү жана бараандуусу «Кыйын өткөөл» автобиографиялык повести.

1916-жылдагы геноцид окуялары дагы далай мезгилге чейин чыгармачыл интеллигенциянын көңүлүн өйүгөн жана көркөм андап туюнтууну талап кылган окуя болуп кала бермекчи. Анткени бул эбегейсиз трагедия кыргыз адабиятында ушул күнгө чейин жетишерлик даражада чагылдырылбай келүүдө. Арийне, мунун объективдүү жана субъективдүү себептери болгон. Учурунда, тоталитардык мамлекеттик идеологиянын үстөмдүгү өкүм сүргөн шартта опурталдуу бул темага ачык айтылбаган табу салынып келген. Экинчи жагынан, улуттук тарыхтагы бул чоң трагедия көркөм сөз чеберинен ошол тоодой дараметти талап кылган огеле татаал окуялардын катарына кирет.

«Кыйын өткөөл» автобиографиялык повестинде К. Баялинов өзүнүн балалык жана жаштык күндөрүнө кайрылган. Ал эми жазуучунун ушул гүлгүн курагы 1916-жылдагы үркүнгө, революция жана андан кийинки коогалуу мезгилге туура келген. Балким ошол себептен болсо керек, чыгарманын башкы каарманына адатта жаш адамдарга мүнөздүү болучу кубанычтуу, жаркын сезимдер эмес, тескерисинче көңүлдө терең орногон трагизм, муңдуу маанай мүнөздүү. Эл башына түшкөн эбегейсиз трагедия жазуучунун жүрөгүнө өчпөс так салып, өмүр бою анын көңүлүндө жашап калган сыяктуу. Бул жалаң гана «Кыйын өткөөл» повестиндеги маанай эмес, жазуучунун андан башка да бир

www.bizdin.kg

катар чыгармаларынан, жалпы эле чыгармачылыгынан ачык туюлуп турган касиет.

Массалык кыргын, ачарчылык, суук жана жугуштуу оорулар — тозок деп айтылчу нерсенин картинасын тартуу үчүн мындан башка дагы эмне керек? Повестте окурмандын көз алдына мына ушундай сүрөт тартылат. Мындай шартта кадимки адамдык түшүнүктөр, түйшүктөр кайдадыр арткы планга шиленип, кадимки турмушта караманча ойго келбеген жөн гана курсакты тойгузуу, оорудан же сууктан өлбөй тирүү калуу шекилденген иштер өтө кыйын маселеге айланып кеткен. Аны менен кошо адамдардагы ыйман жана абийир сыяктуу моралдык сапаттар бир жагынан дал-далы чыгып кыйраса, экинчи жагынан эч качан болуп көрбөгөндөй жогорку баага көтөрүлгөн. Жаш Касымаалы ушунун баарын башынан өткөрөт: арыпачат, суукка тоңот, өгөй энеси Чакилик, жеңеси Бүбүштүн эптеп жан сактоо үчүн пас жолго түшүшү, мунун тескерисинче, жалаң өзүнүн керт башы үчүн эмес, бүтүн үй-бүлөнү сактап калуунун камын ойлогон Сейилкандын акылмандыгы, бүлгүнгө учураган элди талап-тоногон Ырсалы байдын жырткычтыгы шекилденген түрдүү адамдык касиетсапаттарды жолуктурат. Бирок ушундай катаал турмуш баш каармандын боорукердик, кайрымдуулук, ал турмак ашыкча ишенчээктик сыяктуу касиеттерин өзгөртө албайт.

Чыгармада автордун жан дүйнөсүнүн биографиясы, турмушка карата түшүнүк, көз-карашынын калыптануусу, алгачкы махабат сезиминин ойгонушу жөнүндө көбүртүпжабыртуусуз, жөнөкөй гана баяндалат. «Сакып-Жамал айлыбыздагы кыздардын акылманы, өңдүү-түстүү сулуусу, — деп жазат автор өзү менен бирге чоңойгон кыз тууралуу,— улууну урматтап, кичүүнү сыйлап, кымырыныпкымтынып, ар кимге ар кандай мамиле кылган акылы мол, ак жуумал, жароокер, жакшы кыз эле. Кара көзүн мөлтүрөтүп, күлүңдөп, жагымдуу жайдары көзү менен адамга жаркылдай караганда кимдин болсо да жан жүрөгү коргошундай балкый турган. Ырга ышкыбоз, күүгө куштар, акындык таланты бар эле»[5]. Өкүнүчтүү жери, бул кыздын тагдыры патриархалдык коомдун катаал каадасалтынан кутула албайт. Он беш жашка жаңыдан толгондо кырчын талдай буралган Сакып-Жамал элүүдөн ашкан байга токолдукка сатылат, андан кийинки тагдыры да

www.bizdin.kg

кыйчалыштап, азаптуу турмуштан башы арылбайт. Автобиографиялык повесттин башкы каарманы канчалык азаптозокту басып өтсө да ушул кызга болгон арзуу сезимин эсинен чыгарбайт. Кийинчерээк, турмуш тынчыраак агымга түшүп, коомдон өз ордун тапкан учурда Касымаалы жаңы бийликтин жана мыйзамдын жардамы менен Сакып-Жамалды куткарып алыш үчүн атайын издеп барат. Бирок бир аз кечигип аракет жасаган экен — ал издеген адамын тирүү кезиктирбей жаңы гана көмүлгөн мүрзөсүнүн үстүнөн чыгат...

Повестте Сакып-Жамалдан башка да кыз-келиндердин тагдырлары тууралуу баяндалат, атап айтканда, Зулайка, Турсун Осмонова сыяктуу аялдардын жаңы түзүлүш орногонго чейин баштан кечирген тарткылыктары көрсөтүлөт.

Көркөм котормо — элдердин адабиятынын өз ара карым катышынын жана байышынын кубаттуу каражаты. Ал эми кыргыз адабияты сыяктуу кечигип өнүккөн адабияттар үчүн көркөм котормонун мааниси ого бетер чоң болору бүгүнкү күндө талаш туудурбаган акыйкат. Алгачкы муундагы кыргыз жазуучуларынын арасында дүйнөлүк жана орус адабиятын кыргызча сүйлөтүүгө аздыр-көптүр колкабыш кылбаганы жок болсо керек. Алардын арасында көркөм таржымал өнөрүндө бараандуу эмгек калтырып кеткендери да бар.

К. Баялинов төл башы калемгерлердин бири катарында көркөм котормо жаатында да алгачкылардан болуп кадам таштаган. Анын калеминен жаралган тунгуч котормо — М. Ю. Лермонтовдун «Үч курма» аттуу ыры. Атактуу орус акынынын бул ырынын кыргызча варианты 1926-жылы «Эркин-Тоо» газетасында жарык көргөн. Анын соңунан А. М. Горькийдин «Макар Чудра» аңгемесин кыргызчалаган (1927). Мындан кийин да жазуучу көркөм котормо жагында ишин уланта берген. Анын калеминен жаралган көркөм котормолордун эң эле көрүнүктүүсү деп А. С. Пушкиндин «Евгений Онегин» романын айтууга болот (1941). Ырас, орус адабиятындагы кайталангыс шедеврлердин бири эсептелген романды жаңыдан жазма адабий тил катарында калыптана баштаган кыргыз тилинде сүйлөтүүгө жасалган бул аракетти кынтыксыз десек аша чапкандык болор эле. Даңазалуу роман кийинчерээк баш-

www.bizdin.kg

ка авторлор тарабынан кайрадан которулганы муну кыйыр түрдө каңкуулап турат. Бирок мунун өзү К. Баялиновдун эмгеги текке кетти дегендикке караманча жатпайт, бир элдин адабий кыртышында жаралган жеткилең чыгармаларды жашоо-тиричилиги түп-тамырынан айырмаланган, тарыхый өнүгүштүн башка баскычында турган бөлөк бир элдин кыртышына жамалын өчүрбөй, гүлүн соолутпай көчүрүп өтүүнүн канчалык татаал жумуш экендигин айгинелеген факт болуп эсептелет.

Ошентип биз К. Баялиновдун эң орчундуу чыгармалары туурасында гана кыскача сөз кылдык. Жазуучунун калеминен жаралган мындан башка да повесть, очерк, макала, эскерүүлөрү аз эмес. Бөлүнгөн көлөмдүн чектелгендигине байланыштуу алардын баарына токтолууга мүмкүндүк болгон жок. Бирок төл башы калемгердин бүткүл чыгармачылыгын бириктирип турган идеялык багыт, пафос бул чакан макаланын алкагынан сырткары калган чыгармаларына да толугу менен тиешелүү. Алардын кайсынысында болбосун жазуучу жашаган доордун элеси тартылат, көйгөйлүү маселелери каралат. Бул чыгармалардан автор жаш кезинде күбө болгон улуу трагедия анын жүрөгүнө өчпөс так калтырганы ачык эле сезилип турат. Көңүлүндө жашап калган бул элес канчалык оор болсо жазуучу өзүнүн элине кайра жаралуу доорун ачкан революцияга ошончолук кубанган жана талант дараметинин жетишинче элдин руханий агарып-көгөрүшүнө кызмат кылууга аракеттенген.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] Бул жөнүндө кара: Түлөгабылов М. Касымалы Баялиновдун чыгармачылык жолу. — Ф.: Илим, 1966. 27-бет.

[2] *Жигитов С.* 20-жылдардагы кыргыз адабияты. — Ф.: Илим, 1984. 67—68-беттер.

[3] *Артыкбаев К.* Касымалы Баялиновдун чыгармачылыгы тууралуу айрым ойлор // Артыкбаев К. Ар түрдүү издер. — Ф.: Мектеп, 1968. 13-бет.

[4] *Баялинов К.* Курман жылга. — Фрунзе: Кыргызмамбас, 1960. 7-бет.

*Баялинов К.* Кыйын өткөөл. — Фрунзе: Мектеп, 1980. 21-бет.

www.bizdin.kg

## ТОКОМБАЕВ ААЛЫ

*(1904—1988)*

Падышалык Россияга колониялык көз карандылыктан жана өзгөчө 1916-жылдагы эбегейсиз трагедиядан кийин Октябрь революциясы кыргыз элинин тагдырындагы тарыхый бурулуш окуя болгон. Ал кыргыз элинин улут катарында кайра жаралуусуна, экономикалык жана социалдык турмуштун бардык тармактарда мурда болуп көрбөгөндөй чапчаңдык менен өнүгүшүнө жол ачкан. Тарыхый туюк кырдаалга кептелип тургандагы мындай күтүүсүз бурулуш кыргыз калкынын массалык аң-сезиминде чексиз кубаныч, энтузиазм жараткан. Муну Т. Сатылганов, Б. Алыкулов өңдүү төкмө, Тоголок Молдо, Ы. Шайбеков өңдүү жазма акындардын 1917-жылдагы революция жөнүндөгү кабарды жетине албай кабыл алышканы ачык-айкын көрсөтүп турат. Кыргыз элинин тарыхында жаңы доордун башталышына байланышкан бул сезимдер бир күндүк же кандайдыр бир кыска мөөнөттүк гана маанай эмес эле. Ал эсепсиз азап-тозоктон жабыркап бүткөн элдин аң-сезиминде дагы узак убакытка чейин терең толгонууларды жарата берген. Ошол эле революциянын шарапаты менен жаңы коомдук куруунун негизги багыттарынын бири катары жарыяланган маданий революциянын алкагында жаралган кыргыз жазма адабиятынын мазмуну, пафосу бул чындыктын айныгыс далили болуп бере алат. Ал өзүнүн алгачкы кадамынан тартып революциянын рупору катарында кызмат кылган. Кыргыздын алгачкы муундагы акын-жазуучулары революцияны куттуктап-кубатташкан, совет бийлигинин жана большевиктер партиясынын идеяларын элге таркатышкан, көчмөн

www.bizdin.kg

калайыкты түркөйлүктөн ойгонууга, илим-билимге умтулууга чакырышкан. Алгачкы кадамынан тартып ушундай социалдык проблематиканы аркалап чыгышын кыргыз жазма адабияты башынан эле «жумушчу табынын коомдук-саясий идеяларын жана философиялык көз караштарын чапчаң жана ишенимдүү таркатуучу партиялык курал»[1] катары жаралгандыгы менен гана түшүндүрүүгө болбойт. Жаңы, революциячыл мамлекет тарабынан мурдагы Россия империясынын артта калган колониясында жергиликтүү калктын тилинде түзүлө баштаган адабиятка биринчи кезекте ушундай функционалдык роль ыйгарылгандыгы азыр талаш туудурбаган акыйкат болуп калды. Бирок ал муундагы акын-жазуучулардын чыгармаларындагы жогоркудай маанайды түшүндүрүүчү дагы бир орчундуу жагдай — төлбашы калемгерлердин дээрлик бардыгы совет бийлиги орногонго чейин турмушунда көп запкы тарткан жана революциянын шарапаты аркасында гана «социалдык карыпчылыктан кутулуп, жаңыча өмүр сүрүү, билим алуу, өнөр үйрөнүү мүмкүнчүлүктөрүнө»[2] ээ болушкан. Ошон үчүн алар өздөрүнүн жеке тагдырын түп-тамырынан өзгөрткөн революциянын идеяларын терең ишеним менен кабыл алышкан жана аларды чын дилинен, күчтүү сезим менен, чыгармачылык дареметин аябастан даңазалашкан. Бул идеялар алардын турмуштук ишенимине айланган жана бүткүл чыгармачылыктын өзөгүн, пафосун түзгөн. Мына ушул акыйкат чыгармачылыгынан кашкайып көрүнүп турган калемгер — Аалы Токомбаев.

А. Токомбаевдин чыгармачылыгы Ташкен шаарында Орто Азия коммунисттик университетинде окуп жүргөн кезегинде башталган. 1923--жылы анын «Биринчи строфа» жана «Эски чоң» аттуу ырлары ошол окуу жайында чыгарылуучу «Интернационал» журналына, ал эми «Курманбек» эпосунун ыр жана кара сөз түрүндө жазылган кыскача версиясы «Шолпан» журналына казак тилинде жарыяланган. Үркүн учурунда тарткан азаптары жүрөгүнө өчпөс так салган студент Аалы 1924-жылы В. И. Лениндин өлүмү жөнүндөгү кабарды өзгөчө катуу кабыл алган. Натыйжада ал жалаң ушул гана темада эки дептерге толтура ыр жазып, алар кийинчерээк, 1927-жылы «Ленин тууралуу» деген ат менен өзүнчө жыйнак түрүндө басы-

www.bizdin.kg

лып чыккан. Акырында, А. Токомбаевдин чыгармачылык жолунун башталышы жөнүндө сөз кылганда 1924-жылы 7-ноябрда кыргыз тилиндеги туңгуч газета «Эркин-Тоонун» биринчи санына жарыяланган «Октябрдын келген кези» аттуу ыры жөнүндө айтпай кетүүгө болбойт. Анткени бул ырдын өзгөчө адабий тагдыры бар. Көп жылдар бою ал кыргыз жазма адабиятындагы туңгуч чыгарма катары эсептелип келген. Кийинчерээк, кыргыз жазма адабиятынын башталыш мезгили боюнча изилдөөлөрдүн тереңдеши менен гана ага чейин да кыргыз тилинде көптөгөн көркөм чыгармалар жаралгандыгы айкын болду.

Чыгармачылык жолунун башында А. Токомбаев негизинен поэзия жанрында эмгектенип, он жылга жакын мезгилде «Аял айнеги» (1929, Б. Кененсариев менен бирдикте), «Атака», «Эмгек гүлү» (1932) аттуу ыр жыйнактарын жарыкка чыгарды.

Ал эми мазмуну боюнча А. Токомбаевдин бул жылдардагы поэзиясы үгүт жана пропаганда мүнөзүндө болуп, Октябрь революциясын куттуктаган, Ленинди, партияны даңазалаган, элди тарыхый уйкудан ойгонууга, билимге умтулууга, өз таламын талашууга үндөгөн ырлардан турган. Акындын «Алгачкы строфа» аттуу биринчи ырынан эле муну ачык көрүүгө болот:

Ала-Тоо, жериң салкын,
Билимсиз сенин калкың.
Ала-Тоо жериң алтын
Биле элек элиң баркын.

Ала-Тоо, жериң салкын,
Билимдүү болсун калкың!
Ала-Тоо жериң алтын,
Ээлесин кедей калкың.

Адеп эле байкалган нерсе, ырдын формасы өтө жөнөкөй, көркөмдүк жагы да огеле жупуну. Бирок андан көркөм чыгармачылыкка алгачкы кадамын шилтеген жаш адамдын акыл-оюнун багыты, маанайы ачык сезилип турат. Автор кыргыз элинин түркөйлүгү, аң-сезими ойгоно электиги, билим алуу зарылдыгы тууралуу айтып жатат. Алыскы шаарга келип, университетте окуп жаткан жаш адам

www.bizdin.kg

алгачкы ырында ушул жөнүндө жазышы табигый нерсе го. Ырда айтылган дагы бир ой окуган адамдын көңүлүн бурат. Ал — Ала-Тоонун «алтын жерин» автор бүт бойдон жалаң гана кедей калкына ыйгарышы. Демек, жаш студент лакап болгон таптык идея жөнүндө кабары бар, алтурмак аны ишеним катары кабыл ала баштаган. Мында таң кала турган эч нерсе жок. Үркүн учурунда тозоктун оозуна барып келген Токомбаевде окууга революция идеялары болгон. Бул идеялар анын жеке тагдырындагы ажайып бурулуш менен ассоциацияланган, азаптын чеңгелинен сууруп чыккан эбегейсиз күч менен байланыштырылган. Ошон үчүн көркөм чыгармачылыкка ынтызарланган жаш калемгер аларды диний түшүнүктөр сыяктуу терең ишеним менен кабыл алган, дараметинин жетишинче даңазалоого, жар салууга аракеттенген:

Октябрь күлүмсүрөп келген кези,
Энчисин өз-өзүнө берген кези.
Мурунку чынжыр курган душмандарды
Ичинен кедей таптын терген кези.

Жашасын ленинизм түзгөн жолу!
Жоголсун караңгынын курган тору!
Жолуна Октябрдын кедей түшүп
Жетишсин муратына сунган колу!

Албетте, жаш акындын акыл-оюнда маанилүү орун ээлеген нерсе В. И. Лениндин элеси болучу. Анын өлүмү жөнүндөгү кабарды акын кандай кабыл алгандыгы тууралуу жогору жакта айтылды. Бирок жан дүйнөсүн мынчалык катуу дүргүткөн сезимдерди берүүгө келгенде калемгердин көркөм чебердиги ченелүү эле. Бул акыйкат «Ленин тууралуу» наамындагы туңгуч жыйгакты түзгөн ырлардан ачык байкалып турат. Алар кадимки элдик оозеки поэзиянын салттуу үлгүсүндө, жоктоо ырларынын, кошоктун, эпикалык баяндоонун ыкмасына салынып жазылган. Жаш акын Октябрь революциясынын уюштуруучусун баатыр, шумкар, чырак сыяктанган эпитеттер менен мүнөздөйт, арстанга, чынарга, жарык жолго салыштырат. Албетте, чыгармачылыкка жаңыдан гана кадам койгон талапкер революциянын маанисин, анын жол башчысы-

www.bizdin.kg

нын ордун ушундай ыкмада жана формада ырга салышы табигый көрүнүш эле. Анткени калемгер ал мезгилде, өзү өсүп чыккан элдик көркөм аң сезимдин кыртышынан ажырай элек чагы болучу. Бирок А. Токомбаевдин бул ырлары мазмуну жана формасы жагынан жупуну болсо да жыйнак бүт бойдон бир гана темага, болгондо да бир адамга арналышы көңүл бурат. Мунун өзү жыйнак авторунун В. И. Лениндин керт башына, анын тарыхый фигурасына жасаган өзгөчө мамилесин, канчалык зор маани бергендигин айгинелеп турат. Акын чыгармачылыгынын кийинки мезгилдеринде да бул темага көп кайрылган. Ар кайсы мезгилде жазылган бул ырлардын көркөмдүкуну бирдей эмес. Бирок аларды бириктирип турган бир касиет бар. Автор өз каарманына артыкча күчтүү сезим менен, ашкере патетикалуу мамиле жасайт. Анын түшүнүгү боюнча бул дүйнөдө Ленинге тең келүүчү акылман же ага салыштырууга арзый турган көрүнүш жок, ал «жерге келген баш адам», «ааламда жок күнгө тете башка күн», анын элесин өзүнө төп келгендей тартып берүүгө жарактуу сөздөрдү табууга мүмкүн эмес:

Эпитет көп, эпикалык алп да көп,
Салыштырып мүмкүн эмес, теңи жок.
Эвересттей бийик десек болобу?
Аалам үчүн ал бир кыпын эби жок.
Океандай терең десек болобу?
Анын дагы өлчөнбөгөн жери жок.
Лениндин идеясы өлчөмсүз,
Аба, суудай ал түбөлүк, чеги жок!

А. Токомбаевдин чыгармачылыгынын башталышы биздин өлкөнүн тарыхындагы өзгөчө татаал, драмалуу мезгилге туш келген. Бүткүл адамзаттын жыйырманчы кылымдагы тарыхына эбегейсиз күчтүү таасир тийгизген бул окуялар ошол тушта жашаган муундардын, ар бир адамдын тагдырына терең из салган. Бул окуяларга караманча аралашпай, жок эле дегенде алардын серпиндисине чарпылбай калууга таптакыр мүмкүн эмес болучу. Ал эми пролетардык бийлик өзү багып каккан, тарбиялап жетилткен А. Токомбаев коогалуу ал замандагы иштерден каалаган күндө да четте кала алмак эмес. Чыгармачылыгынын

www.bizdin.kg

соңку өнүгүшү айгине кылгандай, ал кездеги жаш талапкерге андай ой келбесе да керек.

Ушул жүрөк
Жаралбаган жан үчүн.
Ал жаралган
Пролетарчыл тап үчүн, —

деп жазганына караганда ал өзүнүн керт башын, жеке тагдырын революциянын ишинен сырткары элестетпеген шекилдүү. Ошон үчүн акыл сезими ойлонуп, колуна калем кармаган күндөн тартып жаш акын өзүн жаңы бийликтин жоокери деп билип, жүрүп жаткан айыгышкан күрөштө ушул тариздe озуйпа өтөөгө ашыкты:

Жазамын мен
Бардык демим түткөнчө,
Оттой жалын
Жүрөктөгү бүткөнчө.
Бардык күчүм
Пролетардык жеңишке,
Ачам, жазам
Табытымды күткөнчө!..

Жыйырманчы-отузунчу жылдарда революция, тап күрөшү поэзиядагы эң негизги тема болгон. Ошон үчүн биринчи муундагы кыргыз акындарынын арасында бул темада ыр жазбагандары жок. Бирок ошолордун тобунда А. Токомбаевдин ушул темадагы ырлары өзгөчөлөнүп турат. Биринчиден, бул темадагы ырлар башкаларыныкына салыштырганда А. Токомбаевдин чыгармачылыгында көбүрөөк орун ээлейт. Экинчи маанилүү жагдай ырлардын санына эмес, мазмунуна, алардагы автордун позициясына байланыштуу. А. Токомбаев бул күрөштү ырайым билбеген, айыгышкан күрөш деп түшүнөт жана дал ушул жагдайга дайыма басым коет. Анын бул күрөштөгү позициясы радикалдуу, элдешпес, алтургай агрессивдүү. Ошон үчүн акын ырларында «ок», «курал», «душман», «кан», «өлүм» сыяктуу сөздөр көп учурайт. «Көрсөм экен, байманаптын өлгөнүн»,— деп жазат акын ачык эле. Анын темпераментине флегматизм, нейтралдуу жайдарылык таптакыр жат. Ал күрөштүн кырчылдашкан жеринде болууну көксөйт, ошол жакка умтулат:

www.bizdin.kg

Мен дүрмөтмүн
Тим турбаймын атылбай,
Партиячыл
Комсомолдо өскөмүн
Мен күрөшкө
Туралбаймын катылбай.

Ал тап идеясына баш-оту менен берилгендиктен таптар ортосундагы күрөштү турмуштагы эң башкы нерсе деп түшүнгөн шекилдүү. Андыктан бул күрөштө өмүрүн курман кылууга да кайыл:

Жаш күчүмдү чоң майданга жумшасам
Арманым жок табым үчүн өлгөнүм.

Аалы Токомбаев поэтикалык чыгармаларында ашынган идеологиялык жоокер болуп чыгышынын дагы бир объективдүү себеби бар. Ал Ташкен шаарынан коммунисттик университетти, ошол университеттин идеологиялык кызматкерлерди даярдоочу факультетин бүтүргөн. Окуусу бүтүп келери менен эле А. Токомбаев «Эркин Тоо» газетасына, Кыргыз мамлекеттик басмасына, башкача айтканда, идеологиялык органдарга жетекчи кызматтарга коюлган. 1932-жылы Кыргызстан жазуучулар союзунун уюштуруу комитетине төрага болуп дайындалган, кийин көп жылдар бою ушул союзду башкарып турган. Же болбосо Токомбаев өзүнүн билими, кесиби боюнча идеологиялык кызматкер болгон. Арийне, бул жагдай анын аң сезиминин, дүйнөгө көз карашынын калыптанышында жана өсүп-өрчүшүндө чечүүчү роль ойногон. Ошон үчүн анын поэзиясында революция, тап, Ленин, партия темасындагы чыгармалар басымдуу орун ээлейт. А. Токомбаев өзүнүн көркөм чыгармачылыгында да биринчи кезекте идеологдун милдетин өтөгөн. Акын көркөм адабияттын коомдо аткарган вазипасын ушундайча түшүнүп, өзү гана эмес, башкалардан да ушуну талап кылган:

Сен жазбагын, мен укпайын
Санаа жеңген катыңды.
Тап деп ырда, тап деп кыйнал
Тап деп айткын датыңды.

www.bizdin.kg

Акырында, А. Токомбаев өзүнүн туулган күнү катары Октябрь революциясы ишке ашкан күн — 7-ноябрды, ал эми адабий псевдоним катарында пролетариат табынын символу — балканы тандап алышы бекеринен эмес.

А. Токомбаев көркөм өнөрдү, анын ичинде поэзияны биринчи кезекте тап күрөшүнүн куралы, шайманы деп түшүнгөн (В. И. Лениндин партиялык адабият жөнүндөгү белгилүү макаласын көңүлгө түйсөк мындай көз караштын башаты кайда жатканын болжош кыйын эмес). Бу туурасында анын «Поэзия» аттуу программалык мүнөздөгү ырында айтылат. «Поэзия, деп жазат автор, ар башка заманда падыша, кандарга, баатырларга курал болуп келген. Учурунда байларды жактаган акындар өткөн замандарды самап, улутчул ырларды ырдашкан. Эзилгендер теңдигине жеткенде «Жат акындар жан талаша туйлашты», «боло албайм» деп өксөп, онтоп ыйлашты». Бүгүнкү, жаңы искусствону акын пролетариаттын жарагы деп жарыялайт:

Биздин ырлар —
коммунисттин жарагы.
Алай, Алтай, Тянь-Шанга тарады.
Эски чирик
Душман ырын уккан эл
Бүгүн биздин
Чыгармага карады.
Биздин ырлар таптын туусун ыргашат,
Биздин жаштар пролетарча ырдашат.

Мезгилдин өтүшү менен совет мамлекетинде социалдык-саясий жагдай өзгөрүп турганы тарыхтан белгилүү. Мындай өзгөрүүлөр коом турмушуна активдүү катышкан акындын чыгармачылыгынан чагылбай коймок эмес. Айткандай эле, акындын позициясы өлкөдөгү шарт-жагдайга жараша белгилүү эволюция жолу менен жүрүп отурган. Муну акындын калеминен ар кайсы мезгилде жаралган ырлардын тематикасынан эле таасын байкоого болот. Маселен, отузунчу жылдардын башынан тарта акындын чыгармачылыгында тап күрөшү темасындагы ырлар азайып, социалисттик турмуш, эмгек, өндүрүш, билим берүү темасындагы ырлар көбүрөөк орун ээлей баштайт. «Кыргызстан», «Даңк», «Фабрик», «Атка минер», «Бригадирдин

www.bizdin.kg

ыры», «Ташчылар ыры» өңдөнгөн чыгармалар ушул жылдарда жазылган. Акын балдар үчүн жоон топ ырлар жазган. Бул ырлар дагы жөн жеринен эмес, практикалык зарылдыктан улам, атап айтканда, республикадагы билим берүү ишинин муктаждыгы үчүн жазылган деп болжоого негиз бар.

Отузунчу жылдардын ортосунан тартып А. Токомбаев өмүр жана өлүм, сүйүү жана турмуш сыяктуу түбөлүк темаларга кайрыла баштаган. Бул жылдарда акындын каleминен «Жооп кат», «Телефондон алымсынбайм сөзүңө», «Дайым көрүп уксам деймин сөзүңдү», «Экөө», «Унут дедиң», «Эскерем», «Сизге», «Эмне үчүн?» «Элестетем», «Түбөлүк деп түшүнбө» сыяктуу махабат темасындагы, «Портрет», «Кыялды тандаганда», «Турмуш араба», «Ким билет», «Унчукпасам улутунуп зерикпе...», «Үч суроо», «Тил алса», «Үч чындык», «Адамзат», «Учур мени» шекилденген адам жана турмуш жөнүндө ой жүгүртүүлөрдөн турган ырлар жаралган.

Согуш учурунда А. Токомбаев бардык кыргыз акындарындай эле негизинен патриоттук темадагы ырларды жазган. Согуштан кийинки мезгилде эл чарбасын калыбына келтирүү, тынчтыкты коргоо, социалисттик өлкөлөрдү колдоо сыяктуу өз учурундагы актуалдуу темаларга кайрылып турган жана чыгармачылыгынын бардык этаптарында, өмүрүнүн акырына чейин В. И. Ленин, коммунисттик партия жөнүндө ырларды жарата берген. Ошондуктан бул эки тема акындын бүткүл чыгармачылыгынын өзөк темалары, лейтмотиви десек жаңылыштык болбойт. Калемгердин чыгармачылыгындагы мына ушул доминантаны адабиятчылар К. Артыкбаев «Изденүүлөр жана табылгалар» аттуу эмгегинин[3] «Поэзиядагы эң башкы тема» аттуу главасында, М. Мамыров «Акындын түгөнбөгөн түбөлүктүү темасы» наамындагы макаласында[4] ынанымдуу көрсөтүшкөн.

Акындын чыгармачылыгындагы ушундай ориентация жеке пенделик тагдыр, аеолуу сезимдер тууарасында баяндаган ырларында да ачык эле байкалып турат. Кызык жери, жеке тагдыр жана коомдук кызыкчылыктар ортосундагы карама-каршылык темасы акындын жаш кезиндеги, тагыраак айтсак, отузунчу жылдардын башындагы

www.bizdin.kg

ырларында кыйла кездешет. Ушул ырлардын баарында акын өзүнүн адамдык сезимдерин, мүдөөлөрүн коомдук иши үчүн, күрөш үчүн «курмандык чалат». Жогору жакта Ж. Турусбековдун катына жооп иретинде жазылган ырынан келтирилген строфа буга ачык мисал.

«Бул жарабайт мен-мен деген!
Ойлон, от кеч эл үчүн!—

дейт акын ошол эле ырында.

Акындын башынан өткөн ушул сыяктуу ички драмага ошол мезгилге таандык «Эсимде» аттуу дагы бир ыры жакшы мисал боло алат. Ырда өзүнө кымбат бир адам менен коштошкон жаздын кечи эскерилет. Бул ажырашуу лирикалык каарман үчүн жеңилге турбаса керек, себеби ал «көзү жайнап», бетинде «нур ойногон» адамынын жанынан өзүн зордоп, араң эле алып кетет. Автор муну «Мен өзүмдү арестанттай айдагам» — деп, ошол доордун духуна ылайык абдан элестүү туюндурат.

Ат жалында жамгыр жаштай тамчылап
Менде жүрөк талый жаздап кансырап.
Ат сүрүнүп ала-сала бергенде,
Эсти жыйгам, баратыпмын алсырап,—

деп сүрөттөйт автор ошондогу оор абалын. Ушул жерден каарман эсин жыйып, акыл токтоткону айтылат. Ал өзүнүн ыйлап турган көңүлүн бардык болгон талант-жөндөмүмдү тап үчүн курман кылам деген ой менен сооротот! Мындан бир көз ирмем мурда бүткүл жан дүйнөсүн бийлеп кеткен жаштыкты «жаштыктын жиндилиги» деп түшүнүп, кайра ага күлкүсү келет! Кайрадан чыйралып, кайраттанып, келечекке карай чечкиндүү кадам коет:

Мен бараткан табым үчүн так басып,
Жаштык экен санаалаткан дат басып,
Мына бүгүн төңкөрүштүн жолунда
«Курманымын!» деп олтурамын кат жазып!

Керт баш үчүн жаралбаппыс түшүндүм,
Күрөш үчүн жаралыппыс түшүнгүн!
Эл милдети каамытталып турганда,
Талапкерим, экинчиге түкүргүн!!!

www.bizdin.kg

Биз жаштарга үлгү болуп кармаштык
Ата-журттун алган ишин жалгаштык.
Мен армандуу, сен да калдың армандуу
Өзүбүздү эл сүйүүгө алмаштык!

Мына бүгүн мен Москванын кечинде,
Булуттардын өрттөй болгон кезинде
Бүгүн батса эртең чыгат жаркырап
О, махабат, кош дегеним эсимде.

Мына ушундай альтернатива! Махабат бүгүн батса эртең кайра чыгат, адам керт башы үчүн эмес, күрөш үчүн жаралат. Адам өмүрүнүн эң эле бийик маңыз, максаты — өзүн төңкөрүш жолунда курман кылуу. Мындай ойлор 1930-жылы жазылган бир топ ырларында жолугат. Андан кийинки мезгилге таандык ырларда адам турмушундагы эки негизги нерсенин бирин тандоого байланышкан ички күрөш, драматизм учурабайт. Демек, акын өзү үчүн приоритеттерди биротоло тандап алган.

Бул өзгөчөлүк А. Токомбаевдин поэзиясынын жалпы эле чыгармачылыгынын антологиялык маңызын түзөт. Мындай касиет акындын согуш темасындагы лирикасында өзүнчө бир кырынан ачылып көрүнөт.

Улуу Ата мекендик согуш биздин мамлекет үчүн канчалык оор сыноо болгонун айтып отуруунун зарылдыгы жок. Ошону менен бирге согуш миллиондогон адамдардын жеке турмушуна да эсепсиз кайгы-муң алып келген. Өлкөнүн тарыхындагы бул трагедиялуу окуянын татаал кырлары советтик адабиятта кеңири чагылдырылганы белгилүү. А. Токомбаев да бул темада аз эмес ырларды жараткан. Эмесе, калемгер согушту кайсы ырынан көргөн? Ушул татаал окуяга карата мамиледен да акындын чыгармачылык почеркинин өзгөчөлүгү алаканга салгандай көрүнүп турат.

Көздүн нуру, жүрөгүмдүн кубаты
Бар кулунум, аттандырдым аскерге!
Адам чиркин качан болсо бир өлөт,
Өлсөң дагы кул болбогун жат элге.

«Алкоо» деген ыр ушундайча башталат. Ыр аскерге жөнөп жаткан баласына атасынын кайрылуусу формасын-

www.bizdin.kg

да жазылган. Албетте, атасы үчүн жалгыз уулу «көздүн нуру», «жүрөктүн кубаты» экени чын. Бирок эмне үчүн баласын ушундай опурталдуу ишке узатып жатып, атасы дароо эле өлүм жөнүндө оозанат? Тескерисинче, ал кандан бүткөн перзентине мындай жаман тагдыр жөнүндө айтмак турсун ойлоодон да качууга тийиш эле го? Мейли, ата-журт алдындагы парз, эр жигиттин милдети тууралуу айтсын. Ошол эле учурда жалгыз уулу үчүн кабыргасы кайышып, майданда этият болушун суранышы, анын амандыгын кудайдан тилеши нукура аталык сезимге жакын болмок. Бирок бул шекилдеги ар бир адамга тиешелүү жөнөкөй жана табигый сезимдер ырда чагылган эмес. Анткени ыр башкача логика боюнча курулган. Акындын лирикалык каарманы уулуна трлган жердин, тоонун, суунун көркү, кымбаттыгы тууралуу узун сабак сөз айтат. Анын сөздөрү күчтүү сезимге, бийик пафоско сугарылган. Ошол строфалардын бирин мисалга келтирели:

Көрчү тигил көк тиреген зоолорду,
Атам менен аталаштай көрүнөт.
Алыс кетсем мен адашкан баладай
Кылчактаймын, кылгырып жаш төгүлөт.

Эмне деген ысык сезим! Каармандын трлган жерге деген сүйүүсү кандай күчтүү! Бирок «көк тиреген зоолордон» алыс кетсе эле көзүнүн жашы көлдөгөн каарман негедир жалгыз баласы кандуу майданга аттанып жатканда анча деле капа болгону байкалбайт. Атүгүл көзгө басар уулу «жат элге кул болгондон» көрө өлгөнүнө күн мурунтан эле кайыл. Ырас, ырдын соңку строфаларынын биринде «Жалгызымсың, жеңил эмес мен үчүн» деген сап бар. «Баргым келет ажырабай сен менен, Мезгилимден өтүп кеткен экемин»,— дейт каарман. Анын аталык сезими ушул сөздөр менен гана чектелет.

Табигый суроо туулат. Туулган жердин топурагын, тоолорун, сууларын көргөндө сезими алоолонгон бул адам эмне үчүн жалгыз баласына мынчалык салкын мамиле жасайт? Дегеле бул ырда драмалуу кырдаалдын, эң кымбат адам менен ажырашуу, балким биротоло ажырашуу кырдаалынын чындыгы барбы? Биздин оюбузча, кептин баары ырдын жазылыш максатында, бул ырында автор эмнени ай-

www.bizdin.kg

тууну көздөп жатат — кеп мына ушунда. Ал эми автор бул ырды жалгыз уулун майданга жөнөтүп жаткан карыянын абалын көрсөтүш үчүн, ошол мезгилде турмушта эң эле көп учурап жаткан адамдык, аталык чыныгы драманы чагылдырыш үчүн жазбастан, таптакыр башка, караманча практикалык максатты көздөп жазган. Ал максат — калың калайыкты фашисттик баскынчыларга каршы күрөшкө үгүттөө, ошол тапта бүткүл өлкөдө элди согушка мобилизациялоо боюнча жүрүп жаткан пропагандалык өнөктүккө үн кошуу. Ырдын поэтикасы бүт бойдон ушул максатка баш ийдирилген. Атасы кара чечекей баласынын майданда курман болушуна күн мурунтан эле кайыл болуп жатышы ошондон. Каардуу согушта биздин өлкө жеңип чыгыш үчүн ар бир жоокер жанын аябай салгылашуусу керек эле. Мамлекеттик пропаганда элди ушундай маанайга үндөөгө тийиш болчу. Ал эми ырдагы лирикалык каармандын адамдык, аталык сезимдери көмөкчү, турмуш чындыгына окшош кырдаал түзүүгө жардам берүүчү декорация катарында гана кызмат аткарат. Карыянын патриоттук сезими өтө эле ташкындап, аталык сезими ашкере солгун болуп жатышы ушуну менен түшүндүрүлөт.

Алгачкы муундагы бардык кыргыз калемгерлери сыяктуу эле А. Токомбаевдин чыгармачылык диапазону абдан кеңири. Лирикалык ырлардан сырткары ал узак чыгармачылык жолунда жыйырма чакты поэма, ыр менен жазылган роман, жоон топ прозалык чыгарма жана бир нече драма жараткан. Ошентип, жазуучу кыргыздын жаш жазма адабиятынын пайдубалын түптөөгө кайратмандык менен кызмат өтөп, көп кырдуу көркөм мурас калтырып кеткен. Ошону менен бирге, анын ар кайсы мезгилде, ар түрдүү жанрларда жараткан көп сандаган чыгармаларын баш коштуруп турган жалпы касиет бар экендигин байкабай коюуга болбойт. Ал касиет — автор ушул чыгармаларында берүүгө умтулган идея, алардын бардыгын бириктирип турган пафосу. Калемгердин бардык чыгармаларынын өзөгүн түзгөн пафос — өткөн кылымда, тагыраак айтканда, 1917-жылдагы революциядан кийин кыргыз элинин тагдырында болгон бурулушту даңазалоо, эл турмушунда эбегейсиз чапчаңдык менен болгон өзгөрүүлөрдү жар салуу.

www.bizdin.kg

Аалы Токомбаев поэма жанрына эрте кайрылып, 1926-жылы «Акылбай менен Калыйпа», «Жетим менен сыйкырчы», 1928-жылы «Эшим жетим», 1929—30-жылдары «Туткун Марат» жана «Бермет» аттуу чыгармаларды жазган. Булардын ичинен «Акылбай менен Калыйпа», «Бермет» поэмалары аялдар азаттыгына арналса, «Эшим жетимде» өткөн заманда эзилген бей-бечаралар революциянын шарапаты менен турмуштан өз ордун табышы, «Туткун Марат» чыгармасында капиталисттик өлкөлөрдө жумушчу табынын эзилип жатышы тууралуу баяндалат. Ал эми «Жетим менен сыйкырчыда» автор фольклордук сюжетке кайрылган. Бирок анда да бей-бечаралардын эзүүдөн кутулуу темасы борбордук орунду ээлейт. Көрүнүп тургандай, поэмалардын бардыгы ошол учурдагы актуалдуу темаларга арналып акындын лирикалык ырлары менен көп жагынан үндөш. Аталган поэмалар көркөмдүк жагынан кыйла эле жармач экендигин да айта кеткенибиз абзел.

Жогорудагыдай эле зарылдыктан улам учур талабына жооп иретинде А. Токомбаев согуш жылдарында «28 баатыр» поэмасын жазган. Чыгарма «Манас» эпосунун мотивинде жазылып, душманга каршы айыгышкан салгылаштагы советтик жоокерлердин теңдешсиз эрдиги даңазаланат.

1950—60-жылдарда А. Токомбаев «Өз көзүм менен» (1952), «Майлыбай» (1953), «Менин метрикам» (1955), «Ак сулуунун айынан» («Комуз күүсү») (1960), поэмаларын жаратты жана ыр менен жазылган «Кандуу жылдар» («Таң алдында») романынын жаңы вариантын жарыялады. Мындан тышкары, отузунчу жылдардын аягында жазылган «Таалай издеген индус» дастанын кайрадан оңдоп, жарыкка чыгарды. Ал эми жетимишинчи жылдардын экинчи жарымында акын «Кызыл мүштөк», «Жандуу тарых», «Көчкү», «Телки», «Айкүмүш», поэмаларын жаратты.

Саналып өткөн чыгармалардын ичинен «Өз көзүм менен», «Майлыбай» жана «Менин метрикам» поэмалары мазмуну жагынан кыйла жакын. Аларда автор кыргыз элинин турмушу түп тамырынан өзгөрүшүн көрсөтүүнү көздөгөн. Ошону менен катар бул чыгармалардын ар бири

www.bizdin.kg

көркөмдүк түзүлүшү, композициясы жагынан кайталангыс өзгөчөлүктөргө эгедер. Мисалы, «Майлыбай» поэмасы ачарчылыктын азабын чогуу баштан өткөргөн адамдардын капилет жолугушуусу түрүндө курулган. Алар бирге көргөн кыйынчылыктарды эскерип, жаңырган турмуш жөнүндө кубанып сөз кылышат. Ал эми «Менин метрикам» каармандын биографиясынын бир гана фактысы — туулган датасынын тегерегинде курулган. Анын туулган күнү, мезгили, алтургай жылы да белгисиз. Ушунун өзү эле өткөн заманда өкүм сүргөн караңгылыкты мүнөздөөчү элестүү деталь. Каарман өзүнүн туулган датасын аныктоого жасаган аракети поэманын сюжетин түзөт. Ал эми «Өз көзүм менен» поэмасы кыргыз жергесинде айыл чарбасын коллективдештирүү окуяларын чагылдырып, мазмуну боюнча А. Твардовскийдин «Муравия өлкөсү» аттуу белгилүү поэмасына жакын. Талыкпаган эмгек менен турмушун оңдоп алган адамдар үчүн мээнетинен жаралган менчик оокатынан баш тартып, биргелешкен чарбага кошулуу оңойго турган эмес. Поэмада мээнеткеч дыйкан Нурбайдын ушул кырдаалдагы ички олку-солкулугу, драмасы ишенимдүү көрсөтүлгөн.

А. Токомбаев кыргыз адабиятында роман жанрына алгачкы чыйыр салгандардын катарында болгон. Өткөн кылымдын отузунчу жылдарынын ортосунда М. Элебаев, Т. Сыдыкбеков, К. Жантөшев менен катар ал ушул багытта алгачкылардан болуп кадам таштап, «Кандуу жылдар» романынын биринчи бөлүгүн (1935) жарыкка чыгарган. Аталган үч калемгерден айырмаланып, ал өзүнүн романын ыр менен жазган. «Кандуу жылдардын» кийинки бөлүктөрү 1937- жана 1940-жылдарда жарыяланган. Ал эми «Таң алдында» аттуу экинчи бөлүгү 1947-жылы басылып чыккан.

Кыргыз элинин тарыхындагы зор трагедияны — 1916-жылдагы геноцид окуяларын чагылдырган бул чыгарма сынчылар арасында түрдүү пикирлерди жараткан. Алардын арасында автордун адресине идеялык мааниде олуттуу доомат койгондору да болгон. Айтылган пикирлерди эске алып А. Токомбаев романды кайрадан иштеп чыгып, 1962-жылы «Таң алдында» деген аталыш менен жарыялаган. Ошентип, романдын жаралыш тарыхы отуз жылга

www.bizdin.kg

жакын убакытты камтыйт. Анын мынчалык узак убакытты камтышы, ошондой эле карама-каршы пикирлерди жаратышы бир чети 1916-жылдагы окуяларды көркөм аңдап түюнуунун татаалдыгына байланыштуу болсо, экинчи жагынан тоталитардык түзүлүш шартында адабият мамлекеттик идеологиянын катуу кысымында тургандыгы менен шартталган эле.

Роман өз ара тыгыз байланышкан эки бөлүктөн туруп, биринчиде элдик көтөрүлүштүн чыгыш себептери, жүрүшү жана жеңилиши, калайык бөтөн жерге качуусу баяндалса, экинчи бөлүмдө качкындардын кытай жеринде тарткан азаптары жана кайрадан мекенине кайтып келиши көрсөтүлөт.

Жыйырманчы кылымдын башында Россия империясынын колониалдык саясаты көчмөн кыргыздардын абалын оордотуп жиберген эле. Көбүнчө бай-манаптар катмарынан шайланган жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнүн залимдиги буга кошул-ташыл болгон. Ошол убакта биринчи дүйнөлүк согушка катышып жаткан Россия падышалыгынын жергиликтүү калктын өкүлдөрүн аскер кызматына алуу жөнүндөгү чечими элдин наразычылыгы биротоло ачыкка чыгышына алып келген. Бул чечим караңгы калк арасында наразылык пайда кылышынын өзүнчө себептери бар эле. Падыша өкмөтүнүн атайын инструкциясы боюнча жергиликтүү элдин айрым категориялары: молдолор, имамдар, мударистер, дворяндык укугу барлар, укумтукумунан бери кадырлуу кишилер аскер милдетинен бошотулган. Буга кошумча, колунда барлар акча төлөп, өзүнүн ордуна башка бирөөлөрдү аскерге жибериүүгө уруксаат берилген. Мындай мүмкүнчүлүктү бай-манаптар гана пайдалана алышмак. Ушунун баары биригип келип көтөрүлүштүн чыгышына себеп болгон.

«Таң алдында» романында тарыхый бул окуянын чыгыш жагдайлары жана жүрүшү турмуш чындыгына жакын, дээрлик документалдык тактык менен баяндалат. Автор адилет көрсөткөндөй, көтөрүлүштүн негизги катышуучусу калың эл болгон. Ошол эле учурда элдик күрөшкө аң сезимдүүлүк жана уюшкандык жетишкен эмес. Натыйжада козголоңчулардын баш аламан топтору куралданган падыша аскерлерине олуттуу каршылык көрсөтө албай оңой эле жеңилип калган.

www.bizdin.kg

Романда көтөрүлүш жеңилгенден кийин калың элдин башына түшкөн трагедия кеңири көрсөтүлөт. «Ак-Өгүздүн ашуусу», «Туу белде» главаларында качкындар жолдо туш болгон трагедия зор көркөм күч менен баяндалат. Кытай жерине барган кыргыздар карып абалга туш болуп ачарчылыктан, жугуштуу оорулардан кырылат. Бөтөн жердеги качкындардын турмушун автор элестүү деталдар менен ишенимдүү көрсөтөт. Айласы куруп турган учурда «ак падыша кулаптыр» деген кабар мусаапыр элдин жүрөгүндө үмүт жандырат. Ушундан тартып эл тарыхындагы жаңы доор башталат. Туюкка кептелип турган абалда күтүүсүз жарк эткен бул азаттыкты революция жана орус эли алып келди. Роман ушул идея менен тыянакталат. Дегеле чыгарманын башынан аягына чейин кыргыз жана орус элдеринин достугу өзөк сызык болуп өтөт. Тарыхтын кыймылдаткыч күчү катары ушул эки элдин адамдары алдыңкы планга чыгарылып көрсөтүлөт. Бири-бирине окшошпогон бул адамдар жалпысынан карама-каршы эки топко бөлүнөт. Биринчиси Алымкул, Антон, Жунуш, Мурат сыяктуу эмгекчилердин өкүлдөрү; экинчиси — Төлөн, Чолпонбай, Жанай, Ажы, Ташыбек сыяктуу бай-манаптар, падышалык жазалоочулар, кытай феодалдары.

Саналып өткөн кейипкерлердин ичинен жеке инсандык касиеттери, мүнөз-белгилери эсте калган каармандардын бири — Алымкул. Ал жашынан тың чыгат. Оокат түйшүгү менен жүрүп Андрей, Иван, Антон сыяктуу орус кедейлер менен таанышып, достошот. Чыгармада анын Жамал аттуу кызга болгон сүйүүсү тууралуу баяндалат. Кайындуу кызды ала качкан жигиттер кармалып, Алымкул Сибирге айдалат. Романда бул окуя жеке адамдардын ортосундагы кагылышуу катарында эмей эле эски коомдогу адилетсиздиктин, эзүүчү таптын зордукчулугунун мисалы катарында шөкөттөлөт. Сибирдеги турмуш, сүргүндө жүрүп көргөндөрү Алымкулдун көз караштарын түп тамырынан өзгөртөт. Эми ал ошол коомдо өкүм сүргөн адилетсиздиктин тамыры канчалык терең экендигин, аны менен күрөшүү оңойго турбасын түшүнө албайт.

Романдагы окуялардын өнүгүшүндө Алымкулдун досу Жунуш кыйла маанилүү роль ойнойт. Турмуштагы көп жолдорду бирге басышкан бул эки адамдын ой-максаты,

www.bizdin.kg

тилеги бир. Ошону менен катар анын Алымкулга окшобогон, өзүнө гана таандык турпаты, жекече кулк-мүнөзү, кыял-жоругу бар.

Романда орустардан тышкары кытай, казак уйгур эмгекчилеринин өкүлдөрү көрсөтүлөт. Алар көбүнчө эпизоддук каармандар, бирок ошого карабастан тарыхый мезгилди, андагы окуялардын масштабын чагылдырууда көтөргөн көркөмдүк жүгү аз эмес. Ошол ар кандай улут өкүлдөрүнүн арасынан Антон өзгөчө айырмаланып турат. Ал Алымкул менен Жунуштун аң сезиминин ойгонушуна күчтүү таасир тийгизет. Жалаң гана ушул эки каарман эмес, жалпы эле караңгы көчмөндөр арасында жаңы заман жөнүндө маалыматтардын, түшүнүктөрдүн, ошонун ичинде революциячыл идеялардын жайылышы ушул кейипкердин образы аркылуу ишенимдүү көрсөтүлгөн.

Чыгармада Мураттын образында ойчулдук, чечендик, тартынбастык, боорукердик, ошону менен катар караңгылык, энөөлүк жана момундук сыяктуу кыргыз карыяларына тиешелүү касиеттер топтоштурулган. Башкача айтканда, андан көчмөн элге мүнөздүү оң жана терс сапаттардын көбүн көрүүгө болот.

Романдагы терс каармандарды жалпысынан эки топко бөлүүгө болот. Алардын биринчиси карапайым элге ачыктан-ачык каршы чыгып, куралсыз элди кырууга катышса, экинчилери ар кандай ыплас иштерин билгизбей жасоого аракеттенет. Ушундай эки жүздүү залимдердин өкүлү — Төлөк. Ал көп адамдардын тагдырына балта чабат, канына забын болот. Эл Кытайга качып барып, мөгдөп турган учурда да ал зыяндуу иштерин токтотпойт. Октябрь революциясынын жеңиши гана караламан калкты төлөк өңдөнгөн эзүүчүлөрдүн чеңгелинен бошотот.

А. Токомбаев кыргыз адабиятында прозалык жанрлардын калыптанышы үчүн да көп эмгек жумшаган. Чыгармачылыктын бул тармагында анын алгачкы тажрыйбалары жыйырманчы жылдардын ортосуна таандык. Тагыраак айтканда, 1923-жылы ал «Курманбек» эпосунун мазмунун ыр жана кара сөз түрүндө кыскача баянда жазып, казак тилинде «Шолпан» журналына жарыялаган. 1928-жылы «Күйөөнүн колу жууркандын түрмөгүнөн чыкты» аттуу чакан аңгемеси «Ленинчилер күзгүсү» журна-

www.bizdin.kg

лына басылган. Ушул эле жылдарда анын «Сырдуу барак», «Муңдуулардын өлүмү» деген чакан прозалык чыгармалары жаралган. Бул чыгармалардын жанрын так аныктап айтыш кыйын, анткени аларда фельетон, этюд, аңгеме жанрларына тиешелүү белгилер аралаш орун алган. Биздин улуттук адабият жаңыдан калыптана баштаган мезгилде мындай көрүнүш көп кездешкен.

1932-жылы «Чабуул» журналынын бир нече санына А. Токомбаевдин «Жапардын каны» аттуу повестинин үзүндүлөрү жарыяланган. Бирок коллективдештирүү учурундагы тап күрөшүнө арналган бул чыгарма бүтпөй калган. Ошондуктан анын мазмуну тууралуу кандайдыр бир пикир айтууга мүмкүн эмес. 1933—34-жылдарда анын «Биз балапан кездерде» автобиографиялык очерки жана «Тоо элинин жомогу» аңгемеси жарык көргөн. Кийинчерээк А. Токомбаев аңгемени кайра иштеп чыгып, «Акай мерген» деген ат менен жарыялаган.

1940-жылы А Токомбаевдин «Жараланган жүрөк» аттуу китеби жарык көрүп, анда «Күүнүн сыры», «Жол жомогу», «Даат», «Өлүм кимди коркутпайт», «Акылмандын жообу» сыяктуу аңгемелери басылып чыккан. Бул чыгармалардын баарында романтизм менен лиризмдин күчтүү илеби байкалат. Айрыкча кыргыз элинин өткөн замандагы турмушунан алып жазылган «Күүнүн сыры» аңгемеси көркөмдүгү менен өзгөчөлөнөт.

1930-жылдардын аягынан тартып А. Токомбаев повесть жанрында иштей баштаган. Атап айтканда, 1939-жылы «Днестр терең деңизге куят» аттуу чыгармасын жарыялаган. Ушуга удаа, 1940-жылы «Жараланган жүрөк» повести басылып чыккан.

«Днестр терең деңизге куят» повести — А. Токомбаевдин бөлөк элдин турмушун чагылдырган экинчи чыгармасы. Анда Батыш Украинанын Советтер Союзунун курамына кошулушуна байланыштуу окуялар көрсөтүлөт. Чыгарманын аталышынан эле анын поэтикасынын бөтөнчөлүгү байкалып турат — «Днестр терең деңизге куят» деген сүйлөм — бул көпчүлүккө белгилүү географиялык фактыны жайынча гана констатациялоо эмес, тарыхый окуялардын маанисин туюндурган көркөм метафора. Ушул касиет — поэтикалуулук, лиризм повесттин көркөм түзүлүшүндө маа-

www.bizdin.kg

нилүү роль ойнойт. Анда жазуучу колдонгон көркөм каражаттар конкреттүү-реалисттик мааниге караганда эмоциялык-пафостук мааниге көбүрөөк эгедер. Маселен, чыгармадагы баш каарман Данил Донскийдин, оң кейипкерлер Люба, Аксинья, Сокол, Володарскийлердин иштери, сөздөрү көтөрүңкү пафоско ширелген, алтургай кыймыл аракети, сырткы кебетесине чейин поэтизацияланып көрсөтүлөт. Алар — Батыш Украинанын эркиндиги үчүн күрөшкөн жана бул бийик максатка жетүү үчүн өлүмдөн да коркпогон эр жүрөк адамдар. Ал эми терс кейипкерлер — польшалык бийлик өкүлдөрү бир беткей негативдүү боектор менен шөкөттөлөт.

«Жараланган жүрөк» повести реалдуу окуялардын негизинде жазылган. «1917-жылдан 1919-жылдын орто ченине чейин Түндүк Кыргызстандын бардык жерлерин кыдырып, кайыр сурап жан багууга туура келди...»[5] — А. Токомбаев революциядан кийинки алгачкы мезгилдеги турмушу жөнүндө ушундайча эскерип, ал «тентиген турмуштун кээ бир сызыктары «Жараланган жүрөк» повестинде көрсөтүлгөнүн айткан. Автордун бул сөзү чыгарманын алгачкы главаларында көрсөтүлгөн окуяларга тиешелүү. Бирок повесттин кийинки бөлүгүндө, атап айтканда Өмүрбекке байланыштуу сюжеттик сызыкта да автобиографизм бар экендиги белгилүү.

Чыгармада жазуучу 1916-жылдагы үркүндөн кийин Октябрь революциясы кыргыз элинин тагдырында эбегейсиз бурулуш болгондугун көрсөтүүнү көздөгөн. Повесть контраст ыкмасында курулган. Башкача айтканда, совет бийлигине чейинки жана андан кийинки турмуш чыгармада бири-бирине толук карама-каршылыкты түзөт. Эл тагдырындагы бул эки доордун биринчиси — ачарчылык, жугуштуу оорулар, зомбулук жана кыргын. Экинчиси — ырыстуу турмуш, гүлдөп өнүгүү жана болуп көрбөгөндөй жетишкендиктер. Эки доорду чагылдырган главалар чыгармада дээрлик бирдей орун ээлейт, алтурмак өз ара симметриялуу десе да жаңылыштык болбойт.

«Жараланган жүрөк» повести эл тагдырындагы бурулуш мезгилдин кайдигер күбөсү же байкоочусу тарабынан тартылган нейтралдуу сүрөткө караманча окшобойт. Ал элдик трагедиянын бардык азаптарын өз башынан өткөр-

www.bizdin.kg

гөн, кийинки доордун окуяларына активдүү катышкан жана ага жан-дили менен берилген адам тарабынан жазылган эмоциялуу баян. Ошондуктан бул чыгарманын эң башкы өзгөчөлүгү — бийик пафос, күчтүү сезим. Ушул касиети боюнча «Жараланган жүрөк» А. Токомбаевдин «Днестр терең деңизге куят» повестине абдан жакын. Ал пафос — өткөн заманды жерүү, жаңы доорду даңазалоо. Сезимдин бийик чыңалуусу чыгарманын бардык композициялык элементтерине тиешелүү. Анда автордук баяндоо, каармандардын диалогу, иш-аракети күчтүү сезим менен коштолот, кала берсе табият көрүнүштөрү да жарык же күңүрт түстөгү боектор менен сүрөттөлөт.

Белгилеп коюучу дагы бир жагдай — «Жараланган жүрөк» повестинде окуялар ачык эле тапчыл позициядан көрсөтүлөт. Чыгарманын каармандары ушул белгиси боюнча оң жана терс болуп экиге бөлүнөт. Оң каармандар Бектурган, Иса, кайырчы аял Айша. Аларга каршы тургандар Супа молдо, Метрей жана анын баласы, Бөкөнчү. Бул эки топтогу кейипкерлердин сүрөттөлүшү бири-бирине кескин контраст түзөт. Алардын ортосундагы мамиле да келишкис мүнөзгө ээ. Ал эми автордун симпатиясы, албетте, бүт бойдон эзилгендер тарабында. Бул баарынан мурда баш каарман Бектурганга тиешелүү. Жазуучу аны түз эле «сүйкүмдүү», «ырайымдуу» шекилденген оң маанидеги эпитеттер менен сүрөттөйт. Бектурган мээрман ата, адамдык бийик касиеттердин ээси. Өзү ашкере оор абалда турганына карабастан ал ачарчылыктан жапа чеккендерге жардам берет, энеси өлгөн ымыркайды багып алат. Анын кең пейилдиги Бөкөнчү сыяктуу оокаты жетиштүү адамдардын сарандыгына жана мерестигине каршы коюлат.

Бектургандын дагы бир маанилүү касиети — эр жүрөктүгү. Ал Супа молдо, Бөкөнчү сыяктуу күчтүү адамдардан жазганбай, чындыкты ачык айтат. Керек болсо өзүнүн өмүрүн аябастан адилеттик үчүн күрөшүүгө даяр. Бектургандын образындагы ушул касиетти көрсөтүүдө автор айрым учурда фольклордук ыкмаларды колдонот. Маселен, аны «арстан жүрөктүү», алтурмак түз эле «баатыр» деп сыпатташынан ушундай жыйынтык чыгарууга мүмкүн. Жалпысынан, реалдуу прототиби болгону менен да Бектургандын образы революциячыл идеяга ылайык романтизация-

www.bizdin.kg

ланган образ. Каармандарды сыпаттап көрсөтүүдөгү мындай ыкма повесттин бүткүл образ системасына тиешелүү.

1947-жылы жарык көргөн «Мезгил учат» повести композициялык курулушу жагынан «Жараланган жүрөккө» кыйла жакын. Анда да ата менен баланын оор тагдырын сүрөттөө көп орун ээлейт. Анда да революцияга чейинки жана андан кийинки турмуш контраст ыкмасында көрсөтүлөт. Баш каармандардын бири Айтике табиятынан көркөм өнөргө жөндөмдүү адам. Бирок катаал заман анын шыгы ачылып көрүнүшүнө мүмкүндүк берген эмес. Революциянын аркасында гана мындай мүмкүнчүлүк анын баласы Жапардын шыбагасына туура келди. Бул кейипкердин образы аркылуу жазуучу кечээки көчмөн элде чыгармачыл интеллигенциянын калыптанышын көрсөтүүнү максат кылган.

А. Токомбаевдин 1965-жылы жарык көргөн «Биз балапан кездерде» («Солдат элек») повестинде кыргыз жергесинде Совет бийлигин орнотуу үчүн жүргөн күрөш көрсөтүлөт. Ачарчылык менен оорулардан азап тарткан караңгы эл революциянын максаттарын дароо эле түшүнө алган эмес. Аны калың элге жеткирүү, эзилген катмарды жаңы бийлик тарабына тартуу кыйла кыйынчылыктар менен коштолгон. Чыгарманын башкы каармандары Чалкар менен Сейитбек ушул максатка кызмат кылышат жана эзилген келин Акинайды Нэпмандын чеңгелинен бошотуп алышат.

А. Токомбаев бир нече драмалык чыгарманын автору. Жазуучу алгач ирет бул жанрга согуш учурунда кайрылып, «Ант» аттуу драма жараткан. Ошол мезгилдеги муктаждыктарга жооп кылып автор чыгармасында элди фашисттик баскынчыларга каршы күрөшкө шыктандырууну көздөгөн. Анда согуштун алгачкы күндөрүндөгү оор кырдаал, элдин душманга каршы күрөшкө көтөрүлүшү жана майдандагы жоокерлердин эрдиги көрсөтүлөт. Бирок кыргыз адабиятында учу-кыйырсыз Совет мамлекетинин алыскы батыш бөлүгүндө болуп жаткан кандуу салгылашты көркөм чагылдыруу оңойго турган эмес. Бул көрүнүш бир катар себептер, ошонун ичинде кыргыз жазуучулары айыгышкан согушту өз көзү менен көрбөгөндүгү, өздөрү катышпагандыгы менен да түшүндүрүлгөн. «Ант»

www.bizdin.kg

повестинде А. Токомбаев да ошол кыйынчылыктарды жеңе алган эмес. Натыйжада чыгарманын майдан окуялары көрсөтүлгөн бөлүгү ишенимдүү чыкпай калган.

Ушундан кийин А. Токомбаев кыйла убакыт драма жанрына кайрылбай, жыйырма жыл өткөн соң, 1967-жылы гана кыргыз драматургиясында алгачкы мертебе милиция кызматкеринин турмушу тууралуу «Тергөө жүрүп жатат» пьесасын жазган. Кылмышка каршы күрөш милиция кызматкерлеринен кайрат, кыраакылык сыяктуу касиеттерди талап кылат. Полковник Жаров, майор Терно дал ушундай кишилер. Ал эми тажрыйбасы жетишсиздигинен айрым учурда жаңылыштык кетирген жаш лейтенант Апас алардан көп нерселерди үйрөнөт.

Кыргыз эли Россиянын курамына кошулушунун 100 жылдыгына карата А. Токомбаев 1964-жылы «Өлбөстүн үрөнү» аттуу драма жазган. Кийинчерээк ал кайрадан оңдолуп, 1970-жылы коюлган.

Драмада кыргыз элинин тарыхындагы бурулуш учурлардын бири чагылдырылат. Анын беттеринен Семенов-Тянь-Шанский, Ч. Валиханов сыяктуу белгилүү окумуштуулар, Боромбай, Үмөтаалы, Балбай, Төрөгелди өңдөнгөн кыргызга аты дайын манаптар, баатырлар кездешет. Кыргыз урууларынын ортосундагы чабыштар жалпы улуттун биримдигине чоң залал келтирген, айрыкча караламан калайык мындай кагылыштардан катуу жабыркап турган. Ушундай ички конфликттерди тыюуга арга табылбаган соң, бугу уруусунун төбөлү Боромбай Россияга жардам сурап кайрылууга аргасыз болгон. Драмада Үмөтаалы менен Боромбайды Семенов-Тянь-Шанский менен Ч. Валиханов элдештирет. Тарыхый булактарда мындай маалымат жок, ошондуктан чыгарманын сюжетиндеги мындай бурулушту орус элинин алдыңкы өкүлдөрүнүн кыргыз урууларынын ортосунда ынтымак орнотуудагы данакерлик ролунун көркөм чагылышы катары чечмелөөгө болот. Россиянын карамагына өткөндөн кийин гана кыргыз урууларынын ортосундагы чабышуулар токтоп, калың журт тынч жашоого мүмкүндүк алган.

Каармандардын образдары жөнүндө айта турган болсок, Семенов-Тянь-Шанский — илим мүдөөлөрү менен жашаган чоң окумуштуу, ошону менен катар цивилиза-

www.bizdin.kg

ция очокторунан обочо, табият кучагында өмүр кечирген көчмөн элге гуманисттик көз караштан мамиле жасаган интеллигент. Ал эми көчмөн уруулардын өсүп-өнүгүшүнө, келечегине ишенбеген, практикалык пайда өндүрүү кызыкчылыгынан гана караган Хомутов ага каршы турат.

Үмөтаалы менен Боромбайдын мүнөздөрү да бири-бирине окшобойт. Булардын биринчиси аңды-дөңдү карабаган, дөөгүрсүгөн канкор. Ал эми экинчиси өзүнүн оюн ачык айта бербеген, өтө айлакер, аяр адам. Бирок алардын элге, турмушка, бийликке карата көз караштары, түшүнүктөрү, көздөгөн мүдөө-максаттары бирдей. Алар үчүн турмуштагы эң башкы нерсе — бийлик. Ошондуктан ар кандай айлаамал менен бийликти колдон чыгарбоого аракеттенишет. Мансап кумарына ууккан бул адамдар жалпы кыргыз элинин биримдиги, өсүп-өнүгүшү жөнүндө ойлонууга жөндөмсүз.

Драмада өзүнүн ой жүгүртүүсү боюнча Үмөтаалы менен Боромбайга каршы турган адам — Калча карыя. Турмуштун катаал жолун басып, кыргыз элинин башынан өткөн далай азаптарга күбө болгон бул адам жалпы журтка керектүү эң башкы нерсе ынтымак экендигин түшүнөт. Ошон үчүн кыргыз урууларын чабыш менен чатактан сактап калуунун жолдорун издейт жана буга орус элине кошулуу аркылуу гана жетишүүгө мүмкүн экендигине көзү жетет.

«Күндүн чыгышы» драмасында үркүндө Кытайга качкан эл кайра кайтып келгенден кийинки турмуш көрсөтүлөт. Адилбек Жайнаков, Пархоменко жана Веранын кыргыз жеринде Совет бийлигин орнотууга жасаган аракетине Шабанов, Калаба сыяктуулар кедерги болот. Бирок алардын кыңыр аракети ашкереленип, өздөрү колго түшөт. Драманын аталышы символдук мааниге ээ жана ал «Таң алдында» романынын аталышы менен үндөшүп турушу бекер жеринен эмес. Ушул метафора аркылуу автор кыргыз элинин тагдырындагы Октябрь революциясынын маанисин туюндурган.

Узак чыгармачылык жолунда А. Токомбаев көркөм котормонун өсүп-өнүгүшүнө да кыйла салым кошкон. Ал Пушкин менен Лермонтовдун, Гейне менен Шиллердин, Низами менен Церетелинин, Абай менен Жамбылдын,

www.bizdin.kg

Маяковский менен Маршактын ырларын кыргыз окурмандарына алгачкылардан болуп тааныштырган.

А. Токомбаев адабий сын айдыңында да көп эмгектенген. Анын «Сынчыга жооп» аттуу алгачкы макаласы 1927-жылы жарыяланган. Ошондон тартып ал адабий ой пикирдин өнүгүшүнө ар дайым активдүү катышып турган. Адабият тарыхынын айрым этаптарында, маселен, өткөн кылымдын отузунчу жылдарында А. Токомбаевдин макалалары, ар түрдүү жыйындарда сүйлөгөн сөз, жасаган баяндамалары адабий сындын өнүгүшүндө маанилүү роль ойногон. Бирок кийин деле кыргыз адабиятынын орчундуу маселелери боюнча талкуулар анын катышуусусуз өткөн эмес. Адабият боюнча көп сандагы эмгектеринде А. Токомбаев өз мезгилинин чен-өлчөмү менен алганда эрудициясы кеңири, табити сезимтал сынчы катарында көрүнгөн. Ошону менен катар, адабияттын ар кандай маселелерине ал биринчи кезекте «тап жоокери» катарында мамлекеттик идеологиянын позициясынан мамиле эткен. Улуттук адабияттын өнүгүшүндө мындай көз караш терс роль ойногон учурлар да болгон. Бирок көркөм адабият мамлекеттин түздөн-түз колдоосу жана көзөмөлү астында өнүккөн шартта бул кыйгап өткүс көрүнүш эле.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

*Джигитов С.* Обретение новых традиций. — Фрунзе: Кыргызстан, 1984. С. 12.

[2] Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. I т. — Фрунзе: Илим, 1987. 53-бет.

[3] *Артыкбаев К.* Изденүүлөр жана табылгалар. — Фрунзе: Кыргызстан, 1966. 29—65-беттер.

[4] *Мамыров М.* Акындын түгөнбөгөн түбөлүктүү темасы // Аалы Токомбаев. Чыгармачылыгы жөнүндө сын макалалар. — Фрунзе: Кыргызстан, 1980. 192—228-беттер.

[5] *Токомбаев А.* Чыгармалар. I т. — Фрунзе: Кыргызмамбас, 1958. 12-бет.

www.bizdin.kg

## ЖАНТӨШЕВ КАСЫМАЛЫ

*(1904—1968)*

Кыргыз совет адабиятын баштагандардын жана аны андан ары күрдөөлдүү өнүктүргөндөрдүн бири Касымалы Жантөшев 1904-жылы Ысык-Көл өрөөнүндөгү Түп районуна караштуу Теңизбай деген айылда дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ал адегенде айылдык мектепте (1919—1924) окуп, кийин Фрунзедеги педагогикалык техникумду бүтүргөн (1930). Окууну аяктагандан кийин эл агартуу системасында, кыргыз театрында кызмат өтөгөн.

К. Жантөшев жаратылышынан таланттуу адам экен. Анын адабий чыгармачылык шыгы, ошол мезгилдеги өзүнүн замандаш курбулары сыяктуу, мектепте окуп жүргөн учурда эле байкала баштаган. Айрым маалыматтарга караганда ал 1922-жылы «Койчу» деген биринчи драмалык чыгармасын жазат. Кол жазмасы сакталбай калган бул пьеса жана буга окшогон К. Жантөшевдин дайынсыз калган бир нече чыгармалары тууралында конкреттүү ой айтуу, кандайдыр бир адабий жыйынтык чыгаруу мүмкүн эмес. Ошондой болсо да автордун эң биринчи адабий тажрыйбалары драматургия түрүнө жатканынын өзү азыркы адабий кырдаал менен караганда кандай гана болбосун белгилүү бир божомол ойлорго негиз берет.

Адегенде эле жазуучу өзүнүн адабий ишмерлигин реалисттик адабияттын эң татаал жанрларынын бири драмадан баштаганы, болгондо да театр искусствосунун өсүшүнө тыгыз жана табигый түрдө байланыштуу жанрдан баштаганы жайдак жерден келип чыкпаганы түшүнүктүү. Суроо келип чыгат, театр искусствосунан жана атайы сцена үчүн жазыла турган жанрдан мурда эч кандай кабары болбо-

www.bizdin.kg

гон, ошондой эле ага карата тиешелүү профессионалдык даярдыгы жок автордун аң-сезиминде көркөм чыгармачылыкты ушул жанрдан баштоо максаты кайдан келип жаралды? Он алты жашка келгенде араң кат тааныса да, ал өз учуру үчүн жетиштүү эле билим алган жаштардын катарына кирет. К. Жантөшевдин билимге, дүйнөнү таанып билүүгө болгон өлчөмсүз кызыгуусун жана китеп жазууга потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрдү анын адегенде эл агартуу системасында иштеп жүргөн чагында чыгарган китептерден байкоого болот. Маселен, ал мындай окуу китептеринин автору болгон: «Окуу китеби», 1 жылдык (1930), «Сабатсыздар үчүн кыргыз тилинин программасы жана окутуу методу» (1931), «Мектеп балдарынын тилин өстүрүү жөнүндө» (1932), «Эсепти чыгаруу жолдору жана бөлчөктөр» (1932). Көрүнүп тургандай, К. Жантөшев тил илими, методика, ал турмак арифметика маселесине чейин кызыккан, өз учуру үчүн пайдалуу эмгектерди да жараткан.

Бул бир жагынан, азыркы мезгилдин бийиктигинен караганда таң каларлыктай, парадокстой көрүнөт. Эсеп, тил илими боюнча окуу китептерин түзүү, бул катардагы жөнөкөй эле иш эмес экени белгилүү. Анын үстүнө өзүн жазуучулукка «даярдап» жүргөн адам үчүн. Албетте, мунун баары мезгилдин өкүм талабынан, муктаждыгынан келип чыккан. Бирок дал ушундай реалдуу турмуштук талапты, муктаждыкты жүзөгө ашырууда ошонун маанисин түшүнгөн, тиешелүү жөндөмү жана даярдыгы, ичтен буулугуп кайнап чыккан демилгеси бар адамдар гана белсенип ишке киришкен. Мына ушул мааниде К. Жантөшев кыргыз маданиятынын жаңы фундаментин курууга активдүү катышкан таланттуу демилгелүү жаштардын эң алгачкы катарында турган.

К. Жантөшев адегенде эле өзүнүн көркөм адабий чыгармачылыгын драма жанрынан башташы кокусунан болгон эмес. Баарынан мурда К. Жантөшев атайы даярдыгы жок туруп эле артист, режиссер болуп көп жылдар бою иштегени бекеринен болбогону, ушунун өзү анын театр искусствосуна болгон шык, жөндөмүн көрсөтүп турат. Ошондой эле адамдын өзүндөгү табигый жөндөм жана талант өзүнөн-өзү ачыла турган, жандана турган турмуштук шарт-

www.bizdin.kg

тарга, кырдаалга (өздүк-көркөм чыгармачылык ийримдердин активдеши) туш келгени да талашсыз. Дал ушундай кырдаалдардын (бир жагынан жеке адамдын өзүндөгү талант, экинчи жагынан коомдук турмуштагы маданий кубулуштар) шайкештик, гармониялык негизинен келип, акырында К. Жантөшев кыргыз драматургия жанрын баштоочулардан жана негиздегендерден болду. Ошол эле учурда К. Жантөшевдин прозага карата кызыкчылыгы артат, адегенде айрым аңгеме, очерктерди жаза коюп жүрөт, акырында «Эки жаш» повестинен (1938) кийин анын проза жанрына болгон маанилүү кадамы башталат. Ушундан тарта К. Жантөшев өмүрүнүн акырына чейин «эки тизгинди» бирдей кармап, кыргыз адабиятында эки жанрды, прозаны жана драматургияны, бирдей өздөштүрүп, бирдей өнүктүрүп келди.

Кыргыз жергесинде жүрүп жаткан терең социалдык-экономикалык турмуштук өзгөрүүлөр, жалпы маданий-агартуу ишиндеги болуп көрбөгөн кубулуштар, жаңылануулар табигый түрдө көркөм аң-сезимдеги кескин бурулуштарга алып келди.

Жыйырманчы жылдарда калыптана баштаган кыргыз совет адабияты отузунчу жылдарда бардык жанрлар боюнча, прозада, поэзияда, драматургияда сапаттык жаңы баскычтарга көтөрүлүүнүн кеңири горизонталдык өнүгүү тилкесине өттү. Бул мезгил баарынан мурда жазуучунун индивидуалдуу өзүнчөлүгүнүн калыптаныш мезгили болду. Көркөм ойлонуудагы, баяндоо-сүрөттөөдөгү өзүнчөлүк, б. а. турмуштук кырдаалдарды жана байланыштарды өзүнчө берүүдөгү кесиптик өнөрү кадимкидей өздөштүрүлө баштады. Маселен, М. Элебаевдин прозасы, А. Токомбаевдин поэзиясы, Ж. Турусбековдун драматургиясы — бул анчейин гана жанрдык жиктелүү эмес,— бул көркөм чыгармачылыктагы индивидуалдуу башталманын ачык көрүнүшү.

Дал ушундай көркөмдүк окуялардын катарына К. Жантөшевдин «Эки жаш» повести да жатат. Бул повестте автор 20-жылдардын аяк ченindeги түштүк кыргыз айлынын турмушун баяндайт. Кыргыз жеринде жүрө баштаган колхоздук курулуш, жер, суу төңкөрүшү, таптык жиктелишке байланыштуу социалдык кагылыштардын курчу-

www.bizdin.kg

шу, жаңынын жеңиши, эскинин кыйрашы чыгарманын жалпы маанайын, «атмосферасын» түзөт. Бирок жазуучу өзүнүн баяндоосунун борборуна мезгил брулушундагы тарыхый окуяларды эмес, тек гана «жекече» мааниге ээ, жекече адамдардын жекече тагдырын коёт. Адегенде эле адамдын жекече тагдырын авансценага, биринчи планга чыгарып сүрөттөөгө багыт алуунун өзү К. Жантөшевдин чыгармачылыгындагы негизги өзгөчөлүктү, анын андан аркы жолун белгиледи десек болот. Албетте, адам кандайча сүрөттөлдү, анын ички жан дүйнөсү кандайча ачылды, реализмдин тиешелүү деңгээлине көтөрүлдүбү, бул башка маселе. Азыр сөз жазуучунун адамга карата болгон мамилесинин адепки позициясы жөнүндө баратат. Социалдык турмушту, кыргыз айлында жүрүп жаткан ар түрдүү тармактагы кубулуштарды реалдуу көрсөтүү үчүн ириде адамдын тагдырын сүрөттөө керек экендигин жазуучу туура түшүндү. Ал адамды сүрөттөөдө алардын арасындагы жарала баштаган жаңы мамилени, жаңы адеп-ахлактык жолжоболорду, адам тагдырындагы эң бир ыйык, таза сүйүү сезимин биринчи планга көтөрүп чыкты. Сүйүү интригасы сюжеттин негизине алынды. Бул, адамга карата болгон адепки позициянын бир жагы. Ал эми, экинчи, негизги жагы адамдын жекече мүнөзүн, ички толгонууларын кылык-жоруктарын, б. а. жекече адамдык турпатын ачууга байланыштуу. Маселен, жер-суу көңтөрүшүнөн кийинки кыргыз айлында таптык күрөштүн күчөп, татаалдашкан кырдаалында кыргыз адамы кандай болду эле деген суроого жооп бергенге келгенде автор адамдарды социалдык белгилери боюнча ачыктан-ачык эки тарапка бөлүштүрдү. Алар, бир тарабы — Арзымат, Айнагүл, Эргеш; экинчи тарабы — Кулу калпа, Нурмат. Каармандарды социалдык-таптык белгилер боюнча бөлүштүрүү адамды белгилүү бир идеянын апачык персонификациясына айландырат. Натыйжада адамдын бүткүл туруш-турпаты, кылык-жоругу, аракет-кыймылы ошол идея менен белгиленет, ишке ашат, анын чек арасынан сыртка чыкпайт. Мына ошондуктан адамды сүрөттөөдө баарынан мурда окуялуулук, айрым учурда күтүлбөгөн, кокусунан чыга калгандай окуялардын тизмеги повесттин ички көркөмдүк системасын аныктайт. Жазуучу өзүнүн каарманын не бир кысталыштуу

www.bizdin.kg

жагдайлардын арасынан алып өтөт. Кээде автор муну атайы алдын-ала көзөмөлдөп жасагандай сезилет. Каармандды ар кандай күтүүсүз жагдайларга туш келтирүүнүн максаты адамдын ким экенин, кандай экенин билүү, аны өзүнчө бир турмуш сабагынан өткөрүү болуп эсептелет.

«Эки жаш» повестинде Айнагүл менен Арзымат дал ушундай турмуш сабагынан өтүшөт. Бул сюжеттик окуя адилдик менен карасанатайлыктын, адамгерчилик менен маскарачылыктын чек арасын бир беткей так кесе, биротоло ажыраткан шарттарда өнүгөт. Автордун мүнөздөмөсү боюнча Арзымат менен Айнагүл жаңы турмуштун идеяларын, жаңыдан жарала баштаган моралдык жол-жоболорду жана адамдар арасындагы жаңыча мамилелерди, байланыштарды коргоочулар, жүзөгө ашыруучулар. Автор муну жаап-жашырбайт, адегенде эле ачып коёт. Бирок ошого карабастан, бул эки жаштын тагдыры катаал сыноодон өтөрү алдын ала белгилүү болот. Бул жөнүндө Арзымат өзү Айнагүлгө жазган биринчи эле катында билдирет: «Түн күнгө, күн аптага, апта айга, ай жылга айланды, мендеги тилектин баары жалгыз сага байланды. Сен да ошондой чыгарсың? Буга күбө, «сен мендик, мен сендик» деген убадаң. Убадаң убада, чын экенин билемин! Бирок жаным... Кандуу кыя, кардыккан үн көз алдымда элестейт. Биз өтчү кыя, касаба, күртүк, кемерибиз жар, кечүүбүз күбүр[1]...»

Алдыда кандай окуя күтүп турганын, ал турмак ошол карасанатай окуялардын себепкери Мамат корбашы, анын жанжөкөрү Нурмат жана Кулу калпа сыяктуу эски дүйнөнүн өкүлдөрү экенин, ошондой эле «дос менен душманды» айрып тааныбаган, Кулу калпага «мурдунан жетелеткен» Айнагүлдүн өз атасы Жолош экенин каарман ачык эле билет. Көрүнүп тургандай, жазуучу каармандын иштей турган ишин, аткара турган кызматын, жүзөгө ашыра турган идеясын сыртка чыгарып сүрөттөйт. Ушул жерде К. Жантөшевдин жазуучулук бир өзгөчөлүгү көрүнө баштайт. Бул — сюжет куруу маселесине байланыштуу. К. Жантөшев үчүн сюжет, азырынча, каармандардын ички мүнөзүн ачуучу же турмуштун концепциясын берүүчү көркөмдүк каражаттын даражасында эмес, бул баарынан мурда каармандын башынан өтө турган окуялардын өзүнчө

www.bizdin.kg

бир тизмеги, түрмөгү, б. а. каарман өзүнүн издеген эң акыркы идеалына жетүү үчүн белгилүү бир тоскоолдуктардан, ал турмак өмүр үчүн коркунучтуу турмуштук сыноолордон өтүүгө милдеттүү. Ошондуктан, жазуучу сюжет курууда кандайдыр кутүүсүз, жок жерден чыга калган окуялардын ички байланышын издейт, кээде аны «жасайт», конструкциялайт, бирок караманча кызыктуулукту көздөбөйт, ошондой кутүүсүз жолугуштардын жана кагылыштардын негизинде каармандын адамдык бийик сапатын, маселен кайраттуулугун, туруктуулугун, сыноо «элегинен» өткөрөт. Бир караганда Айнагүлдүн «адашып», «жаңылып» Нурмат жиберген жигиттердин колуна түшүп калышы жасалмалуудай сезилет. А чынында мезгилдин татаал турмуштук «атмосферасын» берүүдө, эскинин жана жаңынын бетмебет тикелей кездешүүсүн, алардын ортосундагы келишпес курч социалдык кагылышты таасындап, даана сүрөттөөдө чукулунан, кескин бурулган сюжеттик кайруу көркөмдүк зарылдык сыяктуу. Мына ушундай чукул, кескин окуялуу сюжеттин түйүндүү борборуна Айнагүл менен Арзыматтын ортосундагы сүйүү мамилеси коюлган. Бул жөнүндө К. Артыкбаев мындайча жазат: «Бир караган адамга бул чыгармада жеке сүйүү мамилелери гана сүрөттөлүп жаткандай элес калышы да мүмкүн. Чындыгында мында эки жаштын сүйүүсүнүн ошол учурдун коомдун шартынан, тап күрөшүнүн кырдаалынан ажыратып алууга болбой турган терең байланышы чагылдырылган, башкача айтканда, чыгармада үй-бүлө куруу маселесинин коомдук өзгөрүү менен түздөн-түз карым-катнашта экендиги жакшы ачылган»[2].

Ошентип, сүйүү «чатагы» сюжеттик окуялардын борборун түзөт. Бирок, адамдын ушул сезими, анын коомдогу социалдык абалынан, ордунан бөлүнбөй, ажыратылбай, мезгилдин турмуштук ситуациялары, кырдаалдары менен табигый бирдикте сүрөттөлөт. Бул маселенин бир жагы. Маселенин экинчи жагы адамдын жекече тагдыры менен коомдук турмуштун ортосундагы диалектикалык байланыш реалисттик деңгээлде ачылабы, мына ушуга байланыштуу. Баарынан мурда, К. Жантөшев кыргыз элинин кыз берүүдөгү ырым-жырымдарын, жөрөлгөлөрдү, маселен, куда түшүү, тойдун камылгасы, жаңы келин каадала-

www.bizdin.kg

ры, нике кыюу ж. б. у. с. ар түрдүү жол-жоболорду өзүнүн бүткүл этнографиялык таасындыгы менен сүрөттөйт. Бир сценаны мисалга келтирели:

«— Садагаң кетейин, уялып жатат.

— Уялба! Баарыбыз эле ушинтпедик беле?

— Жүгүнүп кой, садагаң! Ишарат кылып, ийилип койсоң эле болот,— дешти. Бирок бүткөн боюм чымырап көзүм караңгылады да калды.

— Жүгүнүп кой, уят эмеспи? Баарыбыз эле сендей болуп келгенбиз. Элдин айтканына көнгөнбүз,— деп бир катын ичимди артка түртө кежигемден басып койгондо ийиле түштүм.

— Кудай жалгасын!

— Кем болбо балам! Ак жоолугуң башыңан түшпөй, бактылуу болсоң болгону,— дешип катындар чуулдап алкашты»[3].

Келиндин жүгүнүшү, бул улуулар алдында жасалган ыйбаалык, ызааттык болушу мүмкүн, ал ошондой эле аялзаттын биротоло өз эркинен ажырап, кол куушуруп баш ийгендикти билдириши да мүмкүн. Азыркы сценада Айнагүл бирөөнүн күчү менен жүгүнүп жатканда «кимге» жана «эмне үчүн» жүгүнүп жатканын билген жок. Ал кийин гана билинет. Көрүнүп тургандай, жазуучу кадимки, кадыресе этнографиялык сцена аркылуу ошол учурдун катаал жана күтүлбөгөн кырсыктуу кырдаалдарын, айрыкча кыргыз аялынын аң-сезимин, өткөнгө жана азыркыга мамилесин бир кыйла ишенимдүү жана таасирдүү сүрөттөй алган. Эми, мына ушул коомдук турмуштун жана адамдын жекече касиет-сапаттарын көрсөтүүдө автор көбүнчө мурдатан белгиленген, персонификацияланган идеяга үстөмөндөтүп жиберет. Нурмат менен биринчи эле кездешүүдө Айнагүл экөөнүн ортосунда келишпес конфликт келип чыгат. Ошондой болору мурдатан белгилүү. Анткени, бул экөө бирин-бири ким экенин, ал турмак бири-биринин өткөн «тарыхына» чейин жакшы билишет. Образдын алдын ала персонификацияланышы ушуну талап кылат. Көркөмдүк закону боюнча каарман биринчи эле кездешүүдө тайманбас күрөшкө чыгат. Аны эмне күтүп турганын билет. Ошондуктан айта турган жообу даяр. Башкача айтканда, кыйчалыш, катаал ситуацияда каарман олку-солкулуктарга

www.bizdin.kg

туш келбейт. Окуя, сюжет өз закону боюнча өнүгөт. Нурматтын колунан жарадар болгон Айнагүл узак тирада сөз сүйлөйт, Чыныгүл аттуу кыздын трагедиясын баяндайт, өзүнүн азыркы абалын ошол тагдырга окшоштурат: «Мына мен, дал ошол! Кегиң болсо алып кал, сен жүзү кара кумардан бир каныл кал... Мына жүрөк сенден кайра тартынбас, сен дегенде бул жүрөктөн эч жакшылык артылбас... Сай канжарыңды, азоо жүрөк басылсын... Сай канжарыңды, кызыл акак-бермет кандар чачылсын... Азоо жүрөк алып учпай тыйылсын; чиркин өмүр чалгы тийген кызыл гүлдөй кыйылсын...»[4].

Айнагүл өзү айтып жаткандай, аны Чыныгүлдүн тагдыры күтүп турганын жакшы билет. Ошого карабастан ал эч нерседен, ал турмак «ач канжардан» да жалтанбайт. Өлүмгө тике карайт. Бирок, бул айласыздыктын, баарынан үмүт үзгөндүктүн жыйынтыгы эмес. Бул баарынан мурда келишпестик, өзүнүн идеясын, чындыгын коргоо. Айнагүл Нурматтын «кандуу биографиясын», адамдыктан аша кечкен бүткүл жүзү каралык иштерин ашкерелейт, өзүнүн бүткүл жек көрүүсүн, болгондо да эч качан келише албас, жек көрүүсүн дааналайт, ошон үчүн өлүмгө да даяр экенин билдирет. Каармандын мына ушундай бийик экстаздагы абалын таасирдүү сүрөттөө максатында жазуучу жасалмалуу кооз патетика менен атайы уйкаштырылган жорго сөздү кеңири пайдаланат, мындай учурда ал турмак каармандын реалдуу абалы менен (ал катуу жарадар) эсептешпейт, узун сабак тираданы уланта берет; анткени душман колунан өлүп баратса да, ал сөзсүз идеялык жеңишке ээ болуш керек, өзүнүн бүткүл оюн, билгенин, акыркы «жан кыйкырыгын» айтып калыш керек.

Бирок, күрөш мунун менен бүтпөйт. Душман айлакер, митаам, Айнагүл жөнүндө алда качан эле тымызын түрдө жалаа, ушак таратып жиберишкен. Окуянын чукул бурулушуна негизделген сюжет дагы бир күтүлбөгөн бурулушту, дагы бир күтүлбөгөн кырдаалды жаратары шексиз. Ушундай сюжеттик бурулуштун бири Арзыматтын каты. Бул кат каармандын тагдырына урулган дагы бир сокку, болгондо да эң оор, Нурматтын «ач канжарынан» ачуу тийген сокку. Анткени, Айнагүл ак жеринен күйүп жатат: анын үстүнө өзүнүн эң жакын адамы Арзыматтын колу-

www.bizdin.kg

нан күйүп жатат: «Сен өз жоргосун куруткан, тилектештик милдетти унуткан; душманга күлө багып, чырагына май тамызган, айтышкан убада, дешкен шерттен жанган; ак ишти кара деп танган уятсыз намыссыз, жүзү карасың...»[5].

Албетте мындай ачуу жана кескин кат жазышка Арзыматтын да негизи бар сыяктуу. Арзыматтын душман бетин ашкерелеп «Ленинчил жаш» газетасына жарыяланган макаласын Айнагүлдүн «атынан» төгүндүккө чыгарылган материал даярдалган болчу. Бул дагы эки жашты бирбирине карама-каршы коюп, түз жолдон адаштырган айлакер душмандын амал-айласы эле. Көрүнүп тургандай, жазуучу карама-каршылыктардан келип чыккан адамдар арасындагы байланыштарды бир кыйла татаалданган курч деңгээлге жеткирет. Бул жерде, жогортодо биз айткан окуянын чукул бурулушуна негизделген сюжет өз кызматын мыкты аткарат. Айнагүлдү чектен өткөрүп кетүү далалаты, жолдон куткарып калуу, коркунучтуу кат, караңгыда кара кийип келген киши, акыры Айнагүл менен Арзыматтын беттешүүсү сыяктуу окуялар кантсе да чиеленишкен, кызыктуу сюжеттин талабынан улам чыгып жатат. Бул адабий көрүнүштөрдү реалисттик проза жанрынын калыптанып жаткан учуруна, тарыхый абалына жана шартына, дегеле, жазуучунун өзүнүн көркөм аң-сезиминдеги индивидуалдуулугу калыптанып жаткан учурга байланыштуу карасак, анда К. Жантөшев ошондо эле жаңы жанрды өздөштүрүүдө белгилүү бир эстетикалык камылганын негизинде киришкени ачык сезилет.

Кыргыз совет адабиятынын фундаментин курушкан А. Токомбаев, М. Элебаев, К. Баялинов сыяктуу К. Жантөшев деле эң биринчи адабий тажрыйбаларын, ошонун ичинде айрыкча «Эки жаш» повестин жазууда фольклордук эстетикага, кыргыз эпосунун поэтикалык салттарына таянганы талашсыз. Мындан да ачыгыраак айтсак, жазуучунун кыргыз фольклоруна болгон мамилеси аты аталган биринчи муундагы кыргыз жазуучуларынын өкүлдөрүнө караганда айрыкча бир кырдаалдар менен айырмаланып турат. Дегеле жазуучунун фольклорго мамилесин ажыратып, жиктеп, кандайдыр бир этаптарга бөлүп көрсөтүү мүмкүн эмес. Фольклордук аң-сезимдин стихиясы жа-

www.bizdin.kg

зуучунун бүткүл чыгармачылык жолун бирдей эле даражада аралап өтөт десек болот, башкачараак айтсак, К. Жантөшев жаралышынан импровизатор-айтуучу, бирок жазма түрүндөгү импровизатор. Импровизаторлук касиет сюжеттик чиелеништерде, баяндоонун куюлушунда, макал-лакаптардын, уйкаш сөздөрдүн жамакталышында, атайын коолдукка, сулуулукка, чечендикке басым коюлган сүрөттөөлөрдө, ар бир окуянын акыл-насаатчыл жыйынтыгында, сентенциясында апачык эле сезилет. Бир сүрөттөмөнү окуп көрөлү: «Алда кандай кара булут калдайып, каран түн түшүрчүдөй сезилет. Эки бетимен эки өөп, Тоту жеңемдин ыйлап кеткенине караганда, тек жанымдан үмүт аз. Анткени — карч алышар убакыт, кан төгүшөр мезгил менин алдымда турат.

Күн батууга жакын калды. Мен үйгө кирсем, үйгө кирип, тышка чыксам тышка чыгып, Калбаймат мени аңдууда. Үйдүн ичиндегилер эмне үчүндүр камылга көрүп жатышат. Мен качууга канчалык аракет кылсам да, мүмкүндүк болбоду. Жайкы гүлдөй ыргалган жаш өмүрүм, баткан күн менен кошо батчудай болот»[6].

Бул тексттеги поэтикалык антитеза («калдайган кара булут» — «Жайкы гүлдөй ыргалган жаш өмүр») бир максатка, бир чекитке багытталган. Ал күтүлбөгөн окуя. Алдыда кандайдыр бир коркунучтуу бирдеме болорун каарман айттырбай эле билет. Бирок, каршылык көрсөтүүгө шарты да, мүмкүнчүлүгү да жок. Дал ошондой эле, өзү билбеген, өзүнө белгисиз шарттарда Айнагүл туткундуктан бошоп чыгат. Көрүнүп тургандай, жазуучу өзүнүн баяндоосунда ар түрдүү байланыштарга туш келген адамдын ички жан дүйнөлүк кубулуштарына эмес, көбүнчө окуянын динамизмине, улам чыңалышына басым коёт. Башкача айтканда, адам ич ара жиктелбейт, анын жекече касиет-сапаттары, микродүйнөсү атайы талдоого алынбайт, анткени ал белгилүү жол-жоболордун, белгилүү бир программалык идеянын персонификациясы катары жашайт, аракеттенет. Мына ошондуктан Арзымат менен Айнагүлдүн «сүйүү тарыхы» канчалык тоскоолдуктарга учурабасын, бири-бири тарабынан канчалык чырга айланбасын, баары бир өзүнүн эң адепки, башталгыч позициясына кайрадан кайрылып келет. Ар кандай арамзалык, калп жого-

www.bizdin.kg

лот, адилеттик, чындык калыбына келет. Дал ушундай куюлушкан окуялуу сюжет, каарманды сыноодон сыноого алуу, адамды жалпысынан бир маанилүү, бир өңчөй, бир пландуу сыпаттоо, уйкаш, жорго сөздөргө, бийик патетикалуу чечендикке негизделген стилдик курулмалар сыяктуу көркөмдүк касиеттер түздөн-түз жазуучунун импровизаторлук табиятынан чыгып жаткандай сезилет.

Оюбузду тактоо максатында бир эпизодду окуп көрөлү: «Ааламга алтын нурун чачып, күн да чыккан. «Келинди келгенде көр, кемпирди өлгөндө көр» дегендер үйдүн ичин үч көтөрүүдө. Бири кетсе, бири келет... Тек жалпылдап ачылып жабылган эшиктин шору, бала келсе да тура калган менин шорум...»[7]. Бул сценада, көрүнүп тургандай, жаңы келген келиндин ритуалы кадимкидей эле жүрүп жатат. Мунун баарын Айнагүл өз эрки менен иштейт. Жүгүнүү — өзүнүн салттык мааниси боюнча баш ийгендик, «таш түшкөн жеринде оор» деген принципке макул болгондук. А чынында андай эмес да. Айнагүл бул тагдырына эч качан макул эмес, Нурмат менен күрөшүүгө (келишпес душман катары) дайыма даяр. Анда эмне үчүн Айнагүл «келин» болуп жүгүнүү ритуалын аткарып жатат? Маселе, көрсө мында экен. Эгерде жазуучунун баяндоосу каармандын ар бир кыймылын, аракетин психологиялык талдоого негизделген болсо, анда буга окшогон логикалык карама-каршылыктар болбос эле. Көрсө, мында жазуучуну кызыктырган нерсе каармандын өз аракет-кыймылы, ички толгонуулардан кийин иштеп чыккан жыйынтык, корутундусу эмес, окуянын кызыктуулугу, улам барган сайын чаташып татаалданышы экен. Ушундан улам Арзыматтын макаласы боюнча текшерүү келгенде, жок жерден эле, «отко» кирүү үчүн Айнагүл башка үйгө кетип калат. «Отко кирүүгө» келин барат, а Айнагүл бар болгону Нурматтын туткуну да. Демек, мында автордун көзөмөлгө алганы адамдын ички кубулуштары эмес, адам өзү туш келген окуялардын чиелениши, татаалданышы. Эпостук каарман канчалык кыйын тоскоолдорду жеңип чыкса, ошончолук анын эрдик, баатырлык мартабасы бийиктейт. К. Жантөшевдин «Эки жаш» повестинде дал ушул көркөм законченемдүүлүктүн жол-жобосу кадимкидей күчүндө десек болот. Жазуучунун кыргыз эпосу менен байланышы

www.bizdin.kg

«сырттан» келген окуя, көрүнүш эмес, кимдир бирөөлөрдүн оюнан чыгарылган жоромол да эмес, бул К. Жантөшевдин чыгармачыл индивидуалдуу бөтөнчөлүгүнүн табигый ал-абалы, туруш-турпаты, тагыраак айтканда, эпостук стихия жазуучунун чыгармачылык өнүккөн күчтүү тарыхый-эстетикалык чектелген чабал да жагы. Ачыгыраак айтсак, элдик эпос менен тикелей байланыш, бир жагынан жазуучунун улуттук фактурасын калыптандырууда, анын тил жана стилдик өзгөчөлүктөрүнүн аныкталышында, элдик турмуштун, элдик аң-сезимдин, үрп-адаттын терең катмарларын таанып-билүүдө чечкиндүү эстетикалык өбөлгө болсо экинчи жагынан фольклорго бир беткей, бир пландуу кармап турат.

Жазуучунун элдик турмушка, тарыхый окуяларга жасаган эстетикалык мамилеси анын негизги китеби «Каныбек» романынан көрүндү. Биринчи редакция боюнча романдын биринчи китеби 1939, экинчи китеби 1941, үчүнчү китеби 1948-жылы жарыкка чыккан. Кийинчерээк автор эл арасына кеңири тарап, атакка ээ болуп кеткен бул чыгармасына кайрадан кайрылып, экинчи редакциясын иштеп чыкты. Бул редакция боюнча автор мурдагы эки китепти бириктирип биринчи китепке (1957), үчүнчү жана жаңыдан жазылган төртүнчү китепти бириктирип экинчи китепке (1958) айландырды.

Байкалып тургандай, «Каныбек» романынын эң биринчи беттери 30-жылдардын ортосунда жазыла баштаса, анын эң акыркы эпизоддору элүүнчү жылдардын аяк ченине туш келди. Ырас, жазуучу бул романдын үстүндө үзгүлтүксүз, такай иштеген жок, китептер жана бөлүмдөр арасында, прозада да, драмада да башка чыгармаларды активдүү жаратып жатты. Алардын арасында, маселен, «Курманбек» аттуу драма да бар. Бул бир жагы. Экинчи жагы, «Каныбек» романы баштан-аяк жаралган мезгилдик аралыкта кыргыз адабиятынын көркөмдүк процессинде этаптык маанидеги окуялар болуп өттү. Башкасын эсепке албаганда деле, эң оболу Т. Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» романы, А. Осмоновдун поэзиясын айтсак жетиштүү болот. Дал ушул жылдары кыргыз адабиятынын асманында Ч. Айтматовдун таңкы чолпон жылдызы жаркырап көрүнө баштаган эле. Кыргыз адабияты

www.bizdin.kg

басып өткөн отузунчу жылдардан тартып, элүүнчү жылдардын ортосуна чейинки көркөмдүк дистанциянын мезгил аралыгында жаралган «Каныбек» романында дал ушул улуттук сөз искусствосунда жүрүп өткөн сапаттык кубулуштар чагылдыбы же жокпу, эгерде чагылса, кандай деңгээлде болду деген сыяктуу суроо туулбай койбойт. Жөнөкөйлөштүрүп айтканда, отузунчу жылдарда жазуучулук индивидуалдуулугу калыптана баштаган К. Жантөшев өзү элүүнчү жылдарда мурдагы бойдон өзгөрүүсүз «катып» калбайт эле да. Мына ушул ыңгайдан караганда К. Жантөшев адамды, реалдуу турмушту, тарыхый окуяларды сүрөттөөдө өзүнүн негизги эстетикалык программасына, окуяны биринчи планда сүрөттөө программасына, б. а., адамды чиеленишкен, татаал байланыштардын призмасында кароо программасына туруктуу экени ачык эле байкалат.

Мындагы бардык маселе, барып-келип, адамды сүрөттөөгө; анын ички табиятын ачууга байланыштуу. Белгилүү эмеспи, фольклордук адам менен реалисттик адабияттагы адамдын ортосунда көз кайкыган дистанция жатат. Мындай деп айтуу буларды бир-бирине карама-каршы коюу, же бирин көкөлөтүүгө жатпайт. Тек гана алардын эстетикасындагы принципиалдуу айырмачылыкка акцент коюу. Эми бир аз учурга реалдуу картинаны көз алдыга келтирели чи. Жаңы гана фольклордон бүчүрлөп, бөлүнүп, чоң реалисттик көркөм дүйнөнү тааный элек, тааныса да чаламоңол, «чөп башылап» билген жаш адабияттын өкүлү биринчи жолу роман жазууга киришти. Роман өткөн каардуу заманда жашаган кулдун оор тагдыры, кыйын турмушу жөнүндө. Өткөн турмушту, анын татаал социалдык экономикалык, коомдук кубулуштарын, ошол учурда жашаган адамдардын кулк-мүнөзүн, нравасын, умтулуш ойтилектерин, келечек үчүн күрөшүн, өз заманынын алдыңкы адамынын образын бардык тараптан шайкеш сүрөттөш үчүн жалгыз табигый таланттын жетишсиздиги түшүнүктүү. Турмуштук кеңири «багаж», жалпы эрудиция жөнүндө айтпай, эле коёлу, автор ориентация ала турган, өзүнүн издемчил тынымсыз аракетинде таяна турган кандайдыр бир күчтүү эстетикалык өбөлгөлөр да зарыл эмеспи. Маселен, азыр сөз жүрүп жаткан Касымалы Жантөшев Каныбектин образын сүрөттөөдө кандай көркөмдүк фактор-

www.bizdin.kg

лорго таянат эле? Албетте, биринчи иретте, фольклорго. Бул аракет-кыймыл, демилге эч аң-сезимсиз, өзүнөн-өзү иштин процессинде ошондой боло турган табигый көрүнүш болчу. Эпос, элдик уламыштар, өткөн турмуштагы окуялар жөнүндө эл арасында айтылуучу аңгеме-кептер жаш автор үчүн жөн эле поэтикалык үлгү, ал турмак өзүнчө бир норматив гана эмес, белгилүү даражада ошол өзү сүрөттөгөн доорду иликтеп билүүдөгү турмуштук негиз катарында да кызмат аткарат. Мында таң кала турган же бүшүркөй турган эч нерсе жок. Бардыгы өз жайында. Турмушту тарыхый-документалдык материалдын негизинде иликтеп үйрөнүү үчүн жазуучуда мүмкүнчүлүк аз болчу. Бөтөнчө «Каныбек» романынын 1-варианты жазылган жылдарда. Ырас, ал учурда автордун алдында ырааттуу тарыхый роман жазуу милдети турган эмес. Бирок өткөн тарыхый турмушту реалдуу чагылдыруу ар бир автордон так жана терең историзмди талап этери шексиз. Коом таануу илимдеринин ал мезгилдеги деңгээли дагы жазуучуга жарытылуу көмөк көрсөтө албады. Өткөн кылымдагы кыргыз элинин турмушун иликтөө маселеси да ал учурда жарытылуу түрдө колго алына элек болчу. Мына ошондуктан эски доордун реалдуу турмуштук картинасын жаратууда автордун таянар бирден-бир тоосу — бул эл оозунда айтылган ар түрдүү аңгеме-кептер, уламыштар, поэтикалык материалдар болду. Ушундан улам Каныбектин жеке адамдык касиет, сапаттарын сүрөттөөдө анын принциптеринин айкын издери жатканы таң каларлык иш эмес.

Мындайча айтуу К. Жантөшевдин жазуучулук ыгына көлөкө түшүрүп, ал жараткан образдын эстетикалык баасын төмөндөтүүгө эч жатпайт. Андан көрөк, автор ошол фольклордук ыгын канчалык терең сактап, канчалык анын байыркы нугун таза кармай алса, анын түзгөн образы ошончолук таасирдүү жана өзүнүн максаттуу чекитине жетип турат, ал эми эстетикалык нуктан чыгып, эпостук нукта жаралып калган көркөмдүк системага кайрадан кайрылып, таза психологиялык, социалдык жышаандарды кошо баштаганда каарман жасалмалуу тарта баштайт деп айтсак ылайыктуу болот.

Буз тезистин маанисин байкаш үчүн романдын 1939—1941-жылкы редакциясы менен кийинки 1972-жылкы

www.bizdin.kg

жазуучунун чыгармалар жыйнагына кирген редакциядан бир эпизодду салыштырып көрсөк жетишет. Мурдагы редакция боюнча романдын экспозициялык бөлүгүндө Каныбек турмуштун аркы-беркисин ойлоно элек, тузагына түшкөн кекилик-чилге кубанып, «кулун жалды» созолонтуп ырдап коюп жүргөн эле бала. Ал эми азыркы редакциясында романдын башталышында эле Каныбек турмуш жөнүндө ойлоно баштаган, болгондо да социалдык адилетсиздик кайдан чыгып жатканын түшүнүүгө аракет кылат.

Романдын улам кийинки басылышында анын социалдык маанисин тереңдетүү демилгеси дурус, бирок ал чыгарманын мурда түзүлүп, орноктошуп калган көркөмдүк системасына, доошуна табигый түрдө айкалышып турса гана.

«Каныбек» романынын азыркы редакциясынын көркөмдүк доминантасы — адам мүнөзүн сүрөттөөдөгү бир пландуулук — өзүнүн генезиси боюнча фольклордук поэтика менен байланышкан. Адамды сүрөттөөдөгү бир пландуулук дегенибиз — анын жеке сапаттарын алдын ала аныктап, белгилеп коюу. Бала Каныбектин (он үч жаштагы) ары акылдуу, баатыр, күрөшчүл, жайы келсе, өнөрпоз адам болору күн мурунтан эле билинип турат. Энеси Ажар экөө душманга биринчи жолу каршылык көрсөтүп качып чыкканда, карышкырлардын камоосунан аларды мергенчи Жолой куткарып калышы сюжеттик эпизод катарында романдын көркөмдүк системасында бөтөнчө милдет аткарат. Бул жөн эле кызыктуу эпизод эмес. Эч кимге айтпаган сырын (Алтын көкүл Раушан жөнүндөгү сырын) далайды баштан кечирген ушул адам, эми ушу качып бараткан аялга, жаш балага бекеринен айтып отурган жок. Жолой өзүнүн узак аңгемесин жаш Каныбекке кайрылып («Каныбек балам жаш экенсиң, жаш да болсоң айткан сөзүңдүн көбүн олуттуу көрдүм...»), терең акыл-насаат менен бүтүрөт. Бул акыл-насааттын маани-жайы эмнеде? Ал каармандын кадимки эпикалык циклизациясы, орун алмашышы, биринин артынан экинчисинин келиши. Жолой бул кечээги Каныбек. Жолой муну сезет. Анын бүтпөй калган ишин, оор, татаал турмушун эми Каныбек улантат. Маселен, Жолой Алтын көкүл Раушанына жетпей калды, ал эми Каныбек болсо дал ошол Алтын көкүл Ра-

www.bizdin.kg

ушандын кызы Анарханга үйлөнөт. Мындай сюжеттик түзүлүштүн принциби түздөн-түз эпостук циклизация законунан келип чыкканы күмөн туудурбайт. Ушул поэтикалык принцип менен мүнөздөлгөн каармандын эволюциясы тез алмашылган окуялардын кырдаалында өнүгөт. Натыйжада Зуннахунга «каралыкка» келген жаш бала Каныбек бат эле «бардык тарабынан» өсүп жетилет. Өлүм алдында ал эчтекеден тайманбай, кадимки эпостук баатырларча, кайраша кекээр айтат. Ал турмак эзилгендер жөнүндө, эркиндик жөнүндө лозунг таштайт. Бир эле эпизоддо эки накта өлүмдөн; Зуннахун ата турган болгондо Айдаркан датканын каты келип калып, экинчисинде Супахан кадимки каадасынча (ал далайды ошенткен) уу берип өлтүрөрдө, терезеден шыкаалап турган Анархан көз ымдап аман калат. Бул каармандын өлбөстүгүнүн белгиси. Ал кийин да далай өлүм коркунучтарынан оңой эле кутулуп чыгат. Ушул сыяктуу окуяларды сүрөттөөдө авторду көбүнчө кызыктырганы, каармандын ички дүйнөсүндөгү түйшүктөр эмес, окуянын жүрүшү, анын сырткы кыймыл-аракеттери.

Эгерде сюжеттик кыймылды андан ары иликтеп көрсөк, ар бир эпизод өзүнчө окуя экенине көзүң оңой эле жетет. Эки томдуу, алты бөлүмдөн турган романда канча окуя-факт бар экенин эсептеп чыгууга бул чыгарманын атайы изилдөөгө алган адамдын да чамасы келбесе керек[8]. Чыгарманын бул касиети толук түшүнүктүү. Романдын поэтикасынын имманенттүү касиети жалпы жонунан окуянын сырткы кубулуштарын берүүгө негизделген. Ошондуктан бул чыгармадан окуянын ички диалектикасын ачуу, адамдын ички турмушун көрсөтүү, психологиялык талдоого алуу сыяктанган чоң реалисттик адабияттын касиеттерин издөө — методологиялык жаңылыштык. Дагы кайталайбыз, ушундайча берилген аныктама «Каныбек» романынын паанайын дегеле төмөн түшүрбөйт. Тескерисинче ага азыркы критерийлер менен, башкача эстетикалык принциптерде өркөнү өркүндөгөн адабияттын көркөм критерийлери менен мамиле этсек (чыгарманы көтөрмөлөө максатында) дал ошондо, ага «көтөрө алгыс жүк» таңуулаган болор элек.

«Каныбек» романынын көтөргөн тарыхый-адабияттык жүгү бар. Ал жазуучунун көркөм ой жүгүртүүсүнүн тары-

www.bizdin.kg

хый деңгээли менен шартталган. Бул романдын күчү фольклордук эстетикага бекем таянганында. Китептин биринчи басылышы өз учурунда эл арасына кеңири таралышы да бекеринен эмес. Мындай деп айтууда «Каныбекти» жомоктун ирегесине биротоло байлап коюучулук жок. Ал дал ошол поэтикалык шааниси менен улуттук сөз искусствосунун дүйнөсүн байытып, социалисттик реализмдин дүйнөсүнө кирди. Бул баарынан мурда көп түйшүктүү Каныбектин образына байланыштуу. Чынында да ал кандай гана окуяларга, кандай гана турмуштук кырдаалдарга дуушар болбоду. Ал кандай гана адамдарга кездешпеди, кандай гана тагдырдын сыноолорун баштан өткөрбөдү. Анын көргөн күнүн, тарткан азабын, мындай алып караганда, бир адамдын биографиясы сыйдырар беле да, ушунчалык кайчы келген тоскоолдуктардын баарын жеңип чыгууга бир адамдын күчү жетет беле деп ойлойсуң. Ушунун баары жазуучунун учкул ой жорутуусунан жаралып, ушунун баары бир гана максатка багытталган: социалдык адилетсиздикке каршы кулдун стихиялык протестинен баштап, аң-сезимдүү күрөшчүлдүн деңгээлине чейинки жолду көрсөтүү. Автор, каарман канчалык көп кыйынчылыктарды, тоскоолдуктарды жеңип чыкса, ал ошончолук сонун деп ак дили менен эсептеген. Мындай көркөмдүк принциптин төркүнү маалим: эпикалык каарман канчалык татаал, канчалык коркунучтуу окуялардын арасынан чыкса, ал ошончолук баатырдыктын наамына, атак-даңкка ээ болот. Дал ушул көркөмдүк «этикет» (Д. С. Лихачев) ар дайым жазуучунун көз алдында турду. Бул үчүн автор күнөөлүү эмес, ал өзүнүн закондуу жолу менен баратты. Натыйжада ошол көркөмдүк принциптердин негизинде жаңыдан троло баштаган адабиятта роман жанрынын өзүнчө бир үлгүсүн жаратты. Ал үлгү байыркы эпиканын көп катмарлуу дүйнөсүнүн тереңинен чыгып, бүгүнкү реалисттик прозага карата ишенимдүү көпүрө салды. Ушундай деп айтуу «Каныбектин» кадыр-баркын төмөн түшүрөбү?

«Каныбек» романындагы жомоктук көрүнүштөрдү эң биринчи ирет Т. Саманчин белгилеген эле. Ал өзүнүн бул чыгарма жөнүндөгү көлөмдүү макаласында төмөнкүдөй жазган: «Бул кылык-жоруктар, бул мүнөздөр жер үстүндөгү жашаган кадимки кишилердин мүнөзүнө окшобойт.

www.bizdin.kg

Мындай мүнөздүү элестер реалисттик романда эмес, жомокто гана болот»[9]. Т. Саманчиндин рецензиясында сөз «Каныбек» романынын биринчи редакциясы (1939—1941) жөнүндө баратат. Сынчы романдагы каармандардын мүнөзү, кылык-жоруктары реалисттик романда эмес, жомокто гана болорун тикеден-тике эле айтып жатат. Өз учурундагы сын романды дал ушундай кабыл алган. Мындай караганда адабияттык критерий азыркы реализмдин позициясынан туура эле коюлган. Каныбектин образын, дегеле бүтүндөй романдын ички структурасын, кийинки мезгилдеги адабий илимдин тажрыйбасына таянып, атайы талдоого алган эмгегинде А. Абдылдабеков «... Жалпыланган көркөм образ түзүүдө элдик оозеки чыгармачылыктын таасиринде тарбияланган (жазуучунун көркөм ойлоосу) Каныбектин образынын эпостук каарманга окшоп калышына алып келген»[10] деп жазат да, бул эки эстетикалык көрүнүштүн ички диалектикалык байланышын ачууга келгенде жалпылама мүнөздөмөлөр менен чектелип калганы сезилет. Кантсе да К. Жантөшевдин эстетикасы, реализмге карата чапкан жолу татаал көрүнүш катары, аны бир маанилүү гана жомоктук, эпостук фактор менен түшүндүрүү жетишсиз болор эле.

«Каныбек романында адамдын образын көрсөтүүдөгү жазуучунун эстетикалык кредосу, жогортодо айтылгандай, сүрөттөөдөгү окуялуулукка негизделген бир пландуулук, алдын-ала даярдалган белгилүүлүк. Ошондуктан ар бир каармандын «эн» тамгасы, айырмалуу белгиси бар. Маселен, Жолой мергенчи, ошонусуна жараша ал дайыма катаал кысталыштарда жетим-жесирлерди сактап, коргоп жүрчү «периштедей» касиеттүү адам. Ажарды эки жолу «кокустан» жолугуп, өлүмдөн сактап калат: биринчи жолу карышкырлар камаганда, экинчи жолу Кадыракун (Ажардын кийинки күйөөсү) өлтүрмөк болгондо. Жума жеткен уста, анын колунан жасалган буюм кайсы жерде жүрбөсүн, кимдин колунда болбосун таанымал, ал турмак кээде ошол буюм аркылуу адамдар бирин-бири эстешет, таанышат. Айтор, ар бир адамга, каарманга берилген туруктуу энчиленген белги, тамгасы бар. Ушундан улам адамдар арасындагы ички татаал психологиялык мамиле, байланыштар эмес, чукул, кокус кездешүүлөр сюжеттин ички кыймы-

www.bizdin.kg

лын аныктайт. Ушуга байланыштуу бир-эки эпизодду карап көрөлү. Каныбек Акжалды минип акыркы ирет Айдарбек датканын колунан качып чыкканда, тоо арасынан белгисиз бир кыз балага жолугат. Булар, албетте, бирибирин билишпейт, таанышпайт. Ошондой болсо да, булар бирин-бири мурда эле тааныш адамдай «сыр» жашырышпайт, ички оюн ачык айтышат, бир-биринен шектенишпейт, коркушпайт. Кыз бала Каныбекти ээрчитип, Ажар жаткан үңкүргө апкелет. Каныбек бул жерден өз энеси Ажарды тааныбайт, Жолойду да тааный албайт. Жолой өзүнүн атын айткандан кийин гана, Ажар Каныбектин акырегиндеги «бармак басым» калды көргөндөн кийин гана булар бирин-бири таанышат. Же болбосо, дагы бир эпизод. Көп жылдык сүргүндөн кийин, Сибирден кайтып келген Каныбек Анархандын дайнын таппай, Лангердеги досу Жапекти издеп жөнөйт. Анархан менен Эркин артынан кууп, жетпей калышкан. Каныбек көп кыйналбай эле бир кедейдин үйүнө туш келет. Кара сакалчан адам отурат, ал кантсе да Жапек. Бирок, булар бирин-бири таанышпайт. Жатарда Каныбектин көзүнө керегеде илинип турган бир бычак урунат. Бычакты дароо таанылйт, аны бир убакта белек кылып өзү берген. Ушундан кийин гана Каныбек Жапекти тааныйт. Эң акырында дагы бир эпизод. Кандайдыр бир себеп менен эки аскери менен өзү чалгынга чыккан Каныбек өтө калпыс кырдаалда басмачылардын колуна түшүп калат. Түшкөндө да оп-оңой эле түшүп калат. Каныбек ошондой эле бул туткундуктан оңой эле кутулуп чыгат. Куткаргандар, болгондо да, Каныбектин өзүн издеп жүрүшкөн Анархан менен Эркин. Окуп көрөлү. «Муну көргөн Анархан Каныбекке кандай учуп жеткенин байкабады.

Ал байланган аркандын чечүүлөрүн издеп отурбастан чөнтөгүнөн алган бакиси менен арканды бырчылдатып кесип жиберди.

Паранжачандан чочуп калган Каныбек, Анархан жүгүрүп келип бакисин ачканда сестене түштү.

— Эми качыңыз! — деди Анархан калтырап шашкан үнү менен.

— Сиз кимсиз?

— Баласын ээрчитип жок жоготуп издеп таппай жүргөн

www.bizdin.kg

бир бечара аялмын. Сизди кызылдардын кишиси деп кылган жакшылыгым ушул, колуңуздан келсе жардамдашыңыз.

— О, кагылайын келин, үнүң жакшы экен, үнүңүздөн да кызылдар үчүн соккон жүрөгүңүз жакшы экен. Атыңыз ким? Үйүңүз кайда?

— Атым Жамал. Үйсүз тентиреп жүргөнүбүз ушул»[11].

Көрүнүп тургандай, колго түшүп калган Каныбекти жакындап эле көрүп турган Анархан, баласы Эркин экөө, куткарып жатышат. Ал турмак, Каныбек менен Анархан бетме-бет сүйлөшүп да жатышат. Бирок, булар бирин-бири тааныбайт. Оштун «пыян базарынан» жолукпай бөлүнүп, эки башка жакка жөнөп кетишкендей, азыр да бирин-бири таанышпай, бөлүнүп кетишет.

Бул мисалга алынган сюжеттик ситуациялар романдык мазмундун өнүгүшүндө, демек, каармандын сүрөттөлүшүндө айрыкча мааниге ээ болгон эпизоддорго жатат. Келтирилген сюжеттик жагдайлардын биринде уулу энесин, биринде-жаштайынан бир чоңойгон эки дос, биринде-аялы күйөөсүн «тааныбай» калып жатат. Бирок, ошого карабастан, ар бири эң жакын, эң ишеничтүү адамына жолуккандай, боорукерлик, камкорлук көрсөтөт, дал ушул тиешелүү жана зарыл болгондой, эмне үчүн иштеп жаткандыгы жөнүндө ой да жүгүртүшпөйт. Эгерде бул роман реалисттик психологизмдин (азыркы биз түшүнгөн) негиздеринде жазылган болсо, анда, мисален, ушуга окшогон толуп жаткан ситуацияларды сюжеттик «калпыстыктардын» катарында эсептесе болор эле. Көрсө, жигит-энесин, аялы-күйөөсүн, дос-досун тааныбай калуу, бирок бирине-бири күйүп, жардам берүү, бул анчейин гана сюжеттик калпыстыктар эмес экен. Кыйчалыш ситуацияларда «тааныбай калуу», туткундуктан «кутулуп кетүү» (өз кишилеринин жардамы менен), же кокустан эле катаал кырдаалга туш келүү сыяктанган сюжеттик чырмалыштар менен чиелеништер, кантсе да, жазуучунун романдык ой жүгүртүүсүнүн өзүнчө бир бөтөнчөлүгүн белгилейт.

Жазуучунун романдык ой жүгүртүүсүндөгү ушул бөтөнчөлүктү байкоо үчүн экинчи китептин башталышындагы (кийинки редакция боюнча) «Жөргөмүш менен сөлөкөт» деген эпизодду карап көрүү кызыктуу. Каныбек сүргүндө,

www.bizdin.kg

Сибирде. Анархан болсо Ошто өзүнүн атын, баласы Эркиндин, кайын сиңдиси Сакадайдын, келини Дарыяхандын атын өзгөртүп, жашырынып, эптеп күн көрүп жүрөт. Бул революционердин үй-бүлөсүнүн «конспирациясы». Арадан 8 жыл өтөт. Оштун көчөлөрүнүн биринде паранжа жамынган Анархан менен Дарыяханга эки уйгур жигит жолугат. Мунун бири Муслимахун; Каныбек менен сүргүндө болуп, жакында эле кайтып келген, Каныбектен ала келген каты бар. Мына азыр дал ошол каттын ээси Анархандын өзүнө жолугуп жатат. Муну сыртынан эле божомолдоп билет. Чынында да ошондой болуп чыгат. Жашыруун «конспирацияда» жүргөн аялдар деле ачыкка чыгып беришет, эчтекеден шектенбейт, күнөм санабайт. Бирок, сюжеттик чиелениш муну менен бүтпөйт, андан ары уланат, дагы татаалданат. Муслимахун Каныбектин карындашы Сакадайга үйлөнөт. Үйлөнүү үчүн, албетте, Муслимахун өзүн «көрсөтөт», белгилүү сыноодон өтөт. Ал мындайча. Анарханга «көзү түшүп» калган Мамашарыптын уулу бузуку Асалхандын жардамы менен, кантсе да, Анарханды «колго түшүрүүнү» самайт. «Жөргөмүштүн» торуна Анархан чалынып, колго түшүп каларда, белгисиз бир «сөлөкөт» пайда болуп, куткарып кетет. Бул — Муслимахун.

Албетте, сюжеттик окуяларды бир-бирине чырмалыштыруу, күтүлбөгөн жерден түйүлүштүрүү, конструкциялоо өзүнчө чоң искусство. Бул жагынан К. Жантөшевдин жекече жазуучулук касиет-сапаты, оргуштаган ой-чабыты бир кыйла эле күчтүү болгон. Жогоруда сөз болгон эпизоддун борбордук түйүнү «жөргөмүш» менен «сөлөкөттүн» аллегориялык образдары эпостук поэтикадан келип чыкканы талашсыз. Ошондой болсо да, мезгил жагынан да, мейкиндик жагынан да узак аралыктар менен өлчөнгөн окуяларды конструкциялоо, жасалгалоо — бул сөзсүз жаңыдан жарала баштаган эстетикалык жол-жоболордун, эрежелердин тикелей туундусу болуп эсептелет. Анткени, кадимки кадыресе кулдук абалдан аң-сезимдүү революционердин даражасына көтөрүлгөн каармандын образын түзүү үчүн жазуучуга жаңы социалдык турмуш шарттарын, жаңы адамдар менен болгон мамилелерди көрсөтүү зарылчылыгы келип чыкты. Ушул максатта автор Каныбекти

www.bizdin.kg

Алайдан Кашкарга, Оштон Сибирге чейин алпарат, уйгур, дунган, казак, украин, орус элдеринин өкүлдөрү менен жолуктурат. Ар башка социалдык-турмуштук карым-катыштарын, ар башка элдердин өкүлдөрүн сүрөттөө романдын мазмундук масштабын кеңейтет, жеке адамга карата көз караштын тарыхый келечегин (перспективасын) ачат. Каныбек адегенде кул, андан соң бийликке, зомбулукка, адилетсиздикке акаарат жасаган жекече күрөшчүл, эң акырында, орус адамынын таасири алдында революциячыл идеяларды кабылдаган жана өздөштүргөн кадимки эле жаңы турмуштун каарманы. Автор Каныбектин бул «узак жол — одиссеясын» көрсөтүүдө белгилүү даражада көркөмдүк градацияны сактайт, ал турмак каармандын жетилүү эволюциясын көрсөтөт десек болот. Маселен, адегенде ал дос ким, душман ким — таасын ажырата албайт, кыйчалыш кырдаалдарда Айдарбек даткадан «өч алыш» үчүн Сооронбай болуш менен достошот, натыйжада, кайрадан колго түшөт. Өзүнүн бул жаңылыштыгын, таптык жиктелишүүнү билбегендиктен келип чыккан жаңылыштыкты, Сибирге баргандан кийин түшүнөт.

Көрүнүп тургандай, каармандын башынан күтүлбөгөн укмуш окуялар өтөт, ата-бабасынын түшүнө кирбеген жерлерге барат, не бир адамдарга кездешет, албетте, мунун баары сөзсүз түрдө адамдын духовный дүйнөсүнө таасирин тийгизбей коймок эмес. Романда чынында да ошондой болот. Бирок кандайча? Автор каармандын ички турмушундагы өзгөрүштөрдү болгон факт-окуя катарында гана баяндайт. Ал эми ушул окуя-факт кандайча жана кантип болгонун жазуучу көрсөтпөйт. Ал кырдаал сюжеттик чиелеништердин далдаасында, көмүскөдө калат, Маселен, Каныбек Зуннахундан Айдарбек датканын колуна келип, андан акыркы ирет качып чыкканда жана баягы үңкүрдө энеси Ажарга, Жолойго жолукканда туура он жыл өтүптүр. Муну Каныбек өзү эсепке алып жүргөн экен. Бул арада романдын каарманы Каныбек Сакадай аттуу карындаштуу да болуптур. Энеси кашкарлыкка турмушка да чыккан экен. Же болбосо, дал ушундай эле, сегиз жыл өткөндөн кийин Каныбектен кабар алганга чейинки Анархандын турмушу, Каныбектин алыскы Россияда согушта болушу (жарадар болуп поездде кайтып келатканын эсепке

www.bizdin.kg

албасак) — ушулардын баары тек гана болгон окуя-факт катарында айтылат. Башкача айтканда, бул окуя-факт психологиялык талдоого алынбайт, анын ички диалектикасы ачылбайт деген адамдын мүнөзүндөгү өзгөрүүлөр жалпы окуя-факт аркылуу мүнөздөлөт да, анын ички дүйнөсүндөгү жаңылануу процесси көркөмдүк изилдөөнүн объектисине айланбайт.

Каарманды эпикалык формулалардын жана жол-жоболордун чектеринде сүрөттөө романдын биринчи китеби үчүн толук түрдө закондуу жана табигый көрүнүш болсо, анын экинчи китебинде белгилүү даражада көркөмдүк кемчиликтерди, ал турмак схемалуу примитивди жаратпай койбойт.

Ушул ойду бекемдөө максатында бир-эки конкреттүү мисалды карап көрөлү. Окуядан окуя чыгаруу, каармандын ал-абалын улам татаалдантуу «Каныбек» романынын сюжеттик негизин түзөт дедик. Самсахун баш болгон Зунахундун адамдары Каныбекти «тартуу» катарында Айдарбекке алып келатышат. Нечен жол басат, нечен ашуулар ашат. Өскөн жери Улуу-Чатка жакындаганда, Каныбек бир түнү тору атты минип качып чыгат. Ырасында иш чатакка айланат. Эки ортодо күнөөнүн баары Самсахунга жүктөлөрү ачык болот. Романдык сюжеттин өнүгүшү өзүнүн драмалык чиеленишинин бийик чекитине жетет. Бирок, бул, кимдир бирөөлөр үчүн накта кайгы апкеле турган драма эч кимдин оюна келбегендей күтүүсүз кубаныч менен чечилет, Каныбек кайрадан өзү келет. Бирок, мында эч кандай күтүлбөгөндүк жок. Көрсө, Каныбектин качышы кандай табигый болсо (жерин, энесин сагынган), анын кайрадан өзү келиши да ошондой эле боло турган иш экен (Самсахунду бөөдө жалаага таштап кете албайт эле). Бул жердеги сюжетти атайы драмалаштыруу, атайы татаалдантуу дал өзүнүн мелжеген кароолуна таамай тиет. Мына, маселен, ошол эле Каныбек менен дагы бир окуя. Бул окуя Каныбек Сибирден, алыскы Россиядагы согуштан кайтып келгенден кийин, Жапектин үйүндө «жашырынып» жүргөндө болуп жатат. Автордун максаты айдан ачык түшүнүктүү. Каныбектин Сибирден келгенин билип калган анын душмандары издешип, колго түшүрүп алуу амалында. Каныбек болсо жарадар, айыга элек. Ачык-

www.bizdin.kg

ка чыгууга болбойт. Муну Каныбектин достору да жакшы билишет. Алар да өз амалын жүргүзүшөт. («Тең жарышкан амал»). Кимдердин «амалы» күчтүү жана ийкемдүү, кеп ушунда. Ошентип, автор мына ушул сюжеттик ситуацияны андан ары күчөтөт, татаалдантат. Профессионалдуу конспирациялык иштер жүргүзүлөт. Буга Жума, Кубат, Темир катышат. Алар Каныбекти жолдон «колго» түшүрүп алышат да (бул Каныбектин өзү үчүн да белгисиз, түшүнүксүз), Кубаттын эжеси Чыныгүлдүн үйүндө жашырып багып турушат. Муну баамдап, издеп келген Түнкатарлар таппай кеткенден кийин, автор мындайча жыйынтыктайт: «А кардуу бороонго аралаш Каныбекти кармай калып, чийнеге таңышкан атчан Темир, чийнечени Кубат эле.

Ал Каныбекти өз үйүнө алып баргандан чочулап, ушул эжеси Чыныгүлдүкүнө алып келген.

Каныбектин мында экенин Жума, Кубат, Темир, — үчөөнөн башка жан билбейт.

Мына бул, жалган жеринен «олуя апенде» атыгып, бир канча күндөн бери Чыныгүлдүн колунан тамак ичип, соо мүнөзүн келесоодой көрсөтүп, келгенден бери Чыныгүлгө бир ооз да кеп айтпаган, эми өзүн олуя көрүп, жалынган Чыныгүлгө жылмая карап төшөктүн үстүндө отурган киши — Каныбек эле»[12].

Каныбектин биринчи китептеги «качышы», «кайта келиши» окуялуу сюжеттин табиятына толук шайкеш келет, адамдар арасындагы татаал байланыштарды ачык туюуга өбөлгө түзөт, өзүмчүлдүк менен адамгерчиликтин ортосундагы айырмачылык даана көрсөтүлөт. Ал эми Сибирдин сыноосунан, орус революциясынын арасынан келген Каныбектин кыргыз айлындагы «конспирациясы», Кубаттын чийнесине өзүнөн-өзү «таңылып калышы», «Чыныгүлдүн үйүндө «олуя» болуп отурушу, «мистификациясы» окуялуулук жыганан да, мотивировкаланышы жагынан да өтө эле примитивдүү, схемалуу, каармандын реалдуу образын ачууда ишенимдүү негиз боло албайт, анчейин курулай кызыктуулук үчүн сүрөттөлгөн окуялардын деңгээлинде калат. Айтор мына ушу сыяктуу, романдын экинчи китебинде бөтөнчө жыйынтыктоочу бөлүмдөрдө Каныбектин Анарханды издеп, таба албай коюшу, аларды мурда таанытбаган Кубат оңой-олтоң эле таап келиши, айтор Каны-

www.bizdin.kg

бектин басмачылар менен күрөштөгү окуялары өзүнө жүктөлгөн идеялык-көркөмдүк милдетке анчейин эгедер эмес экени, ушуга байланыштуу сюжеттик чиелеништер «чоочун» жактан кошулгандай өгөйлөп турганы талашсыз. Дал ушундай эле Каныбектин эмне үчүн өз атын жашырып (Анархандыкы бир жөн) Азиз Ахмедов болуп алышы, дегеле ал командирлик даражага кантип жетти деген суроолор романдын сюжеттик кыймылынан четте калат. Чынында автордун негизги чыгармачылык милдети «кулдан командирликке» чейинки аралыкты көрсөтүү эле да. Мына ушу жагдайда караганда, Каныбектин «кул» кезиндеги апыртуулар, жомоктогудай кездешүүлөр жана ажырашуулар табигый түрүндө кабыл алынса, «командирлик» кезиндеги ар түрдүү конспирациялардын ички муктаждыктары жана зарылчылыктары көмүскө бойдон калат.

Ошентип, «Каныбек» романынын биринчи китеби менен экинчи китебинин ортосунда орчундуу стилдик, көркөмдүк кайчылаштыктар, келишпестиктер, дисгармония бар экени ачык эле байкалат.

Мунун себеби эмнеде? Жогортодо белгилегендей, романдын биринчи китеби негизинен отузунчу жылдарда жазылган, экинчи китеби элүүнчү жылдарга туура келет. Байкалып тургандай, эки китептин ортосунда кыйла мезгилдик аралык жатат. Анын үстүнө «Каныбек» романын биротоло бүтүрүүдө жазуучу үзгүлтүксүз, бир ыргак, бир дем менен иштебегени, ортодо, аралыкта башкача стилдеги, башкача маанайдагы (маселен, «Курманбек» драмасы) чыгармаларды жаратканы белгилүү. Демек, «Каныбек» романынын биринчи жана экинчи китебинин ортосундагы стилдик кайчылаштар жалаң эле жылдар аралыгына, календарлык мезгилге байланыштуу эмес. Бул баарынан мурда жазуучунун индивидуалдуу эволюциясына, кыргыз адабиятында ушул аралыкта болуп өткөн сапаттык бурулуштарга байланыштуу маселе, дал ошондой эле биринчи жана экинчи китепте сүрөттөлгөн турмуштук материалга жана ал көтөргөн идеялык-көркөмдүк проблемага байланыштуу маселе. Жөнөкөйлөштүрүп айтканда, отузунчу жылдардагы К. Жантөшев менен элүүнчү жылдардагы К. Жантөшевдин ортосунда, айталык, «Карачач» драмасы менен «Курманбектин» ортосунда принципиалдуу көркөм-

www.bizdin.kg

дүк дистанция жатат. Бул айырмалык ошондой эле кыргыз адабиятынын ушул аралыктагы динамикасы, сандык-сапаттык өзгөрүштөрү менен белгиленет. «Каныбек» романынын экинчи китебинде дал ушундай көркөмдүк дистанция пайдаланылбай жатат. Тагыраак айтканда, К. Жантөшев өзүнүн экинчи китебинде сүрөттөлгөн жаңы социалдык-тарыхый кырдаалдарга кийинки мезгилдин адабий талабынан эмес, отузунчу жылдардын чектеринен карап, ошол мезгилдин адабий чөйрөсүнөн чыга албай калган.

К. Жантөшев азыркы күндүн темасын кеңири изилдеп, ар түрдүү жанрларда сүрөттөгөн жазуучулардын катарына кошулат. Кыргыз жергесиндеги жаңы турмуш, жаңы чындык, социалдык-маданий кубулуш, ошондой эле адамдардын психологиясы, туруш-турпаты, ички дүйнөсүндөгү кубулуштар жазуучунун чыгармаларында өзүнүн тиешелүү ордуна ээ болду. Ушулардын арасынан «Тилек» (1949), «Жалындуу жаштар» (1951), «Ашуу ашкан суу» (1955), «Хан-Теңирлик чабан» (1963), «Менин тагдырым» (1963), «Биздин секретарь» (1964) ж. б. чыгармаларын белгилөөгө болот. Жазуучу бул повесттеринде жана романдарында мектеп окуучулардан тартып малчыларга чейин, карапайым дыйкандардан тартып, бийик кызматтагы интеллигенттерге чейин ар түрдүү адамдардын өмүр жолун, тагдырын баяндайт. Жазуучу, мейли фантастикалык окуялуу сюжетке кайрылабы, же кадыресе эле реалдуу койчунун, же агрономдун реалдуу турмушун сүрөттөйбү баары бир ал өзүнүн жазуучулук негизги манерасына бекем экенин айкындады. Сюжетти атайы татаалдантуу, кызыктуулукту максат кылуу, каарманды күтүлбөгөн сыноолордон алып чыгуу К. Жантөшевдин азыркы күндүн темасына арнаган чыгармаларында да кеңири орун алат десек болот. К. Жантөшев өзүнүн жазуучулук салтына бекем болушу бул бир жагынан кыргыз прозасында «аттын кашкасындай» таанымал сөз чеберинен улам чыңалышына, улам дааналанышына алып келди, «Жантөшевдин стили», «Жантөшевдин реализми» деген түшүнүктөр өзүнчө бир көркөмдүк окуя катарында улуттук көркөм сөз искусствосунун тарыхынан орун алышка шарт түздү. Дал ошондой эле жазуучулук көнүмүштөргө бекем, туруктуу болуш, экинчи жагынан, жазуучуну белгилүү бир калыптарга, стандарт-

www.bizdin.kg

тарга чектебей койгон жок. Тагыраак айтканда, жаңы турмуштук кырдаалды, адамдар арасындагы жаңыча мамилелерди ичкериден, терең психологиялык негизде талдап сүрөттөө максаты жана көнүмүшкө айланган адабий жол-жоболордун ортосунда келишпес конфликтилер пайда болуп жатты. Дал ушундай ситуацияны автордун «Хан-Теңирлик чабан» аттуу романынан айрыкча таасын байкоого болот. К. Жантөшев бул романында советтик мектепте тарбияланган жаш адамдын образын баатырдык, эпикалык планда сүрөттөөнү максат кылган. Өзүнүн чыгармачылык оюн ишке ашырууда автор жаш Темирболотту адегенде эле бардык тарабынан шайкеш келген акылдуу, өткүр, өнөрпоз каарман катарында көргөзүүдөн тартынбайт. Ал өрттөнүп жаткан үйдөн балдарды куткарып чыгат, чек арачылардын ишине активдүү катышат, баатырдык көргөзөт, чек араны бузгандарды кармайт, ал турмак, «көчкү алдында» калып, 23 күн дегенде кар-музду тешип, кутулуп чыгат. Бул жөнүндө К. Артыкбаев мындайча жазат: «Автор улам арылаган сайын окуянын кызыктуулугуна, курч өнүгүшүнө көбүрөөк умтулган. Темирболотту эч кынтыксыз идеалдуу каарман катары сүрөттөп, аны көптөгөн татаал турмуштук шарттарды оңой эле жеңип чыккан эр жүрөк, чыдамкай, кыраакы, сергек, айлакер адамдын турпатында элестеткен. Ушул жагынан алганда ал Каныбектин тибиндеги образ катары түзүлгөн»[13].

Албетте, мындайча алганда өткөн тарыхый турмуштун негизинде жаралган Каныбектин образы менен азыркы мезгилдеги чындыктан алынган Темирболоттун образынын ортосунда эч кандай жакындык белгилер жок. Бирок бул образдарды ушундайча бир катарга коюп, жакындаштыруунун өзүнчө бир ишеничтүү жагдайы бар экен. Сөз бул жерде турмуштук көрүнүштөргө, окуяларга, адамдын ички дүйнөсүнө болгон жазуучунун эстетикалык мамилеси жөнүндө баратат, тагыраак айтканда, К. Жантөшев өзү жеткире өздөштүргөн, жедеп кынык алган, кээ бир учурда көнүмүшкө айланган адабий жол-жоболор жөнүндө баратат. Маселен, «Каныбек» романында жардан учуп келаткан айгырды Каныбектин чуркап келип, кармап калышын реалдуу турмушка салып караганда апыртмалуу болуп көрүнгөнү менен романдын сюжеттик чыңалышында би-

www.bizdin.kg

линбей, кадыресе эле окуядай кабыл алынат. Ал эми «Кан-Теңирлик чабан» романында көчкүнүн алдында үңкүрдө калган Темирболот менен Лизанын сүйүү, адеп-ахлак жөнүндөгү узак маеги реалдуу адамдардын реалдуу психологиялык жагдайларына шайкеш келбей, чыгарманын сюжеттик өнүгүшүнө кайчы келип «чоочун короодон келген эчкидей» жатыркап сырткары турат.

К. Жантөшевдин элүүнчү, алтымышынчы жылдардагы чыгармачылык изденүүсүн, бөтөнчө азыркы теманы өздөштүрүүдөгү, жаңы адамдардын образын жаратуудагы демилгесин түшүнүү үчүн «Менин тагдырым», «Айып мендеби» повесттерин карап көрүп белгилүү бир жыйынтыктарды берет. Бул жылдарда К. Жантөшев, биз жогортодо кыскача тизмесин келтиргендей, азыркы турмушту, жаңы теманы көркөм өздөштүрүүдө бүгүнкү адамдын, бөтөнчө жаштардын, образын жаратууда өтө активдүү иштейт. Мындайча айтсак, жаш адам жазуучунун прозадагы жана драмадагы чыгармачылык изденүүсүнүн борбордук түйүнүн ээлейт. Эмне үчүн жаш адам? Анткени жаш адам өзүнүн психологиясы, ички дүйнөсү, турмуштук максаты боюнча кыргыз жергесиндеги социалдык-маданий өзгөрүштөрдүн, мезгилдин жана мейкиндиктин аралыгында өтүп жаткан окуялардын маани-маңызын өзүнө бириктирип, топтогон фокус сыяктуу эле. Мындайча айтканда жазуучу жаш адамга дал ушул ыңгайда, дал ушул мааниде мамиле жасаган.

«Менин тагдырым» повестинде автор онунчу классты жаңыдан бүтүргөн Гүлзат аттуу жаш кыздын, ошондой эле «Айып мендеби?» повестинде орто мектепти жаңыдан бүтүргөн Кубат деген жаш жигиттин өмүр-тагдырын баяндайт. Эки повестте тең каармандар шаардагы окууну бүтүп келгенден кийин, айылга кызматка келишет. Эки каарман тең турмуштан өз ордун тапкыча ар түрдүү тагдырдын сыноолорунан өтөт. Көрүнүп тургандай эки повесттин каармандары өмүр жолу, тагдыры боюнча бирин-бири кайталагандай, бирине-бири окшош сыяктуу сезилет. Бирок ошого карабастан, жазуучу «Менин тагдырым», «Айып мендеби?» повесттеринде эки башка каармандын образын жаратып, эки башка идеялык-көркөмдүк проблеманы чечүүнү көзөмөлдөгөн, белгилүү даражада максатына жеткен деп айтса болот.

www.bizdin.kg

«Менин тагдырым» повестинин баш каарманы Гүлзат өзү каалагандай окууга өтүүнүн ордуна алданып колхоздун башкармасы Арзыбайдын баласы Капардын колуна түшүп калат. Адегенде Гүлзат өзүнүн тагдыры күтүлбөгөндөй чечилишине анча деле каршы эмес, ал турмак ыраазы сыяктуу. Күйөөсү келишкен жаш жигит, «Волга» машиналуу, сегиз бөлмөлүү үйдө турат, кайнатасы башкарма. Айтор, жашоо-тиричилик үчүн бардык ыңгай, шарт түзүлгөн. Бирок, көрсө адамдын бактысы мына ушулар менен эле толук болбойт экен. Ал эми муну түшүнүү үчүн, адамдын нукура бактысы эмнеден турарын, анын баасы кандай экенин түшүнүү үчүн, адам дегениң далай турмуштун элегинен өтүш керек экен. «Менин тагдырым» повести мына ушу жөнүндө баяндайт.

«Мусулман болуш аста-аста, динден чыгыш бир паста» деген макалды эсиме түшүрүп, мурун Капар арага салгандарга көнбөй асман бою түйүлүп жүрүп, эми Капардын колуна конгон кыргыйча отурушуму кудайдын буйругуна шылтадым. «Буйрук ушул болсо аны мен кантип бузат элем» деп ойлодум.

Ошентип, Гүлзатты балакет басты... Облоного сүйлөшүп окууга баруу гана эмес, алдейлеп өстүргөн ата менен энесин да эсинен чыгарды.

Гүлзаттын сүйгөнү айылдагы жигиттердин мыктысы Капар болду. Кайын атасы раис Арзыбай... киргени сегиз бөлмөлүү ак сарай. Мингени «Волга»... кийгени чылк жибек болду да калды»[11].

Байкалып тургандай Гүлзаттын тагдырына өтө оор сыноо туш келди. Ал Арзыбай менен Капар сыяктуу сырткы кебетесин өзгөрткөн азыркы учурдагы феодалдардын туткунунан кутулуп чыга алабы же биротоло алардын мещандык сазына баткан бойдон калабы, повесть дал ушундай суроону тикесинен коёт.

Ырас, адегенде жапа чексе да, ыза-кордук көрсө да Гүлзат чындыкты айткысы келбейт, Капардын, Арзыбайдын иштерин жаап-жашырат, ак ниет Эргештин адилет демилгесине бөгөт болот. Анткен менен өзүнүн жаңылыштыгын Гүлзат тез эле түшүнөт. Анын тез түшүнүшүнө күйөөсү Капар, кайнатасы Арзыбай «себепкер» болот. Капар да, Арзыбай да өздөрүнүн «ким» экенин, үстүндөгү

www.bizdin.kg

жамынчыларын сыйрып, ачып жаткан соң, каарман «туткундуктан» оңой эле бошонуп чыгат. Бирок адам өз бактысына, өз атына толук татыктуу болуш үчүн белгилүү бир өткөөлдөрдөн өтүш керек экен. Жазуучу ушул маанидe каармандын андан аркы жолун дагы татаалдантат. Каарман өзү жөнүндө мындайча кабарлайт: «Мен энеден төрөлүп ушул жарык дүйнөгө келип, айыл советинин книжкасына жазылгандан бери атым Гүлзат, фамилиям Аалиева болсо, азыркы атым Акмарал, фамилиям Бугубаева.

Ушинтип кубулганыма далай күндүн жүзү болду. Азыркы убактагы бир нече күн эмес, бир күндүн ичинде далай булак сыртка чыгып, далай чаңдар асманга учары белгилүү эмеспи. Бул күндөрдүн ичинде мен да башкача киши болуп калдым»[15].

Албетте адамдын атын, фамилиясын өзгөртүп койсо эле, анын маңызы, заты кубулуп, «башкача» болуп кетпейт. Бул экөөнүн ортосунда эч кандай түздөн-түз байланыш жок. Жазуучунун айтайын дегени деле бул эмес. Ал чын ниетинен каарман турмуштун, тагдырдын башка жолуна, даңгыр түз жолуна түшкөнү жөнүндө айткысы келип жатат. Мунун баары түшүнүктүү. Бирок, эмне үчүн каарман сөзсүз түрдө атын, фамилиясын өзгөртүү керек? «Каныбек» романында — бул, жогортодо айтылгандай, конспирация, белгилүү даражада психологиялык, турмуштук зарылдыгы бар. Ал эми «Менин тагдырым» повестиндечи? Бул жердеги каармандын атына байланыштуу метаморфоза баарынан мурда сюжеттин кызыктуулугу үчүн, Гүлзаттын кийинки тагдырын, Алтынбек менен болгон байланыштарын татаалдантыш үчүн пайда болуп жатат. Повесттин автору Гүлзаттын «жаңы» тагдырын, маселен, механизация мектебин бүтүрүү, айылга келип кесиби боюнча кызмат өтөө, ушул кырдаалдардагы жаңы адамдар менен болгон мамилесин бир кыйла билгичтик менен эле сүрөттөгөн. Бирок, кантсе да бул турмуштук жагдайлардын психологиялык маңызын ичкериден ачууга караганда, окуялардын сырткы кыймыл-жүрүшүнө, акыл-насааттык жыйынтыгына көбүрөөк басым коёт. Мына ошондуктан повесттин корутунду бөлүмүндөгү Акмаралдын кайрадан Гүлзат болушу, б. а. каармандын кайрадан өз ордун, өз

www.bizdin.kg

атын табышы жалпы жонунан баяндалган очерктик мүнөзгө ээ. Реалдуу турмуш жана көркөм образ бул эки башка дүйнө экенин жана буларды бир катарга коюу мүмкүн эмес экенин эске ала отуруп, мындайча суроо койсок, эгерде реалдуу турмушта Акмарал экен деп жүргөн кыз андай болбой Гүлзат болуп чыкса, анын үстүнө мурда ойго келбеген биографиялык фактылар аныкталса (маселен, Гүлзаттын мурда күйөөгө чыкканы, төрөп алган кызын жашырып атасыныкына таштап кетиши) муну адамдар кандайча кабыл алар эле? Бир адамдын өзгөрүп, экинчи адамга айланышына эң болбогондо таң калышат эле, ойлонушат эле. Кандайдыр бир психологиялык буйдалыштардын болушу да мүмкүн го. Ал эми «Менин тагдырым» повестиндечи? Түк эчтеме өзгөрбөгөндөй, эчтеке болбогондой. Ушундан улам байкалып турат, бул повестте сюжеттик кызыктуулук жана кескин бурулуштар образдын психологиялык мотивировкаланышына толук кызмат аткарбай жатат, бул экөөнүн ортосунда белгилүү ажырым, коошпогондук сезилип турат.

Көрүнүп тургандай шумкары — Кубат, туйгуну — Айжаркын. Баарынан кызыгы болуп жаткан окуяны баары билет, ата-энелер, жакындар, тууган-туушкандар, бир гана Кубат билбейт, бир гана Кубат үчүн мунун баары сырдуу табышмак. Суроо келип чыгат, сырдуу табышмактын чечилиши ушундай жеңил, оңой болсо, анда аны ойлоп чыгаруунун кандай зарылдыгы бар эле? Бул жерде жазуучу өзүнүн ээ-жаа бербеген фантазиясына эркиндик берип койгону байкалбай койбойт.

Мындай алганда «табышмактуу сырдын» чечилиши, бул сюжеттин логикалык жыйынтыкталышы болууга тийиш эле. Жазуучу жыйынтык чыгарууга шашпайт, автор андан ары каармандардын окуусун кантип бүтүргөндүгү, кантип үйлөнгөндүгү, той бериши, кызматка орношкону, ал турмак, экөөнүн ортосунан «конфликт» чыгып, кайрадан башталган драмалык окуяларды баяндайт. Кубат жок жерден эле Айжаркындан күнөө таба баштайт, ызаланган аялы кетип калат. Сюжеттик өнүгүштү ушундайча ыркы жок узартуунун зарылдыгы бар беле? Көрсө, баягы «табышмактуу» каттын авторун дагы бир жолу ырасташ керек экен да. Кубат өзү тааныган, өзү менен бирге окуган кыз-

www.bizdin.kg

дардын баарына кат жазат, «күтпөгөн» жерден кайрадан Айжаркындан жооп келет. Ошентип чындык (Айжаркындын чындыгы) дагы бир жолу аныкталат. Бул бар болгону сюжеттик кайталоо. Эмне үчүн мындай болуп жатат? Мунун себеби чыгармачылык изденүүдөгү чектелгендикке, көркөм ойлоодогу калыптанган стандартка байланыштуу болчу. Бул жалгыз гана К. Жантөшевге тиешелүү үзгүлтүктөрдөн эмес эле. Бул мезгилде кыргыз совет адабияты бир жагынан дүйнөлүк адабияттын үлгүлөрүнө багыт алса, экинчи жагынан өзүнүн үйрөнүп алган көнүмүштөрү, калыптары менен алек болуп жаткан учур эле. К. Жантөшев да ушул чектелгендик инерциясына чалдыкпай койгон жок.

К. Жантөшев талыкпай иштеген, изденгич жазуучу болгон. Ал ар түрдүү жана бай адабий мурас калтырып кетти. Ошол көркөм нарктын арасында анын драматургия жаатында ишмерлиги жазуучунун прозасындай эле баалуу жана кымбат. Мына ошондуктан К. Жантөшевдин адабияттын эки канаты, прозаны жана драматургияны бирдей кармаган, бирдей пайдаланган жазуучу дейбиз. Эгерде автордун «Карачач» аттуу драмасы кыргыз драматургиясынын эң алгачкы тажрыйбаларынан болсо, «Курманбек» кыргыз драмасынын классикасына айланган чыгармалардын катарында турат. К. Жантөшев өзүнүн көп тажрыйбалуу чыгармачылыгында комедиялык, сатиралык, тарыхый-революциялык, тарыхый-биографиялык, водевилдик, социалдык-турмуштук мүнөздөгү драмаларды жаратты. Алардын ар биринин өз учуру, өз мезгили үчүн алып келген жаңылыгын, издемчил пафосун танбай туруп, кантсе да «Курманбек» драмасы ошолордун арасынан бөлүнүп турганын айтпай коюуга болбойт. Бул чыгармада Касымалы Жантөшевдин талантынын эң күчтүү жактары: импровизациялык фантазиясы, эпос менен болгон терең байланышы, ошондой эле элдик кооз, чечен сөздөрдү, таамай афоризмдерди орундуу пайдалана билиши ачык көрүндү. К. Жантөшевдин «Курманбеги» бул анчейин гана эпостук сюжетти инсценировкалоо, театр сахнасына ылайыктап иштеп чыгуу эмес. Бул баарынан мурда эпикалык мотивдин негизинде элдин өткөндөгү тарыхый турмушуна көз жиберүү, ой жүгүртүү. Натыйжада ата менен баланын ор-

www.bizdin.kg

тосундагы конфликт белгилүү даражада элдик каарман менен чыккынчынын ортосундагы социалдык-тарыхый драмага айланат.

Касымалы Жантөшевдин адабий мурасы өзүнүн бүткүл күчтүү жана чабал жактары менен кыргыз совет адабиятынын эң оригиналдуу, өзүнчө бир өчпөс тамгасы бар звенолорунун бирин түзөт. Анын эстетикалык сабагынын мааниси да ушунда.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Жантөшев К.* Тандалган чыгармалардын жыйнагы. — Фрунзе, 1972. — 3 том. 27-бет.

[2] *Артыкбаев К.* Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. — Фрунзе, 1982. 309-бет.

[3] *Жантөшев К.* Тандалган чыгармалардын жыйнагы. — 3-т. 44-бет.

[4] Ошондо. 50-бет.

[5] Ошондо. 60-бет.

[6] Ошондо. 67-бет.

[7] Ошондо. 45-бет.

[8] *Абдылдабеков К.* Сөз чебери. — Фрунзе, 1970.

[9] *Саманчин Т* «Каныбек» жөнүндө//Кызыл Кыргызстан. 1939. — 24—26-февр.

[10] *Абдылдабеков К.* Сөз чебери. 28-бет.

*Жантөшев К.* Тандалган чыгармаларынын жыйнагы. — 2-т. — 625-бет.

[12] Ошондо. — 2-т. 391-бет.

[13] *Артыкбаев К.* Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 316-бет.

[14] *Жантөшев К.* Тандалган чыгармаларынын жыйнагы. — 3-том. 84-бет.

[15] Ошондо. 106-бет.

[16] Ошондо. 210-бет.

www.bizdin.kg

## ТОКОБАЕВ МОЛДОГАЗЫ

*(1905—1974)*

Молдогазы Токобаев профессионал кыргыз көркөм сөз өнөрүн түптөөгө катышкан адабияттын алгачкы муундарынын бири. Ал 1905-жылы Ысык-Көл районундагы Тору-Айгыр айылында туулуп, 1974-жылы дүйнөдөн кайткан. М. Токобаев адабияттагы өзүнүн алгачкы кадамын 1924-жылы «Эркин-Тоо» газетасынын 3-санына «Кайсы убак» деген ырын жарыялоо менен баштаган. Эки жылдан кийин анын калеминен жаралган «Кайгылуу Какей» пьесасы жаш сүрөткердин ысымын калайык-калкка таанымал кылган.

1927-жылы 16-ноябрда Фрунзеде драма студиясында коюлган Молдогазы Токобаевдин «Кайгылуу Какей» аттуу көп көшөгөлүү пьесасы улуттук драматургиянын биринчи орчундуу жаңы кадамы, кыргыз сахнасынын улуттук темадагы алгачкы ийгилиги катары эсептелип келаткандыгы маалым. Чынында эле, «Кайгылуу Какей» учурунда көрүүчүлөрдүн арасында чоң резонанс жаратып, кийин 30—40—50-жылдарда да улуттук сахнанын, перифериялык театрлардын популярдуу чыгармаларынан болуп, репертуардык активде жашап калган.

«Кайгылуу Какейдин» кайсы жылы жазылгандыгына байланыштуу адабий басылмаларда жана изилдөөлөрдө түрдүү пикирлер, жылдар, даталар айтылат, жазылат. 1958-жылы жарык көргөн «Пьесалар» аттуу жыйнакта «Кайгылуу Какейдин» аягында 1924—1925» деп көрсөтүлсө, Н. Львов «Киргизский театр» китебинде аталган пьеса 1927-жылы пайда болгон деп белгилейт. Ал эми С. Жигитов «Болжолдо: «Кайгылуу Какей» 1926-жылдын аягы-

www.bizdin.kg

нан 1927-жылдын башына чейинки убакытта жазылган сыяктанат»[1], деп жазат. Бул маселенин башын биротоло ачып, Молдогазы Токобаев өзү 1973-жылы Ысык-Көл районунун Тору-Айгыр орто мектебинин мугалими Касымакунов Усупка жолдогон катында мындайча тактап маалымдаган: «Көркөм адабий чыгармачылыктагы алгачкы эмгегим жана ошондой эле кыргыз совет драматургиясында өз орду менен айтылып калган чыгармам 1926-жылы жазылган «Кайгылуу Какей» аттуу драмам болду»[2]. «Кайгылуу Какейдин» биринчи тушоосу Түптөгү Айыл-чарба техникумунда кесилип, ушул окуу жайдын драмалык ийриминде алгач жолу ойнолгон.

Молдогазы Токобаевдин чыгармачылыгына арналган кээ бир изилдөө макалаларда «Кайгылуу Какейдин» авторунун көркөм чыгармачылыкка кызыгып калышын тышкы таасирлер, сырткы факторлордун түрткүсү менен көбүрөөк байланыштырып караган фактылар бар. Албетте, адабиятка кол сермеп умтулууда тышкы түрткүнчүктөрдүн, даяр өрнөктөрдүн таасиринин ролу чоң. Бирок бул жерде Молдогазы Токобаевдин өзүнүн табигый талантын, көркөм сөзгө болгон тубаса жөндөм-шыгын, теренде буккан чыгармачылык көрөңгөсүн күбөлөгөн фактылар көз жаздымында калып келе жаткандыгы байкалат. Эгерде адамдын тереңинде дүрт этип тутанар тубаса адабий дүрмөт болбосо тышкы козуткуч, үндөгүч фактордун жасай турган иши чамалуу болору анык. Бир турмуштук кайталангыс факт М. Токобаевдин жаш кезинен эле көркөм сөзгө уста, фантазиясы күчтүү, төгүп ырдоого жөндөмдүү акындыгы бар инсан болгондугун күбөлөйт. 1925-жылы Түптөгү айыл-чарба техникумунда студент кезинде Күрмөнтү айлында өткөн Саадабай кызы Батма аттуу бийкечтин кыз оюну учурунда оюнга катышып отурган Молдогазы Токобай уулунун күтүүсүздөн көпчүлүктү таң калтыргандыгын, бир чети ыраазы кылгандыгын Абдрахман Аралбаев эскертип жазат. Кыз оюнунун шарты боюнча токмок жоолукту катып алган келинди жигиттердин ичинен кимдир бирөө мактап ырдаш керек болот. Ошондо даярдыксыз эле капысынан өспүрүм жигит Молдогазы ортого чыгып туруп, импровизациялап жоргодой жортуп төгүп ырдагандыгын Аралбаев төмөндөгүчө мүнөздөйт:«Ал кезде биздин Мол-

www.bizdin.kg

догазы да кээде Мукай менен алым сабак ырдап жана «мен мындай, тигиндей ыр чыгардым» деп жазгандарын окуп бере койчу эле. Мукай анын кулагына шыбырады. «Мен ырдайм, токмокту мен табам, уккула» дегенсип, тамагын кырып, эки-үч жөтөлүп, үнүн оңдоп алды да, Молдогазы ырдады.

Ал токмок каткан аялдын сулуулугун Күнгө, Айга, жылдызга теңеди... Бүткөн боюн кырчын талга, сүмбөгө салыштырды... Тоту куштай сүйлөтүп, булбулдай сайратып жиберди. Кийген киймин жибек, торко, тукаба, баркыт мындай турсун, нактай күмүш, алтынга ороду... Болжолу жок берешен-жоомарт кылып таштады... Улуу-кичүүлөргө, эркек-аялдарга бирдей мамиле кылган, өтө мээримдүү, боорукердикке жеткизди. Элин, артыкча эрин сыйлатты... Айыл ичинде зор кадыр-баркка ээ экенин айтты. Адамзаттан ашырып, перизатка айландырып жиберди. Акырында чубуртуп уул-кыз төрөттү. Аларды чоңойтуп, кыздарын күйөөгө бергизди да, уулдарын үйлөнттү. Небере-жээндерин көрсөтүп, аларды эркелетип, мээрими канганча өптүрдү. Жаркыратып-жайнатып ак байбиче атантты. Телегейи тегиз, жыргалчылык турмушта жаткызды...

— Мындан артык эми эмне керек?! Токмок кимиңерде, бергиле! деген бир нече үн терезе аркылуу тыштан угулду. Үй ичиндегилер да «бергиле, бергиле, токмокту!» дешип, тиги үндөрдү кубаттап кыйкырышты.

— Токмок Молдогазынын мактаганына чындыгында татырлык орто бойлуу, көк тукаба чыптамасына кадалган ак седептер, кызыл акактар, күмүш тыйындар жаркыраган, башына салынган кызыл гүлдүү ак жоолуктун чагылышынан ак жуумал жүзүнүн ажарын дагы арттырган, жутуп жиберсең тойбочудай таптатынакай келинден чыкты.

Бул оюнда кары-жаштардын бардыгы Молдогазыга аябай ыраазы болушту. Көп адам эркек-аял дебей көз көрүнө макташып, жүрөгүнүн чыныгы түпкүрүнөн чыккан жакшы сөздөрү менен жалынышты, ыракмат айтышты»[3].

Мына ошентип, бир сөз менен айтканда, жаш Молдогазы Токобаев тышкы таасирлерге механикалык түрдө жетеленүүдөн, же болбосо кимдир бирөөлөрдү туурагандыктан эмес, ал адабиятка тереңинде уюп жаткан, ичтен тынч-

www.bizdin.kg

тык бербей дүрбөгөн өзүнүн өйдөкүдөй тубаса көркөм көрөңгөсүнүн түрткүсү менен талпынган. Анын алгачкы драмалык дебютунун салыштырмалуу ийгилигин бир жагынан окуучу-студент М. Токобаевдин табигый талантынын касиети менен түшүндүрбөй коюуга да мүмкүн эмес.

Бирок канчалык көрөңгөлүү болсо да, тышкы өрнөктөрдүн, чөйрөнүн таасирисиз, таалимисиз М. Токобаевдин адегенде эле пьеса жазууга талпынышы да кыйын болмогу чындык. Адабий «чымыны» бар жаш студенттин пьеса жазууга ышкыланышына ошо кезде Каракол театрында коюлуп, элге көрсөтүлүп жаткан татар, өзбек тилиндеги спектаклдер таасирин тийгизбей койгон эмес. Экинчиден, өзү мүчө болуп, кээде роль аткарып катышкан айыл-чарба техникумунун драмалык ийриминде ойнолгон сценкалар, пьесалар, Монастрдын театрына башка жактан келип коюлган көчмө спектаклдер М. Токобаев үчүн өзүнчө бир тажрыйба аянтчасынын милдетин өтөгөн. Аз да болсо театр, спектакль, пьеса артист деген эмне экендигин практика жүзүндө бетме-бет өз көзү менен көргөн соң М. Токобаев драма өнөрү жөнүндөгү түшүнүгүн дагы көтөрүүгө далалаттанып орус драматургиясынын үлгүлөрүнө кайрылган. М. Токобаев изилдөөчү М. Борбугулов менен болгон аңгемесинде мындай деген: «А кезде орус тилин начар билсем да, Н. В. Гоголдун «Текшерүүчү» комедиясын түп нускасында окуп чыккамын. Ал мени аябай өзүнө тартып алды. Ошондо өзүм да пьеса жазсам деген ой-тилекке келгемин»[4].

Бул жерде автор өзү анча элес албаган, бирок жаш талантка пьеса жазуу учурунда тымызын, көмүскө, спонтандуу көмөк көрсөткөн улуттук фактордун бар экендигин да көз жаздымында калтырууга болбойт. Маселен, бир эле жагдайды эске салып өтөлү. Кыргыздын элдик оюндарында, кыз-жигиттин, акындардын айтышында театрдын, драманын элементтери бар экендиги белгилүү. Драмалык диалогду элестеткен Молдогазы менен Мукай Элебаевдин ыр менен айтыша коюп жүргөн алым сабагы жогоруда эскертилди. М. Токобаев бала кезинде, жаш курагында кыргыздын салттык элдик оюндарын көп эле көрүп, аларга өзү да көп эле аралашкан. Мисалы, А. Аралбаевдин эскерүүсү боюнча Түптө жанагинтип окуп жүргөн учурда

www.bizdin.kg

Молдогазы менен Мукай жогорудагы Саадабай кызы Батманыкынан башка да Күрмөнтү айылындагы Осмон кызы Ажардын, Аалы кызы Саадакандын, Сейитказы кызы Созулкандын кыз оюндарында катышышып, ал оюндардын активдүү каармандарынан болушкан[5]. Кудум театр өңдөнгөн бул оюндардагы жар көрүшүү сценасы, кыздар менен жигиттердин эки тарап болуп коллективдүү да, жеке-жеке да өз ара чечендиктерин көрсөтүшү, мелдешүүлөрү, сынашуулары, ырдашуулары (кыз оюнунун жүрүшүн А. Аралбаев толугу менен сүрөттөп жазган), намыстанып тирешүүлөрү пьесадагы диалогдорду, драмалык сюжеттеги каармандардын өз ара чыңалган жаакташууларын жана кармашууларын эске салат. М. Токобаев «Кайгылуу Какейди» жазып жатканда өзү катышкан элдик оюндардын ушундай «драмалык» тажрыйбасы автордун калемине алдыртан спонтандуу түрдө билинбей азык, жөлөк-таяк болгон себептерден экендигин белгилеп өтүү керек. Мисалы, Какей кыздын пьесадагы өз тагдыры жөнүндөгү ыр менен айткан кайгылуу монологу элдик чыгармачылыктагы алиги «Кыздын арманы» аттуу салттуу форманы (Тоголок Молдонун «армандарын» эске түшүрөлү) элестетет.

Кыскасы, сахна өнөрүнүн, драма жанрынын жол-жоболорун, техникасын аздыр-көптүр билүү менен жазылса да, «Кайгылуу Какей» адегенде эле драма, пьеса деп айтарлык болуп жазыла калган эмес. Айыл-чарба техникумунда жаралган адепки түп нускасы сакталып калбагандыктан, пьесанын биринчи текстинин кандай болгондугун айтуу кыйын. Пьеса кийин өзгөртүүлөргө дуушар болгон. 70-жылдары М. Токобаев К. Күмүшалиев менен болгон маектешүүсүндө мындай деп эскерген: «1927-жылы май айында Ысык-Көлдү кыдырып, «Молдо Насирдин» аттуу драманы көрсөтүп, Фрунзе шаарынан келишкен кыргыз музыкалуу драма студиясынын коллективи «Кайгылуу Какей» аттуу драманы алып кетишти. Чыныгы чыгармачылык коллективдин колуна түшкөн ал чыгарманын бактысы театрдан ачылды. Окуяларды курчутууда, образдарды көтөрүүдө студиянын көркөм жетекчиси Н. Н. Еленин, театрдын жалпы коллективи мага баалуу кеңештерди берди, кайрадан жаздырып алышты. Анда мен жаш өспүрүм жигит элем»[6]. «Кайгылуу Какейдин» көркөм структура-

www.bizdin.kg

сынын андан аркы жакшырышына драманын спецификасына, роль ойноонун сырларына түшүнүп калган кыргыз драмалык струдиясынын чыгармачылык жамаатынын оңдоп-түзүүлөрү, сын-пикирлери өзүнүнургаалдуу таасирин тийгизген жана пьеса катары түзүлүп, жашап калышында театрдын белгилүү салымы бар экендигин унутууга болбос. Кийин пьеса 1936-жылы жаш өспүрүмдөр театрына кайрадан коюларда М. Токобаев басма сөздө жана театрда айтылган сын-пикирлердин негизинде «Кайгылуу Какейди» дагы бир сыйра редакциялап оңдоп чыккан[7]. Ушул акыркы редакциясы пьесанын 1938-жылкы биринчи басылышына негиз болушу мүмкүн. Бул фактынын айтылып жаткан себеби пьесанын 20-жылдардагы оригинал нускасы сакталбаган соң, ошол отузунчу жылдарда оңдолуп жарык көргөн тексти «Кайгылуу Какейди» 20-жылдардын көрүнүшү катары талдоого алууга негиз болуп бере алабы деген суроонун туулуш мүмкүндүгүнөн улам болуп жатат. Белгилей турган нерсе, М. Токобаев негизги образдарга жаңы боекторду сүртүп, пьесанын финалына өзгөртүү киргизгени менен чыгарма зилинде принципиалдуу өзгөрүүгө учураган эмес. Анын үстүнө М. Токобаев 30-жылдары пьесага принципиалдуу жаңы драмалык сапат бере тургандай жаңы эстетикалык аң сезим даражасына көтөрүлүп деле кете алган эмес экен. М. Токобаев 1926-жылдан баштап системалуу түрдө комсомолдук, советтик, партиялык, административдик иштерге чегилип, адабий чыгармачылыгы экинчи планга ооп, драматургиялык профессионализм жагынан өркүндөөгө мүмкүнчүлүгү болбогон. Бул жагдайды М. Токобаев өзү да бир катында: «Бирок менин көркөм адабий чыгармачылык кесибиме караганда күрдөөлдүү өмүрүмдүн басымдуу көпчүлүгүн комсомолдук, партиялык, советтик жетекчилик алып койду. Айыл чарбачылыгын коллективдештирүү мезгилдеги, 1938-жылдан тартып 1956-жылдардын аралыгындагы уюштуруу, башкаруу жана жетекчилик иштериндеги жооптуу милдеттер көркөм адабий чыгармачылыкка кунт коюучу шартты түзбөдү»,[8] — деп моюнга алат. Ушул жагдайдан улам 30-жылдардын ортосундагы редакциялоо пьесанын 20-жылдардагы көркөм облигин анчалык деле өзгөртүп жибере алган эмес жана «Кайгылуу Какейдин»

www.bizdin.kg

1938-жылы басмадан чыккан вариантын ошо 20-жылдардын энчилүү кубулушу катары кароого негиз бар деп айтууга болот. Бул маселе боюнча изилдөөчү С. Жигитов да биздин оюбузча туура жыйынтыкка келген: «Керектүү материалдар жок болгон себептүү «Кайгылуу Какейдин» биринчи басылышынын тексти анын адеп жазылгандыгы текстинен канчалык өлчөмдө алыстап кеткенин азыр ачык айкын көрсөтүш кыйын. Бирок кийинки алымча-кошумчалардан улам драманын алгачкы варианттарындагы идеялык пафос, сюжеттик сызыктар, образдык система баштан-аяк таптакыр өзгөрүп, жаңы сапаттык деңгээлге көтөрүлгөн экен деп айтыш үчүн да жетиштүү жүйөө жок. Кээ бир илимпоздордун маалыматтарына караганда, «Кайгылуу Какейге» кийин киргизилген коррективдер Өмүркулдун образына жана пьесанын финалына тиешелүү болгон шекилдүү. Экинчи жактан ошол оңдоолор киргизилген жерлерде деле мурдагы психологиялык мотивировкалар, композициялык элементтер, образдык мүнөздөмөлөр анчалык өзгөрүүгө учурабай калып калган»[9].

«Кайгылуу Какей» — Октябрь төңкөрүшүнө чейинки заманда социалдык теңсиздиктин, адилетсиздиктин, патриархалдык — феодалдык мамилелердин шарттарындагы аялзатынын тагдыры, анын укуктук абалы, ага көрсөтүлгөн зомбулук темасына арналган социалдык-тиричиликтик драма болуп эсептелет. Аялдар азаттыгы темасы мындан мурда драмалык ийримдерде ойнолгон сценкаларда, пьесаларда козголуп келген. Дегеле, аялдар азаттыгы тематикасы революциядан кийин СССРдин Кавказ,Орто Азия, Казакстан, Волга бою, Сибирь аймактарынын адабияттарында, театрларында, публицистикаларында учурдун өтө актуалдуу маселеси катары алдыңкы планга чыгып турган. Кыргыздын алгачкы чоң пьесасынын башка толгонтокой турмуштук темалардын ичинен дал ушул аялзат темасына арналып отуруш себебин ал кезде кызыл империянын улуттук аймактарын түгөл каптаган ошол саясийадабий пафостун атмосферасы, таасири менен түшүндүрсө болот. Бирок жалпы атмосфера менен түшүндүрүү да аздык, жетишсиздик кылар эле. Биз бул жерде «Кайгылуу Какейдин» дал ушул аялзат темасында жаратылышынын жалпы саясий да, социалдык-психологиялык, тарыхый-

www.bizdin.kg

биографиялык себептерине да конкреттүүрөөк токтолуп өтүүнү ылайык көрөбүз. Мындай социологиялык мамиле дегеле төңкөрүштөн кийин, айрыкча 20—30-жылдарда жалпы эле кыргыз адабиятында эмне үчүн аял азаттыгы темасы борбордук темалардан болгондугуна аздыр-көптүр түшүнүк бере алат деген ойдобуз.

Революция адабиятындагы аялзат азаттыгы темасынын актуалдуулугунун түпкү саясий тамыры марксизмдин төмөнкү тезисинен агып чыгат деп ойлойбуз: «Тарых менен анча-мынча тааныштыгы бар ар бир адам улуу коомдук бурулуштар жана которулуштар аялзатынын салымысыз, үлүшсүз мүмкүн эместигин жакшы билет»[10]. Ушул жободон чыгып Маркс менен Энгельстин ишин улантуучу, совет мамлекетинин башчысы В. И. Ленин 1918-жылы жумушчу аялдардын бүткүл россиялык съездинин трибунасынан төмөндөгүдөй деп жарыялагандыгы белгилүү: «Эгерде эмгекчи аялдардын зор бөлүгү жандуу катышпаса, анда социалисттик кайра курулуу мүмкүн эмес. Революциянын ийгилиги ага аялдардын канчалык даражада катышкандыгына багынычтуу болорун бардык боштондук кыймылдарынын тажрыйбасы ырастаган»[11].

Мына ушундай идеологияны тутунуп, большевиктер өкмөтү өзүнүн биринчи декреттеринде жана 1918-жылы кабыл алынган алгачкы конституциясында ургаачыларды басынткан ар кандай чектөөлөрдү алып таштап, аялдардын саясий жана граждандык укуктарынын эркектер менен бирдейлигин расмий бекемдеген. Бирок тилекке каршы совет бийлигинин башкы мамлекеттик докуметтеринде аялдардын юридикалык теңдиги жарыяланган менен бөтөнчө улуттук аймактарда кыз-келиндердин, зайыптардын реалдуу турмуштагы факты жүзүндөгү укуксуз, кордолгон абалы сакталып кала берген. Ошондуктан совет коомунда конституцияда бекемделген укуктарды чынга чыгаруу үчүн, аялдарды боштондукка чыгаруу, аларды агартуу, социалисттик курулушка активдүү тартуу, зайыптарга феодалисттик, караңгычылык мамилеге каршы аеосуз күрөшүү идеологиясы айрыкча күч алган. Бул маселе боюнча конкреттүү иш алып баруу үчүн өлкөнүн ар бир партиялык уюмунда аялдар бөлүмү (женотдел) түзүлгөн. Расмий бийлик нускоосу боюнча аялдар азаттыгы темасы

www.bizdin.kg

үгүт-насыят, саясий-агартуу, адабий-көркөмдүк иштеринин бардык формалары жана түрлөрү аркылуу мүмкүн болушунча кызыл сызык болуп өтүүгө тийиш болгон. 20-жылдарда Кыргызстанда аялдар теңдиги, азаттыгы үчүн болгон күрөштүн кызуу атмосферасын көз алдыга келтирүү үчүн бир тарыхый эпизодго көңүл буруу ылайык. Кыргыз обкомунун жана Борбордук Аткаруу Комитетинин мүчөсү, активистка Осмонова Турсун кыштактан кыштакты кыдырып аялдарды чогулткан жыйында моминтип сүйлөп турат: «— Эжелер, сиңдилер! Биз деле эркектер сыяктуу адамбыз! Ыза, кордук, ый, муң аялдарга гана энчиленген эмес! Мектепке кирип окубоодон, мал катары сатылуудан, жаштайынан чалга тийип, паранжы кийип калуудан кордук, ыза, шылдың эмне бар!? Урматтуу эже, сиңдилер! Эми силерге эч ким кордук, зордук кылып, коркута албайт! Силердин муңуңарды муңдап, зарыңарды зардап жардам берүүчү, колдоочу советтик бийлик, Ленин партиясы турат! Таштагыла, өрттөгүлө паранжыңарды, эски, чирик адатты!»[12]. «Ошондо аялдар мындан да, тигинден да чыгып, паранжыларын башынан жулуп алып, жалбырттаган отко ыргытышты, уруят, теңдик!— деген үндөр көтөрүлдү» — деп жазат эски большевик жазуучу Саткын Сасыкбаев, өзүнүн «Эженин өмүрү» аттуу документалдык очеркинде[13]. Жадагалса, Пишпектеги «Эркин-Тоо» газетасынан Молдогазы Токобаев окуп тарбияланып жаткан түптөгү монастрдын жаш комсомол кабарчыларга келген каттарда да, башка темалар менен катар аялдар темасынын зарылдыгына басым коюлуп багыт берилет. Маселен, М. Токобаевдин монастрда бирге окуган калемдеш курбусу Абдрахманга 1925-жылы «Эркин Тоодон» келген катта мындайча жолдомо-көрсөтмө бар: «Мындан ары эл ичинде болуп жаткан окуялар: ат чаптырып аш берүү, малай жумшап жүрүшкөн сүткорлор, кыз-келиндердин эзилиши, калың берип, көп катын алгандар жөнүндө жазып тургун»[14].

Монастрдын тарбиялануучусу ошол эле А. Аралбаев монастрдагы техникумдун комсомолдук чогулуштарында, окуу жыйындарында мугалимдер, жакындан жана алыстан келген кызыл агитаторлор революциянын түпкү жаңы агымдагы саясаты, кечиктирилгис милдеттери жөнүндө

www.bizdin.kg

үгүт-насыят иштерин тынымсыз жүргүзүшкөндүгүн, эски саркындыларга, динге, тап душмандарына, кызга калың берүүчүлөргө, аны алуучуларга, жаш кыздарды токолдукка сатуучуларга каршы күрөш маселелери талкууланып тургандыгын эскерет. Үгүт-насыяттын таасири менен «кээ бир комсомолдор: «сени эчен жылдан бери окуп жаттап жүрүп эки мүйүздүү болгонум жок! Бирөөнүн колуна тийип башын айландырып жүрбө, кош!» деп колдорундагы куран китептерди мешке салып, жагып да жиберишти»[15]. Монастрдын М. Элебаев, М. Токобаев баш болгон А. Аралбаев, Ү. Сейитказиев, А. Үркүмбаев, Б. Калыев, К. Бозтериев сыяктуу комсомол жаштары, жаш кабарчылары кыздарды калыңга, токолдукка сатуучулукка каршы күрөшүшүп, газеталарга сын кабар жазышып айлана-тегеректегилердин чекесине чыккан чыйкан болушкан. Монастрдын жаштары «казысы кучак байлардын, кардын жарып жайлаймын!» «Атты таң, чыкты күн, кетти түн!» деп ырдашкан. Алар эркиндикке, теңчиликке, илим-билимге чакырган жаңы замандын артыкчылыгын сезишип, келечекке толкунданган романтика менен карашып, революциянын ураандары менен чакырыктарына чын жүрөктөрүнөн ишенишип, улуттун жана өздөрүнүн болочогун совет бийлиги менен байланыштырышкан. Ушундай атмосферада кызыл комсомол, жаш талант Молдогазы Токобаевдин революциянын агымдагы чоң идеологиялык актуал маселеси-социалдык заказы болгон аялзат темасына туңгуч пьесасын арнап жазышы мыйзамченемдүү көрүнүш болгон. Экинчиден, М. Токобаевдин аял укуксуздугу, теңсиз нике темасына тикелей кайрылышына саясий-идеологиялык себеп, учурдун адабий «модасы» гана эмес, жекече турмуштук-биографиялык шарттар да түрткү болгон экен. Ал бала күнүнөн теңсиздиктин айынан кор болуп ыза көргөн кыз-келиндердин тагдырына күбө боло жүргөн. Революциядан мурда бирөөгө үчүнчү аял болуп кор болуп жүргөн Канымкан аттуу келиндин сүйгөн кишиси Өмүркул деген менен качып кеткенин өз көзү менен көргөн. Кийин төңкөрүштөн соң ал экөөнү М. Токобаев Чүй өрөөнүнөн жолуктуруп сүйлөшкөн[16]. «Аны турмушта болгон чыныгы окуядан алгам. Мен өз көзүм менен көргөн Какей менен Чойбек байдын ортосундагы окуяны көрсөтөйүн деп жазган

www.bizdin.kg

болчумун»[17], деп эскерген автор өзү «Кайгылуу Какей» жөнүндө. Алды жакта кеп болгон Күрмөнтүдөгү өзү катышып күбө болгон алиги кыз оюндарынын учурунда да оюн ээлери ошол жапжаш Батманын, Созулкандын, Саадакандын турмушка чыга турган болочок күйөөлөрү өздөрүнө тең эмес экендигин, Батманын үч-төрт балалуу катыны бар улгайган кишиге экинчи аял болуп барарын, Созулкандын үлүшү токолдук экенин, Саадакандын чыгаар эри айыккыс кулгуна, котон жаралуу, оорулуу экенин билип студент Молдогазы аябай таң калган. «О, кайран кыз курдаштар... убалыңар ата-энеңерди узатпасын!»[18] дешип аргасыздан үшкүрүнүшкөн Монастырдан оюнга барган жигиттер. Кыскасын айтканда, М. Токобаев белсенип калемин колго алган кезде аялдар теңсиздигине каршы күрөшүү жөнүндөгү тышкы коомдук талап, социалдык заказ автордун кыргыз кыз-келиндеринин тагдыры жөнүндөгү далайдан берки ички көйгөйү менен шайкеш чыгып, натыйжада «Кайгылуу Какей» жаралып, сахнага чыгып келген.

«Кайгылуу Какейдин» сюжеттик конфликтисин бир тарабында — сүйүшкөн эки жаш Какей менен Өмүркул жана аларга муңдаш, тилектеш Касым, жылкычы жигит, Бүбүкан сыяктуу кор болуп ыза көргөндөрдүн тобу, экинчи тарабында Чойбек бай баш болгон бири-бири менен мүдөөлөш, таламдаш Алымкул, Султанаалы өңдүү шылуун, соодагер, сүткор кишилердин группасы турган эки бөлөк таптын (ошо кездин түшүнүгү боюнча), эки бөлөк жээктин өкүлдөрүнүн ортосундагы карама-каршылык түзөт. Конфликт 57 жаштагы Чойбек байдын Малдыбай кедейдин кызы 17 жаштагы Какейди токолдукка алуу үчүн жасаган аракетине байланыштуу чыгып, пьесанын финалында дөөгүрсүп көпкөн Чойбек Өмүркул тарабынан өлтүрүлүп, сүйүшкөн эки жаш качып кетишет да, драмалык сюжет ушуну менен тамам болот.

Автор пьесанын бүтүндөй структурасы жана пафосу аркылуу жогорудагы эки топту социалдык мүдөөлөрү эки башка, бири-бири менен түпкүлүгүндө элдешкис эки таптык лагердин (бекеринен Чойбек өлтүрүлүп жаткан жок) өкүлдөрү деген идеяны алдыртан туюнтканы менен (бул жаш Молдогазынын 20-жылдардагы большевиктик идеологиялык тарбиясынан чыккан нерсе) чын-чынына кел-

www.bizdin.kg

генде Чойбек — Өмүркул, Чойбек жана Какей — бул эки башка дүйнөнүн, эки башка принциптин, эки башка идеянын адамдары деле эмес. Булардын ортосундагы конфликти тутунган жогорку идеялардын, принциптердин деңгээлиндеги кагылышуу деп эсептөө эсептөө кыйын, же болбосо алардын жүрүм-турумун кандайдыр бир саясий, таптык мотивация менен тикелей түшүндүрүү да ылайыксыз болор эле. Изилдөөчү Көпбай Кумушалиев Чойбек байдын Какейге жасаган мамилесинин көмүскө мотивин мындайча чечмелеп түшүндүрөт. «Чойбек байдын гүлдөй кулпурган Какейди токолдукка алууга умтулганы, анын сүйүү махабатынын артылгандыгынан эмес, тескерисинче анын таптык кара ниеттүүлүгү — эзилген таптын кызын өлөр алдында да, өз оюнча кордоп калгысы келгендиги»[19]. Мындан улам Чойбек таптык өзүн өзү аңдап түшүнүүсү (классовое самосознание) ойгонгон, өзүнүн жекече иш аракеттеринде таптык таламдарды аң сезимдүү жетекчиликке алган адам сыяктанып көрүнүп жатат. Айтмакчы, пьесада араздашуу, жаңжалдашуу чыга калган жерлерде да кедейлер кедейге гана, оокаттуулар, байлар байга гана болушуп чыга келет. Пьесада саясий симпатиясын жана антипатиясын ачык көрсөткөн автор мындай жагдай жарды-кедейлердин таптык абал жагынан тагдырлаш, тилектеш экендигин туйгандыктарынан жана өздөрүнүн кайгы-муңунун түпкү себеби бай-манап сословиесинин зомбулугу экенине көздөрү жеткендиктен улам болуп жаткансыгандай ойду туюнтат. Ушундан улам Н. Львов «Негизги каармандарга так таптык мүнөздөмө берилген»[20], деп бекеринен жазып жатпаса керек.

Автор Октябрь төңкөрүшүнөн мурдагы кыргыз турмушун астыртан акырын «революциячылдаштырып», каармандардын сөздөрүн учурдун идеологиялык үгүт муктаждыктарына ылайык саясатташтырып жатканы менен (кедей персонаждардын сөздөрүнөн жана оор тагдырынан улам кыргыз букарасы төңкөрүштүн алдына революциялык, боштондук иш-аракеттерине психологиялык жактан даяр болуп калгандай болуп көрүнөт. Чын-чынына келгенде Өмүркул, Какей, Чойбек — булар идеянын (человек идеи) адамдары эмес, жөнөкөй патриархалдык-көчмөндүк чөйрөдөгү эле тиричилик кишилери. Булардын ортосундагы кон-

www.bizdin.kg

фликт, карама-каршылыктар кээ бир изилдөөлөрдө белгиленип жүргөндөй, кандайдыр бир саясий кумар-таламдар, аңдалып туюнулган таптык мүдөөлөр менен эмес, тескерисинче, кадыресе эле пенделик кызыкчылыктардын өз ара кагылышы, жекече антипатия жана симпатиялар, моралдык-психологиялык келишпестиктер менен аныкталат. Белгилей турган нерсе, Абдыкерим Сыдыков жазгандай россиялык капитализмдин таасири патриархалдык — уруулук турмуштун негиздерине сокку уруп, копшой баштаганы менен кыргыз коому революцияга чейин бүтүндөй алганда негизинен көчмөндүк патриархалдык тепкичте кала берген жана кыргыз жамааты өз ичинен сословиелик — таптык жиктелүүлөргө байкаларлык болуп ажырай элек эле. «Бай-кедей» антиномиясы советтик түзүлүштүн алып келген терминологиясы. Кыргыз чөйрөсү үчүн «тап, бай-кедей, таптык жоо, саясий антипод» деген түшүнүктөргө караганда «бир уруунун, бир атанын балдары» деген өңдүү түшүнүктөр көбүрөөк мүнөздүү болгон. Тарых илимдеринин доктору, профессор Зайнидин Курманов төмөндөгүдөй деп туура жазат: «Полезно знать и учитывать исторические особенности сознания кыргызов для более адекватного объяснения их общественного поведения любом этапе исторического развития. Между тем традиционное сознание кыргызского народа свидетельствует, что он не был готов к социалистической революции, его можно было «затащить» в нее лишь путем насилия, что в принципе и произошло. Самому же кочевому обществу, а точнее его членам были абсолютно недоступны все эти абстракции о классовой борьбе, о диктатуре пролетариате и прочие положения марксовой теории. Все эти проблемы были чужды и непонятны основной массе кыргызов-кочевников»[21].

Жакшылап үңүлсөк, өз укугун, өз эркиндигин талашкан сүйүшкөн жаштар деп жазып жүргөнүбүз менен, ырасында Какей менен Өмүркул «укук», «эркиндик» деген категориялар менен ойлонуу деңгээлине өсүп чыга элек адамдар. Чойбек байдын өзүнүн жекече макулдугун сурабай, тышынан менчиктеп, тышынан өкүм чыгарып, Малдыбайдын кызын токолдукка алалы деген менменсиген чечимин укканда жана күйөөлөп келгенде, Какей маселен,

www.bizdin.kg

Европалык «Күн батардын алдында» драмасынын (Г. Гауптман) героинасы Маттиаса сыяктанып: «Разве я ваше создание? Ваша вещь? Ваша собственность? Разве я не свободный человек с правом свободного решения?» — деген тариздеги сөздөрдү айтып, мисалы, адам укугу, адам индивидуалдуулугунун эркиндиги өңдүү жогорку түшүнүктөрдүн деңгээлинде протест жасабайт. Өмүркулдун козголоңу да ушундай деңгээлдеги козголоң эмес. Кыздын жекече макулдугунун, ыктыярынын зарылдыгы жөнүндөгү, кыздын эркисиз тыштан чыгарылган бүтүмдү зордоп таңуулоо анын инсандык өз алдынчалыгын кордоо, шылдыңдоо болуп каларлыгы тууралу цивилизациялуу ойдун сабатсыз Чойбек байга да чоочун экендиги ачык көрүнүп турат. Ал Какейди буюм сыяктуу эле АЛАМ дейт, Малдыбай кызын мага берет дейт. Какей кыздын жекече чечими бул жерде эч кандай мааниге ээ эмес. Чойбек бай да, анын күйөө жолдошу Алымкул да, кыздын атасы Малдыбай да жеке эрк, жеке укук, жеке адам, жеке турмушка укуктуу өз алдынча личность деген түшүнүктөрдү биле бербейт. «Кайгылуу Какей» пьесасынын каармандарынын ойлоо жана аракет кылуу образынан революциядан мурдагы кыргыз коомунун тарыхый деңгээли бир кыйла ачык көрүнүп турат. Пьесанын персонаждары илимдин «в добуржуазные эпохи частная жизнь людей оставалась недостаточно выделенной из общего, коллективного, непосредственно-публичного»[2] деген корутундусун көп жагынан ырастап тургандыгын байкоого болот.

Кыскасын айтканда, Какей менен Өмүркул коомдо жашап турган тартиптерге жана нормаларга, чөйрөнүн көнүмүштөрүнө каршы чыккан каармандар эмес. Маселен, алар экинчи катын алуу, токол алуу жөрөлгөсүнүн өзүн аялзатынын укугун тепсеп, жеке ар намысын кордогон түркөй акция катары, Чойбекти ошол феодалдык тартиптин тирүү символу катары кабыл алып, айыпташкан жери жок. Пьесада мындай сөз жок. Токолдук институту каармандар үчүн табигый эле нерсе. Бекеринен Чойбек күйөөлөп келгенде бүт айыл, кыз-кыркын каада-наорманы сактап, аны тосуп алып салттагы жол-жобону кылып жатышкан жок. А түгүл Какейдин өзү да уу ичип өлөм деген ою болсо да) ырасмы сактап, Чойбектин жанына келип колукту катарында отуруп жатат.

www.bizdin.kg

Бир сөз менен айтканда, пьесанын негизги каармандарынын аң сезими өз чөйрөсүнүн көнүмүш эреже-нормаларынын алкагында эле турат. Какей менен Өмүркулдун Чойбекти кабыл албоосу, жек көрүүсү — бул моралдык айыптоо мүнөзүндөгү протест жана жеке сүйүү кызыкчылыгынын жолундагы каскакка кастарын тигүү болуп эсептелет.

Өзүнүн ички өнүгүшү жагынан чөйрөнүн деңгээлинен өйдө турган, индивидуалдуу өзүн өзү аңдап түшүнүүсү өскөн, өзүнүн жеке эркин жана жекече тандоосун чөйрөнүн, жамааттын авторитардык нормаларына жана тосмолоруна аң сезимдүү түрдө каршы кое билген инсан, личность — бул нагыз драманын каарманы болууга жөндөмдүү. Мындай инсандын демейки чектен чыккан суверендүү чечимин, «ээнбаш» жүрүм-турумун көнүмүшкө, стереотипке көнгөн чөйрө, традициялык аң сезим жаалдана каршы алат. Инсан болсо өз позициясын, ишенимин коргоп чыгат. Ортодо курч драмалык күрөш тутанат. Мына ушундан улам драма личносттук аң сезим жаралган жерден башталат деген ой бекеринен айтылбайт. Өмүркул, Какей, Чойбек, Малдыбай, Бүбүкандар — ошондой инсандык, личностук суверинитеттин деңгээлине көтөрүлгөн индивиддер эмес булар патриархалдык — көчмөндүк чөйрөнүн нарктары жана нормалары менен табигый гармонияда турушат. Мындай деңгээлдеги кейипкерлер драмалык чыгармада чыныгы драмалык кыймыл-аракеттин, ичтен тирелген, чыңалган драматизмдин субъектилери болууга алсызыраак келет. Бекеринен 30-жылдарда маданий деңгээли өскөн советтик кыргыз көрүүчүлөрү «Кайгылуу Какейге» сын-пикир айтышып, Өмүркул менен Какейдин пассивдүүлүгүн, рухий инерттүүлүгүн белгилешкен эмес. «Кайгылуу Какейде» каршылашкан каармандар бири-биринен өздөрүнүн ички ишенимдери, индивидуалдуу позициялары, маселеге карата жекече көз караштары, альтернативалуу идеялары боюнча ажырабагандыгын көрөбүз. Алардын ортосунда ишенимдердин өз ара талашы, бири бирин ынандырууга же төгүндөөгө болгон сөз эрөөлдөрү, дискуссия деген жүрбөйт. Алардын ортосунда эмнегедир көбүнчө физический кармаш, булчуңдардын согушу (тактайчылардын устаканасынын аймагындагы беттешүүнү, Бүбүкандын токмок-

www.bizdin.kg

толушун, Чойбек күйөөлөп келгенде боз үйдөгү кандуу кагылышты эске түшүрөлү), бири бирин күч колдонуп жөөлөө, уруу басымдуулук кылат. «Кайгылуу Какей» пьесасына индивидуалдуу көркөм мүнөздүн ички табиятынан чыккан драматизм эмес, негизинен абал-жагдайдын драматизми (драматизм обстоятельств) мүнөздүү. «Кайгылуу Какейдин» борбордук каармандарынын образдары кээ бир жекече кишилик белгилери көрсөтүлгөнү, жекелештирүүнүн айрым элементтери болгону менен (мисалы, Какейдин «көзү карагаттай», акыл-эстүү, ата-энеси бар деген күйөөгө каяша кылбай ыйлап-сыктап кете берген жоош, тилалчаак, айдама эмес, назик, сүйүүсүнөн баш тартпаган, көңүлү каалабаса тартынбай «жок» деп айта билген эрктүүлүгү бар кыз экендиги, Чойбек байдын битиреп тыйын санаган сараң майдачылдыгы, мөөр ордуна бармагын баскан сабатсыздыгы, революциядан мурда кыргыз ичинде практикаланган өзбек, татар, чагатай тилинде жазылчу кат үлгүсүн ээрчип, Какейдин айылындагы билерман Мырзаалыга «дубай салам кыламыз Мырзаалы достумузга, менден ал-авал сурасаңыз, жатамыз кудай деп. Жана Сиз менен көрүшмөкчү алла тагала насип кылсын» деп сүйлөп, кат жаздырганы сыяктуу ж. б.) негизинен статикалуу, жалпыланган фигуралардын деңгээлинде чыгып калган. Социалдык катмарларга, топторго мүнөздүү жалпы белгилерди топтоштуруу, типтештирүү жагынан карасак, бул жагынан М. Токобаевдин жетишкендиктери көзгө көрүнүп турат. Өмүркул, Какей, Бүбүкан — булар «жүз процент» кедей, Чойбек «жүз процент» бай болуп чыккан. Мындайча айтканда, Өмүркул, Какей эзилүүчү таптын оор абалын символдоштурган шартту фигуралар, Чойбек болсо эзүүчү тап катмарына тийиштүү сапат-белгилердин персонификациясы катары көз алдыга тартылат. Пьесанын башынан аягына дейре Чойбектин оозунан кедейлерге, малайларга, кедейдин кызы аялы Бүбүканга карата «шүмшүк», «албарсты», «ит», «арам кул», «туз урган, арбак урган бачагар» деген сыяктуу ыплас заардуу сөздөр гана чыгып турат. Ал эми Чойбекти болсо кедей тобундагылар: «жүзүкара», «күрсүйгөн доңуз», «зулум», «көркоо», «куу баш», «каапыр», «залим», «ысыгы кеткен, чириген өпкө, куркуу чал» деген сөздөр менен мүнөздөшөт. Суроо коюп

www.bizdin.kg

көрөлү. Эмне үчүн бай-манап катмары үчүн сылык-сыпаа сөздөр, ак сөөктүк каада-касиеттер, ыйман, нарктуулук сыяктуу жакшы сапаттар жат нерсеби, булар аларга мүнөздүү эмес беле? Ушул жерден көркөм сөз устаты Жорж Санддын бир оюн кыстара кетүү ылайык. «Искусство деген — бул жалаң эле сын жана сатира эмес. Сын менен сатира чындыктын бир гана тарабын көрсөтүп жатып алат. А мени болсо адамдын жаман экенин же жакшы экенин эмес, ал турмушта кандай болсо дал ошол өзүндөй көргүм келет. Ал эми тирүү адамда жакшы дагы жаман да жактар аралаш болот. Пенденин ичинде шайтан да, периште да бар»[23]. Бул жерде белгилей турган нерсе, маселенин түйүнү «Кайгылуу Какейде» бай жана кедейдин образын түзүп жатканда М. Токобаевдин бай болобу, жарды болобу турмуштагы реалдуу адамдын жаратылышынын татаалдыгын, көп жактуулугун эсепке алуудан эмес, тескерисинче, 20-жылдардагы таптык идеологиянын, пропаганданын «пролетариат-помещик-капиталист», «Бай-кедей» деген стандартынан, кедейдин жүрүм-туруму, ой-сезими кандай болуш керек, бай-манаптын кыял-жоругу, сапаттары момундай болуш керек деген алдын ала даяр, абстрактуу схемадан чыгып жаткандыгында болуп отурат. Ырас, окумуштуу М. Борбугулов белгилегендей, Чойбек байдын образында кыргыздын оозеки чыгармачылык традициясында түзүлгөн кара ниет сараң байлардын образдарынын таасири[24] да жок эмес. Бирок негизинен конфликти жана образдарды курууда ошо кездеги кызыл комсомол калемгер М. Токобаевдин аң сезимине «жайгашууга» үлгүргөн «Бай-кедей» деген социалдык стереотиптин таасиринин үлүшү көбүрөөк болгон десе болот. Мына ушундай жагдайдан улам «Кайгылуу Какейде» жекелештирүүсүз типтештирүү, жалпылаштыруу (типизация без индивидуализация) орун алып отурат. «Кайгылуу Какей» пьесасынын башкы геройлорунун образдарынын абстрактуулугу жана декларативдүүлүгү 20-жылдардагы драматургияга арналган илимий изилдөөлөрдө да туура көрсөтүлгөн: «Мүнөз катары Өмүркул айрым жандуу белгилерге ээ болгону менен бүткөн образ катары кароого болбойт. Ал көп сүйлөп, аз аракеттенет. Ал көбүнчө риторикалык сөздөрдү айтат жана көп ырдайт»[25]. «Кайгылуу Какейде» баш каармандар негизи-

www.bizdin.kg

нен ачык-айкын таптык мүнөздөмө алат, бирок алар өткөн замандагы социалдык типтердин өкүлдөрү катары гана сыпатталып, өз алдынча психологиясы бар кайталангыс мүнөздөр катары көрсөтүлбөйт. Дегинкиси персонаждардын дээрлик баары схемалуу бүдөмүк караандар шекилинде гана кыймыл-аракеттер жасайт, кеп-сөздөргө аралашат, окуянын өнүгүшүнө катышат»[26].

Бирок ошондой болсо да, жалпы алганда «Кайгылуу Какейде» пьеса деп атоого жана сахнага алып чыгууга негиз болуп бере турган драмалык белгилер бар экендигин тануута болбойт. Пьесада жалпыланган типтер түрүндө болсо да бири-бирине өйүз-бүйүз бет келип турган келишпес каармандардын кагылышуусуна негизделген конфликт бар. Автор каармандардын речине социалдык-таптык, саясий мазмундагы риториканы жана декломацияны жасалма түрдө киргизип жиберип, конфликтиге таптык мүнөз берүүгө аракет кылганы менен геройлордун кагылышуулары моралдык алкактагы эле конфликт болуп эсептелет. Конфликтин чыгышына Чойбектин таптык сезими менен кумарлары эмес, Фрейдтин тили менен айтканда, дүнүйөгө семирген байдын сексуалдык аппетити жана анын кыргыз чөйрөсүнүн укуктук гарантиясыздыгынын шартындагы ыймансыз өзүмбилемдиги, моралдык анархизми себеп болот. Какей, Өмүркул жана Чойбек, Алымкул — булар саясий-таптык эмес, моралдык антиподдор. Жогоруда белгилегендей, өткөндөгү патриархалдык — уруулук, көчмөндүк коом үчүн маркстык мазмундагы тап, таптык күрөш түшүнүгү чоочун болгон.

Ошондой эле, улам курчуп, улам күчөп улам пружинадай толгоно чыңалып өсүп отурган бирдиктүү, жыйнактуу драмалык кыймыл-аракети болбосо да, «Кайгылуу Какей» чаржайытыраак курулган драмалык композицияга жана негизинен солгун өнүккөн драмалык сюжетке эгедер. Драмалык жанрдын өзүнүн көнүмүш терминологиясы менен айтканда, сөз болуп жаткан пьесада конфликт түйүндөлөт, пайда болот (Малдыбайдын боз үйүнө Чойбектин жуучуларынын келиши, боз үйдүн ичинде Какейдин апасы, Какей, Өмүркул бир болуп, жуучулар, Малдыбай ата бир болуп өз ара араздашуунун, тирешүүнүн чыгышы), андан ары солгун, жайбаракат темпте өнүгөт (Чой-

www.bizdin.kg

бектин күйөөлөөгө кам урушу, Өмүркулдун Чойбектин аялы Бүбүкан аркылуу токолчул байга каршы көмүскө, тымызын аракеттери), кульминациясына жетет (тактай заводундагы Өмүркул менен Чойбектин тикеден тике жаалданган кагылышуусу. Бул сахнадагы конфликт өзүнүн кыйла драмалык чыйралгандыгы жана курчтугу менен айырмаланат), акырында чечилип, кайгылуу финал (күйөөлөп келген Чойбектин Малдыбайдын үйүндө Өмүркулдун канжарынан жастым болушу, сүйүшкөн эки жаштын качышы) менен аяктайт. Көшөгөлөрдөгү айрым майда сахналар, фрагмент-сценалар логикалык жактан начар байланышса да, негизинен пьесанын сюжетинин өйдөдөгү башкы мерчемдери бири-бири менен себептик натыйжалык жактан байланышат. Терең психологиялык мотивировкасы болбосо да автор Өмүркул менен Чойбекти бири бири менен кайраштыра жана өчөштүрө турган драмалык кырдаалдарга (тышкы конфликтин деңгээлинде) жалпысынан кое алган.

Көркөм чыгармада ар бир структуралык элементтин мазмундун ачылышына түздөн-түз тиешеси болот. Ушул жагынан алганда драмалык чыгармада кейипкерлердин речине жана диалогуна өзгөчө функция таандык экени белгилүү. Драмалык речь, диалог, монолог каармандардын мүнөзүн, жан дүйнөсүн ачуунун формасы. Мына ошондуктан драмалык персонаждын оозунан чыккан ар бир сөз ташка тамга баскандай таамай чыгып, ички динамикага, кыймыл аракетке, маанилик экспрессияга карк болушу шарт. Ар бир айтылган сөз сюжеттик кыймыл-аракетти алдыга жылдырууга үлүш кошуп турушу керек. Ушул өңүттөн караганда, Какей менен Өмүркулдун боз үйдүн ичинде бетин бетине тийгизишип, сүйөнүшө сүйлөшүп турганда Малдыбай атанын экөөнүн үстүнөн чыгып калышына байланыштуу (патриархалдык үй-бүлөдө кайындала элек, күйөөлөнө элек кыздын атасынын төрүндө чоочун жигит менен сүйөнүшүп турушу чектен чыккан жосун) капыстан түзүлгөн оңтойсуз жагдайда (6—7—8-көрүнүштөр) Мырзаалы, Алымкул, Малдыбай, Өмүркул, Асылкандын ортолорунда чыккан сөздөр, диалогдор кыйла чыйралган, чыңалган абалга жетип, кадимкидей драмалык речтин түспөлүн алат. Бирок тилекке каршы мындай сахналар,

www.bizdin.kg

сценалык эпизоддор пьесада экен-токон гана жолугат. Бүтүндөй алганда «Кайгылуу Какейдеги» драмалык речтин, диалогдордун жүрүшү көп учурда кадимки прозалык баяндын диалогдорун элестетип, кээде публицистикалык, кепсөздүн кебетесинде көрүнөт. Бекеринен өйдөтө драмалык кыймыл-аракеттин негизинен солгундугу жөнүндө сөз болгон жок.

Драмада сюжет куруу чеберчилигинин чоң мааниси бар. Бири-бирин шарттаган, бирине бири себеп болгон курч ситуациялардын, күтүүсүз бурулуштардын, кызыктуу турмуштук абалдардын, чукугандай табылган сахналардын логикалуу тизмегинен турган сюжетти уюштура билүү драматург үчүн ар дайым эң татаал жана зарыл проблема. Пьесада сюжеттин ички динамикасынын курчтугу гана эмес, керек болсо окуялардын тышкы курчтугу да маанилүү. «Кайгылуу Какейде» сюжетти кызыктуу чыгарууга, күтүүсүз кырдаалдарды, капыл-тапыл кездешүүлөрдү уюштурууга болгон далалат бар. Бирок ошондой кескин жагдайлар бир топ учурларда окуялардын табигый жүрүшүнөн, сюжеттик ички зарылдыктан улам өзүнөн өзү түзүлбөй, автордун эрки менен күчтөп ишке ашырылып жаткан жасалма жагдайлар катары билинип турат. Маселен, түндөсү жатарга төшөк салынарда Чойбек бай бир паска эшке чыгып кетсе, ошол учурда Өмүркулдун боз үйгө сүйлөшөм деп жөнү жок капыл-тапыл кирип келип, Бүбүканды ыңгайсыз абалга кириптер кылышы жана бай эшиктен кирип келатканда чыгданга жашынып калышы эч бир адепке да, логикага да жана сюжеттик зарылдыкка да жатпайт. Ушунтип, Бүбүкандын күйөөсүнөн өлөөрчө токмок жешине Өмүркул өзү күнөөлүү болот да, кайра бул этибарсыз осолдугу жөнүндө ойлонуп калбастан, бүткүл күчү менен Чойбекти айыптайт. Бул жерде күтүүсүз кырдаал, кызыктуу окуя түзөм деген аракет чындыкка анча коошпой, жасалмалуулугу айгинеге чыгып турат.

Персонаждардын сахнага кирип чыгышын табигыйлуулугу тарабынан караганда да мүчүлүштүктөр кыйла. Кейипкерлерди автор өзү каалаган учурда сахнага жетелеп кеткен учурлар аз эмес. Айрым учурда курчуп бараткан чатак автордун эрки менен капыстан кан буугандай тык токтоп (мисалы, тактай заводундагы жаңжал), анын эмне

www.bizdin.kg

менен бүткөнү билинбей, башка сахналар башталып кетет. Көшөгөлөрдүн көрүнүштөрүнүн бөлүнүштөрү да белгилүү бир логикага, көркөмдүк зарылдыкка баш ийдирилбей, сюжет каалаган жерден кертилип, майда «кесиндилерге» бөлүнүп, көрүнүштөрдүн саны ыгы жок көбөйүп, 40ка чейин жеткен. Мындай кемчиликтер, албетте, драматургиялык алгачкы кадамдын тажрыйбасыздыгынан чыккан көрүнүштөр болуп эсептелет.

Пьесанын саамалыгы, жетишкендиги катары белгилей турган нерсе, мурдагы драмалык ийримдерде коюлган негизинен эмпирикалык жана натуралисттик чагылтуунун алкагынан чыкпаган «тырмак алды» пьесалардан айырмаланып «Кайгылуу Какей» көркөм жалпылоонун жөрөлгөлөрү менен жазылган. Этнографизмдин, натуралисттик сүрөттөөнүн айрым элементтери болсо да, автор өзү жакшы билген турмуштук материалдарды белгилүү бир көркөм ылгоодон (художественный отбор), адабий фантазиянын элегинен өткөргөн. Пьесанын сюжети үчүн революцияга чейинки турмуштун конкреттүү колоритин көз алдыга алып келе турган кыз-келиндердин, жарды-жалчылар катмарынын социалдык мүшкүлдүү ал-ахыбалын, байлар катмарынын жүрүм-турумун, нравасын көрөсөндүү элестете турган мүнөздүү турмуштук көрүнүштөрдү жана кырдалдарды тандап алууга аракет жасалып, башкы образдарга типтүү белгилерди (бай-кедей түшүнүгү боюнча) топтоштуруп берүүгө көңүл бурулган. Образдар большевиктик идеологиянын духунда карама-каршы коюлуп, таптык түшүнүктүн ыңгайынан интерпретация кылынса да, «Кайгылуу Какейде» автордун чыгармачылык процессте көркөм ылгоого жана жалпылоого умтулушу мурдагыга караганда адабий-көркөм ой жүгүртүүдөгү алга жылуу болгон. Негизинен пьесанын 1-көшөгөсүндө көрүнсө да, Малдыбайдын образынын элестүү түзүлгөндүгүн белгилөө керек. Бир жагынан жалгыз төөсүн жоготуп, экинчи жагынан төлөмөр, бересе болуп калгандыгынан пайдаланып, Чойбек бай кызыңды бер деп кыстап, буга кошул-ташыл болуп, жуучуларга макул дейсиң деп байбичеси жемелеп, кызы беймаза кылып, бул аз келгенсип ошо тушта Өмүркул менен Какейдин өз үйүндө сүйөнүшүп турганынын үстүнөн чыгып калып айласы куруган Малдыбайдын толкунданып

www.bizdin.kg

сүйлөгөн сөздөрүнөн, речинен табигыйлуулук жана драмалуулук сезилип турат.

Ушундай психологиялык жактан ынанымдуу чыккан ийгиликтүү сахналар, тилекке каршы пьесада аз. Жандуу, бир топ таасирдүү чыккан сейрек сахналарга 4-көшөгөдөгү Чойбектин күйөөлөп келишине байланыштуу бир катар майда сахналарды да кошууга болот. Чойбектин боз үйдө жалгыз калганда өзүнчө күбүрөнүп битиреп тыйындарын санаганы, Какейди күтүп алуу үчүн өзүнчө «репетиция» жасаганы көрүүчүнүн күлкүсүн туудурат. Чойбектин образы бул сахналарда социалдык тип катары эмес, жөнөкөй пенде катары комикалык планда ачылат. «Кайгылуу Какейде» пьесанын чыгарма катары түндүгүн уук сыяктуу ар кайсы жерден тиреп турган мына ушундай дурус сахналар бар.

«Кайгылуу Какей» өзүнүн үч көшөгөлүү көлөмдүүлүгү, ойдогудай бере албаса да, турмуштун социалдык контрастуу картинасын тартууга далалаттангандыгы, кыргыз кыз-келиндеринин укуксуз абалы (маселени курчутуп, боекту коюулантып жатса да) жөнүндөгү, аялдар эмансипациясынын, турмушту, абалды өзгөртүүнүн зарылдыгы тууралуу идеянын коңгуроосун күчтүү каккандыгы, адилетсиздикти, акыйкатсыздыкты чечкиндүү танган пафосу, чакырык духу менен бөтөнчөлөнөт.

Профессионалдык драматургиянын «төл башы» — «Кайгылуу Какей» өзүнүн адабий-эстетикалык деңгээлинин өйдө-ылдыйлыгына, көркөм конструкциясынын «дүмбүлдүгүнө» карабастан 20—30-жылдарда сынчыл, талапчыл эстетикалык критерийлер менен куралдана элек, табити жөнөкөй карапайым тоолук көрүүчүлөр тарабынан зор кызыгуу менен кабыл алынган. «Эстетикалык критерий» деген сөздү мындай койгон күндө да, ал кезде театрдын, анда коюлган оюндун өзү эле жаңылык болгон. Көпбай Күмүшалиев 1928-жылы Жумгалдык жаш жигит Сарбагышев Отунчунун биринчи жолу театр деген нерсе менен кездешкендеги абалы жөнүндө мындайча жазат: «1928-жылы жай айларынын бир күндөрүндө Отунчу М. Токобаевдин «Кайгылуу Какей» аттуу драмасын даярдап барышкан кыргыз музыкалуу драма студиясынын коллективи менен Чаектен кезигип калат. Ал Отунчунун өмүрүндө

www.bizdin.kg

мурда болбогон бөтөнчө кубанычтуу күнү эле. Оюн коебуз деп келишкендердин бардыгы тең негизинен өзү курактуу эле жаш өспүрүм жигит көрүнгөнү менен, кечинде сахнага чыгышканда бирөө курсагы салаңдаган жыртак көз чал, экинчиси чатыраган кесирдүү болуш, үчүнчүсү бөрк ал десе баш алган кошоматчы шылуун болуп көрүнгөн артисттердин ойну Отунчуну таң калтырып, өзүнө тартып алды»[27]. Анын үстүнө өздөрүнө жакшы белгилүү кыргыз турмушунун картиналарын, тиричилик фактологиясын сахнадан көрүү көрүүчүлөрдү абдан толкундаткан. Алар Какейге жандары ачып, Өмүркулга боор толгошуп, Чойбек байга ызырынышкан. Пьесанын образдарынын сахнада режиссердун искусствосу, художниктин декорациясы, актерлордун чыгармачылык мамилеси, алардын пантомимикасы, жестикуляциясы жана интонациясы менен байышы, толукталышы «Кайгылуу Какейдин» турмуштук чындыгын арттырып, анын таасирдүүлүгүн ого бетер күчөткөн. «Кайгылуу Какейдин» 20—30-жылдардагы актерлорунун кызыктуу ролдору жөнүндө театр изилдөөчүлөрү төмөндөгүдөй деп эскерип жазышат: «Ачык-айрым күйөө жолдоштун образы Ашыраалы Боталиевдин аткаруусунда бөтөнчө кызык чыккан. Ал өзү да айыл-ападагы тойлордо күйөө жолдош болуп жүргөн. Анын жекече тажрыйбасы образ түзүүгө жардам берип, сахнада ушунчалык жан-дили менен ойноду. Тамаша аралашкан сөздөр оозунан чубурса, көрүүчүлөр дуу күлөт. Ал эми Алжан Сарбагышев болсо Чойбектин элестүү образын түзгөн эле»[28]. «Кайгылуу Какей» спектаклинде ач көз байдын мүнөзүн тереңдетип ачып берүүдө андан жеңкетай доолаган Акылай — Күйүкованын түзгөн образы абдан ишенимдүү чыккан. Чойбек жеңкетайдан оңоюраак кутулуп кетүүнүн жолун издеп, канчалык алактап далалат кылса да, Акылай — Күйүкова ыгы менен таап сүйлөгөн жүйөөлүү сөздөргө аны жыгылыштуу болууга аргасыз кылат. Мына ошого карабастан негизги максатты эптеп пайда көрүп калуу жагына оодарып, ал эми кыздын тагдырына анчейин маани бербестен көз жумдуулукка салуусу көрүүчүлөрдүн аң сезимине из калтыра турган»[29].

Көркөм чыгарманын тарыхый — функционалдык ролу жагынан караганда «Кайгылуу Какей» өз мезгилинде төмөндөгүдөй кызмат өтөгөн:

www.bizdin.kg

1. Көрүүчүлөрдү өткөн турмушка сын көз менен кароого үндөп, улуттук өзүн өзү аңдап түшүнүүнүн ойгонушуна сүрөө болгон, азаттыкка теңдикке чакырган, революциянын идеологиясынын нугунда коомдук аң сезимдин тарбиячысы болгон;

2. Кыргыз музыкалык драма студиясынын балапан актерлору үчүн жергиликтүү улуттук образдардын, ролдордун мисалында аткаруучулук чеберчиликке үйрөнүүнүн өзүнчө бир мектеби болуп кызмат аткарган;

3. Мурдагы ийрим драматургиясынын деңгээлинен өйдө көтөрүлүп чыккан «Кайгылуу Какейдин» драмалык тажрыйбасы, көркөм саамалык-сабактары алгачкы драматургдар үчүн кандайдыр бир даражада чыгармачылык таалим болгон.

«Кайгылуу Какей» бүгүнкү күндө профессионалдык кыргыз драматургиясынын 20-жылдардагы алгачкы кадамдарынын тарыхый-маданий, социалдык-саясий жактан шартталган көркөм өзгөчөлүктөрүн, революциялык идеологиянын кырдаалындагы калемгердин чыгармачылык жүрүм-турумун, психологиясын таанып билүү үчүн тарыхый-адабий кайталангыс факт катары жана да кыргыздын октябрь төңкөрүшүнө чейинки доордогу тиричилигин, нравасын, этнографиясын тааныш үчүн өзүнчө бир көркөм документ катары маанилүү.

Молдогазы Токобаев алгачкы драматург катары гана эмес, кезегинде акын катары да таанымал болгон инсан. Анын биринчи «Ырлар жыйнагы» 1931-жылы жарык көргөн. Андан соң сүрөткер «Ырлар жыйнагы» (1937), ошондой эле 1950—1970-жылдар аралыгында «Шаңдуу күн», «Шайыр жаштар», «Алга бас», «Шаңдуу кадам», «Айна», «Тандалган ырлар», «Күжүрмөн эмгек», «Жарык күз» аттуу поэтикалык китептерди жана аңгеме, очерктер жыйнагын жарыкка чыгарган. М. Токобаев Октябрь революциясынын идеологиясынын духунда тарбияланган, социализмдин идеалдарына берилген акын болгон. Ал өзүнүн поэзиясында өз заманынын темаларын жана маселелерин ырдаган. М. Токобаев «Ант беребиз атага» деген ырында

Кумсарып жер,
Муңайып эл,
Көчкү астында каларда;

www.bizdin.kg

Илеп тартып,
Уусун чачып,
Жылан арбап чагарда;
Көр оозунан,
Жулуп алган,
Ата Ленин, сен элең! —

деп жазган. Акындын негизги темалары — Ленин, Октябрь, коммунисттик партия, комсомол, социалисттик мекен, кыргыз жергесиндеги революциялык кайра куруулар, социалисттик айыл-чарбасы, Ата мекендик согуштагы жеңиш, тынчтык курулуштагы экономикалык жана маданий жетишкендиктер, эски менен жаңынын контрасты, тап күрөшү өңдүү темалар болгон. М. Токобаев социалдык-саясий поэзиянын жоокери. Ал өзүнүн ыр, поэмаларында саясий-публицистикалык пафосту көркөмдүүлүк менен кыйла даражада айкалыштыра алган. Акындын поэзиясы форма, ритм, интонация, муун өлчөмдөрүнүн түзүлүшү жана ар түрдүүлүгү жагынан өзүнүн калемдеш курбулары Мукай Элебаевдин, Жусуп Турусбековдун, Жоомарт Бөкөнбаевдин поэзиясы менен үндөшүп турат.

Акырында белгилей турган нерсе, сүрөткер алды жакта өзү моюнга алгандай, көркөм чыгармачылыктын артынан сая түшүүгө көп жагынан мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Ал комсомолдук, партиялык, советтик кызматтар менен өмүр бою (М.Токобаев жөнөкөй комсомолдук кызматкерден Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагалыгына чейин жеткен) алек болуп, агымдагы жумуштар менен колу байланып, өзүндө бугуп жаткан табигый таланттын ажарын чындап ачууга үлгүрбөгөн.

Молдогазы Токобаев адабиятыбыздын пионери катары көркөм маданиятыбыздын тарыхында ысымы өчпөй калла берет.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Жигитов С.* 20-жылдардагы кыргыз адабияты, 99-бет.

[2] *Кумушалиев К.* Кыргыз театрынын салтанаты, 61-бет.

[3] *Аралбаев А.* Алгачкылар. — Фрунзе, 1967. 233—234-беттер.

[4] *Борбугулов М.* Пути развития кыргызской советской драматургии. — Фрунзе, 1958, 25-бет.

www.bizdin.kg

*Аралбаев А.* Аталган китеби, 236-бет.

*Кумушалиев К.* Кыргыз театрынын салтанаты, 56—57-беттер.

*Львов Н.* Киргизский театр, 28—29-беттер.

[8] *Кумушалиев К.* Кыргыз театрынын салтанаты, 61—62-беттер.

[9] *Жигитов С.* 20-жылдардагы кыргыз адабияты. 102—103-беттер.

[10] *К. Маркс и Ф. Энгельс*, соч. т. XXV, 547-бет.

*В. И. Ленин*, соч., т. 28, 160—161-беттер.

[12] *Сасыкбаев С.* Тандалган чыгармалар. — Фрунзе, 1977. 123-бет.

[13] Ошондо. 123—124-беттер.

[14] *Аралбаев А.* Алгачкылар. 237-бет.

[15] *Аралбаев А.* Алгачкылар. 214-бет.

[16] *Львов Н.* Киргизский театр. 28-бет.

*Кумушалиев К.* Алар баштоочулардан болушкан. — Фрунзе, 1979. 84-бет.

[18] *Аралбаев А.* Алгачкылар. 236-бет.

[19] *Кумушалиев К.* Кыргыз театрынын салтанаты. 52-бет.

[20] *Львов Н.* Киргизский театр. 27-бет.

[21] *Курманов З.* Политическая борьба в Кыргызстане: 20-е годы. — Бишкек, 1997. 24-бет.

[22] *Хализев В. Е.* Драма как род литературы. — Москва, 1986. 83-бет.

[23] *Санд Ж.* Избр. соч., в 2 т. М., 1950, Т. 2, 635-бет.

[24] *Борбугулов М.* Учу-кыйырсыз жол, 62-бет.

[25] Ошондо, 60-бет.

[26] *Жигитов С.* 20-жылдардагы кыргыз адабияты, 110—111-беттер.

[27] *Кумушалиев К.* Залкар таланттар. — Фрунзе, 1973. 217-бет.

[28] *Львов Н.* Киргизский театр. 27—28-беттер.

[29] *Жунушев А.* Даркүл Күйүкова. — Фрунзе: Кыргызстан. 12-бет.

www.bizdin.kg

## ЖАМГЫРЧИЕВ ЖУМА

*(1906—1944)*

Кыргыз адабиятынын пайдубалын түптөгөн акын-жазуучулардын жеке өмүр жолун иликтей келгенде, алардын чыгармачылыгына мүнөздүү жалпылыктардын келип чыгышы табигый көрүнүш сыяктуу.

Андай дегенибиз 20-жылдары чыгармачылык жолун баштаган акын-жазуучулардын дээрлик баардыгынын тагдыры Үркүн, Октябрь революциясынын окуяларына туш келип, өткөн турмуштун оор запкысынын бир сүртүмү, коогаландуу күндөрдүн эстен кеткис тактары алардын чыгармаларынын гүлазыгы болгондугу талашсыз.

Алардын бири — Жума Жамгырчиев. Акын кыргыз адабият айдыңында өзүнүн «Ырлар жыйнагы» (1931), «Таңкы жарык» (1959), «Ырлар» (1975) аттуу ыр жыйнактары менен белгилүү. Анын чыгармачылыгынын алгачкы чыйыр жолу 1926-жылдары кыргыз борбордук педтехникумда окуп жүргөн кезинде башталат. Акындын ысмы адабият ышкыбоздорунун арасында алгач — «Кайгылуу күн» аттуу ыр аркылуу таанымал болот. Аталган окуу жайда ал М. Элебаев, К. Жантөшев, Т. Байжиев ж. б. менен калемдеш болуп, Ж. Жамгырчиев чыгарма жазууга өтө чыйрак алдыңкы окуучулардын бири болгондугун К. Маликов төмөндөгүдөй эскерет: «Мени ыр жазуу жөнүндө ойлонто баштаган, «Эркин Тоонун» алгачкы сандарына басылып чыккан Аалынын «Октябрдын келген кези», Мукайдын «Зарыгамы», Жуманын «Кайгылуу күнү» деп ойлойм.Өзгөчө 1926-жылдан баштап педтехникумда Мукай, Жума менен бирге болдум. Бул экөө тең педтехникумдун окуучуларына абдан кадырлуу эле. Кабар жазып,

www.bizdin.kg

ыр жазып жүргөндөр бул экөөнү кудайыбыздай эле көрчүбүз»[1].

Бүтүргөн техникумду жаңы күчтөр,
Жалын жүрөк жаш кайрат жарык жүздөр.
Зарыккан Ала-Тоонун арасында,
Силерден үмүтү көп элдин күтөр.
Бир жүрүп, бир орундан алдык билим,
Улуу ага, теңтуш курбу, кичүү иним.
Алты жыл алганыңды эмгекчи элге,
Талыкпай иш жөнүндө чачар күнүң, —

деп акын «Жаңы күчтөргө» аттуу ырын педтехникумдун алгачкы бүтүрүүчүлөрүнө арнайт. Чынында, 1924-жылы жаңы гана Автономиялуу область болуп жаңыдан гана караңгылыктан баш көтөрүп, келаткан кыргыз эли үчүн педтехникумду бүтүрүп чыккан кыргыз интеллигенциясынын алгачкы карлыгачтарын тосуп алуу зор тарыхый окуя болгондугу талашсыз. Педтехникумда ошол кезде окуган кыргыз жаштарынын ички шык жөндөмү тек гана чыгарма жазуу менен чектелбестен, бир эки көшөгөлүү пьесаларды жазышып, өзүлөрү да ролдордо аткара билишкендигин адабиятчы З. Бектенов «Замандаштарым жөнүндө эскерүү» аттуу эмгегинде төмөндөгүдөй эскерет. «1925-жылдын акырынан баштап, 1929-жылга чейин биздин киринпросс-техникумдун окуучулары Мукай Элебаев, Касымалы Жантөшев, Жума Жамгырчиевдер тарабынан бир эки көшөгөлүү пьесалардын бир тобу жазылып, биздин окуучулар тарабынан сахнага коюлган. Бирок алардын ичинен «Аргынбай», «Жесир доо», «Бөйдө чыгым», «Койчу» деген пьесалардан башкасынын аттары эсимде сакталып калбаптыр»[2].

1931-жылы Ж. Жамгырчиевдин алгачкы ырлары, тактап айтканда, 1926—1931-жылга чейин жазылган чыгармалары «Ырлар жыйнагы» деген ат менен жарык көргөн. Китептин баш сөзү акын Ж. Турусбековдун калемине таандык. Анда, «Биздин акын-жазуучуларыбыз билим жагы кооз адабият маанисинде дагы жаш. Ошолордун бири — Жума. Жуманын бул ырларынын жыйнагы ошол кооз адабият майданында жаштыгыбызды толук далилдей алат.

Мындан бир эки жыл мурун биздин кооз адабиятыбыз толук мааниси менен айтканда үгүтчү эле. Бул ушул күнгө

www.bizdin.kg

чейин жазуучу акындарыбыздын чыгармаларында толук орун алып үстөмдүгүн жүргүзүп келе жатат. Бул үгүттүн кереги жок деген түшүнүктү бербейт, кооз адабият социализмди куруу жолунда биринчи иретте курушуучу экинчи иретте үгүтчү болуш керек»[3]. Ырасында, жогорудагы баш сөздө Ж. Турусбеков тарабынан белгиленгендей, 20-жылдардын адабиятынын жүзү — үгүт-насыят мотивинде жазылган саясий-агитациялык ырларда даана көрүнгөндүгүндө шек жок. Мына ушул багыттан алып караганда Ж. Жамгырчиевдин да бир далай эмгектенгендигин көрөбүз. «Күзгүдөй көрсөт бетине», «Кыргыздарга», «Дыйкандар», «Келди күз», «Окуучуларга», «Эл жаштарына», «Жайкы талаада» өңдүү Октябрь төңкөрүшүнүн кыргыз элинин тагдыры үчүн эбегейсиз зор тарыхый окуя болгондугун өз замандаш, калемдештери сыяктуу эле ошол тарыхый окуянын коомдук саясий, социалдык таптык мүнөзүн, элдин жашоо турмушунда болуп жаткан эски менен жаңынын ортосундагы кагылышты поэзиянын ыргагына салат. Карапайым элге чакырык иретинде жаштарды билимге умтулууга, көчмөндүү турмуштан биротоло кол үзүп, отурукташып, маданияттуу жаңы жашоону баштоого карата болгон өзүнүн ой-тилегин чагылдырып берүүгө аракеттенген. Албетте. Ж. Жамгырчиевдин калеминен жаралган ырлары ошол учурдун мезгил талабын канааттандыргандыгы, ошондой эле турмуштун оор запкысынан жаңыдан баш көтөргөн, сабатсыздыгы али жоюла элек элдин аң-сезимиинин ойгонушуна кандайдыр бир деңгээлде кызмат өтөгөндүгүн белгилей кетүүбүз зарыл. Өз мезгилинде адабиятчы Байдылда Маленов Жума Жамгырчиевдин ырларынын дээрлик көпчүлүгү үгүт-насият мүнөзүндө жазылгандыгын эң туура белгилеген. Ырасында, жаңы гана эркиндикке ээ болуп, эзүүчүлүк турмуштан арылган караңгы калк катмарына оозеки поэзиянын үлгүсүндө жазылган ырлар аркылуу агартуучулук иштерди жүргүзүү ар тараптан жеткиликтүү болгон. Ушул багыттан алып караганда, Ж. Жамгырчиевдин чыгармаларынын басымдуу бөлүгү агитациялык ыкмадагы үгүт-насыят мүнөзүндө жазылгандыгынын өзүн — закончене мдүү көрүнүш катары кароого болот.

Акындын чыгармаларынын ичинен аялдар теңдигине арналган ырлар да өзгөчө орунга ээ. Маселен, «Кыздар-

www.bizdin.kg

га», «Кыргыз аялы», «Кол сунгун теңдик гүлүнө», «Талпынгын» сыяктуу ырларында кыз-келиндер жаңы замандын келиши менен өз укугуна ээ болгондугун даңктап ырдайт. Кыргыз кыздарын мурдагыдай жүк бурчунда отура бербестен, окуп билим алып, кат таанып замандын агымы менен талыкпай эмгек кылууга чакырат.

Баш кошуп мындай кезде талпынган
Эзилип өткөн күндө чарпылдың.
«Байтал чаап байге алабы» — деп айткан,
Кыргыздын эски салтын калтыргын.

Ошондой эле «Талпынгын» аттуу ырында деле жогорудагыдай оюн тереңдетет:

Бул күндө аял теңдик алган күн,
Таң атып күндүн нуру чалган күн,
Эзелтен шоола түшпөс зынданга,
Чырагы эркиндиктин жанган күн.

Акындын чыгармачылыгында «Тердикбай» аттуу ыры дагы башка чыгармаларына караганда өзүнүн көркөмдүүлүгү, элестүүлүгү, өз алдынча мазмунунун бөтөнчөлүгү менен айырмаланып турат. Анда өмүр бою малайлыктын азабын тартып келген Тердикбай аттуу койчунун бир үзүм тагдырынан кабар берилет. Тердикбайдын образы аркылуу автор кедейликтен баш көтөрбөй, акын өз ырында айтмакчы — күнчүлүк акысы бир кесим нанга арзыбай жашап келген каратаман кыргыздардын турмушун жалпылап берүүгө аракеттенет.

Жылдык акы кой, серке,
Жыргап калат бүт берсе.
Жылыштатып жок кылат,
Бербей жүрүп эч нерсе.

Ошонун бири Тердикбай,
Бир күнү калбайт мал бакпай.
Алты жыл кылды кызматты,
Акысы жалгыз жан бакмай —

Күндүз койдун соңунда,
Курушкан тону жонунда.

www.bizdin.kg

Түндө жатса төшөк жок
Төөнүн жыртык комунда —

деп, таң заардан кечке чейин кой артынан жүрүп турмуштун кыйынчылыгында кор болгон Тердикбайдын жаңы замандын келиши менен өз эркиндигине ээ болушуна Жаманкул аттуу окуучу баланын түрткү болгондугун — так-таасын көркөм чагылдырып көрсөтүүгө ниеттенген.

Ж. Жамгырчиевдин согуш мезгилиндеги жазылган ырларынан акындын фольклордук салттардан аз да болсо арылып, нагыз поэзиянын үлгүсүндө ыр жаратууга карай кылган аракеттерин баамдоого болот. Маселен, «Ант ушул», «Сен эсимде», «Чалгынчылар», «Ала-Тоого кат», «Майдандан», «Тууган эл», «Токойдогу түн», «Солдаттын саламы» өңдүү ырлары акындын чыгармачылыгын дагы бир кырын ачып, идеялык-тематикалык поэтикалык көркөмдүгү жагынан жаңы тепкичке көтөрүлүүгө багыт алганын көрөбүз. Башка кыргыз акындары өңдүү эле өзүнүн ырларында эл жерди сүйүү, Ата Мекенди коргоо, туулган жерди сагынуу сыяктуу өзүнүн бүткүл дитинен суурулуп чыккан жандуу ойлорун поэтизациялайт. «Солдаттын саламы» аттуу ырында:

Мен жүрөм айлык, жылдык алыс жолдо,
Ар түрдүү курал жабдык алып колго,
Кадырлаш бир боордош, кандаш элди,
Фашисттик жырткычтарга кылбаска олжо —

деп баяндаса, ал эми калың элдин башына түшкөн оор кайгыны бир гана талыкпаган аракет, майтарылбас эрк кайрат менен гана жеңүүгө болоорун:

Кана дагы кайраттан калың элим,
Тылды чыңап, фронтко жардам бергин!
Майданда салгылашкан баатырлардын
Эрдигин даңазалап эми көргүн. —

деген сыяктуу ыр саптары менен акын ар бир адамдын патриоттук сезимин козгоого, гитлердик баскынчыларды жоокерлер акыры жеңип чыгарына ишеним кылат.

Ж. Жамгырчиев — согуш отун өз көзү менен көрүп, кан кечип, өмүр менен өлүмдүн ортосунда кармашып, жүрөгүнүн ар бир согушу менен Мекендин тынчтыгын орно-

www.bizdin.kg

туу үчүн баатырларча салгылашып, 1943-жылы курман болгон акын. Ж. Жамгырчиевдин чыгармачылык өмүр жолундагы алгылыктуу өзгөчөлүк — анын кыргыз акын-жазуучуларынын арасынан алгачкылардан болуп 1926-жылдардан тартып, эл арасынан фольклордук чыгармаларды жыйноого белсенип киришкендиги. Атап айтканда, 1926—1940-жылдар аралыгында ал «Эр Төштүк», «Курманбек» эпосунун варианттарын, ошондой эле табышмак, жарамазан, кошокторду араб тилинде кагазга түшүргөн (Инв. № 46) «Эр Табылды» эпосу латын тамгасында (Инв. № 384) жазылып алынган. Бүгүнкү күндө акындын жыйнаган фольклордук материалдары КРУИАнын Кол жазмалар бөлүмүндө сакталууда.

Ж. Жамгырчиев кыргыз адабият майданынын алгачкы жылдары турмуш агымынан калышпай эмгектенген көркөм сөз дыйканы, алгачкы агартуучу, кыргыз адабиятынын негиз салуучуларынын бири катары калды.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Маликов К.* Замандаштарым жана каламдаштарым. — Фрунзе: Кыргызмамбас, 1964.

[2] *Бектенов З.* Замандаштарым жөнүндө эскерүү. — Бишкек: Адабият, 1992.

[3] *Жамгырчиев Ж.* Ырлар жыйнагы. — Фрунзе: Кыргызмамбас, 1931.

www.bizdin.kg

## ЭЛЕБАЕВ МУКАЙ

*(1906—1944)*

М. Элебаев айтылуу «Зарыгамы» менен таанылып, журтчулукка алгач акын катары белгилүү болгон. Анын бул ырын ошол мезгилдеги окууга дилгирленген жаштардын көпчүлүгү гимн катары, обонго салып ырдашкан. Ошол учурдун көзү менен караганда акындын поэзиясы өз мезгилинин демин, шарапатын төп чагылдырган күчтүү чыгармалар катары саналган. Ал чыгармачылык менен алпуруша баштагандан тартып эле боордош элдердин, ошондой эле орус адабиятын жана дүйнөлүк классиканы окуган. Ошондуктан поэзияда, же прозада болсун машакаттанып көп эмгек кылып, кайра-кайра жазуудан тажаган эмес. Башка элдердин адабиятынан алган таасирдин астында кыргыз совет адабиятынын түптөлүшү ийгиликтүү болсун үчүн жаңыдан калыптануу жолуна түшкөн чыгармачыл чөйрөгө адабий кеңештерин берген, олуттуу сын макалаларын жазган.

М. Элебаев ошол эле маалда элдик оозеки чыгармачылыкты жыйноого да чоң салым кошкон. Архивдик кол жазмалар арасында сакталып калган күндөлүк макала каттарынан улам анын «Саринжи-Бөкөй», «Кожожаш», «Курманбек», «Эр Төштүк» кенже эпосторун басмадан чыгарууга кылган аракети, ошондой эле эл макал лакаптары жаткан казына экенин белгилеп, аны жыйноо маселесин коюуну көздөгөн. Ушуну менен катар эле казак акындары Сапаргали Бегалин, Качкинов Сакен жана М. Ауэзов менен жазышкан каттарынан улам Токтогул Сатылгановдун ырларын казак тилине, Жамбылдын өлөңдөрүн кыргыз тилине жарыялоо аракеттерин да кылгандыгы кө-

www.bizdin.kg

рүнөт. Жазуучу бардык убактысын искусствого арнап, экинчи жагынан, эл казынасын алып чыгууга күч жумшап, ошол эле учурда тубаса артисттик, куудулдук, обончулук өңдүү ар кыл өнөрүн да көпчүлүккө тартуулаган. Акын педтехникумда окуп жүргөндө, андагы жаштардын демилгеси менен түзүлгөн адабий ийрим эл үчүн концерт уюштурушуп пьеса, интермедияларды коюшкан. Бул жөнүндө К. Маликов «Ошол концертке арнап көчө-көчөлөргө жабыштырган афишанын эң көрүнүктүү жерине «Жаш куудул, акын М. Элебаев да катышат» деп бадырайтып жазып койчубуз. Журт белетти талап кетчү»,— деп эскерет. Мукай өзү да бул өнөрү тууралуу «Узак жол» жана «Кыйын кезең» чыгармаларында белгилеп кеткен жерлери бар. Кол жазмаларынын арасында (№ 1279 папкада) М, Элебаевдин күлкү — какшык үчүн жазган интермедиялары, майда сценкалары жана кийинчерээк белгилүү болгон «Тартыш» пьесасы анын таланты зор драматург экенин далилдейт. Ошондой эле Мукайдын күндөлүгүндөгү: «Ырды мындай коёлу, ушул революциялык обондорду кыргызда биринчи мен чыгардым десем жалган болор, беш хордун ырын обону менен чыгарып, бардык жерде айтылар эле. Ушуга карабай менин ырларымды, обондорумду грамафонный записке атайы жаздырбай койгон акмактар эмне тапты экен?! Күйөмүн! (11-февраль 1937)» деп жазганы жана замандаштары К. Маликовдун, З. Бектенов, Саткын Сасыкбаевдердин эскерүүлөрүнөн анын обончулугу билинет. Өз мезгилинде Мукайдын «Зарыгамын», «Биздин жаштар», «Жумушчулар», «Маданият жаңырды» ырларын көпчүлүк обонго салып ырдашкан. Бирок тилекке каршы акындын бир да обону бизге жеткен жок. Анын Д. А. Фурманов, С. Я. Маршак, Л. Н. Толстой, А. С. Пушкиндин чыгармаларын кыргызчага жакшы которгон котормочулук таланты буга чейин эле айтылып келген. Кол жазмаларын аңтара келгенде биздин колго алиге чейин эч кимге белгисиз казак элинин «Эр Таргын» эпосунун либреттосу (№ 1274 папкада сакталып калган) табылды. Аны М. Элебаев 1938-жылы казак тилинен кыргыз тилине которгон. Котормо латын алфавитинде жазылган. Бул котормосу анын казак тили жана адабияты менен жакшы тааныш болгондугун күбөлөйт.

www.bizdin.kg

30—40-жылдарда жазма адабият кадыресе калыптанып, бир топ акын-жазуучулар атактуу болуп калган учур болот. Алар өзүлөрүнүн чыгармаларында жашоодо болуп турган тарыхый закон ченемдүүлүктөрдү, кубулуштарды адабий көз караш менен түшүндүрүү аракетинде болуп, үгүт-насаат чоң роль ойногон. Адабият коомдук кызматты аткаруу менен андагы жүрүп жаткан кыймылдар, адамдардын ортосундагы мамилелер саясий идеологиянын шартында гана көрсөтүлгөн. Чыгармачылык менен алпурушкан акын-жазуучуларыбыз жанр дегенди ылгабай эле советтик идеологияны чагылдырган чыгарма жаза беришкен. Мунун себеби, биринчиден, мамлекеттин талабы, экинчиден, адабий сындын талабы болгон. Анын үстүнө акын-жазуучулардын адабий билими жок болуп, жалаң эле идеологияга сугарылып, чыныгы көркөм адабияттын маңызын түшүнүшкөн эмес. Бирок ошол эле маалда совет адабиятын түптөөгө чоң салым кошкон акын-жазуучу М. Элебаев 30-жылдарда эле чыныгы көркөм адабиятты туура аңдаган. Окумуштуу сынчы С. Байгазиев «Элебаев — мезгилинен озгон күлүк»[1] деп эң туура белгилегендей, ал чыныгы искусство жана көркөм адабият маанисин калемдештеринен алда канча алдыда түшүнгөн да, адабиятты туура жолго салуу аракетин кылган. Ал Кыргызстан жазуучулар союзунун биринчи съездинде сүйлөгөн сөзүндө: «Ушу күнгө чейин жоюлбай келген ири кемчилдиктин бири — жазуучулардын чыгармасын текшерүү, алардын ар бирине чыгармасына карай баа берүү жагы. Чынында кай жазуучу болсо да эмгегине, коомдук мазмунуна, чыгарган чыгармасынын сапатына жараша бааланууу керек го. Биздеги ири кемчилдик ошол — ким кандай жазуучу, анын чыгармасы кандай, таптык салмагы кайсы дегенге толук баа берип, анализ кылган эч ким болгон жок»[2],— дейт.

Элебаев адабият тууралуу жазган сын-макалаларында бүгүнкү күндө дагы өз баасын жоготпогон кээ бир актуалдуу маселелерди козгойт. Элебаевдин салымы адабият коомунда жүрүп жаткан баш аламандыкты айтып сындагандыгында жатат. Ал адабиятты канчалык терең түшүнгөн сайын коомдук кубулуштар анын адабий макалаларында таасын чагылдырылат. Мукайдын ою боюнча жазуучу жашоону чагылдырган чыгарма жаратуу керек. Бирок эң

www.bizdin.kg

башкы күч чыгармачылык талантта эмес, а терең түшүнгөн жана өнүккөн ойду кажыбаган эмгектин натыйжасында жаратуу. Элебаев үчүн турмуш чындыгын көркөм адабиятта чагылдыруу жашоонун кыйынчылык — кубанычын сезип, изденүү менен көрсөтүү баалуу. Демек, Мукайдай жазуучу үчүн жашоону изилдөө — адамдын турмуштук проблемасын чечпесе да чагылдырууда болгон. Ал турмушта болуп жаткан окуяларды коомдук процесстердеги жашоонун формаларын адабият таанууда халтурасыз көрсөтүүгө чакырган. Ошондогу учурдун сыны эмнени талап кылды эле. Албетте жаңы социалчыл адамды тарбиялап чыгуу, партия диктатын үгүттөгөн чыгармалар жаралыш керек болчу. Чынында адабияттын мындай түптөлүшүнө эмне себепкер болду. Жаңы социалисттик коом орноду. Өлкөдө баардык тарабынан өнүгүү жүрө баштады. Мындай шартты К. Асаналиев: «Ушинтип туш тарабы өзүнөн өзү уюштурулуп, чыгарма жазууга, китеп чыгарууга кеңири мүмкүнчүлүктөр ачылып жатса, адабий ишмердикке киришкен эң биринчи муундун өкүлдөрү «пролетарчыл акын» деп аташканы түк таң калаарлык эмес, алар ак дилинен, терең ишениминен ошентишкен. Ал турмак эмне үчүн «пролетарчыл, эмне үчүн башкача эмес, бул түшүнүк өзү кайдан чыкты, буга ой жүгүртүп, маани да беришкен эмес. Ушул атакка, «пролетарчы акын» деген атакка татыктуу болуш көркөм адабияттын көтөргөн жүгүнүн эң негизгиси деп түшүнгөн» деп белгилөө менен эле адабиятка кызыккан жаштардын жаңы идеяга, большевиктик идеяга жан дилдери менен берилип, ага динге кызмат кылгандай эле баш-оту менен кирип жана кыргыз жазма адабияты нечендеген тарыхый шарттарды, жүздөгөн жылдарды камтыган табигый жол менен жаралбастан, а «Жалпы Союздук масштабда РАППтын жоголушу түздөн түз КырАППтын жоюлушуна апкелет да, анын ордуна Жалпы Союздук Жазуучулар Союзунун толук түрдө кайталаган улуттук жазуучулар союзу жаралат»[3],— дейт. Демек биз сөзүбүздүн башталышынан бери айтылып келаткандай туңгуч калемгерлерибиз коммунисттик идеологиянын ураанын чакырган үгүт-насыяттары менен акын-жазуучу аталып, адабиятка эмес, жаңы идеяга кызмат кылган Жазуучулар Союзун түптөшкөн.

www.bizdin.kg

Бирок ушул жерден акыйкаттык үчүн айта кетүүчү нерсе Элебаев таптакыр эле саясий идеологиянын таасиринде болгон эмес десек болбойт. Ал деле партия ураанын чакырып, пролетарчыл акын болгон. Ал деле калемдештерине саясий айып койгон. Ошентсе да, көркөм адабияттын негизин калемдештеринен эрте түшүнүп, кургак агитацияга айланып бараткан адабиятка каршы жанын аябай күрөшкөн. Анын учурдан коркпогон курч калемдүүлүгү жеке керт башына гана зыян алып келген. Архивде сакталган күндөлүктөрү, макалалары анын жазуучулар арасынан өзүнөн өзү сүрүлүп, интеллигенциянын кысмагында калганын көрсөтөт.

Бирок ушундай кыйын турмушта ал «Төрт жолоочу», «Алыскы тоодон», «Жолдо» аттуу өз мезгилинин элестерин чагылдырган лаконизм, стилдик бөтөнчөлүккө ээ аңгемелери, ошондой эле көркөм сөздүн чебери экенин, сүрөткерлик бөтөнчө талантын көрсөткөн «Бороондуу күн» жана «Соңку бир күн» сыяктуу аңгемелери, анын накта чебер, чоң сүрөткерлигинен жаралган «Узак жол» романы жазылган. Аңгемелериндеги кыскача тексттерде көтөрүлгөн ойлор, каармандардын ички, сырткы дүйнөсүнүн чагылдырылышы, мейли эпизоддук каарман болсун, портреттин кыймыл аракетинде ачылышы жана «Узак жол» романындагы өз башынан өткөргөн турмушун жазуу менен жалпы кыргыз элинин оор тагдырын бөтөнчө сүрөткерлик дүйнөсү менен көрсөтүп берген. Муну менен ал бүгүнкү күндөгү реалисттик адабияттын психологиялык талдоосунун алгачкы формаларын чагылдырууга аракет кылган.

Жазуучунун «Кезиккенде» аттуу аңгемесинде эки адамдын капыстан кезигип калган учуру менен аңгеменин лирикалык каарманы — Мендин өткөн өмүрүндөгү өткөөл жетимчилик күндөрү жөнүндө сөз козголот. Чыгарманын сюжеттик өзөгү каармандардын иш аракетинде, мүнөзүндө өнүкпөстөн, Элебаевдин күндөлүктөрүндөгү турмуштук тажрыйбаларынан келип чыккан ой туундуларына көбүрөөк жакын. Мындан чыгарманын окуяны сүрөттөө жагы, каармандардын өмүр жашоосунан кабар берген маалыматтардын жыйындысы сыяктуу болуп, көркөмдүк деңгээли жогору көтөрүлө алган эмес.

www.bizdin.kg

«Малай артели» аңгемесинде М. Элебаев каармандын мүнөзүн түзүп, иш аракетин берүүдө «Кезиккендегиге» караганда бир кыйла дурус чагылдырган. Мунун негизги сюжети совет мамлекети орноп, Толубай, Баймурат өңдүү байлардын малы-жанынан ажырайбыз деген чочулоосу, кедейлердин таламын талашкан замандын өзгөрүшүнө кападар болушканы жандуу берилет. Чыгарманын белгилей кетчү маанилүүлүгү Элебаевдин бүтүндөй коллективдин психологиясын жараткан жана элдин көңүлүнүн динамикасын терең сезүү менен берген. Ал байлардын кайгысын жана карапайым адамдардын баштан өткөргөн кайгы-кубанычын, эмгектеги маанайын, жалпы эле элдин патриоттук умтулууларын бирдей бере алган.

Элебаевдин аңгемелеринин ичинен «Төрт жолоочу» чыгармасы диалогдуу. Диалогдор ар түрдүү жана көп орунду ээлейт. Автордук баяндоо бөлүгү кыймыл-аракеттин болгон жерин сүрөттөө, каармандардын сырткы кейпин берүүдө колдонулган. Чыгарманын сюжети көтөргөн чапанчапкыты бар төрт жолоочунун эмнеси болсо да штабка жетүүгө бел байлап, жөө келе жатканынан башталат. Булар күндүн ысыгына карабай, партиянын тапшырмасын аткарып жүргөн адамдар. Бир сөз менен айтканда жазуучу төрт жолоочунун жөө келаткан сапардагы ой жүгүртүүсүн, кыймыл-аракетин, жан дүйнөсүн көрсөткөн.

Жазуучунун аңгемелеринин ичинен «Соңку бир күн» чыгармасы бөтөнчө психологиялык аспектиде жазылган. Окурманды тамшандырган деле чиеленишкен окуялуу сюжет жок. Аңгеменин мактоого алаарлык жагы — психологиялык талдоонун каражаттары аркылуу каармандардын ички дүйнөсүн ачып бергенинде жатат.

Аңгемеде эки каармандын тагдыры таптакыр эки башка тааныш эмес адамдардын капысынан кезигип калып адамдар ортосундагы жылуулук мамилеси, бири бирине болгон сүйүүсү, жактыруусу жөнүндө болот. Каармандын бири Кенжегул Сайкал аттуу келиндин агасынын үйүнө жатып, мамлекеттин тапшырмасы боюнча элге доклад окуп жүрөт. Эркектик шоктугу менен жаткан үйүндө оокат кылып жүргөн жаш келинге көзү түшүп калат. Ал ыгы келе калган учурда келинди сөзгө тартып, анын жашоосу жөнүндө сурайт. Сөз арасында келин күйөөсүнөн эки жыл мурун

www.bizdin.kg

жесир калганын, ал жашоосу деле жыргаган турмуш эмес, ата-энеси эскиче келишип акылы бөксө, оорукчан немеге багын байлап коюшкан болот. 21 деги жаш келиндин ички дүйнөсүнө, жашоого болгон көз карашына, тарсылдатып оокат кылганын аңдып отуруп Кенжегул жактырып калат. Анын бул сезими эркектик делебеси менен тийишип көрүү эмес, чын көңүлүнөн чыгат.

Аңгеменин сюжеттик сызыгында автор экөөнүн көз караштарынан, билинбеген мимикалык кыймылдар аркылуу бири-бирине болгон сүйүүсүн булардын диалогдорунда, ички речинде чеберчилик менен чагылдырып берген. Аңгеменин аты эле айтып тургандай Кенжегул кайтар соңку күнүндө кезиккен Сайкал экөөнүн мамилесин автор образдуу түрдө дал турмуштагыдай сүрөттөйт.

Мукай Элебаевдин чыгармачылык чеберчилигинин «кыл чокусу» деп белгилөөгө негиз бар көркөм чыгармасы — «Бороондуу күн». Жазуучунун башка прозалык чыгармаларынан, мейли, сюжет курулушунан, мейли, каармандын мүнөзүн түзүү өзгөчөлүгүнөн болсун, жогорку чеберчиликте жазылган ажайып бир өзүнчө көркөм жаралыш («творение») десек болот. Анткени аңгеменин бөтөнчө жазылган көркөм чыгарма экенин буга чейин эле бир катар изилдөөчүлөр, К. Асаналиев, С. Жигитов, Е. Озмитель, С. Байгазиев, О. Сооронов жана башкалар белгилешкен.

Аңгеме башкы каармандын качандыр бир өткөн жашоосундагы бир күндү эскерүүсү менен каармандын дароо эле окуяга киришкен баяндоосунан башталат. Окуянын кайсы мезгилде болгону баяндоочу тарабынан так берилген эмес, бирок аңгеменин сюжеттик түзүлүшүнөн улам революциядан кийинки жылдарда болгону билинет. Жетимчилик менен жокчулуктун айынан кышкы карды — бороондо жол жүрүп бараткан лирикалык каарман кечтин кириши менен жолдон чарчап «бир кашаттан түшө беришге, сарайчанын жанына жалгыз турган үтүрөйгөн боз үйгө кайрылат». Бул үйдө эки үч эркек, үй ээси, аял анын кызы жана жетимиштен ашкан кемпир бар эле. Келген кишиге эч ким көңүл бөлбөйт. Бирок кет деп да айтпайт. Кадимки эч нерсе болбогондой, баарысы кайдигер. Мына мунун баары көнүмүш адаттай, ал жылдары арып-ачып тентип жүргөн кыргызды күнүгө жолуктурмак. Ошолордун бири — бул баш-

www.bizdin.kg

кы каарман. Аттары аталбаган каармандар өткөн-кеткенден кеп салып отурушат. Келген бул балага назарын салган карыган кемпир гана болот. Ушул жерден аңгемеде кемпир менен лирикалык каармандын жекече типтүү образы жана мүнөзү түзүлөт. Жалгыз кемпир гана боорукер, меймандос. Адамдагы улуу сапат — улуулук, адамгерчилик турмуш кандай болбосун бул кемпирде сакталып калган. Муну менен Элебаев жалпы эле карапайым кыргыз элинин кандай заман болбосун меймандостугун көрсөткөн. Жазуучу окуяны чиелеништирип сүрөттөбөйт, болгону ал дал турмуш чындыгын мыкты сүрөткерлик таланты менен ошол кыйынчылык күндөрдү кудум эле өзүндөй көз алдыга образдуу түрдө тартып коет. В. В. Вересаевдин кыска аңгемелерин изилдөөдө Бабушкин мындай фактор-лорду терезе менен салыштырган «заглянув в которое можно увидеть всю комнату: В коротком рассказе это окошечко становится уже простой форточкой»[4] дегендей, Элебаевдин «Бороонду күнү» чыгармасынын бүтүндөй кыргыз элинин турмушунан бир элес көрүүгө болот. Бирок мындан «Фотографтарча бир жолку окуяны муздак айнекке түшүргөн деген кортунду чыкпайт»[5], — деп К. Асаналиев айткандай автор жөн гана реалдуу турмушту жана анда жашаган адамдардын ички дүйнөсүн, психологиялык кулк-мүнөзүн жогорку чеберчиликте көрсөткөн.

— Жетимчиликти көп тарткан экенсиң «Тескейге» баратам дедиңби?

— Ооба.

— Ата-энең качан өлгөн?

— Көп жыл болду...

Кайра ошонуң жакшы, кулунум. Энең байкуш болсо, сен ушинтип жүргөндө «Балам алда кандай болду экен» деп санааркабайт беле... Дүнүйө чиркин алмей-селмей оошуп турган неме. Акыры өлбөсөң сен да бир күн жетилип кетээрсиң. Түнүчүндө көзү кургуру да көрбөйт. Болбосо тизендин береги жерин бүтөп берет элем. Чокоюң да суу»[6]. Келтирилген үзүндүдөгү каармандардын сүйлөшүү речинен алардын ички дүйнөсү, дегеле кемпирдин мээримдүүлүгү, кайрымдуу мүнөзү ачылат. Ал жөнүндө С. Жигитов: «Ал образ аркылуу жумурай журттун башына калайман түшкөндө, тентип тербүү, жокчулук-карыпчылык көпчү-

www.bizdin.kg

луктун пейли куюн кескин өзгөрткөндө да эл ичинде боорукердик сапаттарын сактап калгандар боло турганын баса көрсөтөт»[7] деп таамай айтканы жөндүү жана ушул кемпир аркылуу каармандын өзүнүн ички психологиялуу абалы так даана реалдуу көрүнөт. Бул үчүн автор ылайыктуу көркөм психологиялык деталдарды туура колдонгон. «Кемпирдин колунда бийлик жогун адегенде эле байкагам. Айтор не болсо да, бул жагынан капарында жок кишидей камарабай отура бердим. Анткени мындайды бүгүн эле көрүп отурган жан эмесмин го!» Мына каармандын ички психологиялык абалы. Ал баарына көнгөн, баарына даяр. Ушул жерден аңгеменин коюлган темасына кайрыла кетсек туура болоор. «Бороондуу күн» аңгемесинин өзү эле символикалуу. Бороондуу карда жөө жүрүп чаалыккан каарман жылуулук издеген жакшылык үмүт менен бул боз үйгө кайрылып отурат. Бирок жолоочу кыштын ызгаардуу суугунан кайыккан жок. Ал ошол мезгилдеги бороондуу турмуштан үшүдү, чаалыкты. Бирок бул үйдө деле жыргаткан эч теме жок. Кайра каарманга «Эшиктин ар кай жеринен зыркыраган борошо так менин тонумдун жыртыгын көздөп тургандай коолдоп, бир капталы муздап отурду». Тамак желип бүтүп жатаар мезгил да келди. Ал эптеп арткан бир тердик менен коломтого жакын улагада уктоого жатат. «От өчтү... Үй жер кепедей караңгы. Жымжырт. Жалгыз гана кыштын улуган бороондун күчү менен илдибары кеткен жаман үзүк делпилдеп, үзүктү сабап турду»[8].

Мына бул келтирилген текст үзүндүсү жөн гана пейзаждык сүрөттөө болбостон, каармандын жан дүйнөсү менен бүтүндөй кыргыз элинин оор күндөрү, дагы далайга бороондой бир топко кетпеген жокчулук, кыйынчылык замандын добулбасын билдирген пейзаждык элес, чыныгы турмуштук сүрөттү чагылдырган картина.

Биз бул сөз кылып жаткан бороондуу мезгилди анализдөөдө аңгемеге катышкан эки образ менен билип жатабыз. Образдын мүнөзүн жана сюжет курууда жазуучу психологиялык анализдин көркөм каражаты болгон портреттик штрихтер жана мунун баалуу формаларынын бири адамдык көз аркылуу каармандын жан дүйнөсүндөгү сарысанаа, убайым чегүүнү көрсөтүүгө аракет жасаган. Кем-

www.bizdin.kg

пирдин портрети: «Бул да бир күн унут болоор, балам көргөн билген баары тең артта калмак, мал да, дүнүйө да эч кимге упа болбойт...

Ушундан кийин көпкөк тарамыштары саналып турган, калтыраган, этсиз арык колундагы жыгач менен отту көсөп жиберип, шол жерге мелтиреп кадалып, тынып ойлоно калган каргылданган көзүнө: «Эми бул жалгандан менин кетериме да көп калган жок» деп айтчу кишидей кейпи бар эле. Бирок мындайды кемпир бир айткан жок. Кадалган ойдун артынан козголуп коюп, куураган чачынын арасына кол жүгүртүп, кежигеге чейин кашып алды». Келтирилген үзүндүдөгү психологиялык деталдар кемпирдин жашоосун, анын мээримдүүлүгүн, жыргап кетпеген турмушун көрсөткөн этсиз арык колдору, мелтиреп кадалган көзүндөгү сыр эмне деген психологиялык мүнөздөмө. Жазуучунун сүрөткерлиги жөн эле анын сырткы кебетесин эмес, ички терең рухий дүйнөсүн ачып бере алган талантында турат. М. Элебаев чебер пайдалана алган деталь сюжеттин өнүгүшүнө жана каармандын образын ачууда чоң роль ойнойт. Чыгарманын мазмунунун маңызын, маанилүүлүгүн көрсөтүүдө жазуучу пайдаланган деталь сөзгө караганда окуяны жандуу, элестүү, психологиялуу кылат. Мисалы:

«Табак төрдөгү эркектерге гана тартылды. Мага бир арканын омурткасы тийген. Койдуку. Үйдүн аялы өзүнө алып калган бирдемесин жулкуп жеп, күйпөндөп казандын жанына каралап отурат.

— Отту жарыгыраак кылып койгулачы? — деп бирөө чулчуңдап чайнап жатып эшик жактагы кемпир экөөбүзгө карай буйрук этти.

Бул арада мындан бөлөк унчуккан киши болгон жок. Жалгыз секелектүү кыз колундагы кар жиликти чагам деп убараланып жатканда:

— Сый чабасың, түгөнгүр, кой — деп ачууланып, энеси керкини колунан алып койду.

Мен жалгыз омуртканы мүлжүп, таштай берип, калганым менен табактын эти да көп эмес эле. Туш-туштан жабылган ооздор табактын үрөйүн учуруп, бир дем калтырбай отоп жиберди». Элебаевдин деталдары ички маанилүүлүгү менен өтө бай. Деталдар жөн эле сүрөттөлүш үчүн

www.bizdin.kg

ойдон чыгарылбастан, а окуяга жараша психологиялуу жана социалдык турмушту каармандардын ички психологиялык абалын берүүдө таасир калтырчудай сүрөттөлгөн. Деталдар — үтүрөйгөн боз үй, боз үйдү каптаган бороон, этсиз арык колдуу кемпир, жыртык шым, суу чокой, үрөйү учкан табак, адамдык үмүтү өчпөгөн каарман аңгеменин сюжетин куруп, ошондой эле каармандардын жекече мүнөзүн түзүп, чыгарманын көркөмдүк деңгээлин көтөрүп жана реалдуу турмуш үзүмүн көрсөттү.

Башкы каарман бул түндү да өткөрүп эртеси бул жөнүндө: «Үйдөн адам серпиле электе туруп алып, жолго түштүм. Мунумду кечөөкү мээримдүү кемпир да билбей калды. Аны кетерде бир байкаганымда колу-бутун мышыктай чогултуп, уйпаланган жүдөгөн башы койнуна думбаланып, мууздалган малдай кыркырап жаткан эле», — деп кемпирди да бир жолу карап өткөн каарман аны бекеринен мууздалган малга салыштырган жок. Кемпирди бу турмуш жедеп болушунча уйпалап бүткөн эле.

Ошентип, аңгеменин акырында каарман «тышка чыксам бороон басаңча тартып калган экен. Бирок күн али бүркөк.

Кантсе да кечке жетермин деп, тээтиги көк тиреген, мунарган ак кардуу бийик заңгелди бет алып, бир талаада кетип бара жаттым». Жазуучу бул турмуштан запкы жеген каарманды минтип ак карлуу бийик заңгелди көздөй жөнөттү. Мында өзүнчө символ дар десек болот. Жакшылыктан үмүт үзбөгөн каармандын келечеги ошол бийик көк тиреген ар кардуу тоолор жакта. Акыры бороон да басылмак. Түз айтканда жашоо оңолууга мезгил жетмек. Ушул жерден С. Байгазиевдин: «Бороонду күнү» ар кандай заманда жашай бере турган, карыбай турган, түбү түптүү көркөм мүлк. Мен кылчактабай айтаар элем, Мукай Элебаев башка эчтеке жазбай, жалгыз ушул «Бороонду күндү» калтырып кеткен күндө да кыргыздын чоң жазуучусу болуп калмак экен» деп айтканы талашсыз.

Элебаев «Төрт жолоочу», «Алыскы тоодон», «Малай артели», «Жолдо» жана башка аңгемелеринде эмгекчи элдин жашоосундагы алга умтулуусун, кандай кыйынчылык болбосун күрөшүүгө даяр экендиктерин көрсөтө алган. Автор каармандардын образын жаратууда индивидуал-

www.bizdin.kg

дуулукка умтулбастан, а жалпы элдин, бир эле психология эмес, көпчүлүктүн иш аракетин, ой максатын чагылдырган. Жогорудагы биз талдаган аңгемелердеги алардын жалпы иш аракеттеринин максаттуулугун, эрктүүлүгүн көрсөтүү менен, индивидуалдуу психологиялык бөтөнчөлүгүн да берүүдө чоң жетишкендиктерге ээ болгон. Жазуучунун мындай чеберчилиги анын коомдогу тарыхый кырдаалдар жана өнүгүүлөргө өзү катышып, бир жагынан жазуучу катары байкоочу, дагы башка жагынан адам катары өз заманына тийиштүү турмуш төңкөрүштөрүнө күбө болду. Андыктан автордун рухий өнүгүүсү эң чоң коомдук жаңылыктар менен коштолгон. Ошондуктан Октябрдын жеңиши, колхоздоштуруу, Улуу Ата Мекендик согуш, өлкөдөгү алга жылуу, баарысы анын чыгармачылык изденүүсүнө, баштан өткөргөн кайгы кубанычын жазууга чоң түрткү болгон жана мындай жагдайлар зор таасир берген.

«Узак жолдо» сүрөткер атайын бир каармандын жайылтылган ички дүйнөсүн сүрөттөөдөн качат, романда башкы каарман Мукайдын жан дүйнөсү аркылуу бардык окуя өнүгөт. Романдагы жаңылыктардын кокустан болушу жана кокус пайда болгон ассоциациялык образдар, эстөө, сүрөттөөлөрү башкы каармандын аң-сезиминде өнүгөт. Ушул негизде Элебаев романда өзүнүн өмүрүн өз башынан өзү көргөн турмуштук кыйынчылыктарды аң-сезиминде, жүрөгүндө да бир жолу электен өткөрүп, сүрөткер катары өзүнүн дүйнөнү көркөм таануусу менен, окурмандын аң-сезими каарман менен кошо нравалык-социалдык изилдөөгө салат. Элебаевдин чыгармасында биринчи планда — өзү көргөн-билгенин, өздөштүрүү психологизми. Бул — белгилүү бир жашоонун закон ченемдүүлүк психологизм түшүнүгүндө билдирүүгө жатат. «Узак жол» романына кайрылсак — энесинин өлүмү менен башталган окуя уламдан улам сюжеттик сызыкта, каармандын жан дүйнөсү менен ар түрлүү жаңылыктар, окуялар өнүгүп отурат. Энесинен жетим калган бул үй-бүлөөнүн таенеси бир аз жардам катары Мукайды Кең-Сууга алып кетет. Таята-таенеси башынан бай кишилер экен, алардын үйүнө биринчи баргандагы көрүнүштү каарман: «Тосмо суудай мемиреген жазгы жумшак кечте, кыжылдаган сансыз кой аралашып, чаржайыт чуркурап, уйлар музоосун издеп, мөөрөп, жер-

www.bizdin.kg

суунун, тынчын алып, кечки тунук абаны экилендирип, айдап кайнаган күүгө толуп турду. Жалгыз молодой жым-жырт жерде өскөн адам, мынабу жерден экинчи бир дүйнөнү көргөндөй болдум»,— дейт. Бул социалдык-психологиялык мүнөздөмө каармандын жана автордун биригүүсүнөн улам он бир жаштагы баланын дүйнөсү мына ушундай бөтөнчө сезилген жашоосундагы кыйынчылык менен башталып, ички дүйнөсүндө карама-каршылык, кемсинүү, ойлонуу жүрө баштайт. Ушул жерден психологиялык прозанын алгачкы элементтери пайда боло баштайт. Ата-эне мээримине бөлөнүп үйдө болчу бала минтип жетимчиликтин, жокчулук турмуштун айынан таятасынын колунда козу кайтарып жүрөт. Ал — али турмуштун эч нерсесин түшүнө элек бала. Бирок ал өз сезими, мүнөзү, ою бар бөтөнчө каарман. Кечинде койлор короого келер менен, кой идиштерин көтөргөн келиндер кой сааганга чыгат. Кой кармап берип жүргөн Мукайды бир кой бутун басып алат. Буту чатырап канап, ага чыдап турган балага боор ооруштун ордуна таенеси: «Теги, томояктын баласына мал ошондой келет тура,— дегендей болду. Бул сөз мага арaң угулду».

Чыгарманын башталышында эле мына ушундай каармандын көңүлүн оорутуп, жанына баткан турмуш башталат. Биздин изилдөөбүздө каармандын жан дүйнөсүндөгү ой-сезимдер, толгонуулар, кайгыруулар. Муну менен жеке эле каармандын мүнөзү, кыял-жоругу эмес, чыгармадагы башка катышкан каармандардын мүнөзү романдын сюжеттик өнүгүүсүндө чыгат. Азыркы эле окуя учурундагы каармандын таенеси эле өзүнчө кайталангыс образ. Ал Кең-Суунун эң чоң байы, бирок сараң, тили заар жана катаал аял. Каармандын сөзү менен айтканда «ырысы жок» жалаң томояктар үчүн гана айтылгансып ал жээни Мукайга башкача мамиле жасайт. Өз небереси Курманбайды тилдебейт, жакшы көрөт. Үч ай бою козусун кайтарган небере-жээни Мукайга бар болгону бир эски күрмөсүн гана берет.

Таенесинин колунда жүргөн бала Мукайдын сан жылкылуу Сарыбай байдын бүтүн Кең-Суудагы төрт кыбыласы түгөл жетим издеп, үйүнө чакыртып каарман ойлогондой «балким, менин жетимдигиме жаны ачып, бирдеме бере-

www.bizdin.kg

йин деп чакырткандыр деп ойлоп коем» дегендей, ал балага боору ооруп чакырган жок. Сарыбай ноокас. Ушул оорусунан айыгыш үчүн жети тыйын менен чыгып кетсин деген ниетте садага берип отурат. Жети тыйынды алган баланын жан дүйнөсү кандай абалда калды. «Бир нанды жеп, жети тыйынды адганымдан кийин эми менде эч кимдин тыйынча жумушу жок көрүндү, жолума түштүм. Бая мени үйгө киргизген неме иттен чыгарып койду. Жолдо бара жатып бүгүн мени бирөө кордогондой, кемсинткендей болуп көрүнүп, көңүлүм иренжиди. Мени эмнеге чакырып кеткенин мурун билип алышкандай болуп, үйгө баргандан кийин Сарыбай байдыкынан эмне «олжо» менен келгеним тууралуу менден эч ким сураган жок». Жашоо жана анын турмуштук кыймылы баланын ички дүйнөсүн уйгу-туйгуга салып атат. Анын мындай рухий дүйнөсүндөгү кордолуу, чыныгы турмуштун жаңы ачылыштарына, кыйынчылыктарына алып барып такады.

Адамдын рухий дүйнөсү менен чыныгы турмуштун өз ара мамилеси бир эле учурда ички терең психологиялык процесстин өз алдынча тынымсыз агымы менен берилип жатат. Элебаевдин каарманынын жан дүйнөсүндөгү өзгөрүү сырткы дүйнөдөн андагы элдердин кылган мамилесинен улам болуп атат. Али эч нерсени түшүнбөгөн бала зар турмуштун айынан эң оор турмуштук соккуларды, жан дүйнөсүндө аңдап, жан дүйнөсү аркылуу кабыл алып, ички психологиялык абалы бушайманга түшүп отурат. Аны турмуштун өзү, курчаган адамдар кападар кылып жатат. Ушуну менен эле Мукай жыргап кеткен жок, бул бар болгону жан дүйнөсүндөгү жабыркоонун жаңы гана башталышы эле.

Дегеле 30—40-жылдагы адабият жана азыркы мезгилдин адабиятында Элебаевдин чыгармачылыгы чынында эле каармандардын ички дүйнөсүнүн терең талдоосу менен айырмаланат. Ошол эле башкы каарман эл менен кошо Кытай жергесине барып 14 бүлөөлүү чоң үй-бүлөөдөн, адегенде иниси Бекдайырдан, энеси ордуна жүргөн Бурмаке кемпирден, Элебестен, Бейшембиден ачкачылык турмуштун айынан биротоло ажыраса, өз бир тууганддары Эшпай, карындашы Ашымкандан тирүүлөй эле ажырайт. Ушундай чоң трагедияларды бала болуп башынан өткөрүп, ошон-

www.bizdin.kg

до да муюбай турмуш менен өлбөстүк үчүн күрөшүп жүрүп отурат. Ал аз келгенсип кээде бир сындырым нанга жетпейт. Укканы — жаман сөз, кылганы — малайлык. Мукайдын жан дүйнөсү дайыма толгонууда, сар-санаа убайым чегүүгө учурайт. Ошондо да качан болсун, кайдадыр, дайыма бир жакшылыктын жышаанынан үмүт үзбөйт. Аны турмуш дайыма тепкиге алып, не деген кыйын күнгө салса да, ал акыры жашоону жеңип жүрүп барат.

Аңгемени баяндоочу автор жана каармандардын өз ара биригүүсүндөгү баяндама каармандардын жан дүйнөсүн коомдо болуп жаткан окуяларды сүрөттөөдө чоң жетишкендиктерге ээ болгон. Элебаев — чебер сүрөткер. Майда окуяларды тизмектештирип, көкүрөгүндө, аң-сезиминде өзү көргөн нерселерди баяндоодо баланын жан дүйнөсүн, терең сезимин көрсөтүү менен, кыргыз адабиятында биринчилерден болуп психологиялык талдоонун принциптери аркылуу каармандын жан дүйнөсүн көрсөтө алган. Ал мыкты сүрөткер катары окуяны сүрөттөөдө майда-чүйдө деталдар менен эле чоң турмуштук көрүнүштөрдү козгой алган. Бурмакенин өлүмүн алалы. «Үй баягы корукта. Барып ойдо жок жерден Бурмакенин өлүгүнүн үстүнөн чыктым. Мен кирип барсам Бейшемби: «Мына көрдүңбү? Сени биз ушуга чакырганбыз» деген кишидей мага бир карап алды да, кайтып Бурмакенин өлүгүнө карады. Жыгылганына бур жумача болуптур. Муну мен азыр билип отурам. Бетине ак немени жаап, сундуйтуп мындай алып коюптур. Ашуудан жүк көтөрүп келе жатып, тыныккан немедей Бейшемби менен Элебес эки жерде сумсайып, жымжырт тартып отурат. Тамдын бурчунда Бурмакенин ийрип бүтпөй калтырган жип-шууларын кармалап үшкүрүп Жанымжан отурат. Анын бери жагында бүрүшүп Ашымкан, Жумабек отурат. Эшпай келиптир. Беккул менен Бесел жок. Өлүккө жыйналып турган бар эл ушул. Бирок, кадимки жорук-жосундай үн чыгарып ыйлаган бир да бири жок. Жымжырт тартып, адамды куса кылып ич бышырган жалгыз там». Бул үй-бүлөөнүн кайгыга баткан абалы кудум эле картинага тарталыгандай психологиялуу. «Көлгө жетип өлсөм арманым жок» дечү Бурмаке тирүүлүк менен коштошуп жатат. Бейшемби, Элебес, Жанымжандын — баарысынын ички дүйнөсү өзүнчө эле кейиштүү

www.bizdin.kg

кино тасмасындай тартылган. Кыргыз элинин салтында өлүккө үн чыгарып, өлүккө кошок кошуп жоктоо чоң парз. А бул үй-бүлөөчү? Каарман өзү айткандай, кусага толгон тамда тынчтык гана өкүм сүрөт. Ар ким өз ичинде армандa. Ыйлаганда эмне. Өксүп-өксүп бүтүштү го. Акыры баары эле ушул өлүмдү күткөнсүйт. Чын-чынына келгенде эмне болду? Бөтөн жерде, бөтөн элде Бейшемби да өлдү, Элебес да өлдү. Бурмакенин өлүгүнүн тегерегинде отурган Мукайдын үй-бүлөсүнүн психологиялык портрети менен канчалаган ошол 1916-жылкы кыргыз элинин тагдыры, жекече адамдык тагдыр, накта турмуш картинасынын өзү көрсөтүлүп атат. Канчалаган адамдар бейкүнөө ажалга туш болушту. Нечендеген кыздар Мукайдын эжесиндей болуп өлбөстүк үчүн бир уйга, бир кап унга сатылды. Мунун өзү тарых да, өмүр да болуп жатат. А ошол тагдырды Элебаев өз чыгармасы аркылуу адамдардын ички дүйнөсүн, жашоодон көргөн азаптуу күндөрүн психологиялуу кылып, дал өзүндөй бере алган таланты менен ары таасирдүү, ары жеткиликтүү төп кылып сүрөттөп жатат.

Элебаевдин «Узак жол» романында психологиялык талдоонун каармандык речь, диалог, монолог, пейзаж өңдүү башка формалары да кездешет. Монолог же болбосо каармандын речи романда өнүккөн түрдө. Каармандын татаал жолундагы турмуштук кырдаалдардан улам келип чыккан ички санааркоосу, ой-кыялы, рухий дүйнөсү дегеле татаал психологиялык процесси жан дүйнөсүнүн диалектикалык кыймылы менен өнүгөт.

«Күзгү күн жаап турган. Мен бир тыпын үйгөн, эшиги жок жайдак тамда жаткамын. Таңга жуук, бир кезде кечеги кайгылуу кара тамда, жалгыз жеңемдин жалгыз муңканып, ыйлап атканын уктум. Аларды мен экинчи дүйнөдө кездештирбеймин да. Бирок, ошондогу чындыкты жеткирип, айталбасам өзүмдү өмүрдө күнөөлүүмүн деп санаймын.

Нечен кайгылуу, кара күндөрдө жокчулукка чыдап, ушул жерге бизди сүйрөп жеткирген Бейшемби эле. «Мынча жетимди чуурутуп бөөдө кырылганча четинен таштап, сатып кетели» деп, Элебес нечен айныганда да Бейшемби болбой көшөрүп жүрүп отурган». Мына баланын ички дүйнөсү. Турмуштук ой-чабыттоосу. Бейшембинин өлүмүн жоктогон монологдон улам лирикалык каармандын бала

www.bizdin.kg

болсо да турмуштун көп нерсесине түшүнгөн адилеттүүлүгү, боорукердиги, адамдын мүнөзүнүн ар кыл сапаттары ачылып отурат. А. Эркебаев «Узак жолду» изилдөөгө алган эмгегинде: ««Узак жол» өзүнүн маңызы жана структурасы боюнча монологдук романдын тибине кирет», — дейт. Бул жагынан алып караганда чынында романда диалогко караганда баяндоо басымдуу кылат. Башкы каармандын жашоосунда кездешкен бир канча адамдардын образы менен эле окуя монотондуу өнүгөт да, каармандык мүнөз чыгып чыгарма уланат. Мукай бирде турмуштан сокку жеп андан көңүлү калса, бирде кайраттанып алдыны көздөй ашыгат. Анын иниси Беккул, Эшпай, карындашы Ашымкан Кытай жергесинде Мамиразин деген уйгурдун колунда калат. Өзү — Кыргызсай деген жердеги Ак-Суу чоң шаарында өзү өңдүү кыргыз үй-бүлөөсүн таап, алар менен чогуу шаардын уйун-музоосун багып күн көрөт. Элебаевдин жазуучулук чеберчилиги «большевик» жөнүндө берген кабарында да көрүнөт. Роман 34-жылы жазылса, советтик идеология күч ала баштаган мезгил эле. А бул романда совет өкмөтү бир-эки гана жерде учкай «большевик» деп тараган кабар менен берет. «Ушундан он чакты күн өтпөй, Кыргызсайга бир чоң өзгөрүш кирди. Анын себеби, баягы мен Ак-Сууда уккан «большевик» деген сөз. Бул сөз Кыргызсайды да көптөн бери жайлап алган. Ошондо Ак-Суунун эшендери, байлары большевикти көпкө кандай түрдө кылып түшүндүрсө, бул жер да ошол.

Бирок, ушул кеп кандай укмуштуу болуп айтылып жатса да Кыргызсайдагы малайларды көп коркунуч даарыган жок. Мунун себебин өзүм да билбеймин. Талаганда менин эмнемди алат, өлтүргөндө менин кайсы жазыгым үчүн өлтүрөт дегениби, айтор, көп сезген жок. Кайта мен да ичимден ошолордун келишин тилеген кишидей, алар келсе: ушул көңүлсүз сур өмүрдүн жымжырттыгы чакчелекей бузулуп, өзүм эки таалай жолдун бирине түшчүдөй болуп, алда кандай бир белгисиздикке көңүлүм толкунданат...». Ошентип каарманда эми туулуп өскөн жерине, элине кайтуу максаты артып ушул жерлик Алымжан аттуу бир түтүн татардын үйүнө катышып, анда-санда кол кабыш кылып Ак-Суудагы инилерин алууга жардам болоор бекен деген үмүттө татардын аялын эже тутуп, себеби ал

www.bizdin.kg

кыргыз кыз эле. Ал эми аял болсо тили уу, эже деп айткан балага боор тартып, жардам бериштин ордуна көржерге жумшай берет. Дагы бир күнү түнүндө тамак ичип жатышып Мукайды тамакка салчу мурчка жумшайт. Көрдөй караңгы жерден таппай кайра барат. Анда эле Бурмакан жемелей түшөт: «Ошол кенедей немени таппай эмне болдуң? Өзүң тоголок жетимсиң. Сен минтип жүрүп, кантип адам болосуң? — деп келип жемелебеспи. Ушундан улам мен өзүмдү бир өмүргө ылайыксыз жаралган адамдай көрдүм. Жөнөкөйдө деле менин элден бир жерим кемип тургандай көрүнчү». Автордун таланты каармандын ички дүйнөсүн, психологиясын дал психологторчо ачып бере алышында. Бекеринен романды изилдөөгө алган объектибиз «жан дүйнө диалектикасы» эмес, каармандын дүйнөсү, рухий өнүгүүсү психологиялык абалын көрсөтө алуусу. Адабий чыгарманын чеберчилигине тиешелүү бул ойго Толстойдун «эмнени болсо да ойдон чыгарууга болот, бирок психологияны ойдон чыгарууга болбойт» деп айткан кеби жөндүү. Ушул сыяктуу Элебаев чебер сүрөткер эле эмес, ал психолог болгон. Мындай пикирибизге романдагы идеалык-көркөм функцияны алып жүрүүчү көп түрлүү каармандардын образын жаратууда психолог Элебаевдин эмгеги зор. Бул кепке Мукай менен Беккулдун көлдү көздөй кайтып кетип бара жатып, жолдо түнкүсүн бир казактын үйүнө киришет. Каарман бул үйгө казакмын деп коёт. Үй ээси деп отурган аял алардын кайсы уруудан экенин сурайт. Анда башкы каарман Бейшембинин аялы Жанымжандын төркүндөрүнүн «коңыр берик» деп айта салат. Ал тапкыч, сөзмөр. Минтип айтаарын айта салып ичинен сызат. «Бирок менин багым жеңди сураган жок. Эс ала түштүм. Муну коюп, экинчи сөзгө көчтүм. Бир кезде биздин качан жетим калганыбыз, кимдердин колуна түшкөнүбүз, кайда тентип барганыбыз акыр аягында кай жерден чыгып келе жатканыбыз жөнүндө сурап калышты. Бул менин жанына жага түштү. Бирөөнүн алдында отуруп, өзүмдүн баштан өткөргөн тарыхымды сайрап берүүгө калганда бир өнөрүм бар эле. Буйдалганым жок, даяр өнөрдү тартынбай салдым. Бирок, мен бу жолу башымдан кечирген өмүрүмдөн башка, жанымдан жалгыз ооз сөз кошконум жок. Анткени башымдан өткөн күндөрдүн өзүн дурус айтып жеткир-

www.bizdin.kg

генде да бирөөнүн жанына тиер таасири бар эле. Байкап отурам өзүм эс тарткандан берки өмүрүмдө көргөн кайырчылык күндөрүмдү төгүлтүп, сайрап жатканымда, угуучуларым менин артымдан ээрчип, окуяларыма аралашып, көп жерлерде жан тартып мени аяп отургандай көрүнүп турду, не бир кыйын жерлерге келгенде «эми кантер экен» деп, кыйкылдап отургандай болду. Алардын түсүнө карап мен көздөгөн оюмду жеткирип айтып жатканымды байкадым». Адамдын жан дүйнөсүнүн иликтөөсү катары жазуучу кичине кезинен эле байкагыч, психолог болгон тура. Ал сөзмөр аңгемечи экен. Өз өмүрү тууралуу саймедиреп айтып бергенинде жаткан экен. Айтканда да угуучулардын сезимин козгоп, ойго салып, драмалуу, психологиялуу кылып айтып бере алганын, биринчиден, өзү сезип туйуп, өз оюна жеткенин психологдордон бешбетер байкап отурат. Мындай каармандагы өзгөчө сапат аңгемечи экенин ырастайт. Деги эле каарман бөтөнчө жаралган жан. Ал кайраттуу, боорукер башка бир адам туюп, сезе билбеген нерселердин баарын сезет. Көкүрөк жүрөгү менен кеңешет, толгонот. Кыйындыгынан иниси Беккулду ээрчитип жалгыз өзү таанybаган адамга кошулуп өз эли-жерине кайтып отурат.

А. Эркебаев: «Узак жолдун» каарманынын рухий дүйнөсүн иликтөөнү аяктап жатып, сөзсүз мындай бир суроону коюуга аргасыз болобуз: каармандын ушунчалык күч-кубатынын негизги булагы кай жерде? Жогорудагы айтылгандарды эске алуу менен буга бир жактуу жооп бериш кыйын. Себеби каармандын өзүнө тартып куштар кылган көптөгөн асыл сапаттарынын арасынан эң маанилүүсү бар экен, көрсө, каармандын жан дүйнөсү баарынан мурда сүрөткердин, акындын жан дүйнөсү экен» деп айткан пикири каармандын жана баяндоочу автордун биригүүсүндөгү эч нерсени түшүнө элек он бир жаш бала кезинен көргөн оор турмушу жөнүндө көкүрөктө калган ошол өмүрүн өзүнүн жан дүйнөсүнүн диалектикасы аркылуу берип, окуяны кудум көрүп жаткандай элестүү кылып сүрөттөшү анын чеберчилиги, чынында бөтөнчө сүрөткерлиги экен.

Мукай Мамирамизиндин коюн кайтарып талаага чыкканда өзү өңдүү башка да байлардын койчулары менен

www.bizdin.kg

жакшы мамиледе. Ошолордун бири — Жоломан. Ал Мукайдан бир топ улуу да, чоң да. Бирок экөөнүн мамилеси жакшы. Экөө бирине-бири жомок айтат. Жоломандын жомогу такыр түгөнбөйт. «Анан чиркиндин обону! Чынымды айтайын: мен андай обонду экинчи бирөөдөн укканым жок. Мунуку өзгөлөрдөй жалгыз гана адамды жашытып, ичке муң түшүргөн кайгылуу, карандай арман эмес. Кайта көңүлдү көтөрүп, кайгыдан алып, кайра бергендей эркин эле. Үнү алда кайдан таанымал. Бадалдуу бетке миң койду жайып таштап, өзү тоонун кылды башына таягын таянып, эңиштеп алып, теңи жок бийик уккулуктуу, коңур үнү менен сайды жаңыртып, бирде көтөрүп, бирде калтыратып барып, салып кеткенде дүйнөдөгүнүн баары мырс этпей, жалгыз ошону тыңшап тургандай көрүнөөр эле. Ушунун обонунда бир терең сыр бардай. Кечке жакын сайды жаңыртып салган эркин обону менин жүрөгүмдү козгоп, касирет-кайгыдан бошотуп, алда-кайда көтөрүп сергитип таштачу. Атам замандан берки армандын күнү бүтүп, эми алдын бир белгисиз эркиндик элестеп тургандай болчу.

Ошо мүнөт талааны безеп турган таасирдүү, бийик үнүндө бир түрдүү сыр бардай мени сагыныч жайлап, көңүлүм толкуп, алда кандай бир белгисиз тарапка талпынгандай боломун. Экинчи чыкпачудай мунарып батып бараткан күн ого бетер таасирлентип алда кайдагы өткөн күндөр эске түшүп, дүйнө бир бүлдүр көрүнүп, өмүрүм түштөй элестеп, алдымда бирдемелер каршы туруп алгандай болоор элем». Каармандын жан дүйнөсүн көрсөтүүдөгү ички речь Элебаевдин романында психологиялык анализдин каражаты катары кеңири колдонулат. Жогоруда айткандай каармандын жан дүйнөсү — сүрөткердин акындык жүрөгү экенин бул Жоломандын обонун сезген ички жан дүйнөсү аркылуу дагы бир жолу ырасталып отурат. Бул обонду сезүү, эргүү каармандын кубанычын, кайгысын, алдыга умтулуусун, аң-сезиминдеги ой жүгүртүүлөрдү көрсөтөт.

Жазуучу «Узак жолдо» турмуштук кырдаалдарды кеңири мааниде сүрөттөсө, ал эми «Кыйын кезеңде» болсо, кыргыз айыл жергесиндеги отурукташа баштаган орус эли жана карапайым калктын ортосундагы, деги эле айыл

www.bizdin.kg

жергесиндеги бул орустардын келиши менен чоң өзгөрүүгө учураган социалдык жашоону Кабылдын дүйнөнү кабыл алуу психологиялык туюму менен мүнөздөйт.

Элебаев прозалык чыгармачылыгында адамдын жашоосун курчаган материалдык дүйнөнү майда-чүйдөсүнө чейин сүрөттөөдө чон чеберчиликке жетишкен. Мына Базарбай аттуу тууган өңдүү агасын ээрчип Түпкө, Гаврил аттуу орус байынын чөбүн жыйнап, жумуш кылганы баратат. «Бул өмүрдөн баары Кабылга жаңы! Сугатты карай малын каптатып ышкырып айдап бараткан кишилер, талаадан жаңы келип, арабасын токтотуп коюп, кычыратып дарбазаны ачып жаткан эгинчилер, айрысын сороңдотуп, сарайга чөп үйүп жаткан бирөөлөр, анда-санда бир короодон жарыша чакырып турган тооктор, көчө бойлоп жүргөн каз-өрдөк, арыктагы ылайга терең орноп алып оонап жаткан семиз чочколор». Мындай өзгөрүүлөр орус эли көчүп келе баштаган айылдардын баарында эле бар. Муну Кабыл таң калычтуу кабыл алат. Мурдагыдай боз үй эмес, жыгач үйлөрдүн тургузула баштаганын, жаңы турмушту кабыл ала баштаган кыргыз элинин жашоосун жазуучу өтө кылдаттык менен Кабылдын байкоосунан улам сүрөттөп жүрүп отурат.

Жазуучу башкы каарманды дайыма кыймылда, өнүгүүдө берет. Жашоодон башка нерселерди күтүп келечегин өзүнө коёт. «Кыйын кезеңдеги» негизги сюжет Кабылдын жашоосуна байланыштуу окуялар менен жай өнүгөт да, каармандын жашоосу аркылуу башка образдардын ролу жана алар тууралуу кабар чыгат. С. Жигитов мындай дейт: «Бул экөөндө («Кыйын кезең» менен «Зарлыкты» айтып жатат — Ч. Т.) жазуучу туңгуч романга карай жаңы кадам жасаган эмес. Негизинде жаткан турмуштук материалда нукура драматизм, чыйралган окуялуулук, дагы башка зарыл касиеттери жогунанбы, «Кыйын кезең» менен «Зарлык» таасирленткич күчү, кызыктуулук касиети боюнча а түгүл «Узак жолго» чамалаша албай калган»[18]. Чын чынында бул аталган чыгармалар «Узак жолдогудай» көркөм күчкө ээ болгон эмес жана көпчүлүк жери жаңы турмуштан, Кабылдын малай болуп Алма-Атыга чейин барган жашоосун тизмектеген баяндоолордон турат. Ошентсе да бул чыгармаларында каармандын ички дүйнөсүн,

www.bizdin.kg

психологиясын берүүдө бир топ ийгиликтерге жеткен. Биз жогортон сөз кылып жаткан Кабылдын ички дүйнөсү эми анын мектепке кирүү үчүн кылган аракети, окуп жаткан балдарга суктанган абалы эле жазуучунун жетишкендиги. Автор Кабылды бүт жагынан ачууга аракет жасаган. Мисалы, Кабыл бала кыял, мээнетчил, боорукер, ушул эле учурда тапан, тилдүү айтканынан кайтпаган көк. Же болбосо, Асылкан Базарбайдын аялы «Асылкан менменсинген жигиттен кем эмес. Далысы, бою, денесинин зордугу, бартайган буту, колу Базарбай менен барабар. Экөө катар басып кеткенде, ийиндери тепетең, өзү балжайган сары, жаагы кере карыш, эрди түйрүк албеттүү неме». Тышкы келбетине жараша эркектин жумушунун баарысы колунан келет. Бирок анын мүнөзүндөгү бир сапат — албуут, тажаал аял. Ушул эле Асылкан жана Кабыл экөөнүн ортосундагы кайым айтышуу сюжети «Байсал» аттуу чакан аңгемеде камтылган. Бул аңгемедеги өзгөчөлүк Кабылдын гана аты Байсал деп берилет. Эки барактан турган кыска аңгемеде ушул эле Кабыл менен Асылкандын турмуштук шарттан келип чыккан урушу чагылдырылат. «Кыйын кезеңде» Кабыл Гаврилде эки жыл малай жүрүп анан дагы бирөөлөргө малай туруп, акыры Базарбайдыкына кыштап туруп калат. Заман тартыш болуп жатса, бирөөнүн үйүндө жашаш Кабылга кыйынга түшөт.

Жазуучу бул сюжетти улантып, Кабылдын андан аркы тагдыры жөнүндө сүрөттөгөн Элебаевдин дагы бир аңгемеси — «Зарлык». Аңгемеде баягы эле каармандын көр тирликтин айынан ар кайсы жерде ар кимге жалданып иштеп жүргөн күндөрү менен эле кыргыз элинин жакыр турмушун революциядан кийинки кыйын абалды берүүгө аракет жасаган. Бул эми Зарлык. Ал баягыдай эл кооруп, жер которуп малайлык менен жан багып келет. Аңгеме майда төрт бөлүктөн турат.

Элебаевдин кол жазмаларында сакталган «Узак жолдун» 2-китебинен аттуу эки үзүндүдө дагы дал ушул каармандын «Казыналык окууну» эңсеп, ошон үчүн эч бир адамдын сөзүн укпай, Каракол шаарына келген мезгили сүрөттөлгөн. Элебаев уландысын жазганда, үзүндү үзүндү кылып кайра оңдоолор жана толуктоолор менен повесть менен аңгемеге айландырган. «Зарлык» автордук баяндоо

www.bizdin.kg

менен Кабылдын Зарлыкты алып шаарга окууну көксөп келип, барбаган жери кирбеген мекемеси калбайт. Акыры көздөгөн оюна жетип интернатка да өтөт. Ушул эле «Зарлыктын» сюжети эки үзүндүдө да камтылган. Биринчи үзүндүдө «Узак жолдогудай» мен деген лирикалык каармандын ички көксөөсү, ички дүйнөсүнүн толгонуусу аркылуу баяндалат. Экинчи үзүндүдө деле ушул сюжет, бирок «Зарлык» аңгемесинен жана экинчи үзүндүдөн айырмаланып, биринчи үзүндүдө Караколдон Урманбетке кезиккен сюжет бар. Бул чыгармалардын көркөм баалуулугуна образдарды канчалык деңгээлде ачып бере алган сүрөткерлиги жөнүндө сөз козгогондо, автор каармандардын психологиялык абалын көбүнчө кабарлап, ал эми алардын ички толгонуусун толук «Узак жолдогудай» жеткире алган эмес. Мында Элебаев каармандардын ички драмалык жан дүйнөсүнүн диалектикалык кыймылын үстүртөн автордук баяндоодо гана берген. Ал эми сөз кылып жаткан биринчи үзүндүдө жогорку чыгармаларга караганда мен деген каармандык баяндоодо Мукайдын Караколго «казыналык окуу» издеп ал үмүтүн үзбөй көчөгө да түнөп, келечектеги окуу деген ой кыялынын чабыты, рухий өнүгүүсү сүрөттөлөт. Бул үзүндүдө Урманбеттин тагдыры, анын жашоосу жакшы чагылдырылган.

Жазуучунун бул чыгармаларындагы жетишкендик турмуш чындыгын көбүртпөй, өзгөчө совет мамлекети жаңы орной баштаган мезгилди кандай болсо ошондой реалдуу бергендигинде жатат.

Элебаев романдын экинчи китебин көлөмдүү кылып жазууну көздөгөн окшойт. Бирок кандайдыр бир себептерден улам бул тилегин ишке ашырган эмес. Мындай деп айтышыбызга «Зарлыктын» кыска кабарлоо бөлүмдөрдөн турушу жана «Кыйын кезеңин» — «Байсал» аңгемесинин жана дагы эки үзүндүнүн өзү эле чоң чыгарманын бөлүктөрү экенин айгинелейт. Мүмкүн жазуучу согушка кетпесе, жогорку чыгармалардын баарысын бир тартипке келтирип бир чыгарма кылат беле. Бул чыгармаларда автор каармандын образын түзүп, анын ички дүйнөсүн көрсөтүүдө өз заманынан жакшы адабий табылгаларды киргизе алган. Алар биз жогоруда белгилеген каармандык речь, диалог, деталдын баалуулугу, портрет маселеси, баяндоо ык-

www.bizdin.kg

манын өзү, кыска сүрөттөөлөр. Булардын баары кыргыз совет адабият тарыхынын алгачкы совет мезгилиндеги калыптанышында азыркы адабияттын жетишкендиктеринин бири болгон психологиялык талдоо формаларынын азыркыдай өнүккөн түрлөрү болбосо да алгачкы башталма формалары катары мактоого алаарлык адабий жөрөлгөлөр экени ырас.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Байгазиев С.* Жазуучунун чыгармачылык индивидуалдуулугун мектепте үйрөнүү. Мукай жана Жусуп. — Бишкек: Мектеп, 1993. 9-бет.

[2] *Элебаев М.* Жарыяланбаган чыгармалар. — Фрунзе: Адабият, 1990.

[3] *Элебаев М.* Жарыяланбаган чыгармалар. — Фрунзе: Адабият, 1990.

[4] *Бабушкин Ю.* Работа В. Вересаева над коротким расказом // Вопросы литературы. — 1966. — № 7. С. 197.

[5] *Асаналиев К.* Кыргыз совет прозасынын очерки. 1 бөлүм. — Фрунзе, 1957. 15-бет.

[6] *Элебаев М.* Жарыяланбаган чыгармалар. — Фрунзе, 1990. 111-бет.

[7] *Жигитов С.* Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары. — Фрунзе, 1991. 254-бет.

[8] Аталган чыгарма. 110-бет.

[9] Аталган чыгарма. 111-бет.

[10] *Байгазиев С.* Жазуучунун чыгармачылык индивидуалдуулугун мектепте үйрөнүү. Мукай жана Жусуп. — Бишкек, 1993. 30-бет.

[11] *Элебаев М.* Узак жол. — Фрунзе, 1971. 96-бет.

[12] *Эркебаев А.* Дагы бир жолу «Узак жол» тууралуу // Ала-Тоо. — 1990. 140-бет.

[13] *Элебаев М.* Узак жол. — Фрунзе. 1971. 122-бет.

[14] *Толстой Л.* Об искусстве и литературе. — М., 1958. С. 137.

[15] Аталган чыгарма. 153-бет.

[16] *Эркебаев А.* Дагы бир жолу «Узак жол» тууралуу // Ала-Тоо, — 1990. 135-бет.

[17] Аталган чыгарма. — 107—108-беттер.

[18] *Жигитов С.* Кечээкинин сабактары бүгүнкүнүн талаптары. — Фрунзе: Адабият, 1991.

www.bizdin.kg

## ҮМӨТАЛИЕВ ТЕМИРКУЛ

*(1908—1991)*

Темиркул Үмөталиевдин өмүр баянына, чыгармачылык жолуна иликтөө жүргүзгөнүбүздө жеке эле анын турмушундагы эмес, жалпы кыргыз элинин тагдырындагы эпохалык окуя — Октябрь революциясынын өзгөчө мааниси бадырая көрүнөт. Анын фонунда, революция алып келген социалдык, саясий, маданий өзгөрүштөрдүн тизмегинде, акындын турмуш жолун чечмелөө закон ченемдүү көрүнүш. Себеби, Октярь революциясынын шарапаты менен гана Темиркул Үмөталиев улуттук адабияттын пайдубалын түптөгөн чоң акындык даражасына жеткендиги күмөн туудурбаган акыйкат.

Акын Темиркул Үмөталиев өзүнүн жөндөм, шыгын негизинен адабияттын бир гана жанры поэзияга арнап, ушул тарамда жарым кылымдан ашуун үзүрлүү эмгектенди. Чыгармачылык чыйыры да кыргыздын башка түңгүч акын, жазуучулары сыяктуу кереге кезиттен нук алып, мезгилдүү басма сөздөргө жарыялануу менен кеңейе баштаган.

Т. Үмөталиев башынан атайын акын болууну диттеп, ага өзүн арнап, жөндөмүн курчутуунун тилегинде ар кайсы акындардын жазуу манерасын, техникасын «аңдыган» ортосаар ыр куруучулардан болгон эмес. Эгерде ал профессионал акын болбой калган күндө деле, өзү айткандай «кызыгып» акындыкка киришип кетпеген болсо да, баары бир Т. Үмөталиев эртеби-кечпи, адабий дүйнөнүн астанасын акыры аттамак. Себеби дегенде акындык ырларынын айрым үлгүлөрү үндөштүгү, уйкаштыктары, муун ыргактары боюнча төкмө акындар поэзиясынын импро-

www.bizdin.kg

визациялык үлгүлөрүнө жакын экендиги анча адабий даярдыксыз катардагы окурмандарга да көрүнөө. Анын алгачкы ырларынын биринен («Пахта терими») жогорку тыянакка далил иретинде мисал келтирели:

Ак пахта чыккан кенимди,
Талаасы алтын жеримди,
Анда иштеген элимди,
Жазайын ырдап, оо... черимди![1]

Мындай шыдыр уйкаштыктагы ыр шыр окуганга караганда оозеки ырдап, күүлөнө аткарууга өзүнөн өзү түрткүлөгөн импульска ээ. Т. Үмөталиевдин чыгармачылык мындай бир касиети: ырларды элдик элпек тилде, фольклордук стилистика жана ыргакта жазуусу бара-бара анын тажрыйбасы артып, калайыкка таанымал болуп, ири чыгармаларды берген күндө да жоюлган жок. Тескерисинче, анын талантындагы андай көрүнүш башкача сапаттык тепкичке көтөрүлүп, реалдуулуктагы татаал маселелерди жөнөкөй, элдик тил менен массага жеткирүүдө мыкты көмөкчүдөн болуп калды. Ал эми Т. Үмөталиевдин поэтикалык багажында ушундай түзүлүштөгү ырлар арбын жана алар өз кезегинде Темиркулдун ырчы болууга тубаса жөндөмү бар экендигин шек-шоораттап, айтылган ойду бекемдейт.

Отузунчу жылдардын башында Темиркул Үмөталиев адабият майданына аздыр-көптүр аралашып, ага ынтаа салып калган. Чынында туңгуч кыргыз акын, жазуучулары үчүн адабият жолуна түшүү анча деле кыйынчылыктуу болбосо керек. Дээрлик туташ сабатсыздыктан жалпы билим алууга бурулуу моментинде элдин басма адабиятка чаңкоосу укмуштай ченемсиз болуп, эстетикалык талап, көркөм табит ага жете бербеген абалда жүрөрү талашсыз. Адабиятчы С. Жигитов ал кездеги процессти мындайча чечмелейт: «Алар кат-сабаты жаңы ачылар замат али жалпы маданият жана адабий билими жок туруп, шыдыр эле жазганга киришип кетти, адеп жазган ырлары али чийкилигине карабастан, көп деле тоскоол көрбөй дембе-дем жарыялана берди, ал ырлардын чийкилигин авторлоруна сездирип турганга өнүккөн жазма салтыбыз жок болду. Анын үстүнө туңгуч акындарыбыз адегенде өздөрүн

www.bizdin.kg

адабияттын өкүлү эмес, жаңы заман үчүн күрөшүүчүлөрдүн өкүлү катары санашкан, анан учур алардан эмнени талап кылса, ошону иштей беришкен»[2].

Тарыхый кырдаал эмнени талап кылса жана өзүлөрү улуу өзгөрүштөрдүн тизмегинен эмнени керектүү, орчундуу дешсе ошону жаза беришкени ал мезгилдеги жарыяланган ырлардан, алгачкы жыйнактардан окулуп турат. Ушундай иштерди аткара, адабиятты түзүүчүлөрдүн алдыңкы сабында болуу менен туңгуч чыгармачыл адамдарыбыз өздөрү жазма, профессионалдык адабиятты түзүп жатабыз деп деле ойлошпосо керек. Анткени, алгачкы адабий үлгүлөрдөн алардын көркөмдүгүнүн мазмуну менен айкаш болуусун самаганга караганда, идеялык функциясына басым жасагандык байкалат. Ал учурдун ырларында, прозасында негизинен коомдук жаңы көрүнүштөргө суктануу, эскини жерүү, келечекке чакырык, жаңыга умтулууга замандаштарына талап коюу мотивдери үстөм. Айтсак, калеми такшалып калган учуру деп айтарлык маалдагы Т. Үмөталиевдин «Темиркулдун ырлары» аттуу 2-жыйнагындагы бет ачары «Ферганамдын талаасы» көлөмдүү ыры тигиндей тыянакка негиздердин биринен.

Автомобиль, чымын куюн
Жолдорунда жарышты.
Колхозчулар
минип алып,
Базарына барышты
Таңыркашкан
бир кездеги эл
Бүгүн көнүп калышты.

Келтирилген мисалдан акындын предметке болгон поэтикалык мамилеси көрүнбөстөн, ага байкоочулугу (созерцательность), тиркемечилиги, көрүнүштүн ички маанисин ача берүүнүн ордуна карапайым көз көрөр сырткы белгилерин жупуну уйкаштарга арта тизмелөө орун алгандыгын көрөбүз. Ошол себептен мындай үлгүлөр калемгердин жан-дүйнөсүнөн сызылып чыккан жаралгаларга караганда, акындын дүйнөнү көрүүсүнүн бүкүлү тизмесиндей таасир калтырат. Жаңы турмуштун жаңылыктарын сүрөттөөдөгү ушундай мүчүлүштүктөр алгачкы акындарыбыз-

www.bizdin.kg

дын талантка жардылыгынан келип чыкпаган. Анын объективдүү себептери бар болучу.

Темиркул Үмөталиевдин кайсы гана ырлар жыйнагы барактабайлы, мейли көлөмдүү, мейли чакан ырларынын негизги өзөгүн жаңы түзүлүштүн күрдөөлдүү жаңылыктарын, эмгектин шаңын даңазалоо идеясы түзөт. Сүйүү жөнүндөгү болсун, Ата-Журттун кооздугуна суктанган пейзаждык ырларында болсун заман толкуну анын духу, атмосферасы коомдун өнүгүү тенденциясынын тамыр кагышынын илебине жуурулуша акындык граждандык позициясы, көз карашы аркылуу чыпкаланып өзгөчө эмоционалдык стилде окурманга тартууланат.

Акын Т. Үмөталиевдин 30—40-жылдарда жараткан чыгармаларында өзгөргөн турмуш, элдин жаңырган бытиеси, жетишкендиктери, эмгекке чыгармачыл мамилелери күзгү сымал чагылдырып калгандыгы талашсыз. Ошол эле учурда турмуштук көрүнүштөрдү так берүү, өзгөрүштөрдүн молдугун бир шилтөө менен толук камтуу аракеттери анын айрым ырларында фактылык материалдардын тизмеленишине, кургак саноолордун орун алышына түрткөн.

Мисалга анын экинчи ырлар жыйнагындагы «Жеңиш жазына» деген бир ырында өз мезгилинин элестүү картиналары түзүлгөн. Бирок жорго сөз түрүндөгү:

Арабасын чегишип,
Шаймандар алып жатышат
Заявка жазып беришип,

өңдүү эмпирикалык байкоолорунун жөнөкөй санагы орун алгандыгын айтуу керек. Албетте, келтирилген ыр саптары кандайдыр бир картинаны түшүндүрүүгө жөндөмдүү. Ошентсе да, искусствонун, өзгөчө поэзиянын милдети болгонду болгондой натуралисттик формада тизмелөө менен чектелбес. Тилекке каршы, мындай желдирме куплеттерди Темиркул Үмөталиевдин 70—80-жылдарда жазылган айрым ырларынан да жолуктурууга болот. Айтсак:

Ала-Тоо өзүң болбосоң,
Отум калмак жагылбай,
Чөбүм калмак чабылбай
Жогум калмак табылбай.

*(«Мекенисиң»).*

www.bizdin.kg

Темиркул Үмөталиев Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги жазган ырлары туралуу алардын «ар биринин өзүнчө тарыхы бар, ар бири бир окуяга же бир жоокердин эрдигине арналган. Ойлоп тапкан эч нерсе жок» — деп айтканы бар. Мына ушул сөздөрүндөгү ойду толук бойдон анын согушка чейин жазылган ырларына колдонсок деле ылайыктуудай. Анткени, бул чыгармалары ыр техникасын өздөштүрө элек маалындагы жупуну уйкаштыктарына, статистикалык айрым маалыматтарына карабай өз учурунун саясий атмосферасын, массанын оптимисттик маанайын, энтузиазмын чагылдырган революциялык романтикага ширелген ырлардан экендиги менен белгилүү жана баалуу. Акындын согушка чейинки ырларынан тарыхый, биографиялык мүнөздөгү окуялардын эпкини уруп турат.

Акындын «Комузум» деген ырында күндөрдүн коогалаңга, революциялык романтикага толгон бир үзүм картинасы берилет. Мындагы окуя автобиографиялык болгону менен андан Октябрь традицияларын улантуучу отузунчу жылдардагы каарман комсомолецтин же коммунисттин жалпылаштырылган тагдырын көрүү мүмкүн.

Бир кезде жүрдүм Ноокатта,
Карабай үй, жай-оокатка.
Колуна түштүм Кайыптын,
Каңгырап жүргөн тоо-ташта.

Таягын жедим шишидим,
Бирөө сынып тишимдин,
Калбастан бирок максаттан,
Кайраттуу сапка тизилдим.

Өзгөндө жүрдүм пахта деп,
«Пахта тер, жеңе жатпа» деп,
Кулактар көкбоор кылышты,
Канткенде кетсин ичтен кек?

*(«Комузум»).*

Ырдын мазмуну айтып тургандай, чыгармаларында элдин турмушун жакшыртуу, мамлекеттик планды аткаруу максатында жүргөн адамдын окуялары, тап душмандардын колунан көргөн кордуктары сүрөттөлгөн. Түркүн сы-

www.bizdin.kg

ноолор лирикалык каармандын (акындын) кайрат мизин майтара алган эмес, тескерисинче, аны чыңап сапка «кайраттуу тизилткен.

Балалык курагында эле турмуштук таттуусуна караганда ачуусунун даамын даана айыра билип калган Т. Үметалиев жүрөгүн кубанткан күндөлүк жаңылыктарды ырдоого бардык жөндөмүн чекти. Ар бир улам кийинки ырларында сүрөткердин турмуштук позициясы айкындалып, тематикасынын кеңип, синтаксисттик фигураларды, тилдик көркөм каражаттарды рационалдуу колдонууда болгон умтулушту, өсүштү байкоого болот. Пахта чабыгындабы же териминдеби, айтор, дыйканчылык этип жүргөн айылдын карапайым эмгекчил адамдарынан тарта мезгилдеги лидерлердин образына чейин кайрылуу, өсүш бар. Акындык диапозонунун кеңиши бир беткей жүрбөстөн, чеберчиликтин жогорулашы менен синхрондуу процессте болду. «Маңдайлардан мончоктогон сымап терлерин» аарчып («Пахта чабыгы») жүргөн улуулар менен кошо «пахта теришкен, жаш өспүрүм жеткинчектер» («Пахта терими») акындын даңазалаган эң сүйүктүү турмуштук каармандары. Ошентип, Темиркул Үмөталиев адеп калем кармагандан баштап эле эмгек майданында адамдардын жупуну, бирок асыл иштерин поэтизациялоону ориентири катары туткан кыргыз акындарынын биринен.

Ошентсе да, чыгармачылыгына үңүлө «акындын отузунчу жылдардын биринчи жарымында жазган ырларына көз жүгүртсөк, анда биз алардан алгачкы гана изденүү чабыттарын байкаган болор элек. Бул учурда жазган көпчүлүк ырларына үстүртөн баяндоо, образдуу ой жүгүртө албоо, поэтикалык тилге жардылык сыяктуу кемчиликтер мүнөздүү»[3].

«Эмгекчи элдин чыныгы тарыхын анын оозеки чыгармачылыгын билбей туруп билүү мүмкүн эмес»[4],— деп, М. Горькийдин жазуучулар съездинде сүйлөгөн сөзүнөн кийин улуттук жазуучулар фольклордук темага көп кайрыла баштаашты. Ырас, алар бул чакырыкка чейин деле элдик казынага бет буруп келишкен. Адабиятыбыздын телчигүү жылдарында кыйла чыгармалардын темасы, сюжети оозеки байлыктан алынган. Мисалы, К. Баялиновдун «Түлкү менен суур», «Чабалекей менен жылан» же А. То-

www.bizdin.kg

комбаевдин «Жетим менен сыйкырчы» («Бала менен сыйкырчы» аттуу кыргыз эл жомогунун негизинде) сыяктууларды айтсак болчудай. Фольклордук сюжеттерди, элдик арсеналдагы көркөм каражаттарды пайдаланган менен авторлор мүмкүн болушунча аларга жаңы социалдык идеяны сыйдырууга далалаттанышкан. Мындай аракеттердин ийгиликке жетишкендери да, тек калгандары да болгон. Темиркул Үмөталиевдин чыгармачылык биографиясы ушундай этапты кайып кете алган жок. Ал да бүткүл союзда жүрүп жаткан процесс менен өзөктөш өсүп-өнүүдө болду.

Акындын «Күч бирдикте» (1934), «Алпкаракуш» (1939), «Соодагер менен жылан жөнүндө жомогу» (1939), «Эчки, кой, төө, жылкы, уй бешөөнүн талашы» (1940) жазма адабияттын канондоруна салып иштелип чыккан фольклордук мотивдерден алынган көлөмдүү жаралгалары бар. Булардан тышкары уламыш, легендалардын негизинде жазылган «Мансапкор», «Өмүрбектин жомогу», «Малга тойбос», «Эненин жүрөгү» сыяктуу поэма, сюжеттүү көлөмдүү ырларын көрсөтүү жөндүү. Дегинкиси акындын элдик оозеки чыгармачылыкка кайрылуусу, кийин «Канышбек» аттуу таасирдүү реалисттик даражадагы чыгарма жаратуусу кокусунан болбогондой. Т. Үмөталиев 40-жылдар ичинде фольклордук сюжеттердин негизинде жазылган чыгармаларында образдарды көбүнчө кыймыл-аракет аркылуу сыпаттоого басым койгон. Бирок адам баласындагы айрым терс кыял-жоруктарды сүрөттөөдө бир топ чеберчиликке жетише алгандыгы айгине. Анын «Мансапкор», «Күч бирдикте», «Малга тойбос», «Соодагер менен жылан жөнүндө жомок» чыгармаларындагы ач көздүк, куулук, ырксыздык, сугалактык өңдүү сапаттарды алып жүрүүчүлөрдүн портреттери таасын чыккан.

«Күч бирдикте» поэмасынын сюжети да элге кеңири маалым «Ырыс алды — ынтымак» аттуу жомоктон алынган. Негизги окуясы бир атанын ынтымаксыз тогуз уулун бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарууга үйрөткөн карыянын иши жана анын идеясы биримдиктүү турмуштун артыкчылыгын бир үй-бүлөнүн мисалында жамы журтка таркатуу, көргөзүү. Даяр сюжет, моралды поэтикалык жол менен кайталап коюунун өзү эле кандайдыр бир дара-

www.bizdin.kg

жада изденүүнү, жөндөмдү талап кылары шексиз. Т. Үмөталиев эл ичиндеги кара сөз түрүндөгү накыл кепти ырга айлантууда анын композициялык рамкасынан чыга албаса да, окурмандар үчүн алардын аң-сезимине таалим берерлик жугумдуулугун сактай алган.

Анын поэмасы окууга жеңил, ыргактуулугу, образдуулугу боюнча оозеки үлгүсүнөн ашса ашты, асты жомоктун тулкусундагы зор идеяны, мезгил элегинен өткөн элдин тажрыйбасын, оюн кемиткен жок.

«Алп каракуш» поэмасынын негизги кейипкерлери — алп каракуш, улар, сагызган, түлкү, карышкыр. Булар антропоморфисттик персонаждар, башкача айтканда, адамдарга мүнөздүү сапаттарды алып жүрүүчүлөр. Аларга автор сүйлөшүү, теңсиздикке каршы күрөш, митайымдык, аңкоолук, ач көздүк жана достукка берилгендик сыяктуу касиеттерди, сезимдерди ыйгаруу аркылуу коомдук антагонисттик күчтөрдүн элдешкис карама-каршылыгын берүүгө ниеттенген. Поэма ошондой эле жеткинчектерди өз ара сый, урмат, жолдоштукка туруктуулук сыяктуу мыкты мүнөздөргө тарбиялоочу дүрмөткө ээ. Ал Адилеттик менен Кара мүртөздүктүн таймашы аркылуу чечмеленип, жеңиш закондуу түрдө ак ниет күчтөргө ыйгарылган.

Т. Үмөталиевдин согушка чейинки чыгармачылыгы жөнүндө сөз айткандар негедир анын көлөмдүү чыгармаларына анча токтолушпайт. Токтолушса да негизинен «Айсулуу» жана «Сүйүү» поэмаларынын тегерегинде гана сөз жүргүзүлүп анын «Мансапкор», «Соодагер менен жылан жөнүндөгү жомок» сыяктуу чыгармалары арткы планда калгандай. Аныгында акындын бул эки чыгармасы өзүнчө сөз кылууга арзый турган жаралгалар. Адамдагы эң жаман мүнөз — мансап күнүмдүк бийлик алып башкалардан өйдөсүнүү үчүн жанталашуу, ан үчүн акты кара деп, караны ак деп бардыгын: абийир, намыс, адамдыгын ыплас иштерге чөмүлтүү. Мансапкор Керимдин ушундай деградациялык линиясы автор тарабынан элестүү тартылган. Жоо келгенде жатпай элин коргоого аттанган эл жигити Керим бийлик самоодон бара-бара журттун душманы болууга чейин төмөндөйт. Башкача айтканда:

«Хан жардыгы болгондо, күтүп жорук,
Кырк каракчы ушул деп элди кырган.

www.bizdin.kg

Амал менен тезинен такка отуруп,
Хан болууну өзүнө максат кылган»

ички сасык дүйнөсүн учуруна чейин жашырган жан. Бирок амалы ачылып, жазасын алат.

Мансапкордук, ач көздүк кылбайт пайда,
Туура жүрүп, ак иште эр азамат.
Түшкү күндөй калыс бол ар бир жайда,
Кыйшык бассаң бутуңдан капкан чабат.
Кырк жыл өткөн кыңыр иш билиниптир,
Кыжырлыкты калыстык издеп табат, —

деген сентенция менен аяктаган поэмасын автор.

Акындын «Соодагер менен жыланы» А. Токомбаевдин «Таалай издеген индус» поэмасы менен үн алышып турат. Бирок Аалы Токомбаев алган темасынын социалдык, таптык мазмунуна басым койсо, Темиркул Үмөталиев адам мүнөзүн сүрөттөөнү өзүнчө пландаштырганы айгине. Өрттөнүп жаткан токойдон жан аргасын издеген жыланды көргөн соодагер Тенти: «Ийининде жыландын, Катылган кенч бар дешет»,— деп, напсисин агытып аны куткарат да, өзү кутулбас куяга калат. Жылан — макулуктардын кара ниети, соодагер — адам баласынын кара ниет, опсуз сугалагы. Кыскасы, автор жазгандай «айырмасы жок болот, соодагер менен жыландын».

1938-жылы жарык көргөн «Туратбай» поэмасы мектептик адабият боюнча окуу китептеринде кыргыз совет адабиятындагы тарыхый-революциялык чыгарма катары бааланып жүрөт. Колдонулган терминдин ички критерийине бул поэма толук бойдон дал келбесе да, улуттук искусствонун 30-жылдардагы өсүш деңгээлинен карасак кандайдыр бир өлчөмдө жарамдуудай. Себеби, «Туратбай» ошол маалдагы азганакай кыргыз акын-жазуучуларынын турмуштун революциячыл өзгөрүү, өнүгүүсүн көркөм образдар мисалында көргөзүүгө болгон алгачкы ийгиликтүү эмгектердин биринен болгон. Поэманын негизги кемчилиги катарында каармандарынын өсүшү динамикалык планда эмес, автордук аныктамаларга таяна жүргүзгөндүгүн белгилөө абзел. Бул чыгарма автордун өз доорунун үнүн, жүзүн адабиятташтырып калтырууга болгон биринчи көлөмдүү поэмасы. Анын башкы каарманы, Т. Үмөталиевдин

www.bizdin.kg

эпилогдо айтуусу боюнча реалдуулукта прототипке ээ. Аны акын:

Ноокатта иштеп жүрүп мен
Туратбай менен күрөшкөм.
Жаркырап форма кийиптир,
Жамбашка курал илиптир.
Милиция башчысы,
Эл ичинен сакчысы, —

деп ырастайт.

Чыгармага өткөн доордун духун автор ишенимдүү, типтүү деталдарды, боёкторду ыктуу колдоно жеткиликтүү сиңире алган. Бай, манаптардын психикасынын нюанстарын орундуу, кылдат бере билүүгө сүрөткердин көрүнгөндүн колундагы турмуштук тажрыйбасы зор негиз болгондугу көрүнүп турат. Нурмат байдын сүткорлугу, Осмон, Акунбай бий, Жунушалы канкор сыяктуу эл «жакшыларынын» жардынын кырсыгынан пайда табууга ӱмтулган алдым-жуттумдугу, акындын калеминен чебердикте, так сүрөттөлгөн. Автор бул поэмасына 1958-жылы бир топ оңдоолорду киргизип, мурдагы вариантындагы айрым кирди-чыкты образдарды, ишенимге анча ээ болбогон Нурмат байдын өлүшү сыяктуу эпизоддорду кыскарткан болучу. Мындан поэма бир топ утуш алган.

Поэма өткөн доордо эзилген адамдардын жаңы түзүлүштө тең укукка жетип, көкүрөк кере дем алып, өз эмгегинин ээси болгондугунан да кабар кылат. Бирок анын басымдуу бөлүгүн каармандын антогонисттик коомдогу өмүр жолун чагылтуу түзөт. Бул автордун идеялык максатына байланыштуу, тактап айтканда жеткинчектерге өзү көргөн, башынан өткөргөн замандын, окуялардын ырайымсыз жүзүн так берүү, идеалдарга татыктуу жаштарды тарбиялоодон келип чыккан.

Чыгарманын сюжетинде окурманды анча ишендире бербеген моменттер да бар. Айтсак, Туратбайдын тегерегиндеги окуяларга: Октябрь революциясына анын жемиши болгон алгачкы социалдык зор өзгөрүштөргө керең да сокур да болуп жүрүшү, басмачылар туткундаган маалда «көзү ачылып» (Эргештин түрткүсү менен) большевиктер тууралуу түшүнүккө ээ болуусу; алган жарын, кайнатасын капыстан ойго алып, аларга жөнөөсү автордун башкы каар-

www.bizdin.kg

манды «көлөкөдө» калган учурунан кайрадан алдыңкы планга чыгаруу ниетинде, окуяларды жасалма чиелент-кен аракетинин натыйжасындай сезилет.

Темиркул Үмөталиев алгачкы чыгармаларынан тартып эрки күчтүү, майтарылбас, турмуш кыйынчылыктарын жеңе билген адамдардын образын адабиятташтырууну туруктуу объектиси катары алгандыгын белгилөө зарыл. Акын материалын реалдуулуктан алган ушундай поэмаларынан тарта легенда, мифтерден азыктанса да, реалисттик боекторго ээ «Канышбек», «Таалайлуу» өңдүү кийинчерээк жаралган чыгармаларына чейинки адабий кейипкерлердин мүнөз, талап, мүдөө окшоштуктары бар. Бирок бул мурункусундагы бир кейипкер улам кийинки поэмасына ысымы, мотиви бир аз өзгөртүлө көчүрүлүп гана жүрүп отурган дегендикке жатпайт. Тескерисинче, акындын бардык учурда адамдарга тайманбастык, ак ниеттүүлүк, максаттуулук, патриотизм сыяктуу жана башка оң сапаттарды жактырарын, ушуларды даңазалоону, ушундай мүнөздөргө замандаштарын чыгармаларында таасирдүү образдар аркылуу тарбиялоону өзүнүн башкы инсандык ориентири катары тутарын көрсөтөт.

Т. Үмөталиев согушка чейин эле бир нече ырлар китебинин автору катары адабий чөйрөгө, китепкөйлөргө кеңири таанымал болуп калган. Айтмакчы, ал СССР жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө билетти Кыргызстан жазуучулар Союзунун алгачкы жети мүчөсүнүн ичинде алган. Ошентсе да, ысымын элге эки эсе тааныштырган анын «Айсулуу» аттуу поэмасы болду көрүнөт.

Т. Үмөталиев аялдардын ар жактуу ишмердигин поэтизациялоого көп үлүш кошкон сүрөткерден. Анын калеминен эмгекчил, мээрман, боорукер, намыскөй, сүйүүгө бек жана патриот кыргыз аялдарынын сүйкүм Айсулуу («Айсулуу»), Жыпар («Жыпар»), Канышбек («Канышбек»), Айша («Кубат») сыяктуу түркүн мүнөз, кыялдардагы образдар галереясы жаралды. Темиркул үчүн аялдар темасы убактылуу «модалык» кызыгуу эмес, чыгармачылыгындагы маанилүү, аздектеген маселелерден болгон. Акын бул тематиканы көлөмдүү жанрларды эле даңктабастан, майда ырларында нукура лиризм менен образдуулукту жуурулуштура бере алган.

www.bizdin.kg

Кызылчаны өстүрөт,
Кампага буудай жеткирет,
Бир колу үйдө кир жубат,
Бир колу пахта сугарат,
Бекер өтпөйт беш мүнөт...
Сылык сүйлөп сызылат,
Бир колу тамак бышырат.
Экинчи колу... кылба шек,
Айланып айды жүрсүн деп
Спутник жасап учурат.

(«Аял жөнүндө ыр»)

30—40-жылдардагы индивиддин жаңы сапаттарын, өз маалынан караганда, жогорку көркөм деңгээлде, ишенимдүү чагылдырган чыгармалардын катарына Т. Үмөталиевдин «Айсулуу» (1939) поэмасы да кошулат. Андан «жанрдык айрым ийгиликтер айкыныраак көрүнөт: мурдагыга караганда образ жандуу, түстүү тартып, каармандардын фигурасы... элестүү, даана боло баштаган[5]. Айсулуу менен Авазбектин эмгекке мамилелери жана өз ара ымалалары поэманын сюжеттик негизги линиясындай көрүнгөнү менен аныгында, чыгарманын пафосун жана коомдун адамдарынын өзгөргөн түшүнүктөрүн, көз караштарын жана алардын бири-бирине кылган мурдагыдан башкача нуктагы алакаларын көргөзүү түзөт. Жетектөөчү идея негизинен эки башка каармандын жоруптоолорунун айланасында ишке ашат.

Темиркул Үмөталиевдин поэмаларынын композициялык бир өзгөчөлүгү бар. Ал — ретроспекциялык каармандын болуш шарты. Айтылганга Эргеш аке «Айсулууда», Өмүрбек «Жыпарда», Арапбай «Канышбекте», бир цыган жигит «Сүйүү» поэмаларында мисал боло алат. Мындай каармандын болушу авторду чубалжыган чегинүү, киришүүлөрдөн арылтып, окурманды түз эле окуянын курч коллизияларына алып кирип, көңүлүн өзүнө бурдурат.

«Айсулуу» поэмасында элдик оозеки чыгармаларда кеңири учураган ыкма — кыздын жактырган жигитин алма менен уруп сүйүүсүн билдирген мотив колдонулган деген пикирлерди жолуктуруу мүмкүн. Ырас, анда ушундай сцена бар, бирок Айсулуунун бул кылыгы фольклордук канонго

www.bizdin.kg

караганда эмгек үстүндөгү жаштардын оюнкараак жоругуна жакын. Автор элдик элементти пайдаланган күндө да, аны сокур ээрчибестен ага табигый, жаңы мазмун сологону айгине. Ал эми селки сезимин ошондой жол менен уланга шекшооратташы сүрөткердин фольклордук типтеги ой жүгүртүүсүндө эмес, «айып» каармандардын оозеки чыгармалардан таасирленген, анын үлгүсүндө тарбияланган этикалык, психикалык өзгөчөлүктөрүндө. Албетте, автор Айсулуунун, Авазбектин образдарын сыпаттоодо фольклордук-эпикалык салттардын принциптерине таянгандыгы, ал тургай анын тилдик көркөм каражаттарын каармандардын турпатын элестүү берүүдө жыш колдонгондугу талашсыз.

Чыгарманын мазмуну ар бир мектеп окуучусунан өйдө таанымал. Анда Т. Үмөталиевдин чыгармачылыгын изилдөөчүлөрдүн бири жазгандай, реалдуу турмуштан алынган, социалисттик коом тарбиялаган жаштардын жаңыча сүйүүсү жана аялдардын «эркектер менен тең укукта коомдон өз ордун алышы сыяктуу маселелерди камтый кетет. Айтылгандарга кошулуу менен ал поэманын лейтмотиви элдик энергиянын күсөө, идеалдардын турмушка ашуусу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдүн ачылгандыгын көрсөтүү болгондугун белгилөө керек.

Атасы Айсулуунун эр Курбанбай,
Эч качан жан бакпаган кызмат кылбай,
Азаптуу малайлыктан кутулганы
Көп болсо болгон чыгар он беш жылдай.

«Азаптуу малайлыктан кутулткан» заманына түгөл ыраазы Курбанбай: «Көңүлгө сурагыдай мал эмес менин кызым, Кыз эркин өзү билген замана го»,— деп үстөкөбосток келген жуучулардын оозун кургатат. Кыздын каалаганына калыңсыз кошулуусу лиро-эпикалык «Олжобай менен Кишимжан» эпосунда да учурайт. Бирок анда мындай көрүнүш уруучулук замандын өз мотивировкасына негизделе, элдик кыял, идеал катары социалдык шарт ишке ашуусуна мүмкүндүк бербеген татына тилек сыңары гана. Ал эми «Айсулууда» таптакыр башка сүрөт, бул, автордук фантазия эмес, реалисттик базага ээ, социалисттик түзүлүштүн закон ченемдүү көрүнүшү экендиги.

www.bizdin.kg

Адабиятчы Ш. Үмөталиев поэмадагы башкы идея — жаңы коомдун шартындагы адамдардын аң-сезими, психологиясы кандайча өзгөргөндүгүн көрсөтүү экендигин жана аны акын турмуш фактысынын бир көрүнүшүнөн алып «реалисттик күч менен тип даражасына чейин көтөргөндүгүн»[6] белгилейт. Ырас, бул поэмада социалисттик коомдогу жаңы мамиле, көз караш, түшүнүктөр реалисттик даражада көркөм тартылганы менен образдар фольклордук таасирлердин, ыкмалардын жардамы менен түзүлгөн болучу. Айсулуу «Ак бетин ажыратып болбос айдан» чырайлуу жан, Авазбек да андан кем эмес, ага атайын жуп болуу үчүн жаралган «Орто бой, кырдач мурун, каратору, Келишкен сулуу жигит көрсөң сырттан», кыскасы, алар элдин эстетикалык түшүнүгүнө төп келген образдардан. Ошентип, поэманын башкы каармандарынын бир аз идеализацияланган планда шөкөттөлүшүнө негизги себеп автордун индивидуалдуу көркөм-эстетикалык ойлоосунун деңгээлине жараша болгон деп кароо акыйкаттуураак.

Эмгек күнүмдүк жан багуунун баскычынан сыймык, кубаныч берер жаратман даражага көтөрүлүп, жаңы мазмун менен толуктанды. Эмгекке, жаңыча, иштин өз ээси катары мамиле жасоо массанын арасынан эпкиндүүлөрү менен жанбактыларын, жалкоолорун алаканга салгандай айырмалап койду. Айсулуу ичинен канчалык Авазбекти жактырып турса, анын адамдыгын бир линия боюнча өңү, сөзү боюнча эмес, иши боюнча да сынга толтурууну ылайык көрүп «эмгек жазган дептерлерди аңтарат». Андан соң:

Он айда иштегениң кырк эмгек күн,
Жалкоого кыз айтабы тиемин деп,—

деген жүйөлүү жообун билдирет. Бул саптар жеке Айсулуу кыздын оюу эмес, бул — ошол мезгилдеги элдин түшүнүгү, ишке мамилеси. Мында элдин маанайы, энтузиазмы, энергиясы сыйдырылган. Мисал иретинде ушундай эле мотив, кыздын жигитти коомдук пайдалуу иши аркылуу купулуна толтуруусу, сыноосу тажик классиги Садриддин Айнинин 1932-жылы өзбекче жазылып, 1934-жылы жарыяланган «Кулдар» романынан жолугарын эскерүү жетиштүү. Андагы Хадичанын Эрназарга берген жообуна

www.bizdin.kg

Айсулуунун Авазбекке айткан жообу далмадал. Эки автор тең мындай окуяны адамдардын турмушунан, жашоо чындыгынан алган дешке негиз бар.

Жогоркудай реалдуулук менен өзөктөш бир далай табылга, ийгиликтери менен кошо, «Айсулуу» кемчиликтерден да куру эмес. Каармандары негизинен бир түрдүү боектор жана бир линияда (өрүштөгөн) оош-кыйышсыз сүрөттөлүп, оң образдар аягына чейин мыкты. Авазбекте терс жоруктар болгонуна карабастан ал автордук симпатияда баяндалып, анын мүнөзүнүн оңолуусу статикалык планда чагылдырылган. Образдарды ачууда фольклордук стилдин жардамына көп кайрылганына карабастан «Айсулуу» поэмасы жалаң гана акындын эмес, отузунчу жылдардагы жалпы эле кыргыз поэзиясынын жетишкендигин айгинелөөчү чыгармадан»[6] болуп саналат.

Согушка чейинки акын жазган дагы бир көлөмдүү чыгарма «Сүйүү» поэмасы. Ал лөлүлөр турмушунан алынып жазылып, махабат жөнүндөгү маселе жалпы адамзаттык кунарга ээ берилген. Поэма түрк элинин XX кылымдагы романтикалык жазуучусу Сабахаттин Алинин «Тегирмен» аттуу романтикалык маанайдагы новелласынын негизинде жазылган[7]. Т. Үмөталиев бул фактыны поэманы алгачкы жарыялоосунда эскербесе да, «Эмгек гүлү» жыйнагында (1954) көрсөткөн. Ошол себептүү бул поэманын тегерегиндеги негиздүү да, негизсиз да түркүн баалар, түрдүү ойлор айтылып келген.

Поэма Ителги аттуу (новеллада – Атмаджа бул — «ителги» деген сөз) лөлү жигиттин тегирменчинин майып (бир колу жок) кызы менен болгон тунук сезимдерин романтикалык кыязда сүрөттөйт. Айрым бир деталдары алмашылганы болбосо (Атмаджа-чоорчу, Ителги — кыякчы), катышкан персонаждары, сюжеттик канва А. Сабахаттиндин аталган романтикалык новелласынын ыр түрүнө салынган көчүрмөсү. Бирок минтип айтуу Т. Үмөталиев плагиаттык жасаган дегендикти билдирбейт. Адабият тарыхында белгилүү бир легенданын, окуянын же чыгарманын сюжетинин негизинде улам кийинкилер жаңыча чыгармалар жаратып, бир эле окуянын бир нече варианттагы трактовкасы, ал тургай өтө окшош болгон мисалдары аз эмес.

www.bizdin.kg

Айтылуу Лайли менен Мажнундун сүйүүсү Низами, Амир Хосров, Жами, Навои жана Физули өңдүү Чыгыштын чыгаан акындарына тема болгондугун ким билбейт.

Адатта жазуучунун согуш мезгилиндеги иши жөнүндө айтканда «калемин найзага алмаштырды» же «калемин найзага теңеди» деп образдуу да айтышат. Темиркул Үмөталиев жөнүндө минтип айтууга болбойт. ... Анын колунда калеми да, найзасы да экөө тең иштеди»[8]. Өзү жазгандай «мылтык, калем көтөрүп майданга кошо кирип»

Гитлер каршы аттанса,
Жеңемин деп мактанса.
Талкаларбыз тумшугун,
Шашар кайра качканга —

(«Кызыл Туу»)

деген түптүү ишенимин иш жүзүндө көрсөтүүгө туура келди. Акын бул сөздөрдү 1935-жылы жазганын эске алсак, анын саясий көз карашы кандай, качан жетилгенин баамдоого болот.

Т. Үмөталиевдин чыгармачылыгында саясий лирикалары бөтөнчө орунда турат. Автордун эгерде 30—40-жылдар аралыгындагы ушул багыттагы ырларына сереп салсак, агитациялык-лозунгдук: иш-аракеттердин плакаттуулугу, монтаждык фрагменттер, окурманга түздөн-түз кайрылуу, чакырык, идеянын декларациясы өңдүү элементтерди арбын жолуктуруу мүмкүн. Калемгердин саясий лирикасынын апогейи катарында согуш жылдарындагы ырларын айтуу керек. Бул учурдагы анын Мекенди коргоо, граждандык милдет тематикасындагы ырлары проблематикасынын актуалдуулугу, турмуштук орчундуу окуяларга чапчаң реакциясы, айкын, келишкис мамилеси жана публицистикалык өткүрдүгү менен айырмаланып келет. Ал мурдатан эле «элдик казнадан Ата-Журтту коргоо темасына ылайык легендаларды, тамсилдерди ылгап алып, аларды чыгармачылык менен иштеп»[9] келген. Улуу Ата Мекендик согуштун учурунда акындын дити, энергиясы, таланты, пролетардык интернационализмди, элдердин тилектештигин, совет жоокеринин каарман эрдигин, Мекендин улан-кыздарынын антын, патриотизмин, кыскасы, фронт менен ооруктун күжүрмөн эмгегин, майтарылбас духун толук бойдон сүрөттөөгө арналды.

www.bizdin.kg

«Күн тутулбайт, ай батпайт», «Москва», «Энеге берген ант», «Баатырдын өлүмү», «Болотбек», «Шофер», «Комсомол билети» — бул аталгандар акындын согуш жылдарында жазылган көптөгөн ырларынын айрымдары гана. Анын «Жеңиш ырлары» (1943) жана «Жеңиш» (1946) наамдуу ыр жыйнактарынын мазмунун толук бойдон согуш жылдарында жазган ырлары түзөт. Бул тематикадагы чыгармаларды жаратууну акын Жеңиштен кийин таштап койгон эми. Андан кийин да анын акыл-эси согуштун каарын, ырайымсыздыгын кийинки муундарга билдирип, милитаризмге бүткүл кубаты, бийик акындык добушу менен каршы туруп, алаамат күндөрдүн кайталанбасы үчүн күрөшүүдө болду. Соңку «Ыр түнөгү» (1984) аттуу жыйнагындагы «Сени менен», «1418 күн», «Үнгө салам» жана башка ырлары уруштун картиналарын жеткинчектерге ынанымдуу тартып, советтик жоокердин боштондук миссиясынан кеңири түшүнүк берүүчү кудуретке ээ.

Колун үзүп киши сойгуч желдеттин,
Жок болуудан биз сактадык жер бетин.
Адамзатты кара түндөн куткарып,
Биз аткардык чын баатырдын милдетин.

«... Кыргыз профессионалдуу поэзиясынын өсүш этабында дал ушул согуш учуру олуттуу келген бир кырдаалды түзөт. Маселе буга чейин профессионалдуу түрдө аз гана жол басып фольклордун күчтүү кучагынан жаңыдан гана бошоно баштаган поэзияга согуштук турмуштун кескин киргизген кыймылында»[10]. Согуш өлкөнүн адам, экономикалык, техникалык жана интеллектуалдык ресурстарын мобилизациялады. Акын, жазуучулар экстремалдык кырдаалда ачык көрүнгөн советтик адамдардын типтүү мүнөздөрүн: жерин «душмандан кайтарууга» берген антын; «жоону жеңбей үйгө келбе!» эне наказын; «кордукту колго түшүп көргөнчө деп» акыры огун өзүнө жумшаган эрдиктерин сүрөттөөгө өтүштү. Мындай окуялар массалык болгон, ошондуктан Т. Үмөталиев: «Бул ырларды мен эмес, менин көзүмчө эрдик көрсөтүшкөн жоокерлер жазышкан деп ойлоймун»,— деген сөзүндө нукура объективдүүлүк бар.

Автордун ушул жылдардагы ырларында жеке тажрыйбасы Мекенди коргоо граждандык милдет сыяктуу курч

www.bizdin.kg

проблемаларга жуурулуша акындык дарамети призмадан өткөрүлгөндөй даана көрүнөт. Анын чыгармаларынан ташыган эмоциясынын гаммасын сезүү мүмкүн. «Бүркүт учту чабыттап», «Эсен бол», «Кош», «Көңүлдөсүң», «Жер күйүп жатат» жана башка ырларынан калемгердин поэзиясынын ички мүмкүнчүлүктөрүн интенсивдүү өнүктүрүүгө бет алган моментин туюу мүмкүн. Турмуштук эпизоддорду, окуяларды реалисттик даражада көркөмдөөгө чыгармачыл адамдардын ички резервдеринин укмуштай жанданышына согуш белгилүү деңгээлде түрткү болгон.

Эгерде Т. Үмөталиевдин мурунку ырларындагы лирикалык «мени» көбүн эсе революцияга чейинки турмуштан жапа чеккен, шоркелдей, уруяттан кийин багы ачылып, жаңы дүйнөнү курууга активдүү катышып, ыраазыланган контрасттык биографияга ээ адам болсо, согуш жылдарында кийинки линия тереңдетилип, индивидумдун ички сезимдер спектрин ачууга басым коюлган. Анын эми даяр штамптык салыштыруулардан оолактап, көрүнүшкө адекваттуу метафораларды табуу менен кубулуштун ички мазмунуна сүңө баштагандыгын сезүүгө болот. Жеке көрүнүштүн жалпы менен тыгыз байланышын конкреттештирген деталдар, эпизоддор аркылуу ачып, индивиддин граждандык турпатын көп жактуу аспектте чечмелейт.

«Азыр мына канды кечип жүрөмүн,  
Колдо мылтык, жамбашымда күрөгүм,  
Душман менен жакалашып жатып да,  
Сени ойлосом ылдам кагат жүрөгүм.

Сүрөткердин келтирилген ырынан көрүнүп тургандай, ал ошол учурдагы жалган пафостуу, дүңгүрөмө ураандык жана чубалжыган ойлуу айрым ыр саптарынын ээлеринен айырмаланып, ырдын мазмунуна образдуулук, жандуулук, а тургай гиперболизация киргизгендиги айгине. Реалисттик, доор менен үндөш, замандаштарынын суктанарлык ар кыл мүнөздөрүн таасын боектор менен көркөм түзгөн акындын жогоркудай тариздеги ырлары келтирилген мисал менен чектелип калбайт. Деги эле Т. Үмөталиев согуш темасындагы мейли ал жылдарда, мейли соңку жылдарда болсун өзүнүн конкреттүү мазмунга, чакан сюжетке ээ, терең драматизмге бай, логикалуу, элестүү ырларын

www.bizdin.kg

жазууга чебер акындардан экендигин көрсөтө алды. Анын мейли чакан, мейли көлөмдүү чыгармаларынан максималисттик маанайдагы реалдуу адамдын, лирикалык «мендин», сүрөтү чагылып турат.

Калемгердин согуш темасындагы чыгармаларынын апофеозу катары прототипке ээ «Кубат» поэмасы жана «Үч баатыр жөнүндө ырын» (1943) атаса болот. «Кубат» поэмасын акын 1953-жылы жарыялаган. Анын эскиздик варианты катары «Үч баатыр» жөнүндөгү ырдагы «Кубат Жуматаев» бөлүмчөсүн саноо ылайык. 1939-жылдары жазылган «Кыжыр кайнады», «Мылтыкчан», «Фин дыйканы», ырлары жана «Ажыдаар менен Күн» аттуу тамсили да жогорку темадагы чыгармалардан, бирок тамсилинен бөлөктөрү анча ийгиликтүү чыкпаган. Автордун айтчу идеясы бийик болгону менен предметти бере билүүдө али конкреттүүлүк кемчил да, романтизация, эпикалуулук күч. «Фин дыйканында», маселен, карапайым, сабаты чакан, балким, караңгы дыйкан Азиянын тарыхынан маселдете «Чыңгысхан», «жетимиш миң кишинин башын кесип мунара курган Темирлан, Искендердин талоончулугун узун сабак айтып, «бир гана сен бул элди талабадың», деп Кызыл аскерге ыраазылыгын билдирет. Башкача айтканда, чындыкты чагылдырууда али деталдаштыруу, диалог куруу жана индивидуалдуу речь өзгөчөлүгүн, интонациясын так бере албоолор бар экендиги ал жылдардагы ырларынан орун алган болучу. Бирок Улуу Ата Мекендик согуштун түздөн-түз катышуучусу катарындагы тажрыйбасы, көргөн-билгендери «Фин дыйканындагыдай» риторикалык пафостон авторго четтөөгө мүмкүндүк түздү. Мурда чыгармачылыгындагы кемчил болгон турмуш окуялары менен табигый үндөштүктүн жоктугу эми андагыдай эрудициянын, таланттын күчү менен жазылбастан, жан дүйнөсүндөгү толгонуулар, түйшөлүүлөрдөн чыккан нукура сезимдер дестесинин палитрасы менен коздолуп, чыгармалары көркүнө чыга түштү.

Акын фольклордук мотивдерге кайрылуусун согуш учурунда да токтоткон эмес. «Эң кыйыны кимиси» көлөмдүү ыры бир эненин өнөрпоз үч уулунун дөө уурдай качкан карындашын («Дөө келип бактыңарды качты тартып») кантип куткаруусун баяндайт. Акын бул жомоктон кай-

www.bizdin.kg

мана маани таап, учурундагы тарыхый окуя менен өзөктөштүрө өз алдынча интерпретация бере алган. Дөөнүн ирреалдык образы фашисттердин «арийлердин «асыл кан» теориясын» жалпылаштыра элестетет. Ал эми реалдуу Эне, анын үч уулу, бир кызы — эч кандай сыйкырдуу күчтөргө, касиеттерге ээ болбостон — табигый жөндөм, мээнетинин аркасында мифологиялык алпты жеңиши адилеттиктин арамзалыктын жана дөөгүрсүгөн кара күчтүн үстүнөн дайыма болуп келген ийгилигин көрсөтөт. Үч уулдун биримдеш аракеттеринин натыйжасында «заматта көктөн булут тарап, күн кайрадан нурун жаркырап чачканын» көрсөтөт. Тамсил соңун:

Эр танкист, замбирекчи, пулеметчу
Ата бер касташканды, аяба окту.
Жаркылдат кылычыңды баатыр атчан,
Учкуч эр төбөсүнөн ургун сокку! —

деп Советтик Армиянын бардык түрлөрүнүн өз ара карым-катыштыкта душманды тезирээк талкалоого чакырык менен аяктайт.

Согуш мезгилиндеги акындын ырлары окоптук чындыкты, ок-дарынын ажал издеп ызылдашын, кан күйгөн күндөрдүн элесин так алып бизге жеткирди. Анын дээрлик ар бир ыры белгилүү окуялардын түрткүсү, таасири астында жазылган. Автордук эмоция анын турмуштук-идеялык позициясы менен жууруулуша ошол жылдардын духун төкпөй-чачпай алып жүрөт. Ант, наказ берүү сыяктуу ырлар Т. Үмөталиевдин поэзиясында ушул жылдары басымдуулук этет. Бирок бул акындын тематикалык жардылыгынан эмес, ал доордун, мезгилдин талабы менен калемгердин максатынын органикалык биримдештигинин натыйжасы. Фронттук турмуш анын акындык диапозонун улам кеңитип өч алуу, ант берүү мотивдеринен фашисттердин жасаган кылмыш иштерин гуманисттик позициядан айыптоочу даражага өстүрдү. «Белек», «Болотбек», «Мактанбагын каракчы», «Терек», «Кантип бүттү», «Бул айбандык дейт элиң», «Коркок болуп жүрбөгүн», «Алтынчы ок» жана башка ырларында акын советтик элдин биримдик күчүн, майтарылбас демин фашисттердин айбандыгына параллель коюп, кайсынысы закондуу жеңишке жетерин логикалуу чечмелеген.

www.bizdin.kg

«Кубат» поэмасы «Кап таруუга ууч буудай, Аралашып кеткендей» деп акын өзү жазгандай кыргыз жоокеринин майдандагы турмушун ар тараптуу көркөмдөөгө алган көлөмдүү чыгармадан. Анда советтик адамдардын типтүү өкүлү Кубат Жуматаевдин өмүр жылдарынын фронттогу бир үзүмү көркөм түзүлгөн. Башынан аягына чейин жүлүндөгөн идея — каармандын Мекенге болгон татыктуу сүйүүсүн көрсөтүү. Бирок бул максат чекене көргөзүлбөстөн, анын инсандык шатман кейпин түзүү менен айкаша жүргүзүлгөн, башкача айтканда, тынч эмгеги, Айшага махабаты, саясий жетекчилик иштеги, майдандагы жоокердик милдетин өтөөсү өңдүү линиялар менен тутумдаша композициялык бүтүндүктү түзүп турат.

Турган үй, бет жууган суу, уктаган жер,
Сен баскан жол астынан чыккан жекен,
Жемиш бак, атаң тиккен агызып тер,
Бардыгы кошулганда аты — Мекен!

Поэманын башкы каарманы реалдуулукта болгон адам, ошентип, чыгарманын сюжетин реалдуу окуя менен автордук көркөм кошумчалоонун карым-катышынан куралган, мунун мазмуну көпчүлүккө маалым жана анын композициялык-сюжеттик ийгиликтери, мүчүлүштүктөрү жөнүндө мезгилдик басма сөздөрдө, илимий изилдөөлөрдө жетиштүү сөз кылынган. Ошол себептүү белгилүү пикирлерге, ойлорго кайрадан кайрылуу кажетсиз. Айтып коюучу нерсе: художниктик көркөм кошумчалоо айрым учурларда өзүн актай албай калып, кээ бир эпизоддорду жасалмадай, каармандардын чанда бир мүнөз, машакаттарын көргөзмөлүүдөй кабылдоого такайт. Бирок жалпысынан поэма көркөм, образдуулугу жана идеялык тактыгы менен кыргыз совет поэзиясындагы согуш темасындагы чыгармалардын ичинен оң баага татыктуулардын бараандуусу.

Согуштан кийинки жылдарда Т. Үмөталиевдин поэтикалык чеберчилиги да, тематикалык диапазону да өнүгүп өсүү, кеңейтүү жолунда болду.

Акын 50—80-жылдарда эпикалык жанрда өзгөчө жемиштүү иштеди. Анын «Жыпар», «Кызыл-Жар», «Ак алтын жөнүндө ыр», «Койчу», «Канышбек», «Кундузкан», «Барсанай», «Баатыр», «Большевиктер» өңдүү ж. б. поэ-

www.bizdin.kg

малары жана «Эненин жүрөгү» аттуу сюжеттүү фольклордук мотивдеги ыры жогоркуга далил. 50-жылдардын экинчи жарымында орус совет поэзиясында эки негизги стилдик агым конкрет-реалисттик стиль (көрүнүктүү өкүлү А. Твардовский жана ага жакын акындар) анан романтикалык же «субъективдүү» стиль (В. Луговскийдин, Н. Тихоновдун, М. Светловдун чыгармачылыктары) айкындалып калган[11]. Буга маанилеш стилдерди көп улуттуу совет поэзиясынын өнүгүү тенденциясынан да байкоого болмок. Т. Үмөталиевдин чыгармачылыгында фольклордук-романтикалык стиль («Жыпар», «Канышбек», «Кундузкан») менен катар конкрет-реалисттик стиль («Кубат», «Большевиктер», «Барсанай» ж. б.) өкүм сүргөндүгүн көрүүгө болот. Метафоризм, шарттуулук ыкмасын, гипербола, романтикалык символиканы колдонуу менен бирге акын реалисттик, объективдик материалдардан өзүнүн чыгармаларына азык, өң берген.

Поэмаларындагы публицистикалык тон жумшак лирикага, керектүү моментте сатиралык интонацияга өтүү менен акыр аягында идея философиялык ойлор менен корутундуланат.

Анын «айыл темасына» арналган поэмаларынын ичинен өзгөчө супсак чыгып калганы «Кундузкан» менен «Койчу жөнүндө ыры». Алгач алысындап келип, суу жетпей бозоргон талаадай шөкөттөөгө алынган мыкты тема улам арылаган сайын тереңин көздөй иштелбей сырткы таасирлерге, иллюстрациягаширелип калган. Түйшүктүү эмгек процесси аффектацияга азгырылуунун натыйжасында үстүртөн, суктануучулук менен информативдик тейде баяндалган. Ошол себептүү ушул эки поэманы «очерк-поэма» же «поэма-репортаж» катары сыпаттоо ылайык. Кыскасы, «автордун «Кундузкан» аттуу поэмасы каармандарынын кулк-мүнөзүн, психологиясын ачуу жагынан акындын 1938-жылы жарык көргөн «Анаркан» аттуу көлөмдүү ырынан анчалык деле айырмаланбайт»[12] деген пикирдин объективдүүлүгүнө шек кылууга болбойт.

Т. Үмөталиевдин коллективдештирүү мезгилинин картинасын көркөм түзүүгө аракеттенген «Ак алтын жөнүндө» поэмасын логикалык линиясы өзүнчө сереп салууга жол берет. Чыгарманын конфликттин бириккен чарба куруу,

www.bizdin.kg

отурукташуу, дыйканчылык этүү этабындагы тап душмандары менен таймаш, карапайым адамдардын психологиясындагы эски чарба жүргүзүүнүн көнүмүш салттарын жоюу үчүн күрөш түзөт. «Кызыл-Жар» аттуу поэмасы да ушул маселени көркөм чечмелөөгө арналган, бирок анын тарыхый аренасы жогоркуга салыштырмалуу кыйла кең.

«Ак алтын жөнүндө» поэмасында автор 20—30-жылдардагы кыргыз айлындагы жүрүп жаткан социалдык процесстерди Болотбек, Түнкатар, Иван сыяктуу жана Жакып молдо, Муратбек өңдүү полюстук каармандардын турмуштук кагылыштары аркылуу көрсөтүүнү максат эткен. Карама-каршы көз караштагы, типтеги адамдар кагылышы демейки кагылыш эмес, ал — антогонисттик таптардын күрөшүнүн уландысы. Т. Үмөталиев бул күрөштүн курч моменттерин так бере алган. Бирок андан кийинки этаптагы эмгек жүрүшүн сүрөттөгөндө 60-жылдарда өлкөбүздө өкүм сүргөн атмосферанын духун, башкача айтканда, дың жерди өздөштүрүү, химикаттарды айыл чарба өсүмдүктөрүнө колдонуу (1 гектар жерге 155 тонна кык, 500 килограмм суперфосфат чачуу) сыяктуу чындыкка коошпогон деталдарды пайдаланган. Ошону менен колхоздук чарба жүргүзүүнүн алгачкы кыйынчылыктары, жетишкендиктери ондогон жылдар кийинки этаптын жүзү менен чагылып, соңку мезгилдин көзү аркылуу каралып калган.

Акындын реалдуу адамдарга кайрылып, алардын инсандык дареметин, энергиясын поэтизациялоонун объектисине айлантууга өзгөчө кызыккан жагы бар. Мындай умтулуш анын чыгармачылыгында өзгөчө тилкени түзөт. «Туратбай», «Кубат» жана «Баатыр» поэмалары прототиптери бар, республикабыздын тарыхына ысымдары жазылган адамдардын өмүр жолдорунун, фактылык материалдарынын негизинде жазылгандар. «Баатыр» — Орто Азиядагы граждандык согуштун баатыры, кыргыздан чыккан алгачкы кызыл командирлердин бири Арстаналы Осмонбековдун образын көркөм иштеп чыккан поэма.

Акындын поэтикалык дасмиясында лирикалык ырлар өзгөчө орунду ээлейт. Бул багыттагы ырларында акындын сезимдер гаммасы өзгөчө ажар менен ачылгандыгын белгилөө ылайык. Эгерде согушка чейинки айрым үлгүлө-

www.bizdin.kg

рүндө автор жаратылыштын коздугун, же махабат сезимдерин, же патриоттук ой толгоолорун жылаңач суктануу, жалбаруу же үгүттүк ыкмалар аркылуу баяндаган болсо, Улуу Ата Мекендик Согуш жана андан кийинки жылдарда жараткан ырларында чакан формага зор философиялык мазмунду сыйдыруу; элине, жерине болгон сүйүү карандай чыкпастан турмуштун омоктуу проблемалары менен жуурулуша берилүүсү, киндик каны тамган жерге болгон ысык сезими советтик патриотизмден ажырагыс экендиги ачык элестүү айтылган даражага жетти. Чакан форманын жанрдык ички потенциясын кеңитүүгө, байытууга карата болгон изденүүлөр өзүнүн мөмөсүн берди. Ырас, анын алгачкы ыр жыйнактарында эле купулга толорлук «Ук, күн Чыгыш», «Колхоз багында», «Жаңы жайлоо», «Ысык-Көл» сыяктуу ырларды жолуктурууга болот. Бирок мындайларын автор саясий идеологиялык проблемаларга киндиктештирүү аракетинде көп учурда патетикага бастырып салчу. Бул эки максат ал учурдагы кээ бир ырларында али абстрактуулукка ээ болуп, табигый органикалык биримдикте чыккан эмес. Анын үстүнө поэзиянын нукура предметин турмуштук проблема менен жуурулуштура, анын ички дареметин ачууда чеберчилиги чакан, ыр техникасын өздөштүрө элек кези болучу. Ошол себептүү, акын согуш мезгилиндеги жаралгаларынан тарта поэзияда жеке поэтикалык стилине, өз үнүнө ээ болду дешке негиз бар.

Темиркул Үмөталиевдин кыйла ырлары назик лирикага, мелодикалуулукка ээ. Анын ыргактуу чыгармалары мектеп окуучулары тарабынан декломацияланып, марш, жүрүш ырларындай ырдалып келген. Маселен, «Кашкатай», «Торпогум», «Аяз ата менен пионер Сагынтайдын сүйлөшкөнү», «Балаты», «Чабалекей», «Көпөлөк» сындуулары балдардын речин, таанып-билүүсүн өстүрүүгө зор жардам берген дидактикалык ырлардан.

Үмөталиев Темиркулдун көптөгөн ырлары обонго салынып, эл арасында сүймөнчүлүк менен ырдалып жүрөт. Анын ырларына композиторлордун кайрылышы чыгарманын мазмуну менен музыкалуулугунун синтездигин гана көрсөтөт. Айтсак, «Биз солдат» (А. Малдыбаев), «Азгырба мени, алдаба» (М. Абдраев), «Бригадасы коммунисттик

www.bizdin.kg

эмгектин» (Ү. Сыдыков), «Жалжал көз» (К. Молдобасанов). Аталгандар менен бул санак чектелбестиги өзүнөн өзү түшүнүктүү.

Акындын лирикалык «мени» мезгил агымы, дүйнөлүк курч, актуалдуу проблемаларга өзүнүн мамилесин билдирип турган активдүү позициядагы каарман. Ал, бирок байкоочу катарында эмес, ошондой процесстерге аралаша жүргөн жаратман тынчсыз кейипкер. «Тынчтык», «Кулак сал», «Бекембиз», «Эсте калган бир күн», «Тынч жашоонун сакчысы», «Согуш оту күйбөсүн», «Америкалык жумушчуларга кайрылуу», «Мурас кылам» сыяктуу ырларында публицистикалуулук менен лиризм, эмоция менен реалдуулук камыр-жумур жүрүп, турмуштун ар кыл проблемаларын: тынчтык үчүн күрөшүүнү, согуш каарын, жаратман эмгектин пафосун ар түрдүү ракурстан поэтикалуу трактовкалайт. Темиркул Үмөталиевдин лирикалык поэзиясынын жаңы адамды гармониялуу тарбиялоодогу, анын рухий дүйнөсүн байытып, эстетикалык моокумун кандыруудагы салымы акындын республикабыздын Токтогул атындагы сыйлыгына (1982) татыктуу болгон «Тоо гүлдөрү» (1980) ыр жыйнагынан көрүнөт. Анда адам мүнөздөрү, пейилдери, ой-максаттары жогорку чебердикте, сыймыктануу менен кээде юмор, кээде кадимкидей кейүү менен шөкөттөлөт. «Кээ бир назик жигиттерге», «Бир жолдошко», «Ыкшоо», «Кыз ала качуу», «Эмгекти сүй» сыяктуу ырларынын мазмуну буга күбө.

Туулган жерин кимдер ырга салбаган, ага кимдер сыктанып ыр арнабаган! Темиркул Үмөталиев да Ата конушуна карата сезим күүлөрүн өзгөчө эргүү менен билдирип келет. Акындын алгачкы ыр жыйнагынан соңку «Ыр түнөгүнө» чейин, же мезгилдик басма сөздөрдөгү кайсы гана ырларын албайлы, Ата Журтка арналган жаралгалар басымдуулук кылат. Жаратылыштын коолдугу, туулган очок-оруңдун кымбаттыгы жөнүндөгү пикирлери натуралисттик сүрөттөөлөр түрүндө чыкпастан, адам баласынын бытиесинин маанилүү атрибуту жана анын жан дүйнөсүн эстетикалык жактан оболотуучу касиети менен синтездүү тартууланат.

Алтындай иймейген ай жарык чачат,
Алты Аркар жабалактап көөнүңдү ачат.

www.bizdin.kg

Суктанып сулуулукту карагансыйт,
Нарындын жээгиндеги бийик кашат.

Темиркул Үмөталиевдин акындык калеминен жер-жерлерге арналган эсепсиз ырлар жаралган. Аны ушул жагынан арноо ырларынын чебери катары санаса да болчудай. Тунгуч «Ташкен», «Түркстан» («Грузияга»), «Донбасс», «Москва» өңдүү өлкөбүздүн алыскы меридиандарынан тарта «Тегене», «Ак-Буура», «Жаңы-Жолго», «Араван», «Фрунзем», «Алай» деп жана «Биздин жер» жыйнагы бар, кыскасы, ал кыргыз жергесиндеги ар бир көл, суу, шаар, тоолордун атынан өйдө толгон-токой ыр арнап чыкты. Эми ал ырларынын баары эле шедевр эмес экендиги айгине, бирок арасында көңүлгө кыт куйгандай орной түшкөндөрү да, суудай шылдыр агып кеткендери да, арабөк болгондору да бар. Кийинки кездерде учураган жер аттарын рефрендик кайталоолор кезиккен ырлары, сыягы, окшоштуктарды көп колдонуудан; поэтизациялоого алган айрым объекттин кайталангыстыгын так бере албагандан келип чыккан болуу керек.

Калемгердин поэтикалык диапазону кеңири, ал поэзия жанрынын бардык формаларында иштегендиги маалым. Ошондой болсо да кара сөз жаатындагы «Көл боюнан бир көрүнүш», өңдүү сатиралык аңгемеси, «Кытай жеринде», аңгемелер, жол очерктери, «Согуштан согушка» ыр менен жазылган очерки жана кыргыз совет адабиятынын учурдагы өнүгүү процесстерине байкоолору, «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын бетиндеги диалогдору акындын көп кырдуу талантын аныктап турат. (Баарын тизмелөөгө изилдөөнүн мүнөзү мүмкүндүк бербейт). Автордун талантынын дагы бир кыры — котормочулугу. Анын калеминен бир далай дүйнөлүк, ата мекендик жана советтик классиктердин чыгармалары кыргыз окурмандарына жакындап, кыргыз тилинде сүйлөп, китеп текчелеринен орун алышты. Алсак, Гейнеден, Низами Гянжевиден, А. Церетелиден, А. Пушкинден, А. Тукайдан, С. Лоринитен, Н. Тихоновдон, М. Лахути, Я. Шиваза жана башкалардан которулгандар мисал боло алышат. Ал эми В. Маяковскийдин белгилүү «Владимир Ильич Ленин» поэмасын которгондугу анын интонациясын, өзгөчө стилин так

www.bizdin.kg

бергендиги акындын котормодо да үзүрлүү эмгегин далилдейт.

Көпчүлүк башка акындардай эле Т. Үмөталиев өзүнүн калеминен жаралган чыгармаларга жоопкерчилик менен мамиле этет. Мезгил агыза мурунку жазгандарына улам кайрылып, айрым кемчил жерлерин оңоп, маанисин тереңдете, тактап жүрүп отурганын текстологиялык багыттан караганда ачык көрүнөт. Ошону менен бирдикте биринчи таасирден эмоционалдуу бүткөн айрым иштери кийинкисинде рационализмге, ыр техникасын билгисине бастырып кеткен учурлар да жок эмес. Акындын эң туңгуч «Ырлар жыйнагында» (1935) «Ырчыда» аттуу кайрылуу бар. Анда автор бул жыйнак адеп калем кармагандагы ырлар экендигин, оркойгон саясий каталары болбосо да, «ыр жазуу методу жана ырдаган элес, көркөмдүк, окшоштуруу жагынан кемчилиги болорун» сезгенин айтат. «Жогоруда айткандай жаңыдаң баштап жазгандагы ырлары болгондуктан, менин талантымдагы өсүш белгилеринин тарыхый маанисин сактоо үчүн аларды ошол бойдон оңдобой жиберип отурамын» дегени бар.

Бул пикир биринчи жыйнагындагы ырларына айтылган утурумдук сөз болгон. Антсе да автор баштапкыларынын маани, жайына тажрыйбасы, чеберчилиги өсүп, кругозору кеңейген сайын кол тийгизип турган.

Акын Темиркул Үмөталиевдин акындык, коомдук көп жактуу ак ниет эмгеги өз мезгилинде жогору бааланып, ал Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз, эки жолу «Ардак белгиси» жана Эл достугу ордендери, Октябрь революциясы ордени, бир нече медалдар менен сыйланган.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Үмөталиев Т.* Чыгармалар жыйнагы. I том. — Ф.: Кыргызмамбас, 1958. 11-бет.

[2] *Жигитов С.* Солдат акын — жоокер ырлар. Баш сөз/Китепте: Үмөталиев Т. Жеңиш маршы. — Ф.: Кыргызстан, 1978. 5-бет.

[3] *Артыкбаев К.* Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. — Ф.: Мектеп, 1982.

www.bizdin.kg

[4] *Горький А. М.* О литературе. — М.: Худ. литература, 1961.

[5] *Даутов К.* Жаңы чектерге: Адабий сын макалалар. — Ф.: Кыргызстан, 1980.

[6] *Үмөталиев Ш.* Эл өстүргөн, элге арналган талант. — Китепте: Адабий сын макалалар/Түзгөн К. Бобулов. — Ф.: Кыргызмамбас, 1960.

[7] Сабахаттин Али. Тегирмен/Сабахаттин А. Кирешелүү үй: Аңгемелер. Которгон Камилов А. — Ф.: Кыргызмамбас, 1958. 184-бет.

[8] *Борбугулов М.* Акын, гражданин, жоокер // Ленинчил жаш. — 1978. — 13-июнь.

[9] *Бобулов К.* Фольклор жана адабият: Адабий сын макалалар, портреттер. — Ф.: Кыргызстан, 1980.

[10] *Кудайбергенов К.* Жыргал турмуш жарчысы. — Ф.: Илим, 1969.

[11] *Щвецова Л.* К. Современная советская поэзия (1950—1970 гг.). — М.: Просвещение, 1984.

[12] *Чотбаева Т.* Темиркул Үмөталиев. — Ф.: Мектеп, 1968.

www.bizdin.kg

## АБДУКАИМОВ УЗАКБАЙ

*(1909—1963)*

У Абдукаимов биринчи адабий тажрыйбаларын кыргыз совет адабиятынын алгачкы мууну менен тең чамалаш эле баштаган. Маселен, жаш автор 1928—1929-жылдарда «Жаңы маданият жолунда» деген журналда «Таң атканда» (№ 6—7), «Бакты жолунда» (№ 8—9 аңгемелерин жарыялайт. Анын үстүнө У. Абдукаимов көркөм адабий ишмерликке 1922—1925-жылдарда Ташкендеги Казак-кыргыз агартуу институтунда, кийин Фрунзедеги педтехникумда окуп, билим жагынан да бир кыйла даярдык менен киришкен. Анткен менен ал өзүнүн накта адабий мурасын жаратуу зарылдыгын кийин сезип, ага элүүнчү жылдардын аяк чегинде гана баш койду.

У. Абдукаимов адабият майданына төл чыгармаларды жаратуу аркылуу келсе да, ал тез эле (айрым бир учурларды эске албаганда) көркөм котормо ишине биротоло берилип кеткендей болду. Мындайча айтканда көркөм адабиятка аралашкандан тартып эле котормо иши У. Абдукаимовдун жазуучулук кесибине айланат.

Мына ушул жагынан алып караганда У Абдукаимовдун жазуучулук өмүр баяны, чыгармачылык жолу башкалардыкына караганда кандайдыр бир өзүнчө айырмалуу кырдаалда өнүктү. Айырмалуу кырдаал дегенибиз эмне?

Жаңыдан калыптанып жаткан жаш жазма адабияттын, анын эң биринчи өкүлдөрүнүн алдында баарынан мурда адабий жанрды, түрдү түшүнүп билүү, аң-сезимдүү өздөштүрүү, ошолордун арасынан өзүнө гана тиешелүү «менчик» үлүштү таба билүү милдети, мындан да жөнөкөйлөштүрүп айталык, реалдуу турмушка мамиле, көркөм ойлонуу, че-

www.bizdin.kg

берчилик маселесин айтпаганда деле, кадыресе сөз менен иштөө, аны жазуу законченемине баш ийдирүү, б. а. жаза билүүнүн өзү эле жаңыдан башталган адабият, анын өкүлдөрү үчүн анчейин кайдыгер маселелерден эмес болчу. Алгачкы муундагы кыргыздын көрүнүктүү жазуучуларынын ар бири мына ушул калыптануу абалынан баштап, өркүндөө дооруна чейинки татаал, машакаттуу жолду басып өттү десек ылайык келет. У. Абдукаимов мына ушул адабий машыгуу, жазуучулук жетилүү процессти төл чыгармаларды жаратууга караганда, котормочулук иштин негизинде өткөрдү. Чыны менен, эгерде анын котормочулук жолун үстүртөн эле байкап көрсөк, бул отуз жылдан ашык чыгармачылык өмүр кандайдыр бир чачкын, кокустук эпизоддордун курулмасы, мозаикасы эмес, өзүнчө бир системалуу түрдө өнүгүп, ырааттуу түрдө татаалданып, баскычтан-баскычка көтөрүлүп отурган көркөм-адабий окуя экени ачык-айкын байкалат. Алсак, У. Абдукаимов кыргызчалаган А. С. Пушкиндин «Балык менен Балыкчы жөнүндө жомок» (1936), «Алтын короз жөнүндө жомок» (1940), «Поп, анын кызматчысы Балда жөнүндө жомок» (1949), Гоголдун «Текшерүүчү» (1937, 1952), Горькийдин «Аңгемелер» (1952), «Душмандар», «Егор Булычев жана башкалар» (1953), «Көрүнгөндүн колунда» (1954), Фадеевдин «Жаш Гвардия» (1954—1958) чыгармалары кыргыз котормосунун тарыхында үлгүлүү, нускалуу салтын жараткан айрыкча көркөм окуялардан болгону талашсыз. Пушкиндин жомоктору менен Гоголдун комедиясынан баштап, Горький менен Фадеевдин прозасына чейинки жол У. Абдукаимов үчүн орус адабиятынын бийик үлгүлөрүн анчейин гана кыргызчалатуу даражасындагы иш болгон жок. Бул жолдо У. Абдукаимов котормо искусствосунда гана сапаттан-сапатка, баскычтан-баскычка көтөрүлүп отурбай, ал ошону менен бирге көркөм адабияттын түпкүрдөгү, тереңдеги «сырларын» таанып-билди, дегеле жазуу машакатынын, сөз менен иштөөнүн «ысык-суугун» баштан кечирди. Анткени, ал котормого дилетанттык, же утурумдук кызыкчылыктардан улам эмес, бул ишке нукура чоң искусствонун бийиктигинен мамиле этти.

Бул эмне деген сөз? Дүйнөлүк зор реалисттик адабияттын үлгүлөрүн байыркы доордон бери негизинен оозеки

www.bizdin.kg

формада өнүгүп келаткан тилде кайрадан жаратып берүү маселесин бир саамга көз алдыга келтирип көрөлү. Жазма адабият өзү жаңыдан «каз туруп», калыптанып жаткан учур. Демек, котормо искусствосу да ошондой эле абалда. Анын үстүнө бул иштин артынан кууп, котормочулукту кесипке айландыргандар анча байкалбайт. К. Тыныстановдун, С. Карачевдин, К. Баялиновдун ж. б. биринчи котормочулук тажрыйбалары анчейин эпизоддук окуялар, ар түрдүү адабий кырдаалдарга байланыштуу келип чыккан зарылдыктай сезилет. Мына ушундай адабий жагдайда У. Абдукаимов котормо ишине бир беткей өтүп кетиши бул адамдын чыгармачылыгын кандайдыр бир башкалардан айырмалап, өзгөчөлүктүн башка жолго түшүп кеткендей окуя болду. Мындайча айтканда, жазма адабият өзү жаңыдан калыптанып жаткан учурда, оозеки тил адабий тилге айлануу процессинде Пушкин менен Гоголдун чыгармаларын которуу иши өзүнүн маданий мааниси жана аткаруу татаалдыгы боюнча ошол жаңы көркөм формацияны жаратып жаткандардын иши менен теңтайлаш, барабар десек туура болот. Оозеки чыгармачылыктын алп кучагынан акырындап бошонуп жаш жазма адабиятты жаратып жаткандар реалисттик сүрөттөөлөрдө же стилдик изденүүлөрдө кандай тоскоолдуктарга, кыйынчылыктарга дуушар келсе, дал ошол сыңары эле, котормочу дагы башка тилдеги көркөмдүк наркты кайрадан жаратуу үчүн өз эне тилиндеги «уйкуда» жаткан мүмкүнчүлүктөрдү жандандырып, кыймыл-аракетке келтирет, түпкүрдөгү тил байлыктарын ачат, б. а. ошондой эле чыгармачылык проблемаларга кездешет. Анткени, котормонун өзү жаңы адабий реалдуулук. Мына ушул жолдо, котормо аркылуу жаңы адабий реалдуулук жаратуу жолунда У. Абдукаимов өзү менен бир катар чыккан адабиятчылардан айырмаланып, жазма адабияттын баскан жолун кошо басып, ашкан ашуудан кошо ашып жүрүп отурду.

Мына ушул жагынан алып караганда У. Абдукаимовдун котормочулук иши, бул кадыресе катардагы өтүп кетчү эпизоддук көрүнүштөрдөн эмес, кыргыз сөз искусствосунун тарыхында котормо маданиятынын башталышын жана реалисттик деңгээлге жетилишин аныктаган өзүнчө бир жаңы көркөмдүк система, окуя болуп эсептелет. Ушундан

www.bizdin.kg

улам У Абдукаимовду кыргыз совет адабиятынын тарыхында реалисттик көркөм котормонун баштоочуларынын жана негиздөөчүлөрүнүн бири десек туура болот.

Отузунчу, кыркынчы жылдарда У Абдукаимов өзүнүн төл чыгармаларын үзүл-кесил жазып жүрдү. Айрыкча отузунчу жылдардын аяк ченинде жазыла баштап, кандайдыр бир себеп менен (чынында, согуш башталып, автордун фронтко кетип калганына байланыштуу болуу керек) бүтпөй калган «Кыздын таалайы» аттуу повесть жазуучунун чыгармачылык изденүүсүндөгү негизги багытты үстүртөн, жалпы сомосунан болсо дагы болжолдоого негиз берет. Бул повесттин үзүндүлөрү «Ала-Тоо» (1939, № 3), «Советтик адабият жана искусство» (1941, № 5) журналында жарык көргөн. Жарыяланган бул эпизоддор боюнча повесттин баш каарманы Малик менен Суксурдун, Капар менен Лайлинин тагдырлары кандай турмуштук жагдайларда чечилерин айтуу кыйын. Ошондой болсо да шаар менен кыштактын ортосундагы жаңы жагдайларды, тагыраак айтканда, шаардан окуп, тарбия алган жаштар менен айылдык жаштардын арасындагы мамилелерди сүрөттөө аракети, көтөргөн проблемасы боюнча да, турмуштун фактурасы боюнча да, ошол кездеги кыргыз прозасы үчүн жаңылыктай сезилет. Автор өзүнүн алдына шаарда окуган жана айылда жашаган кыргыз жаштарынын ортосундагы татаал мамилени, ал турмак психологиялык келишпестиктерди, эски адат менен жаңыдан калыптана баштаган этикалык жол-жоболордун ортосундагы карама-каршылыктарды ачып сүрөттөөнү максат койгон. Маселен, Капар өзүнүн карындашы Суксурду «болуштун үкесинен» сактап калыш үчүн досу Маликти шаарга, окууга кошо ала кетүүсүн суранат. Муну жашырын иштөө керек, эч кимге, ал турмак Суксурдун өзүнө да билгизбей. Ал эми Малик болсо кадимкидей кысталат, кыйналат. Суксурду шаарга алпарып, окууга өткөрүп коюудан эмес, тек гана, жаш кызды өз эркинен тышкары жашырын түрдө, анын үстүнө ата-энесине билгизбей, уруксатсыз алып кетүүнү адепсиздик деп билет. Көрүнүп тургандай, жазуучу сюжет куруудa окуя кубалабайт (Маселен, кызды ала качтырып, «болуштун үкесүн» артынан кубалатып ж. б.), негизги ойду адамдын ички психологиялык абалына, кыр-

www.bizdin.kg

даалга, ситуацияга байланыштуу келип чыккан ички бушайман толгонууларына бурат, жаңы турмуштук шарттарда жарала баштаган каармандын башкаларга болгон көз карашын, мамилесин иликтөөнү биринчи планга чыгарат. Ырас, бул али тереңделген, өркүндөгөн психологизм эмес. Бирок, ошонун алгачкы элементтеринин көрүнүшү. «Кыздын таалайы» повестинде аты аталып, бирок кеңири сүрөттөөгө үлгүрүлбөй калган «болуш», «молдонун» образдары, «болуштун» үйүндө Малик менен Капардын конок болушу, алыстан табышмактуу угулган уйгур овону сыяктуу эпизоддордун сүрөттөлүшү бул повесть бир кыйла эле масштабдуу эпикалык планда ойлонулганына негиз берет. Автор кантсе да Маликтин образы аркылуу шаардык окуу жайларда окуп, тарбия алган адамдын тагдырын көрсөтүүнү максат койгону повесттин жарыяланган эпизоддорунан ачык эле сезилет. Болгондо да, бул адамдын тагдыры кыргыз айылы менен, айылда өткөн окуялар менен бирдикте сүрөттөлмөк окшойт. Мындагы жазуучуну кызыктырган, жүрөгүн өйүгөн проблема шаар менен кыштактын ортосундагы карым-катыш маселеси, бөтөнчө жаңы турмуштун негизинде өзгөрө баштаган шаар менен кыштак адамдарынын мамилеси, салт-санаасы болгон окшойт. Ушул ыңгайда алып караганда «Кыздын таалайы» повести менен «Майдан» романынын ортосунда түздөн-түз ички байланыш байкалат.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында У Абдукаимовдун «Суусамыр окуяларынан» деген чыгармасын «тарыхый очерк» деген жанрдык аныктама менен жарыяланган («Советтик Кыргызстан» журналы, № 7, 1944). Чыгарманын жазылыш деңгээлине жана тематикасы, турмуштук материалына караганда автор бул очеркин отузунчу жылдардын башында эле, болгондо да «Кыздын таалайынан» мурда баштаган болуу керек. Ал эми бул очерктин эмне үчүн өз учурунда эмес, кандай себептер менен кечигип, согуш жылдарында жарыкка чыгып калганы белгисиз.

Автор «Суусамыр окуяларынан» очеркинде 1928-жылы эл арасына саясий-агартуу ишин жүргүзүү үчүн Суусамырга барган атайы экспедиция жөнүндө кабарлайт. Мына ошол экспедициянын мүчөлөрүнүн бири Алымкул деген адам-

www.bizdin.kg

дан уккан окуяны баяндайт. Мында алыскы тоо арасында эски манап Ыскак мурдагысындай эле өкүм сүрүп, өзүнө каршы чыккандардын «көзүн тазалап», жаңы турмушка каршы ар кандай иштерди жүргүзгөндүгү жөнүндө айтылат. Маселен, айылдын жаш активи Жапар чогулган акчаны өкмөткө төгүш үчүн Нарынга жөнөгөндө, артынан Жекшемби, Сыдык дегендерди кошо жөнөтүп, жолдон мыкаачылык менен өлтүртөт. Очерк ушул окуяны сүрөттөйт. Бул очерк, У Абдукаимов өзү белгилеген 1928-жылдардан кийин эле көп узабай жазылган болуу керек. Ага чыгарманын стили жана жазуу ишине али машыга электиги күбө тургандай. Ошондой болсо да бир моментти айтпай кетүүгө болбойт. Автор ушул очеркинде эле шаардык жана айылдык адамдын («Кыздын таалайы» повестиндеги Малик менен Капардай) ортосундагы мамилени атайлап сүрөттөгөнү байкалат. Ушунун өзүнөн У. Абдукаимовду адегенде эле шаар менен айыл адамынын ортосундагы карым-катыш маселеси кызыктыра баштаганы байкалат.

Ошол эле согуш жылдарында У. Абдукаимов «Карындашыма» деген ат менен жаңы повестинен үзүндү жарыялайт («Советтик Кыргызстан» журналы, № 8, 1944). Бул У. Абдукаимовдун жазуучулук табиятын түшүнүү боюнча да, ошондой эле кийинчерээк жаралган «Майдан» романынын көркөмдүк эволюциясын аныктоодо да өзүнчө кызыктуу адабий факт.

Повесттин бул үзүндүсүндө Кадырбек деген кыргыз солдаты фронтто жарадар болуп, Кресты кыштагында дарыланып жатат. Аны Наталия аттуу орус кызы багып, көз салып турат. Мына ушул жөнөкөй орус кызынын фронттогу тагдыры жөнүндө Кадырбек алыскы кыргыз жергесиндеги карындашына кат жазып билдирет. Кат аркылуу Кадырбек согуштун катаал шарттарында калган жаш орус кызынын баатырдык иштерин сүрөттөп, алыскы тылдагы карындашын да ошондой эле кайраттуулукка, чыдамкайлыкка чакырат. Бул үзүндүдөгү Кадырбек, Наталия аттуу персонаждарга, Кресты кыштагы деген жердин наамына караганда «Майдан» романын жазуу максаты ошол эле согуш жылдарында У. Абдукаимовдун оюна келген болуу керек. Дал ушул эле мезгилде жазуучуну өтө суктандырып кызыктырган бир маселе — бул кыргыз

www.bizdin.kg

кызынын образы болгон. Мына ушул «Карындашыма» деген повесттин үзүндүсүндөгү кайраттуулукка чакыруу идеясы ошол эле 1944-жылы жазылган «Карындашыма» деген ырда дагы улантылышы буга ачык-айкын күбө.

...Солдаттыктын оор борчун аткарып,
Тууган элге канат байлап учармын.
Жар-жорого жеңиш даамын таткарып,
Чор колуңдан суусунуңду жутармын.
Мен баргыча он бештеги айчылап,
Өс карындаш, бошотпогун белиңди.
Саамайыңдан мен турармын жай сылап.
Эркелетип, аарчып көз жаш, териңди[1].

У. Абдукаимов «Мен келемин» деген ырда (1944) сүйгөн жардын элесин мындайча сүрөттөйт:

Мен сүйгөн жар түн уйкусуз козголуп,
Муңдуу жүзүн биздин жакка бургандыр.
Көкүрөккө укмуш терең ой толуп,
Суу кирпигин ак булакка жуугандыр.

Өмүрүмдүн гүл азыгы сүйгөн жар,
Бек бол эми таалай даамын татарда,
«Сабыр кылган алтын табат» деген бар,
Мен келемин кадыр түнүң атарда[2].

Көрүнүп тургандай, келтирилген эки ырды жана жогортодо эскертилген повесттен үзүндүнү автор фронтто жүргөндө (сыйкы жарадар болуп, госпиталда жатканда, жазуу мүмкүнчүлүгү боло калганда) жазган. Мында бир маселеге бөтөнчө көңүл бурбай коюуга болбойт. Жазуучуну ойлонтуп тынчын алган, не бир сар-санаага түшүргөн бир мотив, бир идея бул чыгармалардын ар биринин өзөгүн баштан-аяк аралап өтөт. Ал кыргыз кызынын бүгүнкү, эртеңки тагдыры жөнүндөгү ой. Ошол кыздын көз жашы, аккан тери бекер кетпес үчүн кыргыз жоокери өзүнүн солдаттык борчун акыр-аягына чейин аткарууга даяр, качан гана болбосун акыры «кадыр түн» атарда жеңиш менен келерине ал ишенет. Мына ушул «солдаттык борч» жөнүндөгү мотив, идея У. Абдукаимовдун согуш жылдарында тийип-качып жараткан чыгармаларынан, бөтөнчө

www.bizdin.kg

орус тилинде жазылган «Күндөлүгүндө» ачык көрүнөт. Бул — биринчиден. Экинчиден, жогоруда келтирилген ырлардын ой-сезимдүүлүк касиети, ырдык жаралышы, туруш-турпаты, уйкаштыруу системасы, сүрөттөө каражаттарынын айырмалуулугу, дегеле ырдын мазмуну (декларативдүүлүктүн, жалган пафостун, курулай дидактиканын жоктугу) дал ушул согуш жылдарында У. Абдукаимов чыгармачылыктын жаңы кырдаалына, жаңы сапаттык баскычына көтөрүлгөнбү деген ой туудурат. Ошону менен бирге эле ушундай татынакай ыр саптарын жараткан адам (потенциясы бар акын) кийин ыр жазбай койгону, андан кала берсе өзүнүн жалгыз бирден-бир перзенти «Майдан» романына создуктуруп, кечигибирээк киришип калганы өкүндүрбөй койбойт.

«Майдан» «романы жазуучунун өмүр аягында жараткан «перзенти». Бул анын адабий керээзи, бүткүл жашоосундагы чыгармачыл изденүүлөрүнүн жыйынтыгы, чоң таланттын «аккуу ыры».

«Майдан» — көп аспектүү, көп пландуу роман. Мындай сапат окуянын географиялык чөйрөсүнүн масштабдуулугуна, каармандардын көп сандуулугуна гана эмес, ал баарынан мурда адам турмушунун концепциясын, адамдын жан дүйнөсүн ачууга негизделген. Узакбай Абдукаимовдун баяндоосунда колхозчунун жана интеллигенттин, солдаттын жана генералдын, студенттин жана мугалимдин турмушу көз алдыбыздан өтөт. Окуянын татаал түйүндөрү кыштактан шаарга, шаардан алыскы фронтко чейин барат. Кыргыз адабиятында биринчи жолу Москва, Сталинград алдындагы салгылашуулар нукура эпикалык кеңдикте жана реалисттик-психологиялык тереңдикте сүрөттөлөт. Жазуучунун көркөм политрасынан жаралган образдардан тышкары тарыхый адамдардын, көрүнүктүү полководецтердин элеси тартылат.

Мына ушунун баары «Майдан» романынын полифониялык ыргагын жаратат.

Адам турмушунун не бир татаал жактарын, адамдар арасындагы не бир чиеленишкен байланыштарды ачуу романдын негизги максаты экени, анчейин жайбаракат ыргакта жазылган экспозициялык бөлүктө эле байкалат.

Кыдырбек аскердик кадр кызматында жүрүп, айлына

www.bizdin.kg

отпускага келет. Ушул учурдан пайдаланып ал качандыр бир көңүлүнө түшкөн Бермет аттуу кызга жолугуу үчүн жайлоого барат. Бермет — студентка, атасыныкында эс алууда жүрөт.

«Күн көтөрүлүп калган эле. Бермет тышка чыкты.

Жылкычылардын ар кайсы жерге тигилген отор үйлөрүнүн түндүгү алда качан ачылып, алда качан жылкы келип, желеде ийрилип турган экен; аялдар чапандын сыртынан алжапкыч байланып, бээ саап жүрүшөт. Бээ саадырып жүргөн эркектердин, аялдардын үнү, кулундардын кишинегени, карды салаңдаган бээлердин окуранганы эртең менен таза, туптунук абада алда кайда угулуп, ызычуу болуп турат. Шүүдүрүм кургай элек көпкөк шибер күнгө жаркырап, баланын көз жашындай мөлтүрөйт. Алыстагы ак кар жамынган тоолор көк закым тартып, ак буладай түрмөктөшкөн капчыгай, коолордун боору менен жогору өрдөп, тоонун чокуларын көздөй акырын жылып баратат»[3].

Жазуучу шашпайт, жайлоонун көркүнө суктанып, анын кургай элек шүүдүрүмүнө чейин төкпөй-чачпай сүрөттөй берет. Буга караганда биздин көз алдыбыздан кандайдыр бир бейкапар идиллиялык турмуш өтчүдөй сезилет. Романдын эмоциялык доошу да ушундай башталат. Бирок бул — бар болгону иллюзия, жазуучу адамдар психологиясындагы боло турган айыгышкан майданды алдыртан, тымызын «даярдап» жатат.

«Бир жылдан бери жазып жүргөн каттын жообун куун барып эле катуулап киришем, сениби сени! — деп кекенип келген Кыдырбек, кыз сыртын салып сүйлөшпөй койгондон кийин жели чыккан чаначтай болуп шылкыйды да калды. Шаңкайган ак саргыл Бермет баягы Кыдырбек жулмалап, Кыдырбек уруп койчу Бермет эмес эле. Теңсинбегендей чоюлуп, жай басканы, камырап да койбогон кош көңүл мамилеси Кыдырбекти күйгүзүп, денесин суутту».

Келтирилген тексттерде кадимки эле «үй-бүлөлүк» романдын сюжеттик чиеленищ канондору ачык байкалат. Окуя ушул «сүйгөн жигит» менен «сүйбөгөн кыздын» тегерегинде болуп, ошолордун айланасында бүтө турган сыяктуу. Романдын негизин түзө турган конфликт да негизинен ушулардын арасында болуп, ушулардын арасында

www.bizdin.kg

чечилчүдөй Узакбай Абдукаимов үй-бүлөлүк романдын сюжеттик чиелениш салтын аң-сезимдүү түрдө кабыл алат да, өзүнчө өнүктүрөт.

«Майдандын» экспозициясындагы жайбаракат интонация тез эле өзгөрөт. Согуштун башталышы жөнүндөгү кабарды Кыдырбек кайрадан жолдо келатып, бала кезде бирге окуган Сарыгул деген немеден угат да, «Советтер Союзунун башына айбаттуу коркунуч түшкөнүн» туура түшүнүп, дем алышын бүтпөй эле жөнөп кетет.

Мына ошентип, бул согушта совет элдеринин өмүр, өлүм тагдыры жөнүндө сөз боло тургандыгы, романдын негизги идеялык мотиви ушул оор сыноо экендиги ачык боло баштайт. Романист бул идеяны дагы даана, дагы ачык бериш үчүн шаардык Жаманкул Иманалиевдин аскерге жөнөө мезгилин кеңири сүрөттөйт. Бул сценадагы психологиялык кагылыштар интеллигент адамдардын жөн эле курулай чечендиги эмес. Мында азыр жүрүп жаткан согушка карата болгон ар түрдүү адамдардын ар башка мамилелери берилген.

«— Жылуу сөзүңөргө ыракмат,— деди Жаманкул жай гана — бирок көбүңөр митинге болуп жаткансып сүйлөдүңөр (Сүйлөбөй олтургандар күлүп жиберишти, сүйлөгөндөр аларга кошулуп аргасыздан күлүштү). Көбүбүз бул согушту түшүнбөйбүз. Союл менен салгылашып тарап кетчүдөй көрөбүз. Душман Москваны бет алып, жакындап келатат. Алыспыз деп ойлобогула. Душман биздин, Совет өкмөтүнүн, кыргыздын босогосуна кирип келди. Эми босогоңду аттап өтүп, алкымыңдан алганы турат».

Жазуучу сүрөттөп жаткан темасын ар тараптан кеңири камтууга, анын социалдык, философиялык, моралдык маңызын ачууга умтулат. Башкача айтканда, автордун сүрөттөөсү боюнча бул согушта каармандыкка, эрдикке шыктандырган ар бир солдаттын моралдык императиви бийик граждандык аң-сезимдүүлүк болуу керек экендиги биринчи планга көтөрүлөт.

Баяндоонун динамизми укмуштай ылдамдык менен өнүгөт. Окуя кыштактан шаарга, шаардан фронтко көчөт. Согуштун эң оор атмосферасы дароо эле түзүлөт. Драмалык чыйралышы бийик чегине жеткен бул согуш эпизоду мындайча башталат: «1941-жылдын 15-ноябрь күнү таң-

www.bizdin.kg

га маал Москванын тегерегинде токойлор жымжырт болуп, тунжурап, кызыл карагайлардын баштары гана желге акырын ыргалып, кучак жеткис көөдөндөрү акырын кычырап турду. Ак көйнөкчөн келиндей болгон ак кайыңдар, арча, карагайлар жайбаракат теңселип, түнт токой мурунку калыбына келип, мурункусундай магдырап, таң атаркы боз закымга оролуп, жаратылыш жай алып тургандай эле. Токойдун тынчы кеткен канаттуулары, айбанаттары кайтадан тынчып, кайтадан үн алышып, кайтадан эркин учуп-конуп, ээн-эркин чуркап, кайтадан тилге кирип, кайтадан өздөрүнүн дооранын сүрө баштаган эле. Тынчы жок адамдардын шойкуну басылып, дүнүйө өзүнүн тынч бешигине кайтадан жатып, жер кайтадан бейпилчилик, ырыс-таалай, сүйүү, кубанычка батып тургандай болчу.

Жаратылыш мына ушул кубанычты эми гана кайтадан сезип, эми гана кайтадан тириле баштаган учурда жоолашкан эки жак, бири кул кылууга чабуул жасап, бири өз эркиндигин коргоп жаткан эки өлкө, бир аз мезгил тынчышкандан кийин, ушул токойдо кайтадан кан төгүп, кайтадан кармашууга камынып, былк этпей аңдышып, турган чагы болуп, ушул токойдо Москванын тагдыры чечилмекчи болуп жаткан».

Бул орус пейзажы. Москва алдындагы токой пейзажы. Узакбай Абдукаимов бул пластикалык сүрөттү бөтөнчө бир эргүү менен, бөтөнчө бир жүрөктүн күчтүү сезими менен холстка түшүрөт. Айтылбаса да, ал жөнүндө кыңай эскертилбесе да, бул жерде ушул токойдун арасында, адам эмес, ал турмак канаттуулардын ээн-эркин учушуна мүмкүндүн бербеген кулак уккус, көз көргүс кыргын болору даана байкалып турат. Автор кыргыз романдарында сейрек кездеше турган эмоциялык күч менен сулуулук жана ыпластыктын, ак ниеттик жана карасанатайлыктын, өмүр жана өлүмдүн түбөлүк күрөш проблемасын козгойт. Ошентип, орус токою өзүнчө бир, өз алдынча турган образга айланат. Бул пейзаждык сүрөттүн поэтикалык доошу улам барган сайын сюжеттин өзөгүнөн бекем орун алып, романдын идеялык-көркөмдүк пафосун ачыгыраак айкындоодо камертон сыяктуу кызмат аткарат.

Ошентип согуштун каардуу айкырыгы Москва алдын-

www.bizdin.kg

дагы токойдон тээ алыстагы шаарларга, кыштактарга угулду. Элдин башына зор трагедия, зор сыноо түштү. Бул трагедияны, бул сыноону ким кандай көтөрүп, кандай жеңди? Автор проблеманы тайсалдабай, жалтанбай дал ушинтип тикесинен койду.

Согуштун бөтөнчө татаал кырдаалдары ар кимди өз-өз ордуна жайгаштырды. Ошолордун бири — Качике. Ал мурда көпчүлүктүн шартынан байкалбаган, байкалса да, жеке мүнөзүндөгү кээ бир олдоксондугу менен көзгө түшүп, тамашалуу куйкум сөздөргө жем да болуп калчу. Мына эми, согуш башталып, катаал күн башка түшүп турганда «булардын бир арам терин чыгарып, мылтык кармаганды үйрөтүп туруп апарбаса, согушка жетпей эле жолдо...» деп, Жумалы мас шылдың кылып турат. Чыны да ошондой, Качике мылтык кармап, жоого бармак турсун, ушу жашка келгени жеке турмушун жөнгө салалбай жүргөн бир бечара.

Мына ушундай адам азыр аскерге жөнөп жатат. Аны менен кошо кичинекей сары абышканын «түк муруту эми эле карайып» келаткан жаш баласы да баратат. Автор бекеринен бул эки каарманды бир катарга коюп жаткан жери жок. Анын өзүнүн көркөм максаты бар. Абышка эрке өсүп, бошураак чыгып калган баласын көз кырыңды сала жүр деп Качыкеге тапшырып жатат. Арийне, Качыке болсо көптү көргөн, кагылып-согулуп, кабыргасы каткан киши өңдөнүп убадасын берет.

Узакбай Абдукаимов курулай фактыны тиркеп, үстүртөн жондото кайпытып сүрөттөөдөн алыс. Ал каармандын ичикойнуна, жан-дүйнөсүнө сүңгүп кирет. Каарман өз өмүрүнө талдоо жүргүзөт. «Өзүмчү, өзүм? Менде эмненин кайраты? Кишинин эң эле бош, жүдөөсү мен эмеспи? Качан мен кабыргасы каткандык кылып, тыңыраак иштеп, кыйынчылык менен күрөштүм эле? Качан болсо ишимди да иштей албай, турмушумду да куралбай, көчөдө дабдырап жүрчү эмес белем? Качан болсо ишенимди, өзүмдүн таалайымды өткөрүп жиберип, басып жүрүп «асан кайгы!» болчу киши эмес белем? Качан мен атырылып, кайраттуу жүрдүм эле? Качан болсо корунуп, чынымды айтпай (чын айткандан коркуп) баарын ичиме сактап, айыбымды ырбатып, турмуш коркок болуп жүргөн мен эмес белем».

www.bizdin.kg

Бул өзүн-өзү куру бекер ашкерелөө, жалакайланып жектөө эмес. Элдин башына зор мүшкүл түшүп турганда, мекендин таалайына «бычак батып» турганда, мурда ар нерседен дүнүйө капар жүргөн Качыкенин не бир түпкүрдөгү өлүк уйкуда жаткан сезимдери ойгоно баштаган. Ойгоно гана баштаган жок, азыр анын бүт турмушу астынүстүн болуп, өткөн өмүрү ыйкы-тыйкы, майда түйшүктөр менен текке кеткенине жети өмүрү жерге кирип турду. Буга чейин, ушул чукул окуяга чейин Качике өзүнүн жеке турмушунда чече албай жүргөн, чечүүгө кудурети жетпеген бир мүшкүл сыноонун алдында турган эле. Автордун өз сөзү менен айтканда ал мындайча эле: «Түшүнүксүз, кызык тамаша! Ушу сөздү угуп туруп, кылчайбай басып кеткендин ордуна бул аялдын жанынан айланчыктап чыгалбай, бул аял сыйкыр менен арбап койгонсуп, Качике кеталчу эмес.

Бир топ мезгил өткөндөн кийин, кайтадан Качике чымырканып, бел байлап, атайы Чынаркандын уу тилин уккусу келгенсип, сөздү кайтадан баштачу. Кайтадан аябай тил угуп, кайтадан ит укпаган жеме угуп, анан кайтадан бул аялга шыйпаңдап, жуурканын туюк оронуп, тултуюп тескери карап жатып алган аялга өзү жабышып, кайтадан өзү жалынып, өзү кучактачу».

Качике өзүнүн жеке турмушуна түк ыраазы эмес. Ал тагдырдан башканы күткөн, кантсе да өз уясын, өз үйбүлөсүн курам деп ойлоочу. Чынаркан менен болгон мамилесин убактылуу деп сезчү. Бир жагынан Качике бул аялдын куушура кармаган кучагынан бошонууга аракет кылып, тыбырчылай баштаса, экинчи жагынан ал аял каарын төккөндө кайрадан өзү жалбарчу.

Адабий көрүнүштөрдү жайдак тиричилик маанисинде кабыл алганда мындай каармандын кай касиети кимге таң, же аял алып өзүнчө турмуш курбаса, же бирөөнү бекер убара кылбай жолун ачпаса, дешип Качикеге жеме да койсо болот. Эгерде, баягы бир мезгилде, адабиятта өкүм сүргөн «турмуштагыдай эмес» деген формуланы негизге алсак, анда ушундай пикир дурус болор эле. Ал эми турмуштагы чындык менен көркөм чындык эки башка түшүнүк экени белгилүү. Мына ошондуктан Качикенин тагдырына мамиле кылганда ага «турмуштагыдай», «турмуштагыдай эмес»

www.bizdin.kg

деген түшүнүк-схемалардын ченемине салбастан, Узакбай Абдукаимовдун көркөм жаратуусу катарында карашыбыз керек. Мына ушул жагынан алып караганда Качикенин образы, бул кыргыз романындагы чоң көркөмдүк ачылга.

Жогоруда келтирилген текстке караганда Качике эрки жок, бош, пас кишидей көрүнөт. Ал турмак турмушта жолу болбогон «жолсуздардын» тибине да окшойт. Үстүртөн караганда, каржалган адабий жол-жобонун калыбы менен караганда, ошондой. Чынында болсо Качикенин жан дүйнөсү, психологиясы алда канча татаал, терең жана бай.

Автор төмөнкүдөй жазат: «...Мындай учурларда Качике эки Качике боло кала турган: Бир Качике турмушсаак, мындайча айтканда, турмушта алышып, күрөшүп тирүүлүктүн, иштин, чоң максат, чоң идеал, келечектин Качикеси болсо, экинчи Качике, ойго, турмушка басынып андан канчалык аракет кылса да мунун баары куру убарачылык болуп көрүнгөн турмуш чөктү, турмуш коркок Качике болучу».

Автордун Качике жөнүндөгү ойлорунун квинтэссенциясы, концентрациясы ушул. Романда мына ушул эки Качикенин ортосунда тынымсыз, келишпес күрөш жүрөт. Диалектикалык карама-каршылыктагы кошбирдиктүү (двуединый) ушул процесстин жүрүшүндө Качикенин образы ар тараптан ачылат десек болот.

У. Абдукаимовдун көркөмдүк жаңылыгы адамды бир беткей, бир чекиттен эмес, ар түрдүү ракурстан көрүп, анын майда-чүйдө турмуштук көрүнүштөрдөн тартып, өмүр, өлүм жөнүндөгү чоң философиялык ой жүгүртүүлөрүнө чейин төкпөй-чачпай сүрөттөөсүнө негизделген. Бул үчүн автор роман формасына мүнөздүү болгон ар түрдүү ыктарды: көркөм баяндоо, автордук мүнөздөмө, тарыхый хроника, эпистолярдык сүрөттөөлөр, монологдор ж. б. кеңири колдонот. Дал ушул абал, албетте, Качикенин образына да тикеден-тике тиешелүү.

Төмөнкүдөй бир эпизодду алып көрөлү. Бул өзү бир караганда анчалык деле этибар албай турган тиричилик тетиги. Качике бир карт солдат менен котелогун жууп отурса, кош ат чеккен поварлар казандарын алып, келип калышат. Алар Качикеге кайрылып, казандын түбүндөгү боткону кырып ал да, казанды жууп бер дейт. Качике эмне

www.bizdin.kg

дээрин билбей унчукпай туруп калат. Аңгыча болбой тиги карт солдат иштей салат. Качике болсо туура кылдымбы, же куру намыска жеңдирип, жаңылдымбы деген ойдо жүргөндө ушундан көп узабай эле НЗге берилген нан, сухарларын жеп алган солдаттардын жазаланып жатканын көрүп, адамды пас кылып жибере турган ачкөздүк менен тамаксоолуктан кутулуштун өзү адамчылыктын чоң сыймыгы экенин түшүнөт да, ошондой опурталдуу жолго түшүп кетпегенине кубанат.

Романда эпистолярдык форма кеңири колдонулат дедик. Бул автордун манера күткөндүгүнөн эмес, сүрөттөлүп жаткан окуялардын бөтөнчөлүгүнө байланыштуу муктаждык. Эпистолярдык форма романдын көп тармактуу сюжетинде коммуникативдик функцияны аткарат. Маселен, романда Апсамат аттуу дагы бир өзүнчө колориттүү каарман бар. Ал, автордун тили менен айтканда, «алыскы ооруктa». Ал эми Качике болсо фронтто. Мына ушул эки каармандын ортосунда көрүнбөгөн «эрөөл» жүрөт. Ооруктa жатып Апсаматтын аткан «огу», фронтто жүрүп Качикенин аткан «огу» көбүнчө Чынаркандын каттары аркылуу «кароолдорго» тиет. Ал эми бул «таймаш» болсо анчейин гана ички таарынычтан чыккан кайым айтышуу эмес, турмушка карата болгон эки башка мамиленин ортосундагы конфликт эле. Экөө эки башка жакта жүрсө да, романда алар бетме-бет кездешип, кагылышып тургандай иллюзияны түзгөн автордун чеберчилиги — чоң адабий салттын таасын белгиси.

Жазуучу Апсаматтын «мурутунан күлүп», «шампанды ууртап ичкенин» атайлап, бир нече ирет кайталап, ушул белгилер каарманга өтө мүнөздүү экенин баса сүрөттөп жатканы бекеринен эмес. Ушул турмуштук-тиричилик кырдаалдардан улам жанды жыргатып жашоо Апсаматтын идеалы экени көрүнүп турат. Апсаматтын гедонизми Айсалкын менен болгон сценаларда айрыкча ачык байкалат.

Албетте, Апсаматтын гедонизми менен Качикенин аскетизми бул экөөнүн ортосунда кантсе да келишпес узакка созулган «таймаштын» болорун алдын ала белгилейт. Бирок бул экөөнүн ортосунда конфликттин нукура маңызы, саясий-социалдык мааниси алда канча терең ал Мекен алдындагы граждандык, патриоттук милдетти ар башка

www.bizdin.kg

түшүнүүгө байланыштуу. Качике партияга өтүп, «балача жайдаңдап» кубанып келатканда, баягында Апсаматтын ичинен табалап, мурутунан күлүп турганы бекеринен эсине түшпөйт. «Эми мейли, эми мейли, — деп Качике ичинен өзү менен өзү сүйлөшөт,— күн күркүрөп, чагылганы чартылдай берсин, мейли! Мейли бороон согуп, кыян жүрсүн! Мен эми турмушта коркок, алсыз киши эмесмин. Жүрөгүм тоодой болуп, кармашкым, жашагым, өлгүм, ыйлагым, каткырып күлгүм келип турат».

Мына бул учур «эки Качикенин» биринчиси жеңип жаткан учур.

Бирок бул али Качикенин жан дүйнөсүндөгү диаметралдык карама-каршылыктагы кошбирдик процесстин бүткөн жери эмес. Эки Качикенин ортосунда алдыда далай тартыштар, романдын автору мүнөздөгөндөй «ит жыгылыштар» бар. Эгерде Узакбай Абдукаимов каарманды ушул бойдон эле бийиктөө жолу менен алып жүрүп отурса, анда ал кээ бир кыргыз романдарына мүнөздүү болгон штамптан чыгалбаган болор эле.

Автор Качикенин бараткан жолундагы кыйчалыштарды, имерилиштерди жакшы көрөт. Нагыз реалист жазуучунун бийик салтын сактап, (болгондо да чоң адабияттын үлгүсүндөгү) ал каарманга өз оюн жүктөбөйт, мындайча айтканда, Качикени толук өз ыктыярына коёт. Ошондуктан каарман турмуш жөнүндөгү философиясын эркин айтат. Чынаркан анын колунда калган кызы эске түшө калганда Качикенин дүйнө өмүрү астын-үстүн болуп, ага «өлүм жеңил көрүнүп, жашоо кыйын сезилип кетчү». Мындай учурда «эки Качикенин» экинчиси үстөмдүк кылып, анда Качике аракетсиз, кыймылсыз сарсанаага түшүп, автор айткандай, Обломовдун кейпине келет.

Качике деген өзү деги кандай неме, бир эле кишиде эки түрдүү Качикенин болушу мүмкүнбү, бул автордун жасалма, атайын «ушундай болсун», деп, ойдон чыгарылган образы эмеспи? Бул суроого жооп бериш үчүн бир аз чегинүүгө туура келет.

Кыргыз романдарына азыр деле жадатма дидактика, ачыктан-ачык насаат айтуучулук күчтүү. Образдын эстетикалык доминантасы дидактикага, акыл-насааттын белгилүү бир жоболоруна негизделсе, анда иш айкын-ачык:

www.bizdin.kg

кайсы каарман оң кайсы каарман тескери, ал турмак окуя эмне менен башталат, эмне менен бүтөт, белгилүү болуп турат. Мындай каармандар өздөрүнүн катып, селейип калган түрүнөн эч өзгөрүлбөйт да, роман бүткүчө оң каарман болсо жакшы иштерди, терс каарман болсо, тескерисинче, жаман иштерди биринин артынан бирин иштеп жүрүп отурушат. Мында советтик романдардын сонун үлгүлөрүнө мүнөздүү болгон «пластикалык сүрөттөө» касиети жок болот. Пластикалык сүрөттөө предметти ар тараптан толук көрсөтүүнү, окуянын түпкү себептерин терең ачууга, мүнөздүн калыптаныш процесстерин жик-жиги менен ажыратууга тыгыз байланыштуу. Хрестоматиялык бир мисал келтирели. М. Шолоховдун «Тынч Донундагы» Григорий Мелеховдун тагдырынын чечилиши жөнүндө (роман жазылып бүткүчө) ар түрдүү божомолдор айтылган. Бирөөлөр анын согушта өлүп калышын каалашкан. Айрымдар революция тарабына өтсө экен дешкен. Ал эми роман болсо «күтүлбөгөндөй» финал менен аяктады. Чынында бул күтүлбөгөн финал эмес эле, ал каармандын басып өткөн жолунун логикалык жыйынтыгы. Биз буга эч такатсыз ишенебиз, анткени каарманды пластикалык сүрөттөөнүн күчү ушунда.

Дал ушул чоң адабиятка мүнөздүү болгон каарманды ар тараптан пластикалык сүрөттөө ыгы Качикенин образына мүнөздүү. Бир мезгилде элдин эң бошу, мылтык кармаганды билбеген Качикенин фронттогу токтоолугун (чектен чыгып кетпеген эрдик болбосо деле), орус жолдошторуна: Козловго, Сидельниковго ж. б. карата болгон жандили менен берилген мамилесин, чымырканган жоокердик кайратын автор темирдей бекем логика менен ишенимдүү сүрөттөйт. Мына ошондуктан талаа госпиталында жаткандагы Качикенин ой жүгүртүүлөрү, баягы мажирөө Качике эмес, турмуштун не бир татаал кыйчалыштарына туура баа берген көрөгөч Качике, бул жердеги, госпиталдагы көрүнүштүн проекциясынан башка турмушту көрүп, ага өзүнчө жыйынтык чыгарган ойчул Качике. Качике бул жолу анчейин гана талаа госпиталындагы баш-аламандыкка нааразы болуп отурган жок. Анын кыжыры, ачуусу келип отурганынын жөнү башка.

«Ах, китеп, китеп! Канча китеп окудум, канчасынан лазат таптым, канчасынан тузу жок атала ичкендей бол-

www.bizdin.kg

дум... Бара-бара Берлин шаарын алабыз! Бу кимдин ыры эле? А, бир акыныбыздыкы. Албетте, акын Германияда революция чыгып, Берлин жумушчулардын шаары болорун айткан, бирок айтайын дегенин айтпай, Берлин шаарын алабыз! — дегени эмнеси? Турмушка келип, Гитлер Германиядагы революцияны тумчуктуруп басып, Москваны алып коё жаздап отурбайбы? Кана, «жеңе жүрдүк жеңебиздин» натыйжалары кайда? Жеңиш үчүн эмгек, машакат, кан керек турбайбы? Өзү иштеп жаткансып, бирөөлөрдүн эмгеги менен мактаныш уят эмеспи? Элди туула элек уйдун уузу менен оозандырыштын кереги эмне?»

Качике өзү дагы бейкапар, идиллиялык турмушту жакшы көрчү. Ошондуктан анын бапестеп өстүргөн бийик идеалдары, кастарлаган зор тилектери да талаага кетчү. Ага жетиш үчүн азаптуу эмгек, оор машакат керек экенин элес алчу эмес. Мына азыр ал кан төгүп, өлүм менен күрөшүп жаткан учурунда турмушка үстүрт карап, жондото мамиле жасап ыр жазган жердеш акыны менен «сырттан» полемика жасап отурат.

Бул — сырткы коздолгон жалган, жасалма идея менен турмуштун, чындыктын «казанынан кайнап» чыккан нукура идеянын күрөшү. Мына ушул жерде Качикенин мүнөзүндөгү негизги, жетектөөчү белгилердин бири ачыла баштайт. Ал — интеллектуалдуулук. Качикенин дал ушул бөтөнчөлүгүнө байланыштуу образ басымдуу учурда бирөөлөр менен болгон диспутта, жеке ой жүгүртүүлөрдө ачылат. Чынын айтканда анын Чынаркан менен болгон көңүлкош турмушу Качикенин тегерегинде сюжеттик жүрүштүн кыймылына анчейин себепкер окуя.

Качикенин жердеш акыны менен болгон «сырттан» полемикасы жеке «жергиликтүү» маанидеги гана талаш эмес. Анын социалдык диапозону, географиялык масштабы кеңири. Бул анчейин гана көркөм чыгарманын сапаты жөнүндөгү талаш эмес, бул баарынан мурда дүйнөгө карама-каршы көз караштардын турмушка карата болгон бирибири менен келишпес концепциялардын кагылышы.

Качикенин ушул ой жүгүртүүлөрүнөн кийин автор төмөнкү диалогду берет:

«— Что брат, отвоевался?» — деди орой сүйлөп, сөөктүү, эткел, кырктар чамасындагы сары мурутчан солдат, муштөгүн түтөтүп.

www.bizdin.kg

— Нет, только начал,— деди Качике, жатар жерин карап, калтылдап».

Жогоруда келтирилген Качикенин ой жүгүртүүсү менен азыркы диалогду салыштырып көрүп, мындай жыйынтыкка келүүгө болот. Автор каармандын аң-сезиминин, психологиясынын тынымсыз иштешин, диалектикасын изилдеп отурат да, образдын ар тараптан ачылышына аракет кылат. Мына ушундай кырдаалдардын бири Качикенин орус жолдошторго карата болгон байланыштарында түзүлөт.

Достук темасы кыргыз романдарынын негизги идеялык мотивдерин түзөт десек ашыра чаппайбыз. Мейли ал революция жылдарында же азыркы күнгө арналбасын, орус элинин өкүлү катышпаган романды кездештирүү кыйын. Бул турмуш чындыгына негизделген закончепемдүүлүк. Бирок бул маселеде айрым ийгиликтерибиз менен бирге орчундуу мүчүлүштөрүбүз бар экени талашсыз. Мүчүлүш — адабий штампка, схематизмге байланыштуу. Маселен, орус өкүлү көбүнчө «тыштан» (шаардан) келет, ал кадырлуу конок, аткарган кызматы — акыл, насаат айтуу.

Г. Ломидзе өзүнүн «Совет адабиятынын интернационалдык пафосу» деген эмгегинде бул маселе боюнча төмөндөгүдөй жазат: «Жакынга чейин эле эл достугу жөнүндөгү чыгармаларда бир гана түрдүү примитивдүү схема өкүм сүрүп келген. Ал чыгармаларда ар түрдүү элдердин өкүлү тарыхый жана көркөм чындыктын талабы менен эмес, алдын-ала берилген идеяны аткаруучу катарында катышчу. Мындай өкүлдү көркөм чыгарманын өзөгүнөн алып таштоого да опоңой эле. Ал окуяга органикалык түрдө катышчу да эмес, эмоциялык энергиясы, кумарлануусу жок болгондуктан, жансыз бирдеме болчу. Ал мындайча айтканда «аз кандуулук» менен сабыркачу. Чечилбеген маселелер жөнүндө ойлонуп, аракеттенүүнүн, издеп табуунун, жеңүүнүн ордуна ал курулай үйрөтчү, ар ким билген чындык жөнүндө акылмандык кылчу»[4].

Ошентип, интернационалдык темада жазылган чыгармаларда бир tууган элдердин өкүлдөрүнүн сүрөттөлүшү белгилүү бир идеяны кайдыгер декларациялоо үчүн эмес, көрсөтүлүп жаткан окуянын тарыхый жана көркөмдүк

www.bizdin.kg

зарылдыгынан келип чыгуу керек. Ушул аспектиде алып караганда У Абдукаимов достук темасын сүрөттөөдө кыргыз адабиятында кескин бурулуш жасады.

Мейли ал мончодо иштеген аялбы, мейли ал солдатпы, мейли ал атактуу генералбы, айтор ким болсо дагы ар кимисинин өз турмушу, кубанычы бар. Романда орус, азербайжан, казак ж. б. улуттардын өкүлдөрү катышат. Алардын ар бирине токтолуп отурууга мүмкүнчүлүк жок болгондуктан, сөз арасында айта кетчү бир гана учур: алардын кимиси гана болбосун сюжетке табигый түрдө кирет. Бул жерде интернационалдык темага атайын кайрылып жатканыбыздын себеби Качикенин образына байланыштуу. Ал согушта биринчи жолу жарадар болгондо мындай жыйынтыкка келет: «Кызык — деди ичинен Качике, ок жаап турганда өз башын ойлобой, бирөөнүн камын көргөн кишилерге таң калып, — кызык! Бул эмне деген жигердүүлүк, эмне деген асыл сапаттуулук! Адамдагы асыл касиетке теңеше турган эчтеме жок экен го? О, биздин кишилер, биздин асыл кишилер! Ушундай жашап, ушундай ишти иштеп, ушинтип өлөт экен го!...»

Качике азыр Козлов, Сидельниковдор жөнүндө айтып жатат. Качикенин интернационализми кан-жаны менен бирге бүткөн. Ошондуктан ал адамдын аттарын атабайт, бөлүп-жарбайт, «биздин кишилер» дейт. Мааниге толук, сыйымдуу сөз! Достук жөнүндө куру кыйкырык, декларациялардын миңине бергис сөз. Чынында да достук деп эле үндү бийик чыгарып, ыгы келсе да, келбесе да, ал жөнүндө пафос менен узун сабак сөздөрдү каарманга таңуулагандан көрө, каарманды табигый өз жайына коюп, анын адамдарга, жаратылышка болгон мамилесин сүрөттөсө канчалык эффектүү да, салмактуу да! Маселен, Качике Урал жерин көрүп мындай кыялга келет: «Буурул түн! Сонун эле түнсүң да!.. Карачы, мунарык тартып закымдап, айбанаттан башка жан аралай элек токойлору жатат. Оролдун шамалсыз мемиреген тыптынч чактары! Булбулдары сайрайт, жок, бул биз жактагы мен уккан булбулдун үнү эмес, мен часовой болуп, буурул түн атып турганда көргөмүн, бул мен көргөн булбул эмес, бул булбул таранчыга окшош, бирок канаттарында тоо чымчыктын түрү бар кичинекей чымчык. Ушул чымчык түн бою сайрайт да

www.bizdin.kg

турат. Сайраганда да канаттары азыраак дирилдеп, өзү да өз шыгына берилип, бүт дирилдеп, үрпөйүп кетет. Чөптөрүчү! Качан болсо жашаң бетеге белден буралган тулаң. Не деген сонун жер!..» Бул пейзаждын эмоционалдык доошунда патетика бар. Ал түшүнүктүү. Автор табияттын көрүнүшүн Качикенин кабыл алуусу менен берип жатат. Каарман жаратылыштын ушул сулуу көрүнүштөрүнө карата болгон буурakандаган сезимин бүт төгүп жатат. Мына ушул жерде пейзаждык образ өзүнүн жекече маанисинен жалпылоочу, синтетикалык маанисине өтөт. Буурул түн, чымчык, тулаң чөп анчейин экзотика, анчейин кооздук эмес, ал Качике үчүн эң кымбат, эң асыл, эң касиеттүү, эң ыйык көрүнүш. Уралдын табиятына карата болгон каармандын сүйүүсүн берүү үчүн мындан артык, мындан кооз сөздүн кереги жок. Каарманды жондотуп, бир беткей мактабай, анын сезимдерин, жан дүйнөсүн «ичтен аңтарып» көрсөтүү, ага психологиялык талдоо жүргүзүүнүн күчү ушунда.

Жогоруда белгилегендей, каарманга психологиялык талдоо жүргүзүүдө, анын жан дүйнөсүнүн диалектикасын ачууда ички монолог эң кылдат жана эң ийкемдүү инструменттин кызматын аткарат. Ички монологду түзүүдө Узакбай Абдукаимов анын ар түрдүү стилистикалык вариацияларын колдонот. Автор кээде ички монологду каармандын түздөн-түз өз сөзү менен берет. Бул ыкты колдоно берүү стилдик бир өңчөйлүктү түзөөр эле. Ошондуктан жазуучу каармандын речинин интонациясын, ыргагын, лексикалык бөтөнчөлүктөрүн өздөштүрөт да, өз сөзү аркылуу персонаждын монологун романга киргизет. Мындай учурда каарман менен автордун ортосундагы дистанция жоюлат да, автордук речь — түздөн-түз каармандын ички монологуна айланат. Айрыкча мындай учурлар каармандын тагдырындагы бурулуш этаптарда, анын нравалык жана интеллуктуалдык изденүүлөрүнүн чечүүчү кырдаалдарында кездешет.

Ачык мисал катарында Качикенин өлүм жөнүндөгү философиясын келтирсе болот. Качике чынында да өлүм жөнүндө көп ойлонот. Бирок анын ой жүгүртүүлөрү реалдуу турмуштан ажыраган кандайдыр бир сентименталдуу элегия эмес, ал өзүнүн тагдырына, турмушуна тыгыз байланыштуу жеке көз карашы, философиясы. Качике өлүмдү

www.bizdin.kg

эки түргө бөлөт: ит өлүм, аскер өлүм. Анын корккону биринчиси. Анткени, турмуштун не бир кыстоолоруна кайрат кылып кармашпай, намыс жоготуп эптеп баш калкалап өмүрдөн өтүп кетсе, бул Качикенин түшүнүгүндө ит өлүм. Качике үчүн мындан арсыз, мындан жек көрүндү эч нерсе жок.

Романдын көркөмдүк сыйымдуулугу согуш чындыгын ар тараптан толук жана кеңири сүрөттөөгө байланыштуу. Автор жеке турмушунда «жолу болбогон» Качикенин тагдырын гана сүрөттөп чектелбестен, адамдык жеке таалайына караганда анын коомдук таалайы алда канча бийик, жогору экенин көрсөтөт. Ушундан улам Качикенин образы романдын финалында Мекендин, элдин алдында өзүнүн бүткүл жоопкерчилигин сезген советтик жоокердин типтүү образы болуп чыга келет.

«Майдан» романынын сюжеттик өнүгүшүндө Кыдырбек менен Берметтин, Апсамат менен Мырзабектин, Саадат менен Чынаркандын образдары орчундуу мааниге ээ. Бул образдарды ачууда автор иликтөө пафосун көбүнчө адамдын ички ой-толгонууларына, турмуштук кыжаалаттарына көңүл бурат. Бир беткей мактаган же каралаган схемалуулуктан, статистикалык баяндамалардан качат, натыйжада ар бир каарман өзүнүн гана жекече адамдык касиетсанаты, бөтөнчөлүгү менен бөлүнүп чыга келет.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарындагы совет элинин каармандык эмгегин, фронттогу баатырлык иштерин реалисттик дем менен сүрөттөө жагынан, адамдардын жан дүйнөсүн ичкериден тереңдеген психологиялык чыңалуу менен ача билүү жагынан, стилдик жаңы курулмалары жагынан «Майдан» романы кыргыз прозасындагы Айтматовдук жаңы багытты өзүнчө улаган жана бекемдеген новаторлук чыгармалардын катарына келип кошулду.

Ондогон чыгармалар менен адабият тарыхына из калтырбай өтүп кеткендер болот. Бир эле чыгарма менен атактуу Грибоедовго окшоп өлбөс-өчпөс көркөм нарк жаратып кеткендер кездешет. Кыргыз совет адабиятында У Абдукаимов ушундай окуялардын катарында турат. Ал эми анын котормочулук иши болсо, ушул «чоң искусствону» биринчи баштагандардын жана негиздегендердин деңгээли менен өлчөнөрү талашсыз чындык.

www.bizdin.kg

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

Ала-Тоо. — 1960. № 5.

[2] Өрт күйгөн жылдар. — Фрунзе: Кыргызстан, 1975.

[3] *Абдукаимов У.* Майдан. — Фрунзе, 1966. 5-бет.

[4] *Ломидзе Г.* Интернациональный пафос советской литературы. — М., 1967. 45-бет.

www.bizdin.kg

## ТУРУСБЕКОВ ЖУСУП

*(1910—1943)*

Ж. Турусбеков жөнүндө сөз болгондо аны менен өз учурунда кыргыз көркөм маданиятын түптөөнүн азаптуу татаал түйшүгүн бирге тартышкан замандаш калемдештери акындын кезегинде сүрөткер катары абыдан бышык, чыгаан, а түгүл алдыга ат чабымдай озо чыккандыгын бир ооздон белгилешет. Мунун чындык экенин 20—30-жылдардын адабиятына салыштырмалуу караганда акындын чыгармаларынын өзү да ырастап турат. Бул өзгөчө жагдайды адабият таануу илими да айныбай моюнга алат:

«Тарыхый көз караш менен караганда, Турусбеков кыргыз адабиятынын өнүгүш тарыхындагы аномальный поэтикалык фигура катары көрүнүшү мүмкүн, анткени, отузунчу жылдардын биринчи жарымындагы жаңыдан торолгон кыргыз адабиятынын фонунда анын поэзиясы өз алдынчалыгы, салыштырмалуу бийик даражадагы профессионалдык деңгээли, айкын новатордук белгилери менен кашкайып кескин бөлүнүп турат» (С. Жигитов).

Суроо туулат. Бирдей эле чөйрөдө, бирдей эле элеттик шартта туруп өзү менен жанаша бараткан курбалдаш калемдештеринен Ж. Турусбеков адабий-интеллуктуалдык өнүгүшү жагынан кандайча алдыга озуп кетүүгө үлгүрдү? Ж. Турусбековдун феномени жайынча гана констатациялап коюу эмес, өзүн кандай турмуштук-тарыхый, биографиялык, маданий-эстетикалык факторлор шарттагандыгын түшүндүрүүнү талап кылат.

Ж. Турусбеков адабиятта «акыл азуусунун» эртелеп чыгышына көп жагынан өзүнүн адамдык тагдырына, пенделик үлүшүнө туш келген турмуштук-тарыхый өзгөчө

www.bizdin.kg

жагдайларга милдеткер десек жаңылышпайбыз. Акындын балалык чагы көл өрөөнүндөгү ири маданий борбор — Каракол шаары менен тыгыз байланышкан. Жусуп Караколго биринчи жолу 1918-жылы 8 жашында ачарчылыктын айынан ата-энеси менен келип туруп калат. Жыл айланбай атасы менен апасы ушул жерде каза болот. Калаада тентип калган баланы жек-жааттары издеп келип алып кетет. 1921-жылы Жусуп кайрадан ушул шаарда ачылган жетим балдар үйүнө келип кирет. Ушундан баштап, 1928-жылы Фрунзеге келгенге чейин, Жусуптун өмүрү ушул шаарда жана анын жака-белинде өтөт. Адамдын рухий жактан калыптанышында, өсүп-өнүгүшүндө тикеден-тике курчап турган чөйрөнүн ойной турган ролу зор экендигин социологдор баса белгилешет. Каракол шаары илгертен алыскы тоо арасындагы орус цивилизациясынын очогу катары жашап келгендиги белгилүү. Каракол шаарынын башка элет чөлкөмдөрүнө караганда кыйла бийик чыңалган рухий-маданий атмосферасы Жусуптун жалпы рухий саламатчылыгына, анын көмүскөдө бугуп жаткан интеллектисинин акырындап чукуранып ойгонушуна, аң-сезиминин эртелеп активдеше башташына өзүнүн жагымдуу таасирин тийгизбей койгон эмес. Кезинде ошол жетим балдар үйүндө тарбияланган А. Аралбаевдин эскерип жазганына караганда андагы кыргыз балдар негизинен татар тилиндеги китептерди, Тукай баш болгон татар жазуучуларынын чыгармаларын окушчу экен. Демек, мындай болгон соң татар китептерин, татар калемгерлерин Жусуп да жармашып окуган деп айтышка негиз бар. Кийин балдар интернаты Түптөгү монастырга көчүп, техникумга айланганда жаштардын окуучулук кызыкчылыктары кыйла кеңейген. Техникумдун балдары, анын ичинде Жусуп да «көбүнчө казак тилинде чыккан, орус тилинен которулган китептерди окуй турган...»[2]. Түрк тилиндеги алдыңкы көркөм маданияттардын, өскүлөң көркөм өнөрлөрдүн үлгүлөрү менен бетме-бет таанышуу жаш Жусуптун рухий ой чабытын кеңейтип, адабий кругозорун өстүрүп, көркөм табиттин бир тууган фольклордон бөтөнчөлөнгөн профессионал адабияттын нугун көздөй бурган. Акындын эң алгачкы ыры «Ленин жолунун», казак акыны Сакен Сейфуллиндин «Советстан» поэмасынын ыр түзүлүш формасы менен жазылышы бекеринен эмес.

www.bizdin.kg

1924-жылы биринчи жолу Жусуп менен Түптөгү монастырдан таанышып, бирге окуп калган Мукамбет Дөгдүровдун күбөлөгөнүнө караганда ошондо эле Жусуп орусча китептерди көп окууга аракеттенип, орус тилин ага караганда жакшы түшүнчү экен. Түптөгү айыл чарба техникумунда окуп жүргөн кезинде Жусуптун адабиятка болгон кызыгуусу чындап ойгонот. Жусуп бул жерде өзүнчө эле бир адабий чөйрөгө туш болгондой болот. Техникумда кийин кыргыз маданиятынын таанымал ишмерлеринен болуп калган, ошо кездеги жаш акын Мукай Элебаев, Молдогазы Токобаев, Мукамбет Дөгдүров, Шейше Орозов сыяктуу искусствого талпынган жаш таланттар менен бирге жашап, окушу ансыз да көркөм сөзгө шыктуу Жусупту адабиятка күчтүүрөөк талаптантат. Алгачкы ырлары техникумдун кереге гезитине жарыяланат. Жусуптун адабиятка болгон шыгынын тутанышына техникумда уюштурган драмалык ийрим өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Ийримдин катышуучулары өздөрү даярдаган спектаклдерин кээде Караколго чейин келип көрсөтүп турушкан (кыздардын ролун Мукай Элебаев аткарчу экен)[3]. Көркөм өнөргө таңсык жаш Жусуп ийримге активдүү катышып, а түгүл роль аткарышы да ажеп эмес. Драмалык ийримге жогоруда белгилегендей Казандын ыр китептери чыккан Фарид Ибрагимов аттуу татар акыны жетекчилик кылган. Адабиятка көзү ачылып калган мындай тажрыйбалуу, билимдүү адам менен тикеден-тике ымалада болуу Жусуптун адабий көз караштарынын түптөлүшүндө чоң роль ойногон болуу керек.

Мына ошентип, Жусуп 1928-жылы Фрунзеге келгенге чейин эле кыйла эле даражада рухий-интеллектуалдык, адабий-көркөмдүк даярдыктан өтүүгө үлгүргөн. Алыскы Көл өрөөнүндө жүрүп, өз киндигин өзү кесип, өзүн өзү бүлөп, көмүскөдө жетиле берген. Казак, татар, орус адабиятынын үлгүлөрү менен эртелеп таанышуунун натыйжасында жазма адабият жөнүндө кадимкидей профессионалдык түшүнүктөргө ээ болуп калган. Кыскасы, Жусуптун куракташ калемдештери 20-жылдардын аягында Фрунзеге келип профессионал сөз өнөрүнүн алиппесин ушул жерден тааный баштаса, Жусуп буга чейин эле адабияттын арифметикасынан кабардар болуп, борборго кадимкидей

www.bizdin.kg

адабий «текөөрү» чыгып, турмуштук жактан да, адабий жактан да тотугуп келген. Бекеринен акындын 1929-жылдын январь айында «Жаңы маданият жолунда» журналына жарыяланган «Ленин жолу» аттуу биринчи ыр (биринчи деп жарыялангандыгы боюнча айтылып жатат) өзүнүн «идеялык тактыгы, чулугу, ыр техникасынын, адабий маданиятынын жогорулугу» (Аалы Токомбаев) менен адабий чөйрөдө уу-дууну пайда кылган эмес.

Жаш акындын Фрунзеге келип адабий-маданий чөйрөгө аралашышы менен анын көркөм аң-сезими ого бетер активдешет. Өзгөчө алды жакта эскертилгендей Жусуптун 1929—1932-жылдарда Россиядагы Тверь шаарына барып окуп калышы акындын адабий тагдырында чечүүчү роль ойногон. Орус чөйрөсү Жусуптун рухий-интеллектуалдык, маданий-эстетикалык, тилдик өнүгүшүн чындап тездетүү жагынан өзүнчө эле бир катализатордун кызматын аткарган. Ушул жерден ал орустун классикалык адабияты жана советтик акын, жазуучулардын чыгармалары менен тереңдеп таанышат. «Жаш жигиттин алдында жаңы горизонттор ачылды,— деп жазат Өмүркул Жакишев,— Тверде ал Пушкинди, Лермонтовду, Некрасовду кызыгып окуйт. Бирок аны А. Жаров, И. Уткин, Д. Алтаузен, А. Безыменский сыяктуу ошо кездеги комсомол акындарынын чыгармачылыгы андан бетер кызыктырат». Ж. Турусбековдун 30-жылдардын башында орус адабиятын канчалык даражада өздөштүргөндүгү, аны менен канчалык сырдаштыгы жана ага канчалык берилгендиги калемдештеринин эскерүүлөрүнөн эң даана көрүнөт. Түгөлбай Сыдыкбеков мындай деп эскерет: «Ал мага же Тукайдан, же Пушкинден, же Лермонтовдон, же Байрондон, же Есенинден бир сабак-жарым сабак айтып, менин көңүлүмдү поэзияга бургандай болчу. Айрыкча ал Есенин жөнүндө кеп кылганда толкундап, кызып, өзү да саал жашый түшүп, анан: «Акын деген ушул эмеспи!» деп, анын «Аялга катын», «Энесинин катын», «Жооп катын» кеп салып, кээки саптарын жат айтып жиберет. Ал тургай Есениндин «Эненин каты» деген ырын көчүрүп алып, аны алда нече бүктөп, жыртылганча чөнтөгүнө сактап жүргөнү эсимде»[4].

«Жыйырма төрт жашка жаңыдан толгон, орто бойлуу, бети тегерек келген, мурду барпайыңкы, көзү бакыракай

www.bizdin.kg

жаш Жусуп али көз алдымда. Эки сөзүнүн бири — ыр. Маяковский, Блок, Куприн. Чыгарманын, ырдын көркөмдүгү менен бирге идеялык мазмуну да күчтүү, жогору болушу жөнүндө сөз козгойт. Жусуп: — «Көтөрүлгөн дың» романында пролетардык идея, тап күрөшү кандай күчтүү. Пролетардык жазуучулар Горькийдин, Маяковскийдин, Фурмановдун, Островскийдин чыгармалары жогорку көркөмдүгү менен бирге, пролетардык идея, тап күрөшү ташка тамга баскандай көрсөтүлгөндүгү менен кадырлуу. Колдон келсе Горькийдей, Маяковскийдей жазсаң кана!»

Жусуптун орус адабиятын кеңири билгендиги бул тышкы маалыматтын деңгээлиндеги гана иш болгон эмес. Жусуптун бөтөн көркөм тажрыйбаны кабылдоосунун олуттуулугун, тереңдигин Пушкиндин «Таш конок» трагедиясынын котормосу жакшы далилдеп турат. Ж. Турусбековдун аталган классикалык чыгарманы гениалдуу орус акынынын Дон Гуан, Дона Анна жана Командордун образдарын сиңирген поэтикалык учкул ойлорун, трагикалык маани-маңызды, күчтүү адамдык кумарлардын, тагдырлардын драмасын, көмүскөдөгү подтекстти жаза чаппай жеткире баамдап, түп нусканын идеялык көркөмдүк байлыгын коротпой, поэтикалык ажарын бузбай жогорку чеберчиликте которо алышы акындын кезегинде көркөм чыгармалардын эстетикалык сырларынын түпкүрлөрүнө чөгө билгендигин, классикалык көркөм мүлктөрдү терең түшүнүп кабыл ала билгендигин тастыктайт.

Кыскасын айтканда, орустун алдыңкы көркөм маданияты менен болгон мамиленин активдүүлүгү, тереңдиги Ж. Турусбековду өсүүнүн жаңы баскычына тезирээк алып чыккан, кабылдоо, көркөм ойлоо аппаратынын, поэтикалык туюнтуу, принциптеринин сапаттык жаңыланышына, сүрөткердик аң-сезиминин индивидуалдашышына, чыгармачылык ишмерликке болгон мамилени чукулунан өзгөрүшүнө, олутташышына алып келген.

Эгер акындын, кыргызча айтканда, тукумуна карасаң, Жусуп өз атасынын тубаса акыл зээнин, ойчулдугун мурастап алган сыяктуу. Акындын өзүнүн күбөлөгөнүнө караганда атасы Турусбек дайыма түнөрүп ойлонуп жүргөн ойчул адам болгон экен. «Атам ойчул, ар убакыт кабагын ачуучу эмес»[6] — деп жазат акын. Жусуп өзү да ойлонсо

www.bizdin.kg

ичинен терең дайрадай көөлгүп турган салмактуу, залкар инсан болгон. Акын 1932-жылы жазган «Мен» деген бир ырында өзү жөнүндө өзү минтип сыр ачат: «Мен жабыксам, ташыркаймын, мөгдөймүн... Кыялдансам: түбү терең көлдөймүн. Көңүлүмө ээрчип алып муңкансам. Калың токой, кара туман өрдөймүн». Жусуптун заадисинде жаткан мына ушундай тубаса акыл уюткусу эртелеп эле кыймылга келе баштаган. Мына ушинтип, Жусуптун акылынын тубаса чулулугу, табигый өткүрлүгү анын акын жана гражданин катары тез такшалышына, көркөм өнөрдүн түйүндүү мерчемдерин курч, бат аныктап, өз учурунун бийиктигине төтөлөп чыгып келишине чечүүчү себеп болгон.

Жусуп Турусбековдун «Ленин жолу» аттуу ыры (1927) өзүнүн биринчи саамалык ыр экендигине карабастан ошол кездеги кыргыз адабияты үчүн кадимки адабий окуяга жана поэтикалык ачылышка барабар болгон.

Ыр улуттук кыртыштагы поэтикалык салт үчүн мүнөздүү болбогон жаңыча ритмикалык-интонациялык курулушу, башкача поэтикалык синтаксиси, шаңдуу жана ишенимдүү чыккан оратордук-публицистикалык пафосу, лирикалык каармандын мурда болуп көрбөгөндөй жаңыча дүйнө туюусу, көз карашы, ишеними менен көңүлдү бурат.

Жусуп совет бийлигинин, социализмдин Ала-Тоо аймагында түзүп, жаратып жаткан жаңылыктарынын, баштап жаткан саамалыктарынын ар бирине маңдайы жарыла сүйүнүп, алардын өз элинин тагдыры, келечеги үчүн маанисин терең туюнуп, барбалаңдап алакан чаап, тебетейин көккө ыргытып турган. Ал жүргөн элеп-желеп кылган, көкүрөгүнө мелт-калт толгон сүйүнүчкө чыдай албай, айтпай кое албагандыгынан, жазбай кое албагандыгынан колуна калем алган. Акындын жазган ырлары жайынча гана адабий чыгарма катарында эмес, тескерисинче, ал ырлар Жусуптун кан-тамырынын удургуган ташкыны, чолок жаш аралашкан кубанычы, чырылдап турган чындыгы, кыйкырып айткан жардыгы, чакырыгы. Мына ошон үчүн акындын лирикалык өзүнүн эмоциялык өткүрлүгү, чынчылдыгы, сырчылдыгы, тикелиги менен окуучуларды дароо арбап алат. Мына ушундай таасирдүү, курч, өткүр жазылган ырларынын бири — Ала-Тоодогу ар бир кыргызга аттын кашкасындай таанымал болгон атактуу «УК,

www.bizdin.kg

ЖЕР ЖҮЗҮ!». Бул ырды саясий-граждандык лириканын жогорку үлгүсү десек болот. 20—30-жылдарда кыргыз поэзиясында саясий-граждандык темада көп эле ырлар жаралган. Бирок алардын ичинен «УК, ЖЕР ЖҮЗҮНДӨЙ» калк ичинде ылакапка айланып, калган чыгармалар чанда. Ырдын композициялык структурасынын негизинде жаткан көркөм антитеза, эски менен жаңынын жарыша жүргөн сызыгы поэтикалык монологко чыңалууну киргизип, Кыргызстандагы улуу төңкөрүштүн социалдык-саясий маанисин ачууга шыпаа болгон. Мисалы, башка жакта, кээ бир жерлерде, кээ бир сүрөткерлер тарабынан шектенүү, кооптонуу менен кабыл алынган техниканын күркүрөп кирип келаткан арымын (маселен, Сергей Есениндин орус деревнясына техниканын келишине патриархалдык бейпил дүйнөгө темирдин кысым жасай башташы катары карап, ичинен кайышканы сыяктуу) Жусуп оюна эч бир жаман нерсе албай баладай кубанып таңыркап, моокуму канбай, кумары тарабай тамшанып кабыл алган. Ал катуу сүйүнүп туруп, бир тууган жергеге салынып жаткан темир жолдорду, курулган завод, фабрикаларды Ала-Тоонун бооруна түшкөн «жаңы сайма» деп эң бир бөпөлөө менен салыштырып атаган.

Паровоз өтүп жатат убап-чубап,
Тиктесең чамаң келбей көзүң тунат.
Башкабы, айтчы курбум, айтчы деги,
Темир жол сайма эмей эмне турат.
Бул гудок Ала-Тоонун жаңы үнү
Жаңы үнү, жаңы туулган айы, күнү!

*(«Жаңы сайма»)*

Жусуптун ушинтип ырдабай, минтип айтпай, атабай коюшка чамасы да келбейт эле. Анан калса ойлоп көрөлүчү, кечээки патриархалдык көчмөнгө дегеле кулак угуп, көз көрбөгөн, түшкө да кирбеген илим-билим кереметтерине капыстан бет келүү, а түгүл жомокто гана жашаган (мисалы, учуучу килем) нерсенин көз көрүнөө чынга айланып (мисалы, аэроплан) отурушуна кара чечекейин жайнатып күбө болуп отуруунун өзү жөнөкөй нерсеби? Ал эми ушундай пенде акылынан жаралган укмуштардын Ала-Тоо журтунун энчисине өтүп, карапайым адамдардын бактысы үчүн

www.bizdin.kg

кызмат кылып жаткандыгын көрүү деги эмне деген кеп? Жазуучу Саткын Сасыкбаевдин төмөнкү эскерүүсүн Жусуптун илим-техниканын күчүнөн бүткөн жаңылыктар менен кездешкендеги эмоционалдык-психологиялык абалынан ачык кабар берген жандуу тарыхый документ катары карасак болот. 30-жылдардын башында Кара-Балтада биринчи Кант заводунун ачылышына барган Жусупту жазуучу мындайча сүрөттөйт: «Завод аймагына темир жол линиясы аркылуу бет алдык. Бийик жарга көтөрүлгөнүбүздө Жусуп кубангандай кыйкырып жиберди:

— Э, ээй! Мына сонун көрүнүш, сонун көрк! Ала-Тоого жакын бийик морлору көкөлөгөн чоң завод! Жап-жаңы көзгө илешпей айланып иштеп жаткан кызыл, көк, сары, жашыл сырлары жалтылдаган станокторду көргөндө Жусуп алда кандай болуп эргиген:

— Ушул машиналар да кишинин акылы менен жасалды да! Ай киши, киши!»

Мына ушинтип, Ала-Тоо койнуна баш багып кирип жаткан илим-техника жөрөлгөлөрүн барбалаңдап каршы алып, буларды жан-дили менен асыл мүлк, ажайып кенч деп ишенгендигинен улам чын ыкласынан делбирттеп:

Сүрөттө, ушулардын жолунда бол,
Төк сырды, жаш каламым жолдон тайба!—

деп жазып жатат экен. Акындын илим-техниканын жаңылыктарына багышталган ырларынан анын дал ушундай жан алы калбай барбалаңдап сүйүнгөн кебетесин көрүп турабыз.

Жусуптун Кыргызстандын кыштактарындагы кайнаган күрдөөлдүү эмгек жөнүндөгү ырлары 30-жылдардагы кыргыз поэзиясынын кайталангыс барактарынан десек жаңылышпайбыз. Ар бир мезгилдин, ар бир муундун өзүнүн алдейлеген обону, кастарлаган ыры болот. Эгерде Улуу Ата Мекендик согуш учурунда жалпы совет эли үчүн мындай ыр атактуу «Катюша» болсо, 30-жылдарда бүтүндөй кыргыз журтунун созгон ыры Ж. Турусбековдун «Кызыл жоолукчаны» болгон. Ушул атактуу ырга катарлаш турган акындын «Быйылкы жаз», «Биздин кыздар», «Ак алтын өлкөсү», «Пахта сыры», «Иниме кат», «Комсомолка», «Жаштар», «Терим күүсү», «Тракторчунун

www.bizdin.kg

ыры» аттуу ырлары азыр да өзүнүн көркөмдүк сынын кетирбей турат. Бул поэтикалык чыгармалардан башы азат болуп, социалдык адилеттүүлүккө жете албай, алды жагына эргип караган кыргыз адамынын жарык маанай, шыңкылдаган күлкүсү, жаңы турмушту курууга шымалана киришкен чечкиндүү кебетеси, күжүлдөгөн демилгеси, талаалардагы кызуу бака-шака сүрөткө тарткандай ачык көрүнөт. Жусуптун техника, эмгек темасындагы ырлары 30-жылдардагы тоолук кишинин жаңы социалдык шарттардагы сезүү-туюусунан, дүйнө кабылдоо өзгөчөлүгүнөн, техникалык цивилизация менен беттешкендеги психологиялык абалынан кабар берген жандуу көркөм документ катары эч качан маанисин жоготмок эмес.

Ж. Турусбековдун эмгек ырларындагы (деги эле чыгармачылыгындагы) бир чордондуу өзгөчөлүк — акындын жандуу сүрөт тарта билгендиги, штрих, деталь, образ менен иштегендиги.

Акындын кээде кичинекей эле бир томуктай болгон түрмөккө бүтүндөй бир дүйнөнү батыра билген устакерлиги муютпай койбойт.

Биз бир көч социалга багыт алган,
Мында деп канал бузуп, чыйыр салган.
Дагдаңдап бул катарда Келгенбай бар,
Боо чечип, үзүк сыйрып, жүгүн таңган.

*(«Биз»)*

Ушул кадыресе жөнөкөй сөздөрдөн курулган төрт саптан биз жаңы турмуштун шаңдуу агымын, турмуштун ошол күркүрөгөн шарында, көп ичинде алдыга сүйүнүчтүү кадам шилтеген, кеңеш өкмөтүнүн тегизчил саясатына дагдаңдап кубанган кедей адамдын оптимизмин, ички көңүл маанайын, психологиялык абалын баамдай алабыз.

Акын бөтөнчө рифмага келгенде өзүн сабырдуу кармайт. Жусуптун ырларынан элдик оозеки поэзияга мүнөздүү куюлушкан уйкаштардын чубурган кербенин көрүү кыйын. Акын ырын рифмалап жатканда жылтыраган уйкашка, экилүү сөзгө, уйкаштыктардын бири биринин үстүнө жыпылдап жатып, куюлушуп чуркап турушуна, максатсыз желип-жортуп кетишине кызыкпайт. Жусуп уйкаш үчүн демейки эле жөнөкөй сөздөрдүн арасынан оңу келе

www.bizdin.kg

калган сөздү чап кармайт да, керектүү орунга коюп, ага маанилүү поэтикалык ойду тейлетип коет. Жусуптун уйкаштарынын тыбыштык составынын элементтери дайыма эле бири-бирине далма-дал үндөш чыгып турбайт (мисалы, баратат, таратат, каратат, жаратат деген сыяктуу). Анын ырларынын уйкаштарына бир түрдүү добуштук кайталоолор (звуковые повторы), мындайча айтканда, фонетикалык симметрия анча мүнөздүү эмес. Жусуп үчүн уйкашып жаткан сөздөрдүн составындагы үндүк бирдиктердин фонетикалык жактан баштан аяк текши жупма-жуп үндөшүп турушу анча маанилүү эмес, баарыдан мурда ошол уйкаштарга түшө турган интонациялык-логикалык басым маанилүү. Мына ушундан улам акындын ырларында сөздөр бири-бирине күтүүсүз, жаңыча жупташып, капыстан жаңыча маани алып, уйкаштар жалпы контуру боюнча гана үндөшүп калган учурлар итабар (мисалы, министрлер, болуш-бийлер, дагы ийлер, миңдегендер — «Ак алтын өлкөсү». Же болбосо: алып барчу, партиясы, жарды-жалчы — «Биздин Кыргызстан». Көчөсүндө чаң, бозоргон там, Москвадан, Желиң сонун, жериң сонун, темир жолуң — «Москвадан»).

Ырас, Ж. Турусбековдун поэзиясы баштан-аяк чылгый жогорку көркөм үлгүлөрдөн турбагандыгын да моюнга алуу керек. Акындын көркөм казынасында чындап адабий ийине жетпей калган, ичинде мазмундук көрөңгөсү тайызыраак, кам, дүмбүл чыгып калган ырлары да жок эмес. Ошону менен бирге акындын 30-жылдарында учурдун темасына арналган ырларынын бардыгы эле, ошол мезгилдин адабий деңгээлинен алып караганда мыкты, чыйрак жазылгандыгына карабастан бүгүнкү күн үчүн актуалдуулугун, көркөмдүк кадиксиздигин сактап калбагандыгын да жашыруунун кажаты жок (мисалы, «Быйылкы жаз», «Поездде», «Кулпунду», «Кыштакта», «Пахтачы кызына», «Ал үй завод» деген сыяктуу ырлары.

Жусуп Турусбековдун калеминен 30—40-жылдардагы кыргыз поэзиясынын серелеринен болуп калган, ар түрдүү темага арналган «Өткөн күндө», «Кыргыздар» (бүтпөй калган). «Энеме», «Каракчынын трагедиясы» аттуу поэмалар да жаралган. Октябрь революциясы кыргыз коомунун личностук структурасында кескин өзгөрүүлөрдү пай-

www.bizdin.kg

да кылды. Коомдук-саясий, өндүрүштүк-экономикалык ишмердиктин жаңыча формасы 20—30-жылдарда Ала-Тоо аймагында күчтүү миграция процессин жаратты, элеттик түнт кыргыз айылдарынын эски патриархалдык биримдигин бузду. Революциячыл процесске, саясий иш-аракетке, маданий чыгармачылыкка активдүү тартылуунун аркасында адамдардын аң сезиминде жана духовный дүйнөсүндө жылыштар, кескин илгерилештер болуп өттү. Натыйжада кечээ эле төңкөрүштөн мурда аң сезим жактан негизинен бирдей даражада турган тоо арасындагы көчмөндөр массасынын арасында бат эле рухий деңгээл жагынан бир кылкасыздык келип чыкты, индивиддердин арасында ички жетилүүнүн жана түшүнүк, көз караштардын деңгээли боюнча кескин контраст пайда болду, башкача айтканда, өздөрүнүн көкүрөгү туюктугунан, кат-сабат ачылбагандыгынын айынан коомдогу социалдык-нравалык, маданий-экономикалык мамилелердин өсүү арымынан артта калып, бир орунда туруп калган адамдардын катмары менен учурдагы турмушка жандуу аралашуунун, коомдук-маданий кайра куруулардын тикелей таасири, окутуп-тарбиялоо, агартуу ишинин шарапаты астында көзү ачылып, рухий өсүшү, саясий даярдыгы боюнча алдыга озо чыккан инсандардын ортосунда ажырымдык, конфликт келип туулду. Бир өзгөчөлүк, арттагы топтогулардын жаңы түзүлүшкө жаман ниети жок, эскини да атайылап жакташпайт, бирок турмуштун жаңы принциптерине көздөрү жетпейт, зарыл саясий маселелерге өз алдыларынча багыт ала алышпайт, турмуштун илгертен келаткан нугуна имерилип турушат. Ал эми алдыңкы топтогулар өздөрүнүн жаңырган рухий түзүлүшү боюнча тигилердин ой жүгүртүү ыгы менен келише алышпайт, алардан күнүн жашап бүткөн адат-түшүнүктөрдөн баш тартууну, жаңы жээкке өтүүнү талап кылышат. Турмуштун жүрүшү, мезгил, кырдаал жараткан мына ушундай бөтөнчөлүү социалдык-тарыхый көрүнүш кыргыз адабиятында көптөгөн чыгармалардын сюжетин азыктандырган. Ж. Турусбековдун «Энеме» поэмасынын башкы каармандарынын — улгайган эне менен билимдүү уулдун ортосундагы психологиялык конфликттин негизинде да кыргыз турмушунун мына ошол карама-каршылыктуу жандуу материалы жатат.

www.bizdin.kg

Чыгармада чагылтылган, мындайча айтканда, «эне-бала» ситуациясы; лирикалык каармандын баскан жолу жогоруда белгилегендей 20—30-жылдардагы кыргыз турмушу; жалпы эле кыргыз жаштарынын өмүр жолу үчүн типтүү көрүнүш. Поэманын башкы образдары жеке мүнөздөр аркылуу мына ошондой жалпы маанини сиңире алгандыгы үчүн учурунда окуучулар, айрыкча жаштар тарабынан зор кызыгуу менен кабыл алынган. Жазуучу С. Бөлөкбаев 1933—34-жылдары Фрунзедеги техникумда окуп жүргөндө «Энеме» поэмасынын кандай таасир эткенин мындайча эскерет: «Улам окуйм, сезимиме нокто катып жетелеп алды. Жаттай бердим, ал түнү уктабай калдым, бир аз чырм этсем, түшүмдө да айтып жатыпмын. Таң атты, «Кызыл Кыргызстан» колумда, «Энеменин» улам жаңы куплеттери... Жогорку жакта айткандай, көп жеринде мен жөнүндө жазгандай. Дал менин мүнөздөрүм, кызыгам, жаттайм»[7].

Поэма жалпынын тагдырына ортоктош ар кимдин көөнүндө турган тааныш теманы козгоп чыккандыгы үчүн гана эмес, эң негизгиси, ошол теманын чыныгы акындык эргүү менен, күчтүү эмоциялык чыңалуу менен жогорку көркөмдүк деңгээлде ырдалгандыгынан улам окуучуларды сыйкырлап алса керек.

Ай ушу сен,
Кейий берген энемсиң.
Бекер ойлоп,
Бекер кайгы жегенсиң.
Мен кетээрде,
Беттен өөп кучактап,
«Кагылайын
Кайраттуу жүр» дегенсиң.
Энекебай,
Кайратымдан жазбадым,
Мен мурунку,
Мен эмесмин башкамын.
Тентек жана
Таарынчактык мүнөздөр
Жаман экен,
Ишен эне таштадым.

www.bizdin.kg

Бирөө да жок
 Өзүң билген чагымдын,
Баягы мен,
 Бүгүн бөлөк жаңырдым.
Берчи энеке,
 Мурункудай эмейин,
Берчи энеке,
 Эмчегиңди сагындым!
Ха!., Ха... Ха!..
Чүкө салган тулубум,
Ташта энеке, кереги жок мунуңдун,
Шайыр жаштар арасында
 чоңоюп,
Чүкө ойнобойт,
 Жигит болгон кулунуң.

«Энеме» поэмасы баштан аяк ички күчтүү сезимдин ысык илебине жалатылган мына ушундай чын пейилдүү саптарга, көмөкөйдөн табигый агып чыккан сөздөргө каныккан.

Ж. Турусбековдун аталган чыгармасы кыргыз поэзиясындагы сөздүн чын маанисиндеги биринчи профессионалдык поэма. «Энеме» ошол кезде жаңыдан төрөлүп адабият үчүн мүнөздүү болбогон күтүлбөгөндөй көркөм табылгаларды алып келди. Аны өз тушундагы башка поэмалардан аттын кашкасындай айырмалап турган жаңычыл артыкчылыктардын бири — бул чыгармада автордук субъективдүүлүктүн, художниктик жекече башталманын күчтүү сезилип тургандыгы. Поэмада сүрөттөөнүн объектиси — автордун, башкача айтканда, лирикалык каармандын өзүнүн жекече толгонуулары, ички бушаймандары, ой-сезими, кыял-санаалары. Автордук калемдин мындан мурда өздөштүрүлө элек сферага — адамдын ички көңүл бушаймандары тарапка багытталышы чыгарманын композициялык-сюжеттик жактан жаңыча уюштурулушуна алып келген. Бул жерде кыргыз поэмаларындагы демейдеги сюжеттик схема бузулган. «Энемеде» баштагыдай ырааты менен кеткен баяндагыч сюжет, өйүз-бүйүз тирешкен карама-каршы полюстар, фабулалык конфликт, эпикалык сүрөттөөлөр жок. «Энеме» поэмасында кейип-

www.bizdin.kg

керлердин образдары, алардын өз ара мамилелери, эски менен жаңынын ортосундагы конфликт фабулалык окуяларда эмес, буга чейин көнүмүш болбогон накта — лирикалык каармандын жекече субъективдүү ой толгоолорунун, ой жүгүртүүлөрүнүн жана эске түшүрүүлөрүнүн агымында ачылып берилет.

Ж. Турусбековдун кыргыз адабиятына согуш темасында «Жок болор кези», «Кайда качат!», «Каракчынын трагедиясы» сыяктуу улуттук поэзиянын мерчемдүү чыгармаларынан болуп калган поэтикалык туундуларды калтырып кетти. Мунун ичинен айрыкча «Каракчынын трагедиясы» поэмасын бөлүп көрсөтүүгө болот, «Каракчынын трагедиясы» саясий-идеологиялык мазмунга карк поэма. Чыгармада гитлердик-пропагандага ууланган фашисттик солдаттын адамдык кайгылуу драмасы сүрөттөлгөн. Гитлердик солдат Макстын бара-бара өзүн-өзү аңдап түшүнүүсү ойгонуп, саясий жактан көзү ачылат. Фашисттик идеологиянын өзгө да, өзгөгө да жат, жырткычтык жаратылышына көзү жетет. Бирок Макстын трагедиясы бул чындыкка эки бутунан ажырап мунжу болуп, күрөшкө, өз тагдырын өзгөртүүгө жөндөмсүз болуп калгандан кийин түшүнгөндүгүндө. Жарым жан болуп гитлердик машинага керексиз болуп калгандан кийин фашисттик бийлик тарабынан көчөгө ыргытылып ташталган кайырчы Макстын монологу акын тарабынан таасирдүү сомдолгон:

Үч жылы удаа жүрдүм салгылашып,
Ойнодум суу ордуна кандар чачып.
Гитлерге кокус бирөө сөз тийгизсе,
Койчу элем ит аткандай ордунда атып.
«СС» катарында мен бир арстан,
Курман деп жоого кирдим каным кашык.

Кана мен сыйлык көрүп эмне алдым?
Ажырар эки буттан ажырадым.
Ачкадан катын, балам кырылыптыр,
Каңгырап, шүмшүк болуп жалгыз калдым.
Гитлер деп ок аралап жүргөндөгү,
Көрөрү ушул беле курган жандын?..

Сүйгөн жар, татынакай балам гана,
Мунжуга кайрылуучу адам гана?

www.bizdin.kg

Ишенген азезилдин тилине ээрчип,
Таптаттуу жыргайм деген санаам гана?
Шылдыңдап алдамчылар карап өтөт,
«СС»тин арыстаны, мына сага!

«Каракчынын трагедиясы» — фашисттик түзүлүштүн антигуманисттик маңызын, моралдык-саясий жүзүн конкреттүү адамдык тагдырлар аркылуу поэтикалык деталдардын, образдардын тили менен терең ачып берген реалисттик поэма.

Жусуп Турусбеков кыргыз адабиятында таланттуу драматург катары да таанылган акын.

«Ажал ордуна» пьесасы 1916-жылкы көтөрүлүштүн окуясын кеңири эпикалык масштабда тарыхый-конкреттүү көрсөткөндүгү менен айырмаланат. Жусуп Турусбеков чыгарманын өзөгүндөгү чыңалууга толгон борбордук конфликттин драматизмин, трагизмге шыкалган массалык сахналар жана жалпылаштырылган образдар аркылуу ошол алоолонгон өрттүү мезгилдин катаал атмосферасын, элдин күрөшчүл демин элестүү жеткирген. Чыгарманын негизги идеясы — Улуу Октябрь революциясы кыргыз элин ажалдан сактады, ажалдын ордуна, өмүр, бакыт апкелди деген идея.

Драматург пьесанын башкы конфликтисин бир тарапка падышалык бийлик, жергиликтүү төбөлдөр, экинчи тарапта кыргыздын калың букарасы турган карама-каршылыктын негизинде курат. Элдик көтөрүлүштүн планын талкуулоо, падышачылыктын жазалоочу отряддары менен болгон кармаш, Ысык-Көл менен коштошуу, элдин кытай жеринде жергиликтүү сүткорлорго каршы күрөшү, тууган жерге кайтып келүү — драманын сюжетинин башкы түйүндөрү ушулар. Пружинадай толгонгон бийик чыңалууга жеткен бул урунттуу драмалык окуялар бири-бири менен терең байланышта өнүгүп, борбордук конфликттин маңызынын ачылышына активдүү кызмат өтөйт. Сюжеттик окуялардын чордонунда Искендер, Бектур, Зулайка сыяктуу элдин өкүлдөрүнүн типтүү образдары турат.

Искендердин образын оң каарман проблемасын чечүү жолундагы кыргыз драматургиясынын алгачкы ийгиликтеринин бири деп эсептөөгө болот. Искендер элдик мыкты

www.bizdin.kg

сапаттарга эгедер, өз калкын, Мекенин терең сүйгөн, бир боор ата журттун эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн чечкиндүү күрөшкө аттанган каарман. Драматург бул образ аркылуу патриоттук күчтүү деми менен жалпыга белгилүү боло турган оң идеалды көрсөтөт.

Пьесанын структурасында Бектурдун образы маанилүү ролду ойнойт. Драматург Бектур аркылуу карапайым калктын өкүлүнүн, элдик аксакалдын жалпыланган элесин жаратууга жетишкен. Бул образ өзүндө элдик даанышмандыкты алып жүргөндүгү жана күчтүү патриоттук духу менен көңүлдү бурат.

Драмадагы Зулайканын образы чыгарманын борбордук коллизиясы менен бекем жуурулушкан. Пьесанын идеялык-көркөмдүк дүйнөсүнө Зулайка трагедиялык мотивди — ырайымсыз социалдык адилетсиздиктин тушундагы кыргыз кызынын тагдыры жөнүндөгү мотивди алып кирет. Көтөрүлүштүн мезгилиндеги Зулайканын трагедиясы автор тарабынан кеңири планда, жалпы эле падышалык самодержавиенин колониялык саясатынын натыйжасы катары чечмеленет. Эл менен кошо кытайга качып барган тарыхчы Белек Солтоноев өзүнүн «1916-жылдагы кыргыз көтөрүлүшү» деген эмгегинде минтип жазат: «Кытайга барганда мал-мүлкүнөн ажырап, тамак алып ичишке расходу түгөнүп калып, адамдар кыздарын уйгурга, дунганга, калмакка сата баштады»[8]. Демек, драмадагы Зулайканын кытайлык сүткор Учей-Фуга бир табак жүгөрү унга сатылышы бул драматургдун ойдон чыгарган гиперболалык ыкмасы эмес, тескерисинче, кашкайган турмуштук-тарыхый чындык. Биздин оюбузча көтөрүлүштүн жүрөк титиреткен драматизми согуштун кандуу кыргынында эмес, дал ушул карачечекей балдардын бөлөк-бөтөн адамдарга аргасыздан бир сындырым нан, бир табак талкан үчүн салышында өзүнүн апогейине жеткен. Ж. Турусбеков элдик көтөрүлүштүн жеңилишинин трагизмин даана берүү үчүн дал ушул окуяны аң сезимдүү түрдө көркөм символика катары пайдаланган. Ачкадан айласы куруп турган качкындардын амалсыз абалынан пайдаланып Учей-Фу Зулайканын бир чейрек жүгөрү унга сатылышына жетишет. Ошондо аргасы түгөнгөн кыз менен эненин психологиялык агониясын көрсөткөн сахнага көңүл буралы:

www.bizdin.kg

Зулайка:

Кагылайын энеке,
Кантип мени саттыңар.
Кагылайын энеке,
Кантип мени саттыңар!..

Же мен байкуш силерге
Өгөй белем айтчы, энем,
Чейрек унга бааланып,
Сатылуучу мен белем?

Ак маманды аймалап,
Эмдим эле, энеке,
Жалгызым сен деп ар убак,
Келдиң эле, энеке!
Жок болобу ушинтип,

Шордуу кыргыз тукуму.

**(Атасы баштыгын көтөрүп кирет)**

Айланайын атаке,
Менин күнүм ушубу?..

Айланайын, атаке.
Эркелетип бакканың
Айланайын, энеке,
Түрдүүлөп шуру такканың!

Аягы келип ушундай
Болмок белем убайым,
Айтсаңарчы, калайык,
Айтсаңарчы, угайын.

**Кемпир:**

Ботосунан айрылып, кокуй,
Боздогон инген мына мен, кокуй,
Айланайын кулунум, кокуй,
Боздоп калган ботом сен, кокуй
Эми кантем кулунум, кокуй,
Менде кандай айла бар, кокуй.
Тирүүлөй сенден айрылып, кокуй,
Мендей шордуу кайда бар, кокуй».

www.bizdin.kg

Бул эпизод чыгарманын эмоционалдык күчү жагынан эң жогорку чекке чейин жеткен күчтүү сахналарынын бири. Кезегинде биринчи премьера учурунда атактуу артистка Анвар Куттубаева ушул сахнаны көзүнүн жашын агызып ыйлап аткарган. Абдан чебердик менен иштеген бул көрүнүш чынында эле «ат өлүгү, эр өлүгү тоо болгон» уруш картинасына караганда 1916-жылдагы трагедиянын драматизмин, колониалдык бийликтин таш боор геноцитинин антигуманисттик натыйжасын жан дүйнөнү күчтүү козгогон жогорку көркөмдүк күч менен кыска жана нуска көрсөтөт. Мазмунду, идеяны образ аркылуу, көркөм форма аркылуу берүү драманын стилистикасына негизинен мүнөздүү.

«Ажал ордуна» драмасында терс сапаттарды, алып жүргөн Максут, Учей-Фу, Алымбай сыяктуу кейипкерлер оң каармандардын карама-каршысында активдүү аракетте турушат жана негизги конфликттин өнүгүшүндө иштиктүү роль ойношот. Алардын ар бирине автор тарабынан так социалдык мүнөздөмө берилет. Биз түлкүдөй амалдуу, кыйды Максутту, көкүрөгүн көтөргөн мактанчаак канкор офицерди, адамдык абийирден кеткен ач көз соодагер Учей-Фуну бири-бири менен чаташтырбайбыз.

Драмалык композициянын талаптарынын көз карашынан караганда да «Ажал ордуна» өзүнүн артыкчылыктарына ээ. Пьесадан негизги мазмундун ачылышына тиешеси болбогон артыкбаш эпизоддорду табуу кыйын. Драманын курулушу өзүнүн өзгөчө тыкандыгы менен айырмаланат. Пьесадагы эпизоддор жана сценалар бирдиктүү бир драмалык түйүнгө бириккен. Бардык сахналар өз ара тыгыз тутумдашуу менен негизги драмалык кыймыл-аракеттин өнүгүшүнө кызмат өтөйт. Пьесанын мындай композициялык артыкчылыгын өз учурунда драматург А. Корнечук туура баалаган: «Пьеса өтө сонун жана чебердик менен курулган»[9].

«Ажал ордуна» тууралуу сөз кылып жатып, анын тил чеберчилигин белгилебей өтүүгө мүмкүн эмес. Драмалык речь аталган пьесада өзүнүн көркөм мүмкүнчүлүгүн жакшы ачып, драмалык жанрда аткарчу өзүнүн спецификалык функциясын ийкемге келтире алган десек болот. Пьесанын кайсы сценасын албайлы андагы каармандын оозунан чык-

www.bizdin.kg

кан сөз, реплика өзүнүн көп маанини камтыган лаконизми, образдык экспрессиясы, драмалык кыймыл-аракеттүүлүгү менен бөтөнчөлөнөт. Диалогго катышып жаткан адамдардын айткан сөзүнүн мааниси — ал жек көрүп жатабы же сүйүп айтып жатабы, эмне максатты көздөп отурат — ачык көрүнүп турат. Бул бөтөнчөлүктү изилдөөчү М. Борбугулов адилет белгилейт. «Драмалык диалог куруу кыргыз жазуучуларынын алгачкы пьесаларынан тартып иштеле баштаса да, бул маселе толук бойдон «Ажал ордунда» чечилди[10]. «Ажал ордуна» драмасын көрүүчүлөр учурунда зор толкундануу менен кабыл алган. Кыргыз Республикасынын эл артисти, башкы каарман Искендердин ролунун биринчи аткаруучусу Ашыралы Боталиев «Ажал ордуна» спектаклинин 1934-жылкы биринчи коюлушун эскерип, мындай деп жазган:

«Күнү бүгүнкүдөй эсимде, декабрь айы, кыш катуу, күн суук. Бирок ушундай кыйынчылыктарга карабастан спектаклдин биринчи премьерасына жеке эле шаардыктар эмес, айыл-кыштактардан атчан, араба менен, жөө жалаңдап көп эл чогулду. Драманын окуясы, актерлордун аткаруулары элдин купулуна толуп турганы, сахнанын артынан байкаган адамга оңой эле көрүнүп турган эле. Залдагы эл бүтүндөй Искендерди ээрчишип, ага жан тартышып, өздөрүнүн душмандары менен дагы бир жолу салгылашып жатышкандай болушту»[11].

Узак жылдар бою репертуардан башкы орунду ээлеген «Ажал ордуна» драмасы кыргыз театр искусствосунун өйдөлөп өсүшүнө да өзүнүн жемиштүү таасирин тийгизген. Ошол эле А. Боталиев кеп болуп жаткан чыгарманын театр актерлорунун өнөрү үчүн ээ болгон маанисин төмөндөгүчө аныктаган:

«Ошентип, Жусуп Турусбековдун «Ажал ордуна» музыкалуу драмасы менин сахналык турмушумда бирден-бир орчундуу роль ойноду. Бирок, бул драманын жаралышы менин гана турмушумда зор из калтырды десем жаңылышкан болор элем. Бул спектакль биринчиден, кыргыз драматургиясындагы бараандуу бир көрүнүш болсо, экинчиден, бүтүндөй кыргыз театралдык искусствосуна көрүнүктүү таасир калтырды. Ачыгын айтканда, бизди сахна чеберчилигине, театралдык искусствосунун көп кырдуу

www.bizdin.kg

ыктарына үйрөттү. Бул спектакль аркылуу театрдын чыгармачылык коллективи мурда болуп көрбөгөндөй ири кадамга ээ болду десек жаңылышпайбыз»[12].

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Аралбаев А.* Унутпайм. — Фрунзе, 1964. 37-бет.

[2] Кыргыз совет адабият тарыхынын очерктери. — Фрунзе, 1960. 210-бет.

[3] *Аралбаев А.* Алгачкылар. — Ф., 1968. 161-бет.

[4] *Сыдыкбеков Т.* Мезгил сабактары.

[5] *Сасыкбаев. С.* Тандалган чыгармалар. — Ф., 1977. 181-бет.

[6] Адабий изилдөөлөр так болсо. — Мугалимдер газетасы. 1980. 27-авг.

[7] *Бөлөкбаев С.* Бул менин мектебим болду//Мугалимдер газетасы, 1974. 5-дек.

[8] *Солтоноев Б.* 1916-жылдагы кыргыз көтөрүлүшү // Китепте: Үркүн. — Бишкек, 1993. 182-бет.

[9] Правда. 1939. 29-май.

[10] *Борбугулов М.* Учу-кыйырсыз жол. 94-бет.

[11] *Боталиев А.* Баскан жол. 40-бет.

[12] Ошондо. 41-бет.

www.bizdin.kg

## АБДУКАРИМОВ МАМАСАЛЫ

*(1910—1996)*

Сүрөткерлик дараметинин канчалык деңгээлде экендигине карабай, Мамасалы Абдукаримов, биринчиден жазуучу, экинчиден тунгуч журналисттик өнөрдүн активдүү мүчөсү, үчүнчүдөн аракетчил котормочу катары көркөм адабиятыбыздын тарыхында калган ысым. Ал — совет доорунда жаңыдан түптөлө баштаган социалисттик жазма адабияттын алгачкы агымына тиешелүү калемгер. Анын өмүр жолу, чыгармачылыгынын өсүшү жана калыптанышы улуу муундагы акын-жазуучуларыбыздын типтүү нугунда өтөт: эртелеп томолой жетим калуусу (алты жашында: 1916), кабыргасы ката электе көрүнгөндүн колунда кулдукта жүрүүсү (1916—21), балдар үйүнө туш келүүсү (1921—24), Ташкент казак-кыргыз институту (1924), Фрунзе педтехникуму (1925—30).

Тарыхыбызда педтехникум улуттун бирден-бир алгачкы маданий, өзгөчө адабий ордосу болгондугу, профессионал адабиятыбыздын айрым көрүнүктүү өкүлдөрүнүн учкан уясы экендиги белгилүү. Жаңырган доордун шарапаты менен М. Абдукаримовдун да чыгармачыл жаштардын чөйрөсүнө тушугуп калуусу, анын табигый жөндөм-шыгынын артуусуна табылгыс өбөлгө болуп берген. Алгачкы кадамында эле тубаса журналисттик сезим-туйгусу менен заманынын ураанына үндөштүрүп, карапайым эл катмарынын эски доордогу муң-зарын даректүү тизмектөө менен, чакан кабар, аңгемелер жаратып, кат-сабаты жоюлуп калган окумал чөйрөгө таанылa баштаган. Алгачкы аңгемеси «Курмушунун турмушу» деп аталып, 1928-жылы «Кызыл Кыргызстан» газетасына чыккан. Ага удаа эле

www.bizdin.kg

«Карындашым Гулиясы» басылып, эл ичине тез эле тарап кеткен. Албетте, жаңыдан кат таанып, жаңы турмуштун маани-маңызына түшүнүүгө ынтызар болгон эл үчүн басма бетинен (ошол басма сөздүн пайда болушунун өзү да болуп көрбөгөндөй окуя эле да) көркөмдөлгөн турмуш чындыгын окуп-билүү адаттан тыш укмуш көрүнүш болгон. Социалдык төңкөрүш, экономикалык төңкөрүш, оптимисттик саясий ураан-чакырыктар — көркөм адабият менен журналистиканын негизги материалы жана башкы темасы ушулар эле. Адабият — коммунисттик идеологиянын жарчысы, жаңы саясаттын маягы болууга милдеттүү экендиги официалдуу шекилде ырасталган эмеспи. Ал замандын чыгармачыл адамынын талант-шыгы, фантазиясы, сүрөткерлик жөндөмү бир гана нукта — коомду социалисттик түзүлүштүн жолуна туура баштоо, жаңынын артыкчылыктарын көтөрмөлөп көрсөтүү, эски заманды бир жактуу ашкерелөө, таптык айырмачылыктарды тактоого багышталыш керек эле. Ушул себептен профессионал адабиятыбыздын тунгуч калемгерлеринин чыгармалары үгүтчүл мүнөздө, дүйнөнү ак жана кара деген эки гана түстө сүрөттөө, кейипкерлери бай болсо — терс, кедей-кембагал болсо оң гана кишилик сапаттарга эгедер кылуу тенденциясы, эскинин бардык көрүнүштөрүн жерүү, жек көрүү мамиледе, жаңынын ар бир иш багытына жетине албай ашкере маашырлануу сыяктуу эмоционалдуу духта жазылып турган. Мына ушундай идеологиялык жооптуу жүктү аркалап, саясаттын жарчысы болуу милдети адабияттын негизги предмети болгон адамдын жан-дүйнөсүнө сүңгүп, анын керт башындагы түйшөлүүлөрүн түшүнүп, акыл-сезимине үңүлүүгө жарытып мүмкүнчүлүк берген эмес. Анын үстүнө, калемгерлерибиздин жеке интеллектуалдык деңгээли, жазма адабиятыбыздын жалпы көркөм багажы деле арандан көрөңгүлөнүп келе жаткан эле да.

М. Абдукаримовдун чыгармаларындагы өзөктүү фабула деле ушул канондордун негизинде түзүлүп, даяр примитивдүү схема, тапталып келаткан жол изи менен, замандын социалдык-саясий өзгөрүштөрүнө гана багышталган. Болочок журналист-жазуучу педтехникумда окуп жүргөнүндө эле көркөм сөзгө шыктуулугун коомдук-саясий турмушка чын ыкластан аралашып, кыскача очерк, жаныт-

www.bizdin.kg

ма, жогоруда айтылгандай чакан аңгемелерди мезгилдүү басма сөзгө дембе-дем жарыялап туруусу менен көрсөтө баштаган. Анын конкурска карата жазган «Комсомолдук маршы» убагында республикабыздын чар тарабына тез таркап, ыкчам рифмасы, шаңдуу пафосу менен көп жылдар бою эл оозунда жашап келгени факт:

Бир, эки, үч,
Биздерде күч.
Жолду сызган
Маркс, Ильич!

Анын адабиятка белсенип ургаал киришүүсү, окуусун аяктап, эмгек жолун баштаган отузунчу жылдардын башына туура келет. 1930-жылы «Ленинчил жаш» борбордук жаштар газетасынын редакциясында, 1930—33-жылдары Кызыл-Кыя таш көмүр кениндеги «Көмүр үчүн» газетасында иштеп калышы, журналисттик жигер менен кош катар эле жазуучулук өнөрдүн өсүшүнө да үндөгөн болуу керек. Сүрөткерлик жөндөмдүүлүктөрүн журналисттик өнөрдө төшөлткөн улуу муундагы айрым калемгерлерибизден айырмаланып, М. Абдукаримов бул кесипти өмүрүнүн акырына чейин аркалап, жашоосунун дээрлик бөлүгүн республикалык газета-журнал, басмалардын иши менен тыгыз байланышта өткөргөн. Ар мезгилде, ар кыл темада жараткан очерктери, документалдуу публицистикалары 1980-жылы «Кыргызстан» басмасында «Турмуш баяны» деген ат менен жыйналып чыккан. Мында салтка айланган эмгек темасындагы очерктерден сырткары, белгилүү даталарга арналып жазылган саясий-үгүтчүл пафостогу кабарлар, керт башынын азаптуу бала кезин эскерген, ушул эле темада Аалы Токомбаев тууралуу, көркөм-даректүү баяндар, Жоомарт Бөкөнбаевдин студент кезиндеги журналисттик иш аракетине, «Эркин Тоо» газетасына арналган бирин-экин макаладан башка дагы А. П. Чеховдун, М. А. Шолоховдун юбилейлерине карата жазылган ушул сыяктуу эйфория маанайындагы публицистикалары топтолгон.

М. Абдукаримовдун жазуучулук өнөрүнө хронологиялык тартипте кайрадан кайрылсак, 1931-жылы «Кызыл эмгек» деген биринчи китеби чыккан. Ичиндеги чыгарма-

www.bizdin.kg

лардын негизги темасы жер-суу реформасын, коллективдештирүү, аялдар азаттыгын баяндайт. Бул алгачкы аңгемелерде документалдуулук басымдуулук кылып, жалпыга дайым уруунтуу окуялар табигый турпатында кагаз бетине түшүрүлгөнү менен, каармандардын аң-сезиминдеги өзгөрүүлөр, алардын өз ара мамиле-катышындагы же жашоого карай көз карашындагы көзгө илешпес психологиялык мотивдер көркөм чыгармачылыктын талаптарына ылайык ынанымдуулукка жетише албаган. Профессионал адабиятыбыздын жаралуу гана стадиясында пайда болгон бул сыяктуу чыгармалар, албетте, биринчиден, өз кезегинде окурман-күйөрмандарга эгедер болгонун, тунгуч көркөм тексттердин примитивдүү болсо да туундусу катары тарыхый факт шекилинде калууга акылуу экендигин тануугa болбос.

1957-жылы «Үзүлбөгөн үмүт» деп аталган повести, ичине кошумча бир чакан сатиралык аңгеме менен «Кабарчы» аттуу очеркти кошо камтып, өзүнчө китеп болуп басылды. Кийин бул повесть «Жашагым келет» романынын ар жерине глава түрүндө кыстарылган. Ал эми бул роман трилогиянын биринчи китеби деп аталып, жазуучунун кийинки «Жаңырык» романы анын экинчи китеби катары эсептелет. Чыгарманын жалпы канвасы — чейрекерлик менен өлбөстүн күнүн көрүп, кара курсактын айынан жер кезип кордук тарткан эзилген букаралардын тагдыры, жашоолорунун ошончолук оордугуна карабай үзүлбөгөн үмүттөрдү, таттуу тилектерди, арзуу-сүйүүлөрдү дилинде сактаган адамдык касиеттери, алардын кишилик сыймыгы кордогон күчтүүлөргө карата көрсөткөн алсыз каршылыктары баяндалат. Роман даректүү окуяларды сүрөттөөгө жана журналисттик стилдин нугуна түшүп кеткен учурлары да бар экендиги адабият адамдары тарабынан байкалган[1]. «Жашагым келет» кезинде маданий-классикалык иш-чаралардын да программасына кирип, 1961-жылдын 28-мартында Кыргыз кыз-келиндер désинститутунда өткөрүлгөн китепкөйлөрдүн конференциясы жалгыз гана ушул романды талкуулоо үчүн уюшулган. «Китеп окуучулардын «Жашагым келет» боюнча конференциясы республиканын башка жерлеринде да өтүп жатат» дейт газеталык чакан билдирүү[2].

www.bizdin.kg

Биринчи романда адам турмушун өмүрүнүн акырына чейин коштоп жүрүүчү кадыресе жашоо үчүн жан далбас аракеттер, тагдырдын оош-кыйыштары, кыскасы, кейипкерлердин жекече өмүр окуялары сүрөттөлсө, экинчи, «Жаңырык» романынын сюжети жалпы мүнөздө, классикалык окуяларды көбүрөөк баяндайт. Революциянын келиши менен бирге эски бийлик менен жаңы түзүлүштүн каршылыгы, алардын куралдуу кагылыштары сыяктуу Ош шаарында болуп өткөн тарыхый фактылары көркөм ыкмада баяндалат. «Жаңырыкта» автордун журналисттик почерки, публицистикалык стили үстөмдүк кылып, чыгарма көркөм адабияттын философиялык, эстетикалык өлчөмдөрүнүн чыныгы деңгээлине көтөрүлө албагандыгы байкалат. Анткен менен убагында өз заманынын талаптарына ылайык баяндалган окуялардын тарыхыйлыгы, саясий-идеологиялык актуалдуулугу менен деле оң баа ала алгандыгын белгилөө керек.

Мамасалы Абдукаримовдун көркөм котормо маданиятына сиңирген эмгеги сан жагынан бир гана көркөм тексттер менен чектелбейт. Ал убагында ондогон кинофильмдерди кыргызчалап, жогорку жана орто окуу жайлары үчүн окуу китеп-куралдарды, марксистик-ленининдик китепкананы да которуугa көп салым кошкон. Мисалы, автору көрсөтүлбөгөн «Силер көргөн фильмдер...» деп аталган газеталык чакан кабарда: «Акындын тагдыры», «Мен жашаган үйдө», «Күтүлбөгөн окуя», «Ульяновдордун үй-бүлөсү», «Нормандия-неман» деген кинофильмдер кыргыз тилинде көрсөтүлгөн. Ушулардын бардыгын М. Абдукаримов кыргыз тилинде сүйлөттү. Ал бардыгы болуп отузга жакын фильм которду. Дагы канча фильмдер кезек күтүп турат» дейт[3]. Ушул эле газетада андан 20 жыл кийин М. Абдукаримовдун 70 жашка толушунун урматына жазылган макалада: «(...) ал көркөм, документалдуу, илимий-популярдуу советтик жана чет өлкөлүк 40ка жакын фильмдерди которгону» белгиленет[4].

Ал котормо өнөрүн жекече чыгармачылыгын баштаган учурда эле колго ала баштаган. 1928—29-жылдары А. Островскийдин «Жок жерден жолдуу болду» аттуу пьесасын кыргызчалап, аны Кыргыз драма театры койгон. Албетте, бул көрүнүш дагы ал кездеги адабият талап-

www.bizdin.kg

керлеринин чөйрөсүндө ургалдуу иш-аракет болуп, бир далай драмалык чыгармалар таржымаланып, кол жазма түрүндө театр сценасында ойнолуп, бирок басмага чыкпай кала берген. Андыктан ал котормо пьесалардын көркөм-эстетикалык маңызы, деңгээли бизге белгисиз. 1932-жылы Л. Сейфулинанын «Мужуктар» повестин, В. Гюгонун «Гаврошун» которушу, анын орус тили аркылуу чоң адабияттан аздыр-көптүр азыктанып, чыгармачылык тажрыйбасына өз дараметине жараша казына топтой баштаганга мүмкүнчүлүк алган. Андан соң, 1940—50-жылдар ичинде И. С. Тургеневдин «Муму», М. Горькийдин, В. Короленконун майда аңгемелеринен М. Бубеновдун «Ак кайың» романына 1960-жылдары М. Шолоховдун «Көтөрүлгөн дыңын» кыргызчалоого өткөн. Арийне, М. Абдукаримов жазуучулукту жана журналисттикти өмүр бою колунан чыгарбай келген сыяктуу эле котормочулукту да негизги кесибинин бири катары тутунуп, көркөм текст, саясий адабият, окуу куралдарын, ар кыл жанрдагы кинофильмдерди өтө демилгелүүлүк менен үстөккө-босток кыргызчалап келген. Бул котормо тексттердин айрымдарына астейдил серп салуу менен, котормочу көп учурларда контексттин маани-маңызына анча сүңгүй албай, сөздүн жалпыга белгилүү тикелей, ал эми кээде такыр эле тескери маанисин берип, сөздөн сөз тандап көп кыйналбай, ал гана эмес сөздүккө деле кайрылбай эле туура деп болжолдоп-божомолдогон ыкмада иштегенин көрүү кыйын эмес. Ким билет, балким мындай чабалдык сабатсыздыгы жоюлуп-жоюлбай эле калем кармап, жаңы замандын жарчысы болуу милдетин аткаруу үчүн универсал чыгармачылыкка ураалаган чакырык, шерденткен үгүт-насыят темасы менен ургаал киришип кетиши, маданиятыбыздын жалпы абалынын алсыздыгынан көркөм адабиятка бийиктен туруп, катуу талап кое албагандыгынын кесепетидир. Албетте, мунун бардыгын сырткы себеп-шарт шекилинде карап, жалпы билимдин тайкылыгы, чыгармачылык тажрыйбанын аздыгын, коомдук иш-милдеттин арбындыгы, убакыттын тардыгына шылтап коюш болор эле. Ошентсе да, эгер адам табиятынан зирек жаралса, буга кошумча акыл чабытын кеңитип эстетикалык туюм-табитин өстүрүп, кыскасы — өз алдынча интеллектуал казынасын байытуу ара-

www.bizdin.kg

кети чыгармачылыкка олуттуу кароого мажбурламак. Демек, бул маселенин ички мүмкүнчүлүктөргө гана тиешелүү экинчи тарабы.

М. Абдукаримовдун төл чыгармалары, котормолору майда мезгилдүү басма сөз, журнал, альманахтан тартып, өз-өзүнчө китеп, жыйнак болуп 1930-жылдар башынан 1980-жылдардын акырына чейин басылып, айрымдары кайталанып, чыккандарынын саны бир топ эле арбын. Ал эми адабият таануу менен сынында, журналист-жазуучунун 50, 60, 70 жылдык юбилейине карата бирин-бири кайталаган, жалпы мүнөздөгү өмүр жолунан баян эткен, адатта ушундай салтанатка айтыла турган сыйда пикирлерди эсепке албаганда, анын жазгандарына чындап көңүл бурулган олуттуу сын макалалардын саны бирин-экин гана.

«Үзүлбөгөн үмүт» аңгемелер жыйнагына ушул күнгө чейин эч сөз болбогонун эске алып, ал жөнүндө анча-мынча пикир айтууга туура келет»,— дейт К. Артыкбаев 1950-жылдагы «Ала-Тоо» журналынын № 9 санында (7—10-бб.). Андан ары адабиятчы: «Жалпы жонунан алганда түштүк кыргыздардын турмушун туура көрсөтүүгө далалаттанган бирден-бир көркөм китеп катары баалоого боло турганын» белгилеп өтүү менен, Култай карыя аңгемелердин ар кайсынысында эле кейипкер болуп кире бергени, ал чыгармада бири-бирине төп келишпеген мүнөздө жана көз караште сүрөттөлгөнүн, эмне үчүн ар башка аңгемеде бир эле ат менен кирип окурмандарды чаташтырып, күмөн абалда калтырганын эскертет: «ар кайсы аңгемеде каарман катары курагтыргандан кийин, аларды бири-бири менен байланыштыра турган бир нукту табуу керек эле» деп кеңеш берет. Ошондой эле «Кезек келди», «Кулбаш» аңгемелери анчалык бышып жетилбеген өңдөнүп турат» деп айтылат бул сында.

Экинчи көлөмдүү макала 1962-жылы «Ала-Тоонун» № 6 санында С. Закиров тарабынан «Жашагым келет» романы жөнүндө» деген темада жазылган. «Романды окуганда айрым-айрым аңгемелерди окугандай болосуң» деп баяндаган бул автор дагы. Иш жүзүндө «Үзүлбөгөн үмүт» адегенде өз өзүнчө майда аңгемелер болуп жаралып, андан соң повесть деп аталып, кийин «Жашагым келет» романына главалар болуп кыстарылганы чындык эмеспи.

www.bizdin.kg

Андан ары адабиятчы: каармандардын ашкере көптүгү, мүнөздөрдүн типтештирилбегендиги, окуялар үзүл-кесил болуп бири-бирине логикалуу байланыша албагандыгы, «гармониялык бирдик, чырмалышкан өзөк жок» экендиги, «теманы чечүүдө да автордун чайналганын белгилейт. Сынчы: «көрүнүп тургандарды сүрөттөө менен адамды тамшанткан чыгарма жаза албайсың. Ал өтө эле одонолук, адабияттын тили менен айтканда натуралисттик сүрөттөө болуп калат» деп жанытат.

М. Абдукаримовдун котормочулук өнөрү 1951-жылы «Ак кайың» романынын котормосу жөнүндө» аттуу макалада тажрыйбалуу таржымачы С. Бектурсунов тарабынан талдоого алынган («Кызыл Кыргызстан, 1951-ж., 25-июль. 3-бет). Котормо сынчысы тексттен мисалдар келтирип, салыштырма анализге алуу менен М. Абдукаримов сөзмө-сөз которууга көбүрөөк ооп кеткенин, сөз ээрчип кетүүнүн кесепетинен контексттин маңызы жоголуп, темадан алыстап калган учурларын, «мындан чыгарманын стили, улуттук колорити аксайт» деп жазат. Макалада стиль маселеси көтөрүлүп: «сүйлөмдүн оркоюп, уйкашпай, чоркок түзүлүшү — буквоеддердин котормосунун жалган тактыгын гана көрсөтөт» деген кескин пикирлер да айтылат. Сынчынын: «котормочу орус тилин жакшы билбегенин, сөздүктөн пайдаланбай, оозуна келгенди оттоп...» сыяктуу этикеттен аша чаап кеткен учурлары да бар. Анан калса, котормочу «проселканы» (жалгыз аяк жол) — «поселка», «большакини» (чоң кара жол) — «большевиктер» деген бойдон чыгарманын башынан аягына чейин колдоно бергени да факт.

Жыйынтыкка келсек, чыгармаларынын нарк-насили азыркы өлчөмдөрдүн деңгээлине жете албаган күндө да, Мамасалы Абдукаримовдун ысмы профессионал адабиятыбыздын дыңына биринчи бороз салгандардын катарына жазылууга толук акылуу. Жазуучунун мындан элүү-алтымыш жыл илгери жараткан чыгармалары биздин күндөр үчүн моралдык жактан көшөрүп калганы менен мезгилинде өз китепкөйлөрүнүн жан-дүйнөсүнөн түнөк таап, ошолордун ой-тилегин, өткөн-кеткен турмушун чагылдырып бере алган. Ал кыргызчалаган драмалык чыгармалар, фильмдердин да көрүүчүлөрү болгон. Ал котор-

www.bizdin.kg

гон көркөм тексттер аркылуу дүйнө жана орус, боордош элдер адабиятынан окурман аздыр-көптүр азыктанган. Анын таржымасындагы окуу китептери билим берүүдө көмөкчү болгон. Журналисттик калеминен жаралган очерк-публицистикалары басма сөз маданиятыбызга аздыр-көптүр салымын кошкон.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*


[1] *Абдраимов Ж.* «Жашагым келет» жөнүндө сөз//Советтик Кыргызстан. — 1961. 2-апрель. 3-бет. Укаев К. Калем кайраткери//Советтик Кыргызстан. — 1970. — 16-окт.

[2] Советтик Кыргызстан. — 1961. — 2-апр.

[3] Советтик Кыргызстан. — 1960. — 3-сент.

[4] Советтик Кыргызстан. — 1980. — 18-сент.

www.bizdin.kg

## БӨКӨНБАЕВ ЖООМАРТ

*(1910—1944)*

Акын жөнүндөгү сөзүбүздү анын жары маркум Тенти Адышеванын эскерүүсүнөн алынган мындай деген сүйлөмдөр менен баштасак: «Каргашалуу 1944-жылдын күндөрүнүн биринде Жоомарт сценариясын жазышкан «Манастын уулу Семетей» аттуу кинофильмди тартууга байланыштуу Каркыраны көздөй бет алып, акыркы сапарына жөнөп жатып:

— Мен эми эки-үч айсыз келбеймин. Силер камырабай жата бергиле. Көлдөн кайткан соң Москвага барып, кинонун сценариясын өткөрүп келемин да, ыр менен роман жазамын. Мына ошону бүтүргөндөн кийин, келип силерди алып кетем деди. Ал ошондо араң эле 34 жашка аяк баскан болучу... «Бири кем дүйнө» дегендей анын акыркы сапары армандуу болду...»[1]. Чын эле анын аздектеп багып жүргөн көп ойлору өзү менен кошо кетти, 34 жаш деген эми гана ага-буга түшүнүп, чыгармачылыгы жетиле баштаган курак эмеспи, а Бөкөнбаев болсо аткарган иштерине алымсынып (жүздөгөн ырлар, жыйырмага жакын поэма, ондой драма, он бештей прозалык чыгармасын жазган, бир топ таржымаларды ишке ашырган, көп коомдук милдет аткарган эле), өлүм жөнүндө ойлонбосо керек, Курманжан датка жөнүндө ыр менен роман (ыр менен роман!), «Кумайык» аттуу поэма, «Эненин кайраты» деген пьеса жазуу жөнүндө ойлоп жүрчү экен, кыргыз жерин кино деген искусство аралай элек кезинде, көп адамдардын али бул өнөр жөнүндө түшүнүгү жок кезинде эле уникалдуу мурасыбызды негизге алып «Манастын уулу Семетей» деген темада киносценарий жаза баштаган экен, анын кино-

www.bizdin.kg

сценарийи сапаттык жактан кандай болорун ким билет, бирок ошол ишке киришүүнүн өзү, болгондо да «Манаска» даап, «кол салуунун» өзү чоң эрдик, а түгүл ага кыргыз киносу дүйнөлүк даңкка ээ болгон 60—80-жылдарда да баш бага албаганы өзүнчө бир ойго ала турган жагдай.

Ж. Бөкөнбаев чыгармачылыкта он бештей гана жыл жашаптыр, анын да көбүн окуу менен, газет-журналдардын түйшүктүү иши менен, Токтогулдун эл ичинде чачылып калган ырларын жыйноо менен, караң калгыр согуштун каары менен алпурушуп өткөрүптүр, өзүнүн бүткүл мүмкүнчүлүгүн чыгармачылыкка арнап бере албай келиптир. Ошентсе да анын поэзиясы кырк-элүү жылдан кийинки окурмандын көзү менен караган күндө да, жаңы жактары, бүгүнкү адамды да толкундата алчу көп нерселери менен көзгө чалдыгат.

Кыргыз акын-жазуучуларынын алгачкы муундарынын чыгармачылыгына кайрылганда, аларды ошол кездеги тарыхый-социалдык шарттар менен байланышта, замандын агымы менен көз салганыбызда гана алардын чыгармачылыктарына бир кыйла тереңдеп үңүлүп, туура мамиледе болобуз. Себеби, 30-жылдарда кыргыз турмушунда такыр башкача турмуштук уклад орноп, адам адамды аябаган тап күрөшү күч алып, кылымдап калыптанган психология заматта эле алай-дүлөй асманга учуп, сырттан таңууланган идеология ички дүйнөнү да будуң-чаң кылган.

Андай болгондо Ж. Бөкөнбаевдин поэзиясына кайсыл жактан кирип, кандайча баа бергенибиз оң болгону турат?

Жоомарт Бөкөнбаев биринчи кезекте романтикалык стилдеги акын, ал башка кыргыз акындарынан ушул жагы менен өзгөчө бөлүнүп тургансыйт. Басма бетине чыккан биринчи ыры Түштүктөгү жер-суу реформасына карата жазылып, жаңыга, күрөшкө үндөө мотивин көтөрүп чыгат. Мына ушул чакырык, ушул ураан-үндөө мотиви анын чыгармаларынын башынан аягына чейин кызыл сызык менен өтөт. Акын чыгармачылыгын жараткан 30-жылдар коомдук-социалдык өзгөрүүлөрдүн кулак угуп, көз көрбөгөн тездиги менен түшүндүрүлөт. Дал ушул жылдары алгачкы беш жылдыктардын ийгиликтери, стахановдук кыймылдар, Папанин, Чкалов, челюскинчилердин эрдик-

www.bizdin.kg

тери, СССРдин Конституциясынын кабыл алынышы, Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын түзүлүшү, Жогорку советке шайлоолор ж. б. толуп жаткан ири окуялар ар бир адамдын жүрөгүн толкундатты. Бүткүл союздук ири курулуштар — Днепрогэс, Магнитка, Турксиб, Березнов химия комбинаты, Харьков, Челябинск, Сталинград трактор, Горький жана Москва автомобиль заводдору отузунчу жылдын акындарынын поэтикалык күндөлүктөрүнө, өндүрүштүк очерк, репортаждарына айланып кетти. Акындар ири курулуштарда, колхоз-совхоздордо (М: Н. Тихонов Орто Азияда, А. Безыменский Днепростройдо болот, а түгүл Сельвинский 1931-жылы электр заводуна ширетүүчү болуп иштөөгө кетет ж. б.) болуп, өндүрүштүн өзүнөн репортаж өңдөнгөн ырларды жазышты. Кыргыз жеринде жер-суу реформасынын жүрүшү, басмачылар менен күрөшүүдөгү ийгиликтер, колхоз курулушу, көчмөн элдин турмушуна индустриялаштыруунун кириши, паровоздун, самолеттун келиши, суу сактагычтардын, электр станцияларынын, жолдордун курула башташы ж. б. ар түрдүү жаңылануулар өз кезегинде алгачкы муундагы акындардын психологиясына күчтүү таасир этти, анын үстүнө ал акындардын баары кедей табынын өкүлдөрү болушкан. Жогорудагыдай улуу иштерди аткарып, тарыхтын дөңгөлөгүн өтө тездик менен жылдырып жатышкандыр да ошол кездеги сыпаттоолор менен айтканда бир убакта байдын оту менен кирип, күлү менен чыккан күндөр, кой артында жүргөн малайлар, азыр эми күчтүү, кайраттуу, көңүлдөрү көтөрүңкү «кызыл жоолукчандар», «шайыр жаштар» — мезгилдин чыныгы баатырлары эле. 30-жылдардын адамдары жашап жаткан мезгилге, жаңы коомго жан-дили менен кызмат кылышкан, «тарыхтын локомотиви» болгон революцияны алдыга жылдыруу үчүн жан аябай күрөшүшкөн, алар келечекке романтикалык ой жүгүртүшкөн, оокаттуу жашашты, дүнүйө топтошту максат кылбастан, өз алдыларына социализмди орнотууну, тап душмандарын талкалоону ниет кылып коюшту, ошон үчүн күрөшүүнүн жана эмгектенүүнүн баарынан артык экенин сезишти. Жоомарт Бөкөнбаев дал ошол кезде кыргыз поэзиясынын майданынын алдыңкы чегинде жүрдү.

Ж. Бөкөнбаевдин отузунчу жылдардагы лирикасы жаңы турмуш, эмгек, жаратылыш, келечек — төрт теманын

www.bizdin.kg

айланасынан өсүп чыккансыйт, анын чыгармачылыгында мына ушул төрт тема бири бирин толуктап, айкалышып келгенсийт. Бул төрт тема бир чети акындын стихиясы, бир чети мезгилдин талабын, учурдун духун туура түшүнүүсү. Ошон үчүн анын чыгармачылыгында үгүтнасаатчылык максаттын күчтүүлүгү көзгө даана урунат, бул максаттын күчтүү байкалышы бир чети акындын жолун бир топ нерселерден бөгөгөн, айталык, ырларында философиялык идеялардын берилиши боюнча акын калемдештеринин бир тобуна караганда өз мүмкүнчүлүгүн толук көрсөтө албай калгансыйт, кээ бир ырларында мурдагы эле ойлорду кайталоочулук, айрым ойлордун ырдан ырга көчүп жүрүшү, календардык гана маани аткарып калышы, а түгүл турмуштук курч конфликттерден четтеп кетүү, айрым экспромтордун аралашып жүрүшү сезилсе, экинчи жагы үгүт-насаат менен акын 30-жылдардын демин, ошол жылдардын активдүү адамынын түбөлүктүү чакырыгын жаратыптыр, адабиятыбызга ал жылдардын романтикалык каарманынын образы келиптир, бул жагынан анын чыгармачылыгы Совет адабиятында ошол жылдарда күчтүү көрүнгөн романтикалык стилдик багыттары сүрөткерлерге (Н. Тихонов, М. Светлов, Э. Багрицкий, С. Вургун, К. Паустовксий ж. б.) уланып турат.

Каармандардын иш-аракеттериндеги көтөрүңкүлүк (возвышенное), ички дүйнөдөгү эмоционалдык абалдын толкундануусу, булкунуусу, турмуштагы ар кандай баатырдык, эрдиктерди көкөлөтө сүрөттөөгө умтулуу, башкы планга ойго караганда сезимдин көтөрүлүп чыгышы, патетикалуу, шарттуу-символдук каражаттардын арбындыгы бул сүрөткерлердин чыгармаларын жалпылаштырып романтикалык стилдик агымга бириктирип турат. Мына ушундай белгилер Ж. Бөкөнбаевдин поэзиясынын да негизги өзөгүн түзүп, аны кадыресе идеялык-эстетикалык бийиктикке көтөрүп чыгат.

Акындын чыгармачылык стилинде көрүнгөн романтикалык белгилер кайсылар? Биринчиден, анын ырларынын бүткүл духу, пафосу көтөрүңкү эмоцияда жазылат. Маселен, ал эмгек темасындагы ырларында жумушчу-дыйкандардын арасында болуп, эмгек процессинин жүрүшүн, жумуштун ритмин репортаж сыяктантып берет, акынды ээр-

www.bizdin.kg

чип окурман өзү эмгек майданында жүргөндөй сезет. Мисалы,

Айтчы, курбум, ал эмне,
Тигил караан көрүнгөн?
— Ал эпкиндүү — өңчөй кыздар,
Анаркандар бөлүнгөн.
— Ана турган ак дөбөбү?
— Ал ак пахта терилген![2]

*(«Анаркан»)*

— Тиги кайсы калың караан,
Келе жаткан жамырап!
— Ал эпкиндүү келин-кыздар,
Ак пахтага жабылат.
Түн уктабай сапар чегип
Арзып келген жер ушул,
Ана талаа, чексиз жаткан
Ак пахтанын кени ушул.
Ана келген жамырашып,
Ал пахтачы — эл ушул[3].

*(«Талаа таңы»)*

Заводдо Сергей, Сейтек булоолонот,
(Бул дагы келечекте конуш камы)
Балкасы эзип жатат кызыл темир,
«Учкунга» чачыранды, толгон тамы,
Тизилип чекесинде берметтери,
Шарактап эмгек менен кайнап каны.
Станок көзгө илээшпей тегеренет,
Жемишти социалга сактап баары.

*(«Кышкы таңда»)*

ж. б. у. с. Бул ыр саптарынан көрүнүп тургандай жаңы замандагы эмгек мурдагыдан жаңыча мүнөзгө ээ болгон, азыр ырахаттуу жана романтикалуу. Эмгек деген идея. Бул эмгек — кубаныч, бакыт, социализм, келечек. Эмгек адамынын образын сүрөттөөдө акын ал адамдын жаңы замандагы рухий мүмкүнчүлүгүн башкы планга көтөрүп чыгат, жаңы адамдын колунан бардык иштер келе тур-

www.bizdin.kg

гандыгына ишендирет, айрым адабиятчылар түшүндүрүп жүргөндөй ал каармандарды көп учурда элдик оозеки чыгармалардагы каармандарга жакындаштырып, фольклордук ыкма менен идеялизациялап сүрөттөбөйт, тескерисинче, аларды романтизациялап көрсөтөт, акындын каармандары романтикалык көрүнүшкө ээ болушат, алар кадыресе адамдардан айырмаланып турушат, «түйүлүп булчундары бөлөк-бөлөк», «балканы машинадай бат-бат урат», «большевик паровозду баштап алып», «түр жасап эрип жаткан кызыл чоктон» ж. б. у. с. көрүнүштөрдө сүрөттөлөт, бул албетте, фольклор эмес, бирок муну менен Ж. Бөкөнбаевдин чыгармачылыгын фольклордон аттап чыгып кеткен деп айта албайбыз, ал фольклордун тамагынан азыктанып алып, анан анын үстүнө адабияттын жазма формаларынын шире-сокторун (албетте алынын келишинче) кошумчалаган, мында Жоомарт үчүн экинчи булакка караганда биринчи булак (улуттук фольклор) көп азык берген. Балким поэзиясынын музыкалуулугу, ыргактуулугу, жеңилдиги, түшүнүктүүлүгү ошол элдик поэзиянын накта өзөгүнөн калпып алып тургандыгы менен түшүндүрүлөт. Деги эле акындын элдик оозеки чыгармачылыкты кандайча пайдаланып келгенин билүү үчүн анын Москваны биринчи көргөндө кандайча сүрөттөгөнүн окуп көрөлү:

Айланасы жашыл майдан
Тияншандын чөбүндөй,
Калың токой, карайган бак,
Аяк башы көрүнбөй.
Жер чырагы ушул тура,
Чер калабы бөлүнбөй!
Канат кагат карчыгасы,
Кантсин көңүл элирбей!
Келберсинген калың көрүк
Керме тоолук келиндей,
Жанга жагым бак-дарагы
Жашыл шибер жеримдей[5]

*(«Москва»)*

Минтип ошол жылдардын гана адамы, элдик поэзиянын бешигинде чоңойгон акын гана айтмак, ошол адам гана ушинтип көрмөк, а азыркы акын башкача көрөр эле,

www.bizdin.kg

а түгүл акындын сүрөттөө каражаттарында, ой жүгүртүүлөрүндө фольклор кадимкидей акынга таканч берет, «Салтанат, сайран өлкөсү» сыяктуу айрым ырларында ал кадимки эле элдик поэзиянын таламдары менен өз оюн айтып берет, бирок кийинки, айрыкча согуш жылдарындагы чыгармаларында оозеки чыгармачылыктын традициялары менен профессионал адабияттын оң көрүнүштөрү бир кыйла билгичтик менен айкалыштырылгандыгын байкоого болот, көп учурда элдик поэзия акындын жолун бөгөгөн эмес, тескерисинче ага канат-бутак болуп берген, окурман менен (ал кезде окурмандын интеллектуалдык деңгээли албетте азыркыдай өскүлөң эмес эле) жакыныраак сүйлөшүүгө оңтойлуу шарт түзүп берген.

Жоомарт көп учурда жазган ырын төкмөлөрчүлөп шарт эле айтып койгон болуу керек, анын бир катар чыгармалары ырдын «стих» деген формасына караганда, «песня» деген формасына жакындашып турат, өз акын-курбалдаштарынын ичинен ал төкмөчүлүгү менен кадыресе бөлүнүп турган. Обончу-композиторлордун көп кайрылышы да балким ошондондур.

Жоомарт Бөкөнбаевдин чыгармачылыгындагы романтикалык пафос, экинчиден, анын келечек жөнүндө ой жүгүртүп жазган ырларынан абдан күчтүү байкалат. Ал өз мезгилинин гана көркөм летописин түзүүгө катышпастан, биздин жана бизден кийинки күндөргө кыял жүгүртүү менен «Эпкиндүү тилек», «Кыргыздын Ала-Тоосу», «Кыял», «Алдымда буудан ат болсо», «Мен өзгөрөм», «Москва», «Кыялым бир күн чын болор» деген сыяктуу ырларын жазды. Анын бул ырларындагы лирикалык каарман 20—30-жылдардагы кыргыз жергесинде болуп жаткан социалдык өзгөрүүлөрдүн башталышын туура аңдап билүү менен кийинки жылдарга ой чабытын көкөлөткөн, бирок ал стихиялуу утопист катары эмес, социалисттик реализмдеги романтик катары көрүнөт, анткени анын кыялы ишке ашпас куру нерселер эмес, сөзсүз бир күн көпчүлүктүн эмгегинен, күрөшүнөн келүүчү эртеңки реалдуулук эле.

Ээн жылга капчыгайга,
Катар шаар салармын.

www.bizdin.kg

Көкөмерен, Суусамырдын,
Көп сууларын бурармын.
Днепрдей электрдин,
Станциясын курармын.

Керме тоонун жылгасынан,
Трамвайга минермин.
Жапай жаткан заңгил тоонун,
Жаактарын тилермин.
Көз жетпеген сары асканын,
Күкүм кылып таштарын,
Айдай даңгыр жол кыларбыз,
Ала-Тоонун асманын.

Келин-кыздар оюн кылар,
Керме тоонун бактарын.

Какшап турган ээн жерге
Катар шаар салынаар...

Ал керегең ак тамдардын
Айнегине алмашар[6].

*(«Кыялым бир күн чын болор»)*

Кана, Москва,
Кайраттана кирели,
Ал Тияншан
Асылдыгын билели.
Колхозчу эжем —
Сыргалардын үйүнө
Электрден
Чырак коюп берели.
Жаңы койчу —
Ашырбектер бир болуп,
Жышыл кырдан
Автомобиль минели[7].

*(«Москва»)*

Жапай турган аскаларды,
Талкалармын, бузармын,

www.bizdin.kg

Ала-Тоонун асманында
Айланармын, учармын.
Боом, Кочкор капчыгайдан
Поезд менен сызармын.

Көгүш жайлоо Көк-Ойроктун,
Көркү чыгар, түрдөнөр,
Көк тиреген кардуу чоку
Көк саймадай гүлдөнөр.
Көмүктөгү калың кенди
Көрүп, табар инженер.
Ала-Тоодон эсеп жеткис,
Алтын, күмүш табылар.
Айнектелген кирпич үйлөр
Чабандарга салынар.
Биздин жайлоо шаар болор,
Миң миллион малы бар.

Ойлоп турсам келечегим —
Кубанычта жүрөгүм.
Куш учпаган кыялардан
Автомобиль минермин[8].

*(«Кыргыздын Ала-Тоосу»)*

Хан-Теңирдин чокусуна
Билимдүүлөр үй салар.
Бир күн кыргыз өскөнүнө
Бүтүн дүйнө таң калар...[9]

*(«Кыял»)*

Ар түрдүү ырлардан келтирилген бул саптар акындын келечек жөнүндө ойлорунун системасы, али келе элек күндөргө жиберген ой-чабыттары. Акындын кыялдануулары ишке ашкандыгына бүгүн биз күбө болуп гана олтурбай, айрымдарын тарыхка айлантып да жибердик. Акын кийинки күндөргө жөн гана ой жүгүртпөптүр, ал күндөргө суктана караптыр, сөзсүз келүүчү жакшылыктар катары үңүлүптүр.

Башкаларга караганда анын кыялкечтиги, жаш баладай ой жүгүртүшү балким кезегинде көбүнө жаккан эмес-

www.bizdin.kg

тир, бирок ал учурдун духунан жана акындын мүнөзүнөн сызылып чыккан.

Жоомарт Бөкөнбаевдин чыгармачылыгында дароо эле көзгө урунуучу дагы бир нерсе пейзаждык көрүнүштөр аркылуу сүрөттөлүп жаткан предметти тереңдетип ачып берүүгө аракеттенүү, б. а. адам мүнөзүн, жаңы турмуштагы жаңылануулары, эмгектин түр-түспөлүн табият менен бирдикте кароо, адам — эмгек — жаратылыш үчөөнүн гармониясын үзбөй көрүү. Бул жагынан ал кадыресе бийиктикке көтөрүлгөн, а түгүл бир топ чыгармалары азыркы күнгө чейин өз маанисин төмөндөтпөй келе жатат. Акындын мындай сүрөттөөлөрүнүн арбын болушуна анын романтикалык стилдеги акын экендиги көп таасир эткен, анткени жаратылыш, табият дайыма романтикалуу. Акындын сүрөттөөлөрүндө «таң жели согулганда гудок урат», «саратан сайрап, күн кайнаганда» буудай сапыруу жүрөт, «күн-жалын көктө турганда, ысык жел бетке урганда» кырманда иш кызыйт ж. б., иши кылып эмгек менен жаратылыш бирдикте, бири-биринен айырмаланбаган байланышта каралат.

Акындын пейзаждык лирикасынын арасынан жыл мезгилдери жөнүндөгү ырларын өзгөчө бөлүп кароого болот. Аларга жаз жөнүндөгү «Жаз», «Жазгы суу», «Жазгы тоо», «Жазгы таң», жай жөнүндө «Жай», «Жайдын кечи», «Жайдын бир күнү», күз жөнүндө «Күз жетти» жана кыш жөнүндө «Кышкы тоо», «Кышкы таңда» деген ырларын өзүнчө бир тутумдаштырып кароого болот. Акын үчүн мезгилдер жөнөкөй гана жыл мезгилдери эмес, адам өмүрү, адам эмгеги, а түгүл мезгил менен доор, өлкөнүн өмүрү символдоштурулуп каралат, ошон үчүн жазда:

Кең талааны атыр жытка чөмдүрүп,
Эркеледи, алпештенип жел жүрүп,
Нурун чачып жерде жүргөн эмгекке,
Көк деңизде кулач урду күн күлүп.

Көркөмү жок кыш маалында кокойгон,
Карагай да мончок, акак тагынды.

Жадырады жердин бети кубанып,

www.bizdin.kg

Коооздолуп кызыл, жашыл куралып,
Салкын аба, кулук жели кулуңдөп,
Эч булут жок көк аскада тунарып[10].

*(«Жаз»)*

ж. б. жаздын белгилери жаңыдан түптөлүп келе жаткан жаш өлкөнүн образы менен символдоштурулат, жазгы сууну «киргилденип чамынып, күңгүрөнүп толкундап, алдас уруп агылып, көбүгүн бүркүп, оргуштап, тундурат кулак жадатып... чатырап батпай тебилип ...», «бүркүп салып жулкунса, балыктар тышка терилип» деген саптар менен жыйырманчы-отузунчу жылдардагы социализмдин бүткүл фронт боюнча чабуулун, анын жеңиштерин, тап душмандарын талкалап жок кылууну («балыктар тышка терилип») көрсөтөт. Мунун өзү, бул форма ошол кезде кеңири тараган ыкма болгон, Горькийдин Шумкары менен Бороон кабарчысы, Блоктун Шамалы менен Бороону, С. Сайфуллиндин Ат арабасы («Советстан — ат араба» деген саптары) сыяктуу эле Жоомарт Бөкөнбаевдин жазы, жазгы таңы, жазгы суусу жаш совет өлкөсүнүн символдук көрүнүшү катары көрсөтүлөт. Акын ошол табиятты гүлдөтүп жаткан, табиятты табият кылып турган эмгек экендигине өзгөчө басым коет. Акындын ырларында таңдын сүрөттөлүшү башкача бир көтөрүңкү рухта көрсөтүлөт:

Күзгү бышкан сар жалбырак
Чач мончоктой шылдырап!
Жан жагымда торгой, булбул
Бир-бирине үн курап,
Түнөөдөгү түрдүү куштар
Ойгонушуп чурулдап.
Тээ тетиги күн чыгыштан,
Сүт төккөндөй бийиктен,
Алда неме самсый келет,
Жаш көңүлүн сүйүнткөн,
Ал — атар таң, кезектеги
Азем салган күмүштөн![11]

*(«Талаа таңы»)*

Деги эле Жоомарт Бөкөнбаевдин пейзаждык лирикасы тропторунун арбын колдонулушу, анын натыйжасында

www.bizdin.kg

сүрөттөөлөрүнүн элестүүлүгү менен окурманды өзүнө тартат, Темиркул Үмөталиев айткандай: «Табияттын, кыргыздын тоо-ташын сүрөттөө жагынан Жоомарттын алдына оңой менен киши чыкпайт».

Жоомарт Бөкөнбаевдин романтикалык стилдеги сүрөткерлерге жакындаштырып турган төртүнчү фактор анын поэтикалык каражаттарындагы романтикалык боёктордун арбындыгы. Акындын ырларында ырдан ырга көчүп жүргөн жаныбарлар — Торгой, Чегиртке, Булбул. Ошондой эле акын колдонгон троптордогу гиперболизациянын арбындыгы да отузунчу жылдардын адамдарынын образын романтизациялоодо акынга жардам берген.

«Темирдей жанчып жатат талкан-талкан»
«Созулат кара темир болуп аркан»
«Машина күрпүлдөнөт темир чайнап»
«Күмүш пахта дөбө-дөбө үйүлдү»
«Жер жылдызы жаркырады жаңырды»
«Дөңгөлөк бийлеп жүрдү ырдай-ырдай»
«Жандырып карбиттерин балбыл-балбыл»
«Асканы муздай талкалап»
«Автобус чуркайт кийиктей» ж. б.

Бул троптор акындын каармандарын фольклордогу каармандарга окшотуп таштайт дегенге караганда, кайра 30-жылдардын адамдарынын гана бир аз көтөрүңкү рухта жазылган образы десек аша чаппагандык болобуз.

«Чертилгин,
Чертил комуз, чертил-чертил»

*(«Биздин кылым»)*

«Жарышып балкалар да чака-чака,
Тынымсыз эмгек кайнап бака-шака»

*(«Гудок урганда»)*

«Өрдөп-өрдөп мен барамын

*(«Тоо башында паровоз»)*

Ырдап-ырдап үн саламын»

*(«Тоо башында паровоз»)* ж. б.

www.bizdin.kg

Лирикалык ырларынын көп жерлеринде учураган жогорудагыдай тууранды, сырдык сөздөрдүн, кайталанма кош сөздөрдүн көптүгү да акындын көтөрүңкү эмоционалдык пафосун аныктап турат. Башка акын-жазуучуларга караганда Жоомарт Бөкөнбаевдин романтикалык пафосунун күчтүүлүгүнө анын жеке өзүнүн инсандык натурасы да бир кыйла таасир этти. Ал «... көзү оттуу, алгыр мүнөздүү, жалындуу курч, кезегинде бетке чабар орой, кезегинде жатык элпек, жайдары-шайыр» (К. Маликов), «иштеген учурларында жээкке чарпылып, кайра шыбыргактап аркасына кетип турган көл толкуну өңдөнүп», «өтө шамдагай, шайдоот басчу», «бала кыял ак ниеттүүлүгү», «терс көрүнүштөргө, адилетсиздикке, кара ниеттүүлүккө жанманы калбай күйкөлөктөнүп, тартынбай бетке айтышы» (Т. Адышева) ж. б. ушуга окшош мүнөзүндөгү сапаттары, кыялкечтиги, ар кандай нерселерге тез реакция бериши, шашмалыгы, алабармандыгы ырларында сөзсүз түрдө чагылдырылды, анын үстүнө акын чыгармачылыгын өтө жаш кезинде — романтикалык курагында көрсөттү, мунун өзү да сөзсүз түрдө андан ушундай пафостогу ырларды жазууга түртkү берди. Бекеринен ал котормолоруна романтикалык жана романтизм методунда жазылган чыгармаларды (Гете, Руставели, Лермонтов) көп тандоого аракет кылбаса керек.

Ж. Бөкөнбаевдин чыгармачылыгына арналган айрым эмгектерде[12] акын Түштүк Кыргызстанда туулуп, балалыгын өткөргөндүктөн шахтерлордун жана кенчилердин турмушун жакшы билген дейт. Ырас, акын Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Көк-Жаңгак шахтыларын кийин көрсө көргөндүр, бирок, анын балалыгы шахтылуу шаарларда өткөн жок. Ал 1910-жылы Кетмен-Төбө өрөөнүнүн Мазар-Сай деген айылында туулган. Бул аймактарда ал кездерде жумушчу калкы болбогон, Түндүк-Түштүк, Батыш-Чыгыш кыргыздарынын уюткулуу уюму катары бул жер сөз устаттарынын устаканасы болгон. Алар түштүктүн салт-ырасымын, өнөрүн, тилин түндүккө, аркалыктар деп аталган түндүк кыргыздарынын, таластыктардын маданиятын анжиандык, алайлык кыргыздарга — түштүккө өткөрүп берип турган көпүрөнүн ролун аткарган. Ошол көпүрө Жоомартты сөз өнөрүнө жакын кылган. Оозеки алган би-

www.bizdin.kg

лим-тарбиясын 1922-жылы туулган жериндеги Арым мектебине кирүү менен дагы бышыктап, анан Түштүккө — Көк-Арт балдар интернатына, 1926-жылы Ошко кетет. Эки жылдан соң Фрунзеге которулат. Көрүнүп тургандай, ал куштун эки канатындай болгон Түндүк менен Түштүктүн таалим-тарбиясын, билимин эриш-аркак көрдү. Бирок ал жогоруда айткандай шахтерлор шаарында жашаган жок. Демек анын шахтерлор тууралуу ырлары командировкалык таасир менен гана жазылган ырлар, бирок учурдун пафосун кармаган демдүү ырлар гана болгон, чоң поэзия, чоң образдарды жарата албаган.

Ж. Бөкөнбаевдин кийинки тагдыры журналистика менен, басма сөз органдарына жетекчилик кылуу менен көп байланыштуу болгондуктан, бир жагы ал Москванын, Фрунзенин тапшырмаларын, партиянын токтом-чечимдерин «лаппайлап» аткарууга үйрөндү, социалдык заказ кандай чыгармага коюлуп жаткандыгын мыктылап түшүндү. Ошон үчүн ал бүт Кыргызстанды түрө кыдырды. «Атка жеңил, тайга чак» ырларынын көбүн жолдо же борбордон чет жердеги жатак жайларында жазды. Ордендүү акын-редактор, коммунист, орус тилин жакшы билген киши Кыргызстанда гана эмес Москвада да зоболосу болгон, ошон үчүн ал эмне жазса, басылып чыгып турган.

Акындын өз кезегинде мыкты кабыл алынган чыгармасы да, анын жазгандарынын ичинен көлөмдүүсү да «Ажал менен Ар-намыс» поэмасы болуптур. Согуш мезгилинде жазылган бул чыгарма кайсыл жагы менен баамга урунган? Биринчиси, көркөм образ катары Ажалдын жана Ар-намыстын бейнелеринин киргизилгендиги, алардын шарттуу каарман катары адамча сүйлөп отурушу. Экинчиси, ошол жылдарда согуш майданын сүрөттөгөн чыгармалар дээрлик жок болсо, анын бул чыгармасы аркылуу тылдагы окурманды майданга жетелеп барган, согуш алааматын бирөөлөрдөн гана угуп-билген, ошол жакка үмүттүү да, күйүттүү да караган кыргыз окурманы үчүн бул өзгөчө керектүү нерселерден болгон. «... Поэма жалындуу эмоциялык дем, көтөрүңкү баатырлык пафос, темпераменттүү эпостук интонация менен башталат... Ырас, анда кызыктуу чоң окуялар, чиеленишкен адам тагдырлары жок. Бирок анын ичинде бай мазмун, күчтүү эмоциялык энергия

www.bizdin.kg

бар». «... Көркөм организми андан бетер кызык. Ал-шарттуулук менен реалдуулуктун, жазма поэзиядагы айрым мүмкүнчүлүктөр менен фольклордогу салттардын ширөөсүнөн бүткөн чыгарма. Таамай реалисттик пейзаж баяндоонун романтикалык манерасы менен айкалышат. Азыркы согуштун реалдуу картинасында жомоктук элементтер жүрөт. Фантастикалык образ-символдорго удаалаш эле жандуу адамдар жолугат. Ушул ар кошкон белгилер өз ара байланышып, бирин-бири толуктап, поэманын реалисттик багытына романтикалык мүнөз берет. Алиги фантастикалык образдар да жансыз символика бойдон калбайт, сөөлөт үчүн кирген бөтөн мүчө сыңары поэманын романтика-реалисттик стихиясынан калдайып бөлүнүп турбайт, тескерисинче, поэманын көркөм тканына эриш-аркак болуп, башкы идеянын жалпылоочу күчүн арттырат». «... Поэманын сүрөттөө ыкмасына да, стилине да, көркөм каражаттарына да фольклордун тамгасы басылган. Ар бир сабы аллитерация менен ассонанска чырмалып турат. Элдик эпостордо арбын жолукчу табият кубулуштарын жандандыруу, психологиялык жана синтаксистик параллелизмдер, түрдүү гиперболалар, туруктуу эпитеттер көп жерде учурайт»[13] (С. Жигитов). «Ажал менен Ар-намыстын» поэтикалык доминантасы элдик поэзияга барып такалары күмөнсүз»[14] (К. Асаналиев). Эки адабиятчынын бул ойлору, албетте, поэма жаралгандан бери болгондо чейрек кылымдан кийин, кыргыз адабияты фольклордун «бешигин» тээп чыгып, ар-ар жакка канат күүлөп калган кезде айтылып жатат. Анда неге эки адабиятчы тең поэмадан фольклордук күчтүү таасирди көрдү? Себеби, кийинки күндүн «көз айнеги» менен караганда анда фольклордук сүрөттөөлөр, фольклордук «тамга» оркоюп, бери чыгып көрүнүп берет, ал эми өз мезгилинде, 40-жылдарда оозеки чыгармачылыктын «упчусун» соруп жүргөн окурман үчүн анын баары керек нерсе, андан башкача болсо кабыл алынбай турган көрүнүш, ой жүгүртүүнүн массалык тиби болгон.

Ж. Бөкөнбаевдин чыгармачылыгындагы жаңы баскыч, аны ошол кездеги кыргыздын жумурай журтуна тааныткан чыгармасы, «Алтын кыз» болду. Ал ошол кездин № 1 темасына — тап күрөшүнө арналган. «Ж. Бөкөнбаевдин «Алтын кыз» (1937) драмасы колхоз темасын өздөштү-

www.bizdin.kg

рүүдөгү алга жасалган жаңы кадам болду жана бул темадагы буга чейинки көркөм аракеттердин белгилүү деңгээлде жыйынтыгын чыгарды десек болот» деп жазат драматургиябызды терең изилдеген адабиятчы С. Байгазиев[15]. Демек, анын пикирине кошулуу менен бул чыгармасын Жоомарттын эле эмес 30-жылдардагы кыргыз адабиятынын бир жетишкендиги катары кароого болот.

Бүгүнкү бийиктиктен туруп караганда Жоомарт Бөкөнбаевдин бир топ чыгармачылык, өксүктөрү, мезгилдин күршар агымы менен кете берип, бирок кайсы бир мезгил өткөндө сүрүлүп ташталчу чыныгы поэзиянын деңгээлине көтөрүлө албай калган чыгармалары да көп эле көрүнүп турат. Алар кайсылар? Биринчиден, акындын чыгармаларында, өзгөчө поэмаларында конфликтин коюлушу, чечилиши чеберчилик менен ишке ашпагандыгы, турмуштагы терс көрүнүштөрдү, терс каармандарды оңой эле жеңилтип, ар кандай душмандыктын, жаңынын жолун бөгөөчүлүктүн конфликсиз эле чечилиши («Душман калды эси кетип жалдырап, агып каны, сөөктөрү шалдырап»[16]. «Большевик берип команда, көмүштү көргө каманды»[17] «Капиталист какшады, кан жөткүрүп, калтырап»[18] ж. б. саптарда көрүнүп турат. «Капчыгай окуясында» болсо тап душмандары оңой эле жеңилип берет, бир эле каарман көбүн өлтүрөт ж. б.).

Экинчиден, Жоомарт Бөкөнбаев «Ажал менен ар-намыс» деп аталган поэмасына чейин бул жанрда өзүн анча көрсөтө албай келгенсийт, б. а. жанрдын спецификасын өздөштүрө албай жаткандай, чыныгы чоң форманын — поэманын ичине кире албай келаткансыйт, бул балким ушул багыттагы профессионалдык камылгасынын али да болсо бышып жетпей жаткандыгы менен бирге эле өзүнүн жаштыгы, турмуштук тажрыйбасынын али да болсо жетишсиздиги менен түшүндүрүлөт. Буга тез иштеген мүнөзү, бүгүн жазып, эртең газетага берүүгө ашыккан кесиби да таасир этпей койбогондур. Ошондой эле жанрдын өзгөчөлүктөрүн түшүнө албоо, чындап тереңдеп кире албоо аллегориялык мүнөздөгү чыгармаларынан («Жылан менен бака», «Мышык менен май», «Булбул менен гүл», «Кулаа-

www.bizdin.kg

лы», «Сагызган сактыгынан өлбөй, суктугунан өлөт») да байкалат, кантсе да бул чыгармаларда тамсилдин жанрдык талабы али толук өздөштүрүлө электигин көрүүгө болот. Ошондой эле В. В. Маяковскийди тууроодо да акын ыр саптарына сырткы белгилерин гана окшоштуруп жазуу, а чынында чоң акындын формалык табылгаларын чыгармачылык менен өздөштүрө албоо сезилет («Маяковский Америкада», «Кызыл туу» поэмаларында).

Ырларынын күндөлүк күрдөөлдүү иштердин агымына карата ыкчам жооп менен жазылышы кандайдыр бир даражада акынды философиялык ойлуу поэзия жазуудан алыстатып койгонсуйт (ошол жылдардагы А. Токомбаев, М. Элебаев жана кийинки А. Осмоновдор жеткен ийгиликтерге жете албай калган). Ошондой эле сүйүү ырларында да ошол жылдарга мүнөздүү болгон аялдарды, аларды эмгекке чакыруу, социализмге кызмат кылдыртуу идеясынын алга сүрүлүшүнөн улам жеке интимдик мамилелер, «сүйүүнүн көзү көрбөс түрлөрү» (А. Осмонов) далдоодо калып калган өңдөнөт.

Бир кезде, жыйырма жети жашында Жоомарт:

Көк тиреген сонун үйлөр
Фрунзеде орнолор.
Көк сырдалган трамвайлар
Көчөлөрдө жорголор.
Көрүп турса таңкаларлык,
Көчө астында жол болор.

Ал кездерде мен картайып,
Таяк менен басармын,
Өткөн турмуш, көргөн күнүм.
Жомок кылып жазармын.
Жадыраган күлгүн жашка
Жарашыгын айтармын[19],

*(«Кыял»)*

деп кыялданган экен. Анын кыялы чындыкка айланды, ошондогу Фрунзе шаары көп кабат үйлөрү менен, бак-дарагы менен таанылгыс болуп өзгөрдү, бирок арабызда ошол кыялданган акын жок, анын курдаштары таяк менен басышып, өткөн турмуш, көргөн күнүн жомок кылып ай-

www.bizdin.kg

тып жүрүшөт, а Жоомарт болсо тармал чачын желге сылап Эркиндик саябанында бүгүнкү биздин бактылуу күнгө ыраазы болуп, өткөн кеткенге жылмая карап тургансыйт.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

*Адышева Т.* Акын кантип толкуган//Китепте: Жоомарт Бөкөнбаев. Тандалган чыгармаларынын эки томдугу. I том. — Ф.: Кыргызстан, 1973. 9-бет.

[2] *Жоомарт Бөкөнбаев.* Тандалган чыгармаларынын эки томдугу. — Ф.: Кыргызстан, 1973. I т. 151-бет.

[3] Аталган китеп. 161-бет.

[4] Аталган китеп. 84-бет.

Аталган китеп. 174-бет.

Аталган китеп. 188—190-беттер.

Аталган китеп. 177-бет.

[8] Аталган китеп. 206-бет.

[9] Аталган китеп. 208-бет.

[10] Аталган китеп. 14-бет.

Аталган китеп. 161-бет.

[12] *Караңыз:* М. Богданова. Киргизская литература. Очерк. — М., Сп., 1947. 166-бет.

[13] *Жигитов С.* Ырлар жана жылдар. — Ф., 1972. 66, 68—76-беттер.

[14] *Асаналиев К.* Өрдөн өргө. — Ф., 1977, 148—149-беттер.

*Байгазиев С.* Драматургия//Китепте: Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. Эки томдук. I т. — Ф.: Илим, 1987. 218-бет.

[16] *Жоомарт Бөкөнбаев.* Тандалган чыгармаларынын эки томдугу. I т. — Ф., 1973. 29-бет.

[17] Аталган китеп. 66-бет.

[18] Аталган китеп. 101-бет.

[19] Аталган китеп. 208-бет.

www.bizdin.kg

## МАЛИКОВ КУБАНЫЧБЕК

*(1911—1978)*

Акын-драматург К. Маликов кыргыз улуттук профессионалдык адабиятынын негиздөөчүлөрүнүн бири катары элинин көркөм маданиятынын өсүп-өнүгүшүнө зор салым киргизген. Анын адабий мурасы баарыдан мурда тематикалык жактан өтө байлыгы, терең мазмундуулугу, жаңычылдыгы менен өзгөчөлөнөт. Ал 1911-жылы Кант районундагы Үч-Эмчек айлында төрөлгөн.

К. Маликов чыгармачылыгын өзүнө курбалдаш жаш таланттар сыяктуу эле кыргыздардын биринчи газетасы «Эркин Тоонун» бетине кабар жазуудан баштап (1926-жылы) «Чүй баласы» деген псевдоним менен айылдык кабарчы катары кадам таштаган. Ошол кези тууралуу өзү эскермелеринин биринде кийин минтип жазган: «Мен газетага кабар жазуудан (15 жашымдан) баштаганыма өкүнбөймүн. Анткени газета кызматы жаш каламдарды элге жакын кылат, турмушту көп үйрөтөт жана көп жанрда жазууга, көз караштын кенен болушуна мүмкүндүк берет»[1]. К. Маликов ыр жазуудан тышкары бир көшөгөлүү пьесаларды да жаза коюп жүргөн. Бирок анын чыгармачыл адам катары таанылган учуру 1928-жылдан эсептелет да акын ошондо эле негизинен эки салаада — поэзия менен драматургия багытында активдүү эмгектене баштагандыгын көрсөтөт. 1928-жылы акындын «Жазгы талаа» деген «Эркин-Тоого», «Ким эмне дейт», «Жайлоо» деген ырлары «Жаңы маданият жолунда» журналына басылат. 1931-жылы «Теңдик курманы» деген пьесасы өзүнчө китеп болуп чыгат. «Мени ыр жазуу жөнүндө ойлонто баштаган «Эркин-Тоонун» алгачкы сандарына басылып чыккан Аалы-

www.bizdin.kg

нын (Токомбаев — А. Ж.) «Октябрдын келген кези», Мукайдын (Элебаев — А. Ж.) «Зарыгам», Жуманын (Жамгырчиев — А. Ж.) «Кайгылуу күнү» деп ойлойм»[2] — дейт ал бир эскерүүсүндө. Демек «Семетейди» баш кылып кыргыз, казактын сонун ырларын созултуп ырдап жүргөн тойпондогон тоголок кара баланын профессионалдыкка баш коюп белсенген учурдагы таянган тоосу элинин көркөм салттары менен алдыңкы муундагы акын-жазуучулардын чыгармачылыгы эле. Алар болсо алгачкы кадамдарын Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы сыяктуу эл ырчыларынын прогрессивдүү традицияларын улантуудан башташкан. Ага кошумча — Кыргызстанда болуп жаткан улуу өзгөрүштөр жаш таланттардын акыл-сезимин эрте ойготуп, эрте жетилүүгө өбөлгө болгон. Катарлаш калемгерлер сыяктуу эле К. Маликов да коомдогу актуалдуу маселелерге, жаңы идея, жаңы мазмунга дилгирленип, жергесиндеги ар бир турмуштук жаңылыкка өзгөчө маанитартуулап, өзү бешигинде термелген фольклордун прогрессивдүү традицияларын улантуу менен үнүн кошуп турган. Ошондо эле башталган жогорку патриоттуулук, өзгөчө эмгекчил кужурмөндүк акындын чыгармачылыгында өмүр бою сакталган. Анын ар бир ыры кыргыз жергесинде жүрүп жаткан түркүн түстөгү өзгөрүүлөргө, реалисттик революциячыл жаңылыктарды камтууга арналган. Ошолордун ичинен 1928-жылы жарык көргөн «Жазгы талаа» деген ыры адатта К. Маликовдун басма сөздөгү бет ачар чыгармасы катары саналат. Кеп анын биринчи эсебинде эмес, ошол кезде (1927—1928-жылдары) өлкөдө жүрүп жаткан тарыхый акт жер реформасына үндөш чыккандыгында. Жер-суу реформасынын активдүү күрөшүүчүлөрүнүн бири катары анын маанисин элге тезирээк жеткирип, даңазалагысы келет. Ошондон улам акындын бул ырында коллективдүү чарбадагы техниканын, кажыбас эмгектин натыйжасында жаңы түргө келген байыркы кыргыз жеринин поэтикалык элеси тартылган. Жаңы коомдо жаңы мазмунга ээ болгон Жер-Эненин жандуу картинасы жаңыча формага салынган. Ырас, мындан жалпы кыргыз турмушунун, кыргыз жеринин жаңырган пейзажын толук түзүлгөн образ катары кабылдоого али эрте. Бирок ушул ырдан баштап эле К. Маликов фольклордук традицияны

www.bizdin.kg

чыгармачылык менен колдонуп, жаңыча жазуу учурдун талабы экендигин сезе баштагандыгы чындык. Калемдештери сыяктуу эле башкалардан үлгү алуу, үйрөнүү, билимин тереңдетүү максатында ар качан өсүшкө умтулган. К. Маликовдун өзүнүн: «1928—1929-жылдарда «Ленин жолу», «Жазгы талаа» сыяктанган ырларыбыз С. Сайфуллиндин (казак элинин акын-жазуучусу — А. Ж.) поэзиясынын белгилүү таасири астында келип чыккан десек жаңылышпайбыз»[3] — дегени бар. Бул жерде акын таасир проблемасын кандай түшүнүп, кандай мааниде белгилеп жатканы анча ачык болбосо да негизинен форма, стилистика жаатында болгондугу талашсыз. Ал эми поэтикалык жаңы форманын кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармачылыгындагы алгачкы тажрыйбалары филология илиминин доктору, Улуттук илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти А. Садыков туура белгилегендей «... толук кубаттоого арзырлык эле, анткени традициялуу 7—8 муундуу строфалык системадан, уйкаштык нормасынан чыгууга аракет жасоонун өзү жакшы жөрөлгө болучу»[4]. Ошентип, оозеки форма менен катар эле күчтүү өнүккөн жазма адабияты бар казак боордоштордун жаш кыргыз профессионал адабиятына берген агалык көмөгү бекерге кеткен эмес. Акындарыбыз көпчүлүк чыгармаларында көркөм форманын өзгөчө түрүнө көңүл бөлүп, элдик оозеки чыгармачылыктын салттуу улуттук формаларын профессионалдык азыркы адабияттын ыктары менен айкалыштырууга бет алышкан. Эске алып кое турган бир жагдай — таасирленүү маселесине келгенде — ар бир талант өзүнүн жөндөм шыгына, саясий көз караш, билим-түшүнүгүнө, ошондой эле жеке адамдык кулк-мүнөзүнө жараша да башкаларга ык алышат. К. Маликовго таандык өзгөчө шайдоот-шамдагай оперативдүүлүк, бетке айткан курч, өткүрлүк — балким, С. Сайфуллиндин чыгармалары аркылуу баарыдан мурда орус акыны В. Маяковскийдин күжүрмөн-күрөшчүл духуна жакындаткан. В. Маяковскийдин поэзиясындагы жаңы форма мезгилдин агымына шайкеш келип, эмгек жана аны жаратып жаткан адам баласын даңазалоодо жөнөкөй ийкемдүүлүгү, жогорку пафостуулугу менен жаккан. Мына ошондой шартта К. Маликовдун көркөмдүк чеберчилиги да өзүнүн татаал ашуу

www.bizdin.kg

ларын ашып жаткан. Ал кездеги негизги көркөм ыкма эски менен жаңы заманды, анын ар кандай жетишкендиктерин салыштырмалуу сүрөттөп берүү эле. Ушул эле ыкма кийинки К. Маликовго окшогон кыргыз адабиятынын жаштарына да мүнөздүү көрүнүш.

Акындык натурасы боюнча төкмө, жазгыч акындарга жакын турган К. Маликов чыгармачылыкка беттегенден тарта өлкөдөгү актуалдуу маселелерге өз үнүн активдүү кошо келди. Анын алгачкы ырларында мурдагы кыргыз элинин көчмөн турмушу сүрөттөлүп келип, аягында отурукташкан жаңы чарбанын артыкчылыгын калың массага терең түшүндүрүүгө болгон аракет, ар бир жеңишке жетине албай толкундоо сезими күчтүү эле. Анткени жазуучу өзү күбө болгон коомдун принциптерин жан-дили менен колдоп, анын жыргалдуу келечегине терең ишенгендиктен, жан-алы калбай колкабыш этүүгө дилгир болчу. Эски менен жаңынын асман-жердей айырмасы айрыкча аялдардын тагдырынан даана сезилип тургандыктан, автор ага атайын кайрылып, «Сайкал апа», «Күлүйпа», «Акылай» өңдүү көлөмдүү прозалык чыгармаларды, «Теңдик курманы» драмасын да арнагандыгы белгилүү. Кыргыз аялдарына карата коом тарабынан болгон кайдигерлик:

Эсиңдеби, өткөн күн?
Сен ошондо
Мал ордуна сатылдың.
Сөөлөттүүлөр чечкен жок,
Чын тагдырын
Мөлт-мөлт аккан жашыңдын...

*(«Сен жолдошум»)*

деген поэтикалык саптар аркылуу берилип, эмики кыргыз кыз-келиндери эңсеген эркиндик астында түрдүү өнөркесиптин чыныгы ээси болуп, алдыңкы катарга бөлүнүп чыккандыгын кубанычтуу кабарлайт. Анын калемине илинбей калган объектини табуу өтө кыйын. Ал ыр жазууга киришкен мезгилде жаңы турмуш менен эскиликтин ортосундагы кагылыш али күч алып турган мезгил эле. Тап күрөшүнүн илеби партиялык позициядагы курч чыгармаларды талап кылган. Кайсы гана акын-жазуучу болбосун, чыгармаларынын өзөгүнө жаңы турмушту бекемдөө, анын

www.bizdin.kg

душмандарынын бетин ачуу максатын биринчи орунга койгон. К. Маликов да өз учурунун чыныгы агитатору катары көпчүлүк ырларында жалпы эле эмгекчини саясий кыраакылыкка үндөө менен коомдогу ар бир жаңылыкты даңазалап, эркин эмгек ээлеринин жеңиштерин күүгө салган. Ошондой чыгармаларынын алдыңкылары 1934-жылы жыйнак болуп жарык көргөн. Акындын поэзиясында пейзаждык лирикалары да басымдуу. «Чүй боорунда», «Памирде», «Соң-Көл жайлоо», «Долон бели», «Алтын тоо» ырлары менен очерк тибинде жазылган көлөмдүү «Ысык-Көл сүрөттөрү» ошондой чыгармалардан болуп эсептелишет. Дегинкиси эле пейзаждык лирика анын өмүр бою сүйгөн жанры. Акындын чыгармачылык жигери да ушул темадагы ырлары аркылуу даана сезилет. Албетте, акындын 1929—1935-жылдар аралыгындагы ырлары текши эле көркөм чыгармага тиешелүү касиеттерди өздөштүрүп жиберген эмес, бирок тематикалык жактан К. Маликовдун чыгармалары мезгилдин жаңылыктарын камтууга активдүү аракеттенгендиги бештен белгилүү. Айрым тематикага акын бир эле эмес, бир нечелеп кайрылган учурлары болгон. Ушуга жөнөкөй эле бир мисал: К. Маликовдун кыргыз жерине келген жаңылык катары кабыл алынган паровоздун келишине арналган «От араба», «Кара тулпар», «Биз жолдоштор», «Акын сыры» ырлары бар. Ырас, бул темадагы чыгармалар боордош элдердин адабиятында да, биздин акын-жазуучуларыбыздын ырларында да көп кездешет. Бирок К. Маликов бул темага бир нече ирээт кайрылуу менен улам кийинки жаңы ырында алынган объектинин көркөм картинасын өтө тереңдетип, конкреттештирип, ал турсун ошол образ аркылуу коомдук, социалдык мазмун берип отурат. «От арабада», «Чырак көз, чоюн көкүрөк, болот канатчан» от менен жүргөн анча түшүнүксүз бир техниканы көрсөк, эми акын коомдун алгалаган темпине шайкеш көркөм элес жаратып отурат. Бир сөз менен айтканда бул эле эмес, жалпы эле отузунчу жылдардагы чыгармаларында турмуш чындыгынын сырт көрүнүштөрүнө караганда анын ички касиеттерин тереңирээк ачып берүү багытына бет алганы байкалбай койбойт. Ошону менен бирге эле эпикалык пландагы ыр менен очерк («Ысык-Көл сүрөттөрү») жазуу, драма («Теңдик Курма-

www.bizdin.kg

ны»), сатиралык ырларды жаратуу, б. а. кыргыз оозеки көркөм маданиятынын салтында жок жаңы жанрларды жандандыруу аракети да К. Маликовдон четте калган эмес. Айрыкча К. Маликовдун 1935-жылы жарык көргөн «Театралдык ырлар» деген жыйнагы кыргыз поэзиясындагы сатира жанрынын жанданышына карата К. Маликовдун зор эмгегин далилдейт. Акын адатта турмушта боло турган кемчиликтердин чоң-кичинесине карабай, анын зыяндуу жагына атайын басым жасап, өтө жийиркеничтүү сүрөттөйт. Чыгарманын жеткиликтүүлүгү үчүн акын атайылап, элдик оозеки чыгармачылыкты айтыштын салттуу түрлөрүн тандап алат. Сатираларындагы каармандар бирибиринин кемчиликтеринин бетин ачышканы аз келгенсип, өзүн өзү ашкерелеген учурлары бар. Бул сөзүбүздү акындын «Кандай сүйгөм», «Кыйынмын» өңдүү сатиралык ырлары далилдейт. Ушуга окшогон моралдык-этикалык проблемаларга арналган ырлары жөнүндөгү оюбузду жыйынтыктасак, бул ырлар айрыкча акын өзү аралашкан чөйрөгө, жергиликтүү интеллигенттердин жашоо-тиричилигине арналган. Акын өзгөчө сезгичтик менен алардын жеке турмушундагы, жүрүм-турумдарындагы терс көрүнүштөрдү, жаңыдан пайда боло баштаган мещандык өнөкөттөрдү өз учурунда туура баамдай алган. Ушул жагынан ырасын айтсак, К. Маликов кыргыз жазма поэзиясында бөтөнчө 30-жылдардагы дың бузарлардын биринен.

Кыргыз айылдарында жүрүп жаткан жаңы турмуш, жаңы толкун элдин өзүнө тааныш фольклордук ыкмадагы чыгармаларды күткөн. Ошондон улам 30-жылдарда К. Маликовдун сатираларында кеңири орун берилген фольклордук традициялуу жанрдык формалардан болгон айтыштын түрлөрү жаңы мазмунду берүүдө өбөлгөлүү кызмат көрсөткөндүгүн түз эле айтууга болот. Турмуштук жаңы кырдаалдарга, жаңы өзгөрүштөргө карай тематикалык составдын жаңыртылышы, байышы менен төңкөрүшкө чейинки айтыш ырларынын жанрдык бөтөнчөлүктөрү, мүмкүнчүлүктөрү, табылгалары көбөйгөн. Мурдагы мүнөздүү белгилерден болгон импровизациялуулук К. Маликовдун сатиралык ырларында да жемиштүү кызмат өтөдү. Айырмасы — К. Маликов реалисттик пландагы стилистикалык түзүлүштөргө орчун кайрыла алды. Буга кошумча — тубаса

www.bizdin.kg

сынчылдык жөндөмү табында болду. Натыйжада анын өткүр калеминен «Экөөбүздүн сырыбыз», «Сени айтам», «Жашырбайбыз», «Өң карама калтылдак», «Бул кылыгың жарайбы?», «Эсеп сурайбыз», «Эй, түгөнгүр!», «Таш күзгүнүн түбүндө». «Чындыкка» өңдүү түркүн түстөгү тематиканы камтыган сатиралык чыгармалары жаралды. Буларды бир караганда автор өзүнүн поэтикалык назарын көбүнчө эле примитивдүү, жеңил-желпи турмуштук терс көрүнүштөрдү ашкерелөөгө бөлүп жаткандай туюлат. Негизинде алар ошондой максатта жазылган. Кыргыз акын-жазуучулары өздөрүнүн башкы милдети деп, жаңы коомду курууга кедерги болуп жаткан ар кандай көрүнүштү ашкерелеп, бетин ачууну түшүнүшкөн. Ошондон улам курулай чаап жүргөн атка минер желөпкө да, күзгүдөн кетпей алакандай бети менен убараланган бекерпоз сулуу да, өң карама эки бет да акындын кылтагына илинген. Биринчи беш жылдыктар мезгилинде эл ичинен чыккан айрым жалкоолордун, коомго зыян келтирип жаткан бюрократтардын айыбын кайым айтыш менен тартипке чакырган. Акындын «Таш күзгүнүн түбүндө», «Мен кандаймын?», Атасы менен баласы», «Сен койсоң да мен койсом», «Ыраспы ушул?», «Мен барбайм» өңдүү сюжеттүү ырларынын ооздон-оозго өтүп, элдик өздүк көркөм чыгармачылыктын репертуарларында узак жашап келгендиги бекеринен болбогон. Ошону менен бирге эле тап калдыктарын, жаңы түзүлүштүн ийгиликтерин ич тардык менен ушактаган чет элдик душмандарды сындоо да мезгил талабынын негизгилеринен болгондуктан, К. Маликов сатиранын жардамы менен адамдардын атуулдук сезимдерин ойготуп, дос, душман ким экендигин кыраакы баамдоого багыт берген. Калктын караңгылыгынан пайдаланып, ар түрдүү амал-айла колдонгон тап душмандарын убагында көрө билүүгө, сыр бербөөгө чакырган сатиралардагы дагы бир артыкчылык — акын ар түрдүү көз караш, ой-пикирдеги лирикалык каармандын көп кырдуу образын да жарата алгандыгында. Мисалы, «Мен кандаймын?», «Сен койсоң мен да койсом» аттуу сатираларындагы бет келишкен эки каармандын ар кимиси кезегин алганда адегенде өз кемчилигин айтып, экинчисинин да айыбын ача кетет:

www.bizdin.kg

Иште таштап, үйүмдө уктап
Жатканымды мен койсом.
Билбесең да билемин деп,
Мактанууну сен койсоң[5] —

деген манерада бири-биринин кемчиликтеринин бетин ачып жүрүп отурушат да акырында бир бүтүмгө келишет. Коллективизация сыяктуу бүткүл дүйнөлүк мааниси бар бурулуш жылдарында мындай агитациялык ырлардын мааниси аз эмес эле.

Тап күрөшүнө байланыштуу 30-жылдары Ата-Мекенди сүйүүгө тарбиялоо, аны көздүн карегиндей сактоого үндөө проблемасы күн тартибинде эле. Ошого ылайык акындардын чыгармаларында коргоо темасындагы пафостуу ырлардын жаралышы табигый көрүнүш болгон. Бул багытта К. Маликов да зор эмгек этип, «Азаматтар асманда», «Биз жолдоштор», «Кызыл армиянын сөзү», «Турмуштагы шерикке», «Кызыл атчандар» ж. б. ырлары жазылып, «Кызыл атчандар» дегени аскер маршы катары обонго салынып, ырдалып кеткен. Дегинкиси К. Маликовдун ырларынын тексттери музыкалуулугу менен көпчүлүк учурда обондуу ырга айланган. «Ак кептер», «Жаркыным», «Ыргытып кой алмаңдан» аттуу махабат ырлары нукура элдики катары кеңири массага сиңип кеткен. Маселен, айрым ырлардын китеп бетинен түз эле элдик оозеки поэзияга айланып кетишин эмне менен түшүндүрүүгө болот? Ал ырларда элдик духтун, элдик психологиянын, аң-сезимдин таасын чагылышы менен. Экинчиден, окуучулардын эстетикалык талабы да али фольклордук негизде эле. Бул фактыдан көрүнүп тургандай, К. Маликовдун чыгармалары жөнүндө сүйлөгөндө аны элдик фольклордон ажыратып кароого болбойт. Демек, акындын акындык таланты адамдагы түбөлүктүү асыл сезимдерди жетелеген сүйүү темасында да элдик салттуу ыкмаларды орду менен пайдаланууга жетишкендигинде. Акындын поэзиясы бул этапта негизинен элдик духта өнүктү деп айтуу менен фольклордук стихия К. Маликовдун лирикасынын күчтүү жактарынан болгон деш туура. Акындын калеми төшөлгөнгө чейинки кулагы укканы, көргөн тарбиясы элинин көркөм бай мурасы болгон. Мына ошонун таасиринен К. Маликов

www.bizdin.kg

кайсы бир убакта эл оозунда жүргөн эпикалык элестерден, көңүлүндө калып алып, уялаган даяр клише, формулалардан, көркөм каражаттардан пайдаланбай кое алмак эмес. Натыйжада анын ырга кошкон селкилери «ак куудай, ак кептердей, ак калтардай, кызыл гүлдөй» сулуу, көркөм сүрөттөлчү. Бара-бара алар «кызыл фабрикада» эмгектенген «кыйгач топу», «кызыл жоолук» аталып, айыл-кыштактын көркү болгон улан-кыздар биргелешип, иш үстүндө «Жазгы таңда», «Пахтачы кыздын ыры», «Фабрик кызы» өңдүү жаңы турмушка арналган эмгек ырларын ырдашты. Төңкөрүштүн алоолонгон жалынына жылынган акындын поэзиясында «кызыл» деген сын атооч сөз аркылуу (кызыл фабрика, кызыл жоолук, кызыл инженер ж. б.) фольклордогу эмгек ырларынын тааныш формасына салынган жаңы идея, жаңы мазмун, жаңы турмуш көрүндү. Илгерки «Оп майданы» ырдаган жеке дыйкандын бүгүнкү жашоо шарты, принциби жаңыча, жалпы мамлекеттин кызыкчылыгына байланышкан. М.:

Урaанын өкмөттүн орундаймын,
Айдоону күлбак кылып сонундаймын.
Эмгегим көз кайкытса, ашып даны,
Мен кармайм, жалтыраган нурун айдын[6] —

деген саптар лирикалык каармандын коомдук жыргалчылыкты көтөрүүгө канчалык ак жүрөк патриот экендигин айгинелейт. Ар бир дыйкандын маңдай теринен бүткөн мол түшүм — ал баарыдан мурда элдики. Бул ыры аркылуу акын жаңы түзүлүш учурунда отуруктаншкан жалпы эмгекке баш койгон адамдын психологиясынын жаңыча тибин таасын берген.

Эмгекчил жаңы адамдын көркөм образын, реалдуу жаратуу айтканга жеңил, ал эми иш жүзүндө чыгармачылык тажрыйбасы аз жаш авторлордон көп изденүүнү талап эткен. Жаңы замандын күжүрмөн пафосун көрсөтүү, коомду түп көтөрө кайрадан куруп жаткан эмгекчинин аңсезиминдеги түркүн бурулуштардын маңызын ачып берүү, аларды дагы алдыга сүрөө үчүн табигый таланттан тышкары идеялык жактан такшалгандык, саясий кыраакылык, эстетикалык тажрыйба топтоо, күндөлүк саясат менен кабардар болуп туруу өңдүү бир топ камылгалар зарыл эле.

www.bizdin.kg

Мал киндиктүү көчмөн кыргыз элин жаңы конушка кондуруп, илим-билим берип, дыйканчылыкка багыт алдыруу — келечек үчүн зор камкордук көргөн саясий маанилүү акт экендиги К. Маликовдун «Жаңы шаар», «Сен жолдошум», «Алтын тоо», «Туулуп өскөн айлыма», «Биз эмгектин балбаны», «Биздин айыл тоодо экен» өңдүү ырларында даана туюндурулду. К. Маликов лирик-патриот катары өзү жашап жана куруп жаткан коом менен кошо алдыга арымдап, тууган эл-жеринин ар бир өзгөрүшүн чоң кубаныч, ынтаа менен ырга айландырып отурду. Өлкөнү индустриализациялоо, кыргыз интеллигенттеринин калыптанышы, Эл аралык тилектештик, Достук, Ата мекенди коргоо өңдүү саясий мүнөздөгү актуалдуу тематика акындын идеялык-көркөм изденүүлөрүнүн негизги кредосу болуп калды. Ал эмне жөнүндө жазбасын анын негизги каарманы эмгекчил адам эле. Жаңы куруучунун эмгектеги эрдиги поэзия, проза, драмаларында бирдей чагылдырылган. Көпчүлүк чыгармаларынан доордун, мезгилдин маанилүү учурларынын күжүрмөн духун оңой эле байкоого болот. Качан болбосун жашоонун ыкчам агымына шайдоот кошулуп, алдыңкы катарда дайыма жүргөндүгүн көрөбүз. Натыйжада анын 30-жылдардагы чыгармачылыгы тематикалык жактан да, жанрдык жактан да, форма жактан да өсүшкө ээ болду. «К. Маликовдун поэзиясында фольклордук көркөм каражаттарды чыгармачылык менен пайдалануу (кээде анын туткунунда калуу) жана фольклорду профессионалдуу адабият менен айкалыштыруу планында өз алдынча изденүү сыяктуу касиеттердин стихиясы көбүрөөк мүнөздүү»[7] — дейт, көрүнүктүү адабиятчы К. Артыкбаев. Буга далил катары акындын 30-жылдардагы көлөмдүү поэмалары «Сапардын сүйүү сырлары» менен «Сөөлөт курмандары» алынат. Биринчи аталган поэманын окуясы автордук баяндама аркылуу өткөн бир жаштык учурдун элеси — Сапар менен Айжан аттуу кыздын ортосундагы жакын мамилени тартат. Акын түз эле окуяны сүрөттөөгө өтпөстөн, өзүнүн өткөн жаштык курагына кылчая карап, лирикалык чегинүү жасагандан кийин гана каармандарын алдыга алып чыгат. Көз алдыга сырга бек, сөзгө зыкым бир сырдуу Сапар менен ачык айрым, сулуу Айжандын элеси келет. К. Маликов айрыкча героинасын

www.bizdin.kg

мүнөздөгөндө зор симпатия тартуулайт. Айжан «жаш чыбыктай солкулдап, гүлдөй жайнап, асмандагы айдай көрктүү көрүнөт. Автор Айжанды «ак тоодакка», «ак чардакка» да теңештирет. Аны аз эле жерден жомоктогу сулуулардан айырмалап, «тентек», «жаракөр» деген мүнөздүү касиеттер киргизет. Ошентип, героинанын портрети жогоруда көрүнгөндөй көп жактуу, көп кырдуу. Бул окуянын чечилишине автордук даярдык болуп эсептелет. Кызга тагылган «тентектик» өз ролун ойноп, башкага турмушка чыгып кетет. Демек, каармандын портреттик мүнөздөмөлөрүндөгү фольклордук көркөм каражат — салыштыруу — профессионалдуу адабий деңгээлде кызмат өтөйт. Поэма К. Маликовдун схема түрүндөгү түз сызыктан чыкпаган каарманды сүрөттөөдөн баш тартуусунун бир далили катары, турмуш кандай татаал, ар кырлуу болсо, оң каармандардын да ошондой татаал жана көп жактуулугун көрсөтүүдө жасалган ийгиликтүү аракети десе болот. Чыгарманын алдына койгон максаты — сүйүүдө туруктуулукка үгүттөө. Акын «балалыктан» жоголгон сүйүүнүн баркын каармандын кийинки өкүнүчтүү сөзү аркылуу берип, жаштарды турмуш жолунда эстүү болууга үйрөтөт. Бирок кээ бир жерде автордун «... ой жүгүртүүнү талап кылган жерлерде чукул кайрып, мүчүлүштөтүп же артык баш кайталоого жол берип»[8] кеткендигинен улам «Сапардын сүйүү сырлары» акындын чыгармачылык нугунун али бир кылка эмес, октум-соктум мүнөздө экендигинен кабарлап коет. Жалпысынан алганда поэма реалисттик планда жазылгандыгы менен К. Маликовдун бул жанрдагы алгачкы ири ийгилиги катары бааланууга татыйт. Акындын ушул мезгилдеги дагы бир поэтикалык чыгармасы «Сөөлөт курмандары» — анчалык чоң көлөмдө болбосо да көтөргөн проблемасында социалдык-турмуштук сюжет камтылган, ички логикасы жактан бир топ масштабдуулугу менен көңүлдө калат. Тарыхый маалыматтарга караганда, кыргыздар арасын уруучулуктун, жаатчылыктын кара туманы каптап турган кезде бай-манаптар «ата-бабанын салты», «уруу намысы» деген ураандарды беттерине кармап, карапайым элдин арасына чок салып, ынтымактан кетиришкен. Уруу «жакшыларынын» урматына өткөрүлгөн аш-тойлор да жөнсалды тынч өтпөстөн, атайылап ка-

www.bizdin.kg

рапайым калктын каныи төгүү, болбоду дегенде өмүрүнө коркунуч келтирүү, адамдык наркын тебелеп-тепсөө болгондугун баяндоодо бул поэма белгилүү реалдуулукка жетишкен. Былчылдашкан кагылыштар, эки тараптын ортосуна коюлуп көз кызарткан байгелер үчүн жүргөн күрөш ушунчалык жүрөктү титиреткен өчөгүштүк менен өткөрүлгөндүктөн, кара таман кедейден чыккан Тиштээк аттуу балбандын өлүмү бай-манаптар үчүн эч нерсеге арзыган эмес.

Буркурап катын-бала, ага-иниси
Төгүлтүп көздөрүнөн мончок жашты,
Оюнда эчтеме жок манап-байлар
Аш тойдо сөөлөт күтүп жыргап жатты[9] —

деп, калың кайгы, түбөлүк муң-зарга кабылгандардын каршысына эч нерсе көрбөгөнсүп байге бөлүшүп жаткандардын каны менен бүткөн зулумдук, ач көздүк контраст коюлуп, бийлик ээлеринин чыныгы социалдык маңызы ачылат. Поэма бир чети кыргыздардын өткөн турмушундагы обу жок үрп-адаттарды гана атайылап сүрөттөгөндөй туюлат. Чынын айтканда поэмада кызыл камчы, күрөш, эр сайыш, атала баш сыяктуу байыртан орун-очок алып келаткан улуттук оюн-зооктор баяндалат. Эгер акын ошол үрп-адаттык көрүнүштөрдү жайынча гана чагылдырууга жол берсе, анда ал курулай этнографизмдин чөйрөсүндө калган болоор эле. Автор ал салттарды сүрөттөө аркылуу аны өз кызыкчылыгына буруп пайдаланган эзүүчү таптын арамза амалынын бетин ачат. Эски үрп-адаттын реакциячыл маңызын ашкерелейт. Поэманын реалисттик күчү ошондо турат. Чыгарманын акырында К. Маликов лирикалык чегинүү жасап, өткөн учурдун бир өкүнүчтүү картинасы аркылуу жаркыраган жаңы замандагы теңдикти, бир тууғандаштыкты алдыңкы планга чыгарат. Эзүүчү таптын өкүлдөрү «зулум», «сүлүк» деген терминдерге ылайык көрсөтүлүп, мурунку кыргыз турмушунун элестүү, типтүү бир учурун тыкан камтыйт. Турмуш чындыгын үстүртөн баяндаганга караганда анын ички социалдык маңызын ачуу аракети күчтүү. Бул жерде турмуш чындыгын көркөм андап-билүүдө этнографизмдин элементтеринин да белгилүү даражада оң мааниге ээ экенин айта кетүү

www.bizdin.kg

ылайык. Айрыкча жазма адабияттын башталыш, калыптаныш доорунда көркөм чыгармадагы эски үрп-адаттардын оң жана терс жактарын айра таанып билүүдө өбөлгөлөрдү түзбөй койбойт. Кыскарта айтканда, «Сөөлөт курмандары» — өткөндөгү феодалдык коомдун моралынын терс жактарын ашкерелеген, турмуштук реалдуу окуянын негизинде жазылган поэма. Көтөрүлгөн идея жана кээ бир реалисттик пландагы картиналар автордун киришүүсүнөн кийин үчүнчү жактагы адам тарабынан баяндалып отурат. Чыгармада таптык ачык күрөштөр, курч конфликттер болбогону менен Аксакал, Тиштээк өңдөнгөн кара таман кедейден чыккан балбан, эр көкүрөк азаматтар бир топту түзсө, байлыгына чиренип, алардын өмүрүн оюнчук көргөн Бектен, Токтосун өңдүү атаанчыл бий-болуштар тигилерге карама-каршы өзүнчө позицияда турушат. Демек, поэма социалдык-тарыхый окуянын объективдүү закон ченемдүүлүгүн чагылдырып көрсөтө алгандыгы менен баалуу.

К. Маликов кыргыз жериндеги социалдык-экономикалык өзгөрүштөрдү сүрөттөө менен бирге эле, нечен кылымдар бою сабатсыздыктын кучагында тумчугуп келген эл үчүн тарыхый зор маанилүү маданий-агартуу жумушунун жанданышын да кеңири планда сүрөттөй алды. Мунун ачык далили болуп «Жапар менен Шарыйпа» поэмасы аталат. Поэмада бири-бирине карама-каршы мүнөздөр жок болгондуктан, курч конфликттер да жок. Чыгарманын каармандары Жапар менен Шарыйпа экөө тең жаңы замандын талабын, берген мүмкүнчүлүгүн туура кабыл алышып, алдыга умтулган жаштардан. Чыгарма эпистолярдык ыкма менен жазылган. Шарыйпанын биринчи каты менен таанышкандан кийинки окуучунун оюнда ал турмуштун бар-жогуна, оор-жеңилине бышыга элек, ошондуктан күнүмдүк кыйындыкка жалакайлык көрсөтүп, жеңил жашоого кумарданган жаш келин сыяктанат. Бирок каттын акырындагы анын ою, келечекке карата умтулуусу алгачкы пикирибизди жокко чыгарат. Жапардын образы Шарыйпаныкына караганда түшүнүктүү, турмушка терең караган, калыптанган образ тибинде элес калтырат. Ал Шарыйпанын максатын туура түшүнүп, өзүнө теңеп окутуп, тарбиялап алууга дилгирленет. Поэманын кыскача

www.bizdin.kg

сюжети ушул гана. Поэма өз учурунда К. Маликовдун 30-жылдардагы поэзиясындагы ири адабий көрүнүш катары кабыл алынып, адабиятчыларыбыз (Керимжанова Б., Үмөталиев Ш., Артыкбаев К., Ж. Абдраимов) тарабынан поэманын жетишкендиктери (теманын актуалдуулугу, каармандардын мүнөзүндөгү психологиялык кырдаалдарды ачуу) менен катар кемчилик катары» образ жагынын солгундугу» белгиленген. Адабиятчы К. Даутовдун ушул поэма туурасында айткан төмөнкүдөй бир пикири да алгылыктуу. Ал мындай дейт: «Автор каармандары жөнүндө баяндап сүйлөп жатканы менен аларды ичкертен аңтарып сүрөттөбөйт. Автор реализм жолуна түшүп калса да анын эстетикалык принциптерин али максаттагыдай өздөштүрө электиги көрүнөт»[10]. Ошентсе да жазуучу алгачкы мезгилдеги кыргыз адамынын аң-сезиминде жүрүп жаткан зор бурулуштарды кыраакылык менен байкай алгандыгын танууга болбойт. Үй-бүлө ичиндеги жаңы мамиле, кыргыз аялынын илгери умтулушу, болгондо да жаңы идеалдарга умтулушу — поэманын өз учурунда тема жагынан новаторлук мүнөздөгү чыгармалардан болгондугун тактайт. Ошентип, К. Маликов көбүнчөсү поэзия жанрынын чөйрөсүндө изденди, ийгиликтери менен катар мүчүлүштөрү да болду. Башкача айтканда, чыгармачылыктын татаал жолун чыдамкайлык, тубаса талант, карандай талыкпаган эмгеги менен басып өттү. Натыйжада кыркынчы жылдарга чейин эле бир нече ырлар жыйнагы жарык көрүп, «адабияттын бардык тармагынан жаза билиши» коомчулук тарабынан таанылып калган болчу. Айрыкча 1938-жылы чыккан «Кубанычбектин ырлары» деген жыйнагы акындын чагылдырган проблематикасынын улам кеңейип, идеялык-тематикалык диапозону тереңдеп бараткандыгынын далили эле. Ырларында биринчиден, жаңы турмуштун эрежелерин элге жеткирүүнү максат кылса, экинчиден, келечекке ой жүгүртүүнүн масштабдуулугу мүнөздүү белгилерге айланды. «Сөөлөт курмандары», «Сапардын сүйүү сырлары», «Жапар менен Шарыйпа» өңдүүлөрү алдыдагы коомдук түзүлүштүн күрдөөлдүү окуяларын эпикалык планда камтыган биринчи поэмалардан болуп калды. Алгачкы тажрыйбалар катары андай чыгармалар жаңы теманы же эскини жаңыча көрсөтүүнү аркалаганына кара-

www.bizdin.kg

бастан, фольклордук баяндоо манерасы кызмат этип, окуялар даана конкреттүүлүккө жетише албай жатканы да чындык эле. Каармандардын психологиясы, духовный дүйнөсү схемалуу берилгендиктен, окуучунун эсинде көпкө сакталбады. Бирок тематикага бай, новатордук мүнөздөгү, мазмуну боюнча көп кырдуу чыгармалар пайда боло баштаганын танууга болбойт эле. Кыскасы К. Маликов 30-жылдары поэзия, проза, драматургия жанрларынын үстүндө тынымсыз иштеп, айрыкча поэзияда көлөмдүү ыр-очерктери, сатиралары менен ушул жанрлардын кыргыз профессионал жазма адабиятында орун-очок алышына биринчилерден болуп киришкен. Өзү ал кезде маанисине анча түшүнө бербеген «измдерге» (схематизм, натурализм, нигилизм» ж. б.) көз каранды болуп, чыгармалары тууралуу ким кандай сын айтса мойнуна алып, «жакшы ырларын да жаман деген»[11] учурлары болгон. Ошентсе да 30-жылдарда кыргыз жазуучуларынын ичинен проза жанрында активдүү эмгектенгендердин бири да К. Маликов эле. Анын прозалык жанрга активдүү кайрылуусу негизинен эки кырдаал менен түшүндүрүлөт. Биринчиден, кыргыз адабияты бул учурда интенсивдүү түрдө жаңы жанрдык кубулуштарды өздөштүрүү этабында турган болчу. Экинчиден, жаңы тематикалык проблемаларды чечүү үчүн ар бир автордон өнүктүрүлгөн чыгармачылык изденүүлөр талап кылынган. «Мен дагы кара сөздү кооздоп жазгандардын биримин. Адегенде кабар жаза баштадым. Анан 1927—29-жылдарда элди туурап фельетончу болдум. 1932-жылга чейинки жазгандарым көбүнчө очерк жана газет тили менен жазылган газет материалдары деп ойлойм»[12] — деп, прозага келген жолун акын ачык жазган. Ошондогу кедей-батрактардын балдарын илим-билимге шыктандырган «Жетим койчу окуучу» өңдүү кабарлары, тап душмандарынын бет пардасын ачууга арналган «Ак боз ат айт күнү айылга жетти», «Тапкан амал таш капты», «Күйкө жорго мингенде, малга бөрү тийгенде» — учурдагы маанилүү маселелерди көтөргөн сөздүн толук маанисиндеги чыныгы фельетондор эле. Тап душмандары талкаланып, коллективдүү чарба салтанаттаган учурда К. Маликов эмгекчинин кужүрмөн эмгегин даңазалап «Кызыл Алай», «Ачылган айып», «Айлуу түндө» аттуу аңгемелерди жаз-

www.bizdin.kg

ган. «Аңгемелердеги жаңы темалардын көпчүлүгү жолдош Кубанычбекке таандык. Бул жагынан Кубанычбектин умтулушу башкабызга караганда бөтөнчөрөөк турат. Аны көрбөй кете албайбыз. Ошондой болсо да Кубанычбектин доорубуздун темасынан алган чыгармаларынын төрт жагы төп эмес, башкаларыбыз сыяктуу кемчилик мында да бар»[13] — деген А. Токомбаевдин сөзү К. Маликовдун ошол жылдардагы прозасынын деңгээлин туура белгилейт. «Азаматтар» (1936) повести — мурдагы аңгемелерине караганда автордун проза жанрында бир аз алга шилтеген кадамы болуп эсептелет. Повестте 1916-жылкы кыргыз элинин башынан өткөн тарыхый кандуу кагылыш көрсөтүлгөн. «Азаматтар» повестинин мүчүлүштөрү көбүнчө көркөмдүк маселесине байланыштуу. Бул баарынан мурда жаңы жанрдык кубулуштарды өздөштүрүүдөн келип чыккан закон ченем эле. Оозеки поэзиядан бөлүнүп, жаңыдан телчиге баштаган адабият үчүн реалисттик прозанын негизги өзгөчөлүктөрүн тез эле кабыл алуу, жаңы адабий кыртышка өндүрүү оңой-олтоң процесс эместигин турмуш көргөздү. Автор дале болсо көбүнчө окуя кууп, анын сырткы түзүлүшүн сүрөттөөдөн алыс узай элек болучу. Мүчүлүштөрүнө карабай «Азаматтар» повести автордун 1916-жылкы кандуу жылдардан кабар берген көлөмдүү көркөм чыгармасы катары баалуу.

К. Маликовдун чыгармачылыгындагы маанилүү бир этап — Улуу Ата мекендик согуш учуру. Ал бул жалдары да өзүнүн кажыбас жазуучулук чегинде бекем турду. Калемдештеринин катарында бирде жоо бетинде жүргөн жоокерлердин эрдигин ырдаса, бирде тылдагы эмгек азаматтарынын баа жеткис ийгиликтерин даңазалады. Жалпы көп улуттуу элибиздин капыстан кирип келген душманга карата жек көрүү сезимин күчөтүп, коомдук саясатка активдүү катышкан публицист трибун акын катары тынымсыз иштеди. Акындын ошол таптагы чыгармачылыгы тууралуу А. Токомбаев калыстык менен мындай деген: «Кубанычбек жазуучулардын эң шамдагайы. Ал согуш күндөрүндө эбегейсиз көп иштеди. Анын каламынан очерк, ыр — бөтөнчө үгүт ырлары да чыкты»[14].

Буга далил согуш учурунда чоң эргүү менен жазылган «Балбай» (1941), «Канга кан» (1942), «Чүй каналы боюн-

www.bizdin.kg

да», «Ырлар-VIII», «Достук жана махабат» (1949) жыйнактары болду. Анткени бул жыйнактардан акындын патриот-публицист почерки даана көрүндү. Өз учурунда «Канга кан» аттуу ыры жеке К. Маликовдун гана чыгармачылык ийгилиги эмес, «жалпы кыргыз поэзиясынын жемиштүү төлү» (Маленов Б.) деген баага татыды.

Айбан десең,
Адамга окшоп кийинген.
Адамга окшоп,
Үн салганы билинген.
Адам десең,
Айбандан да мыкаачы —
Адам неге
Кырылбайт? — деп күйүнгөн.
Мурун кессе,
Көз чукуса,
Баш алса,
Канга батып,
Кой сойгонсуп сүйүнгөн[15] —

деген классикалык саптар аркылуу жана адам жүрөгүн титиреткен «жан алгыч», «кызыл көздүү кутурган ит», «кара чаар жылан», «арсыз дөбөт» өңдөнгөн фольклордук көркөм каражаттар менен профессионалдык адабияттын ыктарын айкалыштырууда акын ири ийгиликтерге жетишти. Арийне, фашизмди курулай эле жаман сөздөр менен жемелеп отурбастан, алардын бүткүл адамзат тарыхына зыяндуу баскынчылык жүзүн ашкерелеп, өз кылыктарына жараша түп орду менен жок кылынууга тийиш экендигин жарыялады. К. Маликовдун поэзиясы — кыргыз адабиятындагы граждандык сезимге жык ырлардын үлгүлөрүнөн болду. Ал чыгармалар биздин каарман жоокерлерибиздин көңүлүн көтөрүп, күч-кубат, кайрат берди. Турмуштун ошол чындыгынын жалындаган деми кыргыз элинин өткөндөгү тарыхый турмушундагы героикасы менен түздөн-түз үн алышты. Элдик оозеки чыгармачылыктын салты согуш мезгилинде болуп көрбөгөндөй таасирге жетти. Көпчүлүктүн баатырдык духун түшүрбөй, патриоттук сезимин курчутуу максатында пафостуу ант формасы жанданды. Манас эпосундагы традициялуу «Төшү

www.bizdin.kg

түктүү жер урсун, Төбөсү ачык көк урсун!» деген эпикалык ант К. Маликовдун калеминен:

Антынан тайган кыргызды
Айдың чалкар көл урсун,
Алтымыш тилде сүйлөгөн
Айдыңдуу совет эли урсун![16] —

*(«Элдин анты»)*

деген жаңы мазмунга ээ болду.

Элибиздин өз ара жардамдаштык духун, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган боордоштук сезимин көрсөтүү айрыкча мезгилдин талабы болгондуктан, «Биз Маскөөлүкпүз», «Мекеним», «Элдин аты», «Казганым чоң Чүй каналы», «Карт Днепр үн салат», «Тянь-Шанда жаз күнү», «Россия», «Биз жана сен» өңдүү бир топ ырлары жазылды. Бул жерде атайын белгилей турган жакшы нерсе — өзүнүн башка калемдештери сыяктуу эле К. Маликов согуш мезгилиндеги элдердин улуу достугун көркөм сүрөттөп, достуктун жеңиштүү жолун бөтөнчө көрсөткөндүгү. Буга ал жеке изденүүлөрдүн жана адаттагыдай эле фольклордук традицияларды чыгармачылык менен пайдалануунун негизинде жетишкен. Ошондой эле жогорку көркөм чеберчиликти орустун улуу классиктеринен үйрөнүүнү улантткан. К. Маликовдун өзүнүн: «Мен поэзияны душманга каршы каардуу курал кылып пайдаланууга ар убактыда В. Маяковскийден үйрөнүүгө аракет кылып келе жатам»[17] — деген сөзү бар. В. Маяковскийдин ураанчыл, кайраттуу үнү согуш мезгилинде кыргыз акын-жазуучуларына бөтөнчө жакын болду. Натыйжада коргоо темасындагы марштык ырлар сан эле эмес, сапат жагынан да арбыды. М. Элебаевдин «Улуу марш», А. Токомбаевдин «Келе мылтык», Ж. Турусбековдун «Жаңы полк», А. Осмоновдун «Командир кыргыз», Ж. Бөкөнбаевдин «Кызыл кылыч», Маликовдун «Ала-Тоолук күжүрмөн» өңдүү көтөрүңкү интонацияда жазылган марштык ырлары мезгилдин талабына берилген жооп ырлар болду. 30-жылдары эле башталган эпистолярдык формада арноо ирээтиндеги ырлар К. Маликовдун поэзиясында бөтөнчө күч алды. Акын өзүнүн ырларында жеңиштин бирден-бир булагы катарында фронт менен тылдын ортосундагы тыгыз байланышты

www.bizdin.kg

көрөт. Тылдагыларга арналган алыскы согуш майданында жүргөн жоокердин каты «Алыстан жазам, туугандар!» — деп аталса, «Алыскы доско ачык кат» — тылдагылардын жоокерлерге кайтарган жообу болуп кызмат кылат. Ошентип, элибиздин патриоттук идеялары реалдуу турмуштук кырдаалдарда, конкреттүү образдарда көрүндү. Акын карапайым адамдардын жеке турмушуна аралашып, согуш жылдарындагы кыйынчылыкты ошол катардагы жоокерлердин, колхозчулардын көзү менен көрөт. Алардын мамилесин атайын бир индивидуалдуу диалогдордо ачат.

Акындын реалисттик ырларында ар бир адам өз алына, өз күчүнө жараша фронтко жардамдашып жаткан учур. К. Маликовдун «Ала-Тоолук курдаштар» аттуу ыры кыз, жигиттин каты аркылуу берилет. Мында тыл менен фронттун тыгыз байланышы, максаттардын бирдиги чыгарманын негизги пафосун түзөт. Согуш мезгилиндеги ата-энесинин баласына берген наказында же баласынын ата-энесине берген антында болсун, жеңишке ишенүү бар. Тынч өмүргө суктануу жана ажалга наалат айтуу мотивдери да арбын. Акыныбыздын алгачкы чыгармаларында жаратылган эмгек адамынын образы согуш мезгилинде Мекенин баскынчылыктан жан-дили менен коргоп жаткан патриот каарманга айланып, акындын ушул этаптагы чыгармаларынын борбордук бөлүгүн түздү. Мисалы, «Коштошуу» деген ыры биздин замандын эки жашынын сүйүү сезими менен алардын Мекен алдындагы граждандык милдеттерин шайкеш сүрөттөйт. Ыр өзүнүн каражаттарынын байлыгы, аларды колдонуу ыгы жагынан элдик махабат ырларына абдан жакын. Буга далил катары жигиттин сүйгөн жарын жайлоонун салкын желине, жазгы гүлгө, күн нуру кетпеген күңгөйгө теңештиргенин эскергенибиз жетиштүү. Лирикалык каармандын ички дүйнөсүн бир ыр аркылуу толук ачуу кыйын. Ошондуктан акын айтпай кеткен оюн, адамдык сезимин экинчи ырда улантат. К. Маликовдун согуш учурундагы поэзиясы негизинен өз мезгилинин тарыхый чындыгын объективдүү чагылдырган агитациялык-публицистикалык пафостогу поэзия. Ал жазма адабият салттарына оозеки элдик поэзиянын каражаттарын чыгармачылык менен ширелте алды, айрым учурда элдик поэзиянын традициялык масштабында эле өз чыгармачылыгын өнүктүрдү.

www.bizdin.kg

Согуштук поэзияда элдик оозеки поэзиянын коштошуу, учурашуу, арноо, кайым айтыш өңдөнгөн жанрдык түрлөрү ого бетер жанданып, жаңыланып, өзүнчө бир гүлдөө доорун башынан өткөрдү. Ал көркөм формаларды пайдаланбаган кыргыз акыны жокко эсе эле. Ошол кезде баарынан да элдик поэзиянын башаттарына баштатан жакын турган акындардын, атап айтканда Ж. Бөкөнбаев менен К. Маликовдун чыгармачылыгы фольклорго ого бетер жакындашып кетти. Согуш мезгилиндеги К. Маликовдун басып өткөн жолу жемиштүү да, мезгилдин өзүндөй оор, түйшүктүү да болду. Ал бир топ табылгаларга ээ болду, көркөм чеберчиликке байланышкан мүчүлүштөргө кабылды, бирок акын кээде бир жактуу айтылган сын пикирлерди деле кабыл алууга аргасызданган учурлар да болду[18]. Чындыгында айрым ырлардагы негизги айып — адабиятчы К. Артыкбаев туура белгилегендей: «... узундук, көп сөздүүлүк, ыксыз кайталоолор сыяктуу мүчүлүштөр менен бирге, бүтүндөй фольклордук эстетиканын алкагына туткун болуп калгандыгында эле»[19]. Албетте, өткөндөгү эл коргоочу баатырлар биздин замандагы каармандарга кандай дем, кандай күч берсе, андагы героикалык пафос акындарга да ошондой кубат, ошондой дем берди. Кыргыз адабиятында көркөм жөрөлгөлөр күч алды. Натыйжада мунун ыңгайлуу да, ыңгайсыз да жагдайы болду. Анткени жазылган героикалык поэзиянын элге жетиши, таралышы тез жана жеңил жүрдү. Бирок традициялык ар кандай салттардын баса колдонулушу жеке чыгармачылыктын өсүшүн кечээндетти. Ошондон улам К. Маликовдун согуш жылдарындагы айрым чыгармалары («Ала-Тоолук курдаштар», «Каркырада бир түнү», «Алганын айтканы», «Кайнар булак», «Карыябыз Калинин» ж. б.) катуу сынга кабылды. Акындын ошол жылдардагы жазылган «Балбай», «Достук жана махабат» поэмаларынын адабият майданындагы тагдыры да ушуга жакын болду.

Согуштун катаал күндөрүндөгү эл достугуна арналган көлөмдүү поэмалардын катарына «Достук жана махабат» кирет. Поэманын аталышынан көрүнүп тургандай, акын адабият майданында түбөлүктүү делинген достук, сүйүү темаларына атайын токтолуп, коллектив үчүн, Мекен үчүн болгон кызыкчылык, патриоттук сезимдердин конкреттүү

www.bizdin.kg

мүнөзү тууралуу кеңири сөз кылат. Жаштардын аң-сезиминдеги достукка жана сүйүүгө болгон жаңыча көз караштар белгиленет. Поэма 1949-жылы жарык көрөөрү менен коомчулуктун көңүлүн өзүнө буруп, бир топ кескин пикирлер айтылды. Бирок акын поэмасын айрым бир кыскартуулар, оңдоолор менен 1960-жылы кайрадан бастырганда «Поэмада акындын өзүнө тиешелүү үнү, поэтикалык стили бар»[1] — деп, дурус бааланды. Поэманын ири жетишкендиктери менен катар дагы эле болсо, сюжет куруудагы жасалмалуулук, декларативдүүлүк, узундуктар орун алганын айтпай коюуга эч мүмкүн эмес. Сюжетти курч, драмалык мүнөздө куруу, каармандардын ички жан дүйнөсүнө терең кирип, андагы анчейин өзгөрүүлөргө чейин көрсөтө билүү жетишсиз болду. Поэмадагы экинчи бир мүчүлүш — сюжет куруудагы схемалуулукка байланыштуу эле. Маселен, алтын сырганын тегерегинде болгон окуялар, ар түрдүү кездешүүлөр, ажырашуулар логикалык ишенимдүүлүккө ээ эмес. Ошентсе да «Достук жана махабат» кыргыз адабиятынын согуш мезгилиндеги көлөмдүү поэтикалык чыгармаларынын бири катары жаштарды патриоттуулукка, туруктуу сүйүүгө шыктандырып тургандыгы шексиз.

К. Маликов согуш мезгилинде жарык көргөн «Чүй каналы боюнда» деген экинчи бир поэмасында тылдагы элдин бирдиктүү күжүрмөн эмгегин көрсөтүүнү максат этет. Ар кандай зор курулуш албетте, толкуган көпчүлүктүн күчү менен гана бүтө тургандыгы чындык. Кыш-жаз, күнтүн дебей тынымсыз эмгектенгенден улам жаралган бул улуу канал кимди да болбосун кубантат. Эр азаматтар каардуу согуш майданында жүргөндүгүнө карабастан, Кыргызстандын бардык булуң-бурчунан келген жаш-карылардын кыймыл-аракеттери, оптимисттик маанайы бул улуу эмгек жеңишинин өбөлгөсү болгондугу шексиз. Чүй каналын казгандардын арасынан улгайса да жигиттей жигердүү эмгектенген аталарды, сабырдуу апаларды, кармашта жүргөн теңи менен кат-кабар аркылуу байланышып, кайраттуу эмгекке бел байлаган келин-кыздарды жолуктурабыз. Автор эмгек күжүрмөндөрүнүн айрым алдыңкыларына айрыкча симпатия билдирип, ар биринин иштеген ишине өзгөчө токтолот. Анда ар кайсы улуттун өкүлдөрү,

www.bizdin.kg

ар кайсы айылдын уул-кыздары бар. Чыгарма согуш учурундагы совет адамдарынын бир тилектеги бузулбас достугунун күчүн, күжүрмөн эмгегин, келечекке караган жаркын ой-санаасын чагылдыргандыгы менен өзгөчөлөнөт.

К. Маликов 1941-жылы «Балбай» деген ат менен бир поэма жазган эле. Поэма 1949—1952-жылдар аралыгында өтө катуу сөзгө алынып, поэманын өзү эле эмес, аны оң баалап, орундуу пикирин айткандар да (Богданова М.) жеме уккан. Бул жылдар К. Маликовдун чыгармачылыгы атайын жыйналыштарда каралып, мезгилдик басылмаларда талкуулар жүрүп, авторго «өткөндү идеализациялаган» деген саясий күнөө тагылган. Айрыкча Самаганов Ж.[21], Т. Саманчиндер[22] чыгарманы аеосуз чабуулга алышкан. Натыйжада «Балбай» поэмасы Кыргызстан КП(б) БКнын бюросунун токтомунда «феодалдык таптын кызыкчылыгын көздөп, орустарга каршы турган Балбайды элдик баатыр катары көтөрүп чыккандыгы» белгиленип, К. Маликов «катасын мойнуна алган». Пайдалануудан алынып ташталган ошол поэма жаңы демократиялык коомдун шарапаты менен 1991-жылы кайрадан жарык көрдү. Адабий чөйрөдө калыс баасын алды[23]. Поэма аты айтып тургандай белгилүү тарыхый инсандын өмүр жолун, адамдык касиетин көркөм чагылдырган чыгарма. Балбай 19-кылымдын орто ченинде жашап өткөн баатыр.

Адамзат кандай коомдук түзүлүштө жашаса да алдыга умтулган ой-максаты, иш аракети менен айырмаланып турган инсандар болбой койбойт. Өзүнүн басып өткөн узак тарыхый жолунда кыргыз уруулары бирде жыйналып, бирде чачылып, моралдык жактан жер караган учурлары көп эле ирээт өтсө да аларды эркиндикке үндөгөн, элижеринин тагдырын боор эти менен тең сезген патриот уулкыздары ар качан боло келген. Балбай баатыр ошондой адамдардын бири. Көл айланасындагы Бугу уруусунан чыккан Эшкожо деген өз чарбасы менен жансактаган, бүркүтчү момун пенде Балбайдын атасы болгон. Балбайдын өмүрү негизинен ат үстүндө, урук-тууганДарынын ар намысы, башкаларга көз каранды болбой жашашы үчүн тынымсыз күрөштө өткөн. Ал ошол кызматы үчүн «Баатыр» атанган. Анткени Балбай жашаган коом — али уруулар арасындагы биринчилик үчүн күрөштүн күчөп тур-

www.bizdin.kg

ган учуру, өз уруусу, өз эли үчүн деген ураан алдында уруу баатырлары, кандары катуу кагылышып, ал учурда Баатырдын баркы кан-бектерден жогору турган. Анткени «Баатыр» деген даңк иштелген иштердин натыйжасы катары акылман, эр жүрөк адамдарга эл тарабынан берилген жогорку баа болгон. Арааны жүрүп турган маалда Балбай Бугу уруусунун бейкуттугу үчүн ат жеткен жердин далайынын жүрөгүнүн үшүн алган. Муну менен кадыр-баркы көтөрүлүп, эрдик иштери эл арасында даңазага алынган. Анын авторитети менен сыймыктанып, элесин түбөлүк эсте туткусу келген көпчүлүктүн көзүнө Балбай эпикалык баатырлардай эле элес берген. Анын тарыхта чын эле жашап өткөн адам экендиги күнү бүгүнкүгө чейин эл арасында оозеки сакталган уламыштардын мазмунунун бирдей айтылгандыгы менен такталат. Аны угуп отурган адамга Балбайда баатыр адамга таандык эр жүрөктүк менен айкалышкан көктүк, боорукердиктен келип чыккан айкөлдүк, кажыбас кайрат сезилет. Жетишкен жеңиштерине сырткы душмандары эле эмес, ички көрө албоочулук да бут тосот. Эч кимге баш ийип багынгысы келбеген Балбай кокондуктарга да, орустарга да бирдей мамиле көрсөтөт. Кыргыз урууларынын удургуган ички ынтымаксыз мамилелери бири-бирине колдоо көрсөтпөстөн, тескерисинче өлүмгө түрткөнү Балбайдын жеке гана трагедиясы болбостон, бүткүл элдин трагедиясы эле. К. Маликов мына ошол элдин таламын талашкан элдик баатыр Балбайдын образын сүрөттөөнү колго алган. Анын образынын эстетикалык сапатын жогорулатуу максатында ошол эле мезгилде жашап кеткен Боромбай, Тилекмат, Төрөкелдилердин образдары кошо берилет. Натыйжада Балбайдын образы кыргыз адабиятында биринчи ирээт чагылдырылып жатканына карабастан автордун ийгилиги чыгарманын бекем логикасында жана каармандын жан дүйнөсүнүн тереӊ ачылгандыгында болуп эсептелет. Поэма элдин сүйгөн чыгармасы болгон жана болуп кала берет.

Жазуучу кыркынчы жылдары майда аңгеме, очерктерди, публицистикаларды жазды. Кантсе да К. Маликов акын-жазуучу катары өз жолун таап калган учуру эле. Бул айрыкча анын согуштан кийинки чыгармачылыгынан айкын көрүнөт. Жалпы калемдештери сыяктуу эле

www.bizdin.kg

К. Маликов да өлкөдөгү ар түрдүү эмгектик ийгиликтерди жаратып жаткан элибиздин баатырдыгын кеңири сүрөттөөгө өттү. Тынчтык, достук, саясат жөнүндө арбын жазып, көпчүлүктү тынч эмгектин жеңишине шыктандырууда өзүнө таандык өзгөчөлүгү, турмушту чагылдыруу ыкмасы менен көрүндү. Саясий лирикада автордун коомдук мааниси зор окуяларга карата граждандык мамилеси даана байкалып турду. Анын саясий лирикасында да актуалдуулук, публицисттик мүнөздүү белгилерден болуп, акындын ырлары көпчүлүк учурда циклдүү ырларга айланып кетет. Кандай гана темада ыр жазбасын, анын тарбиялык жагына чоң маани берет. Ал эми тема табуу К. Маликовго проблема эмес. Акындын өз Мекенине арналган жалындуу сезимин, сыймыктуу үнүн ар качан угабыз. Кыргыз элине, жеринин табигый сулуулугуна арнаган сүйүүсү чексиз. Буга анын «Кыргыз деп айтат бул элди», «Кыргызым», «Кыргызстан жаштары», «Мекеним», «Арстанбап», «Ысык-Көл сүрөттөрү», «Жеримдин гүлүн жыттасам», «Туулган жер», «Алтын Чүй» ж. б. көптөгөн ырлары кирет.

Ай алдында сенин төрлөрүң,
Асман өңдүү сенин көлдөрүң
Сулуу жерди канча көрсөм да
Тууган жердей сонун көрбөдүм[24] —

деген сыяктуу Мекенине, туулган эли-жерине болгон кумары чексиздигинен жаралган пейзаждык, граждандык лирикалары өзгөчө бир чоң топту түзүп турушат.

Тамыры менен суурулуп,
Чынарлар сулап жыгылса
Адамзат күнү куурулуп,
Кумурска сындуу кырылса
Кылымдар өсүп келаткан
Кереги эмне акылдын?[25] —

деген саптарында тынчтык менен согуштун эки башка маанисин жаратылыш көрүнүшүнүн түрдүүчө өзгөрүшү аркылуу терең мазмундуу, таасирдүү жеткирет. Акындын туулуп өскөн жергесинин булуң-бурчуна чейин жаңыча өзгөргөнү тууралуу баяндамалар табийгат менен адамдын

www.bizdin.kg

адал эмгегинин үзүрү катары айкашып, өзүнчө бир көтөрүңкү ой-пикирлерди туудурат. Көк тиреген Тянь-Шань тоолорунун сүрөтү болобу, Ысык-Көл өрөөнүнүн бейкут пейзажы болобу, акындын поэтикалык алкагында алда канча реалдуу, акындын көңүлүнө жараша кооз сүрөттөлгөнү менен алдыга умтулган жыргал турмуш идеясын даңазалоого кызмат кылат.

Кайнаган кужурмөн турмуш, мартабасы күндөн-күнгө ашып-ташыган коом, адам баласынын желдей сызган өмүрү тууралуу терең философиялык жана граждандык, маанайдагы ырлары толтура.

К. Маликовдун согуштан кийинки чыгармачылыгы айрыкча 30-жылдары эле башталган жолбашчы, партия, дүйнөдөгү тынчтык, элдердин достугу өңдүү ар качан өлбөс-өчпөс, түбөлүктүү делинген саясий темалар ээледи. Элдин кужурмөн эмгегин, өлкөнүн тынчтык саясатын ырдоо-акындын атуулдук милдети. Тынчтык темасындагы ырларындагы акындын учкул кыялы, тилеги окуучуга терең таасир калтырат. Анткени бул тилектер өтө маанилүү, түбөлүктүү тилектер. Эгерде элүүнчү жылдардагы кыргыз поэзиясына көз чаптырсак, элдердин биримдиги, түбөлүк достугу жөнүндөгү чыгармалар күчтүү өнүккөнүн байкоо анчалык кыйынчылык келтирбейт. Баарына мүнөздүүсү — булар анчейин гана достук идеясын курулай декларациялаган же болбосо күндөлүк турмушту баяндаган репортаждар эмес. Бир боордош элдердин жыргал турмушун, жаңы өзгөрүштөрүн терең чагылдырган, күчтүү эстетикалык сезимдер менен жазылган чыгармалар. Кыскасы, элүүнчү жылдарда кыргыз адабиятынын тематикалык диапозону кеңейип, анын интернационалдык байланыштары жаңы сапаттык ачылыштарга ээ боло баштаган учуру десек туура. Достук темасына арналган чыгармалар К. Маликовдо өтө көп кезигет. Андай чыгармалар жогорку көркөмдүгү жана таза идеалдуулугу менен маанилүү. «Алтын жип» жыйнагындагы достук темасына арналган ырлар ушул пикирибизди бекемдеп турат. Акын достук, достук деп эле курулай фразага бастырбастан, анын чыныгы саясий маанисин, турмуштук фактылардын негизинде жаңы түстөр аркылуу ачып берет. Кыскасы кыргыз поэзиясында К. Маликовдун тынчтык, достук жөнүндөгү

www.bizdin.kg

ырлары белгилүү чоң группаны түзөт жана атайын дифференциалдуу изилдөөлөрдү күтөт.

К. Маликов — лирик акын. Жаштык курактын мүнөздүү белгилерин ырдоо анын чыгармачылыгындагы салттуу көрүнүштөрдөн. Ал айрыкча күйүп-бышкан ашыктык ырларын көп жараткан. Жылдар өткөн сайын акындын сүйүү ырлары оор басырыктуу келип, жаштарды көрүнүктүү коомдук иштерге катышууга, өнөр-билимге ээ болууга чакыруу башкы идея катары көтөрүлгөн. Акын сүйүүнү, сулуулукту — жалпысынан адамга мүнөздүү ар кандай мыкты сапатты сүрөттөгөндө көркөм сөз гүлдөрүн чебер тандайт. Анын «Сен билесиң», «Сенин жымың эткениң», «Сүйгөнүң сенден жаңылса», «Ай жаркырап турганда», «Сыртыңдан», «Менде да ой бар» (бул ыры «Кыздын ыры» делинип ырдалып жүрөт), «Махабатым болбосо» деген чыгармалары чыныгы сүйүүнүн туруктуулук касиетин көрсөтүп, даражасын көтөрмөлөйт. Кыскасы, К. Маликовдун 30-жылдарда эле курулган тематикалык фундаменти анын бүткүл өмүрү боюнча көз алдында болуп келген. Ошондогу эле лирикасы, поэтикалык очерктери, поэмалары уламдан-улам өөрчүп отурган. Ачык айтканда анын кийинки жыйнактарына кирген «Алайдын бир жак бетинде», «Киев шаарын аралап», «Орто-Токой кабары», «Таш жана суу жөнүндө ырлар», «Жалал-Абаддан жазамын», «Аксы багытында», «Сөздөр», «Талды-Суудан», «Тогуз-Торо дептеринен», «Түркмөн дептеринен», «Тажик дептеринен», «Түштүк дептеринен», «Украина дептеринен» деген ыр циклдери акындын ар бир барган жеринен жазылган эпикалык мүнөздөгү күндөлүк — очерктер болуп эсептелет. Бул чыгармаларында учурдун турмуштук чындыгы, пейзаждык өзгөрүүлөр, адам мүнөздөрүнүн түрдүү кырдаалдары акындын поэтикалык таразасынан өтөт. Андай чыгармалардын таанытуучулук да, тарбиялык да мааниси зор.

К. Маликов акыркы жылдары айрыкча эпикалык поэзияда жана драматургияда да күжүрмөндүк менен иштеди. Анын «Кадыр аке», «Көл жээгиндеги кездешүү», «Аскадан үн», «Мылтык», «Арзы кыз» поэмалары ушу жылдары жазылган ар кандай көлөмдөгү поэмалары болуп эсептелет.

www.bizdin.kg

«Кадыр аке» поэмасы кыргыз адабиятында биринчилерден болуп, жумушчулар темасын кеңири, көп планда камтыган чыгарма катарында баалуу. Анда автор айрым жумушчунун образын түзүү менен гана чектелбестен, жалпы эле кыргыз жумушчу табынын пайда болушун, бул зор тарыхый окуяда орус пролетариатынын миссиясын көрсөтүүнү максат кылган. Бул чынында да кардиналдуу, түйүндүү идеялык-көркөмдүк проблематика. Көркөмдүк проблемаларды чечүүдө орун алган бир беткейлик, схемалуулук, очерктүүлүк өңдүү мүчүлүштөрүнө карабастан, кыргыз адабиятында актуалдуу проблеманы өздөштүрүүдөгү демилгеси поэманы кыргыз поэзиясынын активине киргизбей койбойт. Поэма поэзиядагы эпикалык жанр болгону менен анын максатына сөзсүз түрдө көлөмдү көбөйтүп, көп сүйлөп отуруп алуу эмес, көп көрсөтүү негизги милдет. Таланттуу акын айтайын деген оюн так, кыска, жогорку идеялык-көркөмдүктө кысылбай эле айтып бере алат. Бул үчүн чеберчиликтеги тынымсыз изденүү, теманы тандай жана конкреттештире билүү аз роль ойнобойт. К. Маликов көркөм чыгармадагы ушул лаконизмге умтулгандыгы жана айрым ийгиликтерге жетишкендиги анын «Ат коюу», «Мылтык», «Арзы кыз» поэмаларында байкалат. Бул аталган поэмалар К. Маликов да дайым эле чиеленишкен татаал сюжет куруу менен гана поэмалар жаратпаганына күбө болот. Турмуштук айрым майда деталдарды деле туура тандап алып, анын социалдык маңызын ачып берген учурлары бир топ. К. Маликов адам турмушунда кезигүүчү кубаныч менен кайгыны, өкүнүч менен үмүттү, сүйүү менен жек көрүүнү терең түшүнгөн психолог акын.

Көркөм образдан анын ички ой-пикири, эл менен болгон карым-катнашы, жеке гана өзүнө таандык мүнөздүк белгилери, саясий көз карашы сезилип турушу зарыл. Бул албетте, аны жаратып жаткан жазуучунун турмушту билүү деңгээли менен ченелет. К. Маликовдун кийинки жазылган «Алтын жип» поэмасы ушул планда автордун көрүнүктүү чыгармаларынын бири деп тартынбай эле айтууга болот. Поэма тагдырдын жетегинде келип, бактысын эмгектен тапкан кыргыз кызынын жыйырма жылдык өмүр жолун камтыйт. Жеке адамдын өмүр жолун ачуу менен автор коллективдүү эмгектин маанисин көрсөтөт. Поэма-

www.bizdin.kg

дагы сюжет куруудагы ыраттуулук, мүнөздөрдүн даяр түрүндө берилгендигине карабастан, ар бирөөнүн орундуулугу автордун чыгармачылык ийгилиги.

Эми 20-жылдарда эле колго алынган драматургия жанрынын К. Маликовдун чыгармачылыгындагы ээлеген орду жөнүндө эки ооз сөз. К. Маликов драматургия жанрын бир көшөгөлүү пьесалардан баштагандыгын сөзүбүздүн башында эскергенбиз. 1931-жылы «Теңдик курманы» деген эки көшөгөлүү пьесасы китеп болуп басылып чыгып, анын драматургиядагы биринчи саамалыгы катары айтылып жүрөт. Алгачкы поэзия жанры сыяктуу эле 20—30-жылдардагы жазылган пьесалардын мазмунунда өткөн турмуштун каардуу элеси менен жаңынын күрөшү, аялдар теңдиги ээледи. К. Маликовдун «Теңдик курманы», «Күлүйпа», Ж. Турусбековдун «Беш мойноктогу окуя», Ж. Бөкөмбаевдин «Каргаша» өңдүү пьесалары мына ошондой чыгармалардан эле. 40-жылдары мезгилдин талабына жараша элдик оозеки чыгармалардагы баатырдык сюжеттерден алынган «Манас», «Айчүрөк» аттуу опералык чыгармалар жаралды. К. Маликов жазышкан «Айчүрөк», «Токтогул», «Манас» жана «Патриоттор» аттуу оперетталардын либреттолору кыргыздын театралдык искусствосунун башатында турган классикалык чыгармалардан болуп калды. К. Маликовдун, А. Куттубаев менен бирдикте согуш мезгилинде жазган «Жаңыл» пьесасы аркалаган идеясынын тереңдиги, каармандарынын образдарынын ачыктыгы менен өзгөчөлөнүп, канча жылдар сахнада жашады.

Акын-жазуучулардын согуш мезгилиндеги фольклордук материалдарга мурдагыдан да көбүрөөк кайрылышы бекеринен эмес эле. «Курманбек», «Жаңыл» өңдүү элдик эпостордун каармандары кайрадан жанданып, жаштарды патриотизмге тарбиялоого зор жардам берди. «Жаңыл» пьесасына негиз болуп, кыргыз элинде оозеки түрдө кеңири тараган тарыхый материал алынган. Ошондуктан Жаңылдын жеке образы эле эмес, анын тегерегиндеги Үчүкө, Түлкү дегендер да тарыхый болгон адамдар болуп эсептелишет. Кыскасы, «Жаңыл» пьесасы патриархалдык-феодалдык коомдогу өз уруусун, өз жерин тышкы баскынчылардан сакташ үчүн тайманбастан күрөшкөн баатыр кыздын образын кайрадан жандандырды. Өз башынын

www.bizdin.kg

кызыкчылыгынан элинин намысын ардактаган Жаңылдын аракети чыныгы патриоттуулуктун таза үлгүсү катарында жаркырап чыга келди. Ар кандай төрөпейилдиктен адамдык нарк жогору турарын айгинелеген Жаңылдын образы ар качан өзүнө тартат. Жазуучу-драматург К. Эшмамбетов спектаклдин алгачкы эле коюлушунда төмөнкүдөй олуялык сөзүн жазган: «Көптөн бери даңк кылып, эл оозунан түшүрбөй айтып келе жаткан Жаңыл эженин элесин көрүүдөн эл оңой-олтоң тажай койбос. «Жаңыл» пьесасы Кыргызстан мамлекеттик драмтеатрдын сахнасынан бекем орун алган туруктуу репертуардын бири болор»[26]. Айтканындай эле «Жаңыл» драмасы өзүнүн аркалаган идеясынын тереңдиги, образдарынын ачыктыгы менен өзүнө буруп, жарым кылымдан бери театрдын сахнасында жашап келе жатат.

К. Маликов жеке эле элдик оозеки чыгармачылыктын негизинде пьеса жаратпастан, реалдуу коомдук көрүнүштөрдү, адам турмушун кеңири чагылдырган драматург. «Жаңылдан» кийин «Биз баягы эмеспиз (А. Куттубаев менен бирге), «Бир көчөнүн кыздары», «Бийик жерде», «Адылдын иши», «Осмонкул», «Айланган тоонун бүркүтү» деген бир топ драмаларды жазып берген. Булардын ичинен айрыкча «Бийик жерде», «Осмонкул», «Айланган тоонун бүркүтү» көрүүчүлөр тарабынан жакшы кабыл алынып, сахнада узак өмүрлүү чыгармалар болуп калды.

К. Маликов адатта өзүнүн калемдештери менен замандаштарынын тагдырларына кайдыгер карабайт. Өзүнө окшоп, чыгармачылыктын түйшүктүү жолун басып өткөн калемдештеринин турмуштук тагдыры анын илхамына импульс берип, көркөм каарманына айланган учурлар аз эмес. Маселен, эл акыны Токтогулдун элесин элде калтыруу максатында элүүнчү жылдары «Токтогул» операсынын либреттосун жазган эле. Учурунда опера коомчулуктун эстетикалык талабын канагаттандырган ири чыгарма катары кабыл алынган болчу. К. Маликов мына ушул Токтогул темасына дагы бир жолу кайрылып, «Айланган тоонун бүркүтү» (1964—65) аттуу пьеса жаратты. Башкы каарманы Токтогулдун эл менен байланышы, эл арасындагы кадыр-баркы, ошондогу эмгекчинин социалдык абалынын оордугу — пьесанын көтөргөн башкы маселеси.

www.bizdin.kg

Автор көбүнчө эл ырчысы Токтогулдун өмүр баянындагы урунттуу учурларды көрсөтүүнү көздөйт. Ошон үчүн Токтогул менен замандаш, элге кеңири таанымал таланттар Калык, Коргол, Кулукенин образдары киргизилип, Токтогулдун образы алар менен болгон байланыш аркылуу чыйрала түшөт. Адилетсиздикти ашкерелегени үчүн канап-бутап, кууп-сүрүп, сай-сайлаткан өткөн коомдун жүзү улам пьесанын кийинки сүрөтүндө дааналанып, ансайын Токтогулдун көзү ачылып отурат. Токтогул сүргүндөн келгенден кийин эзилген элдин убалына калып жаткан жеке эле Керимбай өңдүүлөр эмес, жалпы коом, замана экендигин ачык түшүнөт.

К. Маликовду драматург катары тааныткан дагы бир көрүнүктүү чыгармасы — «Осмонкул».

Кыргыз элинин ак таңдай ырчысы Осмонкул Бөлөбалаевдин өмүр жолуна, чыгармачылык чыйырына кызыкпаган анын замандаштары аз. О. Бөлөбалаев менен аздыр-көптүр замандашмын дегендердин бири К. Маликов да бул чоң таланттын басып өткөн изине нечен жолу үңүлгөн. Буга анын О. Бөлөбалаев жөнүндөгү айрым эскермелери, макалалары, акырында 1969-жылы жарык көргөн «Осмонкул» аттуу драмасы күбө болот. Драма автор тарабынан зор талант менен жазылгандыгынын далили катары пьесанын кыргыз драматургиясындагы сандан сапатка шилтенген кадамдардын бири катары бааланганды гын айтсак жетиштүү. К. Маликов улуу төкмөнүн эки доорго таандык өмүр жолун камтуу менен эки башка заман жөнүндө түшүнүк берет. Патриархалдык уруу феодализминин жашаган акыркы сааттарын ишенимдүү көрсөтөт. Катышкан каармандар мүнөзү, жүрүм-турумдары жактан реалдуу турмуш чындыгынын чегинен алыстабайт. Кадимки эл куудулу Шаршен менен ак таңдай ырчы Калыктын көркөм элестери да Осмонкулдун образын тереңдетүү менен өздөрүнчө таасын аткарган милдеттери бар толук кандуу каармандар. Осмонкулга ырчылык нускасын берип, тайманбай ырдоого үйрөткөн Калык күлүктү сүрөгөн саяпкерге окшойт. Өткөндөгү белгилүү адамдардын дагы бири — куудул Шаршендин өлбөс-өчпөс жаркын элеси да жарк этип көрүнүп турганында чоң ашкерелөөчүлүк миссиясы бар. Анын карапайымдыгы, шайырдыгы, ыгы кел-

www.bizdin.kg

ген жерде чымчыкейлиги бир топ реалдуу берилген. Ырас, айрым сценаларда ишенимдүүлүгү анча такталбаган картиналар жок эмес. Арийне, пьеса жеке эле К. Маликовдун чыгармачылык ийгилиги эмес, «... кыргыз драматургиясынын жакшы ийгиликтеринин бири болуп кала берет»[27].

Кыскарта айтканда, К. Маликовдун жарым кылымдык чыгармачылык чыйыры тууралуу төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө болот: ал өмүр бою тынымсыз эмгектенген акын. Алгачкы жылдарда эле анын иштермандыгынын далили катары «Театралдык ырлар», «Бактылуу кыз», «Сарала козу», (1935), «Кубанычбектин ырлары», «Күлүйпа», «Бакыт жөнүндө баян» (1938), «Жаңы ырлар» (1939), «Кремль жөнүндө жомок» (1940) аттуу жыйнактары, «Жаш жалын», «Ачылган айып» аңгемелери, «Азаматтар» повести жарык көргөн. Акындын чыгармачылыгындагы андан кийинки маанилүү этапты 40-жылдары чыккан «Канга кан» (1942), «Жайылманын талаасында (1943), «Чүй каналы боюнда», «Ала-Тоолук курдаштар», «Ырлар-VIII», «Достук жана махабат» (1949) жыйнактары жакшы далилдеп турат. К. Маликовдун андан аркы чыгармачылыгында тынчтык күндөрдөгү кужурмөн эмгек, коомдогу ири-ири жетишкендиктер, Жер үстүндө мээримдүү бейкуттукту сактоого үндөгөн бийик пафос үстөмдүк кылат. Бул жылдары ал «Биздин жер» (1950), «Кадыр аке» (1952), «Ырлар» (1953), «Тандалган ырлар» (1954), «Тоодогу от» (1957), «Жаштык (1958), «Көл жээгинде кездешүү», «Орто-Токой» (1961), «Эртеңкини ойлонуу» (1964), «Аскадагы үн» (1966), «Пьесалар» (1968), «Алтын жип» (1970), «Ленин жана Ысык-Көл» (1974), «Ленин ашуу» (1976) ыр жыйнактарын, «Бийик жерде», «Айланган тоонун бүркүтү», «Осмонкул» ж. б. драмаларын берди. Күндөлүк басылмаларга ар кандай проблемаларга арналган сын макалалары чыгып турду. «Замандаштарым жана каламдаштарым» (1964) аттуу адабий-публицистикалык эскерүүсүн жазды.

Акындын көркөм дүйнөсү жеке эле кыргыздар эмес башка улуттардын маданий көркөм байлыгына да салым кошту. Анын жогорку профессионалдуулук менен жазылган «Канга кан», «Тандалган ырлар», «Туулган жер», «Эртеңкини ойлонуу», «Тянь-Шанда жаз күнү» жыйнактары орусчага которулуп, китеп текчелерин байытып, кыргыз

www.bizdin.kg

турмушуна жакындатты. Дүйнөлүк классик акын-жазуучулар А. С. Пушкин, М. Ю. Лермонтов, А. Н. Некрасов, В. В. Маяковский, В. Шекспир, С. Стальский, Тарас Шевченко жана башкалардын чыгармалары К. Маликовдун котормосунда кыргыз тилинде жаңырды. Өзүнүн өсүпөнүккөн фольклорун ар дайым сүйүп, анын кийинки муундарга мураска сакталышы үчүн да талыкпай эмгектенди. Элибиздин баатырдык эпопеясы, көркөм сөз океаны «Манастын» текстин окуп-үйрөнүүгө жыйырма жылдай өмүрүн жумшагандыгы белгилүү. К. Маликовдун эпос менен көп жылдык байланышынын натыйжасы — А. Малдыбаев атындагы Академиялык опера жана балет театрында көп жылдардан бери сахнадан түшпөй келе жаткан классикалык «Айчүрөк», «Манас» опералары. 1930-жылдан баштап өмүрүнүн акыркы жылдарына чейин ар кандай коомдук иштерди да өзүнүн жеке чыгармачылык түйшүгүнө тизгиндеш аткарып келди. Адабият майданына сиңирген зор эмгеги үчүн Ленин ордени баштаган далай сыйлыктарды алган. Кыргыз Республикасынын эл акыны, Кыргыз Республикасынын искусствосунун эмгек сиңирген ишмери, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты болууга татыган.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] Өмүр баян. Кол жазмалар фондусу.

[2] *Маликов К.* Замандаштарым жана каламдаштарым. — Фрунзе: Кыргызмамбас, 1964. 116-бет.

[3] *Маликов К.* Жаркыраган талант//Ала-Тоо. — 1960. — № 12. 94-бет.

[4] *Садыков А.* Национальное и интернациональное в киргизской советской литературе. — Фрунзе, 1969. С. 74.

[5] *Маликов К.* Театралдык ырлар. 56—57-беттер.

[6] *Маликов К.* Чыгармалар. I т. — Фрунзе: Кыргызмамбас, 1960. 1-бет.

*Артыкбаев К.* Чыгармалар жана ойлор. — Фрунзе: Кыргызстан, 1974. С. 87.

[8] *Артыкбаев К.* Чыгармалар жана ойлор. 91-бет.

[9] Маликов К. Чыгармалар. I т. — Фрунзе: Кыргызмамбас, 1960. 41-бет.

www.bizdin.kg

[10] *Даутов К.* Жаңы чектерге//Ала-Тоо. — 1980. — № 3. — 156-бет.

[11] *Токомбаев А.* Бийик сапаттуу адабият үчүн күрөшөбүз// Кыргыз совет адабияты. — 1936. — № 2. — 20-бет.

[12] Кызыл Кыргызстан, 1927. № 47. 23-апрель.

[13] Кыргыз совет адабияты. Альманах. — Фрунзе, 1936. 4-бет.

[14] *Токомбаев А.* Кыргыз адабияты согуш күндөрүндө// Советтик Кыргызстан, 1944. № 16.

[15] *Маликов К.* Чыгармалар. I т. — Фрунзе: Кыргызмамбас, 1960. 198-бет.

[16] *Маликов К.* Ала-Тоолук курдаштар. — Фрунзе: Кыргызмамбас, 1945. 6-бет.

[17] *Маликов К.* Окуучуга кат//Советтик Кыргызстан. 1949. — № 1. 51-бет.

[18] Советская Киргизия. 1949. 10-май.

[19] *Артыкбаев К.* Чыгармалар жана ойлор. 119-бет.

[20] *Абдраимов Ж.* Чыгармаларга ойлор. — Фрунзе: Кыргызстан, 1967. 38—39-беттер.

[21] *Самаганов Ж.* Тар жол, тайкы багыт// Советтик Кыргызстан, 1949. № 5.

[22] *Саманчин Т.* Адилетсиз апыртмалуу сынга каршы// Советтик Кыргызстан. — № 9.

[23] *Акматалиев А.* Көркөм чыгарма жана тарыхый баатыр инсандар. — Бишкек, 1999.

[24] *Маликов К.* Алтын жип. — Фрунзе: Кыргызстан, 1970. 19-бет.

[25] *Маликов К.* Жаштык. — Фрунзе: Кыргызмамбас, 1958. 62-бет.

[26] *Эшмамбетов К.* Жаңыл//Кызыл Кыргызстан. — 1946. 24-май.

[27] *Артыкбаев К.* Чыгармалар жана ойлор. 156-бет.

www.bizdin.kg

## СЫДЫКБЕКОВ ТҮГӨЛБАЙ
*(1912—1997)*

Өзгөчө бир социалдык-тарыхый шартта жаралган кыргыз жазма адабияты көркөм өнүгүштүн тарыхында сейрек кездешүүчү чапчаңдык менен калыптанды. Өткөн кылымдын жыйырманчы жылдарынын башында гана алгачкы туундулары пайда болгон улуттук көркөм сөз өнөрү элүүнчү жылдардын ортосу — алтымышынчы жылдардын башында жанрдык системасы өнүккөн, адам баласынын жана коомдун көп кырдуу турмушу — көркөм чагылдыруунун ыкмаларын кадыресе профессионалдык деңгээлде өздөштүргөн адабиятка айланды. Арийне, мындай ургаалдуу өнүгүш ошол татаал процесстин тикелей катышуучулары болгон калемгерлердин мууну үчүн оңойго турбаганы, эбегейсиз чыгармачылык чымырланууну, талыкпаган мээнетти талап кылганы түшүнүктүү. Тарыхый чен-өлчөм боюнча анчалык алыс эмес азыркы учурдун аралыгынан караганда ал мезгил улуттук жазма адабияттын негизи түзүлгөн, пайдубалы коюлган этап экен десек жаңылыштык болбойт. Биздин жаш адабияттын тарыхындагы маанилүү ошол учурдун көрүнүктүү өкүлү, жазма адабияттын калыптанышына чоң салым кошкон калемгер — Т. Сыдыкбеков.

Т. Сыдыкбеков узак чыгармачылык жол басып, жетимиш жылга жакын мезгилди талыкпаган адабий эмгек менен өткөрдү, калеминен көркөм адабияттын дээрлик бардык жанрларындагы чыгармалар жаралды. (Айтмакчы, чыгармачылык диапазондун мындай кенендиги революция тарабынан «мобилизацияланган» биринчи муундагы кыргыз жазуучуларынын көбүнө мүнөздүү). Ошондой

www.bizdin.kg

болсо да кыргыз адабиятынын тарыхында Т. Сыдыкбеков биринчи кезекте прозачы, романчы катарында орун тапты.

Көпчүлүк кыргыз жазуучулары сыяктуу эле Т. Сыдыкбеков чыгармачылык жолун поэзиядан баштаган. Анын алгачкы ыры 1930-жылы 1-майда «Ленинчил жаш» газетасына жарыяланат. Ошондон тартып, ал убакта айыл чарба техникумунда окуп жүргөн жаш улан адабиятка чындап кызыга баштайт. Ал эми 1931-жылдын аягында ошол эле «Ленинчил жаш» газетасына кызматкер болуп орношкондон кийин Т. Сыдыкбеков адабий чыгармачылыкка биротоло дитин коет. Алгачкы учурда негизинен ыр жазып, 1933-жылы «Күрөш», 1936-жылы «Баатырлар» аттуу поэтикалык жыйнактары жарык көрөт.

Мазмуну жөнүндө айта турган болсок, аталган жыйнактарды эмгекке, социализмди курууга, билим алууга үндөгөн, эл турмушунда болуп жаткан өзгөрүүлөрдү даңазалоого арналган, башкача айтканда үгүт жана чакырык мүнөзүндөгү, көтөрүңкү пафостогу ырлар түзөт. Автор адабий чыгармачылыкты күрөш катары түшүнүп, өзүн жаңы турмушту куруу үчүн жүргүзүлгөн күрөштүн жоокери деп билет.

Отузунчу жылдардын орто ченинен тартып Т. Сыдыкбеков проза жанрында иштөөгө өтөт. Жаш жазуучунун чыгармачылыгындагы мындай бурулуш кокусунан болгон эмес. «Жаңы коомдун менчик идеологияга болгон өктөм муктаждыгынан»[1] улам жаралган жаш жазма адабият калыптануунун алгачкы мезгилинде белгилүү кыйынчылыктарга туш келген. Мындай кыйынчылык, атап айтканда, жанрлар системасынын калыптанышынан башталган. Жыйырманчы жылдардын экинчи жарымы — отузунчу жылдардын башында кыргыз адабиятында поэзия басымдуу өнүгүп, проза жана драма жанрларында чыгарма жаратуу солгун жүргөн. Бул жагдайга коомчулук жана партиялык жетекчилер көңүл буруп, жазуучуларды прозалык жана драмалык чыгармаларды жазууга үндөгөн. Маселен, 1934-жылы өткөн кыргыз жазуучуларынын биринчи съездинде проза менен драматургия ойдогудай өнүкпөй жаткандыгы, ушул кенемтени толтуруш үчүн учурда «жазуучулардын эң күчтүүлөрү прозалык жана драмалык чы-

www.bizdin.kg

гармалардын үстүндө иштеп жаткандыгы»[2] айтылган. Ошол проза жанрынын өнүгүшүндөгү артта калууну жоюуга «мобилизацияланган» жазуучулардын бири Т. Сыдыкбеков эле.

Ошентип, жаш калемгердин поэзиядан прозага өтүшүнө мезгил талабы себепкер болгон. Бирок кайсы бир даражада «аргасыз» жасалган ушул кадам, чыгармачылык амплуасын алмаштыруу жүрө-жүрө эң сонун үзүр берип, Т. Сыдыкбековдун сүрөткердик таланты дал ушул проза жанрында кеңири ачылып көрүндү. Бул кыйла жылдардан кийин байкалды. Ал эми ошол учурда, отузунчу жылдардын орто ченинде жаш акын жана журналист прозага өтүп, болгондо да анын эң ири жана татаал — роман жанрында чыгарма жазууга киришти.

Дүйнөлүк адабиятта роман эң эле кеч пайда болгон жанр экендиги, ал көркөм өнүгүү кыйла бийик даражага жетип калган шартта, коом менен жеке инсандын ортосундагы татаал мамилелерди чагылдыруучу көркөм форма катарында жаралгандыгы тарыхтан белгилүү. Башкача айтканда, роман жанры жамааттан бөлүнүп, өз алдынча өмүр кечирүүгө өткөн инсандын өсүп чыгышын талап кылат. Ал эми кыргыз адабиятында алгачкы романдар таптакыр башкача шартта, тоталитардык мамлекеттик бийликтин жогортон түшүрүлгөн «заказына» жооп иретинде жаралды. Албетте, мындай «социалдык заказды» аткаруу кыргыздын баралына жете элек чыгармачылык күчтөрү үчүн эбегейсиз кыйынчылыкка тургандыгы шексиз. Экинчи жагынан, бул жагдай төл башы романдардын мазмунуна жана көркөм түзүлүшүнө тамга салбай коймок эмес.

Т. Сыдыкбековдун алгачкы романы «Кең Суунун» эки китеби 1937—1938-жылдарда жарык көрөт. «Кең-Суу» жазуучунун чыгармачылыгында гана эмес, жалпы эле кыргыз жазма адабиятынын тарыхындагы тунгуч романдардын бири болуп эсептелет. Романда жыйырманчы жылдардын аягы — отузунчу жылдардын башында кыргыз жергесинде совет бийлигинин бекемделишине жана коллективдештирүүгө байланышкан драмалуу окуялар баяндалат.

Т. Сыдыкбеков «Кең-Суу» романынын жазылыш тарыхына нечен мертебе кайрылып, чыгарма реалдуу турмуш-

www.bizdin.kg

тан алынганы, реалдуу окуялар баяндалып, өзүнө жакшы тааныш адамдар көрсөтүлгөнүн көп жолу айткан. Роман автордун туулуп өскөн айлынын аты менен аталышы да анын өзөгүн реалдуу турмуш окуялары түзгөндүгүнүн далили.

Албетте, кыргыз адабияты көп кылымдык тарыхы бар адабияттар сыяктуу өнүгүүнүн узак жолун басып өтпөгөндүгү, көркөм тажрыйбасы боюнча романдык стадияга табигый түрдө өсүп жете электиги «Кең-Суунун» мазмунунан жана көркөм түзүлүшүнөн тигил же бул формада көрүнбөй коймок эмес. Чынында да туңгуч романда мындай «ашыгууну» айгинелөөчү белгилер аз эмес. Алар кайсылар?

Биринчиден, «Кең-Суу» орус жазуучусу М. Шолоховдун «Көтөрүлгөн дың» романынын таасиринде жазылгандыгы белгилүү. Башкача айтканда, автор туңгуч романын жазууда өнүккөн адабияттагы белгилүү үлгүнү ээрчиген. Мунун өзү табигый көрүнүш эле, анткени кийинчерээк автор өзү жазгандай, роман жазууга биринчилерден болуп аттанган калемгерлерге «үлгү болорлук салмактуу чыгарма»[3] эне тилинде жарала элек болучу.

«Кең-Суунун» авторунун калеминин жаштыгын күбөлөөчү дагы бир белги катары элдин турмуш-тиричилигинин майда деталдарына ашкере кызыгууну, аларды очерк ыкмасында кеңири сыпаттап көрсөтүү аракетин, этнографизмди эсептөөгө болот. Дал ушундай натурализм Т. Сыдыкбековдун романында турмуш чындыгы бурмаланбай, ошол кездеги идеологиялык талаптарга ылайыкташтырылбай көрсөтүлүшүнө алып келген. Натыйжада, «Кең-Суунун» коллективдештирүү окуялары көрсөтүлгөн экинчи китеби катуу сынга кириптер болгон. Романды сындагандар көбүнчө чыгарманын идеялык мазмунуна кине коюшуп, ошол мезгилдеги ашынган тапчыл идеологиянын көз карашына ылайык «Кең-Суу» зыяндуу чыгарма деген тыянакка келишкен. Ошону менен бирге, чыгарманы сындагандардын бири — жазуучу М. Элебаев көркөмдүк жагынан да романда олуттуу кемчиликтер бар экендигин адилет белгилеп көрсөткөн.

Айтылган сын пикирлерди эске алып, Т. Сыдыкбеков «Кең-Суу» романын редакциялап, 1940—1941-жылдарда кайрадан чыгарган. Экинчи басылышында чыгармага не-

www.bizdin.kg

гизинен идеялык мүнөздөгү, анчалык орчундуу эмес өзгөртүүлөр киргизилген.

Т. Сыдыкбеков 1939—1940-жылдарда Түштүк Кыргызстанда совет бийлигин бекемдөө окуяларын чагылдырган «Темир» романын жазып, ал согуштан кийин, 1946-жылы өзүнчө китеп болуп басылып чыккан.

Тематикасы боюнча жазуучунун экинчи романы «Кең-Сууга» жакын. Андагы конфликттин өзөгүн совет бийлигине жан-дили менен берилген башкы каарманы Темирдин Бөрүбай, Коңкаргаев сыяктуу тап душмандарына каршы күрөшү түзөт. Эски замандын жактоочулары совет бийлиги жүргүзгөн иштерге тоскоолдук кылууга аракеттенишет, бирок акыр аягында кылмыштары ашкереленип, жазага тартылат.

Т. Сыдыкбеков «Темирде» көркөм чебердик жагынан алдыга кадам жасаган деп айтууга болот. Маселен, анда «Кең-Сууга» мүнөздүү узундук, көп сөздүүлүк жок, тиричилик деталдарына ашкере кызыгуу байкалбайт. Ошону менен бирге, чыгарма көркөмдүк жагынан телегейи тегиз десек аша чапкандык болор эле. Анда көркөм жүк көтөрбөгөн эпизоддор, элеси эсте сакталбаган каармандар аз эмес. Кейипкерлердин образын жаратууга автор айрыкча жаш жазма адабияттарда көп кездешүүчү бир беткейликке жол берип, оң каармандарды жалаң гана жакшы, терс каармандарды жаман жагынан көрсөтөт. Алардын арасынан башкы кейипкер Темирдин образы өзгөчөлөнүп турат. Темир төрт тарабы төп келген каарман: акылдуу, эр жүрөк, кала берсе кара күчү жагынан да ага эч ким тең келбейт. Ошону менен бирге, жазуучу башкы каарманды жогоркудай артыкча сапаттар менен шөкөттөп көрсөтүүгө аракеттенип жатып образдын ынанымдуулук жагына, турмуш, чындыгына жакындыгына доо кетирип койгон. Маселен, Темирдин акылмандык жана кыраакылык сыяктуу касиеттери анын жаштыгы менен анчалык шайкешпейт, ал эми басмачыларга каршы күрөштө көрсөткөн жоокердик сапаттары кадимки эпикалык баатырларга окшотуп жиберет. Башкача айтканда, башкы каармандын элесин жаратууда автор фольклордук ыкмаларды колдонгон.

Терс каармандарды көрсөтүүдө прозачы жалаң гана күңүрт боекторду колдонгондуктан аларга турмуштагыдай

www.bizdin.kg

жандуулук жетишпейт. Маселен, Бөрүбайдын кыңыр иштери көп учурда анчалык ачык көрсөтүлгөн эмес. Жазуучу Коңкаргаевдин социалдык вульгаризатор, ураанчы фразер, чыныгы жүзүн жашырып жүргөн душман катары шөкөттөөгө аракет кылган. Анын туруш-турпатын, иш-аракетин сүрөттөөдө негизинен карикатуралык ыкмалар колдонулат. Натыйжада Коңкаргаевдин жеке пенделик касиеттери ачылбай калган.

1941—1945-жылдардагы согуш жалпы эле кыргыз прозасынын тематикасын жана жанрдык курамын кескин өзгөрткөндүгү адабият тарыхынан белгилүү. Авторитардык идеологиянын жетекчилиги астында өнүккөн адабият бул жылдарда толук бойдон өлкөнүн турмушундагы эң башкы милдет — фашисттик баскынчыларга каршы күрөштүн кызматына коюлган. Натыйжада согуш темасы прозадагы негизги темага айланган. Ал эми учурда болуп жаткан окуялар тууурасында чыгармаларды маалкатпай чапчаң берип туруу зарылдыгы бул жылдарда аңгеме, очерк, этюд сыяктуу чакан жанрлар алдыңкы планга чыгышына алып келген.

Ошол тапта активдүү иштеп жаткан жазуучулардын бири катары Т. Сыдыкбеков да бул процесстен сырткары калбай 1943-жылы «Согуш күндөрүндө» аттуу аңгемелер жыйнагын чыгарган.

Жыйнакка топтолгон аңгемелерде жазуучу элдин патриотизмин, оор сыноо мезгилиндеги биримдигин, кайратман эмгегин көрсөтүүнү көздөгөн.

Улуу Ата Мекендик согуш кыргыз жана жалпы эле мурдагы советтик элдердин адабияттары үчүн канчалык орошон тема болуп бергени бул адабияттардын кийинки өнүгүшнөн белгилүү. Бирок согуш жүрүп жаткан учурда «муздай элек» окуяларды чагылдырган бул чыгармалардан эбегейсиз зор теманын терең иштелишин күтүү кыйын эле. Кыйла даражада «мезгилдин күндөлүк талабын аткаруу үчүн»[4] жазылган бул чыгармаларга эскиздүүлүк мүнөздүү. Аларда кылдат курулган сюжет, чебер шөкөттөлгөн образдар жок, композициясы абдан жөнөкөй. Айрымдары кадимки көркөм этюд шекилинде. Маселен, «Эл оозунда» аттуу чыгармада ар түрдүү улуттардын өкүлдөрүнүн согуш тууралуу сүйлөшкөн сөздөрү берилет. Алардын баары

www.bizdin.kg

фашисттик баскынчыларга кыжырданышат. Кайсы тилде сүйлөбөсүн, кайсы улуттан болбосун советтик элдин максаты бир, алардын достугун бузууга эч кимдин күчү жетпейт деп жыйынтык чыгарат жазуучу. Чыгарманын болгон фабуласы ушул.

Ал эми «Пайдага чечилген чатак» аңгемеси эки каармандын диалогу формасында курулган. Чыгарманын сюжети дал ушу диалог аркылуу өнүгөт, каармандардын образы да диалогдун жүрүшүндө ачылат. «Чатакташкан» каармандардын ортосунда эч кандай орчундуу антагонизм жок, тескерисинче алар бир максат менен жашаган адамдар. Келдибек да, Борбук да колдон келишинче майданга жардам берүүгө умтулат. Ал эми чатакка себеп болгон нерсе — кичинекей гана өз ара түшүнбөстүк. Албетте, «Пайдага чечилген чатак» аңгемесинин сюжетинде да, образдардын шөкөттөлүшүндө да мүчүлүштөр аз эмес. Буга баарынан мурда турмуш чындыгы алдын ала берилген идеянын ыңгайынан чагылдырылышы, кайсы бир даражада ага мажбурланып ылайыкташтырылышы себеп болгон.

«Замбирекчилер» жана «Экөө» аттуу аңгемелерде Т. Сыдыкбеков түздөн-түз майдан турмушун көрсөтүүгө аракеттенген. Бирок аңгемелердин сюжети гана каармандардын образдары реалдуу турмуштагыдай ынанымдуу чыккан эмес.

Жалпысынан, «Согуш күндөрүндө» жыйнагындагы аңгемелер биротоло ийине жеткирилген чыгармаларга караганда бирдиктүү чоң темага арналган келки-келки наброскалар сыяктуу таасир калтырат. Т. Сыдыкбековдун соңку чыгармачылыгы жыйнактагы аңгемелер тегин жеринен мындай таасир калтырбаганын, алар иш жүзүндө согуш темасына арналган көлөмдүү романга «киришүүдөгү алгачкы этап, босого»[5] болгондугун көрсөттү.

Көп өтпөй эле Т. Сыдыкбеков согуш темасына арналган ири чыгарма — «Биздин замандын кишилери» романын жаратты. Романдын айрым үзүндүлөрү согуш мезгилинде эле «Советтик Кыргызстан» газетасына жарыялана баштаган. Өзүнчө китеп түрүндө 1948-жылы жарык көрдү.

Чыгармада Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги элдин патриоттук духу, баскынчыларга каршы күрөштөгү

www.bizdin.kg

биримдиги, элдердин достугу чагылдырылат. Романдын экспозициясында Ысык-Көл боюндагы бир колхоздун бейкут турмушу көрсөтүлөт. Колхозчулар электростанция курмак болушат. Бирок алардын тилеги ишке ашпайт. Айылдыктар болочок электростанция курулар жерге жапатырмак жумушка чыккан күнү согуш башталат. Колхоздун башкармасы Шамбет, анын жолдоштору Сергей, Элебес өз ыктыяры менен майданга кетишет. Согушка барбай калгандары жаңы башкарма Чаргындын жетекчилиги менен майданга жардам бериш үчүн талыкпай эмгек кылышат.

Романдын бардык каармандарынын ойлогон оюу, көздөгөн максаты бир, алар фашисттик баскынчыларга каршы күрөшкө кол кабыш кылууга умтулат. Жети жашар Салморбек башка балдар менен бирге темир сыныктарын чогултат, өспүрүм кыз Гүлнар табелчи болуп иштейт, кемпирлер солдаттарга арнап кол кап согушат, аялдар жер айдап, чөп чабышат, Акман карыя майданга деп жылкы багат, Дмитрий улгайган курагына карабай устаканада иштейт.

«Биздин замандын кишилери» романы Т. Сыдыкбековдун жазуучулук чеберчилиги кыйшаюусуз өсүү жолунда бара жаткандыгын айгинеледи. Муну чыгарманын поэтикасынын бардык элементтеринен байкоого болот. Атап айтканда, романдын сюжети реалдуу турмуштук коллизиялардын негизинде курулган. Анда фольклордук элементтер жана мотивдер «Темир» романындагыдай кеңири орун алган эмес.

Т. Сыдыкбековдун мурдагы чыгармаларына салыштырганда романдын композициясы кыйла татаал. Анда бир багытта өнүккөн сюжет менен бирге сюжеттен тышкары элементтер: портреттик мүнөздөмөлөр, каармандардын ой жүгүртүүлөрү, уламыштар, Мыскалдын коллективдештирүү жылдары жөнүндө эскерүүлөрү, Сергейдин согуш окуялары тууралуу аңгемелери, Чегирткенин мурдагы турмушу жөнүндө баян, пейзаждар кеңири орун ээлейт. Бирок айта кетүүчү нерсе, чыгармадагы согуш окуялары көрсөтүлгөн эпизоддор анчалык ынанымдуу эмес, романдын «өндүрүштүк» мазмунуна анчалык шайкешпей турат. Ал эми пейзаждык сүрөттөр, адамдардын иш аракетинин көр-

www.bizdin.kg

сөтүлүшү ынанымдуу, айрым жерлери чебер жазылган. Мунун өзү жаңы романда Т. Сыдыкбековдун стилинде оң маанидеги өзгөрүүлөр болгондугун билдирет. «Анын эң башкы белгиси — аналитикалык башталышынын күч алышы, психологияны көрсөтүү ыкмаларынын жана каражаттарынын көп түрдүүлүгү»[6]. Ошону менен бирге, адабиятчы А. Эркебаев белгилегендей, Т. Сыдыкбеков толук бойдон ушундай стилге өтүүгө жетишкен деп айтууга мүмкүн эмес. Анткени романдын стилинде али да болсо кадимки публицистиканын ыкмалары, ошондой эле фольклордук ыкмалар колдонулган учурлар аз эмес. Мисалы, романдагы фольклордук ой жүгүртүүнүн көрүнүшүн башкы каармандардын бири Шамбеттин образынын шөкөттөлүшүнөн байкоого болот. Жазуучу өзүнүн бул кейипкерине адам баласына мүнөздүү артык касиеттерди гана энчилеп берүүгө аракеттенген. Шамбет балбан мүчө, кара тору, нур жүздүү, коюу кара чачы шамалга сеңселет, көзү өткүр, сабырдуу, комузду жакшы чертет, коңур үнү менен ырдаганда башкалар таң калышат, согушта жүргөндө Шамбет шумдуктай эрдиктерди көрсөтөт. Кыскасы, Шамбет жомоктогу баатыр таризденип кетет.

«Биздин замандын кишилери» романы өз учурунда Т. Сыдыкбековду окурмандардын кеңири чөйрөсүнө таанымал кылып, кыргыздын эң көрүнүктүү жазуучуларынын катарына койгон. 1949-жылы роман кыргыз адабиятынын тарыхында биринчи жолу Советтер Союзундагы эң жогорку сыйлыктардын бири — Сталиндик сыйлыкка татыктуу болгон, көп элдердин тилдерине которулган.

Ошону менен бирге, «Биздин замандын кишилери» идеологиялашкан чыгарма экендигин айта кетиш керек. Согуш шартына ылайык советтик идеология элди фашисттик баскынчыларга каршы күрөшкө мобилизациялоого бардык күчүн үрөп жаткан жагдайда Т. Сыдыкбеков да эл турмушун ушул өңүттөн, тактап айтканда, элдин патриотизмин, биримдигин, душманды жеңиш үчүн талыкпай мээнет кылганын көрсөтүүгө аракеттенген. Бирок ушул аракетинде автор чыгармада турмуш чындыгын көрсөтүү ашкере концептуалдашуусуна, башкача айтканда бир беткей, үстүртөн мүнөзгө өтүшүнө жол берген. Натыйжада, өлкөнүн тарыхындагы бул апаат мезгилдин ар бир адам-

www.bizdin.kg

дын тагдырына алып келген эбегейсиз мүшкүлү, өтө курч карама-каршылыктары жана чексиз трагизми чыгармада көрсөтүлбөй кала берген.

Элүүнчү жылдардын биринчи жарымында, чыгармачылык күчкө толгон чагында Т. Сыдыкбеков алгачкы романы «Кең-Сууга» кайрылып, кайрадан иштеп чыкты. Анын жаңы варианты «Тоо арасында» деген жаңы аталыш менен биринчи китеби 1955, экинчи китеби 1958-жылы басылып чыкты. Жазуучу мурун жазылган чыгармасына кайра кайрылуусунун өзүнчө себептери бар эле.

«Кең-Суу» романы отузунчу жылдарда, кыргыз прозасы, асыресе анын ири формасы болгон роман жанры жаңыдан жаралып жаткан учурда жарыкка келген жана ар кандай алгачкы тажрыйба сыяктуу анын мазмунунда, ошондой эле көркөм түзүлүшүндө олуттуу мүчүлүштөр орун алган. Ошондон улам, басылып чыккан учурда жогору жакта айтылгандай, жазуучулардын жана сынчылардын арасында кескин сын пикирлерди жараткан. Учурунда Т. Сыдыкбеков сынды эске алып романга айрым оңдоолорду киргизген. Бирок бул оңдоолор чектелүү гана мүнөздө болуп, чыгарманын мазмуну жана көркөм түзүлүшү анчейин өзгөргөн деле эмес. Андыктан элүүнчү жылдардын орто ченинде автор өзү туулуп өскөн айлынын турмушун, жакшы тааныган адамдарынын элесин чагылдырган бул романына дагы бир мертебе кайрылууну чечкен.

Дагы бир жолу иштелип чыккандан кийин роман көркөмдүктүн жаңы сапаттык баскычына көтөрүлгөн. Кыргыз адабият таануу илиминде «Тоо арасында» мурдагы чыгарманын жаңы редакциясы эмес, жаңы чыгарма катары бааланган. Анда тарыхый бурулуш доордогу кыргыз элинин турмушу, адамдардын образдары, тиричилиги жана кулк-мүнөзү, табият көрүнүштөрү жогорку чеберчиликте сүрөттөлгөн. Жаңы вариантта чыгарманын көлөмү эки эседен ашуун көбөйгөн. Көп жаңы главалар киргизилген, эл турмушунун жаңы катмарлары көрсөтүлгөн.

Эгерде «Кең-Суунун» стилинде көптөгөн алешемдиктер учураса, жаңы вариантта алар жоюлган. Жазуучу анда элдин тил байлыгын эң сонун өздөштүргөн жана көркөм максатына ылайык эркин пайдалана билген сөз чебери катары көрүнөт. Романдагы баяндоо стили конкреттүү эпи-

www.bizdin.kg

зоддун же главанын мүнөзүнө жараша өзгөрүп турат. Кээде ал эпикалуу жай, кээде динамикалуу, бирде эмоциялуу болсо бирде нейтралдуу, драмалуу же лирикалуу.

Кайра иштөөдө чыгарманын сюжетинде олуттуу өзгөрүүлөр болгон. Романга жаңы сюжеттик сызыктар, эпизоддор жана деталдар киргизилген. Натыйжада чыгарманын сюжети алда канча татаалдашкан. Ошону менен бирге окуялардын өнүгүшү ырааттуу түргө келген.

«Кең-Суу» романындагыдай эле жаңы вариантта сюжеттин өзөгүн Сапарбай, Саадат, Сапарбай — Калпакбаев жана Сапарбай — Шарше мамилелери түзөт. Бирок бул кейипкерлердин ортосундагы карама-каршылыктын өрчүшү жана күрөш алда канча ырааттуу көрсөтүлгөн. Сапарбай айылдан эч жакка чыкпаган, чектелүү гана билими бар карапайым жигит. Ошон үчүн ал адегенде толугу менен Алматы шаарынан курс бүтүрүп келген Саадаттын жетегинде болуп, айтканын аткарат. Бирок бара-бара ал өзү аралашып жүргөн окуялардын маанисин, Саадат мыйзамга сыйбаган иштерди жасап жаткандыгын түшүнө баштайт. Ошондон тартып эки негизги каармандын ортосунда карама-каршылык пайда болот...

Жаңы вариантта Сапарбайдын идеялык эволюциясы алда канча ырааттуу көрсөтүлгөн. Эми ал «Кең-Суудагыдай» тартынчаак эмес, бирөөлөрдү Саадатка каршы сүйлөөгө шыкактап коюп, өзү четке чыга бербейт. Саадат менен да, Калпакбаев менен да ачык күрөшөт. Ушул күрөштө саясий аң-сезими өсүп жетилет, тажрыйбасы артат. Ал совет бийлиги байларга каршы, карандай мээнети менен күн көргөн кедейлер тарабында экендигин түшүнөт. Жогору жактын көрсөтмөлөрүн аткарууда Сапарбай аша чабууга, карапайым калкка зомбулук кылууга, каршы турат, ар дайым адилет болууга аракеттенет. Саадат менен Калпакбаевге да элге жасаган адилетсиз, зордукчул иштери үчүн каршы чыгат.

Бирок романда Сапарбайдын адилеттикти, акыл-эстүүлүктү жактаган ушундай багыты башынан аягына чейин сакталган эмес. Экинчи китепте Сапарбай Шаршенин ашынган зордукчул иштерине тоскоолдук кыла албайт. Дегеле романдын бул бөлүгүндө башкы каарман бир катар эпизоддордо экинчи планга сүрүлүп калат.

www.bizdin.kg

Ошол эле учурда Сапарбайдын ушундай алсыздыгы, Шарше сыяктуу радикалдардын үстөмдүк кылышы аркылуу романда объективдүү турмуш чындыгы чагылган деп айтууга болот. Анткени айыл чарбасын коллективдештирүү көптөгөн аша чабуулар, репрессиялык чаралар менен коштолгондугу тарыхтан белгилүү.

«Тоо арасында» романында ар бири мүнөздүү белгилери менен айырмаланган колориттүү образдар бар. Алар — Саадат, Соке, Ыманбай, Шоорук, Шарше, Курман, Матай, Өскөнбай, Самтыр жана башкалар. Бул кейипкердин ар бири жүрүш-турушундагы, кулк-мүнөзүндөгү, сырткы көрүнүштөрдөгү кайталангыс белгилери менен окурмандын эсинде сакталып калат. Ушунун өзү Т. Сыдыкбековдун образ жаратуудагы сүрөткердик чебердиги жөнүндө кабар берет. Саналып өткөн кейипкерлердин арасынан көркөм жалпылоо күчү жагынан Ыманбайдын образы айырмаланып турат. Ыманбай өзүнүн образында көчмөн кыргыздарга мүнөздүү эң негизги терс сапаттарды чогултуп алган сыяктуу. Анын баеолугу, караңгылыгы, эртеңкини ойлобогон, күнүмдүк кызыкчылык менен гана чектелген акылы, сабырсыз, башаламан жүрүш-турушу эл турмушундагы драмалуу бурулуш учурунда бөтөнчө ачык көрүнөт. Ашкере кыйчалыш кырдаалдар анын мүнөзүндөгү апендилик сапаттарды айгине кылат. Өзүнүн мисалында белгилүү тарыхый доордогу кыргыз букарасынын турмуш жолоюн чагылдыруусу жагынан Ыманбай улуттук адабиятта жаратылган алгачкы «элдик тип» десек жаңылыш болбойт. Бул мааниде Ыманбайдын образы жеке романдагы эмес, бүткүл кыргыз адабиятындагы орчундуу табылгалардын бири. Айрым адабиятчылар аны орус классикалык адабиятындагы Обломовдун образына салыштырып жүрүшкөнү бекеринен эмес. Ыманбайдын образында комедиялык жана трагедиялык белгилер эриш-аркак орун алган. Анын иш-аракети жана кулк-мүнөзү канчалык комедиялуу болсо, жашаган шарт-жагдайы, иштеринин натыйжалары ошончолук трагедиялуу.

Албетте, «Тоо арасында» романында эч кандай кемчилик жок деп айтууга болбойт. Маселен, чыгарманын сюжетинде айрыкча экинчи китепте мазмунга эч кандай кошумча киргизбеген артыкбаш эпизоддор бар. Ошол эле

www.bizdin.kg

экинчи китепте, Шаршенин элге көрсөткөн кордуктары жөнүндө баяндалган беттерде автор бул иштерге карата мамилесин ачык билдирбестен, окуяларды констатациялоо менен гана чектелет. Ошондой эле башкы каарман Сапарбайдын иш-аракетин көрсөтүүдө белгилүү даражада бир беткейлик орун алган. Чыгармада негизинен анын коомдук иштери көрсөтүлөт, ал эми жеке турмушу, адамдык касиеттери, күлк-мүнөзү купулга толоорлук ачылып берилген эмес.

Бирок ушул сыяктуу айрым мүчүлүштөрүнө карабастан «Тоо арасында» романы кыргыз адабиятынын тарыхында маанилүү орун ээлеген этаптык чыгарма болуп эсептелет. Ал кыргыз адабияты тарыхый кыска мөөнөттүн ичинде өнүгүүнүн татаал жолун басып өтүп, профессионализм деңгээлине жетишкендигин айгинеледи.

Т. Сыдыкбеков кыргыз элинин революцияга чейинки турмушуна кайрылып «Зайыптар» аттуу машстабдуу чыгарма жаратты. Эки китептен турган бул чыгарма өз учурунда адабий коомчулук тарабынан жылуу кабыл алынган. Романдын биринчи китеби 1962-жылы «Батыйна» деген ат менен жарык көргөн. Анда Батыйна, Айнагүл, Гүлсүн, Канымбү сыяктуу кейипкерлердин тагдырлары аркылуу патриархалдык-феодалдык түзүлүш шартындагы кыргыз аялдардын укуксуз абалы көрсөтүлөт. Өткөн заманда жалаң гана кедей кыз-келиндер эмес, байлар чөйрөсүнө таандык аялдар да эзилген, кыйналган, анткени патриархалдык каада-салттар алардын бардыгына бирдей тиешелүү болгон. Батыйна оор абалдан суурулуп чыгууга аракеттенет, бирок ошол тарыхый доордун шартында аялзаты эркиндикке жетиши кыйын эле. Анын максаты революция жеңгенден кийин гана жүзөгө ашты. Батыйна жаңы заманда түзүлгөн мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, өзү шекилдүү эзилген аялдардын укуктарын коргоого аракеттенет, аларды окууга, билимге, эркиндикке үндөйт.

Т. Сыдыкбеков «Батыйнанын» уландысын «Ашуу» деген ат менен жазып, эки китепти бириктирип «Зайыптар» деген ат менен 1966-жылы жарыкка чыгарды.

Экинчи китептин башкы каарманы Зууракан белгилүү кызылчачы, Социалисттик эмгектин эки жолку баатыры Зууракан Кайназарованын прообразы болуп саналат.

www.bizdin.kg

Окуя Зууракан күйөөсү Текебай экөө байда малай жүргөн мезгилин сүрөттөө менен башталат. Таңды кечке тыным албай иштегенине карабастан байбиче ар дайым жаш келинди кемсинтип, колу тийген күндөрү да болот. Мындай кордуктан жадаган Зууракан бир жолу качып, бирок кармалып калат. Мунун жазасы катары бай менен байбиче Зууракканды көпкөн жигиттердин тыткынына салып берип, мазакташат. Күйөөсү Текебай аялын ушул кордуктан коргоп калууга жарабайт. Ызасы чегинен ашкан алп мүчөлүү жаш келин алардын жүзүн экинчи көрбөс үчүн караңгы түндө кайрадан качып чыгат. Жолдо келатып карышкырларга жолугат, башка дагы көп азаптардан өтөт. Чүйгө келгенден кийин Зууракан экинчи күйөөсү Ороздон кол үзүп, бардык күчүн дыйкандык эмгекке жумшайт жана ушул эмгектен зор бакыт табат, өлкөдөгү атагы алыска кеткен адамдардын катарына кошулат.

Жетимишинчи жылдардын аягында Т. Сыдыкбеков кыргыз адабиятчылары тарабынан «Тоо арасында» романындагы эң сонун көркөм табылга катары бааланган Ыманбайдын образына дагы бир жолу кайрылып «Ыманбай пейили» романын жаратты. Чыгармада жазуучу белгилүү кейипкердин кийинки турмушун көрсөтөт. Өлкөнүн тарыхындагы орчундуу окуялардын бири да Ыманбайды кыйгап өтпөйт: колхоздо эмгектенет, репрессия күчөп турган жылдарда түрмөгө да түшөт. Улуу согушка барат, андан кийинки жетиштүү турмушту да көрөт. Биз кайрадан «Тоо арасында» романындагы жан дүйнөсү таза, кулк-мүнөзү кайталангыс кейипкерди көрөбүз. Бирок жаңы чыгармада Ыманбайдын образы мурдагыдай жалпылоочу күчкө, табыгыйлыкка жана тереңдикке жеткен эмес. Ыманбай мурдагы бойдон калган, ал эми мезгил жаңы. Чыгарманын башкы каарманы өзүнүн иш-аракети, кыял-жоругу менен жаңырган бул мезгилдин негизги көйгөйлөрүн чагылдырбайт.

Жетимишинчи жылдарда Т. Сыдыкбеков мындан тышкары жаштар темасына кайрылып, «Курбулар» жана «Сыр ачуу» романдарын жазды. Бирок бул чыгармаларында жазуучу жаңы доордун орчундуу көйгөйлөрүн, карама-каршылыктарын, жаңы шартта өсүп чыккан муундун типтүү образдарын көрсөтө алган жок.

www.bizdin.kg

1982-жылы Т. Сыдыкбековдун «Жол» аттуу чыгармасы жарык көрдү. Автор ага автобиографиялык роман деген жанрдык аныктама берген, бирок иш жүзүндө формасы боюнча ал көркөм мемуар жанрына таандык. Ал эми 1996-жылы жазуучу өзүнүн биографиясына негизделген «Бел-Белесте» аттуу дагы бир чыгармасын жарыкка чыгарды. Бул эки китепте Т. Сыдыкбеков басып өткөн узак жана кызыктуу өмүрү, баштан кечирген окуялары жөнүндө баяндайт, өзү жашаган мезгили жана замандаштары, кыргыз адабияты жана маданияты тууралуу ой жүгүртөт.

Т. Сыдыкбеков көп сандаган поэтикалык жыйнактардын, кичи жана орто жанрдагы прозалык чыгармалардын — аңгеме, повесть, очерктердин автору. Узак жана үзүрлүү өмүр жолунда жазуучу республиканын коомдук-саясий жана маданий турмушуна ар дайым активдүү аралашып келди. Элүүнчү жылдарда, биздин коомдогу айрым күчтөр «Манас» эпосунун идеялык мазмунуна кине коюуга аракет жасаганда анын элдүүлүгүн коргоп калгандардын бири Т. Сыдыкбеков болгон. Жазуучу эпостун кошмо вариантынын түзүүчүлөрүнүн жана редакторлорунун бири, ошондой эле кыргыз маданиятынын, тилинин жана тарыхынын маанилүү маселелери боюнча көптөгөн макалалардын автору. Аларда жазуучу ар дайым улуттук маданияттын байлыктарына нигилисттик мамилеге каршы туруп, руханий дөөлөттөргө астейдил мамиле этүүгө, кастарлап сактоого, өркүндөтүп-өстүрүүгө үндөйт, нукура патриотизмге чакырат. Мындай макаларынын бир тобу 1982-жылы жазуучунун «Мезгил сабактары» жыйнагында басылып чыккан.

Т. Сыдыкбековдун адабияттын, маданияттын калыптанышына жана өнүгүшүнө кошкон салымы чоң. Жазуучу кыргыз адабиятынын тарыхында анын пайдубалын түптөгөн, профессионализм деңгээлине жетишине зор эмгек сиңирген, кыргыз элинин тарыхындагы бурулуш доордун айкын элесин тарткан чебер сүрөткер катарында көрүнүктүү орун ээлеп кала бермекчи.

Т. Сыдыкбеков — көрүнүктүү коомдук ишмер. Кыргыз ССР Жогорку Кеңешине көп мертебе депутат болуп шайланган. Кыргыз Республикасынын улуттук Илимдер академиясынын анык мүчөсү. Адабий жана коомдук ишмерди-

www.bizdin.kg

ги үчүн Кыргыз эл жазуучусу наамына татыктуу болгон, бир топ орден, медалдар менен сыйланган. Көрүнүктүү жазуучуга эгемендүү жаш мамлекеттин эң жогорку сыйлыгы — Кыргыз Республикасынын Баатыры наамы алгачкылардан болуп ыйгарылган.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Жигитов С.* Социальные корни и идеологические предпосылки возникновения новописьменных литератур // Закономерности развития новописьменных литератур и проблемы социалистического реализма. — Фрунзе: 1985. С. 102.

[2] Из доклада председателя организационного комитета Союза советских писателей Киргизии // Культурное строительство в Киргизии. 1930—1941. Сборник документов и материалов. Т. II . Ч. 2. — Фрунзе, 1972. С. 74.

[3] *Сыдыкбеков Т.* Эң кичинекейлер, эң керектүүлөр//Советтик Кыргызстан, 1954.

[4] Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. Т. I. — Фрунзе, 1987. 320-бет.

[5] Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. Т. I. — Фрунзе, 1987. 318-бет.

[6] *Эркебаев А.* Кыргызский роман: истоки, пути становления, поэтика и типология. Рукопись докт. дисс. — Бишкек, 1991. С. 341.

www.bizdin.kg

## ТОКТОМУШЕВ АБДРАСУЛ

*(1912—1995)*

А. Токтомушев 1912-жылы 15-июлда азыркы Кемин районундагы Чоң-Кемин кыштагында батрактын үй-бүлөсүндө туулат. Анын өмүр жолунун башталышы 1916-жылкы эл үркүнүнө, андан кийинки Улуу Октябрь революциясынын жер-жерлерде толук орношуна чейинки оор күндөргө туура келди. Тестиер курагын Турпан тоолорун жөө-жалаңдап ашуу менен баштап, ата-энесинен бир туугандарынан ажырап, дунган айылы Каракоңузда жалгыз калды. Атасы Муса деген дунган байында малай жүрүп, кордолуунун чегине жеткенде дүйнөдөн кайтса, жетимче Абдрасулду аяп төрт балалуу дунган аял багып алат. Ал жөнүндө акын өзү мындайча эскерет: «Мени дунган энем ушинтип кичинекей соодагер кылып үйрөтө баштаган эле. Мунун чоң себеби бар болучу. Ушул энем Фатьме Чывызы кызы төрт баласы менен жаш кезинде жесир калган экен. Мен көчөдө тентиреп өкүрүп, короосуна тилемчилик кылып кирип барсам боору ооруп асырап алган. Ак чылапчынга ак самын менен короонун ичине мени кириндирип, өз баласынын кийимин кийгизген. Эң улуу баласы ондо болчу, а мен болсом алтыда. Энемдин картаң кайненеси да бар болучу. Энемден башкасы жатып ичерлер элек. Эки бөлмө жер там, тар короодон башка мал аттуудан эч нерсебиз жок болчу. Тоокторубуз, кандек итибиз гана бар эле. Энем Фатьме хайынын (чүпүрөк кепичтин) жыгач тамандарын жасоочу, ал жагынан өтө уста эле. Аны да мен базарга сатып турчумун. Биз ошентип өтө жарды турчубуз, каралашар тууганы жок болучу, ошондуктан күн көрүү үчүн байкуш дунган энем мени соодагерчилик кесибине

www.bizdin.kg

такшалтып жүргөндө көчөдө алма сатып отурган жеримен кыргыздар алып кетишти»[1]. Жүрөгүнө терең сиңген ушул оор күндөрдү акын макалаларында, интервьюларында тез-тез айтып, ыр, поэмаларына камтып отурат. А. Токтомушев 1959-жылы жазган «Балалыгым» деген ырында мындайча эскерет:

«Билмек түгүл, көргөн эмес мурунтан:
Чай чыныга, чоң чыныга уюткан
«Цоа нейзи»[2] деп, чаң ызгыган көчөдө.
Элди тиктеп өйдө-төмөн өтөрдө,
Балалыгым айран сатып отурат
Таң аткандан, күн батканча ошерде»[3].

А. Токтомушевдин чыгармачылыгынын негизги өзөгүн түзгөн, айтылуу «Какшаалдан кат» менен «Алтын тоого» материал болуп берген ошол тестиер жана өспүрүм курактагы башынан кечирген оор күндөрү, Улуу Октябрь берген эркиндик туурасында Аман Токтогулов «Лайвазыдан», «Алтын Тоого» чейин[4] деген макала-диалогунда таасын чагылдырып, туулган жерге кайтышын, жетим калышын, өлүктөр менен бир түнөп, лайвазы (келгин бала) атка конушун (1927-жылы Токмоктогу жетим балдар үйүнө кабыл алынган күндөрүн) алаканга салгандай көрсөткөн. Аталган макала-интервьюнун «Иликтир» (акындын ошол кездеги псевдоними) деген бөлүмүндө А. Токтомушевдин 1928—31-жылдары Орто Азиялык суу чарба техникумунда окуп жүргөндөгү көркөм адабиятка болгон кызыгуусу, ойгонуусу газеттик кабарлар жазгандыгы жөнүндө айтылат. Ал күндөрүн акын: «Кыргызча айына 2—3 жолу уктура турган «Бирикме чарба» деген радиогазетабыз бар. Ошонун эле алдында адабий ийримибиз иштейт. Ийримди жетектеген кишилер: «Кезит окугула, кабар жазгыла, антпесеңер өспөйсүңөр» — дейт. Жазганыбызды талкуулап, жактырып, айрымдарын ийримдин мүчөлөрү бүт жаттап, анан хор кылып ырдачубуз. Андан тышкары өзүбүздүн радио, газетке кабар жазабыз. Мына ушунун баары, жаңы турмуш, жаңы учурдун деми менен журналисттик, адабий шыктарды ойготкон»[5]— деп эскерет. Демек, Абдрасул Токтомушевдин акындык, башталышы журналисттик менен эриш-аркак өнүгүш алган. Ошол ийримде газет-

www.bizdin.kg

тик кабарларды жазуу менен бирге ырга шыгы козголуп, акын өзү айткандай, алгачкы ырын жазат («Окуп жүрүп, 1930-жылы биринчи «Дыйкандарга» деген ырымды жаздым, ал «Кызыл Кыргызстан» газетасына басылып чыкты)[6].

А. Токтомушевдин аталган алгачкы ырынын жазылышы коллективдүү чарба жаңыдан жанданып, жеке кожолорду колхозго кийирүү үчүн үгүт иштери жүргүзүлүп жаткан учурга туш келип, учурдун талабын жакшы түшүнгөн жаш калем түз эле:

«Мезгилди бил,
Артелге кир,
Трактордон кур калба.
Түпкө жеткен
Жекеликтен
Кутул. Жаңы кур чарба!»[7] —

деп ураан таштаган. Андан кийинки жазган ырларынын негизги пафосу да учурдун талабын орундоодо чакыруу болгондугун акындын «Балбандарга» деген биринчи жыйнагына топтолгон чыгармалары далилдейт.

Отузунчу жылдарда жарык көргөн «Балбандар» (1936), «Какшаалдан кат» (1937), «Ырлар жыйнагы» (1937) аттуу ырлар жана поэмалар жыйналган китептерин, мезгилдүү басма сөз органдарына жарыяланган чыгармаларын иликтей келгенде, азыркы Токтомушевдин басып өткөн акындык жолуна, топтолгон түшүмүнө салыштырмалуу караганда, акындын чыгармачылыгында үзгүлтүксүз өнүгүп келаткан поэзиянын төрт жанрынын булагы ошол отузунчу жылдарда эле агып чыккандыгын, көлчүктөн көлгө айлануу багытында келгендигин оңой эле байкоого болот. Алар: балдар чыгармалары, поэмалар, сатиралык жана лирикалык ырлар.

Акындын 30-жылдары жазган балдар ырлары анчейин деле көп эмес. «Балбандар» аттуу саамалыгында «Биздин балдар» (1935-ж. июль) «Биз ким?» (1933-ж. 30-июль) аттуу эки, «Ырлар жыйнагы» деген экинчи китебинде: «Жаштын тилеги», «Эсимде», «Бөбөгүмө» аттуу үч ыры бар. Алардын ичинен: «Биз ким?», «Жаштын тилеги», «Эсимде» дегендери гана балдар үчүн жазылса, калгандары балдардын турмуш-тагдырлары жөнүндө айтылат.

www.bizdin.kg

А. Токтомушевдин жеткинчектерге арнаган чыгармалары аз болгондугуна карабастан окурмандар арасына (улуу, кичүүсүнө карабастан) кеңири тарап, «Жаштын тилеги» деген ыры ошол 30—40-жылдардын жаш муундарынын сүйүктүү чыгармаларынан болгон. Анын азырга чейин актуалдуулугун жогото электигин акындын «Өмүр көктөмү» (1960) деген жыйнагынын тегерегинде сөз кылган макаласында белгилүү сынчы жана адабиятчы Камбаралы Бобулов мындайча белгилейт: «Абдрасул Токтомушевдин «Жаштын тилеги» деген ырын жаңыдан окуп жаткан жерибиз жок. Бул ырды биз биринчи класстын алиппесинен тартып билебиз. «Көчө бойлоп, кыт-кыт күлүп» келе жаткан үч жеткинчек тирүүдөй, кайсы бир жерде жашоочудай сезилүүчү. Ал эми, биздин курактагылардан кимибиз ушул ырдын поэтикалык таасири менен: бирибиз чоңойгондо, чөлгө барып, канал салып, суу инженер болууну, экинчибиз «көрдүңбү сен» — деп кыйынсып Москвага барып окууну, ал эми үчүнчүбүз жай гана: «Мен да толом, учкуч болом» — дек ак пейлибиз менен кыялданбадык, самабадык! Бул ыр биздин балалык курагыбыздын гимни болучу. Ал эми акын ушул кичинекей ырында үч жеткинчек баланын үч башка мүнөзүн бере билген. Акындын ушул ыры 1937-жылы жазылган, андан бери далай мезгил өттү, ал кездеги эселектер жетилип, жигит болду. Андан бери да жаңы муундар өсүп чыкты. Биздин балалык курак чоңойгондо суу инженер, учкуч болууну самаса, азыркы ракета менен спутниктин заманындагы жеткинчектер түз эле айга учууну самап жүрүшөт. Бирок, эч ким «суу инженер» болууну самап жүрүшкөн үч жаштын тилегин жазган Токтомушевдин ырынын актуалдуулугу өттү, азыр кереги жок деп айта албайт. Анткени бул ырда акындын ак пейилдүү, жалыны бар, анткени бул ырда биздин балалык курактын романтикалуу тилеги бар»[8].

Ошол Москвада окуп учкуч болууну, суу инженер болууну самаган үч баланын тилегин жазганда А. Токтомушев экинчи ырлар жыйнагын жарыкка чыгарууга далалаттанып, өзү да жаңыдан өрүш алып келаткан кыргыз адабиятын жетилтүү, байытуу тилегин тилеп жүргөн учуру эле. Ал максаты бул күндө жүзөгө ашып, «Жаштын тилеги» (1948), «Жакып уулу» (1957), «Арстанбап» (1965) сыяктуу

www.bizdin.kg

балдарга арналган китептен эле он бешке жакыны кичинекей окурмандарга тартууланды. Ошолордун ичинен «Жаштын тилеги» ырлар жыйнагы менен коом мүлкү үчүн жанын берген, кыргыздын жалындуу пионери Кычан Жакыповдун эр жүрөк мүнөзүн, балдар үчүн үлгүлүү өмүрүн чагылдырууга далалат жасаган «Жакып уулу» аттуу поэма — китеби сөзгө алаарлык.

«Жаштын тилеги» — биз отузунчу жылдардагы балдар поэзиясынын үлгүлөрүнүн бири катары белгилеген китепке аты окшош ыр, «Кон, кон көпөлөк! Тоонун кары кете элек», же «Саратан, саратан! Качкын сага баратам» дегендей балдарга гана эмес, чоңдорго да кеңири маалым саптары бар «Көпөлөк», «Саратан», дагы кичинекейлердин канаттуу достору жөнүндө жазылган «Чыйырчык дос», «Бөдөнөнүн ыры», адамдын канаты катары саналган жылкы баласы жөнүндөгү «Жээрде тай», «Адамдын канаты» сыяктуу хрестоматияга айланып кеткен чыгармалар топтолгон. Балдар поэзиясынын бирден бир өзгөчө бөлүгүн түзгөн дидактика мүнөзүндөгү:

«Назик болсоң гүлдөй бол,
Бийик болсоң күндөй бол.
Жатык болом дегениң
Жаш, карыга бирдей бол»[9] —

дегендей татынакай ыр түрмөктөрүнөн турган «Ушундай бол» аттуу ырды бүгүн кайрадан окуп, кайрадан балдарга тартууласа сырын сактап, өңү өчпөгөн бойдон эстетикалык, адеп-ахлактык тарбия-таалимин берээринде шек жок.

А. Токтомушевдин баатыр пионер жөнүндө баяндаган «Кычан» (айрым басылыштарында «Жакып уулу» деп аталат) поэмасы Кычандын өмүр жолун, мүнөзүндөгү психологиялык, этикалык моменттерин дурус эле изилдеп, белгилүү эргүү менен жазылганына карабастан поэма кичинекей окурмандар арасында кеңири резонанс ала алган жок. Ага мезгилдеш жаралган Шүкүрбек Бейшеналиевдин «Кычан» повести бир жыл илгери (1956) жарык көрүп, адресаттарын эрте таап кеткенине, баяндоочу жанрлардын ичинен прозанын ийкемдүү, жетимдүү касиети бар экендиги себеп болду окшойт. Кантсе да профессионал жазуучунун элегине түшкөн сюжетти (окуяны) кайра ыр

www.bizdin.kg

формасына салып баяндап жазып чыгуу дайым эле ийгиликке алып келе бербесин турмуш көрсөтүп келатпайбы. Буга белгилүү жазуучу, акын Насирдин Байтемировдун өзүн өзү кайталаган, б. а. Уркуя Салиева жөнүндөгү «Тарых эстелиги» романын кийин ыр менен кайра жазышы, ал кара сөз түрүнөн ашып түшпөгөнү айкын мисал болуп берет. Тескерисинче солгунураак иштелген поэмалардын, же элдик эпостордун сюжеттерин кара сөзгө салып көркөм тил менен жазып чыгуу окурмандарга алда канча жакын, жагымдуу болору адабий фактылардан белгилүү.

Мурда жазылган сюжетти кайталап жазууда А. Токтомушевдин дагы бир жолу «жабыр тарткан» жерин билебиз. Бул хан Жантайдын токолу Ак Мөөр сулуу жөнүндөгү тарыхый уламыштарга, ал жөнүндө жазылган көркөм чыгармаларга, тартылган кинофильмдерге байланыштуу. Аларды көрүп, билип, окуп жүргөн акын 1964-жылы Чоң-Кеминдеги Осмонкул Сакенов деген карыяга жолугуп, андан 1965-жылы 7-октябрда Ак Мөөрдүн тарыхын изилдей отуруп, 89 жаштагы Тентимиш карыядан (Ак Мөөрдүн, кийин анын уулу — Муңайтпастын чайчысы болуп жүргөн) тактап алып, Мөөр сулуу жөнүндө көркөм фильм тартылып, Сүйүнбай Эралиевдин айтылуу «Ак Мөөр» поэмасы (1959) элдин энчине айланып кеткенден бир канча кийин (1971) Ак Мөөр жөнүндө поэма жазууну колго алат. Сулуунун тарыхына кайрадан кайрылуусунун себебин акын: «Ак Мөөр» качанкы бир алыскы замандарда өткөн сыяктуу бүлбүлдөп көрүнүп, эл арасында легендага айланып кеткендиктен, окуялары да көп учурларда өз чындыгынан алда кайда өзгөрүлүп, же ыксыз апыртылып же кемитилип, ошону менен бирге ошол Ак Мөөр жашаган доордун духу да чыгармаларда жакшылыктуу чагылдырылбай, бүдөмүк, тийип-качты кылып, өз уккан-билгендерин ылгабай жазып жана жыйнашкандыктарын колдо бар материалдар көрсөтүп турат. Мен да мурда билчү эмесмин, «ошондой болсо керек» деп кабыл алчумун. Кыйла жактары андай болбой чыкты»[10] деп түшүндүрөт да, поэманы жазууда Ак Мөөр менен Болот жашаган доордун духу мүмкүн болушунча сакталып, окуя чын болгондуктан, алыстап кетсе да чындыкка жакын болсо деген принципти колдонууга аракеттенгендигин баса белгилейт[11].

www.bizdin.kg

Мунун баары өтө жүйөөлүү жана өз убактысында айтылган сөз экенинде талаш жок. Анан калса тарыхый окуяны, болгондо да тирүү күбөлөрү жашап турган кечээки эле окуяны терең иликтеп, негизги фактыларына доо кетирбей пайдалануу көп артыкчылыктарга ээ. Бул жагынан А. Токтомушев кылган далалат колдоого арзыйт. Ошентсе да тарыхый факты менен көркөм дүйнөнүн ортосунда асман-жердей айрыма болуп, ар биринин өзүнчө аткаруучу функциялары барын эскере кетүү керек. Адабият өнөрүндө жогорку көркөмдүктөгү, айкын идеялуу чыгарма ар кандай фактынын молдугуна, тактыгына карабастан жогору тураарында талаш жок. Ушул жагынан караганда Сүйүнбай Эралиевдин айтылуу поэмасы окурмандар арасында кызуу колдоого алынып турган учурда Абдрасул Токтомушевдин экинчи «Ак Мөөрү» пайда болуп, Эралиевдин чыгармасындагыдай эле 11 муун, 8 сапка салынып, эргүү менен жазылганына, акындын поэмаларынын таланттуу жазылгандарынын бири экендигине карабастан Сүйүнбай Эралиевдин «Ак Мөөрүндөй» резонанс ала албады. Мунун себеби, биринчиден, эки акындын көркөм чеберчилигинин эки башкалыгына байланышса, экинчиден, элге белгилүү жана сүйкүмдүү окуянын, бир эле жанрда, А. Токтомушев тарабынан дээрлик 12 жыл кеч жарыяланганына байланыштуу десек туура болоор.

Абдрасул Токтомушев калайыкка поэзиянын поэма жанры менен таанылып, сый-урматка да ошонун аркасы менен жеткен акындардын бири десек жаңылыштык кетирбейбиз. Болгондо да акын адабиятка кирген — 30-жылдардагы алгачкы поэмаларынын бири «Какшаалдан кат» (январь 1937-ж.) аркылуу кадыр таап, ушул күндөргө чейин окурмандар Токтомушев дегенде башка чыгармаларынан мурда ушул поэманын эстерине түшүрүшөт, акынды андан айрып карай алышпайт. «Кыргыз поэзиясынын антологиясында», «Какшаалдан кат» поэмасы адам баласынын эң күчтүү жана бардыкты жеңүүчү сезимдеринин бири — Мекенге, ата-бабанын жерине болгон сүйүү сезимин көкөлөтө ырдайт. Кыйын кезеңде жат жерлерде калууга аргасыз болгон кыргыздын кызы Октябрь революциясынан кийин гүлдөөнүн жана кайра жаңыртуунун жолуна түшкөн бир боор элинин бактысына суктангандыгын, көкүрөк тире-

www.bizdin.kg

ген кубанычын кат аркылуу» [12]— деп бекеринен көтөрүңкү пафосто айтылган эмес.

«Какшаалдан кат» Абдрасул Токтомушевдин өзү койгон даталар боюнча «Ат менен баатыр» (1936), «Айшакан менен Жапардан» (1936) кийин 1937-жылы январь айында жазылып бүткөн үчүнчү поэмасы болуп эсептелет. 1937, 1947, 1949-жылдары жазылган үч каттан турган бул поэма кыргыз элине кеңири тарап, Сайранын каттары ар бир окурманга тээтиги он алтынчы жылкы козголоңдуу күндөрдө Какшаал тарапта эрксиз калган бир тууганынан келген каттай туюлду. Айрыкча 1-кат китеп болуп басылгандагы бул поэма жеткен ийгиликти, эл арасында алган кадыр-баркын улгайган окурмандар аябай баса белгилешет. Чынында эле бул катта сүрөттөлгөн Какшаал жолундагы азап-тозок, кайгы-муңдар, бир табак арпа унуна сатылып калып калган Сайрадай кыздардын көкүрөгүн мыжыккан рухий жана ачарчылык, зомбулуктардан көргөн турмуштук трагедиялары жүрөк сыздаткан нота менен чебер тартылган. Муну каттын 1937, 1950, 1960-жылдарда жарыяланган варианттарындагы Айшакан менен Жапардын кайгылуу окуясы ого бетер бекемдеп турган эле. Тилекке каршы поэманын кийинки редакцияларында бул эпизод алынып ташталыптыр. Ушул эле каттагы (1936, 1950-жылдардагы басылыштарында жок) терипурун кебетесинде жүргөн Сабырахундун революциялык аракеттери, Сайрага тамга таанытышы, ошондой эле башкы каармандан Кытайдагы революциялык кыймылга жардамдаш болуу деңгээлине көтөрүлгөн учурлары бир топ ишенимдүү жана көркөм чыккан десек болот.

Үч каттын тең негизги пафосун түзгөн Ата Мекенди сагынуу менен эркиндикти эңсөө поэманын башынан — аягына чейин кызыл сызык болуп өтөт жана чыгарманын кадыр-баркын кармап, көкөлөтүп турган уюткусу да ушунда. Экинчи каттын Совет элинин Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңишин куттуктоо, үчүнчү каттагы Кытай элинин эркиндикти жеңип алышын (1949) баяндаган кубаныч жөнүндөгү билдирүүлөр сыяктуу айрым гана моменттер болбосо негизинен кийинки эки катта биринчи туулган жерге болгон сагынуу, саргаюу улантылат. Каттан катка өтүп, көп кайталана бергендиктен жадатма мүнөзгө

www.bizdin.kg

айланат. Бул жагынан К. Бобуловдун «бирок» деп туруп айткан: «Поэманын кийинки эки катын окуганыбызда негедир ал өзүнүн мурдагы жүрөктү ээликтирген кубаттуу күчүн бошоңдотконсуйт да, Сайранын тагдырына анчалык кызыкпай мамиле кыла баштайсың? Экинчи, үчүнчү каттар артыкбаштай сезиле баштайт. Ушул убакка чейин бул жөнүндө биздин сынчылар да унчукпай келе жатат.

Биздин оюбузча поэма Сайранын биринчи катында эле көркөм чыгарма катары максатына жеткен болучу. Ал эми автордун чыгарманы Кытайдагы кийинки өзгөрүштөргө ылайыктап Сайранын катын узарта бериши чыгарманын бүтүндүгүн жоготуп, чачырандылыкка алып келди»[13] деген сөзүнүн негизине кошулбай кое албайсың. Идеялык быгыты туура болуп, көркөмдүк жагынан окурмандардын оюн буруугa жетишкен чыгарманы мезгил аралыгында болуп туруучу оош-кыйыш фактыларга ылайык кайра-кайра өзгөртүп, же кошумчалап көлөмдү чое берүүдөн утуш алынбасы ушул сөз болуп жаткан поэмадан айкын көрүнгөн. Ошондой эле, окурмандарга Сайранын ата конушуна, улуу Мекенине жетүүгө болгон эңсөөсү мына эми эле орундала тургандай элестеп, ондогон жылдар бою сезим-даярдыктарына бекем бекип калган кезде, поэманын 1971-жылкы басылышында, 12 саптан турган «Пролог ордундасында» («Эпилог ордуна» болуш керек эле):

«Ала-Тоого бет алып,
Жаш убактай келип күчүнө,
Келатканда болду чоң кырсык,
Автомобиль кулап, кан кусуп,
Колун серпип кыргыз тарапка
Тилден калды ошол заматта»[14] —

деп өтө копол, ишеничсиз бүтүрө салышы туура болбой калган. Муну адабиятчы Б. Маленов: «Автордун өз каарманын ыксыз жерден, эч логикасыз өлтүрүп салуусу чыгарманы мүчүлүштөнтүп, көп жылдык эмгегине кайдыгер мамиле кылгандай болду.

Сайранын өлгөнүн автор шашылыш угузду, бирок айлана-чөйрөдөн аза күү угулбайт, анткени автордук кабар ишенимсиз, максатсыз»[15] — деп өкүнүч менен белгиленгени акыйкат сөз.

www.bizdin.kg

Мурунку басылыштарында сак-саламат кат жазып отурган Сайраны кутуусуз жерден эле өлтүрө салышы, болгондо да таптакыр ишеничсиз өлтүрүп коюшу окурмандарды өкүндүрбөй койбойт.

А. Токтомушев Улуу ата мекендик согуш мезгилинде «Курман» (1943), «Эне-бала» (1944) деген поэмаларды жазса, согуш аяктагандан кийин да бул темага кайрылып, эвакуация болуп келген кызды сүрөттөгөн «Вера» (1948), тынчтыктын символу болгон ак кептердин сүрөтүн фашисттердин штабынын жанына күндө тартып коюп, аларды бейсарамжалдыкка салган баланын образын берген «Ак кептер» (1953) сыяктуу поэмаларды да жазып, жаш жеткинчектерди патриотизмге тарбиялоо жолунда келди.

Поэзиянын көлөмдүү формасында өз талантын айкын көрсөтө алаарын сезген акын 50—60-жылдарда да бир нече поэмаларды жазды: «Жеңиш күүсү», «Эмгек жана бак», «Айсулуу», «Өткөн күндүн элестери», «Өчкөн шамың күйүптүр», «Алтын Тоо», «Кара-Тегин», «Сүйүү жана коркунуч», «Күлүктү сыноо», «Ак Мөөр», «Тоо туткуну», «Бир ооз сөз», «Сенин жериң», «Шамбет» ж. б. Аталган чыгармалардын айрымдарынын поэма жанрына толук жооп бераэрине көзү жете бербеген автор кээ бир басылыштарында ыр катары, дагы бир басылышында поэма деп бөлүп көрсөткөн учурлары бар. Ошол себептен филология илимдеринин доктору К. Артыкбаев: «Элүүнчү, алтымышынчы жылдардагы акындын поэзиясынан эпикалык формага көбүрөөк көңүл бөлгөндүгүн, ошондой эле чакан ырларында сюжеттик элементтерди колдонуу менен турмуш чындыгын чагылдырууга олуттуу маани берилгендигин көрөбүз. А. Токтомушевдин «Эмгек жана бакыт», «Ак кептер», «Бардык жерге үй курдук», «Кан», «Атанын өкүнүчү» сыяктуу көлөмдүү ырларына поэманын сюжети сыйдырылган»[16] деп, А. Токтомушевдин эпикалык арымын белгилөө менен айрым «Эмгек жана бак», «Ак кептер» сыяктуу поэмаларын сюжеттүү ырлардын тизмегине кийирген окшойт. Маселен, «Ак кептер» поэмасы «Өмүр жолу», «Жүрөктө» аттуу жыйнактарда ыр катары берилип, кийинки басылыштарында поэма бөлүмүнө киргизилген.

Акын «Эмгек жана Бак» (1951) поэмасында поэтикалык шарттуулукту ийкемдүүлүк менен пайдаланып «эм-

www.bizdin.kg

гексиз бакыт жок» деген элдик акыйкат сөздү далилдөөгө аракеттенет. Эмгекти жигит, бакытты кыз образында тартып, алардын ортосунда жаралган сүйүү аркылуу эмгектин маани-маңызын, эмгек өтөөнүн объектиси болгон жерэненин улуулугун даңаза кылат.

Новелла мүнөзүндө жазылган «Өчкөн шамың күйүптүр» (1958), «Кара-Тегин» (1961) аттуу дастан, поэма-балладаларынын негизги пафосун да эки жаштын сүйүүсү түзүп, эне, атанын балага болгон мээрими, эки элдин достугу жөнүндө сөз кылат.

Биринчи поэмада эне небересинин күйөөгө качып кеткенине жинденип, кейип-кепчигени менен кыз-күйөөсү кирип келгенде энелик мээримин төгүп, кучак жайып тосуп алса, «Кара-Тегинде» тажик кызык Тегененин ата-энелери, кызы сууга агып бараткaнда куткарып алган Кара деген кыргыз жигитке Тегенени берүүгө чын дилден макул болот. Алар мурда эле сүйүшүп, биринин тилин бири таба албай жүрүшкөнү поэмада айтылат.

Акын Кара-Тегин деген жердин аты ошол Кара аттуу жигит менен Тегене деген кыздын ысымына байланыштуу аталып калганын белгилеп келип, поэмасын:

«Тажик, кыргыз аралаш
Өзүн бир боор эл дешет.
Кыз алышып, той берип,
Сый тамагын тең жешет»[17] —

деп эки элдин эзелден бери келаткан достугун белгилөө менен жыйынтыктайт.

Революцияга чейинки теңсиз замандагы сүйүү эркиндигинин чектүүлүгү, эсирген хан менен бектердин, алардын жан жөкөрлөрүнүн кутурган турмушу жөнүндө акын «Тоо туткуну», «Ак Мөөр» поэмаларын жазат. Бул эки чыгарманын башкы каармандары: ашкан сулуу Ак Мөөр менен Жумагүлдүн турмуштан күткөн үмүттөрү, өмүрлөрүнө тилеген тагдырларынын аягы биригип келип дөгүрсүп жашаган Жантай ханга, анын небереси Мөкүшкө такалат. Эки чыгарманын борбордук каармандарынын бири Ак Мөөр атактуу Соң-Көл жайлоосунда Болотун таап, арзуу сезимин билдирип, чоң бакыт күтүп жүргөн чагында Жантайга кабылып, ага токол болуп келет. Экинчиси

www.bizdin.kg

Каптагай кызы Жумагүл өзүнө тең, жүрөк сезимине арзыган жигит тандап (чачын алдырып, эркекче кийинип алып), болуп койгон жеринен качып, Кочкор, Чүй, Кемин сыяктуу жерлерден өз бактысын издеп жүрүп аягында Жантайдын небереси, Шабдандын уулу Мөкүшкө кабылат.

А. Токтомушевдин поэма жанрындагы чыгармачылык жолуна көз салганда Улуу Октябрь революциясынын жеңишине чейинки турмуштан алып Сайра («Какшаалдан катта»), Ак Мөөр («Ак Мөөрдө»), Жумагүл («Тоо туткунунда») сыяктуу кыргыз кыздарынын арман менен өкүнүчкө толгон, болгондо да ийгиликтүү иштелген образдарды түзгөндүгүн көрөбүз.

Ал эми алтымышынчы жылдардын башында чыйрак жазылган «Сүйүү жана коркунуч» (1961), «Бир ооз сөз» (1962) сыяктуу поэмаларында сүйүүгө бек туруп, ар-намыс менен бул турмушта таза жашоону ниет кылып карманган Шергазы («Сүйүү жана коркунучта»), сүйүүнүн келечектеги натыйжасы, жыйынтыгы болуп жооп берүүчү эки жаштын баш кошкондон кийинки турмуш жолунун тазалыгы, ажырагыс бектиги жөнүндө кам көргөн, атасы менен апасынан болбогон бир ооз сөз үчүн (ал сөздү билбейт) ажырым турмуш куруп жүрүшкөнүн кайра оңдоого ниеттенген, андан натыйжа болбогон соң өз турмушун туура тутунууга багыт алган Мукам сыяктуу алдыңкы жаш жигиттердин образдарын жаратканына күбө болобуз. Бул эки поэма тең А. Токтомушевдин эпикалык жанрдагы окулуктуу, чыйрак жазылган чыгармаларынын тизмесине кирет десек туура болот.

Абдрасул Токтомушевдин отузунчу жылдардагы лирикалык ырлары анын балдар үчүн жазган чыгармаларына, поэмаларына караганда жүзүн айкын көрсөтүп бөлүнүп көрүнө алган эмес. Бул жылдары «Какшаалдан каттай» поэманы, «Жаштын тилегиндей» балдар үчүн татынакай ырды жаратып, лирикалык жанрда өзгөчө кадам таштай албаганы менен «кыркынчы жылдары А. Токтомушевдин поэзиясы жаңы бийиктикке көтөрүлдү. Тематикалык масштабы кеңейди»[18] — деп, мурдагы чыгармачылыгына салыштырмалуу айтууга болот.

Бул он жылдыктын башында жарык көргөн «Максат» (1941) ырлар жыйнагына жалаң лирикалык ырлар менен

www.bizdin.kg

котормолор топтоштурулуп, бирок отузунчу жылдардагы арышынан арылай албаса, «Күн» (1947) жыйнагында тематика жактан да, идеялык-көркөмдүк деңгээл жагынан да бир топ жылыш болгону байкалды. Буга «балдар маршы» (1941), «Бала» (1941), кийинки басылыштарында «Орус баласы» деп аталып жүрөт), «Сүйүүнүн күчү» (1942) «Өткөн жаш» (1947) ж. б. ырлары мисал боло алат. Алгачкы эки ыр да балдар поэзиясына тиешелүү болуп, биринчиси:

«Күн катып, түн катып,
Тынымсыз жол тартып,
Танкасын талкалап,
Душманды көзгө атып,

Эр жүрөк агабыз,
Жүрөсүз майданда.
Биз жеңип алабыз,
Күрөштө тайманба!»[19] —

дегендей мотивде жазылып, балдардын майдандагы жоокерлерге ишенич-тилегин алар менен бүткүл кыймыл аракети, духу бир экендигин билдирген марш болсо, экинчиси майдан тылында эрдик көрсөткөн бала жөнүндө айтылат. Сюжеттик өнүгүшү, каармандарынын иш-аракеттери чакан поэма сыяктанган бул ырда бүлдүркөн терип жүргөндө айылын, үй-жайын күм-жам кылып кеткен фашисттерге болгон баланын кекээри, партизандарга кошулгандан кийинки фрицтерден алган өчү жөнүндө айтылат. Ырдын курулушу да, элестүү окуясы да окурмандарды өзүнө тартып турат.

«Сүйүүнүн күчүндө» автор, чынында эле, махабаттын бийиктигин, алоолонгон жалынын, магниттен күчтүү сыйкырын берүүгө жетишкен. Сүйгөн кара көзү үчүн жигит кас санаган жоо менен кармашууга ат минип, кылыч, мылтык асынганын, жан аябай күрөшө турганын айтып, сүйүүнүн күчүн мындайча билдирет:

Сүйүү чиркин кандай укмуш керемет?!
Сүйүү десе жүрөк булкуп термелет.
Махабаттын чогун чачтың жүрөккө
О, кара көз, кайрылып бир келе кет!

www.bizdin.kg

Мөңгү бассам, муз төшөсөм муздабайт,
Сүйүү күчү жанга бөтөн дем берет.
Чокко күйбөс, музга тоңбос бул жүрөк,
Күндөн, Айдан сени бүткөн деп билет»[20].

Акын ырларынын кайрадан басылыштарына улам жаңы өзгөртүүлөр киргизип отургандыктан айрым эмгектерде[21] жогорку ыр «Күн» жыйнагындагы алгачкы жарыяланышында эч кандай Мекен жөнүндө, аны коргоо жөнүндө кеп кылбастан нагыз сүйүү-күйүү тууралсында, душманга каршы да сүйүү үчүн аттанып жаткандыгын белгилегенине карабастан, «ыр согуш мезгилинде жазылгандыктан, мекенди чексиз сүйүү сезиминен тышкары душманды жек көрүү сезими да мында абдан таамай жана курч көрсөтүлгөн» — деген мааниде — алгачкы түрүндөгүсүнөн башкача мааниде талданып калган.

Автордун ырларын оңдоого жасаган аракети жаман эмес, бирок ушул ырдагы далалаты анчейин ордунан чыга бербеген. «Махабаттын чогун чачтың жүрөккө» («Күн жыйнагында) деген сапты «О, сүйгөнүм! Менин алтын Мекеним! (кийинки басылыштарында) дегендей сап менен алмаштырып коюудан ыр биротоло Мекенге болгон сүйүүгө ооп кете алган эмес. Натыйжада жеке кишиге болгон сүйүү менен Ата мекенге болгон сүйүү кожогой биригишип, мурдагы ажарынан ажырай түшкөн. Бул ырдагы өзгөртүүнү А. Токтомушев «Күндөн» кийинки «Тартуу» (1949) деген китебине киргизгенде эле жасаган. Буга, мүмкүн, ошондогу сынчыл көз караштар себепкердир деп божомолдоого болот.

Биз сөз кылып келаткан «Күн» аттуу китеби акындын 1937-жылы жарык көргөн «Какшаалдан катынан» кийинки экинчи деми, экинчи ийгилиги сыяктанып сезилет. Ага жогоруда кепке алынган ырлары, Ата мекен, өмүр, сүйүү тууралсындагы согуш учурунда, жеңиштин салтанатынан кийинки дух көтөрүлүп турган мезгилдерде жазылган чыгармалары айкын мисал болуп бере алат. А. Токтомушевдин чыгармачылык лабораториясындагы мындай жылыштар элүүнчү жылдардын ортосуна чейин алгылыктуу созулду дешке болот.

www.bizdin.kg

Акындын «Тартуу» жыйнагына кирген «Партбилет», «Баатыр эне», «Забойдогу келинге», «Жайлоодо», «Селкинин ыры» сыяктуу лирикалары овонго салынып кыркынчы жылдардагы поэзиясын алиге эл арасында пропагандалап, ал күндөрдөн кабар берип жүрөт. Бул ырлардын кийинки басылыштарында автордун орундуу кийирген кошумчалары, же түп-тамырынан бери жасаган өзгөртүүлөрү алардын мазмунун байытып, угумдуулугун арттырып келе жатат. Эфирде аткарылуучу ырлар үчүн оңдоо, кошумчалар, сыдыргыга салып отуруу зарыл экени ушул ырлардан маалим болот. Бул жагынан акындын ырга жасаган камкор мамилесин колдоо гана керек.

Элүүнчү, алтымышынчы жана андан кийинки жылдары да акын көбүнчө эпикалык жанрга кайрылып, белгилүү ийгиликтерге жетишкенин билебиз. Ошого карабастан лирикалык ырларды жазууну да токтоткон жок. Натыйжада «Компартия», «Ырым, сага тапшырма», «Ленинград», «Киши учту», «Карыгым келбейт», «Токуучу кыз», «Коңур күз», «Махабат», «Сары-Челек», «Акманым» ж. б. сыяктуу бир топ дурус ырларды тартуулады.

Өз ырларына канааттана бербеген акын:
«Мен ырымды суудан сузуп жазбадым,
Ийне менен таш чеккенсип тапкамын.
Бирок аны милдет кылбайм эч кимге
Татыктуураак иш кылбапмын, байкадым.
Өмүр сүрүп жүрүптүрмүн шардаанда,
Уяттуумун эл алдында. Айтпагын!...»[22] —

деп жазды. Бул, акындын чыгармачылыгы өтө эле кризиске түшүп, же токтоп калды дегенди түшүндүрбөйт. Чыныгы акындарга мүнөздүү келген жараткандарына ток пейил тутпоо, ыраазы болбой жашоо принцибине байланышат.

А. Токтомушев достук темасында да бир нече ырларды жана ыр циклдерин жаратты. Буга Тажикстанга арналган ыр цикли, кыркынчы жылдары бир нече ырларын которуп, «Максат», «Тартуу» сыяктуу жыйнактарына жарыяланган Тарас Шевченко жөнүндөгү «Акын Тараска» жана «Кан» сыяктуу лирикалык ырлар мисал болот.

«Кан» новелла тибиндеги ыр. Биринчи, экинчи бөлүмдөрүндө «Балаңыз катуу оору» деген маанидеги телеграм-

www.bizdin.kg

маны Анар кемпирге айта албай чоң келини: «Уулуңуз келин менен ажырашып кетиптир!» деп түшүндүргөнү, алардын Тянь-Шандан Чүйгө жөнөгөнү айтылат. Акыркы бөлүмдө Анар кемпирдин кичүү уулу Жумаш өрттүн ичинде калган бөбөктү куткарып, өзү жабыгып, ооруканада жатканда Андрей деген орус жигит канын берип, айыгып кеткени б. а. советтик адамдардын бир туугандыгы, каны жаны бирге экендиги туурасында айтылат. Орус-кыргыз достугу даңазаланат.

Абдрасул Токтомушев Ата журт, Кыргыз Республикасынын гүлдөп өсүшү жөнүндө калем алгандан эле жазып келаткан акын. Ошолордун ичинен «Ак Мөөр» ырлар жыйнагындагы «Менин жергем» деген бөлүмгө токтоло кетсек болот. Мындагы ырларды окуганда акын үчүн кыргыз жергесинин ар бир тектири, кокту-колоту кымбат экендигин байкайбыз, алар үчүн ыр арноодон талбай турганын сезебиз. Аны: «Чаар-Арча», «Нарыным», «Сары-Өзөн Чүйүм», «Таласым», «Араван», «Сузагым», «Акманым» ж. б. сыяктуу ырлардын аталыштары эле далилдеп турат. Ошентсе да бул бөлүмдөгү аталыштары ар башка болгонуна карабастан кээде бир эле ырдын кайталандысындай угулат. Айрым ырлардын башкы саптарын мисалга тартсак буга айкын мисал болуп берет: «Нарыным, Нарыным! Күндү уялтат жарыгың!» «Кантыңан, Чүйүм кантыңан!, Кадырлуу болдум баркыңан», «Таласым, Таласым! Күркүрөп тез агасың», «Араван, Араван! Чыгып келип калаадан!», «Көк-Жаңгак, Көк-Жаңгак! Барамын деп күч камдап», «Сузагым, Сузагым! Күндөн бүткөн кучагың» ж. б. Эфирде аткарылып жүргөн «Акманым» деген ыр деле «Акманым, Акманым! Туулган жери пахтанын» деп башталып, жогоруда аталган чыгармалардын мотивин, ритм, рифма, строфаларынын көп жерлерин кайталайт. Бирок ырда:

«Акманым, Акманым,
Сенде калган жаш чагым.
Арсланбаптын жаңгагын
Ат үстүндө чаккамын»[23]—

дегендей элестүү саптар менен бирге эл коллективдешкен чарбага жаңыдан биригип жаткан мезгилдин духу (акын

www.bizdin.kg

«Мен ал кезде жыйырмадан эки ай ашкан жаштамын» деп жазат. Демек, А. Токтомушев 1912-жылы туулса, ал кез 1932-жыл болот) жаш акындын артель курууга катышып жүргөн учуру, жаштык жалыны элпек саптарда тартылып отурат.

Абдрасул Токтомушев отузунчу жылдары жазган «Кокуй күн», «Эмне десем?» деген сатиралык мүнөздөгү ырларын элүүнчү жылдары андан ары улантат. 1955-жылы «Чалкан» журналынын алгачкы санынын жарык көрүшүнө активдүү катышып, «Кымкар» деген псевдоним менен бир нече сатиралык ырларды, фельетондорду жазды.

Ушакчыны «Ноктосун шыпырып, оозун бош агытып көнүп калган» дегендей образдуу, куйкум саптар менен камчыга алса («Ушакчы», 1955), «Аңкоолук кылбас» (1954) деген ырында айла-амал менен орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы болуп алып, мугалимдердин айлыгын жеп койгон алдамчы, аны байкабаган райОНОнун аңкоо башчысы жөнүндө жарым юмор, жарым сатира менен куйкалайт.

«Турган» (1955) деген сатиралык ырында эрден эрге тийип, үй-бүлөнүн, бала-чаканын кадырын билбеген, сыйлабаган, ичкичтиги бар Турган деген аял жөнүндө сөз кылат. Чатакташа түшкөндө үч баласын бөлүп алып кетип калмайын, жети мертебе ажырашып кайра табышканын айтып келип «Турагым Токмок, Турганды эптеп токтот» — деп «Чалканга» кайрылуу менен бүтүрөт. Ырда эссиз аялдын образы бир топ деңгээлде дурус иштелип, сатиралык саптар аркылуу жоруксуз жосундардан алыс болууга тарбиялайт.

Абдрасул Токтомушевдин акын-сатириктигин «Өмүр жолу» (1958) аттуу китебиндеги «Сатиралар» деген үчүнчү бөлүмү ого бетер далилдеп турат. Андагы, «Жоболоңдуу жорук», «Уялса боло», «Эскиден калган адат бар», «Чечилбеген маселе», «Оңол» сыяктуу ырлар буга күбө.

Абдрасул Токтомушев котормо ишине отузунчу жылдардан тарта катышып, Ясыр Шиваза, Тарас Шевченко, Николас Гильен сыяктуу боордош элдердин акындарын которуп мезгилдүү басма сөз беттеринде жарыялап келатат. Ошондой эле «Ливан акындары», «Николас Гильен» (ырлар жана поэмалар), «Тарас Шевченко» (поэмалар жана

www.bizdin.kg

ырлар) аттуу поэтикалык котормо китептерди да басмадан чыгарды. Бирок акын котормо майданында «жарк» деп бөлүнүп көрүнө албаганын, бул ишке бардык күчү менен шымаланып киришпегенин белгилеп койсо артыкбаштык кылбайт.

А. Токтомушевдин лирикалык жана сатиралык ырларын жалпы чыгармачылыгынын фонуна салып карап отуруп мындай тыянакка келсе болот: алар айрым мыкты жактарына карабастан акындын эпикалык чыгармаларынын деңгээлине жете албаптыр. Ошондон улам «Алтын-Тоо» романын бекер жеринен алгач ыр деп атап («Алтын-Тоо», 12-июнь 1933), анан аны элүүнчү жылдары поэмага айлантып, «Өмүр жолу» аттуу китебине үзүндүсүн жарыялап, акырында роман деңгээлине жеткирбесе керек.

А. Токтомушевди Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгына татыктуу кылган «Алтын-Тоо» романы акындын 1933-жылы 12-июнда жазган «Алтын-Тоо» аттуу ырынан башат алып, поэмага айланып, анан роман аталган. Ырда кыргыз жергесинин географиялык бир бөлүгүнүн кооз табияты, табигый байлыгы даңазаланса, романда ошол тоонун койнундагы эки доорду камтыган социалдык, коомдук түзүлүш, адам тагдырлары жөнүндө сөз болот.

Биринчи сабы:

«Көп күйгүзбөй укчу, өмүрлөш дастаным,
Жигит кезден сени сүйө баштадым.
Бир сен үчүн көрүп далай азапты
Ичтен сызып жүрөгүмдү жаштадым.
Сен келбээрсип кыйнаган соң жанымды
Кечирип кой, ойкуп кээде таштадым.
Сен деп жүрүп өтүп кетти жаш өмүр
Кыроо басып кайран кара чачтарым»[24] —

деген кайрылуу менен башталган дастан жогорку ыр түрмөгүнө, автордун өзүнүн айтуусуна[25], басма бетинде көрүнгөн үзүндүлөрүнүн датасына караганда чейрек кылымга жакын убакыттын аралыгында жазылып, А. Токтомушевдин көп күчү кеткени көрүнүп турат. Ага дастандын он миңдин айланасындагы ыр саптарынан турган аябагандай зор көлөмү, акындын: «Жигит кезден жаза баштадым»,

www.bizdin.kg

«сен үчүн далай азапты көрдүм», «сен жанымды кыйнаган соң, ойкуп кээде таштадым», «Сен деп жаш өмүр өттү»,— дегендей жогорку ыр түрмөгүндөгү арзы-кейиш сөздөрү далил болот. Чындыгында эле А. Токтомушев «Алтын-Тоо» үчүн далай убактысын кетирип, эң алгач ыр деп атап, анан поэмадан үзүндү[26] деп жарыялап, кийин поэма деп биринчи экинчи китептерин[27] өзүнчө басмадан чыгарган. Бул чыгарма барган сайын барактары калыңдап отуруп, прозалык чоң романдардын көлөмүндө өсүп жеткенде ыр менен жазылган роман катары наам алды.

Дастан киришүү иретинде «Сырдашуу» менен «ыр соңу» деген бөлүктөрдөн жана негизги эки главадан турат. Биринчисинде Улуу Октябрь революциясы болоор алдындагы кыргыз элинин 1916-жылкы көтөрүлүшүнө чейинки тагдырына байланышкан окуялар камтылса, экинчисинде Совет бийлиги мезгилиндеги турмуш сүрөттөлөт. Эмнегедир романда он алтынчы жылкы көтөрүлүш, падышалык жазалоочу отряддардан жеңилген көтөрүлүшчүлөрдүн Кытайга кире качышы, аяктагы көргөн азап-тозокторү жөнүндө сөз болбойт. Бул тарыхый окуя тууралуу «Алтын-Тоого чейин «Узак жол», «Таң алдында», «Ажал ордуна» сыяктуу белгилүү чыгармаларда кеңири камтылып, А. Токтомушевдин алдында алардан өзгөчөлөнгөн, айрым жактарынан ашып түшкөн чыгарма жаратуу милдети тургандыктан бул мезгилди атайын аттап кеткен го деп божомолдоого болот.

Романдын сөз болуп келатканы да, жүк көтөрө турганы да биринчи бөлүмү. Чыгармадагы оозго алына турган каармандар: Темирбек менен Жанузак, Байсал менен Айнагүл, Артыкбай менен Абдылда бийдин иш-аракеттери, кылык-жоруктары ушул бөлүмдө көрүнөт.

Акын экинчи бөлүмдө Улуу Октябрь революциясынан кийинки социалисттик өзгөрүш мезгилдерин сүрөттөөнү алдына максат кылып коёт. Султан аттуу манаптын туулуп-өскөн жеринен кетип бараткандагы коштошуусу сөзгө алаарлык. Манап туулган жериндеги шатыра-шатман өскөн, жашаган, жыргаган күндөрүн, кооз жаратылыштуу Кеминди эстеп ичи эзилет, ажырашкысы келбейт, бирок «кул болууга дити барбай, намыс айдап кетип бараткандын» айтып муңканат. Бул учур экинчи бөлүмдөгү, жал-

www.bizdin.kg

пы эле романдагы элестүү жазылган ыр түрмөктөрүнөн дешке болот. Ошентсе да бул бөлүмдөгү окуялар, каармандардын иш-аракеттери үстүрт сүрөттөлүп калганы байкалып турат.

Романдагы айрым каармандардын иш-аракеттери кирди-чыкты көрсөтүлүп, нагыз образдын деңгээлине жетпей калса (Айнагүл, Байжан ж. б.), кээ бир каармандардын образдары дурус эле түзүлгөнүнө карабастан бирин экинчиси кайталап калгандай элес калтырат. Буга экөөнүн тең кичүү зайыптары (Каныш, Айжаркын) кетип калган, экөө тең Айнагүлгө үйлөнүү үчүн куда түшүшкөн Абдылда Бий менен Артыкбай бийдин образдары ачык мисал болот.

Жалпылап караганда «Алтын-Тоо» А. Токтомушевдин эң чоң чыгармасы болуу менен анын жарым кылымдан ашуун убакыт бою адабият майданында ат бастырып, пешене тердеткен чыгармачылык аракетин, түшүм жыйноо методундагы оош-кыйыш, өйдө-төмөн жактарын даана көрсөтүп турат. Анда «Какшаалдан каттагы» элпек кайрыктар да, романдын өзүндө кезиккен (башка чыгармаларында да бар) «Макрөө — айткан сөздөн кайра жаныш», «Макрөө» деген сөз бир гана тамак-ашка байланыштуу колдонулганын айтмакпыз, «Теңине кошкусу жок ыраа кыйып» («ыраа көрүп» деп айтылышы керек) дегендей сөз ордунда колдонулбаган сөздөр, сөз айкалыштары да, айрым моменттердеги көп сөздүүлүк да (бул айрыкча «Алтын-Тоодо» арбын), «Жаш тилегиндегидей» бала кыялдуулук да (оң маанисинде) аралаш-кошмо бар.

А. Токтомушевдин «Алтын-Тоосу зор мааниси бар Улуу Октябрь революциясынын айланасындагы, андан кийинки социалисттик кайра куруулар мезгилиндеги окуяларды камтыганына, аябагандай зор көлөмүнө карабастан көркөмдүк жагы ийине жеткире иштелген эмес. Айрым кейипкерлердин образдары ачылбай калган, артыкбаш ыр түрмөктөрү, эпизоддор, атүгүл бөлүмчөлөр да арбын. Булар романдын окулушуна зыянын тийгизбей койбойт.

Кыргыз Республикасынын Эл акыны, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Абдрасул Токтомушев бир нечелеген лирикалык ырлар менен лирикалык поэмаларды, балдар ырларын жазгандыгы үчүн кыргыз адабиятында белгилүү орунду ээлери бышык.

www.bizdin.kg

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Токтомушев А.* Алкыштан башка айтарым жок//Кыргызстан маданияты. — 1972. — 28-дек.

[2] Дунганча айран.

[3] *Токтомушев А.* Тандалмалар. — Ф.: Кыргызстан, 1972. 332-бет.

[4] *Токтогулов А.* Поэзияга мамиле. — Ф.: Мектеп, 1975. 66—77-беттер.

[5] Жогоруда аталган китептин 75—76-беттеринде.

[6] *Токтомушев А.* Алкыштан башка айтарым жок// Кыргызстан маданияты. — 1973. — 28-дек.

[7] *Токтомушев А.* Дыйкандарга//Кызыл Кыргызстан, 1930. 21-январь.

[8] *Бобулов К.* Акындын өмүрү жана поэзиясы//Ала-Тоо. — 1960. — № 12. 11-бет.

[9] *Токтомушев А.* Жаштын тилеги. — Ф.: Кыргызмамбас, 1948. 12-бет.

[10] *Токтомушев А.* Ак Мөөр. — Ф.: Кыргызстан, 1971. 224-бет.

[11] Ошондо. 226-бет.

[12] *Аскаров Т.* Аткан таңдын поэзиясы. Китепте: «Кыргыз поэзиясынын антологиясы». — Ф.: Кыргызстан, 1975. 19-бет.

[13] *Бобулов К.* Акындын өмүрү жана поэзиясы//Ала-Тоо. — № 12. — 1960.

[14] *Токтомушев А.* Какшаалдан кат. Китепте: Ак Мөөр. — Ф.: Кыргызстан, 1971. 142-бет.

[15] *Маленов Б.* Турмуш жана адабият.— Ф.: Кыргызстан», 1981. 79-бет.

[16] *Артыкбаев К.* Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. — Ф.: Мектеп, 1982. 382-бет.

*Токтомушев А.* Тандалмалар. — Ф.: Кыргызстан, 1982. 364-бет.

[18] *Артыкбаев К.* Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. — Ф.: Мектеп, 1982, 380-бет.

[19] *Токтомушев А.* Күн. — Ф.: Кыргызмамбас, 1947. 16-бет.

[20] Ошондо. 52-бет.

[21] *Артыкбаев К.* Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. — Ф.: Мектеп, 1982.

[2] *Токтомушев А.* Айыптуумун. Китепте: Тандалган чыгармалар. — Ф.: Кыргызстан, 1973. 428-бет.

[23] *Токтомушев А.* Ак Мөөр. — Ф., Кыргызстан, 1971. 179-бет.

[24] *Токтомушев А.* Тандалган чыгармалар. Бир томдук. — Ф., Кыргызстан, 1973. 3-бет.

[25] «Кыргызстан маданияты». 1972. 28-дек.

[26] *Токтомушев А.* Өмүр жолу. — Ф.: Кыргызмамбас, 1958. 114—133-беттер.

[27] *Токтомушев А.* Алтын-Тоо (Поэма I китеби). — Ф.: Кыргызстан, 1965. Алтын-Тоо (Поэма II китеби). — Ф.: Кыргызстан, 1968.

www.bizdin.kg

## ШҮКҮРБЕКОВ РАЙКАН
*(1913—1964)*

Эң күчтүү сын — мезгил сыны, эң бийик жана эң туура чен өлчөм — мезгил чен-өлчөмү. Эч ким бералбаган курч бааны мезгил берет, эч ким көрсөтө албаган кемчиликти да мезгил көрсөтөт. Эч ким эч кимди мезгилче иргей албайт. Эч ким эч кимди мезгилче өз ордуна да коё албайт. Генийлер менен улууларды да, тубаса оргуган кара таланттар менен жазуучу пардасын жамынып алып катарга кошулуп жүргөндөрдү да газап аспабы алтынды жезден так ажыратып бөлүп бергендей накта өзүн ачып берчү адашпас даана сынчы да мезгил. Бир мезгилдин каталыгын да экинчи мезгил өзү оңдоп түздөйт.

Мезгил сыны эч кимди аябаган, эч кимдин жүзүнө карабаган жана эч кимди эч жерде алакчылабаган ушунчалык катаал, ушунчалык адилет күч экен. Ал иргөөгө салганда Алтын жылдыздуу Баатырларың да, катар-катар шагыратып тагынган Ленин ордендериң да, шаңдуу угулуп, сүрдүү туюлган канча бир жогорку чин-даражаларың да ээсин сактап калууга эбелекче туруштук бере албай, каардуу көчкү бычыратып талкалай шыпырып барып тээ төмөнкү аңгекке көрүнгүс кылып тыгып таштаган кууруган чычырканактай болуп ың-жыңсыз жатып калышты.

Мезгил эстетикалык чен-өлчөмүнүн алдында өкмөттүк баа, өкмөттүк критерий жол-жоболору менен атайын чыгарган токтомдору да жөн эле күндөлүк бирдемелер экен. Кана, кечээки Сталиндик, Лениндик, Мамлекеттик, Республикалык сыйлыктардын лауреаттары менен Эл акындары, Эл жазуучулары. Кана, Социалисттик Эмгектин баатырлары. Саясий маани берип пештүү көрсөтүп, партия-

www.bizdin.kg

луулук, Лениниана, съезддин чечимдери, бузулбас достук, капитализмдин өлүмү делчү өз түшүнүгүндө актуалдуу, утилитарный жагынан караганда өтүмдүү темаларды издеп сезондук дүжүр чыгармаларды жазып жүргөндөрдү социдеологиянын кулашы өзү менен кошо келбеске алып кетти. Атайын даярдыктан өткөн адистер көтөрүп чыгалбаган дырдай жылаңач чындыкты мезгил өзү көтөрүп чыкты. Баарыбыздын каталыгыбызды мезгил өзү оңдоп, баарыбызга мезгил өзү жардам берип жатат.

Кийинки жыйырма сегиз жыл ичинде окулса, окулбаса да массалык нускада басылган саясый китептердей кылып күргүчтөтүп чыгарган Кыргыз Эл акындары менен Эл жазуучуларын санап көрчү: А. Токомбаев (буга мурда берилген), Т. Сыдыкбеков, К. Жантөшев, К. Баялинов, Т. Үмөталиев, Ч. Айтматов, К. Маликов, А. Токтомушев, Я. Шиваза, С. Эралиев, М. Жангазиев, С. Жусуев, Т. Адышева, М. Абылкасымова, Т. Абдымомунов, Н. Байтемиров, Т. Касымбеков, Ж. Садыков, Б. Жакиев, М. Байжиев, О. Султанов, Б. Сарногоев, Ө. Даникеев, Н. Жүндүбаева, З. Сооронбаева, Ж. Мавлянов, К. Осмоналиев, Ш. Бейшеналиев, С. Өмүрбаев, Р. Рыскулов, А. Стамов, М. Борбугулов, Ш. Абдыраманов, С. Сасыкбаев.

Булардын ичинен калса араң-араң төрттөн бири калар. Көзү өткөндөрдүн бир тобу тарых барагынан орун алып даңкталмак турсун, жөн эле катарда саналчу акын,жазуучулардын тизмесинен аттары өчүп калды. Көбү тирүү жүрүп эле унутулуп баратышат. Айрымдарынын аттары Эл акыны, Эл жазуучусу деген ардак наамга пародия катары кабыл алынат. Мындай эл билбеген же билгиси келбеген Эл акындары менен Эл жазуучуларынын тагдыры өтө трагедиялуу. Эки миллиондун тегерегинде калкы бар кичинекей кыргызда ушунча кишиге Эл акындары менен Эл жазуучусу деген наам берип салыштын өзү да комедиялуу көрүнүш эмеспи. Эгерде баары ошол атка татыктуу болсо, мейли эле дечи. Же биздин адабиятыбыз ушунчалык эле чоң бекен, өтө эле бийиктеп дүркүрөп кетиппи?..

Эл таанабаган, эл өзү баалабаган, ошонун таланты чын эле бар экендигин мойнуна албаган да Эл акыны менен Эл жазуучусу болмок беле. Элдин атынан зордоп жабыштыр-

www.bizdin.kg

ган атакты эл өзү кабыл албайт экен. Болом деген киши да болалбайт экен, же бийлик күчүнө салып «Эл акыны», «Эл жазуучусу» деген наамды өкмөттүк буйрук менен бекитип, бүт республикага жарыя кылып койсо деле баары бир чыныгы Эл акыны, чыныгы Эл жазуучусу делинип калбайт экен. Карачы, акыйкаттын күчү кандай да, табияты кандай, келишкис катаалдыгы кандай.

Көрсө Эл акыны, Эл жазуучусу болчу талантты табият өзгөчө жаратып, ага өзгөчө натура, өзгөчө мүнөз, өзгөчө тагдыр берип, өзгөчө милдет жүктөп, ошол үчүн жашатып коёт турбайбы. Ага Эл акыны, Эл жазуучусу деген ардак наамды эл өзү эле тартуулап, өзү эле башкалардан ажыратып баалап алат экен. Буга жетиш жашоодо сейрек келчү бир зор бакыт окшобойбу.

Кыргыз арасында поэзиядан дасторконго чейин, таасын айтуудан тамашага чейин сөз жүргөн жерде элитасы менен да, карапайымы менен да, адиси менен да өз нускасын бузбай шыр эле эркин аралашып жандуу баарлашып кете берчү бир жагынан, таламдаш, көп жагынан тагдырлаш үч чоң талант бар. Алар кээ бирөөлөргө окшоп кагаз бетиндеги өлүк чин-даражалар эмес, элдин көңүлүндө эрке сүймөнчүк болуп алышкан нукура ЭЛ АКЫНДАРЫ — МИДИН, РАЙКАН, БАЙДЫЛДА. Үчөөнө тең эң жогорку ардак наамды калайык өзү берип алган, үчөө тең мен баятан бери кайра-кайра басым жасап айтып келаткан мезгил сынынан тазаланып өтүп, улуттук тарых барагында турчу өлбөс орундарына бекем туруп коюшкан, ар биринин өз-өзүнчө үлкөн дүйнөлөрү бар кайталангыс кара таланттар. Бирок үчөө тең «Ала-Тоонун аскасынан ашалбай» белгилүү алкакта чектелип калышты. Андан жогорку деңгээлден, мисалы, Р. Гамзатов, К. Кулиев, Д. Кугильтинов, М. Карим, Э. Межелайтис, О. Сулеймановдор көрүнгөндөй даана көрүнө алышкан жок. Ал таланттардын дагы бийиктеп көтөрүлүп, дагы тереңдеп ачылып чыгышы үчүн профессионалдык сабат баскычы башкарчараак улуттук адабий шарт, башкачараак маданий чөйрө, башкачараак камкордуктар керек эле...

Бул үчөөнүн ичинен Мидин менен Байдылда тууралуу өз сөзүмдү көптөн бери эле айтып келатпаймынбы. Азыр Райкан Шүкүрбеков жөнүндө окурмандар менен азын-оолак

www.bizdin.kg

ой бөлүшкүм келип турат. Ырас, Райкан Шүкүрбековду баарынан мурда мен биринчи болуп көрө койгонум жок. Ал тууралуу мага дейре ондогон дежур макалалар жазылган. Бүткүл чыгармачылыгын идеялык-тематикалык талдоого байлап примитивдүү изилдеген С. Егиналиевдин күлчү жерде мостойуп супсак окулчу көлөмдүү китеби жарык көргөн. Ошол эле учурда таланттуу акындын «Эки бөжөгүн» таланттуу иликтеген Кымбатбек Укаевдин макаласын да окуганбыз. 1963-жылы чыккан «Тандамаларына» жазган К. Артыкбаевдин баш сөзүндө акындын сатирасынын айрым бир урунттуу жерлерине кыйла эле көңүл бөлүнгөн. Драмалык чыгармалары, өзгөчө комедиялары боюнча учурунда М. Борбугулов өз ойлорун салып өткөн. Окуу китептеринде жазылган. Ошентсе да Райкан Шүкүрбеков тагдыр кошкон жан досу Мидин Алыбаев сыяктуу эле, негизинен эл арасында үзгүлтүксүз түрдө көп айтылып, жөө легенда болуп, калыс бааны да оозеки түрдө көп алып жүрөт.

Райкан Шүкүрбековдун адабиятка келиши да, өз ордун табышы да оригиналдуу. Өмүр жолу көп жагынан жыйырманчы, отузунчу жылдарда калем кармап чыгышкан жаш талапкерлерге окшош болгону менен, талант катары таанылышы өзүнчө кызык, өзүнчө күтүүсүз күтүлүү табылгалар берет. Алгач кадамы прозадан башталып, он алты жашында биринчи «Жаркынай» (1929) деген аңгемеси, жыйырма үч жашында «Тоо элинин баатыры» (1936) повести китеп болуп жарык көрсө да, кара сөздөн өмүрүнүн аягына чейин чоң атак-даңкка жеталбай кетиптир. 1935-жылы коюлган «Жапалак Жатпасов» кодемиясы менен драматург катары кадыресе таанылып, анан улам өйдөлөп ошол маркасын өмүр бою сактап өтүптүр. Ал эми акын катары абдан кеч, кырк эки, кырк үч жашында ачылыптыр. Биринчи китеби 1936-жылы чыкса, экинчи китеби — «Ырлар жана тамсилдери» 1957-жылы чыгыптыр. Отурган кыз орун табат дегендей болуп, акын эң чоң бакытты ушул ыр китебинен, окурмандар көп күтпөгөн поэзиядан тааптыр.

Бул китептин жарык көрүшү жалпы кыргыз адабиятына жандуу белгисин түшүрүп, өзүнчө бир жаңы сөз, жаңы үн угузуп, жаңы түс-боёкторду таанытып келди. Буга

www.bizdin.kg

чейин прозачы Райкан Шүкүрбеков да, драматург Райкан Шүкүрбеков да, котормочу Райкан Шүкүрбеков да, артист Райкан Шүкүрбеков да эч качан мынчалык жарк этип көрүнүп, эч качан мынчалык элге тез алынып, мынчалык көп окулуп, мынчалык көп ырдалып, мынчалык кеңири таанылып кеткен эмес.

Астейдил дит коюп, кылдат териштирип караган адабий сабаты жакшы, көркөм сезим-туюму жандуу окурман «Ырлар жана тамсилдерден», бир Райкандын бири-бирине жакындашып, жакындашпаган кызыктуу төрт кыры кашкайып көзгө көрүнүп турганын шыр эле айырмалап белгилеп алат. Бир жагынан карасаң, ырдын сырткы формасынан тарта ички структуралык түзүлүшүнө дейре, овон менен созулуп ырдалыш табиятына чейин кошумча киргизип, речитатив түрүндө окулушка, декламацияга ылайык айтылышка жеткирүүгө умтулган изденгич, өзү гана жаза алчу менчик темасы, өзү гана тартчу сүрөтү, өзү гана айтчу олуттуу сөзү бар, башка эч ким ордун толтура алгыс табылгалар таап, өзүн-өзү ачып келаткан жаңычыл акынга туш болуп турасың.

Экинчи тарабынан, туулганда каны менен кошо бүткөн, эне сүтү менен бирге келген, аналитикалык акылы бар, табиятынан ойчул, кечээки менен бүгүнкүгө, эртеңкиге, жалпы эле турмуштагы оң-терс көрүнүштөргө талдоо жүргүзүп карап баалап, өз тыянагын чыгара билген замандын алдыңкы чыгармачыл интеллигенти менен баарлашып жатканыңды көрөсүң. Ал жан дүйнөсүнө жакшылап мээрим төгүп кире билгенге жапыз келген жөнөкөй да, сырын таппаганга оңой менен чечилип бербеген татаал да.

Үчүнчү кырынан, жүз-жүз кайталанып жүрүп иренжитме муздак көнүмүшкө айланган поэтикалык штамптар менен арзан баа дежур трафереттерден атайылап аң-сезимдүү түрдө кача билген жана ошолорго каршы катуу күрөш ачкан, жалган талант, жасалма чыгармаларды аёосуз сындап, жерине жеткире шылдыңдаган, адабиятка зор жоопкерчилик менен мамиле жасаган, түшүнүгү жогору даана адис калем ээсин таап алганыңа кубанычта болосуң. Бул жерде өтө оригиналдуу, өтө универсал сатирик акын өзүн абдан эркин сезет. Ойду туюнтуу көркөм ыкмалар менен ачуу мурчтуу, аяз тикенектүү жана жылма сылагылап эритип

www.bizdin.kg

отуруп сөөгүн таарып түшчү сыйкыр сөз каражаттарына абдан бай. Айтчу сөздүн кыябын таап, дал көздөгөн нокотко ургудай жандуу таасир этерлик кылып куп гана бап келтирип айтат. Ачык да угузат, кыйытып да билдирет, каймана түрдө жеткирет, дагы керек болсо тамсилдин тили менен башкача сүйлөшүүгө өтүп кетет. Ачуу чындыкты алдыга акырын чочутпай апкелип, катуу сынды жумшак жылмайтып туруп кабыл алдырат. Бүткүл туруш-турпаты табийгый таланттан бүткөн акындан табийгый түрдө атылып чыгып турган мол күлкүнүн, болгондо да аркасынан терең ойлонтчу маанилүү күлкүнүн күчү кезинде кан жолу бирге калемдеш иниси Байдылда Сарногоевге минтип жаздырган экен:

Сөз сүйлөөр кезде ойлонуп,
Соо башын солго кыйшайткан.
Куйкумдуу сөздү курч айткан,
Сөөгү жок эттей сулп айткан.
Күтпөгөн жерден күлдүрүп,
Күлбөстүн тишин ырсайткан.
Эл, жер — деп дайым тилеги,
Эл, жер — деп соккон жүрөгү.

Бир кем дүйнө. Канткен менен Райкан дүйнөсүнүн чар тарабы тең эле бирдей жүк көтөрүп, бирдей чен-өлчөмдө милдет аткарып, бирдей асыл наркта өтө берет дешке али эртелик кылат. Анда бир ныптасын саал сылтыткан өткөн жолдун залдары бар, ошол кездеги жалпы маданий деңгээл шарттаган жалпы инерциянын эркиндеринен али топтолук бойдон кутулуп кете элек. Аң-сезимге тээ бала кезден эркин кирип, эркин жайгашып алган күндөлүк саясат менен күндөлүк чакырык да маал-маал байкатып, байкатпай өзүнө тартып кетет. Китептеги «Шаңдуу тынчтык», «Аврора үнү», «Ленинизм — Коммунизм», «Орус тили», «Волга», «Күз» деген сыяктуу ырлары ушуну айтып, ушуну ырастайт. Буларда кыргыз поэзиясында качантан бери кайталанып келаткан жалпыга маалым жалпы ойлор гана бар. Керт башы менен ачып чыккан менчик чындыгы, сөзсүз калайыкка жеткирейин деген менчик идеялары, айтпай коюшка мүмкүн болбогон менчик сөзү жок, көпчүлүк ырдап жаткан даяр хорго катышып калган, өз

www.bizdin.kg

үнү бөлүнүп угулбайт. Муну кокустук дешке али эрте экендигин, тез арада эле жоюлуп кетчү бирди-жарым кездешкен факты-мисалдар эмес экендигин 1958-жылы чыккан экинчи ырлар жана тамсилдер жыйнагы — «Ала-Тоо жаңырыгынан» да көрсөк болот.

Жыйнак «Ала-Тоо» деген ыр менен ачылат. Ошол коздин талабы боюнча китептин биринчи бетинен компартияга, Ленинге, коммунизмге, СССРге арналган саптар окулчу эмес беле. Райкан Шүкүрбековдун Ала-Тоосу ошолордон чоңбу, мында кандай терең сыр, кандай зор күч бар? Чыныгы атуулга дүйнө өз мекенинен башталып, өз мекени менен бүтөт. Ал эми Ата мекен бирөө гана болот. Ал баарынан ыйык, баарынан улуу, өзүнө өзү гана тең. Ошол үчүн ар кимдин туулган жери өзүнө Мисир. Бир кезде катаал идеология төбөсүнөн жапшыра басып, тилин бурап турганына карабай Чыгыштын улуу патриот генийи Расул Гамзатов: — Мен үчүн дүйнө Кремлден эмес, атамдын очогунан башталат — деп анык тайманбас жанкечти баатырча түз айтып чыкканы көпчүлүктүн эсинен кетелектир.

Эгерде чындап Ата журтка терең сүйүүсү, мойнуна артып койгон зор милдети, айтар сөзү болсо; чындап Ата журт баркын билип, Ата журт ордун баалаганга жетишип турса; ал миң-миң жолу ырдалып келатканына карабай жаңылап ачып алат. Дал мына ушундай артыкчылыгы бар үчүн Райкан Шүкүрбеков пейзаж үчүн тартылчу натуралисттик пейзаж менен кооздук үчүн жасалчу сырткы кооздуктан, мактоо үчүн мактоо менен курулай жалынып, жалбаруудан жогору көтөрүлүп, бул темада классикалык үлгүлөрдү калтырган Касым Тыныстанов, Алыкул Осмонов, Мидин Алыбаевдерден кийинки оригиналдуу чоң сөздү айтып, өз баасын берип чыкты. Көпчүлүк калемдештерине окшоп Ала-Тоонун ой-кырынан, муз-карына чейин, арча-карагайынан чычырканагына чейин тизмеге түшүрчү кургак санакчы да болгон жок. Ал Ата журт, же Ала-Тоо жөнүндөгү түшүнүктү жалпылаштырып символдоштурулган маани, мазмун аркалоого жакындатты. Мына ошол үчүн:

Ала-Тоо — биз термелген бешигибиз,
Дүйнөгө ачып кирген эшигибиз.
Ала-Тоо күндө көрсөң, күндө кызык,

www.bizdin.kg

Көзүңө бүгүнкүдөн эртең ысык.
Ала-Тоо, бизге бирдей кышы-жайың,
Сулуусуң жылдар аттап өткөн сайын.
Ала-Тоо — өмүрүмдүн гүлдүү багы,
Ала-Тоо — кечээгиден бүгүн жаңы.
Сапар тартсам ар дайым кылчактаймын.
Өзүң менен бир бүткөн жүрөк каны.

Жүрөк каны менен бир бүткөн туулган жерге тагдырын байлап, ичтен аздектеп багып жүргөн үлкөн сүйүүсү бар атуул гана сапар тартса дүйнөдө эң жакын адамын, өзүн тапкан энесин кыялбай жаткансып кылчактап карайт. Жөнөкөй гана туюнтулган ушул саптын өзүндө эле канча аруу сезим, алдыртан тартылчу күчтүн айтылбаган сыры катылган. Ошол улуу сый, улуу парз Райкан Шүкүрбековго таптырган сөздүн терең маанилүүлүгү менен таамайлыгы — «Ала-Тоо» — биз термелген бешигибиз, дүйнөгө ачып кирген эшигибиз» делген афоризмге айланып эл арасында ырдалып жүргөнү...

Кыргызда Ала-Тоодон кийин эле аша көп ырдалган орток темалардын бири Ысык-Көл болсо керек. Улам-улам көңүл бургузуп, улам-улам сүрөттөлө бериштин өзү, бул жагынан поэтикалык мыкты чыгармалардын жаралып калышы, кийинкилердин айрымдарын олуттуу ойлонтуп, атаандашып изденүүгө түртсө, чабалдардын жолун биротоло бөгөп салат. Анан да Алыкул Осмонов коюп кеткен чектерден кийин Көлдү жазыш өтө кыйын.

Мурдагылар көп кайрылган темага киришиң — анык сыноодон өтүшүң. Табийгат ченегис марттык менен тартуулап таштаган бул ажайып керемет дүйнөгө эч ким уга элек жаңы сөз багыштап, эч ким көрө элек бир кыры менен бир сырын жандуу сүрөткө түшүрүп, эч ким ача элек бир баалуу жагын ачып бакчы. Канчалык даражада оригиналдуу экендигиң мына ушундан билинет. Райкан Шүкүрбеков баарына аналитикалык ой жүгүртүү менен талдап караган нукура реалист сүрөткер экендигин мындан да көрсөтө алган. Ысык-Көлдү эч кимди туурабай өз көзүң менен карап таанып, билүүнүн бир үлгүсүн берип, ал жөнүндө башкаларды кайталабай жекече ой айтуунун, окурманды кызыктырып жакындап баарлашууга тарткыдай өзгөчөлүү

www.bizdin.kg

жазуунун ийкемдүү ыкмасын тапкан. Жалпы теманын ичинен менчик темасын алып чыккан. Кыргыз поэзиясы үчүн бир да бир коштун мизи тийбей дың жаткан кыртышка биринчи болуп алгач бороз салган.

Райкан ырынын «Ысык-Көлдүн куму» деп аталышы эле окурман көңүлүн бургуза баштайт. Ак чабагы айга атылып ыргыса, каз, өрдөгү канат кагып, кабар айтып кыйкуулап, табият кубулушуна карата жүз өзгөрүп мемиреп, жүз түрүлүп толкуган укмуш кооз сырдуу Көл турса, а эмне үчүн жансыз куму,... ал кайда гана жок, анда эмне көрк, эмне маани бар, болбосо автор бөлөк бирдеме баштагысы келип жатабы деп алып эле, анан кайра ырдын өзүн окууга шашасың:

Акындар мурда барыптыр,
Айтып ырдап салыптыр.
Тоо суусу тегиз макталып,
Мага куму калыптыр.

Ушул жерде ууртуңду бир жайылтып алып, жана токтоло каласың. Жеңилирээк жылмайта салып, жеңилирээк кутулуп кетишке жол издөө эмеспи? Буга чейин канчалаган акын, жазуучулар менен сүрөтчүлөр ушул кумду тебелеп жүрүшпөгөн да, ушул кумга оонап кетишпеген. Бирок гениалдуу Гёте «Баарынан да көз алдында жатканды көрүш кыйын» — деп айткандай, ошолордун бири да буга көңүл бурбаптыр. Алар бир гана жагын ачык ажыратып, бир гана жагын жазып келишиптир, узакка дейре.

Көрсө, Көлдү көл кылып, маалында Батыш жагы Москва, Петербургдан, Чыгыш жагы алыскы Сибирден бери аңсатып элди келтирчү терең сыр, дартка даба болчу дарылыктын бири ушул кумда турбайбы. Мунсуз Ысык-Көл чыныгы Ысык-Көл эмес экен. «Күнгөйү күнгө чагылып, тескей жагы көлөкө, кумдан да алтын табылып, өзүнчө береке болсо да, ал кум бергенди бералбайт экен. Акын өтөгөн бир жакшы милдет — кереметтүү Ысык-Көл кереметтүү куму менен кошо каралып, кошо бааланганда гана толук көркү ачылып, дагы мааниси тереңдеп, дары-дармек кармаган касиеттүү күчү менен дагы кеңири таанылып көрүнөрүнө көңүл бөлдүрдү. Мейли, муну чыгарманын таанытып билдирчү тарабы дейли, а көркөм сапат деңгээличи?

www.bizdin.kg

Жаратылышынан образдуу ойлоосу күчтүү өнүккөн даана реалист сүрөткер Райкан Шүкүрбеков бул жагынан да өз күчүндө чыга келет. Бирде жылмайтып, бирде ойлонтуп келип, анан ачык көрсөтчү жандуу элести минтип көз алдыңа тартып таштайт:

Кум чыгат көлдөн шиленип,
Суу кайтат шилеп жиберип.
Алып кетет иригин,
Айланып келип имерип.

Жакшылап көңүл коюп, каректи кыймылга түздөп алчы, улам түрүлүп чайкап келген таза кумду жарк эттирип жээкке жайып таштап, кайра кайтып, кайра имерилип келип жана бир иргештирип кетип турган майда толкундар тирүү жандай так көрүнөт. Райкан Шүкүрбековдун акындык казнасында баары бар. Көркөмдүктүн ар кандай түрлөрүн башка чыгармаларынан да күтө бер.

Туурамчылардын тузагы — жалпы хордон бошонуп, өзүнчө поэтикалык ой айтууга, өзүнчө жаңы форма, жаңы ыкма табууга акында кандай изденүүлөр болгонун китептеги дагы бир «Алты каз» деп аталган ырдан көрсөк болот. Мындай карасаң бул деле жалпы тема эле. Сөзгө алынчу — Ысык-Көлдүн бакма сиңдиси — Орто-Токой суу сактагычы. Ал курулганда Кубанычбек Маликовдун көлөмдүү поэмасынан баштап, далай ырлар менен очерктер жазылган. Өкүнүчкө жараша ошолордун бири да балакатка жетпей мүрт-мүрт кетишти. Себеби баары күндөлүк саясий ураан, чакырыкка байланган болчу. Сезондук компания милдетин өтөп бүтүшү менен, ал чыгармалар да жашабай калган.

Райкан Шүкүрбеков башкаларга окшоп иш процесстин жүрүшүн; курулушка геолог-инженер адистер баштаган жумушчулардын келишин, техниканын ордун, планды ашыкча аткарган алдыңкылардын сыйланышын, салтанаттуу жыйындардын өтүшүн сыпаттап сүрөттөгөн жок. Канча күч, канча каражат менен бүттү, эми канча пайда көрөбүз деген эсеп-кысапты уйкашка салып тизмелеп калбайт. Оригиналдуу ойчул акын бул турмуш жаңылыгын чыныгы көркөм чыгарманын деңгээлине көтөрүлчү бийиктен туруп таптакыр жаңыча иштеп чыккан.

www.bizdin.kg

Ыр жаратылыш козголуп, жерге амал кирип, дүйнөнү жаз деми, жаз жыты, жаз жышааны каптап, баары ичтен тазарып, бардык жан-жаныбар, макулуктар кызык өмүр күнү, жандуу тирчилиги жайнап, келгиндер көрүнүп, асманда тизилип учкан каркыра, турналар өтүп бараткадынан башталат. Баары табийгат тартуулаган жашоонун ушул таттуу үзүрүн көрүп, өлчөп койгон ырыскысын алып калууга шашып аттанып чыгышкан. Мына ушул энчисине тезирээк эле жетсем экен деп ак эткенден так этип аңсап келаткандар канча. Ошолордун соңунда:

Ысык-Көлдү сагынып,
Канаты тынбай кагылып.
Асмандап учкан алты каз,
Аңкылдашат жабылып.
Таласка конуп токтобой,
Жай алып Чүйдө оттобой.
Бара жатат алты каз,
Эң шашылыш почтодой.
Жаргак таман саргайып,
Канаты казга жел кайык.
Мойнун созуп нар болуп,
Алты каз көктө калдайып.

Токто, ушул саптардан бөлүнүп кетелекте эки ооз эбиреп калбаса кантип болот. Асты сызылган ыр тизимдерин жакшылап дит коюп, жана бир жолу окуп бак. Нукура сүрөткер акын кантип жазып, нукура поэзия кантип жаралларын, жөн киши айтчу сөз менен образдуу ойлончу киши айтчу сөздүн айырмасы кандай болорун дагы бир ирет иргеп ажыратып ал. «Эң шашылыш почтодой» (өтө орчундуу табылган салыштыруу) асмандап учуп келатышкан. «Жаргак таман саргайып, канаты казга жел кайык, мойнун созуп нар болуп, алты каз көктө калдайып» сүрөткө түшүп беришкеничи. Мындай тирүү боёктор менен түшүрүлгөн тирүү элести аша кыл чебер художниктер гана тарта алышкан.

Ушинтип келатышкан алты каз бир учурда эле алды жагын карашса, эң бир сонун, эң бир кызык тамаша курулуп жатат. «Көгөргөн көл шарпылдайт, өрдөк, каз, ойноп жаркылдайт. Акбаржак болуп кубулат, аңырдын үнү угу-

www.bizdin.kg

лат». Тандаган каздар кокустан жаңылып алганыбыз жокпу деп жабыла карашып, акырында чыдабай кетишти го:

Жарк этип канат күн чалды,
Ылдыйлап каздар үн салды.
— «Өзүңөрүн жөнүңөр,
Кайсы көл, бул көлүңөр?»
Анда жооп берет көлдөгү
Көк ала моюн өрдөгү:
«Артындасың турмуштун,
Чоңунансың суу Куштун,
Орто-Токой дал ушул,
Жаңы көлү кыргыздын.
Калкылдабай түшкүлө,
Каркылдап мында сүзгүлө!»

Ой чабыты менен фантазиясы күчтүү изденгич акын адамдар жараткан жаңылыкты адамдардын өздөрүн катыштырып мактабай туруп эле, асмандап учуп келатышкан алты казга көргөзүп, алардын таңкалышына жаңы көлдөгү ак ала моюн өрдөктүн берген жообу аркылуу кыябына келтире абдан ыктуу билдирип койду. Көркөм шарттуулукту табийгый чындыктай кылып өткөрө билүү чеберчилиги — акындын ири ийгилиги. Каз, өрдөктөр үн алышпай эле, кадимки кишилер сүйлөшкөндөй кабыл алдырып салбадыбы. Дегинкисин Райкан Шүкүрбековдун «Алты казы» — жеңил окулса да, эстетикалык маани, мазмун табиятын ойлонтуп чечмелетип алдырчу ыр. Андан курулуш сүрөттөлүп, эл иши көрүнбөсө да «Көгөргөн көл шарпылдап, өрдөк, каз ойноп жаркылдап, акбаржак болуп кубулуп, аңырдын үнү угулуп» турушу эмне менен келгенин окурман өзү ой жүгүртүп таап алат.

Райкан Шүкүрбеков жердигинен реалист сүрөтчү, баарына ой жүгүртүү менен талдап карап, турмуш чындыгын жалган жасалмалап коздобой өз турпатында көрсөтүп берүүгө күч жумшаган акын экендигин мына бул темаларда жазган ырлары деле ишендире далилдеп берет. Автордун сергек калеми кадим жашоодо өткөзчү жөнөкөй жер тиричилигинин ысык-суук менен бар-жок аралашкан жан түйшүгүнө өтө жакын. Ошол кездеги элет аймагы кан-

www.bizdin.kg

дай табийгый тумсак абалында өз айырмалуу белгилери менен көркөм тасмага түшүп бергенин бир сыйра карап өтчү.

Чыгыштан таң агарып улам жарык,
Түтүндү жел көтөрүп асманга алып.
Бала ыйлап, уйлар мөөрөп, иттер үрүп,
Чоң кыштак эрте ойгонду сүт жыттанып.

Алдыңа Чоң кыштак эч кандай ашыкча шаан-шөкөтү менен жаркырак-журкурак аземи жок эле адатынча таңды жөпжөнөкөй, табийгый болмушунда гана тосуп жатат. Ырда табияттын түнкү көрүнүшү сүрөттөлөт. Кочкулдантып көтөрө сүртүлгөн боёк жок. Кырдан көрүнгөн атчан да, кара жолдун четинде түнөп жаткан бир короо кой да бөлүнүп белгиленбейт. Кеп асты сызылган акыркы сапта — «Чоң кыштак эрте ойгонду сүт жыттаныпта». Айыл турмушунун ички ал-абалы, барчылыгы да, эмгек кайрымы да, аты аталбай, атайылап макталбай туруп эле ушул бир сапта туюнтулуп калган.

Өрөөндөгү идиллияга жакыныраак турган Чоң кыштак айланасынан эми бир аз өйдөгө көтөрүлүп көрөлүчү («Койчунун ити»). Жер кара, күздүн түнү, асманда булут, койлордун кээси жатып, кээси туруп, алыскы жайлоодон кайтууга жол алган, чабандар адырдын этегинде түнөп калышыптыр. Ошол бир учур:

Жанган от тоо боорунда жылт-жылт этип,
Бүлбүлдөп нуру качып кез-кезде өчүп.
Эңкейип чок үстүнө жыгач таштап,
Олтурат эки чабан маектешип.

Заңгырап түн ичинде бийик аска,
Түнөрүп түн койнунда түрү башка.
Угумдуу терең сырдуу дабыш менен,
Түнкү суу боюн урат таштан-ташка.

Койчулар чатырларын келген жүктөп,
Тигишпей ай талаага койгон бүктөп.
Кызыл көз кара дөбөт от жанында,
Таноосун кыймылдатат тоону тиктеп.

www.bizdin.kg

Булутка кээде кирип, кээде чыгып,
Баратат сулуу ай да шашып жылып.

Бул саптардагы жандуу кыймылды дал кармаган көркөм таамайлык менен көркөм деталь, штрихтерди кылдат колдонгон чеберчилик, сүйлөшүп отурушкан аңчыларды картинага түшүргөн XIX кылымдагы орустун улуу реалист художниги Василий Григорьевич Перовдун сыйкырдуу кистисин эске салат. Ырды ушул калыбында эле эч нерсе албай-кошпой туруп боёк менен полотного түз көчүрүп койсо болот. Тоо боорунда жылт-жулт этип жанган от бүлбүлдөп нуру качып кез-кезде өчүп баратканда «эңкейип чок үстүнө жыгач таштап» койгону отко канча жан киргизип, таптуу жарык чыгарса, ырды да ошончо жандандырат, сүрөт дагы ачык, дагы элестүү көрүнүп, конкрет белги менен толукталат.

Эми жүктөп келген чатырларын «тигишпей ай талаага койгон бүктөп» деген сапка толтурулган чындыкка сарасап сал. Ушул эле бир деталь картинада канча милдет өтөп, канча көрк, канча маалымат берет. Биринчиден, ошол чатырлар бизге койчулар жашоо шартын боолгап аңдаштырууга көмөкчү болушат. Экинчиден, алардын тигилбей бүктөлүп турушу, бул жерге жайлашып отурушпай, эртең эле көчүп кетишет деген ойду билдирет. Арада «Кызыл көз кара дөбөт от жанында таноосун кыймылдатып тоону тиктеп» атышы таамай штихтер менен так түшүрүлүп калганын карачы. Мында бир гана кебете-кешпир турпаты тартылбайт, дагы бир башка коопту жышаан ишаарасы кошо туюнтулат.

Кара дөбөт ашкере сергек интуициясы менен алдыда күтүлүп-күтүлбөгөн бир нерсе болорун сезгенсип, алыстан жел жеткирип келген билинер-билинбес бир жытты ажырата айырмалап алуу аракетинде белем. Таноосун кыймылдатып тоону тиктегенине калың чыбыр коктулардан карышкыр уңулдап улуп белги берди. Бөрүнүн эски тааныш үнүн укканда дүр этип кой козголуп, эчки маарап, арс этип чымын-куюн болуп ит да кетти. Жана эле от табында шашпай маектешип отурган койчулар болсо куусаң чөптү алоолонтуп заматта будуң-чаң түшүп калышты. «Алышып көнгөн дөбөт, көргөн дөбөт» болсо атылып ка-

www.bizdin.kg

рышкырга кеткен бойдон дайны жок. Кыйкырышты, чакырышты, канча убак өттү. Деги тирүү бекен, койчулардын тынчы кетип бүттү.

Аңгыча таң агарды, жерде жарык,
Көрүүгө эми болот баарын анык.
Бир кезде кара дөбөт тоодон келди,
Оозу кан, уйпаланып, тилин салып.

Мында акын кара дөбөт менен карышкыр канжалашкан катуу кармашта кайсынысы кайсынысына кандай күч таанытканы жөнүндө эч сөз жүргүзгөн жок. Болгону асты сызылган акыркы эки сапта таң агарганда тоодон келген кара дөбөттүн кебетесин гана көрсөтүп койду. Эгерде карышкыр оңой эле бурдап таштачу бирдеме болсо, анда өзү минтип «оозу кан, уйпаланып, тилин салып» калбайт эле. Ал эми карышкырга алдырып койсо, буга окшоп тирүү кайтып келбейт болчу. Түндө кетип, койчулар кыйкырса да дайны билинбей таң атканда келиши — таймаштын узакка созулушу. Бир жерде, бир гана жолу өткөн эмес. Аралык да узарган. Оозу кан экендиги — карышкырдын чайналып калышы. Муну окурман ой жүгүртүп табат, даярга көнбөй ал да издесин. Бардык учурда эле акын чайнап бере бербеш керек.

Китептеги «Малчынын үйү», «Жылкычы чал» деген ырлар поэзиянын мыкты үлгүлөрүнөн болсо да, биз азыр эле карап өткөн элет жер турмушун баштан өткөрүп же мал арасында жөнөкөй жашаган карапайым адамдардын реалдуу жагдайын өз абалында көрсөтүүгө акын дайыма аракет жасап келгенин ырасташат. Ар бир зат, ар бир кубулушту аналитикалык ой жүгүртүү менен түп нускасында көрүүгө ынтызар акын адамдар гана эмес, кадимки эле жылда бир маал келип-кетип жүрчү кышты да өзүнчө тосуп алып, өзүнчө узатып, кайра келишин да өзүнчө күтөт. Анын ар-тарабынан карап баалап алган өз кышы бар. Ошол үчүн экөө эркин баарлашып эркин сырдашат. Кулак төшөчү:

Далай акын сени жектеп ырдашат,
Аппак кышым сенде терең сыр жатат.
Сөз коротуп сени жектер мен эмес,
Тил укканда келбей койчу сен эмес.

www.bizdin.kg

Кантип келбейт, табият закону. Ал — аябагандай катуу сыноо: бирөөлөр үчүн жарашыктуу көрк, көңүл ачууга түзүлгөн ыңгайлуу шарт, эртеңкисине береке. Башкалар үчүн жеткен азап, ыркыраган ызгаар, калчылдаткан кара суук. Сенде эч кандай коздук менен жагымдуулук болбойт. Үчүнчү бирөөлөргө жол ачсаң, төртүнчү бирөөлөрдүн жолу бекилет. Өзгөчө «жалкоо менен карышкырга жакпайсың». Бирок, баары бир сөзсүз аткарчу милдетинди түз аткарып:

Сыйлаганды сыйлап өтүп кетесиң,
Сыйлабастын сайсөөгүнө жетесиң.
Кыштай берген аппак, аппак карыңыз,
Жазында айдап, күзүндө алган наныбыз.
Тээ-тетиги үймөк-үймөк тоодой чөп,
Сиз келет деп малга көргөн камыбыз.
Тоо башынан күлүмсүрөп күн күлдү,
Жаз башталды аман-эсен барыңыз.

Ал жердин да элдерине салам айт,
Декабрден кечикпестен кайра кайт.

Кышты ушинтип кабагы жазылып тосуп алып, аны менен ушунчалык жакындан сүйлөшүп, кайра ушинтип жылуу узатканды буга чейин кыргыз акындарынан эч качан окуган эмеспиз. Өз табийгый натурасынан, өз талант стихиясынан чыккан оригиналдуу акын гана башкалардыкына окшобогон оригиналдуу сөз айтат эмеспи.

Райкан Шүкүрбеков поэзияны таза сактап, таланттын таланттыгын таанытууга эки тараптан тең күрөшкөн. Биринчиси — кантип изденип, кантип жаңылык киргизиштин үлгүсүн көрсөткөн көптөгөн жакшы ырларды жаратты. Адабияттагы өз ордун өзү белгилеп койду. Экинчисин — чыныгы чыгармачылык шахтыда жан алып, жан берип иштеген көмүрчүдөй жети кабат териңди жешилтип отуруп тапчу табылга болорун түшүнбөй же табият таланттан таптакыр куржалак койгонун билбей, өөдүк-сөөдүк бирдемелерди жамакташтырган болуп («Беттешүү»), анан эки сапка ыраттуу уйкаш табалбаса да «эл арасына барсаң мени билет, ырларымды сүйөт» деп мактанып («Халтурщик досума» кат, күн-түнү менен акынсынып каркылда-

www.bizdin.kg

ганы эч кимге өтпөгөнүнө карабай («Акын карга») алктарын чоң ачып адабияттын атынан жутуңдап жүгүрүп жүрүшкөн арам тамак, ач көз шылуундардын жан дүйнөсүн аңтарып таштап, сатиранын саруйгак заар тикени менен бир чекеден какшата сайгылап аябай шылдыңдап чыгат.

Куйкум сөздүү курч акын бул чыгармаларын абдан изденүү менен, айтайын дегенин нары жандуу, нары кызыктуу, нары таасирдүү кылып жеткирүүгө өтө ыңгайлуу универсал ыкмаларды тапкан. Үчөөнө тең узун өмүр берген, үчөө тең классикалык үлгүлөр. Жарык көргөнүнө туптуура кырк жыл болсо да бүгүнкүдөй жаңырып турат. Эки доор, эки түзүлүш талабы — социалисттик идеология менен азыркы саясат да эскирте албады. Андан бери адабиятта канча жаңылануу, канча өсүш болгону да күчүн кемиткен жок. Сынбастыктын сыры эмнеде? Конкрет чыгарманы конкрет талдоого алып, нарк насилин конкрет ачып бермейин чындык көзгө көрүнбөйт.

Акындын кат жазган халтурщик «досу» өз ысмы, фамилиясы, аты аталчу китеби, аткарган кызматы, так адреси бар бирөө эмес. Ал жалпылаштырылып алынган шарттуу «дос», бардык жерде — айылда, райондо, областа, борбор шаарда жашап жүрөт, болбосо автордун өз жанында иштеп отурат. Каттын өзү да өтө чеберчилик менен табылган шарттуу ыкма. Анын күчү-көңүлдө жөнөтүлгөн көк конверт адабияттагы ошондой типтердин колуна кармалбай туруп кармалып, көзүнө көрүнбөй туруп көрүнүп, жазылган дубай салам окулбай туруп окула берет. Андан баары өздөрүн табышат да, ал баарына өздөрүн таанытат.

Сөз халтурщиктин «Эл арасына барсаң мени билет, ырларымды сүйөт» деген беш өрдөгүнөн башталат. Эмне үчүн ал жокту бар кылып парпыратып жашайт. Бир жагынан өксүк жаралган өлдү же өлтүр адамдын психологиясы — тубаса айыбын билдирбеске дайыма өзүн өзү көтөрмөлөп, башкаларга өзүн өзү тең көрсөтүп жүрөт.Бери дегенде бирөөлөр ошондой ойлоп калсын дейт. Укканды ишендириш үчүн, өзү да ишенимдүү сүйлөйт. Кыргызда өзүн өзү мактагандан өлгөнчө түңүл деген макал жөн жеринен чыкпаса керек. Ошентсе да чындык көрүнбөй, таанылбай коймок беле. Ал берээкте ушинтип апыртып

www.bizdin.kg

атса, нараакта кээси «кандай таш боор киши эле, назик поэзияны уйпалаганына» кейиштүү ызырынып, кээси «бағынын чак-челекейи» деп наспай ороп жүрүшөт. Анан кантишет, Ала-Тоону ак, кызыл гүлдөрү менен алты араба кылып жазып салган ырларын окуш өзүнчө эле бир азап. Ошол үчүн окуучулар аягына чыгалбай тура качышат. Ошол үчүн ага суук карашат. Халтурщик «достун» калеми кандай шилтенерин биз деле жакындан туруп жакшылап бир карап койсок ашыкча болбос.

Мисалы, ал «Тоо» дегенди жазат,

Башталды болду, калеми өзүн ала качат.
«Көгүң сонун Ала-Тоо,
Чөбүң сонун Ала-Тоо.
Өзүң сонун Ала-Тоо,
Сөзүң сонун Ала-Тоо.
Элиң сонун Ала-Тоо,
Демиң сонун Ала-Тоо.
Карагайың жаркылдап,
Кайнар булак Ала-Тоо.
Ала-ала-ала-тоо,
Тоо-тоо-тоо.
Оо-оо-оо--» деп таппай туруп калат,
О, досум оңой эле табат.
Ала-Тоого аягына «О» болсо болду,
Өзүнөн башканын баарын жармаштырат,
Айла канча, ошол да басылып чыгат.

Мындай жол менен адабиятка аралашам дегендин тагдыры башталышы күлкү, аягы трагедия менен бүтөрүн табият берчү таланттан куржалак, адамдык нарк насил, ынсап, ыйманы жок, баарын араандай ачылган алкы менен ченеп, бычып, ошол үчүн баарына барып жүргөн халтурщик «досубуз» кайдан билмек эле. Акындык өнөр — сейрек тартууланчу зор бакыт. Ал каны менен кошо бүтүп, эне сүтү менен бирге келет. Ошол үчүн: «экинин бири болбойт акын, ыр мазмундуу, терең ойлуу болсо жүрөккө жакын. Ыр эрмек эмес, оюнчугу эмес сандырактын». Бутага алып кылдат мээлеп келаткан нокот карекке сайгандай как жарылып түштү.

Жыйынтыктап айтканда, түпкү мааниси терең, мазмунга бай, оригиналдуу табылган көркөм ыкмалар менен на-

www.bizdin.kg

гыз сатиралык курч тилге келтире ширетилип чыккан «Халтурщик «досума» кат» кечээкилерден бүгүнкүлөр кандай талашып окушса, эртеңкилер да ошондой эле кызыгып окуй беришчү көөнөрбөс чыгарма. Адабият жана ага болчу акты — кара мамиле канча жашаса, ал да ошончо өмүр сүрө берет. Бир аз шарттуураак түрдө салыштырып айтсак, анда бийлик менен байлыктын түбөлүк чечилип бүтпөс проблемасы сыяктуу, коомдук түзүлүштүн кайсы баскычында болбосун дайыма кайталанып жолуга берчү бир көрүнүш камтылган. Акын акындык өнөр менен оокат кылууга өткөн кезден бери жашап келаткан бул илдет кан кууп тамырлап отуруп, өңчөй өзөктөштөрүн азыркы адабият менен искусствонун бардык түр, жанрларына жайгаштырып салбадыбы. Түрү башка, түбү бир ошол типтер да Райкан жазган катты халтурщик «досу» менен чогуу окушуп, баары тагдырлаш экенин жакшылап билип алышсын...

Кезек күтүлүүдө, кеп токтобосун. Профессионал-жазуучу акындар арасынан көрүнгөн халтурщиктен, эми калем кармап, кагаз бетин каралабай, комуз менен ырдап чыкчулар жакка да бир кайрыла кетели. Анык кызыкка батам десең, мына ошолордун беттешке чыкканын бир көрүп кал. Адегенде эле жолукчубуз билбестерге мактанып, алдап бирдеме өндүрүп алгысы келип кыдырып жүргөн Суранчы деген сугалак ырчы экен. Бүт жан дүйнөсү, бүт ойсанаасы жалаң гана жулсам, жутсамга айланып, өлүмтүктүн жыты келсе көзүнөн чаар учуп куркулдап жөнөгөн кузгундай болуп жутунуп турган немеге колхоздун ат багары башкармадай көрүнүп кетсе керек, шыр эле комузун алып мактоого өттү.

Салам айтып сайраган,
Мен акын болом башкарма.
Сендейлерге көбүнчө,
Жакын болом башкарма.
Башкарма мага ат берет,
Ат берсе да бат берет.
Өзүнүн аты болчу деп,
Колунан кагаз бат берет.
Мен чечени болом адамдын,
Силер үчүн жаралдым.

www.bizdin.kg

Башкармага жан жетпейт,
Булар асылы болот адамдын.

Мындайлардын жеткен маданияты ушул: жарытып салам да айталышпайт, жанга жабызыраак келип, өзүнө да тарталышпайт. Мактаган адамы же анын жасаган иши жөнүндө кабар алышты билишпейт, жада калса өзүн да бирөөлөрдү чочутуп жибербегендей кылып жөнөкөйүрөөк тааныштырууга жарашпайт. Иргештирип көрчү, саламы жетип-жетпей жатып эле ат сурап кирген жанда кайсы адеп, ыйбаа, кайсы ыйман, ырыс болот. Болгондо да бат беришин, анан да документтештирип беришин шаштырат. Аны эмне кылганына, кайсы касиеттүү ырына берет. Жок дегенде саламы саламга окшосочу. «Башкармага жан жетпейт, булар асылы болот адамдын» деп бөртө-шөртө чиркелген эки сапка эрип кетип марттык кылып жиберсе, анын сапат деңгээли кайсы болот.

Ушуну менен башкага айтчу сөзү бүтүп калса, өзүнүн бакка конгон булбул, байгеден чыккан дулдул, көктө сайраган торгой экенин өөдүк-сөөдүк жамактап жаттап алгандарына салып койгулаштыра бергени жакшы эмеспи. Анткени, Суранчы сугалак канчалык оозун көп ачса, бизди тамашага батырчу жактары ошончолук чубалып чыга берери биринчи окуган куплеттерден эле билинип калбадыбы. Акын өтө ыңгайлуу сонун ыкманы тапкан. Суранчы сугалакты өзүнөн бөлөк эч ким өзүндөй кылып бүткүл туруш турпаты менен ачып көрсөтүп бере албайт «Айтышса акын койбогон» «чоң таланттын» күчүн башка сүрөтчүлөргө тарттырбай өз колу, өз кисти, боёгу менен түшүргөн автопортретинен аша таанытчу ким бар.

Токтогул менен чарпышкам,
Алымкул менен айтышкам.
Калык менен кармашкам,
Осмонкулга жармашкам.
Токтоналы, Ысмайыл,
Коркушат мага барбастан.

Кыргыздан чыккан ырчынын,
Барлыгы менен талашкам.
Жиниме тийсе кээ бирөө,

www.bizdin.kg

Талаштан кийин сабашкам.
Жаакты жанып айтышып,
Далайларды жадаткам.

Ушул саптар менен өзүн көкөлөтөм деп мурдатан даярдап алган дасмиясы тамам болду. Мындан нары жаңы сөз кошуп, дагы улант десе да уланталбайт. Чама-чаркы ошондой. Саламдашам деп өзүн өзү шылдыңдай баштаса, талантын таанытам деп андан бешбетер келекеленип алды. Сүткө түшкөн коңуздай болуп бүт бар-жогу, табийгый натурасы менен көз алдыңа калдактап даана көрүнүп келатат. Эгерде айыбын өзү ачыкка чыгарбаса, мурдунан өпкөсү көрүнүп турган жел көкүрөк мактанчаактыгынан башка, «жинине тийсе кээ бирөө, талаштан кийин сабашкан» зөөкүр чалыштыгы да бар экенин ким билмек. «Жаакты жанып айтышып, далайларды жадатканында» иш бар. Абдан орундуу колдонулган антитеза. Аңын жаагы өзү тооруштум деген Токтогулдукундай же Калык менен Осмонкулдукундай чыныгы төкмөлүк күчүн билдирген мааниде жаңылбай, ой-кырдын башын бир оттоп чалдырап көп тантыганынан жадатып жатпайбы. Ошонусун жарыялоодо.

Сугалак ырчы Суранчынын сөзсүз түрдө аткарчу бирден бир баш милдети — жулуп алуу болгон соң, кайра эле ошол жакка кайрыла берет. Баарын таштаса да, аны калтырбаш керек. Бүтүндөй тирүүчүлүк жол-жобосу ошого байланган. Азыркы өзүн өзү апыртып мактаганы да ошол иштин жерпайын бекемдөөгө жасалган аракет. Көрүнбөс кайырмакка илинген опкок кызыл кекиртек дагы баягы тарапка тартылып, күткөнүн күпүлдөтүп айттырып кирбедиби.

Кана, бересең болсо алып кел,
Толтуруп капка салып кел.
Акча берсең аламын,
Айласын өзүм табамын.

Мен нускалуу сөздүн түркүгү,
Сайраган бакта күкүгү.
Ала берем, бере бер,
Аюу, суур, түлкүнү.

www.bizdin.kg

Сайрай берсем түгөнбөйт,
Акылдуу сөздөн миң күнү.
Ала берем, бере бер?
Мен дагы жүрүп, кетем бир күнү.

Кинокадрда ассоциативдүү элестер шарт-шарт алмаштырылып көрсөтүлүп тургандай, сугалак ырчы Суранчынын кайрадан сурамайга жалт бурулушу, анын фигурасын дагы кыйла толуктап таштады. Арааны ушунчалык ачылып алыптыр, деле эч нерсени ылгабай акча болсо да, аюу, суур, түлкү болсо да баарын оп тартып кеткидей. Акындын чеберчилигин мындан көр: бир эле учурда эки тарабынан тең кармап: бир жагынан, ырчымын деген абалын аңдаштырып жатса, экинчи жагынан, адамдык аты затынын түп нускасын ажыратып билүүдөн өткөрүп баратпайбы.

Саламын сурануу менен баштап, кайра сурануу менен сөзүн токтоткон Суранчы өзүн өзү жетишерлик даражада ашкерелеп берди. Бүттүбү, жок, анысы жактыбы, жакпадыбы, туурабы, туура эмеспи, баары бир саламга алик болуш керек. Ал кантсе да бирөөгө кайрылбадыбы. Башкарма эмне дейт экен? Эгерде акты-караны ажырата биле алса, анда чындыктын жообу айтылууга тийиш. Ал аркылуу акындын ачыкка чыгарбай ичтен карманган позициясы билдирилип, жарыяланбас тыянак баасы берилет. Автор тапкан ойду айтуунун жаңы формасы ошону күттүрөт. Муну ар бир эле окурман сезе бербейт. Эмесе жоопту угалы. Сөз конкрет далил менен бекемделсин:

Таласка бардың тамтаңдап,
Алайда жүрдүң антаңдап.
Чүй боорунда жүрөсүң,
Кыдырып жөө шампаңдап.
Ырдын баркын кетирбей,
Ыгы жок ырчым, жолуң тап.

Тас маңдайга жара чапкандай таамай да, катуу да тийди окшойт. Жетчүгө ушул сөз эле жетишмек. Бирок, Суранчыны ушунчалык сугалак кылган ит оорусу кайсы ноктордо безденип турганын көрсөтүп, анан аларды кантип кестирип таштап, кандай жол менен айыктырса болорун түз айтып коюш да адамдык парзы. Ыры начар кишинин

www.bizdin.kg

колу шок болот деп түлкү кармап беришке колхоздо түлкү ферма жок, акылсыздын аюу таап кел дегенин кантесиң, ноктолоп мингиң келсе, аркан алып тоого бар. Акчага колун сунуп акыйып карап тургуча мени менен кетмен чап, ырды эмне кыласың? Аңылдап-уңулдабай адал эмгек кыл, ырдын да убалы болот. Атбагардын акыйкат сөзүнө акын да, биз да кошулабыз. Бирок башталган жоопту ортодо киришип жиберип оозго салган чычканын чала чайнап арманда калган мышыктай кылбайлы. Айтар сөзүн толук аягына чейин айтып, бир моокум жазып, тишинин кычуусун кандырып алсын.

Ырды, акынга бергин ырдасын,
Алты сан журтум жыргасын.
Ырчынын атын булгабай
Айылда жүргүн курдашым.

Жадатпай элдин кулагын,
Качкым келип турамын.
Сени ырдатып уккуча,
Мен, дагара сабап угамын.

Токтогулду баш кылып,
Ырчыларды жайладың.
Уйкулуу башка не келбейт,
Ал түштү качан көрдүң кайраным?

Турмушта ар ким өз ордун таап, өз милдетин өтөсүн. Табият ага кайсы шык, жөндөмдү каны менен кошо жаратып берген. Чеченге — тил, ойчулга — аналитикалык акыл, ырчыга — кооз үн, сүрөтчүгө — кист, композиторго — музыкалык угуу жөндөм, акын менен жазуучуга — көркөм сөз тартууланган. Бирөөнүн өнөрүн бирөө жандили менен берилип сүйүшү мүмкүн. Чыгарманын эстетикалык табиятын эң жакшы түшүнүп, ал жөнүндө каалаган чөйрөдө каалаган убакытка чейин мисалдатып чечмелеп сайрап бериши мүмкүн. Бирок, өзүндө табийгый талант болбосо, чечен үн созуп кубулжутуп ырдай албайт, композитор чечендей сүйлөй албайт, сүрөтчү комузчу болалбайт, комузчу ыр жазалбайт, философ бийчи болалбайт, бийчи куудулдана албайт. «Ырды акынга бергин ырдасын, алты

www.bizdin.kg

сан журтум жыргасын, ырчынын атын булгабай, айылда жүргүн курдашым» деген саптарда дал мына ушундай терең ойлор өкүм сүрөт. Жердигинен ырчылыгы жок адамдын ырчы болом деп жулунушу, өңү серт туулган жан жасанып сулуу болгусу келгендей эле күлдүрүп туруп ойлонтчу, ойлонтуп туруп күлдүрчү ачуу чындык.

Суранчыдай сугалактарда намыс да болбойт, ар да болбойт. Ысмайыл айткандай «туура сөзгө жыгылбайт, тура эле кайра дырылдайт». Ага айткан эмне, ташка айткан эмне, «сени ырдатып уккуча, дагара сабап угамын» дегендей чечекейге сайылып, сөөгүн көзөп өтчү ачуу сынга деле моюн бербей дале өлө-тала жутунат.

Башкарма десем сен белең,
Сен деле мага тең белең.
Менин атым Суранчы,
Кыргыз жок мени көрбөгөн.
Азыр сени көрөмүн,
Азыр ырды төгөмүн.
Ажалым жетсе өлөмүн,
Ал эмесе жөнөдүм.

*(Элди карап)*

Кайда жөнөйт, каерге чейин баралат, дагы айтчу сөзү калды беле, калса кайсыны айтат. Эмне, көз ачып, жумганча эле кескин өзгөрүп, жаңыланып кеттиби. Демине караганда баятан бизге көрүнбөй көмүскөдө бугып жаткан бир күчү бар болуп жүрбөсүн. Балким, биз тыянакты эртелеп чыгарып койгондурбуз. Ал амал менен ардеменин башын бир чүргөмүш этип атбагарды алдап келип, эң акыркы чечүүчү соккуда өзүн чындап тааныткан жаткандыр. Таянчу бир тирөөч, бир чоң ишеними жок адам атайылап элге карап ырдашка даап барышы кыйын. Баарынан катуу сыноодон ушулардын алдында өтөт. Балким, таланты жаңыча жарылууга мына азыр ыңгайлуу шарт түзүлүп, жолу ачылып тургандыр. Балким, жана «башкармадан» бир аз тартынып, кысылып калгандыр. Ал ушунчалык ачыкка чыгып алган соң, деле ырдабай койбойт. Анда эмесе жөнөсө, жөнөсүн. Тотудай да, булбулдай да, оолугуп да, үшинтип да, торгойдой да, көшүлтүп да сайраганын адамдар талыбай уккан ырчы бүт эмгекчи агайын менен кай-

www.bizdin.kg

та-кайта «амансыңбылап» учурашып кирди. Кунт коюп угуп көр, кыймылына да көңүл бур:

Жазга маал болгондо,
Байчечекей гүл жайнайт,
Жоголсун бизден жалкоолор.
Кыз-келиндер сүйгүлө,
Эркектерге тийгиле.
Ашыктыктын айынан,
Жай, жайыңда жүргүлө.
Эмесе нускалуу сөздөн бир сабак.
(*токтоп, кайра*)
Амансыңбы агайин...
(*токтоп, кайра*)
**Мен торгою болом акындын,**
**Мен күкүгү болом акындын.**
**Мен үпүбү болом акындын.**
**Саламат эсен барсыңбы?..**
**(Таппай калып жеңин чечет)**
**Сен урушайын дейсиңби?**
**Сен эми...**
(*жөтөлөт*).

Адегенде асты сызылган саптарга бир көңүл буруп алып, анан сөз баштайлы. Жандуу картина, мыкты режиссёр мыкты жазылган интермедияны мыкты актерго ойнотуп жатат. Ар бир кыймыл, дабышы, жапан күчкө салып омуроолоп жүткүнгөнүнөн, чыккан үндүн тонуна чейин, ыйынып калп жөтөлгөнүнөн, кол жаңсаганына чейин көзгө көрүнүп, кулакка жетип турат. Негизгиси, бул чыгарманын бир өмүрү сахнада өтүшкө эсептелиптир. Экөө биринбири күтүп жүрүшүптүр...

Алдыда Суранчы сугалактын «ырчылык» чаркы менен адамдык «наркын» бир эле кишинин, айтышкан атбагардын көрүп, билгени баарын бүтүрбөйт окшобойбу. Азыр «бүт эмгекчи агайыны» тааныганы өтө жаман болду. Эми көпчүлүктүн көзүнө түшүп, көпчүлүктөн өз баасын алат. Шойкун адат да оңой эмес, ал тыйыл деген сайын күчөп чыгат. Бая «талаштан кийин сабашкам» деген сөздүн чындыгын азыр уйкаш табалбай калса жеңин чечинип, «Сен урушайын дедиңби? Сен эми...» деп иш жүзүндө көрсөтө

www.bizdin.kg

баштабадыбы. Суранчы ушинтип «ырдап» жатканда, эл анын өз баасын берип, өз ордуна коюп таштады.

Сөз жебеген, сөз баалабаган, алам-жуламдан башканы түшүнбөгөн, акыйкат менен иши жок, ой-тоонун башын оттоп, ырдай албаса жөтөлүп, уйкаш таппаса жеңин чечип ыргытып, мушташканга камынган мындай комуз кармаган адам кейиптүү гөртүркөй арам күчтөн же качып, же жеңилдим деп алкына бирдеме сунуп кутулбастан башка арга жок. Ал күн баткандан таң атканча, таң аткандан күн батканча ушинтип «ырдашып жеңе» берет. Анда атбагар да акыркы жообун берип, өз бүтүмүн чыгарсын:

Уйкашпаса ырларың,
Бар тура запас чырларың.
Эч ким укпайт ырыңды,
Тээ тоого барып ырдагын.
Чайнектей экен муштумуң,
Кой, мен мушташалбайм тууганым.
Мен ырчы деле эмесмин,
Сени көрүп ырдадым.

*(кетет).*

Атбагардын кетип калганы эң туура болду. Ал жөн кеткен жок, ырчынын атын жамынып жүргөн сугалактын түп нускасын тээ ичкертен аңтарып алып чыгып, баарыбыздын алдыбызга таштап кетти. Ал жеңдим деп да, жеңилдим деп да бир сөз айткан жок. Бирок моральный утуш ошонуку, чындыкты ошол көрсөттү. Утук — чындыктын утугу. Баятан угуп турушкан окурмандар да Суранчыны колун сунуп тиленип жаткан боюнча калтырып салып, атбагардын артынан жол тартышты. А Суранчы болсо дале эч нерсе укпагандай да, көрбөгөндөй, өзүн өзү жеңиш ээси кылып алып,

Үшүнтүп, айтышсам акын койбоймун,
Өзүм ырга тойбоймун.
Ботодой боздоп отурсам,
Уккандын баары сагынат,—

деп зоңкулдап жатат. Жанында эч ким калбаганы менен да иши жок. Атбагардын кетип калышы менен эле бүтүрүп койсо жетишмек. Анда акын эмне үчүн Суранчыны дале

www.bizdin.kg

ордунда кармап тантытып атат. Мында зор маани бар: тээ орто кылымдагы Токтогул ырчынын тушунда деле, Арстанбек менен кийинки Токтогул жашаган доордо деле, кечээки Осмонкул менен Ысмайылдын маалында деле Суранчыдай ырчы тонун жамынып, ырчынын атынан чыкчулар болуп келген, азыр да бар, мындан нары да улана берет деген ой билдирилет. Суранчы бекерден элге кайрылып «кечиресиз туугандар, кээде ушу мендей ырчы да бар» — деп айтыптырбы. Бул чындык да төкмөлүк өнөр өмүрү бүткөнчө чечилбей кете берчү түбөлүктүү проблема. Райкан Шүкүрбеков ушундай терең ойду мазмун менен формасы табийгый түрдө айкалышкан нукура юморлуу күлкүгө толтура шыкалган көркөм чыгарма аркылуу туюнтуп берген.

«Халтурщик «досума» кат» менен «Беттешүүнү» акын дагы бир маанилүү бурчтук менен толуктайт. Ал тигил экөөнөн айырмаланып, поэзиянын бийлик күчү менен алгысы келген өзүнчө жаңы тип. Жаңы тема, жаңы идея, жаңы ойлордун табияты жаңы форма, жаңы ыкма, жаңы көркөм туюнтуу каражаттарын талап этет. Бул акыйкатты ачып чыгышка Райкан Шүкүрбеков тамсил жанры аркылуу кирип, жакшы жол тапкан. Сөз «акын карга» жөнүндө баратат. Ырас, андай «таланттар» убактылуу акын да болушат. Себеби басма колунда, баары ошого көз каранды. Мансап күчү кузгунга окшогон «олуя» сынчыларды да жаратып алат. Кошоматчылар токойдо сенден башка булбул жок деп макташат. Китеп артынан китеби ызылдап чыга берет. Өзү да чоң ишеним менен жашап калат. Бирөөлөрдүн тагдырын чечет. Эч кимди укпайт, баарын өзүм билем менен бүтүрөт. Жеке пайдасы үчүн гана камылга көрөт. Акырында чоң үмүт менен жүрүшкөн жандоочтору да күдөрүн үзүшүп башка жол издеп кетишет.

Карга болсо каркылдагандан каркылдап атат. Бирок, аны эч ким акын деп эсептебей койду. Акын болуп туулган эмес экен, аягында карга карга бойдон калды. Көркөм чыгармачылык бийлик иши эмес, мансап ыр жазбайт, кошоматчы чындыкты айтпайт. Табият тартуулабаганга күчкө салып жетем дегенди ушундай трагедия күтөт. Мындайларга адабияттан орун тийбейт. «Чын талантка берүү керек, суктанарлык поэзияны». Акыйкат сөз, дагы далайдалай мезгилдерге чейин жаңырыктап угула берет.

www.bizdin.kg

Мына ушуну менен турмушка ой жүгүртүп талдап, караган кыл чебер сатирик Райкан Шүкүрбеков талант күчү, нарк насил, ыйман, ынсап тазалыгы кандай адам поэзияга ак кызмат өтөйт деген ойлордун үч бурчтук чындыгын баарыбызга конкрет көрсөтүп, баарыбызды терең ойлонтуп койду.

Акындын башка темаларда жазган «Бөрү басар», «Короз», «Түлкү менен теке», «Чымын менен карышкыр», «Сагызган менен түлкү», «Ат менен эшек», «Эки эчки» сыяктуу жанрдын табият талабына жооп берерлик жакшы тамсилдери көп. Сатиранын бул формасын жаңы баскычка көтөрүүдө эң башкы орун Райкан Шүкүрбековго таандык. Анын ысмы аталбай, чыгармалары окулбай деле кыргыз сатирасы жөнүндө кеңири жана объективдүү сөз болушу мүмкүн эмес. Акындын таланты чындап төгүлгөн жылдар кыргыз адабиятында тамсил менен юмордун өзүнчө эле бир гүлдөө доорун түзгөн экен десек жарашат.

Дегинкиси эч ким окуп, үйрөнүп сатирик болалбайт. Сатира Райкан Шүкүрбековдун табийгый стихиясы. Ал — тубаса сатирик, сатира үчүн туулган талант. Энеден ыйлап түшпөй, юмор менен түшүп, юмор менен оозанган талант. Юмор — бүткүл чыгармачылык кан-жаны; поэзиясы менен прозасына, драмалары менен интермедияларына ичкерткен жагымдуу жылуулук жиберип, окурманды өзүнө тарттырып турчу көркөм күч, ийкемдүү терең акыл табылгасы. Ал жазуучулук шык дүрмөтүнө кошо ички маданияты өтө жогору, табият берген интеллекти менен мырзалыгы бар адамдардын гана шыбагасына бүтөт. Бекеринен Гёте «Юмор — один из элементов гения» — десе, Бернард Шоу «Нет ничего серьезнее глубокого юмора» — дептирби. Акыйкатта да Райкан Шүкүрбековго чейин кыргыз адабиятында юмордун жылдызы мынчалык жаркырап жанган эмес. Муну бүгүн мезгил сыны да көрсөттү.

Райкан Шүкүрбековдун анык аналитик, психолог акын, реалист сүрөтчү экендигин жеткире ачып чыгыш үчүн, анын «Жинди суусу» менен түрдүү темада жазылган «Термелерин» окуш керек. Конкрет талдоого алып, чоң жана кызыктуу сөз жүргүзчү даана классикалык чыгармалар деп мына ушуларды айтууга тийишпиз.

www.bizdin.kg

# ОСМОНОВ АЛЫКУЛ

*(1915—1950)*

Алыкул Осмонов өтө кыска өмүр, сүрсө да, кыргыз совет адабиятын, асыресе поэзиясын профессионалдык даражага көтөрүшкөн, жаңы сапаттагы улуттук көркөм сөз казынасына салмактуу үлүш кошкон калемгер. Анын чыгармачылык мурасы көп сандаган ырлар менен поэмалардан, котормолордон, пьесалардан куралат. Бирок ал мурастын чордондуу жери — оригиналдуу поэтикалык чыгармалар.

Осмоновдун ысмы улуттук китепкөйлөрдүн аң-сезиминен ардактуу орун ээлеген. Анын мыкты ырлары, поэмалары, поэзиялык котормолору кайта-кайта басылып жатат, окуу китептеринен жана хрестоматиялардан түшпөй келет, айрым оригиналдуу жана котормо пьесалары республикалык театрларда коюлуп жүрөт. Жазуучунун чыгармачылыгы орто мектептерде, жергиликтүү жогорку окуу жайларынын кыргыз филология факультеттеринде атайын окутулат. Айтор, Алыкулдун чыгармачылык мурасы калкыбыздын азыркы рухий дүйнөсүндө активдүү өмүр сүрүүдө.

Осмоновдун поэзиялык китептери орус тилинде да бир нече жолу басылып чыгып, көрүнүктүү советтик жазуучулардын жакшы баасын алган. Деги биздин акындын ысмы СССР мезгилиндеги өлкөлүк адабий чөйрөгө, асыресе улуттук адабияттардын тарыхый-теориялык маселелерин изилдеп жүргөн адистерге, акын-жазуучуларга, ыр ышкыбоздоруна тааныш болгон.

Осмоновдун акындык табылгалары кыргыз совет поэзиясын жаратуучулардын кийинки муундарына күчтүү таасир



// Кыргыз адабиятынын тарыхы.-Б:-2002.-С-415.

www.bizdin.kg

тийгизген. Аны көзү тирүүсүндө эле айрым жаш акындар (Э. Узакбаев, С. Эралиев ж. б.) туурай баштакан. Көзү өтүп, акындык атагы катуу чыкканда Осмоновду ээрчип ыр жазуу өзүнчө модага айланып, бир катар жылдар бою уланган. Биздин поэзияга Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин, 1950—60-жылдары келгендердин арасында айтылуу акыныбыздан тике же кыйыр таасир албагандар, анын көркөм тажрыйбасынан азыктанбагандар жокко эсе. Алыкулдун ыр өнөрүнөн таасир, өрнөк алуу биздин адабий турмушта эмдигиче өксүй элек. Анын адабий мурасы акындык кесипке талаптангандар үчүн өнөгөлүү таалим-тарбия мектеби катары кызмат өтөөдө.

Улуттук адабий чөйрөдө акындын чыгармачылык кадыр-баркы көзү өткөндөн кийин көп узабай бийик көтөрүлүп, ошол абалынан дале төмөндөй элек. Буга бир айкын далил: Р. Шүкүрбеков, Н. Байтемиров, С. Эралиевдерден азыркы жаш калемдерге чейинки акындардын катарында Осмоновго атайын ыр арнабагандар же ага деген урмат-сыйын ырга кошуп жар салбагандар өтө сейрек. Алыкулдун өмүрүнө арналып көлөмдүү көркөм чыгармалар (мис., К. Жусупов. «Ыр сабындагы өмүр»; М. Буларкиева. «Алыкул» ж. б.) да жазылды.

Осмоновдун чыгармачылыгы кыргыз жазма поэзиясындагы жаңыча көрүнүш экенин анын тирүү кезинде эле айрым кыраакы калемдештери, тактап айтканда, Ясыр Шиваза, Кайсын Кулиев, Темиркул Үмөталиев таасын байкашып, басма сөз бетинде жарыя айтып чыгышкан[1]. Ошентсе да, өзү айткандай, «кыйын жашап, жакшы жазган акын» чыныгы баасын өлгөндөн кийин алды. Анын оригиналдуу, жаңычыл, чоң арыштуу сүрөткер экенин илимий багытта адеп ачып көрсөткөн, жан-дили менен кайра-кайра жар салган, анын поэзиясына улуттук адабият ишмерлерин жана окурмандар журтун мурдагыдан башкача көз менен караткан сынчы Шаршенбек Үмөталиев болду[2]. Андан кийин Осмонов чыгармачылыгынын жалпы жана жеке маселелерин козгогон кандидаттык диссертациялар жазылып, баары түгөл өзүнчө китеп түрүндө басылып чыкты[3]. Акындын поэзиясы тууралуу атайын макалалар К. Артыкбаев, К. Асаналиев, К. Бобулов, М. Борбогулов, К. Даутов, К. Укаевдер тарабынан

www.bizdin.kg

жазылып, аларда айрым көңүл бура турган байкоолор, пикирлер, тыянактар айтылды. Бирок жалпысынан алганда да, кээ бир жактарын алганда да Осмоновдун чыгармачылыгы бийик тарыхый-теориялык деңгээлде али толук изилдене элек, бүтүндөй бойдон жаңыча каралып чыга элек.

* * *

Алыкулдун жекече өмүрүнө байланыштуу фактылар али тактала элек. Маселен, жарыяланган биографиялык маалыматтардын баарында А. Осмоновдун 1915-жылы туулганы айтылат. Ал эми акындын менчик документтеринде, асыресе аскердик жана профсоюздук билеттеринде анын туулган жылы 1914-жыл менен белгиленип жүрөт[4]. Белгилүү «Жазуучулук баянымда»: «1927-жылы, он үч жашымда...» деген кыстырма сөз бар. Ушу боюнча эсептегенде да Алыкулдун туулган жылы менчик документтеринде жазылган датага туура келет. Бирок 1915-жыл анын туулган жылы катары официалдуу мүнөз алып, жалпы калайыкка белгилүү болуп калды.

Акындын туулган жери дайын: Чүй өрөөнүнүн батыш тарабындагы, азыркы Жайыл районундагы Каптал-Арык кыштагы.

Осмоновдун кичинесинде томолой жетим калып, балдар үйүндө тарбияланганы күмөн туудурбаган факт. Бирок анын кайсы жердеги жетимканага качан кабыл алынганы тууралуу так маалыматтар жок.

Акын А. Токтомушев 1927-жылдын майынан 1928-жылдын орто ченине дейре Токмоктогу № 2-интернатта Алыкул менен бирге окуган. Ал эки жолу басма сөз бетинде Алыкулдун беш жашар чагында Пишпек жетимканасында тапшырылганын, ал балдар үйү кийин Токмокко көчүрүлгөндө Алыкул да Токмокко барып калганын айткан[5]. Буга караганда Алыкул, эгер 1914-жылы туулса, анда 1919-жылы, эгер 1915-жылы туулса, анда 1920-жылы Пишпек жетимканасына өткөн болот.

«Жазуучулук баянымдагы» маалыматтар боюнча, А. Осмонов 1925—1929-жылдары Токмок шаарындагы интернатта, 1929-жылдан Фрунзедеги педтехникумда окуган; 1932-жылы оорунун айынан окуусун таштап, жаңы ую-

www.bizdin.kg

шулган «Чабуул» адабий журналынын редакциясына кызматка орношкон. 1930-жылдардын экинчи жарымынан тартып көзү жумулганча Алыкул эркин сүрөткер абалында эч жерде иштебей жүргөн.

Алыкул Осмонов 1939-жылы Советтик жазуучулардын жоон тобу менен бирге «Ардак белгиси» ордени менен сыйланган. Анын жалпы адабий мурасы 1967-жылы Кыргызстан Ленин комсомолунун сыйлыгына арзыган.

* * *

Алыкулдун адабий өмүрүнө, асыресе оригиналдуу акындык өнөрүнө тиешелүү фактылардын мерчемдүүлөрүн жалпы жонунан таасын белгилеп өтүшкө толук негиз бар. Анын «тырмак алды» ыры 1929-жылы Токмок мектеп-интернатынын дубал газетасына жарыяланган. Талапкер акын басма сөз бетине 1930-жылы сентябрь айында «Кызыл жүк» аттуу ыры менен чыккан. Ал «Сабаттуу бол!» газетасына басылган. Ошондон тартып анын ырлары газеталарга, альманахтарга, «Чабуул» журналына жарыялана баштаган. Акындын көзү тирүүсүндө оригиналдуу ырлары менен поэмаларынан куралган «Таңдагы ырлар» (1935) «Жылдыздуу жаштык», «Чолпонстан» (1937), «Махабат» (1945), «Жаңы ырлар», «Менин жерим — ырдын жери», «Балдар үчүн» (1947), «Жаңы ырлар» (1949) деген, көзү өткөндөн кийин «Ата журт» (1958) деген китептери жарык көргөн. Осмоновдун калеминен чыккандардын баарын толук дегидей камтыган үч томдук «Чыгармалар жыйнагы» 1964—1967-жылдары басылып чыккан.

А. Осмоновдун оригиналдуу акындык жолу болжол менен эки баскычка бөлүнөт: биринчиси 1929-жылдан 1944-жылдын аяк ченине чейин, экинчиси 1944-жылдын ноябрынан 1949-жылдын сентябрына чейин созулат. Эң соңку бир жылдык өмүрүндө акын жан кайгысын тартып, катуулаган оорусу менен алышып, көркөм чыгармалар жазган эмес көрүнөт, эгер жазган болсо да, алар кандайдыр кокустуктардан улам сакталбай калган сыяктанат.

А. Осмоновдун биринчи жарыяланган ырлары жалпы идеялык-көркөмдүк сапаты, айрыкча ырдык касиеттери (фактурасы) жагынан өтө эле комсоо көрүнөт. Албетте, муну эң оболу талапкер акындын балалык курактан али

www.bizdin.kg

чыга электиги, ыр жазуу тажрыйбасы али жоктугу менен түшүндүрсө болот. Дагы бир эске алчу себеп: эгер көп кылымдык жазма салттары бар өнүккөн адабияттарда акындык өнөргө талпынган жаш өспүрүмдүн биринчи элдир-селдир жазган ырлары демейде газета-журналга жарыяланбаса, өзгөчө тарыхый-маданий шарттардан улам А. Осмоновдун жаңы үйрөнчүк калеминен чыккан начар ырлары эч такаатсыз жарык көрө берген.

Акындын жашы өйдөлөп, чыгармачылык тажрыйбасы бир кыйла арбыганда жазгандары деле биринчи ырларынан анча алыс бара алган эмес. Анын 1930-жылдары жараткан поэзиялык чыгармалары жалпы жонунан жармач келип, жадагалса ошол мезгилдеги кыргыз поэзиясынын орточо деңгээлине жетпей турган.

Туңгуч ыр китептеринде («Таңдагы ырлар», 1935; «Жылдыздуу жаштык», «Чолпонстан» 1937), Осмонов башка калемдештериндей эле жаңы доордун салтанат курганын, элибиздин бак-таалайга бөлөнгөнүн, жергебиздин кереметтей өзгөргөнүн, эскиликтин заманасы куурулганын, жаңылыктын арааны жүргөнүн, жаштардын жалындуу демилгеленген көтөрүңкү пафос менен, шаңдуу үн менен ырга кошкон; дүйнөдө, СССРде жана республикабызда болуп турган маанилүү окуяларга, белгилүү календарлык даталарга, ошо кездеги атагы чыккан кишилерге арноолор, ар кыл чакырыктар, марштар, декломациялык саптар жазган; өмүр, дүйнө, ашыглык жөн-жайынан сыр чертүүгө далалаттанган. Айтор, башка замандаш акындар кандай темаларга кайрылса, а да ошолорго кайрылган. Бирок темалардын иштелип чыгышы, көркөм ойлордун айтылышы жагынан жаш акын оригиналдуулук көрсөтө албай, тек ошол кездеги карапайым аң-сезимде өкүм сүрүп турган, актуалдуу саясий үгүт-насаатта, мезгилдүү басма сөздө жана поэзияда жар салынган көз караштарды, ой-пикирлерди, түшүнүктөрдү үстүртөн кайталаган; жандуу турмуштан алган таасирлеринен, өз өмүрүнүн оош-кыйыш тажрыйбасынан, дүйнөнү өз алдынча таанып-билүү аракеттеринен жугумдуу идеялар сыгып чыгара алган эмес, жазып жаткан темаларына карата жекече адамдык мамилесин билдире алган эмес.

1930-жылдары Осмонов акындык техникасы жагынан деле анча алдыга озуп кетпеген. Анын ошо кездеги ырла-

www.bizdin.kg

рында куюлушуп турган мукамдуу сүйлөмдөр, ой-сезимге кадала калчу чукул саптар, чукугандай табылган адеми уйкаштар чочугандай анда-санда бир учурайт. Жалпысынан алганда, анын көркөм ыкмалары, ырдык техникасы, акындык сөздүгү кыйла эле жупуну, анча деле таасири жок.

Жаш чактагы ырларынын жармачтыгы, албетте, Осмоновдун тубаса акындык талантынын жармачтыгынан келип чыккан эмес. Тек ал кезде акындын турмуштук жана чыгармачылык тажрыйбасы аз эле, жалпы жана профессионалдык билими деле тайыз болчу. Ал эми тажрыйбанын жана маданияттын жардылыгы жазган чыгармаларга тамга салбай койбойт. Экинчи жактан, ошо кезде Осмоновдун чыныгы поэзия тууралуу түшүнүгү бүдөмүк, жандуу эстетикалык сезими мокок, тилдик туюму (интуициясы) жакшы өнүгө элек кези. Демек, анын нукура акындык кудурети, мүмкүнчүлүктөрү али көмүскөдө бугуп жаткан; анын жекече өмүрлүк тажрыйбасы, турмуштан алган менчик таасирлери, өзүмдүк толгонуулары, кайгы-кубанычы, ой-сезимдери ырдык шекилде козголуп чыкпай, ыр тилинде айтылбай, тереңде кыймылсыз катылып жаткан. Туңгуч жыйнактарындагы ырлар ойдогудай чыкпай калганынын башкы себебин акын өзү кийинчерээк кыраакы баамдап, «Жазуучулук баянымда» абдан туура белгилеген: «...турмуштан четтеп, шаардын тар рамкасында болуп, жалаң окуган китептер боюнча жазып калдым».

Демек, 1930-жылдары Осмонов да иллюзиялуу рухий дөөлөттөрдүн, жалган чыгармачылыктын, поэзия тууралуу үстүрт түшүнүктөрдүн алкагында жүргөн. Буга анын ошо кезде нукура поэзия дөөлөттөрүн жарата албаганы айкын далил. Эми ал же ошол алкакта биротоло калышы керек эле, же андан шарт суурулуп чыгышы керек эле. Азыр биз жакшы билебиз: Алыкул кыйналып жүрүп акыры чыгармачылыктын чыныгы жолуна чыккан.

Акын ушу жолго чыгышына кандай шарт-себептер көмөктөш болду?

Белгилүү го, акындын өз алдынча чыгармачылык жол табышы анын дүйнөнү түгөл кайра ачып чыгышы менен тең барабар. Бул жалгыз эле акындын энчисине байланган жумуш эмес, ар бир адамдын парзы. Ушуга байла-

www.bizdin.kg

ныштуу белгилүү советтик психолог С. Л. Рубинштейн мындай деген: «Адам индивид катары адамзатка тиешелүү билим табылгаларын ачпайт, тек гана өздөштүрөт дешет, бул, чынында, адам ошол билим табылгаларын адамзат үчүн ачпаса да, өзү үчүн сөзсүз ачыш (мейли, «кайра ачыш») керек экенин гана билдирет. Адам өз мээнети менен тапкан нерсеге гана чындап ээ боло алат»[6].

Адабияттагы, асыресе поэзиядагы ачылгалар көбүнчө сүрөткердин өзүн өзү ачышы менен шартталат. А. М. Горький да ушу маселеге өзүнүн бир катында атайын кайрылып, адабият майданына келген киши канткенде оригиналдуу чыгармачылык дидаары менен көрүнөрүн же кантип өз үнү менен сүйлөп кетээрин мындайча чечмелеп түшүндүргөн:

«Өзүнүн жекече (субъективдүү) таасирлерин иштеп чыгып, алардан көпчүлүккө кызыктуу (объективдүү) маани таап, анан өзүнүн элестүү түшүнүктөрүнө өзүнчө форма бере алган адам — ал сүрөткер...

Мен ишенем: ар бир адамда сүрөткердик данек бар, эгер адам өз туюмдары менен ой-пикирлерине кылдат мамиле кылса, ал данек өнүп чыгып, көгөрүп-көктөп кетет.

Адамдын алдына: өзүнө, турмушка, адамдарга, белгилүү бир фактыга карата субъективдүү мамилесин таап, ошол мамилесин өзүнүн формасы менен, өзүнүн сөздөрү менен конкреттүү айтып берүү милдети коюлат»[7].

Бирок жаңыдан жазып жүргөндөр чыныгы чыгармачылыктын кени өздөрүндө, өздөрүнүн менчик тажрыйбасында, жекече ой-сезимдеринде, дүйнөгө карата субъективдүү мамилелеринде экенин демейде таназар алышпайт да, китептик таасирлерге көбүрөөк азгырылышып, басылып чыккан чыгармаларга бардык жагынан окшоштуруп жазууга ашкере жан үрөшөт. Азыр эле цитаталанган катында Максим Горький муну да кыраакы баамдап, таамай айткан: «Адамдардын көбү субъективдүү элес-түшүнүктөрүн иштеп чыкпайт; адам өз башынан кечирген ой-сезимдерге айкын жана таамай форма бергиси келгенде, ан үчүн даяр формаларды: бирөөлөрдүн сөздөрүн, образдарын, сүрөттөөлөрүн пайдаланат да, үстөмдүк кылып турган жалпыга ортоктош пикирлерге багынып, өзүнүн эле ой-сезимдерин да куду бирөөнүкүндөй формага салат».

www.bizdin.kg

«Жазуучулук баянымда» А. Осмонов өзү 30-жылдары өтө көп окуганын атайын белгилеген. Анысын акындан мурас калган архивдик материалдар да толук ырастайт[8]. Арийне, ошол көп окуганы жаш акындын бир чети «жалаң окуган китептер боюнча жазып калууга» (демек, литературщинага) жетелеп келсе, бир чети ошол китептик таасирлерден бошонуу зарылдыгын сезүүгө жеткирген. Дүйнөлүк адабияттын нускалуу үлгүлөрүнөн таалим алганы, алардын айрымдарын которгону жаш акындын жалпы аң-акылын жана баамын кеңейтип, адабий түшүнүктөрүн айкыныраак кылып, жандуу эстетикалык сезимин ойготкон. Натыйжада ал өз чыгармачылыгына чоочун көз менен кароого, ошондой эле жазгандарынын реалдуу баасын жана өзүнүн адабияттагы калпыс абалын түшүнүүгө белгилүү даражада мүмкүнчүлүк алган.

Ошентсе да А. Осмоновдун өз алдынча ойлоно билген сүрөткер катары калыптанышы үчүн жекече турмуштук тажрыйбасы жана жекече тагдыры аныктоочу мааниге ээ болгон деп тайманбай айтууга негиз бар. Осмоновдун жекече адамдык тагдыры кыйын болгону белгилүү. Бармактайынан томолой жетим калып, бала чагында тарткылыкты дурус эле тарткан. Жетимчилик аны турмуштун ысыксуугуна бышырып, чыйрактыкка жана өз алдынчалыкка үйрөткөн; ага турмуштун татаалдыгын, жан багуунун олуттуулугун, жалаң өз күчүнө ишенүү зарылдыгын эрте тааныткан. Ошол себептен ал жашоого байланыштуу акыйкаттардын көбүн поэзия үчүн болбосо да өзү үчүн эртелеп эле ачып алышы толук ыктымал.

Албетте, жаш акындын жекече аң-сезиминин өнүгүшүнө, асыресе өзүн өзү таанышына коомдун материалдык жана рухий факторлору да зор таасир тийгизбей койгон жок. Ошондой эле анын адамдык касиеттеринин, дүйнөгө көз карашынын, кесиптик түшүнүктөрүнүн калыптанышына ошо кездеги маданий жана адабий чөйрө да бир кыйла түрткү берген, анткени «индивиддер бирин бири дене жагынан да, духовный жактан да жарата турганы»[9] белгилүү.

Ошентип, А. Осмонов уюткулуу турмуш акыйкаттарын керт башы менен ачып, өзүмдүк рухий тажрыйбасын, дүйнөгө жана өмүргө байланыштуу жекече көз караштa-

www.bizdin.kg

рын, чыгармачылыкка карата менчик мамилесин иштеп чыккан. Деги ал өз бетинче ойлоно билгенге, дүйнөнү өзүнчө түшүнгөнгө, оригиналдуу чыгармачылык өзгөчөлүккө ар кыл духовный кыйынчылыктарды аралап өтүп араң жеткен.

Алыкул Осмонов эр жетип, чыгармачылыктын татаал изденүү жолунда «Жолборс терисин кийген баатыр» дастанын которууга киришет.

Ашкере чоң көлөмдүү грузин дастанын которуу бир чети эрдикке тете иш болсо, бир чети Алыкулдун акындык калеминин төшөлүшүнө кызмат кылган. Дагы эле эндекей жүргөнү, эски оорусунун күчөгөнү, жекече турмушунун жөнгө салынбаганы, оригиналдуу чыгармачылыгынын жарыбай жатканы сыяктуу жагдайлар аны Биринчи дүйнөлүк согуш алдындагы жылдары оор рухий кризиске кириптер кылган көрүнөт. Ал дал ошол учурда «пессимисттик ырлардан» турган «Лирика» аттуу жыйнак даярдап, анысын кайра өрттөп ийген.

Андан көп өтпөй Алыкул үйлөнүп, бирок бат эле өмүрүндө көргөн жалгыз кызынан айрылып, алган жары менен ажырашып, катуулаган оорусунан да жабыркап, дагы эле рухий кризиске кириптер болот.

Көз ачырбай үстөккө-босток сабалаган тагдыр соккулары Алыкулду убактылуу мүңкүрөтпөй койгон жок. Анын ошенткенин замандашы Түгөлбай Сыдыкбеков мындайча эскерет: «Түндүн кайсы маалында үйдөн чыкканында акындын карааны үңкүйүп, бозоруп тепкичте отурганын же эч дабышсыз көлөкөдөй үрөң-бараң тартып басып жүргөнүн көргөнүңдө жүрөк сыздачу. Ал көп учурларда беймаал убакта ошентип жалгыз жүргөнүн адамга билдирбеске аракет кылат. Себеби жок жерден адамдын тынчын алууну кандай жактырбасы, өзүнүн гүлгүн өмүрүндө бөйдө кайгы тартып, оор кеселге чалдыгып, жанга күйүмдүү жарсыз, эркелеткен баласыз коколой башы ушинтип басып калгандыгын адамга билдирбеске тырышат...»[10].

Нары өмүрлүк кызыктуу иши жок, нары кайраты бош жана оорукчан киши башына ушундай оор мүшкүл үйгөн бойдон көпкө дейре жападан жалгыз жүрүп калса, акылдан айнып, атүгүл жандан кечип ийгенге чейин барышы да мүмкүн. Эрки бектигинен, чыгармачыл табияты жана

www.bizdin.kg

көңүлү сүйгөн өнөрү бардыгынан гана А. Осмонов тоодой күйүттү чыдап көтөрүп, жанга баткан жалгыздыктан мөгдөп калган жок. Жан кашайткан кыйын-кыйын күндөрдө ага поэзия дем-кубат берип, жашоо кумарын өчүрбөй турду. Акын кыйынчылыкка кайратын курчутуп, кабыргасын майыштыра баскан кайгы-касиретин силкип таштоого аракет кылды; нукура поэзиялык саптар жаратуудан гана жашоо маанисин көрүп, чыныгы чыгармачылык эрдикке бел байлады.

Түгөлбай Сыдыкбековдун айтуусунча, Алыкул Осмонов ошондон тартып чыгармачылыкка башкача карап, мурда жазгандарынан уялып, өзүнө-өзү танды: дүйнөлүк классиктердин чыгармачылык тажрыйбасын жаңы көз менен үйрөнүп, калкыбыздын фольклордук байлыгын терең өздөштүрө баштады; элдин көп кырдуу турмушу менен жакыныраак таанышуу зарылчылыгын өткүр сезип, жайынкышын эл аралап жүрдү[11]. Буга кошумчалай турган нерсе: ошол маалда акындын турмуштук тажрыйбасы жакшы эле жыйналып, дүйнөгө өз алдынча көз карашы жана мамилеси аныкталып, адабий билими жана ыр жазуу техникасы бийиктеп калган эле.

Осмонов өзүнүн архивдик «чарбасын» дайыма сарамжалдуу кармап, санжап менен сактай келген. Асыресе ал согуш жылдарынан бери карай бардык чыгармаларынын кол жазмаларын ирээти менен жыйнап, ар бир кол жазманын качан, каерде иштелгенин белгилеп жүрүп отурган. Ошол архивдик материалдар айкын далилдейт: Алыкул 1941-жылдан 1944-жылдын аягына дейре өз ырларын анча деле көп жазган эмес. Бул аралыкта ал төрт (экөө көлөмдүү, экөө чакан) пьеса бүткөрүп, бир драма, эки поэма бир нече ыр которгон. Анан 1944-жылдын ноябрынан анын акындык күчү кандайдыр бир сыйкыр даарыгандай ташкындап, кагаз бетине нөшөрлөп төгүлө баштаган.

Маселен, ал 1944-жылдын 26—30-ноябрында үч поэма (баары 548 сап), 2—31-декабрында бир поэма, 25 ыр (баары 858 сап), 1945-жылдын 1—31-январында үч поэма, 16 ыр (баары 1166 сап), 1—20-февралында 22 ыр (баары 630 сап), 4—14-март үч ыр, бир поэма (баары 168 сап) жазган. Алыкул Осмоновдун Койсары курортунда өткөргөн

www.bizdin.kg

ушул төрт айы Пушкиндин айтылуу «Болдино күзүндөй» эле чыгармачылык жактан өтө берекелүү болгон. Мындай үзгүлтүксүз узакка созулган акындык эргүү абалын акын андан кийин да үч жолу башынан кечирген. Тактап айтсак, ал 1946-жылдын ноябрында 122 ыр (баары 1962 сап), 1948-жылдын октябрь—ноябрында 90 ыр, бир поэма (баары 1221 сап), 1949-жылдын августунда 24 ыр (баары 418 сап) жараткан. Анын кемелине келген поэзиясынын, б. а. 1944-жылдын ноябрынан 1949-жылдын сентябрына чейинки ыр-поэмаларынын жүздөн токсон бөлүгү дал өйдөкү саналган сегиз айдын ичинде гана колдон чыккан.

Демек, Алыкул жылдын көпчүлүк айларында өз алдынча акынчасынан ой-кыял сүрүү менен, ар кыл таасирлеринен көркөм идеялар иштеп чыгаруу менен алек болгон да, анан кезек-сааты келгенде ошол көңүлүндө багып, башында бышырып, блокнотторуна чиймелей салып жүргөндөрүн бир-эки айлап баса отуруп бүкүлү ырларга, поэмаларга айландырган. Ушулар менен эле катар ал оригиналдуу пьесалар жазууга, ырдан бүткөн көлөмдүү чыгармалар которууга көп убактысын сарп кылган.

Жалпылап айтканда, 1944-жылдын 26-ноябрынан 1949-жылдын 9-августуна дейре Осмоновдун калеминен башаягы 2650 саптан турган 15 поэма, 6946 саптан турган 336 ыр, үч-төрт көшөгөлүү 6 пьеса, жалкы көшөгөлүү 1 пьеса, 5305 саптан турган «Евгений Онегин» романынын, көпчүлүк тексти ырдан куралган «Отелло» драмасынын таржымалары чыккан. Албетте, ушунча көп жумуштун беш гана жыл аралыгында аткарылганы, болгондо да оорукчан, араңжан адам тарабынан бүткөрүлгөнү бир эсептен таң калтырбай койбойт.

Бирок чыгармачылыктагы мындай «түшүмдүүлүк» кандайдыр бир туюк сырдуу деле көрүнүш эмес — анын реалдуу эле себептери бар. Арийне, духовный кемелге келип, бай турмуштук тажрыйба арттырып, поэзияда өз жолун айныбай таап, өз өнөрүнүн устасы болуп алганда ар кандай акын жемиштүү иштей баштайт. А. Осмонов өмүрүнүн акыркы алты жылын ошондой абалда өткөргөн.

Албетте, акындык өнөргө жан-дили менен берилгендиги да Алыкул Осмоновдун көп жазышын шарттаган. Ал поэзияны жөнөкөй гана кесиби эмес, өз өмүрүнүн шериги

www.bizdin.kg

деп, жашоо мааниси деп, өзүнүн адамдык касиеттерин жана рухий кудуретин предметтештирүү каражаты деп, эл-жерге адал кызмат кылуу майданы деп түшүнгөн.

Заман алдындагы акындык парзын өткүр сезип, өзүнө өзү тойбой кейиш тартуу, боордош калкына татый турган иш кылсам деп кусалануу, өзүнө бийик талаптар коюу анын экинчи табиятына айланып, өмүрүнүн акыркы күндөрүнө чейин аны коштоп жүргөн:

Мен уялам, мына мындан уялам:
Көзгө толор бир чоң эмгек кылбагам.
Колун кезеп: «Жолуң болгур!» — дегенсийт
Жер шарынан күлүк качкан заманам,—

дейт ал 1944-жыл менен белгиленген айтылуу ырында.

Ырас, Осмонов өзүн нааразы болуп жүрүп бу дүйнөдөн өтүп кеткен эмес, ал өзү кылган эмгектин реалдуу наркын, өзүнүн акындык күчүн жакшы билген, кыргыз адабиятында өчпөс из калтырганын да айкын сезген.

Мен да адаммын, мен дагы бир акынмын,
Билинбеген көп майданын бириндей,
Бул турмушка мен да изимди калтырдым
Кичинекей, кудум шайтан изиндей,—

деген ал бир ырында. Дагы бир ырында мындай деген:

Билбес жанга өчпөс менин бийигим
Билген жанга өсөр менин тереңим.

Кээде ал моминтип да айтып жиберген:

Көзүм өткүр өчүрө өрттү караган
Өз жанымдын жамандыгын көрө алам.

Керек болсо чебердигим жетишет —
Дөңгөчкө жан, балыкка тил бере алам.

Өз күчүнө ишенүү сезими көкүрөгүнө толуп турган, өз өнөрүн биротоло башкарып алган устат гана ушундай баатыр сөздөрдү тайманбай айта алат.

Өзүнө наарызылык менен өз күчүнө ишенүү бири-бирине кайчы деле келбейт, алар — бир эле медалдын эки тарабы. Өзүнө ишенүү сезими болбосо, адабиятка ат салып

www.bizdin.kg

кириш, чыгармачылыкка байланыштуу түркүн-түркүн машакаттарды жеңип чыгыш, колго алган иштин өтөсүнө жетиш такыр мүмкүн эмес. Ошондой эле өзүнө наразылык болбосо, чыгармачылык өсүш деген да жок. Чыныгы сүрөткерде бул экөө эриш-аркак айкалышып жүрөт.

Демек, Алыкул Осмоновдо анык сүрөткердин белгилери бар экен. Ал эми сүрөткер адам өз өмүрүндө кандайдыр бир көркөм ачылыштар жасабай койбойт эмеспи. Андай болсо Алыкул бизге кандай поэтикалык акыйкаттарды ачып берди? Ал деги биздин поэзияны кандай жаңы табылгалар менен байытты?

Осмонов баарынан мурда өзүнүн жекече ой-сезимдерин, субъективдүү таасирлерин, кайгы-касиретин ыр кылып жазып, ошонусу менен кыргыз поэзиясында жаңылык кийирди. Ушул багытта анын биринчи жазган ыры — «Бөбөккө» деген элегия (30.XI. 1944. Койсары). Ал — өзүнчө бир чек ара белгисиндей ыр. Байкаштырып көрсөк, акын ошол ыры менен чыгармачылыгынын жаңы баскычына аттап чыгыптыр: анын менчик акындык үнү менен сүйлөп кетиши да, укмуштай чыгармачылык эргүү мезгилине такай кириши да ошол ырдан башталыптыр.

Элегияда акын кандайдыр бир өзүнөн башка «лирикалык каармандын» атынан сүйлөбөйт, тек өз атынан сүйлөп, өз күйүтүн кеп кылат. Ырдын алгачкы саптарынан тун баласынан айрылган акындын кайгыга батканы, бара-бара каңырыгы чын эле түтөй баштаганы айкын сезилип, жалындын илеби бар ысык буу сыңары окугандын ой-сезимин тызылдата бүркүлөт да, анан...

Өлдү бөбөк жүрөк жаны токтогон  
Бир жылт этип өчкөн чырак окшогон.  
Учсуз жердин бир ууч куну кеткен жок,  
Бети жок ай, жер уялбайт ошондон!

Бул саптар күйгөнүнөн заманасы куурулган кишинин айласыздан айткан ачуу каргышындай өзөк өрттөп, айтылып жаткан күйүттүү сезимдин реалдуулугун биротоло бекитет. Анткен менен бул элегиянын эмоциялык таасиринен окурман көңүл чөгөттүккө капталбайт, тескерисинче, ар бир өмүрдүн кымбаттыгын жана кайталанбастыгын айкын туят. Анын үстүнө акын өзү да кайгылуу ырын

www.bizdin.kg

кайраттуу саптар менен, өз кайгысындай кайгы башкалардын башына түшпөсө экен дегендей тилек менен аяктайт.

Ошентип, Алыкул керт башынын күйүтүнөн накта поэзиялык саптар жасай алган. Адамдын керт башына түшкөн кайгы-касирет да поэзияга предмет боло аларын, деги моралдык күчтүү жапа чегүү да адабиятта чагылууга акылуу турмуш көрүнүшү экенин, ансыз жашоонун мазмуну да, адабияттын мазмуну да өксүп каларын дүйнөлүк класситердин адабий мурастары айкын далилдейт.

Өлүм күйүтү дегениң кайгы-капанын эң бийик чекити го. Ал эми даражасы ар кандай кайгы-муңга адам өмүрү жарды эместиги да белгилүү. Чыныгы акын ошолордун баарын түгөл болбосо да, эң урунттууларын көркөм сөздө чагылдырбай койбойт. Чын-чынына келгенде, жекече таасирлерин, майда-чоң турмуштук көрүнүштөргө карата реакциясын, кайгы-кубанычын ыр түрүндө эркин жана өзүнчө туюнта баштаганда гана акын жемиштүү чыгармачылык жолго чыгат.

Айтор, өз өмүрүндө кезиктерген, баамына урунган, каарын келтирген, мээримин ийиткен, делебесин козгогон турмуштук фактылардан да, аларга байланыштуу көңүлүндө туулган өзүмдүк таасирлеринен да А. Осмонов накта поэзияга тиешеси бар «буюмдар» жасай алган. Ал бир караганга майдабарат көрүнгөн нерселерди ыр кылып жазып жатып «майда темалуулук» деген адабий илдетке анча көп деле чалдыккан эмес. Себеп дегенде ал өзү рухий маданияттын кыйла эле бийик тепкичине көтөрүлгөн чоң адам болгон, ошон үчүн анын «майдабарат» таасирлерден жаралган ырларында чоң адамдын өзү, көз карашы, мамилеси айкын байкалып турат (Ушу жерде козгой кетчү бир сөз: деги бу турмушта поэзия тилинде айтылууга арзыбаган майда темалар жок, кептин баары алардын ким тарабынан жазылганында го. Өзү майда акын килейген чоң теманы деле өз деңгээлине түшүрүп, майда чечип таштайт, өзү чоң акын көзгө анча көрүнбөгөн майда теманы да өз даражасына бийиктетип чоң көрсөтөт).

А. Осмоновдун көп ырлары өмүр жана өлүмдөй «өлбөс» темаларга арналган. Ырас, булар тууралуу өткөн замандын бүт чоң акындары ыр чыгарышкан. Бирок Осмонов

www.bizdin.kg

биреөлөрдү тууураганынан ошол темаларга кайра-кайра кайрыла берген эмес. А. Осмонов жаш чагынан көп ооруп, өлөр-өлгүчө кесел менен алпурушуп жүрбөдүбү. Ал өз оорусунун сүзөктөп кеткенин, ошо дарты акыры өзүн алып жыгарын көрүп-билип турган. Ошол себептен ал өмүр менен өлүм маселесин эрте ойлонуп, санаасын санга бөлгөн. Демек, ал бул темасын да керт башы менен ачып алган.

Өзү ооруса дүйнө кошо ооруп жаткандай туюу, өзү менен кошо элди да кайгыртайын деп далалат кылуу Осмоновго такыр жат нерсе, ал өз башына канчалык оор мүшкүл түшсө да, эр азаматтын сабыры жана кайраты менен көтөрүп, тышына көп чыгарбайт. Бирок поэзиясында ал өзүн өзү карагүчкө жубатып, чын эле ооруп жатса да калп эле соомун деп, чын эле ыйлагысы келип турса да калп эле күлкүм келип турат деп айтып, кур дымак көрсөтпөйт. Айрым ырларынан жаны кыйналгандан тиштене онтогону, өчүп бараткан өмүрүнө ичи ачышып, муңканганы айкын угулат.

Билбейм кандай, эмне ойдо экен катарым?
Мен өзүмдүн тагдырыма капамын.
Заманымдын керегине жарабай
Эрте курган, муздап бара жатамын.

Бул саптарда сабыр менен араң токтоткон чыңырык, сарсанаага чыланган кусалык, ар кандай мерестин да муунун бошотуп жиберчү кайгы күчү бар.

Мен жашадым өз күнүмө таарынбай,
Кара тилек, жаман ойго багынбай.
Түк билинбей өтүп кетет окшоймун
Бир кеченин жаап кеткен карындай.

Ушундай армандуу интонациялар ырды баштан-аяк аралап өтөт. Билинбей аппак жааган түнкү кардын элеси ырдын кейиштүү колоритине жарык шоола түшүрүп, кандайдыр арууluктун айдыңын берет. Ошентсе да жалпысынан ал ыр оор кайгынын алкагында калып жатат.

Албетте, Осмонов жер үстүндөгү ар бир тирүү жан өлүмгө кириптер экенин, дүйнөгө келгендердин баары өнүп-өчүп, алмашылып турарын жакшы билген.

Ушундай көз караштан улам ал кээде өлүмгө тымызын

www.bizdin.kg

ирония менен, атүгүл бир кыйла кайдыгер караган. «Эскерме» деген ырында ал куду базарга бара турганын жай айтып жаткансып мындай дейт:

Кайтпас күнгө калкып кете беремин,
Кайсы күнү тагдырыма кез келсе.

Бирок өлүм жанына чындап келгенде, ал өлүмгө кайдыгер карап тура алган эмес. Бар болуп туруп, анан кайра жок болуп калуу ага дүйнөдөгү барып турган адилетсиздик катары сезилген. Ал мындай адилетсиздикке ынана албай, көнө албай, бүткүл жаны менен каршы чыгат:

Баары өзгөрөт, баары өчөт дейт турмушта.
Мен өзгөрбөй, өчпөй койсом не болот?
Өчөр күнүм үйгө бара жатканда
Токмок жактан келбей койсом не болот?
Токмокко жөнөйм,

Таттуу коонун тандап жейм.
Миң жыл бою
Кайра үйүмө бир келбейм.
Айт, кимдин карзы бар?

Бу саптар бир караганга айыпсыз тамаша сыңары сезилиши мүмкүн. Аларды акындын оригиналдуу фантазиясынын өзүнчө бир тентектиги катары кабыл алса да болот. Алар бир кур жаш баланын кыялына же сөзүнө да окшошуп кетет. Эмнеси болсо да ал саптар таптакыр адаттан тышкары айтылган. Бирок ошол адаттан тышкары шарттуу-поэтикалык форма аркылуу акын жүрөгүн тынымсыз өйкөп, санаасын санга бөлүп жүргөн олуттуу оюн жана ыймандай сырын айткан.

Деги Алыкул Осмонов соңку өмүрүндө өлүм акыйкатын чымыркана ойлонуп жүрүп өткөн. Так төбөсүндө кылга илинген кылыч баштанып салаңдап турган ажалы анын оюн өмүр-өлүм маселесине кайра-кайра жетелеп келе берген. Анан ушулардын баары анын ырларында айкын из калтырган. Бирок А. Осмонов көп узабай көз жумарын алдын ала көрүп турса да, ажалдан заарканганын ныгыра басып, ноюбас кайрат жана тынымсыз эмгек менен жашаган; турмушка жайдары мүнөз менен карап, жалпы эли-

www.bizdin.kg

бизге замандаш жана тагдырлаш экенине канааттанып өмүр сүргөн, өзүнүн өлбөс бойдон калышын эңсеп, өлбөстүккө алып барчу жолдорду издеген. Ооба, өлбөстүк тууралуу ой анын көңүлүн дайыма уялап жүргөн. Пржевальскийге коюлган эстелик акынга өлбөстүктүн бир жышааны катары сезилген. Атүгүл ал өлгөн адамдын мурас калып, аны эске салган бардык нерселерден өлбөстүктүн кадыресе белгилерин көргөн. Маселен, «Жактырдым» деген ырында ал Жапар аттуу койчунун мүрзөсүнөн анын улактарын көрүп, бир саамга ыраматылык койчунун куду тирүүсүндөй элестелип кеткенин жай гана баяндап берет да, анан ушул кичинекей турмуштук фактыны дароо өз тагдырына байланыштырып, мындай бир күтүүсүз тыянак чыгарат:

Мейли түндө, мейли бешим, күүгүмдө
Жапар күнү башка түшкөн күнүмдө,
Мен өзүмчө өлбөй күн деп эсептейм,
Бир тирүү жан тепсеп турса үстүмдө.

Ушул ырларынын көркөм логикасына үңүлүп көрсөк, Осмонов өлбөстүктүн ишенчиликтүү гарантиясын адамдын көпчүлүк үчүн жасаган эрдигинен, жер үстүндө калтырган эмгегинен көрүп жатат. Баса, акын дагы бир ырында ачыктан ачык эле минтип айтат:

Анда калган күзгү сонун күндөрдү
Мени өлтүрбөс эмгегимдей сагындым.

Алыкул Осмоновдун өмүргө жана өлүмгө карата жалпы акындык мамилесинде муңайым акылмандык, басмырт оптимизм, чыныгы кайрат бар. Акын ушул багыттагы мыкты ырлары менен кыргыз поэзиясынын философиялык деңгээлин бир кыйла бийиктетип кетти. Ал ошондой эле өзүнүн поэтикалык мурасчыларына өлүм деген ойлонбой коё турган маанисиз нерсе эмес экенин, өлүм тууралуу да олуттуу ой жүгүртүп, өлбөс ыр саптарын жаратса боло турганын таасын тастыктады.

А. Осмоновдун дүйнө, өмүр, өлүм жөнүндөгү ырлары өз тагдырына байланыштуу жазылганда гана кадыресе күчтүү чыгып, нукура поэтикалык касиет ала алган. Ал эми ошол темалардын тегерегинде абстракттуу философчулук кылганда, анын railеминен «Алданба», «Толуктайт

www.bizdin.kg

да кайра басылат», «Дүнүйө»дегендей сезим анча даарыбаган, карандай насаатка шыкалган ырлар чыккан.

* *

«Ким жыттабайт сүйүү чиркин гүлүнөн» дегендей, кайсыл гана акын ашыглык жайынан сөз козгобойт! Ыр жазгандардын сырдаштык лирикадан кыйчалыш өткөнү кемде-кем эле табылса керек.

Туңгуч махабат сезимдери ойгонгон курагында Алыкул Осмонов калеми кадыресе төшөлө элек талапкер акын эле. Ошол себептен го, өзүн жаштык зээри учуруп турган чакта ал көңүлдүн күндүр-түндүр өрөпкүткөн жалындуу ой-сезимдерин ыр формасында илебин өчүрбөй туюнтуп бере албаптыр. Эгер ашыглык жайын козгоп анча-мынча ырлар жазса, демейки сырдаштык лирикада илгертен бери үстөккө-босток кайталанып келаткан жалпы сөздөр менен «элдикине окшоштуруп» жазыптыр.

Биздин акын чыгармачылык жактан чындап дасыккан маалында кыз-келиндер менен мамилелешип жүрсө да, бүткүл эси-дартын ээлеп алган, көңүлүн элеп-желеп ээлендирген, жанын катуу бейпайга түшүргөн нукура сүйүү туйгуларын башынан өткөрбөгөн сыяктанат. Мындай божомол кылгандын аздыр-көптүр жүйөөсү бар. Байкаштырып көрсөк, анын ошо кездеги арзуу лирикасында махабат машакаттарына байланышкан мотивдер көбүнчө сүйүшкөн эскерүү, өткөн сүйүүнүн оош-кыйыштарын анализдөө, жаңы сүйүү кумарын самоо түрүндө гана жолугат экен. Маселен, «Сүйүүнүн түрлөрү» аттуу ырында акын бир эле учурда эки кыздын (көрүшкөн сайын бири «кызарган», бири «кумсарган» эки кызды) сүйүп калганын, акыры «кумсарганына» үйлөнүп, «өмүрлүккө жаңылганын» айтат; «Сүйүү жана мен» дегенинде да башынан өткөн үч жолку ашыглыктын үчөө тең өкүнүчтүү аяктаганын элестүү, кайманалуу, күйүттүү саптар менен баяндап берет; ал эми «Сүйөм десең», «Сүйдүм сени», «Кыздын сүрү», «Секидеги жалгыз там» аттуу ырларында айдан ачык түрдө да, кыйыр шекилде да махабат ышкысын күсөгөнүн туюндурат.

Аталган туундулардын бир даарына акындын жандуу ой-сезимдери толкуган жүрөгүнөн көлкүп чыгып, ыла-

www.bizdin.kg

йыктуу ыр калыбына салынып, дурус эле кооз жана таасын айтылган; бир даарында жанагыдай эле ой-сезимдер бири-бирине жуурулушпай, жарашыктуу ыр алкагына чөгөрүлбөй, ортосаар көркөм даражада берилген. Чынында өйдөкү ырлардын дурусун да, бурушун да сырдаштык лирикасынын бийик үлгүлөрүнөн деп аныкташ кыйын. Бирок бир жакшы жери: ал ырлар Алыкулдун жекече өмүр түйшүгүнөн, менчик сүйүү тажрыйбасынан, субъективдүү ич кайрыктарынан кайнап чыккан.

Осмонов жеке өзүнүн атынан гана эмес, бирөөлөрдүн (лирикалык каармандын наамынан да бир топ ашыглык ырын жараткан. Буларга «Түп суусу», «Келсем жоксуң», «Боз бала», «Ай, Жамийла», «Менин колуктум» дегендер мисал. Көпчүлүк окурмандарга таанымал жана айрым адабиятчыларды ашкере курсант кылган ошол ырлардын бир-экөөндө эмнелер айтылганын эске түшүрүп көрөлү.

Катуу келдим — минген атым кара тер.
Сүрдүү кең Түп, тайыз жериң кайсы жер?
Жол көрүнбөй, күүгүм кирип баратат,
Аркы өйзүңө тез өтөйүн, кечүү бер!

Айтылуу «Түп суусу» ушундай башталат. Андан кийин лирикалык каарман аркы өйүздө «колхоз кызы Канымкүлдөй жары» барын билдирет, анын ашык кылчу сапаттарын учкай мүнөздөп өтөт, көксөгөн жары «бу кайдагы эмгек күнү жок неме» деп өзүн теңсинбей жүргөнүн баса көрсөтөт, акырында «колхоз кызы Канымкүлдүн дарты үчүн колхозуна мүчө болуп албасам» деп ниеттенет.

Ал эми «Келсем жоксуң» деген ырда дагы бир лирикалык каарман өзүн жалбарып (кат менен) айылга чакырган сүйгөн жарын издеп барып үйүнөн таппай, катуу кейишке малынганын жарыя кылат, ошо кейигенин айтып жатып ыр арасына бакты-таалай менен махабаттын жолу өңгүл-дөңгүл, оош-кыйыш, өйдө-ылдый болору тууралуу учкул саптарын кыстара кетет, бирок ашыгы «миң сүйүүгө барабар» келген «жазгы айдоонун камын көрүп кеткенин» билип, көксөөсү сууйт да, чексиз кубанычка термелет.

Бул ырлардан акындын жаңыча көркөм аң-сезими бар экени, поэзиялык идеяны өзүнчө көркөм ыкмалар менен таасирдүү туюнтууга усталыгы ачык байкалат. Үстүртөн

www.bizdin.kg

караганда, аларда анчалык деле кынтык жоктой, жакшы ырларга мүнөздүү белгилердин баары бардай. Бирок тереңирээк караганда, алардын мазмундук уюткусу жасалма ой-сезимдерден куралганы айныбай баамга урунат. Акын тек гана сөз менен тамашалашып, адаттан тышкары көркөм ыкмаларды тапканга чебер экенин көрсөтүп өтөт. Болжолу, ал ырлар акындын көңүлүндө кайнап турган чыныгы ашыглык сезимдеринин күчүнөн эмес, эң оболу кыркынчы жылдары жалпы советтик махабат лирикасында өкүм сүргөн салттардын таасиринен жаралган сыяктанат. Эски окурмандардын эсинде бардыр: а кездеги көп эле ырларды сүйүү темасы бүт бойдон өндүрүш менен, коомдук пайдалуу жумуш менен, эмгек күндүн көптүгү же аздыгы менен байланыштуу чечилчү эмес беле. Ошол мезгилде «мен сени бетиң сулуу, кашың кара, пейлиң сонун болгону үчүн сүйбөйм, эпкиндүү иштегениң, көп эмгек күн тапканың, эл кызматына мыкты жараганың үчүн жакшы көрөм» дегендей мотивдер ар кайсы акындар тарабынан арбын эле айтылган. Жалпы союздук поэзияда, асыресе орус поэзиясында арааны жүргөн мындай тенденция 1950-жылдардын башында борбордук адабий сында четке кагылганы бештен белгилүү.

Осмоновдун калеми төшөлгөн кезиндеги лирикасында сүйүү маселесине карата, айрыкча ашыглык объектине (аял затына) деген адамдык жана акындык мамиле кандай ачылганын караштырып көрүү да өзүнчө бир кызык.

Керт башынын күйүттөрү жана арыз-арманы акындын бир катар ырларынан орун тапса да, ал көпчүлүк чыгармаларында өз жанынан көйгөйүнөн өйдө көтөрүлүп, жарык дүйнөнүн жыргал-шаттыктарын, эл турмушунун жайдары көрүнүштөрүн, тирүүлүктүн машакаттуу бактысын, адам өмүрүнүн өлбөс акыйкаттарын эргип-эргип күүгө салган.

Дал ушунун сыңарындай эле өз өмүрүндө махабаттан көп ирет шаабайы сууган, кыз-келиндерден жарытылуу опоо көрбөгөн акын айрым сырдаштык ырларына өттөй ачуу ызасын төгүп жиберсе да, ынак сүйүүнүн реалдуу мээр-шапкатынан түңүлгөн эмес, ак жоолуктарга карата калыс жана ызаттуу мамилесинен кайткан эмес.

Поэзиялык ойдун көркөм калыпка түшүрүлүшү жагы-

www.bizdin.kg

нан кынтыксыз иштелген «Аялга» деген ыр буга айкын мисал боло алат.

Сүйгүм келет жаш жандырып, жаш болуп,
Жашымды алдап, жаш кайыңдай мас болуп,
Жанар тоодой жалын чачкан отуңан
Чыккым келет жанып чыккан таш болуп.

Сүйгүм келет миң мертебе жаңылып,
Сүйгүм келет сүйгөнүмө жалынып,
Өз күчүңдү өз күчүмө багынтып,
Сүйгүм келет кээде өзүнө багынып.

Көпкөк асман жерге түшсө жарылып,
Кыян жүрсө жердин үстү тарылып,
Ал кыяндан өтөр элем кыйналбай,
Бир көз караш кубатыңды жамынып.

Бул ыр, балким, улуттук поэзиябыздагы махабат темасына арналган ырлардын эң күчтүүсүдүр. Кантсе да анда ашыглыктан багы ачылбай жүргөн адал ниет адамдын тула боюн чатыраткан дымактуу жан кумары, көңүлүнө мелткалт толгон сүйүү кусалыгы, аялга деген нукура адамдык ызаты жана акындык мээрими бар.

Махабат карым-катнашын жалаң коомдук эмгек менен байланыштырган ырларын эсепке албаганда, Осмоновдун сырдаштык ырлары өзүнчө бир туташкан ыраатты бар лирикалык циклге биригет. Ал эми сөзгө арзыбас бир-экөөн көз жаздымында калтырганда, ошол циклге кирген ырлардан автордун сүйүүгө жана аялга карата мамилеси дайыма бир калыпта калбай, улам өзгөрүп, такталып, арууланып отурганы байкалат.

Акын аял затынын адам өмүрүндөгү чыныгы маанисин, кымбат баасын, бийик кадырын ачык-айкын аңдап түшүнүүгө карама-каршылыктуу (диалектикалык) жол менен келген, бактысыз сүйүү тажрыйбасынан туулган бир беткей көз караштарын жана терс эмоциялык ал-абалын улам жеңип отуруп келген. Ошондой жаңыча түшүнүгүнүн ток этер жери «Дагы аял жөнүндө» деген соңку ырларынын биринде чегине жеткире таамай да, кыска да айтылган:

www.bizdin.kg

Аял сүйдүм, бирок ичтен кектедим,
Арам ойлоп арамдыктан кетпедим,
Жаманынан көңүлдү эзген оору алып,
Жакшысынын кадырына жетпедим.
Анткен менен колум ачык, мен кенен,
Жүз кайталап дагы аялга баа берем:
Аял деген —
　　чаалыккан көсөм,
　　сайдырган берен,
　　Бактыдан тайган жигитке
Кемибеген, кебелбеген бир мекен!

Мүшкүлдүү өмүр сүрүп, көп тарткылык тартып, кыз-келиндер мээриминен чекеси жылыбаса да, жарык дүйнөгө кек сактабаган, заарын чачпаган, кастарын тикпеген эстүү киши гана ушундай адилет сөз айтышы, айтканда да ушундай жөнөкөй, даана салмактуу айтышы мүмкүн. Бир чети өйдөкүдөй ыр рухий деңгээли жогору турган, өз алдынча ойлоно билген, өз өмүрүнүн оош-кыйыштарын катуу тескептериштирип үйрөнгөн, өз кылган-эткендерине сын көз менен тике карай алган, баарынан да өзү тууралуу акыйкаттардын эң ачуусун түз айткандан жалтайлабаган чоң сүрөткердин тунук акылынан, жоомарт көңүлүнөн, адал ниетинен гана чыгышы ыктымал.

Кантсе да «Дагы аял жөнүндө» Осмонов махабат жана аял заты темасына байланыштуу көп жылдык чымырканган ой толгоолорунан кристалданган каухар таш сыяктуу жарк-журк этип, күйүп-бышкан жүрөктөн атылып чыккан мурдагы сырдаштык ырларына жаңыча шоола түшүрүп, башкача маани берип турат.

* * *

Жеке өмүрлүк тажрыйбасынын турпагынан, өз жан дүйнөсүнүн жарыгынан, өз ой-сезимдеринин булагынан азыктанганда гана акындын поэзиясы оригиналдуу шекил алып, көктөп чыгат. Бирок өз ырларынын идеялык мотивдерин, уюткулук материалдарын, эмоциялык боёкторун жалаң гана керт башына тиешелүү сезим-туюмдардан, көңүл кайрыктарынан, ой-санаалардан «казып» ала берсе, алардан башка эчтеме менен такыр иши болбосо, ар кандай акын

www.bizdin.kg

акыры жүрүп чыгармачылык туюкка такалышы мүмкүн, жазгандарын ашкере субъективдүү кылып алышы мүмкүн. Демек, чыныгы чыгармачылык жолго түшкөн акын, эгер ал өз поэзиясын калктын калың катмарына энчилеш кылам десе, жеке адамдык тагдырына, күн көрүү машакаттарына, кайгы-кубанычына байланышкан тематикалык чөйрөдөн өйдө көтөрүлүп, көпчүлүктүн коомдук түйшүктөрүнө ортоктош, мүдөөсүнө мүдөөлөш, санаасына санаалаш, ырысына ырысташ, муңуна муңдаш болууга тийиш.

Адеп калем кармаган чагынан, айрыкча чыгармачылык баралына барган маалынан баштап Осмонов акын катары өз доорунун орчундуу маселелеринен эч четтеген эмес, калк тиричилигинин катуу-жумшагынан жана ысыксуугунан чоочуркаган эмес, жөнөкөй мээнеткечтердин күн өткөрүшүнө, тагдырына, ой-санаасына, сүйүнүч-күйүнүчтөрүнө кайдыгер караган эмес. Ал өз заманынын коомдук турмушундагы окуялар менен жаңылыктардын баарына колунан келишинче аралашып, күйүмдүү кызыгыш менен карап, тике же кыйыр түрдө ыр менен жооп кайтарып, дайыма олуттуу акындык мамиле жасаган. Баарынан да ал жөнөкөй эмгекчилердин бүт коомду (демек, өзүн кошо) кийиндирип-тоюндуруп, кыймылга келтирип, алдыга жылдырып турганын жан-дили менен күчтүү туюунуп, эс-акылы менен таасын аңдаган. Демек, анын поэзиясында чордондуу темалардын бири — эмгек темасы, ал эми жакшы көргөн каармандары эмгек адамдары болгону бекеринен эмес.

Арийне, эмгек темасы Осмоновдун жекече табылгасы эмес. Эмгек адамдары жөнүндө да ал биринчи жазган эмес. Эмгек темасы атам замандан бери эле элдик оозеки поэзияда көркөм адабиятта иштелип келатат. Ал эми эмгекти азаттыкка чыгарууга далалаттанган өлкөнүн адабиятында ал тема эң негизги жана ардактуу орун алып, совет жазуучулары тарабынан кең-кесири иштелип чыккан. Анын үстүнө совет бийлиги биздин калемгерлерди эмгектин улуу кудуретин жана эмгек адамдарынын ынамдуу образдарын көрсөткөн мыкты чыгармаларды түзүүгө дайыма чакырып келген. Бирок Осмонов ал темага бирөөлөрдү сокур ээрчигендиктен же коньюнктуралык ниеттерге азгырылгандыктан кайрылбай, өзүнүн жекече турмуш-

www.bizdin.kg

тук тажрыйбасынан, накта турмуштун өзүнөн чыгып, жекече рухий изденүүлөрүнүн натыйжасында өз алдынча келген. Анын эмгек жана эмгек адамдары жөнүндөгү бир далай ырларынын кайталанбас оригиналдуу, ишенимдүү, күчтүү чыгышынын эң түпкү себептери дал ушунда.

Белгилүү го, Осмонов өмүрүнүн соңку он жылга жакынын негизинен карапайым колхозчулардын жана жумушчулардын арасында өткөргөн. Албетте, калемгердин эмгекчи калк арасында жөн гана күн өткөрүп жүргөнүндө эч кандай артыкчылык деле жок. Дайыма эмгекчи элдин ичинде жүрүп, бирок анын санаасын жана ой-тилегин, эмне менен дем алып жатканын билбей калышка да болот. Кеп элдин арасында жөн гана жашашта эмес, кандай жашашта эмеспи. Осмонов карапайым эмгекчилердин арасына кокустан туш келген конок катары эмес, сырдана өз кишиси катары кирип, алардын кайгы-шаттыгын кошо бөлүшүп, жамандык-жакшылыгын кошо тартышкан. Акын эмгекчи элдин ички дүйнөсүн, идеалдарын жана муктаждыктарын дурус билгени да биринчи иретте ушуну менен түшүндүрүлөт:

Карапайым эл менен ниеттеш жана жан бирге жашаган акын дүйнөгө элдин көзү менен назар салып, ар кандай нерсени элдик эстетиканын өлчөмдөрү менен ченөөгө далалат жасайт. Ошол себептен ал алачыгы менен чапаны тер жыттанган коончудан, спецовкасы сырга чыланган орой сөздүү малярдан, колдору туурулган кызылчачы келинден чыныгы сулуулуктун жышаандарын табат; плотниктин ар бир сүргөн сүрүндүсүн, дубалчынын кызыл кыштарын, дыйкандын жөнөкөй кетменин баарынан кымбат көрүп ырга кошот.

Ал эмгекчи адамдардын турмушун, салт-санаасын, кылган жумушун, тиричилик өзгөчөлүктөрүн чын пейли менен жакшы көрөт, терең ынтызарлык менен көтөрө чалып ырдайт, кээде сөздүн оң маанисинде идеализация да кылып жиберет. Алсак, колхозчулардын жер айдашын, чөп чабышын, орок орушун, мал багышы, буудай сапырышын, жыйын-терим бүткөндө бозо ичип дуулашын, тандырдан үзүлгөн нандын ысык жытын, жайылган сууга термелген аштыктын шуудурашын, айтор, колхоз турмушундагы кыймыл эткен көрүнүштөрдүн баарын ал чыныгы

www.bizdin.kg

поэзия деп кабыл алат. Атүгүл колхозчулардын өмүр сүрүшүнө чындап көз артып, ичи элжиреп тамшанат:

Аттиң өмүр, арман өмүр көп түрлүү,
Таалайга чак өлчөмү бар бөлүмдүү,
Болор элем кырманына корукчу
Эгер болсо айтканыма көнүмдүү.
Ай, чын эле болбогондо эмине,
Колхозчулук кандай кызык, көңүлдүү!

Ал эми жумушчулардын турмушун кызыктарга жана кереметтерге, бир башкача буюмдарга жана адамдарга толгон өзүнчө бир сырдуу дүйнө кылып көрсөтөт:

Көрүү керек аманчылык бар чакта
Ким кызыкса, сулуулукка, гүл бакка.
Таң калтырып чыгышка аккан суулары,
Жумушчу аттуу бир дүйнө бар биз жакта.

Алыкул огеле көп ырында карапайым адамдарга тамчы суудай жасалмалыгы жок бийик урмат менен мамиле кылып, чын көңүлүнөн чыккан асыл сезимдерин жолдогондон тажабайт. Бирок ал ошол сезимдерин билдиргенде дүңгүрөгөн салтанаттуу сөздөргө кайрылып кыйкырбайт, урмат-сыйын улам-улам ачык декларация кыла бербейт, тек гана анын кызылчачы келин же коончу, мурап же жылкычы, маляр же плотник жөнүндөгү жөнөкөй ырларынан аларга карата ызат жана адамдык мээрим шоолаланып турат.

* * *

Өзүнө өмүр, тил, ырыскы берген бир боор калкын жерип, ага кайдыгер караган адамдар бу дүйнөдө өтө эле сейрек болсо керек. Айрыкча чыныгы патриот акындар эч качан анте албайт: Алыкул Осмонов: «Мен — кыргыздын акыны» деп көкүрөккө сыйбаган мактаныч менен айткан. Ал өз элинин өткөндөгү тарыхына каңырыгы түтөгүчө кайгырып, кийинки бактылуу көрүнгөн тагдырына аябай кубанып, жаркын келечегин ойлоп таттуу кыялдарга баткан: анын өз комузу сыяктуу бир караганда жөпжөнөкөй, бирок «айтып болгус өнөрү бар» экенин, жайдары

www.bizdin.kg

мүнөзүн, айкөл пейлин, мейманчыл жосундарын, нускалуу үрп-адаттарын, бактыга текеберсип бой көтөрбөгөн, кайгыга чүнчүп басынбаган карапайым адамдарын жанындай жакшы көрүп, ызат кылган, ырга кошкон. Анткен менен ушул анын жакшы көрүнүшүндө жана ызатында бир беткей көтөрө чалуу, жалган патриотчулук, сокур кулдук уруу, улуттук үрп-адаттарга жаман менен жакшысын ажыратпай суктана берүү караманча жок. Ал өз элине чоочун көз менен реалдуу карап, анын жашоо ыңгайындагы, кулк-мүнөзүндөгү, салт-санаасындагы терс көрүнүштөрдү кыраакы баамдай алган; маданияттуу жаңы турмушка биротоло өтүшкө жолтоо кылып жаткан адаттарын эрээн көрбөй жүргөн улутташ туугандарын ошолордон эртерээк кутулууга чакырган.

Ырас, анын чакырыгы кээде (айталык, «Атбашы» деген ырында) түздөн түз насыятчыл мүнөз алып, ошонун айынан эмоциялык жугумун бир далай күчсүздөндүрүп койгон. Деги Осмонов карандай дидактикага кайрылса эле, айтайын деген ою дайыма кургак үгүткө айланып, ойдогудай таасир бере албай калат. Акындын чакырыгы жылаңач насаат шекилинде эмес, көркөм ой жүгүртүү түрүндө айтылганда гана каалагандай таасир калтырган.

Революцияга дейре көбүнчө мал чарбасы менен көчүп-конуп күн көргөн кыргыз эли социалисттик курулуш жылдарында отурукташкан турмушка өтүп, ырыскысын материалдык өндүрүштүн малчылыктан башка сфераларынан таба баштады, коомдук эмгектин жана үй тиричиликтин жаңы формаларын өздөштүрдү, жалпы жашоо ыңгайын жаңыртуу жагынан өтө чоң жылыштар жасады. Бирок элибиздин, айрыкча айыл-кыштак калкынын практикалык аң-сезиминде, жаратуучулук аракеттеринде, эмгекке карата мамилесинде эскиче өнөкөттөрдүн инерциясы көпкө чейин өкүм сүрдү. Алыкул Осмонов өз жердештеринин тиричилигиндеги жана психологиясындагы эскичиликтин официалдуу сынга алынбаган саркындыларын катуу өгөйлөп, айрым улутташтарынын телегейге текши мүмкүнчүлүк ачкан заманда тың оокат кыла албай, жалкоолугу менен илээндилигин жеңе албай, «күн өтсө-эсеп» деген кунарсыз «философиядан» кутула албай жүргөнүнө күйгүлтүк тарткан. Буга айкын мисал анын «Казакбай» деген ыры.

www.bizdin.kg

Өзү айдабай бирөөдөн сурап алган картошканы бир кадактан май кошуп «алдап» жеген, күзүндө өз эгинин арзан сатып жиберип, жазында кайра кымбат сатып алган Казакбайды акын аябай какшыктап, анан бир азга олуттуу боло калат:

Кечээ келген тууган элдер бир далай,
Мейманчылап келгенине карабай,
Бакча айдады, заңгыраган үй салды
Чарбасы да сенден мыкты, сенден бай.

Ушинтип Казакбайдын ар-намысына тиет да, анан күйдүргү иронияга өтөт.

Алда сенин эпчил өскөн каадаң ай,
Жыртык тамың жыртык бойдон, Казакбай!

Жаңы турмушка өткөнүбүзгө көп убак болсо да, оокат кылгандын жайын оңдуу билбей, маданияттуу жаңыча жашаштын көзүн жакшылап таба албай жатканыбызга анын жаны ачып, ары келет. Ошол себептен ал ырдын аягында:

Айтар сөздү айтуу керек калп айтпай:
Элдер жаман
Же биз жаманбыз, Казакбай!—

деп чындыкты тайманбай тике бетке айтат.

Улуттук сезим өтө назик, арчыл, ызакор келет. Муну айкын билген акын кез-кезде, аябай күйүп-бышканда гана өйдөкүдөй бетке чабарлык кылган. Ал эми калган учурда ал улуттук салтыбыздагы жаңы замандын духуна кайчы келген жорук-жосундар жайын кылдат, чебер, аяр менен айткан. Жок, ал жөн эле айтып койбостон, кандаш туугандарын ошол жорук-жосундар тууралуу өзү менен кошо жай ойлонуп көрүүгө чакырып сырдашкан. Буга далил бештен белгилүү «Уйкум келет» деген ыр.

Абаке ай, кечээ күнкү биз жеген эт,
Андай эт майга оронуп күндө келет.
Кандайдыр биз билбеген күчү бар бейм
Ыксырайм, уйкум келет... уйкум келет...
Урушпа, сага бир кеп айткым келет,

www.bizdin.kg

Ал этти парыз бекен күндө жемек?
Жаштардын кол-аягы ичке болуп,
Кыздарга кайдан бүткөн одоно бет?
Кейибе, эмнени айтып дөөдүрөйт деп,
Эт жемек өнөр бекен күндө тердеп?
Касымкул неге жалкоо, билесиңби,
Дале жок «ана келет, мына келет».
Максат жок эт жебегин, аба демек,
Мен жүрөм күчүбүздү дайым ченеп,
Таарынба, чычалаба ачык сөзгө
Эмне үчүн биздин элдер борпоң делет?
Муну айтам, эгер берсең мага кезек:
Орустун көп даамына руксат этсек,
Кара көз, чымыр дене көркүн алып,
Бир сонун гүлдөр элек, гүлдөр элек...
Кой дебейм, эмне берсең өзүңдө эрк,
Менде жок эт жебейм деп кесирленмек...
Өзүмчө бир байкаган сырымды айттым,
Негедир уйкум келет, уйкум келет...

Ырас, аталган ыр төрт тарабы төп келген поэзиялык табылга деле эмес. Асыресе анын «техникалык аткарылыш» жагынан өксүктөрү бар: кээ бир саптарынын ички энергиясы аз, айрым сөз айкалыштарынын мукамы жок, уйкаштарынын бир даары элдир-селдир. Ырдын идеясындагы айрым моменттер да талаш маселедей туюлат. Айтсак, атпай кыргыз балдарын эски убакта деле, жаңы доордо деле күн сайын табак-табак эт жей бергендей көрсөтүү анча ынандырбайт. Элибиздин кулк-мүнөзүнөн, жүрүм-турумунан, кылган-эткенинен орун алган кай бир терс көрүнүштөр жалаң гана эт жей бергенден келип чыккан дегендей кылтыйма ой да кадыресе бир беткей сыяктанат.

Ошентсе да «Уйкум келет» адеп окуган ар кандай улуттук китепкөйдү таасирлентпей, ойго салбай, өз элинин демейки тиричилигине, каадалуу расмилерине, дагы башка улуттук өзгөчөлүктөрүнө жаңыча караттпай койбойт. Атүгүл ал ыр Осмоновдун акындык жана ойчулдук башкы сапаттарын түшүнүү үчүн өзүнчө бир ачкыч сыяктуу көрүнөт. Себеби ал ырдан бир чети акындын айтайын дегенин конкреттүү, предметтүү, ассоциациялуу айта алганы, акын-

www.bizdin.kg

дык ойлоо жана туюнтуу маданиятынын жогору экени даана көрүнөт, бир чети анын тунук акылы бары, өз алдынча ой азабын тартканы, катарлаштарынын көбүнө караганда дүйнөгө жаңыча мамиле кылганы, улуттук аң-сезимдин жаңы баскычына көтөрүлүп барганы айкын байкалат.

Ырдын мазмунунан сезилип турбайбы: акын өз калкын жан-дили менен жакшы көрөт, ага жалаң гана жакшылык каалайт, анын айрым кедери тартма өнөкөттөрүнө күйүп-бышат; өз улутташтарынын өнүккөн элдерге теңелип оокат кылганын, маданияттуу жашоо ыңгайын байырдаганын, башкалардан кем калбай келечекке арыштагынын чын пейилден көргүсү келет. Ошол себептен ал кыргыз турмушуна жана салт-санаасына кирген ар бир жаңылыкка (мейли, кичинекей эле жаңылык болсун) акындык назарын түшүрүп, сүймөнчүлүк менен ырга кошот. Айталык, бир кыргыз чалдын кошуна орус калкын туурап эркек кашка торпогун саан уйга берилчү ат менен чакырганы биздин салтка кошулган өтө чоң, мааниге бай, принциптүү жаңылык деле эмес. Кадыресе кичинекей, бир аз жылмаюу туудурган турмуштук факт. Бирок ошол фактыны акын «Жаңылуу» деген ырында дегеле бир чоң окуя, олуттуу жаңылык сыңары жетине албай маашырканып, ичи элжирей толкундап кеп кылат. Ал эми «Коммунизм колхозу» деген ырында алма менен жүзүмдү, сабиз менен пиязды, дагы башка жер-жемиш менен жашылчаны көп эктирген Билаалы башкармага абдан ыраазы болот, ошол айылдын жаңы тукуму «көктү» көп жеп чоңойгон балдары балбан, чыйрак, сулуу чыкканына сонуркайт.

Албетте, кыргыз поэзиясында баштараак анча козголбогон мындай темаларга Осмонов кокусунан эмес, өз калкынын тарыхый тагдыры жана азыркы ал-абалы, жаңы турмуш жолундагы табылгалары, этектеп кармаган каргашалуу үрп-адаттары тууралуу далай жыл чымыркана ой-санаа тартып жүрүп келген. Баса, өлөрүнө жакын акындын жумушчу темасына кайра-кайра кайрылганын да ошол багыттагы тынымсыз ой жүгүртүүлөрдүн натыйжасы деп кароого болот. Чынында да ал темага Алыкул кандайдыр бир адабий же башка коомдук таасирлерге жетелегенден эмес, өз алдынча дүйнө таануу, ойлонуу, изденүү процес-

www.bizdin.kg

синде келип кабылган өңдөнөт. Сыягы, акын кандаш-жандаш калкынын жаңырган тагдырындагы, жашоо ыңгайындагы, аң-сезиминдеги, өз кадырын аңдап билишиндеги сапаттык өзгөрүүлөр улуттук жумушчу табынын жаралышына жана калыптанышына байланыштуу болорун айкын түшүнгөн шекилди.

Осмоновдун бир катар ырларында, асыресе «Балыкчыдан Фрунзеге» («Келиндин сөзү»), «Мен почтобай, почтобай», «Жеңемдин сөзү», «Устанын сөзү», «Мураптын ыры» дегендеринде жөнөкөй эмгекчи адамдардын ой-сезимдерин, түшүнүктөрүн, турмушка жасаган мамилесин алардын өздөрүнүн атынан, өздөрүнүн ойлоо жана айтуу манерасы менен берүүгө аракет кылган. Андай ырлардын айрымдарында (маселен, «Балыкчыдан Фрунзегеде») жандуу интонация, поэтикалык касиет бар, ал эми көпчүлүгүндө карапайым кишилердин чыныгы аң-сезимине, кайгы-кубанычына, абыгерчилигине анча деле коошпогон жасалма акыйкаттар айтылат. Алсак, «Жеңемдин сөзүндө» колхозчу аял өзүнүн жазгы-күзгү суукта да, жайкы ысыкта да жазып-тайып чырныктап койбогонун, деги толгон токой кыйынчылыкты баштан өткөрсө да, бир сапар оорубаганын мындайча түшүндүрөт:

Анча-мынча ажалдан
Алып калат колхозум,
Анча-мынча оорудан
Сактап калат колхозум.

Албетте, бул ыр колхозчу аялдын өз ортоктош чарбасын жакшы көргөнүн, ызат кылганын, медер тутканын берейин деген асыл ниет менен жазылган. Бирок өйдөкүдөй ашкере саясатташкан, ынанымсыз граждандык мүнөз алган, жөнөкөй адамдык мээримден айрылган ой-пикир реалдуу колхозчунун аң-сезиминде жашашы, оозунан чыгышы күмөндөр иш.

А. Осмоновдун согуштан кийинки лирикасында обон менен, хор менен ырдалууга атайын арналган тексттер да бар: «Жеңиш ыры», «Тосуп алуу», «Учкуч күүсү», «Кыздардын күүсү», «Үйлөнүү ыры», «Физкультурниктердин маршы» ж. б. Тек булардын бирди-жарымынан башкасы музыка менен жупташып кеткен жок, көпчүлүк тарабы-

www.bizdin.kg

нан ырдалса деген автордун илгери үмүтүн актаган жок. Ырас, кайсы бир поэзия чыгармасынын обонго салынып, эл арасына тарап кетиши дайым эле анын мазмун жана форма жагынан сонундугун күбөлөбөйт, анткени профессионал ырчылар, жөнөкөй ышкыбоздор, катардагы адамдар ырдап жүргөн обондордун тексттери демейде жармач эле болот. Буга кыргыздагы көп сандаган азыркы обондордун сөздөрү айкын мисал. Биздеги обондуу ырлардын анча-мынчасынын тексттери гана музыкадан ажырап турганда, кагаз бетинен окулганда кадыресе дурус поэзия чыгармалары катары кабыл алынат. Тилекке каршы, Осмоновдун обонго салынса деп жазган ырлары көркөмдүк касиеттерге чукак, өз алдынча өмүр сүргөнгө жарамсыз. Алар өз заманынын поэтикалык фонуна салып караганда деле образдык мазмуну, ырдык фактурасы, жазылыш ыкмалары жагынан комсоо көрүнөт.

Айтор, Осмоновдун өмүр соңуна жараткан акындык мурасында нукура көркөм сөз даражасына көтөрүлө албай, мезгил сыноосунан өтө албай калган лирикалык саптары да бар, атүгүл «Коргон ташты жайладык», «Чапак», «Качкынбай качак», «Ден соолук» сыяктуу оозеки жамактардан алыстап кетпеген ырлар да жок эмес.

Алыкул Осмоновдун ырларынын арасында элдик поэзиянын айрым үлгүлөрүн тууроо, жаңылоо, стилдештирүү багытында жазылгандары да бар. Алардын бир даарында («Бекенбиз», «Бекбекей», «Күнгөн», «Кыз өпмөй» ж. б.) элдик ырлардын строфалары же келки-келки саптары бүкүлү алынып, тек кээ бирлери гана жаңы замандын белгилерин чагылдырган сөз айкалыштары менен алмаштырылат. «Саанчы жеңе», «Жар көрүү», «Ай көрүү», «Аккан суу», «Жазгы суу» сыяктууларында элдик ырлардын ритмикасы, интонациясы, ыкмалары, образдык мотивдери гана активдүү пайдаланылат. Ал эми «Соко жыгуу», «Саман тартуу», «Бүркүт таптоо», «Кой төлдөтүү», «Айрөк» өндүүлөрүндө улуттук жашоо ыңгайындагы, каада-салттагы, эмгек сферасындагы кай бир мүнөздүү өзгөчөлүктөр элдик поэзиянын духунда, стилинде ырга айландырылат.

Өмүрүнүн соңку жылдарында фольклордук формаларга кайрылышы, фольклор тибиндеги ырлар жазышы А. Ос-

www.bizdin.kg

моновдун ички муктаждыктары менен шартталган. Арийне, болочок акын төрт-беш жашынан эресеге жеткиче шаар чөйрөсүндө, элдик оозеки поэзиянын кайнаган стихиясынан тышкары жүрүп, өз калкынын көркөм тажрыйбасын, тилдик духун жаш чагында кан-жанына терең сиңире албай калган. Бир нече оригиналдуу жана котормо ыр китебин чыгарып, акындык өнөр өмүрлүк кесиби болгонун ачык туюнганда Осмонов өз рухий маданиятында өксүк барын аңдап билип, тууган элинин тил байлыгын, оозеки көркөм дөөлөттөрүн жакшылап өздөштүрүү зарылчылыгына келип такалган. Анан ал 1930-жылдардын аяк ченинен эл оозунан жазылган фольклордук материалдардын басмадан жарык көргөндөрүн, кол жазма түрүндө сакталып тургандарын атайын кунт коюп, конспектилеп үйрөнө баштаган. Буга анын ошол мезгилде чөнтөк дептерлериндеги фольклордук кол жазмалардан көп сандаган көчүрмөлөр айкын далил[12]. 1940-жылдары А. Осмонов кыргыз айыл-кыштактарын кыдырып, кээ бирлеринде узак убакыт байырлап туруп, улуттук оозеки поэзия менен тикелей таанышкан, анын ар кыл үлгүлөрүн эл оозунан өз бетинче жыйнаган.

Өз калкынын оозеки көркөм сөз мурасын таанып билүү Осмоновдун акындык аң-сезимин кеңейткен, тилдик туюмун курчуткан, сөз байлыгын арбыткан. Бирок акын элдин эстетикалык тажрыйбасынан таалим алуу менен чектелбей, фольклордун кээ бир жанрларын, образдарын, сюжеттерин өз чыгармачылык мүдөөлөрү үчүн пайдаланган, асыресе элдик ырлардын негизинде жаңы ырлар жараткан. Мунун баары Осмоновдун фольклордук салттарды өздөштүрүү жолундагы активдүү аракеттеринен болгон. Тилекке каршы, ал аракеттердин айрымдарынан алгылыктуу чыгармачылык акыбет кайткан эмес, айрыкча эски элдик ырлардын жаңы заманга ылайык варианттарын жаратуу демилгеси, кээде оңунан чыкпай калган[13].

Экинчи бир белгилеп өтчү нерсе: өзүнө муундаш көпчүлүк акындарга караганда А. Осмонов эл оозеки чыгармачылыгына кадыресе аң-сезимдүү мамиле жасаган, анын идеялык-эстетикалык сабактарын профессионалдык ыр маданиятынын позициясынан өздөштүрүүгө умтулган. Мунун өзү улуттук жазма поэзиябыздын өнүгүш тарыхындагы жаңыча бир кадам, элдик ырдын салттарын профес-

www.bizdin.kg

сионалдык ыр өнөрүнө сиңирүү жагынан алгачкы тажрыйба болгон.

*

Алыкул Осмоновдун акындык мурасында поэмалар да орчундуу орун ээлейт. Алардын дээрлик баары көлөм жагынан чакан, айрымдары атүгүл сюжеттүү ырлар шекилдүү кыска.

Бир катар поэмалар жалпы кыргызга белгилүү эле уламыштардын негизинде жазылган. «Толубай сынчы» (эки вариантта), «Мүнөз ойну», «Мырза уул», «Карагул», «Домонун кызы». Буларда баштан-аяк кара сөз же ыр аралаш кара сөз түрүндө айтылган элдик сюжеттер анча деле татаалданбай, санжыргаланбай, жаңыланбай кайталанган. Башкача айтканда, даяр материалдарды профессионалдык поэзиянын туюнтуу каражаттары, ыкмалары менен баяндап берүүдө А. Осмонов өзүнүн акындык чеберчилигин, эргүүсүн аянбай эле сарп кылган.

Аталган поэмалардын идеялык мазмунунда элдик оозеки чыгармаларда калыпка салынган духовный дөөлөттөр, демократчыл көз караштар, гуманисттик түшүнүктөр, философиялык элестер жатат. Поэмалардын сюжеттик өнүгүшү да үстүнөн кайпытма ыкмаларга салынбай, майдалап деталдаштыруу жолуна түшпөй, кадыресе динамикалуу темп менен жүрүп отурат, бир топ кызыгуу менен кабыл алынат.

Осмоновдун «120 жаштагы алма бак менен 115 жаштагы Шевкет Гирей» дегени да фольклордук негизде жазылган сыяктанат. Баш каарман багвандын Шевкет Гирей аталышына караганда поэманын сюжеттик мотивдери крым татарларынын, карачай-балкалардын оозеки айтылып жүргөн же китеп бетине түшкөн кайсы бир аңыз сөзүнөн алынышы ыктымал. Бирок ал мотивдер бүт бойдон акындын кыялынан жаралышы да мүмкүн. Айтор, сөз болуп жаткан чыгарманын мазмундук уюткусунун төркүнү кайда барып такаларын азырынча так көрсөтүп бериш кыйын.

Чын-чынына келгенде, поэмада кандайдыр бир татаал окуя деле жок, анын мазмуну карыган Алма жыгачы менен карт Багвандын айтышынан гана куралат. Тактап айт-

www.bizdin.kg

канда, жыл сайын түшүм берип турган Алма туура 120 жашында куурап калса, аны 115 жашка чыккан ээси Шевкет Гирей отунга кыймакчы болот. Ошондо ызаланган Алма тилге кирип, өзү кылым ашуун адамзатка үзбөй мөмөсүн берип келсе, эми мамынтип карылыктан куурап турса, жакшылыгын көп көргөн киши ыракмат айтып койбогонуна таарынат, жүздөн ашып жашаганы, теңтушу жана бала-чакасы жок калганы, өмүргө тойбогону үчүн карт багванды кызууланып күнөөлөйт. Шевкет Гирей Алманын таарынычын, акааратын, дооматын калбааттык менен угуп, алардын баарына салабаттуу жооп кайтарат. Карт багван адам баласы жашоого соргок келерин, табияттан күчтүүлүк кыларын, Алманын өзүн да жүз ашыра жашаткан ошо адам экенин айтат, тирүүлүк дайыма өлүмдөн өйдө турарын жар салат. Анан Шевкет Гирей Алма жыгачын кыйып, отун кылат, улуу оттун ысыгында мемиреп жатып түбөлүк уктап кетет. Анын сөөгүн көпчүлүк баягы өзү кыйган Алманын ордуна көөмп коет, кийин ошо мүрзөдөн алма көчөт өнүп чыгат. Ошентип, карт багван өз өлүмү менен да адамдын жаратмандык кудуретин, жердеги тиричиликтин эч качан оту өчпөсүн аныктайт.

«120 жаштагы Алма бак менен 115 жаштагы Шевкет Гирей» — философиялык мүнөздө, көркөм шарттуулук ыкмасында жазылган поэма. Анын стилдик жана ырдык структурасы төрт тарабынан төп келишип бүткөн эмес, бирок бир кыйла сыйда, таасирдүү чыккан. Сыягы, ал көп ирет көчүрүлүп, сүрүлүп-жонулуп, өтө тыкан иштелбесе да, абдан күчтүү акындык эргүү абалында жазылса керек.

Осмонов элдик сыйкырдуу жомоктордун, айрым адабий чыгармалардын шарттуу-фантастикалык ыкмаларына салып да азыркынын уламышы шекилдеги эки поэма — «Махабат» менен «Эшимкандын терегин» жараткан. Экөөнүн тең негизги окуялары акын өзү жашап турган мезгил менен байланыштырылган.

Поэмалардын биринчисинде эки жаштын кереметтүү сүйүүсү жөнүндө айтылат. Күлшайы аттуу селки Касым деген айылдаш жигитке сыртынан ашык болуп, анысын туйдура албай жүрсө, капыстан согуш чыгат. Касым өзүн бир кыз сүйүп жүргөнүн билбеген бойдон кан майданга кетет. Андан эки жылдай кат-кабар келбей, Күлшайы оор

www.bizdin.kg

кайгыга батат, бар күчүн ыйга чыгара берип, акыры сокур болуп калат. Касым ошол тушта уруштан эки буту жок келет. Азиз кыз менен мунжу жигит бир күнү элдин көзүнчө кайманалап сыр айтышат, бирин бири табышат. Көпчүлүк бата берип, той жасап, эки майыпты үйлөндүрүп коёт. Мажнундар баш кошкон соң «кырк күндөн кырк бирине ооган түнү» Күлшайынын эки көзү кайра көрүп, Касымдын эки буту соо чагындай кайра бүтөт».

Ал эми экинчи поэмадагы окуя төмөнкүдөй. Колхозго бөтөнчө адал иштеп, ак пейилдик көрсөткөнү үчүн эпкиндүү дыйкан Эшимкан карыяга үстөккө-босток оомат келе баштайт. Ооматынын эң башкысы: эчкиси отуз улак тууп, отузу жыл айланбай жүзгө чаап барат; бир жылы сыйлыкка көк кунажын алса, анысы малда жок сүттүү чыгат; бир жылы өмүрү согончогу канабаган, төрөт курагынан өтүп кеткен аялы уул төрөп берет; кечинде бешик той жасап, эртеси эшикке чыкса, ат байлаган мамысы кучак жетпес терекке айланып калат. Ошо кереметтен бүткөн дарак жалбырагын күзүндө саргайтпай, кышында төкпөй, дайыма жапжашыл бойдон турат. Анын алдына келип эс алса, колхозчулар күч-кубатын арттырат; түнөп кетсе, оорулар кулангдан соо болот; той өткөрсө, жаңы үйлөнгөндөр ынтымак-ырыска маарыйт. Эшимкандын уулу үчкө толгондо касиеттүү тереги капыстан саргайып, көркүнөн таят. Анын бир аян берип жатканын сезип-туйган эл жанына келсе, терек жалбырактарынан кан бүркүп жиберет. Көп өтпөй кандуу согуш башталып, жаштар жоого аттанат, картайган Эшимкан да суранып атып аскерге алынат, жумушчу батальонунда кызмат өтөйт. Кан күйгөн жылдарда Эшимкандын тереги биздикилер жоого мөрөй алдырып койсо, «баркинен шуудур-шуудур мөндүр төгүп», душмандын сазайын берсе, «баркинен өрүк менен мейиз төгүп» турат. Бирок ошондой тири укмуш терекке да кара санагандар табылат. Айылдын атыккан жалкоолору, уурулары, аракечтери, калпычылары Шооруқ, Калмат дегендер кыш чилдесинде отундан жутап, Эшимкандын терегин кыйып жагалы дешет. Терекке ара салышса, анысы карс сынат, балта чабышса, өздөрү чалкасынан кетет. Айтор, терек эки шүмшүктүн тилегин таш каптырат. Аңгыча болбой согуш бүтүп, жоокерлер туулган жерине кайта баштайт,

www.bizdin.kg

башкалардан саал кечигип Эшимкан да айлына келет. Ал чырныктап келип, эки-үч күн үйүндө эшикке чыкпай жатат. Ошо маалда Калмат менен Шоорук кан майдандан кайткандардын түлөө тойлорунда дуулап жүрүшүп, Эшимкандын келгенин укпай калышат. Аракка тойгон эки кесеп кечигип келбей аткан Эшимканды өлдү деп аялына угузсак, ал күйүткө алдырып, бизге терегин кыйдырып жиберер деген арам ойго азгырылышат. Алар Эшимкандын үйүнө «эсил кайрандап» өкүрүп келишет. Ачууланган Эшимкан Шоорук менен Калматты терекке бек таңып салып, ошо бойдон үч-төрт күн тим коёт. Терек эки шүмшүктүн бүт арамдыгын соруп алат. Алар жаман пейли-куюнан кутулуп, дегеле сонун адамдар болушат. Ал эми Эшимкандын терeги дайыма жашыл көркүн кулпуртуп, элге-журтка шарапатын тийгизе берет.

«Махабаттын» да, «Эшимкандын терегинин» да сюжеттик өзөгү абдан кызыктуу ойлонулган. Башкача айтканда, реалдуу турмушта болбой турган окуялар карандай кыялдан чыгарылып, ырааттуу көркөм логикасы менен көңүлгө ынанчу шарттуу көркөм формага түшүрүлгөн. Ушундан эле А. Осмоновдун өткүр акылдуу, өөрчүгөн фантазиялуу, издениши олуттуу акын экенин дагы бир жолу байкоого мүмкүн.

Осмоновдун өз заманындагы жандуу турмуш менен байланышкан, бүтүндөй реалисттик планда жазылган бир топ поэмасы бар. Атап айтканда, алар: «Ок жаңылды», «Чоң канал», «Менин энем», «Күлүйпа», «Майдын түнү», «Ким болду экен?», «Үч аяк», «Өлүп тирилгендер», «Жеңишбек».

«Ок жаңылды» менен «Чоң Чүй канал» — акындын али калеми төшөлө элегинде жараткан поэмалары. Алар сюжеттик негизи жана ырдык фактурасы боюнча жармач келип, атайын узун сабак сөз кылганга арзыбайт.

«Менин энем» поэмасындагы окуя Ата Мекендик согуш мезгилинде Украина жеринде өтөт. Салгылаш учурунда советтик аскер бөлүгүнүн туусун Энеге кенже уулу Слава катып коюуга берип кетет. Эне тууну жаздыкка жашырып атса, Миллер, Фон-Викент деген эки гестапочу кирип келет. Миллердин буйругу боюнча тинтүү машакатын үй ээси кармап турган жаздыктан баштамак болот, бирок Эне эптеп шылтоо таап башка бөлмөгө чыгат да, тууну беки-

www.bizdin.kg

тип кайтат. Фон-Викент үй бурчунан туунун кан болгон сабын көрүп, Энеден жаздыкты талап кылат. Эне туунун эми табылбай турганын тайманбай айтат. Жинденип кыйкырганынан, опузалаганынан эч нерсе чыкпаган соң Фон-Викент Энени атмак болот, тек дити барбай, колу калчылдап, эки жолу ата албай коет. Миллердин кыстоосу менен ал үчүнчү жолу тапанчасын мээлеп жатканда Слава баштаган партизандар кирип келип, эки гестапочуну колго түшүрөт. Ошондо Фон-Викент Энеге өзүн таанытып, андан жан соога сурайт. Көрсө, Фон-Викент Эненин тун уулу Виктор экен. Ал колхозго таарынып элден-жерден качыптыр, көп жыл гестапого кызмат өтөптүр, эмиминтип өз журтуна өң-түсүн өзгөрткөн бойдон желдет катары келип, өз энесин сүрдүгүп ата албай коюптур... Эне маңдайында турган шүмшүк өзүнүн «сасык жумурткасы» экенин таанып, аны өз колу менен атып өлтүрөт.

Арийне, поэманын окуялык негизи авторго жакшы тааныш турмуштук фактылардан алынган эмес. «Менин энемдегидей» сюжеттик мотивдер согуш учурунда орусча жарыяланган көркөм чыгармаларда, публицистикалык макалаларда, газеталык кабарларда көп кайталанган. Сыягы, Осмонов аталган поэмасын эң оболу китептерден алган таасирлерине, газеталык информацияларга, өз фантазиясынын жаратмандык күчүнө таянып жазса керек. Ошон үчүн поэмада башкы окуянын өзөгү да, турмуштук фону да болжолдуу, шарттуу.

Бирок бул поэманын жамалдуу жактары да аз эмес. Асыресе анда бир кыйла динамикалуу жана драмалуу сюжет бар, таасирлентүү күч менен туюнтулган турмуштук деталдар, психологиялык сүрөттөр, поэтикалык саптар бар. «Менин энемде» автордун интернационалдык темага кайрылганы, башка калктардын өкүлдөрүнүн образдарын түзүүгө демилге кылганы да өз учуру үчүн актуалдуу болгон.

Осмоновдун «Күлүйпа», «Майдын түнү», «Ким болду экен» аттуу поэмалары да «Менин энем» сыяктуу эле согуш темасына арналып, окуялуу мазмунда жазылган. Маселен, «Күлүйпада» колхозчу кыз кан майдандан эки көзү соолуп кайткан жигитин «баштагыдан ысык сүйүп», аны менен эч кыңырылбай турмуш курат. «Майдын тү-

www.bizdin.kg

нүндө» болсо келинчегин обу жок кызганган Баян уруштан жараланып кайтат да, үйүнө кабар бербей түндөп келет, терезесинен шыкаалап, алганы Бүбүштүн кер мурут бирөө менен кучакташып жатканын көрөт. Баян кызганчаак кыялын карматарда тиги кер мурут Бүбүштүн курдашы Батышжан болуп чыгат. Көрсө, Батышжан өз демилгелүү спектаклде жигиттин ролун аткарып келип, гримчен бойдон эле Бүбүштүн жанына жатып калган экен. Ал эми «Ким болду экен?» поэмасында мындай окуя баяндалат: Айыл ичинде Сонун деген кыз мересирээк мүнөзүнөн улам Күлбөс атка, Бактыбек деген жигит жоош-момундугунан Баркалбас атка көчөт. Согуш баштала электе Баркалбас сүйө турганын айтса, Күлбөс аны теңсинбей коёт. Кан майданга барганда Баркалбас каарман атыгып чыга келет. Күлбөс фронтко баатырдын баатырына тийсин, ошо баатыр, эгер өзү каалаcа, мага жар болсун деп жоолук, кат жиберсе, алар баягы Баркалбаска ыйгарылат. Эки айылдаш кат алышып, сыртынан жактырышып калат, бирок алар бири баягы Күлбөс, экинчиси Баркалбас экенин билишпей, ар кимиси өзүнчө күдүктөнө берет. Акыры күдүк ачылып, кимдин ким экени билинип, эки жаш баш кошот.

«Күлүйпа», «Майдын түнү», «Ким болду экен?» поэмалары да түпкүлүгүндө өз маалындагы жандуу турмуш, идеология, социалдык психология менен шартталган, бирок, негизинен, жазуучулук фантазиянын аракети менен курaштырылган окуялар тобун камтып турат. Акын сунуш кылган же таңуулаган «оюн эрежелерин» кабыл алган окурманга аталган чыгармалардын сюжеттери эч жасалмалыгы жоктой, кадыресе ынамдуу, логикалуу чиеленип, өнүгүп, чечилип жаткандай эле көрүнөт. Каармандардын жүргөн-тургандарынын, кылган-эткендеринин психологиялык жактан мотивировкаланышы да шарттуу көркөм чындыкка кайчы келбейт. Ал эми поэмалардын ичиндеги айрым турмуштук көрүнүштөр, пейзаждык кубулуштар, каармандардын кээ бир кыймылдары жана ички кайрыктары сүрөткердик баамга таамай илиндирилгени, поэтикалык тилде нары элестүү, нары таасирдүү берилгендиги менен маашыркантат.

Сөз болуп жаткан чыгармалардын ар биринде кыска аңгеме же бир көшөгөлүү пьеса кылып жазганга толук

www.bizdin.kg

жарагыдай материал бар. Буга «Ким болду экен?» поэмасынын сюжеттик мотивдери саал мурдараак ошол эле аттагы чакан пьесада пайдаланылганы айкын далил. Айтор, үч поэманын тең окуялары өтө мыкты болбосо да, бир кыйла дурус ойлоп табылган. Баарынан ийгиси — ошол окуялардын жүрүшүн ыкын артыкча деталдаштырып, прозалаштырып да ийбей, үстүнөн кайпытып, желдирмеге салып, чаргытып да кетпей ырдык каражаттар менен бир далай конкреттүү, кызыктуу баяндап бергени. Ошон үчүн «Күлүйпа», «Майдын түнү», «Ким болду экен?» жалпысынан көңүл тартып, жеңил окулат, жакшы таасир калтырат.

Улуу жеңиш туудурган жалпы элдик шаттуу маанай, кубанычтуу ой-сезимдер, шаң-салтанат советтик поэзияда шаңгырап жаңырыктабай койгон жок. Маселен, согуштан соңку кыргыз ыр өнөрүндө эң оболу жеңген элдин эрдиги жана сыймыгы даңазаланып, кайрылып келген тынч замандын кубанычы жана кымбаттыгы ырга кошулуп, көбүнчө шаттык (мажор) пафосу өкүм сүрдү. Жапа тырмак майрамдык маанайдын шарында көпчүлүк акындарыбыз өткөн согуштан кайгы-муңдуу салдар калганын, жеңиш кубанычы кекире даамданып турганын, салтанат-сайрандын түбүндө ачуу зардап жатканын анча барк алышкан жок, асыресе ырга кошуп айтышкан жок. Ушулардын көбүн башкалардан озунуп көргөн, өз маалында поэтикалык формада чагылдырган бизде жалгыз гана Алыкул Осмонов болду. Буга анын «Үч аяк», «Өлүп тирилгендер», «Жеңишбек» аттуу поэмалары кепил.

«Үч аякта» кан майдандан бир бутсуз, кош балдакчан кайткан жигиттин армандуу абалы айтылат. Ал жигит соо чагында күлүк, мерген, бийчи эле. Эми минтип үч буттап баскан мунжу. Жүрөгүндө өкүнүч күйүтү сыздайт, душманга карата кекенич кайнайт. Ал үч аяк бир сапар кыялында мергенчиликке чыгат, Гитлердин куну миң суур имиш деп суур атып жүргөн көпчүлүккө кошулат, өзүнө миңинчи суурду атуу милдети тапшырылат; ийинге Гитлер болуп кирип кеткен ошо суурду аңдып жатса, анысы аңкыштап чыга калат, атып ийсе, суур адамча бетин басып, бакырып жыгылат. Майып жигит селт чочуп кетип, мунун баары кыялында болгонун, өзү шаарда жүр-

www.bizdin.kg

гөнүн билет. Дагы бир жолу Үч аяк түш көрүп, түшүндө жаштардын бир оюн-зоогуна туш келет, эл менен кошо чимирилип бийлеп кетет, бирок үч-төрт айланбай буттары тушалат, карай салса, баягы өзү айткан өлүк суур буттарына оролушуп алыптыр, аны силкип таштайм деп чолок буту менен керебетин тээп, ошондон кокуйлап ойгонот... Анан ал жигит элчилеп шарт-шарт баскандан, жүгүргөндөн калганына ичтен сызып, соо чагында жер шарын бир айланып, Ай менен Күн арасын бир арытып чуркап албаганына арман кылат.

Бул поэманын окуясы уруш жаңыдан басылган кездеги типтүү турмуштук көрүнүштөрдөн алынып, акындык фантазияда кайра иштелип, оригиналдуу чыгармачылык ой түзүмгө айланган. Асыресе «Үч аякта» согуш калтырган көп трагедиянын бирин жеке адамдын тагдыры аркылуу сүрөттөө, согуш инвалидинин ал-абалын, психологиясын, дүйнөгө мамилесин «ичкертен» ачып көрсөтүү, жаңыча поэтикалык ыкмалар менен туюндуруу аракеттери бар.

«Өлүп тирилгендер» поэмасында уруш жаңыдан бүткөн мезгилге тиешелүү айрым турмуштук көрүнүштөр чагылган. Тактап айтсак, анда согуш капшабы туудурган эки кейиштүү коллизиянын, жай себептен эле келип чыккан бир күлкүлүү окуянын баяндары бар.

Биринчи баянда солдат Султангазы согуштан айлына кайтып келип, өз үйүнөн ата-энесин, алган жарын, балдарын таппай калат. Көрсө, андан «кара кагаз» келип, үй-бүлөсү анын кара ашын берип (угузуп) койгон экен. Арадан жыл өтүп-өтпөй Султангазынын аялы бирөөгө тийип кетиптир, ата-энеси аңгырап куту учкан үйгө тура албай, башка айылга көчө качыптыр.

Экинчи баянда согушуп жүргөн Жумадилди айылдагы каңырыш кеп-сөз, имиш-имиштер өлгөнгө чыгарат. Андан көпкө кат-кабар келбеген соң үмүт үзгөн ата-энеси Жумадилдин келинчегин эски салт боюнча анын иниси Асанкелдиге алып бермек (баш байламак) болушат. Асанкелди жеңесин алганга даабай, эки жолу айылдан качат, бирок акыры өзүнө таңууланган шартка айласыз көнөт. Ал жеңеси экөө баш кошуп, эркек бала көрүшкөндө «өлгөн» Жумадил келип калат. Ал эски салтка, ата-энесине, инисине наалат айтып, үйүнөн чыгып кетет. Асан-

www.bizdin.kg

келди уятына чыдабай үй-бүлөсү менен башка жакка көчө качат.

Үчүнчү баяндын каармандары — Калдаң, Мактым аттуу жубайлар. Күйөөсү эпкиндүү колхозчу, бирок аракка, кумарга ышкылуу. Аялынын болсо калп айтпай, бейжайлык кылбай тура албаган мүнөзү бар. Бир сапар Калдаң шаарга кетип, кумар ойнуна азгырылып, далайга дайынсыз жоголот. Мактым бир жолку түшүндө Калдаңдын көргө көмүлүп жатканын көрөт да, эртеси эрин жоктоп кошок кошуп кирет, сурагандарга күйөөсүнүн өлгөнү тууралу кат алганын калп эле айта салат. Ал аңгыча Калдаңдан үйүнө амандык кат, кумар ойноп уткан акчасы келип калат, артынан ал өзү «тирилип» жетип келип, аялы кошок айтып отурганда үстүнөн чыгат.

Бул поэманын мазмунунда кыргыз поэзиясы али сөз кыла элек кейиштүү турмуштук фактылар, өзгөчө тарыхый кырдаал туудурган татаал моралдык коллизиялар жаткан. Бөтөнчө поэманын экинчи баянындагы Жумадил менен анын иниси Асанкелди кабылган чаташ ал-абал ашкан трагедиялуу мүнөзгө эгедер болучу. Албетте, учурдагы калк турмушунун ушундай күйүттүү жактарын таамай көрө билгени, өз көзү менен көргөндөрүнөн курч сюжеттик мотивдер сууруп чыкканы А. Осмоновдун кыраакы, чынчыл, өз алдынча ойлоно алган акын экенин айгинелеп турган.

«Өлүп тирилгендер» жалпысынан Осмоновдун таанымал акындык манерасы менен жазылган. Анын ыр саптары бүт бойдон бир кылка чебер токулган эмес. Алардын арасында ойдогудай курулбаган сүйлөмдөр, өз ордунда ылайыктуу турбаган сөздөр, элдир-селдир уйкаштар бар. Ошентсе да баса белгилеп коюу керек поэманын жаралышын баштан-аяк күчтүү чыгармачылык эргүү коштоп отурган. Айрыкча анын башталышындагы строфалар маанилик чабыты жана ырдык жаңырыгы жагынан бир далай бийик даражага көтөрүлүп барган. Окуялардын жүрүшү да жандуу көркөм тил менен кадыресе кыймылдуу, кызыктуу баяндалган. Башкача айтканда, кара сөз менен таамайлап жазганга жарамдуу турмуштук материалды акын ырдык каражаттар менен эле сонуркап окуй тургандай кылып кеп салып берген. Баарынан абзели: Алыкул

www.bizdin.kg

демейки турмуш прозасынан таасирдүү сонун элестер жаратып, айыл адамдарынын мүнөздүк кыймылдарын, ички абалдарын, ойлоо жана сүйлөө өзгөчөлүктөрүн бир кыйла туюмдуу сүрөттөй алган.

Албетте, Осмоновдун жалпы акындык өнөрүнүн да, жеке дастанчылык өнөрүнүн да барып жеткен чокусу деп «Жеңишбек» поэмасын айтуу керек.

Акындын башка поэмаларына салыштырганда «Жеңишбектин» сюжети эң эле жөнөкөй. Анда тек гана кара чечекей уулу Жеңишбекти кандуу согушка мойсоткон Миңбай чалдын өзгөчө күйүттүү абалы, өксүбөс арманы кеп кылынат. Миңбай, сыягы, баласынын курман болгону тууралу «кара кагаз» алган көрүнөт, бирок андан түбөлүк айрылганына ынанбайт, жалгызын келет деп зарылып күтө берет. Башкалар жоо жеңип кайткан жакындарын тосуп пристанга барса, Миңбай да кур үмүткө азгырылып кошо барып алат. Кеме кайра-кайра жоокерлердин жаңы тобун алып келет, кеме келген сайын Миңбайдын күткөнү ордунан чыкпайт... Бир сапар чал дагы кеме тосуп, дагы кур үмүткө алданат. Үйүнө баргандан заарканып, курдашы Курманбектикине кайрылат. Курманбек кан майданга алты уулун атказганын, алтоонон экөө гана жараланып кайтканын кеп салып, Миңбайга кайрат айтат; анан өзү жетимиштен ашканда алтымыштагы кемпири экөө эркек уулдуу болгонун сүйүнчүлөйт. Миңбай бешикте жаткан баланы көрүп, атын Жеңишбек коёт. Ал Курманбектикинен аттанып, арбалгандай кайра көл жээгине барат. Жеңишбегинин Варшава шаарында көмүлүп жатканына, өзү өлгөнү тууралуу атасына борошодон кабар айттырганына ишенгиси келбейт, кайран уулунан күдөр үзгүсү келбейт. Долу толкунун шарпылдаткан Ысык-Көлдүн кыйырына кусалуу үмүт менен көз чаптырат.

Көл толкуйт, атасына белги берет,
Антпесе кур толкундун неси керек...
Бирок да үмүт кургур кыйын тура,
Атасы кайра кетет, кайра келет...

Демек, «Жеңишбекте» көп катмарлуу окуя же оошкыйыштуу адам тагдыры, каармандардын өз ара кагылыштары же активдүү аракеттери жок. Анда кыймылдуу

www.bizdin.kg

окуяларга караганда кейиштүү сезим-туйгулар, лирикалык ой толгоолор, пейзаждык сүрөттөр көбүрөөк. Дал ошол көмөкчү элементтер бар болгону жүз элүү алты ыр сабынан турган поэманын жөнөкөй сюжетине кошумча жаңырык, көмүскө терендик бергенсийт.

«Жеңишбектин» мазмунун эмоциялык жактан курч кылган, албетте, баш каармандын аянычтуу абалы, бөксөрбөс убайымы. Миңбай чалдын курман болгон уулун күтүп кур убара тартышы өзүнчө алганда эле жан кейитет, согуш мезгилинен тынч күндөргө сарыккан көп трагедиянын бирин кескин сездирет, далай кишинин башына түшкөн арман-күйүттүн оорчулугу, көпкө дейре өксүбөсүн таасын билдирет. Ал эми «Жеңишбекте» Миңбайдын кур бекер күтүүсүнө, арылбас капасына Ысык-Көл тең орток болот. Башкача айтканда, поэманын жалпы кусалуу күүсүн жаратууга, баш каармандын психологиялык толгонууларын ачууѓа Ысык-Көл өзүнүн ар кыл көрүнүштөрү менен активдүү катышат. Ошо пейзаждык коштоолор Миңбайдын кайгы-касыретин өзгөчө күчтүү, өзгөчө жугумдуу кылат.

Миллиондордун жазмышына туш келген согуш трагедиясын, Миңбай чалдын өмүр бою өксүбөс убайымын Осмонов жасалмасыз адамдык жапаакечтик менен кабыл алып, куду жеке өзүнүкү сыяктуу туюнуп, чыныгы акындык эргүү менен ыр тилинде айтып берген. Балким, ал соңку төрт-беш жылдык жемиштүү өмүрүндө башка бир чыгармасын да ушу «Жеңишбегин» жазгандагыдай акындык толкуу менен жазбаса керек. Ошон үчүн анын жалпы стилдик жана ырдык курулушу А. Осмоновдун башка поэмаларына караганда алда канча айырмаланып турат.

Айтор, «Жеңишбекти» жеке авторунун гана эмес, бүткүл кыргыз поэзиясынын мыкты табылгасы деп айтканга толук негиз бар.

* * *

Алыкул Осмонов драматургияда да күч сынап көргөн, айрыкча өмүрүнүн соңку жылдарында пьеса жазууга көп кубатын, далай убактысын сарп кылган.

Ал алгач ирет драматургияга Кыргыз педтехникумун-

www.bizdin.kg

да окуп жүргөндө кайрылган. Анын «Керексиздер» жана «Биздин душмандар» деген бир көшөгөлүү эки пьесасы кол жазма түрүндө архивдик материалдардын арасында сакталып калган[14]. Кол жазмалардын тышындагы автордук эскертме боюнча, ал пьесалар 1931-жылдын кыш маалында жазылып, Кыргыз педтехникумунун драма кружогу тарабынан бир жолу коюлган экен.

Булардын «Керексиздер» дегенинде мектеп окуучуларынын арасындагы эски менен жаңынын таймашы көрсөтүлөт, окуучулар чүйрөсүндөгү кедери тартма көрүнүштөр сындалат; «Биздин душмандарда» болсо колхоз курулушуна каршы чыккандардын кыянатчыл аракеттери сүрөттөлөт, курулай далбасасы шылдың кылынат. Жаңы үйрөнчүк калем менен жазылган ал пьесалар идеялык-көркөмдүк жактан жеткилең чыкпаганы түшүнүктүү.

А. Осмонов кан күйүп турган маалда адабияттын ушул машакаттуу формасына кайра кайрылып, 1943—1945-жылдары «Махабат», «Чолпонбай», «Баатырдын өлүмү», «Ак Мөөр» деген драмалык чыгармалар жазган.

«Махабат» — төрт көшөгөлүү пьеса. Анын аты «сүйүү» маанисиндеги жай сөздөн эмес, пьесанын бир каарманы — Махабат аттуу жигиттин ысмынан алынган. Бирок чыгарманын баш-аягында бирден көрүнүп койгону болбосо, Махабат баш каармандык милдет аткарбайт, негизги сценалык эпизоддорго катышпайт, жандуу образ сыпатында аракет жасабайт, сөз сүйлөбөйт. «Махабаттын» сюжетин кыймылга келтирип, өнүктүрүп турган — Нурмат аке.

Нурмат аке — алтымыштан ашкан жалгыз бой абышка. Ал кайсы бир (сыягы, педагогикалык го) институттун кароолчусу, бирок башкы өмүрлүк иши — соодагерлик. Байыш үчүн ар кандай кылмышка баргандан кайра тартпайт. Согуш чыгып, тылдагы турмуш катаалдай түшкөндө Нурмат акенин чайкоочулук күнү тууйт.

Нурмат аке артыкбаш бөлмөлөрүн муктаждууларга ижарага берип да пайда көрөт. Анын үйүндө Институтта окуган жаш жубайлар Махабат менен Жыпар, жашап калган ашпозчу аял Ашрафкан турушат. Жесир Ашрафкан Нурматка тийсем деп зарланат, бирок оңбогон чал жаш аял алганга ынтызар. Ал Махабат согушка кеткенде анын студент келинчеги Жыпарды аял кылып алам деп аракет-

www.bizdin.kg

тене баштайт. Нурмат аке көздөгөн жаман оюна адегенде байлык-дөөлөтү, бал сөздөрү менен жетмек болот, тек анткенинен эчтеме чыкпаган соң ал Жыпарды одоно күч, айла-амал менен кысмакка алат. Муну укканда Ашрафкан көктөн тилегени жерден табылгандай сүйүнөт. Жыпарды тиги чалга тием деп макулдук берүүгө көндүрөт, өзү болсо Жыпардын тыш кийимдерин кийинип, жоолугун чүмкөнө жамынып, Нурмат менен нике кыйдырганга келет. Оңбогон чал өзүнүн катуу алданганын, абийри төгүлгөнүн, бөөдө чыгымдар болгонун нике кыйылгандан кийин гана билет.

Нурмат аке ошондо деле Жыпарга үйлөнүү ниетинен баш тартпайт, ага ар кыл кыянаттар жасайт. Ал көз жарып, төрөт үйүндө жаткан Жыпардын атынан Махабаттын жолдошу Касенге туулган бала сенден дедиртип кат жаздырып, аны Касендин кызганчаак, ишенчээк аялы Розага тапшырат; дагы бирөөнүн атынан согушта жүргөн Махабатка аялы менен досун каралап кат жиберет; Жыпардын паспортуна күйөөсү Нурмат дедиртип жаздырып алат; шаарга Махабат өлүптүр деген сөз таратат. Нурматтын бүткүл былыктары, акмакчылыгы Махабат кан майдандан Советтер Союзунун Баатыры наамын алып кайткандан кийин ачылат.

«Махабат» жанрдык табияты жагынан тиричилик (тыровой) драмасына жакын; анын мазмуну үй-бүлөлүк мамилелерге байланышкан интригаларга жана кыйчалыштарга бай. Пьесадагы сюжеттик мотивдердин бир даары согуш маалындагы тылдын турмушунан, бир даары дүйнөлүк драматургиядагы штамптардан алынган, бир даары автордун кыялынан чыгарылган. Алардын баары шарттуу-жасалма драмалык ыкмалар аркылуу туюнтулган.

А. Осмоновдун «Ким болду экен?» деген бир көшөгөлүү пьесасы да согуш темасына арналган. Мында өзүнөн саал кийин жазылган ошондой эле аттуу поэмадагы сюжеттик мотив орун алган.

Осмонов Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиевдин эрдигин көркөм сөзгө чөгөрүш үчүн патриоттук демилгелер жасаган, адегенде «Чолпонбай», анан «Баатырдын өлүмү» аттуу драмалык чыгармалар жазган (Автордун атайын эскертүүсү боюнча, «Баатырдын өлү-

www.bizdin.kg

мүндө» Чолпонбай Түлөбердиев Болот Сыдыков деп берилген).

«Чолпонбай» — опера үчүн либретто. Демек, ал ыр менен жазылган. Музыкалык-сценалык жанрдын тексттик негизи катары тиешелүү талаптарга канчалык ылайык келерин ким билсин, тек ал драмалык жана поэтикалык чыгарма катары жармач. Ал эми кара сөз түрүндөгү «Баатырдын өлүмү» идеялык-көркөмдүк деңгээли жагынан «Чолпонбайдан» өйдөрөөк. Кыргыз баатырынын өлбөсөчпөс эрдигин, элесин таасирдүү көрсөтүш үчүн автор бир кыйла изденип, кызыктуу көркөм ыкмалардан пайдаланган, белгилүү даражада чыйрак сюжет кура алган.

Төрт көшөгөлүү «Ак Мөөр» драмасы фольклордошкон тарыхый болмуштун негизинде жазылган.

Арийне, Мөөр сулуунун нары романтикалуу, нары трагедиялуу тагдыры жана образы элдик фантазияда кайра иштелип, көп варианттагы көркөм аңыз сөзгө, лирикалык дастанга айланган. Бул элдик сюжетти кыргыз жазуучуларынын ичинен эң биринчи А. Осмонов адабий чыгарма кылып жазган.

Албетте, спецификалуу адабий калыпка салынганда элдик сюжет өзүнүн мерчемдүү окуяларын сактап калса да, жаңы идеологиялык талаптарга ылайык интерпретация кылынган. Асыресе, «Ак Мөөр» легендасынын негизги коллизияларына ачык-айкын таптык пафос, каармандарына кескин таптык мүнөздөмө берилген. Экинчиден, пьесага айланганда элдик аңыз сөздүн мазмуну драмалык өнөрдүн жанрдык закондоруна ылайык зарыл өзгөрүүлөргө учураган, автордук кошумчалар (жаңы эпизоддор жана деталдар) менен байыган.

«Ак Мөөр» пьесасы негизинен чебер иштелген. Анын сценалык эпизоддорунун бир тобу кадыресе драмалуу абалга, көпчүлүгү өз алдынча алганда дурус көркөм деңгээлге жеткен.

Алыкул ушул пьесасында каармандардын речин жекелештирип, өз-өзүнчө айырмалап берүүгө көп аракет жасаган. Ошон үчүн айрым персонаждар элдик жалпак тил менен жандуу сүйлөйт, сүйлөгөн сөздөрү аркылуу өздөрүнүн таптык позициясын, адамдык өзгөчөлүктөрүн, психологиялык абалдарын таасын ачат.

www.bizdin.kg

Сомолоп айтканда, «Ак-Мөөр» А. Осмоновдун драматургиялык мурасындагы бирден-бир дурус пьеса.

Алыкул согуштан кийинки мезгилде (1946—1949-жылдары) «Экинчи бригада», «Ракыя», «Корукчу Кооман», «Абылкасым Жанболотов», «Күмүш булак», «Жөнөш керек Меркиге» деген пьесалар жазган. Булардын ичинен жалгыз гана «Экинчи бригада» өз учурунда Ысык-Көл областтык драма театрында ойнолгон[15], калгандары автордун көзү тирүүсүндө коюлган да, жарыяланган да эмес.

Аталган пьесалар бүт бойдон учурдагы темаларга, так-тап айтканда, согуштан кийинки колхоз турмушунун реалдуу жана кыялый (воображаемый) көрүнүштөрүн сүрөттөөгө арналган. Биздин драматургдун актуалдуу темаларга ашкере ыкылас коюшу көбүнчө ВКП(б) Борбордук Комитети адабият менен искусствого тиешелүү 1946-жылы удаама-удаа кабыл алган токтомдордун таасири менен, айрыкча «Драма театрларынын репертуары жана аны жакшыртуу чаралары жөнүндө» токтомдун идеялык чыгармачылык жол-жоболору менен, ошол партиялык документтерден улам советтик көркөм чыгармачылыктын практикасында өкүм сүргөн атмосфера жана тенденциялар менен шартталган.

Адегенде кара сөз, артынан ыр түрүндө эки кайталап жазганына караганда А. Осмонов, сыягы, «Экинчи бригада» пьесасына өзгөчө маани берген өңдөнөт. Тек эки варианттын композициясында, сценалык эпизоддорунда, образдар системасында, монологдору менен диалогдорунда байкала турган айырмачылыктар жок.

«Экинчи бригададагы» башкы сюжеттик сызык колхоз турмушунун өндүрүштүк сферасы менен байланышкан. Эпкиндүү кыз Гүлжан жалпы колхоз көп ишинен аксап, өткөн жылкы өтмө Кызыл Туусун колдон алдырып турганда экинчи бригадага башчы болот. Арына келген башкарма Касым, бригадир Гүлжан, анын стахановчул ата-энеси, эстүү студентка сиңдиси, сүйгөн жигити, дагы башка ак ниеттүү колхозчулар чөп чабыкта, апийим кесүүдө, эгин жыйноодо чымыркана иштешип, өтмө Кызыл Тууну кайра жеңип алышат.

Ушул сюжеттик сызык илгертен бери эле драмалык чыгармалар үчүн салттуу махабат маселеси менен айка-

www.bizdin.kg

лышып кетет. Нары эмгекчил, нары сулуу, акылдуу Гүлжанга эки жигит ашык: бири — жаман экени атынан эле билинип турган Маймак, экинчиси — согуш жана эмгек азаматы Касен.Маймак менен Гүлжанды ымыркай кезинде эле аталары кийин баш кошот деп баталашып койгон экен. Маймак ошондон улам Гүлжанга асылат. Гүлжан болсо өзүнө жуп келчү Касенге ыктайт. Жаны күйгөн Маймак Гүлжанга, анын сиңдиси Нуржанга, сүйгөн жигити Касенге майда жамандыктар (чалгыларын сындырып, комбайнына зыян келтирип, жалган жалаалар жаап ж. б.) жасайт. Акыры кас көрөндөрүнө жарытып да кыянат кыла албаган немении акмагы чыгып, чыныгы сүйүшкөндөр турмуш курат.

Төрт көшөгөлүү «Ракыяда» эпкиндүү звеновой кыздын адал эмгегинен кадыр-барк тапканы, кызылчанын ар гектарынан миң центнерден түшүм алыш үчүн жан талашканы, сүйгөн жигити менен таарынышып жатып кошулганы сүрөттөлөт. Ракыянын кызылчасын мите курт (черепашка) жейт, добул согот, бирок демилгелүү комсомолка табийгат кырсыктарын чымын чаккандай көрбөй, берген убадасын аткарат, эмгектик жеңишке жетет. Буга Ракыянын жаш чагынан анттакан жигити, фронттон жараланып кайткан Болот да тымызын көмөктөш болот. Ал боордош колхозуна, анттакан жарына жасаган жакшылыктарын кыйкырып жар салбайт, аны билбеген Ракыя Болотко наразылана берет. Бир жактан эки жаштын арасына башкармадан түшкөн аткаминер Бirimкул кыпчылат. Ал өзү катынпоз, куйту, митайым неме, жетинчи жолу Ракыяга үйлөнсөм деген ниети бар. Ошон үчүн Биримкул Болоттун колхозго көрсөткөн жардамын өзүнө ыйгарып, ошону менен Ракыяга жакшы көрүнгүсү келет. Ал Ракыяга, анын апасына жакындашат, эч негизсиз Ракыянын өзүнө тийгени жатат деген сөз чыгарат, өзү байкатпай кызды ала качмак болот. Муну уккан Ракыянын тели-теңтуштары аны Биримкулга ыраа көрбөй, анын ордуна кызча кийинген жигитти ала качтырышат. Биримкулдун шермендеси чыгып, бети ачылат, Болоттун эмгегин өзүнө жамап жүргөнү билинет. Бири-бирин жаңылыш түшүнүп, араздашып жүргөн Ракыя менен Болот кайра табышат.

www.bizdin.kg

Бул эки пьеса тема жагынан гана эмес, композициялык-сюжеттик курулушу, образдар системасы, драмалык проблематикасы жагынан да бири-бирине коёндой окшош. Себеби экөө тең согуштан кийинки советтик драматургияда өкүм сүргөн «конфликтсиздик» теориясынын жана практикасынын тикелей таасири, рецептери боюнча жазылган. Экөөндө тең колхозчулардын согуштан соңку турмушу жыргалга тунгандай, ашкере карама-каршылыктардан кутулгандай идиллиятуу сүрөттөлөт, ошо кездеги реалдуу турмушка эч тиешесиз жасалма конфликттер орун алат. Ошон үчүн ал пьесаларда олуттуу драмалык күрөш, чыйралган драматизм пайда кылчу өткүр коллизиялар жок.

А. Осмоновдун көп көшөгөлүү «Абылкасым Жанболотов» жана «Күмүш булак» деген пьесалары да козгогон темасы менен проблематикасы, мазмуну менен формасы жагынан өз ара өтө жакын.

Биринчи пьесанын сюжети кыскача айтканда мындай. Белгилүү акын Абылкасым Жанболотов өз айлына көп жылдар келбей жүрүп келет. Ал келгенде анын мурдагы аялы, филология илимдеринин кандидаты Бүбүш Муратова да ошол айылда узак командировкада жүргөн экен. Бүбүш үч жыл мурун күйөөсү Абылкасымдын ырларын катуу сындап койсо, Абылкасым ошого ызаланып ажырашып кетиптир.

Колхоз турмушу менен таанышкан соң Абылкасым да, Бүбүш да көп нерсени түшүнүшөт. Көрсө, колхоздун экономикасы чабал, айдоо аянты тар, эсеп-кысабы дайынсыз экен. Башкарма Нуркасым (Абылкасымдын бир тууганы) эски урууччулдук салттарга башы менен батыптыр; элдин турмушун оңогонго, маданиятын көтөргөнгө кайдыгер карайт экен; көпчүлүктүн акысын жеп, чоңдорго пара берет экен; коомдук мүдөөлөр үчүн күйгөндөрдү, жаңылыкка умтулгандарды, каяша айткандарды куугунтукка алат экен.

Абылкасым менен Бүбүш аң-сезимдүү айылдаштарын уюштуруп, чарбанын айдоо жерин көбөйтүш үчүн аракеттенишет; Нуркасымдын жарамсыз иштерине каршы күрөш ачышат. Бу күрөштө аларды райкомдун жаңы секретары Василий Семенович Вершинин колдойт, ал эми Нуркасымга анын уруулаш тууганы, райкомдун мал чарба бөлүмүнүн

www.bizdin.kg

башчысы, паракор Жолдош Жусубалиев тирек болот. Акыры Абылкасым менен Бүбүш шыктандырган алдыңкы колхозчулар менен интеллигенттер Нуркасымды башкармалыктан түшүрөт. Коомдук кызыкчылык үчүн принциптүү таймашта Абылкасым менен Бүбүш кайра табышып, баш кошот.

«Күмүш булак» көп жагынан «Абылкасым Жанболотовдун» түздөн-түз кайталоосундай, анча-мынча жаңыртылган вариантындай таасир калтырат. Мында Нуркасым Жанболотов тек гана Мурат Садыбакасов деген жаңы ат менен кыймыл-аракет жасагандай. Мунусу да колхоздун кедери тартма эскичил, уруучул, жемекей, пара бергенге маш жетекчиси. Ал мичуринчил ата-бала Азамат менен Куландын колхоз айдоосун кеңейтели, бак тигип, Балыкчынын зыяндуу шамалын тосолу, жасалма көл куруп, суу тартыштыгынан кутулалы, кыргыз тукумундагы өнүмсүз мал-салды асылдандыралы деген демилгелерине каршы чыгат, жаңычыл колхозчуларды куугунтукка алат. Адал иштебеген башкарманын айыбын ачып Кулан өйдө жакка арыздар жазса, аларды райондогу зооветеринариялык бөлүмдүн текшерүүчүсү Боронбаев жалганга чыгара берет. Себеби Боронбаев «Абылкасым Жанболотовдогу» Жусубалиев сыяктуу эле башкарманын уруулаш тууганы, пара алып турган досу, пикирлеши. Аңгыча болбой колхозго Боронбаевдин бир тууган иниси Кеңешбек парторг болуп келет. Бул да Абылкасым Жанболотовдон ашкан күрөшчү экен, коомдук иш үчүн күйгөн, жаңычыл колхозчуларды жактап, эскичилерге сокку урат: аяш агасы Мурат Садыбакасовду башкармалыктан түшүрөт, өз агасы Боронбаевдин кызматынан бошошуна, партия катарынан чыгышына себеп болот. Пьесанын эпилогунда мичуринчил Азамат башкарган колхоз дүркүрөп өскөнү, Азаматтын уулу Куландын биология илимдеринин кандидаты болгону тууралуу кабар берилет.

Окшош мазмундуу бул эки пьесада согуштан соңку кыргыз айыл-кыштагын байырлаган айрым турмуш фактылары чала-чарпыт чагылбай койгон эмес. Ошентсе да кесе айтыш керек: «Абылкасым Жанболотов» менен «Күмүш булактын» негизги сюжеттик мотивдери, конфликттери, проблемалары көбүнчө автордук кыялдан алынып, жан-

www.bizdin.kg

дуу калк тиричилигинин реалдуу көрүнүштөрүнө, карама-каршылыктарына, кагылыштарына анча-мынча болсо да жакындашпай калган. Албетте, аталган чыгармалардын жасалма, жарды мазмундуулугу, форма жагынан жармачтыгы, жадатмалыгы белгилүү даражада А. Осмоновдун эл турмушун терең билбегендигинен, чыгармачыл фантазиясынын жана драматургиялык усталыгынын өөрчүп жетпегенинен келип чыккан. Ошону менен бирге өйдөкү пьесалардын алигидей сыпатта жазылышына ошо кезде жалпы советтик драма адабиятында өкүм сүргөн саясий-идеялык пафос, тематика-проблематикалык штамптар, көркөм принциптер жана ыкмалар да бир далай таасир эткен.

Сөзгө алынган өйдөкү төрт пьесада анча деле мааниси жок проблемалар жана конфликттер коюлуп сүрөттөлгөн. Ырас, адилетчилик үчүн айта кетүү керек: «Экинчи бригададагы» Кошконмай менен Такыр деген, «Ракыядагы» Дүйшөн жана Шейшен деген кыстырынды персонаждардын диалогдорунда күлдүрө турган жерлер анча-мынча бар; ошондой эле «Ракыядагы» терс каарман Биримкулдун кыз деп кызча кийинген жигитти ала качканын окуганда да жылмайбай коюш кыйын. Бирок анда-санда бир жарк эткен мындай юморлуу моменттер аталган пьесалардын жалпысынан олуттуу сыягы бар мазмунуна байкаларлык жандануу киргизип деле жарытпайт.

Баятан берки айтылгандар Алыкул Осмоновдун драматургияда поэзиядагыдай жолдуу болбогонунун далилдейт. Албетте, таланттуу акындын өтө көп убактысын, күч-кубатын пьеса жазууга жумшап, бирок ошол экспериментинен алгылыктуу натыйжа чыгара албай калганы өкүнүч туудурбай койбойт.

Адабий чыгармачылыктын бир тармагында Осмонов эмне үчүн минтип мүчүп калган?

Адегенде эле белгилеп коюш керек: Алыкулдун пьесалары, аларды сыдыра окуй келгенде, драматургдук жөндөмү, ойлому, тажрыйбасы шайма-шай калемгер тарабынан жазылгандай таасир калтырбайт. Экинчиден, ал пьесалар өз авторунун адабияттагы эң татаал, мээнеттүү деп саналган драма өнөрүнүн жанрдык касиеттерин, спецификалуу ыкмаларын, дагы башка аки-чукусун жакшылап өздөштүргөнүн туюндурбайт.

www.bizdin.kg

Бирок драматург сыпатында чыйрак чыга албаганын жалаң гана Осмоновдун чыгармачылык дареметиндеги, кесиптик камылгасындагы аздыр-көптүр өксүктөр менен, б. а. субъективдүү себептер менен түшүндүрүп коюу да бир беткейликке алып барар эле.

Тескеп-териштирип көрсөк, драматургияга шыгы да бар, көп өмүрүн да арнаган К. Жантөшев, К. Маликов, Р. Шүкүрбеков деле 1946—1953-жылдары сапат жагынан Осмоновдукунан ашып түшкөн пьесалар жаза албаптыр. Деги ошол кыска тарыхый тилкеде биздин драматургияда бир дагы узак өмүр сүрчү чыгарма жаралбаптыр. Алсак, К. Жантөшевдин «Бир үйдө», К. Маликов менен А. Куттубаевдин «Биз баягы эмеспиз», Р. Шүкүрбекводун «Менин айлым», «Жашыл токой», К. Бектеновдун «Айкын жол» менен «Берекелүү өрөөнү», Т. Абдумомуновдун «Кумдуу чап», «Курман», «Замандаштар» дегендери азыр профессионалдык сценага кайрадан алып чыкканга да арзыбайт, адабий чыгармалар катары окуганда да канаттандырып жарытпайт.

Кыргыз драматургдарынын согуштан соңку чыгармачылыгына көп жагынан ошол кездеги жалпы совет драматургиясынын практикасындагы терс көрүнүштөр, конфликтисиздик «теориясынын» эрежелери жана рецептери кесепетин тийгизген. Экинчи жактан, драма чыгармаларын кабыл алчу жана театрларга сунуш кылчу мекемелер да, улуттук адабий — көркөм сын да ошол тушта биздин драматургдардан жасалма жеңил проблемалуу, жылма конфликттүү, ашкере оптимисттик пафосу бар пьесаларды талап кылып турган.

Демек, Осмоновдун драматургия майданында чыгармачылык ийгиликтер жарата албаганы субъективдүү да, объективдүү да себептер менен шартталган.

* * *

Алыкул Осмонов кыргыз журтуна поэзиялык чыгармалардын котормочусу катары да таанымал. Ал таржыма ишине оригиналдуу ыр жаза баштаганда эле кошо киришкен. «Жазуучулук баянымда» акын 1929-жылы кышында бир какшык ырын Кыргыз педтехникумунун дубал газетасына жарыялаганын, ошондой эле А. С. Пушкиндин

www.bizdin.kg

«Кышкы кечин» кыргызчалатып, курсташтарынан мактоо укканын эскерип кеткен.

Алыкул котормо майданында, отузунчу жылдардын экинчи жарымында, айрыкча активдүү иштеген. 1935—1938-жылдары анын котормосунда А. С. Пушкиндин «Поп жана анын кызматчысы Балда жөнүндө жомогу», И. А. Крыловдун «Тамсилдери», «К. Чуйковскийдин «Федоранын шору», С. Маршактын «Өрт», «Жалкоолор жана мышык» (ичинде төрт ыр бар), А. Саконскаянын «Бу китеп төрт түс жөнүндө» деген китепчелери басылып чыккан. Булардын баары — ыр түрүндөгү тексттер. Ошол эле мезгил аралыгында жаш акын прозалык чыгармалардан В. Вересаевдин «Пушкиндин турмушу», Ш. Перронун «Жомокторун» кыргызчалатып өзүнчө бастырган; А. С. Пушкиндин, Г. Гейненин, орус совет акындары В. Лебедев-Кумач менен Д. М. Бедныйдын, испан акыны Я. Фиртонендин, дунган акыны Я. Шивазанын бирден-экиден ырын, М. Л. Лермонтовдун беш ырын жана «Качкын» поэмасын, ингуш акыны, М. Муталиевдин бир нече ырын таржымалаган. Буларды ал газета-журналдарга жарыялаган, өзүнүн ыр жыйнактарына кошкон, өзү М. Кырбашев менен кошо түзгөн «XIX кылымдын адабият хрестоматиясына» (1939) киргизген.

Осмоновдун алгачкы котормолорунун маани-мазмуну, ырдык касиеттери жагынан Крыловдун «Тамсилдери» дурус чыккан. Бул тамсилдерди которууда акын казакчасынан да пайдаланган болуу керек.

А. Осмоновдун адабият майданындагы эң биринчи бараандуу жеңиши «Жолборс терисин кийген баатырдын» котормосу болду.

«Жолборс терисин кийген баатырдын» кыргызча биринчи басылышын жолдогон кириш сөздө анын үч жыл ичинде, ал эми «Жазуучулук баянымда» он бир айда (1938-жылдын майы — 1939-жылдын апрели) которулганы айтылат. Аталган эки документте тең автор өзү грузин поэмасын кыргызчалап жатканда көбүнчө анын орусча сапма-сап (подстрочный) котормосуна таянганын, зарыл болгондо көркөм таржымаларына да кайрылганын белгилейт.

Руставелинин өлбөс чыгармасы түп нускасында баштан-аяк «шаири» деген ыр формасында жазылган. Шаи-

www.bizdin.kg

ри — чубалжыган узун төрт саптан куралган, саптарынын баары аяк жагынан туташ (аааа схемасында) уйкашкан ыр куплети (строфа). Поэманын көпчүлүк орусча варианттарында шаири ыр өлчөмүн куду өзүнө окшоштуруп (төрт сабын тең чубалжытып, тегиз уйкаштырып) берүүгө аракеттер жасалган. Шаирини дал өзү шекилдентип кыргызча моделдегенде 16 же 14 муундан куралган, акыркы муундары жылчыксыз уйкашкан төрт саптык келип чыгышы ыктымал. Бирок мындай ыр өлчөмү кыргызча аябай өгөй-өөн учурайт, оозго оңой эп келбейт, жарыя же купуя окуп жибергенде бир узун сап сегиз (жети) муундуу эки сапка эрксизден бөлүнүп кетет. Айтор, ашкан көлөмдүү грузин дастанын 14—16 муундуу, жылчыксыз уйкаштуу төрт саптар менен кыргызчалаштыруу теориялык планда мүмкүн болсо да, практикалык жактан өтө татаал эле.

Ушундай кыйынчылыктардан улам Осмонов «Жолборс терисин кийген баатырдын» түп нускасындагы жана орусчаларындагы чубалжыган ыр түзүлүшүн туурагандан баш тартып, кыргызча көнүмүш ыр өлчөмүн тандап алган, тактап айтканда, шаиринин ордуна 11—12 муундуу, аттама (аабаба схемасындагы) уйкаштуу алты саптыктарды иштеткен. Төрт саптыктардын алты саптыктарга оошуп кетиши поэманын кыргызчасынын жалпы көлөмүн бир кыйла чоңойтуп жиберген.

Экинчиден, Осмонов грузин поэмасынын ар бир строфасы камтып турган мазмунду төкпөй-чачпай кыргызчалап жүрүп отурган эмес, тек анын сюжеттик сызыктарын, идеялык логикасын, образдык мүнөздөмөлөрүн өз акындык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша кайрадан эркин баяндап берген. «Котормо эң эркин которулду,— деген, акын аталган кириш сөздө. — Ачык айтканда, көп жерлеринде маанисин алып туруп, өзүмчө кетип калган учурлар бар»[16].

Руставелинин поэмасын Осмонов жан-дили менен берилип, бүткүл акындык мүмкүнчүлүктөрүн жана тажрыйбасын, жаштык жалынын аянбай сарп кылып, чыгармачылык кыялын эркинче чабыттатып кое берип, өзгөчө эргүү абалында которгон. «Поэмадан ажырай албайм, көп убактарда таң атканга чейин отурам. Окуйм, котором, таң калам, кубанам! Дүйнөдө мен гана бактылуумун деп ой-

www.bizdin.kg

лойм! — деп эскерген акын «Жазуучулук баянымда». — Себеби анын кызыгы ошондой болду».

«Жолборс терисин кийген баатыр» жарык көрөрү менен кат сабаттуулар кайра-кайра маашырканып окуган, кат тааныбагандар улам-улам окутуп уккан чыгармага айланган, жалпы кыргыз арасында болуп көрбөгөндөй кызыгуу туудуруп, өтө зор кадыр-барк тапкан. «Китеп 1940-жылы Казанда басылып чыкты, — деп басмырт белгилеген Алыкул «Жазуучулук баянында». — Бир жылдан соң айылдан Тариэл, Автандил, Тинатин, Даражан деген жаңы туулган балдардын, кыздардын атын уга баштадым. Демек, китеп кыргыз элине жетип жана аябай жаккандыгы билинет».

Жалаң ырдан бүткөн опсуз көлөмдүү чыгарма китеп окугандын кыныгына жаңыдан гана кирген, эстетикалык маданияты эми-эми гана жаңылана баштаган калктын купулуна толсо, мээримин ийитсе, чечекейин чеч кылса, албетте, анын объективдүү себептери бар.

Эң оболу белгилечү нерсе: орто кылымдык грузин дастанынын негизги сюжеттик мотивдери, образдары, идеялары күн чыгыш элдеринин фольклоруна жана адабиятына ортоктош дух менен каныккан. Экинчиден, анда махаббат, достук, таттуулук мамилелериндеги кыйышпастык, айныбастык укмуштай романтикалуу, идеалдуу сыпатта сүрөттөлгөн. Булардын баары, бир чети, түпкүлүгүнөн эле кыргыз китепкөйлөрүнүн көңүл кушуна ынак, маданий деңгээлине жакын, көркөм табитине далма-дал келип турса, бир чети, абдан жатык, ширелүү, элестүү поэтикалык тил менен кыргызчаланган. Ошон үчүн «Жолборс терисин кийген баатыр» улуттук окурмандар жана угармандар тарабынан куду өз тилибизде таланттуу жазылган төл чыгармадай кабыл алынган.

Калктын калың катмарын тамшандырган бу котормо өз убагындагы басма сөздө «дуу» деген жаңырык (отклик) туудурган. Китептин чыгышына карата Аалы Токомбаев атайын макала жазып, аны «Кызыл Кыргызстан» газетасына, «Советтик адабият жана искусство» журналына жарыялаган.

Ал макалада эң оболу Руставели дастанынын эркин которулганы, анын ритмикалык жана строфалык түзү-

www.bizdin.kg

лүштөрү, образдык туюнтмалары, поэтикалык ыкмалары, атүгүл каармандарынын аттары да кыргызчалашып кеткени, бирок чыгарманын идеялык духу, мазмундук байлыгы, көркөмдүк жамалы туура берилгени баса белгиленген.

«Осмонов жолдоштун бул эмгеги ары атактуу эмгектин бири, — деп жазган рецензент андан ары. — Окууга жеңил сиңимдүү жана уккулуктуу. Ошону менен кошо акындын өз тарабынан коюлган элестер, салыштыруулар кыргыздын түшүнүктүү элестери менен алмаштырылган. Ошону менен катар бир далай ойлонто турган куплеттер да бар, ал куплеттер чынында маданияттуу курулган жаңылык деп айтууга болот»[17].

«Жолборс терисин кийген баатырды» кыргызчалатуу процессинде Алыкулдун өз акындык калемин төшөлткөнүн, адабий тажрыйбасын арттырганын, көмүскө мүмкүнчүлүктөрүн ачканын А. Токомбаев мындайча формулировкалаган: «Осмонов бул котормо менен жалаң гана коомго пайда кылган жок, ал өзү үчүн да көп жаңылыктар иштеди жана сөз маданиятын көтөрүп, аз сөз менен көп маани берүү техникасын үйрөндү»[18].

Аалы Токомбаевдин рецензиясында «Жолборс терисин кийген баатыр» котормосунун чоң-кичине кемчиликтери да калыстык менен белгиленген, асыресе анда угумсуз курулган сүйлөмдөр, өз ордунда турбаган сөздөр, ритмикалык таскагынан жаңылган (бир-эки мууну ашкан же кемиген) саптар бары, айрыкча элдир-селдир уйкаштыктардын арбын экени көрсөтүлгөн.

Акыкулдун атактуу котормосунун стилдик жана ырдык өксүктөрү кыргыз поэзиясынын кийинки көркөм тажрыйбасынын жарыгында ого бетер таасын көрүнө түштү. Арийне, улуттук ыр өнөрүбүз акыркы отуз, кырк жыл аралыгында техника (форма) жагынан кескин жылыштар жасады. Азыр көпчүлүк акындарыбыз оригиналдуу ыр жазса да, которсо да сүйлөмдөрүн логикалык-грамматикалык жактан кынтыксыз түзгөнгө, уйкаштарын таамай үндөштүргөнгө жетишти. Саптары куюлушуп турган ырларга көнүп алган окурмандар «Жолборс терисин кийген баатырдын» бир кылка дурус чыкпаган поэтикалык синтаксисине, айрыкча жакшы жаңырыктабаган уйкаштарына алымсынбай калышы толук ыктымал.

www.bizdin.kg

Руставели поэмасынын кыргызчасы экинчи мертебе 1951-жылы жарык көрүп, андан кийин (1956—1982) дагы төрт жолу басылып чыкты. Анын ар бир басылгандагы тиражы тез арада тарап кетип жатты. Бул факт — айтылуу котормонун эл арасында дале кадыры барына айкын далил.

А. Осмонов 1941-жылы даңазалуу акын Низаминин «Хосров-Ширин» дастанын орусчасынан кыргызчалаган. Тек бул котормо өз убагында жарык көрбөй, кол жазма түрүндө да толук сакталбай, кемтик бойдон биринчи жолу акындын «Чыгармалар жыйнагынын» үчүнчү томунда (1967) жарыяланган.

«Хосров-Шириндин» кыргызчасы, жалпы жонунан жаман чыкпаса да, Осмоновдун котормочулук өнөрүндөгү жаңы кадам боло алган эмес. Сыягы, Низаминин дастаны биздин акындын көңүлүн Руставелинин поэмасындай тартпаса да, эргитпесе да керек.

Согуш жылдары Алыкул Михаил Светловдун «Жыйырма сегиз» аттуу лирикалык поэмасын таржымалап, панфиловчу баатырлардын эстелигине жана эрдигине арналган «8-гвардиялык дивизия» (1943) деген жыйнакка кошуп чыгарган.

Кыркынчы жылдары Алыкул В. Шекспирдин «Он экинчи түн» комедиясын, «Отелло» трагедиясын которгон. Булардын биринчиси 1942-жылы кыргызчаланып, 1948-жылы кайрадан редакцияланган, котормочунун көзү тирүүсүндө басылып чыккан эмес, тек театрларда коюлган. «Отелло» болсо 1945—1946-жылдары таржымаланып, 1949-жылы өзүнчө китеп болуп чыккан, элүүнчү жылдардын баш ченинде республикалык Кыргыз драма театрында зор ийгилик менен ойнолгон.

Аталган драмалык чыгармалар нукура сүймөнчүлүк, чыгармачылык илхам менен, аша чаппаган эркиндик менен кыргызчаланган. Которулганда алардын негизги окуялары, конфликттери, идеялары, каармандарынын кыймыл-аракетте жана речте көрүнгөн адамдык касиеттери менен өзгөчөлүктөрү бузулбай берилген.

Алыкул Осмоновдун котормо жаатындагы эң акыркы эмгеги «Евгений Онегин» (1948) болду.

Осмонов бу чыгарманы да адатынча бүт ынтаасын, бар күчүн салып, мээримин төгүп которгон; түп нусканын

www.bizdin.kg

жалпы идеялык духун жана образдык байлыгын, конкреттүү ойлорун жана элестерин өз тилинде кайрадан куруп чыгууга аябай тырышкан. Натыйжада, романдын эң жөнөкөй сюжеттик өзөгү, сырга бай автордук чегинүүлөрү, таамай тартылган турмуштук жана пейзаждык сүрөттөрү, каармандарынын жалпы элестери кыргызчага негизинен туура эле көчүрүлүп өткөн. Котормодо маани-шааниси боюнча оригиналдагыга бир кыйла жакындап барган саптар, дурус эле поэтикалык касиет алган строфалар көп.

Ошентип, чыгармачылык өмүрүнүн башынан аягына чейин Осмонов котормочулук менен үзгүлтүксүз алпурушуп өткөн, бул майданда ал көзгө толумдуу жеңиштерге да жетишкен, айрым мүчүлүштөргө да туш болгон. Бирок анын адабий тагдырында котормочулук иш-аракети өтө чоң роль ойногон. Биринчиден, Алыкул көбүнчө улуу устаттардын ашкан мыкты чыгармаларын жакшы көрүп, жан-дилин берип, бар күчүн салып кыргызчалаган; которуу процессинде даанышман акындардын идеялык-эстетикалык дүйнөсүнө тереңдеп кирген, өнүп-өөрчүгөн ыр маданияттарынын өрнөктүү тажрыйбасын өздөштүргөн, сөз менен такай иштөөгө, мээнеткечтикке көнүккөн, ошону менен өзүнүн акындык ойломун тарбиялап, калемин курчуткан.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Шиваза Я., Кулиев К.* Алыкул Осмонов // Советская Киргизия. — 1946. — 21 июля; Үмөталиев Т. Алыкул Осмонов//Ленинчил жаш. — 1946. — 1-авг.

[2] *Үмөталиев Ш.* Алыкул Осмоновдун поэзиясы жөнүндө// Советтик Кыргызстан. — 1953. — № 2; Актуалдуу ойдун акыны // Ленинчил жаш. — 1954. — 11-дек.; Канаттуу поэзия// Советтик Кыргызстан. — 1956. № 2; Турмуш жана акын//Ала-Тоо. — 1958. № 4; Алыкул Осмонов. Өмүрү жана чыгармалары. — Фрунзе, 1958.

[3] *Кыдырбаева Р. З.* Лирика А. Осмонова. — Фрунзе, 1957; Сыдыков А. А. Осмоновдун поэзиясындагы традиция жана новатордук. — Фрунзе, 1962; Кырбашев К. Алыкул Осмоновдун поэзиясынын тили. — Фрунзе, 1967; Мамытбеков З. Ч. Пламенный поэт. — Фрунзе, 1971.

www.bizdin.kg

[1] Кыргыз ССР илимдер академиясынын Тил, адабият институтунун кол жазмалар фондусу//Инв. № 1759.

Абдрасул. Алыкул Осмонов//Ленинчил жаш. — 1939. — 6-февраль; Токтомушев А. Биз пионер болгонбуз // Акындын элеси. — Фрунзе, 1965. — 49—55-беттер.

[6] Вопросы психологии. — 1955. — № 7. — 34-бет.

*Горький А. М.* Полн. собр. соч., т. 29. — 259—260-беттер.

[8] *Жусупов К.* Ыр сабындагы өмүр. — Фрунзе, 1974. — 10—11-беттер.

[9] *Маркс К., Энгельс Ф.* Соч., т. 3. — 36-бет.

[10] *Сыдыкбеков Т.* Акындын элеси // Акындын элеси. — Фрунзе: Мектеп, 1961. — 21-бет.

[11] Акындын элеси. — 22—23-беттер.

[12] Осмоновдун блокноттору, жазма дептерлери // Кыргыз ССР Илимдер академиясынын тил, адабият институтунун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1760.

[13] *Жигитов С.* Ырлар жана жылдар. — Фрунзе, 1972. — 82—116-беттер.

[14] Пьесалар. Кол жазмалар // Кыргыз ССР илимдер академиясынын тил жана адабият институнун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 534 (313).

[15] *Дөөлөтбеков Т.* «Экинчи бригада» // Кызыл Кыргызстан. — 1947. — 9-сентябрь.

[16] *Руставели Ш.* Жолборс терисин кийген баатыр. — Фрунзе — Казань, 1940. — 3—4-беттер.

[17] *Бокомбаев* (Балка) А. «Жолборс терисин кийген баатыр»// Советтик адабият жана искусство. — 1941. — № 3(17). — 64—65-беттер.

[18] Ошондо. 65-бет.

www.bizdin.kg

## БАЙТЕМИРОВ НАСИРДИН

*(1916—1996)*

Кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө өзүнчөлүктүү салым кошуп, анын тематикалык, жанрдык стилдик көп түрдүүлүгүн арттырууда белсемдүү чыгармачылык изденүүнү башынан өткөрүп келаткан көркөм сөз чеберибиздин бири — Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Насирдин Байтемиров. Ал 1916-жылы азыркы Чүй районуна караштуу Кегети айылында кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Насирдин Байтемировдун чыгармачылык шыгынын ойгонушуна өбөлгө болгон биринчи нерсе бала чагындагы энесинен уккан жомокторду жана Калмырза, Жаманкул, Осмонкул өңдүү атактуу ырчылардын ырлары болсо, (ошол таасирлерден жазуучунун «Жомоктор» аттуу биринчи китеби жаралган), экинчи чоң фактор турмуш чындыгы болгон. Башкача айтканда, Насириндин айыл жеринде иштеши болочок жазуучунун мүнөздөрүн ичтен үйрөнүүсүнө шарт түзгөн. Ал эми «Кызыл Кыргызстан» газетасына атайын кабарчы болуусу реалдуу турмуштук бай материалдардан эң бир урунттууларына, учурдун курч, актуал маселелерине биринчи иретте көңүл бурууга үйрөттү. Газетада кызмат кылуу ошондой эле Насириндин сөз менен иштөө чеберчилигинин калыптануусуна да жардам этпей койгон жок. Аталган мезгилдерде Насирдин Байтемиров согуш темасында «Азамат» аттуу чыгармасын жазып, 1948-жылы аны окурмандарга тартуулайт. Көлөмү анча чоң эмес бул чыгармасында автору Улуу ата мекендик согуштун учурундагы майданда жана ооруктагы окуяларды сүрөттөө менен совет элинин кажырмон, баатырдык эм-

www.bizdin.kg

гектерин, достук, сүйүүгө бекем асыл сапаттарын чагылдырууга ниеттенген. Бирок айрым бир эпизоддордун ийгиликтүү чыккандыгына карабастан, жазуучунун сүрөткерлик тажрыйбасынын али жетишсиздигинен чыгарма өз максатына толук жетпей калган.

Реалисттик проза жазуудагы кадамын Н. Байтемиров 1948-жылы «Жаш жүрөктөр» романынын биринчи китеби болгон «Салтанатты» жазуу менен андан ары улантат. Роман 1949-жылы жарык көрөт. «Салтанат» романынын сюжеттик негизине жазуучу Улу ата мекендик согуш мезгилинде өзү түздөн-түз аралашкан совхоз турмушун, андагы иштеген жумушчулардын күжүрмөн эмгегин, монолиттүү бирдигин, муундардын карым-катнашын алган.

Н. Байтемировдун көркөм иликтөөсүнүн борборунда кыргыз комсомолец-жаштарынын күжүрмөн эмгеги турат. Совхоздун саясий иштери боюнча бөлүмүнүн башчысынын орун басары Керимбек башында турган Абыл, Зулай, Бүбүш, Күлжан, Ормуш, Өмүш өңдүү жаштардын комсомолдук жигер, жаштык жалын менен мал чарбасында демилгелүү иштеши, чарбанын тоют резервин кеңейтүүгө жаңы жерлерди өздөштүрүшкөндүктөрү («Ат жетпеске» жол салуу), танка колоннасы үчүн акча топтоодогу жана майданга кеткен жоокерлердин үй-бүлөлөрүнө жардам уюштуруудагы эмгектери автор тарабынан конкреттүү, турмуштук кырдаалдарга чоң сүймөнчүлүк менен сүрөттөлгөн. Жогорудагы окуялардан Керимбектин кызматчы катарындагы жана жекече адамдык сапаттары чыга келет. Жазуучу Керимбекти башка каармандардан атайын бөлүп, анын образынын толугураак ачылышын көздөйт. Бирок автордун өз каарманын өзгөчө өмөчөктөп сүйүүсү анын жогорудагы асыл максатынын реалдуу ишке деңгээлде схемалуу мамиле жасоо этабында тургандыгын да ушул Керимбектин образынан ачык элестетебиз.

«Салтанат» романынын ийгиликтери жана кемчиликтери жөнүндө өз убагында эле бир катар объективдүү сын пикирлер айтылган[1].

Канткен менен да «Салтанат» романы өзүнүн көтөргөн проблемасы, турмуш чындыгын чагылдыруудагы эпикалык арымы, идеялык максаттуулугу боюнча 40-жылдардагы кыргыз совет прозасынын контекстинде өзүнчө орду

www.bizdin.kg

бар чыгармалардан болуп калды. «Бул жаш прозачынын чыгармачылыгында гана эмес, ошол учурдагы кыргыз прозасындагы жаңылыктардын бири эле. Байтемировду коомчулукта прозачы катарында тааныткан чыгармасы да мына ушул «Салтанат» романы болуп эсептелет»[2].

«Салтанат» романынын экинчи китебин Н. Байтемиров 1950—1951-жылдарда жазып бүтөт да, 1953-жылы «Жаш жүрөктөр» деген ат менен жарыкка чыгарат. «Жаш жүрөктөрдө» жазуучу «Салтанат» романындагы сүрөттөлгөн сюжеттин нугун андан ары өнүктүрүп, биринчи китептеги толук ачылбай калган образдардын иш-аракеттерин активдештирип, алардын жеткилең ачылышын шарттаган. Мында албетте, «Салтанат» романына карата айтылган сын пикирлерди автордун эске алганы өзүнүн жемишин бербей койгон эмес.

«Жаш жүрөктөр» романында окуялар зоотехник кыз Күлжандын тегерегинде өтөт. «Салтанатта» Күлжан айрым бир гана эпизоддордо көрүнүп, алардан анын бир сырдуу, ишин сүйгөн ак ниет сапаттары баамдалып, ошону менен бирге Керимбек экөөнүн ортосунда өзгөчө бир сезим пайда болуп келаткандыгын кабарлаган эле. Экинчи китепте Керимбек майданга аттанып, эми эмгек түйшүгүн көбүнчө кыздар аркалап, чарбадагы орчундуу маселелерди чечүү жана жүргүзүү тикеден-тике кыздардын үлүшүнө өткөндүгүн көрөбүз. Мына ушундай турмуштук шартта Н. Байтемиров Күлжандын образын биринчи планга алып чыгат да, анын эмгектеги тайманбас, кужурмөндүүлүгүн, демилгечилигин ачууга кунт коет.

Жазуучу Күлжанды коомдук, өндүрүштүк линияда гана көрсөтпөстөн, аны жекече турмуштук шартында да сүрөттөгөн. Күлжандын сүйүүгө туруктуулугун, утурумдук жыргалга кызыкпаган, келечегине ишенимдүү караган кыз экендигин биз анын мал доктур Муратка жасаган чыдамкай мамилесинен билебиз.

«Жаш жүрөктөр» романы жаш жазуучунун сюжет куруу, конфликт түзүү, көркөм образдарды жаратууда жана турмуш чындыгын чагылдырууда реалисттик стилди калыптандырууда тынымсыз изденүү жолунда бараткандыгын айгинеледи. Ошентсе да роман автордун айрым окуяларды сүрөттөөдө баяндоочулук ыкмадан дагы арыла ал-

www.bizdin.kg

бай жаткандыгын, каармандардын ички дүйнөсүнө сүңгүп кире албай, ага караганда тышкы-иш-аракеттерге көбүрөөк имерчиктеп тургандыгын, көп сөздүүлүккө жол берип койгондугун, портреттик, предметтик деталдарга басым коюп, аларды чыгарманын идеялык мазмунун ачууга «иштете» албай жаткандыгын ж. б. у. с. чеберчиликке байланыштуу өксүктөргө күбө болобуз.

«Жаш жүрөктөр» романынан Н. Байтемировдун ошол мезгилдеги «конфликтисиздик теориясынын» таасиринде тургандыгынан улам келип чыккан олуттуу кемчиликти да байкоого болот. Романды Улуу ата мекендик согуш мезгилиндеги кыргыз айылындагы реалдуу турмуш абал өзүнүн табигыйлыгында эмес, жасалма, бир беткей сүрөттөлүп калган. Экинчи китептеги окуялар негизинен согуш күч алып, анын бүлүндүргүч, кыйраткыч жексур түрү ар тараптан көрүнүп, элдин жашоо турмушунун ахвалы бир топ начарлап кеткен учурду өз кучагына алат. Бирок Н. Байтемировдун «Жаш жүрөктөрүнөн» ошол мезгилдин оор деми өзүнүн драмалык доошу менен сезилбейт. Чыгармадагы согуштан кайтыш болгондорду жоктогон бирин-экин эпизоддорду жана согуштагы абал жөнүндөгү Күлжандын жылкычыларга айтып берген учурларын эсепке албаганда окуя кадыресе эле тынч күндөрдө, токчулук-молчулукта өтүп жаткандай элес калтырат. Буга автордун чыгарманын акыркы жактарында берилген Айна менен Биристин үйлөнүү тоюна даярдалган үстөлдү сүрөттөөсүн эскере кетсек эле жетиштүү болчудай. «Стол үстүндө тамактар жайнап турат. Ичкилик жөнүндө сөз болууга да мүмкүн эмес: арак, вино жетиштүү, эки бөтөлкө шампанский да коюлган» (Н. Байтемиров. Тандалган чыгармалар. — Фрунзе: Кыргызстан, 1976. 457-б.). Мындай көрүнүш албетте, реалдуу жагдайга шайкеш келбей тургандыгын ар бир окуучу баамдабай койбос.

50-жылдарда Насирдин Байтемиров проза жанрында көп эмгектенет. «Жаш жүрөктөр» романынын жазып жүргөн жылдарда эле аңгеме, повесттер жаза коюп жүрөт. Анын бул жылдарда чыгармачылык ишке баш оту менен кирип, тынбай эмгектенишинин өзүнчө бир себеби бар эле. Жазуучу 1951-жылдан 1955-жылга чейин СССР Жазуучулар Союзунун Москвадагы А. М. Горький атындагы ада-

www.bizdin.kg

бият институтунда окуйт. Институтта окуу Н. Байтемировдун адабияттын илимий, теориялык, практикалык маселелери менен терең таанышуусуна, орустун классикалык адабияты жана совет адабиятынын, дүйнөлүк адабияттын бай казнасын окуп, үйрөнүүсүнө кенен мүмкүнчүлүк ачат. Чыгармачылык семинарлардагы жана ар кандай адабияттык кечелердеги, жолугушуулардагы кызуу талаш-тартыштар көркөм сөз өнөрүнө ынтызар Насирдин үчүн бейкам өткөн жок. Адабияттын ар кыл суроолору көтөрүлгөн андай кечелерге, студенттик диспуттарга Насирдин дайыма ишенимдүү, кызуу катыша тургандыгын, анын ар бир маселе боюнча айткан аргументинен тажрыйба жана турмуш чындыгынын деми уруп турарын жазуучунун студенттик курбусу, азыркы калемдеши А. Сальников эскерет[3].

Н. Байтемиров 1951-жылы «Жаш муундар» повестин, 1952-жылы «Бекем достук» аңгемелер жыйнагын, 1953-жылы «Сагын» повестин окурманга тартуулайт.

«Жаш муундар» повестинде жазуучу кыргыз адабиятында биринчилерден болуп кесипчилик окуу жайынын окуучуларынын турмушун көрсөтүүгө кайрылган[4]. Жаш өспүрүмдөрдүн кулк-мүнөздөрүнүн, личностунун калыптануусун, кесипке үйрөнүүнүн түйшүктүү жолунун оош-кыйыштыктарын автор негизинен үч каармандын образы аркылуу ачууга далалаттанган. Алардын бири — Нурланов Турсун, экинчиси Атаев Сагын, үчүнчүсү Сары Барпиев.

Повестте Н. Байтемиров каармандын образдарын түзүүдө схемалуулукка жол бергени айдан ачык көрүнүп турат. Сагынды автор чыгарманын башынан аягына чейин мактайт, Турсундун кемчиликтерин көрсөтсө да окуялардын жүрүшүнөн ага карата автордун симпатиясы даана байкалат. Сарыны болсо чыгарманын башында жалаң гана терс жактарда көрсөтсө, кийин, үйүнө качып барып келген соң секунда сайын өстүрүп, анын алдыга жылуусун мактоого алып отуруп, тез эле алдыңкы катарга кошот.

Көркөмдүк иштелиш жагынан бир кылка эместикти жазуучунун «Бекем достук» аңгемелер жыйнагынан жана «Сагын» повестинен да кездештиребиз.

«Сагын» повестинде да Н. Байтемиров мектеп окуучусу Сагындын турмушун, окуусун, көрсөтүүгө ниеттенген. Автор Сагындагы жакшы сапаттарды бир топ майдалап, бир

www.bizdin.kg

түстүү боек менен тартат. Ал окуудан артта калган Чилде деген баланы шефке алып, алдыңкы окуучуга теңейт, Артекке барат, Коля деген дос күтөт. Бирок Сагын жөнүндөгү сөз повесттин алгачкы барактарында гана сүйлөнөт. Чыгарманын басымдуу бөлүгү Сагынга караганда анын атасы Сарала менен энеси Акшайырдын үй-бүлөлүк мамилелерин, моралдык-нравалык жүздөрүн сүрөттөөгө арналган.

Насирдин Байтемировдун прозадагы алдыга шилтеген көрүнүктүү кадамы анын 1955-жылы жарык көргөн «Акыркы ок» романы болду. Романды жазуунун үстүндө автор көп жылдар бою эмгектенди. Анын жазылуу процесси баш аягы беш жылды ичине камтыды. Роман жарыкка чыккандан кийин көркөм адабий сыныбызда ал туурасында көптөгөн пикирлер айтылды. Аларда романдын үчүнчү бөлүмү артыкбаш экендиги жана башкы каармандардын образдары да терең ачылбай калгандыгы айтылган. Автор кийинки 1958-жылы жарык көргөн вариантында аталган пикирлерди толук эске алган. Натыйжада роман сюжеттик чаржайыттыктан кутулуп, каармандардын мазмун-маңызы толук ачылып, өлкөбүздүн коомдук-социалдык өнүгүшүнүн белгилүү этабын реалдуу, жогорку көркөмдүктө чагылдырган оригиналдуу чыгарманын деңгээлине көтөрүлгөн. Роман 1958-жылы орус тилине которулуп, орус сынчылары, адабиятчылары тарабынан да жогору бааланат[5].

«Акыркы ок» романынан Н. Байтемировдун прозаик катары калыптанып калгандыгы, чеберчилиги кадыресе өсүп, жаңы бийиктикке көтөрүлгөндүгү даана байкалат. Романдын сюжетине урунттуу окуялар тартылып, сюжеттик чиелениш жана анын өнүгүшү чың, динамикалуу келип, окуучунун ой дүйнөсүн өзүнө тез эле тартып алат. Жазуучу буга чейинки чыгармаларында арыла албай келген каармандын образын түзүүдөгү стилдик ыкмасынан (каарманы жөнүндө алдын ала эле бардыгын айтып коюу) да кескин баш тарткандыгын көрөбүз. «Акыркы окто» каармандардын адамдык маңыздары түздөн-түз өздөрүнүн иш-аракеттеринен, айлана чөйрөгө жасаган мамилелеринен ачылат. Автор каармандардын тигил же бул кырдаалдагы психологиялык абалдарына да көңүл бөлүп, алардын жан дүйнөсүнүн кыймылына психологиялык анализ

www.bizdin.kg

берүүгө умтулат. Ички сезимдердин диалектикасын тышкы деталдардан да кармап, б. а. каармандын ички абалы менен сырткы абалынын гармониясына жетүүнү көздөйт.

Романда Совет доорундагы коллективдештирүү мезгилиндеги кыргыз айылында болгон курч таптын карама-каршылыгы чагылдырылган. Кой терисин жамынып, түрүн өзгөртүп колхозго кирген, ал тургай амалдуулук менен башкармалык орунга жетип алган кулактын куйругу Барпы (чыныгы аты Аден. Барпы деген батрак баланы өлтүрүп, ошонун документи менен изин жашырып жүрөт) социалисттик түзүлүштөн өткөнү үчүн өч алуу максатында ар кыл иштерге барат.

Н. Байтемиров айлакер жана күчтүү тап душманы Барпынын кулк-мүнөзүн, ой-санаасын билгичтик менен кылдат ачып берген. Барпы адегенде элге өзүн батрак көрсөтүп, жакшы иштеп, элдин ишенимине кирип алат да, качан колхозго башкарма шайлай турган мезгил келгенде эл аны эмгекчил, калыс дешип, башкармалыкка көтөрүшөт. Барпы сыртынан эл ишине күйгөн, социалисттик түзүлүш үчүн күрөшкөн адам катары көрүнөт. Чындыгында болсо ал колхозду ичтен акырындык менен бүлүндүрүп, өзүнүн тектештери менен байланыш түзүп, колхоздун чөбүн өрттөтүп, эгинин, асыл тукум айгырын уурдатып, ал тургай ыңгайлуу учур боло калса колхоздун алдыңкы адамдарын зыянга учуратып коюудан да кайра тартпайт.

Автор чыгармадагы улам кийинки окуяларга Барпынын ыплас дүйнөсүнүн ар тарабын көргөзүп, анын таптык-социалдык маңызын аңтарып ачып берип жүрүп отурат.

Барпы өз иш-аракетинде жалгыз эмес. Анын таламдаштары бир жагынан өзүндөй эле совет бийлигин жек көргөн, мурунку бай-манаптардын жек-жааттары Сасыкбай, Түлөбердилер болсо, экинчи жактан Барпы эл ичиндеги эрки бош, турмуштук бекем позициясы жок, жеңил оокатка алданган Шабыраалы жана анын аялы майрык бут Чолпон, комсомол Ыйлаакка окшогон адамдарды өзүнө тартып, алардын өз максатынын орундалышында пайдаланган. Н. Байтемиров Шабыраалы, Чолпон, Ыйлаактардын кулк-мүнөзүн, кылык-жоруктарын таасын тартып, алардын Барпынын кылтагына түшүп калууларынын себептерин ынанымдуу сүрөттөп бере алган.

www.bizdin.kg

Ышкынаалынын тарыхын автор романдын экинчи бөлүгүндө берет. Анын Барпынын тили менен элден качып кеткенден кийинки жан-дүйнөсүнүн абалын, ички толгонууларын жазуучу психологиялуу сүрөттөйт. Акылын уяты жеңген Ышкынаалы качкын кейпине биротоло баш ийип, моюн сунат. Автор Ышкынаалынын жандүйнөсүнүн драматизмин бир кыйла терең чагылдырган.

Роман ошентип душмандардын чүмбөтү сыйрылып, биротоло жеңилишин сүрөттөө менен аяктайт.

Көркөм иштелиш жагынан «Акыркы ок» романындагы оң каармандар Кебек карыя, колхоздун текшерүү комиссиясынын председатели Андрей, комсомол уюмунун жетекчиси Абдылдалардын образдары Барпы жана Ышкынаалынын образдарына салыштырганда бир аз утулуш абалында тургандыгын белгилей кеткенибиз жөн. Оң каармандардын образдарын түзүүдө автор алардын мүнөздөрүнүн тереңине анча сүңгүп кире албай калгандай сезилет. Бирок мындан ал адамдардын образдары такыр эле индивидуалдуулукка ээ эмес деген пикир туулбашы керек. Романда Кебек, Андрейлердин колхоздо иштери жайында болбой, душмандар күндөн күнгө зыяндуу, бүлүндүргүч аракеттерди жүргүзүп жатышкандыктарын кармай алышпай, ал туурасында тынымсыз ойлонуулары, Сасыкбай, Барпыга карата психологиялык атака жасашып, алардын тамырын тартуулары, акыры Барпынын шектүү адам экендигин баамдашып, анын ишин текшерүүгө принципиалдуулук менен Андрейдин кириши эмоциялык-экспрессивдүү ачык сүрөттөөлөрдө ишке ашкан. «Акыркы ок» романындагы көзгө чалдыккан мүчүлүштүк жазуучунун айрым бир учурларда окуялардын ички маанилик маңызына көңүл буруунун ордуна анын тышкы окуялуулугун көздөп кетишине байланыштуу.

Н. Байтемировдун прозаик катары чыгармачылык изденүүсүнө көз салганыбызда анын 50-жылдарда ушунчалык тез темп менен иштегени көңүлдү бурат. Жазуучу улам барган сайын чыгармаларынын тематикалык алкагын кеңитип, жанрдык көп түрдүүлүгүнө умтулгандыгы ачык байкалат. «Акыркы ок» романынан кийин 1959-жылы биздин замандаштын, эмгек адамынын образын жаратууну көздөп, «Жылдызкан» романын жазат.

www.bizdin.kg

Роман бир караганда бир гана жеке адамдын турмуштук жолун чагылдыргансыйт, ал эми анын идеялык, көркөм-эстетикалык дүйнөсүнө тереңдеп кирсек, андан социалисттик доордо совет адамдарынын аң-сезимдеринин өнүгүшү, эмгектин адамды кайра жаратуучу күчкө ээлиги, мурда эзилип, киши катарына эсептелбей келген кыргыз кыз-келиндеринин басып өткөн тарыхый жолу, совет мезгилиндеги турмуштан жеңип алган орду көз алдыга тартылат.

Жазуучу романдын биринчи бөлүгүндө Жылдызкандын балалык чагына көңүл бөлөт. Ал 13 жашында атасынан жетим калып, энеси Эркекыздын жанында, аялга консервативдик көз караштa, мамиледеги агасы Татыбектин таш боорлугу астында чоңоет. Ушундай абалында эле Жылдызкан эмгекчил, көтөрүмдүү, чыдамкай кыз катарында көрүнөт. Ал кийинем, ичинем деп апасын кыйнап, капа кылбай, колунан келсе аны кубанткысы бар.

Н. Байтемиров Жылдызкандын эмгектик жолун реалдуу көрсөтөт. Мурда үй-оокатка тирикарак кыздын эми колхоздун пахта теримине жардамга келүүсү менен чыныгы эмгектик жолу башталат. Ал өжөрлүк, көктүк менен эмгектенип, тез эле эл көзүнө көрүнөт. Агасы Татыбектин «кыз да кишиби» деген түшүнүгүн төгүнгө чыгарып, эмгектен өзүн көрсөтүп, Москвага айыл чарбасынын көргөзмөсүнө барууга укук алат.

Автор Жылдызкандын балалык чагындагы алгачкы эмгек үзүрүнө жетишүү жолун түз сызыктуу көрсөтпөйт. Татыбек агасы анын иштеп акча тапканына кызыгып, окуусун улантууга биротоло тыюу салат. Ал эми качан Жылдызкан Москвага бармакчы болгондо караңгы, түркөй агасы Татыбек таптакыр каршы турат. Романдагы ушул окуялардын драматизми чыйрак сүрөттөлгөн жана ал ар бир окуучунун өздүк тагдырындай кабыл алынышына жетишкени, албетте, жазуучунун бирден-бир ийгилиги. Агасынын бардык бийлигине үн катпай баш ийген Жылдызкан жогорку кырдаалда өмүрүндө биринчи жолу Татыбекке каршы сөз айтып, (мындай чечкиндүүлүккө келүүсүнө курбусу Суусардын кеңеши чоң түрткү берет) өз чындыгы үчүн күрөшөт. Бул көрүнүш Жылдызкандын турмуштук активдүү позицияга өтүүсүндөгү алгачкы, али ишенимсиз шилтеген кадамы эле.

www.bizdin.kg

Жылдызкандын турмушундагы жаңы баскыч ал Москвадан келгенден кийин башталат. Мурда ал жеке гана өзүнүн ишин билип, өз намысы үчүн күрөшсө, эми ал кичинекей коллективге бригадир болуп, жоопкерчилиги көбөйөт. Өзүнүн тагдырын коллектив менен байланыштырат.

Жазуучу Жылдызканды эмгек менен эле алпуруштуруп, анын жекече сезимин, ички умтулууларын эмгекке бастырып, каармандын образына көлөкө түшүрбөйт. Романда Жылдызкандын жаштык курагына, махабатынын ойгонушуна, Акинжан менен болгон мамилесинин акырындап күчтүү толкунга айланып, жан-дүйнөсүн бийлеп кетишине, эки жаштын сүйүүсүнө Арзыкулга окшогон (Жылдызкандын жездеси) ичи тар, кекчил, көрө албас, эгоисттердин кедерги болууга жасаган аракеттерине кеңири орун берилген.

Жылдызкандын артта калган «Алга» колхозуна башкармалык ишке баруусу, чарбанын экономикасын чыңдап, маданиятын көтөрүү үчүн күн тынымдан, түн уйкудан кетип иштөөсүн көрсөтүү менен Н. Байтемиров каарманынын образын дагы тереңдеткен. Жаңы турмуштук кырдаалда Жылдызкандын иштин көзүн таба билген уюштуруучулугу — бийик адамкерчилиги, колхоздун ар бир мүчөсүнүн кулк-мүнөзүн үйрөнүп, ошого карата мамиле жасай билген бүгүнкү жетекчиге зарыл болгон асыл сапаттары айкындалат.

Жылдызкандын колхоздун мурдагы раиси Койчубек, анын тилине кирип, адашып жүргөн жалкоо аял Анаркан менен болгон күрөшү буга күбө. Жылдызкандын өрнөктүү иштерине көмөктөш адамдардын жылпыланган образын автор Кубатбек карыянын образында ишке ашырган.

Айрым бир адабиятчылар[7] Татыбекти автордун «эрки боюнча гана кыймылга келип, каалаганда бузулуп, каалаганда оңолуп турган» каарман катары белгилешип, анын өйдө-ылдыйлыктарын, өзгөрүүсүн автор жеткиликтүү мотивировкалап,ишенимдүү ача албай калган» деген ойду айтышат. Бул туура эмес. Романда Татыбектин мүнөзүндөгү карама-каршылыктардын болуусунун турмуштук себептерин, анын оңолушуна түрткү болгон психологиялык-турмуштук кырдаалдарды Н. Байтемиров түзүк эле иликтегендигин көрөбүз. Татыбектин «аял да кишиби» дегени

www.bizdin.kg

андагы аялга карата феодалдык-патриархалдык түшүнүктүн али бекемдигинен, аң-сезиминин деңгээлинен кабар берет. Ал эми анын жалкоо болуп кетүүсүнүн өзүнчө себеби болгон экен. Көрсө ал учурунда элге зыян келтирген, коомдук мүлккө кол салган киркирек Садыктын тез эле акталып, башкарма болушу менен келише албайт. Башкарманын ишке кайдигер мамиле жасашы, керт башынын кызыкчылыгы үчүн коомдук мүлккө кол салып жатышын көрүп иренжийт. Ошондон улам чындык жок деп, Садыктын жоругун оздуктабаган коомчулукка өзүнчө наразы. Ушундай жагдайлар анын эмгекке болгон мамилесин өзгөрткөн. Кийин Татыбек Чын-Де-Лиге ички бугун айтып, чарбадагы иштерге башкарманын көз боемочулук мамилесинин ашкереленишине демилгечи болот. Атайын комиссия түзүлүп, колхозчулар Садыктын айбын ачышат, ушул окуялардын жүрүшүндө Татыбектин эмгектик активдүүлүгүнүн өсköндүгүн көрөбүз. Бул бир жагы. Экинчиден, Татыбектин турмушундагы бурулуш ага дейре эле болгондугун эске түшүрөлү. Татыбек Жылдызканды Москвага барбайсың деп үйдөн кууп чыкканда энесинин көптөн топтолгон ички бугу атылып чыгып, баласына каршы биринчи жолу катуу сөз айтат, ыйлайт. Бул окуя Татыбектин жан-дүйнөсүнө бүлүк түшүрөт. Энесинин өткөн өмүрүнө, өзгөргөн түрүнө байыр алып карап, өмүрүндө биринчи жолу өзүнүн акмакчылыгын баамдайт, биринчи жолу апасына боору оруп, аяп кетет. Ушунун өзү андагы жоголуп кеткен адамкерчиликтин кайрадан ойгонуусу эле. Ушундан тартып Татыбектин апасына, Жылдызканга жасаган мамилеси түп тамырынан бери өзгөрүлөт. Демек аталган кырдаалдар чыгармада Татыбектин оңолушунун өбөлгөлөрү катары өзүнчө идеялык-көркөмдүк жүккө ээ.

Албетте, «Жылдызкан» романында кемчиликтер жок эмес. Романдын ийгилик, кемчиликтери тууралуу өз учурунда эле көркөм адабий сыныбызда калыс, олуттуу пикирлер айтылган[8]. Ырасында да «Жылдызкан» романынын бөлүмдөрү идеялык максаттуулугу, көркөмдүк иштелиштери жагынан бир кылка эмес. Романда Жылдызкандын балалык курагына көбүрөк орун берилген жана ал бир топ жандуу, чыйрак сүрөттөлгөн. Бирок Жылдызкандын Москвага айыл чарба көргөзмөсүнө баруусу өтө

www.bizdin.kg

эле үстүрт баяндалып калган, андан каармандын кийинки өсүшүнө, эмгектик такшалуусуна таасир этчү факторлорду кармоо, көрүү өтө кыйын. Ал эми экинчи бөлүктө Жылдызкандын көз карашы калыптанышы, эмгекчил, уюштуруучулук, жүзү дагы дааналанышы керек эле. (Бул мезгилде ал өзүнчө бригада башкарып, комсомол уюмунда секретардык кызмат аткарып жүрөт деп баяндалат). Тилекке каршы автор Жылдызкандын бригадирлик сапатын, комсомолдук жетекчилигин көрсөтүүгө караганда анын сүйүү драмасына көбүрөөк басым коюу менен чектелет. Ошонун натыйжасында үчүнчү бөлүмдүн баш жагында газеталык информация катарында берилген Жылдызкандын эмгектик ийгиликтери (Ленин ордени менен сыйлануусу, район түгүл республикага маалым болуусу, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаттыгына көтөрүлүүсү) көп жагынан окуучуга белгисиз болуп кала берет. Романдын идеялык-логикалык максатынын чордону болчу бул маселелердин ажарына чыга сүрөттөлбөй, актай калышы, ошондой эле романдагы анын «жанына» тырмактын агындай кошумчасы жок узак диалогдор (М: колхозчулардын Москвага бармакчы болгонун талкуулаган сөздөр) «Жылдызкан» романынын жалпы эле идеялык-эстетикалык татымына доо кетирген. Натыйжада автордук асыл максат, биздин замандаштын масштабдуу образын түзүү, толук ишке ашпай калган.

Жазуучунун 1966-жылы жарыкка чыккан «Тарых эстелиги» романы чындыгында да окуучуларынын ак тилектерин актаган социалисттик реализм адабиятынын мыкты үлгүлөрүнөн болуп калды.

«Тарых эстелиги» романынын сюжеттик негизин 30-жылдардагы жаңы советтик чарбаны коллективдештирүү мезгилинин тарыхый чындыгы, мезгил жараткан тарыхый личность — Уркуя Салиеванын өмүр жолу, совет бийлигин чыңдоо үчүн жүргүзгөн коммунисттик активдүү күрөшү түзөт.

Түштүк Кыргызстанда өзгөчө курч мүнөздө өткөн тап күрөшүнүн кырдаалында карапайым элден чыккан, тап душмандарына келишпестик менен каршы туруп, жаңы заман, бактылуу келечек үчүн эч нерседен тайманбай күрөшкөн, акыры душман колунан мыкаачылык менен

www.bizdin.kg

курман болгон Уркуя Саалы келинининин революциялык даңктуу жолу тарых барагынан өчпөс болуп орун алса да, адабиятыбыз менен искусствобуздун алтын казнасынын кенчине айлана элек эле. Н. Байтемировдун бул темага кайрылуусу жана аны жогорку идеялык-көркөмдүк деңгээлде ишке ашырышы кантсе да жазуучунун чыгармачылык көрөгөчтүгүн, мүмкүнчүлүгүн айгинелеген өзүнчө бир көрсөткүч болуп калды.

Уркуянын монументалдуу образын жаратуу үчүн жазуучуга чыгармачылык зор түйшүктөнүүгө туура келди. Салиеванын өмүр жолуна байланыштуу көптөгөн тарыхый маалыматтарды, документтерди окуп, үйрөнүүдөн тышкары ошол мезгилдин күбөсү болгон адамдар менен аңгемелешти. Каарманы аракеттенген, окуя өткөн жердин социалдык-нравалык бөтөнчөлүгүн аңдап, анын нюанстарын кылдат кармай билүү маселеси да көз жаздымда калбады. Албетте, булардын бардыгы чыгармачылык процесстин биринчи гана этабы эле. Турмуш чындыгын көркөм чындыкка толук кандуу айландыруу үчүн мындан тышкары автордук күчтүү фантазия, идеялык зиректик, нагыз сүрөткерлик чеберчилик зарыл болчу. Тилекке жараша «Тарых эстелиги» романын жазууда Н. Байтемиров көркөм чыгармачылыктын зарыл болгон компоненттеринин шайкештигине жетишкен десек болот.

Романда автор Уркуяны өспүрүм курагынан баштап сүрөттөйт. Алгачкы эле окуялардан Уркуянын тирикарактыгы, ачык мүнөзү, бышыктыгы, кимге болбосун сөздү бетке айткан өткүрдүгү, баамчыл, сезимдүүлүгү көрүнөт. Ал Колдошту коркутуп келген катчы Чел көздүн ким экендигин айтып, шаштысын кетирип мизин кайтарат. Ажы эчкисинин мүйүзүн өзү ыргыта чаап алып, Уркуянын атасы Жумабайга жалаа жапканда, Ажынын таламын талашкан чел көз Жумабайды «күнөөңү мойнуңа ал» деп кысмакка алганда да Уркуя эч нерседен тайманбай чел көздүн кагазына атасын «бармак баспа» деп өтүнөт. Бирок айыл ичи бузулбасын, ынтымак деген түшүнүктүн көп жылдар боюу кулу болуп келген атасы кызы эшиктен кат билген киши таап келгиче бармагын басып коет.

Чыгармадагы жогорудагы эпизоддор Уркуянын тап душмандарын жек көрүүсүн дагы курчутат. Алардан өч

www.bizdin.kg

алууну көздөп, максат кылып, карапайым элдин эркиндикке жетүүсүн көксөгөн өжөр кыз өз демилгеси менен биринчилерден болуп комсомолго мүчө болуп өтүүгө арыз берет.

Уркуянын Ленин комсомолуна мүчө болуусу анын андан аркы тагдырын, жашоо принцибин биротоло аныктайт. Буга чейин Ажы, чел көздөрдүн ырайымсыз жоруктарына стихиялуу каршылык көрсөтүп келсе, эми алар менен принципиалдуу, ачык күрөшкө чыгат. Буга анын чел көздүн маселесин комсомолдук чогулушка салып, аны комсомолдун катарынан чыгаруу сунушуна бекем турганы күбө.

Автор Уркуяны «чү» деген эле жерден саясий аң-сезими бийик, бардык ишке кыраакы караган адам катары сүрөттөп турмуштун реалдуу чындыгын бузбайт. Анын жаштыгы, тажрыйбасыздыгы, айрым учурда миң айлакер, куу, митайым душмандардын иш-аракеттеринин төркүнүн жетик түшүнүүдө чабал болуп тургандыгын чагылдырган эпизоддор да чыгармада жок эмес. Маселен Уркуя Ажынын «журтчулук» деген чүмбөттүү ыкманы пайдаланып, эл чакырып, тамак берип, шайлоодо күйөө баласы үчүн кол көтөрүп койгула деп өтүнүүсүнө анча маани бербейт. Ошондой эле Ажы Уркуяларга илгери эчкиси үчүн өзүнөн өзү дободой кара козу түшүртүп, ал тургай, «жайында айдап алгыла» деп, энеси Бүбүканга жер берип мартчылык кылганынын түпкү максаты эмнеде экенине да ал учурунда көзү жетпейт. Көрсө, Ажы жерин кедейлерге бөлүп берип коюп, өзү батрак кейпин кийип, түрүн өзгөртүп, жер-суу реформасы тушунда өзүн аман сактап калуунун камын алдын ала көрүп, ушинткен экен.

Уркуянын таптык, саясий аң-сезими акырындап, өзү тикеден-тике аралашкан социалисттик курулуш үчүн болгон күрөш процессинде өнүгүп өсүп олтурат. Ал Ажынын амалынын чоо-жайын кийин гана түшүнүп, энеси Бүбүканга алданганын түшүндүрүп, Ажынын бетин ашкерелөөдө чечкиндүүлүктү көрсөтөт.

Н. Байтемиров «Тарых эстелиги» романында сюжеттик коллизияны жөнөкөйдөн татаалга, кокустуктан типтүүлүккө карай кылдат, чебер өнүктүрүп жүрүп отурат. Совет бийлиги жеңсе да тап душмандары бийликти оңойлук ме-

www.bizdin.kg

нен колдон алдыргылары келбей, күрөштүн ар кандай формаларын жүргүзүшүп, Социалисттик түзүлүштү бекемдөөгө мүмкүнчүлүк бербөөгө жасаган аракеттери чыгармада реалдуу, драмалык курчтугу менен табигый чагылдырылган. Эгерде чыгарманын биринчи бөлүмүндө тап душмандардын өкүлү катарында Ажынын жана чел көз жигиттин иш-аракеттери сүрөттөлүп, алардын таптык-адамдык маңыздарын ачуу Уркуя жана анын таламдаштары үчүн анчалык кыйындыкка турбаса, кийинки бөлүмдөрдө душмандардын сандык жана сапаттык катыштары татаалдашып, алардын зыяндуу иштеринин тамырлары тереңдеп, алар менен күрөшүү Уркуя жана анын талапташтары үчүн бир топ саясий кыраакылыкты талап кылат.

Бийдин баласы, азыр төрагалык кызматта жүргөн Эшмат жана анын кулак-куйруктары Мадалы касап, Ак дамбылда аттуу чачтуу думана, Тешебай Абдылда уулу, Козу ж. б. Уркуя раис болуп иштеген «Кызыл-Аскер» колхозундагы социалисттик жаңы заманды курууда ар кандай тоскоолдуктарды жасашып, Уркуянын жүргүзгөн иштерин ар кандай жолдор менен бүлүндүрүүгө аракеттенишет. Эшмат төрага аң-сезими төмөн, али революциялык төңкөрүштүн маани-маңызына тереңдеп түшүнө бербеген караңгы колхозчулардын арасында бузукулук иштерди жүргүзүп, элди жаңы чарбага кирүүдө, анын жемишин татуудан алагды кылат. Мына ушундай душмандын уюгун талкалоо, алардын ачыккан жаалына каршы туруу чындыгында да гиганттык күчтү талап кылмак. Уркуя ушундай күчкө ээ адам экендигин, ал Совет бийлигин ак дилден, чын жүрөгү менен кабыл алып, анын темир канаты жетилишине бүткүл өмүрүн, дил-дымагын арнагандыгын, Советтер өлкөсүнүн жыргалдуу келечегине кыйшаюусуз ишенгендигин жазуучу романдын экинчи жана үчүнчү бөлүмдөрүндөгү сүрөттөлгөн окуялардын динамизминен айныксыз ишендирет.

Уркуя жаш совет мамлекетинин курулушу, чыңдалышы үчүн күрөштүн ар кандай формасын, ыкмасын билгичтик менен колдонот. Кээде өзү көрүп билгенин душмандын бетине ачык чыгып айтып, ошону менен алардын мизин кайтарса, кээде Кодоңго, Эшматтын малайларына окшогон элдин ичиндеги караңгы адамдарга акырындык менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, алардын көздөрүн

www.bizdin.kg

ачат. Ал эми көпчүлүк учурда Уркуя жаңы замандын артыкчылыгын элге жаңы демилге, жаңы эмгектин орошон түрү менен эң эле таасирдүү, жөпжөнөкөй гана жеткирип коет. Ушу жагдайда Уркуянын эгиндин бышып турган убагын өткөрбөй жыйнап алуудагы уюштурган эмгеги айрыкча көзгө урунат. Чоң ирикти сойдуруп, ашар салып, эмгектин алдыңкыларына бейкасамдап байге койдуруп, талааны өзүнчө эле эмгек шаңына бөлөп жиберет. Ушундан кийин ортосаар турган бир топ жеке чарбалардын колхозго өтүүгө арыз бериши Уркуянын таптык, эмгектик, жетекчилик зор жеңиши болду. Акырындап Эшматтын паранжысын сыйрып, анын маселесин кедейлер тобуна коюп, кулакка тартылсын деген акыйкат чечим чыгарууга жетишти.

Уркуянын асыл максаттарынын ишке ашуусунда бригадир келин Камбарниса, колхоздун башкармасынын орун басары Мамаюнус уулу Гайвалы, Мадымар уулу Тешебай, Уркуянын өмүрлүк жолдошу Колдош ж. б. алдыңкы колхозчулар көмөктөш болушат. Автор аталган каармандардын образдарын зарылдыгына жараша, көркөм палитрасынан түрлөрдү пайдаланууда чен өлчөмүнөн кетирбей кылдат тарткан.

Күн өткөн сайын Уркуянын таасири күчөп, ал жаңы замандын пайдубалын жигердүүлүк менен бекемдеп бараткаиы тап душмандардын тынчын кетирет. Уркуяны жоготууга ачык да, жабык да аракеттенишет. Акыры кирobкомдон келген полномочен, чындыгында кулактардын адамы Бахтыбаев жана кулактын баласы Үсөновдордун жардамы менен Уркуяга жалган жалаа жабышып, аны партиянын катарынан чыгарууга жетишет (Бул учурда Уркуя айыл кеңешинин төрагасы болуп турган).

Автор Уркуяны ушундай саясий жана моралдык оор абалга коюу менен каарманынын адамдык, коммунисттик маңызын жаңы бийиктикке көтөрө алган. Уркуянын ошол мезгилдеги психологиялык абалын берүүдө Н. Байтемиров Ч. Айтматовдун чыгармачылык традициясына кайрылгандыгы байкалат. Башкача айтканда Уркуя да Ч. Айтматовдун каармандары сындуу оор минуталарында жерге кайрылып, аны менен ачык диалогко өтөт. Романдын фи-

www.bizdin.kg

налдык бөлүмүндөгү Уркуя, Колдоштун сөөгү коюлгандан кийинки эки бүркүттүн чабытташы жана ал туурасындагы автордун лирикалык чегинүүсүндө Айтматовдук сүрөттөөнүн лиро-романтикалык стилинин жагымдуу таасири байкалат.

Жер менен сүйлөшүүдө Уркуянын утурумдук жеңилүүгө мүңкүрөбөй, кайра мындай драмалык кырдаал анын көзүн ачып, чыйралтып койгондугун көрөбүз. Уркуянын «анык күрөшү эми башталганына, кимдин кас, кимдин дос экендигине эми гана чындап көзү жетип, душмандар менен күрөштүн жаңы этабына умтулуп, ал үчүн жаңы күч-кайрат жыйнап, оттой жанып тургандыгы — анын облигине өзгөчө түс, ачыктык берип турат. Уркуя тап душмандарынын калдыктары тарабынан мыкаачылык менен өлтүрүлсө да, романдагы окуялардын тарыхый перспективасы эч убакта трагедиялык айласыздыкка алып келбестигин ар бир окуучу канагаттануу менен кабыл алат.

Н. Байтемировдун «Тарых эстелиги» романындагы жетишкен дагы бир ийгилиги — анын Уркуя каршы күрөшкөн тап душмандарынын образдарын майдалантпай, аларды бир бечара катарында көрсөтпөй, душмандарды реалдуу, потенциалдуу сүрөттөгөндүгүндө. Ошондой эле чыгармада 30-жылдардагы элдик аң-сезимдин деңгээли, Уркуяга болгон элдик урмат, улуу сүйүү, берилгендик (Уркуя менен Колдоштун сөөгүн коюу процессиясында куркугуй моюн абышка өзүнчө эле митинг ачып жибергени, «Кызыл-Аскер» колхозун Уркуянын наамына көтөрөбүз деши), жогорку көркөм чеберчиликте чагылдырылган. Автор чыгармадагы мейли негизги болсун, мейли эпизоддук каарман болсун ар биринин индивидуалдуу бөтөнчөлүгүн таба билип, аны чебер сүрөттөп берүү менен окуучунун эсинен чыкпас касиетке ээ кылган.

Романда жогоруда белгиленген ийгиликтер менен катар, кемчиликтер да жок эмес. Негизги кемчилик чыгарманын акыркы бөлүмүндөгү тап душмандардын бетинин ачылышы, жазаланышы автор тарабынан өтө эле шашылыш, үстүртөн информациялык мүнөздө баяндалып калышында.

«Тарых эстелиги» романынын идеялык-эстетикалык баалуулугу, таалим-тарбиялык мааниси тууралында көп-

www.bizdin.kg

төгөн оң пикирлер айтылды[10]. Н. Байтемировдун Уркуяны көркөм сөз өнөрүндө кайрадан жашоого ээ кылышы жалпы эле кыргыз адабияты менен искусствосунда Уркуя темасынын ойгонуп, туруктуу орун алышына белгилүү бир деңгээлде өбөлгө түздү. Ошентип, Т. Сыдыковдун «Революциянын каармандарына» аттуу скульптуралык эстелиги, Т. Океевдин «Отко таазим этүү» кинофильми жаралды. Н. Байтемиров бул темага башка жанрларда кайрылып, «Уркуя» драмасын жана «Уркуя» поэмасын жазып, окуучуларга тартуулады.

1967-жылы Насирдин Байтемировдун «Кылым мүшкүлү», «Кыз-Булак» аттуу эки циклдан турган «Сонундар дүйнөсү» романы жарык көрдү. Бул романы жазуучунун ар түрдүү адам тагдырына терең кызыккан, азыркы учур менен өткөн мезгилдин ажырагыс байланышын бекем сезген табиятынан окуучуларга кабар берди.

«Кылым мүшкүлүнүн» башкы каарманы — өз башынан кылымдын мүшкүлүн өткөргөн, бүгүнкү жаштардын тарбиячысы, насаатчысы Арууке апа.

Арууке өз окуучуларына «жылаңаяк эски замандагы» тагдыры туш болгон турмуш түйшүгүн жашырып-жаппай өзү баяндап берет. Жакырчылык жокчулуктун айынан теңчиликсиз заманда Аруукенин ата-энеси өзөгүн өрттөтүп жалгыз кызын бай туугандарынын баласы Жайнакка беришет. Жайнак жоош, ата-энесинин тилинен чыкпаган жан эле. Ушундан улам атасы Кашкоро, энеси экөөлөп келинди өздөрү башкарышып, «катынга катуу бол» дешип уулун көкүтүп жатып, Аруукеге көрбөгөн кордукту көргөзүшөт. Эрки бош Жайнак ата-энесинин тили менен Аруукеге адамгерчиликсиз мамиле жасайт. Күн өткөн сайын Аруукенин Жайнактан «үч көчкөн журттай» көңүлү калып, анын «адам эмес эле үй жанындагы каракчы» экенине көзү жете баштайт. Ушундай оор күндөрүндө ал Батыркул байдын койчусу Серкебайды жолуктуруп, ага карата аруу сезими ойгонуп, ал сезим күндөн-күнгө күч алат. Акырында Серкебай экөө жөнүндө айылга кеп тарап, ал тургай Жайнак атасы экөөнө чейин бул иштин төркүнү билинип калганда да, Арууке эч нерседен кайра тартпай, өз сезими үчүн ачык күрөшкө өткөн күндөрү болот. Автор Аруукенин турмушунун улам татаал чиеленишке алып бара жат-

www.bizdin.kg

канын, ал курч кырдаалдарда каармандардын айкын жүздөрү дааналанып, кимдин эмнеге жөндөмдүү экендиктери ачык көрүнүшүн реалдуу сүрөттөп жүрүп олтурат.

Эч нерседен тайманбаган, өткүр, курч Серкебай бул жолку Жайнак менен бетме-бет келүүсүндө Аруукени кордоп жатканына чыдабай (Жайнак Серкебайга жолугасың деп, Аруукени эки чака менен сабап жаткан) Жайнакты муунтуп, сууга түртүп, «улам чыгууга камынса төбөдөн ылдый басып, тумчуктуруп» өлтүрөт.

Бирок Жайнактын өлүмү Аруукеге да, Серкебайга да алар көксөп самаган бакытты алып келбейт. Жайнактын өлүмү Аруукени азаптын туткунунан кутултпастан, тескерисинче, кылымдын жаңы мүшкүлүн башына салат. Эри өлүп калган жесирди феодалдык-патриархалдык салттын мыйзамы боюнча, күйөөсүнүн иниси он бир жашар бала Белекке нике кыйып алып берет. Серкебай болсо белгисиз жакка качып кетип, баш калкалоого аргасыз болот. (Ошол мезгилде мындан башкача болушу да мүмкүн эмес эле. — Л. Ү.).

Он бир жашар бала менен алп урушуу, аны эрим деп эсептөө Арууке үчүн кордуктун кордугу болду. Намысын кордотуп, арсыз турмушта жашагысы келбеген Арууке ыңгайлуу учурдан пайдаланып, нечен бир кыйынчылыктарды башынан кечирип, ата-энесиникине качып кетет.

Кыргыз адабиятында Улуу Октябрь революциясына чейинки кыргыз элинин феодалдык-патриархалдык турмушу кезиндеги кыргыз кыз-келиндеринин социалдык абалдарын, аянычтуу тагдырларын чагылдырган мыкты чыгармалар буга чейин деле аз эмес эле. Ошондой болсо да Н. Байтемиров өзүнүн Аруукеси менен Ажар, Зулайка, Батыйналардын тарткан кылым мүшкүлдөрүн дагы тереңдетип, алардын драмалык курчтугун бүгүнкү күндүн окуучусунун жан дүйнөсүнө дагы бир жолу жеткирип койду.

Аруукенин кийин кеминдик Калбай аттуу кишиге «баш кошуп, оокат кылуу» үчүн күйөөгө чыгышы менен чыгарманын сюжети андан ары өнүгүп, каармандын тагдырынын жаңы барактары ачылат. Сырты жыландай жылма, ичинде уунун заары бугуп жаткан эгоист, зөөкүр Калбай Аруукеге чыныгы бакыт тартуулабайт. Ал Аруукенин үстүнөн өзүнүн толук бийлигин жүргүзүп, үркүн маалында-

www.bizdin.kg

гы көчтө Аруукенин туткан жалгыз медери — бешиктеги кызы Буюрканды бешиги менен жолго ыргытып, көкөйүн кесет.

Чыгармадагы окуялар кыргыз элинин Кытайдагы азаптуу күндөрүн сүрөттөө, Аруукенин Валя деген орус келининин жана уйгурдун балдарын окуткан молдонун жардамы менен кат таанышы, элдин кайра туулуп-өскөн жерине кайтып келүүсү, Аруукенин акырындап өз тагдырына өзү ээ болуп, билим алып, партияга өтүп, мугалим болуп, совет бийлигин чыңдоого катышуусун баяндоо менен аяктайт.

«Кылым мүшкүлү» кыргыз элинин белгилүү бир мезгилдеги тарыхый-социалдык абалын, элдик аң-сезимди реалдуу элестеткендиги менен окуучунун көңүлүн бурат. Романдын бул бөлүгүндө автор каармандын социалдык абалдарына жараша өздүк психологияларга ээ экендигин Аруукенин эне-атасы, Кашкоро жана анын аялы, Батыркул байдын образдары аркылуу жандуу элестеткен. Карапайым элдин оор турмуш кезиндеги бири-бирине көмөктөш, талапташ мамилелерин, бийик адамкерчиликтерин да автор бир катар турмуштук сценаларда ишенимдүү, ачык бере алган. Айрыкча Арууке Кашкоро кайнатасыныкынан качып келгенде, айылдагылардын ага түшүнүп мамиле жасашы, аны өз кызындай көрүп, колдорундагы болгонун аябай, бир козуну көтөрө чабышып, той беришин сүрөттөгөн эпизод кедейлердин психологиясын чагылдырууда өзүнчө эмоциялык-экспрессивдик мазмунга ээ.

Романда Аруукенин таламын талашкан перилте колдоочу — мергенчи Токтордун образынын штрихтери гана берилгендиктен, ал окуучуга көп жагынан түшүнүксүз болуп тургандыгын белгилей кеткенибиз жөн. (Бул образ автордун кийинки орусча жарык көргөн «Козголоңчу аял жана сыйкырчы» романында тереңдетилип, толук кандуулукка жеткендиги жөнүндө сөз учурунда болот). Ошондой эле романда Арууке менен окуучуларынын ортосундагы диалогдордун узактыгы дагы чыгарманын идеялык-көркөмдүк сапатына көлөкө түшүрүп тургансыйт.

«Сонундар дүйнөсү» романынын «Кыз-Булак» циклында «Кылым мүшкүлүнө таптакыр контрастуу турмуш — бүгүнкү күндөгү жаштардын жашоосу, эмгеги, сүйүүсү сүрөттөлөт.

www.bizdin.kg

Чыгарманын башкы каармандары — Арууке апанын окуучулары Керез менен Мамырбай. Алар шаардан окууларын бүтүшүп, өздөрү туулуп-өскөн айылдарына барышып, ата-энелеринин жолун жолдошуп, мал чарбачылыгында иштөөнү алдыларына максат кылышкан. Жазуучу окуянын жүрүшүндө эки каарманынын мүнөздөрүнөн, алардын ортосундагы пайда болгон ыйык сезим, ынак мамиленин эволюциясынан окуучуну кабардар кылат. Чыгармада Керез менен Мамырбайдын ата-энелери жөнүндө да кеңири маалымат берилет. Эгерде Керездин энеси Буюркан ак ниет, өз кызыкчылыгынан элдин, коомдун кызыкчылыгын жогору койгон, эмгегинен баар таап, төшүндө Алтын Жылдыз медалы жаркыраган мээримдүү, камкор аял болсо, Мамырбайдын ата-энеси — башкача мүнөздөгү адамдар. Аларда эскиликтин саркындысы бар. Айрыкча Мамырбайдын энеси Калыйпада эски түшүнүк күчтүү. Ошону менен бирге эле коомдук мүлккө кол салып жиберүүдөн да алыс эмес. (Колхозго койлордун жүндөрүн толук төкпөй, жууркандарга салып, тигип, кымтып калганын кийин өзү мойнуна алат Калыйпа).

Ата-энелердин мындайча ар кыл түшүнүктө болуулары эки жаштын тилегинин ишке ашышында ар кандай жагдайлар түздү. Буюркан апа кызынын келечегин тилеп, анын асыл ойлоруна көмөктөш болуп, ал тургай дудук койчусу Беделдин Керезди жактырып калышын көрүп, анын сезимин оорутпай, өз убагында туура багыттайт. Мамырбайдын энеси тескерисинче, жесир келинин Мамырбайга баш байлады кылып, ошону менен өлгөн уулунун очогун бузбай алып калам менен көпкө убараланат. Автор Керез менен Мамырбайдын улуу сезимдерине бөгөт болгон маселелерди кылдат өнүктүрүп, алар аркылуу чыгармадагы окуялардын драматизмин бир кыйла курчуткан.

«Кыз-булак» бөлүмүндө автор көркөм иликтөөгө алган маселе жалгыз эле эки жаштын сүйүүсү, анын карама-каршылыгы, акыры бардыгын жеңип чыгуулары гана эмес. Мында Н. Байтемиров асыресе 60-жылдарда кыргыз адабиятында курч көтөрүлүп жаткан нравалуулук проблемасына үн кошууга жасаган аракети байкалат. Ушу жагдайда кыяндуу түндөгү койлорду аман сактап калууга жасаган Буюркандын алп эмгеги жана анын колхоздун

www.bizdin.kg

башкармасы Мамаш жана анын талапташтары тарабынан адилетсиз бааланышын сүрөттөгөн эпизоддор айрыкча эсте каларлык.

Мына ушул эпизоддор эрксизден Ч. Айтматовдун «Жаныбарым, Гүлсары» повестиндеги сценалар менен ассоциялашып кетет. Чарбадагы ишке бир беткей мамиле жасоочулук, иштин маңызына сүңгүп кирип, маселени тереңден чечпей, үстүртөн чечүүчүлүктүн кесепетинен Танабай сыяктуу Буюркан да партиянын катарынан чыгууга аргасыз болот. Бирок Буюркан Танабайдын көчүрмөсү эмес. Ал — өзүнчө маани-максатка ээ, оригиналдуу образ. Автор Буюркандын тагдырындагы бурулушту өз бет алдынча окуя катары сүрөттөбөстөн, аны башкы каарманы Керездин турмуш жолундагы, личностук калыптануусундагы өзүнчө бир маанилүү учур катарында сүрөттөп, чыгарманын башкы идеясына ийкем баш ийдирген. Керез апасынын акыйкатсыз партиянын катарынан чыгып калышы менен келише албайт. Анын чындык издеген, чындык үчүн күрөшкөн адамдык маңызы нак ушул жерде, апасы тууралуу чындыкты издеп Борбордук Комитетке кат жазуусунан ачык көрүнөт.

«Кыз-Булак» бөлүмүндө Н. Байтемировдун сюжет куруу, чыгарманын архитектоникасын тыкан уюштуруп, каармандардын индивидуалдуу образдарын түзүүдө кыйла чеберчиликке жетишкендигин көрөбүз. Автор мезгили менен каармандарынын ички дүйнөсүнүн абалына кызыгып, алардын нюанстарын кармоого аракет жасайт. Тигил же бул курч кырдаалдарга карата алардын реакциясын гармониялуу берүүгө аракеттенет.

Аталган ийгиликтери менен катар эле романдын бул циклында Н. Байтемиров бир олуттуу маселени экинчи планда калтыргандыгы окуучуну өкүнтпөй койбойт. Чыгармада чоң максат менен өскөн жерине келген Керез менен Мамырбайдын алгачкы эмгектик аракети, малчылык турмуштун түйшүгүн өз баштарынан кечирип, бышыгып, чыйралууларына тиешелүү көңүл бөлүнбөй, экинчи планда калышы, албетте, «Кыз-Булактын» идеялык-эстетикалык деңгээлин бир кыйла төмөндөтпөй койбойт.

60-жылдарда Н. Байтемиров көпчүлүк кыргыз акын-жазуучулары сыяктуу эле өз чыгармачылыгында морал-

www.bizdin.kg

дык, нрава-этикалык проблемаларга серп салып, анын ар кыл аспектилерин ачууга аракеттенгендиги байкалат. «Ак-баш» аттуу балдарга арналып жазылган повестинде (1969) маселен, адам менен жылкынын досчулугу сүрөттөлүп, ал аркылуу ар түрдүү адам мүнөздөрү түзүлгөн. Башкача айтканда адамдын жылкыга жасаган мамилеси бул повестте адамкерчиликтин, ак ниеттиктин критерийи катары чыга келет.

Жазуучунун «Санта» романы кыргыз адабиятынын проблемалык бөксөсүн толтурууга жасалган байтемировдук аракет болуп калды. Чыгарманын башкы каарманы Санта илимдин артынан сая түшүп, биология илимдеринин доктору деген илимий даражага ээ болгон, өз ишине сергек мамиле жасаган мыкты адис. Бирок анын турмушунда орду толбос бөксөсү бар. Ал кырк жашка келгенге чейин үй-бүлө күтүп, эне болуу бактысына ээ болбоду. Каармандын мындай карама-каршылыктуу турмуш жолу, ага байланыштуу баштан кечирген окуялары, ички толгонуулары романдын негизги сюжеттик өзөгүн түзгөн.

Жазуучу Сантанын образын түзүүдө чыгармачылык менен бир топ изденген. Романда татаал мүнөздүү, көп кырдуу Сантанын облиги өзүнө ылайык иш-аракеттери менен көз алдыга тартылат. Анын учурунда сүйгөн жигити Биримкулга чыкпай калышынын турмуштук-психологиялык жагдайларын да автор ишенимдүү мотивировкалайт. Бирок романды окуп чыкканда жазуучу негизги басымдын Сантанын үй-бүлө күтө албай, өз курагын өткөрүп жибергендигине коюп, ал эми анын илим жолунун түйшүктүү минуталарына анча маани бербегендиги байкалат, ал эми бул болсо өз кезегинде романдын идеялык максаттуулугуна терс салакасын тийгизип, анын масштабдуулугуна кедерги болуп, Сантанын образын майдалантып тургансыйт.

«Мындан көп жылдар мурда, анда биздин көпчүлүгүбүз адабиятка алгачкы кадам таштаган мезгилде Насирдин Байтемиров «Сонундар дүйнөсү» деген жалпы ат менен романдардын сериясын ойлонуштурган. Кыргыз тилинде жети роман жаралды, алардын акыркы экөө: «Козголоңчу аял жана сыйкырчы», «Турмуш элеги» — кыргыз элинин турмушунан кеңири ойлонулган эпопеянын уланды-

www.bizdin.kg

лары»[11] — деп белгилейт, кыргыз Эл жазуучусу Ч. Айтматов өзүнүн Н. Байтемировдун Москвадан 1984-жылы чыккан «Козголоңчу аял жана сыйкырчы» романына жазган баш сөзүндө.

«Турмуш элеги» романы — (1972) чындыгында да «Сонундар дүйнөсү» романдар сериясынын бир бөлүгү. Ал аталган роман менен идеялык-тематикалык ички байланышта турат. Ал тургай бул чыгармалардын каармандары да өз ара карым-катыштыкка ээ. «Турмуш элегинин» башкы каарманы Серкебай «Кылым мүшкүлү» романында эпизоддук каарман катары көрүнгөн. Ошентсе да ал жүрөгүндө оту бар, көздөгөнүнөн кайра тартпаган сапаттары менен окуучуну кубантып, бирок өзү жашаган тарыхый-социалдык абалдын алкагынан чыга албай, Аруукенин күйөөсү Жайнакты сууга чөктүрүп өлтүргөндүгү үчүн эзүүчүлөр куугунтукка ала баштаганда качып кетип, ошону менен романдагы окуядан да чыгып кеткен эле. «Турмуш элеги» романында жазуучу бизди Серкебай менен кайрадан жолуктуруп, ал аркылуу кыргыз элинин Октябрь революциясына чейинки оор турмуш картиналарын дагы толуктоого аракеттенет.

«Турмуш элеги» романы тууралуу адабий сында бир топ пикирлер айтылды. Алардан романдан жаңыча стилде б. а. лирико-романтикалык стилде жазылганы, психологиялык мүнөзү жөнүндө туура белгиленди[12].

Жазуучу Серкебайдын Октябрь революциясына чейинки оор турмушун, андагы алдоонун кара көйнөгүн кийип, Батыркулдун кылычын чаап жүргөн учурун, үркүн мезгилиндеги, андан кийинки, согуштун апаат күндөрүндөгү адамдык, граждандык милдетин аткаруусун, үй-бүлөлүк жагдайларын зор ынтаа менен сүрөттөйт. Өз каарманын турмуш элегинен өткөрүп жатып, Н. Байтемиров анын өмүр жолундагы, кулк-мүнөзүндөгү өйдө-ылдыйлыктарды, оош-кыйыштыктарды жашырып жаппайт. Аларды таразалап, Серкебайдын ким экендигине түшүнүү жагын окурмандын өз сотуна коет.

Чыгармадагы окуялардын өнүгүшүнөн Серкебайдын аңсезиминин эволюциясы, турмуштун кыйын кезеңдеринде бышып, такшалуусу, ал эми эң башкысы «өмүр бою адам болуу үчүн адамдарга кызмат кылып келгени» окуучуга аттын кашкасындай даана көрүнөт.

www.bizdin.kg

Н. Байтемировдун Москвадан орусча чыккан «Козголоңчу аял жана сыйкырчы» (1984) романынын сюжеттик негизин «Сонундар дүйнөсү» романында сүрөттөлгөн Арууkenин тагдыры түзөт. Автор орус тилине которууда романдын сюжеттик өзөгүнө бир кыйла редакциялык өзгөртүүлөр киргизип, каармандын аракетин активдештирген. Башкача айтканда, мурдагы сюжетти жаңы эпизоддор, окуялар менен толуктап, сюжеттик коллизияларды курчутат, жаңы каармандардын образын иштеп чыгат. Натыйжада «Козголоңчу аял жана сыйкырчы» романы өз алдынча көркөм-эстетикалык өзгөчөлүккө ээ оригиналдуу чыгарманын деңгээлине жеткен.

Роман, «Сонундар дүйнөсү» сыяктуу эле Арууkenин өзүнүн жаштык күндөрүнүн эркин, лирикалык эскерүүсү катарында жазылган. Арууке — чыгарманын алгачкы окуяларында карапайым бир кедейдин көзгө басар жалгыз кызы. Ал энесинин тунук акылын, боорукерлигин, үй-оокатка тыкан, тазалыгын табигый түрдө өзүнө кабылдайт. Турмушка өзгөчө бир ынтызарлык менен карайт. Бирок кийин Арууkenин ак пейилин, тунук сезимин Кашкоро бай жана анын үй-бүлөсү тебелеп тепсейт. Арууке феодалдык-патриархалдык турмуштун оор запкысын тартат. Акырындап анын теңсиз турмушка, эзүүчүлүккө каршы наараз ычылыгы күчөйт.

«Сонундар дүйнөсүндө» сүрөттөлгөн айрым окуяларда Арууке өз эркиндигин көздөп күрөшкөн каарман катары көрүнсө да, бул негизги идеялык мотив романда акыр аягына чейин улантылган эмес. «Сонундар дүйнөсүнүн» негизги көркөмдүк мүчүлүштүгү да дал ушунда эле.

«Козголоңчу аял жана сыйкырчыда» Арууkenин качуу сценасынан тарта окуялардын өнүгүшү кыргызча вариантынан кескин айырмаланат.

Турмуштун далай запкысын көргөн, ошондон улам өзүнчө бир бекем турмуштук позицияга ээ болгон Токтордун образында Н. Байтемиров Улуу Октябрь революциясынын алдындагы эзүүчүлүктү жек көргөн, ага тайманбай каршы турган адамдын турмуш жолун элестеткен. Арууке менен Токтордун образдары өз ара жуурулушуп, кыргыз элинин эркиндик-теңдикке умтулган алдыңкы өкүлдөрүнүн тибин түзүп турушат.

www.bizdin.kg

Романдын ийгиликтеринин бири катары жазуучунун эзүүчү таптын өкүлдөрү болгон Кашкоро, Батыркулдардын жекече мүнөздөрүн түзүп, алардын аракеттери аркылуу кыргыз элинин уруучулук коомдогу тарыхый-социалдык абалын жеткилең элестеткендигин айтууга болот. Автор элдин турмушун зор ынтаа менен берилип сүрөттөйт.

«Козголоңчу аял жана сыйкырчы» романындагы башкы мүчүлүштүк Токтордун образына байланыштуудай. Анткени автор Токтордун образын түзүүдө айрым учурда жасалмалуулукка, ишенимсиздикке жол берип, анын реалисттик чындыктуулугуна шек келтирип коет. Кээде атайылап эле каармандын аракетин ашкере күчөтүп жибергендей пикир туудурган эпизоддор да бар.

Канткен менен Н. Байтемировдун бул романы анын индивидуалдуулугун окуучуга айкын элестетет. Жазуучунун чыгармачылыгында реалисттик стиль менен романтикалык стиль өз ара бири-бирине өтүп, айкалыша келип, анын прозасына кайталангыс ийгиликти, ички канатты тартуулап, бирдиктүү бир көркөм баяндоону уюштурат. Ушундан улам анын чыгармасы окуган адамды кош көңүл калтырбайт, анын эмоциясына таасир этип, жан-дүйнөсүн аралайт. Романга карата бизде жана союзда айтылган жылуу пикирлердин негизи да ушунда болуу керек.

* *

Н. Байтемиров өз күчүн поэзия жанрында да сынап көрүп, өзүнүн алгачкы ырларынын жыйнагы — «Жүрөк күүсүн» окуучуларына 1955-жылы тартуулаган. Жазуучунун чыгармачылык изденүү жолунда поэзия жанрына кайрылышы кандайдыр бир кокустуктан болгон иш эмес экендиги, ал сүрөткерлик диапазондун кеңдигинен, чыгармачылык түйшүктөнүүнүн диалектикасынан табыгый түрдө жаралып, бышып-жетилип, учуру келгенде көз жарып отургандыгына Байтемиров — акындын кийинки «Сүйгөнүм» (1957), «Канаттуу күндөр» (1962), «Долон» (1964), «Эриген таш» (1969), «Махабат дастаны» (1975), «Махабатым — канатым» (1981) аттуу поэтикалык ырлар жыйнактары күбө болуп олтурат.

Н. Байтемиров «Эриген таш», «Махабат жазы», «Махабатым — канатым» аттуу кийинки ыр китептеринде

www.bizdin.kg

лирикалык «мендин» ой дасмыясын, турмуштук активдүү позициясын, улуттук ой жүгүртүүсүнүн бөтөнчөлүгүн «төрт саптар», «жыйырма төрт саптарда», «Ар кыл ырлар» циклинде өзгөчө бир поэтикалык ыргакта, эмоциялык күчтө реализациялоого жетишкендигин поэтикалык изденүүсүнүн ийгилиги катары баалоого болот.

Бирөөнө берсем дегин, алсам дебе,
Бирөөнүн ак эмгегин алдап жебе.
Артында жакшы калса, жаман калбай
Адамдын адамдыгы ошол эле.

* * *

Менин апам жомок жандуу болуптур,
Бешигимди дастандардан жонуптур.
Ороочу жок жармач ошо кезекте,
Мага жалаң жомок ороп коюптур.

* * *

Адам чиркин кетет экен аз жашап,
Өткөн өмүр келбейт ээ деп баш катат.
Бирөөлөр бар... Күн төрөсө адамга,
Бирөөлөрдүн ниетинде таш жатат.

* * *

Жаз келгенде жазга айланып албасам!
Жүрөгүмдү жаз күнүнө малбасам!
Шашпай тургун ыраң болуп көрүнүп,
Бутак болуп жаңы бүчүр жарбасам!

Акындын «төрт саптары» эки саптан турган ырлары философиялык, нраво-этикалык мүнөздөгү ойлорго терең сиңирилип, дидактикалык маанайга өтүп кеткен учурлары көп.

Акындын «Жыйырма төрт саптары», «Ар кыл ырлары» анын талантынын көрөңгөсүнөн кабарлап, Н. Байтемировдун баамчыл, ойчул, назик лириктик сапатын айгинелейт. Бул ырларында автор сүйүктүү Ата мекенин, Коммунисттик партияны, совет элинин күжүрмөн эмгегин, туулуп-өскөн жердин кооз жаратылышын, азыркы адамдын рухий байлыгын даңазалайт. «Жыйырма төрт саптар»

www.bizdin.kg

акындын поэтикалык изденүүсүнүн өзүнчө бир чени катары анын чыгармачылыгында биротоло калыптанып калганын көрөбүз. Бул өзүнчөлүктүү жаңы ыр формасы азыркы кыргыз поэзиясынын формалык чегин кеңейтип, кыргыз ыр түрмөк системасын байытып жатат.

Акындын ырлар жыйнактарынын көпчүлүгүнүн өзөгүн анын Лирага болгон туруктуу, түбөлүк, толкуп-ташыган таза махабаты түзүп турат. Лира — Н. Байтемировду толкунданткан, жан-дүйнөсүнө тыным бербеген, ар дайым жаңы бийиктиктерге чакырып, шыктандырып, үмүттөндүрүп келген астейдил бир күч. Ал акын дүйнөсүндө образга бай. Бир туруп Лира сүйгөн кыздын облигинде болсо, бирде «көйнөгүнөн көз жибере кылтыйып» күлүп турган буудай өңдөнөт. А кай бирде акынга жылдыз болуп элестейт.

Лира болуп бир жылдыз чачын тарап,
Зоо башынан илкиди мени карап.
Зоодон ылдый төгүлдү бир убакта,
Канаттарын каккылай желге тарап.

Лира менен акындын машакаттуу, татаал мамилеси акыры келип дастанга («Махабат дастаны») айланат. «Махабат дастаны» ырлар жыйнагынын көлөмдүү бөлүгүн ээлеп турган бул дастандагы ырлардын кээси поэтикалык ойдун, көркөм салыштыруулардын жаңылыгы менен көңүлүңдү курсант кылса, кайсы бирлери, кайталанма, тажатма көрүнүшкө айланган. Аларда акындык өргүүнүн деми жок, көп сөздүүлүк, кургак риторика, деклоративдүүлүк үстөмдүк кылып кеткени байкалат. Акындын «төрт саптарында» да жана «Махабатым — канатым» ырлар жыйнагындагы «Ойлорум — учкул канатым» деген ат менен берилген эки сап, бир саптарында да жогорку кемчиликтер кездешет.

Акындын поэмаларынын басымдуу көпчүлүгү чакан келип, 120 саптан 150 сапка чейинки ыр саптарынан турат. Ал поэмалардын табияты менен таанышып чыккаңыбызда «автордун поэма дегени чындыгында баллада экен»[13] деген пикир орундуу экенине ишенебиз. Анткени бул поэмаларда ырасында да ырааты менен өнүккөн окуя, же ой чанда кездешет. Ага караганда аларда турмуштук тиги, же бул кырдаалдардан, окуялардан улам пайда бол-

www.bizdin.kg

гон сезим, ойлор лирика менен эпикалык башталыштын ажырагыс биримдигинде баяндалат. М.: «Торгой күүсү», «Таштагы гүл», «Саат алты ноль-ноль», «Тушоо», «Бир баш буудай», «Ал сахнада жүргөндө», «Кантип кыжыр кайнабасын», «Анархан баяны», «Ак-Башат», «Уя», «Уул», «Бир жутум суу» ж. б. поэмалар ушундай маанайда жазылган. Н. Байтемиров аталган поэмаларда романтиканын акыны катары чыга келет. Ал эмне жөнүндө гана жазбасын мейли жамгыр, аккуу, сүйүү, ажырашуу ж. б. болсун көпчүлүк учурда предметтин ички мазмунуна сүңгүп кирип, аны поэтикалык призмадан өткөрүп, жандантып, ой-кыялдын нурлуу талаасы менен алып өтүүгө чебер. Ошону менен бирге эле сүрөттөп жаткан көрүнүшкө чыныгы реалист художник катары да мамиле жасай билет. 120 саптар жана чакан поэмаларында терең лиризм, канаттуу романтика менен жуурулуша сүрөттөлгөн каармандын реалдуу психологиялык образдарын да жолуктурабыз. Кан майдандан кайтпай калган жоокер жары Нурдиндин жыгач бутун өмүр бою бапестеп, ошого каниет кылган Кумаркан апанын («Бут»), баласыз бакыт чөйчөгү толбосун кечигип түшүнүп, жан-дүйнөсү быркырап турган мурунку эгоист балерина Сайрагүлдүн («Эми билди»), токсонго келгенче тоодо өмүрүн өткөрүп, эми илдетине тоо суусун дары сезип, чаңкап турган Арык карыянын («Бир жутум суу») Анархайдын күчкө багынбас талаасына падыша болуп алган чабан Жолдоштун образдары буга мисал.

Н. Байтемировдун балладаларынын айрымдары терме түрүндө жазылган. Мындай өзгөчөлүк анын көлөмдүү ырларында да кездеше тургандыгын адабиятчы К. Артыкбаев айткан эле»[11]. «Ой жүгүртүүгө, кыялданууга негизделген жаңы терме түрүндө жазылган акындын балладаларына «Торгой күүсү», «Он алты кыз», «Анархай баяны», «Ак-Башаттарды» кийрүүгө болот.

Акын «Булак» поэмасына поэма-диалог деп жанрдык аныктама берген. Анткени поэмада драма жанрынын элементтери киргизилип, окуя каармандардын өздөрүнүн өз ара сүйлөшүүлөрү аркылуу сүрөттөлгөн. Автордук ремарка катарында берилген «Бет ачар» аттуу чакан баяндоодон башка чыгармада автордук кийлигишүү да жок. Демек, «Булак» поэмасынын жанрдык, формалык көрүнүшү

www.bizdin.kg

азыркы кыргыз поэзиясы үчүн кандайдыр бир деңгээлде жаңы жана өзүнчөлүктүү.

Поэманын негизги сюжеттик өзөгүн акын Токтогулдун өмүр жолунун бир үзүмү б. а. Токтогулдун түрмөдөн качып чыгуусу, жолдогу тарткан кыйынчылыктары, акыры кыргыз айылдарынын бирине келүүлөрү (Айдыралы деген жолдошу менен бирге), ал айылдын байы Сарбайга жолугуп, өзүнүн тайманбас, өткүр, курч сөздөрүн айтып, эч нерседен жалтайлабай, чындык, акыйкаттык үчүн күрөшүүсү түзгөн. Автор Токтогулдун мүнөзүн түзүүдө кыйла изденген. Анын чечкиндүүлүгү түрмөдөн качып чыккандан кийинки Айдыраалы экөөнүн диалогунан жана Сарбай менен болгон беттешүүсүндө көрүнсө, акындын элге алынып, калк аны эркиндиктин, чындыктын символу катары тутуп калышкандыгы кедей жигит Абил менен анын сүйгөнү Сарбайдын кенже кызы Зейнептин диалогдорунда чагылдырылган. Мындан тышкары Токтогулдун өз сөзү, ырларын да автор каармандын мүнөзүн ачуучу ийкем каражат катарында пайдаланган.

Чыгармада жогоруда аталган жакшы аракеттердин, көрүнүштөрдүн бар экендигине карабастан, «Булак» поэма-диалогу азыркы кыргыз поэзиясында Токтогул темасын иликтөөдө көркөм окуя деңгээлине көтөрүлө албады. Поэмада сүрөттөлгөн эпизод Токтогулдун доорунун атмосферасын, духун берүүдө чабал келип, социалдык-таптык карама-каршылык терең мазмунда чечилбеди. Ал бул болсо өз учурунда поэманын масштабдуу болушуна, идеялык-эстетикалык таасир күчүнө өз салакасын тийгизбей койгон жок.

Н. Байтемировдун поэмаларынын ичинен эң көлөмдүүсү — «Уркуя» дастаны. Акын социалисттик курулуш үчүн активдүү күрөшкөн, акыры тап душмандары тарабынан мыкаачылык менен өлтүрүлгөн, 30-жылдардын алдыңкы коммунисти, тарыхый личность Уркуянын төрөлүшүнөн акыркы демине чейинки өмүр жолун дастанга салган. Бул дастан өзүнүн сюжеттик-композициялык түзүлүшү, көркөм образдардын чечмелениши, көркөмдүк каражаттары боюнча акындын Уркуя темасындагы башка чыгармаларынан («Тарых эстелиги» романы, «Уркуя» драмасы) айырмалуу. Автордун баяндоонун дастандык формасына кайры-

www.bizdin.kg

луусу чыгармадагы окуяларды жана каармандарды гиперболизациялык сүрөттөөсүнө жол ачкан. Дастандын главаларынын аттарынын көпчүлүгү да фольклордук эстетикага шайкеш. Мисалы, Уркуянын төрөлүшү, балалык чагы сүрөттөлгөн главаны акын, «Бүркүттүн төрөлүшү» деп атаган. Ушуга ылайык Уркуяны автор төрөлгөндө эле бир башкача күчкө ээ катары сыпаттайт. Ал ыйлаак чыгып, өзүнүн ыйлаактыгы менен эле Ажынын «уйкусун алып, көңүлүнө бүлүк салып коет». Кадимки Манас сыяктуу Уркуянын чоңоюшу да, аны эл жомоктошу да бөтөнчө:

Алты айында басып калды.
Жети айында тили чыгып.
Ар ким аны кобурашты,
Ар башкача жомок кылып —

дейт акын.

Сегиз жашар тентек Уркуя өрүкзарга көлөкөлөп, кабтарлуу турган Ажынын Бозжоргосуна шап секирип мине качат. Ошондо Ажы Уркуянын атасы Жумабайды сабап, көзүн соолтот. Ушул окуя Ажы менен Уркуянын ортосундагы карама-каршылыктын чиеленүүсү болуп калат. Бул эпизод романда да, драмада да жок.

Н. Байтемиров дастанда романында эпизод катары гана сүрөттөлгөн Дүрдана тарыхын, анын энесинин тирүү сөөк болуп калуусун кеңейтип берген. Аны менен Ажынын адамдык чирик дүйнөсүн дагы тереңдеткен.

Дастанга автор Жумабай өлгөндөгү Ажынын аялынын кошогун, ошондой эле Уркуя жөнүндө элде айтылып жүргөн «Кызай» ырын да киргизген. Өзгөчө бир эргүү ынтаа менен сүрөттөлгөн бул главалар дастандын идеялык-эстетикалык мазмунуна жуурулушуп, кыргыз элинин сөзгө чебер улуу паразатынан кабарлап тургансышат.

Поэмадагы «Торгой» жана «Булак» деп аталган лиро-романтикалык главаларда автор жаңы турмуштун сулуулугун, пейлин күүгө салат. Уркуянын жаңы турмушка болгон сүйүүсүн, келечекке ишенимдүүлүгүн поэтизациялайт. Карапайым эмгекчи элдин көптөн бери эңсеп келген эркиндигинин символу катарында жаңы көзү ачылган булак сүрөттөлөт. Ал булактын көзүн ачкан — эл өзү, элдин алдыңкы өкүлдөрү — Уркуя, Колдоштор.

www.bizdin.kg

Өмүр боюу адамзат эңсеп келген,
Уркуялар булагы чыкты жерден

Торгой булак күү болуп чубурушту,
Бүтпөс дастан сыяктуу угулушту,—

деп жаңы турмуштун келечектүүлүгүн акын кыска гана «сөзгө сараң, ойго терең» саптарда көркөм чагылдырган.

Акын «Уркуя» дастанында таптык карама-каршылыктардын эволюциясын «Тарых эстелиги» романынын сюжеттик нугунда эле алган. Поэмада Ажы, Эшмат, Козу, Мадалы, полдомочен Үсөновдордун тап душмандары катары иш-аракеттери реалдуу сүрөттөлгөн. Аларга каршы күрөшүүдө Уркуянын адамдык, граждандык, коммунисттик чыныгы сапаттары тереңдеп жүрүп отурат. Эгерде романда автор Уркуянын татаал кырдаалдардагы ой-толгоолорун, санаркоолорун, ички бушайман туйгуларына каармандын ички монологунда, жер эне менен сүйлөшүүлөрүндө берсе, дастанда бул маселени «Беттешүү» главасында ишке ашырган. Уркуянын Ажы менен түшүндө беттешүүсү эки таптын элдешкис келишпөөчүлүгүн, алардын ишенимдеринин түп тамырынан айырмаланарын ачык далилдейт. Ошону менен бирге эле бул түш аркылуу автор каармандардын тагдырларынын тарыхый перспективаларын алдын ала белгилеп коет. Ажы Уркуяны ак буудайга ыргытып өрт коюп жоготмокчу болгондо, Уркуя жаткан жерден жалын чачып, от кыз болуп жаркырап учуп кетет. Ага жетпей калган Ажы куу жыгачка айланат.

Ирмемде бир үзүм от учуп жетти,
Жыгачты сүрө барып жалын серпти.
Көктөгү Уркуянын кыпынынан
Ошентип Ажы — жыгач күйүп кетти.

Фольклордук чыгармалардагы душманды жазалоо традициясында сүрөттөлгөн бул сцена поэманын негизги идеясын, б. а. совет бийлигин орнотуу, чыңдоо үчүн жандарын курман кылышкан Уркуялардын жалындуу революциялык ишмердиктерин даңазалоодо акын тарабынан устаттык менен түзүлүп, чыгарманын жандуу организминде ыктуу пайдаланылган.

www.bizdin.kg

Поэмада акын турмуш чындыгын, реалдуу каарманды эпикалык гиперболизация, романтикалык көтөрүңкүүлүк, турмуштук реалдуулуктун синкретизминде сүрөттөөгө ниеттенген. Албетте, «Уркуя» дастанында булардын бардыгы эле өз ара органикалык биримдикке жетишип, стилдик бир бүтүндүктү али түзүп кете алышпаганы ачык эле байкалат. Уркуянын образынын оош-кыйыштыктары да (бир туруп укмуштуу, бирде реалдуу көрүнүшү) ушуну менен түшүндүрүлөт.

* * *

Н. Байтемировдун драмалык чыгармалары да өзүнчө сөз болууга татыктуу. Анын драмалык ар кандай түрдө жазылган «Уркуя», «Күйөө», «Ким күнөөлүү», «Жолдо», «Эненин жүрөгү», «Адамдын аты», «Аста секин, колукту» аттуу чыгармалары азыркы кыргыз драматургиясында өзүнчө орунга ээ болуп турушат.

«Эненин жүрөгү» либреттосунда жана «Адамдын аты» аттуу ыр менен жазылган драмасында Н. Байтемиров 60-жылдарда кыргыз адабиятында айрыкча көңүл бөлүнүп, көркөм иликтөөнүн негизги чордонун түзүп турган нравалуулук проблемасына кайрылган. Биринчисинде бул маселе адамдардын адамдык бийик касиетин сыноонун өзгөчө бир мезгили болгон Улуу ата мекендик согуш мезгилиндеги турмуштук окуялардын фонунда иликтенсе, «Адамдын атында» кадыресе эле турмуштук жагдайда, жакын адамдардын өз ара мамилелерин сүрөттөө аркылуу ишке ашкан.

Согушка кеткен Токтобектин аялы Сыйнаканга көзү түшүп калган бухгалтер Самүдүн («Эненин жүрөгү») өзүнүн эгоисттик максатына жетүүгө бир топ аракеттерди жасайт. Сыйнаканды бузуп алууга колхоздун кассири Гүлайды жардамга чакырат. Бирок Самүдүндүн азезил азгырыгына сүйүүгө туруктуу Сыйнакан жеңдирбейт. Чыгарманын акырында Токтобек согуштан аман-эсен келип, эки жаш бактылуу турмуштарын улантат. Чыгармада ушул сюжеттик коллизия ишенимдүү сүрөттөлгөндүгүнө карабастан, либретто өз максатына жетпеген. Башкарма болуп иштеген Токтобектин энеси Чынар либреттонун башкы фигурасы болуп, чыгарма «Эненин жүрөгү» деп аталган атына

www.bizdin.kg

жооп бериши керек эле. Бирок тилекке каршы, Чынар эне эпизоддук каарман катары гана сүрөттөлүп, анын энелик жүрөгүн ачуучу сценалар менен либретто байытылбаган.

«Адамдын аты» драмасы да Н. Байтемировго чыгармачылык ийгилик алып келе бербеди. Анда ак ниет, жан дүйнөсү таза мугалим Ысраилдин келинчеги Шарапаткан- га өзүнүн жакын досу, колхоздун бригадири Кочкордун бузукулук кылгандыгы негизги сюжеттик конфликт катарында алынган. Шарапаткандын Кочкордун торуна түшүп калуусу кокустуктан болот. Ысраил эки айга ооруканага жатып калгандан пайдаланып, Кочкор өзүнүн ыплас ниетин ишке ашыруу үчүн келиндин тамагына нашаа кошуп берип мас кылат. Бул туурасында Шарапаткан күйөөсүнө өзү айтып берип, өзүн өзү жектейт. Пьеса Исраил кууп жиберген Шарапаткандын кайра ага кайтышы менен аяктайт. Үй-бүлө ынтымагын бузган Кочкордун жүзү ашкереленет.

Пьесада нравалуулук проблемасы достук жана үй-бүлөлүк мамилелердин негизинде курулса да, ал жогорку идеялык-көркөмдүктө ишке ашпаган. Драматург каармандардын образдарын ачууда өтө эле бир жактуу, алардын аракеттери окуучуга (көрүүчүгө) жасалма, ойдон чыгарылгандай элес калтырат. Анын үстүнө драманын алгачкы көрүнүштөрүнөн эле каармандарына карата автордук антипатия, симпатия ачык байкалып калат да, окуяга карата окуучунун кызыгуусун мокотуп коет.

Драманын ийгилик кемчиликтери жөнүндө убагында эле көркөм адабий сыныбызда объективдүү пикир айтылган[15].

70-жылдары Н. Байтемиров Уркуя темасына драматургия жанрында кайрылып, эки көшөгө, сегиз сүрөттүү тарыхый драма жазат. Драма 1974-жылы Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрында коюлуп, көрүүчүлөр тарабынан жылуу кабыл алынган.

«Уркуя» драмасы «Тарых эстелиги», «Уркуя» дастаны менен идеялык багыты, сюжеттик негизги жалпы болсо да, өзүнчө оригиналдуу чыгарма катары көркөм адабий сында жогору бааланды.

Драмада автор жаңы сюжеттик кырдаалдарды, жаңы каармандарды киргизип, окуянын жүрүшүн да бир кыйла жаңы нукка өткөргөн.

www.bizdin.kg

Пьесанын башталышында эле соода комиссиясынын төрагасы Күрөңмолдонун дүнүйөсүн элге сатууда малдардын (товарлар — Л. Ү.) наркын элге угуза айтып тура турган киши издеп, базардагы элге кайрылат. Ошондо Уркуя «Мен айтам»,— деп топтон суурулуп чыгат. Романда да, дастанда да мындай окуя жок. Демек Уркуя чыгармадагы окуяга мүнөзү белгилүү бир деңгээлде калыптанып, ак ниеттик менен карасанатайлыктын чегин ажыратып калган, комсомолдун мүчөлүгүнө өткөн учурунан баштап (Салы келини болуп калган кез) кирет. Анын азан-казан эл алдында эч нерседен тартынбай «мен» деп чыгуусу жана Күрөңмолдонун кемпирине каршы сүйлөшү, Жолдош райкомдун суроолоруна өткүр, курч жооп бериши окуучунун (көрүүчүнүн) көңүлүн тез өзүнө тартып, каармандын андан кийинки тагдырына биротоло кызыктырып, байлап таштайт. Башкача айтканда, бул санда драманын сюжеттик динамикасын чың, курч өнүктүрүүдө автор тарабынан билгичтик менен талдап алынган бирден бир туура ачкыч болуп калган.

Байтемировдун драматург катары чеберчилиги калыптанып калгандыгы анын пьесанын сюжеттик өзөгүнө курч конфликттерге негизделген түйүндүү окуяларды гана тарткандыгынан да көрүнөт. Ал окуялардын бир даары жаңы, башка варианттарда жок. Бирок алар ойдон чыгарылган эмес, драманын окуясынан табыгый келип чыккан зарыл керектүү эпизоддор. Аларда таптык карама-каршылыктын түрдүү кырдаалдары өзүнүн драмалык курчтугу менен берилип, каармандардын образдары ачылып, тереңдеп жүрүп олтурат.

Драмада автор каармандардын катыштык сапатын да жаңырткан. Романдагы көпчүлүк каармандар кыскартылып (Камбарниса, Гайвалы ж. б.), жолдош райкомдун, Мамайдын, Жолдош, бухгалтер Ашымдын, Каратондордун образдары жаңы киргизилген.

«Уркуя» пьесасынын ийгилигин камсыз кылып турган дагы бир чоң маселе анын каармандарынын речтик индивидуалдуулугуна автордун жетишкендиги.

«Уркуя» драмасындагы драматург катары жетишкен бийиктигин Н. Байтемиров «Аста секин, колукту!» музыкалуу комедиясын жазуу менен биротоло бекемдеди.

www.bizdin.kg

Комедиялык каармандардын өз жүздөрү, мүнөз өзгөчөлүктөрү бар, эч убакта бирин-экинчиси менен чаташтырууга болбойт. Алардын аракеттенүү талаасы да, кыймылдары да драматург тарабынан жакшы ойлонуштурулган, ишенимдүү.

«Аста секин, колукту» комедиясында Байтемиров — акын, Байтемиров драматургдун талант берекеси айкалыша төгүлүп келгенсийт. Комедиянын ырлары, сөздөрү эркин чыгып, алардын интонациялык нюанстары кылдат кармалган. Алар өздөрүнүн уккулуктуулугу, образдуулугу ачыктыгы, ташка тамга баскандай тактыгы менен көрүүчүнүн (угуучунун) кулагын кубантып, моокун кандырат. Комедияга Насыр Давлесов жазган музыка да шайкеш келген. Бүгүнкү күндө «Аста секин, колукту!» комедиясы Кыргыз опера балет театрынын репертуарынан туруктуу конуш алып олтурушу — албетте, комедиянын идеялык, көркөм-эстетикалык дареметинин айкын күбөсү.

Жыйынтыктап айтканда, Насирдин Байтемиров — кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө омоктуу салымын кошуп кеткен, артында өлбөс-өчпөс, бай адабий мурас калтырган таланттуу жазуучуларыбыздын бири. Ал өз чыгармачылык ишине агынан жарылган, поэтикалык дүйнөсү таза, дайыма изденген, мээнеткеч адам болгондугун бүгүн замандаштары жана калемдештери зор сыймык менен эскеришет. Насирдин Байтемировдун көп кырдуу таланты азырынча чети оюлбаган кенч катары өз изилдөөчүлөрүн күтүүдө.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Бийназаров Н.* Салтанат // Кызыл Кыргызстан. — 1951.— 17-авг.

[2] *Иманалиев К.* Белсемдүү жазуучу // Советтик Кыргызстан. — 1976. — 11-сент.

[3] *Сальников А.* В расцвете сил // Советская Киргизия. — 1966. — 10-сент.

[4] *Артыкбаев К.* Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. — Фрунзе: Мектеп, 1982.

*Даронян С.* В разных жанрах // Литературная газета. — 1958. — 16 окт.

www.bizdin.kg

*Сальников А.* В рассвете сил // Советская Киргизия, 1966. 10 сент.

*Артыкбаев К.* Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. — Фрунзе: Мектеп, 1982. 426-бет.

[8] *Садыков А.* Замандаштар жөнүндөгү роман // Советтик Кыргызстан. — 1960, 11-нояб.; Маленов Б. «Жылдызкан» романынын ийгиликтери жана кемчиликтери жөнүндө // Ала-Тоо. — 1961. — № 6.

[9] *Артыкбаев К.* Жагымсыз ойлор, жасалма образдар // Ленинчил жаш. 1959. 2-август.

[10] *Тайгин Ф.* У. Салиеванын өмүрү жана өлүмү жөнүндө // Комсомолец Киргизии. — 1967. — 8-март.

[11] *Сальников А.* В расцвете сил // Советская Киргизия. — 1966. 10-сент.

[12] *Айтматов Ч.* Эпос Н. Байтемирова. В кн.: Н. Байтемиров. Бунтарка и колдун. — М., Худ. литература. — 1984. С. 4.

[13] *Садыков А.* Бир жылдын прозасы // Ала-Тоо. — 1973. — № 7. Алыбаева Ж. Турмуш элегинен өткөн Серкебай// Кыргызстан маданияты. — 1974. — 19-сент.

[14] *Жумагулов Ж.* Эриген таштан эмнелерди көрдүк // Кыргызстан маданияты. — 1970. — 23-сент.

[15] *Артыкбаев К.* Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. — Фрунзе: Мектеп, 1982.

[16] *Борбугулов С.* Чыгарманын аты жана заты // Ала-Тоо. — 1963. — № 5.

[17] *Үкүбаева Л.* Көп кырдуу талант//Кыргызстан маданияты.— 1986. — 11 сент.

www.bizdin.kg

## АЛЫБАЕВ МИДИН

*(1917—1959)*

Табийгаттан сейрек жаралган талант, Ала-Тоо элине кара аттын кашкасындай ашкере таанымал керемет акын — Мидин Алыбаев. Ортодо «кечээки көргөн бүгүн жок» болуп, канча бир дүңгүрөгөн ысымдар өчүп кетти. Канча акын-жазуучулар «өзү өлсө кошо сөзү өлүп», сайда саны, кумда изи калбай мезгил бүктөмүнө түбөлүккө житти.

Ал эми Мидин Алыбаевчи? Улам убакыт алыстаган сайын кайра бизге жакындап, кудум күзүндө мелмилдеп тунуп аккан көгүлтүр дайранын түбүнөн шаңкайып көзгө түшүп турган тоонун аппак жумуртка ташындай болуп, жылдардын тереңинен адабиятыбызга ак жарык чачып, дагы даана, дагы таза көрүнүп албарстай жанып келет. Ал өлбөс өмүрдүн бактысына ээ болуп, кылымдар менен жарышка түшкөн акын. Мындан отуз-кырк жыл илгери көркөм сөз авазгерлери анын поэзиясын кандай кумарданую менен жан таштап окушса, бүгүнкү күндүн адабиятка талабы зор сабаттуу окурмандары да Мидин десе тим эле жүнүнөн жата калып тытып окушат. Ага келечек муундардын мамилеси деле ушундай болоруна алдын ала эле ишене бериш керек. Адабиятыбыз канчалык көкөлөп кетпесин, канчалык укмуш таланттар келбесин, Мидинге деген кызыгуу өзүнчө жүрө берет. Ал кайсы категорияга кирген окурман болбосун баарына бирдей жеткен жалпы элдик акын.

Мидикеңдин кайталангыс сейрек талантынын күчү ушунчалык: анын чанда жаралчу өткүр поэзиясы гана эмес, жарым кылымга жакын мурда бирөөлөргө берген күйдүргү мүнөздөмөлөрү менен «э» дегенге «ме» деп бир-бир таштап койгон түркүн экспромттору, тамаша сөздөрү

www.bizdin.kg

да канат байланып куду бүгүн басылып чыккандай жаңырыктап ооздон оозго өтүп, «Мидин айткандай», «Мидин минткен экен» делинип, жандуу таасири менен жашап жүрүшөт, алиге илептери сууй элек. Аларды акындын өз оозунан эмес, башкалардан угуп алып, азыр биз курчтугуна кубанып, таамайлыгына таң калабыз.

Акындын «Тандамалары» дүйнөдөн кайткандыгына жыйырма беш жыл толушуна карата чыккан. Биздин алдыбызда ушул көркөм мурас жөнүндө жалпы окурмандар менен азынолак ачык пикир алмашып өтсөк деген максат турат. Эмесе акын адабиятка кантип келип, кетти экен? Андан калган аманатты кандайча кабыл алып, кандайча түшүндүм жана ал тууралуу өзүмчө эмне деген жыйынтыктарга келдим, эмки кепти түз эле ушундан баштайын.

Байкаштыра келсек, Мидин Алыбаев кыргыз совет адабиятынын тарыхында нукура көркөм сөз ээлеринин шыбагасына туш келчү акындык тагдыр менен жашап кеткендерден болуптур. Чыныгы таланттардын гана бактысына учурап, чыныгы таланттар гана туруштук берип, көтөрө алчу эң татаал жана эң адилет эки сыноого тең түшүп, эки сыноодон тең абийир алып өтүптүр. Биринчиси — адабий майданда таанылгандан өзүнүн оригиналдуу үнү бар, оргуган талanttын ээси экендигине бүткүл кыргыз адабий журтчулугун ишендирип, алардын кара кылды как жарган калыс сынына толгонго жарап, дайыма нагыз көркөм кенчти түзүшүп жаткандардын активдеги сабына туруп, ошол саптан кетиптир. Экинчиси — мындан да кыйын, барып турган опурталдуу сыноо, жазмыш эрки акындын каламын колдон тайдыргандан кийинки мезгил сыноосу. Бул сыноодон да айрым жазмакерлердин тагдырын бөлүшүп, адабият тарыхынын жансыз архивине түшүп кетпей, өзүнүн жалындуу отун, поэтикалык жаркын жүзүн өчүрбөй чыгып келген. Калтырган адабий мурасынын жалпы эстетикалык-көркөм салмагы боюнча да, бүгүнкү күндөгү жандуу күч, таасири боюнча да, жазма адабиятыбыз жаралгандан ушул кезге чейинки акындардын арасында негизги жана сөзсүз айтылчу ысымдардын катарына тура алган. Бир сөз менен айтканда, Мидин Алыбаев кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн тарыхына адабиятка

www.bizdin.kg

аралашып жүргөндөрдөн эмес, аны жаратышып, алдыга жылдырышкан күчтөрдүн өкүлү катары кирген. Айтылуу акыныбыз Алыкул Осмоновдун афоризмге айланган учкул сөзү менен айтканда, Мидин Алыбаев бул турмушка «эки өмүр, эки жазы бар акын» катары келип, «бирин өзү жашап» кетиптир, бирин азыр «ыры жашап» жатыптыр.

Акындын адабияттагы ордун белгилеп, поэзиясына конкреттүү баа бермекчи болгондо, бул маселелер табигый түрдө өзүнөн-өзү коюла келет. Кыргыз совет адабиятынын жалпы өсүп-өнүгүш системасында М. Алыбаевдин поэзиясы кандай көрүнүш, агып чыккан башаты кайсы, кайсы көркөм салттар менен байланышып, кайсы салттарды улантты, өзүнчө алып келген жаңылыгы эмнеде болду, кандай из калтырды, чыгармаларында эмнеге жетип, эмнеге жетпей кетти, эмнени бериш керек эле да эмнени бере албай калды? Деги эле акындын поэзияга жасаган мамилеси, көркөм принциби кандай болгон жана чыгармачылыктын маңызын кандайча түшүнгөн, талантынын табияты кандай эле, ал канчалык деңгээлде ачыла алды? Ушул суроолорго канчалык даражада туура жана так жооп алынса, М. Алыбаевдин жалпы эле кыргыз адабиятынан алган орду да ошончолук даражада туура белгиленмек.

Мидин Алыбаевдин поэзиясы баарыдан мурда жазма профессионал адабиятыбыздын өсүп-өнүгүш процессинде өз законченеми менен өз учурунда пайда болгон жана өз мезгилинин социалдык-тарыхый, эстетикалык-көркөм муктаж таламдарынан чыккан, көтөрүлүп жеткен бийиктиги да, өзүнө чейинки жана өзү жашап турган учурдагы көркөм принциптер менен салттардын чектелген алкактарынан чыга албай калган чабал жактары да, ошол факторлор менен шартталып, ошол факторлорго багыныштуу болуп турган өзүнчө бир поэтикалык көрүнүш катары каралууга тийиш. Албетте, бул талаптар акындын чыгармаларын ар тараптан кең-кесири ачып берүүгө арналган фундаменталдуу илимий изилдөөгө артылчу жүк. Ошентсе да коюлуп жаткан конкрет маселелерге жок эле дегенде жалпы жонунан болсо да токтолуп, аларды мүнөздөмө түрүндө белгилеп кетмейин Мидин Алыбаевдин поэзиясынын айырмалуу жактары тууралуу реалдуу эч нерсе айтылбаган болоор эле.

www.bizdin.kg

М. Алыбаевдин адабияттагы жолунун башталышы ошол учурда өзү менен чамалаш чыккан акын, жазуучулардын чыгармачылык биографиясына өтө эле жакын же окшош деп айтса да болот. Негизинен ал деле 30-жылдардын көркөм интеллигенциясынын өкүлдөрү туш келген шартка кабылып, ошолор жалпы аралашып жүргөн коомдук-саясий жана адабий атмосферага кирип, ошолор жашаган чөйрөдө жашап, ошолор азыктанган рухий байлыктар менен азыктанып, ошолор дем, кубат алган мезгилдин духунан шык байлап, учурдун күндөлүк иш чараларынын таламдарынан чыккан милдеттерди аткаруу далалатында ошолор жазган темаларды жазуудан баштады. Анын поэтикалык тажрыйба алып жаткан мектеби да, жөлөк кылып таянган жардамчы кыртышы да кыргыздын оозеки чыгармаларынын үлгүлөрү менен эл ырчыларынын салттары, анан жаңыдан гана түптөнүп, бир жагынан, жарым-жартылай фольклордук абалда туруп, экинчи жагынан, жарым-жартылай профессионал адабиятка жакындашып келаткан жаш адабияттын өкүлдөрүнүн чыгармалары болгон, башкы ориентирди ошолорго жасаган.

Буларга кошумча ошол жаш акын, жазуучулар А. Токомбаев, С. Карачев, К. Баялинов, М. Элебаев, Ж. Турусбеков, Ж. Бөкөнбаев, У. Абдукаимов, К. Маликовдордун бирин-сериндеген котормолору аркылуу келип же кыйыр түрдө (түрк тилдеринде сүйлөгөн бөлөк элдердин адабияттары аркылуу) анча-мынча жетип жаткан (көбүнчө сырткы белгилери, айрыкча В. В. Маяковскийдин ыр түзүлүш формасы, же анын сырткы компоненттерине окшоштурулуп жазылган ырлардын пайда боло башташы) орус адабиятынын айрым бир үлгүлөрү менен таанышууга болор эле. Бирок бул фактор акындын ошол кездеги чыгармачылык жетилүүсүндө анчалык маанилүү роль ойногон эмес. Ушул себептүү жаш акындын «Бактылуу жаштык» (1937), «Ырлар жыйнагы» (1938) китептери идеялык-тематикалык жагынан да, автордун көркөм ойлоосунун индивидуалдуу белгилери боюнча да, жалпы поэтикасы боюнча да, ыр түзүлүш формалары, көркөм туюнтуу каражаттарынын колдонулушу боюнча да, өзүнчө жаңы сапаттар менен айырмаланып, көрүнө алган жок. Ал жыйнактар отузунчу жылдарда башка акындар жазган жак-

www.bizdin.kg

шы ырларга кошулчудай чыгармалар бербеди, а тек гана ошол кездин поэзиясында жалпы фон түзүп турууга катышты.

Ушуну менен эле катар баамчыл окурман бул жыйнактарда бир жакшы жышаан бар экендигин да сезбей коймок эмес. Жалпысынан алганда учурунун адабий инерциясы менен келаткан автордун али жетилбеген көк канат ырларындагы кысталбай шар агып сезим жарып чыга калган айрым саптар менен куплеттерден кандайдыр бир жапан таланттын стихиясы туюлуп турган. Муну баарыдан мурда жаш акында образ менен ойлоо сапаты бар экендигинен көрсө болот. Бирок ал табигый шык башатты жарып чыккан кайнар булактай, бар күчү менен атылып чыгып, бар көркү менен бир жарк этип көрүнмөйүн өзүн-өзү чындап тааныта албайт болчу. Ага өзүн-өзү ачып, адабиятта кайсы орунда туруп, кандай сөздү айтыш үчүн жаралганын таап алышка эмнелер жетпей жатты? Муну жаш акын өзү 1935-жылы жазган «Тарбияга талпынам» деген бир ырында абдан реалдуу айтып берген:

Талпынган темир канат азыр жашмын...
Талабым толкунданат, болуп ташкын...
Жетилсе колумдагы болот калам,
Жолумда чок турса да тартынбасмын...

Чыгат ко каламымдан эмгек өнүп,
Мен дагы жетилем го көптү көрүп.
Окубай ушул баштан жибере албайм,
Булбул тил, чечен сөздү толук төгүп.

Таралар булбул сөзүм келечекте,
Толкуган жаш талабым кетпес текке.
Уу болуп жаттар үчүн менин тилим,
Каламым найза болор кызыл чекте.

Экинчиден, мында акын кийинчерээк «Ырлар жыйнагы» (1947), «Жаңы ырлар» (1949) аттуу поэтикалык жыйнактарында өз табияты, өз көркү менен ачык көрүнгөн талантынын көмүскөдө жаткан мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө алдын ала өтө таамай белгилеп айтуу, өмүрүнүн аягына чейин «алдында чок турса да тартынбай» чындыкты сүй-

www.bizdin.kg

лөп, бек карманып өткөн чыгармачылык принцибинин коюлушу менен художниктик абийиринин алдында берген убадасы, арадан он жылдай өтүп барып жүзөгө ашкан мүдөөсү жатат.

Ушул «Ырлар жыйнагы» менен «Жаңы ырлары» М. Алыбаевдин чыгармачылык жолунда бурулуш мезгилин аныктаган жыйнактар болду. Алар кыргыз поэзиясында өз ордун өзү көрсөтүп келген, «булбул тил чечен сөздү толук төгүп» жиберүүгө дараматы жетип келаткан, «жаттар үчүн уу боло баштаган тилдүү» бир нукура лирик акынды катарга кошту. Бул эки жыйнагы менен акын кыргыз поэзиясынын кенчине кошулуп кала турган айрым мыкты лирикалык ырлардын үлгүлөрүн ала келди, өзү жалпы топтон чыгып, активдеги көркөм сөз ээлеринин сабына өттү. М. Алыбаевдин ыр китептеринен көрүнгөн дагы бир жакшы сапат — алар автордун фольклор менен профессионал поэзиянын салттарын айкаштыра билүүгө жетишип, дүйнөлүк жана классикалык орус поэзиясынын, айрыкча Пушкин менен Маяковскийден жакшы жана туура сабактар алып жатканын ачык-айкын сездиришти. М. Алыбаев бекеринен бул эки акынга ушунчалык урматсый менен карап, алардын атын нагыз поэзиянын символу, нукура поэтикалык чыгармачылыктын чындыгы катары санап, идеал тутуп өткөн эмес чыгар. Бекеринен алардын чыгармаларын бүткүл ынтаасын коюп, бар акындык күчүн жумшап которгон эмес чыгар (болгондо да өз табиятына, поэтикалык стихиясына жакындатып, мисалы, Пушкиндин сүйүү лирикасын, Маяковскийден сатиралык ырларын гана которгон). Жок жеринен «Биздин Пушкин» аттуу ырын, кийинчерээк айтылуу «Владимир Маяковскийге акындык отчётун» жазган эместир.

Акындын чыгармачылыгынын чындап чечектеп гүлдөгөн учуру элүүнчү жылдар болду. «Ак чүч!..» жыйнагы адабиятыбызга өзүнчө жаңы сөз катары кирди; сейрек кездешчү лирикалык таланты жеткен бийиктигине көтөрүлүп, анын сатиралык шыгы бар күчү менен ачылды. М. Алыбаевдин кыргыз поэзиясына кошкон салымы, калтырган өчпөс изи ушу лирикасы, өзгөчү сүйүү ырлары менен сатирасына байланыштуу. Ошондуктан негизги кеп-сөз да ушул эки теманын айланасында жүрүшү керек.

www.bizdin.kg

Дүйнөлүк поэзияда махабат лирикасынын тарыхына көз чаптырып, андагы түбөлүккө калган классикалык сүйүү ырларынын жаралыш жөнжайын териштирип, алардын көмүскө сырларына кирсек, өзгөчө тагдырга туш болуудан жаралган, өзгөчө тагдырга эгедер чыгармалар гана өзүнчө бир туташ дүйнө, жашоо акыбетинин бир бүтүн көркөм элеси катары калып келе жатканын көрөбүз. Бул акындын (же лирикалык каармандын) түбөлүк тагдырына кирип, биографиясына өчпөс из калтырган, бирок акыбети кайтпай калган катуу сүйүүдөн жаралган ырлардын шыбагасына туш келчү сейрек көрүнүш. Ал сүйүү — акындын өмүр бою бөпөлөп өтчү асыл идеалы, түбөлүк таркабас сагынычы, көңүл тереңинде жүргөн ыр жаздырып турчу, өзгөчө бир күч. Дантенин тагдырында Биатриче, Петраркада Лаура, Шекспирде аты жок Кара тору (смуглая), Шотада Тамара, Лермонтовдо «К...» ысымдуу жаш сулуу, А. Блокто Асыл заада аял, Токтогулда Алымкан, Барпыда Мөлмөл кыз мына ушундай өмүр сүргөн. Алар бул акындардын сүйүү сезимин болгон туруш-турпаты менен ачылтып, бири кагаз бетине, бири оозеки ырга төгүлтүп кеткен. Кыргыз жазма поэзиясынын классикасына айланган А. Токомбаевдин отузунчу жылдардагы махабат ырларында да ушундай өзгөчө сапат бар, аларда лирикалык каармандын кадимкидей тагдыры, ошол тагдырга кирген сүйүктүү адамдын ар убак акындын көңүлүн коштоп жүргөн элеси турат. Аны менен болгон ар бир жолугуу же аны эстөө лирикалык каармандын биографиясы менен тагдырына улам жаңы издерди түшүрө берет. Улам акындын ар кандай маанайын тарткан жаңы саптар жарала берет. Ушинтип отуруп, өзүнчө бир өмүр үзүндүсүн көрсөткөн, баш-аягы менен бүткөн көркөм дүйнө курулат. Муну кайталангыс каармандары, сюжети, окуясы, экспозициясы менен финалы бар махабат жөнүндөгү чакан повесть же лирикалык драма деп атаса да туура келет. Негизинен мындай жагдайда жаралган ырлар аз гана акындардын, болгондо да, личносту бар чоң акындардын чыгармачылык тажрыйбасынан учурайт.

М. Алыбаевдин махабат лирикасы да ушул мисалга тарткан акындардын сүйүү ырлары сыяктуу өзгөчө сапат, өзгөчө тагдырга эгедер. Алар бир жылт этип өчүп калчу

www.bizdin.kg

келди-кетти сезимдерден кокус жаралган ырлар эмес, ар бир адамдын тагдыры менен биографиясына чындап түбөлүккө кирип, өмүр бою кошо жашап өткөн асылкеч жароокерге деген акындын урмат-сыйы, аёолуу сезими, ага багыштаган арзуу тилегинен жаралган өзүнчө бир бүтүндүк, ички биримдиги бар чыгармалар. Бул ырларды жаздырып жаткан негизги асыл заада жан — Ак келин, аны менен лирикалык каармандын ортосундагы жетишпей калган сүйүү. Аны эстебей коюуга таптакыр мүмкүн эмес. Себеби ал мына бул элестер менен жашайт:

Өзгөчө го өткөн өмүр кызыгы?!
Өчпөс болуп өмүрлүккө сызылды...
Дале болсо даана менде сезилип,
Алма беттин албырттаган ысыгы,
Ким өптү деп апаң айткан эместир —
Эрке кыял сүттөн таза кызымы?!

Ушул ууз сезим кезден баштап «өчпөс болуп өмүрлүккө сызылган»... махабат лирикалык каарманга ар кайсы жагдайда, ар кайсы шартта, ар кайсы куракка жеткен кездеринде да жолуга берет. Ал болсо мурдагы ак сүйүүсүнөн айныбайт. Ар дайым аны менен аздектеп жүргөн жүрөк сырларын бөлүшүүгө даяр. Арзыган сулуунун элеси ал үчүн качан да болсо, мээ сергитип, «мемиреген Ысык-Көлдүн таңындай» аруу, караанын «капчыгайдын суу бойлогон кайыңына теңеп» карап келет. Түшүндө «Июлдагы көк конуштун желиндей» беттен назик сылаганына бактылуу. Жалгыз гана сүйүүнүн көзү менен карайт. Ошондуктан ага «качан болсо жарашкансып көрүнөт, кайсы күнү кандай жоолук салынса». Анын сүрөтү менен сүйлөшкөнү да өзүнчө бир назик, аялуу, жалган сезимден кичинекей бир эпкини да жок. Баары чын дилден, чыныгы сүйүү, чыныгы сагынычтан чыгат:

Кыйнабачы жүрөктөгү жарадай,
Кылгырбачы, койчу, мени карабай,
Же күлүп кой, же кирпигиң ирмечи,
Куса болдум сагынычым тарабай.
Үн жок, сөз жок, томсоросуң, турасың.
Ыйлап-ыйлап улутунган баладай.

www.bizdin.kg

Көңүлдөрүндө арылбас арман калган эки жаш эки башка турмуш куруп, эки жерде өмүр сүрөт. Эми лирикалык каарман Ак келинге «таарынба талап туура чыкпаганга, тагдырга ким да болсо моюн сунат» — деп, чындык күчүнө аргасыз баш ийип, өзүн-өзү жооткотуп жашап келе жатат. Бирок таптакыр унутуп, көңүлүнөн биротоло сызып таштай албагандан кийин, баары бир махабат асирети кайра жолугушканда кайрадан козголо берет. Эки ашыктын мына ушул учурда көңүл жагдайлары, сезим түпкүрүнөн сызылып чыккан өкүнүч минтип өзүнөн-өзү ырга айлана келет:

Муңканган үнүң угулат,
Муң менен черткен комуздай.
Арманда жүрөм мен дагы,
Ар дайым бирге болушпай.
Санаага көптү саласың,
Сары журт болгон конуштай.

Бул саптар кайрылбай турган махабатка кириптер болгон адамдын, болгондо да өмүрүнүн кыйла жолуна келип калган адамдын, ой-санаасына, билинээр-билинбес чөгүңкү маанайына абдан эле ылайык чыгып турат. Ошону менен эле бирге мындан арзышкан эки адамдын тагдырлары түбөлүккө кошулбай турган болуп чечилчү чекке жетип калганын да ачык эле сезип, билсе болот. Ушинтип, бул махабат драмасы финалына жакындап калды. Ушул ырда көрүнгөн жылуу сезим, мээрбан мамиле лирикалык каармандын тагдыр өкүмүнө баш ийип аргасыз чыгарган жыйынтыктары, өзгөрбөй кала берген аруу сүйүүсү мезгил өтүп, аларга кайрадан дагы бир жолу кездешкен чагыбызда да, дале өз калыбында турган болот. Муну лирикалык каарман өз оозу менен айтса, андан бетер айкыныраак да, ишеничтүүрөөк да болуп чыгат. Аны кайрадан кара сөз менен жазып, илебин суутуп, авазын бузуп, таасирин кетирип отурбай өзүн уккан жакшы:

Бир кезекте сүйдүм бирок жетпедим,
Саргайыптыр сага ыр жазган дептерим.
Деле болсо кыздан кызык көрүнөт,
Анда-санда бырыш баскан беттериң.

www.bizdin.kg

Мезгил менен өмүрдү коштоп өнүгүп келаткан драманын окуясы финалына жетти. Эми ал кандайча чечилээр экен? Биз окуп өткөн ырлардын (алардын тегерегинде жазылган башкалары да) ички биримдиги да, өзүнчө бир баш-аяктуу көркөм чыгарма болуп бүтүшү да, баары-баары дал ушул финалга байланыштуу эмеспи. Эмесе акын ал жыйынтыкты да чыгарды. Болгондо да эң туура чечти:

Сүйдүм, сүйдүң бир кезекте ченебей
Минутуңду миң жылдарга теңебей.
Таалай укмуш! сүйүү бүткөн капкачан,
Тартылды бейм көз алдыдан кемедей.

Өткөндү эстеп, бузба жаным каныңды,
Жаш кезекте ким кечпеген жалынды?
Эскини эстеп, элжиреөнүн ордуна,
Эми сыйла сүйүп алган жарыңды.

Муну окурман да ниетинде маакул таап, кубаттап калат. Ушинтип, биз акындын бардык махабат лирикасынын өзөгүн баштан аяк аралап өткөн бир сызыкты белгилеп жүрүп отурдук эле өзүнчө ички логикалык жактан туташкан кадимкидей тагдыры белгилүү болгон лирикалык каармады бар, окуя көркөм чечилиштин законченеми менен аяктаган бир бүтүн чыгарманы окудук. Андан ниети наристедей таза, ак сүйүүсүн, сырдаштык мамилесин чаң жугузбай аруу сактай алган, бийик сезимдер менен сүйө билген, өзү да ошондой сүйүүгө арзыган, рухий саламатчылыгы таза, кең жүрөк, бир гумандуу адамдын образын көрөбүз.

Албетте, ар кандай шартта, ар кандай абалга кабылган кезде да, ал турсун кокусунан бир ыплас дүйнөгө туш келип калганда да өзүнүн ички адамдык сапатын, абийирин ыйык сактай алган, адеп-ахлактык жактан жубардай таза, кенен көңүл, чоң жүрөк, көкөлөгөн асыл ойлор менен жашаган акын гана ушундай мөлтүр тунук сезимдерди түшүргөн жаркын ырларды, жакшы идеалдай болгон асыл адамдын элесин жарата алат. Демек, М. Алыбаевдин өзү дал ошондой адам, ошондой акын болгон экен. Анын махабат лирикасына ашыкча күйүп-бышып, өпкө-жүрөгүн чаап, ыгы жок жалынып-жалбаруу, ашыгына жетпесе «сенден бөлүндүм, эми мен өлөм, күнүм бүттү» — деп,

www.bizdin.kg

сентиментализмге чөгүп, солуп жатып калуу, айрым акындарча кумарын төгүп ышкыланып эротикалык сезимдерди ырдап, порнографиялык сүрөттөрдү тартканга дилгирленүү, болбосо өзүн эркексинтип жогору коюп, аялды кемсинтүү, аны кекетип-мокоткон эгоисттик мамилелерин туюнтуу өңдүү көрүнүштөр таптакыр жат. М. Алыбаевдин ашыглык ырлары чыныгы сүйүүнүн өзүндөй таза да, назик да, аялуу да, эки жаштын жашырбай айткан көңүл сырларындай ачык да, жетпей калган махабаттай бийик да. Ырасында эле акын махабат лирикасын алда канча жогору көтөрүп кетти. Сүйүү ырларына келгенде жазма поэзиябыздын башатына туруп алып, анын акыркы жылдарда жеткен чегин көздөй карасаң да орто ченде М. Алыбаевдин фигурасы бөлүнүп көрүнөт, тескерисинче, азыркы күндөрдүн чокусуна туруп алып адабиятыбыздын алгач көз жарып чыккан жагын тиктесең да М. Алыбаев бир айырмалуу бийиктиктерден болуп көзгө түшөт. М. Алыбаевдин махабат лирикасын тайманбай туруп эле ырчылар поэзиясында өзүнүн классикалык чегине жеткен Барпынын ашыглык ырларынан кийин дагы бир сапаттык жаңы баскычка көтөрүлгөн бийиктиктеринен деп айтса болот.

М. Алыбаев кыргыз поэзиясын лирикалык ырлардын башка түрлөрү менен да байыткан акын. Ырас алар сан жагынан анча деле көп эмес. Эсептей келсең ар кайсы темага эки-үчтүн айланасында айрымдарына бирден эле ыр туура келет. Анткен менен ошолордун дээрлик басымдуу бөлүгү беш электен өткөрүп, кайра-кайра тандап отуруп поэзиябыздын нукура үлгүлөрүнө кошчу чыгармалардан. Алар окшош темага жазылган башка акындардын ырларынан айырмаланып турат: автордун жекече мамилеси бар, шаблондон тышкары ойлонот, адабий инерциянын шарданы менен жалпы ураанга кирип, даяр стандартка түшкөн идеяларды кайрадан уйкаштыра бербейт. Мурда алда канча жазылып, кайталанган тема да акындын каламынан жаңырып чыгат. Анткени ошол теманы ал өзүнчө көрүп, ага башка жагынан жол таап кирип, өзүнчө чечет. Эң негизгиси, акын өз башы менен ачып, жүрөгүнөн өткөргөн чындыкты гана ырга салган, жалган сезимди,

www.bizdin.kg

жалпыга ортоктош даяр ойду туюнта салган эмес. Бул нагыз таланттын, болгондо да барып турган чынчыл таланттын бирден бир башкы сапаты. Алсак, согуш тууралуу канча гана ырлар жазылбаган. Ошолордун канчасы күндөлүк газеттик информация катары бир сезон өмүр сүрүп-сүрбөй мезгилдин архивине түшпөдү. Канчалары бирин-бири кайталап, өзүнүн оригиналдуу өң, түсүн көрсөтө албай, жалпы хорго жутулуп, жиги билинбей калып кетти. Ал эми М. Алыбаевдин «Ыйлабачы» аттуу ыры ошол жаңыдан жазылган кезде эле белгилүү чыгарма болуп көрүнгөн, азыр окусаң да айырмалуу, бүт идеялык-көркөм күчүн, чатыраган эмоциясын сактап турат. Ырда сүрөттөлгөн кан майданда каза тапкан өмүрлөшүнөн айрылган жаш келиндин жүрөгүндө калган өчпөс кара так ушунчалык күчтүү берилген, аны окуган адамдын сезимине да так түшөт. Мына бул саптарга ким кайдыгер гана көз жүгүртүп коё алат:

Билесиң го,
    Кансыз согуш болбосун?!
«Кан» — деп учат,
    «Жан» — деп учат коргошун.
Кан майданда
    Каза болгон көрүнөт.
Каалап тийген
    Кадыр шерик жолдошуң.

Сөгүлгөндөй бүт кайышып кабыргаң.
    Кайрат кылчы,
Кара көзүң арчычы,
Саамайың жый,
Садагасы сабырлан!

Ыйлабачы,
    Тырмабачы
        Сулуу беттин анарын,
Кийбе,
    Ташта!
    Кереги жок каранын!
Жыл оңолот

www.bizdin.kg

Кемтик толот,
Жаш жетет,
Жашын тиле
Эмчектеги баланын.

Ыйлабачы!
Кайгыны ичке батыргын,
Сабыр кылчы,
Айтканын ук акындын:
Коркок бирөө,
Коюнунда жаткыча,
Аты жакшы,
Жесири бол баатырдын!

Деги эле М. Алыбаевдин поэзиясында эң башкы, анын жалпы багытын, духун аныктоочу белги — бийик гуманисттик пафос экендигин атайылап бөлүп айта кетишибиз керек. Бул сапат анын жеке албомдук экспромтторунан тартып социалдык темада жазган, эл, жерге арналган ырларына чейин топтолук бойдон мүнөздүү.

Эми акындын экинчи бир темада жазган чакан лирикасына кайрылып көрөлү. Ала-Тоого арналган ырлар кыргыз поэзиясында эң эле көп. Аны өткөн доордогу эл ырчыларынан тартып, профессионал адабиятыбыз көз жарган күндөн баштап, бүгүнкү жаш акындарга чейин айтышты, айтып да жатышат. Бирок аларды бийик искусствонун ченөлчөмдөрү менен карасаң, чыныгы көркөм чыгарма катары өзүнчө жаңырып турган, оригиналдуу чыккан (айталы, А. Токомбаевдин «Ысык-Көлгө сукталуу», А. Осмоновдун «Ата журт», С. Эралиевдин «Ала-Тоо» аттуу чыгармалары сыяктуу бир темада жаралган көп ырлардын ичинен айырмалуу), нукура адабий кенчке кирип калгандары абдан сейрек. Балким, алар беш, онго араң жетээр. Эмесе ошол иргелген топко кирген аз сандагы көркөм туундуларга М. Алыбаевдин «Ала-Тоого» аттуу жалгыз ыры да өзүнөн-өзү эле келип кошулуп калат. Бул ырдан эч кимдикине окшобогон жалгыз гана М. Алыбаевдин поэтикалык үнүн угабыз, Ала-Тоого деп аздектеп жүргөн мамилесин, аруу тилегин көрөбүз. Акындын айтып жаткандары сенин да Ата журтка арналган жакшы оюң, тунук сезимиңди кошо туюнтуп жаткансып:

www.bizdin.kg

Кереметтүү сен атасың-энесиң,
Салыштырсам сага ким жер теңесин.
Көңүл толкуйт, көркөмүңдү көргөндө,
Кандайдыр бир жүрөккө дем бересиң.
Ырым менин, сенин демиң эмеспи,
Шыктанамын минип кыял кемесин.
Карааныңдан кагылайын Ала-Тоо,
Калкып жаткан кандай укмуш эмесиң?
Качан жүрөк кагышынан тангаnda,
Бир тартылып өтүп кетээр элесиң.
Бир тартылып өтүп кетээр элесиң.

Өс Ала-Тоо! Өзүм өскөн турагым,
Уяң болбо улуу жолуң улагын.
Жымың-жымың жылдыз болуп жылжысын,
Канга дары, кыштай тунук булагың.
Ай ааламдын мунарасы болуп кал,
Аз болсо да асманга тий, турбагын!
Ээрчий берсең, бир сонунга жетесиң,
Улуу орустун Волга менен Уралын
Улуу орустун Волга менен Уралын... —

деп, чалкайган Ала-Тоого карап туруп, болгон үнүң менен аска жаңырта ырдагың келип кетет. Албетте, бул ырды жалаң гана географиялык мааниде тар кабыл албаш керек. Ала-Тоо бүтүндөй кыргыз журтун символдоштуруп, анын келечек тагдырын туюнтуп турган түшүнүк да. «Ала-Тоону» акын кокусунан эле жаза койгон эмес жана чыгарма кокусунан эле ушундай айырмалуу, оригиналдуу чыгып да калган эмес. Ал атайылап баналь ойлордон, даяр адабий схемалардан качуудан, аң-сезимдүү түрдө болгон чыгармачылык изденүүдөн, поэзиядан жаңы жол, жаңы ыкма ачууга умтулуудан келип жаралган. Башкача айтканда, М. Алыбаев өзүнүн «Владимир Маяковскийге акындык отчётунда» «Мен таң калам, биздеги калам кармаган Ала-Тоону алды миң, арты жүз кайталабаганы калбаган» деп айткан көз карашынан чыгып, ошондой өңсүз-түссүз, акындын индивидуалдуу мамилесин билдирбеген, кайталанма ырларга полемика катары жазган чыгарма.

Акындын башка темада жазылган лирикасынын ичинен мына ушул сөзгө алып өткөн «Ыйлабачы» менен «Ала-

www.bizdin.kg

Тоого» сыяктуу ар кандай окурмандын бийик эстетикалык талабына каниет бере ала турган мыкты ырларынын катарына «Шаркыратма», «Жайкы жамгыр», «Соң-Көл» ж. б. кошууга болот. Ал эми М. Алыбаевдин «Владимир Маяковскийге акындык отчёт» поэмасы эпикалык жанрда жаралган этаптык чыгармалардын бири. М. Алыбаевдин кадыресе бийик адабий түшүнүгүн, акындык кредосун, чыгармачылык принцибин, жаңычылдык багыттагы көз караштарын, поэзиядагы тамтыгы кеткен ыкмалар менен эскирген туюнтуу каражаттарга, жаңы мазмунга, тематикага жармачтыкка каршы кандайча күрөшүп өткөнүн ушул поэмасы абдан ишенимдүү жана конкреттүү айтып берет. «Владимир Маяковскийге акындык отчётту» жакшылап үйрөнбөй туруп, акындын ким болгонун, көркөм сөз өнөрүнө кандай мамиле жасап, ал тууралуу кандай ойлор менен жашап өткөнүн кең-кесири аңдап-билүүгө мүмкүн эмес.

Макалабыздын баш жагында атайылап бөлүп айткандай, М. Алыбаевдин адабий мурасынын жалпы маанисин арттырып, бийик эстетикалык-көркөм күч берип, окурмандар арасында айрыкча кызыгуу туудуруп турган экинчи бир өзгөчөлүк — анын өткүр сатирасы. Сатира кыргыз эл оозеки чыгармаларынан тартып, ырчылар поэзиясында жашап, өнүгүп келатканы белгилүү. Жазма профессионал поэзиябыз жаралгандан кийин жаңыча мазмундук мүнөзгө ээ болуп, жаңыча түрлөрү пайда болду. Кыскасы, М. Алыбаевге чейин эле улут адабиятыбызда сатиранын жакшы салттары топтолуп калганы белгилүү. Бирок профессионал поэзиядагы профессионал сатира нагыз өзүнүн тилине М. Алыбаев менен Р. Шүкүрбековдун чыгармаларында гана толук ээ боло алды. Булар кыргыз сатирасын саратан айында күчүнө келип, төгүлүп турган жыландын заарындай заарын чачып, тийген жерин куйкалап түшө турган чегине жеткиришти. Жанрдын чындап бир гүлдөгөн доору түздөн түз ушул эки акындын чыгармачылык ишмердүүлүгү менен байланыштуу. Алар сатираны, алдыга жылдырып барып, өзүнчө эле бир жаңы чекке коюп кетти, ага бул экөөнөн мурда чыккан сатириктер да жеткен эмес, кийин келгендер да али жетише элек...

М. Алыбаев өзүнөн-өзү зордоп, үйрөнүп, атайын болоюн деп болгон эмес, а атайын ошол үчүн жаралган тубаса

www.bizdin.kg

сатирик болгон. Анын кайталанбас сыры да, башкалар алалбаган бийиктиги да, өзгөчө сейрек кездешчү күчү да мына ушунда турат. Бул жерде окурмандар жатка айтып, бири ылакапка айланып, экинчиси афоризмге өтүп, жумурай журттун өз менчиги, өз сөзү, коомдун алга жылышына тоскоол болуп жаткан зыяндуу көрүнүштөр менен күрөшүүдө колдоноор куралы болуп, кызмат өтөп келаткан «Ак чүчү!..», «Сизге айтам», «Кошоматчы», «Бюрократ», «Саадат кандидат», «Тилекмат» ж. б. сатиралык ырларын, «Осмонаалы лөөкүй», «Дүжүр бука» окшогон фельетон жаатындагы даңазалуу чыгармаларын чечмелеп, комментариялап, бир-бирден алардын маанисин айтып отурууну көп деле зарыл санабай турам. Андан көрө акындын сатирасынын башка бир түрүнө азыраак кайрыла кетейин.

Сатиранын жаңы түрлөрү эпиграмма, достук азил, пародиянын мурда кыргыз адабиятында анча-мынча элементтери болсо да, алар өзүнчө таанылган жанр катары калыптанып, адабий өнүгүштүн жалпы системасында өздөрүнүн закондуу орду бар экендигин көрсөтүп жашап калышында М. Алыбаевдин зор салымы бар (албетте, Р. Шүкүрбековдун эмгегин да унутуп жаткан жерибиз жок). Мына ушул мааниде алганда акындын «Адабияттык пароды» профессионал поэзиябыздын өсүш жолунда өзүнчө бир жаңы ачылыш болгон. Бул циклди тек гана калемдештерине сынтагуу, алардын мүчүлүш жактарын шылдыңдап күлүү үчүн жазылган экен деп ойлоого жарабайт. Акындын ниети, негизги билдирмекчи болгон ою жакшы максатты көздөйт. «Адабияттык параддын» башкы пафосу — М. Алыбаев сөзгө алып өткөн улуу-кичүү муундагы адабият өкүлдөрүнүн (А. Үсөнбаев, А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков, Я. Шиваза, К. Баялинов, К. Маликов, Т. Үмөталиев, А. Салиев, К. Жантөшев, Н. Байтемиров, Ө. Жакишев, С. Шимеев, Т. Абдумомунов, М. Жангазиев, К. Акаев, У. Абдукаимов, К. Эшмамбетов), тажрыйбасынан байкаган ийгиликтер менен орчундуу мүчүлүштөрдү көрсөтүп, кээде аларга дем берип сүрмөлөп, кээде намысын козгоп чыгармачылык жигер жаратып, көркөм сөз өнөрүнө болгон жоопкерчилигин арттырууга чакыруу. Ушул планда жараткан чыгармалары жазуучуга бүткөн таланттын табиятын, ки-

www.bizdin.kg

тептин тагдыры менен бирден-бир сапатын аныктаган мүнөздүү белгилерин акындын айныбай сезип, туура кармай билиши, ташка тамга баскандай таамай жана калыс айткан баасы менен айырмаланат.

Ушул пикирибизге далил катары анын «Касымаалы Жантөшевге» деген эпиграммасын окуп көрсөк эле калгандары өзүнөн-өзү белгилүү болуп чыга келет:

Бир жагынан жомокко жакындап,
Экинчи жактан романга жакындап,
Кээде повестти такымдап,
Түзүк жазылды «Каныбек» —
Кара шакылдак.
Автордун оюна койсо,
Какемди улам өзгөртүп турмак.
(Кээде калпак кийгизип, кээде тумак)
Илимдер Академиясына —
Мүчө-корреспондент кылмак,
Же Каныбек министр болуп жаны тынмак.

Мында эч кандай апыртуу да, жазуучуну атайылап келекелеп басынтайын деген тескери ниет да, жалпы адабияттын кызыкчылыгы менен байланышпаган өзүнүн жекече, субъективдүү ойлорун таңуулоо да жок. Адабий чындыкты, чыгарманын реалдуу ал-абалын, курулуш принцибин, автордун адамга болгон мамилесин, профессионалдык деңгээли кайсы баскычта турганын сергек байкап, туура баасын берүү бар. Мисал үчүн «Каныбектин» жанрдык өзгөчөлүгүн, жазуучунун роман формасын өздөштүрүү багытында келип токтогон чегин, чыгармачылык методун, көркөм аң-сезим деңгээлин илимий-теориялык жактан аңдаштырып, аларды чыныгы профессионал искусствонун чен-өлчөмдөрү менен карап, бул чыгарма кыргыз адабиятында эмне деген көрүнүш экендигин аныктап чыксак, ошол жыйынтыгыбыздын микромоделин М. Алыбаевдин ушул он бир сапта айткан ойлору түзүп турган болоор эле. Көрсө биздин сынчы, адабиятчыларыбыз кийин барып анан сезип, талаш-тартыш чыгарып жүрүп, алды жагында араң жете баштаган «Каныбек» жөнүндөгү чындыкты М. Алыбаев мындан отуз жыл мурда эле негиздеп салган турбайбы. Бир сөз менен айтканда акын кыргыз сатирасында жаңы

www.bizdin.kg

ачылыштар жасап, аны жаңы түрлөр, жаңы мазмун, жаңы мотивдер, жаңы ыкмалар, өткүр туюнтуу каражаттар менен байытып кеткен нукура новатор катары калды.

Мидин Алыбаев жалаң гана лирикалык ырлар менен сатира жазган эмес. Ал каламын адабияттын башка жанрларында да сынап көргөнү белгилүү. Драматург катары «Курорттогу окуя», «Зоотехник Буйлашев» аттуу көп актылуу, «Жантектин керээзи» деген бир актылуу пьесаларды, прозачы катары бир нече аңгеме, очерк, фельетондорду жазган («Жарык көрбөгөн каттар», 1964). Котормочулукка да киришип, А. Пушкин, Шиллер, Маяковский, С. Маршак, С. Михалков, Г. Гулям, К. Симонов, Р. Кушниров ж. б. айрым ырларын кыргыз окурмандарынын менчигине айланткан. Булардын арасында үлгү катары көрсөтө турган деңгээлге жеткире которулгандары да бар. Мисалга Пушкиндин «Өрттөлгөн кат», «Бир гүл» лирикалык ырлары менен Маяковскийдин «Кеңешип бүтпөгөндөр» сатирасынын кыргызча кайра жаралышын айтсак болот. Мында да М. Алыбаев акындык өзгөчөлүгүн сактап турат. Башкача айтканда, ал өзүнүн натурасына, талант стихиясына жакын келгендерин гана которгон. Ошол үчүн алар жакшы чыккан.

Мидин Алыбаевдин бардык адабий мурастарынын ичинен азыр эле айтып өткөн драмалык чыгармалары менен прозасынын келечек тагдыры башкачараак болду. Алар акындын лирикасы менен сатирасына өмүрлөш боло алышкан жок. Мезгил сыноосуна чындап туруштугу келбеди. Кыргыз драматургиясы менен прозасындагы идеялык көркөм күчүн сактап жандуу аракетте турган белгилүү чыгармалардын сабына кошула албай, негизинен сезондук милдет өтөп гана кала беришти. Албетте, аларда деле таланттуу чыккан эпизоддор, сценалар, орундуу табылган көркөм деталдар, чындап күлкү чакырган юморлуу жерлер көп эле учурайт. Бирок алар бардык жагынан төп келтире иштелген бир бүткөн чыгарманын негизги идеялык-эстетикалык концепциясын түзө алышпайт. Айрымдарын жөн эле, зор даярдыксыз, кара талантка салып шилтеп койгон. Кээ бир чыгармаларында айтып жаткан идеясынын эртеңки өмүрү, келечек перспективасы тууралуу камылга көрбөй, анын утурумдук кызматына азгырылып, бир мез-

www.bizdin.kg

гилдин өтүшү менен эскирип калчу темаларга талантын короткон. Кыскасы ал чыгармалар М. Алыбаевдин лирикасы менен сатирасына коюлчу бийик чен-өлчөмдөрдү көтөрө алышпайт.

Мидин Алыбаев көркөм сөздү ушунчалык кастарлап, ага аябагандай жоопту карап мамиле кылганы, үлгү катары көрсөтчү ырлары менен гана сабак бербестен, өзүнүн кетирген кемчиликтери, жетүүгө мүмкүнчүлүгү келип туруп жетпей кеткен жактары менен да кийинки каламгерлерге чоң сабак болчу акын. Ал табийгат тартуулаган ошондой оргуп турган сейрек талантты толук пайдаланбай, мисалы, А. Осмоновго окшоп чегине жеткире өнүктүрүп (болгон күч, убактысын бүт чыгармачылыкка жумшап), потенцияда жаткан мүмкүнчүлүктөрүн аягына чейин ачалбай, көрөнгөсүндө болгондун баарын шыпкап төгүп бералбай калды. Ушундай себептерден улам табийгат аябай мартыык менен берген зор талант союздук аренага чыга албай (улут адабиятыбыздын чегинде гана кармалып) кетти, албетте, буга анын капыстан болгон өлүмү да тоскоолдук кылды.

Анткени Мидин Алыбаевдин жогоруда биз атайын токтолуп, баса белгилеп айткан мезгил сыноосунан өткөн эң сонун лирикалык ырлары менен өткүр сатирасы өзүнүн айырмалуу үнү, өчпөс-оңбос өң-түсү менен нукура көркөм кенчибизге кошулган жаңы үлүш болду. Мына ушул эки жаңылыгы аны кыргыз адабияты менен тең өмүр сүрүп бара берүү бактысына эгедер кылды. Бул оңой жеңишпи?!

Ушундай чыгармачылык тагдыр күтүп, ушундай асыл мурасты бизге менчиктеп калтырганы үчүн, акындын элесине карап мындай дегим келет: — түбөлүк жаш поэзияң үчүн, Мидике, сага таазим, миң алкоо. Ошондой кереметиң бар экендигинен атактуу шакиртиң Байдылда Сарногоев айткандай, бүгүн калкыңын:

Карысы ичтен күдүңдөп,
Жаштары жайнап күлүңдөп,
Жатышат жаттап ырыңды,
«Жашасын биздин Мидин» деп.

www.bizdin.kg

## ЭСЕНКОЖОЕВ КУСЕЙИН

*(1920—1944)*

Кыргыз профессионал адабиятында илимий-фантастикалык жанр өткөн кылымдын отузунчу жылдарынан бери карай пайда болуп, ал иш маркум К. Эсенкожоевдин чыгармачылыгы менен тыкыз байланыштуу экендиги көпчүлүк окурмандарга маалым. Элдик оозеки чыгармачылыгыбызда фантастикалык жанрдын элементтери арбын учураса да, адабияттын бул түрү атайы жанр катары жазма адабиятыбызда али тажырыйбалана элек болуучу. Кыргыздын профессионалдык адабияты жаңыдан телчиге баштаган ошол мезгилде, К. Эсенкожоевдин илимий-фантастиканы беттеп, чыгарма жазууга даап барышын, анын адабиятка карата шилтеген чечкиндүү кадамы, чоң эрдиги катары баалаганыбыз оң.

К. Эсенкожоевдин өмүр баяны өтө кыска, жөнөкөй жана аянычтуу... Ошол кыска өмүрүндө ал, элдин чыныгы эр азаматы аткара турган иштерди жасоого үлгүрдү. Жазуучунун өмүр баянына байланыштуу аны тактоо максатында соңку учурларда басма беттерине бир катар макалалар жарыяланды. Белгилүү сынчы К. Укаев «Ал 1920-жылы, Ысык-Көлдүн Жети-Өгүз районундагы Кытай деген кичинекей кыштакта туулган» (1—32-б.) десе, адабиятчы-фольклорист О. Сооронов «1920-жылы, Жети-Өгүз районундагы Ичке-Булуң деген кыштакта туулган» (2—134-б.) дейт. Ал эми Өмүрзак Иманбаев «... калемгер тууралуу жазылган макалаларда айрым так эместиктер, божомол айтылган факты сымалдар көп эле учурап жүрөт» (3—10-б.) деп атайы аттанып чыгып, жазуучунун туулуп өскөн жерине барып айрым тактоо иштерин жүргүзгөн. Ө. Иманбаевдин

www.bizdin.kg

жана К. Эсенкожоевдин аталаш тууганы Шарше Алапбаев, орто мектептин директору Ражап Өскөнбаевдердин берген маалыматтарына караганда жазуучу Жети-Өгүз районундагы Кеңеш колхозунун (азыркы Шевченко) Ичке-Булуң аттуу айылында туулган. Демек, буга караганда О. Сооронovдун макаласындагы анын туулган жери боюнча берген маалыматы туура.

Дагы бир тактай кете турган жагдай бар. К. Эсенкожоевдин 1941-жылдын декабрь айында Москва алдындагы салгылашуудагы курман болгондугу жөнүндө «Советтик Кыргызстан жазуучулары» (түзгөн Ж. Самаганов) аттуу библиографиялык жыйнакта жазылган. Бирок, жазуучунун фронттон жазган каттарындагы (карындашы Зайнаканга Аалы Токомбаевге, согуш жылдарында «Советтик Кыргызстан» журналынын жооптуу редакторунун орун басары Курман Кыдырбаевага ж. б.) маалыматтарга караганда ал кан кечип Украинага чейин барып, 1944-жылга чейин согушта жүргөндүгү чындык. Өзү менен бирге жүргөн майдандаш-каламдашы, белорус акыны Иван Андреевич Муравейконун «Кечээ 23-март, 1944-жылы «... душмандын огу баатыр жоокерди, миномоттук взводдун командирин, гвардиялык лейтенант Нижнеднепровск Кызыл туулу гвардиялык дивизиянын офицерин өлтүрдү. Душмандын огу биздин досубузду жана солдатты, кыргыз элинин уулун, Россиянын түштүгүнүн жаш жазуучусун окко учурду...» (4—12-б.) — деп, 1944-жылдын Март айында Кыргызстан Жазуучулар Союзуна жазган катынан улам да, жазуучу 1944-жылы, март айында (курман болгон күнү дагы тактоону талап кылат) каза болгон. Ал эми Иманкожоев Айыптын: «Кусейин жөнүндө кара кагаз 1945-жылдын баш жагында же 1944-жылдын акыркы айларында келген» (5—10-б.) — деген билдирүүсү жогорудагы айтылгандарды ого бетер бекемдейт. Демек, К. Эсенкожоев 1941-жылы эмес, 1944-жылы курман болгон.

К. Эсенкожоев мектепти бүтөрү менен, 1937-жылы Фрунзедеги педагогикалык окуу жайына (педучилище) кирип, аны артыкчылык диплому менен аяктайт. 1938-жылдын 25-июнунан 1939-жылдын 1-сентябрына чейин Кыргызстан Мамлекеттик басмасында редактор жана балдар адабияты бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт. 1939-

www.bizdin.kg

жылдын сентябрь айынан баштап Кыргызстан Мамлекеттик педагогикалык институтунун студенти болуп калат. Ал ушул жерден институттун экинчи курсун аяктап, Улуу Ата Мекендик согушка жөнөйт. Мында дагы бир айта турган сөз — К. Эсенкожоев Кыргызстандан чыккандан кийин шыр эле фронтко кеткен эмес. Ал алгач Алма-Ата шаарынан командирлик окууну бүтүрүп, согушка лейтенант наамындагы офицер катары катышкан. Буга анын ошол кездеги чинин айгинелеген сүрөттөрү жана карындашы Зайнакандын берген маалыматы боюнча, энеси Бүбүштүн өлөр-өлгөнчө командирлик аттестация менен пенсия алып жүргөндүгү күбө. Ал курсту аяктаган соң Ташкенде, Москвада болуп, анан согушка кирет. Калуга шаарындагы согуштан жаракат алып, госпиталда жатат да, сакайгандан кийин, 1942-жылы 23-августтан баштап, майданга кайра кирет. Андан бери карай ал жөнүндөгү маалыматтар үсүлкесил болуп толук сакталбаган.

К. Эсенкожоев жазуу аракетин эрте баштаган. Турмуштун оош-кыйыштуу шарттарын толук аңдап биле элек 16—17 жаш курагында эле калем кармаган. Анын чыгармачылык өмүр жолу, бар болгону 4—5 жылга гана созулган. Ал учурда кыргыз балдар адабияты боюнча жазылган чыгармалар сейрек, ал эми илимий фантастикалык жанрлардын үстүндө эмгектенген К. Эсенкожоевден башка акын-жазуучулар чыга элек эле. Жазуучу алгач орус жана башка элдердин көркөм адабияттарынан таасир алып, анан чыгарма жазууга белсенгендиги байкалат. Айрыкча Жюль Верндин, Даниел Дефонун, Джонатан Свифтин фантастикалык, Байрондун романтикалык чыгармаларын, орус классикалык адабиятынан Пушкиндин, Лермонтовдун ырларын сүйүп окуп, алардан таалим-таасир алгандыгы тууралуу да маалыматтар бар.

Кусейиндин педагогикалык институтта окуган мезгили «жаш жазуучунун аянычтуу кыска өмүрүнүн эң сонун эпилогун түзөт» (1—56-б.). Ушул учурларда өзүнүн мектептеги мезгилдерде эле баштаган адабий чыгармаларын жыйынтыктап, «Саякатчы бала» (1937), «Үчүнчү шар» (1939), «Родинанын уулу» (1939) аттуу фантастикалык чыгармаларын жазып бүтүрүп, жарыкка чыгарат. Ошентип, ал кыргыз адабиятында мурда болуп көрбөгөн учкул ойдун

www.bizdin.kg

жанры — илимий фантастикалык чыгарманын алгачкы чыйырын салат.

Чындыгында мындан 70 жыл чамасында илгери, кыргыз жазма адабияты жаңыдан өнүгө баштаган кезде, анын ушул жанрда жазууга бел байлашынын өзү эле чыгармачылык эрдик катары бааланууга татыктуу деп, дагы бир жолу баса белгилеп коюу ашыктык кылбайт.

Жогоруда аты аталган фантастикалык чыгармаларынан сырткары ал «Шарше» (1939) аттуу реалисттик аңгемеси «Канаттуулар» (1939) поэмасын жана бир кыйла ырларын басмага жарыялаган 1952-жылы Кыргыз жазуучулар Союзунун башкармасы тарабынан «Жалындуу жаштык» деген ат менен анын мурда жарыяланбаган поэмалары, ырлары, котормолору жарык көрөт. Бул жыйнак латын арибинде болуп кайра басылбай калгандыктан жазуучунун чыгармалары жалпы элге жетпей, анын аты окурмандар арасында күүгүмдөй түшкөн. Андыктан анын «унутулуп» бара жаткан адабий мурастарына калыс мамиле кылуу максатында «К. Эсенкожоев» аттуу жыйнак даярдалып жарыкка чыгарылды (Түзгөн Ж. Самаганов).

Жыйнактын «Кириш сөзүн» белгилүү адабият сынчысы К. Укаев жазып, анын чыгармалары туурасында кыскача мүнөздөмөлөрүн, байкоолорун ортого салды.

1990-жылы «Ала-Тоо» журналынын 7-санына К. Эсенкожоевдин туулган күнүнүн 70 жылдыгына карата адабиятчы О. Соороновдун «Балдар адабиятынын баатыр жазуучусу» аттуу макаласы жарык көрдү. Ал К. Укаевдин пикирлерин дагы тереңдетип, өзгөчө анын фантастикалык чыгармалары боюнча кызыктуу ойлорун айтып, «немецтик тактык» менен анын котормолору жана фронттук каттары туурасында кыйла маалыматтарды берди. К. Эсенкожоев бир катар лирикалык ырларды, бүткөн же чала бүткөн поэмаларды жазгандыгына карабастан, ал окурмандарга акын катары эмес, прозачы, болгондо да фантаст жазуучу катары белгилүү. Анын «Саякатчы бала» аттуу фантастикалык чыгарма жазууга аракет кылган алгачкы саамалыгы 1937-жылы өзүнчө китеп болуп жарыяланып, жазылуу манерасы, жанры жагынан ошол кездеги чыгармалардан кескин айырмаланып, илимий-фантастикага үндөшкөн мүнөзү менен жалпы окурмандардын көңүлүн бур-

www.bizdin.kg

дура алган. Чыгарма баяндоо ыкмасында, кыска курулган жеңил сүйлөмдөр аркылуу жазылып, өспүрүмдөргө жеткиликтүү жана окумдуу болгон. Ал атайылап, «балдарга түшүнүктүү болсун» — деп жеңил-желпи жазган деш да туура эмес. Жаш жазуучунун ошол кездеги болгон дарамети, чара-чаркы андан аркысына мүмкүндүк дале бербегендей. Мындай көрүнүштү ошол отузунчу жылдардагы адабиятыбыздын жалпы деңгээли менен байланыштыра караганыбыз оң. Чыныгы илимий-фантастикалык чыгармадагы татаал сюжеттүүлүктү, көтөргөн чоң проблемаларды талап кылуунун өзү да натура болмок. Жазуучунун прозалык чыгармаларына мүнөздүү болгон биринчи жактан баяндоо ыкмасы ушул «Саякатчы балада» да колдонулган. Кескин өзгөрүлмөлүү (приключениелүү), курч сюжеттерден түзүлгөн бул аңгеме «Тоо теке атканда», «Шарда учканда», «Талаага чыкканда», «Мамонт-тирилткенде», «Көгүчкөн окуганда», «Бардык жерде жүрүүчү кайык» аттуу бөлүмдөрдөн куралган. Темалардагы окуялардын ортосунда логикалык байланыш сакталбаган. Бирисиз бирин окуй берсе дале боло берген чакан аңгемелер. Ырас, азыркы окурмандардын көркөм табитинин деңгээли менен чен-өлчөм жасоого болбогон, примитивдүү, илимий фантазияга же элдик оозеки чыгармачылыктагы калптар жанрына жатпаган бөлүмдөрү да бар. Бул чыгарма 1936-жылы кыргыз тилине которулган Э. Распенин «Мюнхаузендин башынан өткөргөндөрү» аттуу приключениелүү аңгемелеринин таасири астында жазылгандыгы баамга урунат. Автор ал чыгармадан реалдуу окуяларга фантастикалык түс берүүнүн аркы-берки жолдорун кабыл алып, аны чыгармачылык менен пайдаланган. Отузунчу жылдарда самолет, пароход, сүрөт (фотография) ал түгүл тамга таануу, эсеп чыгаруу сыяктуулар да чоң жаңылык болуп тургандыгын аңгемеден байкаса болот. Муну менен бул чыгарманы ошол учур үчүн кызыктуу окуя экендигин айтмакчыбыз. «Саякатчы бала» аңгемесиндеги «Көгүчкөндөр окуганда», «Талаага чыкканда», «Тоо теке атканда» бөлүмдөрү канчалык калакайлайын десең деле болбой, илимий-фантастикага «окшошпой калган».

Бул туурасында К. Укаевдин: «Ырас, ал чыгармачылык изденүү доорунун стадиясын толук басып өтө албай

www.bizdin.kg

кетти. Анын алгачкы «Саякатчы бала», «Үчүнчү шар» өңдүү аңгемелерин «өсүүнүн оорусу» катары карообуз керек.

«Саякатчы бала» аңгемеси кыргыз балдар адабиятынын тарыхында негизинен элдик жомок традициясына таянган «куралсыз жөнөкөй фантазия» (Горький) менен илимий фантазиянын ортосундагы «өткөөл көпүрө» сыяктуу ролду аткарды» деген пикирин калыстык деп баалоого болот. Ушул чыгарманын «Шарда учканда» «Мамонт тирилткенде», «Бардык жерде жүрүүчү кайык» аттуу бөлүмдөрүндө илимий фантастиканын элементтери да жок эмес. Жазуучу бала кезинен сергек, чыйрак өсүп, жакшы окугандыгы анын чыгармаларына оң таасирин тийгизген. Пединститутта жүргөндө «ал дайыма өзүнүн жолдошторунан зээндүүлүгү, илимге ынтаалуулугу менен айырмаланган, персоналдуу стипендия менен окууга жетишкен» (6—5-б.). Фантастикалык чыгарма жазуу үчүн илимдин ар тармагы боюнча кабардар болуш өтө зарыл. К. Эсенкожоев биздин элдин ошо кездеги шартында, өз учурунун билимдүүлөрүнөн болгондугу да байкалат. Ал учурда чыгармадагы мамонт, магнит, Курский Аномалия, корабль ж. б. жөнүндөгү түшүнүктөр жалпы карапайым элге жаңылык катары кабыл алынып, окумдуу болгон. Газетага жарыяланган (сандан санга) анын чыгармаларын окуш үчүн почточуну көк муштум болуп күтүп олтургандарды биз жакшы билебиз» (5—10-б.) деп бекеринен анын жолдошторy эскеришпеген.

Илимий фантастиканын элементтери ачыгыраак көрүнгөн «Бардык жерде жүрүүчү кайык» аттуу бөлүмдө каарман кыялында жасап алган кургакта, сууда, абада жүрө алган кайыгы менен жерди айланат. 1961-жылы Гагарин жана улуу окумуштуулар чыныгы эрдикке тете жасаган зор окуяны утурлай кыялданган бул табылганы — автордун илимий фантастикага, анын талаптарына карата жасаган туура кадамы десек болот. Каалаcа суу астында каалаcа үстүндө, кургакта жүрө алган, зарыл учурда самолет болуп учуп кете берген согуштук техника мына азыр чыгып олтурат. Отузунчу жылдарда ал, Эсенкожоевдин гана фантазиясы эле. Ушул чыгармаларына удаалаш анын «Үчүнчү шар», «Родинанын уулу» аттуу фантастикалык

www.bizdin.kg

чыгармалары жарык көрдү. Бул чыгармаларында сапаттык деңгээл көтөрүлүп, ойлору олуттуу, кыял чабыттары дагы арымдуу боло баштаганы байкалат.

Жазуучунун ушул чыгармалары, келечекте илимий-фантастикалык жанрында жаза турган жаштар үчүн үлгү көрсөтө турган мааниге ээ болуп, аларга кыйла демөөр, чыгармачылык трамплин да болуп берди.

Ошентип, курулай фантазиядан илимий прогнозго, алдын-ала көрө билүүгө негизделген кыргыз адабиятындагы фантастикалык жанр пайда болуп, аны баштоочу катары К. Эсенкожоевдин ысымы — адабият тарыхында түбөлүк жазылып калууга укук алды.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Укаев К.* Ыр нөшөрү. — Фрунзе: Кыргызстан, 1982.

[2] *Сооронов О.* Балдар адабиятынын баатыр жазуучусу//Ала-Тоо. — № 9.

[3] *Иманбаев Ө.* Кусейин кайда төрөлгөн?//Кыргызстан маданияты. — 1988. — 5-май.

[4] «Кыргызстан маданияты» (авторсуз). Жоокер жазуучунун каттары. 1983, 7-март.

[5] *Эсенбеков А.* Биздин Кусейин//Кыргызстан маданияты. — 1979. — 15-февр.

[6] *Укаев К.* К. Эсенкожоев/Балдар жазуучусу К. Эсенкожоев. — Фрунзе: Кыргызстан, 1972.

www.bizdin.kg

## ЭРАЛИЕВ СҮЙҮНБАЙ

*(1921)*

С. Эралиев 50-жылдардан тартып азыркы мезгилге чейин поэзиянын «ак кемесинде сүзүп», окурмандардын аудиториясына лирикалык саптардан баштап философиялык ой камтыган поэмаларды тартуулап келе жатат. Мазмундук жана формалык изденүүдөн-изденүү жаратып, бийиктиктен-бийиктикке секирик жасоодо.

Анын эл-жерге, табиятка, өмүргө, сүйүүгө ж. б. темаларга арналган лирикалык ырлары жана көзгө толумдуу эпикалык, публицистикалык, философиялык, өз учурунда сынчы, адабиятчылардын бүйрүн кызытып, жандуу талаш-тартышка чакырган «Ак Мөөр», «Уяң жылдыздар», «Жылдыздарга саякат», «Ак жыттар», ошондой эле «Жаңыл Мырза», «Кесир инсан» ж. б. поэмалары бар. Акындын социалдык, нравалык курч проблемалар, чебер иштелген образдар жана улуттук, жалпы адамзаттык идеялар камтылган лирикалары менен поэмалары бүгүнкү күндө жеке акындын чыгармачылык бийиктигин гана айкындабастан, кыргыз адабиятындагы этаптуу чыгармалардан болуп калганын мезгил сыны далилдеди.

С. Эралиев 20 жашында эл коргоого — Ата Мекендик согушка аттанып, 1944-жылы майдандан жаралуу болуп кайтат. Анан Талас областтык газетасында кызмат өтөй баштайт. «Досторума кат» аттуу басма бетиндеги биринчи ыры да ушул жерде жарык көргөн эле. Ошентип, ал кийин да өмүрүнүн кыйла жылдарын журналист катары үзүрлүү эмгек менен өткөрдү.

Газетада иштеп, чыгармачылыкка ыңгайлуу шарт түзүлүп калгандыктан пайдаланып, С. Эралиев өзүндөгү акын-

www.bizdin.kg

дык шыкты өнүктүрүүгө аракеттенет. Ырларды үзгүлтүксүз жазып, аларды газета-журналдарда жарыялайт.

Ырлар техникалык жагынан сабаттуу, тили жатык, образдуулугу да жаман эмес, окугандарды өзүнө тартып турган жылдыздуу чыгармалар эле.

С. Эралиев Москвадан 1955-жылы Жогорку партиялык мектепти ийгиликтүү аяктап келип, «Кыргызстан пионери» газетасынын редактору болуп дайындалат. Борбор шаардан билим алган жылдары С. Эралиев өзүн жеке эле партиялык кызматка даярдабастан, акындык өнөргө да каныктырып, идеялык-теориялык, профессионалдык жактан жетилип кайткандыгын ошол жылдарда жазган чыгармалары, котормолору айгинелеп турат. Алсак, Салчак Токанын «Араттын сөзү», А. Твардовскийдин «Василий Теркин», К. Бекхождин «Егор кызы Мария» сыяктуу чыгармаларынын кыргызча котормолору 1955, 1956, 1957-жылдарда басылып чыккан. Алар акындын Москвада жүргөн жылдары ишке ашырылганы айдан ачык.

Котормо элди эл, адабиятты адабият менен байланыштыруучу, өз ара жакындаштыруучу эң маанилүү каражат гана эмес, бул көркөм чеберчиликке үйрөтүүчү чоң мектеп, устакана. Ал жазуучунун тил маданиятын, эстетикалык татымын өстүрөт. Ушул жерде Е. Евтушенконун бир жакшы, таамай айтылган сөзү эске түшөт. «Эгерде мен кимдир бирөөнүн ырын которсом, анда анын мага жакканы ошол. Котормону ичимден өз менчик ырым сыяктуу эле эсептейм. Ошон үчүн менин котормолорум — бул менин чыгармаларым. Алар кээде өзүмдүкүнөн да артыгыраак сезилип кетет»[2]. С. Эралиевге да ушул пикирди толук ыйгарсак туура келет, анткени жогоруда аталган авторлорду кыргызча сүйлөтүү котормочу үчүн оңойлукка турбаса керек. Ар бир сөздү, фразаны ойлонуп, ага өз тилинен ылайыктуу эквивалент таап, которулуп жаткан чыгарманын улуттук касиетин да сактап, анын экинчи тилдеги түшүнүктүүлүгү, жеткиликтүүлүгү, образдуулугу үчүн кам көрүү чоң эмгекти, күч-аракетти талап кылат. Мына ушундай түйшүктү баштан кечирүү менен С. Эралиев акындык такшалуунун бир топ жолдорун басып өткөндүгү түшүнүктүү. Мына ушинтип, көркөм котормо деп аталган чеберчиликтин чоң мектебинин сыноосун баштан

www.bizdin.kg

кечирген соң гана Эралиев өз алдынча көлөмдүү көркөм полотно жаратууга батынат.

С. Эралиев өзүнүн акындык жолунда жеке эле интернационалдык традициялардын таасирин сезбестен, улуттук башаттан да кана суу ичкен. Ушул маселеге байланыштуу Алыкул Осмоновдун ысмын эскере кетүү жөндүү. Социалисттик Эмгектин Баатыры А. Токомбаев мындай дейт: «Алыкулдун чыгармасында канчалык ак көңүлдүк болсо, анын жеке мамилеси да ошондой так, сүйүнсө да, күйүнсө да өзүнүн көз карашынан чегинбеген, өкмөт менен партияга берилген, элди сүйгөн чоң патриот, ойчул жана үлгүлөшкө татырлык чебер акын болгон»[3]. Үлгү болуу бактысы өтө сейрек кездеше турган бакты. Ал чыныгы таланттардын гана үлүшүнө таандык көрүнүш. С. Эралиев «Дружба народов» журналынын анкетасына берген жоопторунда А. Осмоновду өтө бир керемет сөз чеберлеринин катарына кошот: «А. Осмонов кыргыздын улуттук поэзиясында революция жасап, аны сөздүн толук маанисинде профессионалдык деңгээлге көтөрдү. Менин курагымдагы акындар А. Осмоновду өзүбүздүн окутуучубуз деп эсептешет. Мен андан үйрөнөм жана үйрөнүп да жатам»[4]. С. Эралиевдин Ак Мөөр темасын колго алышында да А. Осмоновдун эмгеги бар, анткени Ак Мөөр сулуунун акылы менен кайратына арбалып, ушундай аттагы поэмага «киришүүнү» жана «Ак Мөөр» драмасын жазган биринчи Алыкул Осмонов болчу. Анын көтөрүлбөгөн дыңды өздөштүрүүдөгү салган алгачкы чыйыры Эралиевди Ак Мөөрдүн жанына калтаарыбай жакындап басып келүүгө дем берди. Мына ошентип, атактуу Ак Мөөр адабият дүйнөсүнө чыгып, ал өзүнүн татаал тагдыры менен теңсиздик коомдун ырайымсыз жүзүн ашкерелей баштады.

С. Эралиевдин «Ак Мөөр» башка акын-жазуучулар жазган «Ак Мөөрлөрдөн» бөтөнчөлөнүп турат. Чыгарманын окурмандарды магниттей тартып алганы акындын элдик оозеки чыгармачылыкка кайрылып, аны кайрадан көркөм асылдык катары окурмандарга жеткирүүдө, жаңыча мамиле кылгандыгында, көркөм сөз каражаттарын колдонууда эле эмес, терең психологизм менен курч драматизмде, философиялык ой жүгүртүүлөрдө, лирикалык чегинүүлөрдө, эпикалык параллелизмде, табиятты көркөм

www.bizdin.kg

сүрөттөөлөрдө Ак Мөөрдүн татаал тагдыры аркылуу кыргыз элинин бүтүндөй бир доорун, патриархалдык-феодалдык, социалдык ички карама-каршылыктарын, өнүгүш тенденцияларын, салт-санаасын, аң-сезимин ачып бергендигинде.

Мөөр сыны: аппак ыраң, кара көз,
Кырдач мурун, субагай бой чарчылуу.
Ичке кашы жүрөккө урчу жебедей,
Саал ийилип, саамай жакка тартылуу.

Портреттер, жандуу образдар (Болот, Жантай ж. б.), окуялар, баяндоолор да көз алдында элестүү өтөт. Акын адамдын ички дүйнөсүндөгү сулуулук-адамкерчиликти, жүрүм-турумдагы жайдары мүнөздүүлүктү, сымбаттуулукту, назиктик-жумшактыкты чагылдырууда оригиналдуу штрихтерди тапкан. Кеп чыгарманын окуясы белгилүүбү же белгисизби анда эмес, башкысы окурмандарга эстетикалык ырахат тартуулап, ыйман-тазалыгына чакырык салып, адам өмүрүн татыктуу жашап өтүүгө күлазык болгондугунда. Ошондуктан, окурман окуянын элдик варианттын жадыбалдай жакшы билсе да, С. Эралиев жаратып жаткан «Ак Мөөрдүн» тагдыры тынчсыздандырат, кайгырат.

Эл оозеки чыгармачылыгында да «Ак Мөөрдүн» бир нече варианттары жашаган[5]. Ал поэмаларда да негизинен лирикалык жана социалдык мотивдер орун алган. С. Эралиев жараткан «Ак Мөөр» сюжеттик жагынан негизи элдик болгону менен өзүнчө оригиналдуу поэма[6]. Ошол 1958-жылдын өзүндө эле чыгарма кыргыз, орус тилдеринде басылып чыгып, ага карата борбордо иштеген да, жергиликтүү да сынчы, адабиятчылар пикир айтып, поэма бир топ дурус баага арзыды. Алсак, белгилүү адабиятчы З. Кедрина «Литературная газетасында» жарыяланган «Жаңы бийиктикте»[7] аттуу макаласында мындай деп жазат: «Традициялык сүрөттөп көрсөтүү принциптерин жана каражаттарын орду менен колдонуу аркылуу С. Эралиев элдик поэзиянын калкка небак сүйүктүү болуп калган ыктарынын биздин мезгилде да ийкемдүүлүгүн, турмушка жөндөмдүүлүгүн жакшы көрсөттү. Өз поэмасында традициялык форма менен реалисттик ырдын конкреттүү образдуулугун айкалыштырып, традицияны жаңы образга

www.bizdin.kg

жана жаңы көз карашка «кызмат кылууга» мажбур кылып, С. Эралиев жаңылыкка жана терең лиризмге толгон, ар бир окуучунун жүрөгүнө жете турган чыгарманы түздү». «Ак Мөөр» тууралуу алгачкы макала жазгандардын бири К. Укаев бул чыгарманы «акындын адабиятка ак пейилинин чындап төгүлгөн жери» деп баалайт[8]. Ошентип, С. Эралиев биринчи жолу психологиялык пландагы социалдык-лирикалык поэма жаратууга жетишти.

Кыргыз жерине таанымал Шабдан манаптын атасы хан Жантай жашы улгайып калган кезде жаш токол издеп чыкты. Аны атактуу Соң-Көл жергесинен таап, колго түшүрдү. Бул карапайым кедейдин кызы чырактай жанып турган келишкен сулуу 15—16 жаштардагы Ак Мөөр эле. Анын сүйлөшкөн, убада бекиткен, кичинекейинен бирге өсүп чоңойгон Болот деген жигити бар болчу. Азуулуулардын арааны жүрүп турган ал теңсиздик заманда Ак Мөөргө жетиш үчүн хан Жантайга эч кандай оорлук деле келген жок. Эне сүтү оозунан кете элек наристе Ак Мөөр бүткүл Чүй өрөөнүн былк эттирбей сурап турган колунда чексиз бийлиги бар Жантайга башы байланды:

Соң-Көлдүн башы тал менен,
Соодагер өтөт мал менен.
Солкулдап ыйлап баратам,
Солуган Жантай чал менен!
Кең-Колдун башы тал менен,
Кербендер өтөт мал менен.
Кейип бир ыйлап баратам,
Кемшейген Жантай чал менен!

«Ак Мөөрдүн арманы» деп аталган ушул саптар эл оозунда сакталып калган. Ак Мөөр менен Болот тууралуу бир нече варианттагы поэмалар жаралган. Булар, сөзсүз, С. Эралиевдин «Ак Мөөрүнүн» жазылышына белгилүү деңгээлде демөөр болгон. Аларды акын үйрөнгөн, изилдеген, пайдаланган. Элдик поэмаларда социалдык мотив күчтүү, б. а. теңсиздик коомдун эки жаштын тунук махабатын кыйратып талкалашы ачык, даана көрсөтүлөт. С. Эралиев өз чыгармасында сюжеттик бул линияны ар тараптан тереңдетет, күчөтөт, ошону менен катар Ак Мөөр менен Болоттун сүйүүсүн да кең-кесири баяндап, поэмага лирика-

www.bizdin.kg

лык мүнөз берет. Ошентип, каламы кадыресе төшөлүп калган акын С. Эралиевдин колунан бүткөн «Ак Мөөр» лиро-эпикалык дастаны өз мезгилинде окурмандар арасында аябай дүң болуп, калемгердин атын жалпы союзга тааныттЫ. Буга кыргыз адабияты менен искусствосунун 1958-жылы Москвада өткөн декадасы убагында айтылган пикирлер толук күбө. Алсак, В. Журавлев: «С. Эралиев өзүнүн ырлары жана поэмалары менен бизди таңгалдырды» десе; К. Ваншенькин сөз учугун «Ак Мөөргө буруп: «Ал чыныгы искусствонун чыгармасы... Анын окуясы качандыр бир убактарда өткөндүгүнө карабастан, лирикалык чегинүүлөр окуучуларды ар дайым бүгүнкү күн менен байланыштырып, тутумдаштырып турат»[9] дейт.

Жогоруда эскерилгендей, «Ак Мөөр» поэмасында биринчи планда социалдык проблема турат, мындайча айтканда, алдуулар алсыздарды басып уйпалап, каалаганын иштеген замандын каардуу жүзү таамай ашкереленет. Ал кезде колунда алгыр кушу, күлүк аты же сулуу кызы болгон кедейге кош кабат кыйынчылык түшкөн. Ач көз эл бийлөөчүлөр карапайым калкка эч бир жакшылыкты ыраа көргөн эмес. Ак Мөөрдүн тагдыры да ошондой аяктады. Адегенде ага айылдык бай Келдибек көз артты:

Дүйнө таш боор, даңксыз өмүр кор болот,
Көңүл издеп коён окшоп корголоп...
Кудам делип менден алчу шарапат,
Кулуң болот баары алдыңда жорголоп.
Көктө жылдыз кадырыңа жылмаят,
Алтын тамат, күмүш тамат шорголоп...
Тирүүлүктө мындан артык эмне бар?
Тирүүлүктө мындан артык олжо жок[10].

Адыл бул жолу «кызым жаш эле» деп, эптеп шылтоо айтып кутулду эле, экинчи жолу Келдибектен да азуулуу Жантай салган капканга «кыңк» этпей түшүп берди. Ошентип, Болот менен Ак Мөөрдүн ак сүйүүсү катаал замандын бийик жарына келип камалды. Эмне кылат? Мындай кезде эр жигитке учкул кыялдан, калың булут үстүнөн канаттуу куш сыяктуу сыза турган тулпардан башка эмне жардам бере алат эле!

www.bizdin.kg

Качсак бекен ый-муңу жок жактарга,
Үстүн тепсеп мунарык чөл, муз, кардын.
Сызсак бекен жыйбай тулпар тизгинин,
Изин кууп күлүк канат куштардын[11].

Биз алгач поэманы лиро-эпикалык деп аныктама бердик эле, жогоруда келтирилген жана төмөндө цитатага алына турган ыр сабактарына караганда аны лиро-романтикалык деп да атоо туура көрүнөт. Мисалы, лирика менен романтиканын ширелишинен бүткөн төмөнкү саптарды окуучу чоң канагат, эстетикалык рахат менен окуйт.

Көктөн көлбүп, төшүн тосуп калкылдап,
Ак куу көлгө, ак куу көлгө тартылмак.
Аккан сайын көркүн ачмак жаш сүйүү,
Жамгыр жууган жазгы ырандай жалтылдап,
Тартып алып түндүн түркүн бейишин
Эки ашык жар эришти бейм балкылдап.
Махабаттын мындай кээ бир кездерин,
Жазуу кыйын колдо калам калтылдап[12].

Көл менен ак ууга Ак Мөөр менен Болоттун көптөн күткөн сагынычтарын таратып жаткан учуру катар коюлуп сүрөттөлүү менен өзгөчө жагымдуу көркөм эффект түзүлгөн. Мындай романтикалык дем, романтикалык көркөм боёктор чыгарманы баштан аяк, айрыкча Болот менен Мөөрдүн сүйүүсүн сүрөттөгөн эпизоддордо туруктуу коштоп отурат.

«Ак Мөөрдө» элдик материал поэманын сюжетинин гана негизин түзөт. Ал эми калган жагы, б. а. каармандын жаркын образын жаратуу, мүнөздөрүн ачуу, жер-сууну сүрөттөө ж. б. у. с. чыгармага керектүү өтө зарыл көркөм компоненттердин бардыгы автордун өзүнө гана тиешелүү чеберчилик менен аткарылган. Ошентип, романтико-лирикалык боёкторду эпикалык арымга айкалыштыра сүрөттөп, автор көркөм сөздүн толук экспрессивдүүлүгүнө жетишкен.

Арзып келген ашыгын Ак Мөөр түндү түртүп, таң супасын салганда» аттандырды. Анан алар кайтадан жолугушканча Соң-Көлдүн ак куусу канаты кайрылып колго түшүп, «солуган Жантай чал менен солуктап ыйлап», кең

www.bizdin.kg

Чүйдү көздөй жол тартты. С. Эралиевдин поэмасында кыздын ошол кайгылуу учуру мындайча таамай элес менен жеткирилген:

Кызды кара: үмүтүнө кеч кирип,
Өпкө кагып, бүлк-бүлк этип ак тамак,
Ат жалына «жылп» деп жылуу жаш тамат.

Ал эми ата-эне байкуш Жантайдын зордугуна кантип каршы тура алмак эле:

Ботосу өлгөн боз ингендей зыркырап
Кан шимирип кала берди ата-эне.
Анан кантет айыбы жок Ак Мөөр кыз,
Ай, күн эле алпечтеген зат эле[13]

Мына, жүрө-жүрө отуруп «ай» менен «күнгө» кабылдык. Ааламга жарыктык, жашоо берип турган бул керемет нерселерден кантип качууга болот?! Ал традициялык образдар келтирилген контекстте туура орун тапкан. Ак Мөөр чынында эле эне-ата үчүн түн кирсе айы, таң атса күнү, алардын жашоосунун кубаты эмес беле! Ушул жерде традициялуу образдын маани, жайы тууралуу таамай айтылган эки пикирди кыстара кетсек, көп сүйлөнө турган сздүн ордун тез эле толтурабы деп ойлойбуз. «Эгерде художник жаңы ой, жаңы идеялык максат, бийик сезим менен чулганган чыныгы көркөм дүйнөнү жаратса,— дейт Г. И. Ломидзе — анан ошол чыгармадан бизге мурдатан жакшы тааныш розанын жыты келип, булбулдун үнү угулса, муну «эскини тууроо» деп айтышка болор беле? Жок... Кеп сөздө эмес, андан коркуу орунсуз. Гүл менен булбул көп убактар бою жашап келген, жашай да бермек»[14]. «Традициялуу образ-эскиден жаңыга оңой эле көчүрүп коё турган жансыз, катып калган схема эмес. Ал азыркы идеялар менен сезимдердин суусуна салып койсо, кылымдар бою бүр байлап, өнүп-өсүп турган өзүнчө бир «сыйкырдуу гүл»[15].

С. Эралиевдин «Ак Мөөрүндөгү» «айга» таалайлуу тагдыр туш келген. Ал илгертен келаткан калыпта колдонулбай, жаңы контексттерде жаңыча маанай менен жаркын жүз ачат. «Ак Мөөр» китебинин сыртына чыккан айдын фонунда тебетей кийген кыздын сүрөтү тартылган.

www.bizdin.kg

Демек, автор сулуулукту айдын образына катар койгон. Мунун өзү бир караганда традициялуу колдонулуш, а бирок ички мазмунга үңүлгөн кезде жаңы жытты, ароматты сезбей коё албайбыз.

Аяк серппейт Соң-Көл андан ныксырап,
Ай кучактап уктап жаткан кыз сымак[16].

Соң-Көлдүн мемиреп уктап жаткан түнкү бейпил көрүнүшү «ай кучактаган кыздын» элесине окшоштурулат. Ал эми бул кийинки метафора да өзүнчө бир жаткан көркөм дүйнө тууралуу туюнтат. «Ай кучактаган кыз» шарттуу образ түрүндө алынып, ашкере сулуулукту символдоштурат.

Сөз учугу традициялуу айдын образына келип такалгандан кийин биз бул теманы дагы бир аз созо түшсөк максатка ылайыктуу келет.

Эмне үчүн эле С. Эралиев кыз көркүн, сулуулукту айга катар коюп калды? Көрсө анын мындай жагдайы бар экен:

Айды ырдашты акындар
Ал айтпады: «макташка
Сенин кандай акың бар?»
Көрсө сулуу көп тура.
Көркү ошого жакындар[17].

Айтпаса, чын эле ай бирөө болгону менен анын көп кырлары жана сырлары бар турбайбы!

Сырларды козгоп кайдагы,
Тарасак таңга аз калып,
Чарчаган белем ай дагы
Асканын мизин жазданып,
Үргүлөп калган назданып[18].

Эки жаш таң атканча сырдашып, таңга жуук ажыраша албай турган учурун айдын батар-батпас болуп аскага жөлөнүп калган мезгилине катар коюу менен автор өзүнчө бир жагымдуу поэтикалык элес түзгөн.

Агып жаткан суугa өз сүрөтүн түшүрүп, чагылышкан айды тепсеп кете албай аны жандап өткөн атты байкаган лирикалык каарман «асыл зат нерсени аяп жатпайбы» деп жыйынтык чыгарат. Бул дагы бир поэтикалык деталь.

www.bizdin.kg

С. Эралиев Ала-Тоону, Ала-Тоо этегиндеги айылдын айлуу түнүн өзгөчө жактырат, аны тамшанып ырга кошуудан такыр жадабайт. Түнкү пейзаж тууралуу сөз жүргөндө ал эч качан айды айланып кетпейт, бирок традициялык образга мынчалык көп кайрылуу кайталоого алып келбейт, акын ар бир учурда «айга» жаңыча көз менен карайт:

Айылдын ар жагында жумшак түнгө
Акырын ороп коюп өзүңөрдү,
Ай, жылдыз жаткан кезде жуушап бирге,
Астында ант кылышкан сөзүңөрдү[19].

Куплеттеги көңүлгө уюп каларлык көркөм элес катары «ай, жылдыздын жуушап жаткан учурун» бөлүп көрсөтүүгө болот.

«Ай» жүргөн жерде «Чолпон» да жүрөт. Сулуулукту символдоштуруу жагынан бул экөө кылымдар бою жарышып келе жатат. Эмесе С. Эралиевдин «чолпонуна» көз жүгүртүп көрөлү:

Асмандын чети түрүлүп,
Аз-аздан барып таң атса.
Чыйрыгып булут сүрүлүп,
Суюлуп жылдыз баратса.
Байкайын күндө турасың,
Балбылдап чыгыш тарапта.
Жеткенче бардык кубатың,
Талбайсың эч бир карап да.
Бар сындуу сүйүү сырлары
Көз ымдап көктө күлөсүң,
Мен сүйгөн кызга мындагы
Окшошот бардык мүнөзүң[20].

Бул жерде «чолпонду» кызга түздөн-түз «дай» мүчөсү аркылуу салыштыруу жок. Ал эми жогоруда келтирилген ырдагыга карама-каршы «чолпондун» традициялык калыптагы колдонулушуна мисал алсак мындай:

Келбетиң пери-перште
Кетпейсиң асты санаамдан.
Чолпондой көзүң чачырап,
Чыгабы сендей адамдан![21]

www.bizdin.kg

Демек, Г. Ломидзенин сөзү менен айтсак: «Традиция традицияга каршы. Бардык эле традициялуу нерсе куугунтукка алынууга тийиш эмес жана бардык эле жаңылык мактоого арзыбайт... Көптөгөн образдык элестетүүлөр улуттук турмушка тыгыз байланыштуу келип чыккан... Советтик адам, анын иши, анын жаратып жаткандары — биздин адабиятыбыздын аракет кылуучу башкы сферасы. Эгерде чыгармада ушул негизги нерсе бар болсо, анда жейрендер секирип, бүркүттөр айланып жүрө берсин!»[22]. Абдан таамай айтылган сөз! Көркөм сөз ээлери, эгерде ал чын эле художник болсо, ар нерсени «камырдан кыл суургандай» кыябын келтирип жасай алат. Традициялуу образга да ошондой мамиле талап этилет. Дасыккан акындын колунда традициялык образ катып сенек болуп калган нерсе эмес, ал илбериңки да, ийкемдүү да келет. С. Эралиев өзүнүн «Ак Мөөр» сындуу алгачкы чыгармачылык жемишинде биз көтөрүп жаткан проблемага кабылып, бирок таланттын күчү менен эски канондордун инерциясын ийгиликтүү жеңип өткөн. «Ак Мөөрдө», ага удаалаш жарык көргөн «Уяң жылдыздарда» да традициялуу образдарга бирдей эле даражада оң, чыгармачылыктуу мамиле жасалган. Ошондуктан биз жогоруда айрым мисалдарды кийинки жыйнагынан да аралаштыра бердик. Чынында эле «Ак Мөөрдөн» «Уяң жылдыздарга» жасалган кадамда чоң өткөөл жок, аларды катар коюп талдай берүүгө толук негиз бар.

«Ак Мөөр» поэмасында жана ошол жыйнакка кирген ырларда андан соң «Уяң жылдыздарда» С. Эралиев өзүн чоң табият сүрөтчүсү (пейзажист) катары көрсөтө алган. Мисалга Соң-Көл түнүнүн пейзажы С. Эралиевдин сүрөттөөсүндө өзүнчө эле бир ажайып коздук:

А кайдадыр күмүш чолпо шылдырап,
Ат дабырттап, үзөңгүлөр кыңгырап,
Сары-Ой жактан шашып жеткен жел аргы,
Канжыгада комузду урбай кылды урат.
Тоолор уктап, андан аркы жылдыздар,—
Сулуулардай, сулуулардай кылгырат,
Агыш тартып түндүн кээ бир жерлери,
Көлдү ойготпой көшөгөсүн жылдырат[23].

www.bizdin.kg

А жаздын көркүчү! Ал да ар бир калем кармагандардын күчү келе бербей турган өзүнчө бир керемет элес.

Таңында араң токтоду,
Түн бою жамгыр чапкылап...
Үргүлөп турат ноктолуу,
Бедеге түнөп чыккан ат.
Терезең ачсаң бурк этип,
Жаш чөптүн жыты жыттанат.
Жоодурап карап күн бери,
Өрүшкө барат кой, мына.
Торгойдун таттуу үндөрү,
Төгүлүп кирет койнуңа.
А балдар ойноп жүрүшөт.
Асылып жаздын мойнуна[24].

Чебер уста кынаган кирпич сыяктуу төгөрөгү төп келген ушул саптарга батырылган сөз менен тартылган сүрөттү боёк-сүрөткө айландырсак эмне деген ажайып сонун сүрөт көз алдыга келет. Мындагы ырга өзгөчө көркөм эффект тартуулаган саптар «жаз мойнуна асылып ойноп жүргөн» балдар. Бул эң сонун табылган жандандыруу.

«Сулуу көрдүм» деген ыр менен таанышканда окурман чындап эле селкиге ашыктыгы артылган жигит жөнүндө сөз болобу деп ойлойт, а бирок ал издеген сулуу, кыз эмес эле жаз болуп чыгат:

Сулуу көрдүм теңтуштар:
Ал тигине, карагын,
Отурат арык боюнда,
Жанына коюп тарагын.
Жакында чыгар оюнга.
— Оюнга чыкса тосуп ал,
Жаз деген болот, досум ал...

Пейзаж жалаң гана тышкы кооздук үчүн тартылбайт. Алсак жогорку эки ырда тең «таза» пейзаж сыяктанып турган менен анда бүгүнкү күндүн жаркын маанайлуу адамдарынын турмушу чагылдырылып жатат. Биринчи ырда жайлоодо мал четинде жаз менен куушуп ойноп жүргөн куунак көңүлдүү балдарды элестеткен картина берилсе, экинчисинде биздин турмуштун, биздин күндүн сулуулугу, жайдары бейпилдиги сүрөттөлгөн.

www.bizdin.kg

Мындай жакшы пейзаждык ырлар «Ак Мөөр» жыйнагында да («Жайлоодогу бир элес» — 139-бет) «Уяң жылдыздарда» да («Тоодогу кеч» — 20-бет) бир топ бар. Бирок «кой аксагы менен миң» дегендей аталган китептердин ичинде карандай эле акылга салынып (рационализм), же ашыкча сентенцияга (куру акыл айтуучулук) берилип кеткен учурлар да жок эмес. Мисалы:

Бир аз эле болбой калсам койнуңда,
Бийик тооң, адыр, түзүң оюңда,
Улам чубап көз алдыма тартылып,
Унутулбай баары турат оюмда.
Сүйөм жерим мен андыктан өзүңдү
Түтө албаймын сагынбай тим коюуга[26].

Мында эл, жер сагынуу тууРасында алгачкы төрт сапта жакшынакай айтылып турса да, автор аяккы эки сапты ашыкча жармаштыра койгон. Лирикалык каармандын ою атайын декларациясыз деле окуучуга дапдаана жетип турат.

Аталган жыйнактарда С. Эралиев мурдагыдай эле өзүнүн сүйгөн акыны Алыкул Осмоновдун таасиринде экендиги сезилет. Мында ички мазмунга, тереңге кеткен таасирди да, кээде өз окутуучусун карандай ээрчип калган моменттерди да байкоого болот. Кийинки мисалдар айрыкча «Уяң жылдыздарда» көп. Мында А. Осмоновдон алынган даяр көркөм деталдар, образдык курулмалар, ыкмалар кездешет. Жалпысынан караганда биринчи этаптагыга салыштырганда («Биринчи жаңырык») , «Тууган жер») кийинки этапта («Ак Мөөр», «Уяң жылдыздар») С. Эралиевдин Осмоновдон таасир алуусу натыйжалуу жана жемиштүү. Аны эң ириде акындын көркөм ойлоо маданиятынын жогорулашынан, акындык чеберчилигинин артышынан байкайбыз. Мындайча айтканда, Алыкулдун жаккан оту дагы эле алоолонуп күйүп, анын ысык табы дагы эле С. Эралиевди магдыратып, жан дүйнөсүнө улам жаңы азык берип жаткан. Муну ал «Алыкулдун эстелигине» аттуу ырында» мындайча эскерет:

Алп экен го ооРу акын Осмонов,
Түпкүрдөгү ойлоруңду козголоп.

www.bizdin.kg

Акын акындан окуйт, жазуучу жазуучудан үйрөнөт, бирок кийинкилер мурункулардын изин таптап калбай, ар кимиси өзүнүн «жаңы жээгин» ачып, өзүнүн «ак боз атын мингенде» гана чыныгы ийгиликке жетишкен болуп эсептелет. С. Эралиев мына ушундай бийиктикке 60-жылдардын экинчи жарымында гана көтөрүлүп чыкты. Ага анын «Жылдыздарга саякат», «Атам, жерим жана мен» сыяктуу поэмалары далил.

С. Эралиевдин «Уяң жылдыздар» жыйнагына «Көк сулуу» аттуу чоң көлөмдөгү поэмасы да кирген, бирок көтөргөн проблеманын көркөмдүк жактан чечилиши «Ак Мөөрдүн» деңгээлине жеткен жок. Мында Айжан аттуу кыздын сүйүүдөн жолу болбой калып, акыры ак эмгектен бакыт тапкандыгы тууралуу баяндалат.

«Көк сулуу» поэмасы традициялык ыр формасында жазылып, акындын поэтикалык арымын кандайдыр бир деңгээлде чектеп жаткандай, доордун ритмине шайкеш келбегендей сездирди. Ал традициялык ырдын рамкасынан чыгып, башкача жазып көрүүнү чечти. Мына ушундай изденүү кырдаалында космоско адам учкандыгы тууралуу кабар келип, бул тема көп акындарга эң чоң поэтикалык дем берди, шыктандырды. Орто Азия адабиятында космос темасын бул окуя менен удаалаш чагылдырган акын Олжас Сулейманов эле. С. Эралиев «Жылдыздарга саякатты» андан кийинчерээк жаратса да, чыгарма кыргыз адабияты үчүн жаңы сөз болду. Б. Слуцкийдин эң сонун котормосунда орусча басылып чыгып, ал жалпы союздук окурмандарды да кайдыгер калтырган жок.

«Жылдыздарга саякат» эркин ыр формасында жазылган, бирок, аны ошол мезгилде, кээде азыр да «ак ыр» менен чаташтырган фактылар кездеше калып жүрөт. Чындыгында «эркин ыр» менен «ак ыр» эки башка система. Мисалы, «ак ырды» XIX кылымдагы орус акындарынын айрымдары (Пушкин, Кольцов) бир аз колдонуп, азыр өтө сейрек кездешүүчү көрүнүшкө айланган экен. Ал эми С. Эралиевдики уйкаштуу, уйкашсыз ыр саптары аралаш, туруктуу муун системасы сакталбаган форма, б. а. «эркин ыр» формасы.

Традициялык ыр менен жазылган «Ак Мөөр» поэмасы С. Эралиевдин чыгармачылыгындагы өзүнчө бир этаптуу

www.bizdin.kg

учур болчу. Ал аны андан ары деле уланта берүүгө мүмкүнчүлүгү бар эле, бирок орустун белгилүү окумуштуусу К. Э. Циолковский «Жер акыл-эстин бешиги, бирок анын кучагында өмүр бою эле термелип жата берүүгө болбойт» деп айткан сыңары бизге да улуттук поэзиянын стихиясынан чыгып, анда жаңы жолдорду, багыттарды издеп көрүү зарылдыгы туулду. С. Эралиев ошол талапты алгачкылардан болуп түшүнүп, талыкпай изденди. Натыйжа жаман чыккан жок. «Жылдыздарга саякат» адабий билермандардын дурус баасына арзыды. Ч. Айтматов «Правда» газетасына мындай деп жазган: «Жылдыздарга саякат» тамыры өтө тереңге — байыркы кыргыз поэзиясына, «Манас» эпосуна кеткен кыргыз поэзиясынын жаңы жээгинин ачылышы»[28]. Калкыбызга жаккан, анын сезимине терең сиңип бүткөн традициялык форманын космос мейкиндигине ачылган жаңы жол сыяктуу жаңы форма менен байып, толукталып жаткандыгы тууралуу ракета асманга атылган кезди сүрөттөгөн эпизоддо автор кыйыр түрдө эскерип өтөт:

Команда: «Көккө учууга!»
Чатырап кыйрап калды жер кишени.
Эркиндик!
Бир азга олку-солку боло түшүп,
Зымырап тарта бердим, ракетам —
Жердин каны куюлуп,
Үмүттөрдүн жумшак колу багыттаган шпирцтей —
жылдыздарга тике бет алып.
Мезгил тынбай бир орунда селейип,
Чакырымдар кагылган таштай артка кулашты.
Мейкиндиктер эми-эми бүтчүдөй,
Төшүм менен урунчудай дүйнөнүн тиги четине
Жоголуп-житип баратам асман «этине»,
Канатсыз жер боорунда жаткан чагым,
алсыздыгым,
Эскирген канондорго аралаш
Кыпкызыл жалын болуп денемден түшүп
шыпырылып...
Жарк этип жаңы дүйнө ачылып бет алдыман,
Тааныш дүйнө кала берди
Мейкиндик менен кымтылып[29].

www.bizdin.kg

Бул саптарда традициялуу жыш уйкаш жок, муун сандары да бир кылка эмес, акын негизги көңүлдү айта турган ойду образдуу, элестүү берүүгө бурат. Чынында эле келтирилген мисалдан биринчи жолу космоско көтөрүлүп бараткан адамдын ой-сезимин туюуга болот.

«Жылдыздарга саякат» поэмасы — адамдын акыл-эсин даңазалаган эпопея. Чыгарма акындын айлана-чөйрөдө, адамзат дүйнөсүндө болуп жаткан ири окуяларга билдирген ички дүйнөсүнүн монологу, философиялык ой толгоосу. Космос мейкиндиги, жер шары, аалам жана адам проблемасы поэманын жалпы мазмуну. Аалам — Жер — Адам! Жашоо — Өмүр — Сүйүү — акындын бийик ой санаасы, терең үмүтү.

Формага жараша мазмун шайкеш келип, чыгармада конкреттүү каарман, окуядан-окуяга көчкөн сюжет жок, образ символдоштурулуп, абстрактуу берилип, поэтикалык жалпылоолордон лирикалык «Менге» топтоштурулган. Кайгы да, кубаныч да, жоопкерчиликти, парзды сезүү да анын тагдырында. Бирок, «Мен» аркылуу сюжеттин шарттуулугуна карабастан кадыресе окуя баяндалат. Космоско, жылдыздарга аттанып, аалам сырын ачуу. Ч. Айтматов белгилегендей «илим-билим бийиктеп өсүп, акыл ааламды чүкөдөй кылып турган бул адамдын жан дүйнөсү поэмада бүткүл жанарын жайнатып, көз алдыңа тартылат. Биз андан жан аттуунун баарына өмүр берип, бешик болгон жер шарына, анын бардык асыл затына мээрими төгүлүп, адамды сабыла сүйгөн каармандын карапайым жана акылдуу, татаал жана жөнөкөй көңүл жүйөсүн көрөбүз».

Адам баласы бир четинен ааламга жол алып, табияттын жашыруун сырын ачып, ыракатка батып, сыймыктанып, салтанаттуу көкүрөгүн койгулап жар салса, экинчиден, табияттын табышмактуулугу аны көтөртпөй кайгы-муңга салып, аза күтүү процессине такап отурат. Адам жүрөгү зардап ыйлаганда да, көкөлөп сүйүнгөнгө да жаралган. Жандуу болуп жаралгандан кийин табият тартуу кылган мыйзамченемин танып да, таштап да кете албайсың. Ошон үчүн жаратылыш ыйык! Адам улук! Өлүм болсо төрөлүү бар!

Угасыңбы?
Каяктандыр дарылдап

www.bizdin.kg

Жаш баланын ыйлаганы угулат.
Кабыл ал, Күн!
Кабыл ал, Дүйнө!
Мен келдим!..
Бала үнү балапандай баркырап
Улам өйдө бийиктеп учуп баратат.
Аны менен күн ордуна атып чыкты мына эми —
Өмүрлөрдүн жалгыз көзү өңдөнүп.
Бала төрөгөн Эне,
Күндү да кошо төрөдү.
Кулагыма үн толду — кайрадан уга баштадым,
Көздөрүмө жарык толду — кайрадан көрө баштадым.
Акырын!
Дабышы чыгат бешиктин:
кыйч-кыйч:..
кыйч-кыйч...
Кол мээрин, жүрөк мээрин бирге берип
терметип жатат энеси.
Кое турчу, жакшылап да бир тыңшайын.
О, чиркин!
Термелип жатат Жер өзү —
эми эле бейит болгон жер
айланып кайра бешикке,
айланып кайра бешикке...

Поэмада негизинен эки каарман бар: лирикалык каарман жана космонавтын энеси (ал Жер-ененин образы сыяктуу да элестейт). Лирикалык каарман (же космонавт) доорубуздун жогорку аң-сезимдүү, ички дүйнөсү бай алдыңкы адамы. Анын бүткүл назик сүйүүсү өзү туулуп өскөн жер-энеде, аны ыйык тутат, терең урматтайт. Мына эми, кылымдар бою адамды алдейлеген бешик болуп келген Жер-ененин кучагынан чыгып, ааламды чалгындоого мезгил жетти. Ал ушул улуу миссияны аткарып мурда кулак угуп, көз көрбөгөн чексиз мейкинге көтөрүлдү. Жер-эне уулун алыс сапар жөнөтүп жатып «из түшө элек кыйын жолдо» кантер экен деп кооптонду, коркту да. Бирок лирикалык каарман алысты ойлойт, алысты көрөт. Ал «алдей бешикте» качанга чейин жатмак эле, чоңойду, эр жетти, эми Мекен оозго алып, мактай турган бир чоң иш ат-

www.bizdin.kg

каруу керек. Ал салган из кылымдарга калып, кылымдар аны кайталап, жаңыртып, ошол ачылган «дарбаза» аркылуу өтүп турушат. Космоско түшкөн жаңы жол адабияттагы улуу эпопеялардын материалы, аны сүрөттөп жазуу үчүн нечендеген кереметтүү курч калемдер талап кылынат. Космосто жүрүп лирикалык каарман ушулар жөнүндө ойлойт, анан өлүм-өмүр жөнүндөгү түбөлүктүү темага карата өз түшүнүгүн, баамдоолорун билдирет: туулгандан кийин өлмөк бар, бул жаратылыштын закону. Ал эми абсолюттук түшүнүктө алганда чыныгы максатына жеткен, даңктуу жол басып өткөн өмүр эч качан өлбөйт, алардын жолун жаңы муундар кайталайт, улантат. Демек, турмуш түгөнбөйт, өмүр да чексиз.

Поэмада адамдын улуу күчү даңазаланат. Ааламда адамдан күчтүү, анын акыл-оюна багынбаган эмне бар? «Дүйнө канча кең болсо да, сыят анын бир ууч гана оюна».

Космосто лирикалык каарман эне менен катар сүйгөн жарга карата чоң сагынычты алып жүрөт.

Сүйүү жөнүндө кимдер жазбаган! Ким ушул адамдагы эң асыл бийик сезимдин сырларын ачууга аракеттенбеген! Поэмада бул тема да тиешелүү орун тапкан. Сүйүү эч качан өлчөөгө болбогон асман менен кыялдай, ал көзгө көрүнбөй, колго урунбай сезимде гана жашайт. Адамдар илгертен эле сүйгөнүн ай, жылдызга теңеп келишкен. Мурун ай, жылдыз кол жеткис катарында эсептелсе, азыр эми космос доорунда алар адамга баштагыдан да жакыныраак жана түшүнүктүүрөөк болуп калды. Лирикалык каармандын сүйгөн жарын жымыңдаган жылдыздарга теңеп элестетиши ошол чындыктын кыялдан реалдуулукка айланышы катары көрүнөт. Ал жакынкы жылдарда адамдар аралай турган асмандагы ай, жылдызды жаркын сүйүүнүн бермети болуп төгүлгөн жер жылдызы (сүйгөнү) менен параллель коёт. Экөө тең лирикалык каармандын үмүтү, тилеги, бүткүл жашоосунун маңызы.

Лирикалык каарман космосто жер шарын айланып учуп жүрүп тынчтык жөнүндө кантип ойлонбой койсун! Аны Мекендин тагдыры тынчсыздандырат, анткени анын бейпил турмушун бузууга аракеттенгендер («кумсара карап, чек аралар тиш кайрашкан») бар экенин билет, бирок Мекен-эне «улам бир жаңы үмүттөр менен» алышып, иштеп жатат жонунан тер агызып».

www.bizdin.kg

Лирикалык каарман космос сапарынан жеңиш менен кайтып келип, өлгөн адамды акыркы сапарга узатып бара жаткан «процессияга» туш келет, көрсө ал өзүнүн сүйгөнү экен. Космонавт кайгыга батат, жапа чегет, бирок айла канча, турмуштун закону ошол. Бир гана көңүл жубата турган нерсе, өлгөндөрдүн ордун жаңы төрөлгөндөр басат, жашоо токтобойт, адам өмүр сүрүүсүн уланта берет.

Акырын!
Дабышы чыгат бешиктин:
кыйч-кыйч...
кыйч-кыйч...
кол мээрин, жүрөк мээрин бирге
берип терметип
жатат энеси.

Коё турчу жакшылап бир тыңшайын
Терметип жатат жер өзү —
эми эле бейит болгон жер
айланып кайра бешикке,
айланып кайра бешикке.

Поэманын образдык түзүлүшүнөн традициялык жана новатордук белгилердин органикалык түрдө айкалышын байкайбыз. Илгертен эле жаш адамдын өлүмүн «күйүп туруп өчкөн жылдызга», «азыр эле чыгып, кайра баткан күнгө», ал эми сүйгөнүнөн ажыраган адамды күзгү жалгыз жалбыракка салыштырып келишкен. Акын поэмада лирикалык каармандын ички дүйнөсүн ачуу үчүн ушул сыяктуу традициялуу поэтикадан ыктуу пайдалана билген. Ал эми «төшөлүүгө» алдыңарга көк сайма тулаң болуп, агышка көк кашка тунук суу болуп» деген образдык элестетүүлөрдүн башаты да элде. Ошону менен бирге поэма жаңы оригиналдуу салыштыруу, метафораларга, образдык курулмаларга, элестүү сүрөттөөлөргө бай: «Менин сага деген сүйүүлөрүм жамгырдан бетер самсаалап, кайра өзүңө куюлуп кетип баратты», «санааларың узун-узун дайраларга айланып», «өлүмдүн таш туягы эзе баскан жүрөгүм», «кайгынын уу тырмагы башымдан таманыма чейин сайылып» ж. б. у. с.

www.bizdin.kg

С. Эралиевдин «Жылдыздарга саякат» поэмасы ритмико-интонациялык курулушу жана терең философиялык жалпылоолорго байлыгы жагынан жалпы союздук бийиктикке көтөрүлүп чыкты. Бул ийгиликте интернационалдык традициялардын салымы да аз эмес. «Мага чоң таасир көрсөткөн жазуучулар Э. Межелайтис жана Юстинас Марцинкявичюс. Алар мага мындайча айтканда, өзүмдүөзүм аттап өтүп, «Ак Мөөрдө» жетишилген бийиктиктен арылап чыгууга жардам этти, жеке эле өзүмдүн жердештерим кыргыздар тууралуу эмес, жалпы эле адамзаттын жана дүйнөдөгү адамдын тагдыры жөнүндө ойлонууга мажбур кылды»[30] — дейт С. Эралиев өз чыгармачылыгы тууралуу ой жүгүртүп. Ошентип, орус классикалык адабияты, ошону менен бирге бул жерде аттары аталган литвалык акындар С. Эралиевдин улуттук чектен аттап өтүп, союздук адабияттын жетишилген ийгилинин контекстинде туруп адам тууралуу философиялык жалпылоолорду жасоого, улуттук поэзиядагы традициялык классикалык форманын маанисин эч канча кемитпей, кайра аны экспрессивдүү каражаттар менен байытып, ага жаңы күч, жаңы күү берүүгө, өнүмдүү, пайдалуу аракеттерди жасоого чоң түрткү болушкан.

С. Эралиевден кийин да эркин ыр формасын көптөгөн орто муундагы жана жаш акындарыбыз колдонуп, көзгө көрүнөрлүк ийгиликтерге жетише алышты. Ал эми ошол жаңы башталыштагы биринчилик С. Эралиевге таандык. Ырас, ага чейин деле улуттук поэзиябызда бул формада кыйла изденүүлөр болуп келген, бирок аларда С. Эралиевдегидей деңгээлдеги профессионалдуулук толук байкала элек болчу. Анын ийгилиги баарыдан мурда сөзгө «жан» киргизилип, анын экспрессивдүүлүгүнө, эмоционалдуулугуна жетише билгендигинен байкалат. «Эркин ырда» негизги күч ритмде, сөз кудуретинде, ал эми уйкаштык болсо аларга жардамчы гана компонент катарында кызмат кылат.

С. Эралиевдин «Жылдыздарга саякат» поэмасынан кийин ушундай эле стилде жана «эркин ыр» формасында жазылган «Атам, жерим жана мен» аттуу чыгармасы акынга арзырлык ийгилик алып келди. Поэмадагы жетишкендикти баарыдан мурда андагы элестүү, эксперссив-

www.bizdin.kg

дүү сөз каражаттарынын молдугунан баамдайбыз. Акын тапкан образдык курулмалар, көркөм сүрөттөөлөр жаңы, сезимге жугумдуу.

Лирикалык каарман өлүм алдында жаткан атасын көрүү үчүн самолётко түшүп, туулган айлына жөнөйт. Барса өмүр менен өлүм айыгышып күрөшүп жаткан экен. Атасы карт бай терек мисалдуу.

Анын тамырлары бошошуп калган белем:
Жалгыз өзү өлүм менен салгылашып жатат ал.
Кантет анан
Аны таштап баратат:
Күн тийгизген,
Ай чыгарган карт асман.
Аны таштап баратат
Чөп өстүргөн,
Суу агызган,
Эне болуп төшүн берип эмизген
Сырдакана тууган жер.
«Кетпегиле, мен силерге көнгөмүн,
Эч болбосо бир аз кала турайын!»
Коё бербей этегине жармашат.
Жетимиш жаш боздоп турат
Боздогондой жети жаш.
Бирок дагы өлүм боору кара таш
«Коё бер!» деп кайрыйт анын колдорун
Карт даракты суурумакчы оңбогур[31].

Өлүм үстөмөндөп, өмүр өчүп баратат. Өмүр чиркин кандай таттуу, кандай кымбат жана ырахаттуу. Лирикалык каармандын өмүргө суктанышы ачык, даана сүрөттөлгөн:

О Күнүм, ай!
Сен сыртыңды салып калдың негедир,
Канча күндөн бери жакка
Жатам сага жандалбастап жалдырап:
«Оң кара» деп,
«Кайра өзүмө кайрыл» деп.
Ага болбой барып калдың
Батчу жайга жакындап,
Сен, сыягы кайрылбастан окшодуң.

www.bizdin.kg

Андай болсо сыйлап эски досуңду
Эми бир аз токтогун:
Акыркы ирет өмүрдү эске алайын,
Жер, сууларым жаным менен бирге эле
Кош айтышып калайын.
Жетимиш жыл анда жашап канбапмын
Жытынан куя кетейин,
Өңүнөн сүртө кетейин,
Үнүнөн жута кетейин!
Түшүнөр болсоң эмине
Тоолорум менен коштошкум келбей турганын!
Сени көрбөй
Сенин муздак койнуңда
Кантип жатам, кагылайын мекен жер!

Элпек, бир кылка жылма ритм, шыдыр уйкаш анча сакталбаганы менен келтирилген саптарды окуганда адамдын зээни кейип, каңырыгы түтөп кеткен себеби эмне? Ал поэзиянын таасирдүү, касиеттүү күчү. Адам күн менен коштошо албай, аны кыйбай турат, бирок ал баары бир батат, анын батышы сөзсүз боло турган нерсе. Күндүн батышы өмүрдүн бүтүшүнүн символу катары көрсөтүлөт, бирок ал такыр жоголуп кетпейт. Бүгүн баткан Күн эртең кайра чыгат. Бир адам өлсө, экинчиси жаңы төрөлөт. Ошентип, адам өмүрү түгөнбөйт, ал суудай тынымсыз агып турат. Турмуштун ушул философиясы аталган поэманын финалынын мазмунун аныктайт.

С. Эралиевдин «Өмүрлөргө саякат» жыйнагындагы «Космос поэмасы» «Жылдыздарга саякат» поэмасына салыштырганда космонавтын ой жүгүртүүлөрүндөгү айрым бир мурда айтылбаган учурларды эске албаганда С. Эралиевдин чыгармачылыгына идеялык-көркөмдүк жактан анчалык чоң жаңылык киргизе алган жок. Мисалы, поэмадагы көңүлгө анча-мынча элес калтырган куплеттер катары «жаз төрөлгөн» (космос жазы), лирикалык каармандын жылдыздар менен сүйлөшкөн эпизоддорун көрсөтсөк жетиштүү болот.

Акын С. Эралиев Ч. Айтматовдун «Кызыл жоолук жалжалым» повестинин негизинде «Ырым — сен» аттуу поэма-драма жазган. Акындын повесттеги каармандарга таан-

www.bizdin.kg

дык психологияны, мүнөздү, дүйнөгө болгон көз караштарды, жүрүм-турумду, турмуштук курч конфликттерди бир топ эмоциналдуу деңгээлде берүүгө жетишкен. Поэмада адамдын ички дүйнөсүндөгү кичине бир өзгөрүүлөргө чейин изилденип, повесттин сюжеттик линиясы туура сакталган. С. Эралиев ички монологду, макал-лакаптарды чеберчилик менен колдонуп, юмордук сценаларды жана пейзаждык картиналарды түзүүгө маш. Акын Илияс менен Аселди талаадагы кокусунан жолугушуп таанышкан учурун, ички сезимдердин ойгонуусун оригиналдуу бере алган.

Асел бүгүнкү замандын эрктүү мүнөз кызы болгондуктан өзүнүн бактысы үчүн активдүү күрөшөт. Ал үчүн сүйүү, жүрөгү тандап алган адамы кымбат, андан ашкан дүйнөсү жок. Ошондуктан, той болор күнү Асел үйүнөн качып чыгып, ата-энесин, кудалашкан жайын таштап, Илияс менен түбөлүк өмүр кошту. Ошондогу экөөнүн мөлтүр таза кубанычына чалкып жаткан Ысык-Көл да ортоктош болуп, айлана да ажайып кооз тартып бир башкача көрктөнүп тургандыгын акын элестүү баяндайт.

Алыбек баштаган жолдоштору баш кошкон жубайларды куттукташып, Илиястын жол путевкасына: «бул рейс — жаңыдан сүйүп баш кошкон эки жардын сапары болсун!» деп, чын ниеттеринен жазып коюшту. Илияс дайым Аселин көрүүгө шашып жол тартып келсе, Асел Илиясты Долондун белинде кызыл жоолугун желбиретип, күн сымал жаркырап тосуп алат.

Кыш түшүп ашуу бекий электе Ак-Сайдагы малчыларга жүк жеткирүү милдети автобазадагы чогулушта талкууланды. Илиястын прицепти улаштырып ашуудан өтүүгө боло тургандыгы тууралуу сунушуна шоферлордун көпчүлүгү «Ак-Сай жердин түбү, Долон менен ойноого болбойт» дешип каршы болушту. Маселе чечилбей калды. Илияс эртеси чогулуштун бүтүмүн күтпөстөн, Кадыйчадан жалбарып жатып путевка жаздырып алды да түн катып жолго чыкты. Акын каармандын мына ушул учурдагы психологиялык абалын көркөм, даана жеткире алган.

Түн бир оокум,
Жылдыз көзү бүтөлөт,
Бороон улуп,

www.bizdin.kg

Бороон ырын бүтө элек.
Сайдан аккан
Суунун жаагы жап болуп,
Кычыраган
Курч аяздан ит өлөт!
*(Шолоктоп ыйлайт)*
Түн караңгы
Жылдыз көзү бүтөлөт,
Эмне иш болду
Эч ким башта күтө элек?
Билбейм ага катуу айтып койдумбу?
«Барбайсың» деп,
«Коркоксуң» деп,
Үстү-үстүнө ителеп?
Түн караңгы,
Издер, издер билинбейт.
Уйку да жок,
Кирпиктүү көз илинбейт.
Капысынан
Шамал урган булуттай,
Быт-чыт түшүп,
Санаа гана бириндейт!..

Илиястын баштаган иши туура болсо да, ачуура алдырып жиберди, дүйнө ушу менен кыйрап калгансыды. Натыйжада, анын турмушу ыдырап, кызыл жоолук жалжалы — Аселинен ажырады. «Илиястын Долондун бийиктигине чыга албай калышы бул анын коомдук жүрүш-туруштун бийиктигине көтөрүлө албагандыгынын белгиси»[1] деп сынчы Чалмаев туура белгилеген.

Ар бир адам турмуштан сүйгөнүн күтөт. Ак сезимди сактай албаган адам Илияс сыяктуу турмушунда ыйлап өтөт. Сүйүүдөн жабыр тартканы менен келечектен үмүт үзбөйт, өз ар-намысынын тазалыгы үчүн күрөшө алуусуна ишенет. Ал эми турмушка да, сүйүүгө да сабырдуу, жоопкерчиликтүү кароого багыт алат. Көк мелжиген аскалуу бийик ала тоолордун капчыгай жолдорунда Илиястын «жол ырым сен, жомогум сен түбөлүк, кызыл жоолук жалжалым» деген ыры жаңырыктап угулат. Аселдин образы поэмада чын сүйүүнүн символу катары сүрөттөлөт.

www.bizdin.kg

Акын Кадыйча, Жантайдын мүнөзүн да алгылыктуу ача алган.

«Ак жыттар» поэмасында лирикалык каармандын үмүт-кыялы, сагыныч-кусалыгы тереңдетилип берилген. Ой рамкаланып калбайт, ойдон ой жаралат. Адам ойлоно алса, стихияга эмес, гармонияны, карама-каршылыктуу, оомалуу-төкмөлүү дүйнөнү, кечээки менен бүгүнкүнүн байланышын түшүнө алса, кооздукка умтулса, бул жарык дүйнөдө жөн жашабаптыр. Жер чийип сексендеги чал менен беш жаштагы бала отурат. Чийин — өмүр! Табияттын улуулугу — жашоонун түгөнбөстүгү, укум-тукумдун уланышы. Оркестрде флейта да, кыл кыякта да боздошот, адам тарыхы, анын ичинде кыргыз тарыхы каармандын көз алдына келет.

С. Эралиев өрт кечип, согушка катышып, анын бардык алааматын көрдү, жарадар да болду, апаат жылдардын катаал издери анын жүрөгүндө, элесинде түбөлүк орноп калды. Ошондуктан, акын чыгармачылыгында согуш темасы эки планда чагылдырылып келет. Идеялык-эстетикалык чечилиштери бири-бирин толуктап турат: алоолонгон согуш темасы, экинчиси, тылдагы турмуш.

«Жол» поэмасы акындын дагы бир жетишкендиги. С. Эралиев согуш мезгилинде айыл-ападагы кары-картаңдарга, жаш балдарга, аялдарга кыйын болгондугун жакшы билет. Поэманын мазмундук өзөгүн лирикалык каармандын психологиялык туруктуулугун, моралдык-нравалык тазалыгын, кужурмөн эмгекчилдигин, жашоо, жеңиш үчүн активдүү күрөшкөн тайманбастыгын сүрөттөө түзөт. Автор кыргыз аялынын оор түйшүгүн сыноодо кулк-мүнөзүнүн бекемдиги, кең-пейилдүүлүгү, намыстуулугу сакталып калгандыгын даңазалайт. Чыгармада каарман «Мендин» өзүнүн ички дүйнөсү жана сырткы таасирлер менен болгон психологиялык кагылышуусу, турмушта он гүлүнүн бири ачылбай, санаага баткан жалгыздыктын арманы, турмуштун кыстаган суроолоруна жооптун табылганы менен, ал күйүт, ый аркылуу коштолушу, басынуудан алаксуу, өзүн-өзү алдоо, жаштык өмүрүн соолутуу сыяктуу ички кайрыктар жүрөк титирете турган эпизоддор менен коштолуп, ишенимдүү көрсөтүлгөн. Бул жерде катардагы кыргыз кызы болсо да, өзүнүн индивидуалдуу «Мени» бар

www.bizdin.kg

инсан. Анын ой жүгүртүүсү абстрактуу эмес коом, дүйнө, мезгил жөнүндө турмуштук таржрыйбадан улам ишенимдүү көз карашы калыптана баштаган каарман катары көрүнөт. Психологиялык-аналитикалык ыңгайдан сүрөттөлгөн бойго жеткен кыздын тагдыры бир чети аянычтуу болсо, экинчи жагынан ар-намыстуулугун, нравалык бийиктигин «ай, бали» деп жактоого арзырлык. Каарман өзүнүн сүйгөнүн, аны менен кошо жаштыгын жоготор, а бирок эне болуп, энелик сезимдин, гумандуулуктун бийик жоопкерчилигин таап алды. Согуш мүшкүлү бардык адамдын жан дүйнөсүнө кара так салып, өтүп жаткандыгы поэманын ар сабында сезилип турат. Өзгөчө карапайым каармандын монологу образга шайкеш келиши ички сезимдердин куюлушуп таасир берүүчү интеллектуалдык философиялык күчкө айланып, оптимисттик тонго жуурулушуп, адамдын жан дүйнөсүнүн диалектикалык өнүгүшүн социалдык-психологиялык жактан таасын чагылдырат.

«Жол» поэмасы менен башталган С. Эралиевдин чыгармачылыгындагы Ата Мекендик Улуу согуш темасы кийинки жыйнактарында ар тараптуу улантылды. Алсак, «Кыргыз жаны» (1974) аттуу китепте «Фронттук дептерден» деген чоң цикл бар. Ал ырларды окуганда согушту өз башынан кечирип, анын бардык катаал сыноосунан өткөн солдаттын көп кырдуу турмушунун бай панорамасы көз алдыга тартылат. Өлүм менен өмүр тирешкен оор минуталар, «тердиктин ордундай жер үчүн» жан аябай кармашкан эрдик, бир үзүм нанды бөлүп жешкен солдаттык бекем достук, совет калкынын бир туугандык баш кошкондугу, эл, жерге болгон сагыныч. Бардык убакта солдат өз мекенин сүйгөн чыныгы патриот катары көрүнөт. Анын турмушка көз карашы, ой-дүйнөсү бай. Эмне үчүн, ким үчүн согушуп жатканын терең түшүнгөн, большевизм идеясына сугарылган адам.

Берлинге бет алып бара жаткан жолдо солдатка орус энеси жолугуп, кызын Германияга айдап кеткенин кабарлайт, көрсөң салам айта көр деп анын сүрөтүн колуна карматат.

Узап бара жаткамын
Босогодо туруп да,
Үнү келет апанын:
Наденькамды унутпа!

www.bizdin.kg

Советтик солдат бул сыяктуу миңдеген энелердин тапшырмасын орундатып, бүткүл Европаны фашизмдин таман астынан бошотту. Бирок бул жеңиш оңой-олтоң ишке аша койгон жок. Согуш жеке эле адамдарды эмес, жаратылышты да чексиз жабырчылыкка учуратты.

Минскиде бир дарак,
Басып бара жаткансыйт,
Балдак алып, жер карап.
Ок, бомбага бүлүнүп,
Калган жалаң сөңгөгү,
Кош тамырга илинип.

Кандай сүйкүмсүз жаман көрүнүш! Ал эми жаныбарым «адамдын канаты», досу жылкычы! Ат илгерки согуштарда да, Ата Мекендик согушта да армияда болсун, тылда болсун эң чоң күч берген. Мына эми кызыл кыргын согушта мина жарылып, кире тарткан ат күрс жыгылды:

Кызматына кылбасак да башка урмат,
Кайратында коштошолук жакшылап...
Барып башын жөлөйм десем, о шумдук,
Жатат ыйлап, жатат көздөн жаш кулап.

Согуш ушундай кайгы, ушундай трагедия. Ал адамдарга гана эмес, айбанаттарга, башка жан-жаныбарларга кандай бүлүк түшүрдү. Согушка чейин комузду адамча сүйлөтүп жүргөн кол окко кыйылып:

Кыйын болду комузга да, колго да,
Айрылгандай бир боорунан бир боору.

Мына ошентип, согуш канча бир миңдеген жүрөккө өчпөс так салды. Анын көркөм адабиятта чагылбаган да канча кырлары жатат.

Советтик жоокерлер улуу Родинабыздын ар бир алакандай жери үчүн кан төгүштү, курман болушту. Аталардын, агалардын ошол ыйык жерди сактоо үчүн көрсөткөн эрдиги кийинки жаштарга тарбиялоонун чоң мектеби катары кызмат кылат. Бул жагынан С. Эралиевдин «Бир ууч топурак»[35] деген эскерүүсүндө айтылган ой маанилүү.

Украина жеринде чыгармачылык командировкада жүргөн кезинде ага бир адам кутуга салынган бир ууч топурак

www.bizdin.kg

алып келип берет. Көрсө, ал топурак С. Эралиев 1944-жылы согушуп жүрүп жараланган Изюма шаарындагы белгисиз солдатка коюлган эстелик жанындагы топурактан экен. Акын бул окуяга аябай толкундайт, анан минтип жазат: «Мен бул топуракты өз уулдарыма мураска калтырам. Эң сонун мурас. Мен ушундай деп ойлойм. Тууган жердин чымчым топурагы!»

С. Эралиев чыгармачылыгын баштаган күндөн бери Ата Мекендик согуш темасы анын поэзиясынын негизги лейтмотиви болуп келе жатат. Айрыкча «Жол» поэмасынан кийин бул жагынан акын өз аракетин өтө активдештирди. Ал согуш героикасы да, трагедиясын да, анын сезимге салган кара тагын да жазды. Бардык учурларда С. Эралиев анын фронттук курбусу Ж. Мавлянов айткандай, «жүрөктөн күлүп, жүрөктөн ыйлайт». Мындайча айтканда, айрым үстүртөн кайып кеткен жерлерин эске албаганда согушту ал табигый да, таасирдүү да жазат. Акын ушул темада айрыкча көбүрөөк издениши зарыл, анткени турмушту билүү жагынан акын эч кимди алдына салбайт. Кан майданда жүргөн жылдар эч качан анын эсинен кетмек эмес.

С. Эралиевдин «Кыргыз жаны» жыйнагынын «Фронттук дептерден» аттуу ырлар цикли «Солдаттын кол күрөгү» деген ыр менен ачылат. Бирок ал ыр окуучунун жүрөгүн жылытып, өзүнө тартпайт, анткени автор мында лириканын сыйкырдуу касиетин сездирбей, жөн гана фактыны кургак баяндап тим болгон. Эгерде ыр акындын жандүйнөсүн аралап өтүп, ошондой эле жылуулукту окурмандын сезимине жеткирип, от жага албаса, анда лирика өз атын актай албай калышы ыктымал. Бул жерде биз азбукалык чындыкты эскерип жаткан себебибиз С. Эралиев «Кыргыз жаны» жыйнагында өзүнө кандайдыр бир деңгээлде «жеңилдик» бергендей сыягы бар:

Ар бир эле адамда
Боло бербейт өйдөлөө,
Баскан эле кадамда[33].

Албетте, ыр жазуу көрүнгөн адамдын эрмеги эмес, ал татаал иш. Ага табиятында нукура таланты барлар гана бел байлап, кирише алат. Ошон үчүн поэзия жаратуунун

www.bizdin.kg

кыйынчылыгын С. Эралиев оңой менен ноктолоно койбогон азоо атка теңештирүү менен түшүндүрөт. Акындын акындык улуу касиети сөз берметтерин терип, жөнөкөй адамдардын тилинин учунда, бирок айта албай турган нерсесин жепжеңил жеткизип бергенинде. С. Эралиев мына ушунда сыйкырдуу талантка ээ болгондордун бири. Эмнегедир жогорку ыр саптарында моюнга алгандай, ал «баскан эле кадамында өйдөлөй» беришке аракеттенбеген окшойт. «Кыргыз жаны» менен «Айыл ырлары» аттуу жыйнактары чың толгонуп, күүгө келип турган комуз кылынын бирөө бир аз бошой түшкөн сыяктуу элес берет. Ушул мааниде кийинки аталган китебинен бир гана мисал:

Алдым ээн агылга
Өзөн бүтсө адырга.
Адыр бүтсө тегизге
Кеттим окшоп ак ырга[34].

Бул күлүк ат минип, чаап бараткандагы элес. Мында «кеттим окшоп ак ырга» деген сапты окуучу кандай элестетет? Чынын айтсак салыштырылган предметти конкреттүү кармоого мүмкүн болбой калган.

Албетте, күлүк ат же суу жорголуу аргымак мингенге не жетсин! Бул, образдуу элестетсек, поэзиянын жогорку үлгүсү, бийик чокусу. Бирок С. Эралиев аталган жыйнактарында окурманды дайыма эле мындай маанайда кармай албай, кээде «желдирмеге» салып кетет. Биз бул сөздү бир макалабызда[38] колдонсок, ал поэзиядагы ортозаарчылыкты мүнөздөй турган даана түшүнүк катары окурмандар тарабынан туура кабыл алышкандыгын баамдадык.

«Айыл ырларын» окуганда С. Эралиевдин поэзиясындагы буга чейинки келаткан жакшынакай күүнү, поэтикалык демди анча сезе албай, окурман бир аз буйдала түшөт. Ырларда конкреттүүлүк, образдуулук жетишпейт, эсте кала турган көркөм деталдар да аз. Мунун өзү чоң акын үчүн бушайман жумуш.

Мына ушундай кыска лирикалык чегинүүдөн кийин биз кайрадан өз ыргагыбызга түшүп, С. Эралиевдин кийинки мезгилдеги поэзиясына (анын ичинде «Айыл ырлары» да бар) кыскача мүнөздөмө берүүгө өтсөк анда төмөндөгүлөрдү белгилөөгө болот.

www.bizdin.kg

С. Эралиевдин азыркы поэзиясынын тематикалык диапазону кең. Ал эмгекти, эл, жердин гүлдөгөнүн, достукту, кыргыз калкынын кең пейил меймандостугун, тоосун, суусун даңктап ырдады.

Согуш темасынын логикалык уландысы тынчтык темасы. Өзү кан кечип, майданга барып кайткан С. Эралиев үчүн бул тема айрыкча маанилүү. Акындын тынчтык жөнүндөгү ой-жүгүртүүлөрү мындайча караганда карапайым калктыкынан эч айырмаланбайт. Тынчтык — бул балдардын күлкүсү, энелердин кубанычы, аталардын ташыган кайрат-күчү, кайнаган эмгек, зор курулуштар, мекендин, эл-жердин гүлдөшү. Бир гана өзгөчөлүк, акындарыбыз ушул жалпыга белгилүү чындыкты образ менен баяндап, элестүү туюнтат да, адамдардын сезим дүйнөсүндө бир башкача реакция пайда кылат.

Балдар деген — жакшылык,
Актыгы бул дүйнөнүн.
Окшоп кетет ар бири,
Бир кичине тийген күн.
Алар көргүс болсо экен,
Ок учуп, жер күйгөнүн[31].

Автор бир аз агитациялык маанайда сүйлөсө да, бул ырда тынчтык жөнүндөгү көксөөсүн, советтик адамдардын ой-тилегин чагылдырган. Тынчтыкты күн менен символдоштуруу мурда деле кездешчү, бул контекстте ал көркөм каражат катары оригиналдуу эле сезилет.

С. Эралиевдин жыйнагынын «Айыл ырлары» деп аталышы бекеринен эмес. Ал башынан эле айыл темасына айланчыктап, ушул чөйрөнүн адамдарынын жан-дүйнөсүн көбүрөөк изилдөөгө аракеттенип жүрөт. Айыл темасынын ичинен тоо темасы айрыкча бөлүнүп турат. Акын бир жыйнагынын атын да «Сан тоолор» деп атаптыр. Тоо менен анын жаны бирге. Тоону көргөндө, тоонун бар экенин сезгенде С. Эралиев өзүн дүйнөсү түгөлдөй сезет:

Бул жакты карайм — тоо турат,
Ал жакты карайм — тоо турат.
Асманга чейин тоо тоого
Учкашып жүрүп отурат.
Боорунан өтөт ай жылып,

www.bizdin.kg

Койго окшоп шашпай жайылып.
Жылдыздар келет.. а кээси,
Учкансыйт буту тайгылып[32].

Бул колго кармап көрөрлүк даана тартылган сүрөт.

Тоо темасынын кыргыз поэзиясында чоң салты бар. Ал байыркы «Манас» доорунан бери ырдалып келе жатат. Эпосто баскынчылардан жабыр тартып, тентип кеткен эл Манасты хан көтрөгөндөн кийин Алтайдан Ала-Тоого көчүп келишет. Манасчылар эпосто Ала-Тоонун түрдүү түркүн сүрөтүн көп түстүү боёктор менен тартып берген. Ала-Тоонун керемет касиетин, салкын абасын, көз тайгылткан төрлөрүн көркөм сүрөттөп, кыргыз эл акындары да өзүнчө бир чоң панорама жаратышкан. Традициялуу бул темага кыргыз совет акындары да такай кайрылып келишүүдө. Алардын ичинде С. Эралиевге таандык орун өзгөчө айырмалуу. Акын Ала-Тоо темасына кайрылууда анын коздугуна суктанып эле тим болбой, тоо менен элдин тарыхын байланыштырат:

Бийик-бийик тоолордун
Чокусунда кары бар.
Тоолор окшоп бир дөңдө,
Отурушат карылар[32].

Карылар биздин тообуз, көсөмүбүз, элдик нусканы, мурасты сактоочулар — ырдын подтекстинде жаткан ойлор мына ушул.

Тоо темасына жапырт киришип, кээде аны ашыра чаап «фетишке» айландырып жиберген учурларга кыргыз адабий сыны өз учурунда көңүл бурган.

Калети жок мага койгон доолордун,
Мен уулумун көк мелжиген тоолордун.
Моюнга алам бир ныптамда тоо турса,
Анда менин дүйнөм толук болорун...
Кайда жүрсөм тоолор эси-дартымда,
Мен аларга туралбаймын сыйынбай.
Тоо болбосо, ай ким билет, акын да
Болбойт беле Эралиев Сүйүнбай[38].

С. Эралиев бул жерде кимдир бирөөлөр менен талашка чыгып, өз чындыгын далилдеп жатат. Аксиома бул: Тоо

www.bizdin.kg

мен сыйына турган ыйык нерсе, ансыз акын аталышым да күмөн эле. Туура, тоону ырдоого, жазууга эч ким каршы эмес, анын ыйыктыгы да чын, ушул жакшынакай сезимди чыныгы поэтикалык деңгээлде ырдасак болду. Маселенин жооптуулугу мына ушул жагында.

Тоо темасы менен барабар, катарлаш иштелип келаткан темалардын бири — көл. Ысык-Көлдүн тарыхы кандай узак, кандай карт болсо, анын поэзиядагы образы да ошондой. Айрыкча эл акындарынын чыгармачылыгында көл темасы туруктуу орун тапкан.

С. Эралиев да бул темага такай кайрылып келүүдө. Мында Соң-Көл менен Ысык-Көлдүн сулуулугу, элеси, сүрөтү эч жерде бирин-бири кайталабайт, алардын ар бирине акын өзүнчө боёк тапкан, бул акындык чеберчиликтин айкын күбөсү деп билебиз:

Күн батат көл бетинен тайып ары,
Эл тарап, ээн калат кайыктары.
Сезилет жалаң суула дир-дир этип,
Жылаңач жылдыздардын кайыкканы.

Түнкү көлдүн көрүнүшүнөн бир гана штрих С. Эралиев тарабынан мына ушундайча тартылган. Анда көл менен асман бир бүтүнгө биригип турган кечки элес берилген. Ал эми көлдүн таң атканча толкун бүркүп, эртең мененки тынчый түшкөн учуру башкача планда сүрөттөлөт.

Көл кечте күтүлбөгөн каары менен,
Жулкушуп жээктердин баары менен
Жанында көл эмес тек дөө жаткансыйт,
Үшкүрүп араң-араң жаны менен[39].

«Көл эмес дөө» деп аталган ушул ырдын айрым саптарында Алыкулдук жыт сезилип турган менен Эралиевдик оригиналдуулук да жоголгон эмес.

Көл мээримдүү, меймандос. Ага жыл сайын келген коноктор көбөйгөндөн көбөйөт, бирок көлдүн кабагы бүркөлүп көргөн эмес.

Көл пейзажын С. Эралиев аны коргоо проблемасы менен байланышта сүрөттөйт. Жылдан-жылга бөксөрүп бараткан көл жээк менен акырын сыр бөлүшөт:

www.bizdin.kg

Жээктерге чалгын чалып алыстан,
Келип тынбайт,
Келип тынбайт толкундар —
Кокус кургак жерге айланып калыштан,
Ысык-Көлдө күмөн санап коркуу бар[40].

С. Эралиевдин сүрөттөөсүндө жыл мезгилинин ар бир учурунун өзүнчө коoздугу бар. Жаратылыш жандуу. Анда да адамча туюу, сезүү касиеттери болушу мүмкүн. «Токой вальсы» аттуу ырда күзгү токойдун бир элеси өзүнчө таамай тартылып берилген. Ал табият-токой «вальс» бийин бийлеп жаткан учур... жел уруп, күзгү жалбырактардын шатырап күбүлүшү «чабылган алакандарга», анан шамал катуулап, токойдун деңиз сыяктуу толкушу «вальс» бийинин кызыган мезгилине окшоштурулат. Мында акын колдонгон көркөм деталдар оригиналдуу жана сыйымдуу.

С. Эралиев көп кайрылган темалардын бири — достук. Айрыкча анын согуш учурундагы поэзиясында достук темасы абдан ажары ачыла сүрөттөлгөн. Мында маселе бул саясий теманы көп жана супсак жазып, анын баркын кетиришге эмес, аны жаңы көркөм боёктор менен байыта билиште. Айтылган тезиске мисал катарында С. Эралиевдин «Казак тууганга» деген ырын көрсөтсөк болот. Анда буга чейин жалпыга белгилүү казак-кыргыз байыртан бир тууган, бир кашаттан суу ичип, жакшылык, жамандыкты тең бөлүшкөн деген өңдүү жылуу сөздөрдү айта келип, мындай дейт:

Бир кезде келген табылбай,
Тарыхта катар издери.
Бир ырдын эки сабындай,
Өмүрлөр окшош биздеги[41].

Эки элдин ынтымактуу мамилесин «кош эмчеги бээнин, «эненин эгизи» сыяктуу түрдө кош бирдиктүү нерсеге салыштыруу ыкмасы мурдатан эле жашап келген. Бул жолу деле ошол тажрыйба улантылган, бирок салыштыруу предмети жаңы. Ырдын экинчи сабы биринчисиз мүмкүн эместиги сыяктуу казак, кыргыз да каны-жаны бирге, эч качан ажырагыс. Ырдын эки сабындай кошоктошуу достуктун, кандаш-жандаштыктын күбөсү. Автор мына ошол ойду туюнтуп жатат.

www.bizdin.kg

Көңүл же ашыктык лирикасында С. Эралиев өзгөчө сезимтал, өзгөчө эргүүгө ээ. Ырларды жылуу эмоция коштоп, алар туюмдуу да, жугумдуу да келет:

Мен комуз, а сен кыл болуп,
Бир күүгө келип толгонуп.
Чертээр элек ар күнү,
Сагындым укпай ал күүнү[42].

Махабатты бир күү, бир обон менен элестетүү анын улуулугун, асылдыгын даңазалай турган жакшы көркөм деталь. Буга мазмундаш салыштыруу поэзиябызда бар болчу, бирок мындай контекстте ал башта кездешкен эмес.

Махабат циклиндеги жылдыздуу ырлардын бири «Сен олтурган автобус». Ырдын жалпы структурасында, пафосунда мурда айтылып жүргөн ойлордун ассоциациясы бар, бирок ал акындык оригиналдуулугуна сиңип, анча сезилбей калат.

Автобуста экөө жанаша отуруп баратышат. Кыз он тогузда, жигит отузда. Алардын ортосунда сөз учугу анча узарбай экөө тең бушайман сыяктуу. Жигит көзүн жуумп уктамыш болот, анда кыз айтат:

«Агай тилим уксаңыз,
Дагы бир аз уктаңыз.
Жайлуу болсун десеңиз,
Мага деле ыктаңыз».
Жым деп буга кубанып.
Калам ага куланып.
Колоң чачтын жытынан
Калбас бекем ууланып.
Бар тилегим: автобуз
Жердин чеги түгөнүп,
Бүтмөйүнчө түбөлүк
Болсо деймин токтогуз...

Ошентип, «колоң чачка ууланган» жигит автобус токтогончо «уктай» берүүгө даяр. Бул жерде автор колдонгон көркөм ыкма-поэтизация дал бутага тийип, ал ойдун ширелүүлүгүн, дааналыгын камсыз кылган.

С. Эралиевдин дагы бир ырынан ассоциативдик моментти кездештирдик.

www.bizdin.kg

Качан болсо жолугууга ашыгам,
Сүрүң кыйын сен келатсаң жашынам.
Көптөн эптеп басып, тыйып келатам,
Махабатты менде мелт-калт ташыган.
Өзү мага түшүрсө деп назарын,
Кээ бир кечте терезеден басамын.
Сени уктатып жөн койгонго таң калам,
Сен жөнүндө менин тарткан азабым[43].

Бир кезде Мидин Алыбаевдин «Күндө өтөмүн терезеңдин түбүнөн» деген ырын жаштар блокнотуна көчүрүп, жаттап жүргөнү эсибизде. Жогорку келтирилген куплеттерде ошол эле ой бөлөк конструкцияда, башкача маанайда берилгендиктен, биз «кайталоо» изин анча сезбейбиз.

Бир убак кулун жаткан желе сындуу
Издерди — сенин ошо керээзиңди.
Жер сактап кылымдарга апкелгени —
Ошол да эскергени эл өзүңдү!
Мына эми, мен да бүгүн келип турам,
Болсо да «Ак Мөөрүмө» эже-сиңди... —

дейт акын кайрадан элдик сюжетке кайрылып, «Жаңыл Мырзаны» «Ак Мөөрдөн» бир топ жылдан кийин жазды. Мезгил аралыгында жогоруда токтолгондой бүгүнкү күндүн актуалдуу темаларына байланыштуу бир катар поэмаларды жаратты. Чыгармачылык изденүү негизинде жаралган «Жаңыл Мырза» поэмасы да окурманды кайдыгер калтырбайт, анткени, акындын максаты элдик варианттын сюжетин кайталоо эмес, патриархалдык-феодалдык коомдун шартындагы Жаңылдын жеке трагедиялуу тагдырына көркөм талдоо берүү. Ошондуктан, чыгармада эл турмушу менен баатыр кыздын кайгы-муңу эриш-аркак берилет. Эгерде С. Эралиев Жаңылдын баатырдык эрдиктерин санап койгондо, анда чыгарма кыргыз поэзиясынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейте албайт эле, өз алдынча сөз кылууга арзыбайт эле. Акындын ийгилиги — сюжеттик трафареттен качып, биринчи планда ички дүйнөгө өңүлүп, аялдык психологиянын өзгөчөлүгүнө токтолуп, социалдык жана психологиялык кырдаалдарды коюп, өзүнүн почерки, стили менен өз алдынча баяндайт.

www.bizdin.kg

Жаңыл Мырза жөнүндөгү Тоголок Молдо менен А. Чоробаевдин дастандарында баатыр туткундан бошонуп элине келет. С. Эралиевде Жаңылдын өз уруусу (ачыгыраак айтканда уруу башчылары) аны кабыл албай коюшат, анткени алардын түшүнүгүндө «катындан хан көтөрүп пайда табууга» болбойт. Мына ошентип, баатыр кыз аял затына таандык экендиги үчүн гана ошондой абалга туш келди.

Ошентип, эли чанып, жери танып,
Керексиз ашык бир жан сыяктанып...
А түгүл жерде жаткан таш да, чөп да,
Карабай калган окшоп аны чанып.
Олтурду Жаңыл Мырза бир дөбөдө,
От өңдүү жалп деп өчкөн жанып-жанып[44].

Бул саптарда Жаңыл Мырзанын коомдук шарттан улам келип чыккан трагедиясын ачык элестетиш үчүн боёктор бир аз коюланта сүртүлгөн. С. Эралиев оозеки чыгармачылыкта мурунтан үстүрт орун алып келген Жаңылдын жеке тагдырына байланыштуу кайгы-капасын дагы да тереңдеткен. Ал эми Жаңыл Мырзанын баатырдык өнөрүнө мурдагыларды кайталап калбас үчүн акын атайын назар салган эмес.

«Кесир инсан» — акындын олутту сөз кылуучу чыгармаларынан. Чыгармада Чернобылдагы каргашалуу окуя публицистикалык-философиялык мүнөздө баяндалып, ойтолгоо кеңири масштабдуу. Каармандардын ар биринин өз алдынча тагдырлары бар, жашоонун башталыш кызыгы менен өмүрдүн жалп этип өчө турган мезгилинин ортосундагы аралыкта адамды не деген күтүүсүз күтүүлөр күтүп турат. Ошого карабай адам баласы пендечилик кылып бу жарык дүйнөдө биринин көмөчүнө бири көз артып, арамдыгын жалтырак кийим менен жашырып, дүйнөнүн түркүгүн көтөрүп тургансып менменсинип, көрөалбастыктан өчөшүп кастык кылып, басмырлап, тебелептепсеп, керек болсо ажалга түртүп жиберүүгө да даяр турганына таң калбай койбойсуң. С. Эралиев да ойго батат. Каарманын Сократ менен жолуктурат.

Сократтын гимнин эске салмакмын:

«Биз дүйнөгө келебиз,
Түйүп эки муштумду,

www.bizdin.kg

Бүт баарысы меники,
Мен эч кимге бербейм!» — деп,
Чаңырып ыйлап, чаң салып...
Биз дүйнөдөн кетебиз,
Айыптуудан беш бетер,
Алаканды кең ачып,
«Карагыла, алганым жок эч нерсе,
Эч нерсенин кереги жок мага» — деп...
Баары-баары эсине ала жүрүшсүн:
Берген эмес энчисине эч кимдин,
Бул дүйнөнү жер үстүн!

Сократтын жообу турса ар бир адамдын жүрөгүндө, көңүлүндө, ошондо жаап өткөн жамгыр табиятка кандай соолбостук берсе, адамын адамга ишенбөөсү нравалык жардылануудан тартып, кыйрап бараткан социалдык катмарды, соолуп бараткан экологияны — акыр заманды өз ичине камтыйт. С. Эралиев оптимист, анын табылган дүйнөсү — Асыл Жер, жарыктын булагы — Тирүүлүк, Ай-Аалам менен өлчөнгөн сүйүү, өчпөгөн Үмүт.

Оозго алынып, кадыр-барк күтүп жаткан жазуучунун коом алдындагы жооптуулугу да жогорулайт, анын Ч. Айтматов айткандай «элге чыгуусу» мурдагыдан да кыйындай баштайт, б. а. ал жеңип алган «желегин» колдон чыгарбай, аны андан ары алып кетүү зарылдыгы туулат. Мына ушундай талаптын бийиктигинен туруп караганыбызда С. Эралиевдин төмөнкү сөзү биздин көңүлүбүздү жубатпай койбойт:

Эч кимге,
Эч убакта мактанбаймын:
«Алгам деп бул турмуштун ири жүгүн».
Антсе да жаным тынбайт акталбаймын.
Өзүмдүн бул өмүрүм, тирүүлүгүм[45].

С. Эралиев мына ушундай чоң жоопкерчилик, бийик максат менен өз чыгармачылыгын улантып жатат.

www.bizdin.kg

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*


*Заверин М.* Искания и принципы. — Тбилиси, 1962. 119-бет.

[2] Алыкулга гүлдесте. — Фрунзе: Кыргызстан, 1975. 10-бет.

[3] Дружба народов. — 1967. — № 11. 36—37-беттер.

[4] Ак Мөөр / Басмага даярдаган С. Закиров. — Фрунзе, 1973.

[5] *Эралиев С.* Ак Мөөр (лирикалык поэма). — Фрунзе, 1959.

[6] Макала «Советтик Кыргызстан» газетасынан которулуп басылган. — 1961. — 11-февр.

*Укаев К.* Ак Мөөрдүн арманы. — Китепте: Укаев К. Ыр нөшөрү. — Фрунзе: Кыргызстан, 1980.

[8] Стенограмма обсуждений поэтических произведений. — Архив СП СССР. ф. 20. Х. 1958.

[9] *Эралиев С.* Ак Мөөр (лирикалык поэма). — Фрунзе, 1959. 66-бет.

[10] Ошондо. 96-бет.

Ошондо. 98-бет.

[12] Ошондо. 114-бет.

[13] *Ломидзе Г. И.* Развивать новое, коммунистическое // Литература и жизнь. — 1960. — 21-сент.

[14] *Тартаковский П.* Пути содружества // Дружба народов. — 1966. — № 1. 267-бет.

[15] Ошондо. 183-бет.

[16] *Эралиев С.* Уяң жылдыздар. — Фрунзе, 1962. 29-бет.

Ошондо. 68-бет.

[18] *Эралиев С.* Ак Мөөр. 181-бет.

[19] *Маликов К.* Тандалган ырлар. — Фрунзе, 1954. 181-бет.

[20] *Ломидзе Г.* Развивать новое, коммунистическое // Литература и жизнь. — 1960. — 21-сент.

[21] *Эралиев С.* Ак Мөөр. 59-бет.

[22] *Эралиев С.* Уяң жылдыздар. 24-бет.

[23] Ошондо. 22-бет.

[24] *Эралиев С.* Ак Мөөр. 128-бет.

[25] *Эралиев С.* Уяң жылдыздар. 50-бет.

[26] *Айтматов Ч.* «К звездам» // Правда. — 1964. — 25-окт.

*Эралиев С.* Жылдыздарга саякат. — Фрунзе, 1966. 6-бет.

[28] Дружба народов. — 1967. — № 11. 36—37-беттер.

[29] *Эралиев С.* Өмүрлөргө саякат. — Фрунзе, 1967. 13-бет.

Ошондо. 16-бет.

www.bizdin.kg

[31] С пером и автоматом. — Фрунзе, 1975. 176-бет.
[32] *Эралиев С.* Кыргыз жаны. — Фрунзе, 1974. 69-бет.
[33] *Эралиев С.* Айыл ырлары. — Фрунзе, 1976. 17-бет.
[34] *Садыков А.* Жетилүү сапарында. — Фрунзе, 1980. 94-бет.
[35] *Эралиев С.* Айыл ырлары. 32-бет.
[36] *Эралиев С.* Тандалмалар. — Фрунзе, 1978. 9-бет.
[37] *Эралиев С.* Айыл ырлары. 20-бет.
[38] Ошондо. 13-бет.
[39] *Эралиев С.* Тандалмалар. 107-бет.
[40] Ошондо. 109-бет.
[41] Ошондо. 100-бет.
[42] *Эралиев С.* Айыл ырлары. 18-бет.

www.bizdin.kg

## ЖАНГАЗИЕВ МУСА

*(1921—1997)*

Кыргыз эл акыны М. Жангазиевдин алгачкы чыгармачылыгынын башаты 40—50-жылдарга таандык. Адабий чөйрөгө ал алгач турмуш тиричиликтен алынып жазылган публицистика, очерк ошондой эле фельетондору аркылуу аралаша баштайт. Ал эми акындын эң биринчи чыгармалар жыйнагы «Балалык» деген ат менен жарыкка чыгат. Андан бери ал бир нече жыйнактарды окурмандар алдына сунуш кылып кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө өз салымын кошуп келди. М. Жангазиев өзүнүн чыгармачыл аракети менен учур талабына ылайык коомдук өзгөрүштөрдү, турмуштун ар кыл окуяларын көз жаздымда калтырбастан, активдүү эмгектенген трибун-публицист катары да кеңири таанымал.

Чыгармачылык жактан али каламинин чыйрала электигин акындын алгачкы ырлары айгинелеп турат. М. Жангазиевдин ага удаа биринен сала бири жарыкка чыккан жыйнактарындагы ырлары да көркөмдүк жактан али ийине жеткире иштелген эмес. Бир жагынан алып караганда, акындын ырларынын үзгүлтүксүз жарыяланып кетишине түрткү болгон жагдай 30-жылдары бир кыйла тажрыйба жыйнап, эми торолуп келаткан кезде согуш чыгып, кыргыз балдар адабиятынын темпи шартка ылайык басаңдай түшүп, а тургай унут кала жаздагандыгы. Ошого байланыштуу балдарга арналган чыгармалардын жазылып, жарыкка чыгышы учур табалынын орчундуу маселелеринин бири болуп турган.

М. Жангазиев 50-жылдардын баш чендеринде «Бүлдүркөн», «Балалык», «Бул эки кыз жакшы кыз» аттуу жый-

www.bizdin.kg

нактарын тестиер балдарга арнап жарыялаган. Ырлардын тематикалары ар кыл келип, негизинен патриотизмге, көп улуттуу өлкөнүн балдарынын өз ара достугуна, коомдук пайдалуу эмгекке, Ата-Журттун табият коздугуна, балдардын үй-тиричилигиндеги жана окуп билим алуудагы иш аракеттерине, ошондой эле жаш жеткинчектердин романтикалуу жорук-жосундарын чагылдырууга арналган эле. Акын балдарды турмушка ак ниеттүүлүк менен мамиле кылган чын ыкластуу, адам катары тарбиялоого аракеттенген.

М. Жангазиев 60-жылдардан тартып, мейли поэзияда, мейли прозада болсун, чыгармачылык өнөрүнө олуттуу мамиле жасай баштайт. Балдар дүйнөсүнө, көбүрөөк аралашып, балдар бакчаларына, мектептерге, пионер дворецтерине барып, сборлор менен ар кыл шаан-шөкөттөргө такай катышат. Кээде наристелердин оюн-зоокторундагы ар кандай аракеттерине байкоо жүргүзөт. «Зоопаркта», «Дуровдун бурчу», «Ак козу», «Табышмактуу таш», «Москвага учуп бар», «Жылдыздар» деген китепчелери акындын сүрөткерлик да, тажрыйбалык да аракетинин жемиши деп айтууга болот. Аталган жыйнактар М. Жангазиевдин бөбөктөргө тартуулаган жакшы белеги эле. Автор жандуу жана жансыз заттарды, окуялар менен кубулуштарды ошол наристе балдардын көзү менен көрүп, алардын баамы менен туюп, ошолордун атынан сүйлөп берүүгө аракет кылат.

«Табышмактуу таш» китеби элдик сыйкырдуу жөө жомоктордун үлгүсүндө жазылып, керемет окуялардын нугундагы айрым бир таржымалдарды баяндайт. Чыгарма бөбөктөрдү тапкыч жана сергек, кайраттуу жана адилет болууга үйрөтөт. Элдин алымдуу адеп-салт темасындагы сыноодон өткөн акыйкат ой түйүндөрүн белгилүү өлчөмдө көркөм жалпылап, анын баары балдарга үлгү болорлук мазмунда сунуш этилет. Наристе балдар байыркы бабаларыбыздын төгөрөк ааламды аңдап-билүү процессиндеги апыртмалуу ой-жоромолдоруна таңыркап карап отурушпастан, тескерисинче, аларга өздөрүнүн мамилелерин туюндуруп, мүмкүн болушунча жекече бааларын кошумчалай алышат. Анығын айтканда, жаш балдар буга чейинки ой жүгүртүү тажрыйбаларына таянышып, чыгармада жо-

www.bizdin.kg

луккан окуялар менен кубулуштарды, бир каарман менен экинчи бир каармандын жоруктарын салыштырып көрүп, алардын өйдө-төмөнүн байкап, өз алдынча жыйынтык чыгара алышат. Чын эле автордун түзгөн образдары көп убакта бир кыйла чыйрак, алар жорук-жосундары жагынан да ак ниет, адептүүлүгү менен да азыркы күндүн балдарынын жагымдуу элесин көз алдыга тартат.

Ал эми жыйнактын кийинки бөлүмү бөбөктөрдүн азыркы учурдагы машакаттуу түйшүгүн иликтөөгө арналган. «Ныяздын козулары», «Бөбөктөрдүн концерти», «Асан менен Үсөн», «Жыргалбектин достору» аттуу чыгармаларда кенжетайлардын тиричилиги ар тараптуу жана көңүлгө толорлук даражада баяндалган десе болот. Кечээ гана оюн кумарынан башканы этибар албай, чаң-тополоң кылып жүргөн Нияз менен Жыргалбекке бүгүн кошумча түйшүк жүктөлүп, үй-бүлөгө ата-энеге жөлөк-таяк болуп, кол ийиктей чимирилип, пайдалуу эмгекке үйүр тартып келатышы, алардын досторун да ойго салат. Бул эки бала үчүн чоңдордун үлгүсүнөн жугушкан эмгек жан-дүйнөсүн байыта баштайт. Козулар менен музоолорду тейлөө жумушу кенже балдардын үлүшүнө тийген энчи гана эмес, ошол пайдалуу эмгек кенже балдардын ыктыярдуу ишмерчилигине, аны жасабай жаны жай таппаган дилгир максатына айланып калгандыгын көрөбүз.

М. Жангазиевдин 60-жылдардын биринчи жарымында жарык көргөн бир катар жыйнактары кенже өспүрүм балдарга арналган. Алардын ичинен эң маанилүүсү «Экинчи күзгү» китеби десек болот. Жазуучу бул чыгармасында маанилүү педагогикалык проблеманы — баланы үй-бүлөдө тарбиялап өстүрүүдөгү чоң адамдардын жоопкерчилигин көркөм баяндоону максат эткен. Ата-энелердин ичинде алиге чейин баланын коомдук талапка ылайык адептүү болуп өсүп жетилишин мектепке гана жүктөп, өздөрү оолак кала берүүчүлөр да аз эмес. Мектепке чейинки жашында эле эмес, мектеп курагында да баланын рухий, адеп-салт жана жалпы эле турмушка жарамдуу адам катары жетилишинде үй-бүлө тарбиясы жоопкер. Бул ыйык милдеттен үй-бүлө мүчөлөрүнүн эч кимиси бошотулуп салынбайт. Ошондой эле автор баланын жашоо кумарын, анын балалык кыялга төп келген түрдүү тармактарын бирдикте кар-

www.bizdin.kg

мап, ага күн сайын камкордук жасап турган күчтүү факторлордун бири коомдук тарбия, анын ичинен чечүүчү курч күч мектеп экенин эсинен чыгарбайт. Жалпысынан жазуучу үй-бүлө тарбиясынын маани-маңызына образдуу анык-тама берип, аны баланы өстүрүп калыптоодогу «экинчи күзгү» деп эсептейт. Дал ушул маанилүү тема орундуу табылган окуялардын фонунда уюштурулган. Чыгарманын мазмунунан бала коомдук тарбиянын объектиси экени мында дайыма эки күч (тарбия менен тарбиялануучу) бирдикте аракетке келишинин натыйжасында гана ийгилик жаралары ачык баамдалат. Анткени тестиер балдар менен кенже өспүрүмдөр башка курактагы балдарга салыштырмалуу татаал психологияда болушат. Аларды кадам сайын «жаңылык күтүшү» керек. Ошондон улам алардын күндөлүк тиричилигин жакшы уюштуруу, педагогикалык талапка ылайык кармоо зарылчылыгы келип чыгат. Анын өзү үй-бүлө менен мектептин балага бирдиктүү талапты күчөтүшүн шарттайт. Талапты туура кое албоо көбүнчө ата-энелер тарабынан жиберилет, кээде мектептеги устат тарбиячылар тарабынан деле көп мүчүлүштөр кетирилет. М. Жангазиевдин аңгемесинен агылып чыгуучу идея мына ушунда турат.

Аталган жыйнактагы бир даар чыгармалары, өзгөчө, «Демилге», «Кыдыргыч уялды», «Жерде калбайт» ж. б. аңгемелери жогоруда сөз болгон тематиканы ар тараптуу тереңдетүүгө жана окуучулар үчүн ырааттуу чечмелеп берүүгө арналган чыгармалардан. Аларда негизинен педагогикалык жол-жоболорду көзөмөл тутуп, андан чыгып келүүчү урунттуу маселелерди турмуштук кырдаалда жалпылап, көркөм иликтөөлөрдүн кыйын кезең ашууларын басып өткөн. Ушул багыттан алып караганда «Демилге» аңгемеси нагыз педагогикалык мазмундагы чыгарма. Мында тестиерлер менен кенже өспүрүмдөрдүн коомдук пайдалуу эмгек сферасындагы атаандашуусу менен балалык аруу тилектердин илеби жарык маанай чачып турганын көрөбүз. Алардын аткаруучу иштери менен көздөгөн максаты да ачык, балдардын аракетине педагогикалык коллективдин таасири тийип, демилге болсо алардын өз ыктыярынан келип чыгат. Белгилей кетүүчү нерсе, көтөрүлгөн демилгени жүзөгө ашырууда жеткинчек балдар кезиккен

www.bizdin.kg

жолтоолуктар дагы орундуу, ишенимдүү. Автордун мурдагы чыгармаларына мүнөздүү схемалуулук жокко эсе, «айтты-бүттү» принцибине жол коюлбаган. М. Жангазиевдин 70-жылдардагы тестиерлер менен өспүрүмдөрдүн көрсөткөн эрдиктерин иликтеген аңгемелеринде канткен менен жазуучунун ошол жылдардагы мектеп тарбиясына арнаган чыгармаларында жылыштар байкалып, көркөм маңызы тараптан купул толорлук даражага көтөрүлө баштады.

М. Жангазиевдин чыгармачылыгында граждандуулук пафоско ширелишкен чыгармалар өзгөчө орунду ээлейт.

Ата-журт темасы М. Жангазиевдин балдар үчүн ырларынын негизги маселелеринин бирине кирет. «Баа жетпеген сулуу жер», «Мөмөлүү алма», «Бардык жагы кубаныч», «Орок-балка», «Ысык-Көлдүн боюнда», «Марска мектеп курабыз», «Достук багы», «Кыргыз тоосу», «Өлкөң күтөт», «Тынчтыктын чокусу» ж. б. ырларында Ата Мекенибиздин бүгүнкү жана эртеңки ийгиликтери, аларга болгон кенже өспүрүмдөрдүн жалындуу сүйүүсү, Мекенге жан-дилинен берилүү сезимдери, ой-санаалары менен ишкер аракети, кумары менен түйшүгү бир кыйла чыйрак сүрөттөлгөн. Акындын туюмунда баланын Ата-журтка болгон урматы, анын ата-энеге, ага-тууганга, үй-бүлөгө жана туулуп өскөн кыштагына болгон мамиле-түшүнүгүнөн эле башталат. Ошол чөйрөдөгү улуу-кичүүлөрдүн балага берген таасир-үлгүсү аларды шердентет, демин козгойт, милдеттендирет. Улуулардын нускалуу сөзү баланын алгачкы жорук-жосундарын тартипке салат. Мекен алдындагы жоопкерчиликке ынандырат.

М. Жангазиевдин көпчүлүк ырлары өскөн эл, гүлдөгөн жер, Ала-Тоо аймагы жөнүндө жазылган. Ал ырларды окуганда окуучулардын көз алдына айыл жыты, бак-дарагы жап-жашыл болгон дыйкан менен жумушчунун ырыскысы төгүлгөн эмгек талаасы көз алдыга тартылат. Мына ошол өрүштүү жолдо кичинекейлер чоңдордун салтын ээрчип үйрөнүп, коомдук пайдалуу эмгектин ажарын ачып жатышкандыгын көрөбүз. Дал ушул түшүнүктөн туруп караганда, чоң адамдар менен кенже өспүрүмдөр киндик каны таамп, балалык кыял-жоругу торолгон кыштагына болгон мамилелеринде мына мындай айырманын келип

www.bizdin.kg

чыгарын акын эсибизге салат. Чоң адамдар туулуп өскөн жерин, анын баа-баркын, сөз жок, өзүнүн күндөлүк турмушу менен байланыштырбай кое алышпайт. Ал эми тестиер жана кенже өспүрүм балдар болсо, анын аки-чүкүсүн сурүштүрүп отуруша алышпайт. Алар үчүн азырынча Ата-журт ал өз айылы, эне сүтүн татып, тоз-тополоң оюн салып чоңойгон өз кыштагы болуп саналат. Баланын өз жерине болгон сүйүүсү чексиз, учу-кыйырсыз кең. Анын себебин бала мүнөзүндөгү курчтуктан, балалык акыйкат сезимдин күчтүүлүгүнөн, андагы жан-туюмдун тазалыгынан деп эсептесек болот. М. Жангазиевдин «Ысык-Көлдүн боюнда», «Аптекабыз Ала-Тоо», «Нарын дарыясы жарык чачып» деген ырларынан ушундай идеялар менен жашаган жаш каармандарды жолуктурабыз.

Ар бир акын Мекен темасына кайрылууну өзүнүн парзы деп эсептейт. Ата-журттун асыл топурагы менен байлыгы, жердин көркү менен адамдардын албан эмгеги, балдардын ага карата сүйүү сезимдерин ого бетер күчөтөт. Кыргыз Ала-Toocy М. Жангазиевдин сүрөттөөсүндө сүрдүү да жарашыктуу да чыгып, буруксуган жыты, келишимдүү өңү-түсү менен кулпуруп көз алдыга тартылат.

Күн батарда Ала-Тоомо карасам
Аскасына алтын чегип каккандай.
Жаздык кылып кебез сымак булутту
Ар бир кыры кучакташып жаткандай.

Муну акын кенже өспүрүм баланын көзү менен көрүп, ошонун туюму менен айтып жатат. Демек, балдар деле ар нерсени өз аты менен атап, кооздуктун законченемин баамдай алат десек болот. Акындын кооз сүрөт тартыш үчүн тандап алган жери да, мезгили менен убактысы конкреттүү, орундуу чыккан. Анткени күн кылкылдап батып бараткан кечки учур жылдын кайсыл мезгилинде болбосун адамдарга кандайдыр бир өзгөчө таасир калтырып, кайталангыс белгилери менен жан-дүйнөнү бийлеп кетет.

Акындын «Географиянын айтканы», «Ботаниканын айтканы» аттуу ырларында балдар поэзиясына мүнөздүү тематикалардан башкачараак бир белгилер бар. Ал да болсо орус балдар поэзиясынын идеялык-тематикалык жактан болгон таасирлери болушу керек деп ойлойбуз. «Кенже

www.bizdin.kg

өспүрүмдөр менен тестиерлер үчүн билим алуу жумушу анчейин бир көрүнүш сыңары туюлуп, алтургай окуу, предметти үйрөнүү процесси кызыктуу жомок окуясындай жагымдуу жан-жыргалына айланып калат экен. Анткени ариптерде («Алиппеде») «жан» пайда болуп «тил» кирет. Жашыруун сырлары жоюлат, окуп үйрөнүп жаткан балдарга өздөрү жардам этип, өбөлгө-дем болушканы да кызык. Ошондон улам М. Жангазиев дагы окуу предметтерин кенже өспүрүмдөр үчүн «кызмат» өтөмөк болот. Атургай, акын табигый илимдердин сыр-төркүнүн териштирип, диалектиканын тилкесине чейин аралатып көрмөк болот. Ошентип, ботаника менен география табигый кооздукту жана жер байлыгын окутуучу предмет катары гана эмес, көптү байкап, көптү билдирүүчү тарбиячы-насаатчынын да кызматын аткара баштайт, тартиби, окуусу начар балдарды сөзгө жыгат, кебете-кешпиринен бери сынга алышат, үлгү көрсөтүшөт, жалкоолуктан алыс болууга үндөшөт. Акын мунун баарын юмор менен шакабаны кыйыштырып, көркөм шарттуулуктун белгилүү рамкасында өнүктүрүп отурат, бирок аны кенже өспүрүм балдардын кабыл алуу жана элестүү жөндөмүнө ылайык реалдуулуктун мүмкүнчүлүгүнөн ашырбайт. Ошондон улам, көркөм чыгарманы окуган окуучулар турмуштук татаал туюнтманы жагымдуу ык менен — образ, элес аркылуу кабылдай алышат. Маселенин дагы бир маанилүү жагы, географиянын кызыктуу баяны менен ботаниканын эвристикалык маеги туулуп өскөн жердин өсүмдүк, гүлдөрү, өмүргө кошкон Ата-журттун берекеси, кооздугу жөнүндө болот. Көркөм чыгарма бу жерде мектептеги сабак процесси сыңары эле функцияны — таанытуучу жана тарбиялоочу касиеттерди аткарып калат, акындын ырлары мына ошол сапаттары менен да баалуу.

М. Жангазиев балдардын эл аралык тилектештик, балдардын өз ара достук сезимин иликтеген бир катар ырларды жаратат. Интернационалдык тема көркөм адабиятты гана эмес, жалпы коомчулукту кызыктырган орчундуу проблема болгондугу талашсыз. Мектепте бул маселе кадимкидей колго алынып, жеткинчек балдар үчүн атайын интернационалдык достуктун клубу түзүлүп, алар өз алдынча далай жумуштарды аткарышат. Демек, мектеп бал-

www.bizdin.kg

дары эртелеп эле адамкерчиликтин мындай жалпы ишине — улуттар аралык достук салтына аралашкан болот. Бул багыттагы көркөм чыгарманын милдети болсо, ошол түптөлүп жөнгө салынып калган жаңы сезимди, турмуштук образды ар тараптан өнүктүрүү болуп саналат. М. Жангазиевдин «Египеттик жаш бала», «Монгол баласы «Кызыл аянтта», «Бардык жерде күтүшөт», «Чар тарабы кубаныч» аттуу ырлары ушул багытта бир топ дурус милдет аткарат. Алардын каармандары ар башка тилде сүйлөшүп, ар башка материкте жашашканы менен, келечекке карата тилек-максаты, балалык канаттуу романтикасы, ой мүдөөсү көп жагынан окшош.

М. Жангазиевдин 70-жылдардын экинчи жарымынан тартып жарык көргөн ырлары тематика жана мазмун жактан көп түркүн. Маселен, балдардын ар кыл турмуш-тиричиликтери ар тараптуу камтылат. «Пионер үйүн курган ким?», «Кыздар саймасы», «Пионер колу», «Көмөктөшүү», «Авиомоделисттер», «Көркөм ийрим», «Сүрөтчүлөр» аттуу ырлары мезгилдин талаптарына — жаш өспүрүмдөрдү болочок турмушка машыктыруу, кесиптик багыт берүү маселелерине арналган, билим менен турмуш практикасынын гармониясын жаратуу аракети жасалган. Бала жетилүү курагында деле келечекте ким болорун жакшы чече албайт, олку-солку, күмөндөрлүк аларды дээрлик бийлеп турат. Болочок кесип тууралуу кеп-кеңешти мугалимдер менен көркөм адабият гана бере алат, чыгарма балага жол көрсөтөт, бул же тигил кесип тууралуу маанилүү сөз айтып берет, сезимин козгойт. Жетилип келаткан балдарга кесип жагынан туура багыт берүү — бул аны кайрадан жаратуу дегенге барабар, болбосо, жаш өспүрүм капыстан жолуккан кесибине өмүр бою өкүттө калып, өзү үчүн деле, коом үчүн деле алгылыктуу иш жасабайт. Жогортодо аталган акындын ырларынан ушундай жыйынтык келип чыгат.

М. Жангазиев 60-жылдардан бери балдар үчүн бир далай поэмаларды жазды, ыр түрүндө повесть жараткан учуру да бар. «Кырчын өмүр» окуучуларга көптөн бери белгилүү десе болот. Чыгарма эпилог менен прологдон жана жыйырмадан ашуун бөлүмдөрдөн турат. Көркөм мазмунда камтылган убакыт чейрек кылымды кучагына алат.

www.bizdin.kg

Аскар баш болгон интернаттын тарбиялануучулары ынтымактуу балдар коллективин уюштурушуп, өздөрүн өздөрү тарбиялооого жарайт. Мекен үчүн кан-жандарын аябоого убада беришип, мурдагы заманда текке кеткен өмүрүн кайрадан жаңыртып түзүүгө үлгүрүшө алышат. Кээ бир окуялар дагы Аскардын аракеттери автордун балалык өмүрүн эсибизге салат. Бирок кеңири көркөм жалпылоого ээ болгон чыйрак баланын образы бу жерде жеке турмуштун биографиялык сүрөттөмөсү катары жыйынтык чыгарууга укук бере койбойт. Аскар ата-энесинен эрте ажырап, турмуштун ысык-суугуна кагылып, бирок жашоо кумарынан кол үзбөй, жер кезип бакыт издеп, учуру келсе өзү малай болуп жүргөн кызыл кулак соодагерге сес көрсөтүүдөн баш тартпаган, чымыр өскөн эрктүү баланын элесин түзүп турат. Жаш өспүрүм байдын коюн таштап, шаарга бой урат да, соодагерге малай болот, чөнтөкчү ууру балдардын тобуна кошулуп көрөт. Бирок бул кырдаалдардын баары тең баладагы жорук-жосундун түзөлүшүнө, оң жолго түшүп, мүнөздүн оң багытта өнүгө башташына таасирин тийгизет. Аскарда адамгерчиликтин акыйкат сезими ойгонот, бул жүрүшүн дурус эмес деп сезе баштайт. Албетте, мунун баары социалдык чөйрөнүн таасири катары да, өспүрүмдөрдүн өзүн-өзү таанып билиши, өзүн-өзү тарбиялоо процессинен улам да келип чыккан табигый өзгөрүүнүн натыйжасы катары сүрөттөлгөн.

70-жылдардын баш чендеринде «Бала — менин өмүрүм» деген поэмасы жарык көрөт. Поэмадагы камтылган ойду жеке гана учур талабынын маселесине чектеп коюуга болбойт. Анда кадыресе бай мазмун, этикалык философиялык чоң баян, адам рухани менен адептүүлүк проблемасы бар. Чыгарманын көркөм таануу объектисинде бала — перзент, бала — мурас, бала — адам деген өңдүү түбөлүк маселелердин таржымалы камтылган.

Поэмадагы дагы бир сюжеттик линия бала менен ата-эненин байланышы жөнүндөгү проблемага барып кошулат. Ырыс-таалайым ар намысым деп отурушкан жалгыз баласынын убайын көрүүгө үлгүрбөй же эрезеге жеткирип, турмуш жолуна узата албай жарык дүйнө менен коштошуп бараткан эне баласынын алдында дагы эле өзүн карыз сыяктуу сезет. Көрсө, ата-эненин жашай албаган өмүрү

www.bizdin.kg

баласында калат тура, эч нерсе изи жок жоголбойт тура, адамзат турмушу ошондой ата салты укумдан тукумга уланат, өлбөй калыш үчүн даанышман болуу зарыл эмес, адам болуу парз — поэмадан ушундай идеялык-көркөмдүк жыйынтык чыгат.

Акын М. Жангазиев эң кичинекей балдардын кыялтабитине кабылдоо-түшүнүгүнө ылайык жомок мотивиндеги поэмаларын да жазды. Алардын ичинде «Жомогума кулак сал» «Кумурсканын жомогу», «Өгүз», «Бакыт кушу» аттуу чыгармалар байыркы уламыш-легендалардын сюжеттик негизинде жазылган. Алардагы миң кубулуп, жоктон барды, бардан жокту жараткан апыртмалуу көркөм сюжет менен гиперболанын күчү аркылуу кыймылга келген жандуу образдар кичинекей окурмандарды кайдыгер калтырбайт. Балдардын көз алдына макулуктар дүйнөсү өз көшөгөсүн ачкандай болот. Ийнелик менен чиркей күч сынашат, коңуз эмгектен колу бошобой; өз «турмушу» менен алек... Иши кылып, кээде адам кейпин кийинип, кээде ыпыр-сыпыр өз дүйнөлөрүнөн арыла албай, мүшкүлдүн жолун тартышат. Жангазиев жомокторун эки нукта, биринчиден, макулуктардын өз мүшкүлүн, алардын жашоо жана көбөйүү жагдайындагы тиричилигин баян кылат. Наристе балдардын таанып-билүү ынтызарлыгы үчүн бул маселенин жөнү өзүнчө. Бөбөктөргө жан-жаныбарлардын «жоруктарындагы» каймана мааниси эмес, алар үчүн макулуктардын өз дүйнөсү кызык.

Жомоктордун ичинен кичинекей балдар үчүн жаныбарлар дүйнөсү тууралуу, өзгөчө майда макулуктар, алардын тиричилик мүшкүлү тууралуу жомоктор аябай зарыл экенин немец фольклорунун устаттары бир тууган Гриммдер учурунда туура белгилешкен. Чындыгында каймана мазмундуу жомоктор кенже класстын балдары менен тестиерлерге жагымдуу таасир берет. Алар бөбөк курагында тике (каймана эмес) маанилүү жөө жомоктордон эң бай информацияларды алышкан болот, таанып-билүү жөндөмү кадыресе түптөлүп калат. Мына ошол баланын негизинде жөө жомоктогу каймана маңыздагы балдар натуралдуу формада эмес, образ-символ катары кабыл алышат, аңдапбилүүнүн өсүшү ошентип башталат. Мисалы, айланачөйрөсүнө тегиз таанылып кадыр тапкан кумурска улгай-

www.bizdin.kg

ган кезде балалуу болуп той берет. Макулук жаныбарлардын бардыгы союшу менен белектерин белендеп, кадырман «көсөмдүн» үйүнө келишет. Шаан-шөкөттүү оюн-зооктун кумары менен ырахатына баткандары андан көп. Кайсы бирлери курманга чалынып жарык дүйнө менен коштошууда, бул окуяны тирмейип угуп же окуп отурган балдар ким адилет, ким карөзгөй экенин ачык туят, зордукчулар менен байкуштарга өздөрүнө ылайык-бааларын беришет, жомоктун тарбиялык маңызы ошондо турат.

Повесттин идеялык мотивинен чыгып келүүчү жыйынтык бул. Үй-бүлө — бала телчигип жетилүүчү, ак караны ажыратып, акыл-эсин түптөөчү эң биринчи коомдук институт болуп эсептелет. Дал ушул жерден ал биринчи жолу социалдык сабак алат. Жекече жана коомдук карама-каршылыктарга да ушул жерден кабылат, чөйрөгө болгон ыраазылык сезим-туюмдары да ушул жерден түптөлөт. Жаман тарбияланган бала жөн кала бербейт. Ал чоңойгондо: ошол кезде силер эмне кылып жүрдүңөр эле деген доомат коет. Повесттеги башкарма Керимбек менен анын кенже өспүрүм уулу Даниярдын жоруктары буга далил боло алат. Бала өзүнүн атаандаштары Назарбек менен Ормокойдон артта калат. Керимбек Даниярдын жарамсыз жоруктары үчүн педагогикалык коллективди күнөөлүү деп билет, ал эле эмес кээ бир айыпсыз мугалимдерди опузалоого чейин барат, ошентип, баласынын билимин оң баалатууну самайт. Мындай көрүнүштөр чыгарма камтыган 50-жылдары тургай, бүгүнкү күнү да кездешип жүрөт. Демек, повесттин көтөргөн маселеси азыр деле актуалдуулугун жоготкон жок.

Кенже өспүрүм Назарбек менен Ормокойдо билим үчүн болгон атаандашуу чыныгы ар-намыска айланат. Коомдук тапшырмалар менен спорттук машыгуулар аркылуу алар өздөрүн чымыр денелүү, эрктүү, эмгекке жана Ата-журтту коргоого жарамдуу граждандардан болуп өсүүгө аракеттенишет. Ак ниеттүүлүк, адамгерчилик алардын убадасы менен окуучулук жүзүн аныктап турат. Жазуучу К. Эшмамбетов учурунда авторго орундуу айыптарды койгон. Ал повесттеги көркөм сюжет борпоң, тили жарды деп жазган. М. Жангазиев белгиленген кемчиликтерди четтетүүгө кийинки кездерде бир кыйла күч жумшап, дурус иш аткарды.

www.bizdin.kg

М. Жангазиев ар кыл курактагы балдарга арнап бир далай прозалык чыгармаларды берди. Алардын ичинен басымдуусу повесть жанры болду. «Ажырагыс достор» (1953), «Назарбектин классташтары» (1954), «Жаңы жолдош» (1956), «Жети жылдыктын жеткинчектери» (1963), «Көгүлтүр Ысык-Көл» (1965), «Тилектештер» (1966), «Дагы кол чабылды» (1968) повесттери учурунда кыргыз балдар адабиятындагы көзгө толумдуу чыгармалардан болду. Автор анда дээрлик учурдун актуалдуу маселелерине кайрылып, балдарыбыздын башкы мүдөөсүн, кызыгуу чөйрөсүн, келечекке умтулууларын, окуу жана коомдук пайдалуу эмгекти, ошондой эле, алардын жан дүйнөсүнүн күзгүсү оюн-шоокторун, алардын маани, жайын иликтөөнү ниеттенген.

Маселен, «Ажырагыс достордо» кенже өспүрүм Акылбек менен Сашанын образдары ачылат.

Окуя алыскы жайлоодо өтөт. Муну автор белгилүү өлчөмдө орду менен мотивировкалай алат. Акылбек менен Саша жайлоодогу малчылар арасында өз ыктыярлары менен колдон келишинче пайдалуу эмгек жасашат. Сырттан баамдап караганда, алар колхозчу дыйкандардын арасында «маданий революция» жасап жибергендей туюлушу ыктымал, бирок алардын баары тең өз өлчөмүндө, кенже өспүрүмдөрдүн кыял-жоругунан, түшүнүгүнөн анча ашырылбай сүрөттөлөт. Бул шаардык эки баланын кыштак балдарына караганда бир кыйла тыңсынышып, билермандык көрсөтүшүн өөн санабасак деле болот, аны биз ошол курактагы балдарга мүнөздүү психологиянын туундусу иретинде баалашка негиз бар. Андан тышкары автордун каармандары көптү окушуп, көптү билүүгө ынтызар өспүрүмдөр эле, экөө тең мектептеги «Жаңылык» кружогуна катышып, өздүк чыгармачылык жагдайынан бир кыйла такшалып калышкан балдар болчу. Өз учурунда автордун калемдештери Я. Земляк, Т. Абдымомунов жана Ш. Бейшеналиевдер «Ажырагыс досторду» учкай сынга алышкан. Маселен, Я. Земляк болсо, бул чыгармадан «конфликтисиздик теориясынын» изин көргөн.

«Назарбектин классташтары» повестинде көркөм сюжет курաштыруу, образ жасоо, окуялар менен конфликттерди уюштуруу жагдайларынан автор «Ажырагыс дос-

www.bizdin.kg

торго» караганда бир баскыч болсо да жогорулаган. Мында үй-бүлө менен коомдук тарбиянын биримдиги, окуу жана эмгектин гармониясын таба билүү жагдайындагы мугалимдер менен ата-энелерге жүктөлүүчү милдеттер менен үй-бүлө педагогикасынын принциптери ачык-даана иликтөөгө алынып, тарбиячы менен тарбиялануучунун ортосунан келип чыгуучу айрым объективдүү жана субъективдүү мүнөздөгү конфликттер да орундуу сүрөттөлгөн.

«Жаңы жолдош» повести автордун прозалык чыгармаларынын ичинен ирдүүсү десе болот. Мында мектеп балдарынын бирине-бири окшобогон купулга толорлук көркөм образдары тартылат. Көтөрүлгөн проблема бизге мурдатан тааныш маселелердин эле бири. Өспүрүм балдарды тарбиялоодогу байланышкан кээ бир кыйынчылыктар, тагыраак айтканда, өткөөл куракта кезигүүчү эгоцентризм, ээн баштык, көктүк, анчейин түптөлүп жетилбеген өспүрүмдүн мүнөзүндөгү жармач сапаттарды жоюудагы педагогикалык коллективдин иш-аракеттери сүрөттөлөт.

Повестте кенже өспүрүм балдардын карама-каршы образдары түзүлгөн. Башкы каарман Андаш ээнбаш жоруктары менен жаңыдан тапкан жолдошторунан айырмаланып көрүнгүсү келет. Ал бирге окуп, бирге турган жолдошторунан бөлүнүп, кекирейип менменсинип кетет. Атасы агроном Төлөш аке жаңы айылга кызмат которуп келгенине байланыштуу баласы Андаш ошол жердеги мектептен окуп калган. Бирок Аскар менен Садыралы канчалык пионердик салтты бекем тутушуп, канчалык имерилип, көңүл бөлүшсө да, аларды таназар албай, бой салгысы келбейт. Эби жок эрке өсүп, Ардакбай атыккан Андаштын жоруктары оңойчулук менен ийге келчүдөй эмес. Анын терс кыялы айрыкча кыз балдарга жасаган мамилесинде ачык көрүнөт. Жаңыдан кошулган класстын кыздарынан ийменүүнүн ордуна чыкчырылып одоно сүйлөп, аларды шылдыңдоодон да тартынбайт. Кенже класстын окуучусу, карындашы Зуурага күн көрсөтпөйт, ата-эненин жок учурунан пайдаланып, ага кысым жасап, жүдөтүп жибергени да өзүнүн жаңы жолдошторуна маалым болот. Эскертүү жасаган классташы Ысакка муш көтөрүүгө чейин барат. Акыры ата-эне, коомчулук жана мектеп жетекчилеринин бул ээн баш өспүрүм Андашка карата болгон бирдиктүү

www.bizdin.kg

таланттарынын күчөтүлүшү менен гана андагы менменсинген демөөрдүн мизи кайтарылып, оң жолго түшөт. Баланы көз жаздымда калтырбай, күндөлүк жашоо тиричилигин мазмундуу уюштуруп, аны туура жолго салуу ар бир үй-бүлөнүн, коомдук тарбия мекемелеринин ыйык милдети экени — «Жаңы жолдош» повестинин башкы идеясы десек болот.

Чыгарманын мазмунунан чыгып келүүчү дагы бир ой түйүнү мына мында турат. Өспүрүм балдар жетилүү жана калыптануу учурунда жеңил-желпи романтикага жеңдирип жиберишет. Ушундай кыялдагы балдар башкаларды алдына салууну каалабайт, озуп бараткан өз жолдошторун деле ачыктан-ачык күнөөлөйт, бүтүндөй жаңылыктын автору өзүм болсом деп самайт. Байкап караган окурманга мунун өзү тике мааниде да, кыйыр мааниде да жаман сапат эместей туюлат. Бирок анын баары өзүмчүлдүккө ооп кетсе зыяндуу көрүнүш. Коллективдин таасирдүү күчү. Андашты мына ошол опурталдуу жолдон сактап кала алды, көркөм чыгарманын тарбиялык касиети да ошондо болуу керек.

Тестиерлер менен өспүрүмдөр үчүн күн сайын аралашып бирге жүргөн чоң адамдардын акыл-насааты, көп учурда көнүмүш гана бир нерседей сезилет, алар чыныгы үлгү боло турган идеалды көркөм чыгарма менен киноленталардан издешет. Демек, Андашка окшогон терс кыял, ээн баш курбуларынын оң жолго салынышы жалпы окурман балдар үчүн колдоого аларлык өзүнчө бир үлгүнүн кызматын аткарат.

www.bizdin.kg

## АБДУМОМУНОВ ТОКТОБОЛОТ

*(1922—1992)*

Т. Абдумомунов бүткүл өмүрүн драматургияга, театрга арнаган адам болчу. Кыргыз Академиялык драма театрынын анын ысмын алып жүрүшү толук мыйзам ченемдүү.

1944-жылы алгачкы комедиясы «Борбаш» коюлгандан тарта, анын аты драматург катары эл оозуна кирип, өмүр бою Т. Абдумомунов бул жанрдан такыр баш тартка жок. Элге өтө жакын жана түшүнүктүү драмалык текте ага чейин К. Жантөшев, К. Маликов, Р. Шүкүрбеков сыяктуу лөктөр эмгектенип келишкен. Ал ветерандар драматургияны жанр катары түптөсө, орто муундан Т. Абдумомунов, Б. Жакиев, М. Байжиев баштаган 60-жылдарда адабиятка келген кичи муундун өкүлдөрү аны калыптандырууга чоң салым кошушту. Булар драматургияга күчтүү психологизмди алып келишти.

Т. Абдумомуновдун чыгармачылыгындагы бурулуш этап «Атабектин кызынан» башталып, «Абийир кечирбейт», «Ашырбайлар» менен толук кульминациялык чегине жетти. Автордун ийгилиги каармандардын турмуштагыдай карама-каршылыктуу, татаал образдарын жаратып бергендигинде. Мына ошол себептүү 1967-жылы ал кыргыз адабиятынын тарыхында биринчи болуп «Атабектин кызы», «Сүйүү жана үмүт» сыяктуу пьесалары үчүн Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын ээси деген ардактуу наамга арзыды.

Театр изилдөөчү С. Асанбеков Т. Абдумомуновго арнаган «Арбагыңызга тооп кылабыз» деген эскерүү макаласында жазуучу катуу ооруп калган мезгилде ага жиберген катынан бир-эки үзүндү келтириптир. Ал сөздөрдүн мааниси абдан терең — бүгүнкү күндүн проблемалары ме-

www.bizdin.kg

нен үн алышып турат. Анда мындай делет: «Бизде али да болсо кемчиликтер көп. Көп чыгармалар өз деңгээлине жете албай, итий бойдон калып жатат. Чыныгы драмага толгон укмуштуудай сонун турмушубузду жетээр жерине жеткирип, чагылдыра албай жатабыз». Бул сөздө өзүн да, өзгө калемдештерин да катуу сынга алып, алар коом алдындагы милдетин жакшы өтөй албай жаткандыгы белгиленген. «Драматизмге толгон турмушту жетээр жерине жеткире жаза албай жатабыз» дегени кайра куруу башталган мезгилге дал келет. Ырас эле, 90-жылдардын башында коом турмушунда бир башкача кыймыл башталган. Ошол убакта өкмөттүк жетекчилик СССРдин экономикасында, башкаруу системасында орун алган сенектиктин кээ бир элементтерин жоюп, турмуштун бардык тарабында демократиялык принциптерди орнотууга киришет. Бул демилге жакшы эле башталган, бирок «чылпагын алам деп, көзүн чукуп салганга» окшоду — М. Горбачев СССРди таратып жиберип, жолго түштү. Советтик коомдун турмушунда бул окуя чоң трагедиялык жыйынтыктарга алып келди. Мурдагы союздук республикалар өз алдынча мамлекеттүүлүккө ээ болуп, ар кимиси өз казанында кайнай баштады. Башта союздук республикалар биринде жокту экинчиси берип, кандай кыйынчылыктар болсо да чыгып кетишчү. Кийин алардын ар бирин суверендүү мамлекетке айланып, чек араларын бекемдеп, бажы постторун коюп, туюкталып алышты. Дүйнөдөгү күчтүү мамлекеттерге ушул эле керек болуп турган. Алар экономикасы начарыраак өлкөлөргө жардам беримиш болуп, акыр аягында аларды толук көз каранды абалга алып келишти.

Мына ошентип, коомдук система кыйроо менен бирге көпчүлүк СНГ өлкөлөрүндө экономикалык кризис башталды. Ал эми мунун өзү маданиятка да күчтүү таасирин тийгизди. Буга кыргыздын театралдык искусствосу мүнөздүү мисал болуп бере алат.

Азыр, 2001-жылы, же XXI кылымдын башталышында театрларга эл барбай, залдар каңгырап бош калды. Баягы аншлаг болуп турган мезгилдер кайда?! Мунун түрдүү себептери бар. Биринчиден, экономика кыйрады, элдин көбү кызматсыз, эптеп жан багып жүрүшөт. Театрга кымбат баадагы билетти сатып алып киргенге чамалары жок.

www.bizdin.kg

Аз айлык алгандар киргиси келсе да, кире албайт. Ал эми капиталист-фабрикат же ири фирма башчылары театрды көрөйүн деген көзү жок. Алар битин сыгып, канын жалап, кантип дагы байыйм деп күнү-түнү чуркап, азап чегип жүрүшөт. Экинчиден, мурдагыдай пьесага акча (гонорар) төлөнбөйт. Ошол себептүү жазгандар аз, бирин-экин коюлгандары эл барбаган соң сахнадан тез эле түшүп калып жатат. Үчүнчүдөн, совет өкмөтү кулагандан кийин классика жарала элек. Драматургдар эмнени жазаарын билбей, эки анжы болуп, делдиреп калышты. Мурдагы хандарды, бектерди, падыша өкмөтүнө кызмат кылган адамдарды мактап-жактап жазып көрүштү, бирок мындан да чеке жылыган жок.

Т. Абдумомунов ушундай ыдыроо же кыйроо мезгилинин баш ченин көрүп, келечегибиз эмне болоор экен деп кооптонгон көрүнөт. «Театр улам барган сайын чөгүп баратат. Муну ал бойдон калтырууга болбойт. Аны шашылыш түрдө оң жолго салып, оңдоо керек» дейт ал. Токобуз анын атын алып жүргөн театрдын бүгүнкү абалын көрсө ыйламак. Анын «шашылыш оңдоо керек» деген азыр эч кимдин колунан келбес жагына ооп кетти. Театрга эл өзү келбей, ага көрөрмандарды кыйнап, мекеме аркылуу билет саттырган эмне деген күн?! Азыр совет доорундагыдай пьесасын өткөрүп, курсагы тоюп, марып калчу мезгил эмес. Театр драматургдан эчтеме сатып ала албайт, анткени ал иштебеген соң өзүн актабайт. Кыргыз айткандай «этиң эмес, табагыңды таап ал» деген ахывалдабыз.

«Өлүм кимди коркутпайт» деген накыл сөз бар эмеспи. Корксо да кой өлөт, коркпосо да кой өлөт. Ал эми өлбөстүккө бир гана жол бар экен. А. Токомбаев айткандай, «өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин!». Т. Абдумомунов ушул философияны мурдараак эле жакшы түшүнсө керек. Ал эми кара ниет айыкпас оору аны кекиртектен алып, муунта баштаганда ал ой ого бетер бекемделген окшойт. Драматург буга чейин жазгандарын кайра карап, иреттеп, айрымдарын редакциялап оңдоп, көзү өткөндөн кийин жарыкка чыга турган эки томдугуна киргизген экен.

С. Асанбеков жогоруда эскерилген макаласында Т. Абдумомуновдун дагы бир сөзүн келтириптир: «Театр бирин-экин кишинин духундагы оюнчук эмес... Ал элге гана та-

www.bizdin.kg

андык». Бул сөздү Ленин дагы айткандыгын жогоруда эскердик эле. Мына, эми совет доорундагы ошондой «өз тамырларын элдин калың катмарларына жайган» театр азыр элден алыстап баратат. Анын себептери жогоруда белгиленди.

Т. Абдумомунов С. Асанбековго жазган катта дагы бир маанилүү маселени козгоптур. Ал жазуучунун социализмге, Ленинге берген баасы мындай: «Улуу Лениндин партиясы биздин элибизге түбөлүктүү баа жеткис белек, рухий дүйнөбүздүн желбиреген тууларынын бири! Биз аны менен сыймыктанып келгенбиз, азыр да сыймыктанабыз». Көрдүңүзбү, бу киши «бөрк ал десе, баш кескен» биздин кайсы бир солчул оппозиционерлерге окшоп, Ленинди фанатик деп жамандаган жок, кайра ага «айланайын» деп жалынып, сыйынып жатпайбы. Анысы да чын! Ырас эле, Октябрь революциясы, Ленин болбосо кыргыз эли ушунчалык абалга — өзүнчө мамлекеттүүлүккө, профессионалдуу адабиятка, бийик маданиятка, анын ичинде Улуттук Академиялык театрга ээ болот беле же жок беле, аны бир кудайдын өзү билет. Жакында философ Т. Аскаровдун С. Эралиевге арналган «Образдуу ой жүгүртүүнүн чексиздиги» аттуу китебинен бир жакшы сөз окуп, кубанып калдык. Ал киши адабиятчы К. Артыкбаевдин туура позициясын колдоп, анын төмөнкү сөздөрүн келтириптир: «Кээ бир кыргыз адабиятчылары өздөрүнүн макалаларында Октябрь революциясына, Ленинге, Коммунисттик партияга, курулушка байланыштуу жаралган чыгармаларды идеологиялык саясаттын кысымы менен жаралган чыгармалар катары эч негизсиз эле айыптап, аларды биротоло адабият тарыхынан алып ыргытып жиберүү аракеттерин иштешип, а түгүл орто мектептердин окуу программаларына киргизбей коюуга чейин үлгүрүп отурушат. Совет доорундагы элибиз басып өткөн тарыхты өрттөп жок кылууга мүмкүн эмес, кийинки муундар ошол бир кылымга жакын тарыхты кандай болсо ошондой (эч кандай апыртпай, кемитпей, бурмалабай, жымсалдабай, чындык кандай болсо, так ошондой калыбында) үйрөнүп, ал тарыхтын жакшы жагын да, жаман жагын да так билүүлөрү тийиш... Ушул көз караштан алып караганда, «Октябрдын келген кези», «Кандай аял тууду экен, Лениндей уул-

www.bizdin.kg

ду», «Ленин жолу» сыяктуу чыгармаларды А. Токомбаевдин, Токтогулдун, Ж. Турусбековдун чыгармачылыгынан бөлүп салып, жокко чыгарууга эч мүмкүн эмес. Буга кошумча айтаарым адабий чыгармалар дайыма саясаттан тышкары негизде жаралыш керек деген авторлор бардык жагынан терең жаңылышат». (1.102).

Ушул маселеге байланыштуу биз да бир нерсени эскерте кеткибиз келет. Жогоруда аталган акындар Ленинге арнап чыгарма жазышса, алардын мойнуна эч ким кылыч такап турган эмес. Бул алардын жүрөк сыры, жан-дүйнөсүнүн көрсөткүчү. Мисалы, Токтогул Октябрга чейин бүркүтчү Мамырды, же тегирменчи Жанаалыны мактап ырдаса, бул анын өзүнүн жеке иши б. а. ошол кишилер Токтогулга жаккан. Ал эми Ленинге келгенде эмне үчүн акын оозун басып туруп калыш керек. 1918-жылы Кетмен-Төбөдө большевиктик комиссардын алдында отуруп Токтогул бир топ ырдаганын Болот Жыртаков деген адам көргөн экен. Эсимде калганы ушул деп, ошол ырдын китепке чыгып жүргөн саптарын айтып бериптир. Анан эмне үчүн бул ыр бүгүн Токтогулдуку эмес болуп жатат? Программа түзүүчүлөрдүн сөзүнө караганда, аталган ырды Ж. Бөкөнбаев өзү эле жазып, анан анын жыйнагына киргизип койгонун өзүм көргөм деп бир адам айткан имиш. Эгерде Токтогул ырдаган Ленин жөнүндөгү чыгарманын Б. Жыртаков айтып берген изи болбосо, Жоомарт аны кайдан тапмак? Же жазма акындын калем сабы бир аз жерине тийсе тийип кеткендир, ал анча күнөө деле эмес.

Мына ошентип, совет өкмөтүн, коммунисттик партияны жактагандар азыр эл арасында бир топ арбын. Андай кишилер окумуштуулар чөйрөсүндө да кездешет. Булардын тигил оппозициячыларга кое турган каршы аргументтери бар. Ал эми «солчулдар» компартиясы «кызыл камчы» деп жамандаган кезде 1937-жылды жана согуштан кийинки идеологиялык оош-кыйыштарды бетине кармашат. Бирок ушул фактылар менен биз СССР жашап турган мезгилдеги бүткүл бир тарыхый доордун жетишкендиктерин кантип тепсеп сала алабыз.

Т. Абдумомунов көзү тирүү кезинде «солчулдардыкындай» бир тенденция башталганын байкап калган. Ошол себептүү Ленин жана Компартия тууралуу жогоруда кел-

www.bizdin.kg

тирген сөздөрүн айтып жатат. Анын кыраакылыгы чын болуп чыкты. Өзүнүн калемдеш, ага жакын жүргөн кээ бир достору социализмди тез эле сатып кетишти. Токоңдун алардын азыр айтып жаткан сөздөрүн укпай, билбей калганы да жакшы болду. Антсе өз ишениминде бек турган адамдын жаны бир топ кейимек.

Токтоболот Абдумомунов башында айтылгандай, накта элдик жазуучу. Өлөр алдында да «искусство элге таандык, ал элдики» деп какшап кеткен экен.

* * *

Ар бир мыкты жазуучу өзүнчө бир кең дүйнө. Анын кучагында канчалык арымдуу чабак урса, өз эрки. Ошол сыңары Т. Абдумомунов да реализмдин чалкар бийиктигин көздөй чабыттап учуп, драматургиялык мыкты чыгармаларды жана психологиялык жагынан татаал көркөм образдарды жаратты. Айрыкча «Атабектин кызы», «Абиир кечирбейт» пьесалары менен ал мурдагы кезде жолуга калуучу схематизмдин айрым бир элементтеринен толук бошонуп, реализмдин жаңы бийиктигине көтөрүлүп чыкты. Булар туурасында өз мезгилинде сын-макалалар жазылып, мактоо сөздөр «История киргизской советской литературы» (Москва, 1970), «Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын» (Фрунзе, 1989, 1990) эки томдугу сыяктуу капиталдык эмгектерде да айтылды.

М. Борбугулов кыргыз драматургиясынын өсүш жолу тууралуу кандидаттык диссертация жазып, аны 50-жылдардын 2-жарымында коргогон. Кийин ошол эле проблеманын үстүндө иштеп, доктор болгон көрүнүктүү окумуштуулардын бири. Ошол кийинки эмгегинде Т. Абдумомуновдун чыгармачылыгына негизинен объективдүү баа берет, бирок мезгил шартына байланыштуу кээ бир калпыс айтылып калган пикирлер да кездешет. Ал кыргыз адабиятына орус жана совет классикасынын таасири жөнүндөгү маселеге байланыштуу.

Традиция жана жаңычылык улуттук көркөм маданиятыбыздын өнүгүп-өсүшүндөгү өзөктүү проблемаларынын бири. Ошондуктан биз азыр бир аз «лирикалык чегинүү» жасап, сөздү алысыраактан баштап, анан өз темабызга келсек, оюбуз логикалуу чыгат го деп ойлойбуз.

www.bizdin.kg

Ырас, орус классикасы совет доорунда жаралган жаңы жаш адабияттардын өнүгүшү үчүн чоң роль ойноду. Ал тууралуу жазылып келген, азыр да уланып жатат. Бир гана мүнөздүү мисал айталык: «Сиз кимдерди өз окуутуучуңуз деп атаар элеңиз?» деген суроого Чыңгыз Айтматов мындайча жооп берет: «Кимдир бирөөнү атайын болуп көрсөтүү кыйын: сыягы Толстой да, Чехов да, Достоевский да жана батыш классиктери да жалпы бир тажрыйбага биригип кетүүгө мезгил жетти окшойт. Ошон үчүн мен классиктерге күн сыяктуу карайм. Ал ай-ааламга жарык чачат. (Мен үчүн Томас Манн да, Шекспир да, Достоевский да бирдей күн). Ал эми анын нуру мага кандайча жетип жаткандыгы анчалык маанилүү маселе эмес». (1.1).

Бул кашкайган чындык, бирок таасир маселесинде өтө эле аша чаап кеткен жагдайлар да бар. Өзгөчө 50-жылдардын 1-жарымында улуттун кандайдыр бир жазуучусун орустун кайсы бир классигине темалары бир аз окшоп калса эле «үйрөнүүгө» чыгарган мисалдар көп болгон. Мына ошондой тенденцияга каршы чыгып, Т. Сыдыкбеков «Кең-Суу» романын жазып жаткан кезде, мага биринчи жардам берген менин турмушта, айрыкча өз айлымдан көргөн адамдарым болду деп, «Жол» аттуу мемуардык романында атайлап жазып чыкты. Ал эми ага чейин кыргыз жазуучусуна аталган романды жаратууда М. Шолоховдун «Көтөрүлгөн дыңы» белгилүү «стимул» берген деген пикир таралып кеткендигин окурмандар журтчулугу жакшы билишет. (2.1.).

Ушул сыяктуу «окшоштуулар» бүткүл Советтер Союзу боюнча көбөйүп, өзүнчө бир ооруга айланып баратканын сезген ленинграддык окумуштуу ал тенденцияга каршы чыгат, анткени болгон болбогон жерден эле «таасир» дей берсек, улуттук жазуучунун беделине доо кетет, анын өзгөчөлүгү жоюлат. Мындай учурда «кичүүлөр улууларга, ал эми улуулар болсо бири-бирине окшош болуп чыга келет». (3.1.).

Мурдагы кезде жазуучуларды бири-бирине негизсиз жармаштыруу ооруусунан эми айыктык го деп жүрсөк, андай мисалдар кийин да кез-кез чыга калып жатканына таңыбыз бар. «Повесть об иноходце Гульсары почти что в

www.bizdin.kg

точности воспроизводит сюжетную и поэтическую основу «Холстомера»: тот же психологический параллелизм, те же перипетии — детство (здесь, правда, ощущается и влияние Куприна, когда айтматовский жеребчик Гулсары бежит вдогонку за купринским солнцем через луг, как изумруд по полю, мать (она уже больно кусается за холку), любовь и разочарование в любви, безжалостное выхолащивание, и, наконец, кончина коня: за ней должна последовать и смерть хозяина». (4.1.). ошентип, В. Левченконун пикирине Ч. Айтматов Толстойдун чыгармаларынан «бүткүл сюжеттик жана поэтикалык негиздерин тапатак кайрадан кайталайт» экен. Суроо туулат, Айтматов Гүлсарыны Толстойдон уурдап алып жаздыбы же ошондой күлүк жоргону турмуштан көрдү бекен? Мында, биздин оюбузча, биринчи булак турмушка таандык. Жазуучу Гүлсарынын өз айылынан көргөн экен. Ал эми ошого окшош аттын бычылып калыш мисалы орус жазуучуларында бар болсо, кандай айла кылабыз! Андай окшош сюжеттер, же турмуш жагдайлар толуп жатпайбы! Алсак, Айтматовдун Акбарасы менен Ташчайнарына чейин М. Ауэзовдун «Көк сереги» жазылбадыбы беле? Же, орус жазуучусу Павленко менен кыргыз К. Баялинов «Бакыт» аттуу чыгармаларын бир мезгилде жазып (1979), башкы каарман катары согушта бир бутунан ажыраган жигиттерди алышпадыбы?! Тизмени уланта турган болсок, мындай фактылар дагы да табылат. Алсак, ошол эле В. Левченко келтирген экинчи мисалды карап көрөлүк: «Но если вспомнить случай спасительной метаморфозы, необходимой для передвижения в пределах сказки, то следует заметить, что Колумбом русской литературы Пушкиным — давным-давно открыта та Америка, которую пытается открыть Чингиз Айтматов». Бул жерде жомокту шарттуулук катары пайдалануу ыкмасын Пушкин ачпадыбы беле, эми Айтматовго эмне калды деген таңгалуу турат. Ал эми чынында бул маселеде ага көп эле жаңылык ачууга туура келиптир.

Лирикалык чегинүүнү ушуну менен кыскартып, эми Абдумомунов менен Борбугуловго келелик. Хронологиясы боюнча анын «Жангечтинин жазаланышы жана Жыпаргүлдүн тагдыры» аттуу макаласы 1963-жылы

www.bizdin.kg

жазылыптыр. Мында автор драматургдун «Атабектин кызы» аттуу пьесасында кең-кесири анализ бериптир. Биз сынчынын оң маанидеги пикирлерин адегенде келтирип, андан соң терс ойлоруна карата өз көз карашыбызды билдирип көрөлүк. «Т. Абдумомунов Жыпаргүл аркылуу турмуш жолуна жаңы гана түшкөн, башы быша элек, бирок адамгерчиликтүү, туруктуу, бүткүл жүрөгү менен сүйө билген кыздын өз кадыр-баркы, намысы үчүн болгон күрөшүн көрсөтөт». «Художник турмуштун жаңы жактарына көз жүгүртүп, анын бардык татаал жактарын ар түрдүү оттенкалары менен көрсөткөн» «Т. Абдумомуновдун геройлору схемадан алыс. Алар жөнүндө тирүү адамдар катарында айтууга болот». «Садыркул абстрактуу жаманчылыктын алып жүрүүчү эмес, же шарттуу фигура эмес, жандуу мүнөз». «Драматург анын мещандык эгоизмин жана индивидуализмин кооз фразалар менен жашырган зыяндуу адамдын бетин ачат». (6.2.).

«Пьесанын кемчилдиги конфликтисиздик «теориясынын» кесепетинен кутулууга умтулган башка советтик драматургдардын айрым пьесаларына да таандык. Мисалы, «Атабектин кызы» драмалык ситуациясы жагынан андан үч жыл мурун — 1953-жылы жазылган А. Салынскийдин «Коркунучтуу жолдош» пьесасына жакын. Анда Садыркул сыяктуу сыртынан жакшы көрүнгөн, кооз сөздөргө жамынган, керт башынын амандыгы үчүн кыянаттыктан кайра тартпаган эгоист Корчемный менен өз ишине берилген новатор Селиховдун ортосундагы конфликт көрсөтүлөт».

«Корчемныйды сүрөттөөдө Салынский бардык чаралар менен кара боекту коюлткан» деп жазылган «Очерки истории русского советского драматургического театра». Ошол эле жерде: «Автор атайылап арт жагынан барып гана Корчемныйдын бетин ачууну максат кылып койгон» деп жазылгандыгын белгилеп келип, сөздү мындайча улантат: «Атабектин кызынын» кемчилдиги да композициялык түзүлүшүндө. Драматург Садыркулдун пардасын аяк жагында бир гана сыйрып алуу үчүн көпкө чейин бизди даярдап, ошонун натыйжасында экспозиция өтө созулуп кетет». Бул сынга биз мындай аргументтерди каршы койгубуз келет. Биринчиден, Салынскийдин пьесасын-

www.bizdin.kg

дагыга окшогон ситуациянын Абдумомуновдо кездешип калышы күнөө эмес, анткени биз мурда конкреттүү мисалдар менен сындап өткөн «окшоштуулар» сыяктуу эле бул жердеги окшоштук да турмуштун өзүнөн келип чыккан. Эмне, Садыркул өңдүү типтер кыргыздардын чөйрөсүндө азбы? Толуп жатат андайлар. Экинчиден, Садыркулдун бет пардасын чыгарманын аяк жагында барып сыйрылышы композициялык кемчилдик экен, анткени экспозиция эки көшөгөгө (сахнага) чейин созулуп кетиптир. М. Борбугуловго макул болуп, адегенде эле, эч кур дебегенде орто ченинде Садыркулдун бетин ачып алсак, анда «конфликттин» андан аркы тагдыры эмне болот? Драматург башкы каармандын өтө аяр, коркунучтуу адам экендигин туюнтуу үчүн анын бетин жакшылап чүмбөттөгөн. Ал жапылдап, жаш кызды кооз тилге салып алдайт. Сынчы макаласынын бир жеринде «Жыпаргүлдүн тажрыйбасы, турмушка башы быша элек» деп туура эле мүнөздөйт. Ал дагы мындай дейт: «Пьесада бардык персонаждардын жүрүш-турушу, кыймыл-аракети негизинен Садыркулдун бетин ачууга багындырылган. Жыпаргүл да, Асанбек да Садыркулдун курманы». Биз айтаар элек: эгерде Жыпаргүл пассивдүү болбосо, табигый түсүнөн ажырап калмак. Ал адашкан кыз. Көпкө чейин күйөөсүнүн чынысы жүзүн көрө албай келди. Жолдош кызы Асыл досуна «Садыркул жаман киши көрүнөт, абайлап жүрсөңчү» десе, ал анча муюбайт. Кайра күйөөсүн мактаган сөздөрдү айтат. Көчө шыпыргыч Шады Жыпаргүлдүн баелугун сезип, байкуш «ишээнчек бала!» деп, аны аяйт. Садыркулдагы бир өзгөчөлүгү — ал айыл-чарба министерствосунда жооптуу кызматта иштеген неме. М. Борбугуловдун «андай адамдар да кээде анча-мынча талант да, жөндөмдүүлүк да болот жана айрым убактарда кызматынан көрүнүп да калат» деп туура белгилейт. Демек, Садыркул менен күрөшүү оңой эмес. Терс каарман күчтүү болбосо, конфликт да чыңалбайт. Карасак Сакеңдин сырткы келбети да сулуу, кооз сөздүү, энергиясы да күчтүү жигит. Жыпаргүлдүн анын торуна тез илинишине да өйдөкүдөй сапаттары көмөктөшкөн болуу керек.

М. Борбугуловдун пьесага койгон дооматынын жыйынтыгы: «Драматург кээ бир образдарды турмуштун неги-

www.bizdin.kg

зинде эмес, адабияттык реминсценциялардын негизинде жазган». Биз суроого жогор жакта жакшы эле аргументтеп жооп бердик окшойт. Садыркул менен Жыпаргүлдүн кайсыл жери жасалма болуп, китептеги каармандарга (орус жолдошторду туурап) окшошуп жатат болду экен? Биз, адабиятчылар, кайсы бир кезде бирөөлөргө тийишкибиз келгенде, буга окшогон жасалма айыптарды автордун мойнуна иле коймоюбуз бар. Макул, Абдумомуновдун Корозбайын Салынскийдин Корчемныйынын «көчүрмөсү» («двойниги») деп коелу. Ал эми турмушта тигил «доско» окшоп, менден шек санабайт деп былыктарды жасагандар азбы?! Т. Абдумомуновчо айтканда «биздин шорубуз» окшош мүнөздөрдү турмуштан эмес, китептен издегенибизде жатпайбы.

Жыйынтыктап айтканда, эгерде биз М. Борбугуловдун пьесага койгон дооматтары боюнча аны кайра иштей турган болсок, анда таптакыр башка чыгарма жазылмак. Дагы бир жолу макул дейлик, сындагы пикир боюнча Асанбек сахнага эртерээк кирип, Садыркул менен жол талашса, анда ал жеңип кетмек... Ошол себептүү драматург Садыркулдун бет пардасы сыйрылмайынча Асанбекти Жыпаргүлдүн сөзү менен айтканда «жүзү кара» боюнча кармап турганы оң болчу. Өңгө-өңгө, ал эми өзү да драмалык текте иштеп көргөн М. Борбугулов автор бала төрөгөн энеге окшош экенин жакшы билет да! Ал пьеса жазылганга чейин он ойлонуп, ошончо жолу толгонуп, анын композициясын пландаштырып, каармандар аракет кылуучу жайды даярдайт эмеспи. Ар бир адамдын эмне сөз сүйлөп, кайсыл жакка басаарынан бери (б. а. маршруттарын) чектейт эмеспи. Анан эми «отун албаганга от жактырба» дегендей, бүткөн буюмду бүлдүрүп, ал эле, бул эле деш биздин оюбузча, ошол макала жазылган мезгилдеги солкулдаган жаш жигит Мукеңдин өзүнчө бир романтикалык жорукжосуну го деп түшүнөлү десек, кийинчерээк 1970-жылы «Абийир кечирбейт» пьесасына берген баасы деле мурдагыга окшош экен. Ал минтип жазыптыр: «Работая над своими произведениями Т. Абдумомунов опирался на опыт советской драматургии. В его драме можно заметить некоторые приемы сздания характеров, даже сюжетные ходы, заимствованные из произфедений Арбузова, Салынского».

www.bizdin.kg

Мында «көчүрүлүп алынган» («заимствованные») деген сөзгө көңүл буралык. Бул оң маанидеги эмес, терс түшүнүк. Абдумомунов орус совет драматургдарынан үйрөнүп жаткан жок, ал «кээ бир даяр ыкмаларды» өз чыгармасына киргизип жибериптир. Мисалы, мындай дешке эмне негиз болду экен десек, пьесада окуя чыгарманын финалынан башталат тура, б. а. Нурдин түрмөдөн келе жатып, өзүнүн мурдагы турмушу, мындайча айтканда, эмне үчүн кылмыш жасагандыгы туурасында бир карыяга айтып берет. Ушул ыкманы драматург сөзсүз түрдө эле орус жазуучуларынан «кытып» алдыбы? Андай көрүнүштөр кыргыз адабиятында, жомокторунда деле бар. Алсак, А. Токомбаевдин «Күүнүн сыры» аңгемесинин башталышында абышка черткен муңдуу күү жөнүндө сөз болуп, анан барып гана анын тарыхы ачылат. Же башка элдик жомокторду алсак деле ошол ыкма колдонулат. А. Токомбаевдин «Даат» аңгемесинде ашынган уурулар Акыл акеникине кирип келет. Ал тигилерге айтат: «Балдар дүнүйө көп, калаашыңарча аласыңар, ага шашылбагыла, андан көрө мен бир жакшы аңгеме айтып берейин, ошону угуп алып, анан кеткиле» дейт да. «Даат» деген жомокту баштайт. Же К. Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасында да, анын окуясы бир карыя тарабынан баяндалат.

«Абийир кечирбейт» пьесасында дагы кандай «жаңы», б. а. бөлөк жактан ооп келген ыкма бар болду экен? Ооба, бар. Ал Нурдин менен Шайыргүлдүн кайгылуу окуясына себеп болгон белек-портсигар. Мындай ыкма атактуу Шекспирде кездешет эмеспи. «Отеллодо» Дездомананы өлтүрүүгө бир бет аарчы себеп болот. Яго ошону пайдаланып, «сенин аялың бузулуп жүрөт» деп, Отеллону ушакка ууландырып таштайт. Ал ишээнчек байкуш анан ошонун сөзүн чын көрүп, аялын муунтуп өлтүрүп отурбайбы. Ушул тема — ишенчээктик жана ичи тардык мүнөз байыртан бери эле жашап келатат. Шекспир ушул жалпы адамзаттык нравалык проблеманы көтөрүп, анан аялы менен күйөөсүнүн өлүмүнө негиз болгон себептик — натыйжалык трагедиялык ситуацияны ачуу үчүн «бет аарчы» ыкмасын пайдаланган. Т. Абдумомуновдо ушакчы жана ичи тар Нияздын колдонгон куралы — портсигар. Аны Нурдиндин досу Масадыкка Шайыргүл туулган күнүнө карата жазуу жаз-

www.bizdin.kg

дырып, белек кылып бериптир. Чатак ушундан башталат. Белек беришүү салты мурда деле жашап келген, а эми совет доорунда анын формасы өзгөртүлүп кеңири жайылган, турмуштук көрөлгөлөрдүн бири. Аны Т. Абдумомунов Шекспир колдонгондугу үчүн тандап алган жок. Эки чыгармадагы окшош жагдайлар жөн эле кокустук көрүнүш го деп айтканыбыз келип жатат.

Ушул пьесага карата М. Борбугуловдун дагы бир дооматы мындай экен: «Вторая часть пьесы художественно слабее первой. В ней главное внимание уделено судебному «расследованию», а не психологическому исследованию». Бул пикирди биз төмөндөгүчө комментарийлегибиз келет. Ошентип, Нияз Нурдинге Масадыкты аябай жамандап таштагандан кийин ал мүнөзү кызуу кандуурак жигит экен, анын үстүнө досунун Шайыргүлгө карата кайдыгер эместигин да байкап жүргөнбү, аракка — ачууга жеңдирип, аны машинеси менен койдуруп кетет. КПЗда (камера предварительного заключения) жатканда Шайыргүл келсе, аны менен сүйлөшпөй коет. Сотто күнөөсүн мойнуна алат да, кесилип кетет. Мына, эми үч жылдан кийин келип, ал мурдагы болуп өткөн окуяны териштирип, бул иштин күнөөлүсү Нияз экендигин билип, өзүнүн сокурдугун өзү айыптайт, өзүн өз абийиринин алдында соттоп отурат. Демек «соттукуна окшогон териштирүү» («расследование») психологиялык жүк көтөрүп жаткан жокпу? Биздин оюбузча, ошол методдун негизинде Нияздын Нурдинге дос жана тууган эмес, накта жүзү кара экендиги ашкереленилип отурат. Ошондон кийин Нурдин менен Нияз кезигишпейт. Эгерде ошондой сахнаны киргизсе, автор чоң жаңылышмак, традициялуу «схематизмге» барып камалмак. Нияздын бети ачылды, ошол жетиштүү. Андан кийин жамандык-жакшылык жөнүндө мораль окуп отуруунун тыйынча кереги жок.

Эми Шайыргүл ким? М. Борбугулов боюнча «Арбузовдун Танясын эске салат». Демек, ошонун «түгөйү». Бул сөз да биз мурда келтирген мисалдардагыдай эле терс маанидe айтылып жатат. Биздин буга жообубуз дагы дайын. Адам адамга окшошо бербейби. Кыймыл этсе эле минтип шексинип отурганыбыздын жөнү жок. Эгерде биз мындай ыкмага салсак, көп эле чыгармалардан «түгөйлөрдү»

www.bizdin.kg

(«двойниктерди») жетишерлик таба алабыз. Ошентип, Шайыргүл — Таня бир тууган боло берсин, бирок алар мурда бири-бирин билишчү эмес. Биз жыйынтыкты ушундайча символдук мааниде чыгаргыбыз келди.

Жалпысынан алганда М. Борбугулов Т. Абдумомуновдун «Атабектин кызы» менен «Абийир кечирбейт» пьесаларына айрым негизсиз сын бергени менен драматургдун көзгө көрүнүп турган ийгиликтерин тана алган эмес. Аны жалпылаштырып айтканда автор каармандардын ички дүйнөсүн бардык татаалдыгы менен ачып берүүгө аракеттенген. Муну 60-жылдарда толук жоюлуп бүтө элек схематизм, декларативдүүлүк ооруусунан алыстаган. Мына ошонун натыйжасында «Абийир кечирбейт» Москвада жана бир катар шаарларда көрсөтүлүп, 1977-жылы анын 400 жолу коюлган юбилейи майрамдалат. 1967-жылы «Сүйүү жана үмүт» пьесасы менен бирге кыргыз адабиятынын тарыхында биринчи жолу Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болот.

Мына ушул айтылгандардын негизинде Т. Абдумомунов эң чебер реалист-драматург, анын алтын фондусун татыктуу чыгармалары менен байыткан кыргыз улуу муундагы жазуучуларынын эң көрүнүктүүлөрүнүн бири деп айтмакчыбыз.

* *

Драманын илиминде эки түрдүү — кең жана тар — мааниси бар. Биринчисинде ал тек, экинчисинде анын бир жанры. Драманын өзгөчөлүгү анда айыгышкан, элдешкис күрөш жүрөт, курч конфликт орун алат. Мисалы, «Ажал ордуна», «Алтын кыз» пьеса эмес, драма. Бирок биз турмушта терминдерди аралаштырып, чаташтырып колдоно беребиз. Т. Абдумомунов «Сүйүү жана үмүттү» драма деп туура эле атаптыр. Ал эми ага «трагедия» деген терминди кошуп айтып жатканыбыздын жөнү мындай. Токтогулдун өзүнүн басып өткөн жолу, тагдыры трагедиялуу. Ал кырчылдашкан таптык күрөш жүрүп турган доордо жашады. Кетмен-Төбөлүк манаптар менен өзүнүн курч, бетке айткан мүнөзү, чындыкты сүйлөгөн адам катары келише албады. Дыйканбайга манапты мактап ырдаган Арзымат өңдөнүп кызмат кылбай, Сибирге сүргүнгө айдалат.

www.bizdin.kg

Ал жакта 10 жылдан ашык жүрүп, өтө оор жумуштарды жасап, көрбөгөн кордуктарды көрөт. Полцей-надзирательдердин тилин угат, таягын жейт, цынга менен ооруп, күрүчтөй тиштеринен ажырайт. Аябай карыптык кебетеге келет. Ал эми качып келатканда жолдо тарткан азабычы! Үйүнө жетсе, энесинин эки көзү көрбөй, оор абалда эптеп күн өткөрүп жаткан, аялы Тотуя күйөөгө тийип кеткен, Топчубай деген жалгыз баласы көз жумган. Анысы аз келгенсип, экинчи жолу кармалып, 3—4 ай түрмөдө отурат. Кедейликтин азабынан сүйгөнү Алымканды качырып кете албай, аны кайындалган бай жерге узатып жиберишет. Бул чыныгы турмушта өткөн окуялар. Ал эми чыгармада булардан тышкары автордун оюнан чыгарып, кошумчаланган дагы бир нече трагедиялык учурлары бар. Алсак, Керимбайдын токолу Дүрдананын Токтогулга ашык болуп, ошонун кесепетинен таяк жеп өлүшү. Барат деген ырчынын алдамчылыктын курманы болуп, кийин эки жүздүүлүк менен жашоодон тажап бүтүп Бактыярды жигити Чекир менен кошо аскадан учуруп, үчөөнүн шейит кетиши.

Мына ушуга окшош оор тагдырды казактын улуу акыны Абай да башынан кечирген. Мисалы, анын атасы Кунанбай менен жүз карашпай калышы, Магиш, Абиш деген эки баласынын, андан соң жакын достору Эрбол, Базаралы, Деркембайлардын өлүмү, аларга кошумча элдик акынга жергиликтүү феодалдардын, падыша төрөлөрүнүн, кысым көрсөтүүсү анын ден соолугуна чоң залал келтирди. Абай катуу ооруга чалдыкты. Мына ушундай кырдаалдарды эсепке алуу менен М. Ауэзов, Л. Соболев экөө биргелешип, «Абай» трагедиясын жазышкан.

Т. Абдумомуновдун «Сүйүү жана үмүт» драмасына «трагедия» деген терминди кошуп айтышыбыздын жөнү биз жогортодо түшүндүрдүк. Трагедиялуу калып боюнча трагедияда окуя башкы каармандын өлүмү менен бүтүү керек. Бул айрыкча Шекспирдин трагедияларына мүнөздүү. Ал эми атактуу сынчы Белинский ага кошумча кайсы бир убактарда өлүмгө тете өтө оор, аянычтуу кырдаал түзүлгөн абалды да трагедия катары кабылдоого боло тургандыгын айтат. Андай учурлар турмушта көп эле жолугат. Мисалы, Ч. Айтматовдун бир топ повесттеринин, романдарынын

www.bizdin.kg

финалы трагедиялуу, «Саманчынын жолунда» бир үй бүлөдөн беш киши курман болуп, жалгыз Толгонай калды. Ал эми небереси Жанболоттун төрөлүшү да аянычтуу абалга келиши. Ач карышкырлар менен кармашууга даяр турган, колу түйүлгөн жүгөндөн башка эчтемеси жок Султанмурат, Базарбайды, Акбара карышкыр менен кошо баласын атып, эс-акылын жоготуп, көлдү көздөй келаткан Бостон, космосто кораблдан боюн таштаган Филофей, небереси «балык болуп, ак кемеге сүзүп кетип», өзү катуу мас абалында коломто сүзүп жатып калган Момун ж. б. у. с. Мына ушунун баары трагедия. Ч. Айтматов туура түшүнгөндөй жашоо бар жерде өлүм да, кайгы да бар. Ал эми ачуу кайгыны да «трагедия» деген термин менен атоодон чочулабашыбыз керек.

Драманын борборунда тарыхый инсан Токтогул жана турмушта реалдуу жашаган Дыйкамбай, Керимбай, Бактыяр сыяктуу адамдар турат. Демек, бул чыгарманы «тарыхый өмүр баяндык» деген топко кошуу ылайыктуу. Адабият теориясында ал жанрдын өзүнчө түшүнүгү бар. Бул тууралуу көп эле ойчулдар пикир бөлүшкөн, бирок алардын айтылыш формасы ар түрдүү болгону менен мазмуну негизинен окшош. Биз бул тууралуу В. Г. Белинскийдин бир сөзүн келтире кетүүнү ылайыктуу көрүп турабыз. Ал мындай дейт: «Исторический роман как бы точка, в который история как наука сливается с искусством, есть дополнение истории, ее другая страна». Ал өз пикирин дагы улантат: «Тарыхый чыгарма тарыхтагы адамдарды кайра тирилтет, алардын кан тамырларына жаңы кан куят, көз отторуна турмуш жалынын тутандырат».

Тарыхый чыгарма тууралуу сөз жүргөндө реалдуу прототип менен көркөм образдын, тарыхый чындык менен ойдон чыгаруунун карым-катнашы тууралуу айта кетүү да кажет. Мисалы, тарыхый чыгармада ойдон чыгарылган каармандар да кездешпей койбойт. Кээде прототип менен көркөм образдын ортосунда айрым айырмачылыктар келип чыгат. Алсак, «Абай жолу» романында Эрбол да дайым Абайдан ажырагыс досу болуп сүрөттөлөт. Ал эми чындыкта анын кээде ага карама-каршы лагерде туруп калган мисалдары да бар экен. Же Абайдын өзү турмушта болушу да болуп шайланган, чыгармада андай эмес.

www.bizdin.kg

Кээде каармандардын атын да өзгөртүп коюшат. Булардан башкача мүнөздөгү ажырымдар да кездешип калышы мүмкүн. Алардын бардыгы конкреттүү учурларга карата бааланып, талдоого алынышы кажет.

Кандайы болсо да тарыхый чындык менен турмуштагы окуялардын кайра жаралышын, б. а. көркөм чындыкка айланышынын табияты тууралуу сөз жүргөндө, албетте, башкы орун тарыхыйлыкка (историзмге) таандыкпы же көркөмдүк маселесин көңүлгө алышыбыз жөндүүбү деген суроо туулса, анда аталган эки жагдайды бир медалдын эки жагы деп эсептеп, түшүнгөнүбүз жакшы. Биз келтирген В. Г. Белинскийдин сөзүнүн маңызы да ошондой.

Ушуга байланыштуу Т. Абдумомуновдун драмасы тууралуу сөз баштаардын алдында Токтогулдун заманында жашаган башкаруучу төбөлдөр тууралуу тарыхый маалыматтарды келтире кетүүнү ылайык таптык. Аны биз тарых илимдеринин кандидаты А. Жумагуловдун «Рыскулбектин беш каман» аттуу макаласынан алабыз да, драманын окуялары турмуш фактылары менен дал келгенин жана келбеген жерлерине түшүндүрмө бере кетебиз.

А. Жумагулов В. Ф. Гиппиус деген адамдын 1904-жылы Анжиян шаарында жазылган көлөмү 85 беттен турган кол жазма эмгегине таянат. Ал киши 1899-жылы Кетмен-Төбөгө атайлап барып, тарыхый маалыматтарды чогултуп, «Кетмен-Төбө» деген эмгек жараткан экен. Анда мындай деп жазылат: «Саяк кыргыздарынын башында жүргөн Рыскулбек уруулук бий катарында башкарып келген... Орустарга кошулгандан кийин Рыскулбек бийликти толук колуна алды. Уулу Дыйканбай болуш болгондон кийин башка уруулар айласыздан баш ийишти... Рыскулбектин эки аялынан алты бала болгон: Дыйкамбай, Акмат, Атакан, Мырзакан, Миңбай жана Бактыяр... Атасы өлгөндөн кийин улуу баласы Дыйкамбай анын ордун ээледи да, өзүнүн кызматын иниси Акматка бошотуп берди. Ал эми Дыйкамбай болсо бардык иштерге багыт берип, бир туугандарынын, эл сотторунун кылган иштерине сыртынан көз салып турган». «Бардык башкаруу бийлигинин колуна алгандан кийин Дыйканбай чоң там салууну, маданияттуу манап болууну каалаган. Ал Намагандан усталарды чакыртып, үйдү курууга киришкен. Ага Волосто жашаган

www.bizdin.kg

адамдардын бардыгы тартылып, бүт материалдар жана аларды курулуштун жанынан жеткирүү жумуштары акысыз иштелген. Үйдүн тегерегине бак-дарактар тигилип, алар коргон менен курчалган... Рыскулбектин балдары өздөрүнүн күчтүү бийлигине таянып, калктын эсебинен гана жашашкан. Дыйканбайдан жана анын бир тууганадарынан коркcондуктан калк ачык түрдө наразылыктарын айта алышпаган... Сегиз комнаталуу ак үй салынып бүткөндөн кийин, манап чоң той өткөрүп, Волостогулардын бардыгын чакырган». Мына ушул жогоруда айтылган тарыхый фактылар Т. Абдумомуновдун драмасында тике жана кыйыр түрдө сүрөттөлгөн. Мисалы, Дыйканбайдын катуу эзүүсү, элге көп ыгым-чыгым салганы, кыңк эткенин жазалаганы, бийлик бир атанын балдарынын колунан чыкпагандыгы сыяктуулар. Чыгармада сөз Дыйканбай эмес, Керимбай жана Бактыяр жөнүндө жүрөт. Керимбай Атакандын баласы, б. а. Рыскулбектин небереси. Бул чындыкты бурмалагандыкка жатпайт, анткени Токтогулга арналган бир топ чыгармаларда Керимбай аталып жүрөт. Ал эми Дыйканбайдын үй тоюна чейин Жоомарттын маалыматы боюнча сарттар уруусунан чыккан (бул Токтогулдун уруусу) Сопубий атасына аш берип, элге чыгым салды. Токтогулга отун ташып келүү милдети жүктөлдү. «Ал казылган жер кемегелердин жанына отунду түшүрүп жатса, бир жигит чаап келип: «Сени Дыйканбай чакырып жатат» дейт. Токтогул Дыйканбайдын чакыртканына таң калып, «сууга салдырып коюп сабайбы», «тогуз айып салабы?» деп ойлоду. Анын үстүнө кирүүдөн айбыкты. Бул азуусу курч каман отургандай сезилди. Эки ырчы ырдап жатат. Чоң ак үйдүн төрүндө аюу талпактын үстүндө малдаш токунуп, бөйрөгүн таянып отурган Дыйканбайга көзү түштү». Ошол жерге 18 жашка келип, толуп турган Токтогул өзү тийишип, аны кордоп ырдаганы үчүн Арзыматка катуу күйдүргү жооп айтып, аңы жеңип чыгат. Бул факт Т. Абдумомуновдун драмасында орун алган, анткени ал акындын атын алыска угузган орчундуу окуя, бирок автор эл оозуна кеңири тарап, канондошуп калган ошол текстти келтирбейт, кара сөз менен мазмунун айтып берет. Мунусу анча жарашпай калган.«Сүйүү жана үмүт» эки жолу басылып чыккан. Кийинки, б. а. 2 томдукта кир-

www.bizdin.kg

ген вариантта Керимбай Токтогулду тойго чакырат. Ал жогоруда Гиппиус келтирген үй той болсо керек, же башка тойбу, иши кылып алыстан ардактуу меймандар, ар түрдүү, улуттук өкүлдөрү чакырылган чоң жыйын. Токтогул ага баруу керекпи же качып кетсемби деп, ойлонуп калат, анткени анын алдында эле кейиштүү окуя болуп, Дилбар деген кыз, аны алакачканы барган сарттар уруусунан чыккан Самудин улакчы өлтүрүлгөн эле. Бул кырсыкты Токтогул Керимбайдын колунан келдиби деп шек алып жүргөн. Кеңешке чогулган эл «тойго баруу керек» деген чечимге келет. Ошол жерде Арзымат Токтогулга өзү тийишип, аны боктоп тилдеп баштагандан кийин ал да кордоп ырдоого аргасыз болот. Бактыяр Токтогулду колдогон Калыктын башын айра чабат. Акын Бактыяр менен катуу айтыша кетип, ошондон кийин атактуу «Беш камандын» бир нече курч саптарын ага карата узатат. Ал катуу ыза болот. «Тилиңди кесем» деп, акынга жулунат. Токтогулга болушкан эл дүргүй түшөт. Чатак ырбай баштаганын сезген Керимбай Бактыярды араң тыят. Букаралар Калыкты колтуктап, Токтогул баштаган эл тойдон кетип калат.

Гиппиустун маалыматы боюнча Дыйканбайдын үйүндө той үстүндө чатак чыгып, «жети ата эл» өзүнчө биригип, Рыскулбектин тукумдарына каршы турат. Жаат болуп кармашуунун натыйжасында эки тараптан тең адам өлөт. Драмада бул чындык да орун алган. Керимбай Чекирди баш кылып, Дилбар менен Самүдүндү жана таздарлардан келген эки жигитти өлтүртүп, «жети атанын» экөөн өз ара чабыштырууга аракет жасайт. Ошондо чындап эле чатак башталып кетээрде Токтогул эки тарап элди араң жатып тыят.

Тарыхчы Гиппиус Анжиян көтөрүлүшү тууралуу да маалымат берет: «1898-жылкы май айындагы тополоң убагында Акмат Ички деген эшен Узун-Акматта (Кетмен-Төбөдө) жашаган Шадыбек деген калпа менен кат алышып турган. Атайын жиберилген кишиден (Эшендин) Мадалынын аракети ордунан чыкпай калгандыгын билгенден кийин Акмат өзүнүн тагдыры жөнүндө чочулап, администрацияга Шадыбек жөнүндө билдирип койгон... Ошондон кийин 36 адам кармалып, Сибирге айдалып жи-

www.bizdin.kg

берилген». Абдумомуновдун драмасында Токтогулдун кармалыш себебин аталган көтөрүлүшкө тике байланыштырбайт. Анын логикасы боюнча Керимбай Бактыярлар менен басташып калгандан кийин Алар шылтоо таппай жүргөн чакта Анжыяндагы дүрбөлөң чыгып калып, анан кармалып кетет. Бул деле туура. Анжыян көтөрүлүшүн чыгармага түздөн-түз киргизүүнү анча кажаты жок эле.

«Сүйүү жана үмүт» драмасында Токтогулдун өмүр-тагдырындагы негизги урунттуу окуялардын бардыгы дээрлик камтылган. Ошолордун ичинде «Алымкандын» тарыхы айтылбай, ал бөлөк нукка бурулган. Алсак, мында Токтогулга Керимбай болуштун токолу Дүрдананын ашык болушу, ошонун кесепетинен таяк жеп өлүшү сүрөттөлөт. Бул Абайдын Тогжанга карата сүйүүсү сыяктуу ойдон чыгарылган окуя. Албетте, автордун алдына койгон максатына жараша, мунун да өзүнчө жөнү бар. Ал Керимбайдын зулумдугунун дагы бир тармагын көрсөтүп турат. Манап токолун карапайым-дыйкан Чаарыкердин кызы экендигин дайыма айтып, аны кемсинтүүчү. Ошол себептүү Дүрдана ага карата азыркы тил менен айтканда «оппозицияда» жүргөн. Ал эми тарыхый шартка ыңгайласак, Дүрдана «жети атага» бириккен элдин тарабында турат. «Менин дүнүйөмдү ошолорго чачып жүрөсүң» деп жемелеген Керимбайга келин «мен аларга дилимден башка бере турган эч нерсем жок» деген жоопту берет.

Бийлик менен акын проблемасы илгертен жашап келатат. Мурдагы ири манаптар, хандар, бектер өздөрүнүн жанына алардын сөзүн сүйлөп, даражасын мактап ырдай турган адамдарды алып жүргөн. Каалагандар бийликке жакындашып, кызматын кылган. Калгандары алардан алысыраак жүрүүгө умтулган, б. а. келишүүчүлүккө барышкан эмес. Алсак, казактын атактуу акыны Акан-саре агасынын бийлигине баш ийбей, Абай болсо, ата жолунан баш тартат.

Абдумомуновдун драмасында Барат деген ырчы бар. Ал адегенде Токтогулга шакирт эле, кийин сатылып кетет. Керимбай менен Бактыярга тыңчылык кызматында жүрүп, Дүрдананын өлүмүнө себепчи болот. Мындай тукуруу менен туура жолдон чыгып кеткен мисалдар тарыхта көп эле учурайт. Барат ошолордун биридир. Мисалы,

www.bizdin.kg

Т. Үмөталиев Токтогул жөнүндөгү эскерүүсүндө (З.1.) Коргоол ырчы менен болгон бир окуяны айтып берет. Кимдир бирөөнүн ашына Токтогул келатыптыр деген кабар угулуп, топтун ичинен «кер мурут, кызыл чийкил, чап жаак жигит» суурулуп чыгып, Коргоолду Токтогулду кордогун дейт. Анда Коргоол: «Болбойт, айланайындар! Ал кишини жамандоого оозум барбайт. Токтогул менин пирим, атам болбосо да, атамдай киши» дейт. Бирок тигил «жаманда» деп асылган неме койнунан бир бутылка сууруп чыгып, Коргоолго ичирип туруп, айдактап коет. Ошондо аракка кызып алган эргул:

Амансыңбы Токтогул!
Адамдан чыккан күлкүсүң.
Оозуңда бир тишиң жок,
Кудай менен ишиң жок,
Алиге өлбөй жүрүпсүң...
Сөөк аңдыган ит окшоп,
Аштан-тойдон калбайсың,
Берешен, мартты жандайсың,
Иниң Коргоол жол тосту,
Ырдашканга кандайсың?—

деп кордоп кое берет. Бул кылыкка Токтогул аябай капа болуп, мыскыл сөзгө мыскыл менен жооп берген экен.

Тарых боюнча Рыскулбектин тукумдары Токтогулдун эл арасында чоң таасири бар экенин сезип, аны өздөрүнүн тарабына тартууга көп аракеттенишкен. «Токтогулдун өмүрү» аттуу очеркинде Ж. Бөкөнбаев мындай маалыматтарды берет: «Токтогул бизди жамандап ырдаганын койсун, келсин, жарашалы, күнөөсүн кечиребиз» дешип, Дыйканбайлар Токтогулга киши жиберишет. Анда Токтогул: «Мен дүйнөгө эки келмек белем, манаптарга барып жагынып, намысымды кетирбейм, өлтүрсө өлүмдөн коркпойм, мына ушуну манаптарга айта бар» деп жооп кайтарат. Ж. Бөкөнбаев Токтогулдун ырларын жана өмүрбаяндык фактыларын аны көргөн-билген кары-картаң кишилердин көзү бар кезинде чогулткандыктан, анын берген маалыматтарына ишенүүгө толук негиз бар. «Беш каман» деген ырынын текстинин тууралыгына да Калык, Алымкул сыяктуу жанында жүрүшкөн шакирттери күбө өтө алышкан. Ошол ырда мындай саптар бар:

www.bizdin.kg

Өчөшсөң Миңбай, Атакан,
Мени да жыгып аларсың,
Токтогул деп кекетсең,
Тогуз айып саларсың.
Адатыңды карматсаң,
Үй оокатым талаарсың.
Канкорлугуң кармаса,
Өлтүрүп каным жалаарсың.
Уу тырмактуу беш канкор,
Өлтүрсөң да жалынбайм.
Эки келбейм жаралып,
Өлгөн соң кайра табылбайм.

Бул саптарды заманында көп эле адамдар жатка айтышканына акынды көргөн-билгендердин эскерүүлөрүнөн баамдаса болот.

Т. Абдумомуновдун драмасында Керимбай Токтогулду баштаган эле жерде жектебей, адегенде жылуу-жумшак мамиле жасап, өз тарабына имерүүгө аракеттенип көрөт, бирок акындын түрүн байкагандан кийин Барат ырчыны түрткүлөгөнгө өтөт.

Токтогулдун коркпогондугу, кайраттуулугу биринчи иретте ал элдин колдоосуна ишенген, экинчи жагынан, анын ата тарбиясы ошондой экен. Үчүнчүдөн, Ж. Бөкөнбаев аны акындын жеке сапаттарына да байланыштырат: «Токтогул орто бойлуу, чымыр, бүркүт кабак, карылуу, кайраттуу киши болгон. Ат үстүнөн да, жөө да балбанга түшүп турган. Ал өз колу менен далай манаптардын башынан кан агызган... Токтогул өзүнүн баатырдыгы, уруштан кайра тартпаган эрдиги менен да элге үлгү болуп, манаптарга каршы сүрөгөн».

Тарыхчы Гиппиустун жазганында көңүл бурула турган дагы бир маанилүү факты бар. Ал минтип жазат: «1891-жылы «жети ата» менен Рыскулбектин бир атасынын ортосунда дагы чыр-чатактар болуп, эки тараптан тең өлүмгө дуушар болушкан. Текшерүүдө Рыскулбековдор күнөөлүү экендиги далилденип, Акмат, Мырзакан жана Дыйканбайдын баласы камакка алынып, бирок паранын күчү менен тез эле бошотулуп жиберилген».

Абдумомуновдун драмасында ушул чындык да орун алган. Самүдүн улакчы, Дилбар өлтүрүлгөндөн кийин Ток-

www.bizdin.kg

тогул Калыкты ээрчитип, уездге чейин арызданып барышат, бирок эч нерсе чыкпайт, анткени тигилерге чейин эле Керимбайлар губернаторго киши чаптырып, ооздоруна «жем» тыгып коюшуптур.

Ошентип, биз тарых менен көркөм чындыкты салыштырып отуруп, Т. Абдумомунов турмуш чындыгын бир топ эле дурустап үйрөнгөнүнө күбө болдук. Мына ошол көп сандаган фактыларды, уламыштарды чогултуп, акындын ырларын да мыктылап үйрөнүүнүн негизинде ошолордун ичинен өтө мүнөздүүлөрүн тандап алып, аларды көркөм сүрөттөп берүүгө жетишкен. Кээде тигил же бул каармандын образын толук ачып бериш үчүн айрым бир ойдон чыгарылып, кошумчалоолорду пайдаланган.

Токтогулдун улуу акын экендигинде эч шек жок, бирок анын чыгармалары көзү тирүү кезинде чогултулбай калгандыгы өкүнүчтүү. Ал 1928-жылы музыковед Затаевичтин чакыруусу боюнча Фрунзеге келип, анын 14 күүсүн ошол адам нотага түшүрүп калыптыр. Ошондо эмне үчүн бир да киши анын ырларын өз оозунан жазып калууга демилге көтөрбөдү экен?! 1934-жылы СССР Жазуучуларынын I съездинде М. Горький лезгин акыны Сулейман Стальскийди «XX кылымдын Гомери» деп атап, жана ошол өңдүү «поэзиянын чыныгы берметтерин» жараткан адамдарды сактап, кам көрүү зарылдыгын белгилегенден кийин гана кыргыздар козголуп чыгыптыр. Алгач Жоомарт Кетмен-Төбөнү көздөй жол тартып, 1939-жылы «Токтогулдун ырлары жана Калыктын эстеликтери» аттуу чакан жыйнакты бастырып чыгарууга жетишиптир. Күндөр өтүп, айлар жылып, ошондон азыркыга чейин тынымсыз аракет менен жүрүп, бүгүнкү күндө улуу акыныбыздын 2 томдон турган чыгармаларынын жыйнагы колубузга тийди. Жаңы доордун айрым реформаторлору анын эки томдугун сыгып туруп, накта Токомдун өзүнө таандык ырларын гана ырастасак кантет дегендей, ойду айтышат. Буга деле макул дейлик. Ошондон кийин да анын кадыр-баркы эч кемибейт, анткени канча мезгилден бери Токтогулдун көп ырлары орто мектеп жана жогорку окуу жайлары аркылуу таралып отуруп, элдин аң-сезимине сиңип бүттү. Ошолордун бирөө «Ленин жөнүндөгү» («Кандай аял тууду экен, Лениндей уулду») ыры анын «Программа» түзгөн

www.bizdin.kg

билермандар азыркы мектептерде окутууга тыюу салышты, аргументи — ырды Жоомарт өзү жазып туруп, Токтогулдуку деп жыйнакка киргизип койгон имиш. Экинчиден, эмне үчүн ал киши Ленинди мактоого тийиш, ал большевик да! Көрдүңүздөрбү, кандай акылмандык! Бүркүтчү Мамырды, аты жарыштан чыккан Маманды, тегирменчи Жаналыны ырга кошкон Токоң, элге жаңы турмуш алып келген орустун бир жакшы уулун эмне үчүн мактай албайт экен?! Анын үстүнө ал Сибирде жүргөндө орус адамдарынан көп жакшылык көргөн тура. Ага кошумча аталган ыр окурмандардын аң-сезиминен терең орун алып, тексттин өзү канондошуп, Токтогулдуку болуп, элдин канжанына сиңип калган.

Ошентип, совет бийлиги жылдарында кыргыз элинин улуу-демократ акыны Токтогул Сатылгановдун чоң юбилейлери дүркүрөтө өткөрүлүп келди. Анын образы көркөм адабиятта, живописте жаралды, ар-күүлөрү оркестрлештирип, дүйнөнүн кыйла жерин кыдырып чыкты. Ошого байланыштуу Токтогулга арналып жазылган көлөмдүү чоң чыгармалардын айрымдары тууралуу бир аз сөз сала кетели.

Атактуу М. Ауэзов «Абай жолу» романын жаратканга чейин Абайдын өзүнүн ырларын чогултуп, бастырып чыгарып, өмүр баянын да бир нече ирет жазып чыккан. Ошол сыңары Ж. Бөкөнбаев да Токтогулдун мурастарын алгачкы жыйноочулардын бири катары 1939-жылы «Токтогулдун өмүрү» аттуу очерк жазган. Ал элден чогултулган факты-материалдардын негизинде жаралган көркөм чыгарма. Анда Токтогулдун басып өткөн өмүр жолу жана адабий мурастары айрым темалар боюнча кыскача баяндалып отурат. Ошолордун ичинде «Бактысыз сүйүү» деген чакан аңгеме өзгөчө баамга илинет. Мында акындын Алымкан аттуу кызга ашык болуп, кыз да аны аябай сүйүп, бирок Токтогул кедейчилик турмуштун кесепетинен ага жетпей калгандыгы баяндалат. Муну менен катар «Элдик акын», «Туткунда» сыяктуу темачалар да чоң көңүл бурууга арзыйт. Бардык убактарда Ж. Бөкөнбаев Токтогулдун өзү жыйнаган ырларын текстке көркөм иллюстрация катары ыктуу пайдаланып отурат.

Ошол эле 1939-жылы Ж. Бөкөнбаев 3 акт, 6 сүрөттүү «Токтогул» аттуу музыкалуу драма жазып, аны өзүнчө китепче түрүндө жарыялайт.

www.bizdin.kg

Согуштан кийинки жылдарда А. Токомбаев «Токтогул» романын баштап коюп, аягына чыкпай токтоткон. Анын себеби окурмандарга белгисиз. Азыркы үч томдук чыгармалар жыйнагына кирген үзүндүнүн көлөмү бир чакан романдын деңгээлинче бар. Анда Токтогулдун балалык чагы (Казанбак деген байда малай болуп, мал багып жүргөн учуру) жалпы элдин, ошонун ичинде бийлөөчүлөрдүн да турмушу менен байланышта сүрөттөлөт. Башкы каарман али жигиттик куракка жетип, ырчылык кеңири аренага чыга элек. Бул темп менен иштегенде А. Токомбаев романын үч томго пландаштырса керек.

Ардагер жазуучу-драматург Жантөшевдин «Эл ырчысы» («Певец народа») аттуу тарыхый-өмүр баяндык драмасы 1952-жылы В. Соловьеванын котормосунда Москвадан басылып чыгып, Кыргызстандагы орус драма театрында коюлуп жүргөн. Анын сюжети деле традициялуу. Токтогул Керимбайды ашкерелеп ыр чыгарып, эл арасында анын кадыр-баркын кетирип жүргөндүгүн, манаптын аялы күйөөсүнө айтып, буга чыдоого болбостугун билдирет. Болуш Токтогулду дароо чакыртып, өзүнө кол ырчы кылууга аракеттенип көрөт, бирок анын тилге келбестигине көзү жеткенден кийин сүргүнгө айдатып жиберет. Ал жактан орус революционерлеринин жардамы менен качып келип, баштагыдай эле эл аралап ырдап жүрөт. Акыры Октябрь таңы атып, акын эркиндигин алат.

Бул пьесаны илимий анализге алган М. Борбугулов драматург коомдо жүрүп жаткан, социалдык-таптык кагылыштарды бардык татаалдыгы менен көрсөтпөй, конфликтти майдалап жибергендиги үчүн сынга алат. Токтогулдун эсте калаарлык даана образы түзүлгөн эмес, кээ бир эпизоддордо ал кадимки профессионал революцинерге окшоп калгандыгы чындык менен коошпой тургандыгын айтат.

Токтогул Сатылганов тууралуу 1960—70-жылдарда жазылган драмалык чыгармалардын ичинен көркөмдүк деңгээли, коюлган теманын ачылышы, каармандардын образдарынын психологиялык планда көрсөтүлүшү жагынан Т. Касымбековдун «Алымкан» аттуу тарыхый драмасы өзгөчө орунда турат.

Жогоруда берилген кыскача обзордон чыга турган жыйынтыктын маани-маңызы мында. Т. Абдумомунов өзүнүн

www.bizdin.kg

аталган драмасын жаратканга чейин Токтогул тууралуу бир топ чыгармалар жазылып, акындын өмүр баяны да фактылык материалдар менен байып калганы түшүнүктүү болду. Ошол себептүү Т. Абдумомунов бир жагынан мурункуларды кайталабай, экинчи тараптан улуу инсандын тагдырындагы орчундуу учурларды чагылдырып, өзүнчө жол таап кетиши кажет эле. Бул милдетти ал кандай аткаргандыгын биз төмөндө «Сүйүү жана үмүт» драмасынын эки вариантын салыштырып анализдөө менен көрсөтмөкчүбүз. Алдын ала айтаарыбыз, 1966-жылы ал кыргыз драма театрында коюлган кезде ага карата чыккан рецензияларда чыгармага негизинен оң баа берилген. Мисалы, анын биринде мындай деп жазылат: «Драматург Токтогулду акылга сергек, ойго тунук, сөзгө чебер, боорукер, кең пейил, ошону менен эле катар принципиалдуу, айтканынан кайтпаган, көз карандылыкты жек көргөн, бийлик алдында жалтаңдап чындыктан качпаган өткүр адам катары сүрөттөйт... Ал чыгармадагы бүткүл окуяларды Токтогулдун айланасына топтоп, каармандардын социалдык жана психологиялык күрөшүнө баш ийдирген да, анын граждандык позициясынын, революциялык аң-сезиминин калыптанышынын эволюциялык жолун кылдаттык менен берген». Экинчи бир рецензенттин пикири бул: «Т. Абдумомуновдун сахнада жүрүп жаткан «Сүйүү жана үмүт» деген драмасы улуу Токтогулдун жаркыраган эстелигине багытталган. Теманын өтө көлөмдүүлүгүнө карабай Токтогулдун башынан өткөргөн күндөрү эки сааттык спектаклде даана ачылган.

Драманын ийгиликтүү чечилиши — Токтогулдун өмүрүнүн урунттуу учурларын драматургдун туура тандап алгандыгында. Антпесе Токтогулдун Сибирде өткөргөн күндөрү эле өзүнчө бир көлөмдүү чыгарма эмеспи. Окуя Токтогулдун түрмөдө жүргөндөгү өзүнө окшогон каторжниктердин элестүү аңгемелери менен башталат. Андан кийин акын түрмөгө түшкөнгө чейинки мезгили сүрөттөлөт. Драматургдун бул чыгармасы курч конфликттерге, чиеленген окуяларга негизделип, адилетсиздик менен кара жүздүүлүктүн ортосундагы күрөштөрдөн башталат».

Көрүнүп тургандай, макаланын авторлору Токтогулдун образы негизинен эсте каларлык түзүлгөндүгүн белгиле-

www.bizdin.kg

шет. Экинчи жагынан, Токтогулдун көз карашынын өнүгүшүнө анын Сибирдеги жылдары чоң таасир тийгизгендигин туура көрсөтүшөт. Ушуга байланыштуу биздин айталы дегенибиз — драматург «Сүйүү жана үмүттүн» кийинки вариантына бир топ чоң өзгөрүүлөрдү киргизген. Анын бирөө 1966-жылдагы тексттеги киришүүсү (пролог) алынып ташталган жана 2-көшөгөдөгү биринчи сүрөт сегиз беттен эки бетке түшүрүлгөн. Мындай өзгөрүүлөргө карата биздин пикирибиз төмөнкүчө: «Сүйүү жана үмүттүн» прологу абдан орундуу. Композициялык мындай ыкма мурдагы пьесаларды кайталабайт. Экинчи жагынан акындын өмүрүндөгү эң орчундуу окуяны (сүргүндөгү жылдарын) адегенде көрүүчүлөргө туюнтуп алып, андан соң аны чечмелеп бергени кызыктуу. Ал эми 2-көшөгөнүн биринчи сүрөтү туура эле кыскартылган, себеби, Токтогулга орус революционерлеринин таасири «Прологдо» айтылып жатпайбы. Экинчиден, драмада карапайым элге болушуп жүргөн Кетмен-Төбөлүк Василь балчелекчинин эпизоддук образы да орус досторунун катарын толуктайт. Бул жердеги бир маанилүү учур бар. Токтогулду каторжниктердин бардыгы эле сүйүп, беттеринен сылашкан эмес. Алардын ичинде Иван өңдүү караңгы адамдар да бар эле. Бул киши өзү карапайым дыйкан, помещиктерге каршы наразылык бунтун чыгаргандыгы үчүн кармалган. Иван Токтогулду жапайы азият деп тилдейт. Ага орус Дмитрий, украиндик Николалар каршы турушуп, аны ур-берге алышат. Дмитрийдин реалдуу прототиби бар сыяктуу. Токтогул менен чогуу айдалып, Сибирде жүрүп, ал жактан 13 жылда араң жерине кайтып келген Б. Жыртаковдун эскерүүсүндө мындай бир факты келтирилет: «Ошол жерде айдалып жүргөн бир орус жолдош бар эле. Ал Токтогулду жакшы көрчү. Током экөөбүз ошого барып кеңештик. Ал бизге жардам бермек болду, качыруунун жолун айтты. Токомо жол азык камдап жана билет алып берүүнү өз мойнуна алды. Келерки базар күнү ал азык алдырып келмек болду». Токтогулдун өз ырларында да ушул эле чындык орун алган. Мисалы, «Казак жериндеги ыр» аттуу чыгармасында:

Айдалып жүрүп туткунда.
Бир тууган таптым орустан.

www.bizdin.kg

Солдаттар мени тилдесе,
Харитон, Семен болушкан, —

деген саптар бар. Бул оустардын аттарын тарыхчы А. Чукубаев архивден издеп, документалдуу эч нерсе тапкан эмес. Маселе мында тарыхый тактыкта эмес, акын ага жардам берген оустарды гана шарттуу ат менен эскерип жатат. Ж. Бөкөнбаев да Токтогулдун өз оозунан уккан адамдар аркылуу ушул факты жөнүндө билген болуш керек. Ал мындай деп жазган: «Токтогулду качыруу оңойлук менен боло койгон жок. Бир жылча аракет кылып жүрүшүп паспорт табышты».

Ошентип, «Сүйүү жана үмүт» драмасынын кийинки вариантында Токтогулдун орус адамдары менен болгон мамилеси ашыкча саясатташтырылбай туура сүрөттөлгөн. Ошону менен бирге Дүрдана менен Бараттын ойдон чыгарылып кошумчаланган каармандар экендигин да эскертмекчибиз. Экөө тең драмдагы конфликтти күчөтүп, психологиялык чыңалууну арттыруу да чоң роль ойнойт. Баратты Керимбай пайдаланбаса Дүрдананын «бети» ачылбайт эле, анткени ал Токтогулга шакирт болуп жүргөн кезинде экөөнүн мамилесин байкаган жаш ырчы «сатылып» кетип, ошолордун бардыгын күйөөсүнө Дүрдананы каратып туруп, мойнуна коюп берет. Ушул сахнада токол-келиндин кандай адам экендиги даана ачылат. Ал Баратка «адамдын ишеничин сатып» күн көргөн шоркелдей, «билгизбей чаккан уу жылан» деп таамай мүнөздөмө берет. Анын дагы бир артыкча сапаты адамдык да, аялдык да кадыр-баркын жоготуп, Керимбайдын тепсендисинде калган Салтанат аттуу аялды намысына келтирмекчи болуп, бир нече катуу сөз айтат. Бирок ага Дүрдананын урушканы чымын чакканча да сезилбейт.

Бараттын образы мындан башка да дагы бир сюжеттик чоң чиелениште көрүнөт. Ал финалдык сцена. Акыры Керимбай менен Бактыярга канча жагынса да, алар аны адам катары эсептебеген соң Барат өлүмгө башын байлайт. Деспот Бактыяр менен жасоол Чекирди аскадан кулатып, өзү да өлөт.

Эпизоддук болсо да токтоо, акынды урматтап сыйлаган каарманга Тотуяны киргизсе болот. Биринчи сүрөттө ал

www.bizdin.kg

Калык, Бараттар менен аңгемелешип отурат. Барат ырчы Тотуяга Токтогулдун Дүрдананы мактап ырдаганы тууралуу кеп салып берет. Акын Дүрдананы мактап, Тотуяга мындай сөздөрдү айтат: «Чырайына жараша көкүрөгү тунук, колу кат билген дубанда жок акын-ургаачы: сөзүн тыңшасаң бирде ак куунун тыбытындай жумшак, бирде чагылгандын огундай курч... Кудай таалам Дүрданадай перизатты биздин энчибизге берип коюптур. Ыраазы бололу!» Токтогулдун тигил «перизатка» шилекейи таамп жатканына Тотуя бир гана какшык фразасы менен жооп берет: «(Күйөөсүнө чай куюп, сунуп). Баса десең, ыраазы болбой анан... Кармачы деги, колум талып кетти!». Токтогул узак мөөнөткө сүргүнгө айдалып кеткенден кийин, баласы өлүп калган соң жаш аял эрге тийип кетет. Пендечилик да! Кайненеси жалгыз калат. Токтогул Сибирден айылга келер күнүндө Тотуя Бурманы көчүрүп кетүү үчүн келип, ага жолугуп калат. Ошондо анын бутуна жыгылып: «Токо, каргадай жалгызың менен кошо Тотуяң да өлгөн!» дейт. Анда Токтогул: «(Тотуяны ордунан тургузуп) антпегин Тотуя!.. Менин алдымда бир гана айыбың бар эле... Беш көкүлүңдө Токоң менен баш кошкон элең... Токоңду сүйгөн элең... Мен жектей турган адам сен эмессиң!». Бирок Тотуя ага кайрылып келүүнө батына албайт. Акындын колун жыттайт да, ыйламсырап коштошуп, чыгып кетет. Ал аны күтө албаганына, өзүнүн жаңылыштыгына кейийт. Чындык турмушта балким, Тотуя жеңил ойлуулук кылган үчүн арманда калса, калган чыгаар. Акынды сүйүп баш кошкон болсо, ошентет да! Ал эми Ж. Бөкөнбаевдин жазганы боюнча Токтогул мындай трагедияны (баласы өлүп, аялы кетип, апасы көзү көрбөй бир жаман алачыкта жалгыз калганын) араң чыдап көтөрөт. Тотуяга «эрге тийген катын жерге тийсин» деп, бир ооз гана сөз айтат.

Т. Абдумомуновдун «Сүйүү жана үмүт» драмасынын эки вариантында тең Тотуяга Токтогул кечиримдүү мамиле кылат. Бул боорукерлик, адамды аягандык. Кантсе да ал кыз алган жары. Турмуш туткунунда Тотуя боштук кылганын акын өзүнүн назик жүрөгү менен түшүнөт. Бирок 1966-жылкы вариантта бир чаташуу бар эле, аны драматург кийин оңдоп коюптур. Биринчи актынын 2-сүрөтүндө

www.bizdin.kg

Токтогул Дүрданага ашык болгону тууралуу сөз жүрүп жатса, ал жактан келген Асек (кийинкисинде Калык) «Алымканды» боздотуп ырдап турат. Бул жерде «үч сүйүү» (Тотуя, Дүрдана жана Алымкан) аралашып калбадыбы? Ошол себептүү кийинки вариантта Калык «Алымканды» Дүрдананы гана сүйлөйт:

Жайкалган шибер беттеги,
Жалгыз түп өскөн жоогазын.

Токтогулдун Дүрданага арналган ушул саптарын Калык эскерип жатат. Ал эми «Алымканда» кызга арналган мүнөздөмө «ачылган кызыл гүл» эмес беле?! Аны бул жерге кыстарса, ыгы келбей калмак. Ошондуктан сүйүүнүн объектиси кийинки вариантта Алымкан эмес Дүрдана, мүнөздөмөсү «гүл» эмес, «жоогазын». Мына ошентип, мурунку варианттагы кичинекей чаташуу эми түзөтүлдү.

Чыгарманын «Сүйүү жана үмүт» аталышы Дүрданага гана байланыштуу. Бул образ Алымкандыкынан башкача планда жаңыча иштелген. Токтогул Алымканды аял ала элек чакта сүйүп, ага жетпей арманда калса, мында Дүрданага Тотуянын барында ашык болуп, өз сезимин анын көзүнчө эле жашырбай айтып отурат.

Чыгарманын финалында өз күнөөсүн мойнуна алып, адам болуп өлгөн Баратка Токтогул аябай кайгырып, кабыргасы сөгүлүп, экинчи тараптан, эл-жерине узап жаткан сүйүктүү шакирти Калыкка жакшылык тилейт: «(Жибек чачты мандайынан жыттап) Байкап карасаң, теңирим чырайлык кылып жараткан экен бул жалганды. Бир гана айыбы адам баласын көбүрөөк муңкантып коюптур. Экөөбүздүн үзүлбөс үмүтүбүз, жазылбас тилегибиз ушул, Калыгым. Күү чертсек да, адам баласы муңканбаса деп чертебиз, ырдасак да адам баласы муңканбаса деп ырдайбыз!».

Адилетсиз коомдо адамдардын өмүрү эрте кыйылып жатат, азыркы термин менен айтканда, трагедия көп, бирок кайгыга бастырбай, моюн сунуп мөгдүрөбөй, ырдаган ырыбыз менен, черткен күүлөрүбүздү адам баласынын көңүлүн көтөрүүгө жумшайлы. Жакшылыктан үмүтүбүздү үзбөйлү. Токтогулдун сөзүнүн маани-маңызы ушундай. Чыгарманын темасынын 2-бөлүгүнүн «Үмүт» деп аталы-

www.bizdin.kg

шынын артында да ошондой ой жатат. Ал эми мурунку вариантта саясатка байланышкан, өз ордун таппаган мындай сөздөр айтылчу эле: «Ыйлаба, Жибектайым!» «Кандай аял тууду экен Лениндей уулду» деп, Ленинди тууган ырыстуу аял жөнүндө ойлогон сайын жарат менен муңдан, сүйүү менен үмүттөн бүткөн жүрөгүм Асек экөөңө дайым ырыс тилеп турат. Баргыла эми». Бул жерде жасалмалуулук оркоюп эле көрүнүп турат. Токтогул шакиртин узатып жатканда тексттегидей бийик пафостуу эмес, табийгый, карапайым эле кыргыздын акыл-насаат кептерин айтса керек.

Драмада Токтогулдун Дүрданага, ал эми бул «периштедей» келиндин акынга карата сүйүүсү поэтикалуу, жүрөккө жагымдуу сүрөттөлгөн. Ал Жоомарттын «Токтогулдун өмүрү» аттуу очеркиндегидей романтикалуу жазылган. Т. Абдумомунов өзү ошондой жан-дүйнөсү романтикалуу адам экендиги сезилет. Бул жазуучунун конкреттүү инсандык өзгөчөлүгү менен түшүндүрүлөт. Мисалы, Жантөшев жомоктук стилден өмүр бою да артка чегинбегендигин билебиз. Сөз жүрүп жаткан жазуучуда да романтикалык боектор көп колдонулат. Анын өзгөчө бийик пафостуу лирикалык сүрөттөөлөрүн төмөнкү мисалдардан көрсөк болот. «Кайгы кубанычты тилесе, өлүм өмүрдү тилетет тура». «Сүйүүнү өлтүргөнгө сүйүүнүн колу кантип барсын». Мына ушуга окшогон пафостуу сүйлөмдөр драманын 1992-жылкы басылышында жок дээрлик, анткени алар сыртынан кооз көрүнгөнү менен кулакка угулушу анчалык жагымдуу эмес. Мындай учурлардын кийинки вариантта оңдолуп, же алынып салынганы да кездешет.

Драма улуу акын тууралуу жазылып жаткан соң ага ыр тексттеринин кириши да, анда пафостуу сүрөөтөөлөрдүн орун алышы да мыйзам ченемдүү, бирок ар нерсенин өз өлчөмү менен болгону жакшы дегендей, мында да кандайдыр бир чек жашап турушу керек го. Ушуга байланыштуу айтып кое турган сөз кээ бир жерлерде ашкере илептүү сүйлөмдөр арбын орун алып тургандыгы. Алсак, «жер ушунчалык кең болуп туруп, эмнеге ушунчалык тар?», «суу ушунчалык мол болуп туруп, эмнеге ушунчалык аз!..», «Асман ушунчалык бийик болуп туруп, эмнеге ушунчалык жапыз?..», «Күн ушунчалык ысык болуп туруп, эм-

www.bizdin.kg

неге ушунчалык муздак?». Токтогул баласы Топчубайдын өлгөнүн уккандан кийин колдонгон бул антитезалуу сүйлөмдөрү анын жүрөктү эзген кайгысын бере албайт. Анын үстүнө жогорку кооз сөздөр мурда деле ушундай формада колдонулуп жүргөндүгүн кулагыбыз чалчу. Анын ордуна Токтогулдун өзүнүн эле кошок мүнөзүндөгү:

Каркылдап каздар көл сактайт,
Кара ылаачын чөл сактайт.
Карып калган атакең,
Кайда барып жан сактайт —

деген саптарын кыстара кетсе, алда канча таасирдүү сезилмек. 2 томдуктун 320-бетинде акындын бир жоктоо ыры орун алган, бирок анын ордуна биз келтирген кулакка сиңип, сезимге жатталып калган ыр кирсе дурус болмок беле деген ойду айтып жатабыз.

Бийлик ээлеринин Керимбай менен Бактыяр сүрөттөлөт. Алардын тарыхтагы орду тууралуу мурда айтылган эле. Эми көркөм чыгармага келе турган болсок, анда Керимбай менен Бактыяр бир атадан тараган тукум болгону менен мүнөздөрү башка. Керимбай өтө митайым, куу. Ал бардык кара иштерди жылма жасайт. Бактыяр кызыл камчы, карапайым калкты «топорлор» деп кемсинтип, анын эркине койсо баш көтөргөндөрдүн баарын атып, асып, кырып-жоюп жок кыла тургандай дүүлүккөн абалда жүрөт. Токтогулду Керимбай чакыртып, анын үйүнө кирип бараткан жерде бутуна камчы тосуп, акын чалынып жыгылып кала жаздайт. Ошондо Токтогул айтат: «Кичинеңизде энеңиздин чачын жулуп ойноочу экенсиз, эми үйүңүзгө келген меймандын бутуна камчы тосуп ойногонуңуздан улам байкадым: үйрөнгөн адат калбайт турбайбы?!».

«Сүйүү жана үмүттүн» автору окуяны Октябрга чейинки мезгилде гана камтып, артыкбаш саясатташтырбай, жогоркудай бир жагы трагедия, бир жагы үмүт менен бүтүрүшүн орундуу деп эсептейбиз. Токтогул Сибирде жүргөндө заман өзгөрүп, кедей-кембагалдар жарык күнгө туш келе тургандыгы тууралуу кабардар болгон. Ал жөнүндө элге айтып да жүргөн сыягы бар:

Булутсуз чыккан ай, күндөй,
Жарыктык дүйнө тоголсо,

www.bizdin.kg

Жарды, жалчы, букара,
Жакшылык күнгө ээ болсо,
Ошол күндү мен көрсөм,
Ошол замат мейли өлсөм.

Бул саптар Калык Акиевдин айтуусу боюнча жыйнакка кириптир. Демек, ал Токоңдун оозунан чыккандыгына күмөнүбүз жок. Ошентип, азаптуу күндөн азаттык күнгө жеткен улуу акыныбыздын кийинки тагдыры жалпы калайыкка белгилүү. Ошондуктан драманын «Сүйүү менен үмүт» деп аталып, ошондой оптимизм менен чыгарманын аякталышы орундуу.

* * *

Комедия кыргыз адабиятында жанр катарында 30-жылдардын орто ченинде көз жарып, согуштан кийин тамтуң басып, калыптануу жолуна түшүп, 60—70-жылдарда күчкө толуп, эл көзүнө көрүнө баштады. Мына ушул комедиянын эр жетип, жигиттик куракка келишинде, жалпы эле «драматургия» деп аталган тектин проза, поэзия менен бой тирешип, жараша өнүгүшүндө Токтоболот Абдумомуновдун кошкон салымы өтө чоң. Бул жерде анын өлөр алдында Казат Акматовго жазган керез-катынан кичине үзүндү окуп коюунун зарылдыгы бар: «Театрга мен эмне бердим жана канча бердим, мен бул тууралуу айта албайм, бирок театр мага абдан көп берди, бергенде да өтө марттык менен берди. Мен драма жазуунун өтө татаал, өтө чыргай ыкмасын так ушу театрдын сахнасынан үйрөндүм. Мен жогоруда айткан элем Жазуучулар Союзу биздин кутмандуу үйүбүз деп. Ооба, Жазуучулар Союзу силер менен менин да кутмандуу үйүм, бирок ошону менен катар менин дагы бир кутмандуу үйүм бар. Ал — театр. Бир кезекте өзүнүн торуна түшүрүп, биротоло кетирбей чырмап алган сыйкырдуу театр. Ал мен үчүн өтө кымбат, өтө ыйык! Мен өзүмдүн беш көкүл алган асыл жарым Тамарамды жаным менен кандай сүйсөм, театрды да ошондой эле бекем жана жалындуу сүйүүм менен сүйөм, анткени Тамарам мени адам катары сүйөп-таяп, көтөрмөлөп, улам байытып келаткандыгын канткенде унутам, канткенде баалабай коем!».

www.bizdin.kg

Чебер драматургдун бул ымандай сырын кандай түшүнсөк болот. «Театр» — айта койгонго оңой эле сөз — ал оюн көрсөтө турган жай. Ал эми мазмунун ача турган болсок, өзүнчө бир дүйнө. Ал жерде адамдардын бир чоң тобу иштейт. Анда директор, анын орун басарлары, композиторлор, режиссерлор, адабий редактор, сүрөтчүлөр, жарык берүүчүлөр, эң негизги күч — артисттер, гримерлор, жада калса жөнөкөй кара жумушчулар да иштешет. Мына ушулардын бардыгы жалпы күч менен биригип келип, анан спектакль көрүүчүлөргө тартуу кылынат. Караңыздарчы, канча кесиптин ээлери жүрөт «театр» деген жакшынакай жайда. Эми ошолордун ичинде драматург башкы фигура. Ал чыгарма жаратпаса, жанагынча адамдар иши жок, бир имараттын ичинде эле колдорун аркасына алып, аркы-терки басып калат. «Эмне!» десе, «пьеса жок» дейт. Демек, эгерде бир жакшыканай драма режиссердун портфелине түшсө, анда ал театр үчүн чоң майрам. Бул жерде сөз театрдын да, артисттер менен режиссердун да баркын көтөрө турган жакшы «курулуш материалы» жөнүндө сөз жүрүп жатат. Эгерде жанагынча чоң коллективди шала кылып даярдалып, анан премьерасынан кийин оюнга киши келбей же сейрек каттап калса, анда бул театр үчүн чоң утулуш. Ошон үчүн алардын ишин алдыга сүрөп көтөрүп кете турган мыкты драматург табылып калса, театр аны колдон чыгарбоого тырышат. Т. Абдумомуновду бир кезекте өзүнүн торуна түшүрүп, «биротоло кетирбей чырмап алган сыйкырдуу театр» азыр анын атын алып жүрөт. Урматтуу агайыбыз театрды «үйүм» деп бекеринен айтып жаткан жери жок. Ал киши пьесасын театрга өткөрүп берип, калганы «өзүңөрдүн ишиңер» деп басып кетпей, режиссерлор, артисттер менен аралаш жүрүп, керек болсо ошол жерге түнөп жүргөн адам экен. Эгерде «сахнанын кызыкчылыгы» талап кылып жатса, коллегалары кандайдыр бир өтүмдүү сунуш айтса, аны оңдоп берүүгө даяр тургандыгы жогорку айткан сөзүнөн сезилет. «Театр анын беш көкүл алган сүйүктүү жары сымал, чыгармачылык жактан сүйөп-таяп, көтөрмөлөп, улам байытып» келген тура. Жазуучу өнөрлөр дүйнөсүндө жүрүп, өзү да искусствонун көзгө оңою менен көрүнбөгөн, колго кыйындык менен кармалбаган татаал сырларын үйрөнгөн экен.

www.bizdin.kg

Т. Абдумомунов жалпы чыгармачылык жолундагы эволюциялык өнүгүшү сыяктуу эле комедия жанрында да үйрөнчүктөн — чоң устатка чейинки татаал, түйшүктүү жолду басып өттү, анткени драмалык тектин бул түрүнүн да өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар эмеспи.

1952-жылы драматург «Борбаш» атуу 4 көшөгөлүү, 6 сүрөттүү комедиясын Кыргызстан Мамлекеттик драма театрында койдура баштайт. Ал анын 1992-жылы чыккан эки томдуу «Тандалмаларына» да кирген. Бул варианттын 1955-жылы басылган «Пьесалар» жыйнагындагыдан эч кандай айырмасы жок. Финалда гана бир өз өзгөрүү бар. Мурдагы алгачкы чыгышында пьесанын акырында райондук аткаруу комитетинин төрагасы Асанбеков колхозго келип, социалисттик мелдеште жеңип чыккандыгынын байгеси катарында аларга эки автомашина тапшырат. Бул урматка жооп катарында тоок фермасынын башчысы Борбаш сөз сүйлөп, мындай дейт: «Бизге окшогон карыларга урмат кылганыңар үчүн чоң рахмат, Асанбеков балам! Колхоздо далай эле жумуштар бүтүп жатат. Аларды бүтүргөндөр кимдер? Мына бу менин алтын балдарым! Ооба, иштин кыйынын силер бүтүрүп жатасыңар. А биз, чалдар болсок аздыр-көптүр силерге сүйөкпүз, балдарым!» «Карынын сөзүн капка сал» деген. Менин силерге айтаарым: «Бу чоң иш, тиги кичине иш дегенди койгула! Мамырдын Асылбайынын тукуму менен кошо биздин Бактыбай тентектин тукумдарын да эсиңерден чыгарбагыла! Кана, эмесе, берекелүү алтын күздүн тоюна жүргүлө, балдарым!».

Эки томдуктагы «Борбашта» салтанаттуу чогулуш, райондук өкүл жок, бирок колхоздун алдыңкы тоок багуучулары Борбаш менен Камгакбай республикалык чоң газетага макталып чыгат. Зоот уйчу Мамыр да «газетанын көрүнүктүү жерине жазылганын» сүйүнчүлөп айтышат. Андан кийин комедиянын табиятына ылайык Чыңкылдак менен Камгакбай бири-бирине тамашалуу сөздөр «ыргытышып», ошону менен көшөгө жабылат.

Биз окууга келген 1949-жылда драма театры 1-Май көчөсүндө азыркы Фрунзе музейи жайгашкан жерге жакыныраак бир кабат жапыз тамдагы 120—150 кишилик чакан зал эле. Спектакль аз. Шекспирдин «Отеллосу»,

www.bizdin.kg

Жантөшевдин «Курманбеги», Гоголдун «Текшерүүчүсү» баштаган он чакты пьеса кайра-кайра коюла берет. Студенттердин эс алып, көңүл ачуучу жайы жалгыз театр болгон соң, бир көргөн оюнду 2—3 сыйра ар кимдер менен келип көрө бермей. Ошол алыскы мезгилден бери эсте дайыма сакталып калган артисттер М. Рыскулов, А. Боталиев, А. Көбөгөнов, С. Жаманов, Ш. Түмөнбаев, Б. Кыдыкеева, Д. Күйүковалар. Аталып өткөн драмалык чыгармалардын катарында биз Т. Абдумомуновдун «Борбаш» аттуу комедиясын да эки үч жолу көрдүк эле. Ошондо Борбаштын ролун ким ойногону эсибизде жок. Ал эми, Камгакбай деген анын досунун ролун Ш. Түмөнбаев аткарганын даана билем, анткени күлкүнүн көбү ошол кишинин айланасына чогултулган. Айрыкча Камгакбайдын Чыңкылдакка карата «сүйүүсү», анан барып алардын «бетинин ачылышы» залда кыраан-каткыра күлкү пайда кылаар эле. Бул жердеги ийгиликтүү түзүлгөн юмордук образды куудул артист келиштире аткаргандыгына байланыштуу.

Күлкүнүн экинчи бир уюткулуу жери уй багуучу Мамыр менен тоокчулар Борбаш, Камгакбайлардын мамилесине барып чогулат. Бул экөөнүн «чатагынын» башы зоот уй баккан Мамырдын тигил экөөнө кекирейип карашында. Ырас эле, ата-бабанын салтында тоок багуу жок эле. Ал эмес, кечээ 1917-жылкы революцияга чейин, андан кийин деле анын этин да, жумурткасын да жебеген карыкартаңдар көп жолугуучу. Согуш аяктап, бүлүнгөн чарбаны кайра калыбына келтирүү жылдарында өкмөтүбүз төрт түлүк мал менен бирге канаттуулар фермаларын түзүп, тоок чарбасында да чоң көңүл бура баштаган. Ошондо сугатта жүргөн Борбаш менен Камгакбай улгайып калгандыгына байланыштуу «жылуу орунда» жеңилирээк кызматта иштегилери келип, тоок багууга өтүшкөн. Антсе тигил зоот уй багып, сарай, жем-чөп менен толук камсыз болгон курдашы Мамыр ары-бери өткөндө, кээде үйлөрүнө да келип, «текөөрлөшкөн короздорду арачалап, чөптүн арасынан жумуртка издебей, менин карамагыма өтсөңөрчү» деп, шылдыңдай берет. Караса, бир эсептен анын сөзү да жөндүү сыяктанат. Колхоз тооктор үчүн сарай салдырмак турсун, аны ойлоноштура да элек. Келген жыгач-ташты жаңы типтүү уй-сарай салганга бөлүштүрүп коюптур.

www.bizdin.kg

Борбаштар башкармага барышса, «бардык ишти бир убакта аткара алабызбы, уй чарбасын тейлеп алалы, андан кийин силерге кезек келээр» дегендей жооп жолдойт. Тоок багуучулар чын эле ыза болот. Анткени ал экөө бул жумушка көнө түшкөн, анын келечеги бар экенине да ишенишет. Ошентип, Борбаш менен Камгакбай ээрчишип районго барып, чоңдордон карагайды өзүңөр кыйып, даярдап, тоок сарай сала бергиле деген мааниде уруксат алышат. Калган иштердин бардыгы жомоктогудай тез аткарылат. Колхоздо жаңы заңгыраган уй сарай салынат. Аны менен катар тооккана, каз-өрдөктөр үчүн көлмө да бүткөрүлөт. Булардын бардыгы бүткүл совет адабиятында жалаң «ура» менен аткарылган салттуу көрүнүш болчу. Андай мисалдарды биз «конфликтисиздик» теориясына байланышкан «өндүрүштүк чыгармалар» деп атоочубуз. Мындай учурларда тоодой кыйынчылыктарды каармандар кыйкырык-сүрөөн менен бүткөрүп таштап, алардын жан-дүйнөсү терең ачылбай калуучу. Ошол кездеги жаш драматург Т. Абдумомунов үстөмдүк кылып турган атмосферадан суурулуп чыгып кетүүгө мүмкүнчүлүк жок болчу. Ал деле ошол көндүм жолго түшүүгө аргасыз эле. «Борбаш» комедиясы орто жерине чейин жакшы келе жатып, аяк жагында жогоруда белгиленгендей, жалпы шарга келип кошулат.

Эми чыгарманын жанрдык табиятына ылайыктуу милдет кандай аткарылгандыгына көңүл бурсак, анда «Борбаш» театр сахнасында бир топ жылдар жакшы эле жүрүп келген. Бара-бара, айталык, ошол эле Т. Абдумомуновдун «Тар Капчыгайы» коюла баштаганда мурункудан ийгиликтүүрөөк чыккан «инисине» (ал биринчи жолу «комедия» деп аталган) «агасы» жол бошотуп берди.

Кыргыз элинде «тамаша» деген бир жакшы сөз бар. Бул бири-бирине куйкум ыргытып, чымчылашуу, «Борбашта» тамаша сөздөр көбүнесе улгайгандардын, мисалы, Камгакбай-Мамыр, Камгакбай-Чыңкылдак сыяктуулардын арасында жүрөт.

Биринчи сүрөттө Борбаштын үйүнө адегенде Камгакбай келет. Анан Борбаштын аялы Нуржан үчөөнүн ортосунда тамашалашуу башталат.

К а м г а к б а й: Барсыңбы, Нуржан?

www.bizdin.kg

Нуржан: (Үйдөн чыгып) Жоголду деп уктуң беле?

Камгакбай: Оу, оңбогон түгөт! Мени көрсө эле тили кычышып турат. Тигини-тигини, кылтың-кылтың этип...

Борбаш: Адам ээй, жөргөлөп алып мунун аял жандуусун кантейин. Тур мындай! Болбосо камгактай учуруп жиберем.

Камгакбай: Айланайын, Бокебай, менде айып жок, бул түгөтүң өзү тийишип жүрөт, көрбөйсүңбү!

Нуржан: Турчу нары дөөдүрөбөй. Саа тийишкендей мен эмне... Нуржандын тийишкиси келсе... Ушу сендей Камгакка кор болгуча, муунуп өлбөйүмбү.

Борбаш: Ай, ай байбичеси! Кадимки өзүнүн тегерек калпагын кийип, биздин үйдүн терезесинин тушунан кайкая басып өткөндө сиз терезе пардага жашынымыш болуп, жөтөлүп калганыңызды көп көргөм го.

Камгакбайдын сырткы кебетесине карата келип чыккан бул тамаша сөздөр «карыса да кемпирлер калжаңдашат чал менен» дегендей кеп да. Жаштар үчүн бул сахна анчалык деле күлкүлүү эместир, ал эми тигил үчөө курдуу адамдар үчүн алардын тамашалуу сөздөрү ылайыктуудай эле.

Кээде күлкү адамдардын жүрүм-турумуна, кыймыл-аракетине жараша да келип чыгат. Ошентип, Борбаштын үйүнө андан кийин Мамыр келет. Аны менен жогоркудай мээримдүү күлкү коштогон тамаша эмес, бир аз кычкылыраак сөз сүйлөшүлөт, анткени ал берки эки тоок баккычтарга бой көтөрүп, мамиле кылчу. Үчөө отурган жерге аңгыча Чыңкылдак деген өтө албеттүү, анан алабарман да, тамашакөй да бир аял келет.

Чыңкылдак: Аял келсе, отуруп алган эмнеси. О, маданияты жок десе! Тур мындай (Камгакбайды колтуктан алып ыргытканда ал тигиндей барып, алманын бутагын кармап туруп калат). Эркек! Башында калпагы бар! Бери келчи, да бир жолу эмдеп коеюн.

Камгакбай: Айланайын эй, ээй!.. Ушу сага туш болбогонум жакшы болуптур! Аялдын Кожомкулу турбайсыңбы!..

Чыңкылдак: Окус мага туш болсоң, эки күндүн биринде ушинтип гана эмделип турат элең да. Кел эми, байкуш Камгагым! Ошенткен менен жанга теңебейм өзүңдү... Кел, эми жаныма, менин ойногонум олдоксон болгону менен сүйгөнүм назик. Кел, келегой, Какишбай!

www.bizdin.kg

Өзү чукөдөй киши, салмагы да жок камгакка окшогон Какең ошентип шылдың-шакабага туш болгону менен кезегинде ачуу сөз ыргытып, өчүн да алып алмай жайы бар.

Алгачкы комедиясында Т. Абдумомунов бир топ жерлеринде жакшы күлкүлүү ситуациялар, жагдайлар түзүп, каармандардын речин да тамаша, шакаба, шылдың сөздөр менен жабдый алган. Бирок мунун баары юмор, б. а. жандүйнөгө доо кетирбеген жеңил-желпи күлкүлөр.

Театровед А. Сырымбетов комедияны лирикалык жана сатиралык деп экиге бөлөт. «Борбашты» биринчи топко кошуптур. Сыягы, ал аны курч күлкүлүү сатирадан айырмалоо үчүн айтса керек. Аталган пьесада «талкалоочу» күлкү жок, Аристотель айткандай, анда «порог без страдания» орун алган. Б. а. каармандардын кемчиликтерин (мисалы, Мамырдын кекирейген мүнөзүнө, мактанганына) жаныбыз анча кейибейт. Алар жылмайып күлүп коюп эле токтоп калуучу майда-барат кыңыр-кыйшыктар. Биздин оюбузча, комедияны «лирикалык» дегенден көрө «юмордук» деп айтканыбыз жөндүү болоор. Эгерде А. Сырымбетов «лирикалык» деп «сезим дүйнөсүн» түшүнүп жатса, анда ал сатиралык комедияда деле бар да.

Эми комедиянын финалындагы жеңиш жана жемиш тою жөнүндө. Жогоруда эскерилгендей, согуштан кийин эмгек темасында жазылган көп чыгармалардын аягы той менен аяктайт. Бул жасалма деле эмес. Кандайдыр бир чоң иш бүткөрүлгөндө же башка бир маанайдагы жеңиш колго тийгенде, адамдар кубанычтарын бөлүшүп, той өткөрүү — бул салттуу көрүнүш. «Борбашта» да ошондой финал кайталанат. Маселе тойдо эмес, ага чейинки жетишилген эмгектик ийгиликтерди үстүртөн сүрөттөгөндүктө, каармандардын жан-дүйнөсүнө үңүлүп кирбегендикте болуп жатат. Т. Абдумомуновдун комедиясына да ошол эле кемчилдик мүнөздүү.

Т. Абдумомуновдун комедиялык чыгармаларын талдоого киришип жатып, автордун ал жөнүндөгү пикирин угуп койгонубуз жөндүү: «Турмуш төөнүн өркөчүндөй. Анын бийиктигин коштогон пастыгы, ширидигин коштогон ачуусу, тунуктугунун ар жагында киргилдиги бар. Биз анын айжаркын жактарын даңазалоо менен катар бизге күңүрт түшүрүп, тоскоол болгон жактарын аябай мыскылга алып,

www.bizdin.kg

биздин тиричилигибизден биротоло шыпырып таштоого милдеттүүбүз. Бул жагынан алганда, сатиралык комедиянын ролу чоң, ага баа жетпейт. Чынында эле алып карайлычы. Биздеги жакшы, адал адамдардын арасында эки жүздүү кошоматчылар, мансапкор көрө албастар, паракор, сөз ташыгычтар, жегичтер, оозу менен бирди айтып, колу менен башканы иштеп, адамдардын ортосундагы ынактык менен достукту бузган кара ниеттер жана башка ушулар сыяктуу адам баласынын шүмшүктөрү али да болсо жойлоп жүрүшөт. Андай немелерди бир көргөндө эле тааныш кыйын, анткени алар шартка бат эле ылайыкташып ала коюшат. Элдин көзүнчө туура сүйлөп, туура жүрүшөт. Бир караганда чынында эле жакшы адам го деп ойлойсуң. Мына ошолордун кубулма жүздөрүн ачып көрсөтүп, сатиранын күйдүргү оту менен күйгүзүү сатирик-драматургдардын бирден-бир ыйык милдети».

Өзү туура түшүнүп, туура баамдагандай, Т. Абдумомунов сатиралык комедияларынын башкы каражаттары аркылуу адам мүнөзүндөгү ар кандай терс сапаттарды катуу сындап, отко да, чокко да куйкалап, андай шумпай, алдым-жуттум, кара ниет, кара өзгөй шүмшүктөрдү жакшы адамдардын арасынан тезирээк кубалап жок кылуу максатын коет. Ушул мааниде алганда, анын жакшы жазылган сатиралык комедияларынын бири «Машырбек үйлөнөт». Мындагы сын соода кызматкерлеринин былык турмушу. Чынында, бул чоң объект, көп эле жазылган тема, бирок Т. Абдумомунов ошол тапталган сыяктуу көрүнүштү өзүнчө жол таап, таамай, таасын сүрөттөп берген. Облпотребсоюздун председатели Каримовдун аты эле аталат, өзү пьесага катышпайт. Анын аялы Зыйнат «Тар-Капчыгайдагы» Майсалбүбүгө окшош эрке-талтаң, анан паракор аял.

Ал эми Машырбектин өзүн элге тааныштырган монологу мындай: «Өткөн жумада ресторандын жанында турсам... Өңү суук келжейген бирөө келатат... Адам карай турган түрү жок... Менин жанымда бир топ эле кадырман адамдар турган эле, тигини көрө замат утурумдашып жүгүнүшүп, жөн эле төшөлө калып, салам беришип... Бири колтугунан сүйөсө, экинчиси сигарет сунуп... Анан ресторанга киргизишип, жер-сууга тийгизбей көкөлөтүшүп,

www.bizdin.kg

анын асылбашынын ден-соолугу үчүн удаама-удаа тост көтөрүшүп... күлсө күлүшүп, мостойсо мостоюшуп... Акыры жанкылардын бирөө өз машинеси менен тейтейгенди үйүнө жеткирмекчи болуп... Аяш менен балдарыңызга дешип, бир топ ящиктерди багажникке салышып... Тигилердин бирөөнөн сурасам, обкомдун бөлүм башчысынын бөлөсүнүн кызынын уулу болот экен, а мен болсом... ага караганда кол жетпестерденмин да!.. Мен дароо ишке кириштим.Мен кимге-ким боло тургандыгым жөнүндө сөз тараттым!.. Ошол күн да келди. атымды укса, жаа бою качкан Алматай Каримович менен Зыйнат Бакеевна өздөрү келип бөйпөңдөшүп, Шакийнасын менин койнуму салып беришмекчи болушуп... Менин алдымдагы караңгы жол заматтын ортосунда жарык боло түштү».

Караңыздар, шумпайдын амалы менен аны мурда өзүнчө бир жүргөн салпаяк, бандит ж. б. у. с. сөздөр менен боктогондор, анын айланасындагы соодагерлер (дүкөнчү-мащенниктер) ага дароо «кул» болуп, Машырбек аты өчүп, Машырбек Алмакунович болуп калды. Пьесанын соңунда анын тирөөчү сынып түшөт (Каримов иштен алынат). Ошондон кийинки ремарка мындай: «Музыка тык токтоп, бийлеп жаткандардын ар кимиси ар кандай укмуштуу позада катып калат. Зыйнат жыгылат. Сахна тунжурап караңгылайт. Зыйнатты курчаган адамдар ошол тунжураган караңгылык соруп кеткенсип, таптакыр көрүнбөй калат да, кимдир бирөөнүн онтогону угулат». Бул жакшы символ.

Машырбектин үйлөнүшү Гоголдун Хлестаковунун келиши сымалы кичинекей областтык борборду дүңгүрөтөт, анткени ал облпотребсоюздун балдызын алган жаткан. Өзү болсо обкомдун 1-секретарынын «жакын кишиси».

Машырбек эптеп жан багууну көздөгөн кичинекей чиновник эмес, анын алыска кеткен стратегиясы жана тактикасы бар: «Мерчемдүү жерге жетип, таасирдүү кишилер менен байланыш түзүп, биротоло түптөнүп алганга чейин Калматай Каримович ырастан эле «чудо-человек!» мен аны урматтайм. Ал эми кош азууму чыгарып алгандан кийин жиним келсе, анын өзүн «лап» сугунуп, ордуна барып отуруп албай жаным жокпу!».

«Т. Абдымомуновду кыргыз драма өнөрүндөгү речтик мүнөздөмөнүн устаты десек жаңылышпайбыз, ал ар кан-

www.bizdin.kg

дай социалдык, профессионалдык катмарлардын сүйлөө өзгөчөлүктөрүн, речтик стилин мыкты туюнган адам жана пьесаларында катышуучуларды өзүнө гана мүнөздүү речтик манера менен сахнага чыгара билет. Чын-чынына келгенде драматург дал мына ушул речтик мүнөздөмөнүн искусствосуна ээ болгон жерден гана кадимки драмалык чыгарма башталат» дейт С. Байгазиев. Мына ушундай тил чеберчилигинин бийиктиги, комедиялык ситуациялардын байлыгы жагынан Т. Абдымомуновдун «Жыгылган оогонго күлөт» аттуу комедиясы айкын мисал болот. Анын аты эл макалынан алып коюлуптур. Ички маңызы боюнча чыгарманын аты-затына бап келет. Бул тууралуу С. Байгазиев туура жазыптыр: «Жыгылган оогонго күлөт» комедиясында комедиялык сюжетти ичтен тиреп, көтөрүп турган эки «атлант» бар. Мунун биринчиси, ээрден ооп калгандыгын байкабаган Шермат абышка, экинчиси, өзүнүн жерде жыгылып жатканына эсеп бербей, ооган Шерматка сын таккан «полдомочун» Атабаев. Автор мына ушул жыгылган менен оогонду кошоктоштуруп, сахнага жетелеп чыгат да, сюжеттин жүгүн жондоруна чытырата таңып, экөөнү ээрчиштирип, ээн-эркин кое берет».Алардын ар биринин өзүнө ылайыктуу комедиялык «жүгү» бар. Мисалы, Атабаев райкомдун 1-катчысы тууралуу бир эле фраза таштап койду эле, анын ким экендиги көзгө бадырайып көрүнө түштү. Ал минтип сүйлөйт: «Мен аны эмне үчүн сындады дебейсизби? Жолдош Жанболотов Назар Асанович (*эки жагын карanып, үнүн басаңдата*) жогорку билимдүү адис болгону менен жол башчылык таланттын бүдүрү да жок!.. Баары менен тең ата... Мылжың. Морал жагынан шектүү... Бир гана мисал... Эшигинин алдында отурган катчы аялчы!.. Аны далыга кагып эркелетет, акыл сурайт, күлүп сүйлөшөт. Ошол эле дейсиңерби?! Райондун кожойкеси деп ат коюп алыптыр» (42). Атабаев келтирген фактылардын баардыгы анын өзүнө каршы атылган октой тийип жатат. Жанболотовдун секретары менен күлүп сүйлөшкөнү, андан акыл сураганы, «хозяйка» деп эркелеткени — мунун бардыгы советтик моралга каршы келген жосун экен. Эми анын өзүнө кайра суроо берип көрөлү. Райкомдун 1-катчысына эмне үчүн адамдар менен күлүп сүйлөшүүгө жарабайт? Ал деле адам, катчы деле адам,

www.bizdin.kg

эмне, кызматы чоӊ болсо эле, адамгерчилик касиеттен ажырап калыш керекпи? Эгер секретарынан акыл сураса, анткени ал эл менен көп аралашат, калк арасында жүрүп жаткан процесстерди билет. Ал «хозяйка» деп койсо, анын баасы төмөндөп калабы. Чынына келгенде райкомдун бүткүл аппаратын (ошол эшиктин алдына отурган секретарь) тейлейт. Бардык иш ошол аркылуу жүрөт. Мына ошентип, бул мисалдар Атабаевдин Жанболотовго антипод экенин далилдеп койду.

Эми Атабаевдин саясий жүзүнө келсек, ал партиялык билет алып жүргөн, бирок ленинизмдин тамгасын гана үйрөнүп, маӊызын түшүнбөгөн адам. Анын бар билген сөзү «лекция окуйм, элди моралдык-саясий ыдыроодон сактайм!». Бул жерде «ким-кимге күлдү» деген суроо коюу ылайыктуу. Элди агартып-көгөрткөнгө аттанып чыккан өкүл сөрөйдүн деӊгели тоодо жайы-кышы кой артында жүргөн адамдардыкынан да төмөн болуп чыкты. Алар «полдомочунга» (карыялардын сөзү) караганда партиялык этиканы, «сакундөрдү» (закондорду) жакшы түшүнүшөт экен. Атабаевдин көздү ачып, мээни тазарткан лекцияларысыз эле малды жакшы багып, өкмөт менен партиянын тапшырмаларын мыкты аткарып жатышыптыр. Жаш-кары дебей, өздүк-көркөмдүк фестиваль уюштуруп, көӊүл ачып жатыптыр. Элдин курсагы ток, маанайы жарык, анан алар ырдабаганда ким ырдайт! Атабаев болсо калайыктын бул жакшы демилгесин, өз алдынчалыгын, эркин ойлоо жөндөмдүүлүгүн дым чыгарбай басууга аракеттенет. Ал ушундай шүмшүк.

Комедиядагы эӊ ачык тартылган портреттердин катарына Атабаев, Шермат, Малабай, Айымбача, Чүкөдөйлөр кирет. Эпизоддук каармандар да ачык, даана. Комедиянын табиятына жараша орундуу табылган куйкумдуу, күлкүлүү деталдар көп. Чыгарманын тили персонаждардын мүнөзүнө жарашкан ачуусу да, таттуусу да аралаш. Бул чыгарманын театралдык варианты укмуштуудай эле жакшы чыккан. Сахнага ылайыктуу жерлери абдан арбын.

Т. Абдумомунов «Машырбек үйлөнөт», «Жыгылган оогонго күлөт» өӊдүү кеӊ масштабдуу, чоӊ социалдык, моралдык-этикалык проблемаларды козгогон мыкты сатиралык комедиялар менен бирге чакан пьесаларды да жа-

www.bizdin.kg

зып, булар да оозго алаарлык ийгиликтерге жетишкен. Мисалы, «Эч кимге айтпа» аттуу эки көшөгөлүү сатиралык пьесасында ушакчы, бекерпоз аялдардын карикатураланган эпизоддук даана образдарын жараткан.

Пьесада төрт адам: эрди-катын, Шаймерден-Чиймекаш, анын достору Мойтош жана Айнаш. Көшөгө ачылганда телефон менен сүйлөшүп жаткан Чиймекаш. Далайлардын башына «суу куюп» жиберет. Мисалы, Сабира бай жердин кызы экен, себине «Волга» машинасы кошо келиптир, күйөөсү горздрав болгондон бери асманды карап, көтөрүлүп жүрөт. Эрди-катын күнүгө урушуп-талашып, жакшы жашашпайт дейт. Анан туруп, ага ашык болуп калган «кер мурут» жигит жөнүндө сүйлөшөт. Кермекаш аны менен «жүрүүгө» даяр экендигин билдирет. Өзү жогорку билими жок, маданияты төмөн, күйөөсүнүн жакшы кызматка көтөрүлүп, анын эрке-айымы болууну ушунчалык эңсейт. Бир күнү күйөөсү Шаймерден аны горкомго чакыртып жаткандыгы жөнүндө айтса, Чиймекаш күйөөсүн министрликке жетгей эле деп тилейт. Анан чоңдун аялы болгон кездеги турмушун элестетип, бир топ кыялга батат. Күйөөсү горкомдон горбыткомбинаттын директорлугуна сунуш этилгендигин кабарлайт. Чиймекаш аябай сүйүнүп «туулган күн» деп шылтоолоп, стол майлап жиберүүгө камынышат, бирок Шаймердендин оозу бош аялы «эч кимге айтпа» деп туруп, бул кабарды шаарга жайып жиберет. Ошентип, ачык ооз Чиймекаштын айынан Шаймерден ал кызматка бекибей калат.

Пьесада традициялуу ушакчылар темасы өзүнчө табылган ыкма менен жакшы ачылып берилген. Шаймерден «менин көзүмчө бир да адамды жамандап көрө элексиң» деп, аялын мактайт. Ал болсо досу Мойтош кухняга кирип кетээри менен аны аябай «ашатып» ушак айтып жиберет: «Сөздөрүнүн бардыгы куйкум... Мени улам кемсинтип... Көрчү, бул сволучту! Менин аркам менен адам катарына кошулду эле, эми минтип мага кыр көрсөтүп... Нары-бери жойлоп калган тура. Азыркы замандын түлкүсү да! Теңтушум деп койсо, ырастап эле теңтуш санап калган тура өзүн. Кое тур, сени элеби...».

Аялзатындагы оң мыкты сапаттар да, терси да профессионалдуу адабиятыбыз жаралгандан бери эле жазылып

www.bizdin.kg

келатат. Алсак, 30-жылдарда К. Маликов «Сен койсоң да, мен койсом» деген сатиралык интермедиясында эрди-катындын бири-бирине берген сынын жакшы сүрөттөп көрсөтсө, 50-жылдарда Мидин «Ак чүч» аттуу атактуу ыры менен чебер сатирик катарында таанылган. Бул теманы Р. Шүкүрбеков, Б. Сарногоев, Э. Ибраев жана башка акындарыбыз жерине жеткире эле иштеп чыгышкан. Ошолор жараткан бекерпоз, ушакчы, «аягы суюк» сулуулардын бири катарына Т. Абдумомуновдун Чиймекашы да тураарына ишенич бар.

Т. Абдумомуновдун «Жоробайдын үйлөнүшү» аттуу лирикалык комедиясында сүйүү, үй-бүлө проблемасы боюнча автордук позиция Жоробайдыкына окшош. Чынында эле сүйүүдө стандарт жок болсо керек, эгерде адамдардын бардыгы эле бирдей жашап, окшош сүйсө, турмуш деле анча кызык болбосо керек. Анын сыңарындай Жоробайдын үйлөнүшү да өзүнчө бир жорук экен. Бирок алардын таанышканы, сүйлөшкөнү, сынашканы бири-бирине эркелеп назданганы абдан лирикалуу, жаркын маанайлуу. Жазуучу алардын иштеген ишине деле анча басым койбойт. Жоробай атактуу сугатчынын шакирти экен, кыз болсо саанчылык кесипти тандап алыптыр. Т. Абдумомунов чыгармачылык жолун алгачкы баштаган кездегидей эмгекти биринчи планга алып чыгып, адамдарды анын көлөкөсүндө калтырбай, алардын ордун алмаштырып, абдан туура кылган. Ырасында эле комедияда башкы каармандар Жоробай менен Гүлдананын образдары көркөм деталдары, художниктик айрым штрихтерди чебер пайдалануу менен мыкты түзүлгөн. Алар мүнөз деңгээлине көтөрүлгөн. Ал эми драмалык текте конкреттүү мүнөз жарата билүү — бул чеберчиликтин бирден-бир белгиси болуп эсептелет.

* * *

Т. Абдумомуновду кыргыз драматургиясынын классиги дедик, анткени ушул жанрга абдан берилип, ал ага өзүнүн өмүрүн сайган адам. Бирок, бир текте такай иштегендердин баарын эле мындайча атай берүү ыңгайсыз. Классик делиш үчүн ошол сөздүн ички маңызына татыктуу, үлгүлүү, өзүнчө чыгармачылык, өнөрканасы бар накта сөз чебери болууга тийиш. Өнөркана дегенибиз эмне? Бул ар бир

www.bizdin.kg

устаттын өз талантын таптай турган жайы, лабораториясы. Анын ичи устат узана турган аспаптарга толтура. Алардын сырын ошол гана билип, ошол гана иштете алат. Кокустан башка бирөөлөр ушул кереметтүү жайга кирип калса, тигил урунган буюм-теримдердин ички сырын оңой менен баамдай албас эле.

Адабият таануу илиминде да чыгармачылык лаборатория деген түшүнүк бар. Аны биз жогоруда физикалык же химиялык лабораторияга сыртынан окшоштурдук. Мындай салыштыруунун орду бар, анткени жазуучу да физик же химик сыяктуу эле өз ишинин билерманы, чебер уста. Анын изилдей турган бир гана предмети бар. Ал — адам. Ал эми адам дегениң кандай татаал дүйнө, аны толук үйрөнүп бүтүүгө эч мүмкүн эмес. Бүтүн дүйнө адабиятындагы улуу художниктер канча кылымдан бери адамды изилдеп да, жазып да аягына чыгара албай келе жатышат. Ал дагы да бүтмөк эмес, анткени турмуш, жашоо дегенибиз чексиз. Мына ошол улуу агымда эң жогорку аңсезимдүү материя болуп эсептелген адам дал ошондой тынымсыз агып турган өзүнчө бир чексиздик.

Предмети окшош болгон соң аны изилдеп жаткан жазуучуларда да окшош сюжеттер, темалар, проблемалар толтура, бирок, чыныгы художниктер ошол жалпылыктан жекеликти таба билет, б. а. жалпы адамзаттык проблемалар ар бир мыкты автордо анын өзүнө гана таандык стиль жана каражаттар менен ачылып берилет. Мисалы, Т. Абдумомунов көтөргөн моралдык-этикалык проблемалар: өзүмчүлдүк, ичи тардык, ушакчылык, кызмат абалына пайдаланган карьеризм, бюрократизм, эринин мойнуна минип алып, мамлекет мүлкүн оңго-солго чачкан эрке-талтаңдар кайсы гана элде болбосун бар. Буларды сатирик-драматург өзүнчө, эч кимге окшобогон манерада, конкреттүү, ачык тартылган мүнөздөр менен ачып берүүгө жетишкен.

Драматургдун сүйгөн темаларынын бири тарыхый жана тарыхый-революциялык темалар. «Ашырбай», Токтогулдун өмүр-тагдырына арналган «Сүйүү жана үмүт» драмаларында өтө ачык, күчтүү мүнөздөр түзүлгөн. «Абийир кечирбейт» аттуу пьесасындагы Нурдин менен Нияздын ортосундагы моралдык тартыштарды орус жазуучулары-

www.bizdin.kg

нын чыгармаларына окшоштурган адабиятчылар да чыккан, бирок бул негизсиз, себеби турмушта андай жалпы адамзаттык мүнөздү алып жүргөн адамдар көп эле кездешет. Айталык, Ч. Айтматовдун «Фудзиямадагы кадыр түн» пьесасы эмне үчүн Америкада коюлган кезде жылуу кабыл алынган, себеби анда «канткенде адам уулу адам болот?» деген жалпы адамзаттык проблема козголуп, ал өтө колориттүү ачык түзүлгөн образдар аркылуу ишке ашырылган.

Т. Абдумомунов Улуу Ата мекендик согуш темасында «Чолпонбай» аттуу драма жазган. Муну окуй баштаганда бул баягы жүрөгүн дзотко тоскон жигит турбайбы деп бир аз чочулайбыз, бирок автор тапкан оригиналдуу көркөм ыкмалар андай кооптонууну тез эле жокко чыгарып таштайт. Чолпонбайдын эрдигине көрүүчү чын ниети менен ишенет, анын жекече адамдык сапаттарын көз алдыга даана элестете алат.

Драмалык чыгарма белгилүү бир саатка эсептелет. Ошон үчүн каарман сахнада жөн эле ары-бери басып, оозуна келген сөздөрдү сүйлөй бербейт, анын ар бири бутага таамай тийип турууга тийиш. Т. Абдумомуновдун бир үлпөттө чогуу отурган кезде айткан сөзү эсибизде калыптыр. Ал кээ бир күнү бир жакшынакай реплика таап алсаң, Алыкул айткандай, чоң кубанычка батасың деген эле. Демек, драмалык чыгармаларда тил чеберчилиги өтө чечүүчү мааниге ээ. Т. Абдумомунов мына ошондой өзүнө чоң талап кое билген устаттарыбыздын бири эле. Ал жараткан пьесалардын көбү театр сахналарында коюлган, демек, ал кыргыз искусствосунун алтын казынасына кирген. Анын сценарийи боюнча тартылган «Алыскы тоолордо» аттуу кинофильм бүгүн да өзүнүн маанисин жоготкон жок.

Т. Абдумомунов көп жылдар бою Кыргызстан Жазуучулар союзун башкарып, кызмат абалына байланыштуу маанилүү проблемалар боюнча докладдар жасоого туура келген. Кийин алар газета-журналдар беттеринде басылып чыккан. Бул материалдарды окуп көргөнүбүздө ал көркөм адабий процесстерге жандуу аралашып, анын өсүп-өнүгүшү үчүн тынымсыз камкордук көрүп келген, б. а. кыргыз адабият таануу илими менен сынынын ысыгына күйүп, суугуна тоңгон адам болгонуна ишенебиз. Сын багытында жазган

www.bizdin.kg

макалаларын окуп көргөнүбүздө Т. Абдумомунов көркөм адабиятты, анын алдында турган орчундуу милдеттерди туура түшүнүп, туура баалаганын баамдай алабыз. Бирок ал аны артыкча саясатташтырбай, адабий чыгарманы баалоодо, анын идеялык-көркөмдүк таасирдүүлүгүн биринчи орунга койгон. Буга адабий сын жана кыргыз поэзиясына арналган пленумдарда жасаган докладдары ачык мисал боло алат.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*


[1] *Аскаров Т.* Образдуу ой жүгүртүүнүн чексиздиги. — Бишкек, 2000.

[2] *Белинский В. Г.* Избранное в 2-х томах. — М., 1959, т. 1. 518-бет.

[3] Ленинчил жаш//1986, 25-февраль.

[4] *Поспелов В. Г.* Введение в литературоведение. — М.: Высшая школа. 1988. 415-бет.

[5] Энциклопедический словарь юного литературоведа. — М.: Педагогика, 1988. 287-бет.

[6] Введение в литературоведение. — М.: Высшая школа. — 1988. 134-бет.

[7] *Айтматов Ч.* Присоединения//Вопросы литературы. — 1976. № 8. 159-бет.

[8] *Сыдыкбеков Т* Жол. — Ф., 1984.

[9] *Бушмин А. С.* Приемственность в развитии литературы//Наука. 1975. 85-бет.

[10] *Левченко В.* Чингиз Айтматов. — М., 1986. 35-бет.

[11] *Садыков А., Бакашова Ж.* Ч. Айтматовдун көркөм дүйнөсү. — Б.: 1997. 1-глава.

[12] *Борбугулов М.* Жанкечтинин жазаланышы жана Жыпаргүлдүн тагдыры//Ала-Тоо. — 1963. 125-бет.

[13] «Очерки истории русского советского драматургического театра». — М.: АН СССР. т. 3. 58-бет.

[14] История киргизской советской литературы. — М.: Наука, 1970. 320-бет.

[15] *Борбугулов М.* Единство национального и интернационального. — М.: СП., 1979. 230-бет.

[16] Советтик Кыргызстан. 1966, 19-янв.

www.bizdin.kg

[17] *Бөкөнбаев Ж.* Чыгармалар. Эки томдук. — Ф.: 1954. 2-т., 214-бет.

[18] Токтогулдун замандаштарынын эскермелери. — Ф.: 1959. 53-бет.

[19] *Борбугулов М.* Пути развития киргизской советской драматургии. — Ф.: Киргосиздат, 1958. 112—121-беттер.

[20] *Касымбеков Т.* Жетилген курак. — Ф.: Мектеп, 1976.

[21] *Молдобаев Ж.* Элге арналган өмүр.

[22] *Калдыбаев К.* Адилеттик үнү//Ленинчил жаш. — 1966, 18-дек.

[23] *Абдумомунов Т.* Пьесаларынын тандалмалары. 2 томдук. — Бишкек: Адабият, 1992. 278-беттер.

[24] *Абдумомунов Т.* Сүйүү жана үмүт. (Пьесалар). — Ф.: 1966. 353—365-беттер.

[25] Токтогул. Чыгармалар. 2 томдук. — Ф.: Кыргызстан, 1964. 2 томдук. 155-бет.

[26] *Чукубаев А.* Токтогул. — Ф.: 1958. 94-бет.

[27] Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 2 томдук. — Ф.: Илим, 1990. 373-бет.

[28] Кыргызстан маданияты, 1990, 11-дек.

[29] *Абдумомунов Т.* Пьесалар жыйнагы. — Ф.: Кыргызстан, 1955. 131-бет.

[30] *Абдумомунов Т.* Пьесаларынын тандалмалары. — Б.: 1992. 1-том. 58-бет.

[31] *Абдумомунов Т.* Театр менин чыгармачылык үйүм. (А. Сарымбетов менен диалог)//Кыргызстан маданияты. — 1980. 26-июнь.

[32] *Байгазиев С.* Токтоболот Абдумомунов//Китепте: Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. — Ф.: Илим, 1990. 2-т. 497-бет.

www.bizdin.kg

## ТҮМӨНБАЙ БАЙЗАКОВ

*(1923—1992)*

Т. Байзаковдун «Тилегим» аттуу ыры 1946-жылы гезитке басылган. Акындын «Тандалмалар» (1983) жыйнагында да «1941», «1942», «1943» деген даталар менен белгиленген он чакты ырлары кезигет. Ошентсе да акындын чыгармачылыгына саресеп салып караганда, ал акын катары адабий процесске 60-жылдардын аяк ченинен баштап гана чындап аралашканы көрүнөт.

Акындын биринчи жыйнагы 1968-жылы «Паризат» деген ат менен жарык көрөт. Ушундан тартып Т. Байзаков акындык басыгын ылдамдатып, биринчи жыйнакка удаа «Биз жакта» (1969), «Кар бетине жаздым кат» (1970), «Мезгил чыйыры» (1972), «Самай берем» (1973), «Оттуу курак» (1975) деген жыйнактарын жарыкка чыгарган.

Жогорудагы фактылык маалыматтардан көрүнүп калгандай, Т. Байзаков акын катары кечигип таанылып, адабий процесске кечигип кошулган менен андагы акындык шыктын алгачкы учкундары, белгилери мурда эле болгон. Б. а. ал капысынан эле орто жашка келгенде акын болуп чыга келген жок. Андагы акындык шык, акындык табият турмуштук жагдай-шартка ылайык кечигибирээк ачылды. Акын өзү бир ырында:

> «...Ал согушка Мекен үчүн, эл үчүн,
> Кеткен элем кыз сүйө элек кезимде...
> Окоп менен октун даамын таткамын,
> Анын баары унутулбайт эсимде,—

деп жазгандай, он сегиз жаш курагында согушка кетип, оор жараланып 1943-жылы кайтып келет. 1944—1948-жылдары өзү туулуп өскөн Сузак районунда мугалим, мек-

www.bizdin.kg

теп директору болуп эмгектенет. 1948—1950-жылдары Сузак райондук гезитинде редакторлук кызмат кылат.

Адам баласы кээде тагдырдын жетегинде калып, кээде тагдырын жетекке алып бул жашоонун турмуш жолун арытат эмеспи. Т. Байзаковдун тагдырынын да поэзия менен байланышып калышына андагы акындык табият себепчи болуп, чыгармачылык чөйрөгө жакын болсом деген ички мүдөө-талап акыры аны борбор калаага алып келсе керек. Ал бул жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүрөт. Ошол эле поэзия дүйнөсүнө ынтызар табият, мүдөө-талап аны кыргыз поэзиясынын бийик чокуларынын бири Барпы Алыкуловдун чыгармачылыгы менен тогоштуруп, көркөм котормо иши менен байланыштырды.

Түмөнбай Байзаковдун акындык шыгынын бышып жетилишине, калыптанышына эки поэтикалык мектеп өзгөчө таасир кылган. Биринчи поэтикалык мектеп — бул Барпынын чыгармачылыгы. Поэзиянын күйөрманы Т. Байзаков өзүнүн атактуу жердеши, залкар ырчы Б. Алыкуловдун поэтикалык мурасын жыйнап, иреттеп, жарыялоо, элге жеткирүү ишине көп күч жумшап, Барпынын чыгармачылыгын изилдөө ишине олуттуу салым кийирген. Ал ушул иштерди аткарып жатып, сөзсүз, өзү үчүн поэтикалык сабак алды, тажрыйба топтоду. Байзаковдун айрым поэтикалык саптарынан сүйүктүү устаттын сабагынын таасирлерин, «издерин» айкын байкоого болот.

Экинчи поэтикалык мектеп — бул котормочулук. Т. Байзаков өзүнүн төл чыгармаларынын алгачкы жыйнагынан мурун М. Жалилдин, М. Рыльскийдин, Х. Алимжандын ыр, поэмаларын которуп басмадан чыгарган (1956, 1962, 1966, 1968-жылдары), алгач котормо ишинде калем курчутуп, ыр жазуунун кырлары менен сырларын өздөштүргөн. Өзүнүн чыгармачылык чыйыр жолун Т. Байзаков чындап котормодон баштаган деп айтсак, сөзүбүздөн анчалык одоно логикалык ката деле кетпейт. Себеби, көркөм котормо — бул чыгармачылык иш. Анын үстүнө поэзияны которуу ар кимдин эле колунан келе бербейт. Баарынан мурда ал котормочу акын (жок эле дегенде жамакчы) болуш керек, анан башка тилдеги поэтикалык текстти акынча туя билип, акынча которуш керек. Чыныгы ко-

www.bizdin.kg

тормочу (котормочу-акын) акындан кем эмес сөз түйшүгүн, чыгармачылык түйшүктү тарта билет. (Бирок, албетте, поэзияны которуунун ой-чуңкурун жакшы өздөштүрүү менен эле жакшы акын боло коюшка да мүмкүн эмес. Анын үстүнө Т. Байзаковдун 50—60-жылдардагы котормолорун да төгөрөгү төп чыккан котормонун үлгүсү катары сунуштоого дегеле болбойт). Ошентип, жогоруда белгиленип өткөн эки поэтикалык мектеп Т. Байзаковдун акындык шык-жөндөмүнүн бышып жетилүүсүнө оң таасирин тийгизип, такшалткандыгы айдан ачык табигый көрүнүш.

Алдыда айтылып өткөндөй Т. Байзаков кыркынчы жылдары эле, жыйырмага толуп-толбогон курагында ыр жаза коюп жүргөнү менен ал акын катары 60-жылдардын акырында гана бышып-жетилип, поэтикалык түшүм бере алды. «Түмөнбай китеп чыгарууга ашыккан жок. Ыр жазуу бир башка, ал эми поэзия дүйнөсүн ачуу бир башка маселе экенин ал ачык туюнду»[1] — дейт К. Асаналиев «Паризат» менен кездешүү» деген макаласында. Адабиятчынын бир сүйлөм менен чектелген бул ой-корутундусунда Т. Байзаковдун адабий «кечигүүсүнүн» башкы себеби, дегеле жалпы поэзия дүйнөсүндө орчундуу мааниге эгедер проблемалык маселе камтылган. Адабиятчынын ой корутундусунун учугун чубап, сөзүбүздү уланта турган болсок, поэзия, акындык өнөр уйкаштыра сүйлөп, ырдын сырткы формасын түзүүгө жөндөмү бар «чымындуунун» баарына эле жүгөндөтө койчу оңой өнөрлөрдөн эмес. Анын таланты бар, талабы бар, бирок тажрыйбасы аз жаш акынды далай азапка, сыноого салаары ырас. Ал эми 40-жылдары Т. Байзаковдо да ыр жазсам деген талап, поэзияга карата сүйүү жана эки-үч сөздүн башын кошуп, уйкаштырып ыр саптарынын сырткы формасын курай билүү жөндөмдүүлүгү гана болгон. Албетте, бул сапаттардын баары акын үчүн зарыл, ошол эле убакта акын болуш үчүн жетишсиз. Маселен, акындын 1941-жылкы дата менен белгиленген «Согуш» аттуу ырын алып көрөлү.

Тоо башынан күндүн көзү көрүндү,
Тегереги желеленип кызарып.
Көк асмандан жерге шоола төгүлдү,
Көлөкөлөр мойнун созот узарып.

www.bizdin.kg

Окуу бүтүп, жыйынтыкты чыгарып,
Отурганбыз мугалимдер сүйлөшүп.
Онунчуну бүтүргөндөр кубанып,
Ойноп жаткан аянтчада дүрбөшүп...

Ошол кезде каалга шарт ачылды:
«Согуш!» деди карт мугалим энтигип.
Столдогу кагаздар бүт чачылды
Күтүлбөгөн ызгаар кирип, жел кирип.

Ысык күндө суук кабар тынчытпай
Чыйрыктырат. Жүрөктөрдө кайнайт кек.
Турсак дагы бардыгыбыз унчукпай,
Туш тараптан угулгансыйт
«Согуш» деп....

Бул ырда эч кандай чыныгы поэзиянын жыты жок. Бул болгону «көрүндү», «төгүлдү», «кызарып», «узарып» деген сыяктуу уйкаш сөздөрдөн куралган жалаңкат, кургак баяндоо. Ал эми акындын ошол эле согуш темасында кийин жазылган «Бир селкиге жооп» аттуу ырын алып көрөлү. Жүзүндөгү согуш салган такка күлгөн селкиге лирикалык каарман мындайча жооп берет:

Бетимден тырык көрсөң — согуштан де.
Бир кезде бетин көздөй ок учкан де.
Майданда бетин октон катпаптыр де,
Мендеги сулуулукту сактаптыр де.

Бул ыр курулушу, формасы, уйкаштыгы жагынан акынды кыркынчы жылдардагы ырларынан өзгөчө деле айырмаланып турбайт, бирок бул уйкашкан саптарда, сөздөрдө фактылык-мазмундук баяндоо менен катар поэтикалык ой, поэтикалык идея, о. э. поэтикалык образ катышат. Адамдын айдай жүзүнө так салган согуш, ал согуштагы лирикалык каармандын «майданда бетин октон катпаган» баатырдыгы жана анын калкы үчүн өтөгөн кызматы (сулуудагы сулуулукту коргоп келгендиги) тууралуу саптар өз ара илмекайып байланышып, эмоционалдык-экспрессивдик бир бүтүн поэтикалык ой жаратат.

Ошентип, Т. Байзаков кыркынчы жылдардан алтымышынчы жылдарга чейин талантын таптоо жолунда болду.

www.bizdin.kg

Өзү талантына таазим кылган Барпы акындын поэтикалык мурастарын жыйнады, изилдеди, сабак алды; котормо ишинде калем курчутуп, ыр жазуунун кырлары менен сырларын өздөштүрдү; «ыр жазуу бир башка, ал эми поэзия дүйнөсүн ачуу бир башка маселе» экендигин ачык туюнуп, өзүн курулай камчылап, китеп чыгарууга ашыкпады.

Т. Байзаковдун алгачкы «Паризат» атуу жыйнагы же тактап айтканда жыйнактагы «Паризат» поэмасы окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынган. Акындын бул чыгармага кандай жооптуулук менен мамиле кылгандыгын поэманын акырына коюлган «1958—1968» деген датадан эле баамдасак болот. Бул поэма туурасында Кыргыз эл акыны С. Эралиев мындай дейт: «Ошентип, акындык тиричиликтин конушуна кечигип келсе да, аз эле жылдардын ичинде кыргыз окурмандарына сүймөнчүктүү көп чыгармаларды берди. Алардын ичинен акындын төл башы чыгармасы, аны элге кеңири тааныткан «Паризат» дастанын айрыкча белгилеп айткым келет. Элге кеңири таркап, муундан муунга, оздон оозго өтүп келе жаткан «Паризат» «Ак Саткын», «Ак Зыйнат» сыяктуу сюжеттерге кайрылып, алардын белгисиз жактарын таап, жаңыча көрк берип, окурмандардын жаңыча кызыгуусун арттырып дастанга айландыруу, менимче оңой-олтоң иш эмес. Мындай жагдай акындык көрөгөчтүктү, тапкычтыкты, чеберчиликти жана чоң эргүүнү талап кылат. «Паризатты» жазууда Т. Байзаков алдына коюлган талаптардын бийигине көтөрүлө алган»[2]. Чындыгында да поэманын сюжеттик, ырдык курулушу менен мазмундун шайкеш келишине атайылап көңүл оодарып карай келгенде чыгарманын поэтикалык фактурасы бир топ жогорку деңгээлде, чыйрак иштелгендиги дароо көзгө урунат.

«Паризат» поэмасынын сюжети элдик ырдын негизинде курулган. «Мүнүшкөргө кошулуп /Куш саласың, Паризат/. Муктаж болгон жүрөккө,/ Туз саласың, Паризат» деген сыяктуу элдик ырдын саптары поэмада пайдаланылат.

«Паризат» өзүнө чейинки жазылган Т. Үмөталиевдин «Жыпар», «Канышбек», С. Эралиевдин «Ак Мөөр» поэмаларынан, А. Токтомушевдин «Алтын Тоо» романынан кийин тематикалык жактан кыргыз адабияты үчүн жаңы-

www.bizdin.kg

лык деле алып келген эмес. Мында да жогоруда саналып өткөн чыгармаларда жана саналбаган 50—60-жылдары кыргыз акындары тарабынан элдик легендалардын негизинде иштелип чыккан поэмаларындагыдай эле Октябрь революциясына чейинки кыздардын кыйын тагдыры, теңсиздик замандын махабат трагедиясы чагылдырылат. Бирок поэманын акындык бөтөнчө эргүү менен көркөм иштелишин, сюжеттик окуянын драматизминин, трагизминин жогорку эмоционалдык-экспрессивдик чыңалууда чагылдырылышы, ыр саптарынын мукамдуу уйкаштыгы жана картиналуулугу бул поэманын беделин саналып өткөн поэмалардын катарында бир кыйла көтөрүп турат. «Паризат» акындын жеке чыгармачылыгындагы этаптуу окуя. Ал түгүл бул поэманы акындын акындык кудуретин толук чагылдырган башкы чыгармасы, чыгармачылыгындагы алыстан көзгө урунчу бийик чокусу десек да болот.

Поэмада Паризат кыз менен Сулайман аттуу жигиттин армандуу сүйүүсү баяндалат. Паризат Бектурган байдын көрбөй жүрүп көргөн жалгыз кызы.

Эркекче өстү — ата ушуну жактырды.
Көкүлүнө көзмончокту тактырды.
«Бекзададан менин кызым ашсын» деп,
Мүнүшкөргө кыргый, туйгун бактырды.
«Балдарга окшоп тыкан, чыйрак болсун деп,
Күндө таптап күлүк атты чаптырды.

Бирок, «кызга кырк үйдөн тыюу» болгон катаал заман тартиби акыры Паризатты кымырылып жүк бурчунда отурушун талап этти.

Коңшу айылдын ырчы жигити Сулайман аны куш салып жүргөн жеринен көрүп ашык болуп калган болот. Ал эми кыздын көңүлү ага айлында өткөн кыз оюнда бурулуп калат. Сулайман — кедей жигит. Байга теңсинип жуучу жибергенге, калың төлөгөнгө Сулайманда ал кайда. Аңгыча кыздын башы байланып, жол торолот. Урунаарга тоо таппай, урушаарга жоо таппай, байлык-мансабына чиренген, эл ичинде Кутурган атка конгон Бектургандын иниси Сулаймандын шек-шооратын угуп калып, анын артынан түшүп, акыры өлтүрүп тынат. Сүйгөнүнөн айрылган Паризат кыз сары ооруга чалдыгып, мерт болот. Поэма төмөндөгүдөй кейиштүү картина менен жыйынтыкталат:

www.bizdin.kg

Жаткан менен кыш төшөгү жыйылбай,
Чорго муздар ыйлайт жашы тыйылбай.
Өмүрлөрдүн соңку гүлү үзүлдү.
Үмүттөргө кешик койбой кымындай.
Кардуу дөңдөн жаңы мүрзө көрүнөт
Ак мамыкка конуп турган чымындай...

Сүйүү темасындагы элдик поэмалардын дээрлик көпчүлүгүнүн финалы өткөн замандагы теңсиздиктин айынан ажырашкан ашыктардын күйүткө чыдабай өз өмүрлөрүн кыйышы менен аяктайт. (Мис., «Ак Саткын менен Кулмурза», «Олжобай менен Кишимжан» ж. б.) Бул поэмалардагы өзүн-өзү өлтүрүү, жашоодон кечип кетүү пессимистик максатты көздөбөйт, а чыныгы сүйүүнүн күчүн далазалоонун бир жолу, романтикалуу трагедия. Т. Байзаковдун «Паризат» поэмасында да ушул элдик традициялык мотив, финал сакталуу менен, анда чагылдырылган доордун духу, адамдардын коомго, үй-бүлөгө, сүйүүгө болгон көз караштары, улуттук кулк-мүнөзү, салты тарыхый конкреттүүлүктө сүрөттөлөт.

Поэмадагы акындын ийгиликтеринин бири катары анын пейзаждык параллелдерди көркөм каражат катары абдан ыктуу пайдалана алгандыгын белгилөөгө болот. Маселен, Паризат төрөлгөн күн ымыркайдын болочок трагедиясынан шоокум бергендей «Сур булуттар эски сурптай үлдүрөйт. /Күз мыйзамы сыр айта албай күңгүрөйт», же болбосо жалаага кабылып, мойнуна сыйыртмак салынып айдалып бараткан Сулайманды Паризат акыркы ирет көрөрдө төмөнкүдөй пейзаж тартылат.

Күз алыстайт. Акыркы айы жаңырган.
Кыш олпогун тоолор эчак жамынган.
Кашка сууну Күн нурунан калкалап
Кабат-кабат муз каалга жабылган.
Кара тоодон ызгаар тынбай ышкырат:
«О, калайык, кышка кандай камылгаң?

Бир сагызган бакка конуп сайрады
Баштачудай балакетти кайдагы.
Анар чочуп кесек алып ыргытып,

www.bizdin.kg

Сагызганды сайратпастан айдады.
Бактан учуп жыйган чөпкө конду да
Өчөшкөнсүп кайра тилин кайрады...

Жогорку ыр саптарында «кашка суунун күн нурунан калкаланып, кабат-кабат муз каалга менен жабылышы», «кара тоодон тынбай ышкырган ызгаар», «капилеттен сагызгандын сайрашы» — ушунун баары алдыда болчу кооптуу окуядан кабар берип, окурманды сестентип, болуучу окуяга ылайык маанай түзөт.

Албетте, поэмада ийгиликтер менен катар кемчиликтер да бар. Чыгарманын башкы өксүгү катары баш каармандар канчалык конкреттүү, реалдуу шарт-жагдайларда, кырдаалдарда сүрөттөлбөсүн, алардын ачык көркөм мүнөзү (индивидуалдуу личность катары) түзүлбөгөн. Паризат болгону акылдуу, сулуу, сүйүүгө туруктуу кыз. А анын ички дүйнөсү кандай, айлана-чөйрөгө, адамдарга көз карашы кандай, Сулайман экөөнүн баш кошуусунун жолу торолуу экенин алдын-ала эле билген кыз эмне жөнүндө ойлонот — ушул сыяктуу психологиялык кырдаалдар автор тарабынан көңүлдөн тышкары калтырылган.

Т. Байзаковдун «Паризат» поэмасынан башка дагы «Ленинди атам сүйлөдү» (1970), «Патрондогу каттар» (1971) жана «Доско кат» аттуу поэмалары бар.

Бул поэмалар идеялык-көркөмдүгү жагынан «Паризаттын» деңгээлине көтөрүлө албай калган. «Ленинди атам сүйлөсүн» аттуу поэмада Лениндин, социализмдин эзилген кедей турмушуна тийгизген шарапаты лирикалык каармандын атасынын баяны катары даңазаланат, «Патрондогу каттарда» болсо солдаттын сүйгөнүнө жөнөтүлбөй, огу атылган патрондордо сакталып кала берген каттары аркылуу согуштун кайгы-касиреттүү, кесепеттүү экени чагылдырат. Ал эми «Доско катында» лирикалык каармандын бирге өскөн теңтуш курбусуна жазган каты аркылуу үчүнчү бир Таштанбек аттуу каармандын өмүрү баян этилет. Поэманын сюжетинин акыры, т. а. окуянын чечилиши өтө солгун, «кат» жазуунун себеби бүдөмүк. Поэмаларда кургак баяндоочулук үстөмдүк кылып, окуяларга карата көркөм анализ, психологиялык мотивировка жетишпейт.

Эми акындын лирикадагы поэтикалык изденүүлөрүнө келе турган болсок, Т. Байзаковдун акындык эргүүсүн коз-

www.bizdin.kg

гогон темалар өтө ар түрдүү. Ал да көпчүлүк акындар сыяктуу эле Ала-Тоо, Ата журт ажары, өмүр, өлүм, жаштык, сүйүү, согуш жана тынчтык, эмгек темасында жана албетте, өз заманынын гражданини катары саясий-граждандык темада, Ленин, коммунисттик партия туурасында ырларын жараткан. Акындын ыр жыйнактарын барактай келгенде анын кайсы бир темага артыкчылык берип, баса отуруп иштебегени менен, сүйүү жана согуш темасы акындын жан дүйнөсүнө жакыныраак экендигин байкоого болот.

Т. Байзаковдун согуш темасына жакындыгынын табигый себеби бар. Акын «он сегиз жашты от ичинде сынап», согуштун азап тозогун өз көзү менен көрүп кайткан. Ошондуктан жүрөккө, денеге өзүнүн өчпөс тагын калтырган ал алаамат окуя жөнүндө акын айтпай да, жазбай да кое албайт эле.

Согуш эмне?
Аты өчсүнчү ошонун!
Отсуз койду канча үйлөрдүн очогун.
Согуш деген сөздү укпасын урпактар.
Согуштун мен көрүп келгем тозогун.
(*«Согуш эмне?»*)

Акындын «Денемде жатат коргошун», «Жата берсин», «Согуш эмне?», «Он сегиз жаш», «Нөшөрдө», «Жол карайт эне» аттуу ырларын согуш темасында дурус жазылган ырлардын катарына кийирүүгө болот.

«Гүлдөйүнчү көктөмдөй», «Сага сундум гүлүмдү», «Күтөр бекен багында?», «Эмне болду?», «Кар бетине жаздым кат», «Жүрөк гүлүн табабыз» аттуу ырында ышкы отуна кабылган лирикалык каармандын ар кандай эмоциялык абалы, сүйүүгө жана сүйгөнүнө карата мамилеси таасын чагылдырылган.

Сүрөтүңдү издебегин аппагым,
Үйдө турган альбомума катпадым.
Өзүм менен дайым бирге болсун деп
Өчкүс кылып карегиме тарткамын,—
(*«Баяттар»*)

деп лирикалык каарман өз сүйүүсүн далилдейт. Акындын улам кийинки жазылган махабат лирикаларында чыгыш

www.bizdin.kg

поэзиясынын үлгүлөрүнүн таасири айкыныраак көрүнөт. «Акындын «Самай берем» деген жыйнагындагы баяттар мурдагы жыйнактарына киргизилген ырлардын кайрадан кынаптан иштелген жаңы варианттары, бардыгы элүү алты куплет. Кеп мунун аз же көп санда жазылышында эмес. Анын ар биринде адам мүнөзүндөгү турмуштук көрүнүштөр, кыска жана таамай берилгенинде. Бул баяттардын тышкы түрү эзелтен калыптанган чыгыш поэзиясына таандык болсо, анын ички мазмуну көркөм каражаттары бүгүнкү учурдун таламдары менен эриш-аркак келип, акындын жекече өзгөчөлүктөрүн белгилейт»[3].

Т. Байзаков ыр жаратууда тематикалык көп түрдүүлүк менен катар формалык жактан да бир топ изденген акын. Анын поэзиясында ар кандай сандагы строфалардын турган кадимки (белгилүү бир темага арналган) ырлардан тартып «Кош сап ырлар», «Төрт сап ырлар», «Алты сап ырлар», «Сегиз сап ырлар» деген аталыштагы ырлардын циклдери кездешет. Ошондой эле акындын ырларынын ритмикалык муун өлчөмү да ар кыл.

Сыйым менин —
Жазган ырым.
Сыйын сенин —
Жүрөк сырың, —
(*«Сыйым менин»*)

деген сыяктуу 4 муундуу ыр саптарынан тартып, 7, 8, 11, 12 муундуу ырлары бар. Мындан сырткары Т. Байзаков поэзиядагы татаал формалардын бири — сонет формасында да ыр жаратууга аракет кылган. Акын «Байлыгым бар», «Жаз келди», «Жаштык түшсө жадыма» деген сыяктуу бир топ сонеттерди жана «Билерик», «Он беш кайрык» аттуу сонеттер алкагын жазган. Акын көпчүлүк сонеттеринде поэтикалык бул татаал форманын ички талаптарына толук жооп бере албай калган менен, бирок, алар бир топ ийгиликтүү көркөм табылгаларга ээ. Сонет формасынын өзүнө таандык формалык-мазмундун талаптары бар. Мындай форма белгилүү өлчөмдөгү ыр саптарынан (14) туруу менен мазмундук жактан поэтикалык ойдун диалектикалык ой жүгүртүүнүн үч баскычынын (триада): тезис, антитезис, синтездин негизинде курулушун талап этет.

www.bizdin.kg

Т. Байзаков бул ырдык форманын табиятын өздөштүрүү, изденүү, жаратуу аракетинде болуп жатып, көпчүлүк ырларында поэтикалык ойдун бир топ тереңдигине жетише алган.

Формалык жактан болгон ар кандай чыгармачылык изденүүлөр Т. Байзаковдун ыр куруу техникасынын бир топ ийкемдүү, элпек жана бир кыйла жогору деңгээлде экенин тастыктап турат. Акын «Паризат» жыйнагынан кийин бир нече китеп чыгарып, тематикалык горизонтун кеңейтти, калемин дагы төшөлттү. Бирок, албетте, муну менен акын китептен китепке төмөнтөн жогору карай кыйшаюсуз түз өнүгүп жүрүп отурган жок. Анын чыгармачылыгынын бышып жетилген учурундагы, ырлардан да форма менен мазмундун шайкеш келбей калган учурлары арбын учурайт. «Бир далай ырларында жаңылыгы жок жалпы ойлор гана кайталанат, китептик таасирлер басымдуулук кылып кетет, темалар тайызыраак чечилип, жалаңгат формада айтылат»[4].

Доордоштук Октябрдан башталды,
Коомдоштук Октябрдан башталды.
Боордоштук Октябрдан башталды,
Бекем достук Октябрдан башталды.

*(«Октябрдан башталды»)*

же:

Ала-Тоо, ак чокуңдан кагылайын,
Арзысам гүлүң болу тагылайын.
Карыңды көз отума эритейин,
Күүгүмдө шамың болуп жагылайын.

*(«Ала Тоо»)*

деген сыяктуу керектүү, модалуу, актуалдуу темада жамак ыкмасына салып чампалай салынган жеңил-желпи желдирме ырлар да бир топ.

Түмөнбай Байзаков котормо искусствосуна да өз салымын кошкон акын. Ал өзүнүн чыгармачылыгынын башталышында Муса Жалил, М. Рыльский, Х. Алимжан сыяктуу өзүнө замандаш советтик акын-жазуучулардын чыгармаларын которгон болсо, 70—80-жылдарда акын чыгыштын Саади, Абдурахман Жами сыяктуу поэзия устаттарынын ыр берметтерин кыргыз тилине которгон.

www.bizdin.kg

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Асаналиев К.* «Паризат» менен кездешүү // Мугалимдер газетасы. — 1973. — 29-сент.

[2] *Эралиев С.* Акын кудурети // Кыргызстан маданияты. — 1993. — 15-сент.

[3] *Абдыраимов Ж.* Жүрөккө түнөгөн ырлар // Кыргызстан маданияты. — 1973. — 20-сент.

[4] Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. I том. — Фрунзе, 1987. 536-б.

www.bizdin.kg

## ЖУСУЕВ СООРОНБАЙ

*(1925)*

Кыргыз эл акыны, Токтогул сыйлыгынын лауреаты С. Жусуев 50-жылдардан баштап кыргыз адабиятында чыгармачылык изденүү менен талыкпай эмгектенип келе жатат.

Алгачкы тажрыйбалык процессти баштан өткөрүүдө акын да көпчүлүк жаш акындар сыяктуу эле «алыкулдук агымдын» толкунунда болгон. Анын үйрөнчүк деңгээлде жүргөндүгүн тырмак алды «Эмнеликтен сүйөмүн» деген жыйнагы күбөлөп турат.

Бирок, С. Жусуевдин кийин поэзиядагы өз чыйырын табууда өтө талбай изденүүдө болгондугу «Чындык менен ыр» (1952), «Өмүр жазы» (1955), «Сүйүү жана ишенич» (1956) жыйнактарында көрүндү. Акын лирикалык ырлардан эпикалык жанрга өтүп, «Өмүр жазы» деген согуштан эки көзүнөн ажыраган жигиттин трагедиялуу тагдырын баяндаган поэманы жаратты.

Өз учурунда адабиятчы Ж. Шериев белгилегендей, «С. Жусуевдин кийинки эпикалык чыгармаларына мүнөздүү бир белги бар, ал белги — акындын моралдык-этикалык темага айрыкча көңүл койгондугу»[1]. Адабиятчынын пикирин экинчи бир «Мөмөлүү бакта» поэмасында козголгон адеп-ахлактык проблемалар так далилдейт.

С. Жусуевдин Москвадан окуусу анын профессионалдык деңгээлге көтөрүлүүсүнүн алгачкы баскычы эле. Билими тереңдеп, руханий кругозору кеңейип, эстетикалык табити артып келди. Бул дароо эле «Үмүт» (1960) жыйнагында көзгө урунду. Акындын поэтикалык диапозону, масштабы, көркөмдүгү, стили, манерасы бийиктей, тереңдей

www.bizdin.kg

түшкөнүн лирикалык көптөгөн саптары айгинелеп турат. Ошону менен бирге лирико-психологиялык мүнөздөгү «Үмүт», «Жаркын» поэмалары өзгөчөлөндү. С. Жусуев каармандардын жан дүйнөсүнө таандык көзгө илешпеген касиеттерди көркөм чагылдыра алган. Поэмаларда акын жаштардын турмуштарына кайрылып, аны схематизм линиясына салбай, табигый — реалисттик планда сүрөттөөгө жетишкен. Болотбектин жеке трагедиясы — сүйгөнү Надядан айрылышы ынанымдуу поэтикалык тактык менен берилген. Акындын чыгармачылыгында ар түрдүү тематикалар философиялык-публицистикалык нукта синтездештирилип берилиши күч ала баштагандыгы — 60—70-жылдардагы поэтикалык көркөм дүйнөсүнөн айкын көрүнөт. Албетте, анын чыгармачылыгында согуш темасы басымдуу орунда. Өмүр, өлүм, жашоо, жаратылыш, бейпилдик, тазалык ж. б. поэтизациялоодо С. Жусуев ар кандай көркөм ыкмаларды, көркөм сөз каражаттарды, ритмикалык ыргактарды, эмоцияларды, элестерди, символдорду зор чеберчилик менен колдонгон.

«Түрмөк булуттар» (1969), «Алтын чынар» (1973), «Суктануу» (1977), «Бийик асман» (1979), «Миң кайрык» (2000) жыйнактарындагы поэтикалык образдар, граждандык позиция, гуманисттик ой жүгүртүүлөр, идеялык-эстетикалык жалпылоолор, көркөм чабыттык масштабдуулук, курч конфликтер, психологиялык бурулуштар акындын эволюциялык диалектикасын мүнөздөп берет.

С. Жусуев башка акындар сыяктуу эле өз заманынын инсаны болгондуктан, социализм мезгилиндеги ийгиликтерди, партиянын тапшырмасын абийирдүүлүк менен аткарып жатышкан советтик эмгекчилердин кужүрмөн эмгектерин даңазалап ырдаган. Бул лирикалык ырлар менен поэмаларды акындын чыгармачылыгынан сызып салуу мүмкүн эмес. Мисалы, «Суктануу» поэмасы Токтогул ГЭСинин курулушу тууралуу баяндайт. Жаштар эмгекте бышат, тарбияланат, өсөт деген идея поэманын өзөгүн түзөт, ошону менен бирге көп улуттуу элдердин достугу сүрөттөлөт. Окуясы жөнөкөй болгон поэманын көркөмдүүлүгүнүн жеткилең иштелгенине карабай, советтик учурду көркөм объектиге алат деп сындоо, сөз кылбоо туура эмес.

Акындын бөтөнчөлөнүп турган өзгөчөлүгүнүн бири поэма жанрынын ар кыл формаларын спецификасына жара-

www.bizdin.kg

ша туура тандай алышында. Калемгердин калеминен поэма-миниатюра, поэма-диалог ж. б. түрлөрү жаралган.

Акын С. Жусуев Ч. Айтматовдун «Бетме-бет» аттуу повестинин сюжети боюнча «Сейде» деген эки көшөгөлүү драмалык поэма жазган. Мында акын Сейденин образынын ачылышына өзгөчө көңүл буруп, кээ бир деталдарды чеберчилик менен кошумчалайт. Поэма боюнча Сейде Ысмайылдын адамдык сапаты канчалык даражада экендигин алгачкы баш кошкон күндө эле сезе баштайт. Ысмайыл ылай колун жууп жаткан учурда Сейде тамашалап анын мойнуна суу куюуга аракеттенип, «багынып, жалбарып мага жалынгын» деп кууп калат. Ысмайыл колуктусуна жеңдирип, эки колун көтөрүп туруп бергенде, Сейде ичинде ага наараазы болуп, жада калса жүзүн муңайым басып, «ох, мен кантип жаңылдым...» деп айтып да жиберет. Бул анын биринчи кооптонуусу эле. Бирок Ысмайыл сыр билгизбемиш болуп:

Багындым сага, Сейде мен,
Багынчу жоого мен белем?
Эр жигитмин — душманга
Эрегишсем тең келем!—

деп ооз көптүрөт. Көп өтпөй эле согуш башталып эр-жигиттердин эрктүүлүгү, намысы сыналчу мезгил келет. Поэмада жигиттердин ата-энелери, тууган-туушкандары, колуктулары менен коштошуу сценасы өтө элестүү берилген. Алардын ичинде Байдалы, Ысмайыл да бар. Ушул жерде Сейде экинчи жолу Ысмайылдын мүнөзүндөгү дагы бир кемчиликти байкашын көрсөтүүсү автор үчүн жакшы табылга. Сейде (ойлуу):

Кайраттанып бел байлап,
Кармашка кетти кыйла адам.
Ошолордун ичинен
Ысмайыл болду ыйлаган.
*(пауза)*
Ошолордун ичинен
Ысмайыл болду ыйлаган...

Поэманы окуп жатканда Ысмайылдын фронтко бараткан жеринен кайра качып келиши, Сейденин аны алгач

www.bizdin.kg

кубаныч менен тосуп алуусу, Ысмайыл үңкүргө жашынып, Сейденин ага тамак-аш ташуусу, Тотойдун балдарынын Курман почтальонду үмүт менен күндө телмире карашы, согуштун каардуу күндөрүндөгү эмгекчилердин кужурмөн иштери, жеңишке болгон үмүт-тилектери көз алдыга даана тартылып өтүлөт. Сейденин мүнөзүндөгү улуу бурулуш Тотойдун уюнун уурдалышынан кийин башталат. Бул көрүнүш да автор тарабынан таасын сүрөттөлгөн.

Ысмайыл эт салынган капты көтөрүп келип Сейденин алдына таштады. Поэманын башталышындагы «Өх, мен кантип жаңылдым!..» деген Сейденин ой-сезими бул жерде турмуштук чындыкка айланып отурат. Акыры Сейденин ар-намысы жеңди. Акын С. Жусуев жазуучунун чыгармада айтайын деген оюн, каармандардын психологиясын, жүрүм-турумун поэмада да ынандырарлык бере алган.

С. Жусуевдин ырларынан жогору жакта атайы мисал бергенибиз жок. Анткени, анын художниктик чеберчилигин, изденүүсүн көрсөткөн бир жагдай — акын кыргыз поэзиясында сонет формасын өнүктүрүүдө маанилүү роль ойногон. Ошондуктан, С. Жусуевдин поэтикалык кудуретин көрсөтүүдө ушул проблемага басым жасоону туура таптык.

Сонет формасын кыргыз поэзиясында ийгиликтүү уланткан С. Жусуев болгон. Бардык акындар сыяктуу эле С. Жусуевдин акындык эргүүсүн козгогон темалар өтө ар түрдүү. С. Жусуев өмүр, өлүм, сүйүү сыяктуу темаларга кайрылып, Ала-Тоонун көркүн ырга кошот. Ошону менен бирге С. Жусуевдин ырларында согуш, тынчтык темасы өзгөчө орунду ээлейт, себеби бул тема акындын жеке өмүрлүк тажрыйбасы менен да шартталган. Буга «Бийик асман» китебиндеги «Таңдагы ойлор», «Адам менен табийгат» сонеттер алкагы жана майда сонеттери күбө боло алат. Мындан тышкары «Кубаныч», «Бейпил түндө», «Мамиле» деген сонеттер алкагын жараткан. Кыргыз поэзиясында сонет формасын чыгармачылык мүмкүнчүлүгүнө жараша өркүндөтүүгө аракеттенген. Жетимишинчи жылдары Сооронбай Жусуевдин сонеттеринин келиши менен кыргыз поэзиясынын сонет формасынын деңгээли бир топ көтөрүлөт. Сонеттин эң татаал түрү «венок сонетов» (сонеттер алкагы) пайда болот. Бул форма акындан өзгөчө чыгар-

www.bizdin.kg

мачылыкты, шык-жөндөмдү, ыр жаратуунун ички мыйзамдарын жеткиликтүү өздөштүрүүнү талап кылат. Кыргыз поэзиясында сонеттин бул түрүндө эң биринчилерден болуп С. Жусуев кайрылып, «венок сонетовду» кыргызчалап «сонеттер алкагы» деп атады.

С. Жусуев сонеттер алкагын өз-өзүнчө тема кылып жазды. Бир сонеттер алкагына эки жүз он сап сыят. Автор сонеттеринде адамгерчилик, достук, адамдардын ортосундагы мамиле, адамдын кубанычы, кайгысы жөнүндө жазат.

«Бийик асман» жыйнагындагы «Таңдагы ойлор» сонеттер алкагы адамзаттын жашоосундагы негизги өбөлгөлөрдүн бири — достукка арналган. Үчүнчү сонетти окуп көрсөк:

Жакшы досум таңдай нурлуу туу кармай,
Ал атайы сенден кынтык издебейт.
Ачык сүйлөп кыйдыланбай, куулaнбай,
Бөтөнсүнүп бөлүп жарып жиктебейт.

Ошондой эле адамдарды адамгерчиликти бийик тутууга үндөйт. Дегеле, адамга теңелгис эч нерсе жок, адам кыйратууга жаралбай, адамдык сапатын сактап, жаратууга жаралыш керек дейт.

«Таңдагы ойлор» сонеттер алкагынын мазмунун негизинен экиге бөлүп карагыбыз келет. Үчүнчү сонеттен баштап отузунчу сонетке чейинки чыгармалар адамдардын ортосундагы достукка арналып жазылган, башкача айтканда, биринчи, экинчи сонеттеринде таң жөнүндө, таңда жакшы үмүт, ой пайда болот. Анан үчүнчү сонеттен гана «Жакшы досуң таңдай нурлуу туу кармай» деп баштап, алтынчы сонетинде:

Өзүң өсүп мартабалуу болгондо,
Сыймык кушу оң ийнине конгондо,
Досум эмес «мен досмун» деп миң айтса,—

деп эң сонун метонимияларды колдонуу менен улантып:

«Досуң-мурат, досуң-кубат өмүргө» деген метафораларды өзүнүн ыр саптарында колдонуп, достук жөнүндө аяктайт.

Бар күчүңдү эмгек үчүн пайдалан

деген ыр саптары менен эмгек тууралуу бөлүгүнө өтөт.

www.bizdin.kg

Ак иш кылып, ак сүйлөөгө сен көнүп,
Ашыгып жет адам деген жакшы атка,—

деп эмгек кылып адам бол деп ырдайт. Бул сонеттер алкагында адамкерчилик, достук даңазаланат. Адамдар ортосундагы байланышты, достукту ийне-жибине чейин аңтарып, окурман астына таасын тартып, акын адамдарга адамкерчиликти бийик тутууга үндөйт. Ал негизинен реалдуу турмуш казанында кайнаган ойлордон, көрүнүштөрдөн улам жаралып, жогорку көркөмдүккө айлангандыктан, адамды терең ойго салат, ал ыр саптары ар кимдин дилинде жат болуп, сезимине сезим, оюна ой кошот. Акын көпчүлүк ырларында өз ойлорун аларга таңуулап, тыянак чыгара бербейт, окурмандын ой жүгүртүүсүндө, эстетикалык даярдыгына таянат.

Мазмуну боюнча «Таңдагы ойлор» сонеттер алкагындагы биринчи сонетин сөзгө алсак. Биринчи катренде тезис, экинчи катренде антитезис, үчүнчүдө синтез болуш керек.

Таң агарды жердин жүзүн жуугандай
Каптап жаткан караңгыдан тазартып.
Табиятты кайра өзгөртүп туугандай
Тамылжытып, ажардантып, жасантып.

Асмандагы көп жылдызды азайтып,
Таң агарды адам жүзүн нурлантып.
Жашты өстүрүп, картты кайра жашартып,
Сөөлөт берип, дөөлөт берип тургансып.

Таңда безеп булбулдардан үн чыгат,
Таңдын жели эркин өсөт гүл сылап,
Таң — мезгилдин таза учуру башкача.

Таңда туйлайт чуркасам деп жаш күлүк,
Таңда ойгонот жадыраган жакшы үмүт,
Таңды тоскун нээтиң менен таптаза.

Бул жерде таң агарып, жаратkандын өзүндө өзгөрүү болуп жатканын айтып ырдын мазмунуна киришсе, экинчи катренде андан ары уланып, таңдын агарышы адамга кандай нерселерди берери, башкача айтканда, биринчи

www.bizdin.kg

катренде табиятка таасири болсо, экинчи катренде адамга болгон таасирин «Жашты өстүрүп, картты кайра жашартып» адамдарга күч кубат берип тургансыйт» дейт, ал эми эки терцет жыйынтыктоочу болуш керек. С. Жусуев мында жыйынтыктап, таңда дегеле бардык жакшы нерселер «булбулдун сайрашы», «жакшы үмүттүн ойгонушу» дегеле таң башка мезгилдерден өзгөчө экенин, адам жакшы нээти менен тосушун жыйынтыктайт. Уйкаштыгы боюнча С. Жусуев негизинен француз сонетинин уйкаштыгын сактаган. Бирок жогорудагы мисалдан көрүнүп тургандай айрым гана учурда уйкаштыгы бузулат. Ал эми ырындагы саптардын саны майда сонеттери да жана алкактары да толук түрдө он төрт саптуу болуп жазылган.

Сонеттин бул түрү поэзиянын эң татаал формасы болуп эсептелинет. Бирок ошого карабастан Сооронбай Жусуев сонет формасында өзүнүн поэтикалык жетишкендиктерин көргөздү. С. Жусуев сонеттер алкагына мүнөздүү болгон белгилерин, өзгөчөлүктөрүн толук сактаган. Сонеттери он беш сонеттен туруп, биринчи сонеттин акыркы сабы экинчи сонеттин биринчи сабында кайталанып, он төрт сонеттүү шакекчени пайда кылды. Сонеттер алкагынын негизги белгиси шакекчени пайда кылуу болуп саналат. Мындан он төртүнчү (сонеттин акыркы) сонеттин акыркы сабы биринчи сонеттин, биринчи сабын «Таң агарды жердин жүзүн жуугандай» деп кайталанып шакекче бүтөт да, он бешинчи сонет магистрал башталат:

Таң агарды жердин жүзүн жуугандай,
Таңды тоскун нээтиң менен таптаза.
Жакшы досуң таңдай нурлуу туу карма,
Дайым таңдай тазалыгын сактаса...

Дил айтканды бурмалабай тил айтса,
Ыйык көрүп катып жүргөн бек сактап.
Досуң ошол — кемтигиңди ким айтса,
Алгын мунун көкүрөккө бек жаттап.

Бар күчүңдү эмгек үчүн пайдалан,
Эр белгиси — ар-намыстан тайбаган,
Эргип жеткин алдагы асыл максатка.

www.bizdin.kg

Эмгек кана адам баркын көтөрөт.
Эр милдети — элге кызмат өтөмөк,
Ашыгып жет адам деген жакшы атка!

Бул сонеттер түрмөгүндө С. Жусуев өзүнүн чыныгы ойчул акын экендигин дагы бир ирет көрсөтө алган десек анча деле аша чапкандык болбойт. Арийне, бул сонетте айтылган акындык ой, бул сонетте козголгон башкы проблема жаңы деле эмес, алмустактан бери айтылып келе жаткан көйгөйлүү маселелер, бирок С. Жусуев ошол атамзамандан бери айтылып да, ырдалып да келе жаткан ойлорду татынакай бир алкакка салып, ошол орошон ойлорду өзүнүн акындык жүрөгүнөн өткөрүп, натыйжада татынакай бир көркөм дүйнөгө айлантып берип отурат.

Ал эми «Адам менен табият» болсо, сонеттер алкагынын аты эле айтып тургандай, адам менен табияттын ортосундагы мамилени, жаратылыштын адамга тартуулаган өзүнүн түгөнгүс байлыгы жана адам аны кандай пайдаланууда деген суроого жооп катары жазгандай. Азыркы учурда коомдун актуалдуу проблемаларынын бири — адам менен жаратылыштын карым-катышы. Адам менен табияттын биримдиги жашоону түзгөндүктөн, ал тартуулаган белекти ыгы менен пайдаланып, ага этият мамиле кылсак, табият алдында өз милдетибизди аткарган болобуз. Мына ушул маселе акынды түйшөлтүп, ошонун натыйжасында «Адам менен табият» аттуу сонеттер алкагын жазган. Мында табиятка өтө этият мамилелердин зарылдыгы ырааттуу салыштыруулар аркылуу тартуулайт. Мисалга тогузунчу сонетти окуп көрсөк:

Алабыз деп табияттын чылпагын,
Чорконтуктан көзүн оюп албайлы.
Буза берсе адам тыйбай ынсабын
Жаратылыш майып болуп калбайбы.

Бул сонеттер алкагында риторикалык суроону башка сонеттер алкагына караганда өтө көп колдонгон, себеби глобалдуу проблеманын түгөнгүс суроолорун берип, жооп издеген. Ал эми табиятты, жерди жандуу адам катары карап, башкача айтканда, мээримдүү, камкор, боорукер энenin образы аркылуу ачып берген. Акын сонеттер алкагында көркөм сөз каражаттарын эң сонун колдонгон.

www.bizdin.kg

Акын сонеттер алкагында риторикалык суроону башка сонеттер алкагына караганда өтө көп колдонгон, себеби глобалдуу проблеманын түгөнгүс суроолорун берип, жооп издеген. Ал эми табиятты, жерди жандуу адам катары карап, башкача айтканда, мээримдүү, камкор, боорукер эненин образы аркылуу ачып берген. Акын сонеттер алкагында көркөм сөз каражаттарын эң сонун колдонгон.

Акын согуштун апаат күндөрүндө курал кармап, өзү катышып келген акындардын бири. Ошондон улам согуш темасы акындын калемине күч кубат берген, шыктандырган булакка айланды. Бул тема акындын майда сонеттеринде да, сонеттер алкагында да чагылдырылат.

Шаттык келет укмуштай таттуу болуп,
Аны көрдүк биз жоону жеңген жылы,
Кан майдандан денеси тактуу болуп,
Үйлөрүнө жоокерлер келген жылы.

Токтоно албай өз уулун тосуп чыгып,
Кубанычтын көз жашын төккөн эне,
Карбаластап астыга озуп чыгып,
Кучагына бек кысып өпкөн эне.

Карайт эне баласын сыймыктанып
Кайтып келген майдандан сыйлыкты алып,
Кирип нечен жоо менен чарпышууга.

Ушул сындуу укмуштай жеңиш керек,
Же эмгектен жаралган жемиш керек.
Адамдардын жүрөгүн балкытууга

«Кубаныч» аттуу сонеттер алкагынан алынган, акын каардуу согуштун аяктап, эне баласын чоң кубаныч менен тосуп алганын, ал эненин образы аркылуу бүткүл элдин, бүткүл дүйнөдөгү энелердин образын берип отурат. Чындыгында эле дал ушул энедей аял заты сүйүнүчтүн, кубануунун, сагынуунун жашы менен өз уулдарын, сүйгөн жарын, кусалыктан атасын күткөн — балдар тосуп алышкан эмес беле?!

Аталган алкактагы схемалык уйкаштыгы катрендерде аттама (абаб) уйкаштыкта, терцеттер (ддж-ззи) уйкашта

www.bizdin.kg

уйкашкан. Демек, алкак француздук сонет формасында жазылган. Анда адамдын жан дүйнөсүндө ар кандай нерселерде, кубулуштарда, окуяларда ар түрдүү кубануулар болоорун сүрөттөйт. Мисалы, эки жаштын ысык сезиминен, ууз сүйүүсүнөн улам калган кубанычы, перзенттүү болуудагы кубанычы, өзү акын болуп, акындын алгачкы тун китебин — аруу сезимге салыштырып, ошондогу алгачкы китебиндеги сезим, алгачкы махабаттагы кубануу... Бирок, биздин байкашыбызча бул алкактарда сонеттин архитектоникасы сакталбай калса керек, башкача айтканда, сонеттин өзүндө ички диалектикалык өнүгүү, карама-каршылык, тактап айтканда тезис-антитезис-синтез байкалбайт. Балким, формага катуу көңүл буруу менен анын ички диалектикасы сакталбай, бул «Сонеттер алкактары» эң жогорку деңгээлге көтөрүлбөй калгандыр. Алкакты 15 сонет түзөт, мына ошондогу 14 сонет чынжырлашып байланышкан. Эң 1-сонеттин биринчи сабы магистралдын 1-сабы менен башталып, 2-сабы менен аяктайт, 2-сонет магистралдын 2-сабы менен башталып, 3-сабы менен аяктайт, ж. б.; 14-сонет магистралдын 14-сабы менен бүтөт да, ошол менен «венок» бүтөт, биригет, башкача айтканда, алкакта алгач магистралдын өзү биринчи жазылып, түзүлүп, магистралдын ар бир сабы өзүнчө сонетти ачып чыгыш керек. Ой далилүү болуш үчүн Л. Тимофеевдин түшүндүрмөсүнө кайрылсак: Ал мындай дейт: «... Поэтому магистрал пишется сначала, определяя строй и связь всех четырнадцати строк, а уж потом каждый из его строк открывает новый сонет»[2] дейт. Акында ал магистрал бардык алкактарында аягында (15) орун алган: Мисалы, «Мамиле» алкагында магистрал төмөндөгүдөй:

Адам деген адам менен адамда да, а
Дидарлашып, сүйлөшсө да тил менен, б
Бир-бирине сынап берет адам баа, а
Бир-бирине жагат ынак дил менен. б

Бирдей эмес адамдардын бардыгы, в
Ар биринин башка-башка мүнөзү. г
Ар кыл, ар кыл ар адамдын тагдыры, в
Өмүрдөгү ой, максаты, күрөшү. г

www.bizdin.kg

Адам болуп адам парзын аткарсаң, д
Караңгыны сүргөн өңдүү аткан таң, д
Кайгы-муңду сүрүп чыгат кубаныч. ж

Адам бекем, адам чыдайт баарына, з
Алса дагы тагдыр аны каарына, з
Максаты аны чептен бийик, урагыс. и

Демек, магистралда төмөндөгүдөй строфалардын схемасы болот:

1———2; 2———3; 3———4, 14———1.

Бул алкакта жана башка алкактарда да строфалык схема туура сакталган. Аты аталган сонеттер алкагынын темасы айтып тургандай, адамдардын ортосундагы ар түрдүү мамилелер тууралуу сөз кылат, ошого жараша адамдардын мүнөзүн да айтып берет. Мүнөзүнө жараша мамиле кыла алсаң, тилин тапсаң күндөй жарык, гүлдөй назик болоорун белгилейт. Ошол эле сонетинде төмөндөгүдөй билдирет:

Жупуну эле, бирок, жыттуу гүл болот,
Ыгын тапсаң, ал нур чачкан күн болот —
Ар биринин башка-башка мүнөзү.

Бул сонеттер алкагы сүйүү сезиминде сиңирилген, аруу тилек эки жаштын махабатынан да куру эмес. Эки сүйүшкөн адамдын ортосундагы мамилени акыл-насаат аркылуу берет. С. Жусуевдин чыгармачылык тагдырында да анын бул сыяктуу сонеттеринин да өз орду, өз бийиктиги бар экендигин ачык-айкын болот.

«Сонет жазуу Сиздин чыгармачылыгыңыздын өсүпөнүгүшүнө кандай өбөлгө болду, мааниси жана ролу кандай?» — деген анкетабыздын бир суроосуна акын мындайча жооп берген: «Формасы жана мазмуну жагынан бирбирине уланып, уйкаштары сонеттин эрежеси менен так сакталган бул өтө татаал «Сонеттердин алкактарын» жазуу менен чоң чыгармачылык талантты, күчтү, чебердикти, оор эмгекти талап кылды.

Сонеттердин бул кыйын түрүн жазуу мен үчүн оңой турган жок, мен өзүмдү-өзүм чыгармачылыктын оор сынагынан өткөргөндөй болдум. Баштагы Союздук республикаларда, ал турсун Россияда «Сонеттердин алкактарын»

www.bizdin.kg

жазган акындар чанда гана экен. Бул «Сонеттердин алкактарын» жазуу үчүн акындык дареметимдин жана чыгармачылык резервимдин бир тобун жумшадым. «Сонеттердин алкактарын» жазгандан кийин өзүмдүн чыгармачылык диапозонум кеңейип, потенциалым өркүндөгөнүн сездим. Келечекте дагы жаңы, олуттуу чыгармаларды жаратууга көңүлүмдө ишеним пайда болду« (10-июль, 2001-ж.)

«С. Жусуевде кемчилик учурайбы?» — деген мыйзамченемдүү суроо туулат. Эң биринчи биздин баамыбызга урунганы — курулай акыл-насаатка окурманды ынандырууга аракет кылышы. Мындай учурда айтыла турган ойлордун баары кандайдыр бир жасалмалуулукка барып такалгандай туюлат.

С. Жусуев деле сонеттеринин баарын бир кылкада жазган эмес. Айрым учурларда акын адам турмушунун айрым жактарын аябай «майдалап» жиберет. Мисалы, «Экөө» деген сонетинде эки адамдын мамилесин примитивдүү түрдө машиналар менен салыштырып, терцетте мындай жыйынтыкка келет:

Урунушса, экөө тең шылкыйышмак,
Машинадай экөө тең байланышмак,
Экөөнүн тең маңдайы канап турмак.

Албетте, бул акындын чыгармачылык жүзүн көрсөтө албайт. Ошондой эле «Ош жөнүндө», «Сулуулук», «Кээ бирөөлөр», «Баары бир, бирок...» деген сыяктуу сонеттеринде «Мен Оштон» деген сөз — 10 жолу, «бар» — 9 жолу, «ким бирөөнү» — 8 жолу кездешет. Мындай учурда автор жөн эле инерция менен акыл калчабай, ой жүгүртпөй туруп эле сөздөрдү тизмектеп койгон сыктуу.

Анкетабыздын суроосуна берген жообунда акыныбыз да муну моюндагандай: «Чынын айтканда, менин жазган сонеттеримдин баары бир деңгээлде, көркөмдүк жана мазмун жагынан окурмандардын өсүп бараткан көркөм табитине жооп бере аларлык чыгармалар деп айтыштан тартынам. Бул менин «Бийик асман» ыр китебиме кирген, ар биринин өз аты бар сонеттерим жөнүндө» (10-июль, 2001-ж.).

Ошентсе да сонет формасын бардык жагынан иштеп чыккан С. Жусуев деп айтаар элек. Себеби акындын со-

www.bizdin.kg

неттеринде сонет формасынын бардык өзгөчөлүктөрү толук сакталган. Мазмун жагынан да, форма жагынан да бурмаланган эмес. Акындын: «Мен сонет формасына жаңылык эмес, кыргыз поэзиясын форма жагынан байыткым келген. Ошол менен кыргыз поэзиясынын кеңейишине, байышына өз салымымды кошкум келген»,— деген сөздөрү бар. Бул ой ишке ашты деп айтсак болот, себеби, сонеттер алкагын кайталангыс кылып жаратты. Демек, С. Жусуев поэзия айдыңында өзүнүн чыгармачылык изденүүлөрү менен сонет формасын өркүндөттү десек болот. Жетимишинчи жылдары акындын сонеттери жана беш ири алкагынын жазылышы кыргыз профессионал жазма поэзиясы үчүн жетишкендик эле.

Атагы алыска кеткен «Алай ханышасы», эки жолу[3] датка наамына татыган Курманжан тууралуу легендалар, санжыралар, көркөм чыгармалар жогорудагы тарыхый инсандардан көп болбосо кем калышпайт. Бирок анын бир өзгөчөлөнгөн айырмасы — ошол мезгилдеги тарыхый инсандардын ичиндеги коомдук-саясий турмушка активдүү катышкан жападан жалгыз аялзаты. Коомдук ишмер, саясатчы, элчи, акылман, ойчул Курманжан датканын башынан өткөргөн кубаныч-сүйүнүчү, бакыт-таалайы, кайгы-капасы, муң-зары көркөм адабияттын чыныгы объектисине жатат десек болот. Жеке адамдын трагедиясы менен жалпы элдин трагедиясынын жуурулушуп кетиши чанда гана кездешет. Тарыхый инсандын турмуштун азаптозокторунан келип чыккан кыйынчылыктарды көтөрө, жеңе билип, тайманбас күч-кайраты, кебелбестиги, өжөрлүгү, сынбастыгы, жеңилбестиги, ийилбестиги психологиялык ар кандай кырдаалдардан келип чыгат. Курманжан өткөргөн өмүр барактарындагы татаал турмушту, анын психологиялык толгонууларын чагылдыруу оңой нерсе эмес. Башкы максат — каармандын сезими менен акылынын жуурулушун, жүрөктүн түпкүрүндөгү айыкпас тактан жаралган психологиялык өзгөрүүлөрдү көрсөтүү. Мына ушул жагдайдан алганда акын С. Жусуевдин ыр менен жазылган «Курманжан датка»[4] романын бөлүп айтсак жетиштүү[5].

Роман — масштабдуу, Кокон хандыгынын кыскача тарыхы батырылган десек болот. Ал эми ошол тарыхта бел-

www.bizdin.kg

гилүү роль ойногон бир үй-бүлөнүн — Алымбек менен Курманжандын тагдырлары көркөм сүрөттөлгөн. Автор да жубайлардын образдарын эриш-аркак ажырагыс кылып көрсөтүлүшүнүн себеби — алар бардык жактан бири-бирин кошумчалап, толуктап турат.

Акын каармандын бала кезине кайрылып, эрке, эстүү, нур жүздүү, эркек баладай өткүр, тайманбас болуп өскөнүн ырга салат. Чебер калемгер окурманды поэзиянын не бир сыйкырдуу, кереметтүү ажайып дүйнөсүнө алып кирет. Алтын балалыктын санаасыз күндөрүн өткөрүп, кыз пейили назик тартып, жигиттер шынарлап, шапар-шаттуу күндөр, айлуу түндөр... лирикалык маанай чыгарманын аккорду болуп саналат.

Кыз турпаты, кыз жаңы келин болгондо өзгөрөт. Курманжандын бактысы бөксөрүп, тагдыр ага өз теңине туш кылбай, жүрөгү зилдеди:

Күйөө санап, күйөөсүндөй тоготпой,
Төшкө түртүп, төшөгүнө жолотпой...

Каармандын тагдыры жеке өз башында болуп, түшүндө бир аян берип, качып кетти... Акын кыздын жүрөгүндөгү өмүр тагдырына баш ийбеген махабат сезимталдыкты эргүү менен алып учат:

Саргыч парда тартып алып жүзүнө,
Садагам, сен кирдиң менин түшүмө.
Арылууга сага кылган айбымдан
Мен даярмын отко, сууга түшүүгө.
Өжөр эле, өткүр эле мүнөзүң,
Жериңди үшөп сен саруулап жүрөсүң,
Тез кел, кызым, тез кирейин күчүмө!..

Курманжандын бакыт-таалайынын ачкычы — Алымбек бектин колунда эле. Бек ал мезгилде Кокон хандыгынын эң башкы билермандарынын бири — Анжыян вилайетинин акими. Алайды башкарган датка болчу. Бир маалымат боюнча кыздын даңкын угуп, атайы көрмөккө келсе, экинчи бир пикирде капысынан жолугушат. Бул окуянын жүрүшү А. Газиевдин чыгармасында[6] өтө кеңири берилген.

Бул автордун баяндоосу боюнча Алымбек менен Курманжандын ортосундагы алгачкы сүйлөшүүсү өтө ша-

www.bizdin.kg

кабалуу өтөт. Тайманбаган, өткүр, кыздын ар бир жообу бекти күлдүрүп, жылмаюусун пайда кылат. Комузчунун «Күйгөн», «Секетбай» ырларынын аткарышы аркылуу Алымбек кыздын колун сурайт.

Ал эми акын С. Жусуев болсо каармандардын жан дүйнөлөрүндөгү сүйлөшүүлөрдү тек гана көз менен билдирет. Көздүн чагылышы, жылмайышы, тайсалдашы, сыр катышы...

Кыргый мүчө, бою ноода келишкен,
Тоодо жүрүп түздү самап эриккен.
Маралга окшойт үйүрүнөн бөлүнүп,
Мөл булакка түшүп келген эгизден.

Акын эпикалык чыгармалардай тарткан ай жамалдуу, ажарлуу, ою, дили аппак бийкечти датка бир көргөндө эле жактырып калат, а кыз өзүнөн бир мүчөлдөй улуу датканын сөзүн сындырбай макул табат. Махабат океанына чөмүлүшкөн каармандар өмүр бою бири-бирин ызааттап, сыйлап, урматтап өтүшөт.

Алымбектин саясий ишмердиги Курманжандын айлана-чөйрөнү таанып-билүүгө, коомдук иштерге акырындап активдүү катышууга таасир берип, өбөлгө түзөт. А. Газиев тарыхый летопистердин күбөсү катары Курманжандын сырткы окуяларга катышуусуна басым жасаса, С. Жусуев каармандын ички дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөргө көбүрөөк көңүл бурган. Акындын сүрөттөөсү боюнча тарыхый инсандык акылы, ой жүгүртүүсү тереңдеп, көрүнүштөргө коомдук, философиялык, нравалык маани бере баштайт. Анын сезимтал жүрөгү саясий күрөштүн бүтпөстүгүнөн, эрегиштен, көрө албастыктан, бийлик талашуудан жазыксыз төгүлгөн кан, өмүрлөр үчүн сыздайт. Күйөөсүн бийликтин баш айланткан бийиктигинен кантип сактап калууну ойлоп баш катырат. А. Газиевдин чыгармасына кайрылсак, Мусулманкулдун аскерлери Ошту каптап келе жатканда күмүш камчы[7] жиберип аман алып калат эмеспи! Алымбек да аялынын акыл-эстүүлүгүн сыйлайт, кеңешет, эгер өзүнүн өмүрүнө зыян келип калса, балдарына, жалпы журтка баш-көз болууга даярдыгы бар чоң инсан катары баалайт.

С. Жусуев айрым учурда инсандардын ички пикир келишпестигин чагылдырат, бирок ал терең конфликтке

www.bizdin.kg

барып такалбайт. Алымбектин бийлик кумарына кызыгып кеткенин байкап, үй-бүлөсү, эл-журту үчүн жай турмуш өткөргөнү жайлуу болорун түшүндүрөт. Өзгөчө, романда Узун-Агачка орустарга каршы күрөшүүгө аттануу эпизодун алсак, жубайлардын көз караштары кайчы болуп көрүнөт. Алымбек Кокон хандыгы ансыз бийлик жүргүзө албай тургандыгын, өзү баш вазирликке жетүү эң башкы мүдөөсү экендигин — жеке кызыкчылыкты кээде өтө өйдө коёорун жашырбайт.

Такыр түтөп турса дагы аргаңыз,
Дилиңиздин бүтүмүнөн тайбаңыз.
Хан алкышы, калк алкышы бийикпи?—
Сиз калкты, же сиз ханды тандаңыз.
Калсаңыз да, жалгыз хандын каарына,
Жек көрүнүп, пас көрүнүп баарыга,
Калың журттун каргышына калбаңыз!..—

дейт Курманжан. Каарман бийликтин шарапаты, шапары, ардак, сый-урматы, жыргалынын артында жашырынып турган мүшкүлү, кууралы, кайгы-капасы бардыгын таамай белгилейт. Келишпестиктин жыйынтыгы — Алымбек сан жигиттер менен «бешенеге эмне жазса көрөйүн» деп жоого аттанат. Ал Тайлак баатырдын эрдигине шыктанат, сыймыктанат. Кыскача болсо да каармандын эскерүүсү катары Тайлактын өмүр жолу баяндалат. Чыгармада Узун-Агачтагы согуш картинасы, Канат-Шаа менен карама-каршылык, жигиттерин ажал отуна киргизбей кайра кайтуу эпизоддору өтө көркөм көрсөтүлгөн. Акындын таамай сүрөттөөсүнөн психологиялык кагылыштар, каармандардын образдарынын айкын көрүнүштөрү даана тартылат. Акын белгилүү тарыхый окуяларды жөн гана ыр тизмегине уйкаштырып тизмектеп койбойт, ар бир сапта персонаждардын психологиялык толгонуусу, ички жана сырткы дүйнөлөр менен байланышы жатат, саясий кырдаалдар, элдин азап-муңу, ар бир окуяда чечүүчү ролду ойноочу тарыхый инсандардын тагдырлары романда чоң мааниге ээ.

А. Газиев бул жөнүндө минтип жазат: «Все тот же придворный историк Мулла Нияз-Мухаммед Хоканди, явно не симпатизировавший Алымбеку, писал: «По причине

www.bizdin.kg

распри Алымбек забрал андижанское войско и кыргызов, удалился с ним в сторону, а дело битвы и все, что влечет за собой честь или позор, оставил Канаат-шаху: ухватившись за подол бесчествия, Алымбек пал, славы и мужества выпустил из рук»[8].

Канат-Шаа менен Алымбектин ортосунда тирешүү болбосо кандуу согуш эмне менен аяктамак?! Алымбек жеке тирешүүдөн эле майданга кирүүгө даяр жигиттерди кайра артка алып кеттиби?! Жигиттердин өмүрүн сактадыбы же орустардан корктубу?! Чыккынчылык кылдыбы же урушсуз жеңишке жетиштиби?! Эмне үчүн Курманжандын тилин албай келди?! Уулу Абдылдабек «Албан колду бир салбастан урушка, Ата, неге артыңызга качтыңыз?» — деген суроосуна жооп барбы?!...

С. Жусуев ата менен баланын көз караштарынын далма дал келбешин, ар кимиси өз алдынча бүтүм чыгарышын анык сүрөттөйт. Акындын чеберчилиги — ар бир каармандын жалтанбас туруктуу позициясы бар, ал позициядан кайткыча баштарын кылыч менен чаап салганы жакшы. Курманжандын позициясынын түздүгү негизинен болгон менен, кантсе да эне эмеспи, ийкемдүүлүк байкалат. Ата менен баланын ортосуна данакер болуп көрүнөт:

— Атаң минтип үйгө келсе ай-жылда,
Анте көрбө айланайын Абдылда!
Адам каны кантип кылсын бактылуу,
Атаңды сен бактысыз деп кайгырба.

Алымбектин жылдызы жанып, Шамуратты тактыга отургузуп, ордодогу өтө барктуу баш вазирликке жетишет. Бирок ал узакка созулбай, хан сарайдагы саясий интригалардын кесепетинен өмүрү кыйылат.

Курманжандын башына оор кайгы түшүп, элүү эки курагында аза күттү. Акын каармандын ички дүйнөсүндөгү кайгы сезимди кошок аркылуу берген. Кошокто автор элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүнүн стилине салган, Алымбектин атак-даңкы, өмүрү өлбөс-өчпөс экендигин белгилеген. Кошок Курманжандын күйүтү болгондуктан, жеке адамдын трагедиясы күчтүү чыккан. Ал эми каармандын күйүтү ушуну менен гана чектелип калбады...

Ал душманга тике карады, Бухара эмири, Кокон ханы, Орус падышалыгы алдында бийик адамкерчилигин, сая-

www.bizdin.kg

сатчылык көз карашын, бекемдигин көрсөттү. Курманжан менен жоолорунун баары эсептешүүгө туура келди, каарман болсо турмуштан чыйралды. Ал бийлик өзү же балдары үчүн гана эмес, ири алдыда эл-журту үчүн керектигин түшүндү, кан төгүшпөө үчүн керек болсо компромиске баруунун зарылдыгын баамдады.

К. Осмоналиевдин «Көчмөндөр кагылышында» Абдылданын жеңилиши башкачараак сүрөттөлөт. Шабдан баш болуп Курманжан датканын өргөөсүнө келип отурат. Аны датка жакшы эле тосуп алмак, бирок анын артында жашырынып орус аскерлери калганын Абдылдадан уккандан кийин, өңү кумсарып, селт этип, муздай түшкөн. Капырларды ээрчитип келгендердин көздөрүн тазаламакка бүтүм чыгарган, ал эми тоодогу орустарды тыптыйпыл кылууга уулуна макулдугун берген. Бирок орустар тактиканы өзгөртүшүп, өз ордуларына түндө киши сөлөкөттөрүндөгү каракчыларды таштап кетишкен.

Албетте, бул окуя чындыкка жакын келбейт. Абдылданын жигиттери орустарды Алайга өткөрбөй катуу согушушкан. Ыманкул деген жансыз пенденин чыккынчылыгы менен Абдылдабекке тылдан сокку берилген.

С. Жусуевдин романында Абдылдабек уулунун орустарга каршы күрөшүп, чыккынчылык менен жеңилип, үч баласы Ооган тарапка өтүп кеткен учурдагы Курманжандын психологиялык ал-абалы терең берилген.

Кээ бир түнү датка муңдуу түш көрөт,
Түштө дүйнө кызыл-тазыл түстөнөт.
Жаз күнүндө көңүлдөрү жайдары,
Жайдаңдаган үч уулун тең бүт көрөт.
Анан дароо күн күркүрөп капыстан,
Кол кармашып бирге бара жатышкан,
Куюн тийип, үч баласын үч бөлөт...

Бир жагынан жоо каптап элин мыкчып, муунтуп отурса, экинчи жагынан уулдары көз көрбөгөн жерлерде тентип жүрүшсө — эмне кылуу керек?! Сыртынан душманга билдирбегени менен ичинен кан өтөт...

Тарыхый маалыматтар боюнча ал «мен да генералмын» деп, майор Ионов менен сүйлөшпөй, генерал Скобелев менен сүйлөшкөнү белгиленип жүрөт. Тарыхта да, адабий

www.bizdin.kg

чыгармаларда да экөөнүн маектешүүсү жылуу маанайда өткөндүгүнө басым жасалат. Бирок Курманжандын сөзүндө кескин чечкиндүүлүк бар эле.

К. Осмоналиев мындай сүрөттөйт:

«— Эмне себептен уулуңуз сизди таштап, башка өлкөгө кетти?

— Тууган энең барбы өзүңдүн?

— Бар!

— Кайда?

— Санкт-Петербургда жашайт.

— Эмне үчүн бирге ала жүрбөдүң?

Генерал күлүп жиберди. Алакандарын жышып обдулду.

— Жыгылыштуумун, урматтуу Курманжан»[9].

Акын С. Жусуев бул эпизодго өтө маани берип, «Шартнаме» деген главасын арнаган. Скобелев менен Курманжандын сүйлөшүүсү эки адамдын жөн гана жолугушуусу эмес, эки өлкөнүн түйүндүү проблемаларын кантип чечүүнүн жолдорун издеген саясий-тарыхый мааниге ээ окуяга чейин көтөрүп сүрөттөйт. Шартнаменин көпчүлүк бөлүгүн датка коюп, азаттык үчүн күрөшкө чыккандарды туткундан бошотуу, эл-жерине кайыруу, ынтымакта жашоо ж. б. маселелер боюнча өз пикирин орус генералына таңуулай алган.

Албетте, баскынчы десе эле орус өкүлдөрүн терс мааниде кабыл албоо керектигин Курманжан Скобелев, Ионов сыяктуу адамдардан түшүнөт, кийин булар менен жеке достошуп, башына кыйынчылык түшкөндө пайдасын да көрөт. Бирок саясат деген саясат да, Курманжан датканы кантип болсо да колго алуу үчүн орус төбөлдөрү анын койгон талаптарын алгач орундатып, кошоматчылык кылып турушкан. Акын Скобелевдин Курманжан датканы тосуп-узатуу салтанатын эмоциялуу шөкөттөйт. Генерал датканын ден соолугу үчүн чөйчөк көтөртөт, бийге чакырат, алтындалган чапан жабат, акылына там берет, кемпирдин кыймыл-аракетине таң калат...

Бирок убакыт алга кадамдаган сайын, орустар отурукташып, өз законун жүргүзүп, падышачылыктын запкысы өтө баштаганда Курманжандын күйүтү кайрадан жаңырат. Ал алдандыбы?! Орус төбөлдөрү Шартнамени унуттубу?! Ынтымакка келүү кимдин пайдасына чечилди?! Ан-

www.bizdin.kg

жыян көтөрүлүшүн басууга жашыруун кабарды орустарга бакма баласы Карабек аркылуу билдирбеди беле?! Орустарга жасаган жакшы иштери унутулуп, аларга сөзү өтпөй калабы?! Камчыбегинин өмүрүн сактап калууга эмне үчүн болбосун?! Сибирге балдарын айдоодон кантип токтотуп калбасын?! Курманжандын айласы, аргасы түгөнүп, жүрөгү чарк айланат.

Карамүртөз Швыйковский датканы моралдык, психологиялык жактан «сындырууга» аракет кылат. Анын образы терс каарман катары жеткиликтүү ачылган. Швыйковскийдин ички арамдыгы — датканы жалдыраса, жалбарса, чөгөлөсө деген ниетте. Курманжандын пейили — ар-намыстуу! Душманга басынгысы жок! Баласын сактап калууга күч колдонсо болмок, бирок ал бугуп жаткан жигиттерге камчы көтөрүп, белги берсе Ош базары кызыл канга боёлмок. Анда кимге пайда болор эле?! Эмне кылуу керек?!

Жалгыз уулум кетсе өлүмдөн кутулуп,
Жалпы журтум калмак чогуу тутулуп.
Жалгыз уулум утуп кетсе кокустан,
Жалпы журтум калмак чогуу утулуп.
Уулум үчүн элди солоп базарга,
Башын тосуп кармап берсем ажалга,
Мени кетер өз элимдин тузу уруп!..

Уулунун жүзү, көз карашы эненин жүрөгүн сая түшөт. Камчыбек да жалган жалаа менен даргага асылганы жатканын билет, энесин аяйт: «Бата берип, сиз ак сүттөн кечиңиз!..» Эне менен баланын ыйык мамилесин, эненин мээримин, бирок айла жоктугун, дегеле бул эпизодду акын жүрөк титиреткен, психологиялык абалда элестүү сүрөттөгөн.

— Баш көтөрчү, уулум, шашып турупсуң,
Өлүм дебе, өлөрүңдү унуткун!
Өлгөн эмес ажалынан өзүнүн
Уулдары өзүң чыккан уруктун.
Өлсөң, уулум, эркектей өл, эрдей өл!
Өлөрдө да эч намысың бербей өл!
Шейит болдуң — өлсөң дагы улуксуң!..
Эми, омийин! Кечтим, уулум, сүтүмдөн!

www.bizdin.kg

Адам пендесинде уулунан ажырагандан оор нерсе болбосо керек! Ал эми эне жүрөгү деген эмне?! Өз көзү менен уулунун дарга асылганын көрүп, эч бир айла таппаган, сыртынан билдирбей, ичинен боздоп турган адам баласынын тагдырын сүрөттөө мүмкүн эместир. Камчыбектин мойнундагы сыйыртмагы үзүлүп кетип, аман калганда кайран эненин үмүтү жанып кетпедиби беле! Бирок генерал кайра даргага астырганда эненин жүрөгү акылын жеңип, эси эңгиребедиби! Арман дүйнө көңүлүндө уюп, жаш чыкпаган көздөрүнөн жашы тамчылап, күйүт өрттөп жибербедиби!

Акын каармандын жан дүйнөсүн ички монолог аркылуу берет. Монологдо каармандын айтып бүткүс сыры, ыйы чыга келет.

Не конуп бийик атка мен,
Не болуп жүрөм датка мен:
Уулумду куткаралбасам,
Даргага асар чакта мен?..

Акын «Өрттүү дилден ыр саптарын жаратып» дейт. Тарыхый маалыматтарга карасак, Зыйнат деген псевдоним менен ыр жазган деген пикир бар. Албетте, бул азырынча тактала элек, талаш-тартыш туудура турган маселе. Бирок С. Жусуев романында Курманжанды ыр жандуу каарман катары сүрөттөйт. Ал күйөөсү Алымбек менен Коконго барганда акын Молдо Нияз менен таанышып, батасын берет.

Чыгармадан Молдо Нияздын образын ачууга болгон автордун далалатын байкоого болот. Ошондуктан, ал улуу акындын чыгармачылык портретин замандын көйгөйлүү маселелери менен байланыштырып көрсөтөт. Залкар акындын жүрөгү да — ыйга, муңга бай! Кокон хандыгынын эзүүсү аз келгенсип, түндүктөн келе жаткан караңгылыктын коогасын ал сезбей коё алмак эмес!

Бирде муңдуу, бирде болуп көңүлдүү,
Жазды Нияз өмүр менен өлүмдү.
Адам туулса, акын жүзү жадырап,
Адам өлсө, көздүн жашы төгүлдү.

Ошону менен бирге Анжыян көтөрүлүшүнө катышты деген жалган жалаа менен кесилген тоо булбулу Токтогул-

www.bizdin.kg

ду камактан көрүп жүрөгү эзилет, арманы күчөйт, көзүнөн жаш тамат...

Анын дүйнөсүнөн ар дайым кайгы-капа кетпесе да — ал 97 жашка чыгып каза табат. Ошондо өмүрү өтүп баратса да датка айым өмүрдүн таттуулугу көз ирмемге келбей өтүп кеткени, өмүр, өлүм, ак, кара, жакшылык, жамандык ж. б. тууралуу философиялык ой толгоо менен көз жумат.

Биз каяктан тапмак элек айланы,
Ай экөөбүз алсыз шоола төгүшүп,
Акыркы ирет тургансыйбыз көрүшүп,
Өчөм мен да, өчөт тигил ай дагы!...

Атаганат деңизчи, «Өмүргө тойбойт адамзат» дегендей, Курманжан датканын арманы — бир кылым жашаса да өмүр менен бирге эл-журтунун амандыгы, ынтымагы эле.

С. Жусуев лирикалык ырлардан тартып ыр менен жазылган романга чейин көркөм дүйнөнү жаратып, кыргыз поэзиясында өзүнүн жүзү, үнү менен айырмаланып турат.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Шериев Ж.* Сооронбай Жусуев//Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. — Фрунзе, 1990. 2 том. 516-бет.

[2] *Тимофеев Л.* Слово в стихе. М.: Советский писатель. 1984.

[3] Бухара эмири Музафар, Кокон ханы Кудаяр-хан тарабынан берилген.

[4] *Жусуев С.* Курманжан датка. — Бишкек: Руханият. — 1994.

[5] Эскертүү: биз негизинен акындын романы жөнүндө сөз кылабыз.

[6] *Газиев А.* Курманджан-датка — некоронованная царица Алая. — Бишкек: Илим. — 1991.

Алымбек берген күмүш камчыны Курманжан өтө коркунуч болду деп эсептегенде күйөөсүнө «кабар» катары жиберип турган.

[8] *Караңыз:* Газиев А. Курманджан-датка — некоронованная царица Алая. — 24-бет.

[9] Осмоналиев К. Көчмөндөр кагылышы. — 537—538-беттер.

www.bizdin.kg

# КАИМОВ КАСЫМ

*(1926—1989)*

Касым Каимов адабият майданына кыргыз адабиятынын жаңы этабы башталган, жаңы сапаттагы баскычка кадам таштаган 50-жылдары келип кошулду. Кыргыз адабиятын жаңы тепкичке көтөрүп, өзүнчө ачылыш окуя болгон чыгармалар менен байыткан Ч. Айтматов, Т. Касымбеков, Ш. Бейшеналиевдердин катарында Касым Каимов да өз үнү, өз маанайы менен келген ошол жаңы муундун өкүлү эле. Жазуучунун башка калемдештери сыяктуу эле өмүр баянындагы оор мезгил согуш учуру болду. Тарыхтын ушундай каардуу жолдору автордун көз карашынын калыптанышына өз таасирин тийгизбей койгон жок. К. Каимов да согуш, ооруk темасына кайрылды, бирок өтө аз жазды. «Калыбы, анын колун байлаган негизги себеп бул теманын туш тарабынан көп ирет көркөм иликтелгендиги, демек, эч ким кол тийгизе элек жаңыча бирдеме табуунун кыйындыгы болду окшойт»[1]. Жазуучунун мындай чыгармачылык изденүүсү текке кеткен жок. Ал өзүнүн чыгармаларында өз муунунун рухий биографиясын бир топ толук, бир топ көркөм чагылдыра алды.

К. Каимов турмушта кездеше калуучу айрым бир терс көрүнүштөрдү ашкерелеген чакан сатиралык аңгемелерден тартып элибиздин революцияга чейинки, Улуу Ата Мекендик согуш маалындагы жана андан кийинки жылдардагы жашоо-турмушун, кажыбас кайрат, эрдигин көркөм чагылдырган чыгармаларын жаратты. Жазуучу мейли аңгемелеринде болсун, мейли повесттеринде, романдарында болсун өзүн сөз ширесин өткүр сезген сүрөткер, турмуштун ар түркүн проблемаларын учурунда туюнган баамчыл баянчы экенин далилдей алды.

www.bizdin.kg

К. Каимов алгач чыгармачылыгын ыр, очерк, чакан сатиралык аңгемелер жазуу менен баштаган. Анын «Соңку жолугушуу» (1955) аттуу алгачкы жыйнагы кыргыз окурмандары тарабынан жылуу кабыл алынып, жазуучуну кадыресе калеми төшөлүп, дитиндеги чыгармачылык максатын эркин туюнта алган калемгер катары көргөздү. Айта кетчү нерсе, К. Каимовдун адабиятка аралашуу учуру татаал коомдук-саясий кырдаалга туш келген. Өлкөнүн коомдук жана социалдык турмушу текши бир идеологиялык кысымдын алдында болгондуктан социалисттик реализмдин нугунда өнүгүп жаткан көп улуттуу совет адабияты кыйын абалда эле. Ошол мезгилдеги эскинин калдыктарын, айрым кемчиликтерди көрсөткөн курч проблемаларды көтөргөн чыгармалардын жолуна бөгөт коюлуп, тосулган. Мына ошондуктан К. Каимовдун адабий муунунун айрымдарынын шыбагасына эң орчун, ашкере жооптуу милдет коюлуптур: профессионал улут адабияттын көркөм тажрыйбасы, уңгулуу салты туш келгенин да белгилей кетүү кажет. Өзүнөн мурунку муун тарабынан чогултулган көркөм тажрыйба, салтты андан ары улап, улуттук, көркөм сөз өнөрүн жергиликтүү чектелүүлүктөн алып чыгуу дал ушул 50-жылдары адабиятка келген айрым гана жаш акын-жазуучулардын шыбагасына тийбедиби.

К. Каимовдун алгачкы жыйнагы тууралуу адабиятчы К. Асаналиев мындай дейт: «Анда элүүнчү жылдардын башы: «Теке сүзгөндө», «Бөтөлкөдөгү киши», «Начальниктин кабагы» сыяктуу аңгемелер биринин артынан бири жарыкка келет. Адегенде эле чыгарманын наамындагы каймана маани, метафоралык «күтүлбөгөндүк», жазуу манерасындагы кандайдыр бир (карапайымдык менен чектешкен) сыпаалык көзгө урунат. Бирок, баарынан мурда ушул аңгемелердин автору менен кыргыз прозасына кошо келген бир таанымал касиет болду, ал юмор эле. Балким, талантты ушул касиетиненби, же башталган эле жерден турмуштук терс көрүнүштөргө тике багыт алып, аларды көнүмүштөн башкача биринчи планга коюп сүрөттөгөндүктөнбү, айтор, жазуучунун ысмы кыргыз окуучуларына тез эле тарап кетти»[2].

Минтип башталган жерден эле аты оозго илинип, ысмы окурмандарга тез тарашынын себеп-жөнүн айтылуу сынчы

www.bizdin.kg

өз убагында туура баамдаган. Анын үстүнө жумшак юмор менен ыктуу сатиранын куйкумуна ашык окурмандар К. Каимовдун алгачкы аңгемелери аркылуу эле анын кандай сүрөткер экенин, улуттук адабиятка не деген талант келгендигин жаземдебей туура баамдап калышты.

Жазуучунун туңгуч аңгемелеринен эле анын талантынын бир кыры, же болбосо бир тарамы, тубаса сатирик экендиги айкын көрүндү. Ал коомдун турмушундагы ар кандай бышып жетилген курч проблемаларга көңүл кош карай албастан, чыгармалары аркылуу маселе коюну көздөйт.

«Теке сүзгөндө» аңгемесинде социалисттик коомдун айыкпас оорусуна айланган бюрократизмдин табиятын таамай деталдар аркылуу көрсөтүп, жумшак юмор менен жайдары күлкүгө алса, «Начальниктин кабагы» аңгемесинде жаңыдан телчигип келаткан кыргыз интеллигенциясына илешкен кошоматчылыкты, анын жүрүш-турушун, адамдарга, начальнигине жасаган мамилесин ичкериден ачып берген.

К. Каимовдун чыгармачылыгына арналган монографиясында адабиятчы К. Жумабекова жазуучунун кеңири колдонгон көркөм каражаттарынын бири гротеск экенин жана буга чейин эч бир адабиятчы автордун чыгармаларындагы гротеск маселеси боюнча бир ооз да сөз кылышпаганын айтып, «Бөтөлкөдөгү киши» аңгемесине кеңири токтолот: «Ошентип, реалдуу турмуштук фактынын негизинде гротестик кырдаал түзүлгөн. Арийне, бөтөлкө Дербиштин аракечтик оорусунун символу, башкача айтканда гротестик образ. Мына ушундай жол менен автор проблеманын эң талуу жерин козгоп турат»[3]. Ал бөтөлкөдөгү кишинин гротеск образы кыргыз адабияты үчүн жаңылык экенин айтуу менен бирге гротесктин теориялык жагдайына да кайрылып, кеңири түшүнүк берип өтөт.

«Адашуу» (1957) повестинин сюжеттик-композициялык курулушу анча деле татаал эмес. Чыгармада кызыктуу алынган сюжеттик окуя жетиштүү түрдө иштелбегендиктен, бул идеяны алып жүргөн образдардын жасалмалуу, психологиялык жагынан ишенимсизирээк чыгышы автордун повесть жанрын эстетикалык жагынан азырынча терең өздөштүрө албагандыгын көрсөтүп турат.

www.bizdin.kg

Ал эми «Кабинеттен алыста», «Майлыбайдын келини», «Ашыктык» сыяктуу сатиралык аңгемелери автордун бул жанрда кадимкидей жетилип, бир топ чеберчиликке жетишип калганын көрсөтүп турат. Айрыкча өткөн доордун турмушунан алынып жазылган «Токол» аңгемеси «Атай» романына карата даярдыктай элес калтырат.

Кыргыз элинин улуу обончусу, залкар комузчусу Атай Огомбаевдин өмүрүн, чыгармачылыгын көркөм изилдөөгө алган бул роман К. Каимовдун чыгармачылыгындагы ири жетишкендик эле. «Атай» (1961) жарык көргөн мезгилде кыргыз прозасында жеке инсандын өмүрүнө арналган чыгарма жарала элек болучу. Эгерде А. Токомбаевдин аягына чыкпай калган Токтогул жөнүндөгү чыгармасынын келки-келки үзүндүлөрүн эсептебегенде бул чыгарма өмүр баяндаштырылган роман жанрынын ички табиятын, эстетикалык сабактарын өздөштүрүүдөгү алгачкы кадамдардын бири эле. Ошондуктан роман окурмандар тарабынан кызуу кабыл алынган эле.

60-жылдары боордош элдердин адабиятында тарыхый инсандын өмүрүнө арналган романдар кадимкидей калыптанып, элдин баасын алып калгандыктан романда кайсы бир деңгээлде Айбектин «Навоисинин», М. Ауэзовдун «Абайынын» таасири байкалат. «Атайда» калк турмушунун анчалык кенен социалдык психологиялык панорамасы жок болсо да, автор астына койгон башкы милдетин — бир өмүрдүн оош-кыйыштары, чоң музыканттын байсалдуу чыгармачылык жолун, негизинен тагдырын ар тарабынан көрсөтөт»[4].

Романдагы сюжеттик сызыктардын башаты — Атайдын балалык чагы. Анын адам катары калыптанышына, тубаса шык-ышкысынын ойгонушуна түздөн-түз таасирин тийгизген социалдуу сүрөттөөдөн башталат. Чыгармада Атайга таасир эткен күчтүү факторлордун бири катары автор аны курчап турган кооз табият көрүнүшүн алдыңкы планга коет. Көктөмдөгү табият сулуулугун, жан-жаныбарлар кыймылын, куштардын сайраганын Атай зор кумарлануу менен өтө зирек, сезимтал кабылдайт. Айталы, ошол эле Көк-Кашаттын жакасындагы арыктын боюнда өсүп турган жалгыз түп бакта далай жолу Абдырахман экөө чарчаганча күү чертип, ырдашканын эстейт. Роман-

www.bizdin.kg

дын башында музыкалык чыгармачылык Атай үчүн тек өнөр гана болсо, бара-бара ал чөйрөнүн координаттары кеңейип, ага жараша балалык кабылдоосу, дүйнө таанымы да кеңейип, профессионалдык ишмердикке айланат. Атайдын аң-сезиминин, ырчылык, комузчулук өнөрүнүн, түшүнүктөрүнүн бийиктеп, тереңдешине Талас өрөөнүндө өткөн көп окуялар, чоң таланттар таасир этти. Ар бир нерсе, конкреттүү тарыхый мезгил өз алдынча ташкыны катуу дарыяга окшош келет. Демек, мындай адамдардын өмүр жолун, чыгармачылык, инсандык табигыйлыгын анын өз доорунун шарына, агымы катуу турмуш ташкынына шайкеш чагылдыруу менен гана реалисттик чыгарма жаратууга болоорун К. Каимов эң туура түшүнгөн. Ошондуктан жазуучу ошол доордун мүнөзүн Атайдын чыгармаларында чагылдырууну көздөп, ал жараткан ар бир чыгарманын жаралыш тарыхын, башталышын жакшы эле майдалап, кеңири сүрөттөп берет. Жазуучу Атайдын дүйнөсүндө өтүп жаткан психологиялык процесстерди таамай сыпаттап, анын чыгармачылык жолун өмүр тарыхы менен ажырагыс түрдө көрсөтө алган. «Атай» романы К. Каимовдун чыгармачылыгына көркөмдүк-эстетикалык табылгаларды алып келүү менен бирге жазуучуну ошол кездеги белсемдүү кыргыз жазуучуларынын катарына кошту.

1964-жылы «Атайдагы» тематикалык багытты улантып жаш сүрөтчүнүн өмүрүнөн алып жазган «Талаа жылдызы», ага удаа эле «Аялдын самаганы» (1965) аттуу повесттери жарык көрдү. К. Каимов бул повесттеринде кыргыз прозасынын идеялык-тематикалык чегин кеңейтүүгө аракеттенгендигин, асыресе көркөм интеллигенция өкүлдөрүнүн турмушун адабиятта чагылдырууга далалаттангандыгын белгилей кетүү зарыл. Бирок, кантсе да жазуучу бул повесттеринде жанрды өзүнчө бир жаңы табылгалар менен байытып ийди деп айтыш деле кыйын.

К. Каимовдун повесть жанрындагы бурулуш мезгил катары анын «Бирине-бири окшобогон күндөр» (1968) повестин көрсөтүүгө болот. Автордун кийинки жылдардагы повесттери тууралуу сөз козгой келип, белгилүү адабиятчы С. Жигитовдун мындай деп жазганы бар: «Булар Касым Каимовдун (кийинки повесттери) өз чыгармачылыгында алдыга карай жасаган чоң кадамы. Белгилүү прозаиктин

www.bizdin.kg

мыкты аңгемелериндей сөзгө сараң, таамай деталдуу, муңайым юморлуу манерада жаралган ошол повесттерде ар кандай проблемалар коюлат, ар кыл турмуштук окуялар баяндалат, ар мүнөздөгү тагдырлар жана образдар сүрөттөлөт. Бирок, баарына ортоктош бир касиет: алардагы сюжеттердин жандуу турмуштун өзүнөн суурулуп алынганы, образдардын оригиналдуу түзүлгөнү»[5].

«Бири-бирине окшобогон күндөр» К. Каимовдун каардуу согуш учурундагы оорукта калган балдардын турмушун кең-кесири чагылдырган жалгыз чыгармасы. Атасы согушка кеткенден кийин Мамбет күндөлүк тириликтин сырткы түйшүгүн бүт өз мойнуна алат. Мамбеттин мындай күтүүсүздөн турмуш сыноосуна туш келиши али ак, караны ажырата элек баелугу бир кыйла ишеничтүү берилет. Ал эски адат эрежелерине толук көз каранды, ушундан улам абасы Надырбайдын өкүмүнө эч каршылыксыз баш иет. Ал эми Надырбай өзүнүн таасын тартылган психологиялык портрети, колориттүү мүнөзү менен жалпы эле Каимов түзгөн дурус персонаждардын бирине жатат. Ошентип, аты аталган повесть К. Каимовдун алгачкы ийгилиги болсо да повесть жанрындагы орчундуу бийиктикке 70-жылдары жетишти.

«Кыш ыргактары» (1973) повести жазуучунун чыгармачылык жолундагы байсалдуу чыгармаларынын бири. К. Каимовдун бул повести жаш адамдардын ички дүйнөсүнүн, кулк-мүнөзүнүн калыптануусун, нравалык сапаттарынын бышып жетилип бийиктөө процессин зергерлик менен кынаптоодо өзгөчө баага татыктуу. Повестте татаал сюжет, турмуштук курч кагылышуулар деле жок, башкача айтканда конфликт экинчи планга калтырылып, турмуштун «жарык» жактарына көбүрөөк басым жасалганы көрүнүп турат. Жазуучу каармандарынын жай турмушун кармап, аны анализге алат.

Чыгармада чабандык кесипти тандап алган жаш үй-бүлөнүн тоо арасындагы турмушу чагылдырылат. Повесть башталганда эле кинокадрдан көрүнө калгандай жаш келин менен таанышабыз.

«Боз үйдүн ичинде шырымал кыска күрмөсү курсагына жетпеген жаш келин ийик ийрип отурат. Таш ийик чарк имерилгенде чууда үзүлөт, ал аны кайра улайт. Улам эшик жакка кулак түрөт.

www.bizdin.kg

Боз үйдүн жанындагы мамыда Апсамат ат токуп турган. Шакин күйөөсүнүн бүгүн эмне үчүн мынчалык кастарланганын түшүнө албады»[6].

Чыгарманын баш каарманы — Шакин, карапайым эле койчунун аялы. Повестте анын күнүмдүк тиричилик турмушу сүрөттөлөт. «Бирок, бул баягы жадатма бытовизм эмес, мында автор повесттин негизги идеялык-көркөмдүк проблемасына «жооп берерлик» турмуш кырдаалдарын гана сюжетке киргизет. Ал турмак жазуучу сюжеттик мезгилди да өтө чектеп, бир гана күндөгү болгон окуяны баяндайт». Ал күн дүйнөгө жаңы адамдын келе турган күнү. Ошол күнү Апсамат кыштакка кеткен. Кыштын мемиреген, апачык күнү ай-күнү жетип, толгоосу бышкан келиндин оюна көп нерселер түштү. Ушул бир күндүк драмалык окуянын фонунда Шакиндин өмүр жолундагы урунттуу учурлары баяндалып, ошол турмуштук кырдаалдарда каармандын изденүүлөрү, ой-толгонуулары, ошондой эле жаңылыштыктары да ишенимдүү чагылдырылган. Шакин Ботобай менен болгон мамилесинин жаңылыштыгын өз учурунда сезип, эң туура чечимге келди, акырындап күч алып бараткан алдамчы сезимди күч менен басып, аялдык намысын таза сактап калды. Ал эми дүйнөгө жаңы адам келип жатканда өзүнүн нравалык принциптеринен чегиниши — Ботобайдын өз абийиринин, Шакиндин алдындагы моралдык кыйроосу, турмуштук позициясынын талкалануусу эле. Автор карапайым малчылардын турмушун башкы темага айлантып, повесттин идеялык-көркөмдүк багытын шарттап, азыркы учурдун талабына ылайык сүрөттөп берди. Повесть жазуучунун чыгармачылык ишмердигиндеги көрүнүктүү ийгилиги, көркөм эволюциясындагы бурулуш учурун чагылдырган туунду болуп калды. Ошондой болсо да «Кыш ыргактары», «Белгилүү эркек», «Жигит баратат» (1975), «Ийри жылан» (1978) деле традициялуу формадагы повесттердин катарына кирип, адабий процесстеги окуя дегендей деңгээлге жетпей, тек гана К. Каимовдун чыгармачылыгындагы табылга, жаңылык бойдон кала берди. Автор аты аталган повесттеринде негизинен ошол мезгилдеги (70-жылдардагы) айыл эмгекчилеринин турмушун чагылдырууну көздөгөн. Сыягы, ушул себеп жазуучунун чыгармаларынын эл арасына тез таралышына шарт түзгөндөй.

www.bizdin.kg

«Ийри жыланда» айылдагы топ ичкичтин айрым күлкүлүү же кайгылуу жоруктары сүрөттөлөт. Жазуучу психологиялык деградацияга учурай баштаган адамдардын турмушун ичтен аңдоого, анын эмне үчүн жана эмнеликтен мындай ахывалга келгенин иликтөөгө кунт коет. Ошентип, жыйынтыктаганда кимдин-ким экендиги, анын өткөнү менен бүгүнкүсү, учурдагы абалдын түзүлүшүнө өбөлгө болгон шарттар, ар кыл турмуштук себептер бирден ачыла баштайт, түп тамырынан бери иликтенүүгө өтөт.

Ал эми «Жигит баратат», «Белгилүү эркек» повесттеринде сүрөттөлгөн турмуштук окуялар, адам мүнөздөрү кыргыз прозасы үчүн кыйла эле көнүмүштөн тыш, мурда кийин өз алдынча көркөм изилдөөгө алынбагандыгы менен көңүлдү өзүнө бурат. Жаркымбай менен Бокен бирин-бири абдан жакшы толуктап турушат, анын үстүнө аларды бириктирип турган сюжеттик жип да негизинен бир эмеспи. Экөө тең турмуштан өз ордун, тагдыр жолуң табууга аракет кылышат. Бирок аны табыш, ага ээ болуш оголе кыйын экен. Жаркымбайдын айыл жергесиндеги ар кыл кылык-жоруктары, Бокендин тунгуч сүйүүгө жете албай ашыктыктын айынан «саякатка» чыгып кетиши, аягында туулган жеринен орун-очок алып, «тынч» турмушка көчкөнү окурманды кайдыгер калтырбайт, адам турмушунун канчалык татаал, карама-каршылыктуу, ошол эле учурда аябай кызыктуу экендиги байкалат.

Ошентип жазуучунун бирден бир ийгилиги — процесстин күүсүндө калган жок, ал чечкиндүү түрдө бөлүнүп чыгып, өзүнүн жолу менен кетти, эч кимди кайталабаган оригиналдуу повесттерин жаратты.

К. Каимов кийинки жылдары бир катар жаңы чыгармалар жаратты. Алардын ичинен атайын сөз кылууга арзый турганы. — «Акырын күтпө» (1984) романы. Роман жарык көрөрү менен адабий коомчулугубуздун көңүлүн өзүнө бурду. Мындай ийгилик жазуучу тарабынан козголгон проблеманын учур талабына ылайык өтө актуалдуулугунда эле. Романдын башкы темасы — эки муундун, эски менен жаңынын, ата менен баланын карама-каршылыктуу алака-мамилеси, проблемасы — социалдык жактан курчуп жеткен, кылмыштардын жасалышына алып барган көрүнүштөрдүн ичкертен ачып берүү болуп эсептелет.

www.bizdin.kg

Роман биздин азыркы күнүбүзгө арналып, бүгүнкү күндөгү шаар турмушу, андагы тиричиликтин оош-кыйыш учурлары, балдарды тарбиялоо иши сыяктуу орчун маселелери тууралуу кеп козгойт. Романда эки линия, эки идеялык башталыш бар. Биринчиден көп жылдар бою жооптуу партиялык, советтик чоң кызматтарда иштеп жүргөн Алым Абдиев жана анын студент эки уулу Асылбек менен Чеге чыгарманы баштан аяк кызыл сызык менен аралап өтүп, биринчи пландагы борбордук образдардан болуп турушат. Ушул үй-бүлөдөгү көрүнүш мурдагы социализмдин оң жана терс жактарын, айрыкча тунук идеалын, анан ошол идеал аркылуу коомдун тарбиялык милдетин астыга коет. Экинчиден, Боромбай Тагаевдин үй-бүлөсүнүн тагдырынын кыйла татаал таржымалы, Ожор аттуу уулунун ата жолун улап жаман кылмыштардын торуна кабылганы. «Ушул эки линия бири-бирин антитеза, проблеманын эки түрдүү чечилиши, эки түрдүү көрүнүшү катары сүрөттөлөт. Ошентип, романдын идеялык-көркөмдүк негиздерин түзгөн проблема — бул адам турмушундагы бакыт, анын моралдык маселелери»[8].

К. Каимов кеңири полотного турмушту чагылтууда адегенде турмуштук факты материалдарды, адам жан-дүйнөсүндөгү кубулуштарды абдан иргеп ылгайт. Өзүнө чейинки художниктер көрсөтүп кеткен көрүнүштөрдүн кайталап калуудан азын-оолак качууга аракеттенет. Ошол себептүү «Акырын күтпөдө» окурман кыргыз адабиятында мура белгисиз болгон каармандар, образдар менен беттешет. Романдын композициялык түзүлүшүнө кандайдыр бир жаңылык берүү максатында жазуучу детектив жанрына өзгөчө мүнөздүү деталдар менен штрихтерди, элементтерди кылдаттык менен пайдаланып, чыгарманын сюжетин өтө курч мүнөздө курат. Окуялардын улам чиеленип өнүгүп отурушуна басым жасата берет. Натыйжада, романдын башында сүрөттөлгөн Асылбектин өлүмү чыгарманын аягында изи табылып, сырдуу кылмыштын түйүнү биротоло чечилет. Романдын соңунда Абдиевдин уулунун үйлөнүү тоюнда, Боромбайды жалгыз уулунан ажырап, түрмө жазасына тартыла турчу кырдаалда калтырабыз.

Баарынан мурда К. Каимов кыргыз жазуучуларынын калеми тие элек темага эң биринчилерден болуп киришип,

www.bizdin.kg

кадимкидей терең жана кеңири иликтөөгө алды. Ырасында эле укук органдарынын ишин, андагы «былыктар» жөнүндө мынчалык ачык жана мынчалык курч маанайда сүрөттөгөн жазуучу болгон эмес. Ал эми «Акырын күтпө» романынын көтөргөн жана көркөмдүк жагынан ишке ашырган проблемасын бүгүнкү күндөрдүн окуясына апкелип карасак, анда жазуучунун кыргыз турмушундагы чындыкты канчалык алдын-ала көрө билгенин жана өтө сезгичтик менен өз учурунда маселени кое билгенин ачык эле байкайбыз.

Мына ушул жагынан алганда деле К. Каимовдун «Акырын күтпө» романы кыргыз романынын тарыхында эң көрүнүктүү окуялардан болуп калары талашсыз.

Кыргыз жазуучуларынын ичинен К. Каимов алгач ирет адам укугун коргоо органдарынын иштерине сүңгүгөн, алардын психологиясын ачууга аракет жасаган, терс жактарын тартынбастан көркөм сөз өнөрүндө чагылдырган жазуучу.

К. Каимов кыргыз адабиятынын тарыхында көркөм сөз устаты катары өз жолу бар, өзүнчө кызыктуу көз карашы бар, образ түзүүдө, турмуш панорамасын түстүү боектор менен элестүү, таасирдүү тартууда өз ыкмасы бар, чыгармаларынын ички мазмунуна сатира, юмор боекторун зор эпчилдик менен сүртө алган, өзгөлөргө окшобогон чыгармачыл инсан болуп бийиктен орун алды.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. — Фрунзе: Илим, 1990. Т. 2. 502-бет.

[2] *Асаналиев К.* Өрдөн өргө. — Ф.: Кыргызстан, 1977. 92—93-беттер.

[3] *Жумабекова К.* Касым Каимов. — Б.: 1997. 23-бет.

[4] Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 505-бет.

*Жигитов С.* Олжолуу чыгармачылык сапар//Ала-Тоо. — 1976. № 4. 139-бет.

[6] *Каимов К.* Тандалмалар. 373-бет.

*Асаналиев К.* Биринчи планда — азыркы адам//Сов. Кыргызстан. — 1974. — № 47. 24-февр.

[8] Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 513-бет.

www.bizdin.kg

## МАЗМУНУ

| | |
|---|---|
| Редколлегиядан | 3 |
| Көкөнов Шарип | 5 |
| Кененсариев Бөрүбай | 18 |
| Карачев Сыдык | 28 |
| Тыныстанов Касым | 45 |
| Лепесов Орозакун | 60 |
| Калпаков Байсерке | 77 |
| Баялинов Касымалы | 89 |
| Токомбаев Аалы | 104 |
| Жантөшев Касымалы | 129 |
| Токобаев Молдогазы | 162 |
| Жамгырчиев Жума | 188 |
| Элебаев Мукай | 194 |
| Үмөталиев Темиркул | 218 |
| Абдукаимов Узакбай | 246 |
| Турусбеков Жусуп | 269 |
| Абдукаримов Мамасалы | 289 |
| Бөкөнбаев Жоомарт | 298 |
| Маликов Кубанычбек | 316 |
| Сыдыкбеков Түгөлбай | 349 |
| Токтомушев Абдрасул | 365 |
| Шүкүрбеков Райкан | 387 |
| Осмонов Алыкул | 415 |
| Байтемиров Насирдин | 475 |
| Алыбаев Мидин | 511 |
| Эсенкожоев Кусейин | 530 |
| Эралиев Сүйүнбай | 537 |
| Жангазиев Муса | 576 |
| Абдумомунов Токтоболот | 590 |
| Байзаков Түмөнбай | 639 |
| Жусуев Сооронбай | 651 |
| Каимов Касым | 673 |

www.bizdin.kg

*«Кыргыз адабиятынын тарыхынын» 6—7-томдоруна сунуш кылынуучу негизги адабияттардын тизмеси 7-томдун аягында берилет.*

**КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ТАРЫХЫ**

VI том

*Окуу куралы*

**ИСТОРИЯ КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ**

том VI

*Учебное пособие*

Чыгарууга жооптуулар
филология илимдеринин кандидаттары:
*С. Егимбаева, М. Мукасов, А. Кадырмамбетова*

Компьютерде терген, версткалаган *А. Абдыкалыкова*
Техредактор *Г Абдрахманова*

Терүүгө 10.10.2002-ж. берилди. Басууга 30.11.2002-ж. кол коюлду. Форматы 84x108 1/32. Кагазы офсеттик № 1. «Мектеп» ариби. Көлөмү 43,0 шарттуу басма табак. Нускасы 500. Заказ № 206.